КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН БАСЫЛМАЛАРЫ: 74
СӨЗДҮК СЕРИЯСЫ: 2

ТҮРКЧӨ – КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮК

50.000 сөз

Түзгөн: Гүлзура Жумакунова

БИШКЕК-2005

УДК 80/81
ББК 81.2-4
Т 92

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министирлиги тарабынан «Филология» адистиги боюнча кошумча окуу куралы катары басып чыгарууга сунуш кылынды.

Буйрук № 422163

Рецензиялагандар:
Кыргыз ИАнын академиги профессор Б.Ө. Орузбаева,
профессор С.Ж. Жигитов

Т 92 **Түркчө-кыргызча сөздүк** / түз. Г.Жумакунова. – Б.: – 1000 б.

ISBN 9967-22-903-9

“Түркчө-кыргызча сөздүк” кылымдар бою бири-биринен узак жашаган эки түрк тилинин: огуз тил тобунун өкүлү Түркия түркчөсү менен кыпчак тил тобунун өкүлү кыргыз түркчөсүнүн бүгүнкү адабий тилдеринин мисалында бул тилдердин өнүгүш, өзгөрүш процесстерин, орток жана айырмалуу тараптарын кеңири чагылдырып берет.

Сөздүк ошондой эле түрк жана кыргыз тилдерин үйрөнүү, үйрөтүү, түрк тилинде жарык көргөн көркөм, илимий-популярдуу ж.б. адабияттарды, басма сөз материалдарын окуу, которуу иштеринде пайдалуу болмокчу. Сөздүктөн түрколог адистер, котормочулар, мугалимдер, дипломаттар, чыгыш таануу факультеттеринин студенттери, басма сөз кызматкерлери жана түрк, кыргыз тилдерине кызыккан коомчулуктун ар кандай өкүлдөрү пайдалана алышат.

Т 4602030000-05

ISBN 9967-22-903-9

УДК 80/81
ББК 81.2-4
©КТМУ, 2005

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ YAYINLARI: 74
SÖZLÜK DİZİSİ: 2

TÜRKÇE – KIRGIZCA SÖZLÜK

50.000 kelime

Hazırlayan: Gülzura CUMAKUNOVA

BİŞKEK-2005

Эне тилиме эстелик

Ana dilime armağan

КИРИШ СӨЗ.

XXI кылымдын босогосунда эгемендүүлүгүнө жетишкен Кыргыз мамлекетинин эң алды менен колго алган маселелеринин бири Кыргызстандын түпкүлүктүү калкы - кыргыздардын улуттук тили болгон кыргыз тилине мамлекеттик тил статусунун берилиши болду. Муну менен катар кыргыз тилин бир эгемендүү мамлекеттин тили катары өлкөнүн бүгүнкү күндөгү тил жаатындагы бүтүндөй жүгүн аркалай ала турган, кыргыз коомчулугунун саясий, экономикалык, социалдык жана маданий ыктыяждарын толук камсыз кыла ала турган дареметтүү, күчтүү тилге айландырыш маселеси бүтүндөй кыргыз айдыңдарына, тилчи адистерине жүктөлгөн болду.

Билинген тарыхый даректерде б. з. ч. 201-жылдан тарта белгилүү болгон кыргыздардын тили өзүнүн байыртадан бүгүнкү күнгө чейин жашап келген узун тарыхынан улам түркологияда танылгыс бир тарыхый орунга эгедер. Кыргыз тили жазма адабий тилге ээ болгон бир кылымга жетпеген мөөнөт ичинде белгилүү даражада грамматикалык, лексикалык, лексикографиялык жактан иликтөөгө алынды. Ар кыл максаттагы жана көлөмдөгү грамматикалар, кыргыз лингвистикасынын түрдүү тармактарына арналган жүздөгөн эмгектер жарык көрдү.

Кыргыз тилинин сөз байлыгын топтоодо жана жарыялоодо кыргыз лексикографтары да көрүнүктүү иштер аткарышты. Жалпы түрк лексикографиясынын сыймыгы жана шедеврлеринен бири болгон К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүнүн" артынан жарыяланган "Орусча-кыргызча сөздүк", "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү", кыргызчанын антонимдик, синонимдик, фразеологиялык, диалектологиялык сөздүктөрү жана ондогон терминологиялык сөздүктөр кыргыз тилинин бай сөз казынасын ар тараптуу чагылдырууда белгилүү кызмат өтөп келди.

Кыргыз лексикографиясынын тарыхына көз чаптырганыбызда котормо сөздүктөрдүн көбүнчө орус, англис, француз, немец сыяктуу дүйнөлүк тилдер менен катышта жасалганына күбө болобуз. Ал эми түрк тилдери арасында котормо сөздүк түзүү тажырыйбасы эмнегедир этибарга алынбай келет. Маалым болгондой, мунун айрым объективдүү жана субъективдүү себептери бар.

Тарыхый жактан кыргыздар кыпчак, карлук тобундагы түрк тилдүү калктардын өкүлдөрү менен кылымдар бою канатташ жашап, карым-

катнаш жасап, ички жана тышкы таасирлерге чогуу кабылып келгендигинен улам бул элдердин сөздүк фондунда белгилүү өлчөмдө окшош сөз катмарлары орун алганы байкалса, огуз тобундагы түрк тилдери менен кыргыз тилинин алакасы белгилүү тарыхый себептерден улам бир кыйла солгун өнүккөн. Бул жерде огуз тобундагы тилдердин кыргыздардан географиялык эле алыстыгы эмес, Анадолу түрктөрү сыяктуу бул топтун ири өкүлүнүн саясий, экономикалык өз алдынчалыгы да маанилүү роль ойногон.

Түркия түркчөсүнүн 600 жылга жакын убакыт дүйнөнүн эң ири державаларынан бири - Османлы Императорлугунун мамлекеттик тили катары жазма жана оозеки формаларын үзгүлтүксүз жашатылып келиши бул тилдин тынымсыз өнүгүш-өсүш үстүндө болушун шарттаган. Азия, Африка, Европа сыяктуу үч материкке жайылган бул Императорлуктун ички, тышкы байланыштарын толук камсыз кылууга жараган түрк тили, арап, фарс жана белгилүү өлчөмдө европа (негизинен француз) тилдеринин күчтүү таасирине кабылганына карабастан, калктын тилинде өзүнүн түпкү насилинен эч качан ажыраган эмес.

Османлы Императорлугу кыйрап, 1923-жылы Түркия Республикасы орногондон кийин мамлекеттин биринчи кезектеги иш-чараларынын бири - жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон тил реформасын ишке ашыруу, Османлы Императорлугунун кийинки дооорлорунда абдан өөрчүп кеткен жазма адабий тил менен элдик оозеки тил ортосундагы кескин обочолонууну жоюу болгон.

Тил реформасынын демилгечиси, Түркия Республикасынын негиздөөчү, улуу көсөм Мустафа Кемал Ататүрктүн көрсөтмөсү жана жекече салымы менен бул реформа өлкө чапында ийгиликтүү ишке ашырылган

1932- жылы тил реформасын ишке ашырууга арналган расмий курулуш - Түрк Тил Курумунун (Комитети) түзүлүшү жана 1928-жылы арап алфавитинен түрк тилинин фонетикалык түзүлүшүнө ылайыкталган латын алфавитине өтүш да аталган реформанын башкы максаты болгон арап, фарс таасиринен кутулуу, тар ганакей аристократиялык чөйрөнү тейлеп келген османлычаны элдин калың катмарына жеткиликтүү болгон адабий түркчө менен алмаштыруунун маанилүү кадамдарынан болгон.

1920-жылдардын аягы 1930-жылдардын башынан тарта баштатылган "тилди тазалоо" же "түрктөштүрүү" саясаты калктын тилине негизделген жаңы жалпы элдик адабий тилди жаратуу максатын көздөгөн. Бул саясаттын негизинде жаткан аракеттер нукура түрк сөздөрүн, мүчөлөрүн жана сөз айкаштарын топтоо, жандандыруу, алардын үлгүсүндө жаңы сөздөрдү жасоо жана жалпы элдик адабий тилдин нормаларын иштеп чыгууга багытталган. Бул үчүн жасалган иш-чаралар негизинен үч багытта: эски жазма булактардын тилин тескеп чыгуу, Анодолунун бүтүн

диалект, говорлорунун материалын топтоо жана түрк тилинин бүтүн сөз жасоо каражаттарын ийкемге келтирүү менен жаңы сөздөрдү-неологизмдерди жаратуу сыяктуу үч салаада жүргүзүлгөн.

Түрк тилинин жеке өзүнө тиешелүү мындай ички булактары менен катар бул ишке тектеш түрк тилдеринин материалдары да кеңири тартылган. Ошол кездерде, К.К. Юдахиндин 1940-жылы Москвадан жарык көргөн 25 миң сөздүү "Киргизско-русский словарь" ("Кыргызча-орусча сөздүгүнүн") Абдуллах Таймас тарабынан түркчөгө которулуп, 1945-жылы басылып чыгышы да мына ушул демилгенин шарапаты менен болгон. Сөздүктө оригиналындагы кийин сынга алынып, оңдолуп чыккан мүчүлүштөрү жана кемчилдиктеринин орун алып калышы (К.К. Юдахин "Сөздүгүнүн" 1965- жылкы басышында 40 миң сөз камтылган), котормо калпыстыктыктарына карабастан, бул сөздүк кыргызча менен түркчө арасындагы алгачкы тил байланыштарынын көпүрөсү катары алигиче кызмат өтөп келе жатышы менен баалуу.

Албетте, бүгүнкү абалында түрк тилине ар кандай кемчиликтен, калпыстыктардан алыс бир идеал тил сыпатын ыйгаруудан алыспыз. Ар кандай эле өнүгүүдөгү улуттук тил сыяктуу Түркия түркчөсүнүн өзүнө тиешелүү проблемалары бар, бирок кантсе да бүгүн жаңыдан мамлекеттик тил статусуна ээ болуп отурган жаш адабий түрк тилдеринин Түркия түркчөсүнүн калыптаныш, өнүгүш тарыхынан, өзгөчө тил реформасы тажырыйбаларынан ала турган сабактары арбын.

Түрк-кыргыз байланыштары ар тараптуу өнүктүрүлө баштаган ушул тапта, ар кандай максаттагы жана көлөмдөгү түркчө-кыргызча, кыргызча-түркчө сөздүктөрдүн даярдалышына муктаждык туулууда. Түрк тили Кыргызстанда англисче жана орусчадан кийин эле үйрөнүүсү кааланган таңсык тил абалына келүүдө. Айрыкча Түркия университеттеринде түркология бөлүмдөрүнүн, Кыргызстанда кыргыз, түрк тилдеринде сабак берген университеттердин, мектептердин ачылышы, алардын окуу жана илимий-педагогикалык адабияттар жана адистер менен камсыз кылынышы аталгандай сөздүктөргө болгон талапты күн санап арттырууда. Сөздүгүбүздүн асыл максаттарынан бири түрк республикаларында артып бараткан түрк тилин үйрөнүү талабына көмөкчү болуу.

Сөздүктүн бир башка максаты, балким эң маанилүүсү, азыркы кыргыз тилинин сөз каражаттарынын бүтүн дареметин кыргыз коомчулугунун көз алдына тартуу. Муну Түркия түркчөсү сыяктуу түрк тили үй-бүлөсүнүн эң күчтүү өкүлүнөн котормо жолу менен берүү кыргыз коомчулугунун соңку жылдарда өз эне тилине карата мамилесине өзгөртүү киргизери тилегинен улам да өзгөчө мааниге ээ.

Китептин биринчи бетине “Эне тилиме эстелик” сөзү да мына ошол максатта коюлду. Билингендей, кыргызчада **эстелик** сөзүнүн эки мааниси бар: 1.тартуу, белек. 2. орнотулган эстелик. Мен жасаган кызматымын

элим үчүн ушул эки мааниде тең түшүнүлүшүн каалар элем.

Демейде жазма тилдин пайда болушу, оозеки тилдин жазуу шекилине өтүшү элдик тилдин жергиликтүү чектелген мүнөзүн жоюп, улуттук тил катары белгилүү нормалар, эрежелер аркылуу өнүгө баштарынан улам дагы бир бийик баскыч болуп саналат. Болгону бул өтүш маалында элдин кылымдар бою жашатып келген тилинин турпатына доо кетпесин жана ал өзүнүн жаңы тулкусунда жашоо күчүн жоготпосун. Баамыбызга караганда, кыргыз тили жазуу түрүнө өткөн кезде алфавитте болсун, орфография, орфоэпия принциптеринде болсун тилдин табиятына терс келген бир катар калпыстыктар кетирилген. Алар бүгүн тилдин өзүнө өзү чоочун чыгып, кедеринин кетишине себеп берип отурат. Бул жагдай тилдин муундан муунга өткөрүлүшүндө олуттуу жарака пайда кылып, жаңы муундун өз эне тилин жармач көрүп жеришине, анын мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбөөсүнө, жашоосунун эң маанилүү байланыш каражаты эмес, ага кыргыз атын гана берген артыкбаш жүк катары көрүшүнө алып келүүдө.

Бир улуттун тилинин анын эркин, эгемен мамлекет болгон чагында жоголуу коркунучуна учурашы тарыхта көрүлбөгөн окуя. Тилекке каршы, Кыргызстандагы улуттук тилдин абалын изилдеген эл аралык маалымдоо уюмдарынын фактылары жана өзүбүздүн байкоолорубуз да мына ушул чындыкты ырастай турган жөндө.

2005-жылдын 24-мартында Кыргызстанда болуп өткөн саясий төңкөрүштүн эң таасын түрткүлөрүнөн бири да кыргыз калкынын экономикалык кыйынчылыктары менен катар эле улуттук дөөлөттөрүнөн, баарыдан мурда эне тилинен ажырап калып бара жатканы, өз тилинде жогорку билим ала албай, жыйын өткөрө албай, укугун талаша албай, иш кагаздарын жүргүзө албай жатканы тууралуу дартына кулак какпаган, социалдык жактан өз өлкөсүндө мүңкүрөгөн абалга келишине каамарабаган бийликтегилерге карата кайнаган кыжырынын сыртка атылып чыгышы болду.

Мындан бир канча жыл мурун Түркияга келгенимде калкынын тил кыйынчылыгы жок бир ортомдо жашаганын көргөнүмдө чыныгы эркиндик деп ушуну айт деген элем. Бул улуттун да кылымдын башында биздикиндей тил запкысын тартканын, бирок ийгиликтүү жүргүзүлгөн тил реформасынан кийин элдин тилине таянган адабий тилин түзүүгө жетишкенин билгенимде, бул тилди мыктап үйрөнүп, түркчөдөн кыргызчага котормо сөздүк түзүүнү өзүмө максат кылган элем.

Түркияда калган 12 жылдык мөөнөттүн жарымына жакынын назарларыңыздарга сунуп отурган ушул сөздүк менен алпурушуп өткөрдүм. 50 миң сөздү камтыган бул сөздүк Түркия түркчөсү менен кыргыз тилинин учурдагы жазма адабий тилдерине негизделген.

Кыргыз же бир башка түрк тили өнүгүш тарыхынын ушул жаңы этабында келген жеринен улап илгерилеп кетүүсү үчүн оболу өзүнүн тил чөйрөсүнө жакшылап баа берүүсү зарыл. Тилимин өнүгүшүнө жолтоо

болгон нерсе эмне деген суроого жооп табуусу, тилин таасирдүү кыла турган, элине толук жарамдуу кызмат бере ала турган абалга келтирүүнүн амалын издөөсү керек. Ал үчүн керектүү чаралар, жолдор, таасын тажырыйбалар болсо, тартынбастан алып пайдалануусу лаазым.

Бүгүн Кыргызстанда 20-жылдардын башында түрк тили туш болгон жана тил реформасынын жасалышын талап кылган абалга окшош бир абал өкүм сүрүп жатат. Кудум эле Түркияда Республика дооруна чейинки османлыча менен элдин тилиндеги ажырым сыяктуу азыр Кыргызстанда да көбүнчө кыргызча сүйлөгөн жана орусчаны жакшы билбеген элет калкы менен кыргызча билбеген шаар кыргыздары арасындагы тилдик айырма күчөп бара жатат. Жаңылыш жүргүзүлгөн тил саясатынын айынан орус тилинин күн санап артып бараткан үстөмдүгү жаңы муундун өз келечегин гарантия алдына алуу жана коомдо каалаган абалга келүүсүнүн бир каражаты катары орус жана англис тилдерине багыт алышына, өз эне тилинен алысташына себеп болууда.

Жазган сөздүгүмдүн ар бир макаласын өз тилине жана улуттук наркына кайдигер көрүнгөн бул массанын көңүлүн буруп, улуттук сезими ойгонор, эне тилинин 700 жылдык жазма адабий тил салты болгон бир тилдин каршысында эч кыйналбай, нукура байлыгы, табигый турушу менен тең келе ала турган күчтө жана кудуретте экенин көрүп эсине келер деп жаздым.

Түркия түркчөсү сыяктуу Түрк дүйнөсү ичинде функционалдык жактан өнүккөн, ийкемдүү, узун убакыт бою мамлекеттик жана адабий тил болуу тарыхына эгедер, сөз жана термин жасоо кудурети жетик бир тектеш тил менен котормо сөздүк түзүү аркылуу кыргыз тилинин да бул тилден кем калбай турган, коомдун бүтүн талаптарын аркалай аларлык дареметке жана байлыкка эгедер экенин, бар болгону жыш колдонулбаганы үчүн жандуулугун жана жарамдуулугун жогото баштаганын көрсөтүш, жаңы муундун өз тилинин кудуретине болгон ишенимин ойготуш сөздүгүбүздүн башкы максаты болду.

Сөздүктүн сөз тизмеси дүйнө лексикографиясынын талашсыз мыкты үлгүлөрүнөн болгон “Büyük Türkçe-Rusça Sözlük” (“Большой турецко-русский словарь”; 1977), “Советский энциклопедический словарь”(1989), “İngilizce-Türkçe/ Türkçe-İngilizce Redhouse Sözlüğü” (1998), “Çağdaş Türkçe-İngilizce Redhouse Sözlüğü”, “The Oxford Turkish-English Dictionary” (1984), “Türkçe Sözlük” (8-9-басылыш,1988; 1998), “Anabritanika” (1-32-томдор, 1993-1994) сыяктуу маанилүү булактарга таянып түзүлдү.

Түрк жана кыргыз тилдеринин жалпы сөз корун ортого чыгаруу сыяктуу сөздүктүн үчүнчү бир максаты бул тилдердеги орток сөздөр менен туруктуу сөз айкаштарына жана макал-лакаптарга кеңири орун берилишин шарттады. Азыркы түрк адабий тилин негиз алган сөздүктүн макалаларынын арасында *диал.*, *ооз.*, *эск.* кыскартуулары алдында

жергиликтүү диалекттерге, оозеки тилге жана эскирген сөз катмарына тиешелүү сөздөрдүн берилиши мына ушул себеп менен түшүндүрүлөт.

Сөз макалалары окуучуга котормо тактыгын жана билги молдугун камсыз кылган эл аралык принциптердин үлгүсүндө жайгаштырылды. Сөздүктүн түркчө бөлүгүнүн жазылышында 2000-жылы жарыяланган түрк тилинин орфографиялык эрежелери (“İmlâ Kılavuzu”), ал эми кыргызча бөлүгүнүн жазылышында болсо, “Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү” (1983), ошондой эле кыргыз тили боюнча жарык көргөн бардык сөздүктөр менен энциклопедиялык эмгектер жетекчиликке алынды.

Кыргызча менен түркчөдө түрдүү алфавиттердин колдонулушу сөздүктүн жазылышындагы оорчулуктардын эң башкыларынан болду. Макала ичинде сегиз түрдүү жазма шекилинин колдонулганын жана көптөгөн белгилердин тынымсыз алмашып турганын эске алсак, терүү ишинин канчалык машакаттуу болгону дайын болот.

Экинчи бир кыйынчылык түркчөдөгү татаал сөздөрдүн жазылышындагы ыраатсыздык, алардын макала ичине алынышы же өз алдынча берилиши боюнча белгилүү критерийлердин иштелип чыкпагандыгы болду. “Türkçe Sözlük”тө эки же үч сыңардан турган татаал сөздөрдүн өзүнчө макала башы болуп берилиши да биздин баштан тутунган принциптерибизге ылайык келбеди. “Türkçe-Rusça”, “Türkçe-İnglizce” сөздүктөрдүн түзүүчүлөрү да ушул эле кыйынчылыктарга туш келип, андан көпчүлүк татаал сөздөрдү бириктирип жазуу аркылуу чыгышкан экен. Биз болсо принцип катары түркчөнүн азыр күчүндө болгон орфографиялык эрежелерине таянганыбыз үчүн аларды жетекчиликке алууга мажбур элек. Бул маселени бөлөк жазылган татаал сөздөрдүн баарын тиешелүү макала ичине алып, ал эми бирге жазылгандарын өз алдынча макала түрүндө берүү менен чечтик.

Тарыхый жактан жазма адабий тил катары жашап келген түркчө менен жазма адабий тил традициясы үзүл-кесил болуп, жалпысынан оозеки тил катары жашаган кыргызчанын кабыл алынган сөздөр катмары боюнча да айырмачылыктары арбын экени айгинеленди. Мисалы, кыргызча менен түркчөдөгү арапчадан жана фарсчадан кирген сөздөрдүн айтылышы менен маанисиндеги айырмачылыктар өз-өзүнчө изилдөө объектиси боло турганчалык даражада экени байкалды. Батыш тилдеринен кирген орток сөздөр да кыргызчага негизинен орус тили аркылуу, ал эми түркчөгө көбүнчө француз тили аркылуу киргени жана ошол тилдердин өзгөчөлүктөрүн алып жүрөрү аныкталды.

Жалпы түрк сөз катмарынын сакталыш даражасы да аталган тилдерде бирдей эмес экени көрүлдү. Түркия түркчөсүндө бул сөз катмары көбүнчө Анадолу диалектилеринде сакталганы үчүн ортодогу параллелдиктер кээде оозеки тил менен диалекттердин фактыларына таянып чыгарылган учурлар болду. Бирок бул өңдүү адаттан тышкаркы

көрүнүштөр тийиштүү кыскартуулар менен коштолгону үчүн сөздүктүн негизги чийини болгон адабий тил чийининен чыгылган жок.

“Түркчө-кыргызча сөздүк” кылымдар бою бири-биринен узак калган огуз тил тобунун өкүлү болгон Түркия түркчөсү менен кыпчак тил тобунун өкүлү кыргызчанын мисалында түрк адабий тилдеринде кандай таасирлерден кандай өзгөчөлүктөр келип чыкканын көрсөтүүсү менен да түркологияга белгилүү салым кошот деген ойдобуз.

“Түркчө-кыргызча сөздүктүн” аталгандай бийик максаттар үчүн кызмат бере турганы сыймыктуу иш. Ошону менен катар эле ар кандай туңгуч чыгармада кездеше турган кемчилдиктер, мүчүлүштөр байкала турган болсо, окурмандарымын буга түшүнүү менен мамиле кылып, айта турган сын пикирлери, түзөтүүлөрү, кеңештерине ачык экеними билдиремин жана gulzura@yahoo.com интернет адресим аркылуу улаштыра турган мессаждары үчүн алдын ала ырахматымы айтамын.

Сөздүк түрк тилин үйрөнүү, үйрөтүү, түрк тилинде жарык көргөн көркөм, илимий-популярдуу ж.б. адабияттарды, басма сөз материалдарын окуу, которуу иштеринде пайдалуу болмокчу. Сөздүктөн түрколог адистер, котормочулар, мугалимдер, дипломаттар, чыгыш таануу факультеттеринин студенттери, басма сөз кызматкерлери жана түрк, кыргыз тилдерине кызыккан коомчулуктун ар кандай өкүлдөрү кеңири пайдалана алышат.

Сөздүктүн узун сүргөн даярдалышы учурунда мага ар дайым дем берип, сабырдуулук менен колдошкон атам Турганбаев Жумакунга, жолдошум Сайдилканов Разакка, кадырлуу даанышмандарым Кыргыз Илимдер Академиясынын анык мүчөсү, Профессор Доктор Бүбийна Орузбаевага, Профессор Доктор Салижан Жигитовго жана ак дилден тилектеш болгон ар кимге терең ыраазычылыгымы билдиремин.

Доцент Доктор Гүлзура Жумакунова
Автор

СӨЗДҮКТҮН ТҮЗҮЛҮШ ЖАНА КОЛДОНУШ ПРИНЦИПТЕРИ

Сөздүк-макалалардын жайгаштырылыш принцибинде окурманга маалымат молдугун, колдонуш жеңилдигин камсыз кылуучу эл аралык лексикографиянын ыкмалары пайдаланылды.

Сөздүк-макалалардын жайгаштырылыш тартиби төмөнкүдөй принциптер аркылуу жолго коюлду.

1. Сөздүк макаласы катары түрк тилинин уңгу түрүндөгү тубаса сөздөрү жана курама мүчөлөрү аркылуу жасалган туунду сөздөрү алынды. Түркчө макала башы болуп келген сөз жана мисалдар коюу кичине латын тамгалары менен, котормо бөлүгү болсо, ачык кичине кирил тамгалары менен жазылды. Баш тамгалар тек гана энчилүү аттар үчүн колдонулду. Сөз маанилери арап цифрасы менен чекит коюлуп, ал эми фразеологиялык маанилер кашаа алдында арап цифралары менен ажыратылды. Мисалы:

dalmak 1.сууга чумкуу/сүңгүп кирүү. 2.(*бир ишке/ топко/ жерге*) бат кирип кетүү, сүзө качырып кирүү, аралашып кетүү ... **dalıp çıkmak** 1)(*деңизде/ көлдө ж. б.*) чумкуп-калкып сүзүү. 2)(*деңизге/ көлгө*) чөмүлүп чыга калуу. 3)бир киргенде бир топ жерге кирип-чыгуу.

Сөз маанилеринин ирети болсо, эң көп колдонулган негизги маанисинен кошумча маанилерине, андан өтмө (*өтм.*), андан образдуу (*арго*) маанилерине карай жайгаштырылды, керектүү жерде мисалдар менен коштолду. Сөз маанилеринен кийин ошол сөзгө тиешелүү калыпташкан сөздөр, фразеологизмдер, макалдар алфавиттик тартип менен эч кандай ажыратуучу белги коюлбастан жайгаштырылды.

Сөз айкаштарынын иретин белгилөөдө макала башы сөзгө жалганган мүчөлөрдүн эмес, экинчи сөздүн башталгыч тамгалары этибарга алынды. Мисалы:

adam ... -a dönmek адам/киши болуу. **~ına göre** кишиге жараша. **~ içine çıkmak** элдин алдына чыгуу, эл көзүнө көрүнүү. **~dan saymak** киши катары көрүү ж.б.

Макала башы сөз макаланын ичинде ~ белгиси менен белгиленди. Мындай алмаштыруу макала ичиндеги мисалдарга, туруктуу сөз айкаштарына жана макал-лакаптарга да жайылтылды. Сөзгө мүчө улангандагы ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөрдө (тыбыш түшүү, жумшаруу ж.б.) ~ белгиси сөздүн ошол өзгөргөн шекилин белгилей тургандай колдонулду.

açıklık,-ğı ... fikrin ~ı пикирдин ачыктыгы.

cürüm,-rmü ... ~ü başkasının üstüne atmak күнөөнү башкага жаба салуу.

2.Котормо бөлүгүндө жакын синонимдик катыштагы сөз маанилери

бири-биринен үтүр менен ажыратылды.

ezici 1.эзүүчү, басмырлоочу, жан кейиткен. 2.басымдуу, көпчүлүк.

Бир өңчөй сөздөр эгер бир сөзгө байланып турса, алардын арасына теңдик белгиси (/) коюлду.

idareli 1.жакшы башкарылган/жетектелген /уюштурулган.

idarî башкарууга байланыштуу/тиешелүү.

3.Омонимдер ар бири өзүнчө макала болуп кирип, коюу кара рим цифралары менен белгиленди.

dolu I 1.толо, толтура. 2.көп, мол, бай. 3.ээленген, бош жери жок.

dolu II мөндүр.

4. Эки же үч түрлүү жазылышка ээ болгон сөздөрдүн эң көп колдонулганына ачыктама берилип, калгандарына болсо шилтеме *к.* (*кара*) колдонулду.

5. Толук маанилеш, уңгулаш, морфологиялык жабдылышында гана азыноолак айырмачылыгы бар сөздөр макала башы катары жанаша берилди.

içgüdülü, içgüdüsel 1.ичкүдүдөн чыккан, инстинк боюнча...

geğiriş, geğirme кекирүү. ..

6. Эгер макала башы сөз өз алдынча колдонулбаган, кайсы бир туруктуу сөз айкашынын же татаал сөздүн тутумундагы сөз болсо, анын биринчи сыңары гана макала башы катары алынып, кош чекит коюлуп, ~ белгисинен кийин калган бөлүгү жазылды. Кайталанма кош сөздөр үчүн **(~ ~)** белгиси коюлду. Эки, үч тутумдуу сөздөр бириккен сөз же **etmek, olmak** жардамчы этиштеринин биригип кеткен шекилдери болсо гана макала башы боло алды, болбосо калган бардык учурларда көп тутумдуу сөздөр биринчи сөздүн карамагында берилди.

hatır: ~ hutur же ~ ~ катыр-кутур же катыр-катыр (*бир катуу нерсени чайнаганда же үстүнө басканда чыккан үн*).

haşım : ~ ~ haşlanmak күнгө какталыш/куйкаланыш.

7. Окурманга жеңилдик келтирүү максаты менен сөздүктө сөз менен мүчө арасындагы ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөр түрк орфографиясы эрежелерине ылайык чагылдырылды. Мындай учурлар макала башынан кийин үтүр, сызыкча коюлуу менен берилди.

а) Сөздүн аягы к, т, ч, п, ф сыяктуу каткалаң тыбыштар менен бүтүп, ага үндүү менен башталган мүчө уланса, түркчөдө бул тыбыштардын көбүнчө жумшарып кетери, айрым учурда өзгөрүүсүз калары да бул ыкма менен сөздүктө так көргөзүлдү.

kabak,-ğı 1.*бот*. кабак, ашкабак...

iç, -çi 1.ич, ички (*ар кандай нерсенин ич бөлүгү, тыш сөзүнүн каршысы*)....

kâğıt,-dı кагаз....

saat, -ti саат....

mikrop, -bu микроб... .

б) Түркчөдөгү эки муундан туруп, экинчи мууну кууш үндүү (ы, и, у, ү) менен бүткөн түрк жана арап сөздөрүнө үндүү менен башталган мүчө уланса, ошондой эле **olmak, etmek** жардамчы этиштер менен биригип кеткен учурларда уңгуда үндүү түшкөнү байкалат. Мисалы (**sabır - sabrı - sabretmek, atıf - atfı - atfetmek** ж.б.). Мындай сөздөрдөгү уңгунун өзгөргөн шекили кошумча көргөзүлүп, бириккен шекили болсо, өз алдынча макала болуп кирди.

kadır, -dri..., **kabız, -bzı...** **ilim, -lmi...,**
seyir, - yri, ..., **zikir, -kri...,** **ıtır, -trı...,**

zikretmek 1.атын атоо, айтып эскерүү. 2.*дин* зикир чалуу.

в) Түрк тилине уңгу түрүндө тек үнсүз менен кирген, бирок үндүү мүчө уланганда кайрадан оригиналдакыдай катталган үнсүздөрдү калыбына келтирген арап сөздөрүндөгү өзгөрүүлөр да сөз болгон ыкма аркылуу атайын көрсөтүлдү.

hak, -kkı…., his, -ssi…., zan, -nnı…., ret, -ddi…..

Ал эми мындай сөздөрдүн **etmek, olmak** жардамчы этиштери менен биригип кеткен түрлөрү болсо, өз алдынча макала болуп кирди.

zannetmek (деп) ойлоо, саноо, түшүнүү...

reddetmek 1.жокко/жалганга чыгарыш, моюнга албаш...

г) Сөз ичинде же аягында жоон үндүүлөр катышып турганына карабастан, жалганган мүчөлөрү ичкерип кетүүчү чет элдик сөздөрдөгү өзгөрүүлөр да атайлап белгиленди.

alkol, -lü..., **hayal, -li...,** **istikbal, -li...,**
sıhhat, -ti..., **saat, -ti...** ж.б.

д) 3-жак таандык мүчө алган түрк сөздөрүнө табыш жөндөмө мүчөсүнүн жалганышында келип чыккан айырмачылыктар да сөздүктө атайын белгиленди.

balpeteği,-ni аарылар бал толтурган көзөнөктөр .....

başörtü,-yü жоолук .....

bayi,-i 1. сатуучу .....

8. Бир сөздүн түркчө, арапча же фарсча варианттары бирдей активдүү колдонумда болгон учурларда, бардыгына тең аныктама берилип, бири-бирине *сал.* (*салыштыр*) белгиси менен шилтеме жасалды.

matem аза. с*ал.* **yas.**

kabiliyet,-ti жөндөм, шык, мүмкүнчүлүк, талант. *сал.* **yetenek.**

9. Кыргызча аныктама учурунда котормонун маанисине тактоо, толуктоо иретинде кошумчаланган сөздөр төмөнкүдөй жагдайларда негизги тексттен айырмаланып, курсив менен кашаанын ичинде же ар кандай кыскартуулар коштоосунда берилди.

а) Терминдердин кайсы илим тармагына тиешелүү экени атайын кыскартуулар менен (*биол. , геол. , мед. , тар. , ад.* ж.б.) белгиленди.

б) Котормо жетишсиз деп эсептелген учурлардын баарында курсив менен түшүндүрмө жасалды.

kadavra дене, өлүк (*тажырыйба жасоодо колдонулган*).

batman батман (*2,5'тен 10кг'га чейинки оордук өлчөмү*).

в) Кыргызча түшүнүгү болбогон түрк реалийлеринин (тамак-аш, кийим, салт, адабият, музыка түрлөрү ж.б.) аттары которулбастан берилип, түшүндүрмө менен коштолду.

kadayıf кадайыф (*түрк таттуусу; чий кадайыф, нан кадайыф, жалпак кадайыф сыяктуу түрлөрү бар*).

Hanefi 1.*дин* ханефилик (*Абу Ханифе тарабынан негизделген окуу жана мектеп*).

г) Зоология, ботаника терминдеринин эл аралык латынча аттары дээрлик кашаа ичинде курсив менен берилди.

ağustos böceği,-ni *зоол.* 1. цикада, үн чыгарып учкан коңуз (*Cicada plebeja*)

arpa 1. *бот*. арпа (*Hordeum vulgare*) .... .

д) Макала башы сөздөрдүн колдонулуш жыштыгы, стилдик бөтөнчөлүгү атайын кыскартуулар аркылуу белгиленип көргөзүлдү.

ооз. (оозеки тилде), *шылд.* (шылдың сөз), *диал.* (диалектилик сөз).

е) Макала башы сөздөр атооч жөндөмөсүндө жекелик түрдө алынды. Ал эми түркчө кеңири колдонуудагы арапча сөздөрдүн уңгуга кыйыштырылган көптүк түр формалары өз алдынча макала болуп кирип, кайсы сөздүн көптүк түрү экени курсив менен белгиленди.

inşaat, -tı (**inşa'***нын көпт. т.),*

ekâbir (ekber'*дин көпт. т.)*

10. Фразеологизмдерди мүмкүн болушунча толук же эң жакын кыргызча эквиваленти аркылуу берүүгө аракет жасалды. Бул мүмкүн болбогон учурда котормосу берилди. Кыргызча эквивалентинен кийин көпчүлүк учурда *сөзм. с.* (сөзмө сөз)белгиси менен котормосу курсивсиз кашаа ичинде берилди.

11. Түрк макалдарынын сөздүк-макала ичине алынышына атайлап чек коюлду. Түрк макалдарынан эки тилдин ортоктугуна күбө болуучу сөзмө сөз дал келгендерине жана мааниси өтө жакындарына гана орун берилди.

armut ağacından uzak düşmez *мак.* алма сабагынан алыс түшпөйт.

bal tutan parmağını yalar *мак.* бал кармаган бармагын жалайт.

süte/çorbaya ağzı yanan ayranı üfler de içer *мак.* сүткө оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет ж. б.

12. Түрк этиштеринин **–mak/-mek** менен берилген макала башы кыймыл атооч формаларынын кыргызча котормосун берүүдө ылайыгына жараша кыймыл атоочтордун –уу/ -үү, -оо/-өө, -ыш, -ма, -мак, -май түрлөрү колдонулду. Кыргыз оозеки адабиятында жана тилинде кеңири жолуккан этиштин бул формаларын сөздүккө жыш киргизүү аркылуу кыргыз этиштерине тиешелүү эски ийкемдүүлүк, тактык, кыскалыкка жетишүү, аларды монотиптүүлүктөн, кожогойлуктан куткарып, табиятынан келген поэтикалуулугун, көркөмдүгүн арттыруу сыяктуу максаттар көздөлдү.

13. Сөз түркүмдөрүнүн дээрлик бардык түрлөрү уңгу жана айрым учурда туунду түрүндө сөздүккө макала башы болуп кирди.

а) Сын атоочтун уңгу шекили жана күчөтмө (**bembeyaz** 'аппак', **yemyeşil** 'жапжашыл', **büsbütün** ‘бүпбүтүн’) жана азайтма (**mavimsi** ‘көгүлтүр’, **sarımtırak** ‘саргыч’, **karaca** ‘каралжын’) түрлөрүнө да өзүнчө орун берилди.

б) Сан атоочтордон эсептик сандар 1 ден 10 го чейин, ондук сандар, жүз, миң, миллион, миллиард, нөл; иреттик сандар 10 го чейин (**birinci, ikinci** ...), топ сандар 1 ден 10 го чейин (**birer, ikişer, ... onar**) өзүнчө макала башы болуп кирген болсо, чамалама жана бөлчөк сандар тиешелүү эсептик сандар макаласы ичинде орун алды.

в) Ат атоочтун бардык уңгу түрлөрү, ал эми жактама, шилтеме ат атоочтордун уңгуну өзгөрткөн кыйыр түрлөрү да өз алдынча макала болуп алынды. (**ben -bana, sen-sana, o-onu-onun** ж.б.).

г) Түрк байламта, жандооч, бөлүкчөлөрүнүн баары сөздүк тизмекте орун алды.

д) Сырдык сөздөр (*сырд. с.*), тууранды сөздөр (*туур. с.*) сыяктуу тиешелүү кыскартуулар коюлуу менен, мүмкүн болгон учурда кыргызча эквиваленти, болбосо ачыктамасы курсив аркылуу берилди.

14. Өлкөлөрдүн жана элдердин түркчө аталыштары, кеңири белгилүү географиялык, тарыхый аттар да сөздүктүн алфавиттик тартибинде баш тамгалар менен орун алды.

Almanya	Германия	Alman	немец	
Cezayir	Алжир	Arnavutluk	албан	
Çin	Кытай	Yunan	грек	
İngiltere	Англия	Rus	орус	ж.б.

15. Этимологиялык тиешелүүлүк толук такталбаган маселе болгону үчүн эч бир сөзгө этимология берилбеди.

GİRİŞ

XXI. yüzyılın eşiğine gelindiğinde bağımsızlığını elde eden Kırgızistan Cumhuriyet'nin ele aldığı ilk çalışmalardan biri, Kırgızistan'ın aslî nüfusunu teşkil eden Kırgızların millî dili Kırgızcaya devlet dili statüsünün verilmesi ve ülkeye her alanda yeterli hizmet edebilecek güçlü dil sıfatını kazandırmak olmuştur. Kırgız aydınlarına, dil bilimcilerine ve bütün topluma Kırgızcanın halkın tüm siyasî, ekonomik, sosyal ve kültürel ilişkilerini karşılayabilecek bir iletişim aracı durumuna getirilmesi görevi de verilmiştir.

Resmî kayıtlarda adı M.Ö. 201 yılından itibaren geçmeye başlayan ve en eski Türk yazıtlarından Yenisey yazıtlarıyla doğrudan doğruya bağlantılı olduğu sanılan Kırgızca, kendisinin bu uzun ve çetin tarihinden dolayı Türkolojide özel bir yere sahiptir. Yazı diline kavuştuğu son yüz yıl içerisinde Kırgız dil biliminin gramer, söz varlığı, terminoloji, diyalektoloji, leksikografi gibi tüm alanlarında kayda değer araştırmalar yapılmış, ilmî ve ders kitapları, sözlükler yayımlanmıştır.

Kırgız Türkçesinin kelime hazinesinin derlenmesi ve yayımlanmasında Kırgız leksikografları da üzerlerine düşen vazifeyi yaptılar. Türkoloji tarihinin önemli şaheserlerinden biri sayılan K.K. Yudahin'in "Kirgizsko-Russkiy Slovar" ("Kırgızca-Rusça Sözlük")ünden sonra yayımlanan "Russko-Kirgizskiy Slovar" ("Rusça-Kırgızca Sözlük"), "Kırgız tilinin tüşündürmö sözdügü" ("Kırgız Dilinin Açıklamalı Sözlüğü"), zıt anlamlı, eş anlamlı kelimeler, deyimler, atasözleri, ağızlar, imlâ, onlarca okul ve terminoloji sözlükleri ile Kırgızcanın zengin kelime hazinesi çeşitli yönlerden araştırılmış ve ortaya konulmuştur.

Kırgız leksikografisinin tarihine bakıldığında, çeviri sözlüklerinin, genellikle Rusça, İngilizce, Fransızca, Almanca gibi dünya dilleri ile ilgili yapıldığı görülür.

Türk dili ailesi içinde ise, hem karşılaştırmalı gramerlerin, hem de çeviri sözlüklerinin hazırlanması çalışmalarının yeterince ilgi görmediği, ihmal konusu olup geldiği bilinmektedir. Hâlbuki, Türk dilleri karşılıklı olarak birbirini zenginleştirmede, sözlük fonlarını tamamlamada, kelime ve terim ortaklığını oluşturmada paha biçilmez iç kaynak görevini üstlenebilirlerdi.

Bilindiği gibi, Türk dilleri arasında karşılıklı incelemeler, çeviri ve diğer amaçlı sözlüklerin hazırlanması çalışmaları, bazı objektif, subjektif sebeplerden dolayı ihmal edilegelmiştir.

Tarihî yönden Kırgızların, Kıpçak, Karluk grubuna dâhil olan Türklerle her zaman komşu yaşadıkları, aynı dış ve iç etkenlere maruz kaldıkları için bu halkların kelime hazinelerinde belli derecede benzer söz katmanlarının oluştuğu göze çarpar. Aynı fikir Kırgızcanın, Türkçenin Oğuz grubundaki dillerle alâkası için söylenemez.

Burada Oğuz grubunun Kırgızlardan sadece coğrafî uzaklığı değil, Anadolu Türkçesi gibi grubun en kalabalık temsilcisinin siyasî, ekonomik ayrıcalığı ve diğer gruplarla aralarında yakın bir temas olmadan gelişmesi de önemli rol oynamıştır.

Türkiye Türkçesinin 600 yıla yakın bir süre bir dünya devletinin, Osmanlı İmparatorluğu'nun resmî dili olarak yazılı ve sözlü şekillerini devam ettirmiş olması, bu dilin sürekli büyüme ve gelişme seyrinde olmasını sağlamıştır.

Asya, Afrika, Avrupa gibi üç kıtaya yayılan bu büyük İmparatorluğun iç ve dış bağlantılarını, ihtiyaçlarını karşılayabilen Türkçe Arapça, Farsça ve belli ölçüde Avrupa (genellikle Fransızca) dillerinin güçlü etkisinde kalmış da olsa, halkın dilinde kendi kökünden hiç bir zaman kopmamıştır.

Osmanlı İmparatorluğu'nun çökmesi ve 1923 yılında Cumhuriyet'in kurulmasından sonra genç Türkiye Cumhuriyeti'nin ilk çalışmalarından biri ülkenin tüm yurttaşlarına eşit bir şekilde hizmet edecek, eğitimde, kültürde hızlı kalkınmayı sağlayacak bir dil reformunun gerçekleştirilmesi, Osmanlı Devletinin son zamanlarında birbirinden iyice kopmuş olan resmî ve edebî dil ile halk dili arasındaki uzaklaşmanın ortadan kaldırılması olmuştur.

Türkiye Cumhuriyetinin kurucusu Mustafa Kemal Atatürk'ün önderliği ve bizzat katkısı ile gerçekleştirilen dil reformu ile Türk dili olarak değiştirilen, kelime yapım sistemi esnek ve öz Türkçe kelimelere ve eklere dayandırılan, toplum hayatına girmekte olan yeni kavramları ve hadiseleri anında dilde yansıtabilecek kapasite ve potansiyele sahip yeni bir edebî dil geliştirilmiştir

1928 yılında Arap alfabesinden Türkçenin ses özelliğine en uygun olan Lâtin alfabesine geçilmesi, reformun başlıca amaçlarından olan Arapça ve Farsçanın etkisinden kurtulmada ve sadece üst sınıf mensuplarının iletişim aracı durumuna gelen Osmanlıcayı bütün halk tabakalarına hizmet edebilecek yeni edebî Türkçe ile değiştirmede önemli adımlardan biri olmuştur.

1920'li yılların sonu 1930'lu yılların başından itibaren "dili temizleme" veya "Türkçeleştirme" sloganıyla başlatılan dil siyasetinin temelinde öz Türkçe kelimelerin derlenmesi, canlandırılması ve bu örnek kelimeler esasında yeni kelimeler üretilmesi gibi amaçlar yatıyordu. Bu hususta yapılan çalışmalar genel olarak üç yolla gerçekleştirilmiştir: Eski Türk yazıtlarının, eserlerinin dilinin taranması, Anadolu'nun bütün ağızlarının ve şivelerinin malzemelerinin derlenmesi ve Türkçenin tüm kelime yapım sisteminin harekete geçirilerek yeni kelimelerin türetilmesi.

Türkiye Türkçesinin kendi iç kaynakları ile beraber bu çalışmaya aynı kökten gelen Türk halklarının dil örnekleri de geniş ölçüde dâhil edilmeye çalışılmıştır. Örneğin, K.K.Yudahin'in 1940 yılında Moskova'da yayımlanmış olan 25 bin sözü kapsayan "Kirgizsko-Russkiy Slovar"("Kırgızca-Rusça Sözlüğü") de bu reform kapsamında Abdullah Taymas tarafından çevirilerek 1945'te yayımlanmıştır. Orijinaldeki sonradan eleştirilip düzeltilen yanlışlıklara, eksikliklere ("Sözlük"ün 1965'teki düzeltilmiş baskısı 40 bin kelimeliktir) ve çeviri hatalarına rağmen adı geçen sözlük Kırgız ve Türkiye Türkçeleri arasında ilk dil köprüsü olarak hâlen hizmet etmesi açısından değerlidir.

Elbette, bugünkü durumu ile Türkiye Türkçesini eksikliklerden, problemlerden uzak ideal dil olarak göstermek mümkün değildir. Gelişmekte olan herhangi bir millî dilde yaşandığı gibi, Türkiye Türkçesinde de kendine özgü bir takım sorunlar ve problemler yaşanmaktadır. Yine de bugün devlet dili statüsüne yeni kavuşmuş genç Türk yazı dilleri için Türkiye Türkçesinin gelişim ve oluşum tarihinden,özellikle de dil reformu tecrübelerinden alacağı örnekler az değildir.

Kırgızistan-Türkiye ilişkilerinin çok yönlü olarak geliştiği günümüzde çeşitli amaç ve biçimdeki Türkçe-Kırgızca ve Kırgızca Türkçe sözlüklerin hazırlanmasına büyük ihtiyaç duyulmaktadır. Özellikle de Türkiye üniversitelerinde Çağdaş Türk Dilleri ve Edebiyatları bölümlerinin, Kırgızistan'da ise eğitim ve öğretim dilinin Kırgız Türkçesi ve Türkiye Türkçesi olduğu ilk ve yüksek öğretim kurumlarının açılması, bu öğretim kurumları için eleman yetiştirilmesi, ilmî ve pedagojik yayımların hazırlanması gibi gereksinimlerden dolayı bu tür sözlüklere olan ihtiyaç her geçen gün artmaktadır. Kırgızistan'da Türkçe, İngilizce ve Rusçadan sonra öğrenilmesi en çok tercih edilen bir dil hâline gelmiştir. Sözlüğün amaçlarından biri de Türk Cumhuriyetlerinde artan Türkiye Türkçesini öğrenme ihtiyacının karşılanmasına yardımcı olmaktır.

Sözlüğün bir diğer, belki de en önemli amacı, Çağdaş Kırgız Türkçesinin söz varlığının tüm olanaklarını Kırgız toplumunun gözleri önüne sermektir. Bunu Türkiye Türkçesi gibi Türk dili ailesinin en güçlü temsilcisi karşısında aktarma yoluyla göstermek, Kırgız toplumunundaki son zamanlarda kendi ana diline olan bakış açısını değiştireceği beklentisinden dolayı da çok önemlidir.

Eserin ilk sayfasına "Ene tilime estelik" ("Ana dilime armağan") cümlesi de işte bu amaçla konulmuştur. Kırgızcada **estelik** kelimesinin iki anlamı vardır : 1.armağan. 2. anıt. Bu ibareyi Sözlüğün ilk sayfasına koyarken yaptığımız eserin halkımıza bu iki anlamda da faydalı olması amaçlanmıştır.

Genelde, yazı dilinin ortaya çıkması, konuşma dilinin yazıya dökülmesi, halkın dilinin ağızlar, şiveler şekilinde değil, ulusal bir dil şeklinde belli normlar, kurallar çerçevesinde gelişeceği açısından da bir yüksek basamak sayılır. Yeter ki, bu geçiş sırasında halkın yüzyıllar boyu yaşatageldiği dil geleneğine zarar verilmesin ve yeni bünyesinde yaşama kabiliyetini kaybetmesin. Fakat öyle görülüyor ki, Kırgızcada, yazı diline geçilirken gerek alfabede, gerekse imlâ prensiplerinde yol verilmiş dilin özüne aykırı bir takım kurallar dilin kendine yabancılaşmasına ve yozlaşmasına yol açmıştır. Bu durum, dilin nesilden nesile aktarılma aşamasında belli bir kırılmaya meydan vermiş olmalıdır ki, yeni nesil kendi dilinin imkanlarını tanımaz olsun, onu hayatının en önemli iletişim aracı değil de, Kırgız kimliği altında sırtında taşıyacağı faydasız bir yük olarak görür hâle gelsin.

Bir ulusun dilinin onun bağımsızlık döneminde yok olma tehlikesiyle karşı karşıya kaldığı görülmemiş bir olaydır. Ne yazık ki, Kırgızistan'daki dil durumunu inceleyen uluslar arası kuruluşların verileri de, kendi tespitlerimiz de bu durumu doğrulayıcı yöndedir.

Nitekim, 24 Mart 2005 tarihinde Kırgızistan'da gerçekleşen siyasî devrimin en

belirgin etkenlerinden biri de Kırgız halkının ekonomik sıkıntılarının yanısıra millî değerlerinden, her şeyden önce ana dilinden yoksun bırakılması, ana dilinde yüksek öğrenim görememe, toplantı yapamama, hakkını savunamama, iş yazışmalarını yürütememe gibi sosyal açıdan kendi ülkesinde azınlık durumuna düşmesinden kaynaklanan sıkıntılara sağır kalan iktidara olan kin ve öfkesinin dışa vurması idi.

Bundan bir kaç yıl önce geldiğim Türkiye'de insanların dil sıkıntısı çekmeyen bir ortamda yaşadıklarını gördüğümde, esas hürriyet budur demiştim. Bu ülkenin de yüzyılın başında aynı sıkıntılar içinde yaşadığını, fakat başarıyla gerçekleştirilen dil reformu sayesinde halkın diline dayalı yazı dilinin geliştirildiğini öğrenince, bu dili esaslı bir şekilde öğrenmeyi ve Türkçeden Kırgızcaya aktarmalı sözlük yapmayı amaç edinmiştim.

Türkiye'de kaldığım 12 yıllık sürenin neredeyse yarısı huzurlarınıza sunduğum sözlüğü hazırlamakla geçti. 50 bin kelime kapasiteli bu sözlük, Türkiye Türkçesi ve Kırgız Türkçesinin çağdaş yazı dillerini esas almaktadır.

Kırgızca veya herhangi bir Türk yazı dili, tarihinin yeni döneminde kaldığı yerden devam etmesi ve ilerleme kaydetmesi için, önce kendi dil ortamını iyice değerlendirmelidir. Benim dilimin gelişmesine engel olan unsurlar nedir, sorusuna cevap aranması, dili daha etkili kılacak, topluma tam anlamıyla hizmet verecek kapasiteye ulaştırmanın gayesi gösterilmesi, bunun için gerekli olanaklar, örnek olacak tecrübeler varsa bunlar gözden geçirilmesi ve yararlanılması gerekir.

Bugün Kırgızistan'da ve diğer Türk Cumhuriyetlerinde Türkçenin 1920'li yılların başında yaşadığı ve dil devriminin yapılmasını gerektiren duruma benzer bir durum yaşanmaktadır. Tıpkı, Cumhuriyet dönemine kadarki Osmanlıca ile halk dili arasındaki uzaklaşma gibi Kırgızistan'da da genelde Kırgızca konuşan ve Rusçayı iyi bilmeyen kırsal kesim ile Kırgızca bilmeyen şehirli Kırgızlar arasındaki uçurum gittikçe artmaktadır. Yanlış dil politikası nedeniyle üstün duruma getirilen Rusçanın artmakta olan ağırlığı, yeni neslin geleceğini güven altına almak ve toplumda iyi bir yere gelebilmek için Rusçaya ve İngilizceye yönelmesine, ana dilinden giderek uzaklaşmasına neden olmaktadır.

Hazırladığım Sözlüğün her maddesini kendi diline ve milli değerlerine kayıtsız görünen bu kitlenin dikkatini çekmek, milli duygularına hitap etmek, ana dillerinin 700 yıllık yazı dili geleneği olan bir dil karşısında hiç zorlanmadan, tüm zenginliğiyle, doğal hâliyle rekabet edebilecek durumda olduğunun farkına varmaları düşüncesiyle yazdım.

Türkiye Türkçesi gibi Türk dünyası içinde fonksiyonel açıdan gelişmiş, işlek, uzun müddet devlet ve yazı dili olma geleneğine sahip, aynı zamanda da en kalabalık kitlenin konuştuğu, kelime ve terim yapım sistemi gelişmiş bir dilden aktarma sözlük yaparak Kırgız Türkçesinin de bu dilden geri kalır bir tarafının olmadığını, toplumun bütün ihtiyaçlarını karşılayabilecek güç ve zenginlikte olduğunu kanıtlamak, yeni neslin kendi diline olan güvenini sağlamak Sözlüğümüzün esas amacıdır.

Sözlüğün özgün dizini, dünya leksikografisinin tartışılmaz mükkemmel

örneklerinden olan "Büyük Türkçe-Rusça Sözlük" (1977), "Sovyet Ansiklopedik Sözlüğü"(1989), "İngilizce -Türkçe/ Türkçe -İngilizce Redhouse Sözlüğü" (1998), "Çağdaş Türkçe -İngilizce Redhouse Sözlüğü", "The Oxford Turkish-English Dictionary" (1984), "Türkçe Sözlük" (8-9.baskı,1988; 1998), "Anabritanika" (1-32.cilt, 1993-1994) gibi önemli kaynaklardan yararlanılarak çıkarıldı.

Sözlüğün, iki dilin ortak söz varlığını ön plana çıkarma gibi başlıca amacına uygun olarak ortak kelimeler, deyimler ve atasözleri üzerinde özellikle duruldu. Çağdaş edebî Türkçenin esas alındığı Sözlüğün madde başları arasında bazen yerel kullanıma ve konuşma diline ait диал.(ağız) ve ооз. (konuşma dili) veya esk. (eskimiş kelime) kısaltmalarıyla verilmiş olan iki dildeki ortak kelime, deyim ve atasözlerine rastlanması işte bu hususla açıklanabilir.

Kelime maddelerinin yerleştirilmesinde okuyucuya çeviri netliğini ve bilgi bolluğunu sağlayacak uluslar arası prensipler tercih edildi. Sözlüğün Türkçe kısmının yazılmasında 2000 yılında yayımlanmış olan "İmlâ Kılavuzu"ndan, Kırgızca kısmı için ise "Kırgız Tilinin Orfografyalık Sözlüğünden" (1983), ayrıca Kırgızca üzerinde yayımlanmış olan tüm sözlüklerden ve ansiklopedik eserlerden yararlanıldı.

Sözlüğün hazırlanması sırasında karşılaştığımız sorunların başında doğal olarak Kırgızca ile Türkçenin farklı alfabeleri kullanmaları sorunu geldi. Madde içinde sekiz çeşit yazım şeklinin, çok sayıda işaretin sürekli birbirine geçip durduğu dikkate alınırsa, dizgi çalışmasının ne kadar zor bir ortamda gerçekleştiği anlaşılır.

İkinci bir zorlandığımız husus, Türkçe birleşik kelimelerin yazılmasındaki istikrarsızlık, bu kelimelerin madde içine alınması veya tek başına kullanılması konusunda belli kriterlerin olmayışı oldu. Ayrıca "Türkçe Sözlük"te iki veya üç parçadan oluşan kelimelerin madde başı olarak alınması da, çalışmamız için öngörülen prensiplere uygun gelmedi. Türkçe-Rusça ve Türkçe-İngilizce sözlüklerin mütercimlerinin de aynı durumdan yakınarak çoğu kelimeleri birleştirerek madde başı yapmakla soruna çözüm buldukları görüldü. Biz ise prensip olarak Türkçenin yürürlükteki "İmlâ Kılavuzuna" riayet edeceğimizi belirttiğimiz için ona bağlı kalmak zorundaydık. Sorunu ayrı yazılan birleşik kelimelerin hepsini madde içine alarak, bitişik yazılanları ise ayrı madde olarak vererek çözdük.

Tarihî yönden bir yazı dili olarak gelişen Türkçe ile son yüzyılda yazı diline geçmeden önce genel olarak bir konuşma dili olarak gelişen Kırgızcanın alıntı kelimeler katmanı bakımından da çok büyük farklılıklar arzettiği görüldü. Örneğin, Kırgızca ile Türkçenin Arapça, Farsça kökenli kelimelerindeki ses ve anlam değişiklikleri ayrı ayrı inceleme konuları olabilecek derecede olduğu farkedildi. Ortak Batı kökenli kelimeler de Kırgızcaya genel olarak Rusça, Türkçeye ise daha çok Fransızca vasıtasıyla girdiği için, bu dillerin izlerini taşımaktadırlar.

Ana Türkçe kelime katmanının da sözü edilen iki dilde korunma derecesi aynı olmadığı gözlemlendi. Türkiye Türkçesinde bu katman daha çok Anadolu ağızlarında korunduğu için aradaki paralelliğin sağlanmasında, kimi zaman ağız ve konuşma dili verilerine başvuruldu. Ancak bunun gibi sıradışı durumlar belli

kısaltmalar eşliğinde verildi ve Sözlüğün ana çizgisinin edebî dil çizgisinden uzaklaşmasına yol verilmedi. Sonuçta bir Oğuz grubu temsilcisi olan Türkiye Türkçesi ile bir Kıpçak grubu temsilcisi olan Kırgız Türkçesinin örneğinde Türk yazı dillerinin ne gibi etkenlere maruz kaldığı ve bu dillerde ne gibi değişikliklerin meydana geldiği ortaya çıkarılmış oldu.”Türkçe-Kırgızca Sözlük”, uzun müddet birbiriyle temas etmeden gelişen bu iki Türk dilinin ortak ve farklı yönlerini gözler önüne sermesi açısından da Türkolojiye sunulan bir hizmet sayılabilır.

Hazırladığımız “Türkçe-Kırgızca Sözlük”ün, böylesine büyük amaçlara hizmet edeceğinden ayrıca gurur duyuyorum. Sözlükte tespit edilecek eksikliklere ve yanlışlıklara yönelik yapılacak düzeltmelere, eleştirilere ve yardımlara her zaman açık olduğumu belirtir, gulzura@yahoo.com internet adresime iletebileceğiniz mesajlarınız için şimdiden teşekkür ederim.

Sözlükten, Türkiye Türkçesi ve Kırgız Türkçesini öğrenmek, öğretmek, bu dillerde yayımlanmış edebî, ilmî, popüler v.s. eserleri, basın, yayın malzemelerini okumak isteyenler ve çeviri işleriyle uğraşanlar faydalanabilirler. Sözlük, ayrıca Türkologlar, tercümanlar, öğretmenler, diplomatlar, Doğu bilimleri fakülteleri öğrencilerinin yanısıra Türkçe ile Kırgızcaya ilgi duyan herkese yararlı olabilir.

Sözlüğün uzun süren hazırlanma aşamasında bana her zaman cesaret veren ve sabırla destekleyen babam Cumakun TURGANBAEV’e, eşim Razak SAIDİLKANOV’a, değerli hocalarım Kırgız Bilimler Akademisinin Aslî Üyesi Prof.Dr Bübiyna ORUZBAYEVA’ya, Prof.Dr Salican CİGİTOV’a ve iyi niyet gösteren herkese sonsuz şükranlarımı sunarım.

Doç.Dr Gülzura CUMAKUNOVA
Yazar

SÖZLÜĞÜN YAPISI VE PRENSİPLERİ

Sözlük'ün geniş çaplı okuyucu kitlesine hitap edeceği göz önünde bulundurularak Türkiye Türkçesinin bütün aktif kelime kadrosu, serbest ve sabit kelime grupları, deyimleri, edebî dilde yaygın olan meslekî kelimeleri ve terimleri kapsama alınmıştır.

Kelime maddelerinin yerleştirilmesinde okuyucuya çeviri netliğini ve bilgi bolluğunu sağlayacak uluslar arası prensipler tercih edildi.

1. Madde başı olarak Türkçenin kök ve yapım ekleri vasıtasıyla türemiş gövde kelimeleri alındı. Türkçe madde başı kelimeler ve bu kelimelerle ilgili örnekler, küçük Lâtin harfleriyle koyu olarak; madde açıklamaları ise açık Kiril harfleriyle yazılmıştır. Büyük harfler sadece özel isimlerde kullanılmıştır. Kelime anlamlarının sırası Arap rakamları ile nokta koyularak, deyim, kelime grubu anlamlarının sırası ise parantez altında Arap rakamları ile verilmiştir. Örneğin:

dalmak 1.сууга чумкуу/сүңгүп кирүү. 2.(*бир ишке/ топко/ жерге*) бат кирип/аралашып кетүү, сүзө качырып кирүү. ... **dalıp çıkmak** 1) (*деңизге/ көлгө ж. б.*) чумкуп-калкып сүзүү. 2) (*деңизге/ көлгө ж. б.*) чөмүлүп чыга калуу. 3) бир киргенде бир топ жерге кирип чыгуу.

Kelime anlamlarının sırası en çok kullanıma sahip esas anlamından diğer anlamlarına, sırasıyla mecazî (*өтм.*) ve argo (*арго*) anlamlarına doğru sıralanmıştır. Kelime anlamlarından sonra o maddeyle ilgili kalıplaşmış kelime grupları, deyimler, atasözleri alfabe sırasına göre herhangi ayırt edici işaret koyulmaksızın verilmiştir.

Deyimler ve kalıplaşmış sabit kelime gruplarının sırasını belirtmede madde başı kelimeye getirilmiş eklerin değil, ikinci kelimenin başındaki harflerin alfabetik sırası dikkate alınmıştır. Böylece deyimleri birkaç sıra içinden arama meşakkatinden da kaçınılmıştır. Örneğin:

adam … -a dönmek адам/киши болуу. **~ına göre** кишиге жараша. ~ **içine çıkmak** элдин алдына чыгуу, эл көзүнө көрүнүү. **~dan saymak** киши катары көрүү ж.б.

Madde başı kelimeler, madde içinde ~ işareti ile belirtilmiştir. Bu işaret, madde içindeki örnekler, deyimler, sabit kelime grupları ve atasözleri içinde de aynı şekilde kullanıldı. Kelimeye ek getirildiği zaman meydana gelen herhangi bir ses değişmesi (ses düşmesi, yumuşama v.s.) hadiselerinde, ~ işareti sözün o değişmiş şeklini yansıtacak şekilde kullanıldı. Örneğin:

açıklık,-ğı… fikrin ~ı пикирдин ачыктыгы.

cürüm,-rmü… ~ü başkasının üstüne atmak күнөөнү башкага жаба салуу.

2. Çeviri kısmındaki yakın eş anlamlı sözler birbirinden virgülle ayrıldı.

ezici 1.эзүүчү, басмырлоочу, жан кейиткен. 2.басымдуу, көпчүлүк.

Açıklama sırasında bir kelimeye bağlı eş anlamlı kelimeler arasına eşitlik (/) işareti konuldu. Örneğin:

idareli 1.жакшы башкарылган/жетектелген/уюштурулган.

idarî башкарууга байланыштуу/тиешелүү.

3. Eş sesli kelimelerin her biri madde başı olarak alınmıştır; kaynakları ve anlamları farklı olan bu tür kelimeler Romen rakamlarıyla birbirinden ayrılmıştır.

dolu I 1.толо, толтура. 2.көп, мол, бай. 3.ээленген, бош жери жок.

dolu II мөндүр.

4. İki veya üç çeşit yazım özelliğine sahip olan kelimelerin en sık kullanılanına açıklama getirilmiş; diğerlerine ise *к.* (караңыз 'bakınız') kısaltmasıyla gönderme yapılmıştır.

5. Aynı kökten gelen tam anlamdaş, ancak morfolojik yapısıyla birbirinden biraz farklı kelimeler aynı madde içinde madde başı olarak yan yana yer almıştır.

içgüdülü, içgüdüsel 1.ичкүдүдөн чыккан, инстинк боюнча ...

geğiriş, geğirme кекирүү...

арага кирүү/сөзгө кыпчылуу. **~ı kalabalık** маңыз, көп сүйлөгөн, сүйлөөк, бежиреген. **~ını kapamak 1)** жаагын жап кылуу. **2)** оозунан сөз чыкпоо. **~ından kapmak/almak** сөзүн бөлүү, арага кирүү. **~ kavgası** жаакташуу, акыйлашуу, айтышуу. **~ kokması** оозу сасуу. **~ kokusu 1)** ооздун жыты. **2)** чорт/жинди кыял. **~ının kokusunu çekmek** (*бирөөнүн*) кыялына/кылыгына чыдоо. **~ına koymamak** оозуна албоо/салбоо. **~ı köpürmek** оозунан көбүк куюлуу (*мис. аттын*). **~ı kulaklarında** оозу кулагына жетүү, сүйүнүү. **~ı kulaklarına varmak** сүйүнүү, жетине албоо. **~ıyla kuş tutsa da**... башы менен жер казса да... . **~ından lâf almak** сөзүнөн кармоо, оозунан жаңылдыруу. **~ına layık** даамдуу, жеген оозго жарашкан. **~ından lokmasını almak** оозунан сөзүн жулуп алуу. **~ının payını almak** таш тиштегендей болуу, жаагы жап болуу. **~ının payını/ölçüsünü vermek** жаагын жап кылуу. **~ı pek** оозу бек, сырга бекем. **~ı pis** богоо, сөгөөнөк. **~ına sağlık** тилиңе береке! баракелде! **~ına sakız olmak** сөзгө калуу, ушак болуу. **~ına sıçayım** атаңын оозуна чычайын! оозуңа келгир! **~ı sıkı** оозу бек, сырга бекем. **~ını sıkı tutmak** оозунан сөз чыгарбоо. **~ı sulanmak** суктануу, тамшануу, шилекейи агуу. **~ının suyu akmak 1)** оозунан шилекейи агуу. **2)** *өтм.* суктануу, шилекейин агызуу, көз артуу. **~ına sürmemek** оозуна албоо. **~ı süt kokmak** эне сүтү оозунан кете элек болуу. **~ şakası** тамаша, азил. **~ını şapırdatmak** оозун шалпылдатуу. **~ tadı** (*үй-бүлөдө же коомдо*) тартип, ынтымак, бейпилдик. **~ tadıyla** ынтымак/ ырыс ичинде, ыракаттануу менен. **~ının tadını almak** (*бир иштин*) ачуу-таттуусун билүү. **~ının tadını bilmek 1)** тамакты тандап жемек. **2)** табити мыкты болмок. **~ının tadını bozmak/kaçırmak** (*бирөөнүн*) ынтымагын, ыракатын бузуу/качыруу. **~ı teneke/tenekeyle kaplı** ысык-суукту ичкенден коркпогон (*сөзм. с.* оозу тыныке менен капталган). **~ını topla**! оозуңа карап сүйлө! тарта сүйлө! **~ı torba değil ki büzesin** элдин оозун кантип тыясың. **~ını tutmak** ооздон чыгарбоо, тилин тыюу, сыр бербөө. **~ına tükürmek** намыска тие турган сөз айтуу, ыза кылуу. **~ı var dili yok 1)** оозу бар, тили жок, момун, бечара. **2)** сөзгө жок, (*бирөөнө*) дартын айта албаган. **~ı varmamak** оозу барбоо, айтуудан зааркануу. **~ına verilmesini beklemek/istemek** «алма быш, оозума түш» деп отура берүү. **~ına vur, lokmasını al** оозго (*бир*) коюп, оозундагысын алуу (*бирөөнүн акысын жеп алыш*). **~ına yakışmamak** (*сенден, андан ж. б.*) күтүлбөгөн сөз. **~ı yanmak** оозу күйүү, көңүлү калуу. **~ yakmak** ооз күйдүрүү. **~ından yel/yeller alsın**! оозуңа таш! **~ını yırtarım** оозуңду канжалата/жаагыңды айра коём (*коркутуу*). **~ını yoklamak** сырын/ тамырын тартып көрүү. **~ birliği** бир сөзгө/бүтүмгө келүү. **~ birliği etmek** бир ооздон сүйлөө, бир пикирде болуу.

ağız IIууз.

ağızlık,-ğı **1.** мүштөк. **2.** ооздук (*аттын*). **3.** воронка. **4.** *кудуктун оозундагы тегерек таш.* **5.** *жемиш себетинин үстүн жапкан жалбыракчар.* **6.** дүрмөттөмө жери (*мис. мылтыктын*). **7.** (*телефон сыяктуу үн аспаптарынын*) оозго жакындатылган бөлүгү.

ağlamak 1. ыйлоо. **2.** капа болуу, кайгы тартуу. **3.** арманын айтуу, даттануу. **4.** маңыз, шире бөлүп чыгаруу (*мис. дарак*).
ağlaya: ~ ~ ыйлай-сыктай. **~sı gelmek** ыйлагысы келүү.
ağlamaklı ыйлап ийчүдөй, ыйлаганга даяр. ~ **olmak** ыйлап жиберчүдөй ахвалда болуу.
ağlamsamak калп ыйлоо, ыйламсыроо.
ağlaşmak 1. кошулуп ыйлоо. **2.** даттануу, арыздануу.
ağlatı *театр* трагедия.
ağlatmak ыйлатуу.
ağrı 1. оору, ноокастык, илдет. **2.** кайгы, муң. **3.** толгоо. ~ **kesici** ооруну басаңдатуучу дары. **~sı tutmak** толгоосу башталуу. ~ **vermek** оорутуу.
ağrılı оорулуу, ооруган.
ağrımak ооруу, ноокастоо, илдетке чалдыгуу.
ağrısız 1. оорусуз. оорутпай. **2.** *өтм.* кайгы-муңсуз, дартсыз, армансыз.
ağrıtmak оорутуу, ноокастатуу, жанын кейитүү.
Ağustos август. ~ **böceği** *зоол.* **1)** цикада, үн чыгарып учкан коңуз (*Cicada plebeja*). **2)** көп сүйлөгөн, маңыз (*киши*).
ah ох! ах! өх! эх! ~ **almak** (*бирөөнүн*) каргышына калуу. ~ **çekmek** «өх» демек, муңдануу, үшкүрүнүү. **~ı çıkmak** (*бирөөнүн*) каргышы тийүү, каргышына калуу. ~ **etmek 1)** үшкүрүнүү, муңкануу. **2)** каргоо. **~ı tutmak/yerde kalmamak** каргышы тийүү, каргышы сая кетпөө.
aha *ооз.* мына, ана.
ahali жашоочулар, тургундар, калк, эл. **yerli** ~ жергиликтүү калк.
ahbap,-bı 1. жолдош, теңтуш. **2.** *бейтааныш кишиге кайрылуу сөзү.* ~ **olmak** жолдош/теңтуш болуу.
ahbaplık,-ğı жолдоштук, теңтуштук. **~a dökmek** көрүнгөн менен жолдош болуу. ~ **etmek** жолдоштук кылуу, жолдоштук парзын актоо.
ahçı *к.* **aşçı**.
ahçıbaşı *к.* **aşçıbaşı**.
ahçılık *к.* **aşçılık**.
ahdetmek 1. жоопкерчилик/милдет алуу. **2.** ант берүү, касам ичүү.
ahenk,-gi 1. ылайыкташуу, эриш-аркак болуу, гармония, шайкештик, жарашык. **2.** *өтм.* ынтымак, келишим. **3.** үндөштүк, мукамдуулук. **4.** ритм. **5.** тон. **6.** аккорд. **7.** музыка коштоосунда көңүл ачуу.
ahenkli 1. эриш-аркак, иреттүү, жарашкан, бап келген ынтымактуу. **2.** көңүлдүү.
ahenksiz 1. тартипсиз, баш-аламан, ынтымаксыз. **2.** көңүлсүз.
aheste аста, акырын. ~ ~ аста-аста, аста-секин.
ahım : ~ **şahım** сонун, керемет, мыкты. ~ **şahım bir şey değil** анчалык деле мыкты эмес.
ahır акыр, короо, ат байлаган жер. **~a çevirmek** акырга айландыруу, кирдетүү, чачуу. ~ **gibi** акыр сыяктуу, чачык, кир.
ahir 1. акыркы, соңку, акыр. **2.** акырында, соңунда. ~ **zaman peygamberi** акыр заман пайгамбары, Азирети Мухаммед.
ahiret *к.* **ahiret.**
ahit 1. убада, касам, ант. **2.** келишим. **3.** *эск.* доор, заман.
ahize 1. алуу, кабыл алуу, ээ болуу. **2.** *электр энергиясын башка энергияга айландырган жарак.*
ahkâm өкүмдөр, жоболор, чечимдер, буйруктар. ~ **kesmek** тартынбастан кескин чечимдер чыгаруу.
ahlâk,-kı 1. адеп-аклак, жүрүш-туруш. **2.** этика, мораль. **3.** адептүүлүк, жакшы мүнөз. **4.** мүнөз, табият, адат. **~a aykırı** жүрүш-туруш эрежелерине тескери/айкыры. ~ **bilimi** адеп-ахлак илими, этика. **~ını**

bozmak жүрүш-турушун бузуу, бузулуп кетүү. **~ı bozuk** жүрүш-турушу начар. **~ dışı** жүрүш-туруш эрежелерине каршы.

ahlâkî 1. адептүүлүккө/жүрүш-турушка байланыштуу. **2.** этикага ылайык.

ahlâkçı 1. моралист, адеп-ахлак маселесин изилдеген киши. **2.** ар бир нерсеге адеп-ахлак көз карашынан караган киши.

ahlâklı адептүү, жүрүш-турушу жакшы, тарбиялуу, уяттуу.

ahlâksız адепсиз, жүрүш-турушу начар, жүзү жок, уятсыз.

ahlâksızlık адепсиздик, уятсыздык, жүзсүздүк.

ahlamak ахалап-охолоо, анталап-онтолоо.

ahlat жапайы алмурут.

ahmak акмак, келесоо, көк мээ, дөдөй. **~ ıslatan** шыбыргактап жааган жамгыр.

ahmaklık,-ğı келесоолук, кем акылдык, мээси жоктук, аңкоолук, дөдөйлүк.

ahret,-ti акырет. **~i boylamak** акыретке жол тартуу. **~** *өтм.* **suali** ыксыз, тажатма суроолор.

ahretlik, -ği 1. акыреттик.**2.** бакма кыз.

ahşap,-bı тактай, жыгач, жыгачтан жасалган.

ahtapot,-tu 1. спрут, осьминог. **2.** мурундун ичине чыккан шишик. **3.** жатып ичер, жан бакты. **~ gibi 1)** жабышкан, чырмалышкан. **2)** бир топ ишке бир убакта киришкен (*киши*).

ahu 1. жапайы эчки, жейрен. **2.** *өтм.* сымбаттуу, келишимдүү аял. **~ gibi** сулуу, сымбаттуу. **~ gözlü** жалжал көз, бото көз.

ahududu 1. *бот.* кызыл бүлдүркөн (*дарагы*) (*Rubus idacus*). **2.** бул даректын мөмөсү.

ahval 1. акыбал, абал, кырдаал, жагдай. **2.** аракеттер, мамилелер. **3.** окуялар, шарттар.

aidat 1. ай сайын төлөнүүчү мүчөлүк акы. **2.** айга-айга бөлүнгөн төлөмөлөр.

AIDS СПИД.

aile 1. үй-бүлө, бала-чака. **2.** урук, тукум. **3.** жамаат, коллектив. **~ cüzdanı** үй-бүлө капчыгы/бюджети. **~ doktoru** үй-бүлө доктору. **~ plânlaması** үй-бүлө пландамасы. **~ reisi** бүлө башы, үй ээси.

ailece бүт үй-бүлө менен, чогуу.

ailevî үй-бүлөгө байланыштуу.

ait тиешелүү, караштуу, энчилүү, байланыштуу, таандык, мүнөздүү. **~ olmak** тиешелүү болуу.

ajan 1. агент, өкүл, жооптуу. **2.** тыңчы, шпион, агент.

ajanda иш жазмалары дептери, блокнот, эскерткич.

ajans 1. агенттик. **Anadolu ~sı (AA)** Анадолу Агенттиги. **2.** өкүлчүлүк, маалымат бюросу.

ajur ажур, көзөнөктүү токулган тор.

ajurlu көзөнөктүү, арасы ачык, ажурлуу.

ak, -kı 1. ак. **~ saçlar** ак чачтар. **2.** таза, аруу, күнөөсүз. **~ yüzle** ак ниети менен, абийири менен. **3.** ак чел. **gözüne ~ düştü** көзүнө ак түштү. **4.** белок, ак (*жумуртканын*). **5.** кайгы-капасыз, бейкут, жыргал ичинде. **~ akçe kara gün içindir** *мак.* ак акча кара күн үчүн. **~ Arap** накта арап. **~ım derken bokum demek** акмын дейм деп бокмун деш (*оозунан жаңылыш*). **~ düşmek** ак түшүү. **saçına ~ düşmek** чачына ак түшүү. **~la karayı seçmek** ак-караны ажыратуу. **~ pak** аппак. **~ saçlı** ак чачтуу.

akabinde удаа, дароо аркасынан, соңунан.

akademi 1. академия. **2.** жогорку окуу жай. 3. *сүрөт,* акт.

akademik академиялык.
akademisyen академия мүчөсү.
akan: ~ **yıldız** метеор, куйруктуу жылдыз.
akar I 1. аккан, агын. ~ **su** аккан суу. ~ **su pislik tutmaz** аккан сууда арам жок. (*сөзм. с.* аккан суу кир тутпайт).
akar II 1.козголбос мүлк. 2. киреге берилген, киреше кирип турган үй же иш жери.
akar III кысырдык, туубастык.
akarca 1. *диал.* арыктан аккан суу. 2.*мед.* сыздоок. 3. арашан.
akaret,-ti киреше алып келген мүлк *(үй/ дүкөн сыяктуу)*.
akarsu 1. аккан суу. **2.** алмаздан же берметтен бир катар тизилген шуру.
akaryakıt күйүүчү май (*бензин, керосин, мазот сыяктуу*) .
akasya акация.
akbaba 1. таз жору. **2.** *өтм.* тез карыган чал.
akciğer өпкө. ~ **zarı** өпкөнү каптаган чел, плевра.
akça I аппак, ак жүздүү. ~ **pakça** апаппак.
akça II *к.* **akçe.**
akçe 1. күмүш тыйын. **2.** ар түрдүү металл тыйындар.
Akdeniz *геогр.* Жер Ортолук Деңизи.
akdetmek 1. түзүү (*келишим, макулдашуу, пакт, союз ж. б.)*. **2.** чакыруу (*чогулуш, курултай ж. б.*).
akıbet, -ti 1. (*бир иштин*) акыры, соңу, жыйынтыгы, натыйжасы. **savaşın ~i** согуштун жыйынтыгы. **2.** акырында, натыйжада. **~, bir gün ailesine dönecek** акыры бир күн үйүнө кайтып келет. **3.** тагдыр, жазмыш. **~ine uğramak** бирөөнүн башынан өткөн кырсык өз башына да келүү.
akıcı 1. суюк, агып кете турган. **2.** шыдыр окулган/ айтылган. **3.** сулуу (*жазуу, кол жазма*).
akıcılık 1. суюктук, суюк абал. **2.** кырааты менен сүйлөнгөн, жорго (*сөз*). **3.** жорго (*жүрүш*).
akıl, -klı 1. акыл, мээ, зээн. **2.** эс, жад. **adı ~ımda kalmadı** аты эсимде калбаптыр. **3.** кеңеш, жол. **bu ~ı size kim verdi?** бул акылды сизге ким айтты? **4.** ой, пикир. **~ımın ucundan bile geçmez** таптакыр оюма келбейт. **~lanmak** акыл кирүү, эс тартуу, токтолуу. ~ **almak** кеңеш алуу, акыл суроо. **~ını almak** кызыгуу, оюнан/эсинен кетпөө, санаркоо. ~ **almamak** башы жетпөө, ишенбөө, көзү жетпөө. **~ı almamak** түшүнбөө, ишенбөө. ~ **almaz** таң калычтуу, ойго келбей/киши ишенбей турган, укмуштуу. ~ **almaz olay** таң каларлык окуя. **~ı başında 1)** акылдуу, эстүү, токтоо. **2)** ишеничтүү, түз, калыс. **~ını başına almak/toplamak/ devşirmek** эс-учун жыйноо, акылына келүү, эс кирүү, тегеретип ойлоо. **~ını başından almak** мээсин айлантуу, жинди кылуу, жолдон чыгаруу. **~ı başından bir karış yukarı/yukarıda** оюна келгенди кылган, эссиз. **~ı başına gelmek 1)** катасын түшүнүү, оңолуу. **2)** соолугуу, өзүнө келүү. **~ı başından gitmek** (*кубангандан, кайгыргандан*) өзүн жоготуу, дайнын таппай калуу, дабдыроо. **~ı başında olmamak** эс-учун жыйнай албоо, ою чачылуу. **~ı bokuna karışmak** *орой* (*корккондон*) дайнын таппай /алдастап калуу. **~ını bozmak** (*бир нерсенин)* аркасынан түшүү, алек болуу. **~ını çelmek 1)** (*бир нерседен*) баш тарттыруу. **2)** башын айландыруу, жолдон чыгаруу, бузуу. **~dan çıkarmak** унутуу, эстен чыгаруу. **~ı çıkmak** коркуу. **~ından çıkmak** эсинен чыгуу. **~ından çıkmamak**

эсинен чыкпоо. **~ı dağılmak** оюн топтой албоо, санаасы санга бөлүнүү, эсин жыя албоо. ~ **danışmak** кеңеш суроо, кеңешүү, пикирин алуу. ~ **doktoru** психиатр. **~ını durdurmak** айран/таң калтыруу. **~lara durgunluk vermek/ ~ı durmak** катып калуу, селейип калуу (чочугандан/ таң калгандан). ~ **erdirememek** акылы / көзү жетпөө, сырын билбөө. ~ **ermek 1)** түшүнүү, көзү жетүү. **2)** токтолуу. ~ **ermemek** *к.* **akıl erdirememek**. **~ına eseni yapmak** оюна келгенин кылуу. **~ına esmek** оюна келүү. ~ **etmek** ойлой коюу, эстей коюу, башына келүү. **~ı evvel** акылы тетик, көсөм. ~ **fikir** ой-пикир, акыл-эс. **~ı fikri yemekte** ой-санаасы тамакта. **~ından geçirmek** ой жүгүртмөк, ойломок, эстемек. **~ından geçmek** эстөө, ойлоо, элестөө. **~ına geleni söylemek** оозуна/оюна келгенди сүйлөө. **~ına geleni yapmak** *к.* **aklına eseni yapmak**. **~a gelmedik** башка түшпөгөн, ойго келбеген. **~ına gelmek** оюна түшүү, эсине түшүү. **~ına getirmek 1)** эске салуу, эскертүү. **2)** эстөө, элестетүү.

akılcı **1.** акылга таянган/байланыштуу. 2.*филос.*рационалист.

akılcılık,-ğı *филос., социол.* рационализм.

akıllanma акыл/эс кирме.

akıllanmak акыл/эс кирүү, токтолуу.

akıllı 1. акылдуу, эстүү *(киши).* 2. акылдуу, туура *(иш, мамиле ж.б.).* ~ **geçinmek** акылдуусунуу, кыйынсынуу. ~ **olmak** акылдуу/эстүү болуу. ~ **uslu** акыл-эстүү, аң-сезимдүү, акылга дыйкан.

akıllıca акылдуу, туура, калыс. ~ **konuşmak** туура/калыс сүйлөө.

akıllılık,-ğı акылдуулук. ~ **etmek** акылдуулук кылуу.

akılsız акылсыз, эссиз, акылы/эси жок. ~ **başın cezasını ayak çeker** *мак.* акылсыз баштын азабын аяк тартат.

akılsızlık,-ğı акылсыздык.

akım 1. агым, кыймыл. 2. *физ.* агым, ток. *сал.* **cereyan.** 3. *өтм.* агым, көз караш, багыт (*мис. адабиятта, санатта).*

akımcı кайсы бир агымды жактаган.

akımölçer *физ.* амперметр, агымөлчөр.

akın 1. агын, шар. 2. көч, жер котормо. **kuşların ~ı** куштар көчү.3.чабуул, кол салуу. ~ ~ **geçmek/gelmek** жаап/ басып калуу.

akıncı 1. чабуулчу, баскынчы. 2. *футб.* чабуулчу.

akıntı 1.агынды, агым, агыш. **musluğun ~sı** чоргонун агышы.2. аккан нерсе (*кайсы бир оорудан улам*). 3. эңкейме, жантайма. 4. чайыр.**~ya kürek çekmek** болбогон иш менен алпурушуу. **~ya kapılmak** 1)агып кетүү.2) *өтм.* таасир алдында калуу, берилүү, шарына кошулуу.

akış 1. агыш, куюлуш. 2. өтүш, сүрүш.3. чабуул, баскын.

akışkan суюк.*сал.***seyyal.**

akışkanlaşmak суюлуу, суюк тартуу.

akışkanlık,-ğı суюктук.

akışmaz *физ.* өзгөрбөс, туруктуу.

akıtmak 1. агызуу. 2.кашка (*малда).* 3. акытма (*куймак сыяктуу түрк таттуусу*).

akıtmalı кашка *(мис. ат).*

akide I 1. диний ишенич, ынанч. 2. доктрина, принцип. ~**si bozuk** дини кайыр, динсиз.

akide II (~ şekeri) муз конфет.

akik,-ği *геол.* акак.

akis,-ksi 1. чагылма, проекция. 2. жаңырма, жаңырык. 3. *биол.* рефлекс, реакция. *сал.* **tepki.** 4.*өтм.* таасир. 5.тескериси, терси. **~ini söylemek** тескерисин айтуу.

akit,-kdi 1.акт, келишим, контракт. 2.ника акты.

âkit,-di келишим түзгөн, милдетин алган (*бир иштин).*

akkor (~ kömürü) көмүрдүн кору.
aklama актама *(күнөөдөн, жалаадан).*
aklamak 1. актоо, акка боёо. 2. *өтм.* актоо *(күнөөдөн,жалаадан).* 3.*өтм.* мактоо, даңазалоо.
aklanmak 1.агаруу, ак түскө келүү. 2.*өтм.* акталуу, жалган жалаадан кутулуу.
aklaşmak агаруу, бууруланууу.
aklen акылга салып/калчап.
aklı актуу, агы бар, агала. ~ **karalı** карала, агала. ~ **evvel** *шылд.* акылдуусунган, көрөгөч, көсөм ~ **sıra** жаман/арам оюнда, жөн койсоң.
aklık,-ğı 1. актык. 2. бет агарткыч. 3.*өтм.* актык, аруулук, тазалык, айыпсыздык.
aklınca жаман оюнда.
aklıselim акыл-эси жайында.
aklî акылга байланыштуу/таянган.
alkiye 1. *мед.* жин оорулары.2. жин оорулар бөлүмү *(ооруканаын).*
akma 1. акма, куюлма. 2. чайыр, карагайдын сагызы.
akmak,-ar 1.агуу, куюлуу, агып чыгуу *(суюк/майда нерселер).* **sular** ~ 1) суулар агуу. 2) терлер агуу. 2. *(жыртыктан/тешиктен)* агып чыгуу, тамчылоо. **dam akıyor** тамдан суу агып жатат. 3. *арго* качып жоголуу, тыз коюу. 4. жыртылуу, сүзүлүү *(кездеме, кийим).* 4. өтүү, учуу *(убакыт).* 5. аралашып/булганып калуу *(боёк).* 6. каюу, учуу (*жылдыз).* 7. жабылып жапырт жөнөө. **akmasa da damlar** жоктон көрө жогору. **akacak kan damarda durmaz** болор ишке ылаажы жок. **akan sular durmak** иш бүтүү, ичкен ашын жерге коюу. **akan su kir tutmaz** *мак.* аккан сууда арам жок.
akordeon 1.аккордеон. 2. бүктөм, каттам *(кийимдеги).*
akordeoncu аккордеонист.
akort,-du *муз.*1. аккорд. 2. күүлөмө.
akortçu *муз.* күүлөгөн, аккорд жасаган.
akortlamak *муз.* аккорддоо, күүлөө.
akortlu *муз.* аккорддуу, күүлөнгөн.
akortsuz 1.аккордсуз, күүлөнбөгөн. 2.*өтм.* баш-аягы жок, чар-жайыт.
akpak аппак, апаппак.
akraba (**karib'***дин көпт.т.)* 1.тууган, жакын, туушкан. **uzak** ~ алыс тууган. **yakın** ~ жакын тууган**.** 2. теги/түбү бир, тектеш. ~ **diller** тектеш тилдер. ~ **halklar** тектеш элдер. 3. *өтм.* маанилеш, окшош.
akrabalık,-ğı тууганлык, жакындык, тектештик.
akran теңтуш, чамалаш, тең чача,курбу.
akranlık,-ğı теңтуштук, курбулук.
akreditif *фин.* аккредитив.
akrep,-bi 1. *зоол.* чаян (*Scorpio).* 2. саат-тын кичине жебеси. ~ **gibi** чаяндай (чаккан).
Akrep,-bi *астр.* Чаян *(зодиак жылдыздарынан бири).*
akrobasi акробатика.
akrobat акробат.
akromatik *физ.* ак жарыкты ажыратпоо.
akromatopsi *мед.* түс ажыратпоо.
akropol,-lü *архит.* акрополь
akrostiş *ад.* акростих.
aksak,-ğı 1.аксак, чолок. 2. *ад.* чолок, кыска *(сап; грек/латын ыр өлчөмүндө).* 3. *муз.* түрк музыкасында жандуу бир ыкма. 4.*өтм.* бузук, чатак, жүрбөгөн *(иш).*
aksakal аксакал, улгайган, карыган.
aksaklık,-ğı аксактык, чолоктук.
aksamak 1. аксоо, чолоңдоо.2.*өтм.* жүрбөө, кеч калуу, бузулуу (*иш).*
aksan 1. акцент. 2. *линг.*интонация.
aksatma 1. аксатма. 2. кечеңдетме, артта калтырма (*бир ишти).*
aksatmak 1. аксатуу, чолоңдотуу. 2.*өтм.* кечеңдетүү, артта калтыруу *(бир ишти).*
akse *мед.* эстен танма, талма.
akseptans аксептанс *(чет элде окумак үчүн уруксат кагазы).*
aksesuar аксессуар.

aksetmek 1. жаңыруу*(үн).* 2. чагылуу *(жарык).* 3.*өтм.* жайылуу, тароо. **olay basına aksetti** окуя басма сөзгө тарап кетти.
aksırık,-ğı чүчкүрүк.
aksırıklı чүчкүрүп-бышкырган. ~ **tıksırıklı** оорукчан, алдан-күчтөн тайган.
aksırmak чүчкүрүү.
aksi 1. терс, каршы, тескери.~ **cevap** тескери жооп. ~**ini söylemek** тескерисин айтуу. 2. ылайыксыз, ыксыз.~ **zamana rastlamak** ыксыз учурга туш келүү. ~ ~ жини келип, сумсаңдап. ~ **hâlde/takdirde** болбосо, антпесе. ~ **şeytan** *сырд.с.* шайтан алгыр!
aksileşmek тескерилөө, терс аяктык кылуу, кежирленүү.
aksilik,-ği 1. саат, кырсык, балакет.~ **çıkmak** саат/балакет басуу 2. кежирлик, тескерилик. ~ **etmek/ çıkarmak** кежирлик кылуу, чыр чыгаруу.
aksine тескерисинче.
aksiyom аксиома.
aksiyon 1. аракет, акция. 2. *фин.* акция, үлүш, пай. 3. *мат.* амал.4. *театр* өнүгүш, жүрүш.
aksu *мед.* ак /чел басма *(көздө).*
aksungur ак шумкар.
akşam 1. кеч, кечки убак, күүгүм. **iyi ~lar!** кайырлуу кечтер! 2. түн, түнкү убак. 3. шам *(намаз).* ~**dan** кечтен, кечкурунтан. ~ ~ кечкурундап, күүгүмдөп. ~**a doğru** кечке маал, кечкурун. ~ **ezanı** кечки азан. ~**a kadar** кечке чейин. ~**dan kalmış** кечээкиден калган (*мастык*).~ **karanlığı** үрүл-бүрүл, күүгүм. **A~ Yıldızı** Чолпон жылдыз.
akşamcı 1. кечкисин ичкилик ичме өнөкөтү болгон киши.2. кечкисин иштеген киши.
akşamcılık,-ğı кечкисин ичкилик ичме өнөкөтү.
akşamki кечки, түнкү.
akşamlamak 1. кеч киргизүү, кечке чейин алек болуу. 2.кечкурун бир жерде болуу. 3.(Ай) кеч чыгуу.
akşamları 1.кечкисин. 2. ар күнү кечинде.
akşın 1.*мед.* ала, пигмент бузуктугу. 2. альбинос.
aktarıcı 1. черепица оңдогуч. 2. *спорт* топ ашырып берген оюнчу.
aktarma 1. аңтарма, котормо. 2. унаа которуп минме. **İstanbul'dan ~ yapacakmışız** Стамбулдан унаа которот экенбиз. 3. оодаруу, аңтарып айдоо (*жерди).* 4. *фин.* эсептен эсепке акча которуу.
aktarmacı 1.котормочу. 2. котормо/ жөнөтмө иштерин жасаган киши.
aktarmak 1. которуштуруу, куюштуруу. 2. жол/багыт өзгөртүү. 3. кыстырма/ шилтеме алуу *(мис. бир китептен).* 4. которуу (*башка тилге). 5.*чатыр черепицаларын которуштуруу, оңдоо. 6. айдоо, коңторуу *(жерди).*
aktarmalı которулуп минилген (*унаа).*
aktarmasız түз, унаа алмаштырбай.
aktif 1. активдүү, кыймылдуу, аракеттүү. 2.таасирдүү, өтүмдүү. 3. *соода* жарамдуу, колдонумдуу, пайдалуу.
aktifleşmek активдешүү, жандануу, таасири/пайдасы артуу.
aktiflik,-ği активдүүлүк, жандуулук, таасирдүүлүк, өтүмдүүлүк**.**
aktinyum *хим.* актиний.
aktivite иш-чара, аракет.
aktivizm *филос.* энергетизм,жигердүүлүк
aktör 1.актёр, артист. 2.*өтм.* артист, жасалма, көз боёмочу.
aktörlük-ğü 1.актёрлук. 2.*өтм.* артисттик, жасалмалык.
aktris актриса.
aktüalite 1**.** актуалдуулук. 2. күндөлүк окуялар.
aktüalizm 1. *геол.* актуализм. 2.*филос.* актуализм.
aktüel актуалдуу.
akur азоо, жинденген, кирген (*мал).*
akustik 1.акустика. **salonun ~i muhte-**

şemdi салондун акустикасы мыкты болду. 2.акустикалык.
akuzatif *грам.* тыбыш жөндөмө.
akü (akümülâtör'*дун кыск.*) аккумулятор.
akümülâtör аккумулятор.
aküpunktür *мед.* акупунктур, кытай ийнеси.
akvarel акварель.
akvaryum аквариум.
akyuvar *анат.* кандын ак бүртүгү, лейкоцит.
al I 1. кызыл, алоодой. 2. бул түстө болгон. ~ **bayrak** кызыл байрак.3. жээрде (*ат).* 4. эндик (*аялдар бетке сүйкөгөн).* 5.(~ **karısı)** албарсты.~ **basmak** албарсты басуу. ~ **gömlek gizlenemez** *мак.* шибегени капка ката албайсың. **~ı** ~ **moru mor** кызылы кызыл агы ак.
al II айла, амал, иле.
ala 1.ала.~ **tav** ала тап. 2.*ооз.* ачык күрөң, кой *(көз).* 3.кекиликтин мойнундагы кара темгил.
âlâ мыкты, сонун,укмуш**. ne ~!** кандай сонун!
alabacak,-ğı ала/ак туяк (*мал).*
alabalık,-ğı *зоол.* ала балык, форель (*Trutta faris).*
alabanda 1.*деңиз.* кеменин капталы. 2. жеме, тил. ~ **etmek** кемени кескин буруу. ~ **vermek** жекирүү, тилдөө. ~ **yemek** тил/жеме угуу.
alabildiğine 1.болушунча, батышынча, каалашынча. 2.чексиз, эпсиз.
alabora 1.аласалуу, аңтарылуу. 2. жантыгынан жатып калуу (*кеме).*~ **olmak** 1) аласалуу, оодарылуу *(кеме, кайык ж.б.).* 2) *өтм.* иштер астын-үстүн болуу.
alaca 1. ала-була. 2. ала-була жиптен токулган токума.3. ала бөйрөк болуп бышкан *(мөмө).* 4. ала чүпүрөк *(кекилик/бөдөнө кармоодо колдонулат).* 5. ала, арамзаалык, куулук. **hayvan ~sı dışında, insan ~sı içinde** *мак.* адам аласы ичинде, айбан аласы тышында. ~ **bulaca** ала-була. ~ **karanlık** күүгүм, иңир.
alacak,-ğı 1. аласа. 2. сатып ала турган нерсе. **~ı olmak** аласасы болуу. **~ın olsun!** 1) көргүлүктү көрөсүң! 2)аласаң болсун *(мен да карыздар калбайм).* **~ına şahin, vereceğine karga** алганга келгенде кыргый, бергенге келгенде карга. ~ **verecek** аласа-бересе.
alacakarga *зоол.* сагызган *(Corous frugilegus).*
alacaklı 1. аласа. 2.аласасы болгон киши.
alacalamak ала-була кылып боёо.
alacanlamak 1. ала-була болуу. 2. ала кар болуу *(жер).* 3. бир кызарып, бир бозоруу *(киши).*
alacalı ала-була, чаар-ала. ~ **bulacalı** ала-була.
alaçık,-ğı *ооз.* алачык.
alafranga 1.френклер (*к.)* стилинде **(alaturka'***нын каршысы).* 2. батышты туураган/жактаган (*киши).*
alageyik,-ği *зоол.*ала кийик *(Dama dama).*
alâka 1. алака, байланыш, тиеше. 2. кызыкма, көңүл бурма. ~ **çekmek** кызыктыруу, өзүнө тартуу. **~yı kesmek** байланышын үзүү. **ne ~sı var?** эмне тиешеси бар?
alâkadar кызыктырма, алектенме. ~ **etmek** кызыктыруу, алектендирүү. ~ **olmak** кызыгуу, алектенүү.
alâkalanmak алектенүү , алек болуу.
alâkalı 1. алакалуу, байланыштуу тиешелүү. 2. кызыккан, алектенген.
alakarga *зоол.*1. ала карга *(Garrulus glandarius)*. 2.сагызган.
alâkasız 1.алакасыз, байланышсыз, тиешесиз. 2. көңүлсүз, кайдигер.
alâkok чала бышкан (*жумуртка).*
alalamak ала-була /чаар-ала кылуу, жаап-жашыруу, көздөн жашыруу.
alâmet 1.белги, жышаан, из. 2. так, тамга, эн.
alan 1.аянт, талаа, жер, майдан. 2. ачык

жер (*токойдо).* 3.*физ.* талаа. **mıknatıs ~ı** магниттик талаа. **yer çekimi ~ı** жердин тартылуу күчү аянты. 4. *спорт* талаа. 5.*өтм.* тармак, салаа. **eğitim ~ı** билим берүү тармагы. **sanat ~ı** санат тармагы.

alârm коркунуч/коогалаң сигналы. ~ **çalmak** коогалаң сигналын чалуу. **~a geçmek** беленденүү, даяр абалга келүү.

alaşım *хим.* металл кошундусу.

alaten *мед.* ала .

alaturka 1. алатурка, эски түрк каадасына ылайык, түрк стилинде **(alafranga'***нын каршысы).* 2. түрк стилин жактырган/жактаган *(киши).*

alavere 1.колмо колдоп ташыма. 2.*дең.* колмо колдоп жүк ташылчу тепкич. 3.*өтм.* кызыл кулактык, пайдакечтик. 4. капсалаң, дүрбөлөң. ~ **dalavereye çevirmek** айла-амал колдонуу, куйтулануу.

alavereci кызыл кулак, пайдакеч.

alay I 1. топ, жыйын, калың эл. 2.процессия, колонна.3.*аск.* полк. **topçu ~ı** замбирекчилер полку. 4. бүтүн баары. **~ımızı sorguya çektiler** баарыбызды суракка алышты. 5. көп санда, аябай. ~ ~ топ-тобу менен, жыйылып. **bir ~** бир далай.

alay II мыскыл, мазак,шылдың, келеке. **~a almak/ ~etmek/geçmek** шылдың кылуу, мазактоо. **~a bozmak** шылдыңга айландыруу**. (bir işin) ~ında olmak** *(бир ишке)* жетеринче маани бербөө, оюн көрүү.

alaycı 1.шылдыңкор, кээкерлүү. 2. мыскылдуу, шылдыңдуу. ~ ~ шылдыңдуу, табалап, кээкерлүү. ~ ~ **bakmak** шылдыңдап кароо.

alaylı мыскылдуу, шылдыңдуу. ~ ~ шылдыңдап, какшыктап, кер какшык менен, мыскылдап.

alaz алас, алоо, жалын. ~ ~ **yanıyor** алоолонуп күйүү.

alazlamak аластоо.

alazlanmak 1. аласталуу. **2.** (*териде*) кызаруу пайда болуу.

albastı албарсты, (*төрөттө*) эсин жоготуу, кара басуу.

albaştan кайра баштан.

albeni сүйкүмдүүлүк, ажар, өзүнө тартуучу күч.

albino, **albinos** альбинос.

albüm альбом.

albümin *биол.* , *хим.* альбумин, белок.

alçak 1. жапыс, кыска. ~ **boylu** кыска бойлуу. **2.** *өтм.* арсыз, жек көрүмчү, намыссыз, бетпак. ~ **basınç** төмөнкү чыңалуу. ~ **gönüllü** ак көңүл, карапайым, жөнөкөй. ~ **gönüllülük** жөнөкөйлүк, ак көңүлдүк, карапайымдык. ~ **herif** арсыз айбан, бетпак. ~ **ses** акырын чыккан үн.

alçakça 1. абдан жапыз (*бийиктик үчүн*). **2.** *өтм.* арсыздык менен, чыккынчылык менен.

alçaklık бетпактык, арсыздык, намыссыздык. ~ **etmek** бетпактык/ арсыздык/намыссыздык кылуу.

alçalma 1. ылдыйлоо, жапыздоо, төмөн түшүү. **2.** *геол.* чөгүү, төмөндөө. **3.** кыйроо, ыдыроо, деградация.

alçalmak ылдый түшүү, чөгүү, төмөндөө.

alçaltmak төмөн түшүрүү, жапыздоо, чөктүрүү, ылдыйлатуу.

alçı 1. гипс. **2.** гипстен жасалган. **~ya almak** гипске салуу.

alçılamak гипстөө.

alçılı 1. гипстелген. **2.** гипстүү, ичинде гипси болгон.

aldaç/aldangıç тузак, үстү топурак же өсүмдүк менен капталып коюлган чуңкур.

aldanmak алдануу, жаңылуу.

aldatıcı 1. алдамчы, калпычы. **2.** жалган, жаңылтуучу, жаңылыш, ката.

aldatılmak 1. жаңылтылуу, алдатылуу. **2.** көзүнө чөп салынуу (*жубайы тарабынан*).

aldatmaca куулук, шумдук, айлакердик, жаңылтма, көз жазгырма. ~ **yok 1)** куулук-шумдуксуз, алдабай-этпей. 2) алдамай жок.

aldatmak 1. алдоо, жазгыруу, азгыруу, жаңылтуу. **2. (***жубайынын***)**көзүнө чөп салуу. **3.** калп/жалган айтып ишендирүү.

aldırış моюн сунуу, ишенүү. ~ **etmemek** моюн сунбоо, тоотпоо, көңүл бурбоо. **~sız** моюн сунбастан, тоотпостон.

aldırmak 1. алдыруу. **2.** алып келдирүү. **3.** денеден бир органды алдыруу. **4.** айрылуу, ажыроо. **5.** сыйдыруу, батыруу.

aldırmaz (*бир нерсеге***)** моюн бербеген, барк/кадыр билбеген, мурдун балта кеспеген, мойну жоон.

aldırmazlık кайдигерлик, санаасыздык, бейкапардык, көңүлкоштук. **~tan gelmek** көңүлкоштук көрсөтүү, барк/кадыр билбемиш болуу.

aldırtmak алдыртуу.

alegori аллегория.

alegorik аллегориялык.

alelâcele шашып-бушуп, ашып-шашып, көз ачып жумгуча, карбаластап.

alelâde 1. адаттагыдай, салт боюнча. **2.**күндөгүдөй, кадимкидей, көнүмүш.

âlem I 1. аалам. **2.** дүйнө, жер жүзү. **3.** чөйрө, жамаат. **sanatçılar ~i** өнөрпоздор чөйрөсү. **4.** тукум, түр, дүйнө. **hayvanlar ~i** жаныбарлар дүйнөсү. **5.** абал, жагдай. **evlilik ~i** үй-бүлө жагдайы. **6.** эл, башкалар. **~in gözüyle bakmak** башкалардын/элдин көзү менен кароо. **7.** *өтм.* көңүл ачуу, кече. **8.** кызык, таң калаарлык. **babası bir ~** атасы өзүнчө эле бир укмуш. **~î** бул дүйнөдөгү, бул жашоодогу, күндөлүк. **~in ağzı torba değil ki büzesin** кимдин оозун ким тыят. **~i var mı?** туура болобу? ылайык келеби? туура көрүлөбү? ~ **yapmak** ырдуучоордуу көңүл ачуу.

alem II 1. байрак, туу. **2.** мечиттеги жарым ай белгиси. **3.** чек ара түркүгү. **4.** *грам.* энчилүү ат.

alenen ачыктан ачык, көз көрүнөө, элдин көзүнчө, ачык эле.

alenî ачык, көрүнөө, жаап-жашырбастан жасалган.

alerji аллергия.

alerjik 1. аллергиялык, аллергияга байланыштуу. **2. (***бир нерсеге***)** аллергиясы болгон.

alet,-ti 1. жабдык,курал. **2.** тетик, деталь. **3.** орган, дене мүчөсү. **4.** *жагымсыз бир ишке пайдаланылган бирөө.* ~ **edevat** курал-жарактар, аспаптар. ~ **etmek (***бирөөнү***)** бир ишке пайдалануу. ~ **olmak (***бирөөнүн***)** бир ишинде пайдаланылып калуу.

alev 1. алоо, жалын. **2.** от, ысык, илеп. **3.** сүйүү оту. **4.** *найзанын учуна тагылган кичинекей желек.* ~ **almak 1)** алоолонуу, жалындоо, жалбырттоо. **2)** *өтм.* толкундануу, эргүү. **3)**каны кайноо, ичи өрттөнүү, жаны кашаюу.

Alevî шииттер, халиф Алинин жолун жолдоочулар.

Alevîlik шииттик.

alevlendirmek 1. алоолонтуу, жалындатуу. **2.** күчөтүү.

alevlenmek 1. алоолонуу, өрттөнүү. **2.***өтм.* күчөө, артуу. **savaş alevlendi** согуш күч алды. **3.** жалындоо, жануу, жаркыроо.

alevli 1. жалындуу, илеби күчтүү, жалбырттаган. **2.** күйүүчү, өрт коркунучу болгон. ~ **cisimler** бат өрттөнүп кетүүчү заттар. **3.** *өтм.* Жалындаган, ысык **(***сөз, сүйүү, сезим***)**.

aleyh каршы, тескери. **~ine bulunmak** каршы болуу, каршы чыгуу. **~ine dönmek** тескерисинче болуп чы-

гуу, каршысына чыгуу. **~inde konuşmak** каршы сүйлөө, сындап чыгуу, жамандоо. **~inde oy kullanmak** каршы добуш берүү.

aleyhtar каршы, душман, атаандаш.

aleyhtarlık каршылык, душмандык, атаандаштык, оппозиция.

aleykümselâm (***aleyküm*** – *үстүңүзгө,* ***selm*** – *саламатчылык, амандык, эсендик*) арапча ***селамүналейкүм*** деп учурашканда берилген жооп.

alfabe 1. алфавит. **2.** алиппе. **3.** бир иштин башталгычы.

alfabetik алфавит боюнча.

alg *бот.* балыр.

algı I 1. киреше, аласа. **2.** пара. **3.** алык-салык, налог.

algı II *филос., психол.* түшүнүк, кабыл алуу жөндөмү, туюм, сезим, баам.

algılamak туюу, түшүнүү, көзү жетүү, баамдоо.

algoritma *мат.* алгоритм.

alıcı 1. сатып алуучу, кардар. **2.** радиоприемник. **3.** кабыл алгыч. **4.** *элек.* трансформатор. **5.** телефон трубкасы. **~ gözüyle bakmak** сыдырып/текшерип кароо, ийне-жибине чейин текшерүү. **~ kılığına girmek** кардар болумуш болуу. **~ verici** бергенин кайра доолаган.

alıç,-cı *бот.* **1.** ит мурун (*дарагы)* (*Crataegus azarolus*). **2.** ит мурун (*мөмөсү*)(*Sorbus aucuparia*).

alık 1. аңкоо, макоо, келесоо. **~ ~** аңкайып, келесоочо, дабдаарып. **~ ~ bakmak** аңкайып/делдейип кароо, дендароо болуу.

alıkonulmak четтетилүү, узакташтырылуу.

alıkoymak 1. алып кетүү, зордоп качырып кетүү, (*бир жерде*) кармап туруу/алып калуу. **2.** токтотуу, аралжы/тоскоол болуу. **yemeğinizden alıkoydum** тамагыңызга аралжы болдум. **3.** алып/ бөлүп/арнап коюу. **bu kaseti çocuklar için alıkoyduk** бул касетаны балдар үчүн бөлүп койдук. **4.** куткаруу, сактоо, коргоо. **sizi uzun yolculuktan alıkoymuş** сизди узак жолчулуктан куткарыптыр.

alım 1. алыш. **2.** сатып алыш. **3.** сүйкүмдүүлүк, келишимдүүлүк, жагымдуулук. **~ satım** соода -сатык, алыш-бериш.

alımlı келишимдүү, сүйкүмдүү, түсү ийги.

alın,-lnı 1. маңдай, чеке. **2.** алды, өңү, асты, фасад. **3.** каршы, маңдай (*жагы*). **~ında** чекесинде, чекесине/маңдайына (*жазылган*). **~ının akı ile** маңдай тери менен, ак эмгеги менен. **~ damarı çatlamak** уяты кетүү, ар-намысын жоготуу. **~ damarı çatlamış** уятсыз, шумпай. **~ teri** маңдай тери. **~ teri dökmek** маңдай терин төгүү, көп эмгек каржоо. **~ teriyle kazanmak** маңдай тери менен табуу. **~nda/~ına yazılmış olmak** маңдайына/чекесине жазылган, тагдыр, жазмыш.

alındı ишеним кат, квитанция. **~lı** (*ишеним кат алуу менен жиберилген)* почта.

alıngan 1. таарынчаак. **2.** сезимтал, кырс.

alınmak 1. алынуу (*бир нерсе*). **2.** таарынуу, кырсыюу, капа болуу. **üstüne ~** өзүнө алуу, таарынуу, ыза болуу.

alıntı 1. өрнөк, цитата, кыстырма. **2.***грам.* башка тилдерден кабыл алынган сөз. **~ yapmak** цитата келтирүү, өрнөк берүү.

alıntılamak өрнөк көргөзүү, мисал келтирүү, цитата алуу.

alınyazısı маңдайга жазылган жазуу, тагдыр, жазмыш.

alış алыш, сатып алыш. **~ fiyatı** алыш баасы. **~ veriş** *к.* **alışveriş.**

alışık 1. көнүмүш, көнгөн, кынык

алган. **2.** үйүр, жакын.

alışılmak көнүмүшкө айлануу, көнүү, жатыгуу.

alışılmış көнүмүш, кадыресе, адатка айланган, катардагы, күндөлүк.

alışkanlık 1. көнүмүш (*адат*), жатык алуу. **2.** (*бир нерсеге*) кызыгуу, алек болуу.

alışkı адат, мүнөз.

alışkın көнгөн, үйүр алган, жатык.

alışmak 1. көнүү, эбин/ыгын алуу. **2.** кыныгын алуу, көнүп кетүү. **tütüne ~** тамекиге көнүп алуу. **3.** үйүр алуу, чоочуркабай калуу, жоошуу (*айбандар жөнүндө*).

alıştırmak 1. үйрөтүү, көнүктүрүү, машыктыруу. **2.** көнүгүү. **3.** тууралоо, кыябына келтирүү, туштоо.

alışveriş 1. соода. **2.** алыш-бериш, өз ара мамилелер. **~e çıkmak** соода кылууга чыгыш. **~ etmek 1)** соода кылуу. **2)** алып сатуу. **3)** алыш-бериш/катнаш жасоо. **fikir ~inde bulunmak** пикир алышуу. **~i kesmek** байланышты үзүү. **~i olmamak** мамилеси болбоо.

âli жогорку, улуу, башкы. **Â~ İktisat Meclisi** Жогорку Экономикалык Кеңеш.

âlicenap *эск.* жоомарт, ар-намыстуу, ак сөөк.

âlim окумуштуу, аалым.

alimallah Кудай урсун! Кудай турат! (*сөздүн тууралыгына ишендирүү үчүн айтылат*).

alize 1. метеор. **2.** (*тропикалык өлкөлөрдө)* деңизден соккон шамал.

alkali *хим.* щелоч.

alkalik *хим.* щелочко байланыштуу.

alkım *метеор.* күндүн кулагы/ желеси, асан-үсөн.

alkış кол чабуу, аплодисмент. **~ toplamak** кол чабуулар менен коштолуу. **~ tufanı** дүркүрөгөн кол чабуулар. **~ tutmak** кол чабуу, коштоо, сүрөө.

alkışçı кошоматчы, жасакер.

alkışlamak кол чабуу, коштоо, сүрөө.

alkol,-lü 1. спирт. **2.** алкоголь, ичимдик. **~ almak** ичкилик ичүү. **~ muayenesi** ичкиликтен дарылануу, текшерилүү.

alkolik 1. спирт, спирт аралашкан. **2.** алкоголдуу (*ичимдиктер*). **3.** алкоголик, пиянкеч, аракеч.

alkolizm алкоголизм, пыянкечтик, аракечтик.

alkollü 1. спирт кошулган. **2.** алкоголдуу.

alkolsüz алкоголсуз, спирт кошулбаган.

Allah 1. Аллаа, Кудай, Теңир, Жаратkан, Рабб. **2. ~ım!** Кудая тобо! *(таң калуу билдирет)*. **~tan** Кудай жалгап, бактыбызга. **~ acısın!** Кудай кубат берсин! **~ akıl fikir versin!** Кудай акыл-эс берсин! **~ ~! 1)** *ооз.* (*таң калганда же тажаганда айтылат*) тобо-тобо. **2)** *түрк аскерлеринин согуш ураяны.* **~ aşkına!** Кудай үчүн! Теңир үчүн! **~ aşkına yapma!** Кудай үчүн муну кылба! **~ bağışlasın!** Кудай кечирсин! **~ belâsı** Кудайдан жөө качкан, Кудай урган. **~ belânı versin/vermesin!** Кудай жазаңы берсин! **~ beterinden esirgesin/saklasın!** Кудай мындан жаманын көргөзбөсүн! **~ bilir** Кудай билет, ким билет. **~a bin şükür** Кудайга (миң) шүгүр. **~ bir yastıkta kocatsın!** ак жоолугун башыңдан түшпөсүн! (*сөзм. с. Кудай бир жаздыкта карытсын!* (*жаңы үйлөнгөндөргө тилек катары айтылат*). **~ından bulsun!** Кудайдан көрсүн! **~ büyüktür** Кудайдын кайрымынан үмүт үзбөш керек. **~ canımı alaydı!** Кудай жанымы алса эмне! **~ canımı alsın!** Кудай алсын! Кудай урсун! (*каргануу*). **~ cezanı versin/ vermesin** *ооз.* Кудай жазаңы бергир. **~ cezası** Кудай албагыр. **~a**

emanet etmek Кудайга тапшыруу, Кудайга аманат кылуу. **~a emanet olun!** Кудайга аманат! **~ın emri, Peygamberin kavliyle** Кудайдын буйругу, пайгамбардын кабылы менен (*баталашуу үчүн келгенде айтылат*). ~ **esirgesin/ saklasın!** Кудай сактасын! ~ **gecinden versin!** Кудай кечинен берсин! ~ **göstermesin** *ооз.* Кудай анын бетин ары кылсын. **~ın günü** Кудайдын күнү. **~a havale etmek** Кудайга тапшыруу. **~ın hikmeti** Кудайдын кылганы/буйругу. **~a ısmarladık** (силерди) Кудайга тапшырдык! жакшы калгыла! (*коштошуу сөзү*). ~ **için** Кудай үчүн. ~ **isterse** Кудай/Кудаа кааласа. **~ın işine bak!** Кудайдын кылганын кара! ~ **iyiliğini versin!** Кудай жакшылыгын аябасын! ~ **izniyle** Кудайдын айтканы/буйругу менен. ~ **kabul etsin** Кудай кабыл кылсын! **~a kalmak** Кудайдын эрки. ~ **kavuştursun!** Кудай жүз көрүштүрсүн! (*бирөөнү жолго узатканда айтылат*). ~ **kazadan, belâdan korusun/esirgesin/saklasın!** Кудай бөөдө кырсыктан сактасын! ~ **kerim!** Кудай колдойт! **~tan kork!** Кудайдан корк! уялсаң бол! **~tan korkmaz** Кудайдан коркпойт. ~ **korusun!** Кудай сактасын! ~ **layığını/müstahakkını versin!** Кудай калыстык кылсын! ~ **ne muradın varsa versin!** Кудай тилегиңе жеткирсин/берсин! ~ **ne verdiyse** Кудайдын бергени менен. ~ **ömürler versin!** Кудай өмүрүңдү узун кылсын! өмүрлүү бол! ~ **rahatlık versin!** Кудай тынччылык берсин! жакшы жаткыла! ~ **rahmet eylesin!** топурагы торко болсун! (*өлгөн кишиге карата айтылат*). **~ın rahmetine kavuşmak** каза болуу, өлүү. ~ **razı olsun!** ырахмат! ~ **rızası için 1)** Кудай үчүн. **2)** эч кандай пайда күтпөстөн, өз көңүлү менен. ~ **sabır versin!** Кудай кубат/сабыр берсин! ~ **senden razı olsun!** Кудай жалгасын! **~ı/~ını seversen** Кудайды карасаң. **~a şükür!** Кудайга шүгүр! **~tan umut kesilmez!** Кудайдан үмүт үзбөө керек! ~ **var** Кудай бар. ~ **vere de …** Кудайым берет. ~ **vergisi 1)** туулгандан, жаралгандан. **2)** кудайдан, тубаса (*жөндөм, шык*). ~ **vermesin!** Кудай көргөзбөсүн! ~ **versin!** Кудай берсин! ~ **yapısı** Кудайдын кылганы/жаратканы. ~ **yardımcın olsun!** Кудай кубат берсин! ~ **yazdı ise bozsun!** эч качан бул ишти кылбайм (*сөзм. с.* Кудай жазганын бузсун). ~ **"yürü ya kulum" demiş** Кудай ишин оңоду, Кудай берди. ~ **ziyade etsin** Кудай береке берсин! дасторконуңардан береке кетпесин!

allahlık 1. кудайы момун (*киши*). **2.** *ооз.* жарым эс, зыянсыз, бечара.

allahsız 1. кудайсыз, динден безген, дини кайыр, атеист, динсиз. **2.** боору таш, таш боор.

allahsızlık динсиздик, дини кайырдык, атеизм.

allahuekber *дин* аллахуакбар.

allak: ~bullak 1. астын-үстүн, чаң-будуң, чаң-тополоң. ~ **etmek 1)** чаңын асманга чыгаруу, чаң-будуң кылуу. **2)** *өтм.* баш айландыруу, акыл адаштыруу. ~ **bullak olmak 1)** астын-үстүн түшүү, ирети бузулуу. **2)** баш адашуу, дайнын таппай калуу, акылынан адашуу.

allamak: ~ pullamak кооздоо, жасап-түзөө.

allem : ~ etmek kallem etmek ойду омкоруп, тоону томкоруу (*тилегине жетүү үчүн бүтүн аракетин жасоо*).

allı 1. кызылдуу, кызыл түс аралашкан. **2.** кызыл кийинген. ~ **pullu** кызыл-

тазыл.

allık,-ğı 1. кызыл, кызарган. **2.** беттин наары, жүздүн кызылы. **3.** аялдар бетине сүйкөгөн кызгылтым боёктор.

almaç (*электр агымын башка бир энергияга айландырган)* курал, алуучу.

almak 1. (*ар түрдүү мааниде*) алуу. **aylık** ~ айлык алуу. **mahsul** ~ түшүм алуу. **ölçüsünü** ~ өлчөмүн алуу. **2.** сатып алуу. **araba** ~ машина алуу. **3.** колуна тийүү, ээ болуу. **haber** ~ кабар алуу**. izin** ~ уруксат алуу. **öğüt** ~ кеңеш алуу. **4.** кабыл алуу. **bu sözü şakaya** ~ бул сөздү тамаша катары кабыл алуу. **misafir** ~ конок кабыл алуу. **5.** алып салуу, жок кылуу. **ameliyatla** ~ операция аркылуу алып салуу. **ur** ~ шишикти алып салуу. **6.** батуу, сыюу. **bu çuval yüz kilo alır** бул капка жүз кило батат. **7.** каратуу, басып алуу. **8.** кармоо, тартуу (*радио*). **9.** кийүү, жамынуу. **üstüne bir şey** ~ үстүнө бирдеме кийүү. **10.** кесүү, кыскартуу. **boyundan** ~ боюн кыскартуу. **11.** үйлөнүү. **teyzesinin kızını aldı** таежесинин кызын алды. **12.** алып кетүү, бузуу. **sel** ~ сел алуу. **13.** ээлеп алуу, тынчтык бербөө. **halecan** ~ тынчын алуу. **14.** зыянга учуроо. **ceza** ~ жаза алуу. **15.** чулгоо, каптоо. **dağ başını duman almış** тоонун башын туман чалыптыр. **16.** тазалоо. **toz** ~ чаңын сүрүү. **17.** жуунуу. **duş** ~ душка түшүү. **18.** (*жыт, даам*) сиңирүү. **19.** ичүү. **bir yudum aldım** бир жутум ичтим. **20.** өткөрүү. **gemi su alıyor** кеме суу өткөрө баштады. **21.** (*жол*) басып өтүү. **bir saatte 60 km yol alır** бир саатта 60 км жол басат. **22.** уурдоо. **paramı almışlar** акчамы уурдап кетишиптир. **23.** кызматтан түшүрүү. **işten** ~ иштен алуу. **al(ınız)** мына! **al sana bir mesele!** мына, сага бир маселе! **al benden de o kadar** *ооз.* **1)** мен да сен сыяктуу элемин. **2)** мен да сага кошулам. **al birini vur ötekine** *ооз.* биринен бири өйдө эмес. **al gülüm ver gülüm! 1)** ашыктардын бири-бирине болгон сүйүү мамилеси. **2)** алганды билген, бергенди да бил. **alan razı, satan razı** алган да ыраазы, саткан да ыраазы. **al sana!** мына сага! **al takke, ver külah 1)**талашып-тартышып жатып, акыр аягында. **2)** каадаланып отурбастан, алдым-бердим кылуу. **alıp vereceği olmamak 1)** бирөө менен иши болбоо. **2)** аласа-бересеси болбоо. **alıp verememek** ыркы келишпөө, жылдызы каршы болуу, пикири келишпөө. **aldı yürüdü** *ооз.* кыска убакытта өнүп-өсүү, баюу, чоңоюу, жайылуу. **aldığı aptes ürküttüğü kurbağaya değmemek** тапкан пайдасы тарткан зыянына татыбайт (*сөзм. с.* алган даараты үркүткөн бакага турбайт). **alır almaz** алар замат.

almamazlık кабыл албоочулук. ~ **etmek** четке кагуу, сыртын салуу.

Alman 1. немец. **2.** немецтерге тиешелүү. ~ **usulü** чыгашаларды тең бөлүштүрүү ыкмасы.

almanak альманах.

Almanca 1. немецче, немец тилинде. **2.**немецтерче.

almangümüşü цинк, жез, никелдин кошулмасынан жасалган, күмүш түстүү зат.

Almanya Германия.

almaşık алмай-телмей, алмак-салмак.

alo алло (*телефон сүйлөшүүсүндө*).

Alp : ~ **Dağları** Альпы тоолору.

alt, -tı 1. алды, асты, түбү. **2.** төмөнкү, алдыңкы. ~ **kat** алдыңкы кабат. **3.**узак, алыс. **bahçenin ~ köşesi** бакчанын түп жагы. **4.** төмөнкү дара-

жадагы, начар сорттогу. ~ **sınıf** экинчи класстагы, сапаты начар. **5.** таасиринде. **söz ~ında kalmak** бир нерсенин каршылыгын бере албоо, айтканын аткара албоо. **~ında kalmamak** көргөн жакшылык же жамандыкты жоопсуз калтырбоо. **~ından Çapanoğlu çıkmak** кирген иште жагымсыз жагдайга дуушар болуу. ~ **çene** *анат.* ээк. ~ **deri** *анат.* астыңкы тери, дерма. ~ **geçidi** жер алды өткөөл.**~ından girip, üstünden çıkmak** дүнүйөнү/ акчаны ойгелди чачып түгөтүү. **~ından kalkamamak** иштин ичинен чыга албай калуу. **~ından kalkmak** кыйынчылыкты жеңип чыгуу. **~ını çizmek** баса белгилөө, көңүлдөрдү буруу. **~ını ıslatmak** төшөгүнө же шымына заарасын качыруу. **~ı kaval, üstü şişhane** (*кийим үчүн*) алды үстүнө жараш-паган. **~ından ne çıkacak bilinmez** акыры эмне болору белгисиз. **~ını üstüne getirmek 1)** (*сөзү же кылыгы менен*) жагымсыз кырдаал жаратуу. **2)** (*бир нерсени табуу үчүн*) астын-үстүн түшүрүү. **~ta kalanın canı çıksın** көзүм көрбөсүн көчүгүмү бөрү жесин. **~ta kalmak** жеңилүү. **~ta yok, üstte yok** киерге кийими, ичерге тамагы жок. **~tan almak** орой сүйлөгөн бирөөнө жумшак жооп бериш. **~tan ~a** алдыртан, тымызын. ~ **ulaşım** жер алды транспорту, метро. ~ **yanı çıkmaz sokak** кайда барсаң, Мамайдын көрү (*натыйжасыз иш*). ~ **yapı** *экон.* **1)** базис, негиз. **2)** инфраструктура. **~ı yaş olmak** опурталдуу иш экени байкалмак. ~ **yazı** *кино* субтитр, алдына жазып которуу.

altbilinç *психол.* ичкүдүк, сокур сезим. *к.* **bilinçaltı**.

altçene *анат.* ээк.

alternatif 1. альтернатива, башка жол, чечим. **2.** *элек.* өзгөргүч ток.

alternatör *элек.* өзгөргүч токтун генератору.

altgeçit жер алды өткөөл.

altı алты. ~ **kere iki on iki eder** алты жерде эки он эки. ~ **karış beberuhi** бою бир карыш, кыска бойлуу. (**birini**) ~ **okka etmek** колдон-буттан алып көтөрүп жөнөө.

altıgen алты бурчтуу, көп бурчтук.

altın 1. алтын. ~ **saat** алтын саат. **2.** алтын тыйын. **3.** *өтм.* сапаттуу (*буюм*), мыкты, сонун (*киши*). ~ **adını bakır etmek** атына көө жабылуу, жаманатты болуу, даңкын көтөрө албоо. ~ **babası** бай, акчасы көп. ~ **bilezik** майлуу (*пайдалуу*) кызмат. ~ **keseği** сом алтын. ~ **leğene kan kusmak** байлыгы болуп, бактысы болбоо. ~ **yıl dönümü** алтын той. ~ **yumurtlayan tavuk 1)** кесиби, акчасы, байлыгы бар киши. **2)** *өтм.* чача турган акчасы көп турист, пайда күтүлгөн киши.

altıncı алтынчы.

altız алты түгөй, алты эм *(айбандар үчүн)*.

altlı : ~ **üstlü** ичти-тышты, эки кат. ~ **üstlü oturmak** асты-үстү (*бир үйдүн эки кабатында)* жашоо.

altlık 1. негиз, түп. **2.** астар, ички каты (*кийимдин*).

altmış алтымыш.

altmışıncı алтымышынчы.

altmışlık 1. алтымыш (*нерседен*) турган. **2.** алтымыш жаштагы.

alto *муз.* **1.** альт (*үн жана аспап*), виола. **2.** контральто.

altunî алтын түстүү, алтын жалатылган.

altüst,-tü астын-үстүн, баш-аламан. ~ **etmek** (*же* **yapmak**) астын-үстүн кылуу, чачуу. ~ **olmak** чачылуу, талкалануу, кыйроо.

alüminyum 1. алюминий. **2.** алюми-

нийден жасалган.
alüvyon агын суулар жараткан кум, топурактуу балчык.
alyans нике шакеги.
alyuvar *биол.* эритроцит.
am *орой* аялдардын жыныс органы.
âm (âmmı) 1. жалпы, коомдук. **reyi ~** коомдук пикир, референдум. **2.** жөнөкөй, карапайым эл, калк.
ama 1. бирок (*каршылаштыргыч байл.)*. **yakın dostum, ~ güvensiz** жакын досум, бирок ишеничсиз. **2.** *сүйлөмдүн башына келип, таңдануу, боолголоо билдирет.* **~ ne malûmdur?** кайдан билдик? **~ güç iş!** азап иш тура! **~ yaptın!** бирок кыларыңды кылдың! **güzel, ~ güzel kadın!** чынында сулуу аял! **sen de gel, ~ gel!** сен да кел, келбей койбо! **~sı var** анысы го жакшы, бирок ... **~sı maması yok!** бирок-мирогуңу билбейм!
âmâ сокур.
amaç 1. максат. **~ edinmek** максат кылуу. **~ gütmek** максатын ишке ашырууга аракет кылуу. **~ına ulaşmak** максатына жетүү. **2.** бута. **askeri ~** бутага алуу, мээлөө.
amaçlamak 1. максат көздөө. **2.** бутага алуу, мээлөө.
amade даяр, белен.
aman 1. *сырд. с.* (*чочуу, шашкалактоо билдирет*). **~ ~ dökülmesin!** кокуй, кокуй, төгүлүп кетпесин! **2.** (*өтүнүч, жалбаруу, өкүнүч, ачуу келүү сыяктуу сезимдерди билдирет*) **~ Allahım!** Жараткан, жардам кыл! **~ öyle demeyin!** кокуй, андай дей көрбө! **~ bırak beni!** жайыма койчу деги! 3. (*эскертүү иретинде*) **~ çocuğa iyi bakın!** суранарым, баланы жакшы баккыла! **4.** аёо, кечирим, кайрым. **~a binmek** кечирим суроо, жалынып-жалбаруу. **~ aralık vermemek** эч тыныгуу бербөө. **~ bulmak** качып кутулуу, колдон чыгуу. **~ dilemek** кечирим суроо, багынуу. **~a getirmek** баш ийдирүү. **~ı kesilmek** үмүтү үзүлүү. **~ vermek** аёо, башын аман коюу. **~ vermemek 1)** кечирбөө, аябоо. **2)** таш боордук менен өлтүрүү. **~ zaman** кечирим, жалыныч, жалбарыш. **~ zaman bilmemek/dinlememek** эч кандай сөзгө/жалыныч/жалбарышка кулак салбоо. **~ zaman yok** баш тартуу мүмкүн эмес, сөзсүз жасалышы керек. **~ diyene kılıç kalkmaz** же **~a kılıç olmaz** *мак.* ийилген башты кылыч кеспейт.
amanın Кудай сакта! Кудай колдо!
amansız 1. аёосуз, таш боор, мээримсиз. **2.** жан алган, кайтпаган. **~ hastalık** кайтпаган оору.
amatör үйрөнчүк.
amatörlük үйрөнчүктүк.
amazon 1. амазонка. **2.** атка минген аял.
ambalaj 1. куту, пакет, ящик. **2.** (*бир нерсени*) ороо, кутуга коюу, пакеттөө. **~ kâğıdı** орооч, орогон кагаз. **~ yapmak** ороо, пакеттөө, таңуу.
ambalajlamak пакеттөө, ороо, таңуу, кутуга коюу.
ambale: **~ etmek 1.** (*бирөөнүн*) башын айландыруу, чарчатуу. **2.** (*моторго*) ашыкча газ берип, өчүрүп алуу. **~ olmak 1)** чарчагандан мээси айлануу. **2)** (*мотор*) ашыкча газдан өчүп калуу.
ambar 1. кампа, амбар. **2.** склад. **3.** (*кеменин*) жүк коюлган жери. **4.** жүк ташуу ишин жасаган фирма, шериктик. **5.** кум, шагыл өлчөнө турган куб. **6.** *өтм.* эгин көп эгилген аймак.
ambarcı 1. кампачы. **2.** кампа жумушчусу.
ambargo эмбарго. **~yu kaldırmak** эмбаргону жоюу. **~ koymak** эмбарго коюу.

amber 1. кашалоттон алынган жыпар жыт. **2.** жыпар жыттуу атырлардын жалпы аты.
amblem эмблема.
ambriyon *биол.* эмбрион, түйүлдүк.
amca 1. аба (*атанын эркек бир тууганы*). **2.** жашы улуу эркектерге кайрылуу. ~ **oğulları** эки бир тууган-дын уулдары. ~ **kızı** абасынын кызы.
amcalık абалык. ~ **etmek** абалык милдетин аткаруу.
amcazade абасынын кызы же уулу.
amel 1. *(жасалган)* амал, иш, кызмат. **sözü ~ine uymaz** сөзү ишине төп келбейт. **2.** практика, тажырыйба. **3.** ич өткөк.
amele кара жумушчу.
ameliyat 1. операция (*хирургиялык*). **2.** *эск.* иштер, аракеттер. ~ **etmek** операция кылуу. ~ **masası** операция үстөлү. ~ **olmak** операция болуу.
ameliyathane операция бөлмөсү.
amenna (*макул болуу, коштоо, ырастоо иретинде*) туура, ошондой, ырас. **~, ancak şurası da var** аныңыз туура деңизчи, бирок ... .
Amerika 1. Америка (*материк, өлкө*). **2.** Америкага тиешелүү. ~ **armudu** америка алмуруту.
Amerikalı америкалык.
Amerikan 1.америкалык. **2.** Америкага мүнөздүү/тиешелүү. ~ **yazarı** америка жазуучусу. ~ **bar** үйлөрдө, мейманканаларда ичкилик ичүүгө ылайыкталган жер/бар.
amerikan пахтадан токулган кездеме, намеркен.
Amerikanca Америкада сүйлөнгөн англисче.
amfi амфитеатр (*кыск.*).
amfibi 1. эки түрдүү жашоосу болгон, жерде-сууда жашоочу (*айбандар*). **2.** кургакта жана сууда аракет кыла алган (*техника*).
amfiteatr 1. амфитеатр. **2.** Римде, Грецияда ачык аба театры.
amfor *к.* **amfora**.
amfora амфора, чопо идиш.
amigo эл көп чогулган жерде көрүүчүлөрдү күлдүргөн куудул.
amigoluk амиголук, куудулдук.
âmil 1. аткарган, жасаган, өндүргөн. **2.** себеп, фактор. ~ **bizzat** автомат.
amin *хим.* амин.
amip *зоол.* амёбалар (*Amoebina*).
âmir 1. башкаруучу, жетекчи, шеф. **2.** башкарган, жетекчилик кылган.
amiral,-li адмирал. **ikinci** ~ вице-адмирал.
âmirane чоңсунган, кыйынсыган, көтөрүлгөн, өкүм (*киши*). ~ **bir eda** чоңсунган кейип. ~ **tavır** өкүмсүнгөн түр.
âmirlik 1. башчылык, жетекчилик (*кызмат*). **2.** башкарма (*административдик бирдик*). **emniyet ~ği** коопсуздук бөлүмү. ~ **etmek** чоңдугун көргөзүү.
amiyane 1. оозеки тилде, элетче. **2.** жалпы элдик, катардагы. **3.** карапайым тил менен, карапайым жол менен.
amma *к.* **ama**.
amme 1. жалпы элдик. ~ **efkârı** коомдук пикир. ~ **hizmet** коомдук (*коммуналдык*) кызмат. **2.** калк, эл. **~nin malûmu** жалпы элге маалым.
amonyak 1. *хим.* аммиак. **2.** нашатыр спирти.
amorti 1. баалуу кагаздарды төлөп берүү. **2.** лотереядан чыккан эң кичине утуш. ~ **etmek** баалуу кагаздарды төлөө.
amortisör *тех.*аммортизатор.
amper *физ.* ампер.
amplifikatör *элек. , радио* күчөткүч.
ampül,-lü 1. электр лампочкасы. **2.** *мед.* ампула.
amut,-du 1. *геол.* перпендикуляр, вертикаль. **~a kalkmak** колунун үстүнө тик туруу. **2.** колонна, түркүк.

amyant, -tı асбест.

an маал, убак, учур. **~ında** дароо, убагында/учурунда, заматта. **bir ~da** бир заматта. **bir ~ evvel** тезирээк, батыраак. **bir ~ için** бир туруп ..., бир маалда. **bir ~ seni aramayı düşündüm** бир туруп сени издөөнү ойлодум. **her ~** качан болсо, ар качан.

ana 1. апа, эне. **2.** балалуу ургаачы айбан. **3.** *дин* азиз саналган аялдарга берилген наам. **Meryem Ana** Эне Мария. **4.** улгайган аялдарга кайрылуу. **5.** негизги, башкы. **~ cadde** негизги проспект. **6.** *фин.* капитал, жалпы сумма. **~ para** түпкү акча (*процентсиз, аласа-бересесиз*) **~m!** энекебай! (*жыныс ажыратпаган кайрылуу түрү*) **dur, anam, saçımı düzelteyim** токто, алтыным, чачымды оңдоп алайын. **~sı ağlamak** азап чегүү. **~sını ağlatmak** (*бирөөнө*) азап чектирүү, кыйынчылык тарттыруу . **~ avrat dümdüz gitmek** ата-жотосун калтырбай сөгүп-сагуу. **~ baba** ата-эне. **~ baba bir** бир ата, бир энеден. **~ baba eline bakmak** ата-энесинин колун кароо. **~ baba günü 1)** *дин* макшар күнү. **2)** кыйын, оор күн. **~ bir, baba ayrı** энелеш, атасы башка. **~ damar** *анат.* аорта. **~ danası** *ооз.* укум-тукуму, бүт үй-бүлөсү. **~ defter** эсеп-кысап дептери. **~ dil** эне тил. **~dan doğma 1)** энеден туума, жылаңач. **2)** туулгандан, тубаса (*шык, жөндөм*). **~sından doğduğuna pişman 1)** жалкоо, эринчээк. **2)** жанынан кечкен. **~sından doğduğuna pişman etmek** жанын көзүнө көргөзүү, акесин таанытуу, кыйноо. **~dan (yeni) doğmuşa dönmek** кайгы-капасыз, дени сак абалга келүү. **~sından emdiği süt burnundan (fitil fitil) gelmek** эне сүтүн оозуна татытуу. **~ fikir** негизги пикир, башкы тема. **~sının gözü** алдамчы, митайым, анткор. **~ hat** негизги линия. **~ kız** энеси менен кызы. **~sının kızı** энесинин так өзү (*окшош*). **~ kucağı** эне кучагы. **~ kuzusu 1)** бөбөк. **2)** энесинин эркеси. **~ motif** лейтмотив. **~sının nikahını istemek** сатканнерсесинин баасын ашыра баалоо. **~sını satayım!** энесин урайын! **~ sütü** эне сүтү. **~ tarafından** энеси тарабынан, жагынан. **~sı yerinde** энеси жашындагы. **~ yüreği** эне жүрөгү. **~sı turp (sarımsak), babası şalgam, kendi gülbeşeker çıktı** *мак.* жакшыдан жаман, жамандан мөөн туулат. **~sına bak kızını al** *мак.* энесин көрүп кызын ал. **~ kızına taht kurmuş, baht kuramamış** *мак.* энеси кызына тактысын куруптур, бактысын кура албаптыр. **~ yol** башкы магистраль, негизги жол. **~ yön** негизги багыттар (*түндүк, түштүк, чыгыш, батыш*). **~ yurt** ата журт, ата мекен, туулган жер.

anaç 1. мөмө же төл бере турган абалга келген (*дарак же айбан*). **2.** олбурлуу, сөөк-саактуу (*киши*). **3.** тажырыйбалуу, жөндөмдүү.

Anadolu Анатолия, Анадолу.

Anadolulu 1. анадолулук. **2.** элеттик.

anaerki *социол.* матриархат.

anaerkil *социол.*матриархалдык.

anafor *арго* бекер келген нерсе. **~dan** бекер, күч/аракет жумшабастан. **~a konmak** бекер келген нерсеге ээ болуу.

anaforcu *арго* **1.** бекер оокаттын артынан түшкөн. **2.** алып-сатар.

anahtar 1. ачкыч (*ар түрдүү мааниде*). **2.** шифр катары колдонулган белги. **3.** электр энергиясын ачып, токтотуп же улаштыруучу коммутатор. **4.** *муз.* ачкыч. **5.** *өтм.* ачкыч, себеп, түйүн, сыр. **sabır**

cennetin ~ı сабыр – бейиштин ачкычы. ~ **deliği** ачкыч тешиги. ~ **dili** ачкычтын тили. ~ **uydurmak** *өтм.* ачкычын табуу, (*маселени*) чечүүнүн жолун табуу.

anahtarcı 1. ачкыч жасаган же саткан киши. **2.** *арго* ууру.

anahtarlık ачкыч кап, ачкычтар тизилген алкакча.

anakara *геогр.* континент, материк.

anakronik эски, колдонуудан чыккан, анахронизм.

analık 1. энелик. **2.** эне сезими, эне сүйүүсү. **3.** өгөй эне. ~ **etmek** эне катары болуу, өз энесиндей алпештөө.

analitik аналитикалык.

analiz анализ, изилдөө. **~(e) etmek** анализ жүргүзүү.

anamal *экон.*капитал. *сал.* **sermaye**.

anamalcı *экон.* **1.** капиталист. **2.** жатырым жасаган, капитал жумшаган киши.

anamalcılık *экон.*капитализм.

ananas 1. бот. ананас дарагы (*Ananas sativus*). **2.** бул даректын мөмөсү.

anane салт. *сал.* **gelenek**.

ananevî салтка ылайык, салт боюнча.

anaokulu бала бакча.

anapara *экон.* капитал.

anarşi анархия, тартипсиздик, башаламандык.

anarşik анархиялык, тартипсиз, башаламан.

anarşist анархист.

anarşizm анархизм.

anasıl тек, тукум.

anason *бот.* **1.** анис. **2.** анис тукуму.

anatomi анатомия.

anatomik анатомиялык.

anatomist анатом.

anavatan ата мекен, ата журт, тууган жер.

anayasa *ук.* **1.** конституция. **2.** устав.

anayasal конституциялык, конституцияга ылайык.

anbean ана-мына дегиче, мына-мына. ~ **gelir** ана-мына дегиче эле келип калат.

anca: ~ beraber, kanca beraber ачуу-таттуу күндөрдө дайыма бирге.

ancak 1. гана, эле, жалгыз. ~ **beş dakika konuşabildik** беш мүнөт эле сүйлөшө алдык. **2.** болгону, кыйын болсо. ~ **otuz yaşına basmış bir gençti** болгону отуз жашына баскан бир жаш жигит эле. **3.** бирок, анткени менен, ошентсе да. **ben sözünüzü ona iletirim, ~ bugün değil, yarın** сөзүңүздү ага айтам, бирок бүгүн эмес, эртең.

ançüez анчоус (*балык эзмеси*).

and *к.* **ant**.

andaç эстелик, сувенир.

andavallı *арго* аңкоо, дөдөй, келесоо.

andırmak 1. элестетүү, эске салуу, окшоо. **2.** окшотуу, түспөлдөтүү.

anekdot анекдот, эскерүү.

anemi анемия, кансыздык.

anestezi *мед.* анестезия.

angaje сөз же жазуу аркылуу байланууу. ~ **etmek** (*бирөөнүн*) оозеки же жазуу жүзүндө убадасын алуу. ~ **olmak** оозеки же жазылуу убадага байланууу.

angajman 1. убада, сөз, милдет. **2.** *театр* ангажемент.

angarya 1. бекер (*акы бербестен*) иштетүү. **2.** (*кулчулук доорунда*) кулдун аткарган иштери. **3.** зордук, күч менен иштетүү, күч колдонуу менен тартып алуу.

angı эс, эске түшүрүү, жад.

Anglikan англикан. ~ **kilisesi** англикан чиркөөсү.

Anglosakson англосаксон.

Angola Ангола.

Angolalı 1. Анголага тиешелүү. **2.** анголалык.

angut 1. *зоол.* өрдөк тукумунан бир жапайы куш (*Casarca ferruginae*). **2.** *өтм.* келесоо, аңкоо.

anı 1. эскерүү, элес. **2.** *ад.* эскерүү.
anık 1. ылайык, шыктуу. **2.** даяр, жөндөмдүү.
anılmak 1. эскерилүү. **2.** ... катары таанылуу.
anımsamak эскерүү, эске түшүрүү.
anımsatmak элестетүү, окшоштуруу, түспөлдөтүү.
anırmak 1. айкыруу (*эшек*). **2.** *ооз.* алды-артын карабай опурулуп сүйлөө.
anıştırmak каймана сүйлөө, четин чыгаруу, түз айтпоо.
anıt эстелик.
anıtkabir 1. күмбөз, мавзолей. 2. **A~** Мустафа Кемал Ататүрктүн мавзолейи.
anıtlaşmak 1. эстеликке айлануу. **2.** урмат менен эскерилүү, элеси түбөлүктөшүү.
anıtmezar күмбөз, мавзолей.
anıtsal зобололуу, сөөлөттүү, албан, монументалдуу, залкар.
anız 1. аңыз, эгини чабылган талаа. **2.** эгин чабылгандан кийин калган куурайлар.
ani капыстан, карпа-курп, күтүүсүз, күтүлбөгөн жерден.
aniden капысынан, күтүүсүздөн.
animasyon анимация, көңүл ачуу үчүн көрсөтүлгөн оюн.
animatör анимация көрсөткөн топтун мүчөсү.
anjin *мед.* ангина.
anka зымыркуш.
Ankara Анкара. **~ keçisi** ангорка эчки. **~ kedisi** ангорка мышык.
ankesör телефон жетону ташталган куту.
anket анкета. **~ yapmak** анкета аркылуу пикир алуу, изилдөө жүргүзүү.
anketçi анкета жүргүзгөн киши.
anlak *псих.* акыл-эс.
anlam 1. маани, түшүнүк. **~ bilimi** *линг.* семантика. **2.** *лог.* маңыз, мазмун. **~ına gelmek** ... маанисине келүү.
anlamak 1. түшүнүү. **2.** көзү жетүү, билүү. **3. … -dan ~** (*бир иштин*) жөнүн билүү, колунан келүү, жөндөмү болуу. **kumaştan anlar** кездемени кыйын билет. **4.** пайдалануу, колдонуу. **bu ilâçtan bir şey anlamadım** бул дарынын эч пайдасын көрбөдүм. **anladımsa Arap olayım** *ооз.* бирдеме түшүнсөм майнеке болоюн. **anlarsın ya!** өзүң түшүнөсүң го! **anlayana sivrisinek saz, anlamayana davul zurna az** *мак.*билгенге бир сөз жетиштүү, билбегенге миң сөз.
anlamazlık, anlamamazlık түшүнбөстүк, билбестик. **~tan gelmek** түшүнбөмүш болуу, анткорсунуу.
anlamdaş маанилеш, синоним (*сөз*).
anlamlandırmak 1. түшүндүрүү, ачыктоо. **2.** маанисин аныктоо.
anlamlı маанилүү, өзгөчө маани берилген, мазмундуу, түшүнүктүү.
anlamsız маанисиз, түшүнүксүз.
anlamsızlık маанисиздик, мазмунсуздук, түшүнүксүздүк.
anlaşılmak түшүнүктүү болуу, билинүү, ачыкка чыгуу. **anlaşılan** ... кыязы ..., сыягы ... **anlaşıldı** түшүнүктүү болду.
anlaşılmaz түшүнүксүз, маанисиз, чатышкан.
anlaşma 1. макулдашуу, келишүү. **2.** келишим, договор. **~ya varmak** өз ара макулдашуу. **~ yapmak** келишим түзүү.
anlaşmak 1. түшүнүшүү, макулдашуу. **2.** келишим түзүү, сөз берүү.
anlaşmalı 1. келишимге/макулдашууга негизделген. **2.** келишим боюнча иштеген киши.
anlaşmazlık келишпестик, пикир келишпөө, түшүнүшпөө.
anlatı 1. баяндоо, аңгеме куруу. **2.** аңгеме, баян. **3.** баяндоо стили.
anlatım 1. түшүндүрмө. **2.** баяндоо, сүрөттөө.

anlatmak 1. түшүндүрүү. **2.** айтып берүү. **3.** ишендирүү. **derdimi anlatabilsem!** арыз-муңуму айтып, түшүндүрө алсам! **4.** мүнөздөө, аныктоо. **anlata anlata bitirememek** айтып түгөтө албоо, айтууга сөз таппоо.

anlayış 1. түшүнүү, маани берүү. **2.** аңдап-билүү жөндөмү, акыл-эс. **3.** түшүнүү менен жасалган мамиле. ~ **göstermek** (*талап кылынган жана айтылган нерсеге*) түшүнүү менен мамиле кылуу.

anlayışlı түшүнүктүү, акылдуу, билимдүү, ар нерсенин жөнүн/ыгын билген.

anlayışsız түшүнүгү тайкы, акылсыз, чогоол, билимсиз, сезимсиз.

anlık *психол.* сезим тышы аң-сезим, интеллект, кайыптан.

anlı: ~ **şanlı** көркөмдүү, көрүнүшү мыкты, адамды өзүнө тарткан.

anma 1. сөз кылуу, кеп кылуу. **2.** эскерүү. **3.** өлгөн бирөөнүн урматына жасалган салтанат, азем. ~ **töreni** эскерүү аземи.

anmak 1. сөз кылуу, эске түшүрүү, ойлонуу. **2.** эскерүү, урматына азем уюштуруу. **3.** арнап белек берүү. **4.** ат коюу, лакап ат менен атоо.

anne апа, эне. **~ciğim** апакем, энекем. ~ **olmak** эне болуу.

anneanne таене.

annelik энелик (*абал, сезим*). ~ **etmek** энелик милдетин аткаруу, энеси сыяктуу мамиле кылуу.

anomali норма тышы, адаттан тышкары.

anonim 1. аты-жөнү белгисиз, аноним, тоголок. **2.** автору/ээси белгисиз чыгарма/иш/ишкана. ~ **şirket** *ук.* акционердик коом, аноним фирма, шериктештердин үлүшүнө негизделген фирма.

anons жарыя, кулактандыруу, жар салуу. ~ **etmek** жарыя кылуу.

anorak (*суу, суук өткөрбөгөн*) жекет, күрмө.

anormal норма тышы, адаттан тышкары, өзгөчө.

anormallik өзгөчөлүк, адаттан тышкарылык, терстик.

anot *физ.* анод.

ansımak *к.* **anımsamak**.

ansızın капысынан, кокусунан, күтүүсүздөн.

ansiklopedi энциклопедия.

ansiklopedik энциклопедиялык. ~ **sözlük** энциклопедиялык сөздүк.

ant ант, сөз. **~ını bozmak** антын бузуу. ~ **etmek** ант берүү. ~ **içmek** ант ичүү.

antant келишим, макулдашуу, бир бүтүмгө келүү.

Antarktik антарктикалык. ~ **daire** антарктикалык уюл.

Antarktika Антарктика.

anten 1. антенна. **2.** *биол.* туюм.

Antep : ~ **fıstığı,-nı** 1). Антеп жергесинде өскөн мисте дарагы. 2). бул дарак байлаган мисте (*мөмө*).

antet,-ti макала башы, тема (*газетада*). **~li kâğıt** бланк.

antibiyotik антибиотик.

antidemokratik антидемократиялык, демократияга каршы.

antifriz *физ.*антифриз.

antik 1. антик, антик доорго тиешелүү. **2.** архаикалык.

antika 1. антика, антиквар. **2.** *ооз.* Кексээ, терсаяк, эксцентрик, шумдуктуу (*киши*). **3.** *тордомо түрү.* **~sını bilmek** эң мыктысын/кыйынын билиш.

antikacı антикварь.

antikor *биол.* антидене (*ооруга каршы дене бөлүп чыгарган зат*).

antilop *зоол.* антилопа (*Anthilopus*).

antipati антипатия, кыртышы сүйбөө, жылдызы келишпөө.

antipatik антипатиялык. ~ **bulmak** жылдызы каршы болуу.

antiseptik антисептикалык (*зат*).

antitez *филос*. антитезис.
antlaşma келишим, макулдашуу, пакт, конвенция.
antlaşmak 1. макулдашуу, бири-бирине ант (*сөз*) берүү. **2.** келишим түзүү, макулдашуу.
antoloji антология.
antrakt, **-tı** *театр* антракт.
antre кире бериш, антре.
antrenman *спорт* машыгуу, тренировка, көнүгүү.
antrenör *спорт* машыктыруучу, тренер.
antrepo склад, депо (*бажыканада*).
antrkot, **-tu** антркот, уйдун сулп эти.
antropolog антрополог.
antropoloji антропология.
anüs *анат*. көтөн, арт тешик.
aort, **-tu** *анат*. аорта.
apaçık апачык, айдан ачык.
apandis *анат*. аппендикс, сокур ичеги.
apandisit, **-ti** *мед*. аппендицит.
apansız,**apansızın** капысынан, таптакыр күтүүсүздөн.
apartman подъезд.
apar: ~ topar шаша-буша, арыдан бери, чаң ызгытып.
apayrı таптакыр башка.
aperatif аперитив (*ичтейди ачуу үчүн ичилген ичкилик*).
apış алаа, такым. **~ arası** *анат*. алаа.
apışmak 1. (*чарчаган айбан*) буттарын сунуп жатып калуу. **2.** (*киши*) буттарын алчайтып отуруу же туруу. **3.** *өтм*. (**apışıp kalmak**) дайнын таппай калуу, далдырап калуу.
aplik дубал лампасы, канделябр.
aplikasyon аппликация.
apolet, **-ti** эполет, погон.
apostrof апостроф.
apre 1. кездеме лагы, клей. **2.** клейлөө, лактоо (*терини, кездемени*).
apse *мед*. абсцесс, ириңдөө, суу толуу.
apt. (**apartman**`*дын кыск.*) подъезд, коммуналдык үй.
aptal макоо, аңкоо, маңыроо, келесоо. **~ olmak** келесоо болуу. **~ yerine koymak (***бирөөнү***)**келесоо көрүү.
aptalca келесоочо, келесоодой. **~ davranmak** келесоодой иш кылуу.
aptallaşmak аңкоолонуу, келесоолонуу, макоолонуу.
aptallık,-ğı аңкоолук, келесоолук, макоолук. **~ etmek** келесоолук (*аңкоолук, макоолук*) кылуу. **~a vurmak** аңкоо көрүнүү, аңкоосунуу.
ar I ар, уят, намыс. **~ damarı çatlamış** арсыз, уятсыз, көйкашка, тайбас. **~ etmek** уялуу.
ar II ар (*100м^2 өлчөмүндөгү аянт*).
ara 1. ара (*эки нерсенин ортосу*). **2.** эки кубулуштун арасы, ортосу. **3.** мамиле, байланыш (*кишилердин*). **4.**тыныгуу, танапис, антракт. **5.** топтордун, жамааттын иши. **~da** арасында, ортосунда. **~dan** арасынан, ортосунан. **~sına 1)** арасына. **2)** ичине. **~sında** арасында, ичинде. **~ları açık** мамилелери жакшы эмес. **~ları açılmak/bozulmak** мамилелери начардоо/бузулуу. **~larına almak** арасына алуу, кошуп алуу. **~da bir** кез-кезде, кээде. **~ bozucu** *к.* **arabozan**. **~ bulucu** арачы, ортомчу **~ buluculuk** арачылык, ортомчулук. **~larını bulmak/ ~ bulmak** арачы болуу, жараштыруу. **~da çıkarmak** (*бир иштин*) ортосунда/арасында башка ишти жасай коюу. **~dan çıkarmak** ортодон жок кылуу, кутулуу. **~dan çıkmak** четтеп чыгып кетүү, (*бир иштен*) чыгып кетүү, мамилесин үзүү. **~larında dağlar kadar fark var** *ооз.* арасы асман менен жердей. **~sı geçmeden** ал аңгыча, көп өтпөй, артынан эле, дароо эле. **~larına girmek 1)** арасына кирүү, арачы болуу. **2)** жараштыруу. **3)** тоскоол/жолтоо болуу. **~ya girmek 1)** арасына кирүү, арачалоо. **2)** ортодон чыгуу, пайда болуу (*тос-*

коол жөнүндө). **~sı hoş olmamak** бири-бирин жактырбоо, жылдыздары каршы болуу, келише албоо. **~da kalmak 1)** ортодо калуу. **2)** бир ишке аралашып калуу. **~ kapı** өткөөл, арка. **~larından kara kedi geçmek/~larına kara kedi girmek** араларын кара мышык аралоо, мамилелери бузулуу. **~larına karışmak** аралашып кетүү, арасына кошулуу. **~da kaynamak** ичине кирип жок болуу/сиңип кетүү. **~ya koymak 1)** (*бирөөнү*) арачы кылуу. **2)** (*бирөөнү*) колдонуу, пайдалануу. **~ seçim** кошумча/ кезексиз шайлоо. **~ sıra /~da sırada** анда-санда, кез-кезде. **~ya soğuk girmek** арасы сууп калуу. **~ söz** буруп сүйлөнгөн сөз.**~larından su sızmamak** өтө жакындашуу, ысык дос болуу. **~ vermeden/vermeksizin** тындырбастан, үзгүлтүккө учуратпастан. **~ vermek** тыныгуу берүү, токтото туруу. **~yı yapmak** мамилелерди оңдоо. **bir ~** бир кезде/ маалда. **bir ~da** бирге, бирдикте. **bir ~ya gelmek** чогулуу, жолугушуу. **bu ~da 1)** ушу кездерде, ушу тапта. **2)** ошол эле убакта, муну менен катар. **3)** айтмакчы, демекчи. **iki ~da kalmak** эки ортодо калуу. **o ~da** ал кезде, ошол убакта.

araba 1. араба, фургон, тележка. **2.** машине, автомобиль. **3.** коляска. **çocuk ~sı** коляска. **~ kullanmak** машина айдоо. **sakat ~sı** майып коляскасы. **~ devrildikten sonra yol gösteren çok olur** *мак.* араба кулагандан кийин жол көрсөткөн көп болот.

arabacı 1. арабакеч. **2.** араба/фургон жасаган/ саткан/ оңдогон киши.

arabesk,-ki арабеска. **~ müzik** арап мотивдери аралаш музыка.

Arabistan Аравия.

arabozan чагымчы, бузуку, ортого от жаккан.

arabozanlık чагымчылык, бузукулук. **~ etmek** бузукулук кылуу, ортого от жагуу, чагым салуу.

aracı 1. арачы. **2.** жуучу (*үйлөнүүдө*). **3.** далдалчы. **~ koymak** арачы коюу, арачы / далдалчы жалдоо.

aracılık,-ğı 1. арачылык. **2.** жуучулук. **3.** далдалчылык. **~ıyla** арачы аркылуу. **~ etmek** арачы болуу.

araç 1. (*ар түрдүү мааниде*) курал, жабдык, жарак, каражат. **2.** унаа, транспорт. **ulaştırma ~ları** транспорт каражаттары. **3.** аппаратура, ыкмалар, өндүрүш куралдары.

araçlı 1. жабдыктар менен жасалган. **2.** кыйыр, түздөн түз эмес.

araçsız 1. жабдыксыз. **2.** түздөн-түз.

araka мөмөсү ири болгон буурчак түрү.

araklamak *арго* уурдоо, шыпырып / көтөрүп кетүү.

aralamak 1. кыңайтып ачуу (*эшикти, капкакты ж. б.*). **2.** ачуу, ажыратуу, арасын ачуу. **sandalyeleri ~** отургучтардын арасын ачык коюу.

aralanmak аралары ачылуу, кыңайып ачылуу.

aralı 1. арасы ачык. **2.** арасында тыныгуусу болгон*(мис. чогулуш)*.

aralık I 1.аралык, орто, интервал. **2.** ортодогу убакыт/мөөнөт; убакыт интервалы. **3.** тыныгуу, танапис. **4.** коридор. **5.** тешик, жыртык. **6.**жарым-жартылай жабык. **~ bırakmak 1)** ачык аралык калтыруу. **2)** жарым ачык калтыруу. **~ta** ортодо.

aralık II декабрь. **~ ayı** декабрь айы.

aralıklı 1. аралары ачык. **2.** үзгүлтүктүү, тыныгуу/тыным берилүү менен.

aralıksız 1. арасы ачык эмес. **2.** үзгүлтүксүз, тынымсыз.

arama 1. издөө, иликтөө. **2.** *ук.* издөө, изине түшүү. **~ emri** *ук.* иликтөө

үчүн алынган буйрук. ~ **tarama** тинтүү. ~ **yapmak** издөө, сураштыруу, сурамжылоо.

aramak 1. издөө. **2.** изилдөө, жол табуу. **3.** сагынуу, жогун жоктоо. **4.**маани берүү, каалоо. **arama!** бекер убара болбо! **~la bulunmaz** издегенден пайда жок. **arayıp soranı bulunmamak/olmamak** сурап алары жок болуш. **arayıp sormak** ал-абалын суроо.

aranılmak 1. издөө салынуу, иликтенүү. **2.** изилденүү. **3.** талап кылынуу. **4.** сагыныч жаратуу, эңсетүү.

aranjman *муз.* аранжировка, кайра иштеп чыгуу(*музыканы*).

aranmak 1. изделүү, иликтенүү. **2.** талап болуу. **3.** жогу жоктолуу, сагыныч жаратуу. **4.** (*өзүн өзү*) карануу, издеп/тинтип чыгуу. **5.** (*өзүнө өзү*) тилеп алуу (*мис. балааны/кырсыкты)*.

Arap 1. арап. **2.** араптарга тиешелүү/мүнөздүү. **3.** *ооз.* негр. **4.** кара түстүү киши. **5.** *ооз.* негатив (*сүрөт ишинде*). ~ **atı** арап аты. ~ **gibi olmak** негрдей капкара болуш. ~ **olayım** майнеке болоюн . ~ **rakamları** арапча сандар. ~ **saçı 1)** түйдөктөшкөн (*чач*). **2)** *өтм.* чатышкан, чечилбеген (*абал, иш, маселе*). ~ **saçı gibi** чатышкан, түйүндөшкөн, кыйын. ~ **saçına dönmek** чиеленишүү, чаташуу. ~ **sabunu** жумшак самын.~ **zamkı** акациядан өндүрүлгөн клей.

Arapça 1. арап тили, арапча. **2.** арап ыкмасы менен жасалган.

ararot,-tu аррорут, крахмал уну.

araştırıcı 1. изилдөөчү, иликтөөчү. **2.** кызыккан, сынаган. ~ **gözle baktı** сынаакы көз менен карады.

araştırma 1. издөө, иликтөө. **2.** илим, изилдөө. ~ **görevlisi** илим изилдөө кызматкери. ~ **enstitüsü** илим изилдөө институту.

araştırmacı изилдөөчү, окумуштуу.

araştırmak 1. издөө, иликтөө, сураштыруу, караштыруу. **2.** изилдөө, үйрөнүү.

aratmak 1. издетүү, сураштыруу. **2.** эңсетүү, сагынтуу, жогун жоктотуу. **eskisini aratmamak** мурункунун ордун жоктотпоо, жогун билгизбөө.

arayış издөө, иликтөө, сурамжылоо.

araz 1. белги. **2.** *мед.* симптом.

arazi 1. жер, аянт. **2.** талаа, мейкиндик. ~ **açmak** аянт жасоо/тазалоо. ~ **vergisi** жер салыгы.

arbede чыр-чатак, жаңжал, кыйкырык-өкүрүк.

ardıç арча. ~ **otu** арчанын бүрү. ~ **rakısı** джин.

ardıl 1. тукум, кийинки муун, орун басар. **2.** кийинки, кезектеги. 3. *мат.* калдык.

ardınca аркасындагы, арткы, кийинки, удаалаш.

ardışık удаа, удаалаш. ~ **sayılar** удаалаш сандар.

ardiye 1. мүлк депосу, склад. **2.** деподо сакталган буюмдар үчүн алынган акы.

arena 1. арена (*театрда, циркте*). **2.***өтм.* көпчүлүктүн көз алды. **siyaset ~sı** саясат аренасы.

argaç аркак (*токума/өрмөк ишинде*).

argın 1. чарчап-чаалыккан, алсыз. **2.**жөндөмсүз, чабал.

argo 1. арго, жаргон, образдуу колдонулган сөз. **2.** кесиптик сөз.

arı I *зоол.* аары *(Apis mellifica).*~ **gibi 1)**аарыдай көп. **2)** аарыдай мээнеткеч. ~ **gibi sokmak** аарыдай чагып алуу. ~ **kovanı** аары челек. ~ **kovanı gibi işlemek** кирген-чыкканы көп болуу. ~ **kil** ак топурак, каолин. ~ **kuşu** жону сары, боору көгүш куш (*Merops apiaster*). ~ **sütü** аары сүтү.

arı II 1. аруу, таза. **2.** жалаң, карандай,

катыксыз, ынак, кошулмасыз. ~ **dil** таза тил. 3. күнөөсүз, аруу.
arıcı бал челекчи, аарычы.
arıcılık бал челекчилик, аарычылык.
arık *ооз.* арык.
arılaşmak арылуу, тазалануу.
arılaştırmak тазалоо, арылтуу, артуу.
arılık 1. аруулук. **2.** тазалык. **3.** ынактык, накталык (*кошулмасыз*). **4.**күнөөсүздүк.
arındırmak арылтуу, артуу, тазалоо.
arınma 1. арылуу. тазалануу. **2.** *филос.* рухтун тазарышы.
arınmak тазалануу, арылуу.
arış арыш (*чыканактан бармактарга чейинки узундук өлчөмү*).
arıtım 1. арылтуу, тазалоо, рафинери, бөлүп алуу. **2.** антисептика. ~ **evi** рафинери, бөлүп алуу ишканасы.
arıtmak 1. тазалоо, арылтуу, артуу**. 2.** бөлүп алуу.
arıza 1. бузук, кемчилик, сынык. **2.**оорлошуу, кыйындоо (*оору*). **3.** *муз.* альтерация белгилери. ~ **yapmak** бузулуу.
arızalanmak бузулуу.
arızalı 1. *эск.* тоскоолдуктуу, кедергилүү, бөгөттүү. **2**. бузук, иштебеген.
arızî 1. кийин пайда болгон. **2.** утурумдук, убактылуу.
arî 1. жыңалач. **2.** эркин, арылган. **kusurdan** ~ кемчиликсиз, кынтыксыз.
arif түшүнүктүү, билимдүү, сезгич (*киши*).
arife арапа, (*бир нерсенин/окуянын/күндүн)* алды/ мурунку күнү. ~ **günü** арапа күнү(*айт майрамдарынан бир күн мурун*).
aristokrasi аристократия.
aristokrat аристократ.
aritmetik 1. арифметика. **2.** арифметикалык.
Arjantin 1. Аргентина. **2.** Аргентинага мүнөздүү/ тиешелүү.
Arjantinli аргентиналык.
ark, -kı арык (*суу аккан*).
arka 1. арка, жон (*денеңин*). **2.** арка, жөлөк (*отургучтун*). **3.** арты, арткы бөлүгү, багаж (*машинанын*). **4.**экинчи бети (*барактын*). **5.**уландысы, аягы. **~sı gelecek sayıda** аягы эмдиги санда. **6.** *өтм.* арка, тирек, колдоочу, жөлөк. **~sı olmak** колдоочусу (*бар*) болуу. **7.**арткы. ~ **araba** прицеп. ~ **ayak** арткы шыйрак. **~dakiler** артында калгандар. **~dan** аркадан, арттан. **~sında** аркасында, артында, андан кийин. **~sından 1)** артынан, жонунан. **2)** көзү жокто, аркасынын. **~sından konuşmak** көзү жокто кеп кылуу, жамандоо. **~sını almak** бүтүрүү, даяр кылуу. ~ ~ кайра кайра. ~ **~ya** удаама удаа. ~ **~ya vermek** колмо колдоо, арка-жөлөк болуу. **~da bırakmak** аркасында калтыруу. **~sını bırakmak 1)** аркасынан түшпөө. **2)** аңдыганды коюу. **~sını/peşini bırakmamak 1)** аркасынан түшүү, изине түшүү, ээрчүү. **2)** аңдуу, тынчтык бербөө. ~ **çıkmak** арка-жөлөк болуу, колдоо. **~sına düşmek/takılmak** аркасынан калбоо, ээрчип жүрүү. ~ **gelmek** уландысы болуу. **~sını getirememek** баштаган ишин бүтүрө албоо. **~da kalanlar** (*өлгөндүн*) аркасында калгандар. **~da kalmak 1)**артта калуу. **2)** *өтм.* көлөкөсүндө калуу. **~ya kalmak** артта калуу, кийинкиге калуу. ~ **kapıdan çıkmak** жашыруун эшиктен чыгуу. **~sı kesilmek** түгөнүү, бүтүү, калбай калуу. **~sından koşmak 1)** артынан түшүү, аркасынан жүгүрүү. **2)** кызыгуу, алектенүү. ~ **müziği** аркадан берилген музыка. **~sı olmamak** арка-жөлөгү/колдоп-таяры болбоо. ~ **planda** экинчи планда. **~sı sıra** ырааты менен, тизилип. **~sını sıvamak/sıvazlamak** жонго

таптоо. ~ **sokak** четки көчө. **~sından teneke çalmak** аркасынан жамандоо. **~sı üstü** чалкасынан. **~sı var** уландысы бар. **~dan vurmak** чыккынчылык кылуу, сатып кетүү. **~sı yere gelmemek** жеңилбөө, далысы жерге тийбөө. **~sında yumurta küfesi yok ya!** ай дер ажосу, кой дер кожосу жок.

arkadaş жолдош, теңтуш. ~ **canlısı** жолдошчулукка мыкты. ~ **olmak** жолдош болуу.

arkadaşlık жолдоштук, теңтуштук. ~ **etmek** жолдоштук кылуу.

arkaik архаикалык.

arkaizm архаизм.

arkalamak 1. жонуна алуу, жүктөө. **2.** *өтм.* бирөөнү колдоо, жөлөк болуу.

arkalık 1. пинжек, бешмант. **2.** жөлөк, жөлөнгүч (*отургуч, креслонун*). **3.** жүк ташыгычтардын жонуна койгон жаздыгы. **4.** артынчак (*велосипеддин*).

arkeolog археолог.

arkeoloji археология.

arkeolojik археологиялык.

Arktik Арктика. ~ **daire** түндүк уюл. ~ **kuşak** Арктика аймагы.

arlanmak ардануу, уялуу, тартынуу.

arlı ар-намыстуу, уялчаак.

arma 1. герб. **2.** *деңиз.* такелаж.

armağan 1. белек, сыйлык, тартуу. **2.** арноо (*китеп, макала ж. б*). ~ **etmek** тартуу/белек кылуу, арноо.

armatör соода кемесинин ээси.

armatür арматура.

armoni *муз.* гармония.

armonika гармошка, баян, аккордеон.

armut 1. алмурут. **2.** *арго* дөдөй, аңкоо. ~ **piş ağzıma düş** алма быш, оозума түш, жалкоо, жан бакты. ~ **top** боксёрлор машыкчу ичине аба толтурулган тери топ. ~ **ağacından uzak düşmez** *мак.* алма дарагынан алыс түшпөйт.

Arnavut,-du 1. албан. **2.** албандарга мүнөздүү/тиешелүү (*нерселер*). ~ **biberi** ачуу кызыл калемпир. ~ **kaldırımı** таш төшөлгөн тротуар.

Arnavutça 1. албан тили, албанча.**2.** албандарча.

aroma аромат.

aromatik ароматтуу, жыттуу.

arozöz *(көчөлөргө)* суу чачкан машине.

arp, -pı *к.* **harp.**

arpa 1. *бот.* арпа (*Hordeum vulgare).* **2.** *өтм.* акча. **(bir) ~ boyu kadar gitmek** абдан аз жылыш жасоо. ~ **şehriye** арпа түрүндөгү макарон. **~sı çok gelmek** көңүл ачуу, шарактоо.

arpacık 1. тирсек (*көзгө чыккан*). **2.** *аск.* кароол(*бутаны мээлегенде туш келтирген мылтыктын учундагы урчук)*. ~ **soğanı** үрөн катары колдонулган уруктан өндүрүлгөн пияз.

arpağan *ооз.* арпакан, жапайы арпа.

arpalama *вет. (аттын бутуна)* арпа түшүп кетүү.

arpalık,-ğı 1. арпа талаасы. **2.** жылкынын тишиндеги жашын билдирген белги. **3.** дин кызматкерлерине айлык ордуна төлөнгөн кийимкече, тамак-аш. **4.** *өтм.* бекер жардам берген киши же мекеме. ~ **yapmak** бекер жардамга кынык алуу.

arsa курулушка арналган аянт.

arsenik *хим.* мышьяк.

arsıulusal *эск.* эл аралык.

arsız 1. арсыз, уятсыз, абийирсиз, жүзү жок. **2.** ач көз. **3**. *өтм.* бат, оңой өскөн өсүмдүк.

arsızlık арсыздык, уятсыздык, абийирсиздик, ачкөздүк. ~ **etmek** уялбастан (*бир иш жасоо*).

arslan арстан. *к.* **aslan**.

arş I *аск.* марш.

arş II *дин* көктүн эң үстүнкү (*жетинчи*) кабаты.

arş III *тех.* жаа түрүндөгү электр

кабылдагыч, пантограф.

arşın аршин (*=0, 68 м узундук өлчөмү*).

arşınlamak 1. аршын менен ченөө. **2.** эч максатсыз аркы-терки басуу.

arşınlık 1. аршындап сатылган. **2**. аршын менен өлчөнгөн.

arşiv архив.

art,**-dı 1.** арка, арт. **2**. арка тарабы, аркы жүзү, тескери жагы. **3.** аягы, уландысы. **~ından** артынан. **~ını almak (getirmek)** (*бир ишти*) бүтүрүү, аягына чыгаруу. **~ı arkası kesilmemek** тынымсыз/үзгүлтүксүз болуп туруу. ~ **~a** удаама удаа, биринин артынан бири. **~ı arkası gelmemek** бүтпөгөн, учу-түбү көрүнбөгөн. **~ını bırakmamak** артынан калбоо, сары изине чөп салуу. ~ **damağı** *анат.*көмөкөй. ~ **damak ünsüzü** *грам.* көмөкөйчүл үнсүз. **~ına düşmek 1)** артынан түшүү. **2)** кубалап алуу. ~ **düşünce/niyet** түпкү максат, жашыруун/арам ой. **~ına kadar açık** аңырайта ачылган (*терезе, эшик*). **~ı kesilmek** түгөнүү, бүтүү. **~ını kesmek** токтотуу, үзүү. **~ı sıra** артынан, удаалаш. **~ından sapan taşı yetişmez** чымынкуюн болуп кетүү, тез жүрүү.

artağan жемиштүү, берекелүү, мол.

artan 1. арткан. **2.** (*барган сайын*) көбөйгөн, өскөн.

artçı 1. *аск.* аръегард. **2.** архаикалык, эскини жактаган/жактырган. **3. :** ~ **deprem** (*катуу жер титирөөдөн кийин күчү бара-бара азайган*) майда жер титирөөлөр.

arter 1. *анат.* артерия. **2.** артериалдык. **3.** кыймылдуу/жандуу көчө.

arteriosklerоz *мед.* артериосклероз.

artezyen артезиан. ~ **kuyusu** артезиан кудугу.

artı 1. *мат.* плюс, кошуу белгиси (+). **2.** оң, позитив.

artık I,-ğı 1. таштанды. **2.** артып калган нерсе, ашкан бөлүм. **kumaş ~ı** арткан кездеме. **3.** артык, мыкты. **altından** ~ алтындан артык.

artık II 1. эми, мындан ары. ~ **gelmez oldu** эми келбес болду. **2.** натыйжада, аягында. **yeter ~ !** жетишет! **~ gün** 29-февраль (*сөзм. с.* ашыкча күн). **~ yıl** *366 күндөн турган узун жыл.*

artırma 1. арттыруу, көбөйтүү. **2.** арттырып калуу, үнөмдөө. **3**. үстүнө коюу, күчөтүү, баасын көтөрүү (*соодада, аукциондо*). **4.** илгерилөө, жакшыруу, алдыга кетүү.

artış өсүү, көбөйүү, өнүгүү. **nüfus ~ı** калктын санынын өсүшү.

artist,**-ti** актёр, артист. ~ **gibi** татынакай, келишимдүү, сулуу.

artistik,-ği артисттик, көркөм, көркөмдүгү мыкты. ~ **patinaj** музда көркөм тебүү.

artmak 1. артуу, жогорулоо, көбөйүү, өсүү. **2**. артып / ашып калуу.

artrit,**-ti** *мед.* артрит, муундун сезгениши.

aruz 1. (*Османлы поэзиясында*) ыр өлчөмү. **2.** чатырдагы негизги түркүк.

arya *муз.* ария.

arz I Жер, Жер жүзү. **küreî** ~ Жер шары.

arz II *эск.* эн, жазылык.

arz III 1. арыз, сунуу, билдирүү (*өзүнөн үстүңкү кызматтагыларга карата*). **2.** көрсөтүү, кабардар кылуу, алдына коюу. ~ **etmek 1)**сунуу, сунуш кылуу. **2)** урмат көрсөтүү. ~ **ve talep** сунуш жана талап.

arzu арзуу, каалоо, тилек ~ **duymak/etmek** каалоо, арзуулоо, эңсөө. ~**su kalmak** арманда калыш. **~sunu yerine getirmek** каалоосун орундатуу. ~ **üzerine** каалоосу боюнча.

arzuhâl,**-li** арыз, өтүнүч, петиция. *сал.* **dilekçe.** ~ **vermek** арыз берүү.

arzuhâlci иш кагаздарын жазган киши,

катчы.
arzulamak каалоо, эңсөө, дегдөө.
arzulu арзуусу күчтүү, каалаган, эңсеген, дегдеген.
as.*аск.* (**askerî** *сөзүнүн кыск.*) аскерий.
as I 1. (*карта оюнунда*) туз. **2.** эң мыкты, ас, чемпион.
as II (**ast** *сөзүнүн кыск.*) төмөнкү, ылдыйкы, кенже. **asteğmen** кенже лейтенант. **asbaşkan** вице-президент.
asa аса (*таяк*).
asabî 1. ачуулуу, жинденген, кыжаалат. **2.** жинге байланыштуу. ~ **hastalıklar** жин оорулары.
asabîleşmek жинденүү, кежирленүү, кыжаалаттануу, сиркеси суу көтөрбөө.
asabîlik кежирлик, чырлык, кыжаалаттык.
asabiye 1. нерв оорулары. **2.** неврология, невропатология.
asabiyeci невролог, невропатолог.
asabiyet ачуулуу болуш, тез ачууланыш.
asal негизги, башкы, фундаменталдык. ~ **sayı** жөнөкөй сандар.
asalak-ğı 1. мите, кан соргуч. **2.** *өтм.* мите, жатып ичер, жанбакты, жалкоо (*киши*).
asalet,-ti 1. ак сөөктүк, тектүүлүк, нарктуулук. **2.** өз атынан жасалган аракет.
asaleten 1. туруктуу, чыныгы (*убактылуунун каршысы*). **2.** өз атынан.
asamble ассамблея.
asansör лифт, элеватор.
asap,-bı нерв. **~ını bozmak** нерви бузулуу. **~ına dokunmak** жинине тийүү, ачуусун келтирүү.
asayiş коомдук тартип, коомдун коопсуздугу.
asbaşkan вице-президент, орун басар.
asbest, **-ti** *геол.* асбест.
aselbent,**-di 1.** *бот.* стиракс (*Styrax officinalis*). **2.** стиракс (*медицинада, парфюмерияда колдонулган жыпар жыттуу чайыр*).
aseptik *мед.* асептикалык.
asetilen *хим.* ацетилен.
aseton *хим.* ацетон.
asfalt, **-tı 1.** асфальт. **2.** асфальтталган.
asfaltlamak асфальттоо, асфальт төшөө.
asgarî минимум, эң аз. ~ **ücret** эң аз акы/айлык.
ashap,-bı 1. кожоюн, ээ. **2.** *дин* Мухаммед Пайгамбарды көргөндөр, аны менен сүйлөшкөндөр.
asık 1. асылуу, илинүү. **2**. түнөргөн, кабатыр, кабагы бүркөө. ~ **surat** кабагы бүркөө. ~ **suratlı/yüzlü** түнөргөн, томсоргон, кабагы бүркөө/салыңкы (*киши*).
asıl,-lı 1. негиз, негизги. **2.** маңыз, өзөк, маани. **3.** тек, тукум, чыгыш. **4.** оригинал. **5.** туура, чын. **6.** чыныгы. **7**. башкы, маанилүү. **~ında** чынында, негизинен. ~ **astarı** чыныгы жүзү, туурасы. **~ı astarı/faslı olmamak** жалган, төгүн, негизсиз. **~ına bakılırsa** чындап алганда, чынчынына келгенде. **~ı nesli belirsiz** ата-теги белгисиз. ~ **sayılar** жөнөкөй сандар. ~ **vurgu** уңгудагы басым. **~ı yok** негизсиз, жалган, ойдон чыгарылган.
asılı асылуу, илинүү.
asılmak 1. асылуу, илинүү. **2**. асылып өлтүрүлүү. **3.** асынуу, тутунуу, тартынуу. **boynuna** ~ мойнуна асылуу. **4.** асылуу, тынчын алуу, тийишүү. **kıza** ~ кызга асылуу/тийишүү. **5.** алек болуу, кармалоо. **6**. бүркөлүү, томсоруу (*жүз*).
asılsız негизсиз, ойдон чыгарылган, жалган.
asılzade *к.* **asilzade**.
asım асылган, тартылган (*парда, көшөгө ж. б.)*. ~ **takım** жасалга, шурумончок, тагылга (*аялдардын*).
asıntı 1. кечеңдетүү, кийинкиге калты-

руу. **2.** кайдыгерлик. **3.** ыксыз кийлигишүү, керексиз аралашуу.

asır, **-srı 1.** кылым. **2.** доор, чак, заман.

asırlık бир кылымдык, картаң.

asi 1. тайбас, тажаал. **2.** козголоңчу, көтөрүлүшчү.

asil 1. асыл, тектүү, ак сөөк. **2.** кең пейил, нарктуу (*аракет, мамиле*). **3.** негизги, туруктуу, башкы. **4.** анык,чыныгы (**vekil'***дин каршысы*).

asillik тектүүлүк, ак сөөктүк, асылдык.

asilzade тектүү, асылзаада, ак сөөк, аристократ.

asimetri ассиметрия.

asimetrik ассиметриялык.

asistan ассистент.

asistanlık ассистенттик (*иш жана милдет*).

asit *хим.* кислота.

asitborik *хим.* бор кислотасы.

asitli *хим.* кислоталык.

asker 1. аскер. **2**. аскердик милдет. **3.** эли-журтун мыкты коруган, жоокер. **~e almak** аскерге алуу. **~e çağırmak** аскерге чакыруу. **~e gitmek** аскерге кетүү. ~ **kaçağı** аскер качкыны. ~ **olmak** аскер болуу.

askerî аскерий, аскердик. ~ **akademi** аскер академиясы. ~ **bando** аскердик отряд. ~ **bölge** аскердик аймак. ~ **inzibat** аскер полициясы. ~ **mahkeme** аскердик сот, трибунал. ~ **şura** аскердик кеңеш. **Yüksek A~ Şura** Жогорку Аскерий Кеңеш.

askerlik 1. аскердик (*кызмат, жумуш*). **2.** аскердик милдет. ~ **çağı** аскердик мөөнөт/жаш. ~ **dairesi** аскердик бөлүм. ~ **hizmeti/görevi** аскердик кызмат. ~ **şubesi** аскер бөлүмү. ~ **yapmak** аскердик кызмат өтөө. ~ **yoklaması** аскерге жарактууларда каттоо.

askı 1. аскы, илгич, кийим илгич. **2.** тарткыч, боо. **3**. кулактандыруу тактасы. **4**. шакшак. **5**. поднос. **6.** тарттырып жогору байлап койгон жемиш шагы. **üzüm ~sı** асылып коюлган жүзүм шагы. **7.** жасалга (*гүл, лента*). **8**. парда, көшөгө. **9.** аялдар тагынган жасалгалар. **10**. белгисиздик. **~ya almak 1)** тирөөч менен тирөө (*имаратты*). **2)** тыгылып калган кемени башка кеме менен сүйрөтүп чыгаруу. **3)** *өтм.* (*бир иштин*) чечилишин кийинкиге калтырууу. **~da bırakmak** бүтүрбөө, натыйжа албоо. **~ya çıkarmak** (*үйлөнө турганы жөнүндө*) кулактандыруу. **~da kalmak** (*бир иштин*) бүтүшүнө бөгөт коюлуу.

askılı аскысы/илгичи бар. ~ **etek** сарафан, ~ **pantolon** аскылуу шым, комбинезон.

askılık 1. вестиер, кийим илгич **2.** асылып сакталган жашылча-жемиштер. **3.** мергендер ууга чыкканда жанына алган илгичтер.

asla эч качан, таптакыр, караманча, дегеле.

aslan 1. *зоол.* арстан. **2.** *өтм.* кайраттуу, тайманбас, баатыр (*киши*). **~ın ağzında olmak** колго тийиши кыйын (*нерсе*). ~ **gibi 1)** арстандай, күчтүү, сүрдүү, келишимдүү. **2)** ден-соолугу чың, чымыр. ~ **kesilmek** күчтүү, чымыр болуу, жетилүү. ~ **payı** үлүштүн чоңу. ~ **sütü** *арго* ракы (*түрк арагы*). ~ **yürekli** эр жүрөк, тартынбас, тайманбас.

aslanağzı,-nı *б*от. антирринум. (*Antirrhinum*).

aslen 1. негизинен, жалпысынан. **2.** түбү, теги.

aslî негизги , башкы, түпкү, анык, накта, нак, чыныгы. ~ **üye** анык мүчө.

asma I 1. асма. **2.** асылган, асылып турган, асылуу. ~ **salıncak** асма селкинчек. ~ **köprü** асма көпүрөө.

asma II *бот.* **1.** жүзүм. **2.** чырмалып өскөн өсүмдүктөрдүн жалпы аты.

~ **bahçe** асма бакча (*чарпая үстүндө чырмооктон же жүзүмдөн курулган бакча)*. ~ **yaprağı** жүзүм жалбырагы. **kabağı** асма кабак (*Lageneria vulgaris*).

asmak 1. илүү, асуу. **2.** асып өлтүрүү. **3.** себепсиз калтыруу (*иште, окууну*). **4.** карызды төлөөдөн качуу. **astığı astık, kestiği kestik** айтканы айткан, дегени деген, мүнөзү катуу.

aspiratör 1. чаң соргуч. **2.** *мед.* аспиратор.

aspirin аспирин.

asrî *эск.* жаңы, учурдаш, модерн.

asrîleşmek учурга ылайыкташуу.

ast,-tı 1. асты, алды. **2.** кенже кызмат. **3.** *аск.* кенже аскердик наам.

astar 1. астар, ич, ички кат (*калың кийимдердин*). **2.** астар, одоно шыбак. **3**. (*кемеде*) бир нерсени бекемдөө үчүн кыстырылган жыгач, чүпүрөк. ~ **boyası** астар боёк (*негизги боёктон мурун тартылат*). ~ **kaplamak/koymak** астар коюу, ичтөө. ~ **vurmak** астар боёк тартуу. ~ **yüzünden pahalı olmak** алынган натыйжанын чыгымынан улам өзүн актабашы.

astarlamak 1. астарлоо, ичтөө. **2.** (*боёкчулукта*) астар сүрүү, астар боёгу менен боёо.

astarlı 1. астарлуу, ичи бар. **2.** астар боёк тартылган.

asteğmen *аск.* кенже лейтенант.

astım *мед.* астма.

astigmat *физ.* астигмат.

astigmatizm астигматизм.

astragan каракүл (*тери/көрпө*).

astrolog астролог.

astroloji астрология.

astronom астроном.

astronomi астрономия.

astronomik 1. астрономиялык. **2.** өтө жогору, ашкере көп/чоң. ~ **fiyat** ашкере кымбат баа.

astronot,-tu космонавт, астронавт.

astsubay *аск.* сержант.

asude токтоо, жоош, момун.

Asya Азия.

Asyalı 1. азиялык. **2.** Азияга мүнөздүү/тиешелүү.

aş аш, тамак. ~ **ermek 1)** (*бир тамакка*) талгак болуу. **2)** тамак жерүү (*боюнда бар аялдар*). ~ **evi 1)** ашкана, кафе. **2)** жакырларга бекер тамак берилген жер. **3)** убактылуу ашкана. **4)** *эск.* кечилканада тамак бышырылган жер. ~ **ocağı** кемеге, очок.

aşağı 1. ылдый, төмөн. **2.** ылдыйкы, төмөнкү. **3.** асты, алды. **4.** *өтм.* сапаты начар. **5.** серт, одоно, жөнөкөй. **6.** аз, кичине. **7.** артта, кийин. **~da** ылдыйда, төмөндө. **~ya** ылдый жакка, төмөн жакка, артка. ~ **almak** кулатуу, жыгуу. **~dan almak** *(чатакта)* үнүн жумшартуу, кичи пейилдик кылуу, теңелбөө. ~ **görmek** басмырлоо, кордоо, төмөнсүнтүү. ~ **kalır yeri/yanı olmamak** эч жери кем эмес. ~ **kalmamak** (-дан) кем калбоо, теңтайлашуу. **~sı kurtarmaz 1)** андан арзан болбойт. **2)** өзүн андан төмөн түшүрө албайт. ~ **tabaka** карапайым калк, төмөнкү катмар. ~ **tükürsem sakalım, yukarı tükürsem bıyığım** *мак.* өйдө тартсам өгүз өлөт, ылдый тартсам араба сынат (*сөзм. с*. өйдө түкүрсөм мурутум, ылдый түкүрсөм сакалым). ~ **yukarı 1)** баш-аягы, болжол/орто эсеп менен, көбүнчө. **2)** өйдө-төмөн, аркы-терки, өйдө-ылдый, жогору-төмөн. **... aşağı ... yukarı** кайда барсаң да, ар жерде. **Hasan aşağı, Hasan yukarı** кайда барсаң Мамайдын көрү. **~lı yukarılı 1)** өйдө-ылдый, ойку-кайкы. **2)** асты-үстү (*эки кабатта*).

aşağılamak төмөнсүнтүү, кемсинтүү,

басмырлоо, кордоо, мазактоо.

aşağılık 1. төмөндүк, начардык, жамандык. **2.** сапаты начардык, кемчилдик. ~ **duygusu/ kompleksi** *психол.* кемсинүү, өзүн кем саноо/ кор тутуу.

aşağısamak, **aşağsamak** теңсинбөө, көтөрүлүү, менменсинүү, басмырлоо, бой көтөрүү.

aşama 1. баскыч, даража, кырдаал, абал, жагдай, шарт. **2**. стадия, фаза, доор.

aşçı ашпоз, ашчы.

aşçıbaşı, **-nı** ашпоз башы, шеф-повар.

aşçılık ашпозчулук, ашчылык.

aşı 1. вакцина. **2.** эмдөө. **3**. (*өсүмдүктөрдө*) кыйыштыруу. ~ **boyası 1)**кызыл охра (*сыр*). **2)** кирпич түсү. ~ **olmak** эмделүү. ~ **yapmak 1)** эмдөө. **2)** кыйыштыруу.

aşık *анат.* **1.** чүкө, ашык. **2.** оюн чүкөсү. ~ **atmak/oynamak** чүкө/ ордо ойноо.

âşık 1. ашык. **2.** катуу берилген, фанатик. **3.** акын. **~ın gözü kördür** сүйүүнүн көзү көр. ~ **olmak** ашык болуу.

aşılama 1. эмдеме. **2.** кыйыштырма. **3.** оору жугузуу. **4.** *өтм.* (*башкаларга*) таасир/шык берүү.

aşılamak 1. эмдөө. **2.** кыйыштыруу (*өсүмдүктөрдү*). **3.** оору жугузуу. **4**. таратуу, жайылтуу, таасир берүү (*пикирди, ойду*). **5.** аргындаштыруу (*малды*).

aşılı 1. эмделген. **2**. кыйыштырылган. **3.** аргындаштырылган (*мал*).

aşındırmak 1. (*бир тышкы таасир алдында*) эскирүү, жукаруу, сүзүлүү, жешилүү, чирүү, бузулуу. **2.** *хим.* эритүү, жеп жиберүү. **3.** *өтм.* (*бир жерге*) бара берип тажатуу.

aşınma 1. коррозия. **2.** *геол.* эрозия. **3**. эскирме, ыпыранма. **4.** *тех.* колдонуудан чыкма, жешилме. ~ **payı** амортизация, эскирүү даражасы.

aşınmak 1. жешилүү, желүү, кемирилүү, сүзүлүү. **2.** эскирүү, ыпыроо. **3.** быдыры калбоо, жылмалануу.

aşırı 1. ашкере, өтө, апыртылган. **2.** ашыкча, керегинен көп. **3.** (-нын) ары жагында. **dağ** ~ тоонун ары жагында. **deniz** ~ деңиздин ары жагында. **gün** ~ күн өткөн сайын. ~ **derecede** ашкере, өтө. ~ **gitmek** аша чабуу, катуу кетүү. ~ **uç** (*саясий көз караштардын)* ашкере карама-каршы жаатгары.

aşırılık ашкерелик, аша чабуучулук ашкан, артып калган.

aşırmak ашыруу, өткөрүү, кечирүү (*тоодон, суудан*), алып өтүү. **2.** уурдап алуу. **3.** куткаруу, аман алып калуу. **4.** көчүрүп алуу, плагиат. **5.** чыгарып салуу, кууп/ кубалап жиберүү.

aşifte *к.* **aşüfte**.

aşikâr ачык, так, даана. ~ **etmek** ачыкка чыгаруу, дайын кылуу. ~ **olmak** ачыкка чыгуу, белгилүү болуу.

aşina 1. ашына, тааныган-билген, жолдош, теңтуш. **2.** билинген, таанымал дайын. **3.** тажырыйбалуу, жатык, эптүү.

aşinalık 1. бири-бирин билүү, тааныу, жолдоштук. **2.** эптүүлүк, жатыктык, сынаакылык, колу билгендик. ~ **göstermek** жакындык, жолдоштук кылуу.

aşiret, **-ti** (*көчмөн*) уруу.

aşk,**-kı 1.** ашыктык, сүйүү. **2.** энтузиазм, эргүү. **~ına ...** үчүн. **Allah aşkına** Кудай үчүн. ~ **çekmek** ашыктык азабын тартуу. ~ **etmek** *ооз.* чаап/уруп жиберүү. **~a gelmek** ашыктык отуна жануу. ~ **ile** эргүү/илхам менен. ~ **olsun** *ооз.* **1)** азамат! баракелде! (*ыраазы/ маашыр болуу сезимин билдирген сырд. с.*). **2)** ошо кантип болсун (*нааразылык, жеме*). **3)** *дервиштердин саламдашуу сөзү.* ~

yapmak жыныстык мамиле жасоо.
aşkın 1. ашуун, көп. **2.** ашкан, ары жагында. **otuzu ~** отуздан ашкан.
aşmak 1. ашып өтүү, кечип өтүү (*тоону, сууну*). **2.** өтүп кетүү, аяктоо, бүтүү. **3.** (*эркек айбан ургаачысы менен*) жупташуу, ашуу. **4.** чектен чыгуу. **5.** *арго* качып кетүү.
aşna: **~ fişne** *арго* **1.** жашыруун дос, ойнош. **2.** жашыруун достуктар.
aşure 1. ашуре (*буудай, нокот жана куру жемиштерден кайнатылып бышырылган таттуу*). **2.** *өтм.* ар нерсе аралашкан, ботко, маанисиз, маңызсыз.
aşüfte сойку, аягы суюк (*аял*).
at 1. ат (*айбан*). **2**. (*шахмат ойнунда*) ат (*таш*). **~ı alan Üsküdarı geçti** болору болду. **~la arpayı dövüştürmek** чагымчылык кылуу, ара бузуу. **~ başı beraber gitmek** бирдей абалда болуу. **~a binmek** атка минүү. **~ çalındıktan sonra ahırın kapısını kapamak** төө кыядан өткөн соң «өх» дегениң курусун (*сөзм. с*. ат уурдалган соң акырдын эшигин бекитиш). **~ gibi** аттай болгон, олбурлуу (*аял*). **~ koşturmak 1)** чаап жөнөө, чапкан бойдон кетүү/келүү. **2)** *к.* **~ oynatmak. ~ meydanı** ат майданы, ипподром. **~ nalı** аттын такасы. **~ nalı kadar** өтө чоң, калдайган (*медальон, төөнөч, орден ж. б.*). **~ oynatmak 1)** ат ойнотуу. **2)** жарышуу, теңелүү. **3)** *өтм.* оюна келгенди жасоо, билгенин кылуу. **~ın ölümü arpadan olsun** жакшы тамак калганча жаман курсак айрылсын. (*сөзм. с.* аттын өлүмү арпадан болсун). **~ sineği** *зоол.* көгөөн (*Hippobosca equina)* **~lar tepişir, arada eşekler ezilir** *мак.* эки төө кармашса, ортосунда кара чымын кырылат. (*сөзм. с.* аттар алышса, арада эшектер эзилет.) **~tan inip, eşeğe binmek** жогорку кызматтан төмөндөтүлүү.
Ata I Ататүрк (*кыск.*).
ata II 1. ата. **2.** ата-баба.
ataerki патриархат.
ataerkil патриархалдык.
atak I 1. тентек, шок, тайбас. **2.** *ооз.* тажаал, көшөкөр. **3.** жалганчы
atak II чабуул, атака.
atamak дайындоо, чектөө (*бир ишке*).
atanmak дайындалуу, чектелүү, жиберилүү.
atardamar 1. *анат.* артерия. **büyük ~** аорта. **2.** магистраль.
atasözü, **-nü** макал.
ataş кагаз кыпчыткыч.
ataşe атташе.
Atatürk Мустафа Кемал Ататүрк (*Түркия Жумуриятынын куруучусу жана биринчи президенти)*.
Atatürkçü Ататүрк доктриналарын жактоочу, кемалист.
Atatürkçülük Ататүрктүн саясий доктринасы, кемализм.
atçı жылкычы.
atçılık жылкычылык.
ateist,-ti 1. атеист. **2.** атеисттик.
ateizm атеизм.
atelye *к.* **atölye**.
ateş 1. от. **2.** очок. **3.** өрт. **4.** атыш. **5.** денениң ысыгы. **6.(~ !)** атыш буйругу. **7.** *өтм.* эргүү. **8.** *өтм.* коркунуч. **9.** *өтм.* чалпоолук, курчтук. **10**. кайгы, азап. **11.** жек көрүү, ачуу, кыжыр. **12.** кызыл (*түс*). **~ açmak** ок атуу. **~ almak 1)** күйүү, жануу. **2)** атылуу (*курал*). **3)** *өтм.* ачууланууу, күйүп-жануу, эргүү, кызып кетүү. **~e atmak** өзүн билип туруп коркунуч алдында калтыруу, тобокелге салуу, бел байлоо. **~ almaya mı geldin?** от алганы келдиңби? (эмне мынча шашасың?). **~ bacağı/sacağı sarmak** *ооз.* жагдай курчумак, абал колдон чыкмак. **~ basmak** каны дүргүү (*уялгандан, коркондон*), каны ба-

шына чыгуу. ~ **böceği** *зоол.* жаркырак коңуз *(Lampyris noctiluca)*. ~**i çıkmak** эти ысуу. ~**i düşmek** этинин ысыгы түшүү. ~ **düştüğü yeri yakar** *мак.* башы оорубагандын кудай менен иши жок (*сөзм. с. от түшкөн жерин жагат*). ~ **düşürücü** эттин ысыгын түшүрүүчү (*дары*). ~ **etmek** ок атуу. ~ **gibi 1)** өтө ысык, оттой. **2)** *өтм.* оттой ысык, жалындаган, өткүр, курч, акылдуу. **3)** кыпкызыл. ~**ten gömlek** оор сыноо, оор абал, кыйын шарт. ~ **hattı/boyu** от тилкеси, коркунучтуу/кооптуу жер/иш. ~**ler içinde** эти ысып-күйүү. ~ **kesmek** ок атууну токтотуу. ~ **kestanesi** *бот.* ат каштаны (*Aesculus hippocastanum*).~ **olmayan yerden duman çıkmaz** *мак.* тегин жерден өрт чыкпайт. ~**le oynamak** от менен ойноо. ~ **pahasına/pahası** өтө кымбат. ~ **parçası 1)** оттун бир бөлүгү. **2)** жандуу, тың, жаны тынбаган. **3)** тентек, шок (*бала*). ~ **püskürmek/saçmak 1)** оозунан от чачуу, катуу сөздөр сүйлөө. **2)** ачууланууу, кыжырлануу. ~ **sineği** *зоол.* көгөөн (*Hippobosca equina*). ~ **tuğlası** (*очок жасоодо колдонулган*) бышык кирпич. ~**e tutmak 1)** отко кармоо, ысытуу. **2)** аткылоо, ок жаадыруу. ~**e vermek 1)** жагуу, өрттөө. **2)** чаң-тополоң түшүрүү, тополоңдотуу. **3)** (*өлкөнү*) согушка кийирип, кыйынчылык жаратуу. ~ **yağdırmak** ок жадыруу. ~ **yakmak** от жагуу. ~**i yükselmek** эти ысуу.

ateşçi көмүрчү, от жагар.

ateşkes ок атууну токтотуу, жарашуу.

ateşleme ок атуу.

ateşlemek 1. от жагуу, өрт коюу. **2.** ок атуу. **3.** чагым жасоо, бүлүк салуу.

ateşlenmek 1. өрттөлүү, от жагылуу. **2.** от алуу. **3.** эти ысуу. **4.** ачууланууу, кыжырдануу.

ateşli 1. эти ысыган. **2.** *өтм.* жалындаган, өткүр, курч, кызуу. **3.** *өтм.* жыныстык кудурети күчтүү.

ateşperest, **-ti** *дин* отко табынган.

atfen таянып, өрнөк алып, мисал келтирип (*башка бирөөнөн*).

atfetmek 1. таянуу, мисал кылуу**. 2.** багыттоо, көргөзүү, көңүл буруу.

atıcı 1. (*мылтык, тапанча ж. б.*) атуучу, мерген. **2.***өтм.* жалганчы, калпычы.

atıcılık 1. мергендик. **2**. *өтм.* калпычылык.

atıf,**-tfı** булагын көргөзүү, шилтеме/алынты берүү.

atık таштанды. ~ **su** кир / колдонулган суу.

atıl 1. жалкоо, жан бакты. **2.** *физ.* тургун, кыймылсыз, инерттүү. **3.** жаракысыз, пайдасыз.

atılgan 1. эр жүрөк, тайманбас, коркпос. **2.** шамдагай, шылуун, чапчаң. **3.** орой, осол.

atılganlık 1. эр жүрөктүк, тайманбастык, курчтук, өткүрлүк. **2.** шамдагайлык, чапчаңдык, шылуундук. **3.** оройлук, осолдук.

atılım 1. илгерилөө, жылыш. **2.** тез өнүгүш, прогресс, секирик. **3.** чабуул, атака. **4.** *спорт* секирүү.

atılmak 1. ташталуу, ыргытылуу. **2.** (*ок*) атылуу. **3.** басып жыгылуу, кол салуу. **4.** секирүү, жүткүнүү. **5.** (*бир ишке*) киришүү, баштоо. **6.** иштен чыгарылуу.

atım 1. (*ок*) атыш. **2.** дүрмөт. **3.** атыш узундугу. **4.** *мед.* (*жүрөктүн*) кагышы.

atış 1. таштоо, ыргытуу. **2.** (*ок*) атыш. **3.** *мед.* (*жүрөк, тамырдын*) кагышы. ~ **yeri** атыш жасалган жер, полигон.

atışma 1. (*ок*) атышма. **2.** *ад.* айтыш (*акындардын*).

atışmak 1. (*ок*) атышуу. **2.** жаакташуу, айтышуу. **3.** *ад.* (*акындардын*) ай-

тышы. **4.** жарашууга аракеттенүү.

atıştırmak 1. шам-шум этүү. **2.** *ооз.* кылт этип алуу (*ичиликтен*). **3.** (*жаан, кар*) себелей баштоо.

ati *эск.* келечек.

atik шамдагай, чапчаң, шылуун.

atkı 1. моюн орооч, шарф. **2.** боолуу бут кийимдердин тили. **3.** жыгач айры. **4.** (*эшиктин/терезенин үстүндөгү*) туура тоскуч. **5**. (*өрмөктө*) энине тартылган жип.

atkuyruğu,**-nu 1.** *бот.* кырк муун, жүлгүр (*Equisetum arvense*). **2.** кыздардын чач түйүм шекили.

atlama 1. аттама, секирме. **2.** *спорт* узундуктан/бийиктиктен аттама мелдеши.

atlamak 1. аттоо, секирүү. **2**. аттап өтүү, тоскоолду ашуу. **3. (***шашылыш*) түшүү, минүү, отуруу (*машинеге, атка, кемеге ж. б.*). **4.** колдон чыгаруу/качыруу (*кабарды*). **5**. (*окуу, жазуу, саноодо*) айрым бөлүмдөрдү аттап кетүү. **6.** (*айрым класстарды*) окубастан аттап өтүү.

atlambaç,**-cı** эшек секирмей (*оюн*).

Atlantik Атлантика.

atlas I атлас (*кездеме түрү*).

atlas II 1. атлас, карта. **2.** китептин аягындагы карталар, сүрөттөр. **3.** атлас(*бир илим тармагы боюнча*) белги, сүрөттөрдөн турган китеп. **anatomi ~ı** анатомиялык атлас.

Atlas: ~ Okyanusu Атлантика Океаны.

atlatmak 1. аттатуу. **2.** коркунучту баштан өткөрүү, оңой кутулуу. **3**. алдоо, көз жазгыруу. **4.** башкалардан мурун жетишүү (*басма сөздө*).

atlayış 1. атташ. **2.** аттоо ыкмасы.

atlet, -ti 1. атлет. **2. (~ fanilası)** майка.

atletik 1. атлет тулкусунда/ кейпинде. **2.** атлетикалык.

atletizm 1. жеңил атлетика. **2.** атлетизм.

atlı 1. атчан. **2.** атчандар бирими. **~ polis** атчандар полициясы. **3.** кавалерия. **~ araba** ат арабасы. **~ kovalarcasına** дүрбөлөңгө түшүп, шашкалактап. **~ tramvay** ат трамвайы. **~ karınca 1)** ири кумурска. **2)** карусель (*оюнчук*).

atmaca *зоол.* карчыга (*Accipiter nisus*).

atmak 1. ыргытуу, таштоо. **2.** (*ок*) атуу. **3.** учуруу (*ракетаны/спутникти*). **4.** кагуу (*жүрөк, тамыр*). **5.** (*иштен, үйдөн ж. б.*) чыгарып салуу. **6.** кошуу, татытуу. **tuz ~** туз татытуу. **7.** өңү өчүү. **benzi ~** өңү кубаруу. **8.** сабоо, уруу, тепкилөө. **tekme ~** тепкилөө. **9.** кийинкиге жылдыруу. **sonraya ~** кийинкиге калтыруу. **10.** туумак, чыкмак (*таң, күн*). **tan ~** таң атуу. **11.** калп айтуу. **atıyor be!** жанын жейт! **12.** жамынуу. **üzerine ~** үстүнө жамынуу.**13.** шылтап салуу, мойнуна коюу. **suçu onun üzerine attılar** күнөөнү ага жүктөп коюшту. **14.** ичкилик ичүү. **15.** ыдыроо, сөгүлүү. **16.** чечип салуу (*кийимди*). **17.** белги коюу. **imza ~** кол коюу. **18.** сабоо, тытуу. **pamuk ~** пахта/кебез сабоо. **19.** салуу, жиберүү. **mektup ~** кат салуу. **atıp tutmak 1)**болжоп айтып коюу. **2)** оозун көптүрүү. **attığı taş boşa çıkmadı** көздөгөнүнө жетти. **atsan atılmaz, satsan satılmaz** же ата албайсың, же сата албайсың (*кутулбас балаа*).

atmasyon калп, жалган, беш өрдөк.

atmık бел суусу, сперма.

atmosfer атмосфера.

atmosferik атмосфералык.

atom атом. **~ bombası** атом бомбасы. **~ çağı** атом доору. **~ enerjisi** атом энергиясы. **~ reaktörü** атом реактору.

atomik атомдук.

atölye 1. ателье, өнөркана. **2**. студио.

atraksiyon аттракцион.

atrofi *мед.* атрофия.
aut,-tu *спорт* аут (*топтун талаадан чыгып кетиши*).
av 1. уу, аң, аңчылык, мергенчилик. **2.** аң (*айбандын жем таап жеши*). **3.***өтм. тузакка түшүрүлгөн, бирөөлөргө жем болгон киши.* **~a çıkmak** ууга чыгуу. ~ **eti** аң эти. **~a giden avlanır** *мак.* өзү казган чуңкурга түшүү. ~ **köpeği** аңчы ит. ~ **kuşu** аңчы куш. ~ **tüfeği** аңчы мылтыгы.
avadanlık тетик/курал-жабдыктар салынган куту.
aval дөдөй, аңкоо. ~ ~ аңырайып, аңкоочо. ~ ~ **bakmak** аңырайып/аңкоочо кароо.
avam 1. калк. **2.** калктын караңгы катмары.
avanak макоо, кеңкелес, маңбаш, маңыроо.
avanakça макоочо, кеңкелесче, маңырайып, келесоолонуп.
avanaklık макоолук, кеңкелестик, маңыроолук. ~ **etmek** маңыроолук кылуу.
avangart, -dı авангард, алдыңкы.
avanproje эскиз.
avans аванс. ~ **almak** аванс алуу. ~ **çekmek** аванска акча чегүү. ~ **vermek** аванс берүү.
avanta бекер олжо. **~dan** бекер келген (*акча, киреше*).
avantacı бекер олжого кызыккан (*киши*).
avantaj авантаж, пайда.
avantajlı 1. пайдалуу, кирешелүү. **2.** кирешеси көп, жолдуу, табышкер (*киши*).
avare 1. иштебеген, жатып ичер, жанбакты, бекерчи. **2.** катуу соккон (*шамал*). ~ **dolaşmak** бош жүрүү, бекерчилик менен күн өткөрүү. ~ **etmek** бирөөнү иштен алаксытуу. ~ **olmak** жанбактылык кылуу.
avarelik бекерчилик, жатып ичерлик.
avarya *дең.* авария (*кемеге, жүктөргө келген зыян*).
avaz аваз, кыйкырык, чаңырык. ~ ~ **bağırmak** бакырып-өкүрүү. **~ı çıktığı kadar** үнүнүн жетишинче.
avcı 1. мерген, аңчы, балыкчы. **2.** *аск.* аткыч. **3.** алгыр. ~ **kuş** алгыр куш. **4.** (*бир ишке*) ынтызар, сүйүүчү, кумар. **antikvar ~ları** антикварият аңчылары.
avcılık 1. аңчылык. **2**. аткыч учактардын аракети. ~ **etmek** аңчылык кылуу.
avdet,-ti кайтуу, кайра келүү. ~ **etmek** кайра кайтуу.
aven (**avn**'*дын көптүк т.)* шериктер, ортоктор.
averaj 1. орто эсеп. **2.** *спорт* упай айырмасы.
avize люстра.
avlak аңчылыкка/ууга жайлуу жер.
avlamak 1. аңчылык кылуу. **2.** *өтм.* тузакка түшүрүү, колго түшүрүү.
avlanmak 1. аңчыга (*же алгыр айбандарга*) жем болуу. **2.** колго түшүү, тузакка түшүү. **3.** аңчылыкка чыгуу, аң уулоо, балык уулоо.
avlu короо.
avn санаалаш, шерик, кылмыш ортогу.
avokado *бот.* авокадо (*америка алмуруту; Persea americana)*.
Avrasya Евроазия.
avrat,-dı *ооз.* **1.** катын. **2.** аял , жубай
Avrupa 1. Европа. **2.** Европалык. **A~ Birliği** Европа Бирдиги. **A~ Ekonomik Topluluğu** Европа Экономикалык Шериктештиги.
Avrupaî европалык, Европага мүнөздүү/ тиешелүү.
Avrupalı европалык.
avuç,-cu 1. алакан **2**. ууч. **3**. уучка бата турганчалык. ~ **açmak** кайыр суроо, тилемчилик кылуу. ~ ~ уучууч, уучтап-уучтап. ~ **dolusu** уучу толо. ~ **içi** алакан. **~unun içine almak** өз колуна/ көзөмөлүнө

алуу. **~unun içi gibi bilmek** (*бир жерди*) алаканга салгандай/коён жатагына чейин билмек. ~ **içi kadar** алакандай**,** кичине, тар (*жер*). **~u kaşınmak** алаканы кычышуу (*акча келе тур-ғандыктын белгиси*). **~unu yalamak** кур жалак калуу.

avuçlamak уучтоо, уучтап алуу.

avukat,-tı адвокат, актоочу/ жактоочу.

avukatlık 1. адвокаттык. **2.** *өтм.* керексиз жактоо/ болушуу.

avunç көңүл сооротмо/ жубатма.

avundurmak 1. сооротуу, жубатуу. **2.** үмүттөндүрүү.

avunmak 1. сооронуу, алагды болуу, тынчтануу, өзүн алаксытуу, үмүттөнүү. **2.** (*айбандар*) желиндөө.

avuntu алаксуу, көңүл жубаткан нерсе, эрмек.

avurt уурт. **~ları çökmüş** жаагы шимирилүү, арыктоо. ~ **zavurt etmek 1)** көтөрүлүп сүйлөө. **2)** опузалап/ коркутуп сүйлөө.

Avustralya Австралия.

Avustralyalı австралиялык.

Avusturya Австрия.

Avusturyalı австриялык.

avut, **-tu** *к.* **aut.**

avutmak 1. сооротуу, көңүл жубатуу/ көтөрүү/улоо. **2.** алаксытуу, ойнотуу (*баланы*). **3.** алдоо, жалган үмүттөндүрүү.

ay I 1. ай. ~ **aydınlığı** ай айдыңы/ жарыгы. **2**. ай (*жылдын 12 айынан бири*). **~da bir** айда бир жолу. **~dan aya** айдан айга. ~ **başı** ай башы. ~ **dede** (*балдардын тилинде*) ай. ~ **hâli** этек кир. ~ **ışığı** ай жарыгы. **~ın kaçı?** айдын канчасы? **~ın on dördü gibi** толгон айдай (*сулуу кыз/аял тууралуу*). ~ **parçası** сулуу. ~ **tutulması** Ай тутулуу. **~da yılda bir** айда жылда бир, өтө сейрек. ~ **yıldız** ай, жылдыз (*Түркия Жумуриятынын эмблемасы*).

ay II 1. ай (*чочуу билдирген сырд. с.*). ~ **, burada biri var!** ай, бул жерде бирөө бар! **2.** ох! (*ооруну билдирген сырд. с.*). ~ **ayağım!** ай, бутум!

aya I алакан.

aya II ыйык. **Aya Sofya** Ыйык Софья (*Стамбулдагы музей*).

ayak,-ğı 1. бут. **2.** аяк (*жаныбарлардын*). **3**. тирөөч, таяк, бут (*буюмдардын*). **4.** (*суунун, дарыянын*) куймалары. **5.** баскыч. **6.** *ад.* (*фольклордо*) кыска саптуу кошук. **7.** *эск.* фут (*=30,5м узундугундагы өлчөм бирдиги*). **8.** төмөнкү деңгээлде, жөнөкөй, катардагы. **~ta 1)** тикесинен тик туруп. **2)** *мед.* ооруканага жатпастан. **~ı alışmak** үйүр алуу, жолу ачылуу. **~ının altına almak** тепкилөө. **~ının altında dolaşmak** бутка илээшүү, жолтоо болуу. ~ **altında kalmak/ ezilmek** тепсендиде калуу. ~ **atmak 1)** биринчи жолу баруу. **2)** аяк басуу. ~ **atmamak** (*бир жерге*) басып барбоо. ~ ~ **üstüne atmak** бутун кайчылаштырып отуруу. ~ **bağı 1)**бөгөт, жолтоо, тоскоолдук. **2)** жоопкерчилик. ~ **basmak 1)** аяк басуу, жетүү. **2)** кирүү, баруу, баштоо (*ишке*). ~ **basmamak** эч барбоо, жолобоо. ~ **bileği** кызыл ашык. **~ları birbirine dolaşmak** чалыштоо, мүдүрүлүү. **~ına çabuk** тез баскан, жүрүшү катуу. **~ını çabuk tutmak 1)** бат-бат басуу. **2)** шашуу, убакыт жоготпоо. **~ına çağırmak** алдына келүүсүн буюруу. **~ını denk almak** этият болуу, чебердеп жүрүү. ~ **diremek** каршы чыгуу, айтканынан кайтпоо. **~ları dolaşmak** буттары чалыштоо. **~ta durmak 1)** аякта/ бутунда туруу. **2)** чыдоо, кыйынчылыктарды жеңүү. **~a düşmek** күчүн жоготуу, жакырануу. **~ına düşmek** бутуна жыгылуу. **~a**

fırlamak учуп тура калуу. ~ **freni** тормоз. **~ına geçirmek** *(бутуна)* шаша-буша кийүү/ сала коюу. **~ına (kadar) gelmek 1)**астына келүү, улук башын кичик кылуу. **2)** издегени табылуу, ойлогону келүү. **~ları geri geri gitmek** мойнунан байлагандай болуп баруу. **~ına götürmek** (*бир кабарды*) жеткирип баруу. **~a kaldırmak** дүрбөлөң түшүрүү. **~a kalkmak 1)** тура калуу. **2)** дүрбөлөң түшүү. **3)** (*оорулуу киши*) айыгуу. **~ına kara su inmek** көп баскандан бутун тарта албай калуу. **~ı karıncalı** аягы сүюк. **~ını kaydırmak 1)** бут тосуу, бөгөт болуу. **2)** иштен бошоттуруу. **~ını kesmek 1)** (*бир жерге*) барбас болуу. **2)** (*бирөөнү*) келгис кылуу. ~ **kirası** (*чабарманга, кызматчыга берилген*) чай пул. ~ **parmağı** буттун бармагы. ~ **sesi** буттун дабышы. **~ına sarılmak** бутун кучактоо. **~ına sıcak su mu dökelim, soğuk su mu?** башыңа чөп сындыралыбы? ~ **sürümek** аягын сүйрөп калуу. ~ **şaştı** аягынан жаңылды. ~ **takımı** караңгы эл. **~ına taş değmek** кыйынчылыктарга туш болуу. **~ta tedavi** барып-келип дарылануу. ~ **topu** футбол. **~ının tozu ile** келер замат , келер-келбес, келе сала. **~ta tutmak 1)** аякта кармап туруу. **2)** колдоо, жардам берүү. **3)** улантылышына себеп болуу. ~ **ucu 1)** кроваттын буту. **2**) буттун учу. **~ı uğurlu** ак жолтой. ~ **uydurmak 1)** башкалардан артта калбоо. **2)** (*аракетинде, жашоосунда*) башкалар менен тең тайлашуу. **~ta uyumak** басып жүрүп уктоо. ~ **üstü/üzeri** туруп туруп (*отурбастан*). **~ını vurmak** бутун өйкөө. **~ı yere değmiyor** аягы жерге тийбөө. **~ı yerden kesilmek** бир унаага минүү/ээ болуу. **~ını yorganına göre uzat** *мак.* жылкыңа ченеп ышкыр (*сөзм. с*. бутуңу жуурканыңа ченеп сун).

ayakaltı,**-nı** келим-кетимдүү жер. **~ında bırakmak** көңүл бурбоо, кайдыгер мамиле жасоо, көз жумуу. **~ında dolaşmak** бутка илээшип жүрүү.

ayakbastı,-yı аякбасты салыгы (*тыштан келгендерден алынат*).

ayakkabı, -yı бут кийим, туфли.

ayakkabıcı 1. бут кийим сатуучусу. **2.** өтүкчү.

ayakkabılık бут кийим шкафы.

ayaklandırmak элди дүрбөтүү/козголоң/көтөрүлүш чыгартуу.

ayaklanma 1. туруу. **2.** козголоң, дүрбөлөң, көтөрүлүш.

ayaklanmak 1. козголоң/дүрбөлөң түшүү, көтөрүлүшкө чыгуу. **2.** (*оорулуу*) сакайып, бутуна туруу. **3.** (*бала*) баса баштоо.

ayaklı 1. буту/аягы болгон, аяктуу. **2.** бут менен иштеген. ~ **dikiş makinesi** бут машине.

ayaklık 1. педаль. **2.** бут койгуч. **3.** балдак. **4.** тирөөч.

ayaktaş жолдош.

ayakyolu,-nu туалет, даараткана. **~na gitmek** дааратканага баруу.

ayar 1. эталон, үлгү, өрнөк. **2.** аяр, карат (*асыл металлдар үчүн*). **3.** *тех.* жөнгө салуучу механизм. **4.** өлкөгө тиешелүү саат өлчөмү. **5.** сапат, мүнөз. **~ı bozuk 1)** тууралнбаган. **2)** *өтм.* адеби, мүнөзү жайында эмес.

ayarlamak 1. тууралоо (*сааттты*). **2.** текшерүү, оңдоо. **3.** стандартка ылайыкташтыруу. **4.** *муз.* күүлөө.

ayarlı 1. тууралганган (*саат*). **2.** текшерилген, оңдолгон. **3.** (*алтын, күмүш ж. б.)* белгилүү аяры болгон.

ayartmak 1. түз жолдон чыгаруу/ адаштыруу, бузуу. **2.** (*бирөөнүн*) бүлөсүн/кызматкерлерин бузуп/тартып алуу.

ayaz 1. аяз. **2.** катуу суук. **hava ~a çekti** күн сууктай баштады. **~da kalmak 1)** суукта калуу. **2)** *арго* куру жалак калуу.

ayazma *урумдар ыйык деп эсептеген кайнар булак.*

aybaşı,-nı 1. айбашы. **2.** айлык алчу күн. **3.** этек кир. **~ olmak** этек кир көрүү.

ayça жаңырган ай. *сал.* **hilâl**.

ayçiçeği,-ni 1.*бот.*күн карама, чемичке (*Helianthus annuus)*. **2.** күн караманын даны. **~ yağı** чемичке майы.

ayçöreği,-ni ай чөрек (*ичине жаңгак, тарчын коюлуп жасалган ай шекилиндеги чөрек/ нан)*.

aydın 1. жарык, айдың. **2**. сулуу, даана (*жазуу, кол жазма*). **3**. акылдуу, айдың, билимдүү, интеллигент.

aydınger чийме, басма иштеринде колдонулган жалтырак кагаз.

aydınlanma 1. жарык, иллюминатор. **2.** *өтм.* маалымат алма, сабаттуулук, агартуу. **~ devri** Агартуу доору.

aydınlanmak 1. жарыктандырылуу, айдыңдануу. **2.** ачыкка чыгуу, аныкталуу. **3.** маалымат /билги алуу.

aydınlatıcı 1. жарык кылуучу, айдыңдатуучу, иллюминатор. **2.** маалымат берүүчү, агартуучу.

aydınlatma жарыктандыргыч, жарык бергич.

aydınlatmak 1. жарык берүү, айдыңдатуу. **2.** түшүндүрүү, агартуу, маалымат берүү, ачыктоо.

aydınlık 1. жарыктык, айдыңдык. **2.**жарык. **3.** так, ачык, түшүнүктүү (*сөз, жазуу, пикир*). **4.** ачык, таза, аруу (*жүз*).

ayet, -ti аят (*Куранʼы Керимден*).

aygın: **~ baygın 1.** алсыз, күчсүз, чарчаган. **2.** ашыктыктан өзүн жоготкон.

aygır айгыр. **~ gibi** чоң, олбурлуу, күчтүү.

aygıt,-tı 1. жабдуу, аппарат, курал-жабдык. **2.** *физиол.* орган, дене мүчөлөрү.

ayı 1. аюу. **2.** *өтм.* аюу (*олбурлуу/олдоксон кишилер үчүн*). **~ balığı** *зоол.* түлөн (*Phoca vitulina*). **~ gibi** аюудай.

ayıcı 1. аюу ойноткон киши, дрессировщик. **2.** орой, түркөй (*киши*).

ayık 1. соолуккан, соо, масы тараган. **2.** өзүнө/эсине келген (*эси оогон бирөө жөнүндө*), акыл-эси жайында **3.** зээндүү, түшүнүктүү. **4.** токтоо, оор басырыктуу.

ayıklamak 1. тазалоо, терүү (*күрүч, таруу ж. б.*), сорттоо, бөлүү. **2**. тазалоо, душмандардан арылтуу (*партияны, уюмду, ишти ж. б.*). **ayıkla (şimdi) pirincin taşını!** эми бул иштин ичинен чыгып көр!

ayılmak 1. соолугуу, масы тароо. **2.** өзүнө/эсине келүү (*эси оогондон кийин*). **3.** *өтм.* көзү ачылуу, чындыкты көрө баштоо. **~ bayılmak 1)** (*бирөөнү*) өлүп-талып сүйүү. **2)** башынан оор күндөр өткөрүү.

ayıltmak 1. соолуктуруу. **2.** эсине келтирүү.

ayıp 1. уят, шермендечилик. **2.** кемчилик, жетишпегендик, кемдик, өксүктүк. **~ etmek/yapmak** туура эмес иш кылуу. **~tır söylemesi ... 1)** улуу сөздө уят жок, бирок ... **2)** мактаныч эмес, бирок ... **~ yerler** (*кишинин*) уяттуу жерлери. **~ını yüzüne vurmak** (*бирөөнүн*) кемчилигин чукуу, ашкерелөө.

ayıplamak 1.сындоо, нааразы болуу, уяткаруу. **2.** *саяс.* айыптоо, нааразычылык билдирүү.

ayırım 1. бөлүү, ажыратуу, бөлүп кароо, айыруу. **2.** өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, айырмачылык. **3.** дискриминация. **4.** салаа, айрылыш.

ayırma 1. бөлүү/ажыратуу иши. **2.** *элек.* ажыратуу, өчүрүү.

ayırmak 1. бөлүү, ажыратуу. **2.** тандоо,

сорттоо. **3.** ажыраштыруу, арасын ачуу (*жубайлардын*). **4.** айырмалоо, бөлүп кароо. **5.** бөлүп коюу, арнап коюу, брондоо. **6.** *хим.* ажыратуу, бөлүү (*айрым бөлүктөргө*). **7.** жаруу, бөлүп тароо (*чачты*).

ayırt бөтөнчөлүк, мүнөздүүлүк, өзгөчөлүк, айырма. ~ **etmek** айырмалоо, өзгөчөлүгүн билүү.

ayırtı айырма, өзгөчөлүк, нюанс.

ayırtmak бөлдүрүп коюу, резервде кармоо.

âyin 1. диний ырасми, диний азем. **2.** *муз.* айин (*мевлевилер тарабынан ырдалган салмактуу ырлар түрү*).

aykırı 1. тескери, терс, айкыры. **2.** мыйзамга/адатка каршы, тыюу салынган. **3.** карама-каршы, жөнсүз, орунсуз, ылайыксыз. ~ **düşmek** терс түшүү, тескери болуу. ~ **olmak** карама-каршы келүү.

aykırılık карама-каршылык, ылайык келбөө, жөнсүздүк, орунсуздук, тескерилик.

ayla 1. *астр.* гало, жарык алкагы. **2.** ореол, ыйык кишилердин башын курчаган жарык.

aylak бекерчи, жан бакты,жатып ичер. ~ ~ **dolaşmak** башы ооган жакка басып жүрүү.

aylık 1. айлык, эмгек акы. **2.** бир айга созулган. **3.** айда бир жолу жасалган. ~ **toplantı** ай сайын өткөрүлгөн чогулуш. **4.** ... ай болгон. **dört** ~ **çoçuk** төрт айлык бала. ~ **almak** айлык алуу. ~ **bağlamak** айлык төлөп туруу.

aylıkçı 1. айлык алган. **2.** айлык менен жанын баккан.

aylıklı айлыктуу (*иш*).

aymak 1. эсине келүү, соолугуу. **2.** көзү ачылуу.

aymaz көңүл кош, кайдигер, бейгам, санаасыз, кенебес.

aymazlık кенебестик, бейгамдык, кайдыгерлик.

ayna 1. күзгү. **2.** телескоп. **3.** кемелерде колдонулган дүрбү. **4.** кайык күрөгүнүн жазы уч жагы. **5.** (*аттарда*) тизе. **6.** *арго иши* жолунда болуу, жолдуу болуу. **işimiz** ~ ишибиз жолунда. **7.** *өтм.* так өзүндөй чагылдырган. **yüz ruhun ~sıdır** жүз көңүлдүн күзгүсү. ~ **gibi 1)** түптүз, жаркыраган, таза, күзгүдөй. **2.** (*деңиз*) көйкөлгөн, кыймылсыз.

aynalı 1. күзгүлүү. **2.** сулуу. татынакай, келишкен.

aynasız 1. күзгүсүз. **2.** серт, ыраңы суук, жылдызы жок. 3. *арго* полиция.

aynen 1. так өзүндөй, дал өзүндөй, болгонун болгондой. **2**. сөзмө сөз. **3.** өзгөрүүсүз.

aynı 1. дал өзү, бир, окшош, бирдей, өзүндөй. **2.** айырмасыз, өзгөчөлүгү болбогон. ~ **ağzı kullanmak** бир ооздон. ~ **fikirde olmak** бир пикирде болуу. ~ **kapıya çıkmak** баары бир/жыйынтыгы бир болуу. ~ **şekilde** бирдей жол менен, бирдей ыкма менен. ~ **telden çalmak** бирдей ойдо болуу. ~ **yolun yolcusu olmak** (ачуу) тагдыры окшош болуш, жамандык шериги болуш. ~ **zamanda 1)** бир убакытта. **2)** ошону менен катар...

aynılık окшоштук, бирдейлик.

aynıyla болгону болгондой, көргөнү көргөндөй, дал өзүндөй.

aynî накталай, буюмдата (*акчалай эмес*). ~ **yardım** буюм/ азык-түлүк /материалдык жардам.

ayniyat 1. козголмо мүлк. **2.** инвентарь, материалдык бөлүк. **3.** аскердик мүлк/ буюмдар. **~iyle** буюмдата, буюм түрүндө.

ayol ай, ай-уй, капырай! (*аялдар тарабынан колдонулган сырд. с.*). **ayol, nerede kaldın?** капырай, кайда калдың?

ayraç кашаа (*белги*).

ayran 1. чалап. **2.** майы алынган жуу-

рат. **~ı kabardı 1)** ачуудан өзүн жоготуу, ашыры жинденүү. **2)** ашкере жыныстык арзуу туюу. **~ım budur, yarısı sudur** чала-була жасалган иш. **~ı yok içmeye, atla gider sıçmaya** *мак.* айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат (*сөзм. с.* айраны жок ичкенге, атчан барат чычканга).

ayrı 1. бөлөк, башка. **2.** өзгөчө, айырмалуу, түрдүү. **3.** өзүнчө, жалгыз. ~ ~ өз өзүнчө, бөлөк-бөлөк. ~ **basım** өзүнчө басылыш (*мис. макаланын)*. ~ **düşmek 1)** бири-биринен бөлүнүп калуу. **2)** ыркы-пикири келишпөө. **~sı gayrısı olmamak/ ~ gayrı bilmemek** өз-жат дебей/деп бөлбөй. ~ **tutmak** өзгөчө мамиле жасоо.

ayrıca 1. айры-айры, бөлөк-бөлөк, өзүнчө. **2.** айрыкча, өзгөчө, мындан тышкары, муну менен бирге эле.

ayrıcalı өзгөчө, башкаларга окшобогон, айырмалуу, артыкча.

ayrıcalık,-ğı бөтөнчөлүк, өзгөчөлүк. ~ **tanımak/göstermek** артыкчылык /өзгөчөлүк таануу/көрсөтүү.

ayrıcalıklı өзгөчө укук таанылган, артыкчылык берилген, привилегиялуу.

ayrık 1. артык, өзүнчө тутулган, башкалардан өзгөчө, адаттан тышкары. **2.** арасы ачык коюлган. **3.** арасы бөлүнгөн, бөлүнүп таралган (*мис. чач)*.

ayrık,-ğı 1. өзгөчөлүк, башкачалык. **2.** бөлөк калуу, бөлүнүп калуу ажырашып кетүү. **3.** пикир келишпөөчүлүк. **4.** карама-каршылык, контраст. **5.** *ук.* сот аркылуу ажырашуу. ~ **otu** *бот.* буудайык, тарак баш (*Agropyron repens*).

ayrıksı 1. өзгөчө, башкача. **2**. керемет, укмуш, таң каларлык.

ayrılıkçı *саяс.* бөлүүчү,сепаратист.

ayrılıkçılık бөлүүчүлүк,сепаратизм.

ayrılış ажырашуу, бөлүнүү.

ayrılmak 1. бөлүнүү, ажыроо. **2.** чектелүү, дайындалуу, бөлүнүп коюлуу. **3.** чыгуу, жөнөө. **4.** ажырашуу (*жубайлар*). **5.** башка көз караш/пикирде болуу.

ayrım 1. бөлүү, ажыратуу, бөлүп кароо, айырмалоо. **2.** өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, айырмачылык. **3.** дискриминация. **4.** бөлүм, бап (*китептин ж. б.*). ~ **yapmak** бөлүп-жаруу. өзгөчө мамиле жасоо.

ayrımsamak айырмачылыктарды көрө билүү, айырмалоо.

ayrıntı майда-чүйдө, деталь, ыкы-чыкы, нюанс. **~lar** деталдары, майда-чүйдөсү. **~larına inmek** майда-чүйдөсүнө чейин териштирүү, кылдат карап чыгуу.

ayrıntılı баштан-аяк, кең-кесири, толук.

ayrışmak *физ. , хим.* бөлүктөргө ажыроо.

ayrıştırmak *хим.* **1.** бөлүктөргө ажыратуу . **2**. анализ жасоо.

aysberg айсберг.

ayşekadın: ~ **fasulyesi** жашыл фасоль.

ayva 1.*бот.* айва дарагы *(Cydonia vulgaris). 2. айва(мөмөсү).* ~ **tüyü 1)** айва түгү. **2)** жүз түгү. **~yı yemek** *арго* кыйын абалда калуу.

ayyaş мас, пыянкеч, алкоголик, ичкич.

ayyaşlık,-ğı ичкичтик, алкоголизм, мастык.

ayyuk,-ku 1. *астр.* Капелла жылдызы. **2.** көктүн эң төбөсү. **~a çıkarmak 1)** көкөлөтүп мактоо. **2)** үнүнүн бардыгынча кыйкыруу. **3)** жаманаттысы жайылып кетүү.

az 1. аз, кичине, жетерсиз. **2.** сейрек, анда-санда. ~ ~ аз-аз. **~dan** аз-аздан. ~ **buçuk** бир аз, бирди жарым. ~ **bulmak** аз көрүү, ыраазы болбоо. ~ **bulunur** аз жолуккан. ~ **buz olmamak** аз эмес, жетишерлик. **~a çoğa bakmamak/~ çok dememek** аз

да болсо көптөй көрүү. ~ **çok** аздыр-көптүр. ~ **daha** ... аз калды, ... кете жаздады. ~ **değil!** аз эмес**,** кем калышпайт. ~ **gelmek** аз көрүнүү, жетишерлик болбоо. ~ **görmek** аз көрүү. ~ **kaldı/ kalsın** ... – а/кете жаздады. ~ **kalsın boğulacaktı** чөгүп кете жаздады. ~**maz** азмаз. ~ **önce** бир аз мурун, жаңы эле. **en ~ından** эч болбосо. ~ **tamah çok ziyan/zarar getirir** кичине сараңдык чоң зыян алып келет.

aza 1. мүчө (*уюмдун, клубдун ж. б.*). **2.** *анат.* мүчө, орган (*дененин*).

azade 1. азат, эркин, бош, көз каранды эмес, эгемен. **2.** азаттыкка чыгарылган, эркин жашаган. ~ ~ ээн-эркин, каалагандай, жыргап-куунап.

azalma азайыш, төмөндөш,түшүш.

azalmak 1. азаюу, төмөндөө, кичирейүү, түшүү, ылдыйлоо. **2.** таасири начардоо.

azamet,-ti 1. улуулук, зоболосу бийиктик. **2.** сөөлөттүүлүк, көркөмдүүлүк, шаңдуулук. **3.** текебердик, менменсиниш. 4. сыймыктуулук.

azametli 1. сөөлөттүү, менменсинген, шаңдуу. **2.** улуу, наабаттуу. **3.** текебер, кыйынсынган.

azamî 1. максимум, эң жогорку, эң бийик, эң чоң. **2.** *мат.* максимум. ~ **derecede** эң жогорку даражада. ~ **ve asgarî** максимум жана минимум.

azap 1. азап, кайгы. **2.** *дин* (*мусул-манчылыкта*) *бул дүйнөдө күнөө кылгандарга акыретте бериле турган жаза.* ~ **çekmek** азап тартуу. ~ **vermek** азап чектирүү/ тарттыруу.

azar I жеме, кордоо, тилдөө, нааразычылык. ~ **işitmek/yemek** жеме/тил угуу.

azar II: 1.~ ~ аз-аздан, кичинеден. **2.** бара-бара, уламдан улам.

azarlamak жемелөө, тилдөө.

azat,-tı 1. азаттыкка/боштондукка/эркиндикке чыгарыш. **2.** таратыш (*мектепти*). **3.** эркин, бош, азат. ~ **etmek** 1) боштондук /азаттык бериш. 2.*эск.* кулдарга эркиндик бериш.

azdırmak 1. көптүрүү, тукуруу, желиктирүү, ачуусуна/кыжырына тийүү. **2.** жолдон чыгаруу, адаштыруу. **3.** *өтм.* азгыруу, бузуу, жаман жолго түшүрүү.

Azerbaycan Азербайжан.

Azerbaycanlı азербайжан (*улуту-нан*), азербайжандык.

Azerî 1.азербайжан (*улуту*). **2.**азербайжандарга мүнөздүү/тийиштүү.

Azerîce 1. азербайжан тили. **2.** азербайжанча.

azgelişmiş начар өнүккөн, артта калган.

azgın 1. жиниккен, көпкөн, жаалдуу (*киши*), азоо (айбан) **2.** ташкындаган, көбүргөн, толкундуу (*суу, көл, деңиз*). **3.** тентек, шок (*бала*). **4.** ырбаак (*тери*). **5.** жыныстык эңсөөсү күчтүү (*киши, айбан*).

azgınlık 1. кыжыр, жин, көпкөндүк. **2.** ташкын. **3.** тентектик. **4**. сексуалдык токтомсуздук.

azı азуу.

azıcık аз, болор-болбос, кенедей, бир аз.

azı dişi, -ni азуу тиши.

azık 1. азык. **2**. жол азыгы, күл азык. ~ **torbası** азык баштыгы.

azılı азуулуу, жырткыч, жапайы.

azımsamak 1. аз көрүү, азсынуу. **2.** баа бере албоо, баркын билбөө, тоотпоо.

azınlık азчылык. **~lar** азчылыктар. ~ **hükümeti** азчылык өкмөтү. **~ta kalmak** азчылыкта калуу, аз санда болуу.

azışmak күчөө, алоолонуу, курчуу.

azıtmak 1. көптүрүү, желиктирүү. **2.** чыйырынан чыгаруу.

azil,-zli иштен чыгаруу, кызматынан

бошотуу.

azim чечкиндүү, эрктүү, өжөр, айтканынан кайтпаган.

aziz 1. азиз, сүйүктүү. **2.** ыйык, куттуу. **3.** урматтуу, ардактуу. **~ gibi** касиеттүү.

azizlik 1. азиздик, ыйыктык, касиеттүүлүк. **2**. капшап, шылдың, тамаша. **~ etmek** шылдыңдоо, мазактоо. **~ine uğramak** капшабына учуроо.

azletmek иштен бошотуу, кызматынан алуу.

azlık азчылык, аздык.

azmak I 1. жаалдануу, ачууланууу, кыжырдануу (*киши*). **2**. буркан-шаркан түшүү, бууракандоо, көбүрүү, ташуу (*деңиз, көл*). **3**. ырбоо, күчөп кетүү (*жара*). **4.** күчөө, улуп-уңшуу (*шамал*). **5.** адашып кетүү, азып-тозуу. **8.** шоктонуу, делирүү (*балдар*). **9.** эскирүү, сүзүлүү, кири чыкпоо (*кир*). **10.** аргын туулуш (*айбан*).

azmak II 1. көлчүк, токтогон суу. **2.** канал, арык. **3**. куруган сай.

azman 1. чоң, опаасыз, зор,гигант. **2.** бычылган (*айбан*). **3**. аргын.

azmetmek каалоо, эңсөө, чымырканууу, белсенүү.

azmettirmek кылмыш жасоого түртүү/ көз жумуу, көкүтүү.

azot, -tu *хим.* азот.

Azrail *дин* Азирейил (*жан алуучу периште*). **~le burun buruna gelmek** Азирейилдин алдынан чыгуу, аз жерден өлүмдөн калуу. **~in elinden kurtulmak** Азирейилдин колунан кутулуу.

B

B,b **1.** *түрк алфавитинин экинчи тамгасы.* **2.** (**bay** *сөзүнүн кыск.*) мырза. **3.** *муз. «си» нотасынын тамгалай белгилениши жана ага негизделген ачкыч.* **4.** *муз.* (**basso** *сөзүнүн кыск.*) бас.

baba **1.** ата. **2.** *дин* дервиштер теккесинин аксакалы. **Bektaşi ~sı** Бекташи (к.**Bektaşî**) аксакалы. **3.** улгайган эркектерге кайрылуу. **Nadir Baba** Надир ата. **4.** мафия башчыларына берилген ат. **5.** (*бир агымдын/окуунун*) баштоочусу. **Herodotos tarihin ~sıdır** Геродот - тарыхтын атасы. **7.** *деңиз.* кемеде тросс байланган бакан. **8.** (*казуу иштеринде чыккан топуракты өлчөө үчүн орнотулган*) мамы. **~m 1)** *эки буйрук этиш арасында келип, аракеттин узун сүргөнүн билдирет.* **git ~m, git, yol bitmez ki** кете бересиң, кете бересиң, жол түгөнбөйт го. **2)** *этиштин маанисин күчөтөт.* **söylüyor ~m söylüyor** сүйлөп эле атат, сүйлөп эле атат. **~ adam** ак ниет, кадырлуу киши. **~sının/ ~larının çiftliği** жеке басарлык кылуу. **~ değil, tırabzan ~sı** аталык милдетин аткара албаган киши. **~ evi/ocağı** ата-бабасынан калган үй/журт/жер. **~sının hayrına** атасынын арбагы үчүн, бекер, эч пайда күтпөстөн. **~ hindi** семиз үндүк. **~ hindi gibi kabarmak** эркек үндүктөн бетер үрпөңдөө. **~dan kalma** атасынан калган. **~dan oğula** атадан балага. **~sının oğlu** атанын баласы. **~sına rahmet okumak** бирөөгө жакшылык ойлобоо. **~ına rahmet!** атасына ырахмат! **~ tarafından** атасы тарабынан. **~sı tutmak** аруусу кармоо. **~ları üstünde olmak** жаалдануу, шайтаны башына чыгуу.

babaanne чоң эне.

babacan кең пейил, мээримдүү, ишенимдүү (*киши*).

babalanmak жинденүү, каарданууу, кыжырданууу.

babalık **1.** аталык (*милдет*). **2.** өгөй ата. **3.** *ооз.* кайын ата. **4.** атакеси, ата сөрөй (*теңсинбеген, орой кайрылуу*). **~ davası** *юк.* аталык укугу. **~ etmek** атасындай багып чоңойтуу.

babayani **1.** жөнөкөй, карапайым. **2.** атадай мээримдүү.

babayiğit **1.** баатыр, азамат. **2.** жүрөктүү, кайраттуу, чечкиндүү.

Babiâli **1.** (*Османлы Императорлугу учурунда)* Стамбулдагы өкмөт, айрым башкаруу органдарына жана алар жайгашкан имаратка берилген ат. **2.** бул жерде негизделген басма сөз органдарынын жалпы аты.

baca **1.** мор, керней. **2.** *анат.* угуу каналы. **3.** (*шахтада*) аба тешиги, вентилятор. **~ temizleyicisi/ süpürücüsü** мешчи. **~sı tütmek** (*үй-бүлө үчүн*) оту күйүшүү, ынтымактуу жашоо. **~sı tütmez olmak** оту күйүшпөө.

bacak I **1.** бут, аяк, туяк. **2.** бут (*үстөлдүн, отургучтун ж. б.*) **3.** аңчы иттердин бир түрү. **~ ~ üstüne atmak** бутун кайчылаштырып отуруу. **~ kadar** тырмактай (*бала*), кыска бойлуу (*киши*). **~ları kopmak** бутун тарта албай калуу, чарчоо. **~ları tutmamak** бутуна тура албоо.

bacak II (*карта ойнунда*) валет.

bacaksız **1.** буту жок. **2.** буту кыска, бою кыска (*киши*). **3.** *өтм.* өз

жашынан чоң иштер жасаган бала.
bacanak бажа.
bacı 1. эже, сиңди, карындаш. **2.** аялдарга кайрылуу. **3.** *ооз. үй кызматчысы, бала багуучу катары үйдө көпкө жашаган аялдарга берилген наам.* **4.** *дин* секта шейхинин аялы.
badana (*үйдүн дубалдары үчүн*) акиташ же боёк. **~ etmek/~ vurmak** (*үйдү*) актоо, сырдоо, боёо.
badanacı боёкчу, маляр.
badanalamak актоо, боёо (*үйдү*).
badem 1. *бот.* бадам (*дарагы*) (*Amygdalus communis*). **2.** бадам (*жемиш*). **~ ezmesi** жанчылган бадам жана шекерден жасалган таттуу. **~ gibi** жаңы (*бадыраң*). **~ gözlü** бадам көздүү. **~ şekeri** шекер капталган бадам. **~ yağı** бадам майы.
bademcik *анат.* бадам сымал без, тамак бези.
badi өрдөк. **~ ~ yürümek** чайпалып (*өрдөкчө*) басуу.
badire күтүлбөгөн кырсык, каргаша.
badya оозу кенен, жалпак суу куйган идиш.
bagaj 1. багаж, кол жүгү. **2.** багаж (*машинанын*). **~a vermek** багажга өткөрүү.
bağ I 1. боо (*жип, кыл, шнур, чүпүрөк*). **2.** таңуу. **3.** тутам, боо, десте. **iki ~ dereotu** эки боо ашкөк. **4.** *өтм.* байланыш, мамиле. **5.** *анат.* таралыш.
bağ II 1. жүзүмзар, жүзүм багы. **2.** жемиш бакчасы. **~ bahçe** короо-жай. **~ basmak** жүзүм топтоо. **~ bozumu 1)** жүзүм жыйноо. **2)** күз, жүзүм жыйнаган учур.
bağa *ооз.* **1.** таш бака. **2.** таш баканын кабыгы. **3.** таш бака кабыгынан же ага окшош нерседен жасалган.
bağcı багбан.
bağcık, -ğı боо, шнур, тасма.
bağcılık жүзүм өстүрүү, сатуу иши.
bağdaş мандаш. **~ kurmak** мандаш токунуп отуруу.
bağdaşık 1. макулдашылган, келишилген. **2.** бирдей касиеттерге ээ, гомогендүү.
bağdaşmak 1. келишүү, ылайыкташуу, жарашуу, ыркы келишүү, оту күйүшүү. **2.** (*балдар оюнунда*) шерик табуу. **3.** мандаш токунуп отуруу.
bağdaşmazlık карама-каршылык, келишпестик, ыркы жоктук.
bağdaştırmak жараштыруу, эпке келтирүү, көндүрүү, ылайыкташтыруу.
bağıl 1. көз каранды. **2.** салыштырмалуу. **~ değer** *мат.* салыштырмалуу чоңдук.
bağım көз карандылык, баш ийүү.
bağımlı 1.көз каранды, багынган, баш ийген. **2.** берилген (*банги заттарга, ичкиликке ж. б.)*.
bağımsız эркин, көз карандысыз, эгемендүү, багынбаган.
bağımsızlık,-ğı эркиндик, көз карандысыздык, эгемендүүлүк, багынбастык.
bağıntı 1. байланыш, мамиле. **2.** *филос.* байланыш, мамиле. **3.** *мат.* пропорция, катыш.
bağıntılı 1. салыштырмалуу. **2.** (*башка нерсеге*) көз каранды .
bağır I, -ğrı 1. боор (*кишинин*). **2.** боор (*тоонун, жаанын*). **3.** ички органдар, ич көңдөйү (*кишинин*). **4.** *өтм.* жүрөк. **~ına basmak** бооруна басуу. **~ını delmek** сөөгүнө батыруу. **~ına taş basmak** үн чыгарбай чыдоо. **~ı yanık** кайгылуу, күйүттүү, муңдуу. **~ı yanmak** ичи өрттөнүү, ичинен сыздоо.
bağır II: ~ ~ bağırmak бакырып-өкүрүү.
bağırış бакырык, кыйкырык. **~ çağırış** бакырык-өкүрүк.
bağırmak 1. кыйкыруу, бакыруу, аңкылдоо, чаңкылдоо. **2.** чакыруу. **3.** *өтм.* даана/ачык көрүнүү. **4.** ба-

кыруу, үндөрүн катуу чыгаруу (*айбандар*). **5.** жемелөө, тилдөө. **bağırıp çağırmak** бакырып-өкүрүү.

bağırsak *анат.* ичеги. **~larını deşmek** ичегисин эшүү (*коркутуу*). **~ düğümlenmesi** ичеги түйүлүү. **~ tıkanması** ич катуу. **on iki parmak ~ı** он эки эли ичеги. **~ solucanı** *зоол.* аскарида (*Ascaris lumbricoides*).

bağırtı бакырык (*кишинин, малдын*).

bağış 1. тартуу. **2.** садага, кайрым, багыш, соопчулук. **~ yapmak** садага кылуу, кайрым жасоо, соопчулук кылуу.

bağışık 1. жеңилдиктер/артыкчылыктар берилген (*киши*). **2.** *мед.* микропторго каршы табигый же жасалма тиренчи (*иммунитети*) болгон.

bağışıklamak *мед.* эмдөө.

bağışıklık,-ğı 1. жеңилдик, артыкчылык. **2.** иммунитет, дененин тиренчи.

bağışlama 1. тартуу. **2.** садага, соопчулук. **3.** кечирүү, кечүү (*күнөөнү*), мунапыс. **4.** *дин* күнөөдөн арылтуу.

bağışlamak 1. тартуу кылуу. **2.** садага берүү, соопчулук кылуу. **3.** кечирүү, кечүү (*күнөөнү*), мунапыс берүү. **4.** *дин* күнөөдөн арылтуу. **Allah bağışlasın** Кудай өзү кечирсин .

bağıt,-dı *ук.* макулдашуу, келишим, контракт.

bağlaç,-cı *грам.* байламта. **~ grubu** сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.

bağlam 1. боо, тутам, десте. **2.** *ад.* куплет. **3.** окуялар чынжыры. **4.** контекст.

bağlama 1. байлоо. **2.** баглама (үч кылдуу музыкалык аспап). **3.** (*курулушта*) дубалдарды бири-бирине байлаган устун.

bağlamak 1. байлоо, түйүү. **2.** (*жараны*) таңуу. **3.** пайда болуу, баш алуу. **buğday baş bağladı** буудай баш байлады. **4.** чектөө, бөлүп коюу. **maaş ~** айлык чектөө. **5.** келишим/макулдашуу түзүү. **işi sözleşmeye ~** ишти келишим менен бүтүрүү. **6.** жакындатуу, сүйдүрүү, өзүнө байлоо (*бирөөну*). **7.** аткарылышын милдеттүү/ зарыл кылуу. **8.** бүтүрүү, аягына чыгуу. **9.**буу, токтотуу. **10.** оогон, караган. **çarşambayı perşembeye bağlayan gece** шаршембиден бейшембиге караган түнү.

bağlanmak 1. байлануу, түйүлүү, буулуу. **2.** *өтм.* байлануу, сүйүп калуу. **3.** көз каранды болуу. **4.** милдеттүү болуу. **5.** үзүлүү, кесилүү, токтоо. **6.** дайындалуу, чектелүү. **emekli maaşına ~** пенсия чектелүү.

bağlantı 1. байланыш. **2.** *тех.* нерселерди бири-бирине кошкон тетик. **~ kurmak** байланыш куруу. **~ yapmak** макулдашуу, келишим түзүү.

bağlantılı 1. байланыштуу. **2.** (*бир уюмга, коомго*) караган, тиешеси бар (*өлкө*).

bağlantısız 1. байланышсыз, мамилеси болбогон. **2.** (*бир уюмга, коомго*) карабаган, тиешеси болбогон (*өлкө*).

bağlaşık 1. союздаш, шериктеш. **2.** байланышта болгон, ажырагыс, тиешелүү.

bağlaşmak 1. байланышуу. **2.** союздаш болуу, келишим/макулдашуу түзүү.

bağlayıcı 1. байлаган, байланыштырган, бириктирген. **2.** таңуу. **3.** аткарылышы милдеттүү.

bağlı 1. байланган, түйүлгөн. **2.** (*бирөөгө же бир жерге*) көз каранды, тиешелүү, алдындагы, караган. **bakanlığa ~** министрликке карашты. **3.** шартталган (*бирөөгө байланыштуу*). **geleceği sana ~** келечеги сага байланыштуу. **4.** көзөмөлү

алдында, чектелген. **tüzüğe ~** уставга байланыштуу. **5.** чындап берилген, байланган, ынтызар. **6.** жабык, тосулуу. **7.** дуба менен байлатылган (*эркектин жыныстык аракети*). **~ kalmak** ишенүү, туруктуу болуу. **~ olmak** караштуу болуу.

bağlılık 1. байланыштуулук, көз карандылык, караштуулук. **2.** *өтм.* байлануу, туруктуу болуу, ишеним туюу.

bağnaz көшөкөр, фанатик.

bağnazlık көшөкөрдүк, фанатизм.

bağrışmak 1. бакырышуу, кыйкырышуу. **2.** (*мал үчүн*) ызы-чуу түшүү. **bağırışa çağırışa** бакырышып-өкүрүшүп.

bahane шылтоо. **~siyle** шылтоосу менен. **~ aramak** шылтоо издөө. **~ bulmak** шылтоо табуу. **~ etmek** шылтоо кылуу.

bahar I 1. жаз, баар. **2.** жазда гүл ачкан гүлдөр, бүр ачкан жалбыректар. **3.***өтм.* жаштык курак. **~ açmak** даректар/гүлдөр гүлдөө. **~ı başına vurmak 1)** жаштык-мастык кылуу. **2)** (*карыган кишилер үчүн*) жашына ылайыксыз аракеттер жасоо.

bahar II (*аш*) татым.

baharat (*аш*) татымдар.

baharatçı татымдар саткан (*киши*).

baharatlı татымы мол, татымдуу.

bahçe бакча. **~ makası** бакча кайчысы. **~ mimarı** бакча архитектурасы.

bahçıvan 1. багбан. **2.** аскылуу шым, комбинезон.

bahçıvanlık багбандык.

bahis, -hsi 1. тема, маселе. **~ mevzuu** сүйлөшүлгөн тема. **2.** талаш, мелдеш. **~ açmak** сөз козгоо, сөз кылуу. **~i geçen** аты аталган. **~e girmek** мелдешүү. **~i kapamak** мелдеште жеңилүү. **~i kazanmak** мелдеште утуу. **~ tutmak** мелдешүү.

Bahreyn 1. Бахрейн. **2.** Бахрейнге тиешелүү/мүнөздүү.

Bahreynli бахрейндик.

bahriye (*бир мамлекеттин*) деңиз күчтөрү жана деңизге тиешелүү мекемелери.

bahriyeli 1. деңиз күчтөрү аскери. **2.** деңиз аскердик окуу жайы окуучусу.

bahsetmek кеп кылуу, сөз кылуу, маселе козгоо.

bahşiş чай пул, бакшиш. **~ vermek** чай пул берүү.

baht 1. бакыт. **2**. тагдыр, таалай, жазмыш. **~ı açık** бактысы ачык. **~ı açılmak** бактысы ачылуу. **~ı kara** таалайы тайкы. **~ına küsmek** таалайына таарынуу.

bahtiyar бактылуу, бактыяр.

bahtlı бактылуу, таалайлуу, жолдуу.

bahtsız бактысыз, таалайсыз, жолсуз.

bahtsızlık бактысыздык, жолсуздук.

bakakalmak селдейип/сенейип калуу, оозун ачып калуу.

bahalit, -di *к.* **bakalite.**

bakalorya бакалавр сыноосу.

bakan министр. **Dış İşleri B~ı** Тышкы Иштер Министри.

bakanlık 1. министрлик (*милдет, абал*). **2.** министрлик *(орган)*.

bakar: ~ kör 1) сокур (*көздөрү соодой көрүнгөн*). **2)** *өтм.* шалакы, унутчаак.

bakaya 1. калдык. **2.** *экон.* убагында чогултулбай калган салык. **3.** *аск.* аскер качкындары.

bakıcı 1. (*бала же оорулууга*) баккан (*киши*). **2.** буюм сатып албастан карап тим болгон (*киши*). **3.** төлгөчү.

bakım 1. багуу, кароо, көз салма. **2.** көз караш. **3.** *тех.* ремонт, текшерүү. **~ından** көз караштан. **~ evi 1)** диспансер. **2)** багар-көрөрү жок-тор үчүн курулган жай. **~ yapmak** текшерүү, оңдоо. **~ yurdu** багар-көрөрү жок картаңдар/ майыптар

үйү.

bakımlı 1. багуусу жакшы, жакшы каралган. **2.** өзүн мыкты алып жүргөн (*киши*).

bakımsızlık кароосуздук, багуусуздук.

bakınmak кылчактоо, көз жүгүртүү, (*эки жагын*) карануу.

bakır 1. жез. **2.** жез идиш. **3.** жезден жасалган. ~ **çalmak/çalığı olmak** жездин даты өтүп ууланууу (*тамак*). ~ **kaplama** жез капталган.

bakırcı жез устасы.

bakış 1.караш. **2.** *өтм.* көз караш. ~ **acısı** көз карашы.

bakışık *к.* **bakışımlı**

bakışıksız *к.* **bakışımsız** .

bakışım симметрия.

bakışımlı симметриялуу.

bakışımsız асимметриялуу.

bakışmak 1. бири-бирин кароо, тиктешүү. **2.** алдыртан/билгизбей карашуу.

baki 1. түбөлүк, туруктуу. **2.** *эск.* артык, калдык. ~ **kalmak 1)** түбөлүк/туруктуу калуу. **2)** артып калуу, ашып калуу.

bakir 1. жыныстык байланышка кире элек (*эркек*). **2.** кол тийбеген, жаңы. **3.** бузулбаган, айдалбаган, дың (*жер*).

bakire жыныстык байланышка кире элек (*ургаачы*).

bakirelik тазалык, аруулук.

bakiye 1. артып калган, артык. **2.** өлүк (*сөөгү*). **3.** *бухг.* баланс.

bakkal 1. бакал, бакалея, майда дүкөн. **2.** бул дүкөндө иштеген киши, дүкөнчү. ~ **çakkal** бакал-макал. ~ **defteri (gibi)** баш-аягы жок, өйдөылдый түшүнүксүз жазылган (*жазуу*). ~ **dükkanı** бакалея.

bakkaliye 1. бакалда сатылган буюмдар. **2.** чоң бакалея.

bakla 1. буурчак, буурчак тукуму. **2.** буурчактын көк же кургатылган даны. **3.** чынжырдын ар бир алкагы. ~**yı ağzından çıkarmak 1)** жашырган нерсесин акырында айтуу. **2)** сырды айтып салуу. ~ **falı** буурчак төлгө. ~ **kadar** (*бит, курт сыяктуу кичинекей жандыктар үчүн*) буурчактай, ири.

baklava баклава (*жупка, куру жемиштен шире төгүлүп жасалган таттуу*). ~ **biçimi** ромб түрүндө. **(yanında)** ~ **börek 1)** (*бир караганда*) оңой, оюнчук. **2)** таттуу да болсо (*жей албайм маанисинде*).

bakliyat,-dı буурчак тукумундагы өсүмдүктөрдүн даны.

bakmak 1. кароо, тиктөө. **2.** (*бир тарапка*) кароо, чыгуу. **penceresi denize** ~ терезеси деңизге кароо. **3.** издөө, кароо. **4.** багуу (*баланы, ноокасты*). **5.** багуу, камсыз кылуу (*үй-бүлөнү, ата-энени*). **6.** милдетин алуу. **7.** көңүл буруу, тууроо, өрнөк алуу. **sen bana bakma** сен мага караба. **8.** текшерүү, байкоо. **şu hesaba sen de bak** эсепти сен да бир текшерип көр. **9.** ниеттенүү, учурун күтүү. **10.** (*түстөр үчүн*) чалуу, окшоо. **11.** көз каранды/байланыштуу болуу. **bu iş sizin bir sözünüze bakar** бул иш сиздин бир эле сөзүңүзгө байланыштуу. **12.** алектенүү, аткаруу. **derslerine bak** сен окууңу кара. **bak! 1)** карасаң! **bak, tam söylediğim gibi oldu** карасаң, так эле айтканымдай чыкты. **2)** көрбөйсүңбү (*таңдануу, кейүү*). **lâfa bak!** айтып турганын көрбөйсүңбү! **bak bak!** карабайсыңбы, көрчү/карасаң муну! (*таңдануну билдирет*). **bak bak neler olmuş haberimiz yok** карабайсыңбы эмнелер болуп атыптыр, эч туйбаппыз. **bakalım** көрөбүз, көрө жатарбыз. **bakarak** караганда, көрө. **bakar mısınız?** (*бир өтүнүч үчүн кайрылуу*). **bakarsın** балким ... мүмкүн ....

kendisine sor, bakarsın kabul eder өзүнөн сура, балким макул болот. **baktıkça** көргөндө, көргөн сайын. **baktım ki** ... карасам ..., байкасам...

bakraç 1. кичинекей жез чака. **2.** бул чака көлөмүндөгү (*зат*).

bakteri бактерия.

bakteriyolog бактериолог.

bakteriyoloji бактериология.

bal 1. бал. ~ **arısı** бал аарысы. **2.** анжыр шireси. **3.** чайыр. ~ **olacak çiçeği bilmek/bulmak** майлуу (*кирешелүү*) жер табуу. ~ **dök de yala** таптаза, жалап койгондой. ~ **gibi 1)** балдай таттуу. **2)** эң сонун, шексиз, кынтыксыз. ~ **kabağı** *бот.* **1)** ири ашкабак (*Cucurbita moschata*). **2)** орой, мээси жок, көк мээ. ~ **mumu 1)** аары мому. **2)** момдун өнөр жайда жасалма даярдалган түрү. ~ **mumu gibi erimek** арыктоо. ~ **mumu yapıştırmak** көңүлдөрдү буруу үчүн сөзгө өзгөчө басым жасоо. ~ **özü** нектар, шире. ~ **peteği** аарылар бал толтурган көзөнөктөр. ~ **rengi** бал түстүү (*коюу сары*). ~ **tutan parmağını yalar** *мак.* бал кармаган бармагын жалайт.

bala *диал.* бала (*кишинин, айбандын*).

balad баллада.

balalayka балалайка.

balans баланс. ~ **ayarı** (*автомобилдин*) балансын тууралоо.

balast балласт.

balata : ~ **kayışı** *тех.* айландыруучу кемер.

balayı бал айы *(жаңы үйлөнгөндөр үчүн)*.

balcı 1. балчы, бал челекчи. **2.** бал сатуучу.

balçık 1. балчык. **2.** *өтм.* кыйынчылык туудурган, татаал. **3.** чопо.

baldır 1. балтыр. **2.** буттун кызыл ашыктан тизеге чейинки бөлүгү. ~ **bacak meydanda** өтө кыска этек кийген аял. **~ı çıplak** селсаяк, бекерпоз.

baldıran *бот.* балтыркан (*Conium maculatum*). ~ **şerbeti** азап менен табылган (*байлык, мүлк ж. б.*).

baldız балдыз.

bale балет.

balerin балерина.

balet, -ti балерон.

balgam какырык. ~ **atmak** жалаа жабуу, каралоо. ~ **söktürücü** какырык чыгаруучу (*зат, дары*). ~ **taşı** яшьма.

balık балык. ~ **adam** суучул. ~ **ağı** балык тору. ~ **avı** балык уулоо. ~ **baştan kokar** *мак.* балык башынан сасыйт. **~a çıkmak** балыкка чыгуу. ~ **eti 1)**сууда жашоочулардын эти. **2)** *өтм.* эттүү, болук, толук. ~ **kılçığı** балык кылканы. ~ **oltası** кайырмак. ~ **pazarı** балык базар. ~ **yağı** балык майы. ~ **yumurtası** балык уругу, икра.

balıkçı 1. балыкчы. **2.** балык саткан киши/дүкөн. ~ **gemisi** балыкчылар кемеси.

balıkçıl 1. балык жеген. **2.** *зоол.* көк кытан (*Ardea cinerea*).

balıkçılık балыкчылык.

balıkçın *зоол.* деңиз карлыгачы (*Sterna hirundo*).

balıkhane балыккана, балык склады.

balıklama 1. (*сууга*) башы ылдый, түптүз кирүү. **2.** *өтм. (бир ишке)* алды-кийинин ойлобой кирүү.

balıksırtı 1. балык жон. **2.** балык сөөгү сымал кайчы гүлдөрү бар кездеме. **3.** бүдүрлүү.

balina 1. *зоол.* кит (*Balaena mistycetus*). **2.** кийимдерди тик кармоо үчүн кийилген чыбык, корсет. ~ **çubuğu** кит тиши.

balistik,-ği 1. баллистика. **2.** баллистикалык.

Balkan Балкан. **~lar** Балкандар. ~ **yarım adası** Балкан жарым аралы.

Balkanlı Балкан өлкөлөрүнөн, балкандык, Балкандарга тиешелүү.

Balkar *к.* **Malkar.**
Balkarca *к.* **Malkarca.**
balkon 1. балкон (*үйлөрдө*). **2.** балкон (*театрда*).
ballandırmak 1. бал кошуу. **2.** мактоо, көкөлөтүү, жерге тийгизбөө.
ballanmak 1. бал жугуу, бал аралаштыруу. **2.** *өтм.* таттуу тартуу, бал татуу, бышуу (*мөмөлөр*).
ballı балдуу, бал менен жасалган. ~ **börekli olmak** коюн-колтук алышуу, балдай таттуу болуу.
ballıbaba *бот.* ак гүлдүү көп жылдык өсүмдүк (*Lamiumalbum*).
balo бал, кече. ~ **vermek** кече уюштуруу
balon 1. балон. **2.** *хим.* колба. **3.** дирижабль. ~ **uçurmak/uçurtmak** жалган каңшаар таратуу.
baloncu 1. балон сатуучу. **2.** аэронавт.
balsam бальзам.
balta балта. ~ **değmemiş/girmemiş/görmemiş** чытырман (*токой*). **~sı kütükten çıkmak** бир балаадан кутулуп кетүү. **~yı taşa vurmak** оозунан чыгып кетүү, оңтойсуз сөз сүйлөп алуу. ~ **vurmak** балта чабуу.
baltalamak 1. балталоо. **2.** *өтм.* кыянатчылык кылуу, саботаж жасоо, балта чабуу.
baltalayıcı кыянатчы, бузуку, жөөт.
Baltık Балтика. ~ **Denizi** Балтика деңизи.
balya таңылчак. ~ **yapmak** таңылчак таңуу.
balyalamak таңылчактоо.
balyoz барскан. ~ **gibi** *өтм.* өтө оор.
bambaşka таптакыр башка.
bambu 1. бамбук. **2.** бамбук камышы.
bam: ~ **teli 1.** *муз.* бас кылы. **2.** сакалдын оозго эң жакын бөлүгү. ~ **teline basmak/dokunmak** (*бирөөнүн*) жинине тийүү, жарасын козгоо.
bamya *бот.* бамия, гомбо *(Hibisus esculentus*). ~ **tarlası** көрүстөн.
bana мага. ~ **bak**! бери карачы! мени кара! ~ **mısın dememek 1)** кабагым-кашым дебөө. **2)** эч көңүл бурбоо. **3)** кулагынын сыртынан кетирүү. ~ **da ... demesinler** ... (болсо) атым өчсүн. ~ **dokunmayan yılan bin yaşasın** көзүм көрбөсүн, көчүгүмү бөрү жесин. ~ **göre** менимче. ~ **göre hava hoş** мага эмне. ~ **kalırsa** менден сурасаңар.
bançо *муз.* банчо (*гитара шекилиндеги беш кылдуу музыкалык аспап)*.
bandaj *мед.* бандаж, ороо.
bandıra 1.кемедеги өлкө байрагы. **2.**чет өлкөнүн туусу.
bandıralı байрагы / туусу алдында.
bando оркестр.
bandrol, -lü 1. пакет же шишелердин оозуна коюлган этикет. **2.** өкмөт салыгы төлөнгөнүн билдирген белги. **3.** туу мамысынын учуна жабыштырылган узун чүпүрөк тилкеси.
bangır: ~ ~ бакырык-өкүрүк. ~ ~ **ağlamak** бакырып-өкүрүп ыйлоо.
bank, -kı скамейка.
banka банка**.** ~ **cüzdanı** банка дептери. ~ **çeki** банка чеги. ~ **hesabı** банка эсеби. ~ **şubesi** банка филиалы. **~ya yatırmak** банкага (*акчаны*) жаткыруу.
bankacı банкачы, банкир, банка кызматкери.
bankacılık,-ğı банкачылык.
banker 1. банкир. **2.** банка кызматкери. **3.** акча, алтын сыяктуу ташынма мүлктөрдүн соодасын кылган (*киши*). **4.** *ооз.* өтө бай (*киши*).
banket,-ti асфальт жолдун четиндеги кошумча жол.
banknot, -tu банкнот, кагаз акча.
banko 1. скамейка. **2.** (*дүкөндө*) буюмдарды ороо/коюу үчүн орнотулган узун үстөлдөр. **3.** (*карта оюнунда*) ва-банк.
banliyo шаардын чет-жакасындагы эл-

дүү пункт. ~ **treni** шаардын четжакасына жүргөн поезд.

banmak малуу, матыруу.

bant 1. тасма, бант. **2.** бинт. **3.** магнит тасмасы. **4.** чач лентасы/банты. **~a almak** тасмага жазып алуу. ~ **doldurmak** тасманы жазып толтуруу. ~ **karikatür** карикатура тасмасы.

bantlamak (*пакетти/кутуну ж. б.*) бант ороп жабыштыруу, клейлөө.

banyo 1. мончо, ванна. **2.** жуунуу, кириңүү. **3.** (*дарылык максат менен жасалган*) мончо. ~ **almak** кириңүү. ~ **etmek** сүрөт плёнкасын дарыга чылоо. ~ **yapmak** кириңүү.

bar I 1. бар. **2.** салондун ичкилик сакталган/берилген бөлүмү.

bar II : *сырд.с.* ~ ~ бар-бар (*кыйкырык*), бакырык-өкүрүк.

baraj 1. суу сактагыч. **2.** *өтм.* бир тармакта өтүлүшү керек болгон шарт. **3.** *спорт* бөгөт, тоскоол. **~ı aşmak/geçmek** сыноодон өтүү, шарттарды жеңүү.

barak *ооз.* **1.** барак, үксөгөй. **2.** аңчы ит түрү.

baraka барак (*үй*).

barbar варвар.

barbarca варварлык/жырткычтык менен, аёосуз.

barbarlık,-ğı варварлык, түркөйлүк, жырткычтык.

barbekü барбикю (*балкондорго шишкебек бышыруу үчүн жасалган очок*).

barbunya 1. *зоол.* барабулька, султанка балыгы (*Mullus barbahis*). **2.** *бот.* кызыл фасоль.

bardak, -ğı 1. стакан, чөйчөк. **2.** бир стакан (*өлчөм*). **3.** *диал.* кумура. **~tan boşanırcasına yağmak** (*жамгыр*) чакалап/ төгүп жаамак. **~ı taşıran damla** чөйчөктү ташыткан тамчы. **bir ~ suda fırtına** арадай жерге чарадай чуулган. **bunun üzerine bir ~ soğuk su iç** муну капарыңа алба, унут.

barem *өкмөт белгилеген айлык төлөө системасы.*

barfiks *спорт* турник.

barınak баш калкалоочу жай, баш паанек, баш батырчу жер.

barındırmak баш калкалатуу, корголотуу, башын батыруу.

barınmak баш калкалоо, корголоо, башын батыруу.

barış 1. тынчтык. **2.** жарашуу, элдешүү. ~ **görüş olmak** ынтымакка келүү, элдешүү.

barışçı 1. тынчтык орноткон. **2.** тынчтыкты сүйгөн.

barışık ынтымактуу, өз ара түшүнүшкөн. ~ **renkler** бири-бирине жарашкан түстөр.

barışmak жарашуу, элдешүү.

barışsever тынчтыкты сүйгөн.

barıştırıcı элдештирүүчү, жараштыруучу.

barıştırmak элдештирүү, жараштыруу.

bari эң/эч болбосо, жок дегенде.

barikat, -tı баррикада.

bariton *муз.* баритон.

bariz ачык, даана, так.

bark, -kı : ev-bark үй-жай.

barmen бармен.

baro адвокаттар коллегиясы.

barok барокко. ~ **müzik** барокко музыкасы.

barometre барометр.

baron барон.

barones баронесса.

barut, -tu мылтык дарысы. ~ **fıçısı** дары сакталган куту. ~ **fıçısı gibi** жарылып кетчүдөй (*абалда*), чын тийбес. ~ **kesilmek/olmak** кыжыры кайноо, жинденүү. ~ **kokusu gelmek** согуш коркунучу пайда болуу. **~la oynamak** от менен ойноо.

bas *муз.* бас.

basamak 1. баскыч. **2.** *мат.* сандардын ирети (*ондук, жүздүк ж. б*). **3.***мат.* белгисиз теңдемеде эң жогорку даража. ~ ~ баскыч-баскыч. ~

yapmak илгерилөө, баскыч катары колдонуу.
bas : ~ ~ **bağırmak** бакырып-өкүрүү.
basbayağı жөпжөнөкөй, кадыресе, катардагы.
basen 1. *анат.* жамбаш. **2.** океандын 4000-5000 метрлик тереңдиги.
bası 1. басма. **2.** *полигр.* клише.
basık 1. жалпак, былчыйган, бучук (*мурун*). **2.** жапыз, бөксө (*тоо*). **3.** кысылган (*үн*).
basılı 1. басылган, жалпайган. **2.** басылган, жарыяланган.
basılmak 1. басылуу, жалпаюу. **2.** жарыялануу.
basım китеп чыгаруу, типография, басма иши. ~ **evi** басмакана.
basımcı типографист, басмаканачы.
basın басма сөз, пресса. ~ **ataşesi** басма сөз атташеси. ~ **toplantısı** пресс-конференция.
basınç басым.
basınçölçer басым өлчөгүч.
basil бацилла.
basiret,-ti көрөгөчтүк, даанышмандык, көсөмдүк. **~i bağlanmak** акылы мокоо, акылы/мээси жетпөө, түшүнө албоо.
basiretli көрөгөч, көсөм, даанышман.
basiretsiz акылы кыска, ою жок, санаасыз.
basit,-ti 1. жөнөкөй, карапайым, оңой, түшүнүүгө жеңил. **2.** жупуну. **3.** *өтм.* билимсиз, караңгы, тарбиясыз. ~ **cümle** жөнөкөй сүйлөм.
basitleşmek 1. жөнөкөйлөшүү, оңойлошуу. **2.** жупуну тартуу, көзгө комсоо көрүнүү.
basitleştirmek 1. жөнөкөйлөштүрүү, оңойлотуу. **2.** жупунулаштыруу.
basitlik,-ği 1. жөнөкөйлүк, жупунулук, оңойлук. **2.** караңгылык, түркөйлүк, тарбиясыздык.
basket,-ti (*баскетболдо*) урулган топ. ~ **yapmak** топ киргизүү.
basketbol, -lü баскетбол.
basketçi баскетболчу.
baskı 1. пресс, басуу, басма. **2.** тираж. **3.** басылыш. **4.** *өтм.* зордук, зомбулук, баскы, эзүү. **5.** (*кийимдин*) кайрылып тигилген каттамасы. **6.** чабуул, кол салуу. ~ **altında olmak** зомбулук алдында болуу. ~ **altında tutmak** баскы алдында кармоо. ~ **sayısı** тираж саны. ~ **yapmak 1)** зордуктоо, мажбурлоо. **2)** ...чы басылышы чыгуу (*мис. китептин/журналдын*).
baskın 1. баскын, басып калуу, үстүнөн түшүү. **2.** кол салуу, чабуул. **3.** күчтүү, мыкты, дурус. **4.** *биол.* доминант. ~ **çıkmak/ gelmek** кыйын чыгуу, артыкчылык көргөзүү. **~a uğramak 1)** баскынга/чабуулга учуроо. **2)** басылуу, бети ачылуу. **3)** күтүлбөгөн жерден конок келүү.
baskısız 1. укугу тепселбей, эркин (*жашоо*). **2.** тарбиясыз, адепсиз. ~ **büyümek** тарбия көрбөй чоңоюу.
baskül (*оор жүктөрдү тарткан*) тараза.
basma 1. басым. **2.** басма иши. **3.** чыт, чыттан тигилген. **4.** басылып чыгарылган (*китеп, газета, журнал ж. б.*). ~ **kalıbı 1)** басма калыбы/калып менен басылган. **2)** басмакалып, стереотип.~ **kalıp sözler** штамп, тарпы чыккан сөздөр.
basmak 1. басуу, жүрүү, кадам шилтөө. **2.** басуу, күч колдонуу. **3.** басуу, башталуу. **karanlık bastı** караңгылык басты. **uyku** ~ уйку басуу. **4.** *полигр.* басып чыгаруу. **5.** тебелөө. **6.** басып калуу, тинтүү жүргүзүү. **7.** (*жашка*) чыгуу, аяк басуу. **çocuk yedisine bastı** бала жетиге аяк басты. **8.** *арго* жоголуу, кетүү. **bas!** жогол! **9.** каптоо, басуу. **yollarını ot basmış** жолдорун чөп баскан. **10.** басуу (*мөөр, штамп*). **11.** *бир аракеттин ашыкча жасал-*

ганын көргөзөт. **kahkahayı ~** каткырып коё берүү.. **tokadı ~** жаактан ары берип калуу. **12.** (*жумуртка*) басуу. **13.** (*бир сезимдин*) таасиринде калуу. **kaygı ~** санаа басуу. **basıp geçmek 1)** басып өтүү, артта калтыруу. **2)** басып барбоо. **basıp gitmek** басып кетүү, кетип калуу. **bastığı yeri bilmemek** катуу сүйүнүү, буту бутуна тийбөө. **bastığı yerde ot bitmez** баскан жеринде чөп чыкпайт, кара жолтой.

Basra Басра (*Иракта*). **~ Körfezi** Басра булуңу.

basso *муз.* бас.

bastı басты (*түрдүү жашылчалардан, фарштан жасалган тамак).*

bastıbacak 1. буту кыска (*киши*). **2.** тентек (*бала*).

bastırmak 1. бастыруу. **2.** (*бир окуяга*) тоскоол болуу, алдын алуу. **3.** артыкчылык көргөзүү. **4.** (*кездеменин*) чекесин кайырып/бастырып тигүү. **5.** күтүлбөгөн жерден пайда болуу, басып калуу. **6.** башталып кетүү. **soğuk birden bastırdı** суук башталып кетүү. **7.** (*жумуртка*) бастыруу. **8.** күч көргөзүү, мажбурлоо, зордуктоо.

baston чыбык, таяк. **~ francala** ичке узун француз наны. **~ yutmuş gibi** казык жутуп алгансып *(какайып баскан / турган киши)*.

basur *мед.* геморрой.

baş 1. баш. **2.** башчы, лидер. **3.** башталыш. **4.** негиз. **5.** баш жак, чоку, төбө. **6.** уч, аягы-башы. **7.** даана, баш. **on ~ koyun** он баш кой, **beş ~ soğan** беш баш пияз. **8.** (*бир нерсенин*) айланасы, тегереги. **havuz ~ı** көлмөнүн башы. **9.** башкы, негизги. **başbakan** премьер-министр. **başhekim** башкы врач. **10.** (*күрөштө*) эң жогорку даража. **11.** ар бири. **kişi ~ına** киши башына. **12.** (*бир нерсенин*) эң алдынкы учу. **teknenin ~ı** кеменин башы. **~ında 1)** тегерегинде. **2)** колунда, багуусу алдында. **saat ~ı** саат сайын. **~ından 1)** башынан. **2)** жанынан. **başımdan git!** жолобо жаныма. **~ta** эң башта, баарыдан мурун. **~ı açık** башы ачык. **~ı açılmak** чачы түшүү, таз болуу. **~ ağrısı 1)** баш оорусу. **2)** түйшүк, убара, санаа. **~ ağrısı olmak** башын оорутуу, убара кылуу. **~ını alamamak** башы/колу бошобоо. **~ını alıp gitmek** чыгып кетүү, качып жоголуу. **~ının altından çıkmak** (*бирөөнүн*) башынан чыгуу, ою/планы/уюштуруусу менен болуу. **~ aşağı** аягын башына каратып. **~tan aşağı** баштан ылдый. **~tan aşağı gitmek** жолу болбоо, иши тескери кетүү. **~ından aşağı kaynar sular dökülmek** баштан ылдый кайнак суу төгүп жибергендей болуу, күтүлбөгөн окуяга туш келүү. **(işi) ~ından aşkın** иши чачтан көп. **~ından atmak 1)** эсинен/оюнан чыгаруу. **2)** кутулуу. **~tan ayağa kadar** баштан-аяк, бүтүндөй. **~ını bağlamak** баш байлоо, үйлөнтүү. **~ı bağlı 1)** башы бош эмес, үй-бүлөлүү. **2)** башына жоолук салынган. **~a baş** тепетең, чак, туура. **~a baş gelmek 1)** чак келүү. **2)** тең чыгуу (*оюнда*). **~ başa** жекеме-жеке. **~tan başa** баштан аяк, толугу менен. **~ başa kalmak** жекеме-жеке калуу. **~ başa vermek** *(бир канча киши)* кеңешип иш кылуу. **~ında beklemek** башында туруу, көзөмөлгө алуу. **~ belâsı** башынын балаасы. **~ı belâya girmek** башы балаага туш болуу. **~ına belâ kesilmek** башына балаа болуу. **~ı belâda olmak** башына кыйынчылык түшүү. **~ını belâya sokmak/uğratmak** башын балаага калтыруу. **~ımla beraber** жандилим менен. **~ına bir hâl gelmek**

башына бир иш түшүү. **~ını bir yere bağlamak** (*бирөөнү*) турук алдыруу, ишке киргизүү. **~ına bitmek** (*бирөөгө*) жабышып алуу, тажатуу. **~ını boş bırakmak** кароосуз/жалгыз калтыруу. **~ta/~ında bulunmak** башында туруу. **~ına buyruk 1)** сөз укпаган, көк, кежир. **2)** өзүмбилем, эркин. **~ı bütün** жубайы тирүү, башы бүтүн. **~ından büyük işlere girişmek/ kalkışmak** колунан келбеген ишке киришүү. **~ına çal!** *орой* башыңа кийип ал! (*бир буюмду кайра берүүгө мажбурлаганда айтылат*). **~ının çaresine bakmak** башына келгенди көрүү. **~ı çatlamak** башы сынуу (*ооруу*). ~ **çekmek 1)** демилгечи болуу. **2)** (*оюнду*) башкаруу. ~ **çevirmek** баш тартуу. **~ına çıkarmak** башына чыгаруу. **~tan çıkarmak** азгыруу, жаман жолго түртүү. **~a çıkmak** башына чыгуу, бийлеп алуу. **~tan çıkmak** бузулуу, жаман жолго түшүү. **~ına çorap örmek** чагым салуу, тузак куруу. **~ı darda** муктаждык ичинде болуу, акчадан кыйналган. **~ı dara düşmek** башына кыйынчылык келүү. **~ına dert açmak** башына балаа ачуу. **~ının derdine düşmek** өз башынын айласын таппай калуу. **~ına dert etmek** оюнан кетпөө, санааркоо. **~ına devlet kuşu konmak** башына дөөлөт кушу конуу. **~ını dik tutmak** башын тик тутуу, моюн бербөө. **~ına dikilmek** тиктеп туруп алуу. **~ının dikine gitmek** өжөрлөнүү, көшөрүү**.** ~**ına dikmek** (*бирөөнү*) башына коюп коюу. **~ı dinç** бейкапар, жаны тынч. **~ını dinlemek** башын эс алдыруу, мээсин сергитүү. **~ına dolamak** (*бир нерсени*) жабыштыруу. ~ **döndürücü 1)** баш айландыруучу. **2)** таң каларлык, укмуштай. **~ı dönmek** башы айлануу. ~ **dönmesi** баш айланма. **~ını dövmek** башын койгулоо. **~ı dumanlı 1)** чокусун туман баскан (*тоо*). **2)** ичиликтен/кубанычтан мас болгон (*киши*). ~ **edememek** тыя албоо, күчү жетпөө. ~ **eğmek 1)** баш ийүү, жүгүнүү. **2)** *өтм.* баш ийүү, моюн сунуу. ~ **eğmez** баш ийбес, эр көкүрөк. **~ının etini yemek** жанын койбоо, мээсине чай кайнатуу. **~ını ezmek** тынчытуу, зыянсыз кылуу. **~ına geçirmek** 1) башына кийүү. **2)** башка уруу. **~a geçmek** башчылык кылуу, көзөмөлгө алуу. **~ından geçmek** башынан өтүү. **~a gelen çekilir** башка түшсө, айла жок. **~ına gelen pişmiş tavuğun başına gelmedi** башынан эмнелер өтпөдү. **~ta gelen** алдыңкы, мыкты. **~a gelmeyince bilinmez** *мак.* баштан өтмөйүнчө билинбейт. **~ta gitmek** алдыда болуу, башчылык кылуу. **~ı göğe değmek/ ermek** төбөсү көккө жетүү. ~ **göstermek** пайда болуу, көрүнө калуу (*окуялар, кубулуштар*). ~ **göz etmek** үйлөнтүү. **~ının gözünün sadakası** башы-көздөн садага. **~ını gözünü yarmak 1)**башы-көзүн жарып алуу. **2)**(*бир ишти*) ойрон кылуу. **~a güreşmek** *спорт* баш байге үчүн күрөшүү. **~ı havada** *өтм.* көөдөнү көктө. **~ı havalanmak** (*сүйүнгөндөн*) учуп калуу. **~ı hoş olmak** кең-кесири жашоо. **~ı için** бирөө үчүн. **~tan inme** көктөн түшкөндөй. **~ını istemek** башын суроо, өлүмүн тилөө. **~ına iş açmak 1)** башына иш ачуу. **2)** (*бирөөнү*) санааркатуу. **~a kaka kaka anlatmak** башка-көзгө койгулап түшүндүрүү. **~ı kalabalık** башында сагаалагандар/тегерек-тегендер көп. ~ **kaldırmak** баш көтөрүү. ~ **kaldırmamak** баш көтөрбөй иштөө. ~ **kaldıramamak**

башын көтөрө албоо (*оорулуу*). **~ına karalar bağlamak** кайгы тартуу, аза күтүү. **~ını kaşımaya eli değmemek/vakti olmamak** башын тырмаганга убактысы болбоо. **~ında kavak yelleri esmek 1)** башында шамал ойноо, ойнопкүлүп убакыт өткөрүү. **2)** куру кыялдарга батуу. **~ı kazan gibi olmak** башы казандай болуу. **~ım kel mi benim**? менин эмнем кем? **~ını kesmek** (*бирөөнүн*) башын кесүү. **~ına kına yakmak 1)** чачына хна сүйкөө. **2)** сүйүнүү, төбөсү көккө жетүү. **~ komak/koymak 1)** баш коюу, киришүү. **2)** өзүн (*бир нерсеге*) арноо. **3)** макул болуу. **~ından korkmak** өз жанынан коркуу, өз башын ала качуу. **~köşe** *к.* **başköşe. ~ını kurtarmak** өз башын куткаруу. **~ı nara yanmak** (*бирөөнүн айынан*) зыян тартуу. **~ nereye giderse, ayak da oraya gider** *мак.* мурунку көч кайда барса, кийинки көч да ошол жакка барат. **~ından nikah geçmek** мурун үйлөнгөн (*турмушка чыккан*). **~ ol da, istersen eşek başı ol** эшек башы болсоң да болгондой бол. **~ olmak 1)** (*бир жерге*) башчы болуу. **2)** (*бир иштен*) майнап чыгаруу. **~ını ortaya koymak** башын ортого коюу, өз жанын тобокелге салуу. **~ı önünde** жоош, момун, эч нерсеге көз артпаган. **~ına patlamak 1)** (*жагымсыз окуя)* башына түшүү. **2)**иштин баары (*бирөөнүн*) башына үйүлүп калуу. **~ sağlığı** көңүл айтма. **~ sağlığı dilemek** көңүл айтуу. **~ınız sağ olsun** (*көңүл айтуу*) арты кайрылуу болсун (*сөзм. с.* башыңыз аман болсун). **~ sallamak** баш ийкөө. **~ına sarmak** (*бирөөнүн*) башына иш ачуу, жоопкерчилик жүктөө. **~tan savma** жүр нарыга салуу, эптеп кутулуунун айласын кылуу. **~ından savmak** бир шылтоо айтып (*бирөөнүн*) өтүнүчүнөн баш тартуу. **~ı sıkılmak** кыйын абалда калуу. **~ı sıkışmak** үстүнө иш үйүлүп калуу. **~ı sıkıya gelmek 1)** кыйынчылыктардан шайы оо. **2)** башына коркунуч келүү. **~ını sokacak yer** баш калкалай турган жер. **~ tacı 1)** таажы. **2)** өтө урматталган, сыйлуу (*киши*). **~ tacı etmek/~ına tac etmek** башына туу кылуу, ардактоо. **~ını taştan taşa vurmak** башын ташка койгулоо. **~ına teller takınmak** катуу сүйүнүү. **~tan tırnağa** башынан (*чачынан*) тырмагына чейин. **~ı tutmak (***ызы-чуудан***)** башы ооруп чыгуу. **~ ucu** жаны, жакыны. **~ ucunda** (*оорулуунун*) төшөгүнүн башында, жанында. **~ını uçurmak** башын учура коюу. **~ım üstüne!** жарайт! макул! жандилим менен! **~ı üstünde taşımak/ tutmak** катуу сыйлоо, кадырлоо. **~ı üstünde yeri olmak** ар дайым урмат, сыйга ээ болуу. **~ üstüne!** жарайт! **~ını ütülemek** тилдөө, жемелөө. **~ vermek 1)**(*сыздоок*) толуп чыгуу. **2)** (*эгин*) баш алуу. **3)** (*кемени/ кайыкты*) буруу. **~ vurmak 1)** кайрылуу, арыз берүү, жардам суроо. **2)** (*бир нерседен*) пайдалануу. **3)** (*балык*) торго/кайырмакка түшүү. **~ına vurmak 1)**(*ичкилик*) эңги-деңги кылуу, башына чыгуу. **2)** (*ысык*) башына өтүү. **~ına vur, ağzından lokmasını al** башка чапсаң кыңк этпес, жоош, момун *(киши)*. **~ını yakmak** (*бирөөнүн*) башына балаа алып келүү. **~ı yastık yüzü görmemek** уйку бетин көрбөө. **~ yemek** негизги тамак. **~ını yemek** башын жеш, өлүмүнө себеп болуш. **~ına yıkmak 1)** ойронун чыгаруу. **2)** (*бир ишти*) бирөөгө жаап/түртүп

салуу. **~ı yukarıda 1)** кекирейген, текебер. **2)** уялбас, тартынбас, тайбас. **~ına zindan etmek** (*бирөөнүн*) көргөн күнүн көр кылуу.

başak машак, баш, дан. **~ bağlamak** (*эгин*) баш / дан алуу.

başaklanmak баш алуу, дан байлоо.

başarı ийгилик, артыкчылык. **~ belgesi** артыкчылык белгиси. **~ göstermek** артыкчылык көргөзүү.

başarılı ийгиликтүү.

başarısız ийгиликсиз.

başarısızlık,-ğı ийгиликсиздик,колдон келбестик, жолсуздук.

başarmak ишке ашыруу, орундатуу, аткаруу.

başasistan баш ассистент.

başat, -dı өкүм, бийлеген, башкарган.

başbakan премьер-министр. **~ yardımcısı** вице-премьер.

başbakanlık 1. премьер-министрлик (*кызматы жана милдети*). **2.** өкмөт үйү.

başbuğ 1. (*байыркы түрктөрдө*) кол башчы. **2.** *тар.* тандалма отряддын командири.

başçavuş *аск.* старшина.

başçık,-ğı *бот.* гүлдөрдүн эркектик органдарындагы гүл чаңы баштыкчасы.

başgarson баш официант.

başhekim баш доктур.

başhemşire баш медсестра.

başheykeli, -ni бюст.

başıboş 1. (*бирөөгө*) көз каранды болбогон, эркин. **2.** байланбаган, бош (*айбандар*). **3.** *өтм.* башкаруусуз, көзөмөлсүз, тартипсиз. **~ bırakmak 1)** ээн-жайкын коюу, каалаганын жасатуу. **2)** байлабоо, бош коюу (*айбандарды*). **~ kalmak** койай деген болбоо, эркинче болуу.

başıboşluk,-ğu көзөмөлсүздүк, тартипсиздик, бейбаштык.

başıbozuk,-ğu 1. аскерлердин арасындагы штат адамы. **2.** анархист. **3.** ачылган-чачылган, чаташкан абал.

başıkabak 1. таз. **2.** башын жылтырата кырдырган (*киши*).

başka 1. башка, бөлөк, бөтөн. **2.** башкача, бөтөнчө, бөлөкчө. **3. (-dan ~)** мындан башка, муну менен катар, ошону менен бирге эле. **~ ~** башка-башка, өз-өзүнчө. **~ biri** башка бирөө. **~ işi yok mu?** башка иши жокпу?

başkahraman баш каарман.

başkalaşım *геол.* метаморфизм.

başkalaşma 1. *биол.* метаморфоза. **2.** өзгөрүү.

başkalaşmak 1. өзгөрүүгө учуроо, көзгө жат болуу. **2.** *өтм.* начардоо.

başkaldırı, **başkaldırma** баш көтөрүү, козголоң, көтөрүлүш.

başkalık 1. башкалык, өзгөлүк, бөтөндүк. **2.** өзгөрүү, өнүгүү.

başkan 1. башчы, шеф, төрага. **2.** президент.

başkanlık 1. президенттик (*кызмат, милдет*). **2.** президенттик аппарат. **~ etmek** башчылык кылуу, башкаруу.

başkası, -nı башкасы.

başkent, -ti баш калаа, борбор.

başkişi *ад.*баш каарман.

başkomutan башкы командачы.

başkonsolos баш консул.

başkonsolosluk башкы консулдук.

başkoşul башкы талап.

başköşe төр *(үйдө).*

başkumandan *аск.* баш командачы.

Başkurt башкыр.

Başkurtça 1. башкыр тили, башкырча. **2.** башкырларга мүнөздүү, башкырларча.

başlâhana *бот.* капуста түрү (*Brassica oleracea*).

başlamak баштоо. **başlama!** баштаба! (*жеме*).

başlangıç 1. башталгыч, башталыш, старт. **2.** *ад.* кириш сөз. **~ noktası** башталыш чекити.

başlanmak 1. башталуу. **2.** баш/ дан алуу (*өсүмдүктөр*).
başlatmak баштатуу.
başlı баштуу. ~ **başına** өзүнчө эле ..., тим эле ... **onun yemek yemesi ~ başına bir sorun** анын тамак жеши өзүнчө эле азап.
başlıca башкы, маанилүү, негизги.
başlık 1. баш кийим. **2.** каска, туулга, шлем. **3.** башчы, башкарма, бийлик, төбөл. **4.** тема, ат. **5.** *архит.* капитель. **6.** *полигр.* калып, клише. **7.** *этн.* калың. ~ **atmak/koymak** тема коюу. ~ **vermek** калың берүү.
başmakale баш макала
başmakçı 1.өтүкчү. **2.** *(жаамиде)* чечилген бут кийимдерди караган киши.
başmal *экон.*негизги капитал.
başoda төркү үй.
başoyuncu *кино, театр* баш(кы) оюнчу, баш артист.
başöğretmen *эск.* (*башталгыч класстарда*) директор.
başörtü,-yü, başörtüsü, -nü жоолук.
başörtülü жоолукчан.
başparmak баш бармак.
başrol, -lü баш роль.
başsavcı баш прокурор.
başsayfa титул барагы (*китептин)*.
başşehir , **-hri** баш калаа, борбор.
baştankara 1. *зоол.* чоң көк чымчык (*Parus maior*). **2.** *өтм.* тобокелчи (*киши*).
başvekil *к.* **başbakan**.
başvurmak кайрылуу, арыз берүү. **öğrenci işlerine başvurun** окуу бөлүмүнө кайрылыңыз.
başvuru кайрылуу, арыз.
başyapıt,-dı 1. (*бирөөнүн*) негизги чыгармасы. **2.** шедевр.
başyaver баш адъютант.
başyazar баш(кы) редактор.
başyazı баш макала.
batak 1. саз. **2.** (*мончодо*) бассейн. **3.** *өтм.* бузулган, азган-тозгон. **~a saplanmak 1)** кыйын абалда калуу. **2)** токтоп калуу, тоскоолго учуроо (*проект*).
batakçı 1. карыз төлөбөөнү көнүмүшкө айландырган. **2.** ысырапкор.
batakhane 1. ууру-кескилердин уюгу. **2.** иши жүрбөгөн мекеме.
bataklık,-ğı 1. саз. **2.** *өтм.* ахлаксыз, бузулган чөйрө, уюк. ~ **gazı** метан.
batarya 1. *аск.* батарея. **2.** *элек.* батарея.
bateri *муз.* оркестрдеги урма аспаптар ансамбли.
baterici *к.* **baterist**.
baterist, -ti добулбасчы, батерист.
batı I 1. батыш. **2.** батышка байланыштуу/мүнөздүү. **3.**Батыш, Европа жана Түндүк Америка. ~ **ülkeleri** Батыш өлкөлөрү. ~ **bloku** Батыш блогу.
batı II батыш (*багыт*). **Kuzey** ~ түндүк батыш. **güney** ~ түштүк-батыш.
batıcı батыш жактоочусу, батыштыктарды туураган.
batık 1. чөккөн (*кеме*). **2.** суу баскан (*жер*). **3.** чүңүрөйгөн, ичине кирген (*көздөр*). **4.** *өтм.* сабыры суз, көңүлү чөккөн (*киши*).
batıl 1. жалган, ойдон чыгарылган, жасалма. **2.** пайдасыз, туура эмес. ~ **inanç** ырым-жырымдар. ~ **inançlı** ырым-жырымдарга ишенген (*киши*).
batılı 1. батыш өлкөлөрүнүн журтташы. **2.** батыш маданиятын жактырган/жактаган (киши).
batılılaşmak батышташуу, батышка ылайыкташуу, батышты тууроо.
batılılaştırmak батышташтыруу, батышка ылайыкташтыруу.
batın,-tnı *эск.* **1.** карын, курсак, жатын. **2.** муун, тукум. **iki** ~ **evvel** эки муун мурун. **bir** ~ **üç çocuk doğurdu** бир жатындан үч бала төрөлдү.
batırmak 1. чөктүрүү (*кемени*), каптатуу. **2.** матыруу, малуу. **3.** саюу (*бычакты, кылычты ж. б.*). **4.** (*ишти, акчаны*) ойрондотуу, чы-

гашага учуратуу, банкротко алып баруу. **5.** кирдетүү, чачуу (*үйдү, кийимди*). **6.** *өтм.* (*бирөөнү*) жаманатты кылуу.

batik,-ği (*кездеме, тери, кагаз*) кооздоодогу ыкма.

batkı банкрот, батуу, чөгүү, бүлгүн.

batkın чыгашага учураган, банкрот болгон, карызга баткан (*киши*).

batmak 1. чөгүү (*кеме*). **2.** батуу (*Күн, Ай*). **3.** (*чыгашага, карызга*) батуу, банкрот болуу. **4.** сайылуу (*ийне, кылыч, бычак*). **5.** кирдөө. **üstümbaşım battı** үстү-башым кирдеди. **6.** көңүл оорутуу, катуу тийүү. **7.** чүңүрөйүү, ичине кирүү (*көздөр*). **8.** кулоо, бийлигинен ажыроо (*мамлекет, өкмөт*). **bata çıka** жыгылып-кооп, илкип-калкып. **battı balık yan gider** болору болду, боёсу канды.

batonsale *туздуу камырдан жасаган узун чыбык түрүндөгү нан.*

battal 1. ишке жарабаган, колдонулбаган. **2.** опсуз чоң, опсуз узун. ~ **boy** опсуз чоң, колдонууга ыңгайсыз. ~ **etmek** колдонуудан чыгаруу, ыргытып ийүү.

battaniye одеяло.

batur баатыр.

bavul жол сумкасы, чоң сумка. ~ **ticareti** *аз өлчөмдө жасалган бажысыз жана салыксыз эл аралык соода түрү.*

Bavyera Бавария.

Bavyeralı 1. баварилык. **2.** Баварияга тиешелүү/мүнөздүү.

bay мырза (*кайрылуу*). **~ım** мырзам. **evet, ~ım** куп болот, мырзам.

bayağı 1. жөнөкөй, катардагы, карапайым. **2.** одоно, уятсыз, адепсиз. **3.** сапаты начар, жупуну, орой. **4.** кадимки, адаттагы. **5.** бир далай, бир топ, чынында. ~ **kanacak gibi oldum** бир далай азгырылып барып токтодум. **6.** (*ботаникалык, зоологиялык аттарда*) кадимки. ~ **ardıç** кадимки арча. ~ **gün** апта ичиндеги күндөр. ~ **kabak** кадимки ашкабак. ~ **kara kurbağası** кадимки бака. ~ **kaçmak** (*сөз, мамиле, кийим*) жарашпоо, ылайыксыз/орунсуз болуу. ~ **kesir** *мат.* жөнөкөй бөлчөк.

bayağılaşmak жөнөкөйлөшүү, карапайым тартуу, ороилонуу.

bayağılık 1. жөнөкөйлүк, жупунулук, одонолук. **2.** ороилук, уятсыздык, адепсиздик. **3.** начар сапат. ~ **etmek** ороилук/адепсиздик кылуу.

bayan 1.айым (*кайрылуу*). **2.** аял.

bayat 1. эскирген, каткан, бузулган (*тамак-аш*). **2.***өтм.* эскирген, актуалдуулугун жоготкон (*кабар, окуя*).

bayatlamak эскирүү, катуу, бузулуу (*тамак-аш*).

baygın 1. эси оогон, эсин жоготкон, талып калган. **2.** сүзүлгөн, кылгырган (*көз караш*). **3.** алсыз, чарчаңкы (*көрүнүш*). **4.** мас кылган, аңкыган (*жыт*). **5.** ышкысы түшкөн, кумар болгон. **6.** солуган (*өсүмдүк*). ~ **düşmek** эси ооп калуу, талып калуу.

baygınlaşmak 1. эси оо, талып калуу. **2.** сүзүлүү, кылгыруу (*көз караш*).

baygınlık,-ğı 1. эсин жоготуу, талма. **2.**алсыздык, чарчоо, мууну бошток. **3.** сүзүлгөн, кылгырган (*көз караш*). **4.** солуган абал (*өсүмдүктөрдө*). ~ **geçirmek** эси оош, эсин жоготуш. ~ **gelmek** зериктирүү, тажатуу.

baygıntı 1.*к.* **baygınlık**. **2.** жибек курттун оорусу.

bayılmak 1. эси оо, эстен тануу, талып калуу. **2.** *өтм.* абдан жактыруу, талып калуу, эси ооп калуу. **3.** солуу (*өсүмдүктөр*). **4.** *арго* төлөө, карызын берүү. **bayıla bayıla** куштарлана, таңыркай, кызыгуу менен.

bayıltıcı 1. эстен тандырган, эсин жоготтурган (*дары*), наркоз, анестезия. **2.** *өтм.* эстен тандырган, катуу таасир берген.

bayıltmak 1. эстен тандыруу, эсин жоготтуруу, наркоз берүү. **2.** *өтм.* жагымдуу таасир берүү, таң калтыруу, суктандыруу.

bayındır гүлдөгөн, өркүндөгөн, өнүгүп өскөн.

bayındırlık,-ğı 1. гүлдөгөн/ өркөнү өскөн жыргаган абал. **2.** коммуналдык чарба иштери. ~ **Bakanlığı** Коммуналдык Чарба Министрлиги.

bayır бөксө, адыр, кыр. ~ **aşağı** жон ылдый, кыр ылдый. ~ **turpu 1)** түрп (*Cochlearia armoracia*). **2)** *өтм.* орой, адепсиз (*эркек*).

bayi,-i 1. сатуучу. **2.** (*белгилүү компаниялардын товарын белгилүү аймакта сатууга уруксаты болгон*) майда соода түйүнү.

bayilik 1. (*белгилүү товарларды*) сатуучу жер. **2.** (*белгилүү компаниялардын*) сатыш түйүнү.

baykuş *зоол.* үкү. ~ **gibi** каражолтой.

bayrak 1. байрак, туу, желек. **2.** *өтм.* жолбашчы. **3.** *өтм.* өрнөк, символ. ~ **açmak 1)** туу көтөрүү. **2)** көңүлдүү аскер топтоо. **3)** козголоң чыгаруу, каршы чыгуу. **~ları açmak** ызы-чуу салуу, (...-ны) төбөсүнө көтөрүү. ~ **çekmek/asmak** туу көтөрүү. ~ **direği** туунун сабы. **~ı indirmek** туу түшүрүү. **~ı yarıya indirmek** (*аза күтүү учурунда*) тууларды жарымына түшүрүү. ~ **töreni** туу көтөрүү салтанаты. ~ **yarışı** *спорт* эстафета.

bayraktar 1. туу көтөргөн (*киши*). **2.** (*согушта*) колбашы.

bayraktarlık,-ğı жолбашчылык, лидерлик. ~ **etmek** жол башчылык/көсөмдүк кылуу, жол көрсөтүү. **~ını yapmak** (*бир иште*) алдыда болуу, жол көрсөтүү.

bayram 1. майрам, айт. **2.** кубаныч, сүйүнүч. **3.** өзгөчө маанилүү күн. ~ **arifesi** арапа, майрамдан мурунку күн. **~dan bayrama** майрамдарда гана. **~ın ertesi** майрамдын эртеси. ~ **etmek/yapmak 1)** майрамдоо. **2)**майрамга күн кошуп коюу. **3.**жыргоо, ырахаттануу. ~ **havası** майрамдык маанай. **~ınız kutlu/ mübarek olsun!** майрамыңыз куттуу/маарек болсун. **~da seyranda** анда-санда. ~ **namazı** айт намазы. ~ **şekeri** майрам конфети. ~ **tebriği** майрамдык куттуктоо. ~ **topu** (*диний майрамдардын башталганын билдирген*) замбирек атышы. ~ **üstü** майрамдын алдында. ~ **yeri** майрам күндөрү оюн курулган жер. ~ **ziyareti** майрамда жасалган зыяраттар.

bayramlaşmak өз ара куттукташуу.

bayramlık,-ğı 1. майрамда колдонулган, майрамга мүнөздүү. **2.** майрамдык белек. ~ **ağız** *арго* сөгүнүү. ~ **ağzını açmak** сөгүнүү, орой/ оргу-баргы сүйлөө.

baytar мал доктур, ветеринар.

baz 1. база, базис. **2.** *хим.* негиз. **3.***өтм.* таман, жер.

bazan *к.* **bazen**.

bazen кээде, кез-кезде, анда-санда, кай/кээ бирде.

bazı 1. айрым, кээ бир. **2.** кээде, айрым учурда, кез-кезде. ~ ~ мурун кийин, анда-санда. **~ları/~sı** айрымдар, кээ бирөөлөр.

bazilika 1. король сарайы. **2.** Базилика, Рим соту. **3.** *тар.* чиркөө.

bazlama, **bazlamaç 1.** калың калама. **2.** (*вареньелүү*) оладьи.

bazuka *аск.* ракета аткыч.

be ой, ай, дейм (*нааразы болуу, наалуу үчүн колдонулган сырд. с.*). **neredesin ~!** кайдасың ой! **yapma ~!** антпечи эй! антпе дейм! **2.** *өтм.*

haydi ~! бол эми! **ne ettik ~!** эмне кылып коюптурбуз!

bebe, bebek 1. ымыркай, жаш бала, бөбөк, наристе. **2.** куурчак. ~ **beklemek** боюнда бар, бой кат (*болуу*). ~ **gibi** бала жүздүү, сүйкүмдүү (*аял*).

bebekleşmek эркелөө, бала кыял болуу.

bebeklik, -ği 1. ымыркайлык, наристелик. **2.** жаш бала сыяктуу кыялдар. ~ **etmek** бала кыялдык кылуу.

becayiş *тар.* кызмат алмаштыруу, орун алмаштыруу.

becelleşmek (*бири-бири менен*) талашуу, арыздануу.

beceri 1. жөндөм, талант, эп. **2.** *спорт* шык, ийкем.

becerikli жөндөмдүү, таланттуу, эптүү, шыктуу, ийкемдүү.

beceriksiz жөндөмсүз, шыксыз, эпсиз, ийкемсиз.

becermek 1. колунан келүү, күчү жетүү, аткара алуу, орундатуу. **2.**кыйратуу, ойрондотуу, бузуу. **3.** *арго* зордуктоо (*аялды*). **4.** *арго* көзүн тазалоо, өлтүрүү.

bedava бекер, акысыз. **~dan/~sına** бекер. **~ya** бекер, бекер катары. ~ **sirke baldan tatlı** *мак.* бекер уксус балдан таттуу. **~dan ucuz** текейден арзан.

bedavacı бекерчи, жатып ичер, жанбакты.

bedbaht бактысыз, каражолтой, бейтаалай.

bedbahtlık, -ğı бактысыздык, таалайсыздык.

bedbin пессимист , кайгыбаш.

bedbinlik пессимизм, кайгыбаштык.

beddua каргыш. **~sını almak/~sına uğramak** каргышына калуу. ~ **etmek** каргоо. **~sı tutmak** каргышы кабыл болуу.

bedel 1. бедел, нарк, баа. **2.** эквивалент. **3.** тең, барабар. **4.** аскерлик кызмат ордуна төлөнгөн акча. **5.** бирөөнүн ордуна Меккеге ажылыкка барган киши.

beden 1. дене. **2.** тулку (*баш, кол, буттан башка*). З. чептин дубалы. ~ **cezası** таяк, балак. ~ **eğitimi** дене тарбиясы.

bedenen 1. денеси/тулкусу менен, физикалык түрдө. **2.** жекече, жеке өзүнө, керт башына.

bedenî,**bedensel** денеге байланыштуу, физикалык, соматикалык.

bedesten *кымбат баалуу буюмдар сатылган жабык базар.*

bedevî 1. бедөө, бедуин, көчмөн арап. **2.** көчмөн. **3.** бедеви сектасына тиешелүү дервиш.

begonya *бот.* бегония (*Begonia*), декорация өсүмдүгү.

beğendi бегенди (*баклажандан жасалган тамак)*.

beğeni 1. табит. **2.** жактыруу. **3.** сулуулук түшүнүгү.

beğenilmek жактырылуу, сүйүлүү, артыкчылык берилүү.

beğenmek 1. жактыруу, артык көрүү, мыкты деп табуу, рахат алуу. **2.** тандоо. **beğenemedim** жактырбадым, тандай албадым.

beher ар бир. **~i** ар бири. **~ine** ар кимисине.

beis, -e'si 1. тоскоол, жолтоо. **2.** *эск.* жамандык, зыян, залал. ~ **görmemek** зыян тартпоо, жамандык көрбөө. ~ **yok** зыян жок.

bej беж, саргыч-күрөң (*түс*).

bek бек, *ооз.* бек, катуу, серт.

bekâr 1. бойдок (*турмушка чыкпаган, үйлөнбөгөн*). **2.** үй-бүлөсүнөн башка жашаган. **3.** жубайы өлгөн же ажырашкан. ~ **odası** бойдокторго берилген үй.

bekâret, -ti 1. кыздык, кыздык белги. **2.** тазалык, аруулук. **3.** табигыйлык, нукуралык.

bekârlık,-ğı бойдоктук. ~ **sultanlık** бойдоктук-султандык.

bekçi кароолчу, нөөмөтчү, сакчы. ~ **köpeği** кароолчу ит.
bekçilik,-ği кароолчулук, сакчылык. ~ **etmek** кайтаруу.
bekleme күтмө. ~ **odası/salonu** күтүү бөлмөсү/залы.
beklemek 1. күтүү. **2.** кароолдоо, күзөтүү. **3.** үмүт этүү.
beklenmedik капысынан, күтүлбөгөн жерден.
beklenmek күтүлүү.
beklenti күтүлгөн/үмүт кылынган (*нерсе, окуя)*.
bekleyiş күтүш.
bekri 1. аракеч, алкоголик. **2.** мас, кызуу.
bel I 1. бел (*кишинин, айбандын*). **2.**бел (*тоонун*). **3.** (*кеменин*) ортоңку бөлүгү. **4.** сперма. ~ **ağrısı** бел оорусу. ~ **bağı** белбоо. ~ **bağlamak** бел байлоо. ~**ini bükmek** белин бүгүү, карытуу, кыйын абалда калтыруу. ~**ini doğrultmak** белин түзөө, ишин (*кайрадан*) оңоо. ~**i gelmek** белинен суу келүү. ~ **gevşekliği** *мед.* бели бошоо, жыныстык күчтүн жоголушу. ~ **kemiği 1)** *анат.* омуртка, бел сөөгү. **2)** *өтм.* (*бир нерсенин*) эң негизги бөлүгү, тирөөчү, түркүгү. ~**ini kırmak** *өтм.* (*бирөөнүн*) белин сындыруу, мукуратуу, дарманын кетирүү. ~ **soğukluğu** *мед.* гонорея, триппер. ~ **vermek** бел болуу, колдоо.
bel II күрөк. ~ **bellemek** күрөк менен казыш.
bel III: ~ ~ **bakmak** аңырайып/аңкайып кароо.
belâ балаа, балакет, каргаша. ~ **aramak** (*чатак үчүн*) шылтоо издөө. ~**sını bulmak** тиешелүү жазасын алуу. ~**ya çatmak /düşmek/girmek/uğramak** балаага калуу, балакетке учуроо. ~**sını çekmek** азабын/жазасын тартуу. ~ **geliyorum demez** *мак.* кырсык келатам дебейт. ~ **okumak** (*бирөөнү*) каргоо. ~**yı satın almak** билип туруп бир балаага туш болуу. ~**yı savmak** балаадан кутулуу. ~**ya sokmak** балаага калтыруу.
belâgat,-tı 1. *эск.* чечендик. **2.** *эск.* сөз санаты, риторика.
belâlı 1. балакеттүү, балаалуу. **2.** чатак, чыр, бейжай. **3.** тажатуучу, түйшүктүү, убарасы көп (*иш*).
Belçika Бельгия.
Belçikalı 1. бельгиялык. **2.** Бельгияга мүнөздүү/ тиешелүү.
belde *эск.* **1.** шаар. **2.** *өтм.* мекен, чөйрө, жер.
belediye 1. (*райондук, шаардык*) акимчилик. **2.** акимчилик имараты, акимият. ~ **başkanı** аким.
belermek акшыюу (*көздөр*).
beleş *арго* бекер, акысыз. ~**ten** бекер жерден. ~**e konmak** бекер жерден ээ болуу.
beleşçi бекерге конгон, мите, бекерпоз.
belge белге, документ, сертификат. ~ **almak** (*эки жыл ордунда калган окуучуну*) окуудан чыгаруу.
belgelemek, belgelendirmek белгеге/документке/фактыга таёо.
belgeli 1. белгеси/документи бар, документал(дык). **2.** окуудан чыгарылган (*окуучу*).
belgesel 1. документал(дык). **2.** *кино* документал(дык) фильм.
belgi белги.
belgisiz белгисиз. ~ **adıl** *грам.* белгисиз ат атооч. ~ **sıfat** *грам.* белгисиз сын атооч.
belgit 1. документ, ишеним кат, тилкат. **2.** далил, күбө.
belirgin ачык, даана, белгилүү, так.
belirlemek 1. белгилөө. **2.** аныктоо, чектөө.
belirleyici белгилөөчү, мүнөздөөчү, аныктоочу.
belirli 1. белгилүү, дайындуу, мүнөздүү, тийиштүү. **2.** аныктоо, так. ~ **belirsiz** билинер билинбес, белгилүү

белгисиз.

belirmek 1. белгилүү болуу, аныкталуу, пайда болуу. **2.** (*ой, пикир, сунуш*) жаралуу, туулуу. **3.** ачык көрүнүү, даана билинүү.

belirsiz 1. белгисиз, аныкталбаган, түкшөмөлдүү. **2.** тааныш эмес, дайынсыз.

belirsizlik белгисиздик, дайынсыздык.

belirteç *грам.* аныктооч.

belirti 1. белги, символ, жышаана, көрүнүш. **2.** *мед.* симптом.

belirtme 1. белгилеме. **2.** *грам.* аныктооч. ~ **durumu** табыш жөндөмө.

belirtmek 1. белгилөө, аныктоо, тактоо, далилдөө, түшүндүрүү, ачыктоо. **2.** мүнөздөө, сыпаттоо.

belit *лог.* аксиома.

belki балким. ~ **de** а балким.

bellek,-ği 1. эс, эске тутуу, жат. **2.** *комп.* эске сактоо мүмкүнчүлүгү/ мээси. ~ **yitimi** эсин жоготуу, амнезия.

bellem эске сактоо/тутуу, эстөө жөндөмү.

bellemek 1. жаттоо, эстөө. **2.** ойлоо, эсептөө, саноо.

belleten бюллетень, илимий макалалар жыйнагы.

belli 1. белгилүү, билинген, дайындуу, маалым. **2.** ачык, так, даана. ~ **başlı 1)** белгилүү, атактуу, таанымал. **2)**маанилүү. ~ **belirsiz** билинер билинбес. ~ **etmek 1)** белгилүү кылуу, ачыкка чыгаруу. **2)** *өтм.* сездирүү, туйдуруу, байкатуу. ~ **olmak 1)** белгилүү болуу. **2)** ачыкка чыгуу. ~ **olmaz** алда кандай болот, ким билет, балким...

bembeyaz апаппак, аппак.

bemol, -lü *муз.* бемоль.

ben I 1. мен. **2.** *филос.* мендик, эго. ~ **bu işte yokum** мен бул иште жокмун/ аралашпайм. ~**den bu kadar** менин айтарым ушу. ~**den günah gitti** мен айтарымы айттым, жасарымы жасадым. ~**den söylemesi** айтып коёюн, айтып коюшум парз. ~**im diyen** менменсинген, көкүрөгүн койгулаган.

ben II 1. мең. **2.** жемиште (*айрыкча жүзүмдө*) бышканынын белгиси, чаар. **3.** (*сакалда, чачта*) ала. **4.** (*көздө*) так.

ben III тузакка/кайырмакка коюлган жем.

benbenci менменсинген, көтөрүлгөн.

bence менимче, менин оюмча.

bencil өзүмчүл.

bencillik,-ği 1. өзүмчүлдүк, эгоизм. **2.***филос.* субъективизм. ~ **etmek** өзүмчүлдүк кылуу.

bende пенде, кул. ~**niz/~leri** пендеңиз, кулуңуз (*сыпайыгерчилик үчүн мен сөзүнүн ордуна колдонулат*). **bendeniz saat onda hazır olacak** пендеңиз саат 10до даяр болот.

benek 1. чаар, ала, темгил. **2.** *астр.* күндүн тагы. ~ ~ **1)** чаар ала, темгил-темгил, ала-була. **2)** топ-топ.

benekli чаар, ала, темгилдүү.

bengi түбөлүк, өлүмсүз. ~ **su** мүрөктүн суусу.

benim менин. ~**le** мени менен. ~ **için** мен үчүн.

benimki, -ni меники.

benimsemek 1. менчиктөө, карамагына алуу, кабыл алуу, көнүү, өзүнө ыйгаруу, энчилеп алуу, ээлеп алуу. **2.** *тех.* өздөштүрүү. **3.** сиңдирүү, аралашып кетүү, ассимиляция жасоо.

beniz, -nzi жүз, ыраң, өң. ~**i atmak** өңү кубаруу. ~ **ağarmak/uçmak** өңү өчүү. ~**ine kan gelmek** жүзүнө кан жүгүрүү. ~**i kül gibi olmak** өңү күлдөй бозоруу. ~**i sararmak/sararıp solmak/solmak** өңү саргаруу.

benlik,-ği 1. мендик, кимдик, кишилик. **2.** өзүмчүлдүк, эгоизм. ~**inden çıkmak** өзгөрүү, өзүнө жат болуу.

benmari 1. *бир идиштеги кайнак сууга башка идиштеги затты матырып*

ысытуу/эритүү ыкмасы. **2.** кайра-кайра кайнатуу.

bent, -di 1. байланыш, мамиле. **2.** *ук.* мыйзам беренеси. **3.** (*китеп*) абзац. **4.** *эск.* газета макаласы. **5.** *ад.* уйкаштык, сап. ~ **etmek 1)** байланыштыруу, көз каранды кылуу, көңүлүн тартуу. **2)** кумарлантуу.

benzer 1. окшош, түспөлдөш, бирдей, тең. **2.** *кино* дублер.

benzerlik,-ği 1. окшоштук, түспөлдөштүк, бирдейлик. **2.** *геол.* окшоштук.

benzersiz теңдешсиз, (*эч кимге, эч нерсеге*) окшобош.

benzeşmek окшошуу, түспөлдөшүү.

benzetme 1. окшотуу, түспөлдөтүү. **2.** тууроо, имитация. **3.** окшоштуруп алуу. **4.** *өтм.* сындыруу, талкалоо. **çocuk oyuncağını benzetti** бала оюнчугун талкалады. **5.** (*башы-көзүн*) көгала кылып уруу. ~ **gibi olmasın** салыштыргандай болбосун (*салыштыруунун ыңгайсыздык жаратпашы үчүн айтылат*).

benzin бензин. ~ **deposu** бензин багы. ~ **göstergesi** бензин көрсөткүч. ~ **istasyonu** бензин станциясы. ~ **motoru** бензин менен иштеген мотор.

benzinci 1. бензин станциясы. **2.** бензин куйган (*киши*).

benzinlik,-ği *ооз.* бензин станциясы.

beraat,-tı *ук.* акталуу. ~ **etmek** акталып чыгуу, күнөөсүз деп эсептелүү.

beraber 1. бирге, бирдикте, кошо, чогуу. **2.** бир деңгээлде, бирдей, тең. **3.** карабастан, ...са да. 4. тең (*эсеп*). **~inde** ... менен кошо, ... менен бирге. **olmakla** ~ болуу менен бирге, ... болгону менен, ... болсо да. **hep** ~ баары чогуу, бирдикте. **olması ile** ~ болору менен, болор замат. **güneşin batması ile** ~ күн батар замат. **~e bitmek** (*оюнда*) тең чыгуу.

beraberce бирге, бирдикте, чогуу.

beraberlik 1. бирдик, биргелик. **2.** тилектештик, жалпылык, жакшы санаалаштык. **3.** бирдейлик, окшоштук. **4.** *спорт* тең эсеп.

berat,-ti 1. *тар.* султан тарабынан чыгарылган жардык. **2.** өкмөт тарабынан берилген күбөлүк, патент. ~ **gecesi /kandili** *Азирети Мухаммедге пайгамбарлык берилген түн, Шаабан айынын он беши.*

berbat,-tı 1. эң жаман, начар. **2.** таш талканы чыккан, талкаланган, чаң-тополоң, баш-аламан. **3.** кир, балтак-шалтак, балит. ~ **etmek 1)** талкалоо, төгүп-чачуу, чаң-тополоң салуу. **2)** (*бир ишти*) бузуу.

berber чачтарач (кесип). ~ **dükkanı** чачтарач (*жай*) .

berbuş бейбаш, селсаяк.

bere I 1. (*денедеги таяктан калган*) жара, так, из, көгөрүү. **2.** (*бир нерседеги*) сызык, чийин, так. **yara** ~ **içinde** бетинде/денесинде тамтык жок.

bere II беретка.

bereket 1. береке, молдук. **2.** бактыбызга..., Кудайдан болуп...,Кудай жалгап, дагы жакшы... . **3.** жамгыр. ~ **ki** же ~ **versin ki** Кудайга шүгүр, Кудайдан болуп. ~ **versin 1)** (*бир нерсе үчүн акча алган кишинин батасы*) береке берсин. **2)** Кудайга шүгүрчүлүк.

bereketli 1. берекелүү, мол. **2.** жемиштүү, түшүмдүү. **3.** (*акча үчүн*) кирешелүү, акжолтой. ~ **ola!**/ ~ **olsun!** береке толсун! берекеси артсын!

berelemek уруп-согуу, бети-башын көгала кылуу.

bergamot,-tu 1.*бот.* бергамот (*Citrus bergamia*). **2.** бул даректын мөмөсү.

beri бери. **~ye geliniz** бери келиңиз... . **... -dan beri** ...-дан бери**. sabahtan** ~ эртеден бери. **~de** бериде, бери жакта.

beriki,**-ni** берки. ~ **ev** берки үй . **~ler** беркилер.
berk,-ki 1. серт, катуу. **2.** чың, бышык, бекем.
berkitmek 1.бекитүү, чыңдоо, күчөтүү. **2.** колдоо, бекитүү.
bermuda бермуда (*шорта*).
berrak 1. таза, тунук, ачык (*суу, күн ж. б.*). **2.** жаркыраган, мизилдеген. **3.** тунук, уккулуктуу (*үн*). **4.** даана, ачык, сулуу (*сүйлөө, жазуу*).
berraklık,-ğı тазалык, тунуктук, жаркырактык.
bertaraf 1. четке каккан, ишин бүтүргөн, жок кылган. **2.** мындай турсун ..., биякта калсын, ... мындай коёлу. **şaka ~, insanın günaha gireceği geliyor** тамаша эмес/чындап эле, (*кээде*) кишинин күнөөгө баткысы келет. ~ **etmek** жок кылуу, жоюу.
berzah 1. *геогр.* мойнок. *сал.* **kıstak**. **2.** *дин* даанышман. **3.** чочуткан, санааркаткан (*нерсе*).
besbelli 1. апачык, айдан ачык. **2.** түшүнүктүү. ~ **artık gelmiyecek** келбей турганы ачык/ түшүнүктүү.
besbeter бешбетер, эң жаман/ начар.
besi 1. азык-түлүк берүү, тойгузуу, жем-чөп берүү. **~ye almak/çekmek** семиртүү, бордоо. **2.** азык, жем-чөп, тамак. **3.** акыр. ~ **suyu** *бот.* (*өсүмдүктөрдүн*) маңызы, ширеси, согу.
besici мал бордоп саткан киши.
besili семиз, бордолгон (*мал*).
besin 1. азык зат, тамак-аш. **2.***өтм.* жашоо/өмүр булагы.
besleme 1. тамактандыруу, азыктандыруу. **2.** *өтм.* бакма кыз *(үй жумуштары үчүн багып алынган)*. **3.**бордолгон (*мал*).
beslemek 1. тамактандыруу, тойгузуу (*кишини)*, семиртүү (*жерди*), бордоо (*малды*). **2.** багуу, күтүү. **tavuk** ~ тоок багуу. **3.** багуу, тарбиялоо, кароо. **4.** бекемдөө, толуктоо, калыңдоо. **5.** (*бир сезим*) туюу. **hayal** ~ кыял куруу. **besle kargayı, oysun gözünü** карганы бак, көзүңү ойсун (*жакшылык билбегендер үчүн айтылат*).
beslenme азык зат, тамак-аш. ~ **çantası** азык торбосу.
beslenmek 1. азыктануу, тамактануу. **2.** семиртилүү, бордолуу (*мал, жер*).
besleyici 1. багуучу, тамактандыруучу, өстүрүүчү. **2.** *өтм.* тойгузуучу, бай.
besmele *дин* бисмиллах/бысмылда (**bismillâhirrahmanirrahim'***дин кыск.*) "*кайрымдуулардын кайрымдуусу Аллаанын атынан».* ~ **çekmek/demek/okumak** бисмиллах /бысмылда демек/деп келме келтирмек.
beste 1. обон, музыка (*ырдын*). **2.** *муз.* композиция. ~ **yapmak** обон чыгаруу, музыка жазуу.
besteci 1. обончу. **2.** композитор.
bestekâr *к.* **besteci**.
bestelemek 1. обон чыгаруу, музыка жазуу. **2.** обонго салуу, музыкалаштыруу.
beş беш. ~ **aşağı** ~ **yukarı!** макулдаштык! иш бүттү! (*соодалашуу бүткөндө айтылат*). ~ **beter** бешбетер. ~ **duyu** беш туюм. ~ **on** беш-он *(бир канча).* ~ **on kuruş çıkarmak** беш-он тыйын таап алуу. ~ **para almamak** беш тыйын албоо. ~ **para etmez** беш тыйынга турбас. ~ **paralık etmek** абийирин төгүү, уят кылуу. ~ **paralık olmak** айыбы ачылуу, жүзү ашкереленүү. ~ **parasız** бир тыйыны жок. ~ **vakit namaz** беш убак намаз. ~ **para ver söylet, on para ver sustur** *мак.* бир сом берип сүйлөтө албай, миң сом берип токтото албай.
beşer I бештен. ~ ~ беш-бештен.

beşer II адамзат, адам баласы. ~ **şaşar** адам (болгон соң) жаңылат.
beşeriyet, -ti адамзат, адам баласы.
beşgen *геом.* беш бурчтук.
beşibirlik,-ği беш алтын лира наркында болгон аялдардын жасалгасы.
beşik,-ği 1. бешик. **2.** (*бир нерсенин*) туулган/жаралган жери. **uygarlığın ~i** цивилизациянын бешиги. ~ **kertiği/~ kertme nişanlı** бел куда. **~ten mezara kadar** өмүр бою. **~ini sallamak** *өтм.* (*бирөөнү)* жакшы билүү, беш колундай тааныу.
beşinci бешинчи.
beşiz беш түгөй (*бир туугандан*), беш эм (*жаныбарларда*).
beştaş беш таш, чакмак (*оюн*).
bet I, -ti бет, жүз. ~ **beniz** бет, өң, жүз. **~i benzi atmak** өңү/жүзү кубаруу. ~ **bereket** береке, молдук. **~i bereketi kalmamak/kaçmak** берекеси кетүү, бат түгөнүү.
bet II, -di түрү суук, ажарсыз, жаман**.** ~ ~ **bakmak** жаман көзү менен кароо. **~ine gitmek** ыза болуу, жини келүү, арданыу. ~ **suratlı** сумсайган, сустайган.
beter бетер. **~in beteri** начардын начары. **~in beteri var** мындан да бетер болушу мүмкүн (*көңүл сооротуу үчүн айтылган сөз*).
beti 1. шекил, фигура. **2.** сүрөттөмө, элес.
betik,-ği жазуу түрүндөгү нерселер (*китеп, кат, документ ж. б.*).
betim сүрөттөмө, чагылдырма, мүнөздөмө.
betimlemek сүрөттөө, чагылдыруу, мүнөздөө.
beton бетон. ~ **gibi 1)** бекем, бышык. **2)**күчтүү.
betonarme темир бетон.
betoniyer бетон аралаштыргыч машине.
bevliye урология.
bevliyeci уролог.
bey 1. (*эркектерге кайрылуу*) мырза. **Bülent B~** Бүлент мырза. **2.** эркек. **3.** эр, күйөө. **4.** *эск.* бай, бек. **5.** уруу башчысы. **6.** (*карта оюнунда*) туз. ~ **erki** *тар.* плутократия (*мамлекеттик бийлик түрү*). ~ **gibi yaşamak** кең-кесири жашоо.
beyan 1. ачыктама, маалымдама, кабар, баян. **2.** билдирүү, декларация. ~ **etmek** жарыялоо, ачыктоо.
beyanat,-tı ачыктама, билдирүү, кабар. **~ta bulunmak** ачыктоо, түшүндүрүү, маалымдоо.
beyanname билдирүү, жарыялоо, декларация, коммюнике.
beyaz 1. ак. **2.** ак жүздүү, европалык (*раса*). **3.** (*шахматта*) ак таштар. **4.** (*басмада*) нормалдуу коюулуктагы тамгалар. **~a çekmek** таза көчүрүп жазуу. **~a çıkarmak** актоо, жактоо. ~ **diken** актикен (*Crataegus oxyacantha*). ~ **eşya** электр үй буюмдары. ~ **et** ак эт (*куш/ балык эти*). ~ **iş** ак иш. ~ **kadın ticareti** ак жүздүү күңдөр менен кылынган соода. ~ **kitap** «Ак китеп». ~ **perde 1)** киноэкран. **2)** кино. ~ **peynir** бышtак. **B~ Rus** белорус. **B~ Rusya** Белоруссия. **B~ Saray** Ак Үй.
beyazımsı, **beyazımtırak** агыш, акчыл.
beyazlanmak,**beyazlaşmak** агаруу (*чач, сакал*).
beyazlatmak агартуу.
beyazlık актык.
beybaba ата *(балдар урматтоо иретинде колдонот)*.
beyefendi 1. мырза (*кайрылуу*). **2.** эркек (*сылыкча*).
beygir 1. ат. **2.** *спорт* эшек (*аттоо үчүн*). ~ **gücü** *физ.* ат күчү.
beyhude 1. бөөдө, бекер, калп/жөн эле. **2.** пайдасыз, маанисиз. ~ **yere** бекерден бекер.
beyin, -yni 1. *анат.* мээ. **2.** акыл, эс. **3.** *өтм.* (*бир ишти*) ойлоп тапкан, башкарган (*киши*). **4.** билимдүү,

акылдуу. **~i atmak** жини келүү, жаалдануу. **~i bulanmak 1)** мээси айлануу. **2)** жамандыкты сезүү. **~ edisi** *психол.* мээнин иштеши. **~ göçü** акыл көчү (*акылдуулардын өлкөдөн кетиши*). **~ kanaması** *мед.* мээнин канамасы. **~i karıncalanmak** мээси/башы катмак. **~i kaynamak** мээси кайноо. **~ine kurşun sıkmak** мээсин чачыратуу/былчыйта коюу (*опуза*). **~i patlamak** мээси чачыроо/башы жарылуу. **~ sarsıntısı** мээси чайкалуу. **~i sulanmak** алжымак, мээси айнымак. **~inde şimşekler çakmak 1)** өтө капа болуу. **2)** капысынан башына бир ой/пикир келүү. **~ine varmak** башына чыгуу (*ичкилик*). **~inden vurulmuşa dönmek** карайлап калуу (*күтүлбөгөн кабардан*). **~ini yıkamak** мээсин айландыруу.

beyincik, -ği *анат.* жүлүн.

beyinsiz *орой* мээси жок, көкмээ.

beyit, -yti *поэз.* бейт, эки саптык.

beylik,-ği 1. мамлекеттик, казынага тиешелүү. **2.** калыпка салынган, стереотип, көп колдонулган. **3.** бейдин карамагындагы жер, бейлик. **4.** бектик, мырзалык, ак сөөктүк. **5.** жергиликтүү эгемен башкаруу, эмирлик. **6.** *эск.* өкмөт. **7.** аскер одеалы.

beynamaz *дин* намаз окубаган, мусулманчылык шарттарын бузган киши.

beynelmilel эл аралык, интернационалдык. *с ал.* **uluslar arası.**

beysbol бейсбол.

beysbolcu бейсболчу.

beyzade бекзаада, ак сөөк, аристократ.

beyzbol *к.* **beysbol**.

beyzî сүйрү, овал, эллипс, жумуртка шекилинде.

bez 1. бөз, чүпүрөк, кездеме. **Amerikan ~i** одоно токулган/кендир кездеме (*холст*). **branda ~i** брезент. **2.** (*кир, чаң*) аарчыган чүпүрөк. **ıslak ~** суулуу/нымдуу чүпүрөк. **3.** кездеме айрыгы. **sargı ~i** таңуу. **4.** чүпүрөктөн жасалган. **~ bebek** чүпүрөк куурчак. **~ top** чүпүрөк топ. **~ kaplı** чүпүрөк капталган.

bez II *анат.* без. **tükürük ~i** шилекей бези. **kalkan ~i** калкан бези.

bezdirmek бездирүү, тажатуу, жадатуу, зериктирүү.

beze I 1. *анат.* без. **2.** шишик (*жара же сыздоок жараткан*).

beze II тоголок тамыр, пазы.

bezek оюу, жасалга, кооздук, декорация.

bezekçi 1. дубал кооздогон уста. **2.** *ооз.* колуктуну жасанткан аял.

bezelye 1. *бот.* буурчак *(Pisum sativum).* **2.**буурчактын даны.

bezemek жасалгалоо, кооздоо, декорациялоо.

bezenmek 1. жасалгалануу, кооздолуу. **2.** жасануу, кооздонуу.

bezgin маанайсыз, көңүлү чөккөн, жашоодон безген.

bezginlik,-ği көңүл чөккөндүк, кош көңүлдүк, үмүтсүздүк, пессимизм.

bezik, -ği безик (*карта оюну*).

bezir, -zri 1. урук, тукум. **2.** айдоо. **3.** зыгыр майы. **~ yağı** зыгыр май.

bezirgân 1. соодагер, көпөс. **2.** көчмө дүкөн, боёкчу. **3.** *өтм.* кызыл кулак, алып сатар.

bezmek зеригүү, тажоо, (...-дан) аша кечүү. **canından ~** жанынан аша кечүү.

bıcı: *туур.с.* **~ ~** (*бала тилинде*) киринүү. **~ ~ yapmak** киринүү, сууга түшүү.

bıcıl 1. *анат.*томук сөөгү. **2.** томук менен ойнолгон оюн.

bıcır: *туур.с.* **~ ~** быжы-быжы (*көп сүйлөө*).

bıçak 1. бычак. **2.** (*ар түрдүү техниканын*) кесүүчү бөлүгү. **~ ağzı** бычак мизи. **~ altına yatmak** бычак

алдына жатуу, операция болуу. ~ **atmak** бычактоо, бычак саюу. ~ **çekmek** бычак сууруу. ~ **gibi kesmek 1)** бычактай кесип кетүү. **2)**дароо жок кылуу. ~ **kemiğe dayanmak** чегине жетүү, чыдамы түгөнүү. ~ **sırtı kadar fark** болор-болбос айырма. ~ **vurmak** бычак уруу, бычактоо. ~ **yemek** бычак жемек.

bıçakçı бычак жасаган/саткан киши.

bıçaklamak бычактоо.

bıçaklık,-ğı 1) бычак сакталган жер. **2)**бычак жасаганга жарактуу (*нерсе*).

bıçkı 1. эки саптуу араа. **2.** электр араа. **3.** бак бутаган тиштүү бычак. ~ **tozu** таарынды.

bıçkın 1. бекерпос, куу чирен. **2.** жүрөктүү, кайраттуу, тайманбас, көйкашка.

bıkkın тажаган, жадаган.

bıkkınlık,-ğı тажама, зерикме, кусалык. **~lık gelmek** жадоо, тажоо. ~ **vermek/getirmek** тажатуу, зериктирүү.

bıkmak тажоо, жадоо, көңүлү калуу. **bıkıp usanmak** тажоо, айласы түгөнүү.

bıktırıcı тажатма, көңүлсүз.

bıktırmak тажатуу, көңүл калтыруу, жадатуу, айланы кетирүү/ түгөтүү.

bıldır *ооз.* былтыр. **~ki** былтыркы.

bıldırcın *зоол.* бөдөнө (*Coturnix*). ~ **gibi** кыска болук (*аял*).

bıngıl : *муур.с.* ~~ толук, көпшөк.

bıngıldak *анат.* (*жаш баланын*) төбөсүндөгү эмгеги.

bıngıldamak былкылдоо.

bırakmak 1. таштоо, калтыруу, токтотуу, таштап салуу. **aç** ~ ачка калтыруу. **utanmayı bırak** уялганды кой. **iz** ~ **1)** из калтыруу. **2)** *өтм.* өчпөс из калтыруу. **kadın** ~ аялын таштап кетиш. **tütün** ~ тамекини таштоо. **2.** коюу, салуу. **parayı bankaya bırak** акчаны банкага кой. **3.**кийинкиге калтыруу. **4.** чыгаруу, коё берүү. **serbest** ~ эркин коё берүү. **5.** өстүрүү, коюу. **bıyık** ~ мурут коюу. **6.** уруксат берүү, жолтоо болбоо. **sözü size bırakıyorum** сөздү сизге берейин. **7.**жеткирүү, таштап коюу. **8.** ордунда калтыруу (*окуучуну*). **9.** аркасында калтыруу. **miras** ~ мурас калтыруу. **10.** ажырап кетүү, сыйрылуу. **masanın kaplaması bırakmış** үстөлдүн каптамасы сыйрылып калыптыр. **bıraktığı yerde** мурунку ордунда, илгерилебей. **bırak, gitsin!** жөн кой, кете берсин!

bıyık 1. мурут, мыйык. **2.** (*өсүмдүктөрдө*) мурут. ~ **altından gülmek** мыйыгынан күлүү. **~ını balta kesmez olmak** мурдун балта кеспөө, эч кимден жазганбоо, эч кимди тоотпоо. ~ **bırakmak** мурут коюу. ~ **burmak** мурутун чыйратуу. **~ı terlemek** мурут чыга баштоо (*жаш өспүрүмгө*).

bıyıklı муруттуу, мурутчан.

bızdık *ооз.* жаш бала.

bızır *анат.* клитор. *сал.* **dılak**.

bî- бей- *(фарсчада жоктукту билдирген префикс)*. **biedep** бейадеп, тартипсиз, адепсиз.

biber 1. *бот.* калемпир (*Capsicum annuit*). **2.** калемпир, мурч (*татым*). ~ **dolması** фаршталган калемпир. ~ **gibi** калемпирдей (*ачуу*). ~ **tanesi** калемпирдин уругу. ~ **turşusu** туздалган калемпир.

biberli 1. калемпир кошулган. **2.** *өтм.* ачуу.

biberlik,-ği 1. мурч/калемпир салгыч. **2.** калемпир талаасы.

biberon упчулуу шише, упчу.

bibliyografi, **bibliyografya** библиография.

biblo библо (*майда-барат жасал-*

галар/ буюмдар).
biçare 1. бечара, байкуш, шордуу. **2.** чарасыз, айласыз.
biçem ыкма, стиль.
biçerdöver комбайн (*сөзм. с.* ормобастырма).
biçilmiş бычылган. ~ **kaftan** туура, ылайык. **bu kız senin için biçilmiş kaftan** бул кыз сага эң ылайык.
biçim 1. бычым, шекил, форма. **2.** түр, ыкма. **ne ~ şey bu?** бул кандай неме? **güzel ~de söylemek** келиштирип айтуу. **3.** *комп.* формат, көлөм. ~ **almak** шекил алуу. **~ini almak** шекилин алуу, формасына кирүү. **~ine getirmek** түргө келтирүү. **~e sokmak /koymak/** ~ **vermek** шекил берүү.
biçimci формалист.
biçimlendirmek бычым берүү, түргө алып келүү.
biçimlenmek бычымдануу, түргө келүү, шекил алуу.
biçimli 1. бычымдуу, жарашыктуу. **2.** шекилдүү, түрүндө болгон.
biçimsel шекилге байланыштуу, шекил/бычым жөнүнөн.
biçimsiz 1. шекили бузук, бычымсыз. **2.**жарышыксыз, көрүнүшү жаман.
biçimsizlik,-ği 1. бычымсыздык, шекилсиздик. **2.** жарашыксыздык, комсоолук.
biçki бычыш. ~ **dikiş yurdu** бычмачылык-тикмечилик окуу жайы.
biçmek 1. бычуу. **2.** кесүү. **3.** эгин оруу. **4.** *өтм.* атуу, өлтүрүү (*тынымсыз ок атуу менен*). **5.** *өтм.* баа берүү.
bide бидет.
bidon бидон.
bidüzye тынымсыз, үзгүлтүксүз.
bienal, -li эки жылда бир.
biftek бифштекс.
bîgâne 1. чоочун, чет элдик, тааныш эмес. **2.** кайдыгер, кош көңүл.
bigudi бигуди.
bîhaber бейкапар, капарсыз, кабарсыз.
bikarbonat, -tı бикарбонат.
bikini аялдардын эки бөлүктүү суу кийими.
bikir,-kri 1. тазалык, аруулук, пакизалык. **2.** кыз.
bilâhara *к.* **bilahare**.
bilâhare кийин, андан соң, соңунда, аягында.
bilâistisna бирдей, тең, айырмасыз.
bilâkis тескерисинче, кайта, кайра.
bilânço *фин.* **баланс**.
bilârdo бильярд. ~ **salonu** бильярд салону. ~ **topu** бильярд тобу.
bildik 1. тааныш, тааныган-билген. ~ **çıkmak** тааныш чыгуу.
bildirge 1. билдирме, рапорт. **2.** арыз.
bildiri 1. билдирүү, коммюнике. **2.** доклад. **3.** мессаж, кабар. ~ **tahtası** кабар тактасы.
bildirim билдирүү, туйдуруу, эскертүү. **~de bulunmak** билдирүү/эскертүү жасоо.
bile I да, дагы, ал турсун, ал түгүл. **Ahmet ~ vermedi** ал түгүл Ахмет/ Ахмет деле берген жок.
bile II: ~ ~ билип туруп. ~~ **vermedi** билип туруп эле бербеди.
bileği бүлөө. ~ **taşı** бүлөө таш, чарык.
bilek 1.билек (*кишинин*). **2.** билек (*айбандын*). **3.** *өтм.* күч, кубат. **~inde altın bileziği olmak** майлуу кызматка орношуу. ~ **gibi** билектей, жоон. **~ine güvenmek** билегине ишенүү. **~inin hakkı ile** билеги менен, өз күчү менен. ~ **kuvveti** билек күчү, карылуулук.
bileklik,-ği карыпчын (*билекке чейин кийилген жоо кийими*).
bilemek бүлөө, чарыкка тартуу.
bileşen *физ.* кошулма күч, компонент.
bileşik татаал, бириккен, биргелешкен, кошмо. ~ **faiz** *фин.* кошмо пайыз. ~ **kesir** *мат.* буруш бөлчөк. ~ **sözcük** *грам.* татаал сөз.
bileşim *хим.* кошулма.
bileşke *физ.* теңдеш күч.

bileşmek *хим.* кошулуу, кошунду пайда кылуу.
bileştirmek кошуу, бириктирүү.
bilet,-ti билет. ~ **gişesi** билет кассасы.
biletçi билетчи.
bileyici чарыкчы.
bilezik 1. билерик. **2.** түтүктөрдү бириктирген металл шакекче. 3. *арго* кишен.
bilfiil чындыгында, акыйкатта, иш жүзүндө.
bilge билимдүү, билгиликтүү, көсөм, даанышман, акылман.
bilgi 1. билим, билги. **2.** маалымат, информация. ~ **bankası** *комп.* маалымат банкасы. ~ **edinmek** билги/маалымат алуу.
bilgiç,-ci 1. билимдүү, билгич. **2.** *өтм.* билимдүү сөрөй, билерман.
bilgiçlik билермандык.
bilgi ~ **işlem** *комп.* билгилерди/ маалыматтарды (ырааттуу) иштетүүчү сервиз.
bilgin билимдүү,окумуштуу, илимпоз, адис.
bilgisayar компьютер. ~ **faresi** компьютер жөндөгүч. ~ **mühendisi** инженер-компьютершик. ~ **operatörü** компьютер оператору. ~ **programcısı** программист.
bilgisayarcı 1. компьютерщик. **2.** компьютер сатуучу.
bilgisizlik билимсиздик, түркөйлүк, караңгылык.
bilhassa өзгөчө, айрыкча, атайы.
bili: *сырд. с.* ~ ~ түтү-түтү (*тоок чакыруу үчүн колдонулат*).
bilim илим. ~ **adamı** илимпоз, илим адамы. ~ **kurgu** фантастика.
bilimsel илимий, илимге таянган.
bilimsellik,-ği илимий негиздүүлүк.
bilinç акыл-эс, эс. ~ **dışı** билбей (*эс-учу ордунда эмес кезинде жасалган).*~**ine varmak** түшүнүү, ойго /пикирге келүү.
bilinçaltı *психол.* эсинин/акылынын учунда.
bilinçlendirmek маалымат/түшүнүк берүү, түшүндүрүү.
bilinçlenmek аң-сезимдүү болуу, түшүнүккө ээ болуу.
bilinçli аң-сезимдүү, түшүнүктүү, маалыматтуу.
bilinçsiz аң-сезимсиз, түшүнүксүз, маалыматсыз.
bilinmek 1. билинүү, ачыкка чыгуу. **2.**тааныluу.
bilirkişi билген киши, адис, эксперт, консультант.
bilişim информатика. ~ **ağı** информация түйүндөрү.
billah *к.* **billâhi**.
billâhi Кудай алдында, Кудай урсун, ишениңиз ... **vallahi** ~ Кудай алдында, Кудай күбө (*карганма*).
billur 1. кристалл. **2.** хрусталь. ~ **gibi 1)** таза, тунук, мөлтүр (*суу, үн*). **2)** аппак, жумшак (*кол, моюн*). **3)** ак ниет, чынчыл.
billurlaşma кристаллдашуу.
billursu кристалл сымал/түспөл, мөлтүрөгөн.
bilmece табышмак. ~**yi çözmek** табышмакты табуу/ жандыруу.
bilmek 1. билүү. **2.** (*бир тармакта*) жетишерлик/каныккан/дасыккан маалыматы болуу. **3.** (*бир иште)* тажырыйбасы болуу. **ütüyü bilen kadın** үтүктөгөндү билген аял. **4.** тааануу, эстөө. **5.** ойлоо, эсептөө. **ben onu dost biliyordum** мен аны досум деп эсептечүмүн. **6.** түшүнүү, билип коюу. **kuşların tüylerinin renginden bilirim** куштардын түгүнүн түсүнөн билем. **7.** жоопкерчилик тагуу, ишенүү. **senin arkadaşını bilmem, seni bilirim** сенин жолдошуңу билбейм, сени билем. **8.** (*а/е чакчыл мүчөлөрү жалганган этиштер менен бир ишти жасоого жөндөмдүүлүктү билдирет*). **yazabilmek** жаза алуу.

okuyabilmek окуй алуу. **bilemedin(iz) …** , биле албадың дейли/ деп коёлу. **bilerek** билип туруп, атайлап. **bilmeden** билбей, атайлабай, байкабай. **bile bile** билип туруп эле, атайын эле. **bildim bileli** мен билгенден. **bilir bilmez** билер замат. **bilmezlikten gelmek** билмемиш болуу. **bildiğinden kalmamak/ bildiğini okumak** өз билгенин кылуу, билген намазын окуу. **bildiğinden şaşmamak** өз билгенин бербөө. **bildiğini yapmak** билгенин кылуу. **bildiğini yedi mahalle bilmez** билбегени жок, биттин ичегисине кан куят. **bilmem hangi** кайсы бир. **bilmem nasıl** кандай экенин билбейм. **bilmiş ol!** билип кой! **kim bilir!** ким билет! **sen bilirsin** өзүң бил, өз эркиң.

bilmez 1. билбес, караңгы. **2.** (*татаал сөздүн экинчи бөлүгү катары келип, "билбес", "жараксыз", "колунан келбес", "жөндөмсүз" маанилерин кошот*). **kendini bilmez** өз ордун билбеген. **hatırbilmez** кадырды билбес.

bilmezlik,-ği билбестик. **~ten gelmek** билмемиш болуу.

bilmukabele 1. жооп катары, дал ошондой эле. **2.** сизге да ..., мен да ... (*бирдей тилекте/ ойдо экенин билдирет*).

bilumum бүтүн, бардык.

bilye 1. шар менен ойнолгон балдар ойну. **2.** (*таштан, металлдан жасалган*) шар.

bilyon биллион, миллиард.

bin 1. миң. **2.** эсепсиз, сансыз, көп. **~ bir zorlukla** миңдеген кыйынчылыктар менен. **~ bir ayak bir ayak üstüne** тыгылышып, сыгылышып, түртүшүп. **~lerce/ ~lerle** миңдеген, көп сандаган. **~ bir** миң бир, түркүн-түрдүү. **~i bir paraya 1)** көп, мол. **2)** абдан арзан. **~ dereden su getirmek** миң шылтоо айтуу. **~ can ile** чын дилинен, жан дилден. **~ derde deva** миң дартка дабаа, шыпаалуу. **~ kalıba girmek** миң түрлөнүү/ кубулуу. **~ kat** миң жолу. **~ pişman olmak** абдан өкүнүү. **~ tarakta bezi olmak** бир убакта бир катар иш менен алек болуу. **~ yaşa!** миң жаша! **~ ölçüp, bir biçmeli** *мак.* миң/жети өлчөп, бир кес. **~ işit bir söyle** *мак.* миң *(жолу)* угуп, бир *(жолу)* сүйлө.

bina 1. имарат, курулуш. **2.** негиз. **3.** *грам.* мамиле. **4.** *эск.* арап грамматикасы китеби. **~ etmek 1)** куруу, тургузуу, салуу (*имаратты*). **2)** *өтм.* негиздөө, куруу (*уюмду, коомду ж. б.*). **~ vergisi** курулуш салыгы.

binaenaleyh ошондуктан, ошол себептүү, андыктан.

bînamaz *к.* **beynamaz**.

binbaşı, -yı *аск.* майор.

bindirim баа көтөрүү, кымбаттатуу.

bindirmek 1. миндирүү. **2.** жүктөө. **3.** сүзүшүү, кагышуу. **4.** кошуу, көбөйтүү.

binek 1. мингич (*айбан*). **2.** унаа. **~ arabası** ат араба. **~ atı** мингич ат.

biner миңден, миңдеп.

binici атка минүү өнөрү/адистиги. **~ okulu** атчандар мектеби.

bininci миңинчи.

binlik миңдик (*акча*).

binmek 1. минүү (*атка, төөгө ж. б.*). **2.** түшүү, отуруу (*машинеге, кемеге, учакка*). **3.** минүү (*велосипедге, мотоциклге*). **4.** (*иши*) терс кетүү, ойдогудай чыкпоо. **5.** учкашып калуу, үстүнө чыгуу. **6.** баасы көтөрүлүү. **7.** кошулуу, көбөйүү. **bindiği dalı kesmek** ичкен кудугуна түкүрүү, өз тамырына балта чабуу.

bir 1. бир (*сан*). **2.** жалгыз, жалкы. **3.** кимдир-бирөө, бирөө. **4.** бир,

окшош, бирдей, тең. **5.** жалпы, бирге. **6.** эле, гана. ~ **bu eksikti** ушул эле жетишпей жатты эле. **bunu ~ tek o yapabilir** муну ал гана жасай алат. **7.** ушундай, ушинтип. ~ **düştüm ki...** ушундай бир жыгылдым дейсиң... . ~ **tuhaf bakıyor** бир кызыктай карайт. ~ **ağızdan** бир ооздон. ~ **alan pişman, ~ almıyan** алган да, албаган да арманда. ~ **alay** жоон топ. ~ **âlem** тири укмуш, тири шумдук. ~ **an** бир жолу, бир маалда. ~ **an evvel/önce** баарыдан мурун, тез арада. ~ **ara 1)** бир учурда. **2)** бош болсоң. ~ **araba 1)** бир араба. **2)** толо, толтура. ~ **arada** чогуу, бирге. ~ **araya gelmek** чогулуу, жолугуу. ~ **aşağı ~ yukarı** өйдө-ылдый, аркы-терки. ~ **atımlık barutu kalmak/ olmak** акыркы дүрмөтү калуу. ~ **avuç 1)** бир учу. **2)** *өтм.* өтө аз. ~ **ayağı çukurda olmak** бир буту чуңкурда/көрдө болуу. ~ **ayak üstünde bin yalan söylemek** бир айтканда миң жалганды бир айтуу. ~ **bakıma** бир караганда. ~ **baltaya sap olmak** бир ишке жароо, бир иши болуу. ~ **bardak suda fırtına koparmak** арадай жерге чарадай жыйын кылуу. ~ **başına** бир/жалгыз башына. ~ **baştan/ uçtan bir başa/uca** баштанаяк. ~ **ben, bir de Allah bilir** бир мен, бир Кудай билет (*оор кыйынчылыктарды баштан өткөргөндө*). ~**e bin katmak** бирге миңди кошуп. ~ **bir** бирден бирден. ~ **çatı altında** бир түндүк алдында. ~ **çesit** бир түр. ~ **çırpıda** бир шилтемде, дароо. ~ **çift söz** бир ооз сөз. ~ **daha 1)** дагы бир жолу, дагы. **2)** мындан ары эч качан... . ~ **çuval inciri berbat etmek** бир карын майды (бир кумалак) чиритмек. ~ **daha yüzüne bakmamak** экинчи жүзүн карабоо (*таарыныч*). ~ **dalda durmamak** талдан талга секирүү (*дайыма иш/бүлө алмаштыруу*). ~ **damla** бир тамчы, кичине, аз. ~ **de 1)** дагы да. **2)** мындан башка да, муну менен катар эле. ~ **dediği ~ dediğini tutmamak** бир сөзү бир сөзүнө туура келбөө. ~ **dediğini iki etmemek** бир айтканын эки кылбоо. ~ **defa 1)** бир жолу, бир кез. **2)** баарыдан мурун, башканы коюп. **3)** эмнеси болсо да. ~ **defada** бир жолкуда, бир ... -да эле. ~ **derece** бир деңгээлде. ~ **deri, ~ kemik** териси сөөгүнө жабышып калуу, арыктоо. ~ **dikili ağacı olmamak** колунда түгү калбоо. ~ **dikişte içmek** бир дем менен ичип/тартып жиберүү (*ичкиликти, суусунду ж. б.*). ~ **dirhem** бир тыйын, арзан, баасы жок. ~ **dirhem et bin ayıp örter** бир тыйындык эт миң уятты жабат. ~ **dolu** топтоло. ~ **don, ~ gömlek** ыштан-көйнөкчөн. ~ **dudağı yerde, ~ dudağı gökte** бир эрди менен жер шыпырып, бир эрди менен көк шыпырып, коркунучтуу, түрү суук. ~ **düşünce almak** ойго батуу. ~ **düziye** тынымсыз, узун убакыт бою. ~ **el** бир жолку (*атыш*). ~ **elin nesi var, iki elin sesi var** *мак.* эки бакыр, бир тукур. ~ **elle verdiğini öbür elle almak** бир колу менен берип, бир колу менен алуу. ~ **eli yağda, ~ eli balda olmak 1)** бир колу майда, бир колу балда болуу. **2)** кең-кесири, молдук ичинде жашоо. **3)** өтө кирешелүү иште иштөө. ~ **fıncan kahvenin kırk yıl hatırı vardır** *мак.* бир жолу даам сызган жериңе миң жолу салам бер (*сөзм. с.* бир чөйчөк кофенин кырк жылдык кадыры бар). ~ **gömlek aşağı olmak** бир аз гана төмөн/артта болуу. ~ **gömlek**

fazla eskitmiş olmak бир көйнөк мурун жырткан, аз улуу. ~ **görmek** бирдей/тең көрүү. ~ **gün** бир күн. ~ **güzel** жакшылап, мыктылап. **kendisini ~ güzel dövdüm** жакшылап бир төпөштөдүм дейсиң. ~ **göz yumup açıncaya kadar** көз ачып жумганча. ~ **hâl olmak 1)** таң калуу. **2)** алы кетүү, алсыроо, дарманы калбоо. ~ **hayli** бир кыйла. ~ **hoş olmak 1)** бир кырсык болуу. **2)** капалануу, өзүн жаман сезүү. ~ **içim su** жутуп ийчүдөй (*сулуу аял*). ~ **iki** бир-эки, аз. ~ **iki derken** капысынан, күтүлбөгөн жерден, ал-аңгыча. ~ **istediğini iki etmemek** бир айтканын эки кылбоо. ~ **kafada** бир пикирде болуу. ~ **kalemde** дароо, бир шилтемде. ~ **kapıya çıkmak** бирдей жыйынтыкка келүү. ~ **kararda** өзгөрүүсүз, ордунда. ~ **karış** бир карыш, кичине. ~ **kaşık suda boğmak** көзүндө огу болсо, атып салмак. ~ **kat daha** эки эсе, дагы көбүрөөк. ~ **kere** *к.* ~ **defa.** ~ **kerecik** бир эле жолу. ~ **kez** бир ирет, бир кез. ~ **kıyamettir gitmek / kapmak** ызы-чуу түшүү, дүрбөлөң түшүү. ~ **koltuğa iki karpuz sığdırmak** эки башка ишти бир убакта жасоого тырышуу. ~ **koşu** тез, бат, чуркаган бойдон. ~ **köşeye atmak**(керек деп)бир жерге катып коюу. ~ **kulağından girip öbüründen çıkmak** бир кулагынан кирип, бир кулагынан чыгуу. ~ **lokma,** ~ **hırka** аз нерсеге ыраазы болуп жашоо. ~ **miktar** бир канча. ~ **misli artmak** эки эселенүү. ~ **nebze** бир аз. ~ **nefeste** дем албастан, тынымсыз, үзгүлтүксүз. ~ **nefeslik canı kalmak** сүлдөрү калуу. ~ **numaralı** эң мыкты, эң маанилүү, биринчи. ~ **o kadar** дагы бир ошончолук, кайра ошончолук. ~ **o yana,** ~ **bu yana** ар жакка бир, бер жакка бир, эки жакка. ~ **olur, iki olur** бир жолу болор, эки жолу болор (*ар дайым эле боло бербейт*). ~ **örnek** окшош, бирдей, бир түгөйү. ~ **paralık etmek** абийирин төгүү, шерменде кылуу. ~ **parça 1)** бир аз, бир топ. **2)** бир кесим. ~ **pul etmemek** бир тыйынга / түккө турбоо. ~ **sıkımlık canı olmak** үйлөп койсоң учуп кетчүдөй, араң жан, ысык эле жаны бар. ~ **solukta 1)** бир шилтемде, бир жолкуда. **2)** тез, бат. ~ **söyledi pir söyledi** ток этер жерин айтты. ~ **sözünü iki etmemek** бир сөзүн эки кылбоо. ~ **şeye benzememek** эч нерсеге жарабоо, пайдасыз чыгуу. ~ **şey değil** эч нерсе эмес. ~ **şey olmak** бир нерсе болуу. ~ **şey sanmak** ... деп ойлоп алуу (*болгонунан мыкты деп эсептеп алып көңүлү калуу*). ~ **şeye yaramaz** эч нерсеге жарабас. ~ **tahtada** бир жолкуда, дароо эле. ~ **tahtası eksik** мээсинде бир мандеми бар. ~ **tane** жападан жалгыз, теңдешсиз, кайталангыс. ~ **tanem** (*эркелетүү үчүн колдонулат*) алтыным, берекем, караалдым. ~ **tarafa bırakmak/ koymak** коё туруу, маани бербөө, капарга албоо. ~ **taşla iki kuş vurmak** бир ок менен эки коён атуу. ~ **tek 1)** жалгыз гана. **2)** бир эле. ~ **tek atmak** бир кылт этип алуу (*ичиликти*). ~ **torba kemik** өтө арык. ~ **tuhaf** бир кызык, тири/бир укмуш. ~ **tutmak/saymak** бирдей көрүү, бөлүп карабоо. ~ **türlü 1)** бир түрдүү, бирдей. **2)** эч, эмне кылса да (*терс этиштер менен*). **3)** баары бир, деле бир (*майнапсыз, пайдасыз*). **gitsem** ~ **türlü, gitmesem** ~ **türlü** барсам, барбасам баары бир. ~ **vakit/ vakitler** бир убактарда, бир кезде. ~ **varmış,** ~ **yokmuş 1)** бар экен, жок экен

(*жомоктордун башталышы*). **2)** бүгүн бар, эртең жок (*бул дүйнөдө бардык нерсе убактылуу маанисинде*). ~ **yakadan baş,** ~ **yenden kol çıkarmak** *мак.* бир жакадан баш , бир жеңден кол чыгаруу (*ынтымак ичинде жашоо*). ~ **yana** мындай коюп/коё туруп. ~ **yana bırakmak** таштап коюп, коё туруп. ~ **yanda/ yandan ...,** ~ **yanda/ yandan da** бир жактан ..., бир жактан ... . ~ **yana, dünya** ~ **yana** … бир тең, дүйнө бир тең (*бирөөнүн же бир нерсенин өтө ардактуулугун көргөзүү үчүн*). ~ **yastıga baş koymak** бир жаздыкка баш коюу. ~ **yastıkta kocasınlar** бир жаздыкта картайышсын (*үйлөнгөндөр үчүн берилген бата*). ~ **yaşıma daha girdim** көргөнүңдөн көрө элегиң көп (*эч билбеген бир нерсеге туш келгенде, таң калуу менен айтылат*). ~ **yığın** бир топ, бир далай. ~ **yiyip bin şükretmek** шүгүрчүлүк кылуу, Кудайга тобо кылуу. ~ **yolu** бир жолу. ~ **yolunu bulmak** бир жолун табуу. ~ **yola çıkmak** бирдей бүтүмгө келүү. ~ **yol tutturmak** бирөөнүн жолун жолдоо. ~ **zaman/zamanlar** бир кездерде.

bira пиво. ~ **fabrikası** пиво заводу. ~ **mayası** пиво ачыткысы.

birader 1. бир тууган, ини. **2.** тууган (*эркектерге кайрылуу иретинде*).

birahane пивокана.

biraz бир аз.

birazcık кичине, азыраак.

birazdan жакында, бир аздан кийин, азыр.

birbiri, -ni бирин-бири, бири-бирин. ~ **ardına** биринин артынан бири. ~**ne düşmek** араздашуу, чатакташуу. ~**ne düşürmek** ортосуна от жагуу, араларын бузуу. ~**ne girmek 1)** урушуу, жулмалашуу. **2)** чиеленишүү, чатышуу (*жиптер, чачтар*). ~**nin gözünü oymak/çıkarmak** биринин көзүн бири оюу. ~ **izleyen/ takip eden** биринин артынан бири келген, удаалаш. ~**ni tutmamak** биринин (*айтканы, кылганы*) башкасына каршы келүү. ~**ni yemek** бирин-бири жеш, бири-бирине жамандык кылыш.

birçoğu бир даары, көпчүлүгү.

birçok бир далай, көбү, көпчүлүгү.

birden 1. капысынан, күтүүсүздөн, күтүлбөгөн жерден. **2.** бир убакта, бирге.

birdenbire капысынан, туруп туруп эле.

birdirbir эшек секирмей (*балдар ойну*).

birebir 1. бирден/миңден бир, таасирлүү (*мис. дары*). **2.** *өтм.* изделген, көздөлгөн (*иш, киши*).

birer бирден, жалгыздан. ~ ~ бирден-бирден. ~ **ikişer** бирден- экиден.

bireşim 1. кошулма, бирикме (*бөлүктөрдүн бир бүтүнгө*). **2.** (*түрдүү мааниде*) синтез.

birey 1. жеке адам, индивид. *сал.* **fert**. **2.** пенде.

bireysel жекече, индивидуалдуу, керт башына тиешелүү/ мүнөздүү.

bireysellik,-ği индивидуализм, өз алдынчалык.

biri,-ni 1. бирөө. **2.** кимдир-бирөө. ~**leri** бирөөлөр. ~**inden biri** биринен бири.

biricik жападан жалгыз, жапжалгыз.

birikim 1. жыйын, топтом, аккумуляция. **2.** масса, бирикме. **3.** жыйгантерген, байлык.

birikinti бирикме, топтолгон нерсе, жыйынды.

birikmek топтолуу, жыйылуу.

biriktirmek 1. бириктирүү, кошуу. **2.** жыйноо, чогултуу (*мис. акчаны*).

birim бирдик, бөлүк. **uzunluk** ~**i** узундук бирдиги. **para** ~**i** акча бирдиги.

birinci 1. биринчи. **2.** алгачкы. **3.** алдыңкы, мыкты, эң жакшы. **4.**

(*улоо, унаада*) биринчи класс, эң мыкты сапатта. **B~ Dünya Savaşı** Биринчи Дүйнөлүк Согуш. ~ **elden** жаңы сатып алуу (*колдон алганга каршы*). ~ **gelmek** биринчи келүү. ~ **hamur** мыкты сапаттагы кагаз. ~ **mevki** биринчи класс (*поезд, автобус*). ~ **olmak** биринчи болуу. ~ **planda olmak** биринчи планда болуу.

birincil алгачкы, эң баштагы, тунгуч, башкы, биринчи кезектеги.

birincilik,-ği биринчилик.

birkaç, -çı бир канча, бир топ, бир катар. ~ **eşyamı yanıma almıştım** бир канча буюмуму жаныма алган элем.

birleşik бириккен, кошмо, татаал. ~ **ad** *грам.* татаал сөз. ~ **eylem /fiil** татаал этиш. ~ **oturum** кошмо отурум (*чогулуш*). ~ **sözcük** бириккен сөз. ~ **zaman** татаал чак.

Birleşik: ~ **Arap Emirlikleri** Бириккен Арап Эмираты.

birleşim 1. бирикме, бирдик. **2.** чогулуш, чакыруу, отурум. **3.** *биол.* жыныстык кошулуу, жупташуу.

birleşme 1. бирикме, жолугушуу. **2.** *тех.* байланыш, биригиш. **3.** *астр.* сизигия. **4.** жыныстык катнаш. **5.** *хим.* кошулма.

birleşmek 1. биригүү, кошулуу, бүтүндөшүү. **Birleşmiş Milletler Teşkilâtı** Бириккен Улуттар Уюму. **2.** жолугушуу. **3.** макулдашуу, келишүү, бир пикирге келүү. **4.** кесилишмек. **5.** жыныстык катнаш жасамак, жупташмак.

birleştirici бириктирүүчү, бир арага топтоочу, ынтымакташтыруучу.

birleştirmek 1. бириктирүү, кошуу, баш коштуруу, ынтымакташтыруу. **2.** *хим.* кошуу, аралаштыруу. **3.** жыныстык катнаш жасаттыруу, жупташтыруу.

birli бир санын көргөзгөн оюн ташы/кагазы (*картада, доминодо ж. б.*).

birlik,-ği 1. бирдик, жалгыздык, тектик. **2.** бир гана нерседен турган. **3.** бирдик, бир арада болуу, ынтымактык. **4.** бүтүндүк, бөлүнбөстүк. ~ **olmak** бирдикте болуу.

birlikte 1. бирге, чогуу, бири-бири менен. **2.** ... менен бирге, ... менен катар.

Birman Бирмага тиешелүү.

Birmanca бирмача (*тил*).

Birmanya Бирма.

birtakım бир катар, бир канча, бир далай.

bisiklet, -ti велосипед.

bisküvi бисквит, печенье, крекер.

bisküvit, -ti *к.* **bisküvi**.

bismillâh *дин* **1.** бисмиллах/быссымылда! **2.** (*коркондо, таң калганда*) Кудай колдо! ~ **demek** баштоо, киришүү (*бир ишке*).

bismillâhirrahmanirrahim *дин* бисмиллахиррахманиррахим (*кайрымдуулардын кайрымдуусу Аллаанын аты менен)*.

bisturi аштар, бистури, ланцет.

bit,-ti бит. ~ **kadar** биттей, тырмактай.

bîtap алсыз, дармансыз, чарчаган. ~ **düşmek** чарчоо, алы кетүү. ~ **yeniği** *өтм.* бир иштин көзгө көрүнбөгөн кемчил жагы.

bîtaraf бейтарап.

bitek семиз, берекелүү, оттуу (*жер*).

biter *к.* **bitter.**

bitevi, biteviye тынымсыз, үзгүтүксүз.

bitey *бот.* флора, өсүмдүктөр дүйнөсү.

bitik 1.алдан/күчтөн тайган, чарчаган, алсыз, күчсүз. **2.** эски, жыртык. **3.** ахвалы оор, алы начар. **4.** *арго* ашык. **5.** *ооз.* жабышкан, сүйрөлгөн, чубалган.

bitim аягы, соңу.

bitimli аягы, соңу болгон.

bitimsiz аягы-соңу болбогон, учу-кыйырсыз, чексиз.

bitirim 1. көңүлгө толгон, келишкен (*киши*), кооз, көркөм (*жер, нерсе*). **2.** акылдуу, сергек, көңүлгө толгон. **3.** кумар, азарт. ~ **yeri** кумар оюндары ойнолгон жер.
bitirme бүтүрүш, бүтүрүү. ~ **belgesi** сертификат, күбөлүк.
bitirmek 1. бүтүрүү, аягына/соңуна чыгаруу. **2.** ишин бүтүрүү, жок кылуу, өлтүрүү. **3.** түгөтүү. **4.**ойрон кылуу, бузуу, жараксыз кылуу.
bitiş бүтүш, соң, финиш.
bitişik 1. бири-бирине өтө жакын, кошулган. **2.** капталында, кошуна. **3.** бир кабаттагы, кошуна (*үй, бөлмө*).
bitişmek жакындашуу, биригүү, кошулуу.
bitiştirmek (*бир нерселерди*) тизүү, бириктирүү, улаштыруу, кошуу.
bitki өсүмдүк. ~ **bilimci** ботаник. ~ **bilimi** ботаника. ~ **örtüsü** өсүмдүктөр дүйнөсү. ~ **sütü** өсүмдүк сүтү.
bitkin алсыз, күчсүз, дармансыз. ~ **düşmek** алсыз болуу, күчтөн таюу.
bitkinlik,-ği алсыздык, күчсүздүк.
bitkisel өсүмдүктөн жасалган, өсүмдүк тектүү. ~ **hayat/yaşam** акыл-эсин жоготуу, дары менен жашап калуу.
bitlemek бирөөнүн битин тазалоо.
bitlenmek 1. бит басуу, биттеп кетүү. **2.** өз битин тазалоо.
bitli 1. биттүү. **2.** *өтм.* сараң. ~ **kokuş** *шылд.* чалма этек (аял).
bitmek I 1. бүтүү, аяктоо. **2.** түгөнүү, калбоо. **3.** *арго* катуу ашык болуу. **4.** *өтм.* алдан-күчтөн таюу, катуу чарчоо, алсыз болуу, арыктоо. ~ **tükenmek bilmemek** аягы көрүнбөгөн, учу-кыйырсыз, бүтпөгөн-түгөнбөгөн. **bitmez tükenmez** учу-түбү/кыйыры жок.
bitmek II өсүп чыгуу (*өсүмдүк, сакал-мурут, кыл, тиш*). **yerden biter gibi peydahlanmak** жерден бүткөндөй пайда боло калуу.
bitpazarı эски буюмдар сатылган базар, барахолка.
bittabi албетте, арийне, сөзсүз.
bitter 1. арчадан тартылган арак. **2.** ачуу пиво. **3.** ачуу шоколад.
bitum битум, асфальт.
biye манжет, кыюу.
biyofizik биофизика.
biyografi биография, өмүр баян.
biyografik биографиялык.
biyografya *к.* **biyografi.**
biyokimya биохимия.
biyolog биолог.
biyoloji биология.
biyolojik биологиялык.
biyonik биоэлектроника, бионика.
biyopsi *мед.* биопсия. ~ **yapmak** биопсия жасоо.
biyosfer биосфера.
biz I 1. биз. **~ler** биз. **2.** *стилдик өзгөчөлүк менен «мен» ордуна колдонулат.* ~ **bize 1)** өзүбүз, өзүбүзчө. **2)** ичибизде болсун. **~den biri** өз киши.
biz II шибеге.
Bizans Византия, Византияга тиешелүү/мүнөздүү.
Bizanslı византиялык.
bîzar (-dan) тажоо, көңүлү калуу. ~ **etmek** тажатуу, көңүл калтыруу. ~ **olmak** тажоо, көңүлү калуу.
bizce бизче, биздин оюбузча.
bizcileyin бизчилеп.
bizim биздин. ~ **için** биз үчүн.
bizimki, - ni биздики.
bizon *зоол.* бизон *(Bison bison),* жапайы өгүз. **Avrupa ~u** зубр.
bizzat өзү, жеке өзү. ~ **kendisi** өзү.
bkz (bakınız`*дын кыск.*) караңыз.
blok, -ku 1. блок *(үй)* **2.** союз, бирдик, блок *(саясий)*. **3.** картон кагаз салгыч. **4.** *спорт (баскетболдо)* тоскоол.
bloke: ~ etmek 1) колдонууга тыюу

салуу. **2)** байланыштарын үзүү. **3)** токтотуу, кесүү. **4)** *спорт* дарбазачынын топту тосуп алуусу.

bloklaşmak блокко кирүү, биригүү, жаатташуу.

bloknot,-tu блокнот.

blöf жазгырма, көз жаздыруу, блеф. ~ **yapmak** жүз кубултуу, алдоо.

blucin 1. көк түстүү серт кездеме. **2.** бул кездемеден жасалган кийим, жинсы.

bluz блузка, кофта.

BM (Birleşik Milletler Teşkilatı'*нын кыск.*) БУУ *(*Бириккен Улуттар Уюму*)*.

Bn (Bayan'*дын кыск.*) айым.

boa 1. *зоол.* боа, кадимки удав *(Boa constictor)*. **2.** боа *(аялдар моюндарына жамынган тери)*.

boca *дең.* кеменин шамал тийбеген тарабы. ~ **etmek 1)** кеменин башын шамал тийбеген тарапка буруу. **2)** *өтм.* шарт ичип жиберүү, шарт төгүп салуу.

bocurgat,-tı домкрат.

bodoslama *дең.* штевень *(кеменин аякбашын бириктирген жыгач же темир тиректер)*.

bodrum подвал, *(үйдүн)* жер/сыз кабаты. ~ **gibi** сыз, күн көрбөгөн, жапыз *(бөлмө)*. ~ **katı** биринчи кабаттын алдындагы жер кабат.

bodur кыска бойлуу, шыйрагы кыска, чарчы.

boğa 1. бука. **2.** *астр.* Бука *(топ жылдыздын аты)*. ~ **gibi** күчтүү, чымыр, алибеттүү (*жигит)*. ~ **güreşçisi** тореадор. ~ **güreşi** бука менен күрөш *(Испания, Мексикада ойнолгон улуттук оюн)*.

Boğaz *к.* **Boğaziçi.**

boğaz 1. тамак, кекиртек. **2.** (*бир нерсенин*) оозу, мойну (*мис. шишенин)*. **3.** мойнок, кысык. **dağ ~ı** капчыгай. **4.** куйма *(суунун, дарыянын),* канал. **5.** *өтм.* жатып ичер, багууга муктаж. **6.** ичтей, жеме-ичме. **~ı açılmak** ичтейи ачылуу. ~ **ağrısı** тамак оору. **~ından artırmak/ kesmek** тамак-аштан арттыруу, үнөмдөө *(акчаны)*. **~ında bırakmak** айтар кеби оозунда калуу. ~ **~a gelmek** жакалашуу, кызыл кекиртек болуу. ~ **derdi** кара курсактын камы/кайгысы. **~ına dizilmek/ ~ından geçmemek** тамагынан аш өтпөө. **~ına durmak/ ~ında kalmak** тамагына туруп калуу. **~ı düğümlenmek** *(кайгыдан, санаадан)* айтар сөзүн айта албоо. **~ına düşkün** соргок, тамагын таптап ичкен. **~ı işlemek** оозу тынбоо. **~ına kadar** оозуна чейин. ~ **kavgası** кайым айтышуу. **~ından kesmek** тамак-аштан үнөмдөө. **~ı kurumak** абдан суусоо, чаңкоо. ~ **olmak 1)** тамагы ооруу. **2)** жийиркенүүдөн тамагы шишүү. **~ına sarılmak** жакадан алуу. **~ını sevmek** жеп-ичкенди жакшы көрүү. **~ını sıkmak** кокодон алуу, жабышып-жармашуу. ~ **tokluğuna 1)** кара курсагын тойгузганына (*ыраазы*). **2)** тамагын гана берип (*иштетүү*). ~ **yangısı** тамагы ириңдөө. **~ını yırtmak** тамагы айрылганча кыйкыруу.

Boğaziçi,-ni Босфор.

boğazlamak 1. мууздоо *(жаныбарларды)*. **2.** мойнуна жармашуу, муунтуу.

Boğazlar Босфор жана Дарданелл кысыктары.

boğazlı 1. мойну бар *(шише, кумура)*. **2.** сугалак. **3.** Босфор районунда жашаган *(киши)*. ~ **kazak** кайырма жакалуу (*свитер*).

boğazsız 1. мойну жок (*шише, ваза)*. **2.** тамакты аз ичкен, тар ичеги *(киши)*.

boğmaca *мед.* көк жөтөл.

boğmak I 1. муунтуу. **2.** чөмүлтүү, кап-

татуу, бастыруу. **kan ve ateşe ~** кан/ от-жалын ичинде калтыруу. **3.** *(бир жерди)* каптоо, чүмкөө. **4.** *(бир ишти)* удаама удаа жасоо, айласын кетирүү. **öpücüklerle ~** өпкүлөө. **5.***тех.* мууиуп калуу (*мотордун ашыкча күйүүчү майдан иштебей калышы*). **6.** (*бир түстүн башка түстү*) кичине көргөзүүсү. **7.** сөз менен жайлоо. **8.** өсүүсүнө тоскоол болуу. **9.** *өтм.* тажатуу.

boğmak II муун. **~ ~** муун-муун.

boğucu 1. мууитуучу. **2.** дем алууну кыйындаткан. **3.** абдан/өлгүдөй ысык. **dışarıda ~ bir hava var** тышта күн өлгүдөй ысык. **4.** *өтм.* тажаткан, камыктырган.

boğuk кысылган, кырылдаган, кыркыраган *(үн)*. **~ ~** кирилдеген. **~ sesli** үнү кирилдеген.

boğulmak 1. мууиуу. **2.** тумчугуп, чөгүп өлүү. **3.** какап-чакоо. **4.** *(мотор)* ашыкча газдан/ күйүүчү майдан иштебей калуу. **5.** тажоо. **6.** үнү чыкпай калуу.

boğum 1. муун. **2.** мууиак, сабактын жоонойгон бөлүгү. **~ ~** мууиак-мууиак.

boğuntu 1. энтигүү, күшүлдөө. **2.** *өтм.* кусалык, сагыныч, зериг үү. **3.** *арго* кызыл кулактык. **4.** *арго* айлакердик, шумпайлык. **~ya getirmek** *арго* соодада айла менен алдап алуу.

boğuşmak 1. кызыл жака болуу, мушташуу. **2.** талашып-тартышуу.

boğça 1. бокчо, түйүнчөк **2.** түйүнчөк түйүлчү чарчы кездеме, жоолук. **~ etmek** түйүнчөк түйүү. **~sını koltuğuna vermek** түйүнчөгүн колуна карматуу, кубалап чыгуу.

bohçacı 1. түйүнчөк менен кыдырып товар саткан аял. **2.** жүк ташыгыч.

bohçalamak түйүнчөк түйүү.

bohem богема. **~ hayatı** күнүмдүк жашоо менен ойсуз/ санаасыз жашоо.

bok 1. бок (*адамдын, жаныбарлардын*). **2.** *өтм.* шүмшүк, айласыз, дөөдүр. **3.** кыйын абал, мүшкүл. **~a batmak** кыйын абалда калуу. **~tan** бокко жарабаган, айласыз, эптеп жасалган. **~ atmak** *орой* каралоо, көөлөө, жамандоо. **~a basmak** *өтм.* бок басуу, жаңылуу, жаман жолго түшүү. **~u bokuna** бекерден бекер, калп эле. **~unda boncuk bulmak** *орой* бирөөнүн таманын жалоо. **~ böceği** бок чымын *(Geotrupes stercorarius).* **~unu çıkarmak** кайырын чайыр кылуу, (*ишти*) бузуу. **~u çıkmak** *орой* пачагы/таскагы чыгуу, абийири төгүлүү. **~ karıştırmak** *орой* богужинин аралаштыруу. **~un/ ~ soyu** *орой* жаман, тукуму жаман *(сөгүнгөндө колдонулат)*. **~unu temizlemek** *орой өтм. (бирөөнүн)* богун тазалоо, жууп чайуу. **~uyla kavga etmek** болор-болбоско ачууланууу, көрүнгөн менен урушуу. **~ yemek** бок жемек, оозуна келгенин оттомок. **~ yemek düşmek!** *орой* (...-га) эмне жок! куюшканга кыпчылган боктой болуп (*сөзгө кошулууга кандай акысы бар?*). **~ yoluna gitmek** *орой* болбогон нерсе үчүн жанын кыйноо.

boklamak 1. боктоо, жамандоо, ушактоо. **2.** *(ишти)* ойрон кылуу.

boklu *орой* боктуу, таза эмес.

boks *спорт* бокс. **~ etmek/yapmak** бокс менен машыгуу.

boksör боксёр.

bol I 1. кенен, ээн. **2.** мол. **3.** кең *(чак эмес)*. **~ ~** кенен-чонон, каалашыңча. **~ gelirli** кирешеси мол. **~ keseden atmak** оозу менен ойду омкоруп, тоону томкоруу. **~ miktarda** көп сандаган. **~ paça 1)** чалма этек. **2)** оозун ачкан, маңыроо.

bol II, -lü бол *(ликёр, мөмө, сок аралаш-*

тырылып жасалган ичкилик).

bolca 1. кең-кесири, кенен. **2.** өтө көп.

bolero 1. болеро *(аялдар кофтасы)*. **2.** *муз.* болеро.

Bolivya Боливия.

Bolivyalı боливиялык.

bollaşmak 1. кеңейүү, чоюлуп кетүү *(кийим)*. **2.** мол болуу, көбөйүү, артуу.

bollaştırmak көбөйтүү, мол/кеңири кылуу.

bolluk,-ğu 1. кенендик, кеңдик. **2.** молдук, байлык.

bomba 1. бомба, граната. **el ~sı** кол гранатасы. ~ **topu** миномёт. **gaz ~sı** химиялык бомба. **sis ~sı** түтүн бомбасы, түтүн гранатасы. **uçan** ~ учак-бомба. **2.** сулуу, көзөл, сулуулардын сулуусу. **3.** чоң металл челек. **4.** баллон. ~ **gibi 1)** чымыр, тың, формасында, алдуу-күчтүү. **2)** даярдыгы мыкты. **3)** бомба сыяктуу *(кабар, окуя)*. ~ **gibi patlamak 1)** ачуусун кармай албай буркан-шаркан түшүү. **2)** бомба жарылгандай таасир берүү *(окуя, кабар)*.

bombacı 1. бомбардир. **2.** бомба жасаган киши.

bombalamak бомбалоо.

bombardıman бомбалоо, артиллериялык атыш. ~ **etmek 1)** артиллериялык кол салуу. **2)** *өтм. (бирөөнү)* катуу сөздөр менен жемелөө. **~a tutmak** бомба алдында калтыруу.

bombe жумуру, томпок, шишик.

bombok *орой* түрү/кебетеси суук, желмогуздай, жийиркеничтүү.

bomboş боппош.

bonbon бонбон, конфет.

boncuk 1. мончок, шуру. **2.** көз мончок *(көз тийгенден коруу үчүн тагылган көк мончоктор)*. ~ **gibi** мончоктой, кичинекей *(көз)*. ~ **mavisi** жашгылт көк. ~ ~ **ter** мончок-мончок тер.

boncuklanmak мончоктоо *(тер, көз жаш, тамчы)*.

bone 1. боннет, аялдардын жумшак шляпасы. **2.** сууда кийилген чачкеп.

bonfile сулп эт, филе.

bono бона, чек, квитанция, баалуу кагаз, заём. ~ **kırdırmak** мөөнөтү бүтө элек баалуу кагазды акчага айландыруу.

bonservis рекомендация, жакшы мүнөздөмө *(ишten кеткенде берилет)*.

bor *хим.* бор.

bora *метеор.* **1.** бороон. **2.** *жамгырдын алдында соккон катуу шамал.*

borazan 1. сурнай. **2.** сурнайчы. ~ **çalmak 1)** сурнай чалуу. **2)** *өтм. (бир сөздү)* элге угузуу, жаюу.

borç 1. карыз. **2.** *өтм.* парз, милдет. **~a** карызга. ~ **almak** карыз алуу. **~a almak** кредитке сатып алуу. ~ **altına girmek** карыз болуу. **~a batmak** карызга батуу. **~u bini aşmak/~u gırtlağa çıkmak/~u paçasından akmak** карызы башынан ашуу, карызы кекиртегине келүү. ~ **etmek/yapmak** карыз болуу. **~a girmek** карыз алуу. ~ **harç** карыздап-куруздап. **~unu kapatmak** карызынан кутулуу. **~unu ödemek** карызын төлөө. ~ **para** карыз акча. ~ **saymak/bilmek** милдет деп сезүү, моюн парзы катары көрүү. ~ **senedi** тил кат. ~ **vermek** карыз берүү. ~ **yemek** карыздап жашоо.

borçlanmak карыз болуу, карыз алуу.

borçlu 1. карызы болгон, бересе. **2.** *өтм. (бирөөгө)* карыздар, милдеткер болгон. ~ **çıkmak** бересе болуп чыгуу.

borçsuz карызсыз, бересесиз.

borda *дең.* **1.** борт *(кеменин)*. **2.** каптал, жан. ~ **etmek** жанашуу**.** ~ **~ya** катар келүү.

bordo 1. күрөң кызыл, бордо. **2.** шарап

түрү.

bordro 1. бир эсептин аки-чүкүсү. **2.** ваучер.

bornoz мончо халаты.

borsa биржа. ~ **oynu** биржадагы оюн.

borsacı биржачы.

boru 1. түтүк. **2.** *муз.* түтүк, сурнай. **3.** сигнал. **4.** *анат. , бот.* түтүк. **nefes ~su** аба түтүгү. ~ **çalmak** түтүк чалуу, сурнай тартуу. **~sunu çalmak** *(бирөөнүн)* камчысын чабуу *(пайдасына ишин кылуу)*. ~ **çiçeği** *бот.* коңгуроо гүл *(Campanulaceae).* ~ **döşemek** түтүк төшөө. **~suna ot tıkamak** жаагын жап кылуу. **~su ötmek** *ооз.* арааны жүрүү, аброю артуу. ~ **yolu** нефть түтүгү.

Bosna Босния.

Bosna-Hersek Босния-Герцоговина.

Bosnalı босниялык.

bostan 1. жашылча бакчасы. **2.** коон бакчасы. **3.** коон-дарбыз *(жалпы аты)*. ~ **dolabı** коон талаасына суу чыгарган пара. ~ **korkuluğu 1)** талаа/огород каракчысы. **2)** *өтм.* сөлөкөт, кызматын аткара албаган *(бирөө)*.

bostancı 1. бакчыван. **2.** *тар.* (*Османлы Империясында*) сарайдын/шаардын сакчылыгындагы аскер.

boş 1. бош. **2.** бекер, ишсиз. **3.** пайдасыз. **4.** билимсиз. **5.** маанисиз, жансыз *(көз караш).* **~ta** бекер, иши жок. **~a almak 1)** таяныч таёо *(дубалга, тамга)*. **2)** *(чөккөн кемени)* суудан тарттырып чыгаруу. **3)** *мех.* чынжырдан ажыратуу, бошко алуу. ~ **atıp, dolu tutmak/vurmak** так төбөсүнөн түшүү *(болжоп айткан сөзү дал чыгуу)*. ~ **bırakmamak 1)** бош койбоо, жанын тындырбоо. **2)** жардамсыз калтырбоо. **~u boşuna** бекерден бекер. ~ **bulunmak 1)** этиятсыз, чалагайым болуу. **2)** айтылбашы керек болгон сөз оозунан чыгып кетүү. ~ **çalışmak/ işlemek** курулай иштөө *(машине)*. ~ **çıkmak** бош чыгуу, утпай калуу *(лотерея, билет)*. **~a çıkmak** ойлогон ою ордунан чыкпоо. ~ **çıkmamak** *(бир иштен)* куру кол чыкпоо. ~ **dönmek** куру кол чыгуу. ~ **durmak** бекер жүрүү, ишсиз болуу. ~ **düşmek** *эск.* күйөөсү менен ажырашуу. ~ **gezenin ~ kalfası** бекерпоз, ишсиз. ~ **gezmek** иши жок жүрүү. **~ta gezmek** эч жерде иштебей жашаган, жатып ичер. ~ **gitmek 1)** бошко кетүү *(убакыт, иш)*. **2)** пайдасыз болуу. ~ **inanç** ырым-жырым, жалган ынанч. ~ **kafalı** башында эчтеке жок, маңбаш. **~ta kalmak** ишсиз калуу. **~a koysan dolmaz, doluya koysan almaz** кайда барсаң, Мамайдын көрү, аңгектен качсаң дөңгөккө. ~ **olmamak** бекер эмес *(бир себеби бар)*. ~ **oturmak 1)** ишсиз, бош жүрүү. **2)** иштебей, эч нерсе кылбай отуруу. ~ **söz** бош сөз, бекер сөз. ~ **vakit** бош убакыт. ~ **ver!** жөн кой! ~ **vermek** көңүл бурбоо. ~ **yere** бекерге, калп эле, жөндөн жөн эле.

boşalım бошоо, бүтүү, түгөнүү.

boşalmak 1. бошоо, ээн калуу. **2.** *(суюктук)* агып / төгүлүп калуу. **3.**дартын, арыз-арманын айтып жеңилдөө. **4.** *(суунун)* деңизге, дарыяга куюшу. **5.** *(шамал)* тынчуу, ачылуу. **6.** бошонуп кетүү *(байланган айбан)*. **7.** *ооз.* (*эркектин)* жыныстык канааттануусу. **8.** *(аялдын)* оргазм болушу.

boşamak 1. (*эрди-катындын*) ажырашуусу. **2.***эск.* эринин аялын кетирүүсү.

boşanma ажырашуу. ~ **davası** ажырашуу соту.

boşanmak 1. ажырашуу *(эрди-катын)*. **2.** бошонуп кетүү *(айбан)*. **3.** төгүлүү, агуу *(көз жаш, тер,*

ж. б.). **4.** бошонуу, азатка чыгуу. **5.** арманын айтып жеңилдөө.

boşboğaz 1. ачык ооз, сыр сактай албаган. **2.** көп сүйлөгөн, маңыз, тантык.

boşboğazlık маңыздык. ~ **etmek** маңызданып көп сүйлөө.

boşlamak 1. *(бирөөнү)* өз жайына коюу, көңүл бурбоо. **2.** бошотуу, жазуу *(жипти, түйүндү)*.

boşluk,-ğu 1. боштук, аң, чуңкур. **2.** кагаздагы актай жер. **3.** ачык, айдың *(талаа)*. **4.** бош өткөн убакыт. **5.** *(көңүл, сезим)* боштугу. **6.** *физ.* вакуум.

Boşnak босняк.

Boşnakça боснякча.

boşuna бекерден бекер, жөндөн жөн, пайдасыз.

bot, -tu ботинка.

botanik,-ği 1. ботаника. **2.** ботаникалык.

boy I 1. бой. **uzun ~lu** узун бойлуу**.** ~ **almak** бою өсүү/ узаруу. ~ **sırası** боюна жараша тизилүү. **2.** бийиктик. **3.** узундук. **4.** *(жол, деңиз, суу)* бою, жээги. **5.** кездеме өлчөмү. **elbiseye iki ~ almak gerekir** көйнөккө эки өлчөм алыш керек. ~ **atmak** бою узаруу. ~ **aptesi** бой дааратты, гусул. ~ **aynası** киши бою күзгү. ~ **bos** кебете-кешпир, бой-турпат. ~ ~ ар түрдүү бойдогу. **~dan boya** бул учунан тиги учуна. **~u boyuna, huyu huyuna** мүнөзү да, кебетеси да *(окшош)*. **~a çekmek** бою узаруу. **~unca çocuğu olmak** боюндай/чоңойгон баласы болуш**.** **~u devrilsin!** *каргыш* арка мойну астында калсын! ~ **göstermek 1)** көрүнүү. **2)** көйрөңдөнүү, кылактоо. **~unun ölçusünü almak** өз кемчилигин сезүү. ~ **ölçüşmek** жарышуу, мелдешүү. ~ **vermek 1)** баштан ашуу *(суу)*. **2)** (*сууга буту менен түшүп)* тереңдик өлчөө. **3)** чоңоюу. ~ **vermemek** *(бирөөнүн)* боюн көмбөй турган тереңдикте болуу.

boy II *социол.* уруу.

boya 1. боёк. **2.** сыр. **3.** өң, түс. **4.** косметика. **5.** *өтм.* көрүнүш. **~sı atmak** өңү өчүү. ~ **tutmak** боёгу жакшы болуу. ~ **vurmak/çekmek/ sürmek** сырдоо, боёо.

boyacı 1. боёкчу, маляр. **2.** боёк саткан киши. **3.** бут кийим майлаган өтүкчү. **4.** *өтм.* алдамчы, митайым ~ **küpü değil ya!** бул иш оңой дейсиңби? ~ **küpüne girmiş gibi** өтө боёнгон аял (*сөзм. с.* боёк челекке кирип чыккандай). ~ **sandığı** бут кийимди үстүнө коюп боёгон үкөк.

boyalı 1. боёлуу, боёлгон, сырдалган. **2.** боёнгон, жасанган*(аял)*. 3. түстүү.

boyama боёолгон, боёлуучу, сырдалуучу. ~ **kürk** боёлгон *(жасалма)* тон.

boyamak 1. боёо, сырдоо. **2.** боёнуу, макияж жасоо. **3.** *(бут кийим)* майлоо. **4.** *өтм.* катуу айтуу.

boyar: madde 1. пигмент, боёк заттар. 2. *бот.* клеткадагы түстүү зат.

boyasız 1. боёгу жок. **2.** сырдалбаган. **3.** түссүз. **4.** макияжсыз, боёнбогон *(аял)*.

boykot,-tu бойкот. ~ **etmek** бойкот жасоо.

boykotçu бойкот койгон/жасаган *(киши)*.

boylam *геогр., астр.* узундук. **batı ~ı** батыш узундук. **doğu ~ı** чыгыш узундук.

boylamak 1. узун жол басып өтүү. **2.** бойлоо, *(бир сууну, жолду)* бойлоп жүрүп отуруу. **3.** узунунан түшүп жатуу. **4.** каалабаган бир жерге түшүү. **hapsi** ~ түрмөгө түшүү. **5.** чөгүү. **6.** көтөрүлүү, каптоо, чыгуу.

boylanmak бою узаруу. **boylanıp boslanmak** чоңоюп эр жетүү.
boylu бойлуу. ~ **boslu/poslu** узун бойлуу, келишимдүү. ~ **boyunca 1)**болгон узундугу менен. **2)** баштан аяк.
boynuz 1. мүйүз. **2.** мүйүздөн жасалган. **3.** *мед.* банка. **4.** *ооз.* көзүнө чөп салма *(күйөөсүнүн)*. ~ **çekmek** банка коюу. ~ **isterken kulaktan olmak** мүйүздүү болом деп кулагынан ажыраш. ~ **kulağı geçmek** устасынан шакирти өтүш. ~ **taktırmak** *(аялы тарабынан)* көзүнө чөп салынуу.
boynuzlu 1. мүйүздүү. **2.** аялы көзүнө чөп салган.
boysuz кыска бойлуу.
boyun,-ynu 1. моюн. **2.** *(шише, ваза сыяктуу идиштердин)* мойну/ оозу. **3.** жоопкерчилик. **4.** *геогр.* ашуу, бел. **~una almak** мойнуна алуу. **~una asılmak** мойнуна асылуу**.** ~ **atkısı** моюн орооч. ~ **bağı** галстук. ~ **borcu** моюн парзы. **~unu bükmek** моюн сунуу. **~u bükük** айласыз, чарасыз, эч кими жок. ~ **eğmek** моюн сунуу, баш ийүү. **~unda kalmak** мойнунда калуу, аманатты аткарбоо. **~unu kesmek/ vurmak** башын кесип өлтүрүү. **~u kıldan ince olmak** мойну кылдан ичке болуш *(кылмышы үчүн жаза тартууга даяр)*. **~una sarılmak** мойнунан кучактоо. **~u tutulmak** мойну тутулуу.
boyuna 1. узунунан. **2.** тынымсыз, үзгүлтүксүз. **enine** ~ ар тараптуу, кеңири, узун-туурасынан.
boyunca 1. узатасынан. **2.** боюнча. **3.** маалында, убактысында.
boyunduruk,-ğu 1. моюнтурук. **2.** зордук, зомбулук. ~ **altına almak** басып алуу, ээлеп алуу. ~ **altına girmek** көз каранды болуу, бийлиги алдына кирүү. ~**a vurmak** карамагына/бийлиги алдына алуу.
boyunlu моюндуу.
boyut,-tu 1. чек, узундук. **2.** сапаты, өлчөмү, өлчөөсү. **3.** *өтм.* ахвал, жагдай.
boz боз.
boza бозо. ~ **gibi** бозодой *(коюу, киргилт)*. ~ **olmak** *ооз.* уят болуу.
bozarmak бозоруу.
bozayı *зоол.*боз аюу.
bozdurmak 1. буздуруу. **2.** майдалатуу *(акчаны)*. **3.** акча алмаштыруу.
bozgun 1. баш-аламандык, чаржайыттык. **2.** чачылуу, ирети бузулуу *(кол/аскердин)*. **3.** чачылган, сайсайлаган. **4.** чөгүү, ындыны өчүү. **~a uğramak** чабылып-чачылуу, жеңилүү.
bozguncu чабуулчу.
bozkır боз талаа.
bozmak 1. бузуу, кыйратуу, зыян келтирүү. **2.** тартибин бузуу, чачуу. **3.** ырааттын, системасын өзгөртүү. **4.** майдалоо *(акчаны)*. **5.** *өтм. (бирөөнү)* ыңгайсыз абалга түшүрүү. **6.** ыдыратуу, сайсайлатуу, жеңүү *(жоону)*. **7.** айландыруу (*алтынды, валютаны*). **8.** бакчанын акыркы түшүмүн топтоо. **9.** кыздыгын алуу. **10.** акыл-эсин жоготуу. **aklını** ~ эс-акылын жоготуу. **11.** арасын ачуу/бузуу, ажыраштыруу. **çifti** ~ жубайларды ажыраштыруу. **12.** бузулуу *(аба, күн)*.
bozuk 1. бузук. **2.** маанайы пас. **3.** чала моңол *(тил).* ~ **Fransızca** чала моңол французча. **4.** бузулган. ~ **yumurta** бузулган жумуртка. **5.** жаман, жолсуз. ~ **bir gün** жолсуз күн. **6.** бүркөк *(күн)*. **7.** майда *(акча, тыйын)*. ~ **çalmak** *арго* маанайы пас, көңүлсүз болуу**.** ~ **düzen** тартипсиздик, баш-аламандык. ~ **para** майда *(акча, тыйын)*. ~ **para gibi harcamak** кол

бала кылып жумшап алуу.

bozukluk,-ğu 1. бузуктук. **2.** майда *(акча, тыйын)*.

bozulmak 1. бузулуу, иштебей калуу, талкалануу. **2.** бузулуу, ачып кетүү, жарабай калуу *(тамак-аш)*. **3.** сапатын жоготуу. **4.** жараксыз болуу *(план, иш)*. **5.** капа болуу, жини келүү. **6.** начардоо, бузулуу *(ден соолук)*. **7.** майдалануу *(акча)*. **8.** алмаштырылуу *(алтын, валюта)*. **9.** чабылыш, чачылыш *(жоо, кол)*.

bozum 1. бузуктук, кыйроо. **2.** *арго* уялчаактык, жалтаңдык. ~ **etmek** уят кылуу. ~ **olmak** уят болуу.

bozuntu 1. калдык, чалдыбар, уранды. **2.** кыйроо, чачылуу, таркоо. **3.** сөрөй, болумуш. **şair ~su** акын сөрөй, акын болумуш. **4.** сүрдөө, алдастоо, апкаруу. **~ya uğramak** алдастап калуу, апкаарып кетүү. **~ya vermemek** көрмөксөн/ билмексен болуу.

bozuşmak мамилелери бузулуу, араздашуу.

böbrek *анат.* бөйрөк. ~ **iltihabı/yangısı** *мед.* бөйрөктүн сезгениши, нефрит.

böbürlenmek менменсинүү, дөгүрсүү, кыйынсынуу.

böbürtü менменсинме, кыйынсынма, манчыркоо.

böcek курт-кумурска. **hamam ~i** таракан. ~ **çıkarmak** жибек курт өстүрүү. ~ **gibi** кичинекей, кара *(бала)*.

böceklenmek курттап кетүү, кумурска басуу, чирүү.

böcü 1. курт-кумурска. **2.** «бөө» *(балдардарды коркутуу үчүн айтылган кеп)*.

böcül: *туур.с.* ~ ~ каректерин айлантып кароо.

böğür,-ğrü 1. каптал. **2.** кабырга менен жамбаш арасы. *к.* **boşböğür.**

böğürmek 1.өкүрүү, мөөрөө *(үй, өгүз)*. **2.** өкүрүп-бакыруу *(киши)*.

böğürtlen 1.*бот.* бүлдүркөн бадалы *(Rubus caesus)*. 2. бүлдүркөн *(ашы)*.

böğürtü мөөрөгөн үн.

böke 1. каарман, күчтүү *(киши)*. **2.***спорт* бөкө, чемпион.

bölen *мат.* бөлүүчү.

böle *диал.* тууган.

bölge аймак, регион, зона.

bölgesel аймактык.

bölme 1. бөлмө, ажыратма. **2.** бөлмө *(салон же чоң бөлмөлөрдүн бөлүнүп коюлган кичине жери)*. **3.** чоң бөлмөлөрдү ичинен өзүнчө бөлүмдөргө ажыратып турган тосмо/тактай. **4.** *мат.* бөлүү *(амал)*. **5.** *дең.* коопсуздук тосмолору.

bölmek 1. бөлүү. **2.** *өтм.* ынтымакты бузуу,бөлүп-жаруу. **3.** *мат.* бөлүү.

bölmeli тосмо аркылуу бөлүнгөн.

bölü *мат. бөлүү белгилеринин* (:), (4/3) *окулушу.*

bölücü 1. бөлүүчү. **2.** бузуку, ырк бузган.

bölücülük,-ğü бөлүүчүлүк, бузукулук.

bölük 1. бөлүк. **2.** *аск.* бөлүк. **3.** чач өрүмү. ~ ~ бөлүк-бөлүк. ~ **komutanı** *аск.* капитан. ~ **pörçük** бөлөксалак.

bölüm 1. бөлүм *(китептин, журналдын)*. **2.** бөлүү иши. **3.** бөлүм, секция *(мекемеде)*. **4.** *(мектепте, жогорку окуу жайларында)* белгилүү билим тармагын окуткан бөлүм. **5.** *мат.* тийинди.

bölümlemek бөлүштүрүү, классификациялоо.

bölünen *мат.* бөлүнүүчү *(сан)*.

bölünmek бөлүнүү, ажыроо.

bölünmez бөлүнбөс.

bölüntü 1. бөлүнгөн, ажыратылган бөлүк. **2.** фракция.

bölüş бөлүш.

bölüşmek бөлүшүү, үлүштөргө ажы-

ратуу.
bölüştürmek бөлүштүрүү.
bön аңкоо, макоо, эндекей. ~ **bakmak** аңырайып кароо.
bönlük,-ğü аңкоолук, макоолук, карапайымдык.
börek,-ği бөйрөк токоч, май токоч, пирожки.
börk *эск.* бөрк, көрпөдөн жасалган баш кийим.
börtmek аз кайнатып бышыруу.
börtü: ~ **böcek** ар түрдүү курт-кумурскалар.
börülce *бот.* уй буурчак *(Vigna sinensis).*
böyle 1. мындай, ушундай. **2.** минтип, ушинтип. **3.** мынчалык, ушунчалык. ~ **gelmiş,** ~ **gider** ар качан ушундай болуп келген жана боло берет. ~ **iken** ушундай болгон соң. ~ **olunca** мындай болгон соң. ~ **olmakla beraber** мындай болгону менен. **bundan** ~ мындан ары. **bu ne biçim iş** ~**!** бул эмнеси ыя! **nereden** ~**?** каяктан?
böylece 1. ушундайча, мындайча. **2.** минтип, ошентип, натыйжада.
böylelikte ушинтип, ошентип.
böylesi,-ni буга окшогон, мындай.
böylesine ушунчалык, ушундай, мындай.
Brahmanizm *дин* брахманизм .
branda *дең.* асма төшөк. ~ **bezi** брезент.
branş *(илим, билимде)* тармак, салаа.
bravo браво! азамат! жаша!
Brezilya Бразилия.
Brezilyalı 1. бразилиялык. **2.** Бразилияга тиешелүү/мүнөздүү.
briç,-çi бридж (*төрт киши ойногон карта ойну)*.
brifing, -gi брифинг.
briket,-ti брикет *(күйүүчү зат)*.
Britanya 1. Британия. **2.** Британияга тиешелүү/мүнөздүү. ~ **Adaları** Британия аралдары.
briyantin бриллиантин.
brokar *(күмүш саймалуу)* кездеме түрү.
bronş *анат.* бронха.
bronşit, -ti *мед.* бронхит.
bronz коло, бронза.
broş төөнөгүч, төөнөч, брошка.
broşür брошюра, китепче.
brove 1. учкуч диплому, учкуч күбөлүгү. **2.** төш белги *(значок)*.
Brüksel Брюссель. ~ **lâhanası** брюссел капустасы. *(Brassica oleracea gemmifera).*
brülör май чачыраткыч *(мис. керосинкада)*.
brüt,-tü 1. дүң, алык-салык кесилбеген *(акча, айлык)*. **2.** дүң *(идиши/таразасы менен кошо тартылган салмак)*.
bu,-nu бу, бул, ушул. ~ **arada 1)** бул убакта, бул учурда. **2)** ошону менен бирге эле, ошол эле учурда. ~ **bakımdan** бул көз караштан. **~ndan başka** мындан башка. **~nda bir iş var** мында бир иш/сыр бар. **~nunla birlikte/beraber** муну менен катар/бирге эле. **~ndan böyle** мындан ары. **~nun burası** *ооз.* так ушу жер. ~ **defa** бул жолу. **~ndan dolayı/ötürü** ушундан улам, бул үчүн. **~na gelince** ...га келе турган болсок, мындан сөз кыла турган болсок**.** ~ **gibi** бул сыяктуу, мындай. ~ **günlerde/ yakınlarda 1)** бул күндөрдө, бүгүнкү күндө. **2)** жакынкы күндөрдө. **~nun için** бул үчүн, ошондуктан. ~ **işte bir hikmet var** мунун бир себеби бар. ~ **itibarla** ошондуктан, ошол себептен, демек. **~ndan iyisi can sağlığı** мындан мыктысы жок. ~ **kadar 1)** ушунчалык, мынчалык. **2)** *(сандардын артынан келип)* . . . дан ашык. **on** ~ **kadar** ондон ашык. ~ **münasebetle** бул жагдайда. ~ **ne perhiz,** ~ **ne lâhana tursusu!** сөздөр эки ача чыкканда айтылат.

~ **sevdadan vazgeç!** мунуңу ташта! ~ **sıcağa kar mı dayanır!** буга ким түтөт! ~**ndan sonra 1)** мындан кийин. **2)** иш мындай болгон соң. ~ **takdirde** бул жагдайда. ~**nun üzerine** анда, минткенде. **(**…**dan) ~ yana** ошондон бери. ~ **yüzden** ошол үчүн, ошондуктан.

buat,-ti *элек.* туташтыруу кутусу.

bubi : ~ tuzağı *аск.* оңой жарылган бомба.

bucak,-ğı 1. бучкак, бурч. **2.** баш калкалоочу жай. ~ ~ **aramak** издебеген жери калбоо, тинтүү. **köşe ~ kaçmak** жаа бою качуу.

buçuk,-ğu 1.... жарым *(сандар менен айтылат, өзүнчө колдонулбайт)*. **sekiz ~** сегиз жарым. **2.** он эки жарым (*саат)*.

budak,-ğı 1. бутак. **2.** тал. **3.** бутак *(тактайдагы)*. ~ **deliği** тактайда бутактын ордунан пайда болгон тешик.

budaklanmak 1. бутактануу. **2.** бутак басуу.

budala 1. келесоо, дөдөй, макоо. **2.** *(бир нерсеге)* өтө берилген, аркасынан түшкөн. ~ **yerine koymak** келесоо катары көрүү.

budalalık,-ğı келесоолук, дөдөйлүк, макоолук. ~ **etmek** келесоолук/дөдөйлүк кылуу.

budama бутама.

budamak бутоо, отоо, талдарын кесүү *(бактын)*.

Budist буддист.

Budizm *дин* буддизм.

budun *эск.* эл, калк, улут. ~ **betim** этнография. ~ **bilimi** этнология.

bugün бүгүн. ~**lerde** бүгүнкү күндө. ~**e bugün** күнү бүгүнкө чейин ~**den tezi yok** азыр, дароо. ~ **yarın** бүгүн-эртең. ~**den yarına** келечек муундарга.

bugünkü,-nü бүгүнкү. ~ **tavuk yarınki kazdan iyi** *мак.* эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө *(артык)*.

bugünlük бүгүнкүгө. ~ **yarınlık** бүгүн-эртең үчүн.

buğday буудай. ~ **benizli/rengi** буудай жүздүү.

buğu 1. буу. **2.** конденсация.

buğulama 1. булоо. **2.** бууга айландыруу.

buğulanmak бууланууу.

buğulaşmak бууга айлануу.

buğulu 1. буулуу, бууланган. **2.** *өтм.* кылгырган *(көз караш)*.

buhar буу**.** ~ **kazanı** буу казаны. ~ **makinesi** буу машинасы.

buharlaşma бууга айланма. ~ **noktası** бууга айлануу чекити.

buharlaşmak бууга айлануу.

buharlı буулуу, буу менен иштеген. ~ **ütü** буу менен иштеген үтүк.

buhran кризис**.** ~ **geçirmek** кризиске учуроо.

buhranlı кризистүү, кыйын, татаал.

buhur алас, арча түтөтүү *(диний ырым)*.

buhurdan, buhurdanlık *аластоо учурунда колдонулган зат.*

buji *авто* оттук *(свеча)*.

bukağı кишен, чынжыр**.** ~ **vurmak** кишен салуу.

bukağılamak кишендөө, чынжырлоо.

bukalemun *түз, өтм.* хамалеон, өң кубултма.

buket,-ti букет.

bukle тармал *(чач)*.

buklet,-ti 1. букле, бүртүктүү жип. **2.** букледен токулган кездеме.

bulamaç 1. буламык. **2.** *өтм.* аралашкан, андан-мындан чогулган.

bulamak 1. сүйкөө, каптоо, чулгоо, матыруу. **2.** кирдетүү, чаңытуу, булгоо.

bulandırmak 1. булгоо, кирдетүү. **2.** аралаштыруу. **3.** жүрөк айландыруу. **mide ~** жүрөк айлантуу.

bulanık 1. булганыч, таза эмес, кир *(суюктук)*. **2.** бүркөк *(күн)*. **3.** *өтм.*

түнөргөн, жансыз *(көз караш)*. ~ **suda balık avlamak** чаржайыттыктан пайдаланып өз көмөчүнө күл тартуу.

bulanıklık,-ğı булганычтык, кирдүүлүк, бүркөктүк.

bulanmak 1. булгануу, кирдөө, батуу. **2.** бүркөлүү. **3.** жүрөгү айлануу. 4. жаңылуу, мээси айлануу, башы катуу.

bulantı жүрөк айлануу. ~ **vermek** жүрөк айландыруу, кускуну келтирүү.

bulaşıcı жугуштуу. ~ **hastalık** жугуштуу оору.

bulaşık,-ğı 1. кир идиш-аяк. **2.** жуккан. 3. сүйкөлгөн, оонатылган, матырылган *(нерсе)*. **4.** жабышкан, тажатма *(киши)*. ~ **bezi** майлык, суулук. ~ **makinesi** идиш жууган машине. ~ **suyu** жугунду. ~ **suyu gibi** жугундудай *(даамсыз тамак)*.

bulaşıkçı идиш жуугуч *(киши)*.

bulaşıklık,-ğı идиш кургаткыч.

bulaşkan 1. жабышкак, жукма. **2.** *өтм.* чыр, чатактуу. **3.** жугуштуу (*оору*).

bulaşmak 1. булгануу, жабышуу, жугуу *(кир)*. **2.** жугуу *(оору)*. **3.** кармашуу, киришүү, чатакташуу. **4.** *(бир ишке)* аралашып алуу.

buldok бульдог.

buldozer бульдозер.

Bulgar 1. болгар. **2.** болгарларга тиешелүү/мүнөздүү.

Bulgarca болгар тили, болгарча.

Bulgaristan 1. Болгария. **2.** Болгарияга тиешелүү/ мүнөздүү.

bulgu 1. ачылыш. **2.** табылга. **3.** *мед.* диагноз.

bulgulama ачылыш жасоо.

bulgur булгур *(кайнатылып кургатылган буудайдын жара тартмасы)*. ~ **pilavı** булгур палоо.

bulmaca табышмак.

bulmak 1. табуу. **2.** ачылыш жасоо, ачуу. **3.** ойлоп табуу, чыгаруу. **4.** бир орунду же бир убакытты алуу. **5.** жыйынтыкка келүү, ... деп табуу. **6.** көрсүн, тапсын. **Allahtan bulsun!** Кудайдан көрсүн/ жетсин! **bula, bula bunu (onu) bulmak** издеп жүрүп тапканы ушу (ошо). **bulup buluşturmak** эптеп табуу. **buldukça bunamak** көзү тойбоо. **son** ~ аяктоо. **şifa** ~ шыпаа болуу. **vuku** ~ болуу, ишке ашуу.

bulucu 1. ойлоп чыгаруучу. **2.** тапкыч машине *(газ/мина/радиоактивдүү заттарды)*.

bulûğ эрезе, балакат**.** ~ **çağı** балакаттан өткөн кез. ~**a ermek** эрезе куракка жетүү.

bulunç абийир.

bulundurmak *(бир нерсени)* колунда кармап туруу, өксүтпөө, жыйып/ топтоп коюу. **el altında** ~ колунун алдында (даяр) кармап туруу.

bulunmak 1. табылуу. **2.** *(бир жерде, бир абалда)* болуу. **3.** ... **-da** ~ **: ricada** ~ өтүнүч жасоо.

bulunmaz табылбас, табылгыс, баалуу. **eşi, benzeri** ~ теңдеши жок.~ **Hint/Bursa kumaşı** 1*)* өтө баалуу. 2*)* урматтуу, баа жеткис *(киши, нерсе)*.

buluntu 1. табылга. **2.** *археол.* табылга, ачылыш. **3.** көчөдөн табылган бала, таштанды.

buluş 1. ойлоп табыш, табылга, ачылыш. **2.** жаңы пикир.

buluşma жолугушуу, кездешүү. ~ **yeri** жолугушчу жер.

buluşmak жолугушуу, табышуу, кездешүү.

buluşturmak жолуктуруу, табыштыруу, кездештирүү, башын кошуу, чогултуу.

bulut,-tu 1. булут. **2.** карарган, коюу, түрмөктөлгөн *(нерсе)*. **sinek** ~**u** уюлгуган чымындар 3. *өтм.* күмөн, шек, уйгу-туйгу ойлор. ~ **gibi** дайнын таппаган (ылжыган)

мас. **~tan nem kapmak** чын тийбес, таарынчаак.

bulutlanmak 1. булут басуу, бүркөлүү *(күн)*. **2.** *өтм.* капалануу, кайгыруу. **3.** *өтм.* доо кетүү, бузулуу.

bulutlu 1. булуттуу. **2.** *өтм.* киргилт, бозомук. **3.** *өтм.* айнып калган, акыл-эси жайында болбогон.

bulutsu 1. *астр.* тумандуулук, небула. **2.** булутка окшогон.

bulvar бульвар.

bumbar 1. мөөн. **2.** мөөнгө куюлган фарштуу *(күрүч, тууралган эт, булгур ж. б.)* тамак, быжы. 3. *(ичине кебез толтурулган)* суук тоскуч тыгын *(терезе эшиктерге кагылат)*.

bumburuş, bumburuşuk бырыш-тырыш, бырышкан-тырышкан.

bunak,-ğı алжыган, мээси айныган.

bunaklık,-ğı алжыгандык, көк мээлик.

bunalım 1. *психол.* кризис. **2.** курч кырдаал, кергиндик. **3.** *мед. (оорулуунун)* начардашы, чөгүшү, өзүнө ээ боло албашы, депрессия. **~a düşmek** чөгүү, өзүнө ээ боло албоо, депрессияга кирүү. **~ geçirmek** кайратын жоготуу, чөгүү.

bunalmak 1. деми кыстыгуу, дем ала албоо, муунуу. 2. тажоо, зеригүү.

bunaltı кыйынчылык, тажатма, көңүл чөгөргөн *(нерсе)*. **2.** жүрөк айланткан, жипкирткен *(нерсе)*.

bunaltıcı тажатма, айласыз, жадаткан *(киши, окуя, кубулуш)*.

bunaltmak тажатуу, көңүл айлантуу, жадатуу.

bunama алжыма, акыл-эстен айныма, жаш баладай болуу *(картаңдар)*.

bunamak алжуу, акыл-эстен ажыроо.

bunca мынча, мынчалык, ушунча, ушунчалык. **~ zaman** мынча убакыт.

bungalov бунгало (*Индияда бир кабаттуу верандалуу жыгач там)*.

bura бул жер, бул жак (бияк). **~da** бул жерде. **~dayım diye bağırmak** көрүнөө жерде туруу.

buralı бул жердик.

buram: ~ ~ 1. бурам-бурам, уюлгуган, *(түтүн, газ, жыт)*. **2.** *өтм.* оргуган *(сезим, сүйүү)*.

burası,-nı бул жер.

buraya бул жакка, биякка, бул жерге.

burcu атыр, жыпар *(жыт)*. **~ ~** буруксуган, аңкыган, жыпар жыттанган *(жыт)*.

burç,-cu 1. чеп, бастион. **2.** чептин бурчтуу учтары. **3.** *астр.* Зодиак топ жылдыздарынын жалпы аты. **~lar kusağı** *астр.* Зодиак курчамы.

burçak *бот.* буурчак *(Vicla ervilia)*. **~ ~** тармалданган *(чач)*.

burgaç,-cı 1. айлампа *(суунун)*. **2.** уюлгуган, удургуган.

burgu 1. бургу. **2.** бурап ачкыч, штопор. **3.** тээк, кыл аспаптардын кылын кердирген тетик.

burgulamak бургулоо, тешүү.

burjuva буржуа.

burjuvazi буржуазия, шаар ак сөөктөрү.

burkmak 1. буркуу, кокустатуу *(бутту, колду)*. **2.** буроо, толгоо.

burkulmak 1. буркулуу, кокустоо *(кол, бут)*. **2.** буралуу, толгонуу. **3.**күрмөлүү *(тил)*. **4.** *өтм.* капа болуу, жүрөгү сыздоо.

burmak 1. буруу, толгоо. **2.** биттөө, бычуу *(эркек айбандарды)*. **3.** оозго кычкыл даам калтыруу. **4.** *(ашказан, ичегини)* бурап оорутуу. **5.***өтм.* капа кылуу.

burs стипендия, грант.

bursiyer стипендиант.

burak 1. буралган, толгонгон, чыйратылган. **2.** оозду ачыштырган, өтө кычкыл *(даам)*. **3.** таарынган, түнөргөн, көңүлсүз *(түр, кебете)*. **4.** бычылган, биттелген *(айбан)*.

burukluk,-ğu 1. кычкылдык *(даам)*. **2.** *өтм.* көңүлсүздүк таарыныч, капа.

burulmak 1. буралуу, толгонуу. **2.** ко-

кустоо, буркулуу *(бут, кол)*. **3.**бурап ооруу *(ашказан, ич)*. **4.**коркутуу, таарынуу.

burun,-nu 1. мурун. **2.** *(айрым нерселердин)* учу, мурду, алды жагы. **3.** тумшук *(айбандарда)*. **4.** *геогр.* тоолуу/зоокалуу кургактыктын деңизге кирип турган учтуу бөлүгү, тумшук. **5.** *өтм.* көтөрүлгөн, мурдун көтөргөн, кыйынсынган, өпкө. ~ **akıntısı** чимкирик, мурундун суусу. ~ **boşluğu** мурун көңдөйү. ~ **~a** бетме бет. ~ **~a gelmek** бетме бет келүү. ~ **bükmek** мурдун чүйрүү. ~**u büyük** дымагы күчтүү, өпкөсү казанбактай. ~**u büyümek** мурдун көтөрүү, кыйынсынуу. ~**unu çekmek 1)** мурдун тартуу. **2)** *арго* куру жалак калуу. ~ **deliği** таноо. ~**unun dibinde** мурдунун учунда. ~**unun dikine/doğrusuna gitmek** өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илүү. ~**unun direği kırılmak** каңылжаарды өрдөп кетүү *(жагымсыз жыт)*. ~**unun direği sızlamak** азап чегүү *(физикалык, рухий)*. ~**u düşmek** мурду түшө жаздоо *(сасык жыттан)*. ~**undan düşen bin parça olur** сиркеси суу көтөрбөй туруу. ~**undan (fitil fitil) gelmek** чар учкандай болуу, *(кубанычы)* суу сепкендей өчүү. ~**undan getirmek** акесин таанытуу, көргүлүктү көрсөтүү. ~**una girmek** ичикойнуна кирүү. ~**u havada** мурдун көтөрүү, кейкейүү. ~**u Kaf dağında** бой көтөрүү, менменсинүү. ~**u kanamadan** мурду да канабай, эч нерсе болбой. ~**u kanamak** мурду каноо. ~ **kanaması** мурун канамасы. ~**undan kıl aldırmamak** мышыгына "пыш" дедиртпөө, өзүн жогору коюу. ~**unu kırmak 1)** мурдун талкалоо. **2)** *өтм.* акесин таанытуу. ~ **kıvırmak** мурдун чүйрүү. ~**unu silmek** мурдун аарчуу. ~**unu sokmak** кийлигишүү, аралашуу. ~**undan solumak** мурду кыпчылуу, каны ичине тартуу. ~**unu sürtmek** намыстанганды коюп, бирөөгө жасакерлене баштоо. ~**u sürtülmek/ ~unu yere sürtmek** сабак алуу. ~**unda tütmek** сагынуу, куса болуу. ~**unun ucunda** мурдунун учунда, жакын. ~**unun ucunu görmemek** ылжыган мас болуу. ~**unun ucundan ötesini/ ilerisini görmemek** мурдунун учунан алысты көрө албоо, акылы тайкы болуу. ~**unun yeli harman savurmak** ышкырыгы таш жаруу, кырдануу, бой көтөрүү.

burunduruk,-ğu мурунтук/мурун (ооз) кыпчыткыч *(аттын)*.

burunsak, burunsalık 1. мурунтук *(жаш малга энесин эмбеши үчүн тагылат)*. **2.** мурунтук *(өгүздүн, төөнүн)*.

buruntu бурап ооруу *(ич)*.

buruş 1. бырыш. **2.** кычкыл даам. ~ ~ **olmak** бырышып-тырышуу.

buruşmak 1. бырышуу. **2.** *(ооздо)* кычкыл даам калуу.

buruşturmak 1. бырыштыруу. **2.** *(кабагын)* бүркөө.

buruşuk бырышкан, тырышкан.

buruşukluk бырыш, тырыш.

buse өбүш.

but,-du 1. сан, жоон сан *(дене мүчөсү)*. **2.** сан *(эт)*.

butik бутик *(кийим, макияж буюмдарын саткан кичинекей дүкөн)*.

buyruk,-ğu 1. буйрук. **2.** бийлик, эгемендик. ~**u altına girmek** буйругу алдына кирүү.

buyrulmak буюрулуу.

buyur: 1. ~ **etmek** *бир жерге/ үйгө/ дасторконго/ төргө чакыруу*. **2.** "эмне дединиз?" *дегендин ордуна сылык шекилде колдонулат.*

buyurgan буйрук берген, бийлик ээси, диктатор.

buyurganlık диктатордук.

buyurmak 1. буюруу. **2.** *сылык* алдына келүү, улук башын кичик кылуу, келип берүү. **3.** өтүү *(ичкери, жогору)*. **4.** алмак, жемек. **meyve buyurmaz mısınız?** жемиштен алсаңыз **5.** *(расмий кепте* **etmek** *этиши ордуна колдонулат)*. **Cumhurbaşkanı beni kabul buyurdular.** Президент мени кабыл алды. **buyur?** эмне дейсиң**? buyurun/ buyrunuz** өтүңүз *(өтүнүч/маркамат көргөзүүдө колдонулат)*. **buyurun cenaze namazına!** *(капысынан күтүлбөгөн абалга туш келгенде айтылат)* мына сага, ушундай болмок!

buz 1. муз. **2.** өтө суук, жагымсыз. **~lamak** муз туруу. **~lar çözülmek** *өтм.* муздар эрүү, мамиле жакшыруу. **~ dağı** айсберг, муз тоо. **~ gibi 1.** муздай *(суук)*. **2.** *ооз.* жакшы сакталган, таза, иреттүү. **3.** чыныгы, барып турган. **~ gibi hırsız!** барып турган (айласыз) уру. **~ gibi soğumak** муздай суумак, көңүлү үч көчкөн журттай калмак. **~ kesilmek 1)** муз тоңуу. **2)** үшүү, тоңуу. **3)** таң калуу, айран калуу. **~ kesmek** муздай тоңуу. **~ tutmak/ bağlamak** муз туруу, муз каптоо.

buzağı музоо.

buzağılamak музоолоо.

buzdolabı,-nı муздаткыч.

buzhane 1. муз бөлмө, муз жасаган ишкана. **2.** суук аба депосу.

buzlanmak муз тоңуу, муз каптоо.

buzlu 1. муздуу, муз салынган. **2.** муз тоңгон, муз капталган. **3.** тунук эмес *(айнек)*. **~ cam** быдырлуу айнек.

buzluk,-ğu 1. муздук, муздаткычтын тоңдуруучу бөлүмү. **2.** муз чыгаруучу фабрика. **3.** муз тоңдуруучу идиш.

buzuki *муз.* бузуки (*грек музыкалык аспабы)*.

buzul мөңгү. **~ devri** муз доору.

bücür бүжүрөйгөн, кыска бойлуу, кодойгон, кыдыйган *(киши)*.

büfe 1. идиш-аяк шкафы, буфет. **2.** өзүн-өзү тейлөөчү стол. **3.** тамакаш, тамеки, газета саткан кичи дүкөн.

büklüm 1. бүктөм, бүйрүлгөн, бүйүрмө. **2.** ийри-буйру, бурулушу көп. **~ ~** бүктөм-бүктөм, бүйрүлгөн, катталган.

bükmek 1. бүгүү, каттоо. **2.** чыйратуу, түрүү, толгоо. **3.** ийрүү.

bükük бүгүлгөн, ийилген, катталган, чыйратылган, толгонгон.

büküm 1. бүктөм, каттам, бүктөө. **~ü açıldı** бүктөөсү жазылды. **2.** *(жип, жүн)* түрмөк. **3.** бүктөмө, каттама, толгомо.

bülbül 1. булбул. **2.** *өтм.* жакшы ырдаган *(киши)*. **~ gibi** булбулдай, суудай *(сүйлөө)*. **~ gibi konusmak** шыдыр сүйлөө. **~ gibi söylemek** баарын айтып салуу, моюнга алуу. **~ gibi sakmak** булбулдай сайроо. **~ kesilmek** оозу оозуна тийбей сүйлөө, бирөөнүн сырын айтып салуу.

bülten 1. бюллетень. **2.** журнал.

bünye 1. түзүлүш, структура. **2.** дене түзүлүшү.

büro 1. бюро. **2.** мекеме, офис.

bürokrasi бюрократия.

bürokrat,-tı 1. бюрократ. **2.** мамлекеттик кызматкер, чиновник.

bürokratik бюрократиялык.

bürümcük,-ğü бош жибектен токулган кездеме, муслин.

bürümek 1. ороо, каптоо, жабуу, басып калуу. **2.** *өтм.* катуу таасир берүү.

bürünmek 1. оронуу, капталуу, жабылуу, басылуу. **2.** түргө ээ болуу. **3.** роль ойноо.

büsbütün бүтүндөй, толугу менен, таптакыр.

büst,-tü бюст *(айкел)*.
bütan *хим.* бутан.
bütçe бюджет. ~ **açığı** бюджет кемчили.
bütün 1. бүтүн, толук, бүт. **2.** баары. **3.** кесек *(акча)*. **4.** сумма, жалпы. ~ ~ баары, бүт баары. ~ **~e** толугу менен, эч нерсе калтырбастан.
bütüncül жеке бийлөөчү, тоталитардык.
bütünleme 1. толуктоо, бүтүндөө. **2.** экзаменди кайра тапшыруу. **~ye kalmak** экзаменден кулап, кайра тапшырууга калуу. ~ **sınavı** кайра тапшыруу сынагы.
bütünlemek 1. бүтүндөө. **2.** кайра тапшыруу сынагынан өтүү.
bütünlemeli экзаменин кайра тапшыра турган *(студент)*.
bütünlük бүтүндүк, толуктук, биримдик.
büyü сыйкыр, көз боочулук, дуба. ~ **bozmak** дубасын жандыруу, сыйкырын бузуу. ~ **yapmak** сыйкырлоо, дубалоо.
büyücek чоң, ири, балтайган, колтойгон.
büyücü сыйкырчы, көз боочу, дубакөй.
büyük,-ğü 1. чоң, ири. **2.** улуу, аксакал. **3.** маанилүү, олуттуу. **4.** жогорку. **5.** катуу, терең. **~ler 1)** улуулар, аксакалдар. **2)** чоң (кишилер). ~ **anne** чоң эне. ~ **aptes** чоң даарат. ~ **aptesi gelmek** чоң даараты келүү. ~ **baba** чоң ата. **B~ Britanya** Улуу Британия. **~le büyük, küçükle küçük olmak** чоңго чоңдой, кичинеге кичинедей мамиле кылуу. ~ **elçi** элчи. ~ **elçilik** элчилик. ~ **görmek/bilmek/tutmak** өйдөсүнтүү, кыйын саноо. ~ **hanım** байбиче, үйдөгү эң улуу аял. ~ **harf** чоң тамга. ~ **ikramiye** *(лотереяда)* биринчи утуш. ~ **lâf etmek** чоң (кесир) сүйлөө. **B~ Millet Meclisi** Жогорку Улуттук Парламент *(Түркиянын)*. **B~ Okyanus** Тынч океан. ~ **oynamak 1)** көп акча коюп кумар ойноо. **2)** тобокел кылуу, бел байлоо. ~ **ölçüde 1)** көбүнчө **2)** көп өлчөмдө. ~ **söz söylemek** мактануу, колунан келбеген убадалар берүү. ~ **söz** чоң сөз. ~ **tövbe ayı** ай календарынын бешинчи айы *(кечирим суралчу ай)*. ~ **ünlü uyumu** *грам.* сингармонизм. ~ **yemin** ант ичүү.
Büyükayı *астр.* Чоң Жетиген.
büyükbaş ири мал, кара.
büyükçe 1. бир аз чоң, чоңураак. **2.** *өтм.* абдан маанилүү, өтө олуттуу.
büyüklenmek чоңсунуу, кекирейүү, бой көтөрүү, менменсинүү, *(кишини)* теңине албоо.
büyüklük,-ğü 1. чоңдук, ирилик. **2.**улуулук. **3.***өтм.* маанилүүлүк, улуулук. **4.** өлчөм. **5.** кең пейилдүүлүк. ~ **göstermek** кең пейилдүүлүк/жоомарттык көргөзүү. ~ **taslamak** кыйынсынуу, менменсинүү.
büyüklü: ~ küçüklü 1. элдин баары, ар ким, кары-жаш/чоң-кичине дебей. **2.** чоң-кичине.
büyüksemek ашыра баалоо, ашкере сый көрсөтүү.
büyülemek сыйкырдап алуу, дааруу, туткундап алуу, өзүнө тартуу.
büyüleyici сыйкырдуу, кызык, таасирдүү.
büyültmek 1. чоңойтуу. **2.** *фото* чоңойтуп көргөзүү. **3.** *өтм.* апыртуу.
büyülü 1. сыйкырлоочу, кызык, таасирлендирүүчү. **2.** сыйкырдуу, укмуштуу, таасын.
büyüme өнүгүү, кеңейүү, чоңоюу.
büyümek 1. чоңоюу. **2.** өнүгүү-өсүү. **3.** мааниси артуу. **büyümüş de küçülmüş** чоңдон кичирейтип койгондой, кемпирден кесип жасагандай *(бала)*.
büyüteç чоңойтуп көрсөткүч айнек, лупа.
büyütme 1. чоңойтуу. **2.** *фото* чоңой-

туу. **3.** асыранды *(бала)*.

büyütmek 1. чоңойтуу, кеңейтүү. **2.** багып чоңойтуу, өстүрүү. **3.** апыртуу, чуулдатуу.

büzgü бүйүрмө.

büzgülü бүйүрмөлүү.

büzmek бүрүштүрүү, бүктөө, бырыштыруу, тырыштыруу, тарытуу, бүйүрүү.

büzük 1. бырышкан, бүрүшкөн, тарытылган, бүйрүлгөн. **2.** *орой, анат.* арткы тешик. **3.** *ооз.* тайманбастык, жүрөктүүлүк.

büzülmek 1. бырышуу, бүйрүлүү, бүрүшүү, тырышуу. **2.** *өтм.* бүрүшүү, корголоо. **büzülüp oturmak/kalmak** бүрүшүп отуруу.

büzüşmek бүрүшүү, кымырылып-кымсынуу.

büzüşük бүрүшкөн, тырышкан, чүрүшкөн.

C

C,c **1.** *түрк алфавитинин үчүнчү тамгасы.* **2.** *муз. "до" нотасынын тамгалай белгиси.* **3.** *(рим цифрасында)* 100 саны.

caba 1. бекер, акчасыз**. ~ etmek/vermek** бекер бермек**. 2.** айтпай эле коёюн, айтпаганда да, ал аз келгенсип. **harcanan benzin dışında boşa giden zaman da** ~ короткон бензин аз келгенсип, убактыбыз да бошко кетти.

cad. (**cadde** *сөзүнүн кыск.*) проспект.

cacık,-ğı жажык *(чалапка бадыраң, ашкөк тууралып жасалган тамак)*.

cadaloz мастан, какбаш, жөөт кемпир.

cadde 1. проспект, чоң көчө. **~yi tutmak 1)**көчөнү кесүү, кыймылды токтотуу. **2)** *арго* башын ала качуу, жанын куткаруу.

cadı 1. жезкемпир, мастан. **2.** кебетеси суук, мүнөзү жаман кемпир. ~ **gibi 1)** жезкемпир сыяктуу *(түрү суук, кара ниет)*. **2)** жөндөмдүү, балакеттей. ~ **kazanı** ушактын уюгу.

cadılık,-ğı сыйкыр, жин даарыгандык, көз боочулук. ~ **etmek** карөзгөйлүк/кыянаттык кылуу.

cafcaf 1. жасалмалык, көйрөңдүк. **2.** оозун көптүргөн, мактанчаак.

cafcaflı жасалма, көйрөң, мактанчаак.

cahil 1. караңгы, түркөй, маданиятсыз, билимсиз. **2.** тажырыйбасыз, жаш, көзү ачыла элек.

cahillik,-ği 1. караңгылык, түркөйлүк, маданиятсыздык, билимсиздик. **2.** келесоолук, түшүнбөстүк.

caiz *дин (динде)* жол /уруксат берилген, туура көрүлгөн, мыйзамга ылайык, жасакталбаган. ~ **görmek** туура көрүү.

caka *арго* кекирейүү, кыйынсынуу, мурун көтөрмөй, мактаныч, сылаңкороздук, көйрөңдүк. ~ **satmak/ yapmak** көтөрүлүү, кыйынсынуу.

cam 1. айнек. **2.** айнектен жасалган. **3.** терезе. **4.** *эск.* ичкилик, ичкилик идиши. **~ı çerçeveyi indirmek** жини менен тоз-тополоң салуу. ~ **elyaf** айнек пахта. ~ **gibi 1)** айнектей (күзгүдөй) тунук, айнектей жылмакай. **2)** мелтиреген, жансыз *(көз, көз караш)*. ~ **göz 1)** айнек көз, айнек көздүү. **2)** *өтм.* ач көз, көзү тойбогон, сараң *(киши)*. ~ **pamuğu/yünü** *тех.* айнек пахта *(ысыкты/үндү тосуу үчүн колдонулат)*. ~ **sileceği** *(машиненин)* айнек тазалагычы. ~ **takmak 1)** айнек тагуу *(терезеге)*. **2)** көз айнек тагынуу.

cambaz 1. жамбаз, акробат, дарчы. **2.** ат сатар. **3.** чабендес. **4.** тетик, жөндөмдүү уста, чебер. **5.** *өтм.* митайым, арамза.

cambazhane цирк, дар.

cambazlık 1. дарчылык, акробатика. **2.** ат бакма же ат сатма иши. **3.** *өтм.* митайымдык, арамзаалык.

cambul: ~ **cumbul** суусу көп, шылдыраган, көк суу *(тамак)*.

camcı 1. айнек саткан / таккан киши. **2.** айнек өндүргөн киши, айнекчи. **3.** терезе шыкаалаганды адат кылган *(киши)*. ~ **macunu** терезе жылчыгын толтурган паста, замаска.

camekân 1. көргөзмө текчеси, витрина. **2.** айнек тосмо, каалганын айнеги. **3.** *(мончодо)* айнектен жасалган чечинчү бөлмө. **4.** оранжерея, теплица. **5.** *арго* көз айнек.

camgöbeği,-ni жашгылт-көк, аквамарин.

camgöz 1. *зоол.* деңиз ити, акула

(Galeius canis).

cami,-i/si жаами, мечит. ~ **yıkılmış, ama mihrabı yerinde** сыры кетсе да сыны кетпептир *(карыган аялдын сымбаты тууралуу)*.

camia 1. жаамат, коллектив. **2.** уюм, бирдик, блок, шериктештик.

camlamak айнектөө, айнек тагуу, айнек менен каптоо, айнектин ичине коюу.

camlı айнектелген, айнек тагылган. ~ **bölme** айнек бөлмө.

can 1. жан. **2.** жашоо, өмүр. **3.** күч, кубат, ал. **4.** жан, киши, жандуу. **5.** көңүл, каалоо, табит. **~ım gezmek istiyor** баскым келип турат. **6.** диний шериктештик, сектачылык. **7.** жакын адам, жан бирге. **8.** сүйүктүү, жандай көргөн. **~ım** жаным. **~ı acımak** жаны кейүү. ~ **acısı** оору, жан кейиш. **~ını acıtmak** *(бирөөнүн)* жанын кейитүү, оорутуу. ~ **alacak nokta/yer 1)** эң маанилүү жер. **2)** аялуу/талуу жер. **~ını almak** жанын *(сууруп)* алуу, өлтүрүү. ~ **atmak** жанталашуу, эңсөө. **~la başla çalışmak** жанталашып/көңүлдөнүп иштөө. ~ **beslemek** жанын багуу. **~ından bezmek/bıkmak/usanmak** жанынан тоюу, жанынан кечүү. ~ **boğazdan gelir/geçer** тамаксыз жашоо мүмкүн эмес (*сөзм. с.* жан тамактан өтөт). **~a katmak** кубат берүү, шердентүү. **~ı cehenneme!** шайтан/ Кудай алсын! тозоктун отуна күйсүн! ~ **ciğer** өтө жакын, ысык, жандай көргөн *(дос, жолдош)*. ~ **ciğer kuzu sarması** кымбат, кыйбас, кыйышпас, өтө жакын *(дос)*. ~ **ciğer olmak** ысык/ кыйышпас дос болуу. **~ım ciğerim!** жан боорум! **~ı çekilmek 1)** чарчоо, чалыгуу. **2)** *(бир жери)* уюшуу, уктап калуу. ~ **çekişmek 1)** жанталашуу, чабалактоо, (*жан чыгар алдында*) алдастоо. **2)** кыйналуу, азап чегүү. **~ı/ gönlü çekmek** эңсөө, каалоо. **~ını çıkarmak 1)** тажатуу, жанын сууруп ала жаздоо. **2)** опузалоо, кекетүү, айласын кетирүү. **~ı çıkasıca/ çıksın**! өлүп кетсин! жаны чыгып кетсин! **~ı cıkasıya** өлөрчө. **~ı çıkmak 1)** жаны чыгуу, өлүү. **2)** чарчап - чалыгуу, жүрбөй калуу. **3)** эскирүү, тамтыгы калбоо. **4)** катуу коркуу, жаны чыгуу. ~ **çıkmayınca/çıkmadıkça/ çıkar huy çıkmaz** *мак.* жан чыгар, бирок кыял/ мүнөз өзгөрбөс *(ар кимдин кыялы/мүнөзү башы менен кетет)*. ~ **damarı 1)** жан жери, жашоо булагы. **2)** эң аялуу/талуу жери**.** ~ **damarına basmak** үстүнөн түшүү, маселени кабыргасынан коюу. **~ını (bir yere) dar atmak** жанын ала качып кутулуу. **~ına değmek 1)** жаны жыргоо. **2)** топурагы торко болсун! *(өлгөн кишинин жакшылыгын эстегенде айтылган сөз)*. ~ **derdine düşmek** жаны менен алек болуу. **~ını dişine takmak** жанын тишине/ оозуна тиштеп. ~ **dostu** жан досу. ~ **düşmanı** жан душманы. ~ **eriği** жашыл (көк) өрүк. ~ **evi 1)** жүрөктүн алды. **2)** *өтм.* жүрөк. **3)** эң аялуу жер. ~ **evinden vurmak** талуу жеринен кармоо. ~ **feda!** жаным курман! башым садага! ~ **gelmek** жандануу, жан кирүү. ~ **halatı** *дең.* куткарма арканы. ~ **havliyle 1)** жаны көзүнө көрүнүп, коркконунан. **2)** жанынын бардыгынча, бар күчү менен. **~ımın içi** жанымын жартысы, жан биргем. **~ının içine sokacağı gelmek** жанын аябоо, жанын садага чабууга даяр болуу. **~ı istemek** каалоо, эңсөө. **~ın isterse** *(эгер)* кааласаң. ~ **kalmamak** шайы оо, алы-күчү калбоо**. ~ına kastetmek** *(бирөөнүн)*

жанын кыюуну ойлоо. ~ **kaybı** жан *(киши)* өлүмү, жандан зыян. **~ına kıymak 1)** жанын кыюу, өлтүрүү. **2)** өзүн өзү өлтүрүү. **3)** жанын аябоо, көп иштөө. ~ **korkusu** жан коркуусу. ~ **kulağı ile dinlemek** кунт коюп угуу. ~ **kurban!** жаным курман! жаным садага! **~ını kurtarmak** жанын куткаруу, жанын сактап калуу. ~ **kurtaran** тез жардам. **~ına mal olmak** жанын алуу, башын жемек. **~ına minnet!** мындан артык кандай болот! *(күтүлбөгөн жакшы кабарга карата айтылат)*. ~ **noktası** жан алуучу жери, талуу жери. **~ına okumak 1)** талкалоо, бүлүндүрүү, кыйратуу. **2)** жанын чыгаруу, азабын колуна берүү. **~ından olmak** жаны менен төлөө, өлүү. ~ **otu** тартыш, каат *(нерсе)*. ~ **oynamak** жүрөгү оозуна тыгылуу *(коркуудан, чочуудан)*. ~ **oyunu** жанын/өмүрүн сайып ойноо. ~ **pahasına** жанын сайып, жан баасына. ~ **pazarı** өлүм-калым маселеси. **~ı pek** жаны бекем/бышык. **~ı rahat olmak** көңүлү тынч болуу. ~ **sağlığı** ден соолук. **~ın sağ olsun!** жаның аман болсун! ~ **sıkıcı** жанга тийген, тажатма, жагымсыз. **~ı sıkılmak** зериктүү, эригүү, тажоо. ~ **sıkıntısı** чөгүү, кусалык, зерикме, бук болуу. **~ını sıkmak** кыжалат кылуу**,** тажатуу, жадатуу. **~ımı sokakta bulmadım** жан талаада жатыптырбы *(жанымы тобокелге сала албайм)*. **~ına susamak 1)** *(бирөөнүн)* өлүмүн тилөө. **2)** өз өмүрүн коркунучка кириптер кылуу, башына балакет ачуу. **~ına tak demek/etmek** жанына таш батуу, көңүлү калуу. **~ı tatlı** жаны таттуу, жанын бапестеген. ~ **teslim etmek 1)** жан таслим болуу. **2)***(бирөөгө)* толук ишенүү. **~ı tez** шашма, күй-көлөк. ~ **ve mal kaybı** жан-мал чыгашасы. **~ıyla uğraşmak** өз жаны менен алек болуу. **~ından usanmak** жанынан тоюу/кечүү. **~ını vermek 1)** жанын берүү. **2)** *(бир нерседен)* баш тарта албоо, абдан жакшы көрүү. **~a yakın** жанга жакын, сүйгүнчүктүү. **~ını yakmak 1)** жанын кейитүү, көңүлүн оорутуу, азап чектирүү. **2)** зыян келтирүү, чыгым кылуу. **~ı yanmak 1)** жаны кейүү. **2)** башынан оор нерсе өткөрүү. **3)** боор ооруу *(бирөөгө)*. **4)** *(бирөөдөн)* көңүлү калуу. **~ına yandığımın/yandığım** каран калгыр. **~ına yetmek** жанына батуу, жаны кашаюу. **~ı yok mu?** (*анын*) жаны жокпу? *(ал деле муну жасагысы келет)*. ~ **yoldaşı** жан жолдошу. **~dan yürekten** жан-дилден, чын көңүлдөн.

canavar 1. жырткыч, желмогуз. **2.** *ооз.* жапайы айбан *(карышкыр, доңуз ж. б.*) **3.** *өтм.* тентек бала. **4.** *өтм.* таш боор, аёосуз *(киши)*. ~ **düdüğu** сирена, аларм. ~ **gibi 1)** ири, далдайган, эпсиз чоң. **2)** желмогуздай**.** ~ **kesilmek** жинденүү, каардануу, кутуруу, жаалдануу. ~ **ruhlu** таш боор, катаал, адамкерчиликсиз.

canavarlık,-ğı желмогуздук, таш боордук, катаалдык.

candan 1. чын дилден, жан дилден, чын көңүлдөн, ак ниеттен. ~ **bağlı olmak** чын дилинен сүйүү/ жакшы көрүү. **2.** ак ниет, жандай көргөн. ~ **ahbap** жандай көргөн жолдош.

canhıraş жан кейиткен, жүрөк титиреткен, аянычтуу. ~ **bir çığlık** жан кейиткен чыңырык.

cani 1. *ук.* кылмышкер. **2.** киши өлтүргүч.

cankurtaran 1. тез жардам, амбуланс. **2.**жан куткаруучу. ~ **arabası** тез жардам машинеси. ~ **çanı** *(боро-*

ондо, туманда чалынган) коңгуроо. ~ **düdüğü** туманда чалынган түтүк. ~ **gemisi** куткаруучу кеме. ~ **kemeri** коопсуздук кемери. ~ **simidi/yeleği** коопсуздук/жел чыптама(сы).

canlandırıcı 1. тирилтүүчү, жан берүүчү, жандандыруучу. **2.** *кино* актёр, (*бир)* ролду ойногон. **3.** мультипликатор.

canlandırma 1. тирилтүү, реанимация. **2.** кайрадан жаратуу. **3.** эске салуу/түшүрүү. **4.** *кино* мультипликация.

canlandırmak 1. жандандыруу, жан киргизүү, тирилтүү. 2. шык берүү, кайрадан жаратуу, оңдоо, түзөтүү. **3.** бирөөнүн кейпин кийүү, ролун ойноо.

canlanmak 1. жандануу, тирилүү, кыймылга келүү. **2.** кайрадан жаралуу, шыктануу, эргүү. **3.** өзүнө келүү, сакаюу, айыгуу *(оорудан кийин)*. **4.** эске түшүү, көз алдыга тартылуу.

canlı 1. жандуу, тирүү. ~ **tabiat** жандуу табият. **2.** таасирдүү, жандуу, көңүлдүү, шаңдуу. **3.** жандуулар *(ааламы)*. **4.** күчтүү, чыйрак, тың, чыдамкай. **kedi dokuz ~dır** мышыктын тогуз жаны бар. **~sı** *(бир нерсеге)* кумар, өтө жакшы көргөн/берилген. **para ~sı** акча десе өлгөн. **dost ~sı** достору үчүн жанын аябаган. ~ ~ тирүүлөй. ~ **cenaze** тирүүлөй өлүк, өтө арык киши. ~ **resim** мультипликация. ~ **yayın** жандуу (түз) эфир.

canlılık,-ğı жандуулук, таасындык, таасирдүүлүк.

cansız 1. жансыз, өлүү. **2.** күчсүз, дармансыз, алсыз, сенек. **3.** жансыз, таасирсиз, кызыксыз *(сүрөт, айкел, жаратылыш)*. **4.** солгун, жакшы жүрбөгөн, жансыз *(иш, соода)*. ~ **düşmek** алдан-күчтөн таюу, дармансыз болуу.

car жар, жарыя, кулактандыруу. ~ **etmek** жар салуу.

car: *туур. с.* ~ ~ чар-чар, жар-жар.

carcı жарчы.

carî 1. *эск.* учурдагы, заманбап. **2.** агып турган. **3.** колдонууда болгон, жарактуу. ~ **fiyat** учурдагы баа.

cariye *эск.* күң, туткун аял.

cart, -tı *туур. с.* чарт, тарт *(айрылган кездеменин үнү)*. ~ ~ **ötmek** баркылдап/таркылдап сүйлөө. ~ **curt etmek** *ооз.* опузалап/кекетип сүйлөө.

cartadak, cartadan шарта-шурт, капыстан.

cascavlak 1. тасырайган *(чачсыз баш)*. **2.** жылаңач, такырайган *(жер)*. ~ **kalmak** куру жалак калуу.

casus чыккынчы, тыңчы.

casusluk чыккынчылык, тыңчылык.

cavalacoz *арго* маанисиз, ишке жарабаган, эптеп-септеген, арзан, болор-болбос.

cavlak 1. таз, кел. **2.** жылаңач. **~ı çekmek** *арго* өлүү.

caydırıcı баш тарттыруучу, сөзүнөн кайтаруучу, көндүрмө, айнытма.

caydırmak сөзүнөн баш тарттыруу, көндүрүү, айнытуу.

cayır: *туур. с.* ~ ~ чарт-чарт, чартылдап *(күйгөн от, айрылган кездеме)*. ~ ~ **yanmak** алоолонуп күйүп кетүү.

cayırdamak 1. чартылдап *(күйүү/айрылуу)*. **2.** чыйкылдоо, чайкылдоо *(эшик, дөңгөлөк ж. б.)*.

caymak баш тартуу, айнуу, сөзүнөн кайтуу.

caz 1. джаз. **2.** джаз оркестри.

cazcı джаз музыканты.

cazgır 1. *спорт* жарчы (*спортсмендерди кулактандырып, рингге чыгарган киши)*. **2.** *ооз.* барымтачы.

cazır: ~ ~ чатыр-чутур *(күйгөн от)*, шарак-шарак (*кайнаган суу*).

cazırdamak чатыроо, шарактоо.
cazırtı чатыраган үн.
cazibe 1. өзүнө тартма, кызыктырма *(касиети)*, кумар. **2.** *физ.* тартуу күчү, гравитация.
cazibeli жагымдуу, адамды өзүнө тарткан, кумардуу.
cazip, -bi кызык, туура, пайдалуу.
ce *(наристе бөбөктөр чыгарган үн)* гугу. ~ **demeye mi geldin?** киргениңден чыкканың бат болду.
Cebelitarık Гибралтар.
cebelleşmek жакалашуу, кызыл чеке болуу, талашып-тартышуу.
cebir I, -bri алгебра.
cebir II жабыр, зордук, зомбулук, күч. ~ **etmek** жабыр тарттыруу. ~ **kullanmak** зордук-зомбулук жасоо.
cebren зордоп, кыйнап, мажбурлап. ~ **ele gecirme** зордоп тартып алуу.
ced *к.* **cet**.
cefa жапа, эзүү, кыйынчылык. ~ **çekmek/görmek** жапа тартуу/ чегүү. ~ **etmek** жапа чектирүү, эзүү.
cefakâr зордукчу, эзүүчү, кыйноочу.
cefakeş кыйналган, азап чеккен, эзилген, жапакеч.
cehalet,-ti 1. караңгылык, түркөйлүк. **2.**билимсиздик, сабатсыздык.
cehennem 1. тозок. **2.** адам чыдагыс жер же абал. ~ **azabı** тирүүнүн тозогу. ~**i boylamak** өлүү, тозокко түшүү. ~**in dibi/bucağı** жердин түбү, өтө узак жер. ~**in dibine gitsin** көзүмө көрүнбөй жоголсун! ~ **gibi 1)** тирүүнүн тозогу. **2)** адам чыдагыс ысык. ~ **hayatı** азап тартып/ куурап жашоо. ~ **hayatı yaşıyor** азап-тозок ичинде жашайт. ~**e kadar yolu var** мага десе тозокко түшүп кетсин. ~ **ol (buradan)!** жогол! ~ **zebanîsi** таш боор, аёосуз, заалим *(киши)*.
cehennemlik, -ği 1. тозокко түшө турган, тозоктун отуна күйө турган *(киши)*. **2.** түрк мончосунун коломтосу.
ceket, -ti жакет, пиджак.
ceketatay *к.* **jaketatay.**
celâdet *эск.* баатырдык, каармандык.
celâl,-li 1. *эск.* улуулук, кадырмандык. **2.** ачуу, жин, жаал.
celâllenmek жаалдануу, ачуусу/ жини келүү.
celep,-bi 1. майда жандык саткан киши. **2.** *тар.* мамлекет кызматы үчүн тарбияланган өспүрүм. **3.** Африка төөсү.
cellât,-di 1. желдет. **2.** *өтм.* таш боор, заалим, катаал *(киши)*.
celp,-bi 1. *эск.* көңүлдөрдү өзүнө буруу, өзүнө тартуу. **2.** аскерге чакыруу. **3.** соттун чакырыгы.
celpname *ук.* чакырык (*мис.* соттон).
celse 1. *(чогулуштун, сессиянын)* отуруму. **2.** *(соттo)* ишти кароо, процесс.
cemaat,-ti 1. жамаат, коллектив. **2.** эл, жашоочулар, тургундар *(бир элдүү пунктта)*. **3.** диний коом.
cemal,-li *эск.* жамал, сулуулук.
cemi 1. жамы, бүтүн, баары. **2.** топтоо. **3.** *мат.* кошуу. **4.** *грам. эск.* көптүк түр.
cemile 1. *эск.* сулуу *(аял үчүн)*. **2.**кичи пейилдик, көрөгөчтүк, сыпайыгерчилик.
cemiyet,-ti 1. жаамыят, коомчулук. **2.**уюм, ийрим **3.** топтолуу, жыйын, той. **4.** *ад. сөз оюнуна негизделген адабий ыкма.*
cemre 1. февраль айында келген жылуулук *(ынанчтарга караганда ал адегенде абада, анан сууда, анан жерде байкалат)*. ~ **düşmek** күн жылый баштоо. **2.** чок, ысык. **3.***дин* шайтанга таш ыргытуу *(ажылык расмиси)*. **4.** сыздоок *(жара)*.
cenabet,-ti 1. *дин* дененин арамдыгы, ыбадат үчүн ыпылас эсептелген нерсе. **2.** ыпылас, кир *(киши)*.

3.каргыш тийгир!, талаада калгыр! *(сөгүнүү)*. ~ **etmek** *(ишти)* ойрон кылуу, кыйратуу.

cenah 1. *аск.* канат. **2.** тарап, жак. **3.** куш канаты.

cenap,-bi *эск.* кадырлуу, улуу, кудуретүү. **C~ Allah** Кудурети Күчтүү Аллаа.

cenaze 1. *(көмүүгө даярдалган)* сөөк *(өлүк)*. **2.** сөөк көмүү расмиси. ~ **alayı** сөөктү алып чыгуу расмиси жана көмүүгө катышкандар. ~ **arabası** сөөк коюлган машине. ~ **gibi** арбактай, купкуу. ~**yi kaldırmak** сөөктү алып чыгуу. ~ **marsı** аза күтүү маршы. ~ **namazı** жаназа намазы. ~ **töreni** коштошуу расмиси/митинги.

cendere 1. *(бир нерсени)* эзген, былчыйткан, жалпайткан *(курал, жарак)*, пресс. **2.** моралдык кысым, баскы. ~**ye koymak/sokmak** баскы жасоо, чүнчүтүү.

cengaver 1. *эск.* согушчан, жоокер. **2.** каарман, баатыр.

cengel жунгли.

cenin ара төрөлгөн бала.

cenk,-ği 1. согуш, уруш. **2.** күрөш, талаш-тартыш, чатак.

cenkçi жоокер.

cennet,-ti 1. бейиш. **2.** сонун, кооз, ыңгайлуу*(жер, орун)*. ~ **canıma minnet** жан дилимден, чын көңүлүмдөн. ~ **gibi** бейиштей. ~ **öküzü** ак ниет, бирок аңкоочалыш *(киши)*.

cennetlik,-ği бейишке чыга турган, касиеттүү, таза *(киши)*.

centilmen жентльмен.

centilmence 1. жентльменче, жентльмендик менен. **2.** тарбиялуулук/кең пейилдүүлүк.

centilmenlik жентльмендик. ~ **antlaşması** жентльмендик келишими/макулдашуусу.

cenup 1. түштүк. **2.** түштүккө байланыштуу.

cep,-bi 1. чөнтөк **2.** чөнтөктө ташылчу, кичинекей. ~ **telefonu** чөнтөк телефон. **3.** *аск.* согуш учурунда душмандын чегинүүсүнөн бошолгон жер. **4.** *(жолдордо ичке кириштү түрүндө жасалган)* машине токтоочу жер. ~**inden çıkarmak** өз чөнтөгүнөн төлөө. ~**i delik** *өтм.* чөнтөгү тешик, акчасыз. ~**ini doldurmak** чөнтөгүн кампайтуу. ~**i dolu** чөнтөгү толтура, бай. ~ **feneri** чөнтөк фонарь. ~ **harçlığı** чөнтөк (майда) чыгымдар. ~**ine indirmek /atmak/ koymak** чөнтөгүнө салып алуу. ~ **kitabı** чөнтөк китеп. ~**i para görmek** акчалуу болуу. ~ **saati** чөнтөк саат. ~**ten vermek** өз чөнтөгүнөн төлөө.

cephane 1. ок-дары. **2.** курал-жарак склады.

cephanelik,-ği ок-дары/курал-жарак склады.

cephe 1. фронт. **2.** маңдай, алдыңкы тарап. **3.** жак, тарап. ~**den** маңдайдан, каршыдан. ~ **almak** каршы чыгуу, жаатташуу.

cerahat,-ti 1. жаракат, жара. **2.** ириң. ~ **bağlamak/toplamak** ириңдөө, кабылдоо *(жара)*.

cerahatlenmek ириңдөө, жаракаттануу, кабылдоо.

cerahatlı жаракаттуу.

cerbeze 1. чечендик, бал тилдүүлүк. **2.** айлакердик, жасакердик.

cerbezeli бал тилдүү, жойпу, митайым, *(бирөөнүн)* коюн-кончуна киргенди билген.

cereme 1. бөөдө чыгаша болуу, бирөөнүн чыгымын төлөп калуу. **2.** *(акчалай)* жаза. ~**sini çekmek** *(бирөөнүн)* чыгымын төлөө.

cereyan 1. агым, шар. **2.** каршы жел. **3.***(бир нерсенин)* өнүгүүсү, багыты, жолу. **4.** көз караш/ демилге биримдигине негизделген топтуу аракет. ~ **çarpmak** электр тогуна

урунуу. ~ **etmek** болуу, ишке ашуу.

cerrah 1. хирург. **2.** *ооз.* фельдшер.

cerrahî хирургиялык. ~ **aletler** хирургиялык куралдар, аспаптар. ~ **müdahale** операция.

cerrahlık хирург *(кесиби)*, хирургдук.

cesaret,-ti жүрөктүүлүк, тайманбастык, өткүрдүк, кайраттуулук. ~ **almak/bulmak** шерденүү, кайрат алуу, шыктануу. ~ **etmek** кыйрат кылуу, бел байлоо, киришүү. ~ **gelmek** кайраттануу. ~ **göstermek** тайманбастык/жүрөктүүлүк көрсөтүү. **~ini kırmak** кайратынан жандыруу, белин сындыруу, алсыратуу. ~ **vermek** кайрат берүү, шыктандыруу.

cesaretlenmek кайраттануу, шерденүү, бел байлоо.

cesaretli тайманбас, жүрөктүү, тың, өткүр.

cesaretsiz жүрөгү жок, уяң, тартынчаак, мууну/жүүнү бош.

ceset жасат, өлүк, сөөк.

cesur баатыр, тайманбас, өткүр, шар.

cet,-ddi чоң ата, баба.

cetvel 1. таблица. **2.** табель, тизме, ведомость. **3.** сызгыч. **4.** сугат каналы, арык. **5.** окоп. ~ **kalem** токтотпостон, дароо.

cevaben жооп катары.

cevap,-bı 1. жооп. **2.** *ук.* каршы доомат. **~ı yapıştırmak** *ооз.* дароо жооп берип коюу, оозун жап кылуу. ~ **vermek 1)** жооп берүү. **2)** дал келүү, талапка жараша болуу.

cevaplamak жооп берүү.

cevaplandırmak жооп берүү, жооп жазуу.

cevher 1. каухар, көөр. **2.** кен. **3.** зат. **4.** данек, талант, жөндөм. **5.** *филос.* өзөк, маңыз. **~ yumurtlamak** *арго* баш-аягы жок/ маңыз сүйлөө.

ceviz 1. жаңгак. **2.** жаңгактан жасалган. ~ **ağacı** жаңгак дарагы. ~ **kabuğundan çıkmış, kabuğunu beğenmemiş** өз тегин жерүү. ~ **kabuğunu doldurmaz** маанисиз, эч нерсеге жарабаган. ~ **kırmak** *(ишти)* ойрондотуу, тескери жасоо.

cevizli жаңгактуу, жаңгак кошуп жасалган *(тамак, таттуу)*. ~ **sucuk** жаңгактуу чучук.

ceylan *зоол.* жейрен *(Gazella subgutturosa).* ~ **bakışı** жалжылдап караш. ~ **gibi** жейрен сыяктуу, шыңга, сымбаттуу.

ceza 1. *ук.* жаза. **2.** күнөө, айып. **3.** *спорт* штраф, пеналти. **4.** *ук.* өкүм. ~ **alanı** пеналти аянты. ~ **almak** жаза алуу, айыпка жыгылуу. ~ **atışı** *спорт* пеналти тебүү/ уруу. **~sını bulmak** тиешелүү жазасын алуу. **~ya çarptırmak** айып төлөтүү, жаза тарттыруу. ~ **çekmek** түрмөгө жатып чыгуу. **~sını çekmek 1)** жасаган ишинин айыбын тартуу. **2)** өкүм кылынган жазасын тартып чыгуу. ~ **evi** түрмө, набак. ~ **görmek** жазаландырылуу, күнөөсүн тартуу. ~ **hukuku** кылмыш укугу. **~ya kalmak** *(окуучу тууралуу)* сабактан кийин калуу, жазаландырылуу. ~ **kanunu** кылмыш кодекси. ~ **kesmek/yazmak** жаза кесүү, жазага өкүм кылуу. ~ **mahkemesi** кылмыш соту. ~ **vermek** жаза берүү. ~ **vuruşu** жаза (пеналти) тебиш/ уруш. ~ **yemek** жазаландырылуу, айып тартуу.

cezalandırmak жазаландыруу.

cezalanmak жазалануу, айып тартуу.

cezalı жазаланган, күнөөлүү, айыптуу. **~ bilet** жаза/штраф билети.

Cezayir Алжир.

Cezayirli алжирдик, Алжирге тиешелүү.

cezbetmek өзүнө тартуу, кылыктануу, оштонуу.

cezeriye, cezerye жезерие (*сабиз, фун-*

дук кошулуп жасалган таттуу).

cezir-zri 1. *эск.* тамыр. **2.** *геогр.* жапыздоо.

cezve жезве (*түрк кофеси кайнатылган узун саптуу кичине идиш*).

cıcık,-ğı 1. сулуу. **2.** жасалга. **3.** териси сыйрылган эт. **4.** ички органдар. **~ı çıkmak** пачагы чыгуу (*аябай чарчоо, шайы оо)*.

cıgara *ооз.* сигарет.

cık *ооз.* жок (*терс жоп*).

cılız 1. алсыз, чабал, арык, араң жан, жүүнү бош (*киши*). **2.** алсыз, үлүрөйгөн, бүлбүлдөгөн (*жарык*).

cılk,-kı 1. бузулган, сасыган (*жумуртка*). **2.** ириңдеген, суу толгон (*жара*). **3.** былжыраган, илээшкен (*баткак*). **4.** сөзүндө турбаган, жүүнү бош (*киши*). ~ ~ **çıkmak** бузук/ чирик чыгуу.

cımbız 1. кыпчуур, искек, пинцет. **2.***текст.* кыпчуур, искек *(кездеменин түйүндөрүн чыгаруу, тазалоодо колдонулат)*.

cımbızlamak 1. кыпчуур менен чымчып чыгаруу, искектөө *(кашты, кылды)*. **2.** *өтм.* тийишип/чымчып сүйлөө.

cır: ~ ~ *(аарынын, чегирткенин)* ызылдагы. ~ **ötmek 1)** ызылдоо. **2)**ажыл доо, жажылдоо *(көп сүйлөгөн киши жөнүндө)*. **3)** басылбай ыйлоо *(бала)*.

cırcır 1. шылдырак *(оюнчук)*. **2.** маңыз, көп сүйлөгөн *(киши)*. **3.** пахтаны косегинен ажыраткан жабдык. **4.** коңуз. ~ **böceği** *зоол.* кара чегиртке *(Grillus domesticus)*. ~ **delgi** *тех.* бургу, дирель.

cırlak 1. ичке, чыйылдаган *(үн)*. **2.** кара чегиртке. **3.** өтө ачык *(түс)*.

cırlamak 1. *(чыйылдаган, ичке үн менен)* ырдоо, сүйлөө. **2.** жаагы тынбай эбиреп-жебирөө.

cırt чарт, шарт *(айрылган кездеме, кагаздын үнү)*.

cırtlak,-ğı 1. чатыраган, жарылган *(өтө бышкан жемиштер)*. **2.** *к.* **cırlak.**

cıva *хим.* сымап. ~ **gibi** мөлтүлдөгөн, кыймылдуу.

cıvadra *дең.* бушприт *(кеменин учундагы тирек)*.

cıvalı сымаптуу. ~ **termometre** сымаптуу термометр.

cıvata буроо, болт, винт.

cıvık,-ğı 1. былжырак, илээшкек, суюк. **2.** өтө ачык *(түс)*. **3.** жабышкан, жадаткан, мазаны алган *(киши/ сөз)*.

cıvıklaşmak 1. былжыроо, суюлуу, илээшкек/жабышкак болуу (*мис. камыр*). **2.** *өтм.* жадатуу, жабышуу, тийишүү *(бирөөгө)*.

cıvıklık,-ğı 1. былжырактык, суюктук, илээшкектик. **2.** тажатмалык, маңыздык.

cıvıl: ~ ~ 1) балдардын ызы-чуусу. **2)** куштардын чурулдагы. **3)** жандуу, көңүлдүү, көрктүү.

cıvıldamak чыр-чур этүү *(куштардын сайрашы)*, чуру-чуу түшүү *(балдар)*.

cıvıltı ызы-чуу, чыйрыттоо *(куштар)*.

cıvıtmak *ооз.* **1.** былжырак кылуу. **2.** маңыз, маанисиз сүйлөө. **3.** ылжактоо, ырсактоо.

cıyak: ~ ~ чайылдаган *(үн)*. ~ ~ **bağırmak** чайылдап кыйкыруу (мис. *бала*).

cıyaklamak 1. чайылдап ыйлоо *(бала)*, чыр-чур эткен үн чыгаруу *(куштар)*. **2.** чайылдап тынбай сүйлөө.

cıyırdamak шыртылдоо (*айрылган кагаз же кездеменин үнү)*.

cız 1. *(балдардын тилинде)* ысык! от! **2.** чыз *(кайнаган майга салынган нерсе чыгарган үн)*. ~ **etmek 1)** чыз демек. **2)** тыз дей түшүү, ооруп кетүү (*мис.* жүрөк).

cızbız чыз-быз *(шишке/ отко куйкаланган эт)*. ~ **köfte** оттун табына

бышырылган котлет.

cızır: ~ ~ **1.** чыр-чыр *(куурулуп жаткан тамак чыгарган үн)*. **2.** чытыр чытыр *(кесилген айнектин үнү)*.

cızırdamak 1. чыз-чыз этүү *(куурулуп жаткан нерсе)*. **2.** кычыр-кычыр этүү *(камыш калем менен жазганда жана катуу суукта таман алдындагы кардан чыккан үн)*.

cızırtı 1. чыз-пыз *(куурулуп жаткан нерсе чыгарган үн)*. **2.** чытырак.

cızlamak 1. чыз-чыз этүү (*мис. ысык майга суу чачыраганда)*. **2.** тыз-тыз этүү (*мис. жүрөк*).

cibinlik,-ği 1. чымын-чиркейден коруучу тор. **2.** *ооз.* чымын- чиркейи көп жер.

cici *(балдар тилинде)* **1.** жагымдуу, сулуу, көрктүү, кооз. **2.** жакшынакай сүймөнчүктүү *(оюнчук)*. **~m!** *(эркелетүү маанисинде)* алтыным, берекем. ~ **anne 1)** өгөй эне. **2)**чоң эне, эне *(туугандык байланышы болбогон үй-бүлө досу улуу аялдарга кайрылуу)*. **~m ayı** *ооз.* бал айы, үйлөнүүнүн алгачкы айлары. ~ **bici 1)** кийимдеги жасалгалар. **2)** арзан, табитсиз майда-бачектер, ыпыр-сыпыр буюмдар.

cicili: ~ bicili 1. табитсиз/ жарашыксыз жасалгаланган. **2.** түркүн-түстүү *(кийим)*.

cicim оймолуу ичке таар.

cicoz 1. балдар оюну *(айнек менен ойнолот)*. **2.** *арго* оомийин аллоакпар болуу, эч нерсе калбоо. **3.** *ооз.* жогол! көзүмө көрүнбө!

cidden чындап, тамаша эмес.

ciddî 1. олуттуу, орчундуу, маанилүү. **2.** тамашасы жок. **3.** кооптуу, коркунучтуу, оор. **~ye almak** олуттуу көрүү, эсепке алуу. ~ ~ олуттуу түрдө, салмак менен, ойлонуу менен**.** ~ **konuşmak** маани берип сүйлөө. ~ **söylemek** чындап айтуу.

ciddîleşmek чындап *(айтуу, мамиле кылуу)*, чынга айлануу.

ciddîlik олуттуулук, маанилүүлүк.

ciddiyet,-ti олуттуулук, маанилүүлүк.

cif *к.* **sif.**

cigara *ооз.* сигарет.

ciğer 1. жигер, боор. **2.** өпкө. **3.** өпкө, боор, жүрөктүн жалпы аты *(касапта)*. **~leri bayram etmek** *арго* **1)**тамеки чегүүдөн ырахат алуу. **2)**таза абадан көкүрөк толтура дем алуу. **~i beş para etmez** жек көрүмчү, жексур *(киши)*. **~ini delmek** көңүлүнө тийүү, жүрөгүнө батуу *(кайгы)*. **~ine işlemek** терең таасир этүү. **~ini okumak** *(бирөөнүн)* оюндагысын билип коюу. ~**i sızlamak** жүрөгү сыздоо, кабыргасы кайышуу. ~**i yanmak** жаны ачышуу, азап тартуу.

ciğerci малдын өпкө-боорун, ич этин саткан киши.

cihan аалам, дүйнө. **~ı tutmak** дүйнөгө түркүк болуу.

cihangir 1. дүйнөнү караткан, улуу жеңүүчү. **2.** дүйнөгө атагы чыккан.

cihat,-dı 1. *дин* ишеним согушу, кутсал/ыйык согуш. **2.** жихат, мусулман динин таратуу үчүн согуш. **3.** напсини өлтүрүү (*тыюу*).

cihaz 1. жабдык, курал, аппарат, машина. **2.** *анат.* система, орган. **3.** сеп. **4.** адамды көмүү үчүн керектүү нерселер.

cihet,-ti 1. жак, тарап, багыт. **2.** көз караш, аспект, мамиле. **3.** шарт, себеп. **4.** кызмат. **~iyle** ошондуктан, ошол себептүү.

cilâ 1. лак. **2.** жалтыраткыч *(крем, май)*. **3.** ашкере көйрөңдүк, сылаңкороздук, жасалмалык**.** ~ **vurmak 1)** лактоо. **2)** жалтыратуу, жаркыратуу.

cilâcı лактоо/боёо ишин жасаган киши, маляр.

cilâlamak 1. лактоо, боёо. **2.** жалтыратуу, сыйдалоо. **3.** *арго* шаңдануу, көңүлдүү кылуу (*мис. кечени*).
cilâlı лакталган, жалтыраган, сыйда. ~ **taş devri** неолит доору.
cildiye 1. тери оорулары,дермотология *(илим)*. **2.** тери оорулары, дермотология бөлүмү *(ооруканын)*.
cildiyeci дермотолог.
cilt 1. тери *(кишинин)*. **2.** мукаба *(китептин)*. **3.** том *(китептин)*. ~ **evi** китепти мукабалоочу ишкана.
ciltçi 1. *(китептерди)* мукабалаган киши. **2.** мукаба жасоочу жер. **3.** *ооз.* дермотолог.
ciltlemek *(китепти)* мукабалоо.
ciltli 1. мукабаланган. **2.** томдуу.
ciltsiz мукабасыз, калың тышы жок *(китеп)*.
cilve 1. кылык, наз. **2.** тамаша, оюн. **kaderin ~si** тагдырдын тамашасы. **3.** ойсокелик, жойпулук. ~ **etmek** ойсоңдоо, жойпулануу, жасакерленүү, тийишүү.
cilveleşmek 1. *(бири-бирине)* кылыктануу, тийишүү. **2.** *(бири-бири менен)* тамашалашуу, кармалашып ойноо.
cilveli кылыктуу, ойсоңдогон, жасакер.
cimcime 1. кичинекей таттуу дарбыз түрү. **2.** *өтм.* татынакай, кичинекей *(аял, кыз)*.
cimnastik *к.* **jimnastik.**
cimnastikçi *к.* **jimnastikçi.**
cimri сараң, колу / ичи / пейли тар.
cimrilik сараңдык, пейли тардык. ~ **etmek** сараңдык кылуу.
cin,-nni 1. жин, албарсты, шайтан. **2.** тирикарак, шылуун, акылдуу, зээндүү. **~leri ayağa kalkmak** жинденүү, жини келүү. **~leri başına çıkmak/toplanmak/üşüşmek** шайтаны /жини кармоо, каарданuу. **~ler cirit/top oynamak** ээн, жан киши жок *(жер)*. ~ **çarpmak** жин/шайтан уруу. ~ **çarpmışa dönmek** жин ургандай болуу. ~ **fikirli** акылдуу, көрөгөч, жетик. ~ **gibi** түшүнүктүү, акылдуу, шылуун. ~ **tutmak** жин тийүү, жинди болуп кетүү. ~ **yavrusu** тентек бала.
cin II жин *(ичкилик)*.
cin III жинсы *(кездеме жана андан тигилген кийимдер)*.
cinas 1. сөз менен ойноо. **2.** эки ача маанидеги сөз/ какшык.
cinasçı какшыкчы.
cinayet,-ti 1. *ук.* кылмыш. **2.** киши өлтүрмө. ~ **işlemek** киши өлтүрүү. ~ **masası** *(полициядагы)* оор кылмыш бөлүмү. ~ **romanı** детектив роман.
cins 1. түр, сорт, шекил. **2.** *биол.* тек. **3.**уруу, тукум, үй-бүлө, раса. **4.**жыныс. **5.** *грам.* жыныс категориясы. **6.** *ад.* жанр. **7.** асыл тукум, таза кандуу *(айбан)*. **8.** түрү/сорту мыкты, сапаттуу *(буюм, өсүмдүк)*. ~ **atı** асыл тукум ат. ~ ~ түрдүү-түрдүү, түркүн-түрлүү.
cinsel жыныстык, сексуалдык.
cinsellik,-ği *биол.* жыныстык өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы.
cinsî 1. *биол.* жыныска байланыштуу, сексуалдык. **2.** текке/тукумга тиешелүү.
cinsiyet,-ti *биол.* жыныс. ~ **bezleri** жыныстык бездер. ~ **özlemi** жыныстык кумар.
cip,-pi жип *(автомобиль)*.
cips куурулган / кытырак картошка.
cirit,-di 1. оюн түрү (*атчан эки жаат болуп, бири-бирине таяк уруп ойнолот)*. **2.** *бул оюнда колдонулган таяк.* ~ **atmak 1)** жирит уруу. **2)** *(бир жерде)* өтө жыш болуу, каалаганындай жүрүү *(кишилер, жандыктар)*.
ciro *соода ишеним кат/вексель/шартнаменин алуучу тарабынан башкасына өткөрүлүп, арасына керектүү жазуулардын жазылышы.* ~

etmek векселди керектүү түрдө толтуруу.
cisim,-smi 1. тулку, көөдөн, корпус. **2.** нерсе, буюм, объект.
cisimcik,-ği *биол.* бөлүкчө, корпускула.
cisimlenmek тулкуга айлануу, материалдык түргө келүү.
cismen 1. денеге байланыштуу, материалдык. **2.** көлөмү боюнча.
civan 1. келишимдүү жигит. **2.** татынакай жаш аял.
civar 1. айлана-тегерек, чөйрө, жакындар. **2.** колу-комшу, жакын чөйрө, тели-теңтуш. **~ında 1)** жакынында, тегерегинде. **2)** *(болжолдуу түрдө)* чамасында, тегерегинде.
civciv жөжө, балапан.
civcivli 1. жандуу, аракеттүү, көңүлдүү. **2.** өтө жыш, кайнаган, кыжылдаган. **3.** өтө оор, кыйын.
civelek,-ği 1. шылуун, чыйрак, шайыр. **2.** *тар.* жаңы черүүлүккө жаңыдан алынган өспүрүм.
cm (santimetre'*нин кыск.*) сантиметр.
coğrafî географиялык.
coğrafya география.
coğrafyacı географ.
cokey жокей.
conta 1. калканча, прокладка *(өткөргүчтүк жана жешилүүгө каршы эки буроо ортосуна коюлган пластмасса же металл*). **2.** ороо, орогуч.
cop,-pu таяк, токмок (*полиция колдонгон*).
coplamak таяк/токмок менен сабоо.
coşku 1. шыктануу, эргүү, энтузиазм. **2.** толкундоо, экстаз.
coşkulu шыктандырган, көңүл эргиткен, щаңдуу, көңүлдүү.
coşkun 1. күрдөөлдүү, удургуган, атырылган, өжөрлөнгөн, кайнаган. **2.** толкунданган, албууттанган (*сезим*).
coşmak 1. толкунданууу, эргүү, көңүл көтөрүлүү, шаңдануу, кумарлануу. **2.** удургуу, өжөрлөнүү (*жаратылыш кубулуштары*). **3.** ташкындоо (*суу*).
coşturmak эргитүү, шыктандыруу, көңүл көтөрүү, шаңдандыруу.
cömert 1. жоомарт, март, берешен, кең пейил. **2.** жемиштүү, берекелүү, түшүмдүү.
cömertçe жоомарттык/марттык менен.
cömertlik жоомарттык, марттык, кең пейилдик.
cuma жума. **~ namazı** жума намазы.
cumartesi,-yi ишемби.
cumba 1. *архит.* балкон *(эски үйлөрдүн үстүңкү кабаптарында дубалдан бир аз тышка чыгып тургандай кылып жасалган)*. **2.** *үйдүн терезе тушунан сыртка бир аз чыгып тургандай салынган капас бөлүмү.*
cumbadak чулп *(сууга түшкөн нерсе чыгарган үн)*.
cumbul чалп-чалп, чулп-чулп *(суунун чачырандысы чыгарган үн)*.
cumhurbaşkanı,-nı республиканын президенти, мамлекет башчысы.
cumhurbaşkanlığı,-nı 1. президенттик *(кызмат, абал)*. **2.** президенттик аппарат.
cumhuriyet,-ti республика, республикалык түзүлүш.
cumhuriyetçi 1. республикачы, республикалык түзүлүштү жактаган. **2.** республикачы партиянын мүчөсү.
cunta *саяс.* хунта.
cuntacı *саяс.* хунта мүчөсү, төңкөрүшчү.
cup чалп, чулп *(сууга түшкөн нерсе чыгарган үн)*.
cuppadak *к.* **cumbadak.**
cura жура (*эки же үч кылдуу кичинекей музыкалык аспап*; *багламанын (к.)кичинекейи)*.
curcuna 1. *түрк музыкасындагы ылдам темп.* **2.** кыйкырык-сүрөөн, шатыра-шатман, ызы-чуу. **~ya çe-**

virmek/döndürmek/vermek *(бир жерди)* кыйкырык-сүрөөнгө айландыруу. ~**yı koparmak** *(бир жерди)* башына кийүү, үч көтөрүү.

cüce 1. эргежээл. **2.** өспөй калган *(өсүмдүк)*.

cücelik эргежээлдик.

cücük,-ğü 1. бүр, бүчүр. **2.** жөжө. **3.** балапан. **4.** *(пияз, капустанын)* өзөгү.

cücüklenmek бүрдөө, бүчүр алуу, тукумдоо.

Cühut жөөт, еврей.

cülus такка отуруу/ чыгуу.

cümbür : ~ cemaat баары бирге, чогуу, чогуусу менен. ~ **cemaat geldiler** баары-жогу келди.

cümbüş 1. көңүл ачуу, шапар тебүү, ырдап бийлөө. **2.** көөдөнүнө металл капталган мандолин (*музыкалык аспап*). ~ **yapmak** шапар тээп, көңүл ачуу.

cümle 1. бүтүн, баары. ~ **âlem** бүтүн дүйнө. **2.** *грам.* сүйлөм. **3.** *эск.* система, түзүлүш. **~miz** баарыбыз. ~ **kapısı** башкы эшик. **~si** баары.

cümleten баары, баары чогуу/ биригип. ~ **Allaha ısmarladık** баарыңарды Кудайга тапшырдык .

cüppe жуббе, мантия *(сот, имам, профессор сыяктуу атайын кызмат-тагылар кийчү узун чапан)*. ~ **gibi** кенен жана узун, шалбыраган *(кийим)*.

cüret,-ti 1. кайрат, жүрөктүүлүк, тайманбастык. **2.** жеңил ойлуулук, байкабастык, энөөлүк, чапчаңдык. ~ **etmek** даамак, бел байламак, кайраттанмак, тобокел кылмак.

cüretkar *к.***cüretli.**

cüretlenmek кайраттануу, чымыркануу, шерденүү.

cüretli кайраттуу, жүрөктүү, тайманбас.

cüruf 1. шлак *(металл/ көмүрдүн)*. **2.** жанар тоо күлдөрү.

cürüm, -rmü 1. кылмыш, күнөө. **2.** *ук.* кылмыш, тартип бузуу. **~ü meşhut hâlinde** *ук.* кылмыш үстүндө. **~ü meşhut yapmak** ысуулай/ кылмыш үстүндө колго түшүрүү.

cüsse тулку-бой, келбет, дене.

cüsseli олбурлуу, чоң *(киши)*.

cüz,-zü 1. бөлүм, бөлүк, үлүш *(бүтүндүн)*. **2.** бөлүм, бап, чыгарылыш *(китептин, журналдын)*. **3.** Курандын отуз бөлүмүнүн ар бири. ~ **kesesi** Курандын кабы.

cüzam *мед.* ала *(оору)*.

cüzamlı ала оорусуна кабылган *(киши)*.

cüzdan 1. капчык. **2.** күбөлүк, китепче, кимдик. **3.** папка, сумка. **ackerlik ~ı** аскер күбөлүгү. **nikah ~ı** нике күбөлүгү.

cüzî 1. болор-болбос, аз, кымындай. **2.** *филос.* жекече, атайын. **3.** *физ.* жөнөкөй, элементардык.

cüzzam *к.* **cüzam.**

Ç

Ç,ç *түрк алфавитинин төртүнчү тамгасы.*

çaba аракет, кайрат, далалат. **~ göstermek/harcamak/sarfetmek** аракет/кайрат кылуу, бел байлоо, тырышуу.

çabalamak аракет кылуу, далалаттануу, кайраттануу, бел байлоо. **boş yere ~** бекер убара болуу.

çabucacık шапа-шуп, арыдан бери, көз ачып жумганча.

çabucak дароо, тез, бачым, ылдам, арыдан бери.

çabuk тез, бат, бачым, ылдам, дароо, шуулдап. ~ ~ бат-бат, тез-тез. **~ ol!** бол! бачым!

çabuklaşmak тездөө, ыкчамдоо, ылдамдоо.

çabuklaştırmak тездетүү, ыкчамдатуу, ылдамдатуу.

çabukluk,-ğu ылдамдык, тездик, шамдагайлык.

çaçaron жаагы тынбаган, көп сүйлөгөн *(киши)*.

çadır чатыр. **~ bezi** чатыр жабуусу. **~ direği** чатырдын тирөөчү. **~ kurmak** чатыр тигүү/көтөрүү.

çağ 1. чак, учур, доор, мезгил, заман. 2. жаш, курак, учур. **erginlik ~ı** эрезе курак. 3. убак, абал. 4. ыңгайлуу учур. **~ açmak** жаңы доор ачуу. **~ atlamak** доор аттоо. **~ dışı 1)** эски, көөнө, эчаккы. **2)** аскерлик курагы өткөн *(киши)*.

çağanoz *зоол.* жашыл чаян *(Carcinus)* **~ gibi** ийри-буйру, арбайган-тарбайган *(киши)*.

çağcıl модерн, заманбап, учурга ылайык.

çağdaş учурдаш, азыркы, бүгүнкү, заманбап.

çağdaşlaşmak учурга ылайыкташуу, модерн/заманбап болуу.

çağdaşlık учурдаштык, учурга ылайыктуулук, модерндик, заманбаптык.

çağıldamak *(суу)* күркүрөө, күрүлдөө.

çağıltı күркүрөк, күрүлдөк.

çağırmak 1. чакыруу. **2.** атын атоо, кайрылуу.

çağırtkan тузак куш (*чарылдаган үнү менен куштарды өз жанына тоготогону үчүн аңчылыкта пайдаланылат)*.

çağla 1. бышпаган жемиш. **2.** көк кезинде желген *(айрым)* данектүү жемиштер *(бадам, өрүк. ж. б.)*.

çağlamak шарылдоо, күрүлдөө, күркүрөө *(катуу аккан суу)*.

çağlayan кичине шаркыратма.

çağrı 1. чакыруу, чакыруу кагазы. **2.**кайрылуу, үндөө. **3.** *аск.* аскерге чакыруу. **4.** жарыя, кулактандыруу. **~ cihazı** кулактандыруучу аппарат.

çağrılı чакырылган *(киши)*.

çağrışım *психол.* элестетүү, ассоциация.

çağrıştırmak элестетүү, эске салуу, түспөлдөтүү, ассоциация жаратуу.

çakal 1. *зоол.* чөө *(Canis aureus)*. **2.** *ооз.* жөөт, арамзаа, куйту, кытмыр *(киши)*.

çahar 1. *(деңизге жарык берүү үчүн жээкке жайгаштырылган)* кичине панар. **2.** *(тайыз сууда колдонулган)* балык тору.

çakı маки. **~ gibi 1)** шамдагай, чапчаң, зээндүү. **2)** катуу *(шамал)*. **3)** чымчылаган *(сөз)*.

çakıl шагыл *(таш)*, гравий.

çakıllı шагылдуу.

çakılmak 1. кагылуу (*мис. мык*). **2.** түшүп кыйроо, мурду менен тийүү/

сүзүү (*мис. учак)*. **3.** *өтм.* ашкереленүү, бети ачылуу.

çakım чагылган.

çakır чекир *(көз)*.

çakırkeyf кызуу, алагүү.

çakışmak 1. кагылышуу, бир убакта туш болуу, сүзүшүү. **2.** жарышуу, айтышуу *(акындар)*. **3.** *мат.* дал келүү, туш келүү.

çakıştırmak *ооз. (ичкилик)* ичип алуу, кызып алуу.

çakmak I 1. чакмак *(таш)*, оттук. **2.** электр чакмагы. **3.** билик *(замбиректин)*. **~ taşı** *геол.* чакмак таш.

çakmak II 1. кагуу, кагып киргизүү *(мыкты, казыкты)*. **2.** тагуу. **3.** *(бир нерсени бир жерге)* байлоо. **4.** жагуу, чагуу, тутандыруу. **5.** *арго* бере салуу, кармата коюу. **kalp parayı birisine ~** (*бирөөгө*) жасалма акча берип коюу. **6.** берип калуу, коюп жиберүү, бир салуу. **tokat ~** жаактан ары бир коюу. **7.** түшүнүү, көзү жетүү. **8.** *арго* кылт этүү, көтөрүп ийүү *(ичкиликти)*. **9.** кулап калуу, өтпөй калуу *(экзаменден)*.

çaktırmadan жашыруун, байкатпай, тымызын, астыртан.

çala чала,шашылаш, эптеп-септеп. **~ kalem** эптеп-септеп жазылган, шилтей салынган *(кат, жазуу)*. **~ kaşık : ~ yemek** ыгып-тыгып / оозу тынбай жемек.

çalap,-bı *эск.* Теңир, Кудай.

çalar 1. чалган, шыңгыраган. 2. коңгуроосу бар. **~ saat** коңгуроолуу саат.

çalçene сүйлөөк, жаагы тынбаган, кара жаак.

çalgı 1. музыкалык аспап. 2. музыка, күү. 3. ансамбль, оркестр. 4. шыпыргы. **~ çalmak** музыка ойноо.

çalgıcı музыкант.

çalgıç,-cı плектр *(кылдуу аспаптардын кылын терип ойной турган кичинекей жарак)*.

çalgılı музыкалык ансамбль коштогон/ чакырылган (*кече, шаан-шөкөт*).

çalı 1.тикендүү төө куйрук. 2.майда бадал, чырпык. 3. куурай. **~ çırpı** бадал, чырпык. **~ fasulyesi** *бот.* түрк фасолу *(Phaseolus multiflorus)*. **~ gibi** коюу, катуу *(чач, сакал)*. **~ kuşu** *зоол.* боз торгой *(Troglodytes)*. **~ süpurgesi** төө куйруктан жасалган шыпыргы.

çalılık,-ğı төө куйрук/куурай көп өскөн жер.

çalım 1. керсейүү, менменсинүү, кыйынсынуу, мактануу. 2. миз *(кылыч, канжардын)*. 3. окшоштук, чалым. 4. *футб.* буйтап өтүү. **~ından geçilmemek** ашкере көтөрүлүү, өзүнө эч кимди теңебөө. **~ satmak** кыйынсынуу, көтөрүлүү.

çalımlamak 1. *футб.* буйтап өтүү. 2. ыңгайын келтирүү, орто жолдон пайда табуу.

çalımlı 1. кыйынсынган, менменсинген, керсейген. 2. *дең.* өзү бийик, эни кууш *(кеме)*. **~ ~** кекирейип, менменсинип, бой көтөрүп.

çalıntı 1. уурдалган *(буюм)*. 2. плагиат.

çalışkan иштерман, мээнеткеч, аракетчил, тырышчаак.

çalışkanlık мээнеткечтик, аракетчилдик, тырышчаактык.

çalışma 1. иш, жумуш, эмгек. 2. ишкердик, аракет. 3. эмгек, чыгарма. 4. көнүгүү, тренировка, машыгуу.

çalışmak 1. иштөө, эмгектенүү *(киши)*. 2. иштөө, иш аткаруу, жүрүү (*мис. машина, аппарат)*. 3. даярдануу, изденүү. **dersine ~** сабагын даярдоо. 4. максат көздөө, умтулуу, аракеттенүү. **çalışıp çabalamak** катуу аракеттенүү, жанын үрөө.

çalıştırmak 1. иштетүү *(бирөөнү)*. 2. эзүү, күчүн пайдалануу. 3. үйрөтүү, жетектөө, жол көргөзүү.

4. машыктыруу. 5.жүргүзүү, иштетүү *(машинаны)*.

çalkalamak 1. чайкоо, чалуу, аралаштыруу. 2. чайкоо *(суу менен)*. 3. элөө *(буудайды, арпаны)*. 4. *(дененин бир бөлүгүн)* титиретүү, кыймылдатуу (*мис. бийлегенде*). 5. ордун которуу, аңтаруу (*басылган жумурткаларды*). 6. ден-соолукка зыян келтирүү, ашказанды бузуу.

çalkalanmak, çalkanmak 1. чайкалуу, чалынуу, аралашуу. 2. чачыроо, толкундоо *(көл, деңиз)*. 3. *өтм.* эргүү, рахаттануу. 4. *өтм. (ар кимдин)* оозунан түшпөө. 5. *өтм.* толкунданууу, жигерденүү, эргүү.

çalkantı 1. толкун *(деңиздин, көлдүн ж. б.)* 2. чайкама, аралашма. 3. чар, кебек *(калбыр/электен чыккан)*. 4. *өтм.* эргүү, шыктануу, толкунданууу. 5. *өтм.* каргаша, турмуштун өйдө-ылдыйы.

çalkantılı 1.толкундуу *(деңиз, көл)*. 2. кооптуу, опурталдуу *(учур, мезгил)*.

çinko 1. *хим.* цинк. 2.цинктелген. 3.цинкограф. 4.цинктен жасалган.

Çinli кытай (*улутунан*).

çipil 1.чылпак (*көздүн*). 2.шишиген, чылпактаган (*көз*).

çipura *зоол.* балык түрү (*Жер Ортолук Деңизинде байырлайт*). (*Aurata aurata*).

çiriş клей, жабыштыргыч. ~ **(çanağı) gibi olmak** кургап жабышуу (*көп ичкенден ооздун кургашы*).

çirkef 1.кир, булганч, ылай. 2.*өтм. ооз.* арамзаа (*киши*), булганыч, арам (*иш*). ~**e taş olmak** булганыч ишке аралашуу, арамзаа киши менен жолдош болуу.

çirkin 1. түрү/кебетеси/ырайы суук, өңү серт (*киши*). 2.жагымсыз, уят, адепсиз, орой, арам (*иш, аракет, кылык*).

çirkinleşmek ырайы/кебетеси бузулуу.

çirkinlik,-ği 1.ырайы/өңү/кебетеси сууктук, серттик. 2. адепсиздик, жагымсыздык, оройлук.

çiroz 1. *зоол. (туздалган, кургатылган)* скумбрия, чирус. 2. *өтм.* арык киши.

çiselemek шыбыргактатып жааш (*жамгыр*).

çisenti шыбыргак.

çiş *(бала тилинде)* чиш, даарат ушатуу. ~ **etmek** чиш кылуу. ~**i gelmek** чиши /сийгиси келмек.

çişli булганып алган *(бала)*.

çit,-ti кашаа, тосмо, коргон *(чырпыктан, талдан, жыгачтан жасалган)*. ~ **çekmek** тосмо/кашаа менен тосуу, коргон салуу. ~**le çevirmek** тосмо менен курчоо.

çita *зоол.* гепард *(Acinonyx jubatus)*.

çitilemek ушалоо, жышуу, ушалап/жышып жуу (*кирди*).

çitlembik,-ği *бот.* терпентин *(дарагы/жемиши) (Pistacia terebinthus)*. ~**gibi** каратору, кичинекей *(кыз)*.

çivi 1. мык, шынаа. 2. ат таканын тиши/мыгы. ~ **çakmak** мык кагуу. ~**si çıkık** кеңкелес, келесоо. ~ **gibi** 1) чымыр, чың, тың. 2) катуу суук. 3)чыйралтуучу, сергитүүчү *(суусундук, суу)*. ~ **gibi olmak** сууктан тоңуп калуу (*мис. колдор*). ~ **kesmek** сууктан тоңуу. ~ **yazısı** шынаа жазуу.

çivileme 1. мык кагыш, мыкташ, бекем-

деш. 2. сууга буту менен түптүз түшүш. 3. топту жогортон төмөн карай катуу чаап киргизме *(теннисте, волейболдо)*.

çivilemek 1. мык кагуу, мык менен бекитүү. 2. *арго* саюу, матыруу *(бычак, кылыч ж. б.)*. 3. *өтм.* теше тиктөө, көзү менен кааруу *(бирөөнү)*, көзүн албоо *(бир нерседен)*.

çivili 1. мыкталган, мык кагылган. 2. такаланган *(ат)*. 3. мыктуу бут кийим *(атлетизмде)*.

çivit,-di чайкама, индиго, ультрамарин *(ак кирлерди көгөртүү үчүн колдонулат)*. **~ rengi/mavisi** көгүш, ачык көк.

çivitlemek чайкамага салып чайкоо *(ак кирлерге көгүш түс берүү үчүн)*.

çiy *к.* **çiğ.**

çizburger чизбургер.

çizelge расписание, график, таблица.

çizer 1. мультипликатор. 2. иллюстратор. 3. сүрөтчү.

çizgeç сызгыч.

çizgi 1. сызык, из. 2. багыт, линия. 3. бырыш, тырыш *(жүздөгү)*. 4. белги, касиет. 5. жара изи, айрык, жарык, карт. 6. тигиш. 7. бөлүм, жарым *(чачтын)*. 8. чек, өлчөм. **~ ~** жол-жол. **~ film** мультфильм. **~ resim** сызыктуу сүрөт, скетч. **~ roman** сүрөт - роман.

çizgili 1. сызыктуу, ала, жол-жол. **~ defter** чоң сызык дептер. 2. бырыштуу, тырыштуу. 3. контурлуу. 4.тигиштүү. 5. тытылган, айрылган.

çizik,-ği 1.сызык. 2.тытык, айрык. 3. чек. 4.сызылган, сызып ташталган. **~ ~** сызык-сызык, жол-жол.

çiziktirmek 1. арыдан-бери сыза/чийе салуу. 2.тайрактатып жазуу.

çizili 1.сызылган, тартылган (*мис. сүрөт*). 2.сызып/чийип салынган, жаратпай салынган.

çizilmek 1. сызылуу. 2. тартылуу, эскизи түшүрүлүү. 3.сызып/чийип ташталуу, жаратпай салуу.

çizim *геол.* чийме. **~ masası** чийүү тактайы/үстөлү.

çizme өтүк. **~den yukarı çıkmak** колунан келбеген/акылы жетпеген ишке киришүү. **~ ile tandıra girmek** одоно/адепсиз жорук жасоо.

çizmek 1.сызуу. 2. (*сүрөт*) тартуу. 3.чийип/сызып таштоо, жаратпоо. 4.чиймелөө. 5.тытып салуу.

çoban чабан, койчу. **~ köpeği** койчунун ити. **~ salatası** жашылча салаты *(помидор, бадыраң, пияз, калемпир аралаштырып, май кошулуп жасалат)*. **Ç~ Yıldızı** *астр.* Чолпон жылдыз.

çocuk,-ğu 1. бала. 2. *(бирөөнүн)* баласы *(уулу, кызы)*. 3.өспүрүм *(эркек)*. 4.чоңдорго ылайыксыз жүрүштурушу болгон *(киши)*. **~lar!** балдар! **~ aldırmak** боюнан алдыруу. **~ arabası** балдар арабасы, коляска. **~ bahçesi** балдардын оюн бакчасы. **~ bezi** жалаяк. **~ bilimci** 1)педолог. 2)педагог. **~ bilimi** 1) педология. 2) педагогика. **~ büyütmek** бала чонойтуу. **~ dili** баланын тили. **~ doğurmak** бала төрөө. **~ doktoru** бала доктур. **~ düşürmek** бойдон түшүү. **Ç~ Esirgeme Kurumu** Балдарды Коргоо Коому. **~ felci** балдардын шал оорусу. **~ gibi** баладай, бала кыял. **~ hastalığı** балдар оорусу. **~ mahkemesi** балдар соту. **~ olmak** бала болуу. **~u olmak** балалуу болуу. **~ oyuncağı** 1) балдар оюнчугу. 2) *өтм.* оңой иш, болор-болбос иш. **~ oyuncağı hâline getirmek** оюнчук көрүү, маанисин/баркын түшүрүү (*мис. бир ишти*). **~ peydahlamak** никесиз боюна бүтүрүү. **~ yapmak** балалуу болуу, боюна болуу. **~ yetiştirmek** бала чоңойтуу/өстүрүү. **~ yuvası** бала бакча. **~ zammı** балдар акчасынын артышы.

çocukça баладай, бала кыял/мүнөз.

çocuklaşmak бала менен бала болуу, бала кыял болуу.
çocukluk,-ğu 1.балалык, бала чак. 2. бала кыялдык. ~ **etmek/~u tutmak** 1)балалык/жаштык кылуу. 2)бала кыялын карматуу.
çocuksu балача.
çoğalmak 1. көбөйүү, артуу, кошулуу, өсүү, өнүгүү, жогорулоо. 2. *биол.* тукумдоо, тукуму көбөйүү.
çoğaltmak 1.көбөйтүү, арттыруу, өстүрүү, кошуу. 2.тукумун өстүрүү. 3.копиялоо.
çoğu,-nu 1.көбү, көпчүлүгү. 2.көбүнчө. 3....дан көбү. ~ **gitti, azı kaldı** көбү бүттү, азы калды. **~kez/ zaman** көбүнчө.
çoğul *грам.* көптүк түр.
çoğulcu *социол.* большевик, плюралист.
çoğulculuk,-ğu плюрализм.
çoğunluk көпчүлүк. болсо
çoğunlukla 1. көпчүлүк/басымдуу добуш менен. 2. көбүнчө, адатта.
çok,-ğu 1. көп. **~ daha** көбүрөөк. **~ defa/ kere/sefer** көп жолу. 2. абдан, өтө, аябай, эң *(күчөткүч бөлүкчө)*. ~ **çabuk** өтө тез. **~ eski** капкачанкы, байыркы. 3.көпкө, көп убакыт. ~ **beklemek** көпкө күтүү. ~ **düşünmeden** көпкө ойлонуп отурбастан. ~ **varmaz, ölür** көпкө барбайт, өлөт. 4.көп сандуу, поли-. **~tan** әчактан, мурунтан. ~ **anlamlı** көп маанилүү (*сөз).* **~tan beri/-tandır** көптөн/мурунтан/илгертен бери. ~ ~ ашып кетсе, ашып баратса, эң кыйын болсо. ~ **boyutlu** көп кырдуу/жөндүү.~ **defa** 1)дайыма. 2)көп жолу. ~ **fazla** эң көп болсо. ~ **geçmeden** көп өтпөй, бат эле. ~ **gelmek** 1) көп/ашыкча болуу. 2)оор келүү, колунан келбөө. 3)тажатуу, жүк болуу. ~ **görmek** *(бирөө үчүн)* 1) көп көрүү. 2) көрө албоо, ылайыксыз көрүү. 3) аёо, сараңдык кылуу. 4)көптү көрүү, азапты көп тартуу. ~ **karılı/eşli** көп аялдуу. **~a mal olmak** кымбатка туруу. ~ **olmak** көп болуу, чектен чыгуу/ ашуу. **artık ~ oluyorsun!** чектен ашып кеттиң! ~ **söylemek** көп сүйлөө. ~ **sürmez** көпкө барбайт/узабайт/созулбайт. ~ **şey!** кызык! укмуш! **~ şükür!** Кудайга шүгүр! ~ **tanrıcı** көп кудайлуу, политеист. ~ **tanrıcılık** көп кудайлуулук, политеизм, паганизм. ~ **uluslu** көп улуттуу. ~ **uluslu şirket** көп улуттуу фирма. ~ **yanlı/ yönlü** көп тараптуу, ар жактуу, көп түрдүү. ~ **yapımlı** түркүн түзүлүштүү, аралаш. ~ **yaşa!** 1)ак чүч! көп жаша! *(чүчкүргөн бирөөгө айтылат)*. 2)көп жаша! бали! *(ыраазычылык иретинде айтылат)*. ~ **yıllık** көп жылдык. ~ **yıllık bitkiler** көп жылдык өсүмдүктөр. ~ **yüzlü** көп капталдуу/грандуу.
çokbilmiş 1. акылдуу, зээндүү, көптү көргөн, акылы жетик. 2. куу, шумпай, айлакер, шылуун.
çokça көп-көп, бир далай, бир кыйла, мол.
çokgen *геом.* көп бурчтук.
çokluk,-ğu 1.көпчүлүк, масса, көптүк, молдук. 2. көбү, басымдуу көпчүлүгү. 3. көбүнчө, көп-көп, көп жолу/учурда. 4.*мат.* сан, чоңдук.
çoksamak 1. *(бирөөгө бир нерсени)* көп көрүү, ыраа көрбөө. 2. ичи тануу/ күйүү, кызгануу. 3. аёо, бергиси келбөө *(бир нерсени)*.
çoksatar 1.көп сатылган, жактырылган, бестселлер (*мис. чыгарма*). 2.көп сатылган (*буюм)*.
çokumak *диал.* чокуу *(куш)*.
çolak,-ğı чолок *(колу же бутунан майып)*.
çoluk: ~ **çocuk** бала-чака, бала-бакыра. ~ **çocuğa karışmak** бала-чакалуу болуу, орун-очок алуу. ~ **çocuk**

sahibi бала-бакыралуу.

çomak,-ğı таяк, токмок, чокмор, *(хоккей)* таягы, *(добулбас)* таяктары.

çomar койчу ити, чоң короочу ит.

çopur чотур, чаар, чечектин тагы калган *(бет)*.

çorak,-ğı 1. кууракан, какшыган, такыр *(өсүмдүк жакшы өспөгөн жер)*. 2. шордуу, туздуу *(суу)*. 3. шор, шоро. 4. балчыктуу жер.

çoraklaşmak кууроо, какшуу, шор тартуу (*жер*).

çorap,-bı байпак. **~ı kaçmak** байпагы ыдырап кетүү. **başına ~ örmek** *(бирөөнүн)* башына балакет ачуу, кыянатчылык кылуу. **~ söküğü gibi gitmek/ gelmek** (*бир иш*) тез, дароо, өзүнөн өзү бүтүү (*сөзм. с.* байпак ыдырагандай кетүү).

çorapçı байпак жасаган/саткан киши.

çorba 1. сорпо, ботко. 2. *өтм.* баш-аламандык, аралашкан/ чатышкан *(нерсе)*. **~ya döndürmek/~etmek** баш-аламан кылуу, боткого айландыруу *(бир ишти)*. **~ya dönmek** аралашып, чатышып калуу. **~ gibi** боткодой. **~ kaşığı** сорпо кашыгы. **~da tuzu/maydanozu bulunmak/ olmak** *(бир иште)* кичине да болсо үлүшү/салымы болуу. **~dan ağzı yanan ayranı üfler de içer** *мак.* (сүткө) сорпого оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет.

çökmek чөгүү, тунуу.

çökelek,-ğı 1. быштак, творог. 2. чөгүндү, чөбөгө.

çökelti *хим.* 1. чөгүндү, тундурма. 2. чөбөгө.

çökelmek *хим.* чөгүү, *(түбүнө)* тунуу.

çökertmek 1. чөгөлөтүү, чөк түшүрүү *(төөнү)*. 2. *өтм.* *(бирөөнү)* чөгөлөтүү, чөк түшүрүү, баш ийдирүү. 3. *аск.* (*душманды*) сүрүп чыгаруу, жок кылуу. 4. *өтм.* тымтыракайын чыгаруу, жер үстүнөн жок кылуу. 5. *аск.* кысуу, сүрүү, талкалоо, багындыруу.

çökkün 1. чөккөн, ылдый түшкөн. 2. *өтм., психол.* көңүлү чөккөн, сабыры суз, маанайы пас, депрессияга кирген.

çökmek 1. чөгүү, тунуу. 2. кыйроо, көчүү. **ev ~** үй көчүү. **toprak ~** жер көчүү. 3. чөк түшүү, чөгөөлөө. **diz ~** чөк түшүп отуруу. 4. басуу, кирүү. **gece birdenbire çöktı** күүгүм капысынан кирди. **süküt çöktü** жымжырттык басты. 5. чүңүрөйүү, ичине кирип кетүү, шимирилүү *(жаак, көз ж. б.)*, шалпаюу, түшүү *(ийин)*. 6. башына түшүү *(кайгы, балакет)*. 7. картаюу, чөгүү, алсыз болуу. 8. кыйроо, жок болуу *(мамлекет, режим)*.

çökük 1.чүңүрөйгөн, шылынган, шимилген, ичине кирген. 2. бастырылган, чөккөн.

çöküntü 1. чөкмө. 2. уранды, чалдыбар. 3. тунма, чөбөгө. 4. чуңкур, кабак, ойдуң. 5.*өтм.* кыйроо, талкалануу, жок болуу. 6. *психол.* депрессия.

çöküş 1. чөгүш, төмөндөш. 2. кыйроо, талкалануу. 3. чөк түшүү, чөгөөлөө, чөк түшүп олтуруу. 4. жок болуу, иши бүтүү, кедери кетүү *(мамлекет, режим, система)*.

çöl чөл, ээн талаа. **~e dönmek** чөлгө айлануу.

çölleşmek чөл болуу, чөлгө айлануу.

çömelmek чөк түшүп олтуруу.

çömez 1. *эск.* медреседе мударристин кызматын кылып, андан билим алган окуучу. 2. *өтм.* устанын шакирти.

çömlek,-ği чопо идиш *(мискей/ кумура)*.

çömlekçi чоподон идиш жасаган же саткан киши.

çöp,-pü 1. чамынды, куурай, саман, кыпын. 2. таштанды, артык. 3. жер-жемиштин сабы, өзөгү. 4. күрмөк,

чар *(дан/ күрүч/ таруу ж. б. тазалаганда чыккан)*. 5. шыпырынды. 6. *арго* эркектин жыныс органы. ~ **arabası** таштанды арабасы. ~ **atlamamak** ашыры такыба/кылдат/кыраакы болуу. ~ **atlamaz** так, кылдат, тыкан. **~e dönmek** арыктоо, териси сөөгүнө жабышуу. ~ **gibi** чөптөй, арык, кабыргасы саналган. ~ **kutusu** таштанды челек. ~ **sepeti** таштанды себети. **gözüne** ~ **kaçtı** көзүнө чөп түштү.

çöpçatan жуучу, арачы, ортомчу *(кудалашкан тараптар арасында)*.

çöpçü 1. таштанды ташыгыч. 2. короо шыпыргыч.

çöplenmek 1. ар түрдүү тамактардан таталамак. 2. *өтм.* бирөөлөрдүн эсебинен анча-мынча пайда табуу, бирөөлөрдүн садагасы менен жан багуу.

çöplük,-ğü таштанды, акыр-чикир ташталган жер.

çöpsüz тазаланган, терилген *(жер-жемиш, дан ж. б.)* ~ **üzüm** 1) *өтм.* кынтыксыз/кемчиликсиз *(нерсе)*. 2) (*жанында кошо жашай турган бирөөсү жок)* жубан.

çörek,-ğı 1. май токоч *(кээде таттуу)*. 2. *астр.* асмандагы нерселердин тегерек көрүнүшү. ~ **otu** *бот.* дамаск кара зиреси *(Nigella damascena; токочтун бетине себилет)*.

çöreklenmek 1. оролуп жатуу *(жылан)*. 2. *өтм.* (*конокто*) көпкө отуруп алуу, (*бир жерге*) жайлашып/жердешип калуу. 3. *өтм.* ойдон кетпөө, баштан чыкпоо *(ой, пикир ж. б.)*.

çöven 1. *бот.* самын чөп (*Saponaria officinalıs*). 2. *к.* **çevgen.**

çözelti *хим.* эритме.

çözgü эриш *(өрмөктөгү узатасынан керилген жип)*.

çözmek 1. чечүү, жандыруу *(жипти, түйүнчөктү ж. б.)*. 2. чечүү, жолун/жообун табуу *(иштин, маселенин)* 3. *мат.* чыгаруу (*эсепти*), эсептөө, 4. *(башкасынын жазуусун)* окуу, *(бирөөнүн сырын)* билип алуу/түшүнүү/чечмелөө. **metni** ~ текстти чечмелөө. 5.эритүү, бөлүү, ажыратуу *(бөлүктөргө)*.

çözücü 1. *(маселени)* чечкен. 2. *хим.* эриткич.

çözük,-ğü 1. чечилген, жандырылган, коё берилген. 2. чечилген *(маселе, иш ж. б.)*. 3. чечмеленген, окулган, сыры билинген. 4. эриген.

çözülmek 1. чечилүү, жайылуу, жазылуу, коё берилүү *(жип, чач ж. б.)*. 2. чечилүү *(маселе)*, жолу табылуу. 3. аныкталуу, чечмеленүү, 4. эрүү. 5. *аск.* *(душмандан)* узакташуу. 6. *арго* жылт коюу, качып кутулуу.

çözüm 1. *мат.* жол, амал. 2. жол, ыкма, чечилиш, тартип. 3. эрүү. ~ **yolu** чечилиш жолу.

çözümlemek анализдөө, изилдөө, иликтөө, чечмелөө.

çözümsel аналитикалык. ~ **geometri** аналитикалык геометрия.

çözünmek *к.* **çözüşmek.**

çözüşmek *хим.* эрүү, тароо, ажыроо, бөлүнүү.

çubuk,-ğu 1. чыбык, таяк. 2. көчөт, бутак, тал, чырпык. 3. *дең.* тирөөч. *4. (кездемедеги)* түз сызыктар. 5.тамеки мүштөгү. ~ **aşısı** эмдөө. **~unu tüttürmek/tellendirmek** 1)мүштөк менен тамеки чегүү. 2)*өтм.* кайгы-капасыз жашоо.

çuha сукно. ~ **çiçeği** примула *(Primula)*.

çuhçuh *(балдардын тилинде)* поезд.

çukur 1. чуңкур, оюк, ойдуң, тереңдик, аң. 2. чуңкур *(беттеги)*. 3. мүрзө. 4. капчыгай, боом. 5. чүңүрөйгөн, ичине кирип турган. ~ **açmak**

чуңкур казуу. **~a düşmek** 1) чуңкурга /аңга түшүү. 2) балаага туш болуу. **birinin ~unu kazmak** *өтм.* бирөөгө чуңкур казуу *(жамандык кылуу)*.

çul 1. одоно токулган жүн кездеме. 2.үртүк, ат жабуу *(кылдан/жүндөн токулган)*. 3. *ооз.* кийим сөрөй, жыртык-журтук кийим. **~ çaput** 1)токулган (*эски*) буюм/кийим. 2)ар түркүн токулган кездеме. **~ tutmaz** ысырапчы, акчасын чачкан (*киши*).

çullanmak 1. үртүктөө, жабуу жабуу (*атка*). 2. басып жыгылуу, кол салуу. 3. тийишүү, тажатуу (*бирөөгө*).

çulluk,-ğu *зоол.* чулдук *(Scolopax rusticola).*

Çulpan *астр.* Чолпон (*жылдыз*).

çulsuz 1. үртүксүз *(ат)*. 2. *арго* томояк.

çuval кап, мүшөк. **~ gibi** 1) серт токулган *(кездеме)*. 2) мүшөктөй, жарашыксыз, кең, бырыш-тырыш *(кийим)*.

çuvaldız жоовалдыз, темене .

çuvallamak 1. капка салуу. 2. *арго* бүлдүрүү, ойрон кылуу *(бир ишти)*. 3. *арго* колунан келбөө, жарабоо *(бир ишке)*.

Çuvaş чуваш.

Çuvaşça чуваш тили, чувашча. 2. чуваштарча.

çük,-kü *орой* кичине баланын пениси.

çünki, çünkü анткени.

çürük,-ğü 1. чирик, бузулган, сасыган. **~ elma** чирик алма. **~ yumurta** сасыган жумуртка. 2. сапатсыз, бышык эмес, начар. 3. негизсиз, орунсуз. **~ dava** негизсиз доо. 4.ишеничсиз, шектүү, күмөндүү. 5.үмүтсүз. 6. *аск.* жараксыз. 7.көгөргөн жер *(денедеги)*. 8. иштетилген, колдонулган. **~ çarık** эски, ишке жарабаган. **~e çıkarmak** ишке жаратпоо, колдонбоо. **~e çıkmak** 1) *(ден-соолугуна байланыштуу)* аскер кызматынан бошотулуу. 2) *(бирөөнүн)* жүзү/кылмышы ашкереленүү. **~ tahtaya basmak** күмөндүү ишке аралашуу.

çürümek 1. чирүү, бузулуу, курт түшүү. 2. жок болуу, бошко кетүү *(кыял, үмүт ж. б.)*. 3. кабыл алынбоо, четке кагылуу *(идея, ой, сунуш)*. 4. эскирүү, жыртылуу, көөнөрүү *(бир нерсе)*, кайратынан жануу *(киши)*. 5. көгөрүү *(жүз)*.

çürütmek 1. чиритүү. 2. сүрсүтүү *(этти)*. 3. карытуу *(бирөөнү)*. **hapishanede ~** түрмөдө чиритүү. 4. *(бирөөнүн)* аброюна шек келтирүү, абийирин төгүү. 5. жокко/төгүнгө чыгаруу. 6. жок кылуу.

D

D,d 1. *түрк алфавитинин бешинчи тамгасы.* 2.*муз. "ре" нотасынын тамгалай белгиси.*

da,de 1. да, дагы (*байл. ; жоон үндүү сөздөр менен* **da**, *ичке үндүү сөздөр менен* **de** *түрүндө келет*). **ben ~ , babam ~** мен да, атам да. **onu ben ~ gördüm** аны мен дагы көрдүм. 2. болсо, а, деле, гана. **bu yol o kadar ~ uzun değil** бул жол анча деле узун эмес. **kimi görür, kimi ~ hiç farkına varmaz** кээси көрөт, кээси байкабайт деле. **ne ~ güzel olurdu!** кандай сонун болот эле! 3. *сөзгө күмөндүүлүк, жактырбоо, тең-синбөө маанилерин кошот.* **o ~ ne oluyor!** анысы да эмнеси экен? **sus sen ~!** (жок дегенде) сен сүйлөбөй турчу! **yorulmak ~ lâf mı, canım çıktı** чарчаганды сурайсың да, жаным чыкты. 4. (*шарттуу сүйлөмдөн кийин*) деле, да. **artık gönlümü alsa ~ önemi yok** эми көңүлүмү алса деле мааниси жок. 5. *карама каршы маанидеги сүйлөмдөрдү байланыштырат.* **bey-efendinin isteği yokmuş ~, biz zorla-mışız** мырза жигиттин көөнү жок имиш да, биз зордуктаптырбыз. **istedi ~ ben mi vermemişim?** ал сурап, мен бербей коюптурмунбу? 6. *кайталанган сөздөрдүн арасына келип, маанисин күчөтөт.* **kadın ~ kadınmış ha!** (бах) аял аял дегендей эле бар экен! 7.*кайталанган сөздөрдүн арасына же соңуна келип, узакка созулган аракетти билдирет.* **bir kere ağzını açtı mı söyler ~ söyler** оозун бир ачып алдыбы, сүйлөй эле берет, сүйлөй эле берет. 8. жана, да, ал түгүл (*байл.*). **şunu al ~ sakla** муну ал да катып кой! **onlara yetişeceğiz ~ geçeceğiz** аларга жетебиз, ал түгүл озуп кетебиз. 9. -са болду, дегеле (*кайыл болуу маанисинде*). **iş çıksın ~, ben yorulayım** дегеле иш табылса экен, чарчасам мейли. **sen razı ol ~, ötesini bize bırak** сен макул болсоң болду, калганын бизге кой. 10. бирок. **beni gördü ~ selâm vermedi** мени көрдү, бирок салам бербеди. 11. дароо, тез, бачым. **denize bir defa dalsın ~ çıksın** деңизге бир чумкуй коюп дароо чыксын. 12. *бир нерсенин себебин билдирет.* **çalışmış ~ kazanmış** иштептир тааптыр (*акчаны, мүлктү*). **~sa da** 1) -са да, карабастан, -ганы менен. **söylese ~ faydası yok** айтканы менен пайдасы жок. 2) - са экен. **kış çıksa ~ bahar olsa** кыш чыгып, жаз келсе экен. **~ ondan** ошондон, ошол себептен. **niye ağzını kapatıyorsun? dişlerim çürük ~ ondan.** эмне эле оозуңу жаба коюп атасың? тиштерими курт жеген да, ошондон. **ne ... ne de** ...да, **...** да..., же..., же.... . **ne büyüğü geldi, ne ~ küçüğü** улуусу да, кичүүсү да келбеди.

dadanmak 1.татын алуу, таткануу. 2. *өтм.* кынык/кынуусун алуу.

dadaş *диал.* 1. эркек бир тууган. 2.иничек (*кайрылуу*).3.жаш жигит.

dadı бала багуучу (*аял*), эмчек эне.

dadılık,-ğı бала багуучулук (*милдети, абалы*). **~ etmek** бала багуу.

dağ тоо. **~ adamı** 1)тоолук киши. 2) орой/копол, маданиятсыз киши. **~ ardında** алыста, узакта**. ~ anası** албеттүү аял. **~ ayısı** *өтм.* тоолук. **~ başı** 1) тоонун чокусу. 2) элет,

тоо арасы. **~a çıkmak** 1)тоого чыгуу. 2) адилеттик күрөшүн жүргүзүү үчүн тоо аралап кетүү. **~ çileği** кожогат. **~lar dayanmaz** адам чыдагыс. **~ devirmek** тоо томкоруу, чоң иштер бүтүрүү. **~ doğura doğura bir fare doğurmuş** чоң иштен кичине жыйынтык алыш. **~ eteği** тоо этеги. **~lara düşmek** селсаяк болуу, тентип кетүү. **~dan gelip bağdakini kovmak** эшиктен келип төр меники демек. **~ gibi** 1) тоодой, чоң, олбурлуу (*киши*). 2) чымыр, дени сак. 3) көп, тоодой (*нерсе)*. **~ keçisi** тоо эчки. **~ taş** тоо-таш. **~lara taşlara** тоого, ташка келсин, бизге келбесин (*жамандык*).

dağ II 1.так, тамга, эн. **~ basmak** тамга басуу/салуу. 2. *мед.* күйгүзүү, күйгүзүп дарылоо. 3. из, жаранын карты. 4.*өтм.* кайгы, азап, дарт.

dağarcık,-ğı 1.тери баштык, сумка. 2. маалымат, акыл, эс. 3. *муз.* репертуар. **~ına atmak** эске тутуу. **~ta bir sey kalmamak** баарын түгөтүү, куру жалак калуу.

dağcı альпинист.

dağcılık альпинизм.

dağdağa 1.ызы-чуу, кыйкырык-өкүрүк. 2. дүрбөлөң, капсалаң, карбалас.

dağılım 1. тароо, жайылуу, бөлүнүү, ажыроо. 2.(*бир нерсенин*) таралышы, таркатылышы. 3. *экон.* коомдук кирешенин бөлүнүшү. 4. *психол.* элестетүү, окшотуу. 5. *хим. , физ.* ажыроо, бөлүнүү, дисперсия.

dağılış 1.тараш, жайылыш, бөлүнүш, чачыраш. 2. кыйраш, жок болуш, чөгүш.

dağılmak 1.тароо, ажыроо, айрылуу, бөлүнүү. 2. *хим. , физ.* ажыроо, бөлүнүү (*бөлүктөргө*). 3. майдалануу, жарылуу. 4.тартиби/ирети бузулуу, баш-аламан түшүү, чачылуу, жайылуу. 5. кыйроо, бөлүнүп-жарылуу (*өлкө, түзүлүш*). 6.таасирин/күчүн жоготуу.

dağınık 1. таралган, жайылган, чачылган. 2. чачкын, бөлүндү-жарынды. 3. тартипсиз, иретсиз, баш-аламан. 4. баш-аягын жыйнай албаган, оюн бир жерге топтой албаган (*абал*). 5. *геогр.* борпоң, көпшөк (*топурак*). **zihnî ~** кайсар, унутчаак, шалакы.

dağınıklık,-ğı чачкындык, баш-аламандык, иретсиздик. 2. унутчаактык, шалакылык.

dağıtıcı 1.таратуучу. **posta ~sı** почточу. 2. *мех.* дистрибитор. 3. *өтм.* козголоңчу.

dağıtım таратма, бөлүштүрмө. **~ evi** (*бир нерсени*) таратуучу мекеме.

dağıtımcı таратуучу.

dağıtmak 1.таратуу, таркатуу, айыруу, ажыратуу, бөлүү. 2. бөлүштүрүү, үлөштүрүү. 3. чачуу, тартибин/иретин бузуу, бөлүп-жаруу, ынтымагын кетирүү. 4.(*муштум менен*) былчыйта/жара коюу, чачыратуу. 5.таратуу, жоюу. 6.таасирин/күчүн азайтуу. **dağıtırım ha!** *орой* былчыйта коём! жанчып салам!

dağlamak 1.тамга/эн салуу. 2. *мед.* күйгүзүп дарылоо. 3. күйгүзүү, куйкалоо, кааруу (*ысык, суук*). 4. *өтм.* күйгүзүү, азапка салуу.

dağlı 1. тоолук, элеттик. 2.(*карта ойнунда*) король. 3. орой, копол, түркөй (*киши*).

dağlık тоолуу (*жер*).

daha 1. дагы (эле), алигиче, азырынча, эмдигиче, да. **~ gelmedi** келе элек. **~ bir saat olmadı** бир саат да боло элек. 2. -ыраак. **~ az** азыраак. **~ çabuk** тезирээк. **~ iyi** жакшыраак. **~ sonra** ананыраак, кийинчерээк. 3. *терс маанидеги этиштер менен* мындан ары/ кийин, экинчи. **bir ~ yapma** мындан ары мындай кылба. **bir ~ görmeyim** экинчи көр-

бөйүн. ~ ~ дагы эмне? ~ **da** ал аз келгенсип. ~ **neler!** дагы эмне дегени турасың! андай болушу мүмкүн эмес! ~ **olmazsa ...** болбой баратса .... **~sı** бул эле эмес. **~sı var** ал эле дейсиңби. **az ~**... аз жерден .

dahi дагы, да, деле. **bunu ben ~ bilmiyorum** муну мен деле билбейм. **bugün gelseler ~ yararı olmayacak** бүгүн келишсе деле пайдасы жок.

dâhi 1.гений. 2. жөндөмдүү, таланттуу.

dâhil,-hli 1. ич, ички бөлүк, ич тарап. 2. ичинде, ичине алган. ~ **etmek** кошуу, кошуп эсептөө. ~ **olmak** ичинде болуу, ичине алынуу, камтылуу.

dâhilî 1.ички. ~ **emniyet** ички коопсуздук. ~ **hastalıklar** ич оорулары. ~ **piyasa** ички базар. ~ **hat** ички (телефон) номер.

dâhilik,-ği генийлик.

dâhiliye 1.*эск.* ички иштер (*мамлекеттин*). **D~ Nezareti** *эск.* Ички Иштер Министрлиги. 2. медицинанын ички ооруларга байланыштуу бөлүмү, терапия. 3. ооруканын ич оорулар бөлүмү. ~ **mütehassısı** терапевт.

dâhiliyeci ич оорулары доктору, терапевт.

daima дайыма, ар дайым, ар качан.

daimî 1.туруктуу. ~ **delege** туруктуу делегат. ~ **encümen** туруктуу комитет. 2. *ооз.* ар качанкы, күндөгү, көнүмүш.

dair тууралуу, тиешелүү, байланыштуу.

daire 1. *геом.* айлана. 2. үй, квартира. 3.бөлүм, секция (*иш жеринде*). 4.бир курулуш же кеменин белгилүү жумушка арналган бөлүмү. 5. контора, мекеме. 6. чек, компетенция. 7. *муз.* тегерек шылдырак аспап. 8. *өтм.* чөйрө, айлана - тегеректегилер.

dairesel тегерек, айланган, айлана түрүндөгү.

dakik 1. так, кылдат. ~ **aletler** так куралдар. 2. так, кылдат (*киши*).

dakika минута, мүнөт. **~sında** дароо, ошол замат. **~sı ~sına** мүнөтү мүнөтүнө, таптак. **~sı ~sına uymaz** мүнөзү туруктуу болбогон, оосар (*киши*).

daktilo 1. машинка. 2. машинкада жазылган. 3. машинистка. 4.*ооз.* секретарь-машинистка. ~ **etmek** машинкада жазуу. ~ **ile yazılmış** машинкада жазылган.

daktilograf машинистка.

daktilografi машинкага басуу, дактилография.

dal I 1.тал, бутак (*бактын*). 2.*өтм.* тармак, салаа, бөлүм (*илим, билим ж. б.*). ~ **budak salmak** 1) бутактануу, өсүү. 2) *өтм.* жайылуу, кеңейүү, тароо, татаалдашуу. **~dan ~a konmak/atlamak** 1) бир темадан башкасына аттоо. 2) талдан талга конуу, туруксуздук көрсөтүү. ~ **gibi** арык, узун бойлуу (*киши*).

dal II 1. арка, жон, ийин. 2. моюн, желке. 3. кол. **~ına basmak** (*бирөөнүн*) жинине тийүү, ачуулантуу. **~ına binmek** жабышып- жармашуу.

dalak, -ğı *анат.* көк боор.

dalâlet,-ti жаңылыштык, калпыс жол. **~e düşmek** калпыс жолго түшүү, жаңылуу.

dalamak 1.талоо, тиштөө, тиш салуу (*ит, карышкыр ж. б.*). 2. чагуу, талоо (*чиркей, аары, чалкан*). 3. (*от*) аймалоо, чалуу. 4. кычыштыруу (*кездеме*).

dalaş, dalaşma 1.талаш (*мис. иттер бири-бирин*). 2.талаш, чатак, чыр, мушташ.

dalaşmak 1. (*иттер*) бири-бирин талоо. 2. чатакташуу, тилдешүү (*өз ара*).

dalavere *ооз.* амалкөйлүк, алдамчы-

лык, митаамдык менен жасалган жашыруун иш, куйтулук, амалдуу оюн. ~ **çevirmek/döndürmek** амалкөйлүк менен жашыруун иш жасоо.

dalavereci митайым, шылуун, амалкөй.

daldırmak 1. батыруу, матыруу, түшүрүү, малуу. 2.салуу, коюу. **elini cebine ~** колун чөнтөгүнө салуу. 3. матыруу, саюу. 4. *өтм.* ойго чөмүлүү/ батуу.

dalga 1.толкун (*деңиз, көл ж. б.*). 2. *физ.* (*эфир*) толкуну. 3. (*кездемеде*) бүктөм. 4. (*чачта*) тармал. 5.агым, мода. 6. *арго* тымызын жасалган иш, алдамчылык. 7. эңгидеңги/баш айланган/мас болгон абал (*банги заттардын таасиринен*). 8. тунжураган/ой баскан абал. 9. *арго* убактылуу ойнош. ~ **boyu** толкун бою. ~ ~ 1) (*түс үчүн*) темгил-темгил, ала-була. 2) түз эмес, толкундуу. 3) (*чач үчүн*) тармал. ~**ya düşmek** *арго* 1)унутчаак болуу, ой басуу. 2)эсин жоготуу, эстей албоо. ~ **geçmek** 1) (*бир нерсеге*) көңүл бурбоо, деңдароо болуу. 2) шылдыңдоо, мазактоо. 3) убактылуу көңүлдөш болуу. ~**ya gelmek** *арго к.* ~**ya düşmek. ~ya getirmek** (*бирөөнүн*) деңдароолугунан пайдалануу.

dalgacı 1. алдамчы, шум, шумпай, митаам. 2. туруксуз, шалакы, карбалас, шашма. ~ **Mahmut** шалакы, кайсар, карбалас.

dalgakıran толкун тоскуч, брекватер.

dalgalanma 1.толкун басма, термелме. 2.*экон.* товар бааларынын туруксуздугу. 3. *өтм.* (*коомдогу*) чаржайыттык, башаламандык. 4.*физ.* (*радиотолкундун*) жайылмасы. ~**ya bırakmak** 1)кийгилишпестен ыңгайлуу учурду күтүү. 2). акчанын чыныгы наркына ээ болуусун күтүү.

dalgalanmak 1.толкундоо, толкун басуу (*көлдү, деңизди*). 2.(*түс үчүн*) түс өзгөртүү, кубулуу. 3.*өтм.* (*баалар*) туруксуз болуу.

dalgalı 1.толкундуу (*деңиз, көл*). 2.темгил-темгил гүлдүү (*кездеме*). 3.тармал (*чач*). 4. *физ.* ар түрдүү толкун узундугун кармай алган. 5. (*шамалдан*) көйкөлгөн, термелген. 6.*өтм.* шалакы, унутчаак, кайсар, дайнын таппаган, карбаластаган. 7. *арго* айлакердик менен жасалган (*иш*). ~ **akım** *элек.* өзгөргүч ток.

dalgıç,-cı суучул. ~ **kuşu** суучул куш (*Colymbus glacialis*).

dalgın 1. ойго баткан/чөмүлгөн, унутчаак, шалакы, деңдароо *(абал)*. 2. эсин жоготкон, эч нерсе эстей албаган (*оору*). ~ ~ тунжураган, ой баскан (*мис. көз караш*).

dalgınlık,-ğı 1. ой баскан, санааркаган, түйшөлгөн (*абал*). 2. катуу/ терең уйку. ~**a getirmek** 1) (*бирөөнүн*) деңдароо абалынан пайдалануу. 2) (*бирөөнүн*) шаштысын алуу, карбаласка түшүрүү.

dalış 1. сууга чөмүлүш, суу түбүнө сүңгүш (*мис. суу алды кемесинин*). 2. *спорт* коргоочунун топту секирип токтотушу.

dalkavuk,-ğu 1. жасакер, кошоматчы, жалпаңдаган. 2. *тар.* мамлекет башчыларынын көңүлүн ачкан (*кызматчы*).

dalkavukluk,-ğu жасакердик, кошоматчылык. ~ **etmek** жалпаңдоо, жасакерленүү, кошоматчылык кылуу.

dallanmak 1. бутактануу, бутак байлоо. 2. *өтм.* жайылуу, тармактануу, салаалануу. 3. *өтм.* татаалдашуу, чиеленүү (*иш, маселе*). **dallanıp budaklanmak** татаалдашуу, чиеленүү, чатышуу.

dalmak 1.сууга чумкуу/сүңгүп кирүү. 2 (*бир ишке, жерге, топко*) бат кирип / аралашып кетүү. 3. *өтм.* уруксатсыз, жоосунсуз шекилде кирип баруу. 4. талып калуу, (*бир нерсеге*) катуу берилүү. 5.(*оорулуу*) эсинен тануу, өзүн билбей калуу. 6. уктоо. 7. (*түрк күрөшүндө*) чалуу. **dala çıka** араңдан зорго, эптеп-септеп. **dalıp çıkmak** 1) (*деңизде, көлдө*) чумкуп-калкып сүзүү. 2) (*деңизде, көлдө*) чумкуп/чөмүлүп чыга калуу. 3) бир киргенде бир топ жерге кирип чыгуу. **dalıp/dalıp gitmek** талып/ ойлонуп /ойго батып калуу.

dalyan *дең. (деңиз/ көл жээктеринде)* балык уулоого ылайыкталган жер. **~ gibi** бойлуу, келишимдүү.

dam I 1.чатыр, чердак, бастырма. **bir ~ altında yaşamak** бир чатыр/түндүк алдында жашоо. 2. чийки кыштан же сокмодон жасалган кичине үй, там. 3. *ооз.* короо, акыр. 4. *арго* түрмө, абак. **~dan çardağa atlamak** бир темадан башкасына аттоо. **~a çıkmak** 1)долулануу, тамды башына көтөрүү. 2)жыныстык каалоосу күчөө. **~ dan düşer gibi/düşercesine** туруп туруп эле, капысынан эле, орунсуз жерден. **~ (lar)da gezmek** аягы суюктук (*аялдар жөнүндө*). **~ üstünde saksagan vur (dum) beline kazmayı!** бул эмне деген сандырактык! (*маанисиз айтылган сөздөргө карата*).

dam II 1. дама (*бийде*). 2. дама (*карта оюнунда*).

dama I 1.шашки (*оюн*). 2. дамка (*шашки оюнунда*). **~ tahtası** шашки тактасы. **~ taşı** шашки ташы. **~ taşı gibi** *өтм.* көп кезген же бат-бат кызмат которгон (*киши*). **~ taşı gibi oynatmak** (*бирөөнү*) бир жерден бир жерге которуштуруу, жанын тындырбоо.

damacana мойну ичке чоң шише (*суу ташылган*).

damak,-ğı *анат.* таңдай. **~ eteği** жумшак таңдай. **~a hoşgelmek** даамы таңдайында калуу (*бир даам өтө жактырылганда айтылат*). **~ kemiği** катуу таңдай. **~ını kaldırmak** ап-аптоо (*коркондо*). **~ı kurumak** таңдайы катуу, оозу кургоо.

damaksı, damaksıl *грам.* таңдайчыл (*үнсүз*).

damaksıllaşma *грам. (тыбыштын)* жумшоосу же ичкерүүсү.

damalı чарчы, квадрат түстөрү бар (*кездеме, кийим*).

damar 1.тамыр, артерия (*кишинин, айбандын*). **~ atmak** тамыры/ согуу. 2. тамыр *(өсүмдүктүн)*. 3. (*мрамордо, тактайда*) түс өзгөчөлүгүн көргөзгөн тегерек сызыктар. 4. *геол.* кен катмары. 5. *өтм.* мүнөз адат. 6. *өтм.* тек, жаратылыш. **~ına basmak** 1) (*бирөөнүн*) жинине тийүү. 2) *(бирөөнүн)* талуу жерине басуу. **~ına çekmek** тукумун тартуу. **~ını bulmak** (*бирөөгө*) жакындашуунун жолун табуу, тамырын тартуу. **~ı çatlak** уятсыз, намыссыз. **~ına girmek** (*бирөөнүн*) сырын тартып, жагынуу. **~larına işlemek** (*жаман адат*) сөөгүнө сиңип калуу. **~ları kabarmak** (*бир мүнөз / сезим*) күчтүү шекилде пайда болуу. **babalık ~ları kabardı** аталык сезими ойгонуп кетти. **~ sertliği** *мед.* артериосклероз. **~ tıkanıklığı** *мед.* тамырдын тыгындалышы. **–ı tutmak** жини кармоо, адатын баштоо (*жаман мүнөз, көнүмүштөр тууралуу*).

damarlı 1. *анат.* тамырлуу (*мис. орган*). 2. *бот.* тамырлуу (*өсүмдүк*). 3. *өтм.* өжөр, көк, айтканынан кайтпаган, кырс (*киши*).

damat,-dı 1.күйөө бала. 2. *эск.* падыша тукумунан кыз алган киши. 3. (*ни-*

ке маалында) күйөө.

damatlık, -ğı 1.күйөө балалык (*абал, милдет*). 2. (*ника күнү*) күйөө бала кийген кийим. **~larını giydi** күйөө кийимин кийди. 3. күйөөгө ылайык, күйөө кийими болууга жарактуу (*кийимдер*).

damga 1.тамга, белги, так, из. 2.тамга баскан аспап. 3. бажыкана белгиси. 4.*өтм.* жаманатты, так. 5. штамп, мөөр. ~ **basmak** тамга басуу, мөөр коюу. ~ **pulu** марка. ~ **resmi** бажыкана белгиси. ~ **vurmak** 1)штамп/ мөөр басуу. 2) *өтм.* из калтыруу. 3) тамга басуу, белги коюу (*мис. малга*). ~**sını vurmak** 1) (*бирөө жөнүндө*) начар пикирге баруу. 2) из калтыруу, атын өчпөс кылуу. ~**sını yemek** (*жаман*) атка конуу.

damgalamak 1.тамга коюу, белги салуу. 2. мөөр басуу. 3. *өтм.* жаман атка калтыруу, абийирин төгүү.

damgalı 1. мөөр/штамп басылган. 2. тамгалуу, белги салынган, тагы бар. 3.мөөрү/пломбасы ачылбаган. 4. *өтм.* таанымал, чыгаан, көрүнүктүү. 5. *өтм.* жаманатты болгон, аты чыккан, шерменде болгон. ~ **eşek** таанымал шумпай.

damıtıcı 1. дистиллер, арак/ спирт ж.б. тарткан киши. 2. дистиллятор (*жабдык, аппарат*).

damıtık *буулантып тамчылатуу жолу менен алынган зат.*

damıtım, damıtma дистилляция, буулантып айдама.

damıtmak *физ., хим.* газ түрүндөгү заттарды алуу үчүн суюк же катуу заттарды ысытып, буулантуу жолу менен бөлүктөргө ажыратуу. *сал.* **imbik etmek, taktir etmek.**

damızlık, -ğı 1.үрөндүк (*дан, өсүмдүк ж. б.*). 2. асыл тукум, өндүргүч (*тукум алуу үчүн өстүрүлгөн мал*). 3.*ооз.* ачыткы, уютку.

damla 1.тамчы. 2. *фарм.* тамчылатма дары. **burun ~sı** мурунга тамчылатма дары. 3. чачыранды. 4.жүрөк токтоп калуу, апоплексия. 5.*өтм.* өтө аз, тамчыдай. 6. тамчы шекилиндеги (*мис. асыл таш*). ~ ~ тамчы-тамчы. ~ **sakızı** сапаттуу чайыр. ~ **taş** 1) тамчы түрүндөгү асыл таш. 2) *геол.* (*үңкүрлөрдөгү*) токтоп калган жер алды суулар.

damlalık, -ğı 1.тамчылаткыч (*дарыны*), капельница, пипетка. 2. чатырды жээктете орнотулган жаан суусун тоскуч.

damlamak 1.тамчылоо. 2. тамуу. 3. (*бирөөнүн бир жерге*) чакырылбастан качырып кирип барышы. **damlaya damlaya göl olur** *мак.* тамчыдан көл жаралат.

damlatmak 1.тамызуу. 2.тамчылатуу. 3. *хим.* буулантып айдоо.

damper *мех.* дампер, самосвал.

damperli: ~ kamyon самосвал (*автомобиль*).

damping, -gi 1. арзандоо (*товар*). 2. *экон.* дампинг (*эл аралык базарды тартуу үчүн товарын арзан баага сатуу*).

dana торпок, тана. ~ **eti** торпок эти. ~**lar gibi bağırmak/böğürmek** айкырып-кыйкыруу. ~**nın kuyruğu kopmak** корккону башына келүү.

danaburnu,-nu 1. *зоол.* кара чегиртке (*Cryllotalpa vulgaris*). 2.*бот.* арстан оозу гүлү (*Antirrhinum orontium*).

Danca дания тили, данча.

dandini 1. *сырд. с*. алдей-алдей (*бөбөктөрдү уктатууда колдонулат*). 2. *өтм.* чачкын, чачык, иретсиз, баш-аламан. ~ **bebek** бала кыял, оосар (*чоңдор үчүн*).

dandun *туур. с.* тарс-турс, дүң-дүң (*ок атышуу*).

dangalak *орой* аңкоо, макоо, дөдөй, дөөпөрөс.

dangıl: ~ **dungul** 1.копол, адыраңдаган, кыймыл-аракети одоно (*киши*). 2. оргу-баргы (*сүйлөнгөн сөз*).
danışık, -ğı 1. кеңешме. 2. жашыруун макулдашуу, жең ичинен сүйлөшүү.
danışıklı тымызын сүйлөшүлгөн/макулдашылган. ~ **dövüş** көз боёмочулук, айлакердик.
danışma 1. кеңешме, акылдашма. 2. маалымат бюросу, кабылдама. ~ **bürosu** маалымат бюросу. ~ **kurulu** кеңешме комитети.
danışmak кеңешүү, акылдашуу, суроо суроо.
danışman даанышман, кеңешчи, консультант.
Danıştay Мамлекеттик Кеңеш *(аткаруу/башкаруу доолорун караган көз каранды эмес конституциялык түзүлүш)*.
Danimarka Дания.
Danimarkalı 1. даниялык. 2. Данияга тиешелүү/мүнөздүү.
daniska (*бир нерсенин*) эң мыктысы, эң кыйыны. **içkilerin ~sı** ичиликтердин мыктысы.
dank *туур. с.* "даңк". **kafasına ~ etmek** башына даңк этүү.
dans 1. бий. 2. бий кечеси. ~ **etmek/yapmak** бийлөө. ~**a kaldırmak** бийге чакыруу.
dansçı 1. бийчи. 2. бийлеп жаткан киши.
dansör бийчи эркек (*профессионал*).
dansöz бийчи аял (*профессионал*).
dantel, dantela дантел, тор (*кооздук иретинде токулган*).
dar 1. тар. ~ **elbise** тар көйнөк. 2. кууш. ~ **sokak** кууш/тар көчө. 3. *өтм.* тар, тайыз, жеткиликтүү эмес (*ой, пикир, көз караш*). ~ **düşünce** кыска ойлоо. 4. аз, чектелген, берекесиз. **dar gelir** болор болбос кирешe. 5. кысталыш, кыйын (*абал, жагдай*). 6. араңдан зорго, эптеп, кыйынчылык менен. ~ **kaçmak** араң качып кутулуу. ~ **açı** *геом.* тар бурч. **(kendini)** ~ **atmak** 1) (*бирөөнөн*) араң качып кутулуу. 2) эптеп-септеп (*бир жерге*) жетүү. ~ **boğaz/geçit** 1) *геогр.* тар кечүү/ашуу/капчыгай. 2) *өтм.* кыйын учур/ абал. ~**da bulunmak** 1) кыйналып/ жетпеген турмушта жашоо. 2) башынан кыйналыштуу күндөр өтүп жатуу. ~**a ~/ ~ı darına** араңдан зорго, араң-араң, өп-чап. ~**a düşmek** кыйынчылык ичинде калуу. ~ **gelirli** колунда жок, жоксул, кедей. ~**a gelmek** 1) шашылыш болуу, жетишерлик убактысы болбоо. 2) (*бир ишти*) жасоого аргасыз болуу. ~ **görüşlü** акылы тайкы. ~ **kaçmak** эптеп качып чыгуу. ~ **kafalı м**ээси жок, акылы тайкы, билимсиз. ~**da kalmak** *к.* ~**da bulunmak.** ~ **yetişmek** араң жетишүү, зорго үлгүрүү.
dara 1. тара, идиш (*анын салмагы*). 2. таразанын ташы. 3. жүк ташыган унаанын жүксүз салмагы. ~**sını almak** идиштин оордугун чыгарып салуу.
daracık, -ğı 1.өтө тар. 2.өтө кууш.
darağacı, -nı дарга.
daralmak 1.таруу, кууш тартуу. 2.*мед.* кысылуу. **nefesi daraldı** деми кысылды. 3.кичирейүү, кирип кетүү (*кийим*). 4.кедери кетүү, жупуну тартуу, жакырдануу. 5. азайуу, аз калуу (*убакыт*).
daraltmak 1. тарытуу (*бир нерсени*). 2. кичирейтүү, тарытуу (*кийимди, буюмду*). 3. кыскартуу, азайтуу (*убакытты, мөөнөттү*).
darbe 1. *ар түрдүү мааниде* сокку, уруш. 2. козголоң, көтөрүлүш. 3. *өтм.* сокку. ~ **vurmak/indirmek** сокку уруу. ~ **yemek** сокку жемек.
darbımesel *эск.* макал.
darbuka дарбука (*урма музыкалык*

аспап).

dargın 1. таарынган, таарынышкан. 2. кайдигер, көңүлкош.

dargınlık,-ğı 1.таарыныч, таарынштуу. 2. араздашма, мамиленин бузулмасы.

darı 1. *бот.* таруу (*Panicum*). 2. *диал.* жүгөрү. **~sı başına!** бул жакшылык сенин башыңа да келсин! (*тилек*).

darılgan таарынчаак, чынтийбес, ызакор.

darılmaca: ~ yok! таарынмай жок!.

darılmak 1.таарынуу, ызалануу, өзүнө алуу, өпкөлөө. 2. ачууланууу, мамилесин бузуу. 3. тилдөө, жемелөө, жекирүү.

darlaşmak *к.* **daralmak.**

darlaştırmak *к.* **daraltmak.**

darlık,-ğı 1.тардык. 2.кууштук. 3. *өтм.* тардык, жакырчылык, жокчулук. 4. *өтм.* чектелгендик, акылы кыскалык/тайкылык. 5. *өтм.* жапа чегүү, санаа тартуу, көңүл чөгүү. ~ **çekmek** кыйынчылык тартуу.

darmadağın, darmadağınık 1. чачылган, иретсиз, баш-аламан, чалды-куйду. 2. шалакы, чалма этек, мажирөө. 3. түйдөктөшкөн, саксайган (*чач*). 4. *өтм.* (*ойдун, пикирдин*) чачкындыгы, баш-аягы жоктугу. ~ **etmek** 1) чачуу, астын-үстүн кылуу, иретин бузуу. 2) (*оюнун*) баш-аягын жыйнай албоо, чаташтыруу.

darp 1. уруш, кагыш. 2. *мат.* көбөйтүү. 3. басып чыгаруу, куюу (*тыйындарды*).

darphane акча басылган жай.

darülâceze *эск.* багар-көрөрү жоктор үйү.

dava 1. *ук.* доо, дат. ~ **açmak** доо ачуу, даттануу менен кайрылуу, сотко берүү. 2. доомат, талап. 3. иш, максат, умтулуш, принцип. 4. *орой* көңүлдөш, сүйгөн. **(aleyhine) ~ açmak** каршы доо ачуу, сотко берүү. **~ya bakmak** доону текшериш, күнөөлүүнү жазалаш. ~ **vekili** адвокат, актоочу. ~ **etmek** *к.* ~ **açmak. ~sını görmek** сотту алып баруу (*соттун төрагасы*). ~ **hakkı** даттануу укугу. **~dan vazgeçmek** даттануусун кайра алуу. **Pisagor ~sı** Пифагордун теоремасы.

davacı даттануучу, доочу. ~ **olmak** *ук.* даттануу. **~yım** ! датым бар! арызданам!

davalı *ук.* 1. талаштуу, чатак, доолуу, сотто каралуучу (*иш, маселе*). 2. сотто иши каралып жаткан, айыптталган (*киши*). 3. дооматы/дымагы күч (*киши*). ~ **olmak** иши сотто каралуу, айыпталуу.

davar кой-эчки, майда жандык.

davet,-ti 1. чакыруу. 2. кабыл алуу, банкет. ~ **etmek** 1)чакыруу. 2)*өтм.* жаратуу, пайда кылуу, жол ачуу. 3. (*бирөөнөн бир нерсе*) талап кылуу. **sizi nezakete ~ ediyorum** сизди сылыгыраак болууга чакырам. ~ **yapmak** кече уюштуруу.

davetiye 1.чакыруу кагазы/билети. 2. *ук.* сотко чакыруу. 3. чайлык пул (*чабарманга берилген*). ~ **çıkarmak** жол ачуу, себеп болуу.

davetkâr чакырган, үндөгөн (*аракет, көз караш*). ~ **bir bakış** азгырган көз караш.

davetli чакырылган киши, конок.

davetname расмий чакыруу кагазы.

davetsiz 1. чакырылбаган, чакырылбастан келген. 2. чакыруусуз (*чакыруу талап кылынбаган*). ~ **misafir** чакырылбаган конок.

davlumbaz 1. *очок үстүндө түтүндү тосуп турган кырбуу.* 2. *кеме дөңгөлөгүнүн жарым ай түрүндөгү капкагы.*

davranış 1. кылык-жорук, мамиле. 2. аракет, жорук, окуя. **insancı** ~ адамкерчиликтүү мамиле. 3. *психол.* организмдин тышкы таа-

сирлерге каршылыгы. ~ **bozukluğu** *психол.* аракеттердеги бузуктук.

davranmak 1. мамиле кылуу/жасоо. 2. аракет кылуу. **erken** ~ 1)мөөнөтүнөн мурун аракетке киришүү. 2) (*бир нерсени*) башкалардан озунуп жасоо. 3. баш коюу, даяр болуу, беленденүү, чыгара калуу. **kaçmaya** ~ качканга баш коюу. **silâha** ~ куралын чыгара калуу. **davranma!** кыймылдаба!

davudî бас (*жоон үн*).

davul добулбас, чоң барабан. ~ **çalmak** 1) добулбас чалуу. 2) (*бир нерсени*) элдин баарына жаюу. **~a dönmek** семирүү, челектей болуу. **~un sesi uzaktan hoş gelir** *мак.* ичинде болбогон иштин сырын биле албайсың. ~ **zurna ile** добулбас-сурнай/шаан-шөкөт менен.

davulcu добулбасчы.

dayak, -ğı 1.таяк, төпөш, уруш, тепки. 2. таянч, тирек, бакан, жөлөөч. 3. таяк. *сал.* **sopa.** ~ **arsızı** таяктан коркпогон, таякка бышкан. ~ **atmak** сабоо, таяктоо, төпөштөө. ~ **cennetten çıkmıstır** таяк бейиштен чыккан (*насаат*). ~ **yemek** таяк жеш.

dayalı 1.таяп коюлган. 2.*өтм.* негизделген, таянган (*көз караш, пикир ж. б.*). 3. тууралуу, жөнүндө. ~ **döşelı** баары-жогу камсыз, бардык шарты бар (*үй, бөлмө*).

dayamak 1. таёо, жөлөө. 2. такоо. **mektubu gözüne dayadı** катты көзүнө такады. 3. дароо (*күттүрбөстөн*) жасай коюу. **protestoyu dayadı** көп күттүрбөй каршылык көрсөттү. 4. бел тутуу, арка кылуу, таянуу. 5. (*терезе, эшик ж. б.*) аягына чейин ачуу. **dayayıp döşemek** (*үйдү*) жабдуу, бардык шартын түзүү.

dayanak,-ğı 1.таяныч, тирөөч. *сал.* **istinatgâh, mesnet.** 2. *өтм.* (*бир пикирдеги*) таяныч, жүйө, далил. 3. *өтм.* таянган киши, арка, жөлөк, колдоочу. 4. *филос.* негиз, субстрат. ~ **bulmak** колдоо табуу. ~ **noktası** 1) *физ.* таяныч чекити. 2) *өтм.* колдоо, жөлөк.

dayanaksız негизсиз, жүйөсүз.

dayanarak таянуу/негизге алуу менен.

dayanç,-cı таяныч, тирек.

dayanıklı 1.бекем, бышык, туруктуу, туруштук бере алган (*нерсе*). 2.чыйрак, кайраттуу, чыдамкай (*киши*). ~ **mallar** бышык товарлар. ~ **tüketim malları** *соода* көп алынган бышык товарлар.

dayanıksız 1. морт, туруксуз, (*бир нерсеге*) туруштук бере албаган, бош, борпоң (*нерсе*). 2. чыдамсыз, бошоң, кайратсыз, туруксуз, көпшөк (*киши*).

dayanılmaz 1. адам чыдагыс/чыдай алгыс, катуу. 2. айныксыз, анык, абдан.

dayanışma колдоо, тилектештик, биримдик, ынтымак.

dayanışmak (*бири-бирин*) колдоо, тилектеш/мүдөөлөш болуу, ынтымак менен аракет кылуу.

dayanma таянма, ишенүү, арка-жөлөк тутма.

dayanmak 1. таянуу, жөлөнүү, жаздануу. 2. чыдоо, туруштук берүү, бышык чыгуу. 3. *өтм.* (*бирөөгө*) таянуу, арка/жөлөк/эш/бел тутуу. 4.(*бир нерсеге*) негизделүү, түптөлүү. 5. баруу, жетүү. **ordu İzmir'e dayandı** армия/ордо Измирге жетип барды. 6. бүтүн күчүн сарптоо. 7. (*бирөөнүн*) мойнунда, үстүндө калуу. **bu iş sonunda bize dayanacak** бул иш аягында бизге калат. 8. түтүү, жетүү. **çocuklara ekmek dayanmıyor** балдарга нан түтпөйт. **dayanamamak** чыдай албоо, сабыры түгөнүү.

dayatmak 1. таёо, такоо 2. көшөрүү, көшөкөрлөнүү, айтканынан кайт-

поо. 3. (*бирөөнү*) бир ишке зордоо, мажбурлоо, айтканын жасатуу, өкүмзордук кылуу.

dayı 1. таеке (*эненин эркек бир туганы*). 2. *өзүнөн улуу тааныбаган эркектерге кайрылуу, аба, байке, аксакал сыяктуу мааниде)*. 3. колдоочу, сөзү өткөн, аттуу-баштуу жакыны. **~sı dümende olmak** колдогон кишиси болуу. 4. *тар. Османлы Императорлугунда шайлоо аркылуу дайындалган башкаруучу*. 5. *ооз.* тайманбас эр көкүрөк.

dayızade таекенин балдары.

dazlak, -ğı таз. **~ kafalı** таз, кашка баш.

de *байл. к.* **da. anam da, sen ~** энем да, сен да.

debdebe *эск.* көркөмдүк, шаан-шөкөт, салтанат.

debelenmek 1. жанталашуу, жан алакетке түшүү, чабалактоо (*оорудан*). 2. тепкилөө. 3. *өтм.* бекер убара болуу.

debi *геогр.* агым, суунун шарлыгы (*бир секундадагы*).

debriyaj *авто.* чиркегич, илиштиргич. **~ pedalı** чиркегич педаль.

Deccal 1. тажаал (*диний ишеним боюнча кыямат жакындаганда чыга турган жалганчы*). 2. *өтм.* жалганчы, алдамчы.

dede 1.чоң ата, таята. 2. ата-баба, ата-жото. 3. *дин* (*Мевлеви дервиштеринде*) шейх. 4. *улгайган кишилерге кайрылуу сөзү.*

dedektif *к.* **detektif.**

dedektör *к.* **detektör.**

dedikodu ушак, айың, каңшаар. **~ etmek/yapmak** ушак айтуу, айың/каңшаар таратуу.

dedikoducu ушакчы.

dedirmek,dedirtmek дедирүү, дедиртүү, айттыруу, сүйлөтүү.

def I *к.* **tef.**

def II, -fi 1. түртүп салуу, узакташтыруу, кубалоо. **düşmanı ~** душманды кубалап чыгуу. 2. *аск.* майтаруу (*чабуулдун мизин*). **~ ol!** жогол!

defa кез, жолу, ирет. **üç ~** үч жолу.

defalarca кайра-кайра, канча жолу, миң/жүз жолу.

defans 1. *спорт* коргонуу. 2. *спорт* коргоочу спортсмендер. **~ yapmak** коргонуу менен ойноо.

defansif *спорт* коргонуу, коргонууда ойноо.

defetmek кубалоо, кубалап чыгуу, кууп жиберүү. 2. кутулуу, башын кутkаруу. **belâyı ~** балаадан кутулуу.

defile мода көрсөтүүсү.

defin,-fni (*сөөк*) коюу/көмүү.

define кенч, көмүлүү калган баалуу нерселер, казына.

defineci кенч издеген киши.

deflâsyon *экон.* акча жетишсиздиги, дефляция.

defne *бот.* лавр дарагы (*Laurus nobilis)* **~ yaprağı** лавр жалбырагы.

defnetmek (*сөөктү*) көмүү/коюу.

defo кемчилик, бузук, мандем, кынтык.

defolmak *ооз.* жок болуу, житип кетүү. **defol!** жогол!

defolu бузугу/кынтыгы/кемчилиги бар, мандемдүү (*буюм*).

deformasyon деформация, ийрейүү, шекили бузулуу.

deforme ийрейме, кыйшайма, бузулма. **~ olmak** шекили/ формасы бузулуу.

defransiyel *авто.* дифференциалдык *(механизм)*.

defroster муз эриткич.

defter 1. дептер. **çizgili ~** түз сызык дептер. **kareli ~** тор сызык дептер. 2. жазуу журналы (*канцелярияда*), реестр, ведомость. **~e geçirmek** журналга каттап коюу. 3.салык дептери. **~ açmak** 1)акчалай жардам топтош. 2) ыктыярдууларды каттоо. **~i amal** жасалган кылмыш-

тар тизмеси. **~i amali doldurmak** көптөгөн кылмыштарды иштөө. **~ini dürmek** (*бирөөнүн)* эсебин/ жазасын берүү, өлтүрүү. **~i dürülmek** 1)өлтүрүлүү. 2) өлүү. **~i kapanmak** *өтм.* (*бир иш*) токтоо, бүтүү. **~den silmek** мамилесин үзүү, жолдошчулуктан кечүү. **~ tutmak** каттап/жазып жүрүү.

defterdar 1. (*элет жерлеринде*) финансы бөлүмү кызматкери. 2. *тар.* (*Османлыларда*) финансы иштеринин эң жооптуу кызматкери.

defterikebir *соода* негизги дептер, гросебух.

degajman *футб.* топту узакка тебүү.

değdirmek 1.тийгизүү (*ар кандай мааниде*). **elini suya ~** колун сууга малуу. 2. *өтм.* тийгизүү, жеткирүү, тапшыруу. **mektubu yerine ~** катты ээсине тийгизүү. 3. актоо (*баасын, наркын*). 4. (*арына, намысына*), тийүү, ыза кылуу.

değer 1. баалуулук, нарк, дөөлөт, кыймат. 2. баа. **~i biçilmez** баасы бычылбас. 3. барк, жогорку сапат. 4.татыктуу, барктуу, ардактуу, ылайык, актаган. **buna ~** буга татыктуу. **~ bir netice** (*эмгекти*) актаган натыйжа. 5.*мат.* чоңдук. **~ biçmek** 1) баалоо, баасын бычуу. 2) *өтм.* баалоо, барктоо. **~ düşürümü** *экон.* (*акчанын*) наркынын түшүшү, девальвация.**~ vermek** баа берүү, барктоо. **~ yargısı** баа берген тыянак/бүтүм.

değerbilir кадырды билген, барктай/ баалай билген (*киши*).

değerbilmez кадырды билбес, кадырга жетпес.

değerlendirme баа берме, нарк бычма.

değerlendirmek 1.баа берүү, баалоо (*түз, өтмө мааниде*). 2. *соода* (*акчаны*) пайдалуу иштетүү.

değerlenmek 1.баалануу, кымбаттоо. 2. *өтм.* кадыр-баркка ээ болуу (*киши*), мааниге ээ болуу (*мис. окуя*).

değerli 1. баалуу, кымбат. 2.*өтм.* кадыр-барктуу, ардактуу, урматтуу, таланттуу, эмгеги сиңген. **~ kâğıt** *фин.* баалуу кагаз.

değersiz 1.баасы жок, маанисиз, наркы төмөн. 2. *өтм.* кадыр-барксыз.

değgin тууралуу, жөнүндө, тиешелүү.

değil 1. эмес. **~im** эмесмин. **~ mi?** Эмеспи? 2. жок. **şehir uzak ~ miydi?** шаар узак эмес беле? - **değil.** - жок. 3. эле эмес, турсун, түгүл. **~ kışın, yazın bile uğramaz** кышында эле эмес/турсун/түгүл жайында деле келип койбойт. **~ mi ki ...** -ган соң. ... -гандан кийин. **değil mi ki gelirim dedi, mutlaka gelir** келем деген соң, сөзсүз келет. **-ında ~ ...** эч нерсе эмес, маанилүү эмес. **parasında ~im** акчасы маанилүү эмес. ...**-cak değilim** ... турган (киши) эмесмин. **parasına bakacak ~im** акчасына карабайм.

değin чейин, дейре.

değinmek 1.тийип өтүү, сөз кылуу/козгоо (*бир нерседен*). 2. байланышта болуу.

değirmen 1. тегирмен. **su ~i** суу тегирмен. 2.жаргылчак. **kahve ~i** кофе жаргылчагы. **~ çarkı** тегирмен чарыгы. **~in suyu nereden geliyor?** мынча акча кайдан келип жатат? **~ taşı** тегирмен ташы.

değirmenci тегирменчи.

değirmi 1.тегерек. 2.чарчы, эни-бою бир (*кездеме*). 3.*ооз.* кол жоолук, жүз аарчы.

değiş 1.алмашма, айырбаштама. 2. өзгөрүш. **~ etmek** алмашуу, айырбаштоо. **~ tokuş** башма-баш алмашуу, товар алмашуу.

değişik 1. өзгөртүлгөн, алмаштырылган. 2. өзгөчө, башкача. 3. өзгөчөлөнгөн, артыкча, айырмалуу. 4.*ооз.* артыкбаш (*ич кийим, кийим*).

değişiklik,-ği 1.өзгөчөлүк, башкачалык, айырмачылык, бөтөнчөлүк. 2.өзгөрүү, алмашуу. 3. туруксуздук, өзгөргүчтүк. ~ **olsun diye** өзгөчөлүк болсун деп. ~ **yapmak** өзгөртүү киргизүү.

değişim 1.өзгөрүү, өнүгүү, алмашуу. 2.*биол.* окшобоо. 3. *экон.* товар алмашуу. 4.*мат.* варианттуулук. 5. *дең.* шамалдын багыт өзгөртүшү.

değişsinim *биол.* сапаттык өзгөрүү, мутация.

değişken 1.туруксуз, өзгөргүч. 2.*мат.* өзгөргүч.~ **kemiyet** өзгөргүч чоңдук.

değişmek 1.өзгөрүү, өнүгүү. 2.алмашуу, жаңылануу. 3. айырбашталуу, алыш-бериш кылуу. **onu dünyaya değişmem** аны дүйнөдө эч нерсе менен алмашпайм. 4. которуу (*кийим, шейшеп ж. б.*).

değişmez 1.өзгөрбөс, туруктуу. 2. *мат.* константа, туруктуу чоңдук.

değiştirmek 1.өзгөртүү. 2. алмаштыруу. 3. алмашуу. 4. которуу, которуштуруу. **üstünü** ~ кийимин которуп кийүү.

değme 1.тийүү, тийишме, контакт. *сал.* **temas. ~ yeri** тийишкен жери. 2. кадимки, катардагы, карапайым, жөнөкөй. ~ **adam bu işi yapamaz** жөнөкөй киши бул ишти жасай албайт.

değmek I 1.тийүү, тийишүү. 2.(*бир* нерсеге) жетүү, баруу, келүү. **mektup eline değdi** кат колуна тийди. **yaşı on beşe değince** жашы он бешке келгенде. 3. каалаганындай/ойлогонундай чыгуу. **bu kahve değdi** бул кофе ишке жарады. **değme gitsin!** өз башы менен кетсин! **değme keyfini!** укмуш! керемет! сонун!

değmek II (*түз, өтмө мааниде*) туруу, татуу, арзуу. **bu tablo milyona değer** бул табло миллионго татыйт. **bu manzara görmeye değer** бул көрүнүш көрүүгө татыйт. **değmez** арзыбайт, татыбайт. **zahmetine değmez** убарасына татыбайт.

değnek,-ği 1.таяк. **koltuk ~i** балдак. 2. балак (*жаза түрү*). ~ **gibi** ичке, арык, чыбыктай. ~ **yemek** таяк жеш.

değnekçi 1. минибус/автобустардын кезегин тартипке салган киши. 2. *эск.* шаар тартибине көз салган киши.

değneklemek таяктоо, сабоо, балак алуу.

deh *сырд. с.* чу! (*атты/эшекти/өгүздү бастыруу үчүн айтылат*).

deha 1. генийлик, көсөмдүк. 2.гений, көсөм.

dehdeh (*балдардын тилинде*) чу-чу (*ат мааниси*).

dehlemek 1.айдоо (*айбандарды*). 2.*арго* кубалап чыгуу, чыгарып салуу.

dehliz 1. далис, коридор. 2.*анат.* угуу каналы.

dehşet,-ti коркунуч, үрөй учурган, жүрөк түшүргөн (*нерсе*). **~e düsmek/kapılmak** үрөйү учуу, жүрөгү түшүү, калтаруу. ~ **saçmak** коркуу жаратуу, үрөй учуруу.

dehşetli 1. коркунучтуу, үрөй/кут учуруучу, жүрөк түшүрүүчү. 2. өтө, катуу, абдан, укмуштуудай аябагандай (*күчөтүү мааниси*).

dejenerasyon тукуму начардоо/бузулуу, тукуму куруу, кедери кетүү, дегенерация.

dejenere 1. кедерсиз, сапатсыз. 2. шүмшүк, дегенерат. 3. иштетилбеген, дың, табигый. ~ **etmek** кедерин кетирүү, тубаса сапатын жок кылуу. ~ **olmak** кедери кетүү, тубаса сапаттарынан ажыроо.

dirsek,-ği 1. чыканак. 2. кесилиш, бурулуш (*көчөнүн*). 3.*тех.* чыканак (*түтүктөрдү бириктирген*). ~ **çevirmek** мамилесин үзүү, аралашуу. ~ **çürütmek** көп жыл окуу, чыканагын талытуу.
dirseklemek чыканагы менен түртүү.
disiplin 1.тартип. ~**i bozmak** тартип бузуу. 2. билим тармагы, сабак түрү. ~ **cezası** тартип бузуу жазасы. ~ **kurulu** тартип комиссиясы.
disk,-ki 1. *спорт* диск. 2. табак (*граммафондун*). 3. *комп. , тех.* диск. 4. *анат.* диск (*омурткаларды бири-бирине бириктирген*). ~ **atma** *спорт* диск ыргытуу.
diskalifiye: ~ **etmek** *спорт* мелдештен чыгаруу. ~ **olmak** *спорт* мелдештен чыгарылмак.
disket,-ti *комп.* дискета.
disko диско, дискотека.
diskotek дискотека.
diskur сөз сүйлөө, осуят/насаат айтуу. ~ **geçmek/çekmek** насаат айтып сүйлөө.
dispanser диспансер.
distribütör *мех.* дистрибютор, таратуучу.
diş 1.тиш (*кишинин, айбандардын*). ~ **çekmek** тиш сууруу. ~ **çürüğü** *мед.* курт жеген тиш. 2. *тех.* тиш (*тетиктердин, жабдыктардын*). 3.тилим, бөлүк, тиш (*сарымсак, каштан ж. б-да.*). **bir** ~ **sarımsak** бир тиш сарымсак. 4. (*дантел, тордо*) үч бурчтуу четки тордомонун ар бири. ~**ten artırmak** тамактан үнөмдөө. ~ **bilemek** тишин кайроо. ~**ini çekmek** *диал.* (*бир иштен*) баш тартуу. ~ **çıkarmak** тиши чыгуу. ~**ine dayanmak** тиштенип чыдоо. ~**ine değmemek** тишинин арасында калуу (тамак *өтө аз болуу*). ~ ~ тиш-тиш (*араа сымал*). ~ ~**e, saç saça gelmek** чачташуу, жулмалашуу. ~**e dokunur** тишке ылайык/жумшак. ~**leri dökülmek** тиши түшүү. ~**lerini dökerim!** тиштериңди талкалайм! оозуңду канжалатам! (*кекетүү*). ~ **eti** бүйлө. (**birine)** ~ **geçirememek** тиши өтпөө, колунан келбөө. ~ **geçirmek** сөзү өтүү. ~ **gıcırdatmak** 1) тишин кычыратуу. 2) кыжырдануу, тишин кайроо (*бирөөгө*). ~**ine göre** алына жараша. ~ **göstermek** тишин көргөзүү, күчүн билдирүү. ~ **hekimi** тиш доктур. ~ **kamaştırmak** тиш камоо. ~ **kirası** 1) *тар.* (*рамазанда келген конокторго таратылган*) акча же белек. 2) тартуу. ~**inin kovuğuna bile gelmemek/~inin kovuğunu bile doldurmamak** тишинин кычыгында калуу (*өтө аз тамак жөнүндө*). ~ **macunu** тиш пастасы. ~**ini sıkmak** тиштенип чыдоо. ~ **tacı** *анат.* тиш таажысы (*тиштин бүйлөдөн чыгып турган бөлүгү*). ~**inden tırnağından artırmak** бардык нерседен үнөмдөп (*чогултуу*). ~**ini tırnağına takmak** бардык кыйынчылыктарды тартуу, бүтүн күчүн жумшоо, жанын үрөө.
dişbudak,-ğı четин (*Fraxinus excelsior*).
dişçi тиш доктур, дантист.
dişi 1.ургаачы (*киши, айбан, өсүмдүк*).

2.аял, аялга мүнөздүү. 3. *мех. оюк-дөмпөк болуп жуп түзгөн нерселердин оюк бөлүгү.* 4. (*металл үчүн*) жумшак, оңой иштетилген. ~ **bakır** жумшак жез. ~ **demir** жумшак темир. ~ **organ** *бот.* ургаачы орган.

dişil 1. ургаачы. 2. *грам.* ургаачы жыныс (*род категориясы*).

dişilik,-ği 1.аялдык. 2. аялга мүнөздүү, аялга жарашкан.

dişlek 1.орсок тиш. 2. *өтм.* сөзү өткөн, өткүр, өкүм (*киши*).

dişlenmek 1.тиштөө, кетүү. 2. *тех.* тиш чыгаруу. 3. *өтм.* катуу сөз айтуу.

dişlemek 1.тиштөө, кетүү. 2. (*дан эгиндери үчүн*) дан/баш алуу. 3. *өтм.* күчкө толуу, сөзүн өткөрө алуу.

dişli 1.тиштүү. 2. *өтм.* өкүм, өткүр, абройлуу (*киши*). 3. *тех.* тиштүү. ~ **çark** тиштүү чарык. 4. *тех.* тиштүү дөңгөлөк, шестерня. ~ **tırnaklı** тажаал, бейжай.

ditmek 1.тытуу (*пахтаны, жүндү*). 2. майдалоо, үбөлөө, тууроо (*мис. этти*).

divan I диван, софа.

divan II 1. *тар.* мамлекеттик жогорку кызматкерлердин чогулушу, мажилис. 2. *ук.* аскердик сот, трибунал. **Divanı Adalet** Калыстар Соту. **harp ~ı** согуштук сот.

divan III *ад.* диван (*бир акындын рифмалары алфавит тартибинде жайгаштырылган ырлар жыйнагы*). ~ **edebiyatı** диван адабияты.

divane 1. думана, жинди, келесоо, кеңкелес. 2. (*бир нерсеге*) ашкере кумар болгон. ~ **olmak** *к.* **deli divane olmak. ~si olmak** (*бир нерсеге*) ашыкча берилүү.

Divanıhümayun Жогорку Кеңеш (*падыша сарайында жыйналган*).

diyabet,-ti *мед.* диабет, шекер оорусу.

diyabetik,-ği диабетик, шекер оорулуусу.

diyafram *анат., физ.* диафрагма, тосмо.

diyagnostik,-ği диагностика.

diyagnoz диагноз.

diyagonal 1. диагонал токулган кездеме. 2. *мат.* диагонал.

diyagram диаграмма, график.

diyalekt диалект.

diyalektik,-ği 1.диалектика. 2. диалектикалык. ~ **materializm** диалектикалык материализм.

diyalektoloji диалектология.

diyaliz *хим.* диализ. ~ **makinesi** диализ аппараты.

diyalog диалог. ~ **kurmak** диалог куруу.

diyanet,-ti 1.ыймандуулук, такыбалык. 2. дин, ынанч. ~ **işleri** дин иштери.

diyapazon 1. диапозон (*түз, өтмө маанилерде*). 2. камертон.

diyapozitif,-vi диапозитив, слайд.

diyar өлкө, аймак, жерге.

diyare *мед.* ич өткөк, диарея.

diye 1. ... деп (**demek** *этишинин чакчылы*). 2. (*эки сүйлөм арасын себеп билдирүү менен байланыштырат*) деп, дегендиктен, деген үчүн. **endişe edersiniz ~ söylemekten çekindim** сарсанаа болосуз деп, айткандан айбыктым. 3. деген, аттуу. **insaf ~ bir şey kalmamış** ынсап деген нерсе калбаптыр. ~ ~ айтып-айтып, айта берип. **ne ~** эмне деп, кандай максат менен. **bu sözü ne ~ söyledin?** бул сөздү эмне максат менен айттың? **~si gelmek** дегиси келүү.

diyecek айта/сүйлөй/дей турган. **~i olmak** айта турганы (бар) болуу. **~i olmamak** айта турганы (жок) болуу. ~ **yok** сөз жок, сөз жетпейт.

diyet I,- ti 1.күн. 2. *өтм.* баа, нарк.

diyet II,-ti диета. ~ **uzmanı** диета адиси.

diyetsiyen диета адиси.

diyez *муз.* диез.

diz тизе. ~ **bağı** кыска байпактын боосу. **~lerinin bağı çözülmek** тизеси бүгүлүп кете жаздоо, тизелери тити-

рөө (*чарчагандан, коркондон*). ~ **boyu** 1) тизеден, тизеге чейин. 2)канчалык, мынчалык, аябай (*күчөтүү маанисинде*). ~ **çökmek** 1) тизе бүгүп/тизелеп отуруу. 2) *өтм.* моюн сунуу, баш ийүү. ~ **çürütmek** тизесин талытуу (*көпкө окуу*). **~inin dibinde** көзүнүн алдында, жанында. ~ **~e** тизеси тизесине тийишип. **~ini dövmek** тизесин муштоо, өкүнүү. **~e gelmek** бутуна жыгылуу, чөгөөлөө. **~e getirmek** чөгөөлөтүү. ~ **kapağı** *өтм.* томук. **~lerine kapanmak** тизесине жыгылуу, жалынып-жалбаруу, кечирим суроо. **~leri kesilmek** бутуна тура албоо (*чарчагандан*). ~ **üstü** чөк түшүп, тизелеп (*отуруу*).

dizanteri *мед.* дизентерия.

dizayn дизайн.

dize сап (*ырда*).

dizel 1. дизель. 2. *арго* сойку.

dizem 1.тартип. 2.катар.

dizge түзүлүш, система, *(бир нерсенин)* орнотулуш тартиби.

dizgi 1.тартип. 2.түзүлүш, уюм, жайгашуу. 3. *полигр.* терүү. ~ **makinesi** терүүчү машина. ~ **yanlışı** терим катасы. 4.*комп.* жазуу. ~ **yeri** компьютер бөлмөсү.

dizgici терген/жазган киши.

dizgin тизгин. **~ini çekmek** тизгинин тартуу, теске салуу. **~leri başkasına kaptırmak** тизгинин (бийлигин) алдырып жиберүү. **~leri ele almak** эки тизгин, бир чылбырды колуна алуу. **~ini kısmak** тизгинин тартуу. **~leri koyuvermek/salıvermek** тизгинди коё берүү (*түз, өтмө мааниде*).

dizginlemek 1.тизгиндөө, тизгин тагуу. 2. *өтм.* (*бирөөнү*) тизгиндөө, тартипке салуу.

dizginsiz 1. тизгинделбеген, бош (*айбандар*). 2. *өтм.* эркин, башы бош, өзүн өзү билген (*киши*).

dizi 1.катар, тизги. **iki ~ inci** эки катар бермет. 2. серия. 3. *муз.* гамма. 4. *аск.* катар. 5. *мат.* прогрессия. ~ ~ катар-катар. ~ **film** сериал, көп сериялуу фильм.

dizici *к.* **gizgici.**

dizilemek 1.катарга тизүү. 2.жипке өткөрүү.

dizili 1.катарга тизилген. 2.жипке тизилген. 3.тартипке салынган. 4. *полигр. , комп.* терилген, жазылган.

diziliş тизилиш.

dizim 1.басылыш, жазылыш (*мис. китеп*). 2. *грам.* сөз тизмеги, синтагма.

dizin 1.индекс, тизме (*мис. китепте: авторлор, чыгармалар, томдор, беттер ж. б. у. с.*). 2. *комп.* директор.

dizlik,-ği 1.тизе кап. 2.тизеге чейин келген кончтуу байпак. 3. *ооз.* дамбал. 4. шалбар. 5.*ооз.* алжапкыч.

dizmek 1.тизүү, катарга коюу. 2.жипке тизиш (*мис. шуруну*). 3. *полигр. , комп.* тизүү, терүү, жазуу.

dizüstü тизе үстүндө колдонулган. ~ **bilgisayar** портативдүү компьютер.

do *муз.* "до" (*нота*). ~ **anahtarı** *муз.* "до" ачкычы.

dobra: ~ ~ ачык, шар, чын дилден/жүрөктөн, тартынбай, жашырыпжаппай (*айтуу, сүйлөшүү*).

doç. (**doçent'** *тин кыск.*) доцент.

doçent,-ti доцент.

dogma догма.

dogmatik догматик.

doğa жаратылыш, табият/табийгат. ~ **dışı** жаратылышка/табиятка айкыры/каршы. ~ **ötesi** 1) сезим тышы, метафизика. 2) метафизикалык.

doğaca тубаса, табигый.

doğacı 1. натуралист. 2. натуралисттик.

doğaç,-cı 1. шык. 2. төкмө, экспромт.

~tan кошуп жиберүү, уйкаштырып/жамактатып сүйлөө/ ырдоо.
doğaçlama жамактатуу, кошуу, төгүү.
doğal 1.табигый. ~ **kaynaklar** табигый байлыктар/кендер/ ресурстар. ~ **olarak** 1) табигый түрдө. 2) чыныгы, тубаса.
doğallık,-ğı 1.табигыйлык, тубасалык. 2. карапайымдык, жөнөкөйлүк.
doğan *зоол.* шумкар, ылаачын (*Falco*). ~ **burunlu** куш тумшук/мурун.
doğaüstü,-nü табият тышы, сыйкырдуу. ~ **güç** сыйкырдуу күч.
doğma 1.туулуш, төрөлүш. 2.чыгыш (*мис. Айдын, Күндүн*). 3. туулган. **Istanbul'da ~ bir yabancı** Стамбулда туулган бир чет элдик. ~ **büyüme** 1) туулуп-өскөн. 2) чыныгы, таза, тубаса.
doğmak 1.туулуу, төрөлүү. 2. чыгуу (*Күн, Ай*). 3. пайда болуу, жаралуу. 4. *өтм.* туулуу, пайда болуу, (*ой, пикир*). **doğduğuna bin pişman** туулбай туна чөгүү, туулганына өкүнүү. **doğduğuna pişman etmek** (*бирөөгө*) азап чектирүү, жанын кашайтуу, жашоодон бездирүү. **içine ~** алдын-ала сезүү.
doğram туурам (*эт*).
doğrama 1. туурамай. 2. жыгач устачылык иштер. 3. (*курулуштун*) жыгач, металл, пластикалык бөлүктөрү.
doğramacı жыгач уста.
doğramak 1.тууроо, майдалоо. **eti ~** эт тууроо. 2.жыгач усталык кылуу.
doğru 1.туура, түз (*сызык, бурч ж. б.*). ~ **çizgi** туура/түз сызык. 2.тегиз. ~ **duvar** тегиз/жылмакай дубал. 3.туура, чын, чыныгы. ~ **cevap** туура жооп. 4.туура, акылдуу, эстүү. ~ **karar** туура чечим. 5.туура, калыс, түз, адилет (*киши*). 6. *мат.* түз сызык. 7. чындык, акыйкат. ~ **mu?** 1)чын элеби? 2) туурабы? **~su aranırsa** чынын айтканда. 8. түз, бурулбастан/токтобостон (*жол, багыт тууралуу*). 9.туура, карай (*багыт*). **dereye ~** өзөнгө карай. 10. жакын, чама, чен, туура, жуук (*убакыт/жаш билдирген сөздөр менен бирге*). **öğlene ~** түшкө жакын/жуук. 11. туура! (*кубаттоо*). **~dan** же **~dan ~ya** түз, туура, түздөн-түз. **~su** чынында, чынын айтсам. **~su ben senden bunu beklemiyordum** чынын айтсам, мен сенден муну күткөн эмесмин. ~ **açı** *мат.* тик бурч. ~ **adam** түз киши. ~ **bulmak** туура (деп) табуу. ~ **çıkmak** туура чыгуу. ~ ~ **dosdoğru** эң туурасы. **~dan veya dolayısıyla** түз же кыйыр түрдө. **~ya doğru, eğriye eğri demek** акты ак, караны кара деш. ~ **durmak** 1) түз/тик туруу. 2) жөн туруу, бейбаштык кылбоо. ~ **dürüst** жакшылап, дурустап, ойдогудай. ~ **dürüst konuşamadık** жакшылап сүйлөшө албадык. ~ **söylemek** туура сүйлөө. ~ **söyleyeni dokuz köyden kovarlar** *мак.* туура сүйлөгөндү тогуз айылдан куушуптур.
doğruca түздөн-түз, түптүз. **bu yol ~ oraya çıkar** бул жол түптүз ошоякка барат.
doğrulamak тууралоо, ырастоо.
doğrulmak 1.түздөлүү. 2. туруп отуруу. 3. *өтм.* түзөлүү, айыгуу (*ноокас киши*). 4.*арго* (*акчага*) карк болуу, камсыз болуу. 5. туура/ көздөй жөнөө.
doğrultmaç *элек.* түздөөчү.
doğrultmak 1.түздөө, түзөтүү. 2.оңдоо, тууралоо. **yanlışları ~** жаңылыштарды оңдоо. 3.багыттоо, жөнөтүү. 4.жол табуу. **yolu doğrultarak gitmek** туура жол таап кетүү. 5. акча табуу, акча маселесин чечүү.
doğrultu 1.тарап, багыт, жак. 2. жол, жөн.
doğruluk,-ğu 1.тууралык, чындык,

акыйкат. 2. *өтм.* ак ниеттүүлүк, чынчылдык, калыстык.

doğrusal түз, түз багыттуу. ~ **denklem** *мат.* туура теңдеме.

doğrusu туурасы, чынында, чынын айтканда. **~sunu isterseniz** туурасын сурасаңыз, чынын айтсам.

doğu 1. чыгыш. 2. Чыгыш. ~ **dilleri** чыгыш тилдери. **D~ Anadolu** Чыгыш Анадолу. **D~ Bloku** *тар.* Чыгыш Блогу.

doğulu 1. чыгыштык. 2.чыгыш өлкөлөрүнүн адамы.

doğum 1. төрөт. 2. туулган, туулуш жаңырыш (*ай, күн, жыл*). ~ **belgesi** туулганы тууралуу күбөлүк. ~ **evi** төрөт үйү. ~ **tarihi** туулган күнү, айы, жылы. 3.чыгыш (*Күн, Ай, жылдыздардын*). **gün ~u** күндүн чыгышы. ~ **günü** туулган күнү. ~ **kontrolü** төрөт көзөмөлү. ~ **kontrol kapı** бойго бүтүрбөөчү дары. ~ **sancısı** толгоо. ~ **yapmak** төрөө.

doğumlu ... жылы туулган**. 1964 ~** 1964-жылы туулган.

doğurgan 1.төлдөөчү (*айбан*). 2. көп төрөгөн (*аял*). 3. *өтм.* түшүмдүү, берекеттүү, жемиштүү, үзүрлүү (*чыгармачылык, ишмердик*).

doğurmak 1.төрөө (*аял*), туу (*айбан*). 2. *өтм.* туудуруу, пайда кылуу. **sonuçlar ~** натыйжалар жаратуу.

doğurtmak 1. туудуруу, уруктандыруу. 2. төрөтүү, төрөткө жардам берүү.

doğuş 1.төрөлүш, туулуш. 2. *астр.* чыгыш (*Күн, Ай, жылдыз*). 3. пайда болуу, жаралуу.

doğuştan туулгандан, тубаса. ~ **sakat** тубаса майып.

dok,-ku *дең.* 1. док. ~ **işçisi** докер. 2. (*соода портунда*) склад, депо.

doksan токсон.

doksanar токсондон.

doksanıncı токсонунчу.

doksanlık 1. ичинде токсон даана болгон. ~ **kutu** ичинде токсон даана (*бир нерсе*) бар куту. 2. токсондогу, токсон жаштагы. ~ **ihtiyar** токсондогу карыя.

doktor 1. доктур, табып, дарыгер. 2. (*илимдин*) доктору.

doktora 1. докторлук (*диссертация*). 2. докторлук экзамен.

doktrin доктрина, окуу, теория.

doku *биол.* ткань. ~ **bilimi** гистология.

dokuma 1. токума, текстиль. 2. токулган (*кездеме*). 3. токума, өрмө (*керебет/ үстөл жабуу иретинде колдонулган тор*). ~ **tezgahı** өрмөк.

dokumacı 1.токуучу. 2.текстиль жумушчусу.

dokumak токуу, өрмөк өрүү.

dokunaç,-cı *биол.* туткач (*айрым омурткасыз деңиз жаныбарларынын сезүү органы*).

dokunaklı 1. таасирлүү, жагымдуу, жалындуу. ~ **söz** жалындуу сөз. 2.аянычтуу. ~ **ses** аянычтуу үн. 3.шылдыңдуу, кээкерлүү, ачуу. ~ **dil** ачуу тил. 4. катуу, ызгаардуу, күчтүү. ~ **şarap** күчтүү шарап. ~ **rüzgar** катуу шамал.

dokunca зыяндуу, залалдуу.

dokundurmak 1.тийгизүү. **dudak ~** эрин тийгизүү. 2. *өтм.* тийишүү, какшыктоо.

dokunma 1. тийиш, кол тийгизиш. 2. *биол.* туюм, сезим.

dokunmak I 1.тийүү, кол тийгизүү. 2. урунуу. 3. ден-соолугун бузуу, жакпоо (*тамак*). **bu yemek bana dokundu** бул тамак мага жакпады. 4. таасир берүү, жагымсыз сезимдер жаратуу, капа кылуу. **haysiyete/namusa ~** намыска тийүү. **onun sözleri bana dokunmaz** анын сөздөрү мага таасир этпейт. 5. байланыштуу/ тийиштүү болуу. **bu makale turizm konusuna dokunuyordu** бул маселе туризм темасына тийиштүү болчу. **faydası ~** пайдасы тийүү. **iyiliği ~** жакшы-

лыгы тийүү. **yardımı** ~ жардамы тийүү. **zararı** ~ зыяны тийүү.

dokunmak II токулуу (*кийим, кездеме ж. б.*).

dokunulmaz 1.кол тийбес/тийгис. 2.сындалбас, тил тийбес (*мис. бир чыгарма*).

dokunulmazlık,-ğı *саяс.* кол тийбестик.

dokuz тогуз. ~ **ayın çarşambası bir araya gelmek** бир топ кыйынчылык бир убакта башка келүү. ~ **babalı** *ооз.* атасы белгисиз (*бала*). ~ **canlı** тың, узун жашаган. ~ **doğurmak** 1) чыдамы кетүү, чыйпылыктоо. 2) жанын үрөө, жан-алакетке түшүү. ~ **düğüm altında** тогуз түйүн ичинде (*өтө жашыруун*). ~**unda ne ise, doksanında da odur** тогузунда кандай болсо, токсонунда да ошондой. ~ **körün bir değneği** бир топ кишинин жалгыз таянган кишиси. ~ **köyden kovulmuş** тогуз айылдан куулган, шүмшүк, селсаяк. ~ **parça olmak** жаны төрт чарчы болуу. ~ **yorgan eskitmek** өтө узун жашоо.

dokuzar тогуздан, тогуздап.

dokuzlu 1. тогуз бөлүктөн турган, ичинде тогуз саны болгон. 2.тогуздук (*карта оюнунда*).

dokuztaş тогуз таш (*оюн*).

dokuzuncu тогузунчу.

doküman документ.

dokümanter документалдык. ~ **film** документалдык фильм.

dolama 1.оромо, чулгама. 2.*мед.* тырмак сезгениши, панариций. 3. долман, бешмант.

dolamak 1. ороо, чулгоо, таңуу (*жипти, зымды ж. б.*). 2. кучактоо, артылуу. **kollarını boynuma doladı** колдорун мойнума артты. 3. *өтм.* түртө салуу, жүгүн артуу (*бирөвгө*).

dolambaç,-cı 1. айлампач, ийри-буйру, бурулушу көп (*жол*). 2.тегеренме (*жол*). 3. *анат.* кулактын ич жагы, лабиринт.

dolambaçlı 1.айлампачтуу, ийри-буйру, бурулушу көп. 2. чаташкан, чиеленген (*иш, маселе*).

dolandırıcı алдамчы, митаам, шумпай, айлакер.

dolandırıcılık,-ğı алдамчылык, митаамдык, айлакерлик.

dolanmak 1. айлануу, тегеренүү. 2.артылуу, курчалуу, оролуу. 3.чатышуу, чиеленүү, чалынуу. 4.тентүү, тентиреп басып жүрүү.

dolap,-bı 1.шкаф, үкөк, гардероб. 2.суу чарыгы (*кудуктун*). 3.турникет. 4.саат механизминин кутусу (*чоң сааттарда*). 5. музыкалык аспаптын кутусу. 6. (*жабык базарда*) дүкөн. 7. карусель. 8. *өтм.* амал, айла, тузак, интрига. ~ **beygiri gibi dönüp durmak** 1)тар чөйрөдө дайыма бир тажатма иште иштөө. 2) эч максатсыз аркы-терки басуу. **~ı bozulmak** пландары ойрон болуу. ~ **çevirmek/ döndürmek** амал куруу. **~a düşmek/ gelmek/ girmek** тузакка түшүү, алдануу.

dolar доллар.

dolaşık 1.чатышкан, түйдөктөшкөн (*чач, жип ж. б.*). 2. чатышкан, чиеленген, татаал (*маселе, иш*). 3. айланган, тегеренген (*жол*). 4.кыйыр, каймана. ~ **deyiş** каймана/туюк айтылган.

dolaşım айлануу (*кан, акча, аба ж. б.*), циркуляция.

dolaşmak 1. кезүү, басуу, жүрүү, саякаттоо, кыдыруу. **sokaklarda** ~ көчөлөрдү кыдыруу. **denizlerde** ~ деңиздерди ашуу. 2. айлануу, тегеренүү (*мис. кан*). 3. жолду узартуу, адашуу. 4. чачышуу, түйдөктөшүү (*чач, сакал, жип ж. б.*). 5. жайылуу, тароо (*кабар ж. б.*). 6. илээшүү, чалынуу (*бутка*). 7. сыйпалоо, сылоо (*мис. кол менен*).

ayakları ~ буттары чалыштоо. **dili** ~ тили булдуруктоо. **zihni** ~ акылы/ мээси айнуу.

dolaştırmak 1.кездирүү, кыдыртуу, алып жүрүү. 2.жолдон адаштыруу, узак жолго салуу. 3. чачыштыруу, түйдөктөштүрүү (*чачты, сакалды ж. б.*). 4.чатыштыруу, татаалдантуу (*ишти*).

dolay 1.тегерек, чет, айлана, чөйрө. 2. (*жолдун*) бурулушу.

dolayı 1. *к.* **dolay.** 2. ... -дан улам, ... себептүү, ... үчүн. **bu sebepten** ~ ушундай себептен улам. **bundan** ~ бул үчүн.

dolayısıyla 1. ...-дан себептүү/улам, үчүн. 2. ошентип, ошондуктан. 3. аркылуу, байланыштуу. **onunla iş** ~ **tanıştım** аны менен ишке байланыштуу тааныштым.

dolaylı кыйыр түрдө, кыйыр. ~ **tümleç** *грам.* кыйыр толуктооч.

dolaysız түз, түздөн түз.

doldurmak 1.толтуруу, куюу (*мис. , чайды*). 2. октоо (*ок атуучу куралдарды*). 3. толтуруу (*кагаз-дарды*). 4. жашка чыгуу. **yirmisini** ~ жыйырмага чыгуу. 5. *өтм.* (*бирөөнү башкасына каршы*) көкүтүү, кайроо. 6.(*үн, жыт ж. б.*) толтуруу, тароо. 7. (*убактысы, мөөнөтү*) бүтүү. 8. толуктоо. **parayı 100 liraya** ~ акчаны 100 лирага толуктоо. **boşluğu** ~ ордун толтуруу.

dolgu 1.чуңкур/оюкту толтурган зат. 2. толтурма. 3. пломба (*тиштин*). ~ **yapmak** (*тишке*) пломба коюу.

dolgun 1.толтурулган, толо. ~ **havuz** толтурулган көлмө. ~ **ses** коңур үн. 2. толук, болук. **etine** ~ эти толук (*киши*). 3. көп, толтура (*акча*). 4. *өтм.* каарданган, кекенген, ачуулуу, көкүтүлгөн.

dolma 1. толуш. 2. ичине фарш толтурулган тамак. 3. ичи толтурулуп жасалган. ~ **arazi** толтурулуп жасалган аянт. 4. *арго* жалган, амал, айлакердик. ~ **kalem** сыя калем. ~ **yutmak** *арго* алдануу.

dolmak 1.толуу, толтурулуу. 2.толуу, чогулуу (*мис. эл*). 3. (*мөөнөт, убакыт*) бүтүү. 4. *өтм.* сабыры түгөнүү, кыжыры кайноо. **dolup taşmak** толуп-ташуу.

dolmalık долмалык(*ичине фарш койгонго ылайык жашылча)*. ~ **biber** долмага (*к.*) ылайык калемпир.

dolmuş 1.толтурулган, толтура. 2. жүргүнчү толгондо жолго чыккан минибус/кайык. ~ **yapmak** 1) минибус менен жүргүнчү ташуу. 2) биргелешип машине жалдоо.

dolu I 1.толо, толтура. 2. (*бир жерде*) көп, толтура, мол. 3.бош жери жок, ээленген. **salon ~, boş yer yok** салон толо, бош жер жок. 4.бош убактысы жок. 5. (*ок атуучу куралдар үчүн*) октолгон. 7.ичкилик чөйчөгү. **bir** ~ **içti** бир чөйчөк (*толо*) ичти. 8. бир сезимге карк болгон. **neşe** ~ көңүлү чак. ~ **su** суу толо/толтура. **avuc** ~**su** 1) уучу толтура. 2) өтө көп. ~ **dizgin** чапкан бойдон, аттын оозун коё берген бойдон (*кетүү*), болгон күчү менен (*чуркоо*). ~ ~ **gülmek** каткырып күлүү.

dolu II мөндүр.

doluluk,-ğu толо болуу, бош (*жер, убакыт*) болбоо.

dolum толтурма (*мис. газ/бензин менен*).

dolunay толгон ай.

doluşmak толуп алуу, жыйналуу, чогулуу.

domates помидор. ~ **salçası** томат паста.

domino домино (*оюн*).

domuz 1. *зоол.* чочко, доңуз (*Susacrofa domestica*). 2. *өтм. , ооз.* кежир, терсаяк, кара санатай. 3. балит, ыплас. 4.*сырд. с.* чочко! ~**una** 1)карабастан, тескерисинче. 2) ая-

бай, абдан. ~ **arabası** кол араба. ~ **gibi** *ооз.* 1)көк, көкмелтей, кырс. 2)адепсиз, орой. 3)күчтүү, семиз, эттүү. 4. аябагандай, болушунча, иттей. ~ **gibi bilir ama söylemez** иттей билет, бирок сүйлөбөйт. ~ **gibi yemek/tıkınmak** чочкодой ыгып-тыгып жеш. **~dan (bir) kıl çekmek /koparmak** сараңдан бир нерсе суроо.

domuzluk,-ğu 1. *өтм.* кара санатайлык, кежирлик, терсаяктык. 2.*ооз. суу тегирменинде чарык айланган жер.* ~ **etmek** чочколук/кара санатайлык кылуу.

don I тоң, муз, аяз. **~a çekmek** аязга айлантуу. ~ **çozülmek** тоңу ээрүү. ~ ~ **tutmak** тоңуу, муз тутуу. ~ **yağı** 1)тоң май (*малдын майы*). 2) *өтм.* жагымсыз, комсоо (*киши*). ~ **gibi** тонгон майдай, сүйлөбөгөн, суз (*киши*).

don II 1. *ооз.* тон, кийим. 2. дамбал, ыштан. **~una doldurmak** 1) ыштанын толтуруу (*кичине/чоң дааратын шымына ушатуу*). 2) катуу чочуу/коркуу. **~una etmek /kaçırmak** ыштанына дааратын качыруу. ~ **gömlek** көйнөк-ыштан.

don III боз (*ат түсү*).

donakalmak оозу ачылып калуу, таң калганынан селдейип/далдырап калуу.

donanım 1. жабдылыш (*үйдүн ички бөлүктөрү: терезе, эшик, пол ж. б.*). 2. (*кеменин*) жабдылышы. 3.*комп.* жабдылыш, жабдуу.

donanma 1. жабдылыш. 2. (*бир өлкөнүн*) деңиз күчтөрү, флоту, согуш кемелери. **Türk ~sı** Түрк Флоту. **ticaret ~sı** соода флоту. 3. фейерверк/желектер коштоосунда өткөрүлгөн салтанат.

donanmak 1. кийинүү, жасанып-түсөнүү. 2. жасалгалануу, кооздолуу, чулгануу, чөмүлүү, көмүлүү. **çiçeklerle** ~ гүлдөргө чөмүлүү. 3.жабдылмак, токулмак (*мис. ат*). 4. *өтм.* (*ишинен*) сөгүш/жаза алмак.

donatı жабдуу, тетик, жабдык, аспап, шайман.

donatım 1. жабдуу (*керектүү шаймандар менен*) камсыз кылуу. 2.(*бир жерди*) жасалгалоо, кооздоо. 3.(*чыгарманын*) жардамчы каражаттары.

donatmak 1. кийгизүү, жасап-түсөө (*бирөөнү*). 2. жасалгалоо, кооздоо. 3. жабдуу, сапарга даярдоо (*кемени*). 4. дасторкон даярдоо. 5. *өтм.* (*бирөөнү*) сөгүп-сагуу, кордоо.

dondurma 1. бал муздак. 2. тоңдурма (*иши*).

dondurmacı бал муздакчы (*жасаган же саткан киши*).

dondurmak 1. тоңдуруу. 2. *өтм.* туруктуу абалда кармап туруу (*мис. бааны, курсту ж. б.*).

dondurucu тоңдуруучу, өлтүрүүчү (*катуу суук*).

dondurulmuş тоңдурулган.

donjuan донжуан.

donmak 1.тоңуу. 2.тоңуп өлүү. 3.үшүп кетүү (*өсүмдүктөр*). 5. катуу (*мис. цемент*). 6. *өтм.* сенейип/селдейип катып калуу (*күтүлбөгөн бир окуя каршысында*). **donup kalmak** *к.* **donakalmak.**

donsuz 1. ыштансыз, дамбалсыз. 2.*өтм.* кедей, колунда жок.

donuk күңүрт, солгун, өңү өчкөн. ~ **adam** түнөргөн, суз киши. ~ **ışık** күңүрт жарык. ~ **gözler** тунарган, ойлуу, жансыз көздөр.

donuklaşmak күңүрттөнүү (*жарык*), солуу, өңү өчүү (*түс*), тунаруу (*көз*), тунжуроо .

dopdolu топтолтура, топтоло.

doping,-gi *спорт* допинг. ~ **yapmak** допинг жасоо.

doru тору (*ат түсү*).

doruk,-ğu 1.чоку, төбө, кыр (*бактын, тоонун ж. б.*). 2. *өтм.* туу чоку (*чыгармачылыктын, санаттын*). ~ **toplantısı** *саяс.* саммит (*жогорку деңгээлдеги жолугушуу*).

dosdoğru 1. туптуура, түптүз. 2. туптуура, абдан туура, чын.

dost,-tu 1. дос, жолдош. **can ~u** жан досу. **iyi gün ~u** жарма дос. **kara gün ~u** чыныгы дос. 2. *ооз.* көңүлдөш, ойнош. 3. жактоочу, өтө сүйгөн, берилген. **kitap ~u** китепти сүйгөн. 4. *Аллаанын бир эпитети.* 5. дос, мамилелери жакын, ынтымактуу. **iki ~ devlet** эки дос өлкө. ~ **acı söyler** *мак.* дос күйдүрүп айтат. **~lar alışverişte görsün diye** жасалма, көрсөтмөлүк үчүн. ~ **düşman** дос-душман. **~a düşmana** элге-журтка, дос-душман алдында. ~ **edinmek** 1)дос күтүү. 2) ойнош күтүү. ~ **kara günde belli olur** *мак.* чыныгы дос башыңа кара күн түшкөндө белгилүү болот.

dostane, dostça досчо, досторчо, дос катары.

dostluk,-ğu достук. ~ **başka, alışveriş başka** *мак.* дос башка, иш башка. ~ **etmek** достук кылуу. ~ **kurmak** достук куруу.

dosya 1. досьё, өздүк документ. 2. документтер тиркелген папка. ~ **açmak** досьё ачуу.

dosyalamak документтерди папкага тиркөө.

doya: ~~ тойгончо, болушунча.

doyasıya каалашынча, тойгончо (*түз, өтмө мааниде*), өлгөнчө, канганча. ~ **eğlenmek** каалашынча көңүл ачуу.

doygun 1.ток, эч кемчили жок, камсыз, эч ыктыяжы жок. 2..*хим.* каныккан.

doyma 1.тоюш, ыктыяжын камсыз кылыш. 2. *физ. , хим.* каныкма, сатурация. **aşırı** ~ ашкере каныкма.

doymak 1.тоюу, курсагын тойгузуу. 2. *өтм.* канааттануу, жетишерлик деп эсептөө. 3.кануу (*мис. топурак сууга*). 4. (*терс түрүндө*) тажабоо, жадабоо, танбоо, талбоо. **bakmaya doymamak** карагандан тажабоо.

doymaz тойбос, ач көз.

doymuş 1. тойгон. 2.ыктыяжы калбаган, камсыз болгон, канааттанган. 3. *физ. , хим.* каныккан.

doyum канааттаныш, тоюш, каныш, ыраазы болуш. (**bir şeye**) ~ **olmamak** (*бир нерсени*) көрүүдөн, угуудан ж.б. тажабоо.

doyumsuz көз тойбой турган.

doyurmak 1.тойгузуу. 2.жашатуу, азыктандыруу. **bu topraklar milyonlarca insanı doyurur** бул топурактар миллиондогон кишини тойгузат. 3. *өтм.* канааттандыруу, ыраазы кылуу. 4. *өтм.* пара берүү. 5.*физ. , хим.* каныктыруу.

doyurucu 1.тойгудай, тойгузуучу (*тамак*). 2. *өтм.* жетишээрлик, канааттандырарлык, ишенимдүү, ыраазы болорлук.

doz 1. *мед.* доза. 2. *хим.* пропорция. 3.*ооз.* өлчөм, чек (*бир мамиледе, сөздө, жоруката*). **~unu kaçırmak** чегинен ашып кетүү, чектен чыгуу.

dozaj 1. *мед.* дозировка, дозасын өлчөө. 2. *хим.* пропорция, катыш.

dozer бульдозёр.

dökme 1.төкмө (*иши*). 2.(*бир жерден бир жерге*) агызылган. ~ **su** агызылган суу. 3.төгүлгөн, ачык (*идишке коюлбаган*). ~ **buğday** төгүлгөн буудай. 4. калыпка куюлган, ташылган. ~ **demır** чоюн. ~ **su ile değirmen dönmez** *мак.* ташыма суу менен тегирмен чуркабайт.

dökmek 1.куюу, агызуу. **çiçeklere su** ~ гүлдөргө суу куюу. **göz yaşı** ~ көзүнөн жаш агызуу. **ter** ~ тер

агызуу. 2.төгүү, бошотуу, чачуу. **buğdayı ambara** ~ буудайды кампага төгүү. **tavuklara yem** ~ тоокторго жем чачуу. 3.түшүү, түлөө. **yaprak** ~ жалбырак түшүү. **tüy** ~ жүнү түлөө. **hastalık saçlarını döktü** оору чачтарын түшүрдү. 4.чыгуу, пайда болуу (*жара ж. б.*). **çiçek döktü** чечек чыкты. 5.ичин бошотуу, күбүү, кагуу. **sigara tablasını** ~ тамеки табагын күбүү. 6.калыпка куюу (*металл, көмүр ж. б.*). 7. бышыруу, кууруу (*көмөштанда*). 8. (*көп санда*) жиберүү. **hududa asker** ~ чек арага аскер топтоо. 9. айландыруу. **işi alaya** ~ ишти шылдыңга айландыруу. 10.каржоо, сарптоо, чачуу. **para** ~ акча чачуу. 11.кулатуу, өткөрбөө (*мис. экзаменден*). 12.*өтм.* ачыкка чыгаруу, ашкерелөө, дартын айтуу. **dert** ~ даттануу. 13. ыргытуу, таштоо. **satılmayan hamsileri denize döktüler** сатылбаган хамсилерди деңизге ыргытышты. **döke saça** төгүп-чачып.

döktürmek 1.төктүрүү, агыздыруу, куйдуруу. 2. ыргыттыруу, таш-татуу. 3.калыпка куйдуруу. 4. *ооз.* чеберлик менен оңой жасап салуу (*жазуу, сүйлөө, ырдоо*). **bir saat boyu döktürdü** бир саат бою төктү (*ырдады , сүйлөдү*).

dökük 1.төгүлгөн, түшкөн (*чачтар тууралуу*). **saçları** ~ чачы түшкөн. 2. жыртылган, тытылган (*кийим*). 3. көйкөлгөн, көлбөөрүгөн. 4. жазып/бош коё берген (*мис. чач*). **saçları omuzlarına** ~ чачтары ийнине төгүлгөн.

dökülmek 1.төгүлүү (*таштандылар*), түшүү (*жалбырак*). 2.түлөө, жыдуу (*жүн, чач*). 3. агуу (*көз жаш, тер*), куюлуу (*чай, кофе*), сыйрылуу (*боёк, сыр*). 4.калыпка куюлуу (*кирпич*). 5.жыйналуу, топтолуу (*көпчүлүк*). **sokaklara** ~ көчөлөргө чыгуу. 6.өзгөрүлүү, айлануу, башка түргө өтүү. **sonu kavgaya** ~ аягы чатакка айлануу. 7. эскирүү, ыпыроо. **evi dökülüyor** үйү жыгылганы турат. 8.*ооз.* аркасынан түшүү, умтулуу. **herkes kürke döküldü** элдин баары тондун/шубанын аркасынан түштү. 9.бош таштап коюу, көйкөлүү, көлбөөрүү (*чач, кездеме, көйнөк ж. б.*). 10. *геогр.* (*көлгө, деңизге*) куюу. 11. *ооз.* (*чарчагандан, оорудан)* күчү калбоо. **dökülüp saçılmak** 1) төгүлүп-чачылуу. 2) ичиндеги сырын жашырбай айтуу.

döküm 1.калыпка куюш (*мис. кыштыы*). 2.калыпка куюлган (*нерсе*). 3. (*кездеменин*) көйкөлүшү, буралышы. 4. (*бир нерсенин*) деталдар менен берилиши. 5.түшүү, түлөө маалы. ~ **evi/ dökümhane** куюу цехи. **yaprak ~ü** жалбырак түшкөн маал.

dökümcü калып куйган киши.

dökümlü көйкөлгөн, буралган (*кийим)*.

dökünmek куюнуу (*мис. сууну*).

döküntü 1.таштанды, артык, түп, калдык (*тамак аштын*). 2.кесинди, таарынды, арткан-үрткөн сыныктар (*өнөр жай заттарынын*). 3.чачыранды, жараңка, шагыл (*кендин*). 4.артта/бөлүнүп калган (*аскерлер*). 5. *өтм.* (*коомдун*) сасыткылары, күрмөктөрү. 6.бүдүр, жара, ысык. 7.толкундар келип урунган/чарпылган зоока таш.

döl 1.төл. 2. *бот.* мөмө байлаган орган. 3.тукум, муун. ~ **almak** төл алуу. ~ **döş** укум-тукум. ~ **vermek** төлдөө, төл берүү. ~ **yatağı** *анат.* жатын. *сал.* **rahim I.** ~ **yolu** төл жолу, вагина.

döllemek 1. *бот.* төлдөө, тукум берүү. 2. *бот.* чаңдашуу.

döllenme 1.*биол.* уруктанма. 2.*бот.* чаңдашма.
döllenmek 1.уруктануу. 2. *бот.*чаңдашуу.
dölüt,-tü *биол.* түйүлдүк.
dömifinal,-li *спорт* жарым финал.
döndürmek 1.тегеретүү, айландыруу. **çarkı ~** 1) чарык тегеретүү. 2) жан сакташ. 2. кайра кайтаруу. 3.оодаруу, орун которуу, аласалдыруу, аңтаруу. 4.айландыруу, кейпине келтирүү. 5. ордунда калтыруу, кулатуу. **sınavda döndürmüşler** сынакта кулатышыптыр. 6. ишин жүргүзүү, башкаруу, тартипке салуу. **(sözü) döndürüp dolaştırmak** сөздү айлантып-тегеретүү/бурмалоо.
dönek, -ği 1.кубулма, миң кубулган, туруксуз, кайпак, ишеничсиз. 2.класста/ордунда калган (*окуучу*).
döneklik, -ği туруксуздук, кайпактык. **~ etmek** сөзүнөн кайтуу.
dönem 1.мезгил, учур, период, доор. 2. чакырылыш, сессия (*парламентте*). 3. семестр. 4. раунд (*бокста*).
dönemeç,-ci 1.бурулуш (*жолдун*). 2.*өтм.* (*бир кырдаалда, мамиледе, пикирде*) бурулуш чекити.
dönence *астр. , геогр.* тропик.
döner 1. айланган, тегеренген. 2. дөнер (*түрк тамагы; айлантып куйкаланган эт*). **~ kapı** айланма эшик. **~ kebap** айлантып бышырылган кебер. **~ koltuk** айланма кресло. **~ merdiven** айланма тепкич. **~ sermaye** айланма капитал.
dönerci дөнер жасаган/саткан киши.
döngel *бот.* кадимки мушмула (*Mespilus germanica*).
döngü: kısır ~ бузук чөйрө.
dönme 1.тегеренме, айланма. 2.*мат.* айлануу. 3. башка динден мусулманчылыкка өткөн (*киши*). **~ dolap** 1)карусель. 2) (*эски үйлөрдө дубалга орнотулган*) айланма шкаф.
dönmek 1. айлануу, тегеренүү. **baş ~** баш айлануу. **etrafında ~** тегерегинде айлануу. 2. кайтуу, артка кетүү. 3. бурулуу, кылчаюу. 4.өзгөрүү, өзгөртүү, айлануу, башка түргө келүү (*иш, сөз ж. б.*). 5. окшошуу. **bançeye emek verilince cennete döndü** бакча иштетилген соң бейишке окшоп калды. **deliye ~** жинди болуп кетүү. 6. ордунда/классында калуу. 7. ынанчын, динин/пикирин өзгөртүү. 8. баш тартуу, кайтуу (*сөзүнөн ж. б.*). 9.кескин өзгөрүү (*мис. күн*). **hava birdenbire döndü** күн дароо өзгөрдү. 10 ооналактоо. **döne döne** айланып-тегеренип. **dönüp dolaşmak (döne dolaşa)** аралап/тентип/сандалып жүрүү.
dönük,-ğü 1.аркасын карап/салып турган (*киши*). 2. *өтм.* арналган, багытталган. **halka ~ bir eğitim** элге арналган билим берүү.
dönüm 1.айланма, тегеренме, бурулма. **~ noktası** 1) бурулуш чекити. 2) *өтм.* кескин бурулуш, кризис. 2. дөнүм (*аянт өлчөмү, 40x40 кв. аршын = 919,3м^2*). 3. кайтыш. 4.ирет, келиш. **bir ~de getirmek** бир келиште алып келүү. 5.жылдык. **yıl ~ü** бир жылдыгы.
dönüş 1.кайтыш. 2. бурулуш. 3. *спорт* спортсмендин бир бутунун учунда туруп айланышы.
dönüşlü 1.кайтышы мүмкүн болгон. 2. *грам.* **~ fiil** өздүк мамиледеги этиш. **~ zamir** өздүк ат атооч.
dönüşmek 1.өзгөрүү, айлануу, башка түргө өтүү. 2. *өтм.* (*бир абалдан*) чыгып/кутулуп кетүү.
dönüşüm 1.өзгөрүш, кайра куруу. 2. *биол.* (*бир органдын*) милдетинин өзгөрүшү менен түрүнүн да өзгөрүшү. 3. *мат.* трансформация.

dönüşümlü 1.кезек менен алмашкан, кезектүү, колдон колго өткөн. 2. алмак-салмак. ~ **olarak** алмак-салмак, кезектешип.
döpiyes эки бөлүктөн турган (*аял кийим*).
dörder төрттөн. ~ ~ төрттөн-төрттөн.
dördün 1. *астр.* Айдын чейреги. 2. квартал (*үч ай*).
dördüncü төртүнчү.
dördüz төрт түгөй/эм/ эгиз.
dört, -dü 1.төрт. ~ **buçuk** төрт жарым. ~ **defa /kere** төрт жолу. ~ **kat** 1) төрт кабат. 2) төрт эсе. 2. бүтүн/бардык тарап/жак/бөлүк. **dünyanın ~ bucağından** дүйнөнүн төрт бурчунан. ~ **ayak** 1)төрт аяктуу (*айбан*). 2)төрт буттап, тизелеп. ~ **ayak üstüne düşmek** коркунучтуу абалдан соо калуу. ~ **başı mamur** төрт тарабы шай. **~te bir** төрттөн бир. ~ **bir tarafı/yanı** ар тарабы, бардык жагы. ~ **bucak** төрт бучкак, бардык тарап. ~ **dönmek** 1)жаны төрт чарчы болуу. 2) айласы кетүү, аргасыз болуу. ~ **dörtlük** 1) *муз.* бирдик. 2)*өтм.* мыкты, сонун, айбы/ кемчили жок. ~ **duvar** төрт дубал, ээн үй. ~ **duvar arasında/içinde kalmak** төрт дубал арасында калуу. ~ **elle sarılmak/yapışmak** 1)(*бирөөгө*) жабышып-жармашуу. 2)(*бир ишке*) баш-оту менен кирүү. ~ **göz** *ооз.* көз айнекчен. ~ **gözle beklemek** эки көзү төрт болуп күтүү. ~ **göz bir evlât için** (*ата-эненин*) бүт кылган эткени бала үчүн. ~ **işlem** төрт амал (*арифметикада*). ~ **köşe/köşeli** төрт бурчтуу/чарчы. ~ **köşe olmak** кубангандан элеп-желеп болуу, терисине батпоо. ~ **taraftan** ар тараптан. ~ **üstü, murat üstü** иши оңунда, төрт тарабы шай. ~ **yanına bakmak/ ~ yana bakınmak** эки жагын карануу, элеңдөө, этият болуу. ~ **yanı deniz kesilmek** аргасыз/ чарасыз калуу. ~ **yol** төрт жолдун кесилиши /тоому. ~ **yol ağzı** кесилишкен көчөлөрдүн башы.
dörtgen *геом.* төрт бурчтук.
dörtkenar *геом.* төрт жактуу, төрт бурчтук.
dörtlü 1. (*карта оюнунда*) төрт. 2.төрт бөлүктөн турган. ~ **abajur** төрт лампалуу абажур. 3.*муз.* квартет.
dörtlük,-ğü 1.төрт бөлүктөн турган. 2.*муз.* нотанын төрттөн бири/ чейреги. 3. *ад.* куплет, төрт сап. 4.*астр.* тегеректин чейреги. 5.*ооз.* саткын, кемпай (*киши*). **hele şu ~e bakınız!** мына бул кемпайды карасаңар!
dörtnal 1.таскак (*аттын*). 2. *өтм.* шашылыш. **~a kaldırmak** (*атты*) таскактатып чабуу.
dörtnala (*атты*) чапкан бойдон.
döş 1.төш. 2. кабырганын алды.
döşek,-ği 1.төшөк. 2.*ооз.* миң дөнүм (*к.* **dönüm)** аянттагы шалы талаасы. 3. *ооз.* бастыруу үчүн кырманга алынып келинген эгин саптары.
döşeli 1.жабдылган, жасалган. 2.*к.* **dayalı döşeli.**
döşem жабдылыш, түйүн. **elektrik ~i** электр түйүнү.
döşeme 1.төшөмө. 2. (*үйдүн*) тактайы/ полу. **tahta** ~ тактай пол. 3. *аск.* куралдардын төшөгүчү. **kundak ~si** кундак төшөгүчү. 4. эмерек, эмерек менен жабдуу (*үйдү*). 5. эмеректердин чүпүрөк каптамасы. 5. *ад.* элдик чыгармалардын кириш бөлүмү.
döşemeci эмеректердин каптамаларын жасаган/оңдогон киши.
döşemek 1.төшөө, полдоо (*тактай, мрамор ж. б. менен*). 2. салуу, төшөө (*килем, бойро ж. б.*). 3. эмерек менен жабдуу (*бөлмөнү, мекемени*).
döşenmek 1.төшөлүү. 2.төшөккө жатып

калуу, ооруп калуу. 3. майдалап/тактап түшүндүрүү. 4.оозу ачыктык кылуу, жайып жиберүү (*мис. сөздү, сырды*).

döven *к.* **düven.**

döviz 1.чет элдик акчалар, тыйындар, валюта. 2.вексель, чек. 3. ураан, чакырык, девиз. **~e çevrilebilir mevduat** валютага айландырууга мүмкүн болгон жатырым. ~ **kaçakçılığı** журт тышына уруксатсыз валюта алып чыкма. ~ **kaçırmak** журт тышына уруксатсыз валюта чыгаруу.

dövme 1. уруш, сабаш. 2.(*денеге/териге*) сүрөт/жазуу чектирме, татуировка. 3. бастырылган буудай жана андан жасалган тамак. 4. эритилип жасалган металл буюм. ~ **dondurma** ийленип жасалган балмуздак.

dövmek 1.уруу, сабоо, төпөштөө. 2. бастыруу, жанчуу, тартуу (*мис. данды*). 3. чалуу, ийлөө (*мис. жумурткаңы*). 4. кагуу, күбүү (*төшөктү, кийизди ж. б.*). 5. (*металлды*) кызытып, шекил берүү. 6. ок жаадыруу, бомбалоо. **gemi kaleyi dövdü** кеме чепти аткылады.

dövünmek 1. өзүн-өзү ургулоо/койгулоо. 2. *өтм.* өкүнүү, бушайман болуу, кайгыруу.

dövüş 1.кармаш, таймаш, сабаш. 2.согуш, уруш. 3.*спорт* мелдеш, жарыш, күрөш.

dövüşken урушчаак, чатак, чыр (*киши*).

dövüşmek 1.урушуу, мушташуу, таймашуу, кармашуу. 2. *аск.* согушуу, күч сынашуу. 3.бокстошуу (*белгилүү эрежелер менен*).

dövüştürmek 1.уруштуруу, мушташтыруу. 2.*спорт* беттештирүү, мелдешке чыгаруу, күрөштүрүү.

dr (**doktor**'*дун кыск.*) доктор (*илимдин*).

drahoma (*христиан жана иудейлерде*) сеп (*келин тарабынан күйөөгө берилет*).

draje 1. драже (*таттуу капталган дары*). 2. шоколад капталган куру жемиш.

dram, drama 1. драма (*чыгарма, оюн*). 2. *өтм.* кайгылуу тагдыр, трагедия.

dramatik 1. драмалык. 2. шыктандырган, шердендирген. 3. *өтм.* кайгылуу, аянычтуу.

dramatize: ~ **etmek** 1) (*бир чыгарманы*) сахна, радио, телевидениеге ылайыкташтыруу. 2) (*бир окуяны*) ашкере сезимталдаштыруу, адамдардын туйгуларына баскы жасоо.

dramaturg,-gu драматург.

dramaturji драматургия.

dren 1.окоп, арык. 2. *мед.* дрен (*операциядан кийин суюктуктарды тышка чыгаруу үчүн колдонулган бүгүлгөн түтүк*).

drenaj *тех., мед.* дренаж (*суюктукту сордуруп чыгарып курутуу*).

dua 1. дуба. 2. бата. **~sını almak** бата алуу. ~ **etmek** 1) дуба кылуу, кудайга жалбаруу. 2) бата берүү. **~sı tutmak** батасы тийүү.

duacı (*бирөө үчүн*) дуба/тилек тилеген.

duahan *дин* дуба окуган (*дин кызматкери*).

duyaen *дипл.* эң тажрыбалуу/ таасын *(кызматкер).*

duba 1.асты жалпак баржа. 2.*ичи бош ар тарабы корулган сүзүп жүргөн көпүрөө.* 3. *өтм.* толук, семиз.

dublâj *кино* дубляж (*фильмдин*). ~ **yapmak** дубляж жасоо.

dublâjcı *кино* (*фильмдин*) дубляжын жасаган киши.

duble 1.эки каты, эки эсеси (*бир өлчөмдүн*). 2.(*кийимдин*) астары.

dubleks эки кабат. ~ **daire** ичинен тепкичтүү эки кабат үй.

dublör дублёр.

dublve, double-u (w *тамгасынын ата-*

лышы).

duçar дуушар. ~ **olmak** дуушар болуу.

dudak,-ğı эрин. ~ **boyası** помада, эрин боёгу. ~ **bükmek** оозун бүйрүү, мурдун чүйрүү, теңсинбөө. **~ını bükmek** ыйламсыроо, эрдин кемшиңдетүү. ~ **~a** оозмо-ооз. **~ını ısırmak** 1)эрдин тиштөө, таң калуу. 2) (*бир нерсени*) жашыруу максатында жасалган ышаарат. ~ **ısırtmak** таң калтыруу, ичин күйгүзүү. ~ **payı bırakmak** (*бир суюктукту идишке*) аз бөксө куюу. ~ **sarkıtmak** оозун түйрүйтүү (*жактырбаганда*). ~ **triyakisi** тамеки түтүнүн тышка үйлөгөн (*киши*). ~ **ünsüzü** *грам.* эринчил үнсүз. **~ının ucuna gelmek** тилинин учуна келүү. **~ı yarık** оозу жырык, нышаан/жышаан.

duhul,-lü 1.кирүү, кириш. ~ **imtihanı** кирүү экзамени. 2.пенистин толук кириши (*сексте*).

duhuliye *эск.* кириш акысы. ~ **kartı** кириш күбөлүгү.

dul 1.тул (*жубайы өлгөн же ажырашкан аял / эркек*). 2. жесир же ажырашкан. ~ **kalmak** тул/жесир калуу.

dulda 1. далдоо, буйтка (*жер*). 2.*ооз.* коруу, калкалоо (*бирөөнү*).

duman 1. түтүн. 2. туман. 3. тоз, мунарык. 3. *арго* начар, белгисиз, бүдөмүк (*иш, пикир ж. б.*). **durumu ~!** *абалы кыйын!* 5. *арго* банги, нашаа. ~ **almak** 1) туман каптоо/басуу. 2) тамеки түтүнүн ичине чегүү. ~ **altı olmak** нашаа түтүнүнөн мас болуу. ~ **attırmak** *арго* 1) кыйын абалда калтыруу. 2) жүрөгүн түшүрүү, коркутуу. ~ **etmek** 1) талкалоо, бузуу, жок кылуу. 2) жеңип алуу. ~ **olmak** 1) начар болуу, төмөндөө (*иши, абалы*). 2) жок болуу, дайынсыз кетүү. ~ **rengi** коюу күл түстүү. **~ı üstünde** 1) (*жашылча жемиш үчүн)* жаңы үзүлгөн, жаш. 2)жаңы болгон, көп убакыт өтө элек (*окуя, иш*).

dumanlanmak 1.түтүн басуу. 2.туман түшүү/басуу/чалуу. 3. *аск.* мунарыктоо, даана көрүнбөө. 4.ышталуу, ыш басуу. 5. бууланууу. 6.тер басуу (*мис. терезени*). 7.*ооз.* мас болуу, кызуу. 8. акылдан айнуу, алжуу.

dumanlı 1.түтүн баскан, түтүндүү. 2.тумандуу, бүдөмүк. 3.*өтм.* ышталган. 4. *өтм. , ооз.* көздөрү тумандашкан, кызуу.

dumansız 1.түтүнсүз. 2.тумансыз, ачык.

durağan 1. туруктуу, орунтуктуу, кыймылсыз. 2. *өтм.* өнүкпөгөн, өспөгөн,токтогон.

durak,-ğı 1.(*автобус, минибус, такси ж. б.*) аялдамасы. 2. *эск.* чекит. 3. *ад.* (*белгилүү муун арасы*) тыным. 4. *муз.* пауза, тыным. 5. *ооз.* резиденция.

duraklama 1.токтоо, тыныгуу. 2.сөзүн бөлүү/токтотуу, унчукпай калуу.

duraksama олку-солкулук, тайсалдама.

duraksamak олку-солку болуу, тайсалдоо, бир чечимге келе албоо.

dural кыймылсыз, өзгөрүүсүз, туруктуу.

duralit,-ti катуу тактай.

durdurmak 1.токтотуу. 2.тургузуу.

durgu *ооз.* 1.токтом, тыным, ара. 2.*ад.* пауза, цезура.

durgun 1.тынч, мемиреген, көшүлгөн (*суу, көл, деңиз, күн*). 2. (*тааасири*) көпкө сакталган (*жыт, уу ж. б.*). 3.кыймылсыз, жансыз (*мис. соода*). 4.солгун, алсыз, жайбаракат, жоош (*киши, айбан*). 5.ойлуу, чүнчүгөн, басынган (*киши*). ~ **mevsim** жансыз мезгил. ~ **su** көшүлгөн/ мелмилдеген суу.

durgunlaşmak 1.тынчтануу, жоошуу

(*айбан*), басылуу (*шамал, толкун*). 2. *өтм.* токтоп калуу (*мис. соода*). 3. солгундашуу, чабал болуу, жайлоо, оорлошуу (*киши*). 4.ой басуу, токтоо тартуу. 5. *ооз.* эс-акылын топтой албоо, мазасы кетүү (*чарчагандан*).

durgunluk,-ğu 1.жансыздык, тынчтык, жымжырттык, солгундук. **piyasa ~u** базардагы кыймылсыздык/жансыздык. 2. алсыздык, көңүл коштук, жайбаракаттык. 3.ойлуулук, басынгандык.

durmadan токтобостон, үзгүлтүксүз, тынымсыз, дайыма, кечке.

durmak 1.туруу. **namaza ~** намазга туруу. **rahat ~** жөн/тим/тынч туруу. 2.иштебей калуу, токтоо, бузулуу. **saat durdu** саат иштебей калды. 3. бүтүү, үзүлүү. **yamğur durdu** жамгыр токтоду. 4. бар болуу, сакталуу. **o evler duruyor mu?** ошол үйлөр турабы? 5.калуу, токтоо. **baloda çok durmadık** баллда көпкө калбадык. 6. көрүнүү, сыяктануу. **pehlivan gibi ~** балбан сыяктуу туруу. 7.күтүү, аялдоо. **artık duramayacağım** мындан ары чыдай албайм. 8.жарашуу, ылайык болуу. **masa bu köşeye nasıl durdu?** үстөл бул бурчка кандай жарашты? 9. *-ып,-а чакчыл мүчөлүү этиштерге жардамчы этиш катары келип, кыймылдын узакка созулганын көргөзөт:* **söylenip ~** көпкө сүйлөнүү. **yapa dur** жасай бер/тур. **dur!** токто! тур! **durup dinlenmeden** эч токтобой, тыным албай. **durup durup** 1) анда-санда, кээде, туруп-туруп. 2) бат-бат. **durdu durdu da turnayı gözünden vurdu** көпкө чыдаганга жараша эң мыкты нерсеге жетишти. **durup dururken** 1) туруп туруп эле, капысынан. 2) эч себепсиз, далилсиз, зарылчылыгы жок туруп. **dur durak/dinlen/otur yok** дем/сеп алдырбай, тындырбай. **durmuş oturmuş** 1) токтоо, салмактуу (*киши*). 2) сарамжалдуу, эсептүү. **durduğu yerde** 1)турган эле жерден. 2)капысынан, эч кереги жок жерден. **üstünde /üzerinde ~** 1) токтолуу, өзгөчө көңүл буруу. 2)көшөрүү, көгөрүү, айтканынан кайтпоо.

durmaksızın токтобой, тынбай, кечке.

durmuş туруп калган, эскирген. **~ et** туруп калган эт.

duru 1.тунук, таза. **~ su** тунук суу. 2.жылмакай, сыйда (*жүз, бет*). 3.бир өңчөй (*түс*). **~ beyaz** апаппак. **~ kara** капкара. 4.*өтм.* так, ачык (*тил, сөз*).

durulama чайкоо. **~ tesisatı** суу тазалагыч аппарат.

durulamak чайкоо (*кирди, идиш-аякты ж. б.*).

durulmak 1.тунуу (*мис. суу*). 2.тынуу, тынчтануу, басылуу (*ызы-чуу, жаан, шамал ж. б.*). 3. *өтм.* токтолуу, эс тартуу (*киши*).

durum 1.абал, жагдай, кырдаал, шарт. **~a gelmek** абалга келүү. **~lara sokmak** абалга/жагдайга алып баруу. 2.түр, шекил, көрүнүш. **~ almak** абалга келүү. **~unda** жагдайында, абалында. **~u bozulmak** абалы/жагдайы оордо-шуу. **~u düzelmek** абалы оңолуу.

duruş 1.туруш, токтош. 2.жүрүш-туруш.

duruşma *ук.* сот процесси.

duş душ. **~ almak** душка түшүү.

dut,-tu 1.тыт. 2.*өтм.* ылжыган мас. **~ gibi olmak** 1)абдан мас болуу. 2)уят болуу. **~ kurusu** куру/курутулган тыт. **~ yemiş bülbüle dönmek** оозуна кум куюп алгансуу (*сүйлөөк бирөөнүн сүйлөбөй калышы*).

duvak,-ğı 1.келиндин жүз жабуусу, фата. 2. *ооз.* мор/меш/тандырдын

капкагы. 3. *ооз.* айрым балдар төрөлгөндө баштарын каптаган чел. **~ına doyamamak** 1) үйлөнөр замат жесир калуу. 2) үйлөнөр замат күйөөсүнөн ажырашуу. ~ **düşkünü** тойдон кийин күйөөсүнөн ажыраган жаш жесир.

duvar 1. дубал. 2.тосмо (*кирпичтен, таштан*). 3. *өтм.* тоскоол, бөгөт. 4. барьер, тоскоол. ~ **çekmek** дубал уруу. ~ **gazetesi** дубал газета. ~ **gibi** 1) дубал сыяктуу, кайдыгер, кайрымсыз. 2) абдан бышык. 3) *өтм.* дүлөй. ~ **halısı** дубал килеми**.** ~ **ilânı** кулактандыруу. ~ **resmi** дубал сүрөтү. ~ **saati** дубал сааты.

duvarcı сокмочу, дубал урган уста.

duy *элек.* патрон.

duyar 1.сезимтал, туйгусу күчтүү (*киши*). 2. сезгич, туйгуч (*дененин бөлүгү*).

duyarga *зоол.* антенна, мурут, кычкач (*курт-кумурскаларда*).

duyarlı сезимтал, жашык, кайрымдуу, жүүнү бош.

duyarlık,-ğı 1. *психол.* сезгичтик, сезимталдык. 2. *өтм.* боорукердик, жашыктык, таарынчаактык.

duyarlılık,-ğı сезгичтик, кайрымдуулук.

duyarsız кайдыгер, тоң, кайрымсыз.

duyarsızlık,-ğı кайдыгерлик, тоңдук, кайрымсыздык.

duygu 1.туйгу, сезим. 2. сүйүү. **~larını gizlemek** сезимдерин жашыруу. **~larıyla davranmak** сезимине жеңдирүү.

duygudaş (*бир агымды, партияны ж. б.*) жактырган, таламын талашкан, таламдаш.

duygulandırmak сезимин козгоо, рухий таасир берүү, муунун бошотуу.

duygulanmak сезимдери козголуу, жашуу, мууну бошоо, толкунданууу.

duygulu 1.сезимтал, назик, жашык, эмоциялуу. 2. боорукер, кайрымдуу.

duygusal 1. эмоционалдык, сезимдерден/туйгулардан туулган. 2. романтикалык, сентименталдык.

duygusuz 1. сезимсиз, туйгусуз. 2.кайдыгер, көңүл кош, тоң. 3. таш боор, кайрымсыз.

duymak 1. угуу. 2. маалымат алуу, кабардар болуу. 3. туюу, сезүү (*туюм органдары аркылуу*). 4.жыт алуу. **yemeğin kokusunu** ~ тамактын жытын алуу. 5. түрдүү сезимдерге кабылуу (*сүйүнүү, толкундоо, сарсанаа болуу*). **gurur** ~ сыймыктануу. **sevinç** ~ сүйүнүү. **zevk** ~ рахат алуу. **duyduk duymadık demeyin!** уктук, укпадык дебегиле! (*бир нерсени жарыялоодо колдонулган сырд. с.*). **duymazlıktan gelmek** укпамыш болуу, укмаксанга салуу.

duyu туюм. ~ **yitimi** анестезия, туюмун жоготуу.

duyulmamış кулак укпаган, таң каларлык (*нерсе*).

duyulur сезилерлик. ~ **duyulmaz** 1)угулар угулбас. 2) угулар замат.

duyum туюм, сезим. ~ **eşiği** *психол.* туюла билген эң төмөнкү даража. ~ **yitimi** анестезия.

duyumsal туюу органдарына байланыштуу.

duyumsamak туюу, сезүү.

duyurmak 1. угузуу, билдирүү. 2. жарыялоо, жаюу, кабарлоо.

duyuru 1. кулактандыруу, жарыя. 2. чакыруу.

duyusal *психол.* сезим/туюмга байланыштуу, эмоционалдык.

düalist *филос.* дуалист.

düalizm *филос.*дуализм.

dübeş беш-беш (*тавла оюнундагы таштардын абалы*).

düden *геол.* үңкүр, жеркуй.

düdük,-ğü 1.түтүк, ышкырык, чоор. 2.сигнал, сирена (*машинанын*), гудок (*паровоз, пароходдун*). 3.*ар-*

го кеңкелес, келесоо. **~ü çalmak** ишин ийгиликтүү бүтүрүү. ~ **gibi** чыйылдаган ичке үн. ~ **gibi kalmak** 1) жапжалгыз калуу. 2) арыктоо. ~ **makarna** макарон.

düdüklü 1.ышкырыктуу. 2. ышкырыктуу мискей (*тез бышырган)*.

düello дуэл.

düet дуэт.

düğme 1. топчу, түймө. ~ **çözmek** топчусун чечүү. 2. (*электр контагында*) ачкыч, кнопка, түймө. **~ye basmak** түймөгө басуу. 3. *тех.* контакт. 4. төмпөк, торсок (*денедеги*), үрп (*эмчекте*). 5. *бот.* бүр, бүчүр. 6. *арго* күмүш тыйын.

düğmek түйүү (*түйүнчөктү*).

düğmelemek топчулоо.

düğüm 1.түйүн (*жиптин, аркандын ж. б.*). 2. *өтм.* түйүн, чечилбеген /түшүнүксүз абал/маселе/окуя. **~ü çözmek** түйүндү чечүү. 3.*физ.* түйүн, тармак. 4. *ад.* окуянын чиеленишинин эң жогорку чекити, түйүн. 4.*бот.* муун. ~ **açmak** түйүндү чечүү. ~ **atmak** түйүн түйүү. ~ ~ түйүн-түйүн, муун-муун. ~ **noktası** чечүүчү/ урунттуу учур. ~ **olmak** түйүлүп калуу. ~ **üstüne ~ vurmak/ atmak** 1) түйүнчөк-муунчак кылуу. 2) сараңданып акча топтоо. ~ **vurmak** түйүндөө.

düğümlemek түйүнчөк түйүү, түйүн түйүү.

düğümlenmek 1.түйүлүү, түйүндөлүү, таңылуу (*таңылчак, түйүнчөк*). 2. (*транспорт*) тыгындалуу, токтоп калуу. 3. *өтм.* чиеленишүү, татаалдашуу (*маселе, окуя ж. б.*).

düğün 1.үйлөнүү тою. ~ **hediyesi** тойдо берилген белек. 2. сүннөт тою. ~ **başı** той башы, тамада. ~ **bayram etmek** майрамга айландыруу, катуу сүйүнүү. ~ **dernek, hep bir örnek** ар качан эле окшош нерселер кишилер боло берген (*жер*). ~ **salonu** той салону. ~ **yapmak** той берүү.

dük,-kü герцог.

dükkan 1. дүкөн. 2. устакана. 3. контора, бюро. 4. *арго* кумаркана. ~ **açmak** 1) дүкөн ачуу. 2) жекече иш жерин ачуу.

dükkancı менчик дүкөнү болгон киши.

Düldül 1. дулдул (*Азирети Алиге* Мухаммед *Пайгамбар тарабынан берилген качырдын аты)*. 2. начар /чабал ат. 3. *какшык* эски машине.

dülger жыгач уста.

dümbelek,-ği 1. (*тери менен капталган)* добулбас түрү. 2. *арго* кеңкелес, кемпай, дөөдүр.

dümdüz 1.түптүз, жылмакай. 2. *өтм.* жөнөкөй, куулук-шумдугу жок, түз (*киши*). 3. *өтм.* билимсиз, караңгы (*киши*). 4. жупуну, жасалгасыз. 5.түптүз (*бурулбастан*).

dümen 1. руль. 2. *өтм.* айла-амал, куулук. 3. *өтм.* бийлик, башкаруу. **~ine bakmak** *арго* өз кызыкчылыгын көздөө. ~ **çevirmek** амал-айла колдонуу, кууланууу. **~i elinde olmak** бийликти өз колунда кармоо. ~ **kırmak** *арго* качып жоголуу. ~ **kullanmak** (*бир ишти*) куулук менен башкаруу. ~ **suyu** кеменин артында калган из. ~ **suyundan gitmek** (*бирөөгө*) көз каранды болуу, айтканын кылуу. ~ **yapmak** амал-айла колдонуп алдоо.

dümenci 1.(*кемеде*) руль колдонгон киши. 2. *өтм.* эң начар, артта калган (*окуучу*). 3. *өтм.* айлакер, шумпай.

dün 1. кечээ. 2. мурун, өткөн заманда. ~ **bir bugün iki** көп өтпөй, бат эле.

dünden 1.кечээтен. 2. алда качан эле, качантан бери. ~ **bugüne** бат/тез эле, кыска убакта. ~ **hazır/razı** дайым даяр, араң эле турат. ~ **ölmüş** эч нерсеге көңүлү/ далалаты жок.

dünkü,-nü 1. кечээки. 2. жакын замандагы. 3. *өтм.* тажырыйбасыз, чогоол, эби жок, үйрөнчүк. ~ **çocuk** кечээки эле бала. ~ **gün** кечээки күн.

dünür куда, кудагый. ~ **düşmek** куда түшүү. ~ **gezmek** кыз издөө.

eleştirici 1.сынчы. 2.сынчыл, сындоо маанисинде, сынга алган.

eleştiricilik сынчылык (*иши жана кесиби*).

eleştirmek сындоо.

eleştirmen сынчы, рецензент.

elevatör элеватор.

elf миң. **~i evvel** хижрадан кийинки 1-миң жылдык.

elfatiha 1.*Курандын Фатиха сүрөсүнүн башталышын билдирген сөз. 2. арго* бүттү, аяктады. **çalışmamıza yarım saat sonra** ~ ишибиз жарым сааттан кийин бүтөт.

elgin тентиген, селсаяк, бөтөн жерде жүргөн (*киши*).

elhamdülillâh Алхамдулла, Аллаага шүгүр.

elhâsıl кыскача/жыйынтыктап/бир сөз менен айтканда, натыйжада, акыр аягында, соңунда.

elif алиф (*араб алфавитинин 1-тамгасы*). **~i ~ine** так/кудум өзүндөй, сөзмө-сөз, турганы-тургандай. ~ **gibi** түптүз, шыңга, кылычтай. **~i görse direk sanır** сабатсыз, караңгы, түркөй.

elifba, elifbe 1.алфавит. 2.алиппе.

elik *диал.* элик.

eliksir эликсир.

elim жүрөк титиреткен, аянычтуу. ~ **bir haber** жүрөк титиреткен кабар.

elips эллипс.

elipsoit эллипсоид.

eliptik *мат.* эллипстик.

elit элита, мыкты, тандалган.
ellemek кармалоо, кол тийгизүү. **elleme!** кол тийгизбе!тийбе!
elleşmek 1. кол тийгизишмек. 2. кармалашып тамашалашуу. 3. кол алышып баа бычышуу. 4. *өтм.* (*бирөөгө*) ыза кыла турган сөз сүйлөө. 5. кол күрөштүрүү. 6. кол кысышуу. 7. колдошуп иштөө. 6. *ооз.* өз ара жардамдашуу.
elli I элүү. ~ **dirhem otuz** ылжыган мас.
elli II элдүү, журттуу.
ellilik 1.элүү даанадан турган. ~ **defter** элүү баректуу дептер. 2. элүү жаштардагы. 3. элүү лира.
ellinci элүүнчү.
ellişer элүүдөн. ~ ~ элүү- элүүдөн.
elma 1. *бот.* алма дарагы (*Pirus malus).* 2. алма (*мөмөсү)*. ~ **gibi** алмадай (*бет*). ~ **şarabı** алма шарабы. **~nın yarısı bu, yarısı o** коёндой окшош.
elmacık,-ğı бет чүкөсү. ~ **kemiği** бет сөөгү.
elmalık 1. алма бак. 2. мөмө-жемиштер үчүн (*текчелер, идиштер*).
elmas 1. алмаз, бриллиант. 2.алмаз (*айнек кескич*). 3. алмаз таштар менен кооздолгон. ~ **küpe** алмаз иймек. ~ **gibi** өтө баалуу, өтө кымбат.
elmastıraş 1.айнек кескич, алмаз. 2.алмаз сымал айнек.
eloğlu 1. чоочун, чет элдик. 2. күйөө , күйөө бала.
elti абысын.
elvan 1.түстөр, боёктор. 2. түркүн-түстүү, миң түркүн.
elveda кайыр кош! аман бол! (*түбөлүк коштошуу учурунда айтылат*).
elverişli ылайык, ыңгайлуу, туура, оңтойлуу. ~ **bir iş** ыңгайлуу бир иш. **okul için** ~ **bina** мектепке ылайык имарат.
elverişsiz ылайыксыз, ыңгайсыз, оңтойсуз, терс, жагымсыз.
elvermek 1.жетишерлик болуу, жетүү. **bu kadarı bana elverir** ушунчасы мага жетет. 2.ыңгайлуу/ылайыктуу болуу. **elverir ki …** жетет/болот. **elverir ki bir gün bana "gel" desin** мага бир күн «кел» десе болду.
elyaf жип, була, кыл.
elzem сөзсүз керек, зарыл.
em *ооз.* эм, дары. **~e yaramak** ишке жарамак.
emanet 1. аманат. 2. аманат жай (*вокзалдарда, станцияларда ж. б.*). 3. *эск. айрым мамлекеттик ишканаларга берилген ат.* 4. жан. ~ **bırakmak/vermek** аманат калтыруу. ~ **etmek** аманат кылуу.
emanetçi аманат жай (*акы төлөнүп буюмдар сакталган жер*).
emaneten аманат катары.
emare белги, ышаарат, касиет, из.
emay эмаль.
emaye 1. эмаль (*боёк, сыр*). 2. эмалданган (*буюм*). ~ **etmek** эмалдоо.
embriolog -gu эмбриолог.
embrioloji эмбриология.
embriyon эмбрион, түйүлдүк. ~ **devresinde** түйүлдүк стадиясында.
emcek, emcik *диал.* эмчек.
emek,-ği 1. эмгек, иш. 2. күч, убаракерчилик, мээнет. **çocuk ~le büyür** бала мээнет менен чоңоёт. ~ **çekmek** эмгек сиңирүү. ~ **harcamak** эмгек зарп кылуу. **~i geçmek** эмгеги сиңмек.
emekçi эмгекчи, жумушчу.
emekleme эмгектеме (*бала)*. ~ **çağı** эмгектеп жүргөн кези.
emeklemek 1.эмгектөө. 2. *өтм.* (*бир ишке жаңы баштаган кезде*) тажырыйбасыздык/эби жоктук кылуу.
emekli ардагер. **~ye ayrılmak** ардагерликке чыгуу. ~ **aylığı** ардагердин айлыгы. ~ **olmak** ардагер болуу.
emeklilik-ği ардагерлик.
emektar 1. эмгекчил, ишин мыкты билген, адис. ~ **hizmetçi** өз ишин мыкты билген кызматчы. 2. эмгеги

сиңген, ардагер. 3. *өтм.* көп колдонулган, эски. ~ **bir araba** көп колдонулган/шалдыраган араба.

emel 1.эңсөө, каалоо. 2.максат, мүдөө.

emici эмүүчү. ~ **kıllar** *бот.* эмүүчү тамырлар (*өсүмдүктөрдүн азыктанууcун камсыз кылат*).

emin 1.ишенимдүү, күмөнсүз. **orası ~ yerdir, eşyalarınız kaybolmaz** ал ишеничтүү жер, буюмдарыңыз жоголбойт. 2. *тар. Османлы Мамлекетинде айрым жооптуу кызматкерлерге берилген ат.* **ambar ~i** кампа башчысы, кампачы. 3.коопсуз, коркунучсуз. **dağlar hiçbir zaman ~ değildir** тоолор эч качан коркунучсуз болбойт. ~ **olmak** ишенүү, шек/кам санабоо.

emir I, -mri 1.буйрук, эмир, команда, тапшырма. 2.жардык. **atama ~i** дайындама жардыгы. ~ **almak (-dan)** буйрук алмак. ~ **eri** *аск.* чабарман. ~ **etmek** буйрук берүү. ~ **kipi** *грам.* буйрук ыңгай. ~ **kulu** буйрук кулу, буйрук алдындагы киши. ~ **subayı** адъютант. ~ **vermek** буйрук берүү. **~ine vermek** 1) дайындоо. 2) кызматына берүү.

emir II эмир, мамлекет/уруу/шаар башчысы (*айрым мусулман өлкөлөрүндө*).

emirlik,-ği 1.эмирлик (*кызмат жана жоопкерчилик*). 2.эмирлик, эмират (*эмир тарабынан башкарылган өлкө, аймак*).

emirname жардык, жазылуу буйрук.

emisyon *фин.* эмиссия, чыгартма. **aksyon ~u** акция чыгартма.

emlâk,-kı (**mülk'***түн көпт. т.*) ташылбас мүлктөрдүн (*үй, жер, дүкөн ж. б.*) жалпы аты. ~ **vergisi** ташылбас мүлк салыгы.

emlâkçi ташылбас мүлк алып-саткан/киреге берген агент.

emlâkçilik,-ğı ташылбас мүлк алып-сатма иши.

emme 1.эмме. 2.сормо. ~ **basma tulumba** сормо насос.

emmeç,-ci *физ.* эмгич, аспиратор.

emmek,-er 1. эмүү. **meme** ~ эмчек эмүү. 2. сиңирүү, соруу, тартып алуу. **toprak suyu emdi** топурак сууну соруп алды. 3. *арго* (*бир нерседен*) узун убакыт пайдалануу. **emdiği sütü burnundan getirmek** (*бир жакшылыкты*) мурдунан сыгып алуу.

emmi *диал.* 1.атасынын бир тууганы, аба. 2. абаке (*кайрылуу*).

emniyet,-ti 1.коопсуздук. **can ~ i** жан коопсуздугу. ~ **hizmeti** коопсуздук кызматы. 2.ишеним. ~ **getirmek** ишеним берүү. **~ini kazanmak** ишенимине ээ болуу. 3. улуттук коопсуздук органы. ~ **müdürü** коопсуздук комитетинин башчысы. **E~ Müdürlüğu** Мамлекеттик Коопсуздук Комитети. 4. бир жабдыктын коопсуздугунун алдын алган тетик, коруучу. ~ **altına almak** коопсуздук алдына алуу. ~ **amiri** полиция шефи. ~ **etmek** (*бирөөгө*) ишенүү, бел байлоо, таянуу. ~ **кемери** коопсуздук кемери. ~ **vermek** ишеним берүү.

emniyetli ишеничтүү, коопсуз, коркунучсуз.

emoroit,-ti *мед.*геморрой.

emperyalist,-ti 1.империалист. 2.империалисттик. ~ **harbi** империалисттик согуш. ~ **devletler** империалисттик мамлекеттер.

emperyalizm империализм.

empoze : ~ etmek күч менен кабыл алдыруу (*мис. бир идеяны*).

empresyonist,-ti импрессионист.

empresyonizm импрессионизм.

emprezaryo импрессарио.

emprime 1.кездеме боёо процесси/ыкмасы. 2.бул ыкма менен боёлгон жибек кездеме.

empülsif импульсив.

emretmek буюруу, буйрук/эмир берүү. **emredersiniz** буюруңуз.
emrihak,-kkı Кудайдын буйругу (*өлүмдө жооткотуу үчүн айтылат*).
emrivaki,-i болору болгон иш. ~ **yapmak** болду бүттү деп салыш.
emsal,-li 1.түгөй, окшош, теңдеш, жолдош, теңтуш. **~i bulunmaz güzellik** теңдеши жок сулуулук. **~i arasında** жолдоштору/теңтуштары арасында. **~ler** мартабасы/даражасы бирдей кишилер. 2.мисал, өрнөк. **~i yok** өрнөгү/окшошу жок, дүйнөдө жалгыз. 3.*эск., мат.* даража көрсөткүч, коэффициент. ~ **göstermek** мисал катары көргөзүү.
emsalsız 1. теңдешсиз, дүйнөдө жападан жалгыз, бирден бир. 2. мыкты, ажайып, укмуш.
emülsiyon эмульсия.
emzik,-ği 1.упчу. 2.упчу тагылган шише. 3. (*чайнек, чөвгүндүн*) чоргосу. 4.*диал.* мүштөк (*тамекинин*). ~ **borusu** мешке тагылган чыканактуу керней.
emzikli 1.эмчектеги. ~ **çocuk** эмчектеги бала. 2. упчу эмген. 3. чорголуу (*чайнек, чөвгүн, самоор*). 4. бала эмизген (*аял*).
emzirmek эмизүү.
en I эң (*күчөткүч бөлүкчө*). ~ **aşağı/az/azından** эң аз, эң аз дегенде, эч болбогондо. ~ **baştan** эң башынан, башынан баштап. ~ **büyük** эң чоң. ~ **çok** эң көп. ~ **düşük** эң төмөнкү. ~ **kısa** эң кыска. ~ **önce/evvel** баарыдан мурун, адегенде. ~ **sonra** аягында/соңунда. ~ **yüksek** эң жогорку, максимум.
en II эн, кеңдик. **~ine boyuna** 1)узунтуурасынан. 2)бойлуу, келбеттүү, албеттүү. 3)ар тараптан, тереңден. **~inde sonunda** акыр-аягында, эмне болсо/кантсе да.
en III эн, тамга, белги.
en'am *Курандын айрым бөлүктөрүнөн куралып «Энам» деп башталган жыйнак.*
enayi энөө, чалагайым. ~ **dümbeleği** *арго* барып турган келесоо, аңкоо.
enayilik энөөлүк, чалагайымдык, аңкоолук.
encek, encik,-ği (*сүт эмүүчүлөрдүн жаңы туулган баласы*) күчүк, мыймый ж.б.
encümen комиссия, комитет, коллегия. **Encümeni Daniş** *ооз.* академия. **Büyük Millet Meclisi Maliye E~i** Улуттук Улуу Межлистин Финансы Комиссиясы.
endam тулку, дене, бой, турпат. ~ **aynası** бой күзгүсү.
endamlı бой-келбеттүү, албеттүү, келишимдүү, шыңга.
endaze *эск.* 1. *1,65 см. узундугундагы өлчөм.* 2.*өтм.* өлчөм, ченем.
endeks индекс. **fiyat ~i** баа индекси. **geçinme ~i** жашам индекси.
ender 1. сейрек, аз жолуккан/ кездешкен/көрүнгөн. 2.анда-санда, кээде.
endişe санаа, сарсанаа, күмөн, кам. ~ **etmek** сарсанаа болуу, кам саноо.
endişeli санаалуу, көңүл түйшөлткөн.
Endonezya 1.Индонезия. 2.Индонезияга тиешелүү/байланыштуу.
Endonezyalı индонезиялык.
endükasyon *физ.* индукция. ~ **cereyanı** индукциялык ток.
endüstri индустрия, өнөр жай.
endüstrileşme индустриялашма.
endüstrileştirme индустриялаштырма.
endüstriyel индустриалдык.
enek,-ği бычмал, бычылган (*мал, киши*).
eneme бычма иши.
enemek бычуу, кысырлаштыруу.
enerji энергия, күч.
enerjik 1. энергиялык. 2. күчтүү, аракеттүү, жандуу.
enfarktüs *мед.* инфаркт. **kalp ~ü** жүрөк инфаркты.
enfeksiyon инфекция.

enfes 1.сонун, керемет, таттуу. 2.татынакай, назик.
enfiye мурунга жытталган тамеки. ~ **çekmek/kullanmak** тамеки чегүү.
enflâsyon *экон.* инфляция.
enflüanza *мед.* инфлуэнца.
enformasyon информация.
enfraruj инфракызыл.
enfrastrüktür инфраструктура, базис.
engebe *геогр.* 1.ой-чуңкур (*бир жердин*). 2.тоскоолдук.
engebeli ой-чуңкурлуу, түз эмес (*жер*).
engel 1.тоскоол, бөгөт, кедерги, жолтоо, кыйынчылык. 2.тосмо, баррикада, барьер. 3.*спорт* тоскоол (*жарышта, ат спортунда ж. б.*) ~ **çıkarmak** тоскоол/кедерги болуу. ~ **olmak** *к.* ~ **çıkarmak.**
engellemek 1.тоскоол/бөгөт/кедерги/жолтоо болуу, кыйынчылык жаратуу, бут тосуу, кыйындатуу. 2.тосуу, тосмо коюу, калкалоо. 3.*спорт* (*күрөштө*) бут басуу же чалма чалуу.
engelli 1.тоскоолу/тосмосу болгон. ~ **koşu** тоскоолдуу жарыш. 2.тосмо коюлган, корулган, калкаланган.
engerek,-ği *бот.* кадимки гайдука (*Vipera aspis*).
engin I 1.ачык, жайык, кеңири, учукыйырсыз. ~ **bilgi** эрудиция, кеңири маалыматтуулук. 2.ачык/мелмилдеген деңиз/деңиз мейкиндиги. ~**e açılmak** ачык деңизге чыгуу. ~ **hüzün** терең кайгы, кусалык, муң. ~**lere dalmak** кыялга чөмүлүү.
engin II 1.баасы/баркы төмөн. ~ **mal** арзан товар. 2.жапыз, пас (*жер*).
enginar *бот.* тикендүү артишок (*Cynara scolymus*).
enginlik,-ği мейкиндик, мелмилдеген түздүк.
engizisyon инквизация (*орто кылымдагы католиктерде диний сот*).
enik,-ği *ит, мышык сыяктуу көп эмчектүү айбандардын баласы.*
enikonu жакшы эле, аябай, түзүк.
enişte жезде.
enjeksyon иннекция, ийне саюу.
enjektör *мед.* шприц.
enkaz 1.уранды, чалдыбар. 2.калдык, сынык. **gemi ~ı** кеменин калдыктары.
enlem *астр., геогр.* кеңдик. **kuzey ~i** түндүк кеңдик.
enli эндүү, кең, жазы. ~ **kumaş** эндүү кездеме. ~ **yaprak** жазы жалбырак.
ense 1.желке. ~ **kökü** желкенин уюлу. 2.*арго* арка. ~**sinde** аркасында. ~ **sine binmek** *өтм.* мойнуна минип алуу, баш ийдирип алуу. ~**sinde boza pişirmek** өлөрчө иштетүү, жанын тындырбоо. ~**si kalın** мойну жоон, күчтүү, кубаттуу. ~**sine yapışmak** жакасына жабышуу. ~ **yapmak** *арго* өз жанын багуу.
enselemek желкелөө, кармап коё бербөө.
ensiz энсиз, тар, ичке. ~ **kumaş** энсиз кездеме.
enstantane *фото.* дароо чыгаруу.
enstitü институт (*жогорку билим берүүчү же илим изилдөөчү*).
enstrüktör инструктор.
enstrüman *муз.* аспап, инструмент.
enstrümantal *муз.* аспаптык/инструменталдык музыка.
ensülin *мед.* инсулин.
entari 1.аял көйнөгү, халат. 2.(*арап өлкөлөрүндө*) эркектердин узун түз көйнөгү. 3.түнкү кийим.
entegrasyon интеграция.
entegre бүтүндөшмө, бирикме.
entel *шылд.* интеллектуал. ~ **takılmak** интеллектуал сыяктуу көрүнүү.
entelekt,-ti интеллект, акыл, түшүнүк.
entelektüel 1.интеллектуал, интеллигент. 2.интеллектуалдуу, акылдуу, билимдүү.
enteresan кызыктуу, кызык.
enterese : ~ etmek кызыгуу, алек болуу,

алектенүү.
enternasyonal интернационал.
enternasyonalizm интернационализм. **proleter ~** пролетардык интернационализм.
entipüften 1.*ооз.* болбогон, ишке жарабаган, түккө турбаган. **~ bir ev** түккө турбаган бир үй. 2.бош, маанисиз, келжирек (*сөз*).
entrika интрига, чагым, бүлгүн, бузукулук, бүлүк. **~ çevirmek** интрига жасоо.
entrikacı интриган, чагымчы, бүлгүнчү, бузуку.
entülsyon интуиция, ичкүдү.
enüstünlük,-ğu *грам.* күчөткүч даража.
envanter инвентарь,каттам. **~ yapmak** инвентарь/ каттам жасоо.
enzim *биол.* фермент.
epey 1.далай, кыйла, аябагандай. 2.жакшы. **~ parası bar** бир далай/кыйла акчасы бар. **~ oldu** бир далай болду.
epeyce көп эле, жетеринче, аябай эле көп. **uyandığımda güneş ~ yükselmiş** ойгонгонумда күн аябай эле көтөрүлүп калыптыр.
epik 1.эпик, эпикалык. 2.эпос, эпоско байланыштуу.
eprimek *ооз.* 1.ээрүү. 2.бузулуу, ачып-кычып кетүү. 3.туруп-туруп бышып калуу (*жемиш*).
er I 1.эркек. 2.катардагы аскер, жоокер. 3.эр, баатыр. **~ oğlu** баатыр, эр уул, азамат. 4.күйөө, эр. **~e gitmek/ varmak** эрге тийүү. 5.өз ишинин устаты, чебер. **o bu işin ~idir** ал бул иштин устасы. 6.киши, адам. **sözünün ~i** сөзүндө турган киши. **~ bezi** *анат.* (*эркектин*) жумурткасы, тукум/жыныс безн. **~ dişi** *биол.* 1) кыз теке, эки жыныстуу (*киши*). 2) эки жыныстуу (*өсүмдүк*). **~ meydanı** эр майданы. **~ suyu** бел суусу, сперма.
er II эрте. **~ ekmeği** *ооз.* соордогу тамак. **~ geç** эртедир кечтир, качан болсо. **bu iş ~ geç olacaktı** бул иш эртедир-кечтир болмок.
erat,-tı *аск.* 1.катардагы аскерлер, төмөнкү аскердик чиндегилер. 2.аскерлер.
erbap,-bı адистер, билгин кишилер, өз ишинин устаттары.
erbaş *аск.* майда чиндегилер *(онбашы, чавуш сыяктуу)*.
erdem кайрым, ак пейилдик, ак ниеттүүлүк, ак көңүлдүк.
erdemli кайрымдуу, ак пейил, ак ниет, ак көңүл.
erden 1.аруу, кол тийбеген, намыстуу (*кыз*). 2.бүтүн, дың, табигый. **~ ormanlar** кол тийбеген токойлор.
erek,-ği максат, мүдөө, талам. **kullanma ~i** дайындама, чектеме.
eren *дин* 1. өзүнөн кечип, өзүн теңирге багыштаган киши, олуя, вели. 2. ыйык (*дервиштер арасында кайрылуу формасы*). 3.көзү ачык.
ergen 1.эрезе (*жыныстык жетилүү курагы*). 2.бойдок, үйлөнбөгөн. **~ olmak** үйлөнө турган куракка келмек.
ergenlik,-gi 1.эрезе курак. 2.(*өсүмдүктөрдө*) безетки.
ergimek *физ.* эрүү.
ergin 1.бышкан, жетилген, жетик абалга келген. **~ yemiş** бышкан жемиш. 2.жетилген, жекече укуктарын алган (*өспүрүм*).
erginleşmek жетилүү, жекече укуктарына ээ болуу, эрезе куракка келүү.
erginlik,-ği жетилгендик, толук укуктуулук абал, эрезе курак.
erguvan *бот.* иуда дарагы (*Cercis siliquastrum*).
erguvanî кызыл-сары түс.
erik,-ği 1.өрүк (*дарак*) (*Grunus domestica*). 2.өрүк (*мөмөсү*).
eriklik, -ği өрүкзар.
eril *грам.* (*айрым тилдерде*) эркек

жыныс категориясы.

erim арым (*өлчөм*), жеткен жер. **el ~i** кол жеткен жер. **göz ~i** көз жеткен жер.

erimek 1.эрүү. **kurşun eridi** коргошун эриди. 2.азаюу, арыктоо, түгөнүү. **çocuk hastalıktan eridi** бала оорудан арыктады. **paramız eridi** акчабыз түгөндү. 3. (*кездеме*) тозуу, эскирүү. 4. *өтм.* уялгандан кымырылуу, кысылуу. 5.тароо (*шишик*).

erimez эрибес, эрибеген.

erin жыныстык эрезеге жеткен, төл берүүгө жараган.

erincek *ооз.* эринчээк.

erinç, -ci жыргал, ырахат, бакубат.

erinçli жыргалдуу, ыракаттуу, бакубаттуу.

erinmek эринүү. **erinenin oğlu, kızı olmazmış** *мак.* эрингендин уулкызы болбойт.

erir эригич.

erişim 1.байланыш, кабар, улашым. ~ **yolları** улашым жолдору. 2.коммуникация.

erişkin жетилген, толук укуктуу.

erişmek 1.жетүү, жетишүү (*бир максатка, ойго*). 2.баруу, жетүү (*бир жерге*). 3.бышуу, жетилүү (*жашылча, жемиш*). **yemişler bu yıl çabuk erişti** жемиштер быйыл бат бышты. 4.(*убакыт*) келип жетүү. **bahar erişti** жаз келип калды.

erişte 1.кол кесме. 2.*ооз.* деңиз балыры.

eriten *хим.* эриткич.

eritme эритме.

eritmek 1.эритүү. 2.*өтм.* жок кылуу, түгөтүү, каржоо. 3.*өтм.* катуу капа кылуу. 4.*өтм.* арыктатуу.

eritrosit,-ti эритроцит.

eriyik,-ği *хим.* эритинди.

erk,-ki 1.эрк, кудурет, бийлик, күч. 2.*өтм.* кадыр, аброй, өкүм, таасир.

erke *физ.* энергия. **elektrik ~si** электр энергиясы. **mekanik** ~ механикалык энергия.

erkek,-ği 1.эркек (*жыныс*). ~ **kedi** эркек мышык. ~ **köpek** дөбөт. 2.эркек (*киши*). **genç ~ler** жаш эркектер, жигиттер. 3.*диал.* эр, күйөө. 4.*биол.* сперма жараткан орган. 5.кирип-чыгып турган жуп нерселердин чыгып турган бөлүгү. 6.катуу, ийилбеген (*нерсе*). ~ **demir** катуу темир. ~ **~e** эркекче. **sizinle ~ ~e konuşalım** сиз менен эркекче сүйлөшөлү. ~ **Fatma/Ayşe** эркек сыяктуу аял. ~ **gibi** эркектей. **~li kadınlı** аял-эркек аралаш. ~ **kardeş** ини. ~ **olmak** 1)жынысын өзгөртүп эркек болуш. 2)эркектей аракеттер жасаш.

erkekçe 1.эркекче, эркек катары. 2.*өтм.* кайраттуулук/чечкиндүүлүк/жүрөктүүлүк менен.

erkekleşmek 1.эркек/жигит болуу, жетилүү (*эркек бала*). 2.эркектешүү, эркек сыяктуу аракеттер жасоо (*аял*).

erkeklik,-ği 1.эркектик, жигиттик. 2.эркек жынысындан болуш, эркектик (*жыныстык*) даремет/ күч. **~inin kesilmesi** эркектик дареметин жоготуу, импотенция. ~ **kudreti** эркектик кудурети. 3.эркектик дымак/намыс. 4.үй ээси жоопкерчилиги. 5.*анат.* эркек жумурткалыгы. ~ **organı** пенис. ~ **ölgü mü?** эркек жокпу араңарда? ~ **sende kalsın!** эркектик сенде калсын! эркектик кылып кой!

erkeksi эркек сымал (*аял*).

erkeksiz 1.күйөөсү жок, жалгыз бой (*аял*). 2.колдоосуз, жардамсыз, жалгыз .

erken эрте. ~ **bunama** шизофрения.

erkence таң атпай, эртелеп, саардан.

erkenci эрте турган, эрте ишке киришкен.

erkenden таң эртеңден, саардан, таң атпай.

erkin эркин.
erkinlik эркиндик.
erkli эркчүү, кадырлуу, сөзү өтүмдүү, абройлуу.
erksizlik баш-аламандык, анархия.
ermek 1.жетүү. **muradına** ~ муратына жетүү. 2.жетүү, кол тийгизүү. **eli tavana** ~ колу шыпка жетүү. 3.(*өсүмдүктөрдүн*) бышып жетилиши. **ekinler erdi** эгиндер бышты. 4.(*өзүн теңирге багыштаган кишилер үчүн*) адамдан жогорку ыйыктык сапатка жетиш. **akıl ermemek** акыл/баш жетпөө. **saadete** ~ бакытка жетүү. **sona** ~ бүтүү, аяктоо. **elim ermez, gücüm yetmez** колуман келбейт, күчүм жетпейт. **erdiğine erer, ermediğine taş atar** жеткенине жетет, жетпегенине таш ыргытат (*чаарбаш/ чатак киши жөнүндө*).
Ermeni 1.армян. 2.армяндарга мүнөздүү.
Ermenice армян тили, армянча.
Ermenistan Армения.
ermiş 1.*дин* ыйык, өзгөчө кудуретке ээ. 2.жетилген, эрезе курагына келген, бойго жеткен. ~ **yetişmiş bir kız** бойго жеткен кыз.
eroin героин.
eroinman героин колдонгон, наркоман.
eros 1.*психол. ашкере жыныстык умтулуштан туулган рухий бузуктук.* 2.(*грек мифологиясында*) Эрос (*сүйүү кудайы*).
erotik 1.эротика. 2.эротикалык, жыныстык сезимдерди алдыңкы планга койгон.
erotizm эротизм.
erozyon эрозия.
ersemek эрсирөө.
erte эрте(си). **pazartesi** базардын эртеси, дүйшөмбү. **bayram ~si** майрамдын эртеси.
ertelemek кийинкиге калтыруу, кечеңдетүү.
ertesi 1.эртеси. ~ **gün** эртеси күнү. 2.кийин. **savaş** ~ согуштан кийин.
ervah *эск.* арбактар. **~ına yuf olsun!** каргыш тийсин! арбак урсун!
erzak,-kı (**rizk'***тин көп. т.*) азык, күл азык.
es *муз. нотада тыныгуу жана анын белгилениши.* ~ **geçmek** көңүл бурбоо, маани бербөө.
esans 1.эфир майы. 2.духи. 3.эссенция.
esaret,-ti 1.туткун, кулчулук, эркиздик. 2.моюнтурук.
esas 1.негиз, базис, түп. 2.(*бир иштин, сөздүн*) чыны, акыйкаты, эрежеси. **kullanma ~ları** колдонуш эрежеси. 3.негизги, башкы, чыныгы. ~ **düşünce** башкы ой/максат. ~ **görev** негизги милдет. ~ **bağlamak** белгилүү жоболорго таянуу. ~ **duruş/vaziyet** *аск.* түз туруш. ~ **olarak/itibariyle** негизинен, чынында. **~ı olmamak** негизсиз, жалган.
esasen 1.негизинен, түбүндө, принцибинде. 2.башынан, түбүнөн. **bu işin bu sonuca varacağını esasen biliyordum** бул иштин ушундай бүтөрүн негизинен билчүмүн. 3.чынында, ансыз деле. 4.баары бир, эмне болсо да, канткенде да.
esaslanmak негизделүү.
esaslı 1.түп-тамырынан, кеңири, терең, таасирдүү, мыкты, ар тараптуу. ~ **bir araştırma** терең изилдөө. 2.негиздүү, далилдүү, орундуу, туура. ~ **konuşma** орундуу сөз.
esef аёо, боор ооруу, кайгы-капаны тең бөлүшүү. **~le** аёо менен, кайгыруу менен. ~ **etmek** аёо, боор ооруу, кошо кайгыруу.
esen эсен, соо, саламат. **şen ve ~ kalınız!** эсен-аман (*жакшы*) калгыла! (*коштошкондо айтылат*).
esenleşmek саламдашуу, учурашуу.
esenlik,-ği эсендик, амандык, саламаттык.
eser 1.чыгарма, эмгек, илимий иш, эс-

телик. **askerî ~ler** аскерий чыгармалар. **Yeni Türkiye Atatürk'ün ~i** Жаңы Түркия Ататүрктүн эстелиги. 2.из, белги, жышаан, натыйжа. **buralarda sudan ~ yok** бул жерлерде суунун изи да жок. **şans ~i** таалайыма/бактыма жараша.

esin 1.таң жели. 2.шыбаа, шер, таасир, илхам, дем.

esinlemek дем/илхам/таасир берүү, шердентүү.

esinlenmek шыбаа болуш, шердениш, таасир/илхам алыш.

esinti сыдырым жел, (*деңиз, көл*) шарпынтысы.

esintili сыдырым жел жүргөн.

esir I 1.туткун, күнкор. 2.кул. 3. (*бир ишке, бир пикирге*) сокур ишенген, курулай берилген, туткуну болгон. ~ **almak** туткунга алуу. ~ **düşmek** туткунга түшүү. ~ **etmek** туткун кылуу. ~ **olmak** туткун болуу. **~i olmak** (*бир нерсенин*) туткуну болуу, байлануу.

esir II эфир.

esirgemek 1.коруу, сактоо, кароосу алдына алуу. **Allah esirgesin!** Кудай сактасын!. 2.аёо, сараңдык кылуу, ыраа көрбөө. **bunu benden esirgeme** муну менден аяба. 3.туура/сарамжалдуу пайдалануу, үнөмдөө. **vatanı yurdu için canını esirgemez** ата журту үчүн жанын аябайт.

esirgeyici колдоочу, коруучу, сактоочу. **Tanrı kullarının ~sidir** Теңир кулдарынын колдоочусу.

esirlik,-ği 1.туткундук. 2.кулдук. 3.*өтм.* күнкорлук, көз карандылык.

esirmek 1.эсирүү, мас болуу, өзүн жоготуу, делирүү, акылынан айнуу. 2.каардануу, кыжыры кайноо, заарын чачуу.

eski 1.эски, байыркы. ~ **yapı** эски түзүлүш. ~ **adetler** эски адаттар. 2.эскирген, колдонуудан чыккан. ~ **palto** эски пальто. 3.мурунку, азыркыдан мурунку. **bankanın ~ müdürü** банканын мурунку директору. 4.эмгеги/кадыры сиңген, көп жыл иштеген/ колдонулган. ~ **öğretmen** эмгеги сиңген мугалим. ~ **dost** эски дос. ~ **ağıza yeni taam** эски оозго жаңы даам (*ошол жылы жаңыдан ооз тийилип аткан даам үчүн айтылат*). **E~ Çağ** байыркы заман (*жазуу эсебине чейинки*). ~ **çamlar bardak oldu** көп убакыт өттү, заман өзгөрдү. ~ **defterleri karıştırmak/ yoklamak** эскини козгоо. ~ **eserler** антика. **~si gibi** эскисиндей/ мурункудай. ~ **göz ağrısı** эски сүйгөнү. ~ **hamam, ~ tas** эч өзгөрүү жок, мурун кандай болсо так ошондой. ~ **hayratı da berbat etmek** артык кылам деп тыртык кылмак. ~ **kafalı** эски түшүнүктө. ~ **köye yeni adet** эски кыштакка жаңы салт (*элге жат жаңылыктарды киргизүүнү каалагандар үчүн айтылат*). ~ **kurt** карт бөрү. ~ **püskü** эски-уску. ~ **toprak** сөөгү таза киши (*дени сак картаң киши үчүн айтылат*). ~ **tüfek** тажырыйбалуу, көптү көргөн киши. ~ **yazı** 1) байыркы жазуу. 2) Османлы түркчөсүнүн арапча жазуусу. ~ **yazı bilimi** палеография.

eskici 1.эски буюмдарды алган киши. 2.өтүкчү.

eskiden мурунтадан, илгери, өткөн заманда. ~ **beri** мурунтан бери. ~ **kalma** эскиден/ата-бабалардан калган.

eskiler 1.эски буюмдар, антиквар. 2.мурункулар.

eskimek 1.эскирүү, жыртылуу. 2.колдонуудан чыгуу (*жаңы түрлөрүнө орун берүү*).

Eskimo эскимос.

eskitmek эскиртмек.

eskiz эскиз.

eskrim *спорт* фехтование.

eslek жоош, момун, тил алчаак, илбериңки.
eslemek тил алуу, моюн сунуу, баш ийүү.
esma (**ism'***дин көпт. т.*) *эск.* аттар, ысымдар. **~yı hüsna/ şerife** Аллаанын аттары. **~yı üstüne sıçratmak** балааны башына үйүү.
esmek 1.согуу, жүрүү (*шамал, жел*). 2.капысынан башка/ойго келмек (*пикир*). **aklına eseni söylüyör** оюна келгенди сүйлөйт. **bunlar size nereden esti?** булар кайдан башыңызга келди? **esen havaya göre dönmek** шамалга жараша өзгөргөн, туруксуз. **yerinde yeller esiyor** көздөн кайым болуш.
esmer кара тору, брюнет.
esna убакыт, маал, ара, саам, орто. **harp ~ sında** согуш маалында. **o ~ da** ошол маалда.
esnaf 1.кол өнөрчүлүк/майда ишкана ээлери (*жалпы ат*). **~ ustası** майда ишкана устасы. 2.майда соодагер, дүкөнчү, кызыл кулак. 3.*арго* жаман жолго түшкөн, шумпай. **~tan bir kadın** шуркуя, сойку.
esnek,-ği 1.жумшак, ийилчээк, чоюлчаак. 2.ар кандай жоруса боло турган (*пикир, ой*).
esneklik,-ği жумшактык, ийилчээктик, чоюлчаактык.
esnemek 1.эстөө (*уйку келгенде, чарчаганда*). 2.чоюлуу, кеңейүү. 3.бүгүлүү, ийилүү.
Esperanto эсперанто. **~ dili** эсперанто тили.
espri 1.тамаша, шакаба, куудул сөз. 2.(*сөздүн, чыгарманын*) мазасы, маңызы. **~ yapmak** тамашалоо, шакаба чегүү.
esprili тамашакөй, куудул.
esrar I (**sırr'***дын көпт. т.*) сыр, сырдуулук. **~ perdesi** сыр пардасы. **devlet ~ı** мамлекет сырлары.
esrar II нашаа, банги зат. **~ çekmek** нашаа тартуу. **~ tekkesi** нашаачылар уюгу.
esrarengiz сырдуу, таң каларлык, шектүү, күмөндүү.
esrarkeş нашаачы, наркоман.
esrarlı I сырдуу, таң каларлык.
esrarlı II нашаасы бар, нашаалуу.
esrik,-ği 1.мас, кызуу, алагүү. 2.жинденген, кутурган,кирген. **~ deve** кирген буура.
esrimek 1.мас болуу, кызуу. 2.толкундануу, экстазга кирүү, өзүн жоготуу. 3.көңүлү айнуу, эси оо.
esselamünaleyküm ассаломалейкум (*мусулмандардын учурашуусу*).
estağfurullah *сырд.с.* 1.астапырылда (*ыраазычылык билдирген/мактаган бирөөгө сыпайыгерчилик менен берилген жооп*). 2.(*өзүн өзү сындаган бирөөнү жооткотуу үчүн айтылат*).
estamp,-pı эстамп.
ester *хим.* эфир.
estetik,-ği 1.эстетика. 2.эстетикалык. **~ duygu** эстетикалык сезим. **~ cerrahî** эстетикалык хирургия.
estetizm эстетизм.
estomp, -pu эстамп.
Estonya 1.Эстония. 2.Эстонияга тиешелүү/мүнөздүү.
Estonyalı эстон.
esvap,-bı *эск.* кийим-кече.
eş 1.жубай, түгөй, өмүрлүк жолдош. 2.жуп нерселердин сыңары. 3.жуп жашаган айбандардын ар бири. 4.окшош, түспөлдөш. 5.*ооз.* күндөш, орток. 6. (*оюндарда*) атаандаш. **~ anlam** синоним. **~ anlamlı** бири-бирине синоним, синоними бар. **~ biçim** 1)окшош, бирдей. 2)*геол. , хим.* изоморфтук. **~i benzeri/emsali görülmemiş** теңдеши жок. **~ cinsel** кызтеке, гомосексуал. **~ cinsellik** кызтекелик, гомосексуализм. **~ değer** тең, бирдей, эквиваленттүү. **~ değer ağırlık**

бирдей/тең салмактуулук. ~ **dost** жоро-жолдош, тели-теңтуш. ~ **merkezli** бир борборлуу (*бир канча шекил*). ~ **olmak** 1)орток болуу. 2)жубай/жуп болуу. 3)жарашуу, ылайык келүү. ~ **sesli** *грам.* омоним. ~ **zaman/** ~ **zamanlılık** синхрондуулук. ~ **zamanlı** 1) бир убакта ишке ашкан (*окуялар, кубулуштар*), синхрондуу. 2) учурдаш, заманбап (тарыхый'*дын каршысы*).

eşarp шарф.

eşek, -ği *зоол.* 1.эшек (*Equus asinus*). 2.*арго* эшек, көк, өжөр, көшөкөр. ~ **inadı** эшек көктүгү/өжөрлүгү. 3.*ооз.* отун жарыш үчүн колдонулган үч, төрт аяктуу такта. 4.*ооз.* эшек (*сокмодо, үй актап-сырдаганда колдонулган төрт буттуу такта*). ~ **arısı** *зоол.* жапайы аары түрү (*Vespa crabro*). ~ **başı** *орой* милдетин аткара албаган жетекчи. ~ **derisi gibi** 1)териси калың. 2)сезими/туюму мокок. ~ **gibi** орой, түркөй, өжөр, кежир. ~ **güdüm** координация. ~ **güdümcü** координатор. ~ **güdümlü** координациялуу. ~ **inadı** өжөрлүк, кежирлик, көктүк. ~ **kadar** *орой* чоңойгон, колтойгон/ килтейген (*бала*). ~ **kadar oldu** *орой* муну биле турганчалык жашка келди. ~ **kulağı kesilmekle küheylân olmaz** дээринде жок бирөөгө эмне кылсаң да өзгөрбөйт. ~ **kuyruğu gibi ne uzar, ne kısalır** *ооз.* турмушунда, ишинде эч бир жылыш жок. ~ **sıpası** иттин баласы (*сөгүү/эркелетүү үчүн колдонулат*). ~ **sırtı** бешик жабуу. ~ **sudan gelinceye kadar dövmek** *ооз.* өлөрчө сабоо, жанчуу. ~ **şakası** одоно тамаша. ~**e ters bindirmek** эшекке тескери мингизүү, шерменде кылуу, абийирин төгүү.

eşelek,-ği (*алма, алмурут сыяктуу жемиштердин*) желбеген ички бөлүгү.

eşelemek 1.(*топурак, күл, кум ж. б.*) челүү, сапыруу, удургутуу. **tavuk toprağı eşeliyor** тоок топуракты чачып атат. 2.*өтм.* казуу, аңтарып-теңтерүү, терең изилдөө (*мис. китептерди*). 3.*өтм.* тыюу, тескөө (*баланы*).

eşetmek жупташтыруу, кошмоктоо, түгөйлөштүрүү.

eşey *биол.* жыныс.

eşik,-ği 1.босого, астана. 2.эшиктин оозу, кире бериш. 3.*өтм.* эшик, ооз, башталыш, кириш. **dünya yeni bir ekonomik bunalımın ~ine geldi** дүйнө жаңы бир экономикалык кризистин оозуна келди. 4.*муз.* (*кылдуу аспаптарда*) кылдар бекитилген жер. 5.*геогр.* (*суунун*) башаты. 6.*психол.* бир процесстин башталыш чекити. **~ini aşındırmak** эшигин жыртмак. **~ine yüz sürmek** суранмак, жалынып-жалбармак.

eşilmek эшилмек.

eşinmek чапчуу, казуу, тоз кылуу (*айбан*).

eşit,-ti 1.тең, бирдей, окшош. ~ **açılı** тең бурчтуу. ~ **zaman** синхрондуу. **yaşça** ~ бир жашта, жашташ. 2.тең укуктуу. ~ **haklılık** тең укуктуулук.

eşitleme теңдеме.

eşitlemek теңдөө, теңдештирүү, теңөө. **sıfıra** ~ нөлгө теңөө.

eşitleşmek теңелүү, тең келүү.

eşitlik,-ği 1.теңдик, бирдейлик, барабарлык. 2.тең укуктуулук. ~ **eki** *грам.* теңдеме мүчө (*түркчөдө* **-ça, çe: bence** менимче, **çocukça** балача. **-su: çocuksu** бала сымал/кыял).

eşitsiz 1.сыңар, токол, жалкы. 2.тең укуксуз.

eşitsizlik, -ği 1.жалгыздык. 2.тең укуксуздук.

eşkâl,-li (**şekil**'*дин көпт. т.*) *эск.* шекилдер, түрлөр, кебете-кешпирлер, кылыктар. **adamın ~ini tarif etti** кишинин кебете-кешпирин сүрөттөп берди.
eşkenar *геом.* тең капталдуу.
eşkıya (şaki'*нин көпт. т.*) 1.каракчылар, бандиттер, гайдуттар. 2.каракчы, бандит, гайдут.
eşkiyalık,-ğı каракчылык.
eşkin 1.жорго(*ат*). 2.жорго жүрүш. ~ **gitmek** жорголоо.
eşlemek 1.жупташтыруу, түгөйлөштүрүү. 2.*кино* синхрон-доштуруу.
eşleşmek 1.орток болуу, (*оюнда*) жаат болуу. 2.(*жаныбарлар үчүн*) жупташуу.
eşlik,-ği 1.*муз.* коштоо, аккомпанемент. **piyano ~inde** пианинонун коштоосунда. 2.окшоштук, бирдейлик. ~ **etmek** коштоо.
eşmek 1. (*айбандардын топурак, күл ж. б.*) казышы, сапырышы, чачышы, челиши. 2. *өтм.* казыш, үңүлүш, чечмелеш (*бир маселени*).
eşmek II 1. жорголотуп бастырмак (*аттыны*). 2. шашмак, ылдамдамак.
eşofman *спорт* спорт костюму.
eşref намыстуу, абийирлүү, урматтуу. ~ **saati** 1)эң орчундуу учур (*бир иштин оңолушу үчүн*). 2)иштегендердин кыйынчылыкка моюн сунуусу.
eşsiz 1.түгөйсүз, сыңар, токол. 2.теңдешсиз. ~ **bir başarı** теңдешсиз ийгилик.
eşsizlik 1.түгөйсүздүк, жалгыздык. 2.теңдешсиздик, өзгөчөлүк.
eşşoğlu: ~ **eşek** *орой* эшшектин баласы!
eşya 1.буюм, нерсе. ~ **vagonu** жүк вагону. 2. үй эмереги, мебель. 3.товарлар.
eşyalı эмеректүү, мебелдүү (*үй*).
et,-ti 1. эт (*дене бөлүгү*). 2. эт (*азык зат*). ~ **yemekleri** эт тамактары. 3. эт, дене. **gömleği yırtılmış, ~i görünüyor** көйнөгү жыртык экен, эти көрүнүп жүрөт. 4. (*мөмөлөрдүн*) желчү бөлүгү. **bu zeytinde et denecek bir şey yok** бул зайтунда эт дегенден эчтеке жок. ~ **bağlamak** 1)эт байлоо, эттенүү. 2)карттануу (*жара*). **~i budu yerinde** толук, болук (*киши*). **~ine dolgun** эттүү, толук. **~ine iğne batırmış gibi sıçramak** ийне менен сайып ийгендей секирип кетүү. **~inden ~ koparmak/kesmek** этинен эт кесип алгандай/ катуу капа кылуу. **~inde kemiğinde hissetmek** этинен, сөөгүнөн өтүү, өз тажырыйбасынан билүү. **~i ne, budu ne?** 1)түшүнө турган жашта эмес. 2)колунан эмне келет? ~ **obur** эт менен азыктанган (*айбан*).**:** ~ **obur dişi** (*жырткычтардын*) чоң азуу тиши. **~i senin, kemiği benim** эти сеники, сөөгү меники (*баланы молдого/ окууга берген ата-эненин айтканы*). ~ **suyu** кайнаткан эттин сорпосу. ~ **tahtası** эт чапкан такта. ~ **tırnak olmak** ажырагыс/ысык мамиледе болуу. **~le tırnak arasına girilmez** (*бирөөнүн*) үй-бүлө ишине кийлигишкен болбойт. ~ **tutmak** эттенүү, толуу. ~ **tutmamak** эт ала албоо.
etajer этажерка.
etamin төмөнкү сапаттагы муслин (*кездеме*).
etap,-bı 1.этап. 2.*спорт* тайм, раунд.
etçi *к.* **kasap.**
etçil эт жеген, этчил (*айбандар*).
etek,-ği 1.этек, өңүр (*бир кийимдин*). 2.этек (*кийимдин, жабдуулардын*). **~ini bükmek** этегин кайруу/бүгүү. 3.этек, юбка. 4.(*тоонун, дөбөнүн ж. б.*) этеги. 5.адамдын айып жери. 6.жамгырдан калкалоо үчүн чатырга тагылган калканч. **baca ~i** мордун калканчы. 7.*анат.* жумшак таңдай. **~i belinde** шамдагай,

күжүрмөн, тың (*аял*). ~ **bezi** (*жаш баланын*) жалаягы. **~lerini bırakmamak** этектөө, этегинен калбоо. ~ **dolusu/** ~ ~ этек этек, толтура. **~ine düşmek** этегине жыгылуу. **~i düşük** чалма этек (*аял*). **~ini göstermez** ак ниет, абийирлүү, түз (*аял*). ~ **kiri/pisliği** ник тышы байланыш. **~i kirlenmek** (*аял үчүн*) намысына шек кетүү. ~ **öpmek** этек өбүү, бутка жыгылуу. **~ine sarılmak** этегине жыгылып жалынып-жалбаруу. **~i savruk** чалма этек. ~ **silkmek** обочолонуу, башын ала качуу. **~i temiz** намыстуу (*аял*). **~leri tutuşmak** карбаластоо, алдастай түшүү. **~ine yapışmak** этегине жабышуу, жардам суроо. **~leri zil çalmak** кубанычтан буту жерге тийбөө, терисине батпай сүйүнүү.

eteklemek (*бирөөнү*) этектеш, этегине жармашыш, этегин өбүш, кошоматтык кылыш.

eteklik,-ği 1.этек, юбка. 2.этек үчүн кездеме. 3.этек алды.

etene *анат.* плацента, баланын тону.

eter *хим.* эфир.

eternit,-ti чатыр жапканга жарактуу асбест, цементтен жасалган материал.

Eti *к.* **Hitit.**

etiket,-ti 1.(*товардын*) этикети. 2.этикет, жүрүш-туруш эрежеси. **~i bozmak** этикетти бузуу.

etiketlemek этикет жабыштырмак.

etil *хим.* этил.

etilen *хим.* этилен.

etimoloji *линг.* этимология.

etimolojik *линг.* этимологиялык.

etioloji этиология.

Etiyopya 1.Эфиопия. 2.Эфиопияга тиешелүү.

Etiyopyalı эфиопиялык.

etken 1. фактор, таасир. 2. *грам.* негизги ыңгай. ~ **fiil** негизги этиш. 3.*хим.* агент. **ekonomik ~ler** экономикалык факторлор.

etki 1.таасир, эффект. 2. (*бир аракеттин*) натыйжасы. **~sine kapılmak** таасиринде калуу. ~ **yapmak** таасир берүү.

etkilemek таасир берүү.

etkilenmek таасирленмек.

etkileşim, etkileşme өз ара таасирленме.

etkileşmek өз ара таасир берүү.

etkileyici таасирлүү, эффективдүү.

etkili таасирлүү, пайдалуу. ~ **metot** пайдалуу метод. ~ **sonuçlar** пайдалуу жыйынтыктар. ~ **tedbirler** туура/керектүү иш-чаралар.

etkime *физ. , хим.* таасир, эффект.

etkimek *физ. , хим.* таасир этүү.

etkin 1.аракеттүү, активдүү, кыймылдуу, жандуу, күжүрмөн. 2.*филос.* иштеген, аракеттеги. 3. *хим.* химиялык реакцияларга кирүүгө жөндөмдүү (*молекула, атом*). 4.*лог.* субъект. 5. *грам.* ээ.

etkinlik,-ği 1.*хим.* активдүүлүк. 2.иш-аракет, ишкердик. 3.субъективдүүлүк. 4. *саяс.* кыймылдар (*митинг, жүрүш, протест ж. б.*).

etkisiz 1.таасирсиз, кыймылсыз, аракетсиз. 2.пайдасыз, жараксыз.

etkisizleştirmek таасирин жоготуу, активдүүлүгүн азайтуу, нейтралдаштыруу.

etkisizlik 1.таасирсиздик. 2.аракетсиздик, кыймылсыздык, сенектик.

etlenmek эттенүү, толуу, семирүү.

etli 1.эттүү, эт кошулган (*тамак*). 2.семиз, эттүү, жакшы багылган (*айбан*). ~ **koyun** семиз кой. 3. калың. ~ **dudak** калың эрин. 4.эттүү (*желчү бөлүгү чоң*). ~ **lezzetli bir zeytin** эттүү, таттуу зайтун. 5.толук, семиз (*киши*). ~ **butlu** жумуру, толук (*аял*). ~ **canlı** чымыр, дени сак. **~ye sütlüye karışmamak** эч кимге, эч нерсеге кийлигишпөө.

etlik,-ği 1.эт үчүн багылган. 2.(*муздат-*

кычтагы) эт сакталчу бөлүм.

etmek 1.этүү, кылуу, жасоо. **akın ~** чабуул жасоо, кол салуу. **iyilik ~** жакшылык кылуу. 2.мамиле кылуу. **iyi ettiniz de geldiniz** келгениңиз жакшы болду. 3.турмак, бааланмак, татымак. **bu kitap iki lira eder** бул китеп эки лира турат. 4.жашамак, турмак. **çocuk oynamadan edemez** бала ойнобой тура албайт. **insan susuz edebilir mi?** киши суусуз жашай алабы? 5.кылгылыкты кылуу. **ettin mi edeceğini?** кыла турганыңы кылдыңбы? **ben ettim, sen etme** мен муну кылдым, сен кылба. 6.колунан алмак/ажыратмак. **evinden ~** үйүнөн ажыратмак. 7.*көмөкчү этиш катары атоочтор менен келгенде татаал этиш жасайт.* **alay ~** тамаша кылуу. **ateş ~** ок атуу. 8.убакыт алмак, созулмак. **akşamı eder** кечке чейин созулат. 9.барабар болмок. **iki iki daha dört eder** эки жерде эки төрт. **etmediğini bırakmamak** жасабаганы/кылбаганы калбоо. **ettiğini bulmak/çekmek** кылганын өз мойну менен тартуу. **ettiği ile kalmak** өзү казган чуңкурга өзү түшүү. **ettiğini yanına bırakmamak** жамандыкка жамандык кылуу. **ettiği yanına (kar) kalmak** кылганы мойнунда калуу.

etmen фактор.

etnik этникалык.

etnografya этнография.

etnoloji этнология.

etoburlar жырткыч айбандар.

etol,-lü (*аялдардын*) узун шарфы.

etraf (**taraf'***тын көпт. т.*) ар/туш/чар тарап. 2.айлана, чөйрө, тегерек. 3.жакындар, дос-тамыр. **~ında** айлана-тегерегинде. **evin ~ında bir bançe var** үйдүн айланасында бир бакча бар. **~ını almak** курчоого алуу. **~ında dört dönmek** айланасында чарк көпөлөк атуу, жагынуу.

etraflı ар тараптуу, терең.

etraflıca ар тараптуу, тереңден.

ettirgen *грам.* буйрук ыңгай.

etüt,-dü 1.этюд, долбоор. 2. (*бир маселени*) изилдөө, иликтөө. 3.мугалимдин көзөмөлү алдында окуучулардын сабакка даярданышы. **~ etmek** изилдөө.

etüv стерилизатор, дезинфекция камерасы.

etyemez вегетариан.

ev 1. үй. 2. *өтм.* үй-бүлө. 3.өзгөчө максаттар үчүн колдонулган имарат, клуб. **düğün ~i** той үйү, **doğum ~i** төрөт үйү. **kültür ~i** маданият үйү. **ordu ~i** офицерлер үйү. 4.*эск.* уруу, тукум. **~ açmak** 1)өзүнчө үйгө бөлүнүп чыгуу. 2)үйлөнүү. **~ adamı** бүлөсүнө караштуу киши. **~ altı** эски үйлөрдүн жер кабаты. **~ bark** үй-жай. **~ini başına geçirmek** акесин таанытуу. **~ bozmak** уя бузуу, эрди-катындын арасында кирүү. **~in direği** үйдүн тиреги. **~ ~ dolaşmak** үймө-үй кыдыруу. **~ eşyası** үй буюмдар. **~ gailesi** үй убайымы. **~ halkı** үйдөгүлөр. **~ hanımı** иштебеген аял. **~ hayvanı** үй айбаны. **~ işi** үй иштери. **~ kadını** 1) иштебеген (*үй кызматындагы*) аял. 2)бышык, сарамжалдуу аял. **~de kalmak** кара далы болуп калыш. **~ kirası** үй киреси/акысы. **~deki hesap çarşıya uymaz** ойлогон ой ар качан ишке аша бербейт. **~ sahibi** үй ээси. **~lere şenlik!** *тилек* Кудай анын жүзүн көргөзбөсүн! **~ tutmak** үй жалдоо/тутуу. **~ yemeği** үйдүн тамагы.

evaze (*кийим үчүн*) клёш (*этегине карай кеңейген шекил)*.

evci 1. дем алышын гана үйүндө өткөргөн (*окуучу*). 2. уруксат күндөрүн-

дө үйүнө барган аскер.
evcil үйгө/кишиге үйүр алдырылган (*айбан*).
evcilik үй/ташкалак жасап ойноо (*балдар оюну*).
evcilleşmek колго үйрөнүү, кишиге үйүр алуу.
evcilleştirmek колго үйрөтүү, байыр алдыруу.
evcimen үйүнө караштуу/чарбачыл (*киши*).
evç 1.эң жогорку чекит. 2.*астр.* апогей.
evelemek : ~ gevelemek мукактануу, кекечтенүү, булдуруктап сүйлөй албай калуу.
evermek үйлөндүрүү, күйөөгө/ турмушка берүү.
evet,-ti ооба, туура. **~ efendim** ооба, мырзам! дал ошондой! жарайт. **~ efendimci** баарына макул (*киши*).
evgin шашылыш.
evham күмөн, шек саноо, күдүк. **~a kapılmak** күмөн/шек саноо, күдүктөнүү.
evhamlanmak күмөн/кам саноо, шектенүү, күдүктөнүү.
evhamlı шектүү, күмөндүү.
evin *диал.* 1. ич, ички бөлүк, ички көңдөй. 2. дан, данек. **~ bağlamak** дан байлоо.
evirmek 1.буроо, толгоо. 2.түзүлүшүн өзгөртүү. **evire çevire** жакшылап, мыктылап, келиштирип. **evire çevire dövmek** келиштирип сабоо. **evirip çevirmek** айлантып караш, ар тарабын текшериш.
evlâdiyelik,-ği укумдан тукумга калчу (*баалуу буюм*).
evlât,-dı 1.бала, перзент, кыз, уул. 2.(*айбандардын*) баласы, төлү. 3.*улуулардын жаштарга кайрылуу сөзү:* балам. **~ acısı** бала кайгысы (*өлүмү*). **~ edinmek** бала асырап/ багып алуу. **~ sahibi olmak** балалуу болуу.
evlâtlık,-ğı багып/асырап алган бала, асыранды.
evlendirme үйлөндүрмө. **~ dairesi** нике үйү. **~ memuru** нике үйү кызматкери.
evlendirmek үйлөндүрүү (*уулду*), турмушка берүү (*кызды*).
evlenme үйлөнүш. **~ vaadi** үйлөнүш үчүн берилген убада.
evlenmek 1.үйлөнүү (*эркек*). 2.турмушка чыгуу (*кыз*). **~ barklanmak** үйжай күтүү, бала-чакалуу болуу.
evli 1.үй-бүлөлүү (*аял, эркек*). 2.үйү бар. 3.түтүндүү. **yirmi evli bir köy** жыйырма түтүндүү бир кыштак. **~ barklı** үйлүү-жайлуу.
evlilik,-ği үй-бүлө абалы. **~ dışı doğan** никесиз туулган (*бала*). **~ hayatı** үй-бүлө турмушу. **~ dışı** никесиз, нике тышы, мыйзамга/адеп-ахлакка айкыры.
evliya *дин* 1.олуялар, ыйыктар, куттуу кишилер. 2.дервиштер. **~ gibi** адеп-ахлактуу, элпек, ийкемдүү. **~ kesilmek** өзүн олуя санаган/ көрсөткөн.
evliyalık олуялык, көрөгөчтүк. **~ satmak/taslamak** өзүн ыйык көргөзүү.
evolüsyon эволюция.
evrak,-kı (varak'*тын көпт. т.*) баалуу кагаздар, документтер. **~ı resmiye** расмий документтер. **~ı umumiye** мамлекеттик архив.
evre фаза, стадия, период.
evren 1.аалам, космос. 2.Жер, дүйнө. **E~ Posta Birliği** Эл Аралык Почта Бирдиги. 3.ажыдаар. 4.тагдыр, жазмыш.
evrensel 1. дүйнөлүк, эл аралык. **~ savaş** дүйнөлүк согуш. 2. аалам/космосko байланыштуу. 3.универсал.
evrim эволюция, өнүгүш.
evrimsel эволюциялык.
evvel 1.мурун. 2.биринчи, адегенде, адеп. 3.абал, оболку. **~ zamanda** оболку заманда. **~ Allah** оболу,

Аллаанын/Кудайдын кудурети менен. ~ **Allah ben bu işi yaparım** Кудайдын кудурети менен мен бул ишти жасай алам. ~ **zaman içinde** илгери өткөн заманда (*жомоктордун башталышындагы калып*).

evvelâ оболу, адегенде, биринчи, алды менен.

evvelce 1.бир аз мурун, жана, жакында, эмеле. 2.алдын ала, мурунтан.

evvelden 1.мурунтан, баштатан. 2. оболтон, илгертен.

evvelki, evvelsi 1.мурунку. 2.мурдагы күн, эки күн мурун. **dün değil,** ~ **gün geldi** кечээ эмес, мурдагы күнү келди.

ey 1. *ад.* эй! **~, şair!** эй, акын! (*кайрылууну күчөтүү иретинде*). 2. эй! (*кайрылуу, чакыруу иретинде*). ~ **arkadaş!** эй, жолдош! 3.(*кекетүү, суроо иретинде*). **~, bu mermer tezgah burada ne arıyor?** эй, бул мармар дөшүү бул жерде кайдан жүрөт? 4. э-эк (*жаны кашайганда жана тажаганда*) ~ **artık çok oluyorsun!** э-эк, тажатып ийдиң!

eyalet,-ti 1.дубан, область, край, штат, департамент. **Virginia ~i** Виржиния штаты. 2.еялет (*вилает ушулганга чейинки Түркияда область*).

eyer ээр. **~i almak** ээрин алуу (*аттын*). ~ **kaltağı** ээрдин тулкусу. **~in kaşı** ээрдин кашы. ~ **takımı** ээр токум. ~ **vurmak** ээр токумак.

eyerlemek ээр токумак.

eylem 1.кыймыл, аракет. 2.операция. 3.*грам.* этиш. **~e geçmek** аракетке киришүү.

eylemci (*кандайдыр бир*) кыймылга катышкан киши.

eylemek 1.(*жардамчы этиш*) кылмак, этмек. 2.куру жалак калтырмак. **yurdundan** ~ ата-журтунан ажыратуу.

eylemli 1.аракет/кыймыл абалында болгон. 2.штаттагы (*кызматкер*). ~ **doçent** штаттагы доцент.

eylül сентябрь.

eytam (yetim'*дин көпт. т.*) жетимдер. ~ **maaşı** жетимдерге берилген айлык акча. ~ **sandığı** жетимдерге айлык акча бөлгөн фонд.

eytişim *филос.* диалектика.

eytişimsel *филос.* диалектикалык.

eyvah *сырд. с.* кокуй! карангүн! катыгүн! ~ **çekmek** кокуйламак.

eyvallah *сырд. с.* 1. рахмат. ~ **uğurlar olsun** рахмат, жолуң ачылсын! 2.жакшы кал, кош. **~, ben gidiyorum** кош, мен кетип баратам. 3. жарайт, болуптур эмесе. **bana yardım eder misin? ~.** мага жардам бере аласыңбы? -жарайт. ~ **demek** макул болмок, куп демек. ~ **etmemek** (*бирөөгө*) жалдырабоо, жардам сурабоо, карыздар болбоо.

eza аза, кайгы/капа/күйүт. ~ **cefa** зордук -зомбулук, жапа.

ezan *дин* азан. ~ **okumak** азан айтуу/окуу. ~ **vakti** азан маалы.

ezber 1.жаттоо, эске тутуу. 2.жатка билүү. **~den** 1)жатка/жат. 2)ойлонбостон оюндагысын сүйлөп салуу. **~e** жатка (*даярдыксыз*). **~inde** акылында, эсинде. **~e bilmek** жатка билүү. **~e iş görmek** (*бир ишти*) чампалап жасай салуу. **~e konuşmak** жаттагандай сүйлөө, бирөөнүн сөзүн кайталоо.

ezberci жаттап окуган (*окуучу*).

ezberlemek жаттоо, эске сактоо.

ezel эзел, эбак. **~den beri** эзелден бери, эчактан бери.

ezelî 1.эзели, башталышы болбогон. 2.*өтм.* эски, мурунку. **Ali onun ~ rakibi** Али анын эзелки атаандашы.

ezgi I 1.күү, кайрык. 2.ыкма, шекил, түр. **bu iş bundan böyle aynı ~de sürüp gidemez** бул иш мындан ары

мындай жүрбөйт. 3.*ооз.* кайгы, дарт, кыйынчылык. 4. *өтм.* жүрүш, темп. 5. *өтм.* жагымдуу, уккулуктуу (*үн, сөз*).

ezgi II эзүү, зордук-зомбулук. **sömürge ~si** колониялык эзүү.

ezici 1. эзүүчү, басмырлоочу, жан кейиткен. ~ **sessizlik** камыктырган жымжырттык. 2. басымдуу. ~ **çoğunluk** басымдуу көпчүлүк.

ezik 1.эзик, эзилген (*жемиш*). 2.токмоктолгон, урулган, былчыйган. 3.*өтм.* чүнчүгөн, мүңкүрөгөн, эзилген. ~ **büzük** урунду-беринди, ийри-буйру.

eziklik,-ği 1.эзиктик. 2.эзилгендик, мүңкүрөш, чүнчүш.

ezilmek 1.эзилмек (*мөмө жемиш, жумшак нерселер*). 2.ачка болуу. **içim eziliyor bir bardak süt içeyim** ичим эзилип баратат, бир стакан сүт ичейин. 3. уялмак, тартынмак. **ezile-büzüle** кымырынып-кысталып. 4.тебелениш, былчыйып калыш. 5. эзилмек, басмырланмак (*эл, букара ж. б.*). 6.санаадан/кайгыдан чүнчүмөк.

ezinç,-ci кайгы, күйүт, муң.

ezinti 1.ашказан оорусу/курулдоосу (*ачтыктан*). 2. коркуудан/санаадан пайда болгон кабатырлык, тынчы кетиш.

eziyet,-ti 1.кыйноо, зордук-зомбулук, эзүү. 2.муң, кайгы, капа, жапа, азап. ~ **çekmek** кайгы/капа/жапа/азап тартуу. ~ **etmek** зордук-зомбулук көрсөтүү, кыйноо. ~ **vermek** кыйноого салуу, эзүү.

eziyetli оор, татаал, машакаттуу, убарасы көп, азаптуу. ~ **yol** машакаттуу жол.

ezme 1.эзме, жанчма. 2.эзилип жасалган (*тамак*). **badem ~si** эзилип жасалган бадам.

ezmek 1. эзүү, талкалоо, жанчуу. 2. басып/жанчып/былчыйтып салуу. 3.коюп/тебелеп кетүү. **onu tramvay ezdi** аны трамвай тебелеп кетти. 4.эритүү, эзүү. **boyayı ~** боёкту эритүү. 5.жок кылуу, чачуу (*акчаны*). 6. үстөмдүк/бийлик кылуу. 7.чарчатуу, алсыратуу. **düşmanı ~** душманды талкалоо.

Ezrail *к.* **İsrail.**

F

F,f 1. *түрк алфавитинин жетинчи тамгасы.* 2. *муз. «фа» нотасынын тамгалай белгиси.*

faal,-li 1.кыймылдуу, жандуу, активдүү, жаны тынбаган, мээнеткеч, иштерман, күжүрмөн, күрдөөлдүү. ~ **bir adam** жаны тынбаган киши. ~ **rol oynamak** активдүү роль ойноо. 2.иштеп/жүрүп турган, кыймылдагы, аракет ичиндеги. ~ **yanardağ** аракет ичиндеги жанар тоо.

faaliyet,-ti 1.аракет, кыймыл, иш. **~e başlamak** 1)иштей баштоо, ишке киргизилүү. 2)*аск.* аскердик аракеттерди баштатуу. **~e geçirme** ишке киргизме. 2.ишмердик, ишкердик. **~e geçmek** иштей баштоо. ~ **göstermek** иштеп туруу.

fa : ~ **anahtarı** *муз.* бас ачкычы.

fabl *ад.* тамсил.

fabrika фабрика, ишкана, завод. **deri ~sı** тери фабрикасы. ~ **sahibi** фабрика ээси.

fabrikacı фабрика ээси, фабрикатор.

fabrikasyon 1.өндүрүш, даярдоо, мануфактура. 2. фабрикада өндүрүлгөн заттар, продукция.

fabrikatör *к.* **fabrikacı.**

facia 1.кырсык, трагедия, катастрофа, кайгылуу окуя. 2. *театр* трагедия.

façeta фасет, кыр (*алмаздын, бриллианттын*).

fagosit,-ti *биол.* фагоцит.

fagositoz *биол.* фагоцитоз.

fagot,-tu *муз.* фагот (*үйлөмө аспап*).

fahiş 1.ашкере, чектен чыккан, ашыкча. ~ **faiz** чектен чыккан/ашыкча пайыз. ~ **hata** одоно ката. 2. адепсиз, одоно, адатта/ салтта жок.

fahişe сойку, аягы суюк, денесин саткан, жүрөөнөк (*аял*).

fahişelik,-ği сойкулук, жүрөөнөктүк, аягы суюктук.

fahrenhayt,-tı *физ.* фаренгейт шкаласы.

fahrî 1.ардактуу (*наам, мүчө*). ~ **aza/üye** ардактуу мүчө. ~ **profesör** ардактуу профессор. 2.ыктыярдуу, көңүлдүү, бекер (*аткарылган иш, берилген жардам*).

fail 1.жасаган, иштеген, аткарган, орундаткан, автор. 2. *ук.* кылмышкер, күнөөкөр. **~i meçhul cinayet** ашкереленбеген кылмыш. 3. *грам.* ээ. **cümlenin ~i** сүйлөмдүн ээси. 4. таасирдүү, пайдалуу, эффективдүү. ~ **hareket** таасирдүү аракет.

faiz пайыз, процент (*капиталга берилген, капиталдан алынган*), пайда, киреше. ~ **almak** пайыз алыш. ~ **fiyatı** пайыз наркы. ~ **getirmek** пайда алып келүү. **~i işlemek** пайыздан пайда табуу. **~le işletmek** пайыз менен иштетүү. ~ **oranı** пайыз деңгээли. **~e vermek** пайызга (*акча*) бермек.

faizci пайызга акча берген киши, сүткор.

faizli пайызы менен, пайыздуу, проценттүү.

faizsiz пайызсыз, процентсиз.

fak,-kı *эск. , түз, өтм.* тузак, капкан, буктурма, тор. **~a basmak** тузакка/капканга/торго түшүү, алдануу, кармалуу. ~ **koyacak tane yok** колунда мыдыры жок (*сөзм. с.* тузакка коё турган мыдыр жок).

fakat,-tı бирок, анткени менен, антсе да.

fakih *дин* факих, шариатты мыкты билген.

fakir 1.кедей, бакыр, жарды, жакыр, жармач, колунда жок, кембагал. 2. бечара, карып. 3.жупуну, болор-

болбос, жарды, кунарсыз (*нерселер үчүн*). 4.*сыпайыгерчилик үчүн «мен» ордуна колдонулат.* ~ **dün ziyaretinize geldimse de bulamadım** (мен) бечара кечээ сизди издеп келип, таба албадым. 5. факир, дервиш (*Индияда*). ~ **düşmek** кедейленүү, жакырдануу. ~ **fukara** бакыр-букара, кедей-кембагал.

fakirleşmek кедейленүү, жакырдануу.

fakirlik,-ği кедейлик, жардылык, жакырлык, жармачтык, кембагалдык. 2. жупунулук, жардылык (*көрүнүш*). **dilin ~i** тилдин жардылыгы, жармачтыгы. 3. берекесиздик, кысырлык. **toprağın ~i** топурактын берекесиздиги/кунарсыздыгы.

faks 1.факс. 2.факс аппараты. ~ **çekmek** факс жиберүү. **~la göndermek** факс аркылуу жибериш.

faksimile факсимиле.

fakslamak факстоо, факс менен жиберүү.

faktör фактор.

fakülte факультет. **hukuk ~si** укук факультети.

fal 1.бал, төлгө. 2.бал ачыш, төлгө тартыш. ~ **açmak/bakmak** бал ачыш, төлгө тартыш. **~ına bakmak** (*бирөөнүн*) төлгөсүн салыш. ~ **taşı** төлгө таш. **gözlerini ~ taşı gibi açmak** көздөрүн бакырайтып ачыш.

falaka 1.балак (*жаза куралы*). 2.балак (*жаза түрү; бутка балак уруу менен берилет*). **~ya çekmek/ yatırmak/vurmak/yıkmak** балак алуу/уруу.

falan 1.балан, баланча, түкүн, түкүнчө (*айтылышы зарыл болбогон бир ысымдын ордуна колдонулат*). **ben ~ oğlu ~ım, dileğim şudur diye yazsın** мен баландын баласы төлөнмүн, тилегим ушу деп жазсын. 2.(*кайталоодон качыш үчүн колдонулат*). ~ **tarihte, ~ yerde, ~ kişi ile gezerken sizi gördüm demiş** баланча күнү, баланча жерде, баланча киши менен баратканыңызды көрдүм дептир. 3.«жана башка», «буга окшогон» деген сөздөрдүн ордуна колдонулат. ~ **filân/festeki/ feşmekân/fıstık/fıstan/fişman** жана башка, балан-төлөн, балан-бастек. **ona kâğıt, kalem ~ filân lâzım** ага кагаз, калем жана башка балан-төлөн керек. 4.жакын, чамалуу, тегерегинде (*божомолдоо иретинде колдонулат*). **beş kişi ~ geldi** төрт-беш киши келди. **on mayısta ~ olacak** онунчу майга жакын болот.

falanca баланча, түкүнчө, бастанча.

falanj фаланга.

falcı төлгөчү, көзү ачык, балчы.

falcılık,-ğı төлгөчүлүк, көзү ачыктык, балчылык.

falso *муз.* 1.жаңылыш аткарылган нота, дисгармония. 2. *өтм.* жаңылыштык, ката, фальш. ~ **etmek/ yapmak** 1) *муз.* жаңылыш нота чалуу же ырдоо. 2)*өтм.* жаңылыштык жасоо.

familya 1.үй-бүлө. 2.*биол.* тукум. 3.*ооз.* катын, аял.

fanatik фанатик.

fanatizm фанатизм.

fanfan балдырап/түшүнүксүз сүйлөгөн (*киши*).

fanfar 1.үйлөмө жез аспаптар оркестри. 2. фанфар, жандуу музыка.

fanfın: ~ **etmek** түшүнүксүз чет тилде/чулдурап сүйлөө.

fâni 1.жалган, убактылуу, беш күндүк. ~ **dünya, alemî** ~ жалган дүйнө. 2.эски, карт, какжыраган, өлөсөлүү. **piri** ~ өлөсөлүү чал. ~ **dünyaya kazık mı kakacak?** жалган дүйнөгө түркүк болот бекен?

fanilâ 1.фланель, момозуй. 2.момозуй ич кийим.

fânilik,-ği күнүмдүк/убактылуу нерселер.
fantasma галлюцинация, иллюзия, көзгө (*бир нерселер*) көрүнүү, жөөлүү.
fantasmagorya фантасмагория.
fantastik фантастикалык, кыялдан жаратылган, ойдон чыгарылган.
fantezi 1.фантазия, кыял. 2.башкача көз караш, өзгөчө табит, изденүү. 3.түрлөнгөн, кулпунган, көз жоосун алган, миң кубулган. ~ **kumaş** кулпунган кездеме. ~ **mobilya** көз жоосун алган эмерек. 4. *муз.* фантазия.
fantezist фантаст (*жазуучу*).
fanti (*карта ойнунда*) валет.
fantom *мед.* фантом.
fanus 1.кооздолгон көчө панары. 2. (*саат, микроскоп сыяктуу куралдарды чаңдан коруган*) айнек жарым шар. 3. (*лампочкага тышынан кийгизилген мом*) айнек коругуч. 4.маяк.
far I *авто* фара.
far II көз сурмасына сүрүлгөн боёк.
faraş калак. ~ **gibi** жалжагай/чоң ооз.
faraza дейли, деп коёлу, десек, эгер. **~, bu iş sizin başınıza geldi, ne olacaktı?** бул иш сиздин башыңызга келди дейли, анда кандай болот?
farazî 1.болжолдуу, мүмкүн болгон, мүмкүн деп эсептелген, гипотеза. 2. символикалык, шарттуу түрдө. 3. болжол менен.
faraziye 1. болжол, божомол, түкшөмөл, мүмкүнчүлүк (*гипотеза*). 2.*аск.* согуштук план. 3. белги, жышаан.
farbala бүйүрмө, кайырма (*мис. көйнөктүн*).
fare 1.*зоол.* үй чычкан (*Mus musculus*). 2. (*кээде*) келемиш. ~ **kapanı** чычкан капкан. ~ **zehiri** чычкандын уусу. **~ler cirit atmak/oynamak** ээн, жан киши жок (*сөзм. с.* чычкандар дың салып жүрөт). ~ **deliğe sığmamış, bir de kuyruğuna kabak bağlamış** 1) өзү батпай атып, жанына дагы бир конок ээрчите келген (*киши*). 2) бир иш колунан келбей жатып, башка бир ишке тап койгон (*киши*). 3) өзү бирөөнүн көрсөтмөсү алдында жүрүп, башкаларга баш-көз болгусу келген (*киши*). ~ **deliği** 1)чычкандын ийни. 2)баш калкалар жер. ~ **düşse başı yarılır** эч нерсеси жок, такыр. (*сөзм. с.* чычкан жыгылса, башы жарылат). ~ **gibi kaçacak delik arar** кача турган жер издеп кайсалаш.
farenjit,-ti *мед.* фарингит, тамактан сезгениш.
farfara, farfaracı 1.ооз көптүрүп сүйлөгөн, мактанчаак. 2.жарылдак, бакылдак, ачык ооз.
farımak 1. чарчоо, алдан таюу. 2. эскирүү, жыртылуу. 3.тажоо, жадоо, баш тартуу. 4.*ооз.* каруу, картаюу.
farika *эск.* өзгөчөлүк, айырмачылык.
farinks *анат.* тамак, фаринкс.
faris 1.атчан, аттуу (*киши*). 2.чабендес. 3.адис, өз ишинин устасы.
Farisî 1.фарсча, фарс тили. 2.персиялык.
fark,-kı айырма(чылык), бөтөнчөлүк, өзгөчөлүк. 2.айырмалоо, бөлүп кароо, дискриминация. 3.*мат.* айырма. ~ **edilmek/olunmak** байкалуу, көрүлүү. ~ **edilir derecede** көзгө урунгудай, байкала турганчалык. ~ **etmek** 1)байкоо, баамдоо, билүү, түшүнүү. 2)айырмалануу, өзгөчөлөнүү, башкача болуу. 3)айырмалоо, өзгөчө кароо. ~ **etmez** 1)эч нерсе эмес, маанилүү эмес. 2) кабатыр болбоңуз. ~ **gözetmek/ görmek/ tutmak** айрып/бөлүп кароо. **~ında olmak** сезүү, билүү, байкоо, туюу. **~ında olmamak** билбөө, сезбөө, бейкапар болуу. **~ına varmak** байкап/сезип/

билип калуу, түшүнүү.

farklı өзгөчө, башкача, бөлөк, башка, айырмалуу, түрдүү. ~ **muamele** өзгөчө мамиле, дискриминация. ~ **olmak** айырмалануу, өзгөчөлөнүү.

farklılaşmak өзгөчөлөнүү, бөтөнчөлөнүү, айырмалануу.

farklılık,-ğı айырма, бөтөнчөлүк, өзгөчөлүк.

farksız 1.айырмасыз, бирдей, окшош, өзгөчөлөнбөгөн. 2. бирдей (*мамиле*), бөлүп-жарбоо. 3.анча байкалбаган, билинбеген.

farksızlık,-ğı бирдейлик, окшоштук.

farmakolog фармаколог.

farmakoloji фармакология.

fars I *театр* фарс, комедия.

Fars II 1.перс. 2.Фарс (*Ирандын түштүк-батышындагы областтын аты*).

Farsça 1.фарсча, фарс тили. 2.фарстар сыяктуу, фарстарча.

fart: ~ **furt** 1.бартылдак, баркылдак, ооз көптүрмө, курулай мактаныч. 2.куру опуза, кекирийиш. ~ **etmek** 1)бартылдоо, баркылдоо, ооз көптүрүп сүйлөө. 2) курулай опузалоо, кекетип-мокотуу.

farz 1.*дин* парз. 2.*өтм.* милдет, моюн парзы. 3.божомол, түкшөмөл, болжол. ~ **ve tahmin** божомолдоо, түкшөмөлдөө. ~ **etmek …** деп эсептөө/ойлоо.

Fas 1.Марокко. 2.марокколук.

fasa: ~ **fiso** *арго* келжиректик, сандырактык, болбогон сөз.

fasıl,-sılı 1.бөлүм, бөлүк. 2.бөлүм, бап (*китептин*). 3.айрым, чек, ажыратуучу сызык. 4.*театр* бөлүм арасында чалынган саз музыкасы. 5.*муз.* ар түрдүү музыкалык пьесалардан бир макам'да *(к.)* аткарылган программа. 6.белгилүү мөөнөттө жасалган иш, туш келген жагдай/окуя. **şu yemek ~ı bitsin de …** ушу тамак ишин бүтүрө коёлу, анан ... ~ **heyeti** саз оркестри.

fasıla 1.тыным, ара, интервал. 2.тыныгуу, тыйылуу, ара берүү, токтото туруу (*бир иште*). **~larla** тыныгуу менен. ~ **vermek** токтото туруу, дем алыш берүү. 3.чек ара, бөлгөн сызык. ~ **hattı** экиге бөлгөн чек. ~ **işareti** сызыкча (*белги*).

fasih ачык, туура, шар, түшүнүктүү (*айтылган сөз, жазылган стиль*). ~ **Türkçe** адабий түркчө (*адабий, илимий жогорку стиль*).

fasik,-ki 1.күнөөкөр, кылмышкер. 2.шумпай, куу, бузуку, адепсиз, абийирсиз.

fasikül (*бир басылманын*) өзүнчө чыгарылган бир баскысы, бөлүгү, *к.* **cüz.**

fasile *эск. , биол.* үй-бүлө.

fasit,-di *эск.* 1.начар, ката, бузук. ~ **fikir** жаңылыш пикир. 2. бузуку, шүмшүк, чагымчы. ~ **olmak** бузулуш (*мис. даарат*).

faska *бөбөк ороосунун үстүнөн курчалган жазы тасма.*

fasla I : ~ ~ анда-мында, ар кайсы жерде.

fasla II *мат.* абсцисса.

fasletmek 1.чечүү, жолго коюу, бүтүрүү (*доону, чатакты ж. б.*). 2.жамандоо, артынан сүйлөө, ушактоо.

Faslı 1.марокколук. 2.фездик, Фезден чыккан.

fason фасон (*кийимдин*).

fasone *текст.* өзүнөн гүл чыккан кездеме.

fassal арамзаа, шумпай, куйту, ушакчы.

fast,-dı *мед.* кан чыгаруу/агызуу. ~ **iğnesi** кан чыгаруучу шприц.

fasulye *бот.* кадимки фасоль (*Phaseolus vulgaris*). **kuru** ~ кургак/кургатылган фасоль. **taze** ~ жашыл/чанак фасоль. ~ **gibi kendini nimetten saymak** өз дымагын көтөрүш, өзүн жанга теңебеш. ~ **sırığı gibi**

шылд. арык, узун бойлуу (*сөзм. с.* фасоль сабагына тирелген таяктан бетер).

faş 1.жарыя кылынган, жар салынган, ачыкталган, белгилүү болгон. 2.жарыялоо, ачыктоо, билдирүү. ~ **etmek/eylemek** жарыялап/ сырды айтып салуу. **aman ~ olmasın** кокуй, айтыла көрбөсүн.

faşır : ~ ~ 1.борк-борк (*кайнаган суу, сорпо ж. б-нын үнү*). 2.шар-шар (*аккан нерсенин үнү*). **sular ~ ~ akıyor** суулар шар-шар агып жатат.

faşing, -gi карнавал.

faşist, -ti фашист.

faşistlik,-ği фашизм.

faşizan фашисттерди жактаган.

faşizm фашизм.

fat,-tı өлүм, өлүм сааты.

fatalist, -ti фаталист.

fatalite 1.маңдай жазуусу, тагдыр. 2.жолсуздук, таалайсыздык.

fatalizm фатализм.

fatih 1.жеңүүчү, каратуучу. 2.фатих (*Ислам өлкөлөрүндө бир өлкөнү же шаарды каратқандарга берилген наам)*.

fatiha 1. бата. 2.өлгөндөргө атап окулган Курандын Элхам сүрөсү. ~ **okumak** 1)Курандан Элхам сүрөсүн окуу. 2)*өтм.* (*бир нерседен*) үмүт үзүү.

fatura 1.*соода* эсеп-фактура, квитанция. ~ **bedeli** фактура бедели. 2.үлгү, өрнөк. **~sını (birine) çıkarmak** чыгымын бирөөгө төлөтүү, милдетин бирөөгө артуу. ~ **kesmek** фактура чыгарып берүү.

faul *спорт* эрежени бузган аракет.

fauna *зоол.* фауна.

fava *фасолдон жасалган пюре.*

favori 1.(*мелдеште, жарышта ж. б.*) жеңиши күтүлгөн тарап, команда. 2.абдан сүйүлгөн, жактырылган (*артист, ырчы, спортсмен, саясатчы ж. б.*). 3.(*ат чабышта*) биринчи келиши күтүлгөн ат. 4.бакенбард.

favul,-lü *спорт* 1.одоно ойноо, оюндун эрежесин бузуу. 2.(*футболдо*) жаза тебиш.

favus таз.

fay *геол.* кыйраш, кулаш, жарык, жарака (*жер кыртышында, тоо тегинде*). ~ **açısı** жарык бурчу. ~ **düzlemesi** тик жарык. ~ **gölü** тектоникалык көл**.** ~ **hattı** жер жаракасы.

fayans 1.фаянс. 2.кафел. ~ **döşemek** кафелдөө.

fayda пайда, киреше. **~sı çok** пайдасы көп. **~sı dokunmak** пайдасы тийүү. ~ **etmemek** пайдасы тийбөө. **~sı olmak** пайдасы болуш. ~ **vermek** жардам берүү, басуу (*мис. ооруну*). **~sı yok** пайдасы жок. **ne ~?** эмне пайдасы бар?

faydalanmak пайдаланыш, колдонуш, ишке жаратыш.

faydalı 1.пайдалуу, жарактуу, керектүү. 2.кирешелүү.

faydasız 1.пайдасыз, жараксыз, керексиз. 2. бекерге, калп эле, бекерден бекер.

fayrap *дең.* 1. отту күчөт! бууну көбөйт! (*команда*). 2. *арго* бир ишти ылдамдатма, тездетме. 3.*арго* (*эшик, терезе, кийим ж. б.*) ачуу, чечүү. ~ **etmek** 1)очоктогу отту күчөтүү. 2)ишти жандандыруу/ күчөтүү. 3) *арго* ачуу, чыгаруу. **pencereleri ~ etti** терезелерди ачты.

fayton 1. фаэтон. 2. *зоол.* фаэтон кушу (*Phaeton*).

faytoncu арабакеч.

faz *физ. , элек.* фаза. ~ **değiştirici** фазометр. ~ **farkı** фаза айырмасы. ~ **kalemi** чыңалууну өлчөгүч (*аспап*).

fazilet,-ti 1.адамкерчилик, кишилик, ак ниеттүүлүк. *к.* **erdem.** 2. адептүүлүк, тарбиялуулук.

faziletli адамкерчиликтүү, кишилик-

түү, ак ниет.

fazitron *физ.* фазотрон.

fazla 1.ашык, ашыкча, көп. ~ **pişmiş yemek** көп бышып кеткен тамак. 2. .... -ыраак(*көбүрөөк, тазараак, узунураак ж. б*). 3. ашкан, артып калган, калдык. **~dan** ашыкча, керегинен көп. ~ **olarak** 1)мындан/андан башка, ал аз келгенсип. 2)анын үстүнө. **iki kat/misli** ~ эки эсе көп. **bundan** ~ **verememem** мындан көп бере албайм. **gereğinden** ~ керегинен ашык. 4.бекер, ашык, пайдасыз, орунсуз. ~ **konuşma** бекер сүйлөбө. **~sıyla** ашыкча, сурагандан көп, мол. ~ **gelmek** артык баш/ ашыкча, болуу. ~ **almak** көп алып алуу. ~ **doyurmak** 1)ашыкча тойгузуу. 2)*хим.* ашыкча каныктыруу. ~ **harcama/masraf/ sarf etme** ашыкча чыгым жасаш. ~ **kaçırmak** көп ичип/жеп алуу. ~ **kaçmak** ашыкча болуу. ~ **mal göz çıkarmaz** *мак.* артык дөөлөт баш жарбайт. ~ **olmak** көп/ашык/ашыкбаш болуу. ~ **kıymet, kıymeti** ~ *экон.* кошумча нарк.

fazlaca 1.ашыкча, артыкча, өтө эле, опсуз/орунсуз эле. 2.керегинен көп, мол.

fazlalaşmak көбөйүү, өсүү, саны артуу.

fazlalık,-ğı ашыкчалык, артыкбаштык керегинен көптүк. ~ **etmek** ашыкча болуу, көпсүнүү, көп көрүнүү.

febiha эң сонун! ошентсин! ошондой болсун! жарайт! **gelirse ~, gelmezse ne yapalım!** келсе сонун болот, келбесе эмне кылмак элек!

fecaat,-ti кыйын абал/кырдаал/жагдай, кырсык, азап, кайгы.

feci жан ачыткан/кейиткен, кейиштүү, адам чыдагыс, оор, катуу. ~ **şekilde can berdi** жан кейиткен өлүм болду, кыйналып өлдү. ~ **felâket** жан кейиткен балакет. ~ **kaza** катуу/аянычтуу кырсык.

fecir,-cri таңга жуук, таң атып келаткан кез, таң кызарып/ кылайып аткан учур.

fecrikâzip,-bi таң агарганда көрүнгөн айдың, жалган таң.

fecrisadık,-ğı чыныгы таң.

feda 1.курман. **yurt uğruna canım** ~ мекен үчүн жаным курман. 2.садага. **~yi nefs etmek** жанын садага чабуу. ~ **edilmek** курман чалынуу. ~ **etmek** 1)курман чалуу. 2)башынан садага кылуу, көз жумуу, колдон чыгаруу. ~ **olmak** курман чалынмак. ~ **olsun!** баштан садага! баштан айлансын!

fedaî 1.(*бир ишке/идеяга*) жанын арнаган, артынан сая түшкөн, жанынан артык көргөн. 2. патриот, ыктыярдуу, көңүлдүү. 3.жан аябаган, жүрөктүү. 4.сакчы, коруучу, бодигард.

fedaîlik,-ği жанкечтилик, берилгендик.

fedakâr жан аябас, жан кыйышпас, берилген, боорукер.

fedakârlık,-ğı жан аябастык, жан кыйышпастык, кыйышпастык, боорукердик. **~ta bulunmak/ ~ etmek/ ~ yapmak** (*бирөө, бир нерсе үчүн*) жан аябоо, жанын үрөө. **~a katlanmak** (*бир максатка жетүү үчүн*) ар түркүн кыйынчылыктарга моюн сунуу/чыдоо.

fedamet,-ti *мед.* жарым эстик, акылы кемдик.

federal,-li федералдык, федеративдүү. ~ **devlet** федералдык мамлекет. **F~ Almanya Cumhuriyeti** Германия Федеративдик Республикасы.

federalist федералист.

federasyon 1.федерация. 2.бирикме, бирдик. **futbol ~u** футбол федерациясы.

federatif федерализмге тиешелүү же ылайык түзүлүштө болгон.

federe 1.(бир) федерацияга тиешелүү. 2.конфедерация мүчөсү.

feet,-ti фут *(=30,5см узундук бирдиги)*.
fehamet I,-ti 1.улуулук. 2.жогорку мартабалуулук, кадырмандык.
fehamet II,-ti түшүнүктүүлүк, сезгичтик, байкагычтык, сергектик, зээндүүлүк.
fek,-kki бузуу, жокко чыгаруу, күчүн жоготуу.
fekül крахмал. **patates ~ü** картошка крахмалы.
felâh 1.бошонуш, кутулуш *к.* **onum.** 2. бакыт. ~ **bulmak** 1)боштондук алуу, кутулуу. 2)бакытка жетүү.
felâket,-ti 1. балакет, балаа, кырсык, кайгы, кыйынчылык, мүшкүл, катастрофа. 2. жаман, түшүнүксүз. ~ **bir yazı** аябай начар/түшүнүксүз жазуу. 3. *өтм.* балакет, балээ, шайтан. **bu kız bir ~!** бул кыз бир балакет! ~ **getirmek** балакет алып келмек. ~ **haberi** жаман/өлүм кабары. **~e uğramak** балакетке учуроо.
felâketli балакеттүү, кырсыктуу, коркунучтуу, балакет баскан.
felâketzede балакетке/кырсыкка кабылган, жабыр тарткан.
felç,-ci *мед.* шал, паралич, мээге кан куюлма, апоплекция. *к.* **inme.** ~ **gelmek/~olmak** шал болуу, мээсине кан куюлуу. **~e uğramak** *өтм.* шал болуу, (*бир иш*) токтоп калуу. **~e uğratmak** (*бир ишти*) шал кылуу, токтотуп салуу.
felçli шал, кыймылсыз, жансыз, жарым жан.
feldmareşal,-li фельдмаршал.
felek,-ği 1.*эск.* асман, көк жүзү. 2.дүйнө жүзү, аалам. 3.таалай, бакыт, жол, шанс, тагдыр. ~ **bana bunu da çok gördü** тагдыр муну да мага көп көрдү. **~ten bir gece/gün çalmak** эсте каларлык бир кече/күн өткөрүү. **~in çemberinden geçmek** турмуштун ачуу-таттуусун татуу, көптү көрүү. **~in sillesine uğramak/ ~in sillesini yemek** аянычтуу абалда калуу, балакетке кабылуу. **~ini şaşırmak** күтүлбөгөн абалда калмак, алапайын таппай калмак.
felekiyat,-tı *эск.* астрономия. *к.* **gök bilimi.**
Felemenk,-ği *тар.* 1.Нидерландия, Голландия. 2.голландиялык. ~ **taşı** 1)роза түрүндөгү бриллиант. 2)голландия бриллианты. ~ **peyniri** голландия быштагы.
Felemenkçe нидерланд (голландия) тили.
Felemenkli нидерландиялык, голландиялык.
felfelek,-ği 1.кичинекей көпөлөк түрү. 2. *бот.* катеху пальмасы (*Arec a catechu*). (**birinin içine**) ~ **sokmak** (*бирөөнү*) шектендирүү, ойго салуу.
felfellemek 1. эски чыйрактыгын жоготуу. 2. алдастай түшүү, апкаруу. 3.токтоштон мурун жай айланыш (*мис. ийик, чыгырык*).
fellâh 1.*эск.* дыйкан. 2.египед дыйканы. 3.*ооз.* негр, арап.
fellek: ~ ~**, fellik fellik** элдек - делдек, чымын-куюн (*коркуу ичинде, абдаарып ары-бери жүгүрүү*). ~ ~ **çocuğunu arıyor** элдек-делдек этип баласын издеп жүрөт.
felsefe философия. **~î ulâ** метафизика. ~ **yapmak** *шылд.* акылдуусунуу, кыйынсынуу.
felsefeci философ, философия мугалими.
felsefî философиялык. ~ **yöntem** философиялык система.
feminist,-ti 1.феминист. 2. феминисттик.
feminizm феминизм.
fen,-nni 1. табигый илимдер *(физика, химия, математика, биология сыяктуу)*. 2.технология, колдонмо илимдер. 3.илим, маалымат. 4.*өтм.* айла, амал, куулук.

fena I 1.начар, жаман, сапатсыз. 2.катуу, өтө, абдан. **son sözler onu ~ üzdü** акыркы сөздөр аны абдан капа кылды. 3.көп. **bugün ~ işim var** бүгүн көп ишим бар. 4.оору, ноокас. **~ durumda** абалы оор. 5.жагымсыз, жийиркеничтүү. **~ koku** сасык жыт. 6.абийирсиз, адепсиз, уятсыз. **~ kadın** адепсиз/уятсыз аял. **~ bakmak** жаман көзү менен кароо. **~ya çekmek** тескери түшүнүү. **~ değil/sayılmaz** жаман эмес. **~ etmek** 1)жаман иш кылуу. 2)(*бирөөгө*) жамандык жасоо. 3)(*бирөөгө*) жамандык кылуу, оорутуу (*мис. тамак, ичкилик, дары ж. б. берип*). **~ gelmek** 1)жаман көрүнүү. 2)жаман, зыяндуу болуп чыгуу. **bu ilâç bana ~ geldi** бул дары мени жаман кылды. **~ gitmek** иши оңолбоо. **~sına gitmek** 1) (*бир мамиле, сөз*) капа кылуу, жанын кейитүү. 2)жинин келтирүү. **~ hâlde** аябай/абдан/абдан катуу/жаман. **~ hâlde bozulmak** катуу жини келүү. **~ hâlde dövmek** өлөрчө сабоо. **~ kalpli** таш боор, кара мүртөз. **~ olmak** 1)өзүн жаман сезүү, ноокастоо. 2)капа болуу, жабыркоо. **~ yakalanmak** бети ачылмак, жүзү ашкерленмек. **~ yapmak** жаман кылыш/ абалда калтырыш, катуу сабак бериш. **~ yerine vurmak** талуу жеринен кармаш. **~ya yormak** жаман нерсеге жоруш.

fena II *эск.* өлүмдүү (*дүйнө*). **~ bulmak** өлүш, жок болуш.

fenalaşmak 1.начардаш, начар абалга келиш. **iş fenalaştı** иш начарлады. 2. (*ноокастын*) абалы оордоо. 3.эсин жоготуу, талып калуу.

fenalık,-ğı 1.жамандык, зыян, залал, кыянаттык. **bunda ne ~ görüyorsunuz?** мунун эмне зыяны бар? **şakada bir ~ yok** тамашада эч бир жамандык жок. 2.эс оома, талма. **~ etmek** жамандык жасоо. **~ geçirmek** эсин жоготуу.

fener 1.панар. **el ~i** кол панар. **~ direği** панар тиреги. 2.деңиз панары, маяк. 3.саптуу кофе подносу. 4.*архит.* панар. **~ alayı** колдоруна панар кармап жасалган жүрүш. **~ balığı** *зоол.* панар/жаркырак балык (*Lophius piscatorius*). **~ çekmek** 1)жарык кармап элдин алдында жүрүү. 2)жол башчылык кылуу. **~i nerede söndürdün?** *какшык* таң атканча кайда жүрдүң?

fenerci 1.панар жасаган/саткан киши. 2.деңиз панары сакчысы. 3.*эск.* көчө панарларын күйгүзгөн киши.

fenerli 1.панардуу. 2.*арго* сакалчан.

fenik I, -ği пфеннинг (*немецтердин майда тыйыны, марканын жүздөн бири*).

fenik II, -ği *хим.* карбол. **~ asit** карбол кислотасы.

fennî 1.илимий. 2.техникалык, инженердик.

fenniyat,-ti технология.

fenol,-lü *хим.* фенол, карбол кислотасы.

fenomen 1.*филос.* феномен. 2.факт, кубулуш. 3.адаттан тышкаркы көрүнүш, укмуш, феномен, жаратылыштын керемети, сейрек көрүнүш.

fenomenizm *филос.* феноменализм.

fenotip,-pi *биол.* фенотип.

fent,-di куулук, амал, айла**. ~ çevirme** колго түшүрмө.

feodal,-li феодал.

feodalizm феодализм.

fer 1.жарыктык, айдыңдык, көркөмдүүлүк, шаани. 2.(*көздөгү*) нур, жандуулук. **gözün ~i** көздүн нуру. 3.жасалга, оймо.

ferace 1.*эск.* фераже (*түрк аялдарынын жерге чейин жеткен узун чапаны*). 2. *мевлеви дервиштеринин жеңил тыш кийими*.

feragat,-ti 1.баш тартыш, өз ыктыяры менен чегиниш. **~le** жан аябай, өзүн унутуп. 2.токтотуу, таштап чыгып кетүү (*мис. ишин*). 3.тынчтык, жан жыргалы. ~ **etmek** баш тартыш, чегиниш, укуктарын өз ыктыяры менен бериш. **tahttan ~ etmek** тактыдан баш тартыш.

ferah I 1.жарык, айдың. ~ **bir oda** жарык бөлмө. 2.кенен, чоң, көп киши баткан. **içi ~ olmak** кеңкесири болуш (*бөлмө, имарат*). 3.мол, толуп-ташкан. ~ **fahur** 1)мол, төгүлүп-чачылган. 2)ыңгайлуу. ~ ~ 1) кең-кесири, молдук ичинде. 2) эң аз, эң болбогондо. ~ ~ **otuz yaşında** эң жок дегенде отуз жашта.

ferah II 1.кубаныч, бакыт, бакубат, бейпил, бейкапар. **~a çıkmak** бактылуу жашоо. 2.көңүлдүү. **gönlünü ~ tut!** көңүлдүү (кам санабай) жүр!

ferahlamak, ferahlanmak 1.кеңейиш, чоңоюш. 2.көңүлдүү болуш, көңүлү көтөрүлүш, чери жазылыш. **içim ferahladı** санаам тынчыды, жаным жай алды.

ferahlı көңүлдүү, кубанычтуу, көңүл көтөрүүчү, жагымдуу.

ferahlık,-ğı 1.кеңирилик, жарыктык, айдыңдык. 2.тынчтык, бейкуттук, бейкапарлык. ~ **hissetmek** рахаттануу, жаны жай алуу.

feraset I, -ti паразат, тетиктик, зээндүүлүк, түшүнүктүүлүк, билгичтик, сезгичтик, баамчылдык.

feraset II, -ti чабендестик.

ferasetli паразаттуу, баамчыл, тетик, зээндүү.

ferç,-ci *биол. ургаачы жандуулардын жыныс органдарынын тышкы көрүнүшү.*

ferdî *эск.* жекече, жалгыз өзүнө тиешелүү. ~ **hususiyetler** жекече өзгөчөлүктөр. ~ **teşebbüs(ler)** жекече демилге. 2.өзүнчө, айрым. ~ **topluluklar** өз алдынча ансамблдер. 3.*филос.* субъективдүү.

ferî кошумча, экинчи даражадагы, орток, кыйыр. ~ **fail** *ук.* кылмыш ортогу. ~ **haklar** *ук.* кошумча укуктар.

feribot,-tu сал, паром, ферибот (*бир жээктен экинчи жээкке машина, вагондорду алып өткөнгө жараган*).

ferişte *дин* периште.

ferit,-di 1.теңдешсиз, ченемсиз, аалам-да/дүйнөдө жок, жападан жалгыз, укмуш. **~i dehr** дүйнөдө теңдеши жок. 2.бермет тизген жип.

ferman 1.барман, жардык (*указ*). 2.буйрук, эмир. **ölüm ~ı** өлүм буйругу. ~ **çıkmak** жардык чыгуу. ~ **dinlememek** буйрукка/жардыкка баш ийбеш. **~ı İlâhî** Кудайдын буйругу. ~ **sizin** сиз эле билиңиз, сиздин ыктыярыңыз менен/айткандай болсун.

fermanlı 1.барман менен издетилген кылмышкер. 2. өз билгенин кылган/бербеген (*киши*). ~ **deli** кызылдай жинди.

fermantasyon *хим., биол.* ферментация.

ferment,-ti *хим., биол.* фермент.

fermer фермер.

fermuar сыдырма (*кийимдин, буюмдардын*).

ferro *хим.* ферро- : **ferromagnetik** ферромагниттүү.

fert,-di 1.*эск.* киши, инсан, индивид, субъект. *к.* **birey. ~ mülkiyeti** жеке менчик. 2. мүчө (*үй-бүлөнүн, коомдун*). **aile ~leri** үй-бүлө мүчөлөрү, бүлө. ~ **başına** киши башына. 3.бирдик. 4. так сан. 5. *ад.* уйкашпаган бейт.

feryat,-dı 1.кыйкырык, чыңырык, өкүрүк. 2.*эск.* дат, доомат, арыз-муң. **~ı basmak/koparmak** кыйкырып-өкүрүү, кокуйлоо. **etmek/eylemek** 1) кыйкырып-өкүрүү, чаңыруу,

озондоо, кокуйлоо. 2)жардамга чакыруу. **~a yetişmek** жардамга жетип барыш.

ferz *шахм.* ферз.

fes феска (*цилиндр түрүндөгү кызыл, чачыктуу баш кийим*). **~ini havaya atmak** кубаныш, сүйүнүш (*сөзм. с.* фескасын асманга ыргытыш).

fesat,-dı 1.бузуктук, бузулуш. **mide ~ı** ашказан бузуктугу. **ahlâk ~ı** адеп-ахлактын бузулушу. 2.баш-аламандык, каргаша, чатак. **~ çıkarmak isteyenler var** чатак чыгарууну каалагандар бар. 3.кара ниет, кара мүртөз. **~ adam** кара мүртөз киши. 4.бузуку, чагымчы. 5.айла, амал, куулук. **~ karıştırmak/çıkarmak/kaynatmak** (*бир иште*) айла-амал колдонуш, кишилерди бири-бирине каршы тукуруш, чагым салыш. **~ kumkuması** бузуку, чагымчы, куу, шумпай. **~ ocağı/yuvası** бузукулук очогу/уясы. **~ tohumu** чагым/чатак үрөнү. **~a vermek** чатак чыгарыш.

fesatçı чагымчы, бузуку, чатак.

fesatçılık,-ğı чагымчылык, бузукулук, чатактык.

feshetmek 1.жоюу, жок кылуу, токтотуу (*мис. колдонуудагы бир мыйзамды*). 2. бузуу (*мис. келишимди*). 3.таратуу (*мис. парламентти*), жабуу, ишин токтотуу (*ишкананы ж. б.*).

fesih,-shi 1.жоюш, жок кылыш, күчүн жоготуш (*мис. бир мыйзамды, жобону ж. б.*). 2.таратыш, жабыш.

fesleğen *бот.* райхан (*Ocimum basilicum*).

fesrengi күрөң-кызыл, бордо.

festival,-li 1.фестиваль (*театр, кино, музыка боюнча*). 2.фестиваль (*бир аймактын эң атактуу нерсесин көрсөтүүгө арналган*). **kiraz ~i** алча фестивалы. **fındık ~i** фундук фестивалы. 3. *арго* тополоң, дүрбөлөң.

fesuphanallah Кудая тобо! (*таң калууну билдирет*).

fethetmek каратыш, чаап/жеңип алыш (*бир өлкөнү, шаарды*).

fetih,-thi 1.жеңиш, каратыш, ээлеш. **~ etmek** *к.* **fethetmek.** 2.ачыш, башталыш. **~i kelâm** сүйлөшүүнүн башталышы.

fetihname жеңиш кабары/жардыгы.

fetiş 1.фетиш, бут, идол, мазар. 2.тумар. 3.*өтм.* табынган, ашкере сүйүлгөн (*бирөө же бир нерсе*).

fetişist,-ti фетишист.

fetişizm фетишизм.

fetret,-ti 1.*дин* эки пайгамбар же падыша арасында пайгамбарсыз же падышасыз өткөн мезгил (*мис. Азирети Иса менен Азирети Мухаммед арасындагы убак*). 2.эки өкмөт арасында өткөн убакыт. 3.парламент каникулу.

fettan 1.айлакер, куу, митайым, чагымчы. 2.*өтм.* ойсоке, кубулма, жылмаңдаган, азыткы, жолдон чыгарган.

fetva *дин* фетва (*шарият маселелери боюнча муфтийдин ачыктамалуу жообу*). **~ vermek/çıkarmak** 1)фетва жарыялоо. 2)*өтм.* өкүм сүйлөө, керексиз буйруктар берүү, каяшага жол бербөө.

feveran 1.*эск.* боркулдама, кайнама. 2.дароо жини келип кетиш, жаалданыш. **~ etmek** 1)жиндениш, жаалданыш. 2)атылуу (*жанар тоо*).

fevk,-ki 1.үстүңкү, чокудагы. 2.жогору жактагы, үстүңкү баскычтагы (*кызматы/мартабасы боюнча*).

fevkalâde 1.укмуштай, таң каларлык, сыйкырдуу, адаттан тышкары, *к.* **olağanüstü. ~ gelmek** таң каларлык көрүнүү. 2.өзгөчө, атайын, шашылыш. **~ ahval/hâl** өзгөчө абал. **~ mühlet** акыркы мөөнөт. 3.өтө, абдан, көп, аябай. **babası ~ zengin**

атасы аябагандай бай.

fevrî 1. капысынан, күтүлбөгөн жерден, шашылыш. 2.өзүнөн өзү, ойлонбостон, импульсивдүү.

feyiz,-yzi 1.молдук, берекет, ашып-ташкан, байлык. 2.кең пейилдик, жоомарттык. **~i İlâhî** Кудайдын кең пейилдиги. 3.өсүп, өнүгүп, гүлдөгөн учур, ийгилик, прогресс. **~ bulmak** ийгиликке жетишүү. 4. санаанын/көңүлдүн тынчтыгы. 5. таасир.

feza 1.ачык мейкиндик, кеңири жер. 2.*физ.* талаа; *мат.* мейкиндик. 3.космос, космос мейкиндиги, *к.* **uzay.** **~ adamı** космонавт. **~ gemisi** космос кемеси.

fezleke 1.жыйынтык, натыйжа, бүтүм. 2.токтом. 3.меморандум.

fıçı 1.челек, бочка. **~ balığı** челекте туздалган балык. **~ birası** челекте ачытылган пиво. 2. (**~ hacmi**) баррель (*суюк жана майда заттарды өлчөгөн бирдик*). **~ gibi** челектей, семиз, курсактуу (*киши*).

fıçılamak челекке салуу, челекке ачытуу.

fıkıh,-khı 1. мусулман динининн кодекси. 2. аңдап-билүү.

fıkır: *тууp.с.*~ ~ 1)борк-борк (*кайнаган суунун үнү*). 2) көпчүлүк, топтошкон эл. 3) шыңк-шыңк, шыңгыр-шыңгыр (*күлкү*). 4) ойкуштаган, оштонгон (*аял*). **~ ~ kadın** ойсоңдогон аял. **yollarda ~ ~ insan kaynıyor** жолдордо киши батпайт/жүнүн жейт.

fıkırdak,-ğı 1.ордунда тура албаган, жел таман. 2)ойкуштаган, оштонгон, ойсоктогон.

fıkırdamak 1.борк-борк кайноо, боркулдоо (*суу*), көбүрүп-жабыруу (*деңиз*). 2. ойсоңдоо, ойкуштоо (*аял*). 3.каткыруу, кыткылыктап күлүү.

fıkırdaşmak 1.(*бири-бирине*) эркелөө, назданuу, ойноо. 2.шыңкылдашып күлүү, шыбырашып сүйлөшүү.

fıkırtı боркулдак, шыңкылдак.

fıkra 1.анекдот. **Nasrettin Hoca'nın ~ları** Кожо Насреттиндин анекдоттору. 2.аңгеме, новелла, фельетон, тамсил, газета хроникасы. 3.(*тексттен*) үзүндү, абзац, параграф, бөлүм. 4.жобо, статья (*мыйзамдын*). 5.*анат.* омуртка.

fıkracı 1.анекдот айткан киши. 2.анекдот жазган киши.

fıkralılar *зоол.* омурткалуулар (*Vertebrata, Craniata*). *к.* **omurgalılar.**

fıldır: **~ ~** жалт-жалт (*көз караш*). **~ ~ bakışlı, ateş gibi genç** жалт-жулт караган, өрттөй жанган жигит.

fındık,-ğı 1. фундук, токой жаңгагы дарагы (*Corylus avellana)*. 2. токой жаңгагы *(мөмөсү)* **~ bahçesi** фундук бакчасы. **~ faresi** 1)*зоол.* боору ак, жону боз көбүнчө фундук бакчасында жашаган чычкан (*Muscardinus avellanarius*). 2) кадимки үй чычканы. **~ kabuğunu doldurmaz** маанисиз, арзыбаган, болор-болбос. **~ kabuğuna sığacak kadar ufalmak** бүжүрөө, бүкчүйүү. **~ kırmak** катынпоздук/жүрөөнөктүк кылуу. **~ kurdu gibi** кичинекей толук (*аял*). **~ yuvası** колдун үстүндө, манжалардын түбүндөгү чуңкурчалар.

fındıkkıran жаңгак чаккыч.

fır *тууp. с.* зыр-зыр, зырылдаган (*тез айланган нерсе, катуу чабылган ат ж. б.*). **~ dolanmak** ийик болуп чимирилиш, айланкөчөк атыш. **~ (~) dönmek** 1)айланып-тегеренип жүрүш. 2)жагалданыш, жарамат-таныш.

Fırat Ефрат (*дарыя*).

fırça 1.щётка. **elbise ~sı** кийим щётка. **diş ~sı** тиш щётка. 2.кист, кисточка. **resim/boya ~sı** сүрөт кисти. 3.*өтм.* сүрөт (*өнөр, чыгарма*). **~sı**

beğenilen ressam өнөрү өскөн/ сүйүлгөн сүрөтчү. ~ **çekmek** (*бирөөнү*) жемелеш, тилдеш. ~ **gibi** тик, кайраттуу (*сакал, мурут, чач*).

fırçalamak 1.щёткалап тазалоо. 2.(*уу-да*) коюу, саздуу токойдон өтүү. 3. *арго (бирөөнү)* жемелөө, тилдөө.

fırdolayı айлана-тегереги, төрт/ туш/ар тарабы.

fırdöndü 1. *тех.* шарнирлүү түзүлүш. 2.(*кумар ойнунда колдонулган*) коло чимирик. 3.*өтм.* туруксуз, жылкы мүнөз, оң-тетири кыялдуу (*киши*).

fırfır бүйүрмө (*көйнөктүн, парданын ж. б. этегине салынган*).

fırfırlı бүйүрмөлүү.

fırıldak,-ğı 1.чимирик (*балдар оюнчугу*). 2.вентилятор. 3.мордун шамалга карата айланган калпагы. 4.айлакердик, митаамдык, чагым, интрига. ~ **çevirmek/döndürmek** айла-амал колдонуу, чагым салуу, митаамдык кылуу. ~ **gibi** жинди кыял, мүнөзү туруксуз, оома.

fırıl: *туур. с.* ~ ~ зыр-зыр (*тез айланган нерсе*).

fırın 1.меш. **~a koymak/sürmek** мештин ичине коюу. **elektrik ~ı** электр меш. **atom ~ı** атом (ядролук) реактор. **maden ~ı** домна, кен иштеткен меш. **tuğla ~ı** кирпич бышырган меш. 2.наабайкана, нан бышырган жер. ~ **gibi** тозоктун отундай (*ысык*). **… kadar ~ ekmek yemesi lâzım** (*бир максатка жетиш үчүн*) башынан көп нерсе өткөрүш керек.

fırıncı наабайчы.

fırınlamak 1.бышыруу үчүн мешке коюу. 2.мешке коюп кургатуу.

fırka 1.*эск.* эл, калк, көпчүлүк, топтошкон кишилер. ~ ~ топ-топ. 2.*аск.* дивизион; *дең.* эскадрон, (*кемелер*) бирикмеси. 3.саясий партия. **~ azası/mensubu** партия мүчөсү.

fırkacı бир партиянын мүчөсү же жактоочусу.

fırkata *дең.* бригантина, фрегат.

fırlak тосток, томпок. ~ **gözler** тосток көз. **gırtlağı ~** кокосу чыгып турган.

fırlamak 1. учуп чыкмак (*куш*). 2.чыгып кетмек. **ğözleri yerinden fırladı** көздөрү (*чанагынан*) чыгып кете жаздады. 3.тура калмак, чуркап чыкмак. **ok gibi yerinden fırladı** октой болуп атып чыкты. 4.бат көтөрүлүп кетмек, жогоруламак (*мис. баа*).

fırlatmak 1.ыргытуу. **taş** ~ таш ыргытуу. 2.учуруу, атуу. **roket** ~ ракета атуу. **uzay gemisini** ~ космос кемесин учуруу. 3.(*бааны*) көтөрүү, жогорулатуу.

fırsat,-tı бурсат, мүмкүнчүлүк, ыңгай, шарт. ~ **aramak/beklemek** ыңгайлуу учурду күтүү. ~ **bilmek** мүмкүнчүлүктөн пайдалана калыш. ~ **bu ~** (*бир нерсе жасаш үчүн*) эң ыңгайлуу жагдай/учур. ~ **bulmak** ыңгайын келтирүү, дароо пайдаланып калуу. ~ **düşkünü** пайдакеч. ~ **düşmek** жолу ачылуу/болуу. **~tan istifade etmek** учурдан/ мүмкүнчүлүктөн пайдаланыш. **~ı kaçırmak** мүмкүнчүлүктү колдон чыгарыш. **~ı kaçırmamak** мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбоо. ~ **kollamak/gözlemek** ыңгайын күтүү. ~ **vermek** мүмкүнчүлүк берүү, шарт түзүү. ~ **yoksulu** шарты жок, жолу жок.

fırsatçı пайдакеч, шылуун.

fırt I *бир жутум ичкилик, бир сорум тамеки.*

fırt II : *туур. с.* ~ ~ шып-шып. ~ ~ **girip çıkmak** шып-шып кирип-чыгыш/ шып этип кирип, шып этип чыгыш.

fırtına 1.бороон, алай-дүлөй, борошо. ~

çıkmak бороон болуу. ~ **dinmek** бороон тынчуу. ~ **ihbarı** бороон кабарчысы/эскертүүсү. **dolu ~sı** күн күркүрөп чагылган чартылдоо. **kar ~sı** кар борошосу. 2.*өтм.* кыйын жагдай, оор абал. **Fransa II Dünya Savaşında bir ~ atlattı** Франция II Дүйнөлүк Согуш учурунда бир бороондон аман калды. 3.*өтм.* ички кооптонуу, тынчсыздануу. ~ **gibi** 1)тез, шамалдай болуп, шуулдап. ~ **gibi geldi gitti** бороон сымал келди, кетти. 2)каардуу, заардуу, жаалданган, бакырып-өкүргөн (*киши*).

fırtınalı бороондуу, борошолуу.

fırttırmak *арго* акыл-эсин жоготуу, делирүү, жинди болуу.

fıs: *туур. с.* ~ ~ шыбырашуу. ~ ~ **konuşmak** 1)шыбырашып сүйлөшүү. 2)ушакташуу. ~ **geçmek** *арго* кулагына шыбыроо.

fısfıs *туур. с.* быш-быш (*бир нерсени чачу/ чачыратуудан чыккан үн*).

fısıldaşmak шыбырашуу (*бири-бири менен*).

fısıl : ~ ~ шыбыр-күбүр.

fısıltı шыбыр. ~ **gazetesi** көпчүлүккө белгилүү бир окуяга байланыштуу ушак.

fısır: ~ ~ 1.чатыроо, шылдыроо (*жука, жеңил нерсе күйгөндө же тар тешиктен суу акканда чыккан үн*). **kuru otlar** ~ ~ **yanar** куу чөптөр чатырап күйөт. 2.жашыруун, пас үн менен шыбырашып сүйлөшүү.

fısırdamak 1.чатыроо, чыртылдоо (*от*). 2.шылдыроо (*суу*).

fıskıye, fıskiye фонтан.

fıslamak 1.шыбыроо. 2.тымызын жеткирүү, сөз ташуу, тыңчылык кылуу.

fıstık, -ğı мисте. ~ **ağacı** мисте дарагы. ~ **çamı** *к.* **çamfıstığı.** ~ **gibi** 1)жумуру, толук, чымыр (*дене*). 2) сулуу, келишимдүү.

fıstıkî саргыч жашыл (*түс*). ~ **makam** жайма жай, шашпай, жайбаракат. ~ **makamında geliyor** жайбаракат келатат.

fıstıklık, -ğı мисте бакчасы.

fış : ~ ~ *к.* **fışır fışır.**

fışıltı 1.шуудурак, шоокум, шуулдак (*жалбыракты, деңиздин, шамалдын ж. б.*). 2.шылдырак (*суунун*).

fışır: *туур. с.* ~ ~ 1. шуудур-шуудур, шуу-шуу. 2. шылдыр-шылдыр, күлдүр-күлдүр. **su** ~ ~ **akıyor** суу шылдыр-шылдыр агып жатты. ~ ~ **etmek** 1)шуудуроо. **kumaş** ~ ~ **etti** кездеме шуудур-шуудур этти. 2)шылдыр-шылдыр этүү (*мис. булак*).

fışırdamak 1.шуулдоо, шуудуроо. 2.шылдыроо, шылдырап агуу.

fışırtı *к.* **fışıltı.**

fışkı (*ат, уй ж. б. малдын*) жампасы.

fışkılamak кык менен топуракты семиртүү.

fışkın (*бактын*) бүчүрү, бутагы, талы. ~ **atmak** бүчүр байлоо.

fışkırmak 1.бышкырып/атып чыгуу (*суу*), жалындоо, жалбырттоо, алоолонуу (*от*), түтүктөө (*газ, нефть*). **sular fışkırdı** суу атып чыкты. **yeni açılan kuyulardan petrol fışkırıyor** жаңы ачылган кууюлардан нефть атып чыгып жатат.

fıtık,-ğı *мед.* чурку. **göbek ~ı** киндик чуркусу. **karın ~ı** карын чуркусу. ~ **olmak** *арго* кыйын абалда калмак.

fıttırmak *к.* **fırttırmak.**

fiber фибра.

fiberglas айнек була.

fibrin фибрин.

fibrom фиброма.

fidan көчөт, бутак. **aşı ~ı** кыйыштырылган бутак. ~ **boylu/ ~ gibi** тал чыбыктай (*ичке узун бойлуу*).

fidanlık,-ğı көчөт өстүрүлгөн жер.

fide көчөт, сабак.

fidye барымта, кун, башынын баасы.

figan кыйкырык, чаңырык, өкүрүк, ый, кокуйлоо. ~ **etmek/eylemek** чыңырыш, кыйкырып-өкүрүш, ыйлаш, кокуйлаш.

figür *ар түрдүү мааниде:* фигура. ~ **ressamı** портретист. **bale ~ü** балет фигурасы. **mecburî ~ler** *спорт* мажбур фигуралар. **serbest ~ler** эркин фигуралар.

figüran 1.*театр* аз сүйлөгөн же сүйлөбөгөн ролго чыккан актёр. 2. *өтм.* (*коомдо*) маани берилбеген, барыжогу билинбеген "кичине" киши.

figüratif фигуралары болгон. ~ **sanat** ичинде адам, айбан, табият фигуралары орун алган санат түрлөрү.

figurist портретист.

fihris, fihrist,-ti 1.көрсөткүч, индекс, мазмун (*мис. китептин*). 2.реестр, каталог. **kütüphane ~i** китепкана каталогу.

fiil 1.иш, аракет, кыймыл, процесс. *к.* **eylem. ~î hayır** жакшы/ кайырлуу иш. **~î kabih** уят иш. 2.*грам.* этиш. ~ **çatısı** этиштин мамилеси. ~ **gövdesi** этиштин уңгусу. ~ **çekimi** этиштин жакталышы.

fiilen иш жүзүндө, чынында. ~ **ihraç edilmiş mallar** иш жүзүндө экспорттолгон товарлар. **bir devletin ~ tanınması** бир мамлекеттин расмий таанылышы.

fiilî 1.чыныгы, анык, накта. ~ **hizmet** *аск.* чындап өтөлгөн кызмат. 2.*грам.* этишке байланыштуу.

fiilimsi *грам.* этиштин формалары (*атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч ж. б.*).

fiilyat,-tı жасалган иштер, аракеттер, кыймылдар.

fikir,-kri пикир, ой, көз караш, идея, акыл, кеңеш. **~imce** менин оюмча. **~ini açık söylemek** оюн/пикирин ачык айтыш. **~ini açıklamak** оюн/пикирин ачыктоо. **~ini açmak** ой бөлүшүү. ~ **adamı** ойчул, даанышман. ~ **almak** кеңеш сураш, оюн билиш (*бирөөнүн*). ~ **alışverişi** пикир алмашуу. **~inden atmak** башынан/оюнан чыгарып салыш. ~ **ayrılığı** пикир келишпестик. ~ **bağımsızlığı** эркин ойлоо/пикир. ~ **ini beyan etmek** оюн/пикирин ачык айтуу. **~inden caydırmak** айнытыш, оюнан/пикиринен баш тарттырыш. **~inden caymak** айныш, оюнан/пикиринен баш тартыш. **~i dağınık** энөө, кайсар, ою чачкын. ~ **danışmak/almak** пикир сураш, кеңешиш. ~ **darlığı** акылы кыскалык/тайкылык. **~ini değiştirmek** пикирин өзгөртүү. **~e düşmek** ойго/эске түшүш. ~ **edinmek** пикирге келүү. **~ine gelmek** оюна/эсине түшүш/келиш. **~e getirmek** 1)эскертиш, эсине салыш. 2)эстеш. **~ime göre** менин оюмча/пикиримче. ~ **hürriyeti** ой-пикир эркиндиги. ~ **işçisi** акыл эмгеги менен иштеген. **~ine iştirak etmek** (*бирөөнүн*) пикирине/оюна кошулмак. **~ine koymak** оюн/эсидартын ээлеп алуу, эси-дарты ... - да болуу. **~i kurcalamak** оюнан/эсинен кетпөө. ~ **mücadelesi** идеалогиялык күрөш. **~inde olmak** 1)(*бир нерсени*) ойлош, пландаш. **kalmak ~inde olan** калышты ойлогон. 2)...деп эсептеш, пикиринде болуш. ~ **özgürlüğü** ойлоо/пикир эркиндиги. **~ini paylaşmak** оюн/пикирин бөлүшүү. **~i sabit** оюнан/пикиринен кайтпаган. **~inde saklamak** 1)эсинде тутуш. 2) оюн жашырыш. ~ **serbestisi** ой/ пикир эркиндиги. **~ini sormak** оюн/пикирин сураш. **~ini söylemek** пикирин/оюн айтыш. ~ **teatisi** пикир алмашыш. ~ **uyanıklığı** зээндүүлүк, ой-пикир сергектиги, баамчылдык. **~e varmak** пикирге келиш/барыш. **~inden vazgeçmek** оюнан

баш тартыш, айныш. ~ **vermek** 1)кеңеш бериш. 2)пикир туудуруш. ~ **yazısı** идеологиялык макала. ~ **yormak** башын/мээсин оорутуш/чиритиш. **~ini yükseltmek** (*бирөөнүн*) акыл деңгээлин көтөрүү. ~ **yürütmek** ой жоруш, ойго батыш, пикир жаратыш. **aklı ~i bir şeyde olmak** эси-дарты бир нерседе болуу. **aklı ~i çalışmak** ой-санаасы/эси-дарты иштегенде. **aynı/bir ~de olmak** бир пикирде болуу. **zimnî ~** арам ой.

fikirce акыл-эси боюнча. **~i zayıf** акыл-эси кем.

fikirli пикирдүү/ойлуу, пикири болгон. **açık ~** ачык ойлуу/ пикирлүү. **dar ~** түшүнүгү тар, ою кыска. **geri ~** 1)кем акыл. 2)реакционер.

fikirsiz акылсыз, санаасы жок.

fikren 1.оюнда, кыялында, өз ичинен. 2.пикири боюнча, идеологиялык жактан.

fikriyat рухий дүйнө, идеология.

fiksatif,-fi *фото* фиксатив.

fiksiyon фикция.

fikstür *спорт* так белгиленген, кабыл алынган (*мелдештердин тартиби*).

fil 1.*зоол.* пил (*Elephas*). **Afrika ~i** африка пили (*Loxodonta africana*). **Asya/ Hindistan ~i** индия пили (*Elephas maximus*). 2.*шахм.* пил. ~ **dişi** 1)пилдин эки узун тиши. 2)*анат.* дентин, тиштин сөөк ткaны. 3)пил сөөгүнөн жасалган. ~ **gibi** 1)өтө чоң, семиз. 2)тойбос, тамаксоо. ~ **gibi yemek** опсуз көп жеш, тамакка тойбош. ~ **hastalığı** *мед.* буттун шишик оорусу, элефантиаз.

filâman 1.була, жип. 2.*элек.* электр лампочкасындагы ичке зым.

filân *к.* **falan.**

filânca баланча, түкүнчө.

filântrop,-pu филантроп.

filântropi филантропия.

filârmoni филармония.

filârmonik филармония(лык). ~ **orkestrası** филармония оркестри.

filbahar, filbahri *бот.* жазда ак жыттуу гүл ачкан кооздук бадалы (*Philadelphus*).

fildişi,-ni пил сөөгү түстүү. ~ **gibi** батташкан акчыл түс. ~ **karası** пил сөөгүнүн күлүнөн жасалган кара боёк.

file 1.чач тору. 2.тор сумка. 3.*спорт (футбол, волейбол ж. б.)* тор түрүндөгү тоскучтар.

fileto боконо эти, сулп эт (*касаптык малдын*).

filhakika чындыгында, чынында, иш жүзүндө, акыйкатта.

filigran филигрань (*жарыкка тоскондо гана көрүнчү белгилери бар кагаз*).

filika кемелердеги жан куткаруучу кайыктар.

filinta карабин, аңчы мылтыгы. ~ **gibi** келишимдүү, шыңга (*киши*).

Filipin Филиппин. ~ **Adaları** Филиппин аралдары.

Filipinler филиппиндер.

Filipinli филиппиндик.

Filistin 1.Палестина. 2.Палестинага мүнөздүү/тиешелүү.

Filistinli палестиналык.

filiz I бүчүр, бутак, сабак, жалбырак (*жаңы байлаган*). ~ **gibi** ичке, шыңга, татытанакай (*аял*). ~ **sürmek** бүчүр байлаш.

filiz II *геол.* иштетилбеген кен кошулмалары. **demir ~i** темир рудасы. **bakır ~i** жез рудасы.

filizî ачык-жашыл (*түс*).

filizkıran *май айында болчу чыгыштан соккон суук шамал.*

filizlenmek 1.бүчүр байлоо. 2.өнүгө/ өөрчүй баштоо.

film 1.пленка (*камера үчүн*). 2.фильм, кино. 3.*ич тарап көрүнбөшү үчүн айнекке жабыштырылган жука барактар.* ~ **çevirmek** 1)кино тар-

туу. 2)сүрөткө тартуу (*фотоаппарат менен*). 3.*арго* көңүл ачуу, убакыт өткөрүү. ~ **makinası** кинокамера. ~ **oynamak** *кино* киного тартылуу/түшүү. ~ **oynatmak** кино көргөзүү. ~ **yıldızı** кино жылдыз.

filo 1.*дең.* флот, эскадра: авиаэскадра, эскадрилья. 2.(*бирдей жүк ташыган*) кемелер/ машинелер конвою.

filolog, -gu филолог.

filoloji филология.

filozof 1.философ. 2.*өтм.* момун, өзү менен өзү болгон киши.

filozofça 1.философ сыяктуу. 2.философиялык.

filtre фильтр, чыпка, сүзгүч. ~**den geçirme** сүзүш, фильтрлеш. ~ **kâğıdı** сүзгүч кагаз. **hava ~si** аба тазарткыч. **yağ ~si** май чыпка.

filtreli сүзгүчтүү, фильтрлүү,чыпкалуу.

filtresiz сүзгүчсүз, фильтрсиз.

Fin 1.финн. 2.финн калкына мүнөздүү/ тиешелүү. ~ **hamamı** финн мончосу.

final,-li 1.*спорт* финал. 2.*муз.* финал, акыркы аккорд. ~**e kalmak** финалга чыгыш.

finalist,-ti финалист.

finans финансы. ~ **kaynakları** финансы булактары. ~ **sermayesi** финансы капиталы.

finance : ~ **edilmek** каржыланыш, акчалай жабдылыш. ~ **etmek** каржылаш, кредит бериш, акча менен жабдыш.

finansman 1.каржылама. ~ **kaynağı** каржылама булагы. 2.акча, финансы. ~ **güçlükleri** финансылык/акчалай кыйынчылыктар.

finansör финансист.

fincan 1.чөйчөк, кружка (*кофе/чай ичкен*). 2.*элек.* фарфор изолятор. ~ **gibi** чекчейген, чакчайган (*көздөр*). ~ **oyunu** чөйчөк оюну (*чөйчөктүн алдына шакек жашырып ойнолот*).

Fince 1.финн тили, финче. 2.финндер сыяктуу.

fingir: ~ ~ жылмаң-жылмаң. ~ ~ **bakışıyorlardı** жылмаң-жылмаң этип карашып жатышты.

fingirdek жылмаңдаган, ойкуштаган, ойсоңдогон (*аял*).

findirdemek 1.жылмаңдаш, ойсоктош. 2.жеңил ойлуулук кылыш.

fingirdeşmek (*бири-бирине*) тийишүү, жылмаңдашуу, кыйшакташуу.

finiş 1.финиш, соң, бүтүш. 2.*спорт* финиш, финиш сызыгы. ~**e kalkmak** финишке жетерде ылдамдыкты арттыруу (*чуркоодо*).

fink: ~ **atmak/vurmak** 1)ойсоктоо, кыйшаңдоо. 2)сайрандоо, чардоо.

Finlânda, Finlândiya 1.Финляндия. 2.Финляндияга мүнөздүү/тиешелүү.

Finlândalı, Finlândiyalı 1.финн. 2.финляндиялык.

Finli финн, финляндиялык.

fino 1.саксагай жүндүү үй ити. 2.*арго* нашаа.

Fin-Ugor финн-угор (*тилдери*).

firakiye *ад.* элегия.

firaklı *ад.* аянычтуу, кайгылуу (*аңгеме, поэма, ыр ж. б.*).

firar 1.качыш, дезертирлик. 2.качып кутулуш, бошонуш, уурданып чыгыш. 3. (*газ, май ж. б.*) чыгыш, агыш. ~ **etmek** качыш. ~**a kadem basmak** жылып жоголуш, качып кетиш. ~ **teşebbüsü** качышка аракет кылыш.

firarî качкын, дезертир.

firavun 1.*тар.* фараон. 2.*өтм.* тиран, эзгич, таш боор, канкор. 3.(*карта ойнунда*) фараон. ~ **gibi adam** таш боор, аянычсыз киши. ~ **inadı** көктүк, кежирлик. ~ **tepesi** египед пирамидасы.

firdevs 1.бейиш, бейиштин төрү. 2.бакча, гүлзар.

fire *соода* (*товардын*) чыгашасы, зыя-

ны, чыгымы, коромжусу, салмагын жоготушу. ~ **vermek** коромжуга учуроо, зыян тартуу.

firez 1.жаңы чыккан эгин. 2.аңыз.

firkateyn *тар. дең.* фрегат, согуш кемеси.

firkete чач шпилкасы.

firma фирма, компания.

firuze 1.бирюза (*минерал*). 2.*ад.* көк, асман. 3.көгүлтүр түс.

Fisagor: ~ davası Пифагордун теоремасы.

fisebilillâh Кудай үчүн, бекер, акысыз.

fiske 1.шакылдатма, кырсылдатма (*манжаларды*). ~ **vurmak** колдорун кырсылдатуу. 2.чымчым. **bir ~ tuz** бир чымчым туз. 3.ыйлаакча (*теридеги*). 4.көгөрүш (*кишинин эти*). ~ ~ **kabarmak/olmak** ыйлаактап кетүү. ~ **kondurmamak/dokundurmamak** чымын кондурбоо, чаң жугузбоо.

fiskelemek 1.кол кырсылдатыш. 2.жемелеш, тилдеш.

fiskos шыбыр-күбүр. ~ **etmek** шыбыроо, акырын сүйлөшүү. **kulak ~u yapmak** 1)шыбырашып-күбүрөшүү. 2)ушактоо.

fistan 1.аял көйнөк. 2.фустанелла (*албан, гректердин*), шотландиялык эркектердин этектери, шотландия аскердик кийими.

fisto 1.фестон, кооздук үчүн иштелген кыйык. 2.дантелдикиндей гүлү бар кездеме.

fistül *мед.* фистула (*тиштин*).

fiş 1.*элек. (электр буюмдардын)* түймөсү, штепсель. 2.белги, жышаан. **hüviyet ~i** *аск.* аскердин (*таанытуучу*) жекече белгиси. 3.карточка (*катталган*). 4.марка, талон, жетон. **oyun ~i** оюн жетону. 5.чек, квитанция, фактура. ~ **kesmek** квитанция кесип бериш. ~ **toplamak** фактура чогултуш.

fişek,-ği 1.ок, патрон, гильза, заряд (*мылтыктын, тапанчанын ж. б.*). ~ **sürmek** октоо (*жаракты*). ~ **yatağı** ок салган жер. 2.ракета. ~ **atmak** 1)ракета атыш. 2)фейерверк атыш. 3)*өтм.* дүрбөлөң/тополоң салыш. 4)*арго* жыныстык катыш жасаш (*эркек*). **havaî ~** фейерверк, салют. ~ **gibi** 1)ачуусу чукул (*киши*). 2)аткан октой, тез. ~ **salıvermek** дүрбөлөң чыгарыш, тополоң салыш.

fişeklik,-ği окчонтой, ок баштыгы, патронташ.

fişlemek 1.карточкага жазуу/ каттоо. 2.картотека түзүү.

fit I,-ti 1.чагым салуу, ортону бузуу. ~ **çıkarmak/sokmak/vermek** чагым салыш, көкүтүш, ара бузуш. 2.душмандык, кастык.

fit II -ti 1.эсептешме, ыраазычылык, бүтүшмө. 2.*арго* (*бир нерсеге*) макулдук. ~ **olmak** 1)эсептешүү, бүтүшүү. 2)(*бир нерсеге*) макул болушуу, келишүү, ыраазычылык берүү.

fit III,-ti (**foot** *сөзүнүн көпт. т.*) *узундук өлчөмү.*

fitçi чагымчы, бузуку.

fitil 1.билик, боо. **lâmbanın ~i** лампанын билиги. 2.жаранын ичине тыгылган стерилдүү чүпүрөк. 3.конус түрүндөгү дары момдор. 4.*аск.* замбирек октоодо колдонулган күйүүчү билик. 5.бүктөм (*кийимдин, жабуунун*). 6.бир карта оюну. 7.*арго* бутунда тура албагандай мас. **~i almak** жини келүү, кыжыры кайноо. ~ ~ **burnundan gelmek** ичкен-жегени мурдунан чыкмак. ~ **gibi (sarhoş)** бутуна тура албаган/ылжыган мас. ~ **olmak** ылжып мас болмок. ~ **sokmak** чатак/чагым салмак, уруштурмак. ~ **taşı** асбест. ~ **vermek** 1)ачуу келтирүү, кыжырга тийүү. 2)ара бузуу, касташтыруу, ортого от

жагуу.

fitillemek 1.(*чыракка ж. б.*) билик тагуу. 2.жинге/кыжырга тийүү, ачууну келтирүү. 3.чагым салуу, ортого от жагуу.

fitilli 1.биликтүү, билик менен күйгөн. ~ **top** биликтүү замбирек. 2.биликтүү кездеме.

fitillemek 1.(*бирөөнү бирөөгө*) тукуруш, ортолоруна от жагыш. 2.(*бирөөнүн*) аркасынан жамандаш, каралаш, ушактап барыш.

fitne 1.тополоң, дүрбөлөң, капсалаң, ызы-чуу. 2.тополоң/дүрбөлөң/капсалаң чыгарган, чатак (*киши*). ~ **fücur** чагымчы, журт бузар. ~ **sokmak** (*кишилердин арасына*) чагым салыш, касташтырыш.

fitneci чагымчы, бузуку, ушакчы (*киши*).

fitnelemek 1.(*бирөөнү*) аркасынан жамандоо, ушактоо. 2.чатак чыгаруу, тополоң/дүрбөлөң салуу.

fitoloji фитология.

fitre *дин* битир, садага (*Рамазан айында берилет*).

fiyaka *арго* мактаныч, көйрөңдүк, көрсөтмөлүк. **~sını bozmak** (*бирөөнүн*) жалганын чыгарыш, жүзүн/бетин ачыш. ~ **satmak** *арго* курулай мактаныш, көйрөңдөнүш. ~ **yapmak** көрсөтмөлүк үчүн/көзгө көрүнүп коюу үчүн бир иш жасаш.

fiyakacı мактанчаак, көйрөң, жасалма, куучирен, көтөнкооз.

fiyakalı жасалма, көрсөтмө үчүн жалган бой көтөргөн, көйрөң.

fiyasko ойрон болуу, ойлогон ою ордунан чыкпоо. ~ **vermek** ою ордунан чыкпай калыш.

fiyat,-tı баа, нарк. ~ **ayarlamak** баа бычыш/коюш. ~ **biçmek** баа бычыш. **~ları dondurmak** бааларды өзгөртпөө. ~ **haddi** эң жогорку баа. ~ **indirimi** арзандоо. ~ **kesişmek** бир баа бычыш. ~ **kırmak** баа арзандатыш. ~ **koymak** баа коюу, баалоо. ~ **vermek** *к.* ~ **bicmek. asgarî** ~ эң төмөнкү/минималдык баа. **azamî** ~ эң жогорку/максималдык баа. **makbul** ~ туура баа. **maliyet ~ı** өздүк нарк. **narh ~ları** туруктуу баалар. **toptan** ~ дүң баасы. **yarı ~ına** жарым баасына.

fiyonk,-ğu бант, лента.

fiyort,-tu *геогр.* фиорд.

fizibilite аткарылышы/жасалышы мүмкүн болгон (*иш*).

fizik,-ği 1.физика. ~ **kanunları** физика закондору. **nükleer** ~ атом физикасы. 2. (*адамдын*) физикалык/тышкы көрүнүшү. 3.физикалык, физио- (*ар түрдүү мааниде*). ~ **tedavisi** физиотерапия. ~ **yapısı** (*кишинин*) дене түзүлүшү.

fizikçi 1.физик. 2.физика мугалими. 3.физиотерапевт.

fizikî физикалык. ~ **coğrafya** физикалык география. ~ **durum** физикалык абал. ~ **harita** физикалык карта.

fizikötesi,-ni 1.метафизика. 2.метафизикалык.

fiziksel физикалык. ~ **gelişme** физикалык өнүгүү. ~ **kimya** физикалык химия. ~ **özellikler** физикалык өзгөчөлүктөр.

fizyolog, -gu физиолог.

fizyoloji физиология.

fizyonomi 1.физиономия, кебете, кешпир, бет түзүлүш, жүз. 2.физиогномика.

fizyoterapi физиотерапия.

flâma 1.сигнал желекчеси, вымпел. **mütareke ~sı** ак желек. 2.*тех.* нивелир чыбыгы. 3.найза учуна тагылган кичине байрак.

Flâman 1.фламан. 2.фламандарга мүнөздүү/тиешелүү.

Flâmanca 1.фламанча, фламан тили. 2.фламандарча.

flâmingo, flâmankuşu,-nu *зоол.* фла-

минго (*Phoenicopterus ruber*).
flânel фланель (*кездеме*), момозуй.
flâş 1.*фото* айдыңдаткыч. 2.*фото* жарык лампасы. 3.*өтм.* шашылыш, чукул (*мис. кабар*).
flebit,-ti, flibit,-ti *мед.* флебит, тамырдын сезгениши.
flegmatik флегматик.
flegmon *мед.* флегмона.
flit,-ti 1.(*курт-кумурскага каршы чачылган*) дары. 2.чачыраткыч, пульверизатор.
flitlemek (*курт-кумурскага каршы*) дары чачуу.
flora флора.
floresan *физ.* жаркыраган, флуоресцент. ~ **lâmba** күндүз жандырылган лампа.
floresans *физ.* флуоресценция.
florin флорин, гүлден (*голландиянын акча бирдиги*).
floş I чыйратылбаган жибек.
floş II (*покер оюнунда*) бир түрдөн беш карта бир колдо болгон учур.
flöre фехтование кылычы.
flört,-tü 1.кыз/аял менен эркек арасындагы сүйүү мамилеси, сүйлөшүп жүрүш, мамилеси болуш. 2.сүйгөн, сүйлөшүп жүргөн (*киши*). ~ **etmek** сүйлөшүп/жакын мамиледе болуп жүрүш.
flu *фото* бүдөмүк болуу, фокустан чыгуу.
flüor *хим.* фтор.
flüt,-tu *муз.* флейта.
flütçü флейтист.
fobi, fobya *мед.* фобия, коркуу сезими (*айрым нерселерге карата*).
fok,-ku *зоол.* түлөн (*Phoca vitulina*).
fokstrot,-tu фокстрот. ~ **dansı** фокстрот бийи.
fokur: ~ ~ шарак-шарак (*кайнаган суунун үнү*). **tencere** ~ ~ **kaynıyor** мискей шарактап кайнап жатат.
fokurdamak шакылдап/шарактап кайнаш (*мис. суу*).
fokurtu шакылдак, шарактоо (*кайнаган/ оргуштаган суунун үнү*).
fol мая (*жумуртка же жумурткага окшош ак таш*). ~ **yok, yumurta yok** жылкы теппей, жылан чакпай, чатакка ж.б. эч кандай себеп жок туруп (*сөзм. с.* же мая жок, же жумуртка жок).
folk,-ku фольк, калк, эл. ~ **müziği** элдик музыка.
folklor 1.фольклор. 2.элдик бий.
folluk маялык (*жумуртка*).
fon 1.фонд. **biriktirme** ~ топтолгон фонд. **döner** ~ жүгүртүлгөн фонд. **ücret** ~**u** айлык фонду. 2.*кино, театр.* фон. 3.*фото* фон. 4.(*кездеменин*) негизги түсү. ~ **müziği** фон музыкасы.
fonda 1.деңиздин түбү. 2.*дең.* якорду түшүр! (*буйрук*). ~ **etmek** якорду түшүрүш.
fondan ичи толтурулган жумшак момпосуй.
fondöten крем-пудра.
fonem *лингв.* фонема.
fonetik,-ği 1.фонетика. 2.фонетикалык. ~ **imlâ** фонетикага негизделген орфография.
fonksiyon функция. **cebirsel/cebrî** ~ алгебралык функция. **dairesel** ~ тригонометриялык функция.
fonksiyonel функционалдык.
fonograf фонограф.
fonografi фонография.
fonoloji фонология.
font I, -tu чоюн.
font II, -tu *комп.* фонт.
fora *дең.* кайт! түшүр! (*буйрук*). ~ **yelken!** желкендерди ач! ~ **etmek** (*желкен, байрак ж. б.*) ачмак.
form 1.*спорт* форма, тап. ~**u düşük** табы начар. ~**a girmek** табына кириш. 2. форма, документ. ~ **doldurmak** документ толтуруш. 3.форма, шекил, көрүнүш. ~**da olmak** формасында/табында болуш. ~**dan**

düşmek табынан түшүп кетиш. **~unu korumak** формасын/ табын сакташ.

forma 1.униформа, форма (*мектепте ж. б. айрым кесиптерде кийилген*). 2.*полигр.* басма табак. 3.форма, тышкы көрүнүш. ~ ~ **çıkmak** бөлүм-бөлүм болуп чыгуу. ~ **sayısı** басма табак саны.

formaldehit, -di, -ti *хим.* фомальдегид.

formalin *хим.* формалин.

formalist, -ti формалист.

formalite 1.формалдуулук, эрежелер. 2.формализм, бюрократия. ~ **düşkünü** бюрократ, формалист.

formasyon 1.окутуу, даярдоо, тарбиялоо. 2.формация (*коомдук- экономикалык*).

format,-tı *комп.* формат.

formatlamak *комп.* форматка келтириш.

formika формика.

formül 1.формула, форма. **yapı ~ü** *(химиялык)* түзүлүшүнүн формуласы. 2.аныктама, формулировка. ~ **bulmak** аныктама табыш.

fors 1.(*өкмөт башчысы, адмирал, генералдар иштеген жерге/кемеге/машинеге ж. б. тагылган уч/төрт бурчтуу*) расмий байрак. 2.*өтм.* сөзү өткөн, кадырлуу. **~u olmak** (*бир маселеде*) сөзү өтүү, кадырбаркы болуу.

forseps *мед.* кыпчуур, искек (*акушердик*).

forslu 1.расмий байрактуу. 2.кадырлуу, урматтуу, сөзү өтүмдүү.

fortepiyano фортепьяно.

forum 1.форум (*ар түрдүү маанide*). ~ **yapmak** форумга чогулуу. 2.*өтм.* трибуна, арена.

forvet,-ti *спорт* чабуулчу, форвард.

fos *ооз.* 1.*арго* негизсиз, курулай, жалган, төгүн. 2.чирик, бузулган, жаман. ~ **çıkmak** 1)жалган чыгуу. 2)чирик/бузук чыгуу.

fosfor *хим.* фосфор.

fosforışı *физ.* фосфор жарыгы.

fosforışıl *физ.* фосфор жарыгы чыгарган заттар.

fosforlu 1.фосфорлуу. 2.фосфор жарыгы болгон, жаркыраган. 3.*арго* ашыры боёлгон, кызыл-тазыл.

fosil *геол.* 1.ташка айланган, казып чыгарылган (*жаныбар, өсүмдүк ж. б. калдыгы*). 2.*өтм.* артта калган, учурга ылайыксыз.

fosilleşmek ташка айланыш, фосилдешиш.

foslamak *арго* 1.ою ордунан чыкпоо. 2.*ооз.* уяты чыгуу, абийири төгүлүү.

fosseptik канализация чуңкуру.

fosur: *туур. с.* ~ ~ буркуратыш (*оргуп чыккан түтүнду билдирет*). ~ ~ **sigara içmek** буркуратып чылым чегиш.

fosurdatmak бурулдатып чегиш (*чылымды)*.

fotin *к.* **potin.**

foto 1.фото. 2.фотоателье, фотография. ~ **muhabiri** фотокабарчы.

fotograf 1.фотография. 2.фото, сүрөт. 3.фотограф. ~ **albümü** фотоальбом. ~ **çekmek** сүрөткө тартуу. ~ **makinesi** фотоаппарат. **~ını almak** сүрөткө тартуу.

fotografçı 1.фотограф. 2.фотостудия, фотография. 3.фотодүкөн.

fotojenik фотогеник.

fotokopi фотокопия. ~ **makihesi** ксерокопия аппараты.

fotomodel фотомодел.

fotomontaj фотомонтаж.

fotoroman фото-роман.

foya фольга, амальгама (*дагы көбүрөөк жаркырашы үчүн асыл таштардын алдына коюлат*). 2.*өтм.* алдамчылык, көз боёмочулук, шумпайлык. **~sı bozuk** 1)жалганчы, көз боёмочу. 2)айлакер, митаам, куу. **~sını meydana çıkarmak** жүзүн

ашкерелөө. ~ **vermek** 1)үмүттү актабоо. 2)жарака кетүү, жарабай калуу (*бир иш*).

fötr 1.фетр. 2.фетр шляпа. 3.фетрден жасалган. ~ **şapka** фетр шляпа.

fragman *кино* фрагмент (*фильмден*).

frak,-kı фрак.

fraksyon фракция.

fraksyoncu фракционер.

francala узун француз токочу.

frank,-ğı франк (*айрым өлкөлөрдүн акча бирдиги*).

Fransa 1.Франция. 2.Францияга мүнөздүү/тиешелүү.

Fransız 1.француз. 2.француздарга мүнөздүү/тиешелүү.

Fransızca 1.французча, француз тили. 2. француздарча.

frapan көзгө көрүнгөн, көңүл бурарлык, көз тайгылткан.

frekans *физ.* фреканс.

fren *мех. , авто* тормоз. ~ **pedalı** тормоз педалы. ~ **yapmak** тормоздоо.

frengi *мед.* сифилис.

Frenk,-ği 1.европалык, чет элдик. 2.(*айрым ботаникалык терминдердин тутумунда*): ~ **eriği** венгерка, кара өрүк. ~ **gömleği** 1)эркек көйнөк. 2)крахмалданган көйнөк. ~ **inciri** *бот.* сикомор (*Ficus sycomorus*). ~ **lâhanası** брюссель капустасы. ~ **salatası** ендивий (*Cichorium endivia*). ~ **turpu** редиска. ~ **üzümü** *бот.* кызыл карагат (*Ribes rubrum*). **siyah** ~ **üzümü** *бот.* карагат (*Ribes nigrum*).

Frenkçe 1.европа/батыш тилдери. 2.французча. 3. европалыктарча.

frenlemek 1.*мех.* тормоздоо, тормозго басуу. 2.*өтм.* (*бир нерсенин*) өнүгүшүн жайлатуу, жолтоо/ бөгөт болуу, артка тартуу.

frenleyici 1.*анат.* (*бир органдын*) өсүшүнө жолтоо болгон. ~ **kalp sinirleri** жүрөктүн кагышын жайлаткан нервдер. 2. *өтм.* тоскоол/бөгөт/ каршы болгон.

frenoloji френология.

fresk, -ki фреска. ~ **ressamlığı** фреска живописи. ~**le süslü** фрескалар менен кооздолгон.

freskçi фреска живописин тарткан сүрөтчү.

freze фрезер, фреза. ~ **makinası/tezgahı** фрезер станогу.

frezeci фрезерчи.

frigo 1.тоңдурулган балмуздак креми. 2.*арго* тоң, жагымсыз (*киши*).

frigorifik, -ği 1.суутуучу, тоңдуруучу. ~ **dolap** муздаткыч. ~ **vagon** муздаткыч вагон. 2.*к.* **frijider.**

frijid *физ.* суук, муздак.

frijider муздаткыч, рефрижератор, тоңдуруучу аппарат.

frikik,-ki 1.*спорт* эркин уруш/тебиш. 2.*арго* этек ачылып, жоон балтырдын көрүнүшү. ~ **yakalamak** ачык балтырды көрүп калуу.

friksiyon *мед.* массаж, ушалоо, сүрүү.

fritöz *элек.* картошка куургуч (*идиш*).

frizbi фризби.

früktoz *хим.* фруктоза, мөмө шекери.

fuar жарманке, көргөзмө.

fuat,-dı 1.жүрөк. 2.акыл, интеллект.

fuaye фойе (*театрда, кинотеатрда ж. б.*).

fuel-oil фуел ойл, күйүүчү май.

fuhuş,-hşu 1.сойкулук, аягы суюктук. 2.адепсиздик, ахлаксыздык, уятсыздык.

fuhuşhane кенен үй (*жалапкана*).

fukara 1.букара, кедей, жарды, жалчы. 2.байкуш, карып, шордуу. 3.дервиш, факир. ~ **babası** кайрымдуу, боорукер киши. **beyin** ~**sı** мээси жок, кем акыл.

fukaralık букаралык, кедейлик, жокчулук.

fukus *бот.* фукус.

ful I, -lü 1.майда фасоль түрү. 2.*бот.* индия жасмини (*Jasminum sambac*).

ful II толук, бүтүндөй, таптакыр. ~ **doluyuz** толобуз, бош ордубуз жок. ~ **satıldı** баары/толук сатылды. ~ **pansiyon** толук шарттуу (*мис. отел*).
fular 1.фуляр (*кездеме*). 2.жибек шарф.
fultaym (full-time) толук күн (*иштөө*).
fulya *бот.* жонкиль, наргиз (*Narcissus jonquilla*).
funda *бот.* эрика (*Erica*), шыпыргы чөп. ~ **toprağı** фунда топурагын чиритип жасалган жер семирткич.
fundalık, -ğı шыпыргы чөп өскөн жер.
funt,-du 1.*ооз.* фунт (*оордук өлчөмү*). 2.фунт (*Англиянын акча бирдиги*).
furgon фургон.
furya 1.мол, көп, ашыкча, артыкбаш. 2.*арго* тоо, дөбө, үйүлгөн, жыйылган. **balık ~sı** тоо болуп үйүлгөн балык. **sıcağın ~sında** күн кайнап турганда.
fut,-tu фут (*=30. 48 см узундук өлчөмү*).
futbol,-lu футбол. ~ **takımı** футбол командасы.
futbolcu футболчу, футболист.
fuzuli 1.ашыкча, артыкбаш, орунсуз. ~ **görmek** ашыкча/орунсуз көрүү. 2.ачык ооз, көп сүйлөгөн маңыз.
füg *муз.* фуга.
füjer ашыктык шатысы (*кооздук гүлү*).
füme 1.ышталган. ~ **balık** ышталган балык. 2.ыш түстүү, боз чаңгыл.
fütur 1.алсыздык, жүүнсүздүк, дармансыздык. 2.зерикме, апатия, көңүлкоштук. ~ **gelmek** 1)чарчап-чаалыгыш, алдан-күчтөн тайыш. 2)зеригиш, көңүлкош болуш, чөгүш.
fütürist футурист.
fütürizm футуризм.
füze ракета, реактивдүү снаряд. ~ **alanı** ракетодром. ~ **atmak/ fırlatmak** ракета атыш. **güdümlü** ~ башкарылган ракета. **uzay ~si** космос ракетасы.
füzen 1.көмүр карандаш. 2.көмүр карандаш менен тартылган сүрөт.
füzesavar ракетага каршы *(система)*.

G

G,g 1.*түрк алфавитинин сегизинчи тамгасы.* 2. *муз. "соль" нотасынын тамгалай белгиси.*

gabardin 1.габардин. 2.габардинден жасалган. ~ **palto** габардин пальто.

gabari габарит.

gabi *эск.* маңбаш, келесоо, дөдөй.

gacır: ~ **gucur.** ~ ~ шалпылдатуу, шалпшалп. ~ ~ **sakız çiğnemek** шалпылдатып сагыз чайнаш.

gacırdamak шалпылдаш, шалпылдатыш.

gacırtı шалпылдак.

gaco *ооз.* 1.катын, ойнош, сүйгөн, көңүлдөш. 2.торик балыгынын чабагы.

gaddar 1.мыкаачы, заалим, аёосуз, канкор. 2.эзгич, зулум, тиран. ~ **olmak** мыкаачылык/заалимдик кылыш.

gaddarca мыкаачылык/жырткычтык менен, аёосуз.

gaddarlık мыкаачылык, жырткычтык, зулумдук.

gaf орунсуз жорук, орунсуз сүйлөнгөн сөз, одонолук, билимсиздик, түркөйлүк, байкабастык. ~ **yapmak** орунсуз иш жасоо/сөз сүйлөө, байкабастык менен бирөөнү таарынтуу.

gafil 1.капыл, байкабас, зээнсиз, баамсыз, түркөй. 2.эпсиз, чогоол. ~ **avlamak** 1)*аск.* байкатпай/ капылеттен басып калыш. 2)кыйын/ыңгайсыз абалда калтырыш. ~ **davranmak** чогоолдук/баамсыздык кылыш.

gaflet,-ti капылет(тен), күтүүсүз, байкоосуз, баамсыз, этиятсыз. ~**le** капылеттен, күтүүсүз. ~ **basmak** 1) капылет / этиятсыз / баамсыз абалда болуш. 2)уйкусу келиш. ~ **uykusu** *өтм.* баамсыздык, кайдигерлик, ныксыроо.

gafleten капылеттен, байкоосуздан, күтүлбөгөн жерден.

gaga тумшук, мурун (*куштарда*). ~ **burun** 1)*дең. учу куш тумшугу шекилинде жасалган кеме.* 2)куш тумшук, куш мурун (*киши*). ~ **sından yakalamak** *өтм.* алка жакасынан алмак, жакасына жабышмак.

gagalamak 1.чокуш (*куш*). 2.уруш, сабаш, токмоктош. 3. *өтм.* тилдеш, жемелеш, урушуш. **herifi fena hâlde gagaladım** акмакты аябай тилдедим.

gagalı 1.тумшуктуу. 2.*дең.* тумшуктуу (*кеме*).

Gagavuz 1.Гагауз жери. 2.Гагауз жерине мүнөздүү/тиешелүү.

Gagavuzca 1.гагауз тили, гагаузча. 2.гагауздарча.

gaile 1.кыйынчылык, кысталыш, дарт, кайгы, капа. 2.убара, машакат. 3.балээ, мүшкүл, балакет.

gaileli 1.балакеттүү, убарасы көп, машакаттуу. 2.азаптуу, дарттуу, шордуу. **ne** ~ **başım var** кандай шордуу жан элем.

gailesiz 1.бейкапар, санаасыз, кайгысыз. 2.убарасыз, жеңил, машакатсыз.

gaip,-bi 1.кайып, көзгө көрүнбөгөн, кайда экени билинбеген. 2.келбеген, катышпаган. **~lerin muhakemesi** кылмышкерлер ка-тышпаган сот. 3.*грам. эск.* үчүнчү жак. 4.тиги дүйнө. 5.сыр, кайып, сыйкырдуу, кол жеткис. ~ **ten haber vermek** кайыптан/келечектен кабар бериш, олуялык/көзү ачыктык кылыш.

gak, -ki "каак" (*карганын үнү*).

gaklamak какылдоо.
Gal: ~ **zinciri** *тех.* Галл чынжыры.
gala 1.гала, салтанаттуу кабылдама, расмий салтанат, сый тамак. 2. гала-көрсөтүү. ~ **konseri** гала концерт. 3.тушоо кесер (*жаңы фильм/спектакль/китеп ж. б-нын*) расмий салтанатынан кийинки банкет. ~ **gecesi** тушоо кесүү тою, премьера, презентация.
galaksi *астр.* галактика.
galat, -tı жаңылыш (*айтылган сөз*). ~ **etmek** туура эмес сүйлөп алуу, (*башка бир тилде*) начар сүйлөө.
galatımeşhur (*бир тилдегилер үчүн*) типик жаңылыштык, кабыл алынган сүйлөө катасы.
galdır: ~ **guldur** калдыр-күлдүр (*тоголонгон/түшкөн нерсенин үнү*). ~ **guldur merdivenlerden yuvarlandı** калдыр-күлдүр этип тепкичтерден кулап түштү.
galebe 1.жеңиш. 2.басымдуулук, үстөмдүк. ~ **çalmak** 1)жеңишке жетиш, жеңип алыш. 2)үстөмдүк кылыш, баскы жасаш, артыкчылык кылыш.
galeri 1.галерея. **resim ~si** сүрөт галереясы. 2.шахтадагы жер алды жолдор, галерея. 3. *театр* ярус.
galeta галета (*печенье*). ~ **unu** галетадан же куурулган нандан үбөлөнүп жасалган ун.
galeyan 1.*эск.* кайноо. ~ **noktası** кайнама чекити. 2. эргүү, толкунануу. 3. жинденүү, каардануу, жаалдануу. **~a gelmek** 1)толкунануу. 2)каардануу, жини келүү, жаны кашаюу. **~a getirmek** 1)санааркатуу, тынчсыздандыруу. 2) жинин келтирүү, кыжырын кайнатуу, жанын кашайтуу, күйгүзүү. ~ **etmek** 1)кайноо, шарактоо. 2)тынчы кетүү, санааркоо. 3)жаны кашаюу, кыжырдануу.
galiba калыбы, сыягы, мүмкүн, балким, көрүнөт, сыяктанат, өңдөнөт. ~ **gelmeyecek, bari beklemeyelim** келбейт көрүнөт, күтпөй эле коёлу.
galibiyet,-ti 1.жеңиш, мөрөй. 2.артыкчылык, үстөмдүк. ~ **kazanmak** 1)жеңишке жетишмек. 2)артыкчылык кылмак.
galip,-bi 1.жеңген, жеңишке жетишкен. 2.артыкчылык/үстөмдүк кылган. 3.эң ыктымалдуу. 4.жеңүүчү, жеңген. ~ **devletler/ memleketler** жеңген мамлекеттер. ~ **çıkmak** жеңип чыгыш, жеңиш менен чыгыш. ~ **gelmek** артыкчылык кылыш, жеңип алыш.
galiz 1.одоно, орой, түрү суук, жийиркеничтүү. 2.калың, коюу, жыш. **ebri** ~ коюу кара булут.
galon 1.галлон (*көлөм бирдиги*). 2.цистерна, канистра.
galoş галош.
galvanik гальваникалык. ~ **madde** гальваникалык элемент.
galvaniz гальванизация.
galvanize 1.гальванизацияланган. 2.цинктелген. ~ **etmek** 1)гальванизация жасаш. 2)цинктеш.
galvanizlemek гальванизациялоо.
galyum *хим.* галлий.
gam I кам, санаа, кайгы. ~ **çekmek** кам саноо, кайгыруу, санаа тартуу. ~ **yememek** кам санабоо, кайгырбоо, санаа тартпоо, көнүлү жай болуу.
gam II *муз.* гамма.
gama *к.* **gamma.**
gambot, -tu ганбот.
gamlanmak кайгылануу, капалануу, азап тартуу, санааркоо.
gamlı кайгылуу, капалуу, суз.
gamma гамма (*грек алфавитинин 3-тамгасы*). ~ **ışınları** гамма нурлары.
gammaz 1.ушакчы, чагымчы. 2.сөз ташыган, тыңчы.
gammazlamak 1.(*бирөөнү*) жамандоо,

ушактоо. 2.сөз ташып баруу, тыңчылык кылуу.

gammazlık,-ğı 1.ушакчылык, чагымчылык. 2.сөз ташыма, тыңчылык.

gamsız камсыз, кайгысыз, санаасыз, бейкапар.

gamze 1.беттеги чуңкур. 2.көз кысма. 3.кылгырган/тийишкен көз караш.

Gana 1.Гана. 2.Ганага мүнөздүү/тиешелүү.

Ganalı 1.ганалык. 2.ганалыктарга мүнөздүү/тиешелүү.

gangster гангстер.

gangsterlik гангстерлик.

gani 1.бардар, бай, колунда бар, бакубат. 2.кең пейил, жоомарт (*Кудайдын сыпаты*). ~ ~ мол-мол, көп-көп. ~ **gönüllü** жоомарт, колу ачык, токпейил.

ganimet, -ti 1.олжо. ~ **almak** олжо табуу. 2.жолу болуш, капыстан ачылган мүмкүнчүлүк, оңдой берди. ~ **bilmek** мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбоо. 3.күтүлбөгөн утуш/кирешe.

ganyan 1.(*ат чабышта*) чыккан ат. 2.(*ат чабышта*) уткан билет.

gar темир жол вокзалы/ станциясы.

garaj 1.гараж. 2.автобус паркы. 3.автостанция.

garanti 1.гарантия, ишеним, жоопкерчилик, милдет алыш. 2.*ооз.* сөзсүз, кескин. ~ **etmek** гарантиялаш, ишеним бериш.

garantilemek 1.гарантиялоо. 2.айыксыз/сөзсүз аткаруу/орундоо.

garantili 1.гарантиялуу. 2.ишеничтүү, күмөнсүз.

garantör гарантёр, гарант, ишенич жүктөлгөн киши.

garaz 1.максат, мүдөө, ниет, тилек. 2.кара ниеттик, көрө албастык, кастык. ~**la** көрө албастык/кастык менен. ~ **bağlamak/olmak** (*бирөвгө*) кас болуш, көрө албастык кылыш, кек сакташ.

garazkar 1.көрө албас, кара ниет/өзгөй, кыянатчы, жексур. 2.жаман ойлуу.

gardenparti бакчада уюштурулган кече.

gardenya *бот.* гардения (*Gardenia*).

gardırop, -bu 1.гардероб, кийим шкафы. 2.гардероб (*театрдын, ресторандын ж. б.*). 3.(*бир кишинин*) болгон кийими.

gardiyan 1.гардиан, түрмө сакчысы. 2.бажы күзөтчүсү.

garez *к.* **garaz.**

gargara 1.тамак чайкама. 2.тамак чайкалган суюктук. ~ **yapmak** (*тамакты*) чайкоо.

gariban 1.карып, байкуш, шордуу. 2.жакыр, жарды.

garip, -bi 1.карып, байкуш, шордуу. 2.чет жерде/элде жашаган, мусаапыр. 3.таң каларлык, адаттан тышкары, көзгө жат. 4.аянычтуу. ~ **bir duygu** аянычтуу сезим. 5. ~**!** *сырд. с.* таң каларлык! **demek Bekir böyle utangaç çocukmuş, ha ~!** демек Бекир ошондой уялчаак бала экен да, таң каларлык! ~ ~ 1)жалтаң-жалтаң этип, байкуштай болуп. 2)адаттан тышкары, кызыктай. ~**ine gitmek** таң калычтуу көрүнмөк, аң-таң калмак, көзүнө жат көрүнмөк.

gariplik,-ği 1.карыптык, байкуштук. 2.таң каларлык (*көрүнүш*), кызык. 3.мусаапырлык, бөтөндүк, чоочундук.

garipsemek 1.(*өзүн*) жалгыз/байкуш сезүү, жалгызсыроо, чоочуркоо, жатыркоо. 2.таң каларлык деп эсептөө, көзүнө жат көрүнүү.

gark,-kı 1.карк, толтура, мол, бай. 2.батырыш, матырыш, толтуруш, көмүш. 3.камсыз кылыш. ~ **etmek** карк кылуу. ~ **olmak** (*бир нерсеге*) карк болуу, тоюнуу, көмүлүү.

garketmek 1.(*бир нерсеге*) карк кылыш, чөмүлтүш, тоюнтуш, көмүш.

2.матырыш, батырыш. 3.тартуу/белек кылыш, аянбастан бериш.

garni 1.гарнир. ~ **olarak** гарнир катары. 2.кооздоо, саймалоо (*көйнөктү ж. б.*).

garnitür 1.*к.* **garni.** 2.*кийимдин кошумча элементтери*. 3.*полигр*. гарнитура.

garnizon гарнизон. ~ **hizmeti** гарнизондо кызмат өтөө.

garp,-bi 1.батыш. **~ında** батышында. 2.Батыш, Батыш Европа. ~ **Avrupası memleketleri** Батыш Европа мамлекеттери.

garson официант, гарсон.

garsoniye (*ресторанда*) тейлөө акысы.

garsoniyer гарсоньерка (*ресторанда көмүскө көрүшмөлөр үчүн жалданган бөлмө*).

gasbetmek *к.* **gaspetmek.**

gasp,-bı 1.зордук, өкүмзордук, зордуктоо, ээлеп/тартып алыш. 2.зордукчу, каракчы, ууру, талоончу, баскынчы, хулиган.

gaspetmek зордук менен тартып алыш/ээ болуш.

gastrit, -ti *мед.* гастрит.

gastroloji *мед.* гастрология.

gastroskop,-pu *мед.* гастроскоп.

gastroskopi *мед.* гастроскопия.

gavot, -tu гавот (*француз эски элдик музыкасы/бийи*).

gâvur 1.каапыр, мусулман эмес (*христиан*). 2.ыймансыз, динсиз. 3.*өтм.* таш боор, кайрымсыз, өжөр. ~ **etmek** (*бир нерсени*) талаага чачып ийиш, орунсуз/бекер каржаш/жок кылыш. ~ **eziyeti** билип туруп убара болуш/азап тартыш. ~ **icadı** *батыштан келген техникага карата жек көрүмчү ат.* ~ **inadı** таштан катуу өжөрлүк, көшөкөрлүк. **~a kızıp oruç yemek/bozmak** битке өчөшүп көйнөгүн отко салыш (*сөзм. с.* капырга өчөшүп, орозосун бузуу). ~ **olmak** 1)христиан болуш. 2)талаага чачылыш, бекерден бекер жок болуш. ~ **ölüsü gibi** *ооз.* оор жана эби-сыны жок, чогоол.

gâvurca 1.каапырча, европа тилдеринде. 2.таш боор, мээримсиз, кайрымсыз, ымаласыз.

gâvurluk,-ğu 1.каапырлык, христиандык. 2.ыймансыздык, динсиздик. 3.таш боордук, мээримсиздик, кайрымсыздык, ымаласыздык. ~ **etmek/-u tutmak** каапырлыгы кармоо, кежирленүү, ымалага келбөө.

gaybubet,-ti 1. *ук.* көзү жоктук, алиби. **~inde** көзү жогунда. 2.кайып болуу, жоголуп кетүү.

gayda гайда (*музыкалык аспап*).

gaye 1.максат, умтулуш, мүдөө. **~siyle** максаты менен, аркалап. ~ **edinmek** максат кылыш. **~sinde olmak** максат көздөмө, тилек кылуу, артынан түшүү. **~ye ulaşmak** мүдөөсүнө жетиш. **ne ~ ile?** кандай максат менен? 2.*ооз.* аягы, соңу. **1931 senesi ~sine kadar** 1931-жылдын аягына чейин. 3.*мат.* акыркы чек, эң четки маани. **~i hayal** идеал.

gayesiz максатсыз, мүдөөсүз, маанисиз. ~ **hayat** максатсыз жашоо, курулай күн өткөрүү.

gayet,-ti өтө, абдан, аябай, эң. ~ **elverişli şartlar** өтө жагымдуу шарттар.

gayret,-ti 1.кайрат, аракет, чымырканыш, белсениш, жан үрөш. **~le** кайраттанып, чымырканып, жанын үрөп. 2.(*мекенди, элди, ыйык нерселерди*) коруу сезими, жан аябастык/жан кечтилик, берилгендик. **~i İslamiye** Ислам үчүн жан аябастык. 3.чыдам, сабыр, тырышкандык, өжөрлүк. ~ **almak** кайрат алыш, шерденип, кубаттаныш. ~ **dayıya düştü** (*бир нерсени*) жөндөмдүү бирөөгө берүү зарылдыгы. **~ine dokunmak** намысына

тийүү. **~ten düşmek** кайраты калбоо, кайратынан тайыш. ~ **etmek** кайрат кылыш, чымырканыш, чыдаш. ~ **et!** чымыркан! чыда! ~ **etmeden** күч жумшабай, жеңил-желпи, оңой-олтоң. **~e gelmek** кайраттаныш, шердениш, (*бир нерсеге*) бел байлаш, белсениш. **~e getirmek** кайраттандыруу, шердентүү, күч берүү, кыймылдатуу, аракеттендирүү, белсентүү. ~ **göstermek** кайрат көргөзүү, аракеттенүү, белсенүү, бел байлоо. ~ **harcamak/sarfetmek** чымырканыш, жанын үрөш, күч жумшаш. **bütün ~ini sarfetmek** бүтүн күчүн жумшоо/сарптоо, жан аябай аракеттенүү. ~ **vermek** кайрат/кубат бериш, шердентиш.

gayretkeş 1.кайраттуу, кайратман, кайраткер. 2.жактоочу, тарабын туткан, күйөрман.

gayretli 1.кайраттуу, чыдамдуу, күчтүү. 2.аракетчил, жаны тынбаган.

gayretsiz кайратсыз, жүүнү бош, мокок, демилгесиз, аракетсиз, кош көңүл, чечкинсиз.

gayrı мындан ары, кийин, эми. ~ **o işi bana bırak!** мындан аркы ишти мага кой! **bende takat kalmadı** ~ мындан ары менде такат/чыдам калбады.

gayri 1.башка, бөлөк, калган. **doğrusu bu,** ~ **yalan** чыны ушу, калганы жалган. 2.(*арапча сын атоочтордун башына келип, «болбогон», «эмес», «каршы», «-сыз» маанилерин кошот*). ~ **ahlâkî** адеп-ахлакка каршы. ~ **ihtiyarî** ыктыярсыз. ~ **iradî** эрксиз. ~ **malûm** белгисиз, билинбеген. ~ **meşru** 1)адат-салтка айкыры/каршы. 2)никесиз. ~ **Müslim** мусулман эмес. ~ **resmî** расмий эмес. ~ **safî** аралаш, кошмо (*так эмес*).~ **şuurî** өзү билбестен/сезбестен. ~ **tabiî** 1)табиятка каршы, табигый эмес. 2)адаттан тышкары.

gayzer гейзер, ысык буу.

gaz I 1.марли. 2.тюль. ~ **bezi** бинт.

gaz II 1.*физ.* газ. ~ **balonu** газ балону. ~ **cinsinden (olan)** газ түрүндө. ~ **geçirmez** газ өткөрбөс. ~ **ışınları** газ нурлары. ~ **silahı** газ куралдары. 2.керосин. 3. жел (*ашказан, ичегидеги*). 4.чырак. **~a basmak** 1)*авто* газга басыш. 2)*арго* качып жоголуш, тыз коюш. ~ **bombası** газ бомбасы. ~ **çıkarmak** жел чыгарыш, оосуруш. ~ **lâmbası** керосин лампа. ~ **maskesi** газдан сактанчу маска. ~ **ocağı** керосинка. ~ **pedalı** газ педалы. ~ **yağı** керосин. ~ **yağı lâmbası** керосин чырак.

gaz III керосин.

gaza *дин* казат, газават, дин үчүн жүргүзүлгөн согуш, (*динсиздерге каршы*) ыйык согуш. ~ **etmek** казатка чыгыш.

gazal, -li газель, жейрен. ~ **gözleri** чоң/сулуу көздөр, бото көз.

gazap, -bı ачуу, жин, каар, кыжыр. **~a gelmek** ачуусу келиш, жининдениш, каарданыш. **~ına uğramak** (*бирөөнүн*) каарына калыш.

gazel, -li 1)*ад.* казал (*лирикалык ыр түрү*). 2)*муз.* саз коштоосунда аткарылган соло ыр. ~ **okumak** 1)казал окуу. 2)насаат айтуу. 3)жомок айтуу.

gazete 1.газета. 2.газета редакциясы. **~ye abone olmak** газетага жазылыш. ~ **bayii** газета киоскасы, газета сатылган жер. ~ **çıkarmak** газета чыгаруу. ~ **dağıtıcısı/müvezzii** газета сатуучу. ~ **ilânı** газета кулактандыруусу. ~ **muhabiri** газета кабарчысы. ~ **toplatmak** чыккан газетаны жыйнатып алыш.

gazeteci 1.газета ээси, газета чыгарган киши. 2.журналист, кабарчы. 3.газета саткан киши.

gazetecilik 1.газета иши. 2.журналистика, кабарчылык. 3.газета сатуучулук.
gazhane газ заводу/депосу.
gazi 1.*дин* гази/казы, дин үчүн күрөшкөн, динсиздерди жеңген. 2.Гази (*өзгөчө эрдиктери үчүн өкмөт тарабынан айрым кишилерге, шаарларга берилген наам*). **Gazi Mustafa Kemal** Гази Мустафа Кемал. 3. *тар.* гази (*алтын тыйын*). 4.согуш ардагери. ~ **olmak** согуштан аман кайтуу.
gazilik, -ğı газилик (*наам*).
gazino 1.казино, түнкү клуб. 2.чоң кафе, пивокана.
gazinocu казино ээси/иштеткен киши.
gazlamak 1.газ менен ууландыруу. 2.химиялык чабуул коюу. 3.(*машинанын*) газын арттыруу. 4.*арго* качып жоголуу. **gazla!** кет! жогол!
gazlanmak 1.газга ууланууу. 2.газга айлануу.
gazlı 1.газдуу. 2.керосиндүү. 3.керосин менен иштеген. ~ **bez** *ооз.* марли.
gazoz газдуу суу (*шишеде*).
gazölçer газометр, газөлчөр.
gebe кош бойлуу, боюнда бар, бооз. ~ **bırakmak** боюна болтуруу, боозутуу. ~ **kalmak** боюнда болуп калуу.
gebelik, -ği кош бойлуулук. ~**i önleyici** бойго болтурбоочу. ~ **testi** кош бойлуулук тести.
gebermek *орой* өлүш, жаны чыгыш.
gebertmek *орой* өлтүрүү, жайлап салуу.
gece 1.түн. 2.кеч, кечкурун. 3.түнкүсүн. ~ **uyumalı gündüz çalışmalı** түнкүсүн укташ, күндүз иштеш керек. 4.кече, салтанат. 5.кечкисин кийилген (*кийим*). ~ **bekçisi** түнкү күзөтчү. ~ **gösterisi** түнкү көрсөтүү (*оюн, фильм ж. б.*). ~ **gündüz** күнү-түнү. ~ **gündüz demeden** күнү-түнү дебей. ~**yi gündüze katmak** күндүр-түндүр иштөө. ~ **hayatı** түнкү жашоо. ~ **işçiliği** түнкүсүн жасалган уурулук. ~ **kalmak** түнөп калуу. ~ **körlüğü** түн караңгысы ~ **kulübü** түнкү клуб. ~ **kuşu** 1)*зоол.* жарганат. 2)түн жамынган (*киши*). ~ **lâmbası** түнкү чырак. ~ **maçı** түнкү матч. ~ **vakti** 1)түндөсү. 2)кечкисин. ~ **yarısı** түн ортосу. ~ **yatısı** түнкү конок. ~ **yatısına gitmek** жатып конок болуу. ~ **yatısına kalmak** калып/түнөп калуу.
gececi түнкүсүн иштеген, түнкү кезекке турган (*киши*).
geceki,-ni кечки, түнкү. **dün ~ oturumda** кечээ кечки отурумда.
gecekondu 1.уруксатсыз арыдан-бери курулган үй. 2.*өтм.* эптеп-септеп жасалган, чүргөй салган (*нерсе*). ~ **gibi** шашылыш жасалган.
gecelemek 1.түнөө, конуу, жатып калуу. 2.түнү бою уктабай/ кирпик какпай чыгыш. 3.түн кириш, кеч кириш.
geceleri 1.түнкүсүн. 2.түн сайын, ар түнү.
geceleyin түнкүсүн, түнү менен, түн катып/жамынып.
geceli : ~ gündüzlü 1.күндүр-түндүр, ар качан, дайыма. 2.тынымсыз, аралыксыз, тынбай,үзбөй.
gecelik,-ği 1.түнкү/кечки. ~ **kıyafet** кечки кийим. 2.пижама. 3.бир түндүк, бир түнгө жараган. ~**i otuz dolar** бир түнгө отуз доллар.
gecesefası,-nı *бот.* мирабилис (*түнкүсүн гүл ачкан эки чанактуу өсүмдүк; Mirabilis jalapa*).
gecikme кечикме, кечигиш. **tren on dakikalık ~ ile geldi** поезд он мүнөт кечикме менен келди.
gecikmek кечигиш, кеч калыш.
gecikmeksizin кечикпестен.
gecikmeli кечиккен, кечиктирилген.
geciktirmek кечиктирилиш, кеч калты-

рыш.

geç 1.кеч (*болжонгон убакыттан*). ~ **kalmak** кеч калыш. 2.кеч, кечки убак. ~ **saatte** кеч убакта. **en** ~ эң кеч. **oldukça** ~ аябай кеч. ~ **olsun da güç olmasın** кеч болсо да тынч болсун.

geçe өткөндө (*саат белгилеш үчүн*). **saat onu beş** ~ ондон беш мүнөт өткөндө.

geçen 1.өткөн. **evimizin önünden** ~ **yol** үйүбүздүн алдынан өткөн жол. 2.өткөн, мурунку, былтыркы. ~ **ay** 1)өткөн ай. 2)өткөн айда. ~ **bayram** өткөн майрам. ~ **yıl** былтыр.

geçende, geçenlerde өткөндө, жакында.

geçer 1.өтүмдүү (*товар*). ~ **mal** 1)өтүмдүү товар. 2)баалуу буюм. 2.жакшы айлантылган, айланууда болгон (*акча*). ~ **akçe** 1)айланууда болгон (*акча*). 2)өтүмдүү, изделген, таңсык буюм.

geçerli 1.колдонумдагы, жарактуу, бүгүнкү күндөгү, күчүндө болгон. ~ **sayılmak** күчүндө деп эсептелген (*мис. шайлоо*). ~ **olmak** күчүндө/ айланууда болуш. 2.*өтм.* жактырылган, таңсык, өтүмдүү.

geçerlik, geçerlilik,-ği 1.талап, суроо, пайда. 2.курс, айлануу (*акча үчүн*). **~ten kaldırmak** айлануудан алып таштоо. 3.мыйзамдуулук, күч, аракет. **bu kanunun ~i bir yıl** бул мыйзамдын күчү бир жылдык.

geçersiz 1.өтүмсүз, талап/суроо жок (*буюм*). 2.айланууудан алып ташталган (*акча*). 3.күчүн жоготкон (*мыйзам, токтом ж. б.*).

geçici 1.убактылуу, туруксуз. ~ **hükümet** убактылуу өкмөт. ~ **madde** убактылуу (*коюлган*) статья (*мис. мыйзамга*). 2.жугуштуу. ~ **olarak** убактылуу, убактысынча.

geçilmemek мол, толтура, толо. **sokakta arabalardan geçilmiyor** көчөдө машине толтура (*сөзм. с.* көчөдө машинеден өтүүгө мүмкүн эмес).

geçim 1.жашоо, турмуш, оокат, жан сакташ. 2.(*бирөө менен*) ынтымак, келишүү. ~ **derdi** күнүмдүк оокаттын дарты. ~ **düzeyi** жашоо шарты/деңгээли. ~ **sıkıntısı/zorluğu** жашоо кыйынчылыгы. ~ **yolu** жашоо булагы, оокат тапкан жер. **aralarında** ~ **yok** арасында ынтымак жок.

geçimli мүнөзү жумшак, ырашкер, элпек, тил алчаак.

geçimsiz мүнөзү катуу, бейжай, чатак, кыялы начар, чыр.

geçimsizlik,-ği ынтымаксыздык, ыркы/ жылдызы келишпөө, түшүнүшпөө, чатак, чыр. **karı-koca ~i** эрдикатындын чыр-чатагы.

geçindirmek оокатын өткөртүү, жашоосун камсыз кылуу, багуу, жан сактатуу.

geçinmek 1.оокат кылыш, жан сакташ, жашоосун/күнүн өткөрүш, нан таап жеш. **balıkçılıkla** ~ балыкчылык менен күн өткөрүү. **emeğiyle** ~ эмгеги/ маңдай тери менен оокат кылыш. 2.(*бирөө менен*) жашаш, ынтымакташыш, жылдызы келишиш. **komşu memleketler ile iyi** ~ коңшу мамлекеттер менен жакшы жашоо. 3.(*бирөөнүн эсебинен*) жан сакташ. **arkasından/sırtından** ~ аркасы менен жан сактоо. 4.өзүн ... сыяктуу көргөзүү/...деп эсептөө. **âlim/bilgin** ~ (*өзүн*) окумуштуу деп эсептемек/ катары көргөзмөк. 5.*ооз.* өлүш. **geçinip gitmek** жашап кетиш.

geçirgen *физ.* өткөргүч. **yarı** ~ жарым өткөргүч.

geçirgenlik,-ği 1.*физ.* өткөргүчтүк. 2.*астр.* жарык өткөргүчтүк.

geçirmek 1.өткөрүү (*астынан, үстүнөн, арасынан, жанынан ж. б.*). **arabayı köprüden** ~ арабаны

көпүрөдөн өткөрүү. 2.ташуу, орун которуу. **eşyayı öbür odaya** ~ буюмдарды башка бөлмөгө ташуу. 3.каттоо, жазуу. **yazıyı dosyaya** ~ жазууну досьёго каттоо. 4.өткөрүү, тагуу, тизүү, каптоо, салуу. **pencereye cam** ~ терезеге айнек тагуу. **yorgana kılıf** ~ жуурканга шейшеп каптоо. 5.узатуу. **arkadaşımı ~ için gittim** жолдошумду узатуу үчүн бардым. 6.(*убакыт*) өткөрүү. **yazı yaylada geçirdim** жайды жайлоодо өткөрдүм. 7.киймек, илмек. **sırtına bir pembe bluz geçirmişti** үстүнө бир гүлгүн кофта кийип алган. 8.(*бир аракетти*) көп кишиге карата колдонуу. **kılıçtan** ~ кыдырата кылычтап өлтүрүү. 9.баштан өткөрүү. **hastalık** ~ ноокастоо. 10.текшерүү, сыноо. **muayeneden** ~ доктордун кароосунан өткөрүү. 11.жугузуу. **gribi bana geçirdi** мага грипп жугузду. 12.жолго коюу, ишке ашыруу. **hayata** ~ турмушка ашыруу. 13.ээлеп алуу. **zimmete** ~ өз менчигине өткөрүп алуу. 14.токтотуу, басуу. **diş ağrısını** ~ тиш оорусун басуу. **susuzluğu** ~ суусунду кандыруу. 15.тиштөө, батыруу. **dişini etine** ~ тиштеп алуу. 16.*матаал этиштердин тутумунда күчөтүү маанисинде колдонулат.* **kırıp** ~ 1)жок кылуу, ойрон кылуу. 2)талкалоо, кырып жок кылуу, сындыруу. **bütün camları kırdı geçirdi** бүтүн айнектердин бырын-чырынын чыгарды.

geçirmez өткөрбөс. **ışık** ~ жарык өткөрбөс. **su** ~ суу өткөрбөс.

geçirmezlik өткөрбөстүк.

geçiş 1.кечиш, өтүш, жүрүш, парад. **askerlerin ~i çok güzeldi** аскерлердин жүрүшү сонун болду. 2.өткөөл. ~ **dönemi** өткөөл мезгил. 3.*муз.* тондон тонго өтүш. 4.*сүрөт* эки түстү бириктирген ортодогу түс. 5.*линг.* сүйлөө органдарынын бир абалдан экинчисине өтүшү. ~ **üstünlüğü** жан куткарган машинелердин (*тез жардам, өрт өчүргүч, милиция ж. б.*) өтүш артыкчылыгы.

geçişli *грам.* өтмө (*этиш*).

geçişsiz *грам.* өтпөс (*этиш*).

geçiştirmek 1.токтолбоо, алаксытуу, сөздү башкага буруу. **meseleyi sükutla geçiştiriyor** маселеден унчукпай коюп кутулат. 2.аз зыян/чыгаша менен кутулуп кетүү.

geçit, -di 1.кечүү, өткөөл (*суууда*). 2.бел, ашуу (*тоодо*). **dağ ~i** бел, ашуу. 3.салтанаттуу жүрүш, парад. ~ **alayı** парад, процессия. ~ **töreni** парад, демонстрация. ~ **vermek** өтүүгө ыңгайлуу жери болуу.

geçkin 1.... жаштан ашкан, өтүп калган. **altmışını ~di** алтымыштан ашып калган. 2.улгайган, картайган. ~ **bir kadıncağız** улгайган аял. 3.(*жашылча-жемиштер үчүн*) өтө бышып, эзилип кеткен. ~ **bir karpuz** өтө бышып кеткен дарбыз.

geçme 1.кечме, өтмө, өтүш. ~ **parası** өтүш акысы. **ileri** ~ басып өтүш. 2.(*башка бир абалга*) айланма, өтмө. **buhar hâline** ~ бууга айланма. 3.илиштирме, илме (*эки нерсени бири-бирине*). 4.жылдырма, бүктөмө, ташыма. ~ **çerçeve** жылдырма алкак.

geçmek 1.өтүү (*бир жерден бир жерге*). **odaya** ~ бөлмөгө өтүү. 2.бир учунан кирип, экинчи учунан чыгуу. **tünelden** ~ туннелден өтүү. 3.башынан өткөрүү. **dayaktan** ~ таяк жемек. **muayeneden** ~ доктор кароосунан өтүү. 4.таштоо, кечүү, баш тартуу, түңүлүү. **kârdan geçtim, bari sermayeyi kurtarsam** пайдадан кечтим, эч болбосо капиталды куткарсам болду эле.

5.болуп өтүш. **çocukluğumun geçtiği yer** балалыгым өткөн жер. 6.убактысы өтүү. **benden geçti, artık böyle işlere girişemem** менден өтүп кетти, эми мындай иштерге кирише албайм. 7.жугуу (*оору*). **hastalık hepimize geçti** оору баарыбызга жукту. 8.укумдан тукумга калмак. **bu titizlik ona babasından geçmiş** бул бүйрөлүк ага атасынан калыптыр. 9.орун которуш. **siz şu koltuğa geçin** сиз бул креслого өтүңүз. 10.бир сыноодон өтүш, тажрыйба алыш. **şimdiki artistlerin çoğu oradan geçtiler** азыркы артисттердин көбү ал жерден өтүштү. 11. терс таасири тийиш. **başına güneş geçmiş** башына күн өтүп кетиптир. 12.колуна алыш, ээ болуш. **iktidara ~** бийликти алыш. 13.артка таштоо, ашуу, басып өтүү. **çocuğun boyu babasını geçti** баланын бою атасынан ашты. 14.өтүп кетмек, тарамак. **öfkesi tez geçer** ачуусу бат тарайт. 15.ашып түшүү, бешбетер болуу. **bu hareket saygısızlığı da geçti** бул жорук сыйлабастыктан да ашып түштү. 16.аттап өтүү, токтотуу (*бир сөздү /маселени*). **o meseleyi geçelim** ал маселени жөн коёлу. 17.(*убакыт*) өтүш, артка калыш. **saat onu geçtiğinde eve geldiler** саат ондон өткөндө үйгө келишти. 18.(*бир музыканы*) үйрөнүү. **bu şarkıyı kimden geçtiniz?** бул ырды кимден үйрөндүңүз? 19.(*бир кабарды*) билдирүү. **telgraf ~** телеграмма жиберүү. 20.өчүү. **ocak sönmüş, koru bile geçmişti** от өчүптүр, ал түгүл кору/табы да өчүптүр. 21.жазылып калуу. **tarihe ~** тарыхка жазылып калуу, тарыхта калуу. 22.жазылуу, жарыялануу. **kısa haber geçildi** кыскача кабар жарыяланды. 23.айланууда/колдонумда /жаракту болуш, өтүш. **bu para artık geçmiyor** бул акча азыр жарабайт. 24. класстан класска көчүү. **çocuk bu yıl sınıfını geçti** бала быйыл класстан көчтү. 25. бузулуп/ өтө бышып кетиш (*жашылча-жемиштер үчүн*). **bu karpuz geçmiş** бул дарбыз өтө бышып/бузулуп кетиптир. 26. кутулуп кетүү. **görmedim dedi geçti** көрбөдүм деп кутулуп кетти. 27. жамандаш, ушактап барыш. **beni sana geçmişler** мени сага ушактап барышыптыр. 28. сөзү өтүү, айтканын угуу. **benim sözüm ona geçer** менин сөзүм ага өтөт. **alay ~** шылдың/келеке кылуу.

geçmiş 1.өткөн заман, илгерки/ мурунку учур. 2.басып/ашып өткөн. 3.бузула баштаган, убагы өтүп кеткен (*жашылча-жемиш*). 4.өткөн, өмүр баян. **onun ~i kimi ilgilendirir** анын өмүр баянына ким кызыксын. 5.(*биринин*) өткөн укум-тукуму. **yedi göbek geçmiş** жети ата өткөн. 6.*грам.* өткөн чак. **~ zaman** өткөн чак. 7.*арго* эски чатак/чыр/өч. **Ali ile bir geçmişin mi var?** Али менен эски чатагың барбы? **~ ola/olsun** *тилек* 1)арты кайырлуу болсун, айыгып кетиңиз (*катуу сыркоологон бирөвгө айтылат*). 2.(*бир оор сыноодон өткөн кишиге айтылат*). **~ olsuna gitmek** оорулуу же аза күткөн бирөөнү көрүүгө барыш.

geda *эск.* 1.кедей. 2.тилемчи, кайырчы.

gedik,-ği 1.кетик, жарык, кемтик, сынык. **duvar ~i** дубалдын кетиги. 2.ашуу, бел (*тоодо*). 3.*өтм.* кыйынчылык, оордук. **~ten kurtulmak** кыйынчылыктан чыгыш. 5.*эск.* араа тиштүү. 6.*аск.* жарып өтүүдө душмандын чегинде ачылган жер. 7.артыкчылык, укук, жеңилдик. 8.*ооз.* күбөлүк, патент.

9.*тар.* күзөтчү (*гаремде*). ~ **açılmak** кемчиликтин бети ачылуу. ~ **açmak** *аск.* душман чегин жарып өтүү. ~ **kapamak** тешик бүтөө. ~ **kapmak** бир кирешелүү иш табуу. **~leri tıkamak** кыйынчылыктардын алдын алуу. **Tunus ~i** *арго* майлуу/пайдалуу жер.

gedikli I 1.кетиктүү, жарыгы/ сыныгы бар. 2.араа тиштүү. 3.кемчили, өксүгү, бузугу бар.

gedikli II 1.кадрдагы, мөөнөтүн ашкан (*кенже составдагы офицерлер*). ~ **çavuş** унтер-офицер. ~ **er** ардагер. 2.туруктуу, тынымсыз. ~ **müşteriler** туруктуу кардарлар. 3.тырышчаак, талбаган, тажабаган. **en ~ ziyaretçiler** талбаган зыяратчылар. 4.карт, машыккан, каныккан. 5.*тар.* (*гаремде*) кайтаруучу. 6.*арго* көчпөй калган окуучу. 7.кадрдагы кенже офицер.

gedilmek кетилүү (*мис. бычактын мизи*).

gedman *ооз.* кетмен.

gedmek *ооз.* кетиш, кетик пайда кылыш.

geğirmek кекириш, кекирик чыгарыш.

geğirti кекирик.

gelecek,-ği 1.алдыдагы, эмдиги, кийинки. ~ **ay** эмдиги ай/айда. ~ **yıl** эмдиги жылы. ~ **durakta ineceğim** эмдиги аялдамада түшөм. 2.*грам.* келер (чак). ~ **zaman** келер чак. 3.келечек, болочок. **~ini düşünmek** келечегин ойлоо.

gelen 1.келген. ~ **kişi** келген киши. 2.*физ.* түшкөн, чагылган (*нур*). 3.келечектеги, эмдиги. ~ **yıl** эмдиги жылы. ~ **geçen** өткөн-кеткен. ~ **giden** келген-кеткен (*коноктор*). ~ **gideni aratır/ ~ gidene rahmet okutur** *мак.* эскинин кадырын жаңы билдирет.

gelenek, -ği салт, үрп-адат. **~e göre** салтка ылайык. ~ **hâline gelmek** салтка айлануу.

gelenekçi салтты катуу кармаган.

geleneksel салттуу, салтка айланган.

gelgeç 1.убактылуу, туруктуу эмес. 2.тийди-качты, чыдамы жок.

gelgelelim бирок, ошого карабастан, анткен менен.

gelgit, -ti 1.бекерге келмей-кетмей. **bu ~ten bıktım artık** бул келмей-кетмейден тажадым. 2. *дең.* (*суунун*) кириши, тартылышы.

gelin 1.келин (*турмушка чыгып аткан же жаңы чыккан*). 2.(*бирөөнүн*) уулунун, инилеринин аялы. ~ **alayı** келин көчү (*процессия*). ~ **etmek** кыз бериш. ~ **gitmek** келин болуп барыш. (**kendi kendine**) ~ **güvey olmak** (*бир ишке*) алдын-ала эле сүйүнүп алыш. ~ **olmak** келин болуш. ~ **teli** келиндердин башына тагылган алтын/күмүш зым. **Bulgurlu'ya ~ mi gidecek?** *шылд.* Булгурлуга келин болуп кетеби? (*сайма, түймө менен көп илээшкен кыздарга айтылат*). **Ebussuut efendinin ~i gibi** *эскиче кийинген/ жүргөн кыз-келин үчүн айтылат* (*сөзм. с.* Абусейит эфендинин келининен бетер).

gelincik,-ği келинчек гүлү (*Papaver rhoeas*).

gelinlik,-ği 1.келиндик (*абал*). 2.келин кийими. 3.келин көйнөгү жасала турган кездеме. 4.келин болууга жараган кыз. 5.келин үчүн даярдалган (*нерселер*). ~ **etmek/ tutmak** (*кайындарынын алдында*) жоолук салынып жүрүү (*белгилүү мөөнөткө*).

gelir киреше, пайда. *сал.* **irat, varidat.** ~ **bütçesi** киреше бюджети. ~ **defteri** киреше дептери/китеби. ~ **gider defteri** киреше-чыгаша дептери/ китеби. ~ **vergisi** киреше салыгы.

gelirli 1.кирешелүү, бардар (*киши*). 2.кирешелүү, берекелүү (*үй, иш*).

geliş 1.келиш. **gidiş ~ bileti** келиш-кетиш билети. 2.кыймыл, жүрүш, аракет. **bu geminin ~inden çok yüklü olduğu anlaşılıyor** бул кеменин жүрүшүнөн жүгү оор экени көрүнүп турат.

gelişat, -tı өнүгүш, жүрүш.

gelişigüzel эптеп-септеп, шаша-буша, арыдан-бери, ой келди. **~ seçilmek** эптеп эле шайланып калыш. **~ yapılmak** арыдан-бери жасала калыш. 2.туш келгендей/келди. **aç kitabı, ~ bir sayfadan oku** ач китепти, туш келген беттен оку.

gelişkin өнүккөн. **~ endüstri ve tarım** өнүккөн индустрия жана дыйканчылык.

gelişme 1.өсүш, өнүгүш, жогорулаш, артыш, прогресс. **~ çağı** өнүгүш заманы. **~yi frenlemek** өсүшкө бөгөт болуу. 2.бой жетиш, өсүш (*балдар үчүн*). **~ çağında olan çocuklar** бой жетип бараткан балдар. **aklı ve bedeni ~** акыл-эс, бой-турпаты өнүгүш. 3.кеңейиш, жайылыш. 4.жакшырыш.

geliştirmek өнүктүрүү, өстүрүү, жогорулатуу, арттыруу, жакшыртуу.

gelişmek 1.өнүгүү, өсүү, калыптануу, бышып-жетилүү. 2.өсүү, жайылуу, кеңейүү. *сал.* **inkişaf etmek.**

gelişmemiş өнүкпөгөн, өспөгөн, артта калган.

gelişmiş өнүккөн, өскөн, алдыңкы. **~ sanayi ülkeleri** өнөр жайы өнүккөн өлкөлөр.

gelivermek (*капыстан, күтүүсүздөн, бат эле*) келе калыш, келе коюш.

gelme 1.келме, жетме. 2.*физ.* түшмө (*мис. нур*). 3.тектен чыккан. **zengin bir aileden ~** бай үй-бүлөдөн чыккан.

gelmek 1.келиш. **at ile ~** атчан/аттуу келүү. **boşuna ~** бекер келүү. **misafirliğe ~** конокко келүү. 2.барыш, жетиш. **İzmir'e gelince seni ararım** Измирге барганда сага чалам. 3.туш келүү, тийүү. **kurşun ayağına geldi** ок бутуна тийди. 4.жетиш. **derslerin sonuna geldik** сабактын аягына чыктык. 5.келип жетүү, сакталып туруу. **eski çağlardan bir çok anıt günümüze kadar gelmiştir** эски замандан бир топ эстелик бүгүнкү күнгө чейин келип жетти. 6.пайда болуу, туулуу. **dünyaya ~** дүйнөгө келүү, туулуу. 7.белгилүү убакытка жакындаш. **vakit öğleye geliyordu** күн түшкө жакындап калган. 8.... чейин болуш/жетиш. **boyu omuza geliyordu** бою ийинге жетчү. 9.тийиш, чыгыш. **ondan kimseye kötülük gelmez** анын эч кимге жамандыгы тийбейт. 10.ээрчиш, артынан келиш. **çocuklar arkadan geliyordu** балдар аркадан келе жаткан. 11.бир жерден бир жерге алып баруу. **kahve Brezilya'dan geliyor** кофе Бразилиядан алынып келинет. 12.жалгануу. **Türkçede ekler kelimenin sonuna gelir** түркчөдө мүчөлөр сөздүн аягына келет. 13. ... -дан келүү. **güzellik güzel kelimesinden gelir** сулуулук сулуу деген сөздөн келет. 14.теманы өзгөртүш. **şimdi asıl konumuza gelelim** эми чыныгы темабызга өтөлү. 15.чыдаш, сабыр кылыш, көтөрүш. **birazcık üzülmeye gelmiyor, hemen hastalanır** кичине эле кайгырганды көтөрө албайт, дароо ооруп калат. **şakaya gelir** тамашаны жакшы көтөрөт. 16.ишениш, көзү жетиш, кабыл алыш. **dediğime geldiniz mi?** айтканыма ишендиңизби? 17.сезилүү, көрүнүү. **buranın havası sıcak geldi** бул жердин абасы ысык келди. 18. баага туруш. **bu bardakların tanesi bir liraya geldi** бул чөйчөктөрдүн ар бири бир

лира болду. 19.туура (*чоң, кичине*) келиш. **bu ayakkabı sana küçük gelir** бул туфли сага кичине келет. 20.туш болуу, башынан өткөрүү. **felç** ~ шал болуу. **başımıza bir belâ geldi** башыбызга бир балаа келди. 21.агыш. **musluktan su gelmiyor** крандан суу акпай жатат. **burnundan kan geldi** мурдунан кан акты. 22.жайгашмак **okul yolun sağına geliyor** мектеп жолдун оң жагында. 23.көрүнүш, сыяктаныш. **size yalan gibi geliyor** сизге жалган сыяктуу көрүнөт. 24.түшүш, жетиш. **buraya ışık gelmiyor** бул жерге жарык тийбейт. 25.ылайык/туура болуш. **caddelerde oturmaya gelmez** проспекттерде отурууга болбойт. 26.(*бирөө менен*) бирге баруу. **ben İstanbul'a gidiyorum, benimle gelir misin?** мен Стамбулга кетип баратам, мени менен барасыңбы? 27.(*убакыт көргөзгөн сөздөр менен*) убактысы келүү. **saati gelince söylerim** убагы келгенде айтам. 28. *ыктыяж маанисиндеги фразеологизмдерди түзөт.* **uykusu** ~ уйкусу келүү. 29. *туруктуулук этиштерин түзүүгө катышат.* **alışageldiğimiz bir anlatımı vardı** көнүмүш болгон түшүндүрүүсү бар эле. 30. -**mazlıktan** *мүчөсү менен бирге этиштерге «-бамыш болуу» маанисин берет.* **görmezlikten** ~ көрбөмүш болуу. **işitmezlikten** ~ укпамыш болуу. 31. *барыш жөндөмөсүндөгү этиштер менен татаал этиш жасайт.* **meydana** ~ пайда болуу. **akla** ~ эске келүү. 32.*жакындык, туугандык даражасын көргөзөт.* **o bana hısım geliyor** ал менин тууганым болот. 33.тиет, бөлүнөт. **her birine yüzer lira geliyor** ар бирине жүз лирадан тиет. 34. башынан/акылынан ж.б. чыкмак. **bu teşebbüs ondan gelmiştir** бул демилге ошонун акылынан чыкса керек. **sanatçının gücü işinden gelir** өнөрпоз күчтү ишинен алат. 35.бир сезимге кабылыш. **bana bir korku geldi** мага бир коркуу (сезими) келди. **ona bir merak geldi** анда бир кызыгуу туулду. 36.белгилүү бир натыйжа/таасир бериш. **ona iyi geldi** ага жакшы болду. **tuhaf** ~ жаман таасир берүү. 37.келип калыш, башталып кетиш. **geldi çattı** келип калды/калбаспы. **kara günler geldi çattı** кара күндөр башталып кетти. **geldi mi** келсе эле болду. **bahar geldi mi …** жаз келсе болду ... 38.салмакта болуш. **ben o zaman kırk dokuz kilo geliyordum** мен ал кезде кырк тогуз кило элем. 39.**-acağı/ -ası** *формалары менен келип каалоо билдирет.* **ağlayacağım geldi** ыйлагым келди. **bağırasım geldi** бакыргым келди. **güleceği/gülesi** ~ күлкүсү келүү. 40.*арго* тигилиш, тиктеш, караш. **güzele gel güzele** сулууну кара сулууну. **gel(in), gelsin** кел, жүрү, бол. **gel biraz gezelim** кел, бир аз басалы. **bir gelsin!** келип көрсүн! **gel de …** кантип ... **gel de kızma!** кантип ачууң келбейт! **gelip geçen** өткөн-кеткен. **gel gelelim** а бирок, анткен менен. **gelmiş geçmiş** өткөн-кеткен. **gelsin … gelsin/gitsin … . …** эле болсо болду. **gelsin çaylar, gitsin kahveler, hiç çalıştığı yok** чайлар, кофелер ичирип койсо эле болду, иштеги си жок. **gelip gitmek** келип-кетип (туруш). **gel gün/zaman, git gün/zaman** күн өткөн сайын. **gel keyfim gel** ой, жыргал! (*катуу ырахатка батканда айтылат*). **gel demesi kolay, git demesi güç** *мак.* кел демек бар, кет демек жок. **gel denilen yere gitmeye ar eyleme, gelme denilen yere gidip yerini dar eyleme**

мак. чакырган жерден калба, чакырылбаган жерге басып барба.

gelmemezlik,-ği келбей коймок/коюш. ~ **etme** келбей койбо.

geliomerte *астр.* гелиометр.

gem жүгөн. ~ **almak** (*ат*) үйрөтүлмөк, башына жүгөн каттырмак. ~ **almaz** 1)азоо, чалпоо (*ат*). 2.*өтм.* өжөр, кежир, кырс, терсаяк (*киши*). ~**i azıya almak** 1) (*ат*) башын ала качмак. 2.*өтм.* тил албас, терсаяк болуп чыкмак (*мис. бала*). ~**ini kısmak** 1)тизгинди тартмак. 2)*өтм.* (*бирөөнүн*) тизгинин тартуу, тартипке салуу. ~ **takmak/vurmak** 1)ооздуктоо, жүгөндөө (*атты*). 2)*өтм.* (*бирөөнү*) теске салуу.

gemi кеме. ~ **demiri** якорь. ~ **direği** кеменин мачтасы, тиреги. ~ **dümeni** кеменин рулу. ~ **karaya oturmak** кеменин тайыз жерге сайылып, туруп калышы. ~ **komutanı** кеме капитаны. ~ **mürettabatı** кеме экипажы. **uzay ~si** космос кемеси. **yolcu ~ si** жүргүнчү кемеси. **yük ~ si** жүк кемеси. ~**si şapa oturmak** иши оңунан чыкпаш/оң кетпеш. ~**sini kurtaran kaptan** кемесин куткарган капитан (*кыйын абалдан чыгып кеткендерге карата айтылат*). ~**sini yürütmek** эч нерсеге карабай ишин жүргүзүш. **Karadeniz'de gemilerin mi battı?** эмне мынча капалуусуң/ойлуусуң?

gemici 1.кемечи, деңизчи. 2.кеме ээси.

gemlemek 1.(*атка*) жүгөн тагыш. 2.*өтм.* (*бирөөнү*) ооздукташ, теске/тартипке салыш.

gen I 1.кең. 2.берекелүү, мол. 3.дың. ~ **toprak** дың жер.

gen II *биол.* ген.

gen III каптал, жак. **üçgen** үч бурчтук. **dörtgen** төрт бурчтук.

gencecik жапжаш.

genç 1.жаш (*киши, мал, өсүмдүк*). ~ **ağaç** жаш дарак. ~ **evliler** жаңы үйлөнгөндөр. ~ **kız** бойго жеткен кыз. 2.жаш жигит, жигит, улан. ~**ler** жаштар, жигиттер. ~ **irisi** жашынан эрте чоңойгон. ~ **yaşında/yaşta** жаш кезинен, жаш чагында/кезинде.

gençleşmek 1.жашарыш, жаш көрүнүш. 2.жаш мүчөлөр менен толукталыш (*мис. бир уюм*).

gençleştirmek 1.(*бирөөнү*) жашартыш. 2.(*бир уюмду, курулушту*) жаш мүчөлөр менен толукташ.

gençlik,-ği 1.жаштык (*жаш курак*). 2.жаштык (*жаш болуш*). 3.жаштар. **Türk ~i** түрк жаштары. ~**in yetiştirilmesi** жаштардын тарбияланышы. ~**ine doyamamak/doymamak** жаштыгына тойбой кетиш (*жаш өлгөн бирөө үчүн айтылат*).

gene 1.кайрадан, дагы бир жолу жаңыдан, кайта. ~ **görüşürüz!** кайрадан көрүшкөнчө! ~ **ben geldim** мен кайра эле келдим. 2.ошентсе да, антсе да. ~ **de ihtiyatlı ol!** ошентсе да этият бол! 3.баары бир, ошого карабастан. ~ **bildiğini okuyacak** ал баары бир өз билгенин кылат. 4.дагы жакшы ..., эч болбосо ... **bizden beş lira almışlar ~ iyi** дагы жакшы, бизден беш эле лира алышыптыр.

genel 1.жалпы. ~ **seçim** жалпы шайлоо. ~ **tarih** жалпы тарых. 2.башкы негизги, генералдык. ~ **müdür** генералдык директор. ~ **sekreter** жооптуу секретарь. ~ **ev** *к.* **genelev.** ~ **kadın** денесин саткан аял, сойку. ~ **olarak** жалпысынан, көбүнчө.

genelev сойкулар үйү, кенен үй, жалапкана.

genelge жобо.

genelkurmay *аск.* генералдык штаб.

genelleme жалпылама. *сал.* **tamim.**

genellemek жалпылаш.

genelleşmek жалпыга мүнөздүү болуш,

элге тарап кетиш.
genelleştirmek жалпылаштырыш.
genellik,-ği жалпылык. *сал.* **umumîlik.**
genellikle жалпысынан, көбүнчө, жалпы алганда, адатта.
general, -li *аск.* генерал.
genetik,-ği *биол.* 1.генетика. 2.генетикалык, тукум куучулук.
geniş (*ар түрдүү мааниде*) кең, кеңири, жазы. ~ **bilgili** кеңири маалыматтуу. ~ **bir meydan** кең майдан. ~ **elbise** кең көйнөк. ~ **kenarlı şapka** кыры жазы шапка. ~ **perde** жазы парда. 2.чексиз, мелмилдеген, көз жетпеген. ~ **istepler** мелмилдеген мейкиндик-тер. ~ **topraklar** көз кайкыган талаалар. 3.кеңири масштабдуу, жалпы. ~ **anlamlı** кең маанидеги. ~ **toplantı** жалпы чогулуш. 4.*өтм.* кең пейил бейкапар, ноюбаган, камаарабаган. ~ **adam** кең пейил киши. ~ **açı** кең бурч. ~ **bir nefes almak** санаасы тынуу. ~ **fikirli** кең ойлогон. ~ **gönüllü/kalpli** кең пейилдүү. ~ **ölçüde** жалпы өлчөмдө. ~ **tutmak** жалпы алмак, кеңири түшүнмөк. ~ **yürekli** салмактуу, жайбаракат. ~ **zaman** туруктуу чак (*аракеттин ар дайым болуп турганын көргөзгөн этиштин чагы*).
genişlemek 1.кеңейүү, чоңоюу. 2.тароо, жайылуу. **yangın genişledi** өрт жайылды.
genişletmek 1.кеңейтүү, чоңойтуу. 2.жайылтуу, таратуу.
genişlik,-ği 1.кеңирилик, кеңдик. 2.кенендик. **boru ~i** түтүктүн кеңдиги. 3.кулач, амплитуда. 4.*өтм.* көлөм, кучак. **bütün ~i ile** кеңири кучагына алган. 5.мейкиндик. 6.молдук, берекет. ~ **içinde yaşamak** берекет ичинде жашоо.
geniz,-nzi мурун көңдөйү, каңылжаар. **~e kaçmak** мурдуна качыш. **~den konuşmak** мурдунан (солоп) сүйлөш. **~i tıkanmak** мурду бүтүш. **~ini yakmak** мурдун өрдөп кетүү.
gensoru интерпелляция, чоң сурак (*Түркия Парламентинде премьер-министрге же министрлердин бирине карата жүргүзүлгөн сурак*).
geofizik, -ği геофизика.
geofizikçi геофизик.
geometri геометрия. **çözümlemeli** ~ аналитикалык геометрия. **diferansiyel** ~ дифференциалдык геометрия.
geometrik геометриялык. ~ **çizimler** 1)геометриялык нерселер. 2)катуу нерселер.
gepgenç, gepegenç 1.жапжаш. 2.жаш чакта. ~ **öldü** жаш чагында өлдү.
gerçek, -ği 1.чыныгы, накта, туура. ~ **hayat** чыныгы жашоо/турмуш. 2.жасалма эмес, табигый. ~ **elmas** табигый алмаз. 3.туура, чыныгы, ишенимдүү. ~ **dışı** чыныгы эмес, чындыкка жатпаган/коошпогон. ~ **hikâye** ойдон чыгарылбаган, чыныгы аңгеме. 4.чын, акыйкат. **~i saklamak** чындыкты жашыруу. 5.чындык, факт. **~ler** фактылар. **~leri olduğu gibi görmek** чындыкты болгонун болгондой көрүш.
gerçekçi 1.чынчыл, туура жүргөн/*сүйлөгөн*. 2.реалист. 3.реалисттик.
gerçekçilik, -ği *ад., санат* реализм. 2.тууралык, чынчылдык, акыйкаттуулук.
gerçekleşmek 1.ишке ашыш, аткарылыш, орундалыш. 2.чын чыгыш, чынга айланыш.
gerçekleşmek 1.ишке ашырыш, аткарыш, орундатыш. 2. чын чыгарыш, чынга айлантыш.
gerçeklik,-ği чындык, тууралык, акыйкаттык.
gerçekten чынында, чындап, чын эле.
gerçeküstü чындыкка жатпаган, укмуштуу, өзгөчө, сыйкырдуу. ~ **durum** өзгөчө абал, чындыкка коошпогон окуя.

gerçeküstücü 1.сюрреалист. 2.сюрреализмдин.

gerçi чынында, чындыгында, акыйкатта. ~ **ben de oradaydım ama görmedim** чынында мен деле ошол жерде болчумун, бирок көрбөдүм.

gerdan 1.моюн. 2.(*семиз кишилерде*) кош ээк, богок. 3.моюн эт (*мал этинде*). ~ **kırmak** 1)таазим кылуу, урмат менен баш ийүү. 2) (*башын кылтыңдатып*) тийишүү, ойсоктоо. 3)башын алчактатып басуу (*ат*). ~ **süpürgesi** *арго* мурут.

gerdanlık, -ğı мончок, шуру, колье.

gerdek,-ği жаңы үйлөнгөндөр биринчи түнүн өткөргөн үй/бөлмө. ~ **gecesi** биринчи/нике түнү. ~**e girmek** күйөө-кыздын алгачкы түнүн бирге өткөрүшү.

gereç 1.зат, материал. **ateşe dayanıklı** ~ отко чыдамдуу зат. **yapı ~leri** курулуш материалдары. 2.курал, аспап, жарак, жабдык.

gereğince 1.ылайык, жараша, көрө. **kongrenin kararları** ~ конгресстин чечимдерине ылайык. **tüzük** ~ уставга жараша. 2.керек болгондой, ойдогудай, талапка ылайык. **toprak** ~ **işlenmiyordu** топурак ойдогудай иштетилчү эмес.

gerek,-ği 1.керек, зарыл. ~**se** керек болсо. **bana iyi bir yardımcı** ~ мага бир жакшы жардамчы керек. ~ **değil** керек эмес, кереги жок. 2.зарылдык, муктаждык. ~**inde** керек болгондо. ~ **yokken** кереги жок туруп. **bunun bize ~i yok** мунун бизге кереги жок. 3.-**sa gerek …** -са керек. **korksa** ~ корксо керек. **olsa** ~ болсо керек. **olmasa** ~ болбосо керек. ~**i düşünülmek** кереги ойлонуштурулуу. ~**inden fazla** керегинен көп. ~**i gibi** ойдогудай. ~**i yok** кереги жок.

gerekçe 1.керектүү себеп/мотив/аргумент. 2.*лог., мат.* жыйынтык, тыянак.

gerekli керектүү, зарыл. ~ **bulmak** керектүү көрүш. ~ **tedbirler** керектүү чаралар. 2.керек, зарыл. **bunun için bir dernek kurmak** ~ бул үчүн бир коом куруш керек.

gereklik керектүүлүк, зарылдык. ~ **kipi** *грам.* керектүүлүк/зарылдык ыңгайы.

gerekmek керектеш, керек көрүш, зарыл деп эсептеш. **gerekse** керек/зарыл болсо. **gerektikçe** керек/зарыл болгондо. **gerektiği gibi** керектигендей, талап кылынгандай.

gereksemek керек/зарыл деп эсептеш, муктаж/керек болуш, зарылдыгын сезиш.

gereksinim, gereksinme ыктыяж, зарылдык, талап. **tanışmak ~ini duymak** таанышуу ыктыяжын туюу.

gereksinmek ыктыяжы болуш, керек/зарылдык туюш.

gereksiz керексиз, пайдасыз, бекер, бош. ~ **sözler** керексиз сөздөр. ~ **yere** бекерден бекер.

gerektirmek керектүү/зарыл/муктаж кылуу, зарыктыруу, мажбурлоо.

gergedan *зоол.* носорог (*Rhinoceros*). **Afrika ~ı** африка носорогу. (*Diceros bicornis*).

gergef кергич, алкак. ~ **işlemek** кергичке керип сайма саюу.

gergin 1.чыңалган, керилген. ~ **tel** керилген кыл. 2.(*бет/жүз үчүн*) тасырайган, бырышсыз. 3.*өтм.* араздашкан, касташкан, кек санашкан, бузук (*мамиле*). **arkadaşımla kocasının arası** ~ жолдошумун күйөөсү менен мамилеси бузук. 4.*өтм.* кыжалаттуу, ачуулуу.

gerginleşmek 1. чыңалмак, керилмек. 2.*өтм.* (*мамилелер*) курчумак, араздашуу күч алмак. **siyasî hava gerginleşti** саясий абал курчуду.

gerginlik,-ği 1.чыңалыш, керилиш, курчуш. 2.*өтм.* курчуш, оордош,

татаалданыш (*мамилелер*).

görünümlü көрүнгөн, кебетеленген, сыяктанган.

görünür көзгө көрүнгөн/байкалган, ачык, даана. ~ **bir değişiklik** көзгө көрүнгөн/ачык байкалган бир өзгөрүү. **çıplak gözle** ~ көз менен көрүүгө боло турган.

görünürde 1.бир караганда, сырттан, карап/байкап турсаң, тыштан карасаң. ~ **haklı** бир карасаң аныкы туура. ~ **kolay, fakat gerçekte oldukça zor bir iş** сырттан караганда оңой, бирок чынында өтө оор иш. 2) (*тангыч сүйлөмдөрдө*) жакындарда, тегеректе, көзгө көрүнгөн/кол жеткен жерде. ~ **kimse yoktu** тегеректе эч ким жок болчу. **çok övdüler, ama ~ bir şey yok** аябай макташты, бирок көзгө көрүнгөн эч нерсе жок.

görünürlerde жакындарда, колдо, тегеректе.

görünürlük,-ğü көрүнөөлүк, көрө билинген аралык.

görünüş 1.(*көзгө*) көрүнүш. 2.(*тышкы*) көрүнүш. **görünüşe aldanmamalı** (сырткы) көрүнүшкө алданбоо керек. 3.(*табият*) көрүнүшү, пейзаж, панорама. **genel** ~ жалпы көрүнүш. **~e bakılırsa/göre** тышынан /сыртынан караганда, тышкы түрпатына көрө. **~ü kurtarmak** эптеп тышкы көрүнүшүн сактап калуу. 4.*грам.* этиштин көрүнүшү (*вид*).

görüş 1.көрүш, байкаш, көз жүгүртүш/чаптырыш. ~ **kabiliyeti** көрүү жөндөмү. ~ **sahası** көрүш аянты. 2.жолугушуу, сүйлөшүү. **onu ilk ~ümde** аны алгач көргөнүмдө. 3.көз караш, пикир, бүтүм, тургу. **~ünü açıklamak** көз карашын ачыктоо. ~ **alış-verişi** пикир алышуу. ~ **ayrılığı** пикир келишпестик, пикир ачакейлиги. ~ **bildirmek** пикирин билдирүү. ~ **birliği** пикир бирдиги. ~ **birliğine varmak** пикир бирдигине баруу, бир пикирге келүү. **bitaraf** ~ объективдүү/ тарапсыз көз караш. **dünya ~ü** дүйнө көз карашы. **karşıt ~ler** карама-каршы көз караштар. **kişisel** ~ жекече көз караш. 4.түшүнүк, акыл. ~ **darlığı** түшүнүгү тайкы. **ilk ~te** бир көргөндө эле.

görüşlü: dar ~ акылы тайкы. **uzak** ~ акылы терең.

görüşme 1.көрүшмө, жолугушуу, сүйлөшүү. ~ **günü** көрүшмө күнү (*түрмөдө*). 2. маек, расмий көрүшмөлөр, эки/көп тараптуу сүйлөшүү, интервью. **~lere başlamak** көрүшмөлөр жүргүзүлө баштоо. ~ **yapmak** сүйлөшүүлөр жүргүзүү.

görüşmeci (*түрмөгө*) көрүшмөгө келген, оорулууну көргөнү келген (*киши*).

görüşmek 1.жолугушуу, жүз көрүшүү. **gene görüşürüz inşallah** буюрса, дагы да көрүшөрбүз. 2.мамиле күтүү. **komşularla** ~ коңшулар менен киришип-чыгышуу. **kimseyle görüşmez** эч ким менен мамилеси жок. 3.маектешүү, (*бир маселени*) талкуулоо. **detayları sonra görüşelim** майда-баратын кийин талкуулайлы.

görüştürmek көрүштүрүү, жолугуштуруу, тааныштыруу.

görüşülmek 1.(*бирөө менен*) көрүшүлүү, сүйлөшүлүү. 2.(*бир маселе*) көрүшүлүү, талкууга алынуу.

gösterge 1.көрсөткүч, ышаарат, белги. 2.өлчөм жебеси (*айрым жабдуу-*

ларда). **benzin ~si** бензомер. 3.*мат.* даража, коэффициент. 4.(*бир иштин*) жүрүш таблицасы.

gösteri 1.көрсөтмө, оюн, шоу. ~ **uçuşu** көрсөтмө учуш. 2.(*кинотеатрда*) фильм көрсөтүүсү, (*театрда*) оюн көрсөтүүсү. 3.элдин көңүлүн буруш/протест үчүн жасалган жүрүш, чогулуш, митинг. ~ **yürüyüşü** демонстрация. 4. аткарыш, өнөр көрсөтүш, чыгыш, программа, номер, концерт. **halk oyunları topluluğu ~si** элдик бий ансамблинин концерти.

gösterici 1.көрсөтүүгө жараган/ татыган. 2.көрсөтүүчү, артист, шоумен, өнөрпоз. 3. чагылдыруучу (*аппарат*), проектор. 4.көрсөткүч, өлчөгүч (*аспап*), индикатор. 5. демонстрант, жүрүшкө/митингге катышуучу.

gösterim 1.чагылтым, проекция. 2.көрсөтүм, сеанс.

gösteriş 1.көрсөтүш (*мис. өнөрүн*), аткарыш. 2.жалган/көз боёгон аракеттер. ~ **mevzii** *аск.* жалганчы аракеттер. 3.тышкы көрүнүш, көрк, кооздук, сулуулук. **bu binanın hiç ~i yok** бул имараттын эч көркү жок. 4. кыйынсыныш, көйрөңдүк, сылаңкороздук, шаан-шөкөт, салтанат. ~ **yapmak** көйрөңдөнүү.

gösterişçi 1.көйрөң, мактанчаак, кыйынсынган, шаан-шөкөттү сүйгөн. 2.жасалма, элге көрүнүш үчүн жасалган (*иш*).

gösterişli 1.көрүнүшү кооз, жарашыктуу, жакшынакай/ татынакай. ~ **ev** кооз үй. ~ **kadın** жакшынакай аял. 2.жасалма, мактаныш/атын чыгарыш үчүн жасалган (*иш*). ~ **giyinmek** көйрөңдөнүп кийиниш.

gösterişsiz 1.көрүнүшү начар, жупуну, көзгө комсоо/серт. ~ **bir ev ama içi çok güzel** көрүнүшү начар, бирок ичи сонун үй. 2.чыныгы, чын ыкластан. 3. жөнөкөй, туура жүргөн, болгону болгондой (*киши*).

gösterme 1.көрсөтмө, демонстрация. ~ **salonu** көрсөтмө салону. 2.ышаарат, шилтеме, жаңсама. **kaynak** ~ (*жазууда*) шилтеме, булагын көрсөтүү. 3.көрсөтүү, шайлоо. **aday** ~ талапкер көрсөтүү. ~ **parmağı** сөөмөй.

göstermek 1.көрсөтүү, көргөзүү. **gerekli belgeleri** ~ керектүү документтерди көрсөтүү. **bu gözlük ufak yazıları iyi göstermiyor** бул көз айнек майда жазууларды жакшы көргөзбөйт. 2.шилтеп/жаңсап көргөзүү. **beni göstererek** мени көргөзүп. 3.мүнөздөш, далилдеш, белгилеш. **davranışları onun samimiyetini gösteriyor** кылган-эткени анын чын ыкластуулугун көрсөтүп турат. 3. көрсөтүү, чыгаруу, шайлоо. **aday** ~ талапкер көрсөтүү. **kabahatlı** ~ күнөөлүү көрсөтүү. **şahit/tanık** ~ күбө катары көрсөтүш. 4.далилдөө, белгилөө. **samimiyetliliğimi göstereceğim** чын ыкластуулугуму көрсөтөм. 5.билдирмек, туйгузмак, мамиле кылмак. **anlayış** ~ түшүнүү менен мамиле кылуу. **cesaret** ~ жүрөктүүлүк көргөзүү. 6.көрсөтмө бериш, үйрөтүш, окутуш. **ders** ~ сабак окутуш. **yol** ~ жол көрсөтүш. 7.алдына чыгарыш. **güneşe** ~ күнгө чыгарыш. **aleve** ~ отко жакын кармаш. 8.ачыкка чыгарыш. **insanı giyim kuşam gösterir** кишинин (*турпатын/көркүн*) кийим чыгарат. 9.окшоо, түспөлдөнүү, көрүнүү. **bu adam yaşlı gösteriyor** бул киши улгайгандай көрүнөт. 10.милдеттендирүү, иш берүү. **size ne iş gösterdiler?** сизге эмне иш беришти?

göstermelik,-ği 1.үлгү, өрнөк, көрсөтмө. 2.жасалмалык, көз боёмочу-

лук. 3.көрсөтмөлүк үчүн жасалган, убактылуу.

göt *орой* 1.көт, көчүк, арткы тешик. 2.*ооз.* арт жак, аяккы бөлүк. 3.кайрат, жүрөк, эрдик. 4.келесоо, кеңкелес, дөөпөрөс. **~ü açık** 1)жыртык-пыртык (*кийинген*). 2)*арго* томояк. ~ **altına girmek** болбогон жерден уят болуш. **~ten bacaklı** буту кыска (*киши*). ~ **içi kadar** көчүк айланбаган, тар. **~üne kına yak!** табасы кануу (*бирөөнүн оор абалына*). **~ü trampet çalmak** *арго* кубанычы койнуна батпоо. **~ünü yalamak** (*бирөөнүн*) көчүгүн жалоо, жасакерленүү.

götün: ~ ~ артка кетүү, арты/көчүгү менен жылуу. ~ ~ **gitmek** 1)артка кетүү. 2)начарлоо, артта калуу, көтүнөн кетүү.

götürmek 1.алып баруу/кетүү. 2.жеткирүү. **beni evime kadar götürdü** мени үйүмө чейин жеткирип койду. 3.алып кетүү, уратуу, кулатуу. **sel yolundaki evleri götürdü** сел жолдогу үйлөрдү алып кетти. 4.көтөрүп/уурдап кетүү. **boruları götürmüşler** түтүктөрдү көтөрүп кетишиптир. 5.өлтүрүү зыяны тийүү. **kolera can götürdü** холера көп жан алды. 6.чыдоо, көнүү, аягына чыгаруу. **o bu işi götürebilir mi dersin?** ал бул ишти аягына чыгара алабы? **itiraz götürmez** талаш-тартышсыз. **şaka götürmemek** тамаша кылынбай турган. 7.бир натыйжага барыш. **sevgi mutluluğa götürür** сүйүү бакытка жеткирет. 8.ишин бүтүрүш, чегине жеткириш. **bu karı herifi götürebilir** бул катын анын ишин бүтүрөт. 9.сиңириш, эмиш, (суу) тартыш, керектеш. **bu pirinç çok su götürür** бул күрүч көп суу талап кылат. 10. айта баруу, жеткирүү. **haber** ~ кабар айта барыш. **selam** ~ салам айта барыш. 11.жоюштуруу, жок кылуу. **eksiler artıları götürür** 1) минустар плюстарды жоюп кетет. 2) *өтм.* кемчиликтер ийгиликтерди бастырып салат.

götürü 1.дүң. ~ **alış** дүңүнөн сатып алыш. 2.ишине жараша. **işi** ~ **vermek** ишине жараша акча төлөш. ~ **pazarlık** дүң соода. ~ **ücret** ишине жараша акы.

götürüm *ооз.* көтөрүм, чыдам, сабыр.

götürümlü көтөрүмдүү, чыдамдуу, сабырдуу.

gövde 1.көөдөн, бой, тулку. **bir koyunun** ~ **si** бир койдун көөдөнү, эти (*баш – шыйрагынан башкасы*). 2.бой, корпус, көөдөн (*бир нерсенин*). **tank ~si** танка корпусу. 3.*бот.* өзөк, сөңгөк. **ağacın ~si** даректын өзөгү, негизи. 4.*грам.* уңгу, негиз (*сөздүн*). 5. *полигр.* ариптин бою. 6.фюзелаж (*учактын*). **~ye atmak/indirmek** сугунуп жибериш, жутуп ийиш. ~ **gösterisi** протест көтөрүлүшү, массалык каршы чыгуу. ~ **heykeli** бюст.

gövdelenmek 1.бой тирөө, өзөгү жооноюу (*мис. бак-даректын*). 2.толуу, чымыр тартуу (*киши*).

gövdeli 1.сөөк-саактуу, чымыр денелүү, олбурлуу, албеттүү (*киши*). 2.өзөктүү, сөңгөгү/өзөгү жоон (*өсүмдүк, бак*).

göveri жашылча, көк-сөк.

gövermek *ооз.* 1.көгөрүү, жашылдануу (*эгилген нерселер*). 2.көгөрүш, көкала болуш (*мис. бет, эт*).

göymek,-er *ооз.* күйүү.

göynük,-ğü 1. күйүк, күнгө күйгөн. 2.токойду өрттөп ачылган талаа. 3.*өтм.* күйүттүү, кайгылуу.

göz 1.көз. **~lerini fal taşı gibi açmak** көздөрүн чакырайтып/бакырайтып ачуу. ~ **yaşı** көз жашы. 2.көрүү/көрүш, караш. **hilekâr ~ lerle bakmak** айлакердик/митайымдык менен

кароо. **kardeş ~üyle bakmak** бир туугандык көз карашта/мамиледе болуу. ~ **keskinliği** көздүн курчтугу, көрүш мыктылыгы. ~ **hafızası** көрүп эске тутуу. 3.булак, кайнак (*суу*). 4.көз, тешик, жыртык. **iğnenin ~ü** ийненин көзү. 5.бир бүтүн нерсенин бөлүм/бөлүктөрүнүн ар бири. **çantanın ~leri** сумканын көздөрү. **masanın ~leri** үстөлдүн тартмалары. **terazinin ~leri** таразанын табактары. 6.көз тийгизген нерсе, назар, сук. ~ **değmek/ ~e gelmek** көз тийүү, сук кирүү. ~ **boncuğu** көз мончок. 7.кириш, арка, өткөөл. **köprünün ~ü** көпүрөөнүн өткөөлү. 8. бүчүр, бутак (*өсүмдүктө, дараста*). 9.сый, урмат, аброй. **~ünde büyütmek** өзгөчө урмат көргөзүү. **~den düşmek** кадыр-баркын жоготуу. 10.айрым жаралардын оозу. **çıvanın ~ü** сыздооктун оозу. **~üm!** жаным! берекем! садагам! **~ünde** көз алдында. **~ü aç** ач көз. ~ **açamamak** 1)көзүн ача албоо. 2)кутула албоо. **çocuk hastalıktan hiç - açamıyor** бала оорудан көзүн ача албады. 3)бош убактысы калбоо. **işten ~üm açılmıyor** иштен колум бошобойт. **~ü açık** тың, бышык. **~ü açık gitmek** көзү ачык (арманда) кетүү. ~ **açıklığı** 1)кыраакылык, сергектик, даанышмандык. 2)шамдагайлык, чапчаңдык. ~ **açıp kapayıncaya kadar** көз ачып жумганча. **~ü açılmak** көзү ачылуу, ак-караны таануу. **~lerini açmak** 1)көздөрүн ачуу. 2) ойгонуу. 3) көрүү мүмкүнчүлүгүн берүү (*бирөөгө*). 4)*өтм.* (*бирөөнүн*) көздөрүн ачуу, ак-караны таанытуу. 5) сак/этият болуу. **~ünü açmak** 1)эки-жакты, айланатегерегин тааный баштоо. 2)этият болуу. 3)(*бир аял бир эркек менен*) алгач ирет жыныстык байланыш жасоо. ~ **açtırmamak** (*бирөөнү*) көз ачтырбоо, эс/сеп алдырбоо, жанын тындырбоо. **~ü ağarmak** көзү акшыраюу, көзүнүн чаары чыгуу, жини келүү. ~ **ağrısı** 1)көз оору. 2)сүйүктүү, көрөр көз, көзүн ачып көргөнү, оозун ачып өпкөнү. **ilk ~ ağrısı** 1)алгачкы сүйүүсү. 2)тун баласы. ~ **ahbaplığı/ aşinalığı** чала/сырттан тааныш. ~ **akı** *анат.* көздүн агы. **~lerinin akına kadar sararmak** (*ачуусу келгенден*) көздөрүнүн чаары чыгуу. ~ **alabildiğine** көз жеткенче, көз жеткен жерге чейин. **~leri alan** көз тайгылткан. **~lerini alamamak** көзүн тарта албоо, көз айырбоо, көзүн албай кароо. ~ **aldanımı/** ~ **aldanması** көз жазгырган. ~ **alıcı** көз тайгылткан, көздүн жоосун алган ~ **alışkanlığı** көзү көнүү, көзү үйүр алуу. **~e almak** 1)эсепке алуу. 2)тобокел кылуу, тобокелге салуу. ~ **altı** камак, түрмө. ~ **ardı etmek** көңүлгө албоо, этибар кылбоо/албоо. **~ü arkada gitmek** арманда өлүү. **~ü arkada kalmak** санаасы тынчыбоо, сарсанаа болуу. **~ünden ateş çıkmak** көзүнөн жалын чачуу (*ачуусу келгенден*). ~ **atmak** көз чаптыруу/жиберүү. **~ün/ ~ünüz aydın!** кубанычың кут болсун! (*тилеги кабыл болгон, жакыны алыстан келгендерге айтылат*). ~ **aydına gitmek** куттуктоо үчүн баруу. **~ünü ayırmamak** көз айырбоо. ~ **bağcı** көз боочу. ~ **bağı** 1)көз байлаш/жазгырыш. 2) жаңылткан себеп. **~ünü bağlamak** 1)көз жазгыруу/будамайлоо. 2)өзүнө тартуу, куштар кылуу, сыйкырлап алуу. **~ü bağlı** 1)кайдыгер, көңүл кош, этиятсыз. 2)ойлонбостон, чын-төгүнүнө жетпестен. **~üyle bakmak** ... сыяктуу көрүү/мамиле

кылуу. ~ **bankası** көз клиникасы. **~e batmak** көзгө жат/чоочун көрүнүш. **~leri bayılmak** 1)көздөрү жабышуу. 2)көздөрү кылгыруу. ~ **bebeği** 1)карек, чечекей. 2)*өтм.* көзүнүн кареги, кымбат кишиси. ~ **bebeği gibi sevmek** көзүнүн карегиндей сүйүү/ардактоо/кастарлоо. ~ **bilimi** офталмология. ~ **boyamak** көз боёо, алдоо. **~leri buğulanmak/bulutlanmak** көздөрү жашылдануу. **~ü bulanmak** 1)көздөрү тумандоо. 2)көздөрү караңгылашуу. **~ü büyükte olmak** дымагы күч болуш. **~leri büyümek** көздөрү чакчаюу (*корккондон, таң калгандан*). **~ünde büyütmek** кудайындай көрмөк. **~ünde canlanmak** көзүнө элестөө. **~leri çakmak çakmak olmak** көздөрү ала-чакмак болуу. **~ünün çapağını silmeden** көзүн ачар/ойгонор замат, көзүнүн чылпагын сүрбөй туруп. **~e çarpan** көзгө урунган, көрүнүктүү, урунттуу. **~den çıkarmak** 1) баштан садага кылуу/ чабуу. 2) коротууга/ чыгашага бел байлоо. **~ü çıkasıca!** *каргыш* көзү аксын/ кашайсын! ~ **den çıkmak** *к.* **~den düşmek. ~ünü çöpten/budaktan esirgememek** кандан-бектен кайра тартпоо, эр жүрөктүк кылуу. **~ü dalmak** 1) көзү кирип кетиш, эстен таныш. 2)телмирип тиктеш, ойго батыш. ~ **damlası** көзгө тамчылатма дары. **~lerini devirmek** көздөрүн акшыңдатуу. ~ **deliği** 1)көз тешиги (*каалгадагы*). 2) чептин кароол тешиктери. **~ü dışarıda** 1)көзү башкаларда болгон (*күйөө/аял*). 2)көзү башка иштерде болгон (*кызматкер*). ~ **dikeği** эрмек, хобби. **~e diken olmak** 1)көзгө түшкөн кыпын. 2) *өтм.* каргаша, көзгө чыккан чыйкан болмок (*бирөөгө тоскоол кылуу*). **~leri dışarı fırlamak** көздөрү чанагынан чыгуу. ~ **dikmek** көзүн тигүү, көзү түшүү. **~lerini dikmek** телмирип/ көз айырбай тиктемек. **~üne dizine dursun!** *каргыш* көзүңөн чыксын! тузум урсун! (*жакшылыкты билбеген кишиге айтылат*). ~ **doldurmak/doyurmak** көз тойгузуу/толтуруу, ыраазы кылуу. ~ **doldurucu** көзгө/көңүлгө толгон, сүйүндүргөн, ыраазы кылган (*нерсе*). **~leri dolmak/dolu dolu olmak** көзүнө жаш тегеренүү, көзү жашылдануу. **~ü doymak** көзү тоюу, ыраазы болуу. **~ü doymamak** көзү тойбоо. **~ü doymaz** көзү тойбос. **~ünü doyurmak** көзүн тойгузуу. **~leri dönmek** 1)көздөрү аңтарылуу (*өлүп бараткanda*). 2)кутурмак, жаалданмак, чектен чыкмак. **~ünü dört açmak** көздөрүн чоң ачуу, сак болуу. **~ü dumanlanmak/~ünü duman bürümek** көздөрүнөн от чагылуу, көзүнүн чаары чыгуу (*ачуусу келгенден*). **~ü dünyayı görmemek** көзү эч нерсе көрбөө. **~den düşmek** көздөн түшүү, кадыр-баркын жоготуу. ~ **erimi** көз жеткен жер, мейкиндик, горизонт. ~ **evi** көздүн чарасы/чанагы. **~leri evinden (yuvasından) fırlamak/oynamak/uğramak** көзү чанагынан чыгуу. **~den geçirmek** көздөн өткөрүү, карап/ текшерип чыгуу. **~e gelmek** көз тийүү. ~ **gezdirmek** көз жүгүртүү. **~ü gibi korumak/esirgemek/saklamak** көздүн карегиндей сактоо/коруу. **~ü gibi sevmek** көзүндөй көрүү. **~üne girmek** (*бирөөнүн*) ишеничине/ ичи-койнуна кирүү. **~ü gitmek** көзүнө чалдыгуу/урунуу. **~ü gönlü açılmak** көңүлү ачылуу/көтөрүлүү. ~ **göre göre** 1)көз көрүнөө, ачыктан ачык. 2)билип туруп, атайлап, кастык менен. **~üyle**

görmek өз көзү менен көрүү. **~ü görmemek** 1)көзү көрбөө. 2)бир нерседен башка эч нерсеге көңүл бөлбөө. **~üm görmesin!** көзүм көрбөсүн! **~ü görmez olmak** көргүсү келбөө, байкабоо, көрмөксөнгө салуу. **~le görülebilir** 1)көзгө көрүнгөн. 2)байкалган, билинген, анык. **~e görünmek** 1)көзгө көрүнүү/чалдыгуу. 2)*өтм.* көзгө көрүнүү, өзүн көргөзүү. **~e görünmemek** 1)көзгө көрүнбөө/урунбоо. 2)*өтм.* байкалбоо, баркы билинбөө. **~ü götürmemek** 1)ичи тардык кылуу, көрө албоо. 2)(*бирөөнү*) кыртышы сүйбөө. ~ ~ 1)көз көз. 2)бөлөк-бөлөк, өзүнчө (*бөлмөлөр*). **~e göz, dişe diş** көзгө көз, тишке-тиш (*ар кимге өзүнө жараша мамиле*). ~ **~e gelmek** 1)көзмө көз/бетме бет келиш. 2)көздөрү чагылыша түшүш. ~ **~ü görmemek** көз көрүнбөө (*туман-дан, түтүндөн*), көзгө сайса көрүнгүс (*караңгы*). **~ünden ~üne vermemek** суук көзгө ыраа көрбөө, жанындай көрүү. ~ **hakkı** көз акысы. ~ **hapsi** 1)көзөмөлгө алуу, көз айырбоо. 2)үй камак. ~ **hapsine almak** 1)көз айырбай байкоого алуу, аңдуу. 2)(*бирөөдөн*) көзүн албоо. **~leri hayata açık oldukça** көзүнүн тирүүсүндө. **~lerini hayata kapamak (yummak)** көз жумуу. **~ü hiç bir şey görmemek** көзүнө эч нерсе көрүнбөө (*өрөөпкүгөндөн, корккондон, сүйүнгөндөн*). **~den ırak olmak** көздөн узак/далдаа болуш. **~den ırak olan gönülden de ırak olur** *мак.* көздөн ыраак болгон көңүлдөн да ыраак болот. **~ü ısırmak** көзгө жылуу учуроо. **~ünün içine baka baka** каратып туруп, кебелбей туруп, көз көрүнөө. **~ünün içine bakmak/ ~üne bakmak** 1) көзүнө тик карoo. 2) көзүн карoo, үйрүлүп/үстүнө түшүү. 3)көзүнүн кареги менен тең айлануу. 4)көзүн жалдыратуу (*жардам күтүү иретинде*). **~lerinin içi gülmek** көздөрү күлүңдөө. **~lerinin içine kadar kızarmak** кулагынын учуна чейин кызармак. **~ü ile bakmak** 1)... сыяктуу/ катары карoo. **alıcı ~ü ile bakmak** алуучу катары/сын көз менен карoo. 2) ... деп ойлоо/эсептөө. **biz ona hep hoca ~üyle baktık** биз аны дайыма мугалим катары көрдүк. **~ü ile görmek** ... катары көрүү. **birini yiğit ~ü ile görmek** бирөөнү баатыр катары көрүү. **~e ilişmek** көзгө илиниш/чалдыгыш. **~ünüze ilişmekten korkuyor** көзүңүзгө урунгандан коркот. ~ **iltihabı/ yangısı** көз сезгениши. **~lerine inanamamak** көргөн көзүнө ишенбөө. **~lerinin ipi sararmak** көзүнүн майы түгөнүү (*көп күтүп, жол карaганда*). **~üyle işaret etmek** көздөрү менен ышаарат кылуу/ белги берүү. **~den kaçmak** көздөн качуу, чала көрүү. **~lerini kaçırmak** көздөрүн ала качуу. **~ünden kaçırmamak** көздөн качырбоо, көз айырбоо. **~den kaçmak** көздөн качуу, байкалбай калуу (*мис. ката*). **~ü kalmak** 1)көзү түшүп калуу. 2)ичи таруу, кызгануу. **~ü kamaşmak** (*жарыктан*) көзү камашуу. ~ **kamaştırıcı** көз тайгылткан, көз жоосун алган. ~ **kamaştırmak** көз тайгылтуу/ камаштыруу, көз жоосун алуу. **~ünü kan bürümek** көзүнө кан толуу. **~leri kan çanağına dönmek/~leri kanlanmak** көздөрү кызарып чыгуу, көздөрүнө кан толуу. ~ **kapağı** көз кабагы. **~ü kapalı** 1)көзүн ачпай туруп, алды-артын ойлобой туруп, шашылыш түрдө. 2)айланатегеректе болгондор менен иши

жок. **~ü kapalı olarak** көрбөй/ карабай туруп. **~ünü kapamak** 1)көрмөксөн болуу, көз жумуу. 2)көз жумуу (*өлүм*). **~leri kapanmak** 1)көздөрү чапташуу/жумулуу (*уйкусу келгенден*). 2)өлүү. **~ü kapıda** 1)көзү/эси-дарты эшикте болуу (*чыга качуу үчүн*). 2)бир нерсени эңсеп күтүп жүрүү. **~ü kara** көзү кара, жүрөктүү, тайманбас. **~ kararı ile** көз болжол менен. **~ü kararmak** 1)көзү караңгылашуу. 2)өзүн жоготуу, кызуу кандуулук кылуу, ачууга алдыруу/ жеңдирүү. **~le kaş arasında** кашкабактын ортосунда. **~ kaş oynatmak** көз сүзүп, каш серпүү, кылыктануу. **~den kaybolmak** көздөн кайып болуу, жоголуу. **~ü kaymak** 1)көзү чалыраюу. 2)көзгө урунуу/ чалдыгуу. **~ kesilmek** көзү тешилүү (*карай/күтө берип*). **~ü keskin** көзү курч. **~ü kesmek** көзү жетүү, өзүнө ишенүү. **~üne kestirmek** 1)көз токтотуу, жактыруу, тандоо. 2) (*бир ишке*) бел байлоо, чымыркануу, өзүнө ишенүү. **~ keşfi** көз чаптыруу. **~ünü kırpmadan** көз ирмебей, коркпой, тайсалдабай. **~ kırpmak** 1)көз ирмөө. 2)көз кысуу. **~ kırpmamak** көз ирмебей (*отуруу/таң атыруу*). **~ü kızarmak** көзү кызаруу. **~ü kızmak** көзүнүн чаары чыгуу, жинденүү. **~ kliniği** көз клиникасы. **~ü korkmak** жүрөгүнүн үшүн алуу, даабоо. **~ünü korkutmak** опузалоо, жүрөгүнүн үшүн алуу, коркутуп коюу. **~üne koymak** (*бир нерсеге*) бел байлоо, тобокелге салуу. **~ü kör olası!** *каргыш* кашайгыр! **~ü kör olsun!** *каргыш* көзү көр болсун! көзү кашайсын! **~ kulak olmak** 1)баш-көз болуу, багып/карап туруу. 2)үзбөй маалымат алып туруу. **~ kuyruğuyla/ucuyla bakmak** көзүнүн кыйыгы менен караш. **~leri musluk gibi akmak** көзүнүн жашы он талаа болуу. **~ nuru** 1)көз нуру, көрмө жөндөмү. 2)көз нурун короткон иш. **~ümün nuru!** көзүмүн нуру! жарыгым! күнүм! **~ nuru dökmek** 1)көзүн бузуу. 2)көз нурун түгөтүү. **~ okşamak** көзгө жагымдуу. **~ünden okumak** көзүнөн окуу/көрүү. **~ü olmak** (*бир нерседе*) көзү/тилеги/ниети болуш. **~ü yüksekte/ büyükte olmak** көзү көктө болуу. **~ünde olmak** (*бирөөнүн*) көңүлүндө/көзүндө болуш. **~ünde olmamak** (*катуу кайгыдан, кырсыктан, оорудан кийин*) эч нерсеге көңүлү чаппоо, кайдыгер болуу. **~ önü** көз алды. **~ önünde** көз алдында. **~ önünde bulunmak** көз адында туруу. **~ünün önünden geçmek** эстөө, эске түшүрүү. **~ünün önünden gitmemek** көз алдынан кетпөө, унута албоо. **~ünün önünde tutmak** 1)көз алдында кармап туруу. 2)эске тутуу, эсепке алуу, көңүлгө түйүп коюу. **~ önüne almak** эске/эсепке алуу. **~ünün önüne bakmak** көзүн ачып жүрүү, этият/сак болуу. **~ünün önüne gelmek** көз алдына келүү, элестөө. **~lerinin önüne serilmek** көз алдына тартылуу. **~lerin(iz)den öperim!** көздөрүң(үз)дөн өбөм! **~ü para görmek** акчалуу болуш, байыш. **~leri parlamak** көздөрү жадырамак. **~ünü patlatmak** 1)көзүн чыгара коюу. 2)өлтүрүү. **~ü pek** жүрөктүү, кайраттуу, эр. **~üne perde inmek** көзү кароолонмок. **~ pınarı** көздүн кычыгы. **~ünden sakınmak** көзүнүн карегиндей сактамак. **~ü seğirmek** көзү тартмак. **~ünü sevda bürümek** сүйүүдөн көзү көр болуу. **~ünü sevdiğim!** көзүңдөн айланайын! **~ünü se-**

veyim айланып/садагаң кетейин! кудай жалгагыр! өпкөмү чабайын! (*бир өтүнүч тилегенде колдонулат*). **~üne sokmak** көзүнө такаш, көзгө сайып көргөзүш. **~leri sulanmak** көздөрү жашылдануу, көзүнөн жаш тегеренүү. **~ü sulu** жашык, ыйлаак. **~den sürmeyi çalmak** каратып туруп уурдап алыш. ~ **süzmek** көздөрүн сүзүш. **~leri süzülmek** көздөрү сүзүлүү/жабышуу. **~inde şimşek çakmak** көзүнөн от чагылуу. ~ **tahmini** көз болжом. **~leri takılmak** көзүнө чагылмак/урунмак. **~leriyle takip etmek** узата кароо, көз айырбоо. **~ü tok** көзү ток, ток пейил. **~ü tutmak** 1) (*бирөөгө*) жагуу, жакшы пикир калтыруу. **bu adamı ~üm tuttu** бул киши мага жакты. 2)чыгынуу, бел байлоо, киришүү. **~de tutmak** колдоо көргөзүү, ардактоо, кадырлоо. **~ünde tütmek** 1)сагынуу, куса болуу. 2)эңсөө, арзуулоо, кыялдануу. **~ünden uyku akmak** уйкусу катуу келүү. **~üne uyku girmemek/-lerini uyku tutmamak** уйкусу качуу. **~lerden uzaklaşmak** көздөн узак/ыраак болуш, көзгө көрүнбөй жоголуш. **~ünün üstünde kaşın var dememek** кыңк этпей баш ийүү, үнүн чыгарбоо. **~ü üstünde kalmak** элдин баарына эрмек болуу. **~ü üzerinde olmak** көзөмөл/камкордук алдында болуш. **~ü var** (*бир нерседе*) көңүлү, үмүтү бар. ~ **ve kulak dikmek** көзүн, кулагын тикчийтиш. **~leri velfecri okumak** куулугу көздөрүнөн көрүнүп туруш. **~leri yaşarmak** көзү жашылдануу. ~ **yaşartıcı** 1)көздөн жаш агызуучу. 2) аянычтуу, кейиштүү. ~ **yaşartıcı bomba** жаш агызуучу бомба. **~ünün yaşına bakmamak** көзүнүн жашына карабоо. **~ü ile yemek** жеп жиберчүдөй кароо/тиктөө. ~ **yememek** көзү жетпөө. **~leri yerde** жер тиктөө. **~ünü yıldırmak** жүрөгүн түшүрүү, коркутуу. **~ü yılmak** коркуп калыш, жүрөгүнүн үшүн алыш, жүрөгү түшүш. **~ü yolda** жол караш. **~leri yollarda kalmak** көздөрү жолдо калыш, эки көзү төрт болуш(*бирөөнү күтүп)*. ~ **yummak** көз жумуу, көрмөксөнгө салуу. **~ünü yummak** 1)көз жумуу, өлүү. 2)көз жумуу, байкамаксан болуу. **~leri yuvalarından oynamak/fırlamak/uğramak** көзү чанагынан чыгуу. ~ **yuvarı** *анат.* көз чуңкуру. ~ **yuvası** *анат.* көз чарасы.

gözaltı,-nı камак. **~na alınmak** камакка алыныш.

gözcü 1.кароолчу, көзөмөлчү, байкоочу. ~ **kulesi** кароол, чеп. 2.*ооз.* көз доктору, окулист.

gözdağı,-nı опуза, коркутуу. ~ **vermek** опузалоо, коркутуу, жүрөгүнүн үшүн алуу.

gözde 1.сүйүлгөн, сүймөнчүк. ~ **şarkılar** сүйүлгөн/ооздон түшпөгөн ырлар. 2.сүйгөн, эркe, көрөр көз (*аял*). ~ **olmak** 1)сүймөнчүккө ээ болуш, мода/атактуу болуш. 2)(*бирөөнүн*) сүйгөнү/эркеси/көрөр көзү болуш.

göze 1.*биол.* клетка, көзөнөк. ~ **çoğalması** клетканын көбөйүшү. ~ **zarı** клетканын чели. 2.булак, суунун башаты. ~ **bilimi** *биол.* цитология, клетка жөнүндөгү окуу. ~ **yutarlığı** *биол.* фагоцитоз (*микроптордун денедеги жегич клеткалар аркылуу жутулуп жок кылынышы*).

gözemek 1. тешикти/жыртыкты тордоо. 2.эгилген өсүмдүктөрдү коюлаштырып тигүү.

gözenek,-ği 1.көзөнөк. **deri ~leri** теринин көзөнөктөрү. 2.*биол.* (*өсүмдүктөрдө*) зат алмаштыргыч көзөнөктөр. 3.*ооз.* терезе, тешик, чуңкур.

4.(*тордун, түймөнүн ар бир көзү, ажур*). 5.аары балынын торчолору. 6. *астр.* Күндүн бетиндеги кичинекей кара чекиттер.

gözenekli көзөнөктүү.

gözenmek көзөнөктөрдү/жыртыктарды тордоп бүтөө.

gözer *ооз.* көздөрү чоң калбыр.

gözetici 1.*спорт* көзөмөлчү. 2.колдоочу, баш-көз болгон киши.

gözetim 1.көзөмөл, байкоо. 2.колдоо, коргоо, көз салуу. 3.камак. **~e almak** камакка алыш.

gözetleme кароол, көзөмөл, күзөт, байкоо, из куума, изине түшмө. **~ araçları** кароол жабдуулары. **~ kulesi** кароол дөбө/пункт.

gözetlemek 1.(*бирөөнү*) аңдыш, изине түшүш. 2. байкоого/көзөмөлгө алыш, көз салыш.

gözetleyici 1.кароолчу, сакчы, нөөмөтчү. 2.чалгынчы, тыңчы, шпион.

gözetmek 1.багыш, караш, көз салыш. **büyük kardeşler küçükleri gözetir** улуу бир тууганлар кичүүлөргө көз салат. 2.баа бериш, кадырлаш, ардакташ, көңүлгө/эсепке алыш **çevrenizdekilerin zevkini, hatırını gözetmeniz gerekir** чөйрөңүздөгүлөрдүн каалоо-тилегин, кадыр-көңүлүн эске алууңуз керек. 3.күтүү, аңдып/байкап туруу/көздөө. **amaç ~** максат көздөө. **fırsat ~** ыңгайын келтирүү. 4.(*бирөөнүн*) кызыкчылыгын көздөө. **şahsî menfaat ~** жекече кызыкчылык көздөө.

gözetmen 1.(*мектепте*) көзөмөлчү, теске салуучу, байкоочу. 2.*кино* режиссёр жардамчысы.

gözgü *ооз.* күзгү.

gözleği, -ni кароол дөбө.

gözlem 1.байкоо, көзөмөл. 2.тыянак, жыйынтык. 3.*филос.* байкоо, изилдөө ыкмасы. 4.*астр.* көктөгү заттарды иликтөө/ байкоо жүргүзүү. **~ evi** *астр.* обсерватория.

gözlemci 1.көзөмөлчү, байкоочу. 2.жорумчу. **siyasî ~** саясий жорумчу.

gözleme I 1.көзөмөл/байкоо. 2.*астр.* байкоо, иликтеме (*көктөгү заттарды*).

gözleme II гөзлеме (*жупканын ичине тууралган эт, картошка же быштак кошуп, бетине май сүйкөп бышырылган тамак*).

gözlemek 1.көздөө, күтүү, аңдуу. **fırsat ~** ыңгайын келтирүү. **yolunu ~** жол кароо. 2.байкоо, көзөмөлгө алуу. 3.кароо, көз чаптыруу/ жиберүү. **çevreyi gözledim** тегеректи байкаштырдым.

gözlemlemek байкоо, байкоо жүргүзүү.

gözlenmek байкоо алдына алынуу, изилденүү.

gözlü 1.көздөнгөн, көздүү. **badem ~** бадам көздүү. **deve ~** бото көз. **dört ~** төрт көздүү. 2.көздөрү бар. **üç ~ dolap** үч көздүү шкаф. 3.бөлмөлүү. **beş ~ bir ev** беш бөлмөлүү үй. 4.көзөнөктөрү/ тешиктери бар. **sık ~ kalbur** көзү жыш калбыр. **~ ye gizli yoktur** *мак.* көздүүдөн жашыра албайсың.

gözlük,-ğü 1.көз айнек. **~ çerçevesi** көз айнектин алкагы. **güneş ~ü** күн тоскуч көз айнек. 2. ат көздүгү (*үркпөшү үчүн көздөрүнүн эки жагына тагылат*). 3.аарыдан коруучу баш кийим.

gözlükçü 1.көз айнекчи (*көз айнек оңдогон, саткан киши*). 2. көз айнек дүкөнү.

gözlüklü 1.көз айнекчен. 2.*зоол* алкактуу (*көзүнүн тегерегинде алкактары болгон жаныбарлар*). **~ penguen** кадимки алкактуу пингвин.

gözsüz 1.көзү көрбөгөн, сокур. 2.көздөрү/тартмасы жок (*буюм, эмерек*).

gözükmek көрүнүү, көрүнүп калуу.

gözyaşı,-nı көз жашы. **~ dökmek** көзүнүн жашын төгүү.

grado 1.градус (*алкоголдук заттар-да*). 2.градус (*ысыктын, сууктун*).
grafik, -ği график, диаграмма.
grafit, -ti графит.
grafolog графолог, жазуу адиси.
grafoloji графология.
gram грамм.
gramaj граммаж.
gramer грамматика.
gramerci грамматист, тилчи.
gramafon граммафон, патефон.
grandük, -kü *тар.* улуу князь (*Россияда колдонулган титул*).
granit,-ti гранит, граниттен жасалган. ~ **gibi** граниттей, бекем, бышык.
granül гранул, дан, бүртүк.
gravitasyon *физ.* гравитация. ~ **kanunu** Жердин тартылуу күчү закону.
gravür гравюра.
gravürcü гравюрачы.
gravyer (~peyniri) швейцар быштагы.
Grek 1.Байыркы Греция. 2.Байыркы Грецияга мүнөздүү/тиешелүү.
Grekçe байыркы грек тили.
grekoromen *спорт* грек-рим (*күрөшү*).
grena *мин.* гранат.
gres: ~ **yağı** *тех.* машине майы, солидол.
grev иш таштоо (*жумушчулардын*). ~ **bozmak** иш таштоону токтотуу. ~ **yapmak** иш ташташ. **genel** ~ жалпы иш таштоо.
grevci иш таштаган киши.
greyder *тех.* грейдер.
greyfurt,-tu/-du *бот.* грейпфрут (*Citrus decumana).*
gri күлдөй боз *(түс)*.
grif гриф (*мөөр*).
grip, -bi/-pi грипп. ~**e karşı** гриппке каршы. ~ **olmak** грипп болуу.
grizu руда газы.
gros гросс. ~ **ağırlık** гроссалмак.
groston *дең.* гросстонна.
grotesk, -ki гротеск.
Grönland Гренландия.
Grönlandca гренландия тили.
grup,-bu 1.группа, топ. ~**lara ayırmak** топторго бөлүштүрүү. ~ ~ **toplanmak** топ-топ болуп чогулуу. 2.жаат, фракция. **politik** ~**lar** саясий жааттар. 3.уюм, топ. 4.группа, класс. 5.*аск.* дивизион, батальон. **tank** ~**u** танка батальону. **bağlama** ~**u** *грам.* (*сүйлөмдүн*) бир өңчөй мүчөлөрү. **kan** ~ **u** кан группасы.
gruplandırmak 1.группаларга/топторго бөлүштүрүү. 2.топтоо.
gruplanmak 1.группаларга/топторго бөлүнүү. 2.топтолуу.
gruplaşmak 1.группаларга/топторго бөлүнүшүү. 2.топтошуу, топторго биригүү.
guatr *мед.* богок.
gudde *анат.* без.
guguk,-ğu: ~ **kuşu** *зоол.* күкүк (*Cuculus canorus*). ~ **gibi kalmak (oturmak)** күкүктөн бетер жалгыз калуу.
guguklu: ~ **saat** коңгуроолуу саат.
gulaş гуляш (*мажар тамагы*).
gulu: ~ ~ гүлү-гүлү (*үндүктүн үнү*).
gurbet, -ti 1.чет жер, чет эл. ~ **ellerde yaşamak** чет жерлерде жашоо. 2.кусалык, сагыныч. ~ **çekmek** кусалык тартуу. ~**te olmak** чет жерде, бөтөн эл/бөтөн жерде жүрүш.
gurbetçi 1.эли-жеринен/үй-бүлөсүнөн алыс жүргөн киши. 2.бөтөн жерде иштеп жүргөн киши.
gurgur кур-кур (*ичтин курулдашы*). ~ **etmek** курулдоо.
gurk, -ku 1.күрпө *(тоок).* 2.эркек үндүк. ~ ~ **etmek** кукулуктоо. ~ **olmak** күрпө болуу. ~**a yatmak** (*тоок*) жумуртка баса баштоо.
gurlamak, guruldamak курулдоо (*бирөөнүн ичи*).
gurultu (*ичтин*) курулдамасы.
gurup,-bu батуу. **güneşin** ~**u** күндүн батышы.
gurur 1.абийир, намыс, уят. 2.сыймык. 3.бой көтөрүү, текеберлик. ~ **duymak** сыймыктануу. ~**unu kırmak**

(*бирөөнүн*) жинин кагуу, текебердигин жок кылуу. **~unu okşamak** (*бирөөнүн*) сыймыгын арттыруу, аброюн көтөрүү. **~uyla oynamak** (*бирөөнүн*) намысы менен ойноо.

gururlanmak 1.сыймыктаныш, өрөөпкүш. 2.текеберлениш, бой көтөрүш, теңсинбеш, кыйынсыныш.

gururlu 1.ар намыстуу, абийирдүү, уяттуу. 2.текебер, бой көтөргөн, кыйынсынган, курулай намыстанган.

gusül,-slü *дин* гусул, бой абдеси/даарат. **~ aptesi almak** бой абдеси алыш.

gut,-tu *мед.* гут (*шишип оорукан бут оору*).

guvaş 1.гуаш (*суулуу боёк*). 2.гуаш (*сүрөт түрү*).

guvernan гувернант.

gübre жер семирткич, кык.

gübrelemek жер семиртүү, кык чачуу.

gübreli жер семирткич чачылган, семиртилген (*топурак*).

gücendirmek 1.(*бирөөнү*) ардантуу, намысына тийүү, ыза/капа кылуу. 2.кыжырына тийүү.

gücenik,-ği арданган, ызаланган, капаланган.

gücenmek ардануу, намыстануу, ызалануу, капа болуу, кыжыры кайноо, таарынуу. **al, yoksa gücenirim** ал, болбосо таарынам.

gücük 1.кыска бойлуу, кодоо, өспөй калган (*киши*). 2.токол, куйругу жок (*айбан*). **~ ay** февраль.

gücümsemek (*бир нерсени*) оорсунуу, кыйын көрүү.

gücün араң-араң, эптеп-септеп, кыйналып-кысталып.

güç I, -cü 1.күч, кубат, ал, энергия. **~ü artmak** күчү артуу. **~ü kalmamak** күчү калбоо. **beygir ~ü** ат күчү. 2.күч, күчтөр, ресурс (*коомдук топтор*). **insan ~ü** адам күчү. **barış ~leri** тынчтык күчтөрү. 3.жөндөмдүүлүк, мүмкүнчүлүк, потенция. **çalışma ~ü** иштөө жөндөмдүүлүгү. **kafa ~ü** акыл күчү. **ödeme ~ü** төлөө мүмкүнчүлүгү. **savaşma ~ü** согуш мүмкүнчүлүгү. **~ birliği** күч бирдиги, коалиция. **~ünü kötüye kullanmak** күчүн кыянатчылык менен колдонуу. **~ünün üstünde bir gayretle** өз күчүнөн ашкан кайрат менен, талыкпай-талбай. **~ü yetmek** күчү жетүү. **~ü yettiği kadar** күчүнүн жетишинче, бар күчү менен.

güç II, -cü 1.кыйын, татаал, оор, машакаттуу, убарасы көп. **~ duruma denk gelmek** кыйын учурга туш келиш. 2.кыйынчылык, машакат. **~le** 1)кыйынчылык/ азап менен. 2)зордуктап, мажбурлап. 3. араң, зорго. **~ beğenen** оңой менен жактырбаган (*киши*). **~ belâ** кыйынчылык/азап менен, кыйналып-кысталып. **~ etmek** араң чыдоо. **öğle paydosunu ~ ettim** түшкү дем алышка чейин араң чыдадым. **~ gelmek** кыйналуу, убараланууу, кыйын келүү. **~üne gitmek** ардануу, ыза болуу. **~ hâlle/~ü ~üne** кыйналып - кысталып, өлүптирилип, өлдүм-талдым дегенде. **~üne koşmak/sapmak** кыйындатуу, оордотуу. **~e sarmak** кыйындоо, татаалдашуу, оордоо. **işler ~e sardı** иштер кыйындады.

güçlendirmek 1.күчтөндүрүү, чыңдоо, кубаттандыруу. 2.колдоо, кайраттандыруу.

güçlenmek күчтөнүү, чыңдалуу, кубат алуу, кайраттануу, күч алуу.

güçleşmek (*барган сайын*) кыйындоо, татаалдашуу, оордоо.

güçleştirmek кыйындатуу, оордотуу, татаалдаштыруу.

güçlü 1.күчтүү, алдуу, чың, тың, кубаттуу. 2.таасирлүү, кадырлуу, сөзү өткөн (*киши*). 3.таасирлүү, мык-

ты, сапаты мыкты. ~ **eser** мыкты чыгарма. 4.катуу, кыйын. ~ **kuvvetli** күчтүү-кубаттуу. 5.күчү бар. **54 beygir** ~ 54 ат күчүнө барабар.

güçlük,-ğü 1.кыйынчылык, оорчулук, жүк, машакат. **~le** кыйынчылык/ азап менен. 2.жакырчылык, жоктчулук. ~ **çekmek** кыйынчылык тартмак. ~ **çıkarmak** кыйынчылык чыгаруу, тоскоол болуу. **~leri yenmek** кыйынчылыктарды жеңүү.

güçlükle кыйынчылык менен, кыйналып-кысталып, эптеп-септеп, өлгөндө-талганда.

güçsüz күчсүз, алсыз, дармансыз, чабал, начар. ~ **düşmek** алдан/күчтөн/таюу, күчү калбоо, алсыз болуу. ~ **kuvvetsiz** күчсүз, кубатсыз. **işsiz** ~ иши жок, бекер. **işsiz** ~ **kalmak** ишсиз калуу.

güçsüzlerevi карылар/багар-көрөрү жоктор/майыптар үйү.

güçsüzlük,-ğü күчсүздүк, алсыздык, чабалдык.

güderi 1.күдөрү (*бугунун/багыштын ийленген териси*), замша. 2.күдөрүдөн жасалган. ~ **eldiven** күдөрү мээлей.

güdü 1.максат, мүдөө, аракет чеги. 2.мотив, демөөр, шылтоо, себеп. 3.*ооз.* үйүр.

güdücü 1.жетекчи, жол башчы, башчы. 2.*ооз.* чабан, малчы.

güdük,-ğü 1.кемчил, өксүк, жетик эместик. 2.токол, кыска куйруктуу, куйругу кесик (*мал*). 3.чала бүткөн, бүтпөгөн, жарты, чала. ~ **minare** бүтпөгөн мунара. ~ **aylar** (*жылдын*) кыска айлары. ~ **kalmak** 1)чоңойбой/ өспөй калуу. 2)*өтм.* бүтпөй/жыйынтыксыз калуу, чала бүтүү. ~ **tavuk** *арго* бечара, байкуш, шоркелдей.

güdükçü сүткор.

güdüm башкаруу, жетекчилик, кол башчылык.

güdümlü 1.башкарылуучу, багытталуучу. ~ **fişek/füze** башкарылуучу ракета. 2.көзөмөл алдында, план боюнча жүргүзүлгөн. ~ **ekonomi** пландуу экономика. ~ **mermi** (*белгилүү жерге*) багытталган ок.

güfte *муз.* либретто (*операның/ырдын*) сөзү.

gü fteci ырдын сөзүн жазган киши.

güğüm кумура (*узун моюндуу, чорголуу, көбүнчө жезден жасалган*).

güher көөхар.

gül *бот.* роза (*Roza*). 2.гүлгүн (*түс*). ~ **çehreli** жүзү албырган/ тамылжыган. ~ **pembe** гүлгүн түс. **~üm** гүлүм, кымбатым, жаным. ~ **gibi** гүлдөй, сулуу, чырайлуу. ~ **gibi bakmak** жакшы багуу/кароо, гүлдөй кылып багуу. ~ **gibi geçinmek (yaşamak)** 1)таттуу/ ынтымактуу жашоо. 2)бакыбат/ бардар жашоо. ~ **suyu** роза суусу/маңызы. ~ **üstüne** ~ **koklamak** гүлдөн гүлгө конуу, туруксуз/ жүрөөнөк болуу. ~ **yağı** роза майы.

gülbeşeker гүлбешекер (*роза гүлү жана шекерден жасалган кайнатма*).

güldeste гүлдесте, антология (*поэзия*).

güldür: 1. ~ ~ калдыр-күлдүр (*агын суунун үнү*). ~ ~ **akmak** күлдүр-күлдүр этип агыш. 2. *үнүн катуу чыгарып тез окуу.* ~ ~ **okumak** шатырата окуу.

güldürmek 1.күлдүрүү. 2.көңүл көтөрүү. **yüzünü** ~ көңүлүн көтөрүү, ыраазы кылуу.

güldürü *театр* комедия. ~ **filmi** комедия фильми. ~ **ustası** сатирик, комик.

güldürücü күлкүлүү, тамашалуу, кызык. ~ **hâl** күлкүлүү абал. ~ **sözler** күлкүлүү сөздөр.

güle: ~ ~ жакшы бар(ыңыз)! (*кетип жаткан кишиге жакшы ниет иретинде айтылат*). ~ ~ **gidiniz!**

жолуңуз ачык болсун! ~ ~ **giyiniz!** кийминиз кут болсун! ~ ~ **oturunuz!** конуш жайлуу болсун!

güleç күлүмсүрөгөн, жылмайган, кабагы жарык. ~ **bir adam** маңдайы жарык киши.

güler : ~ yüz жайдары, кабагы жарык, жаркылдаган, жанга жакын. ~ **yüz ile** жаркылдап, жайдарылык менен. ~ **yüz, tatlı söz yılanı bile deliğinden çıkarır** *мак.* жылуу сөз жыланды да ийнинен чыгарат. ~ **yüzlü** 1)кабагы ачык, жайдары, шайыр, жүзү/маңдайы жарык (*киши*). 2)ачык маанай, жылуу жүз, меймандос. ~ **yüzlü kabul** ачык маанайда тосуп алуу. ~ **yüzlülük** жайдарылык, шайырлык.

gülgün күлгүн.

gülhatmi,-ni күлгүн алтей (*Althaea rosea*).

gülistan 1.гүл бакча. 2. *өтм.* гүлүстан.

gülizar нур жүздүү, гүл чырайлуу.

gülkurusu,-nu 1.киркүлгүн (*күлгүн розанын кургатылган түсү*). 2.бул түстөгү .

güllaç,-cı 1.гүллач (*крахмалдан жасалган үлбүрөк жупка; бул жупкадан жасалган таттуу*). **kaymaklı ~** каймактуу гүллач. 2.ачуу дарылардын (*оңой ичилиши үчүн сыртынан каптап койгон*) таттуу катмары, капсул.

gülle 1. *аск.* ок, ядро, снаряд. **top ~si** замбиректин огу. **düşmana ~ yağdırdı** душманга (замбирек) огун жаадырды. 2.*спорт* гантел, ядро. ~ **kaldırmak** 1)гантел/ штанга көтөрүш. 2)*өтм.* көшөрүү, көгөрүү, каршы чыгуу. ~ **gibi** 1)таштай оор. 2) алсыз, күчсүз.

gülleci 1.замбирек огун жасаган киши. 2.*спорт* ядро түрткөн спортсмен.

güllü роза гүлдүү/түстүү.

güllük,-ğü роза бакчасы, розарий. ~ **gülistanlık** бейиш бакчасы, төрт тарабы шай. **dünyayı ~ gülistanlık görmek** дүйнөнү төрт тарабы шай көрүү.

gülme күлкү, каткырык. ~ **almak** күлкүсүн тыя албоо. **~den bayılmak/ çatlamak/katılmak** күлө берип эси ооп калуу. **~den kırılmak** күлкүдөн ичек-боору эзилүү. **~sini tutmak** күлкүсүн араң тыюу.

gülmece 1.тамаша, азил, мыскыл. 2.*ад.* сатира, юмор.

gülmek 1.күлүү. 2.бактылуу жашоо, жакшылык көрүү, кубануу. **adam-cağız ömründe hiç gülmedi** бечара киши өмүрүндө маңдайы жарыла күлбөдү/жакшылык жүзүн көрбөдү. 3.убакытты көңүлдүү өткөрүү көңүл ачуу. **dün akşam güldük, eğlendik** кечээги түнү абдан көңүл ачтык. 4.шылдыңдоо, келекелөө, тыңсынуу, мыскылдоо. **yüzüne ~** бетине ачык айтып шылдыңдоо. **gülerim!/güleyim bari!** күлдүрбөчү! кудая тобо! күлкү келерлик! (*орунсуз айтылган сөзгө карата айтылат*). **güle güle** *к.* **güle. güler misin, ağlar mısın?** же күлөрүңдү, же ыйларыңды билбейсиң. **güler-ken ısırır** күлүп туруп жайлаган (*киши*). **gülüp oynamak/söylemek** ойноп-күлүү, шарактоо. **güle oynaya** күлүп-жайнап. **gülüp geçmek** таназар албоо, маани бербөө, тамашага айландыруу.

gülücük,-ğü 1.(*ымыркай баланын*) күлүмсүрөөсү. 2. күлүмсүрөө, жылмаюу. ~ **saçmak** жылмая кароо, жүзүнөн жылмаюу кетпөө.

gülük,-ğü *ооз.* 1.көлүк, жүк ташыган айбан. 2.үйүр.

gülümsemek күлүмсүрөө, жылмаюу.

gülünç,-cü 1.күлкүлүү, кызык, күлкү келерлик, ыңгайсыз. ~ **bir durumda bırakmak** ыңгайсыз/кыйын абалда калтыруу. ~ **bir kılık** (же **kıyafet**) күлкү келерлик кийим. 2.

арзыбаган, болор болбос. ~ **bir ücret** болор болбос акы. ~ **bir hadiseden dolayı kavga ettiler** арзыбаган нерсе үчүн чатакташышты.

gülünçleşmek күлкүгө/тамашага айлануу, күлкү келтире баштоо.

gülünçle күлкүлүү, тамашалуу, күлкү келерлик.

gülünçlük,-ğü күлкүлүү жагы, кызыгы, тамашасы. **işin ~ü** иштин күлкүлүү/кызык жагы.

gülüstan *к.* **gülistan.**

gülüş күлүш, каткырык. **içli bir ~le** ичеги- боору эзилген күлкү менен.

gülüşme өз ара күлүшмө/мыскылдашма.

gülüşmek күлүшүү (*чогуу*), өз ара тамашалашуу.

gülzar гүлзар, роза бакчасы, розарий.

güm 1. *туур. с.* гүм, күп, тарс. ~ **diye kapı kapandı** тарс этип эшик жабылып калды. 2.*арго* калп, жалган. **~ü bırak** калпыңды кой. ~ **atmak** калп айтыш, беш өрдөгүн учуруш. ~ ~ **etmek** дүң-дүң этүү. **~e gitmek** 1)бошко кетүү, бекерге ысырап болуу. 2)болбогон нерсе үчүн/ жерден өлүп калыш. 3) күмжам болуш.

güman 1.күмөн. 2.болжол.

gümbedek 1.күп-күп этип, дүп-дүп этип, күрүлдөгөн бойдон. 2.капысынан, күтүлбөгөн жерден, байкоостон.

gümbür : ~ ~ **etmek** күлдүр/калдыр, күлдүр-күлдүр этиш. **merdivenden** ~ ~ **yuvarlandı** тепкичтен калдыр-күлдүр тоголонуп кетти.

gümbürdemek 1.калдыроо, күлдүрөө. 2.*ооз. өтм.* күм-жам болуш, өлүш (*капысынан, күтүлбөгөн жерден*).

gümbürtü күрүлдөк, калдырак, тарсылдак, түрсүлдөк.

gümeç,-ci бал торунун көзөнөгү. ~ **balı** сүзүлбөгөн бал.

gümlemek 1.күпүлдөгөн/дүпүлдөгөн үн чыгаруу. 2.өлүп калуу, күмжам болуу, мүрт кетүү (*киши*). 3.*арго* классында калуу. **gümleyip gitmek** мүрт кетүү.

gümrah коюу, мол, жыш, терең. ~ **saçlı** коюу чачтуу.

gümrük,-ğü 1.бажы. ~ **görevlisi** бажы кызматкери. 2.бажы салыгы. ~ **almak** бажы салыгы алмак. ~ **kesiminden muaf** бажы салыгын төлөбөгөн. ~ **muayenesi/yoklaması** бажыкана текшерүүсү. **~e tâbi** бажыга тиешелүү. ~ **vergisi** бажы салыгы. **~ten mal kacırır gibi** анталап, антаңдап, шашып-бушуп.

gümrükçü бажы кызматкери/көзөмөлчүсү.

gümrüklemek бажы иштеринен өткөрүү.

gümrüklü бажыга милдеттүү/тиешелүү.

gümrüksüz 1.бажысыз. 2.бажыдан качырылган.

gümüş 1.күмүш. 2.күмүштөн жасалган. ~ **ayarı** күмүш аяры (*пробасы*). ~ **balığı** *зоол.* күмүш балык (*Atherina presbyter*). ~ **kaplama** күмүш каптама. ~ **para** күмүш тыйын. ~ **rengi** күмүш түстүү, күмүш сымал. ~ **sağ olsun, altın gidek olsun** өлгөн арстандан тирүү чычкан ийги (*наркы пас болсо да, колдо бар нерсе баалуу*).

gümüşçü 1.күмүшчү зергер, күмүш уста. 2.күмүш сатар.

gümüşî 1.күмүш түстүү. 2.*зоол. зоология, ботаника терминдеринин курамында.* ~ **martı** күмүш түстүү ак чардак (*Larus argentatus*).

gümüşlemek 1.күмүш жалатуу, күмүш каптоо. 2.күмүш түсүнө боёо.

gün 1.Күн (*планета*). ~ **doğarken** күн чыкканда. 2.күндүн шооласы/ ысыгы. ~ **çarpması** күн өтүп кетүү. **onu** ~ **çarpmış** ага күн өтүп кетиптир. 3.күн (*24 сааттык убакыт*).

on ~ süre verdi он күндүк мөөнөт берди. 4. азыр, ушул убак, бүгүн. **~ümüzde at arabaları sadece köy işlerinde kullanılmakta** азыркы кезде ат арабалары айыл иштеринде гана колдонулат. 5. күн, кезек, убакыт, жол, шанс. **bu işin de günü gelecek** бул иштин да кезеги келет. 6.майрам, өзгөчө күн. **öğretmenler ~ü** мугалимдер күнү. 7. доор, заман. 8.күн, жакшы/адамча жашоо, көңүлдүү өткөн убакыт. ~ **görmeden gitti** күн көрбөй жүрүп көзү өттү. 9. түрк аялдарынын шеринеси. **~e gelen kadınlar vardı** шеринеге келген аялдар бар болчу. 11.(*бир нерсе үчүн*) болжонгон күн. **çarşambaya ~ verdi** шершемби күнкүгө күн болжоду. **~lerce** канча күн бою/күндөн бери карай. **~ün adamı** күндүн (*эң мыкты*) кишиси. ~ **ağarmak** таң агаруу. ~ **ağarması** таң саар. ~ **almak** 1)(*бир иш үчүн*) күн болжоо. 2)жашын толтуруу. **beş yaşından iki ~ aldı** эки күн мурун бешке чыкты. **~e aşık/bakan** күн карама. ~ **aşırı** күн алыс. ~ **atlamamak** күн куру эмес. ~ **aydın** *к.* **günaydın.** ~ **balı** *диал.* гүнбалы (*жүзүм суусунан жасалган бал*). ~ **balığı** *зоол.* күн балыгы (*Julis turcica*). ~ **batımı** күндүн батышы. ~ **batısı** 1)батыш. 2)батыш шамалы. ~ **batmak** күндүн батышы. **~ü birlik** бир күндүгүнө, күнүн. **~ü birliğine gitmek** күнүн барып, күнүн келиш. ~ **bugün** күн бүгүн (*бүгүнкү жашаган күнүң маанилүү маанисинде*), бир күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин. **~lerden bir gün** күндөрдүн биринде. ~ **çiçeği** *бот.* күн карама. ~ **dikilmesi** чак түш. ~ **doğmadan neler doğar** *мак.* эртеңки күн эмне алып келерин ким билет (*жакшылыктан үмүт үзбөө маанисинде*). ~ **doğmak** 1)күндүн чыгышы. 2)*өтм.* күнү туумак (*бир иш үчүн ыңгайлуу бурсат чыгуу*). ~ **doğusu** 1)чыгыш. 2)чыгыштан соккон шамал. **~ünü doldurmak** болжогон мөөнөт аяктоо. ~ **dönümü** *астр.* күн-түн теңелиш. ~ **durumu** *астр.* күндүн эң чоң ачылым мезгили (*жайкысын 21-июнда, кышкысын 21-декабрда*). **~leri gece olmak** башына карантүн/мүшкүл түшүү. **~ü geçmek** күнү/мөөнөтү өтүп кетиш. ~ **geçmek** ысык/күн өтүп кетиш. ~ **gibi açık/aşikar** алаканга салгандай, айдан ачык. ~ **görmek** күн көрүү, бактылуу/ бакубат жашоо. **~ünü görmek** 1)*таба* кылганынын жазасын тартмак. 2)(*балдарынын, ишинин*) убайын көрмөк. 3)(*аялдар*) этек кирин көрмөк. ~ **görmemek** күн көрбөө, кыйынчылык ичинде жашоо. ~ **görmez** күн тийбес (*мис. жер*). ~ **görmez evliyası** жексур, кара ниет (*киши*). ~ **görmüş** 1)бардар жакшы жашаган (*киши*). 2)көптү көргөн, тажырыйбалуу. **~ünü görürsün!** *опуза* көргүлүктү көрөсүң! сага көрсөтпөсөм элеби? ~ **göstermek** жыргатуу. **~den ~e** күндөн күнгө, күн санап, барган сайын. **~ünü ~ etmek** дооран сүрүү, күнүн жыргап өткөрүү. **~ü ~üne** күнү күнүнө, учурунда, ар күнү. **~ü ~üne uymamak** оосар, кыялы чатак, оома (*киши*). **~ün ~ü var** 1)башка ар кандай күн түшүшү мүмкүн. 2)(*буга да*) күнүбүз түшүп калышы мүмкүн. ~ **ışığına çıkmak/ vurmak** ачыкка чыгуу, ашкереленүү. ~ **ola harman ola** бир күн анын да күнү туур. **~leri sayılı olmak** көрөр күнү аз калуу, өлөрүнө жакындоо. **~ünü/~lerini saymak** күн санап жашоо (*өмүрүнүн акыркы*

күндөрүн жашамак). **~leri saymak** күн саноо, чыдамсыздык менен күтүү. ~ **tün eşitliği** *астр.* күн-түн теңелүү (*жазында 21- мартта, күзүндө 21-сентябрда*). **~leri yakın olmak** төрөтү жакын калыш. ~ **yüzü görmek** (*китеп, басылма*) жарыкка чыгуу. **ele ~e karşı** эл-журттун алдында. **iyi ~de kötü ~de** жамандыкта, жакшылыкта. **kırk yılda bir** ~ кырк жылда бир жолу. **ben/biz ne ~e duruyoruz?** биз турбайбызбы! (*кам санаба*). **ne ~lere kaldık?** кандай күнгө туш болдук? **o** ~ **bu** ~ ошол күндөн ушул күн, ошондон бери. **öbür** ~ бүрсүгүнү. **önceki** ~ 1)мурдагы күнү. 2)бир күн мурун.

günah 1.күнөө. ~ **işlemek** күнөө кылуу. ~ **saymak** күнөө деп эсептөө. 2.кылмыш. **~ı boynuna almak** кылмышын мойнуна алуу. 3.убал, жоопкерчилик. **ben söyleyeyim** ~ **benden gitsin** мен айтып коёюн убалы менде калбасын. **~ını almak/ ~ına girmek** (*бирөөнүн*) күнөөсүн алуу/ көтөрүү. **~ı boynuna** өз күнөөсү/жоопкерчилиги өзүндө (*мен кийлигишпейм*). **~ını çekmek** күнөөсүн тартуу. ~ **çıkartmak** 1)(*христианчылыкта*) күнөөдөн арынма (*ырымы*). 2) *өтм.* күнөөсүн/кылмышын мойнуна алуу/ ачыктоо. **~a girmek** күнөөгө батуу. ~ **işlemek** кылмыш кылуу. ~ **keçisi** топурагы жеңил (*киши*). **~ı kadar sevmemek** (*бирөөнү*) кыртышы сүйбөө. ~ **olmak** күнөө болуу/деп эсептелүү. **~a sokmak** күнөөгө түртүү/батыруу. **~ını vermez** сараң (*сөзм. с.* күнөөсүн да бергиси келбес).

günahkâr күнөөкөр.

günahkârlık, -ğı күнөөкөрлүк.

günahlı күнөөлүү.

günahsız күнөөсүз, бейкүнөө.

günahsızlık,-ğı күнөөсүздүк, бейкүнөөлүк.

günaşırı күн алыс. ~ **gezmeye çıkmak** күн алыс кезүүгө чыгыш.

günaydın күн айдың! (*эртең мененки саламдашуу*).

günbegün 1.күн сайын. 2.күндөн күнгө, күн өткөн сайын. 3. ар күнкү, күнүмдүк.

günberi күнбери, перигелий (*Жердин Күнгө эң жакын чекити*).

günce күндөлүк (*эскерме жазуу*).

güncel күндөлүк, бүгүнкү, учурдагы, таасын, актуалдуу. ~ **olaylar** таасын окуялар.

güncelleşmek таасын болуш, таасири артыш.

güncellik,-ği таасындык, таасирдүүлүк. **~ini yitirmek** таасындыгын/актуалдуулугун жоготуш.

gündelik,-ği 1.күндөлүк, адаттагы, көнүмүш, кадыресе, кадимки. ~ **çalışmalar** күндөлүк иштер. 2. ар күнкү, күнүмдүк, күн сайын чыккан. ~ **gazete** күнүмдүк газета. 3.күнүмдүк берилген эмгек акы. **~le çalışmak** күнүмдүк жалданып иштөө.

gündelikçi күнүмдүк жумушчу/ жалчы. ~ **kadın** күнүмдүк акы алып иштеген аял.

gündem күндөм, күн тартиби. **~e almak** күндөмгө алуу/коюу. ~ **dışı** күндөм тышы (*калуу*). **~e gelmek** (*бир маселе*) алдыңкы планга чыгуу, ортого коюлуу. **~e getirmek** күндөмгө коюу, талкууга алып чыгуу.

gündüz 1.күндүз. 2.күн ичи, күн бою. **~leri** күндүз. ~ **feneri** *тамаша* негр. ~ **gözüyle** күндүзү, жарыкта. ~ **işinde, gece düşünde** күндүз оюнан, түнкүсүн түшүнөн кетпеген (*ой, санаа*). ~ **külâhlı, gece silâhlı** эки жүздүү, миң кубулган (*киши*). ~ **vakti** күндүзгү маал.

gündüzcü 1.күндүз иштеген киши. 2.күндүз окуган окуучу. 3.күндүз ичкилик ичкен киши.
gündüzki, -ni күндүзгү.
gündüzlü 1.күндүзгү (*мектеп*). 2.күндүз окуган (*окуучу*).
gündüzsefası,-nı *бот.* күлкү гүлү (*Convolvulus*).
gündüzün күндүзү. ~ **ve geceleyin** күнү-түнү дебей.
günebakan *бот.* күн карама (*Helianthus*).
güneç, -ci *диал.* күнгөй (*тарап*).
güneğik, -ği *бот.* цикорий (*Cichorium*).
güneş 1.*астр.* Күн. 2.күн шооласы, күндүн жарыгы. ~ **açmak** күн ачылуу/чыгуу/тийүү. ~ **açtı** күн ачылды. ~ **almak/görmek** күн көрүү/тийүү. **burası** ~ **almıyor** бул жерге күн тийбейт. ~ **altında** күн/ысык алдында, кайнаган ысык астында. ~ **balçıkla sıvanmaz** чындыктан качып кутула албайсың (*сөзм. с.* күндү баткак менен шыбай албайсың). ~ **banyosu** күн мончосу (*күнгө күйүү*). ~ **batması/batışı** күндүн батышы. ~ **çarpmak** күн өтүп кетүү. ~ **çarpması** күн өтүү (*оору*). ~ **doğmak** күндүн чыгышы. **(başına)** ~ **geçmek** башына күн өтүү. ~**e göstermek** күнгө чыгаруу, күнөстөтүү, күнгө жаюу. ~ **gözlüğü** күн тоскуч көз айнек. ~ **ışığı** күндүн жарыгы. ~ **ışını** күн шооласы. ~ **saati** 1)күн сааты. 2)*астр.* күн убактысы. ~ **sistemi** *астр.* Күн системасы. ~ **tacı** *астр.* күн таажысы. ~ **takvimi** *астр. күн календары.* ~ **tutulmak** күн тутулуу. ~ **tutulması** күндүн тутулмасы. ~ **vurmak** күн өтүү. ~ **yanığı** күнгө күйүш. ~ **yılı** *астр.* күн жылы. **Güneş dil teorisi** Күн теориясы (*тил жөнүндө теория; Түркияда*).
güneşlenmek 1.күнөстөө, күнгө кактануу. 2.күндө кургатылуу.
güneşli 1.күнөстүү, күн тийген (*жер*). 2.ачык, тийип турган (*күн*).
güneşlik,-ği 1.күн тоскуч (*парда ж. б.*). 2.(*баш кийимдин*) кыйысы, кырбуусу. 3.күнөс, күн жакшы тийген (*жер*). ~ **oda** күнөстүү бөлмө. 4.*кино* (*камеранын*) күн тоскучу.
güneşsiz 1.күн тийбес/көрбөс. ~ **yer** күн тийбес жер. 2.бүркөк, булуттуу (*күн*).
güney 1.түштүк. ~ **acısı** *астр.* азимут. ~ **batı** түштүк-батыш. 2.түштүк (*тарап, жак*). 3.күнгөй, күнөс. 4.түштүк шамалы, лодос. **G~ Kutbu** Түштүк Уюл. **G~ Yarıküre** Түштүк Жарым шар. **G~ Afrika Cumhuriyeti** Түштүк Африка Республикасы. **G~ Kore** Түштүк Корея. **G~ Koreli** түштүк кореялык.
güneybatı түштүк-батыш.
güneydoğu түштүк-чыгыш. ~ **rüzgarı** түштүк-чыгыш шамалы.
güneyli түштүктүк.
güneyönelim *бот.* гелиотропизм.
günlü айы-күнү/ тарыхы коюлган. **10 şubat 1980** ~ **yazı** 10-февраль 1980-жыл деп күнү коюлган жазуу.
günlük I, -ğü 1.бүгүнкү, ошол күнкү, жаңы. ~ **yumurta** ошол күнкү жумуртка. 2.күндүк, ... күн болгон/өткөн. **on** ~ **çocuk** он күндүк бала. **sekiz** ~ **gezi** сегиз күндүк кезүү. 3.күндөлүк, күн сайын чыгуучу. ~ **gazete** күндөлүк газета. 4.кадимки, көнүмүш, ар күнкү. ~ **elbise** ар күнкү көйнөк. ~ **hayat** көнүмүш жашоо. 5.күндөлүк, эскерме. ~ **tutmak** күндөлүк жазуу. 6.күн тартиби, күндөм. ~**ümüzün ikinci maddesinde** күндөмүбүздүн экинчи беренесинде. 7.бир күндүк эмгек акы. 8.бир күндүк азык. ~ **güneşlik** ачык аба, жаркырап тийип турган күн. ~ **kur** күндүк курс (*валютанын*).

harç I, -cı 1.коромжу, чыгаша, чыгым. **mahkeme ~ı** сот чыгымы. **~ını görmek** чыгымын төлөө. **(birinin) ~ı olmak** (*бирөөнүн*) колунан келүү.

harç II,-cı 1.баткак, шыбак (*курулушта кирпичтердин арасына коюлган же шыбоодо колдонулган*). 2.(*тамакта пайдаланылган*) татымдар. **bu yemeğin ~ı fena olmamış** бул тамактын татымдары жаман эмес экен. 3.кийимдин кошумча деталдары. 4. байытылган, семиртилген топурак (*бакча ишинде*).

harçlık,-ğı чөнтөк чыгымы, күндүк чыгым. **her gün ~ımı muntazam verirdi** күндөлүк чыгымымды ар күн үзбөй берчү. **~ etmek** акчаны болбогон нерселерге коротуу.

hardal 1.*бот.* сары кычы (*Brassica nigra*). 2.*сары кычы уругу жанчылып, уксус менен аралаштырылып жасалган паста, горчица.* **~ gazı** сары кычы газы, иприт.

hare 1.(*кездемедеги, сүрөттөгү*) толкундуу/толкун сымал сызыктар. 2.муар (*кездеме*).

harekât,-ti 1.*эск.* аракет, кыймыл, иш, чара. 2.аскердик операция/кампания. **~ta bulunmak** 1)аракетке киришүү. 2)операция жүргүзүү.

hareke 1.хареке (*арап жазуусунда кыска үндүүнү билдирген*) белги.

hareket,-ti 1.аракет, кыймыл, жылыш. **~e gelmek** аракетке келүү. **~i devraniye** айланган кыймыл. **ileri ~** алдыга жылыш. **geri ~** артка жылыш. 2.жүрүм-турум, кыял-жорук, жасаган-эткен, мамиле. **güzel ~** 1)жакшына кыймыл. 2)туура аракет. **kanuna aykırı ~** мыйзамга каршы аракет. **tarzı ~** жүрүш-туруш, өзүн алып жүрүш. 3.жолго чыгыш,жөнөш. **~ saatimiz geldi** жолго чыгар маалыбыз келди. 4.саясий кыймылдар. **Türkçülük ~i**

түркчүлүк кыймылы. 5.жер титирөө. 6.*муз.* темп. 7.*спорт* метод, ыкма. 8.(*кеменин, поезддин*) аракети, жүрүшү. ~ **etmek** 1)кыймылдоо, кыймылга келүү, жүрүү. 2) аракет кылуу, далалаттануу, өз алдынча ишке баштоо. **~e geçirmek** (*бир ишти*) аракеттендирүү, жандандыруу. **~e geçmek** (*бир ишти*) жасай баштоо. ~ **noktası** 1)(*бир иштин, сапардын*) баштаган жери. 2)(*бир маселенин*) изилденишиндеги башталыш чекити.

hareketlenmek аракеттенүү, кыймылдоо, жандануу.

hareketli 1.аракеттүү, кыймылдуу, көчмө. 2.ишкер, активдүү, жандуу, шамдагай, тынчы жок. ~ **bir çocuk** тынчы жок бала. ~ **sokak** жандуу/кыйма-чийме көчө.

hareketsiz 1.кыймылсыз, аракетсиз. 2.тынч, көмүлгөн, мелмилдеген, тунган, жансыз, жымжырт.

hareketsizlik,-ği 1.кыймылсыздык. 2.жансыздык, жымжырттык.

harelenmek 1.толкундоо, толкун сымал көрүнүү. 2.(*кагазга, кездемеге*) толкун сымал сүрөттөр түшүрүлүү.

hareli 1.толкундуу. 2.толкун сымал көрүнүмү бар (*чагылыш, сүрөт*).

harem 1.гарем. **~i hümayun** султандын гареми. 2.*эск.* аял, жубай, зайып. **~im hastalandı** аялым ооруп калды. 3.үйдүн аялдарга арналган бөлүгү. ~ **ağası** гаремде иштеген бычмал негр, евнух. ~ **dairesi** сарайдын гарем жайгашкан бөлүгү.

haremlik,-ği 1.үйдүн аялдарга арналган бөлүгү. 2.аялдын/жубайдын абалы. ~ **selâmlık olmak** эркектер бөлөк, аялдар бөлөк отуруу.

harf,-fi тамга. **Türk alfabesinde yirmidokuz ~ var** түрк алфавитинде жыйырма тогуз тамга бар. **büyük ~** чоң тамга. **küçük ~** кичине тамга. ~ **atmak** (*тааныбаган аялга*) тийишүү. ~ **beharf** сөзмө-сөз, оозмо-ооз. **~ta bulunmak** 1)оозго алгыс сөздөр сүйлөө. 2)сөзгө аралжы болуу. **~i ~ine** тамгасы тамгасына, сөзмө-сөз.

harfiyen сөзмө-сөз, болгонун болгондой, төкпөй-чачпай. **kararları ~ uygulamak** чечимдерди так өзүндөй орундатуу.

harıl: ~ ~ болушунча, дуулдап, шарылдап, дүркүрөп. ~ ~ **akmak** шарылдап агуу (*мис. суу*). ~ ~ **bir şeyler yazıyor** шуулдатып бир нерселер жазып атат. ~ ~ **çalışıyor** шуулдап иштеп жүрөт. **ocak ~ ~ yanıyor** очок дуулдап күйүп атат.

harıldamak 1.тынымсыз, күчтүү бир шекилде күйүү/агуу. 2.(*машине, жабдуулар*) тарылдап иштөө.

harıltı карылдак, шарылдак, күрүлдөк, тырылдак. **makinanın ~sı** машиненин тырылдагы.

harın азоо (*ат*), көк, өжөр, моюн сунбас (*киши*).

haricen 1.тыштан, сырттан, сыртынан, тышынан. **evin ~ görünüşu** үйдүн тышкы көрүнүшү. 2.*фарм.* сырттан колдонулуучу (*дары*).

haricî 1.тышкы, сырткы. ~ **ticaret** тышкы соода. ~ **siyaset** тышкы саясат. 2.чет элдик, чет өлкөлүк. 3.*ооз.* жат, чоочун, бөтөн. 4.кеңири чөйрөгө арналган, жалпы элдик. 5.*ооз.* келип-кетип окуган (*жатпаган*) окуучу.

hariciye 1.*эск.* (*мамлекеттик башкарууда*) тышкы иштер. **H~ Nazırı/Vekili** Тышкы Иштер Министри. **H~ Nezareti/Vekâleti** Тышкы Иштер Министрлиги. 2.операция аркылуу дарылаган медицина тармагы. 3.ооруканалардагы мындай ооруларды тейлеген бөлүм.

hariciyeci Тышкы Иштер Министр-

лиги кызматкери, дипломат.

hariç,-ci 1.тыш, сырт, жака, чет. **ihtimalden ~** ыктымал тышы. **~te bırakmak** чыгарып таштоо, кошпой коюу. **biz bundan ~iz** мунун бизге тиешеси жок. 2.чет өлкөлөр, чет жер. **on yıl ~te kalmış** он жыл чет өлкөдө калыптыр. 3.башка, бөлөк, эсептебегенде. **perşembe ~ haftanın her günü** бейшембиден башка аптанын ар күнү. **benim ~imde herkes gitmiş** менден башканын баары барыптыр. **iş saatleri ~inde** иш убактысынан башка учурларда. **~ etmek** (*бир нерсенин*) тышында калтыруу, катыштырбоо, кошпоо, киргизбөө. **~ten gazel okumak/ atmak** 1)жакшы билбеген маселе боюнча пикир айтуу. 2)ыгы жок жерден кепке аралашуу. **~ olmak** чыгып калуу, тышта калуу. **kadro ~i** штат тышында. **imkan ~inde** мүмкүнчүлүк тышында. **zamanın ~inde, mekanın ~inde** мезгил жана мейкиндик тышы.

harika 1.керемет, укмуш, ажайып, таң каларлык. **Karadeniz kıyılarının ~ bir görünüşü vardır** Карадеңиз жээктеринин керемет көрүнүшү бар. 2.сонун, мыкты. **~ bir film** сонун фильм. **~ insan** сонун киши. **~lar yaratmak** укмуштар/кереметтер жаратуу.

harikulâde укмуштай, кереметүү, абдан кызык, таң каларлык, ажайып, болуп көрбөгөндөй. **Sakarya zaferi ~ bir kahramanlık destanıdır** Сахария жеңиши каармандыктын укмуштай сонун дастаны.

haris сук, ач көз, көзү тойбос (*киши*). **şöhrete ~ bir adam** атак-даңкка көзү тойбогон киши.

harita карта (*географиялык*). **büyük ölçekli ~** ири масштабдуу карта. **küçuk mikyaslı/ölçekli ~** кичи масштабдуу карта. **~da olmak** 1)ар дайым көз алдында туруу. 2)эсепке алыныш/катылыш. **~dan silinmek** 1)(*бир өлкө*) картадан өчүрүлүү, саясий өз алдынчылыгын жоготуу. 2) (*табигый же башка себептер менен*) жер үстүнөн жок болуу.

haritacı картограф.

harlamak 1.(*от*) дуулдап/чартылдап күйүү, (*суу*) шаркырап агуу. 2.*өтм.* жаалдануу, жинденүү, бакырып-өкүрүү.

harlı 1.чартылдаган/учкун чачып күйгөн (*от*). 2.кызуу кандуу, ачуулуу (*киши*).

harman 1.кырман, эгин бастыруу/ жыюу. **~a başlamak** эгин бастыра баштоо. 2. кырман (*эгин бастырылган/жыйылган жер*). 3.эгин жыйым/терими, бастырылган учур. 4.бастырылбаган (*боолангган*) эгин. 5.аралашма (*чай, тамеки ж. б. сорттоpунан*). **çay ~ı** чайлардын аралашмасы. **~ çorman** 1)чачык, астын-үстүн түшкөн, баш-аягы жок. 2)*арго* нашаага мас болуу, дайнын таппай калуу. **~ dövmek** кырман бастыруу. **~ etmek/yapmak** 1)кошуу, аралаштыруу (*чай, тамеки ж. б. сорттоpун*). 2) (*басмада*) мукабалоо, түптөө (*баракtарды*). **~ makinesi** чоң жаргылчак. **~ savurmak** эгин сапыруу. **~ sonu** 1)эгин жыюунун аякташы. 2)эгиндин чары. 3)*өтм.* пайданын/олжонун калдыгы. **~ yeri** эгин бастырылган жер.

harmancı 1.кырманчы. 2.(*чай, тамекини*) иргөөчү. 3.*полигр.* түптөөчү.

harmandalı,-nı хармандалы (*улуттук бий* ; *Эгей аймагында*).

harmani, harmaniye жамынчы, пелерин, мантия.

harmanlamak 1.(*чайдын, тамекинин*

түрлөрүнөн) аралашма жасоо. 2.айлануу, тегеренүү. 3.*полигр.* (*китепти, баракгарды*) түптөө. 4.(*кеме*) айлана сызуу менен сүзүү.

harmoni *муз.* гармония.

harmonyum *муз.* фисгармония, гармонизм.

harnup,-bu *бот.* эчки мүйүз (*Ceratonia siliqua*).

harp I,-bi согуш. **İkinci Dünya ~i** Экинчи Дүйнөлүк Согуш. **divanı** ~ аскердик трибунал. **iç** ~ ички согуш. **istilâ ~i** баскынчы согуш. **nükleer ~i** ядролук согуш. **soğuk** ~ суук согуш. ~ **açmak** согуш ачуу. ~ **akademisi** согуш академиясы. ~ **malûlü** согуш майыбы. ~ **meydanı** согуш майданы. ~ **muhabiri** аскер кабарчысы. ~ **okulu** офицердик окуу жайы. ~ **oyunu** согуш ойну. ~ **zengini** согуштан пайда тапкан киши.

harp II,-bi арфа.

harrangürra 1.ойку-кайкы, баш-аламан, жыгылып-туруп, чар-жайыт, иретсиз. **bu iş ~ gidiyor** бул иш баш-аламан жүрүп жатат. 2.ызы-чуу, күрү-гүү, бакырык-өкүрүк.

hart: ~ diye карт дедиртип/ эттирип. **elmayı ~ diye ısırdı** алманы карт дедире тиштеди. ~ ~ *туур. с.* карт-карт (*тырмануу*). ~ **kurt** карт-курт (*чайноо*).

hartadak күтүлбөгөн жерден катуу (*тиштеп алуу, кармап жиберүү*). **köpek elimi ~ ısırdı** колумду ит капысынан катуу тиштеп алды.

has,-ssı 1.тиешелүү, мүнөздүү. **kendine ~** өзүнө мүнөздүү. **bu diyara ~** бул аймакка тиешелүү. 2.нак, таза, катыксыз. ~ **gümüş** накта күмүш. 3.чыныгы, накта, асыл, жогорку сапаттуу. ~ **ekmek** ак нан. ~ **mal** 1)сапаттуу товар. 2)мыкты. 4.табылгыс, асылзаада, көрүнүктүү (*киши*). 5.өкүмдарга, султанга тиешелүү. ~ **ahır** султандын акыры. ~ **bahçe** султандын бакчасы. 6.асылзаадалык, ак сөөктүк, элита. 7.*тар.* жер, аянт (*жылына ээсине жүз миң акчеден (к.) ашык/ киреше алып келген*). ~ **isim** *грам.* энчилүү ат.

hasar зыян, залал, чыгым, жоготуу. ~ **görmek** зыян көрүү. **~a uğramak** чыгымга учуроо. ~ **yapmak** зыян тартуу.

hasat,-dı 1.эгин чабык. 2.чабылган эгин.

hasatçı дыйкан, чабыкчы.

hasbihâl,-li *эск.* эзилишип сүйлөшүү/ маек куруу. ~ **etmek** эзилишип сүйлөшүү/маектешүү.

haseki 1.*тар.* хасеки (*султандын кызматчылары*). 2. ~ **kadın** султандын көрөр көзү (*хасекилердин ичинен*). ~ **sultan** падышадан бала төрөгөн кызматчы аял.

hastet,-di көрө албастык, ичи тардык, күнүлүк. **~ten/~inden çatlamak** ичи күйгөндөн жарыла жаздаш. ~ **etmek** ичи таруу, көрө албоо, күнүлүк кылуу.

hâsıl 1.алынган/колго тийген нерсе (*бир иштин натыйжасында/жыйынтыгында*). 2.жыйынтык, бүтүм, сумма. ~ **olmak** пайда болуу, ортого чыгуу, жаралуу.

hâsıla жыйынтык, натыйжа.

hâsılat,-tı түшүм, жыйынтык, үрүн, жемиш, натыйжа. **çiftliğin ~ı** чарбанын түшүмү. **fabrikanın ~ı** фабриканын үрүнү. 3.киреше, пайда. **gayrisafi** ~ дүң киреше. **safi** ~ накта киреше.

hâsılı 1.жыйынтыкта, натыйжада. 2.кыскасы, бир сөз менен айтканда.

hasım,-smı 1.кас, душман жоо. 2.атаандаш, каршы тарап (*талашта, оюнда*). ~ **hareket** душмандык аракет.

hasımlık,-ğı кастык, душмандык.
hasır 1.чий, камыштан/талдан өрүлгөн/чырмалган. ~ **kaplamak** чий калоо. 2.өрүлгөн, чырмалган. ~ **koltuk** өрүлүп жасалган кресло. ~ **otu** *бот.* суу камышы (*Typha*). ~ **sapka** өрүлгөн шапка.
hasıraltı: ~ **etmek** 1)көздөн далдоо кылуу, колго албоо. **bizim işi ~ ettiler** биздин ишти колго алышпады. 2)жашыруу, катып салуу.
hasis 1.сараң, пейли тар. 2.*өтм.* эки жүздүү, жүзү кара, шерменде. ~ **menfaatler** арам ойлор. 3.*ооз.* болбогон, түккө турбаган.
hasislik,-ği 1.сараңдык, пейли тардык. 2.эки жүздүүлүк, жүзү каралык, шермендечилик. ~ **etmek** 1) сараңдануу. 2)кара ниеттик кылуу.
hasiyet,-ti *эск.* 1.касиет, өзгөчөлүк, табигый сапат. 2.пайда, пайдалуу жагы (*тамактын*).
hasiyetli таза, ден-соолукка пайдалуу (*тамак*).
haslet,-ti мүнөз, сапат, кыял-жорук, кылык-жорук.
haspa ойсоке, көк шалкы (*жеңил мүнөз аялдар үчүн шылдың иретинде айтылат*).
hasret,-ti сагыныч, кусалык, арман. ~ **çekmek** кусалык чегүү, сагынуу. **~ini çekmek** 1)эңсөө, күсөө. 2)сагынуу, жоктоо. ~ **gitmek** арманда кетүү, көзү ачык кетүү. ~ **kalmak** арманда калуу, куса болуу.
hasretmek арноо, атоо, карамагына берүү.
hassas 1.кылдат, так. ~ **alet** так аспап. 2.сезгич, сак. **kulağı** ~ кулагы сак. 3.жашык, мууну бош, сезимтал. 4.таарынчаак, ызакор. 5.талуу (*жер*). **düşmanın en ~ noktası orası idi** душмандын талуу жери ошол болчу.
hassasiyet,-ti кылдаттык, тактык. 2.сезгичтик, сактык, сезимталдык.
hassaslık, -ğı *к.* **hassasiyet.**
hasta 1.оорулуу, ноокас. ~ **yatmak** ооруп жатыш. **ağır** ~ катуу оорулуу. **ruh ~sı** жинди. 2.пациент. 3.*арго* акчасыз (*киши*). 4.күйөрман, бир нерсенин үстүнө түшкөн, оору, ашык, ичкен ашын жерге койгон. **futbol ~sı** футбол дегенде ичкен ашын жерге койгон. **~ya bakmak** 1)ноокасты багуу/кароо. 2)пациентти көрүү. 3.оорулууну дарылоо. **~ya çorba sorulur mu?** сурап бергенче уруп бер. ~ **çorbası** шылдыр суу (*даамсыз тамак тууралуу*). ~ **düşmek** ооруп жатып калуу, төшөккө жатып калуу. ~ **etmek** оорутуу. ~ **olmak** 1)ооруп калуу. **~sı olmak** 1)(*бир доктордун*) пациенти болуу. 2)(*бир нерсеге*) ашкере кызыгуу. ~ **yatağı** оорулуунун төшөгү. ~ **yatmak** ооруп жатмак.
hasta ~ bakıcı , оорулууну караган (*киши*), санитар(ка), ноокас баккыч.
hastahane *к.* **hastane.**
hastalanmak ооруп калуу, ноокастоо.
hastalık,-ğı оору, ноокастык, кесел, илдет. ~ **belirtileri** оорунун белгилери. **bulaşıcı ~** жугуштуу оору. **cilt ~ları** тери оорулары. ~ **sigortası** саламаттыкты камсыздандырма. ~ **almak/kapmak** ооруп калуу. ~ **geçirmek** ооруу, кеселдөө. **~a tutulmak/yakalanmak** ооруга туш болуш, ооруп калыш. ~ **kantarla girer miskalle çıkar** *мак.* оору батмандап кирет, мыскалдап чыгат.
hastalıklı оорулуу, ноокас, чабал, араң жан.
hastane ооруканa, госпиталь. **akıl ~si** жиндикана. **~ye kaldırmak/yatırmak** ооруканага жаткыруу. **~ye yatmak** ооруканага жатуу.
hastanelik,-ği ооруканага жатууга аргасыз (*киши*). ~ **etmek** ооруканага жатканга аргасыз кылуу (*мис.*

катуу таяк жегенден). ~ **olmak** ооруканага жатууга аргасыз болуу.

haşarat,-tı 1.курт-кумурска, чымын-чиркей. 2.*өтм.* мите, жегич, жан бакты.

haşarı 1.тентек, шок, суу куйду (*бала*). 2.азоо, чалпоо, өжөр (*айбан*).

haşat,-tı *арго* 1.баш-аягы жок, ишке жарабаган. 2.бузук, тарпы чыккан (*мис. машина*). 3.чарчаган, шайы ооган, дармансыз. **~ı çıkmak** 1)бузулуу, тарпы чыгуу. 2)катуу чарчоо, алы кетүү, шалдыроо.

haşere курт-кумурскалар.

haşhaş *бот.* апийим (*Papaver somniferum*). ~ **yağı** апийим майы.

haşım : ~ ~ haşlanmak күнгө кактатыш. **güneş altında ~ ~ haşlandık** күндүн ысыгына куйкаланып кеттик.

haşırdamak шуудуроо (*кездеме, кагаз*).

haşır : ~ ~/~ husur шуудур-шуудур, куудур-куудур (*куруган тери/ кургаган кир чыгарган үн*).

haşırtı куудурак, шуудурак.

haşin орой, одоно, чогоол, көңүл калтырган (*киши, кылык-жорук*).

haşinleşmek оройлонуу, дөөгүрсүү, кыйынсынуу.

haşinlik,-ği оройлук, одонолук, чогоолдук.

haşir,-şri 1.*эск.* жыйналуу, чогулуу. 2. *дин* кыямат күнү өлүүлөрдүн тирилип, макшарга чыкмасы. **~e kadar beklesen de bu iş olmaz** кыяматка чейин күтсөң да бул иштен майнап чыкпайт. ~ **neşir olmak** 1)(*бирөө менен*) жакындашуу, коюн-колтук алышуу. 2)(*бир ишке*) берилүү, баш-оту менен кирүү.

haşiş гашиш, нашаа. ~ **içmek** нашаа тартуу.

haşlama кайнатма, кайнатылып бышырылган. ~ **et** кайнатып бышырылган эт.

haşlamak 1.кайнатып бышыруу. **yumurtayı haşlayıp pişirdi** жумуртканы сууга бышырды. 2.үстүнө кайнаган суу куюу. **sebze ~** жашылчанын үстүнө кайнак суу куюу. 3.үстүнө кайнак нерсе төгүп күйгүзүп алуу. **kaynar su ile kolunu haşlamış** колуна кайнак суу төгүп күйгүзүп алыптыр. 4.тоңдуруу, суукка чалдыктыруу. 5.чагуу. **çocuğun ayağını böcek haşlamış** баланын бутун кумурска чагып кетиптир. 6.*өтм.* жемелөө, кагып-силкүү.

haşmet,-ti 1. шаанилүүлүк, шаңдуулук. 3.сүрдүүлүк, айбаттуулук, таасирдүүлүк.

haşmetli 1.айбаттуу, сүрдүү, таасирдүү. 2.шаңдуу, шаанилүү, заңкайган, бийик. 3.Улуу Даражалуу (*титул*). **H~ İsveç Kralı** Улуу Даражалуу Швеция Королу.

hat,-tı 1.жол, линия, сапар. **demir yol ~ı** темир жол линиясы. **otobüs ~ı** автобус линиясы. 2.сызык, бырыш. **yüz ~ları** жүзүндөгү бырыштар. 3.*эск.* кол жазуу, каллиграфия. 4.электр/телефон/телеграф зымдары. 5.телефон, телеграф, телевизион байланыштары. 6.чек ара. **savunma ~ı** коргонуу чек арасы. 7.көрүнүш, бычым, шекил. **vücut ~ları** дене түзүлүшү. ~ **bekçisi** линия күзөтчүсү (*телефон, телеграф, темир жол байланыштарында*). ~ **çekmek** 1)байланыш камсыз кылуу. 2)(*электр, телефон*) кабелдерин тартуу. ~ **işçisi** байланыш иштеринде иштеген жумушчу.

hata 1.ката, жаңылыш. **imlâ ~sı** орфографиялык ката. **kitap ~larla dolu** китепте каталар толтура. 2.кемчилик, түшүнбөстүк. **bu işte kasıt yok, ~ var** бул иште кастык жок,

ката бар. **~ya düşmek** ката кетирүү, жаңылуу. ~ **işlemek** жаңылыш жасоо. **~ya düşürmek** жаңылтуу, жаңылыш жолго түшүрүү. **~yı düzeltmek** катасын оңдоо. ~ **etmek/eylemek/yapmak** 1)каталык кетирүү. 2) жаңылуу,жазуу, адашуу.

hatalı 1.ката, жаңылыш, туура эмес. ~ **davranış** жаңылыш мамиле. 2.катасы бар, каталуу. ~ **yazı** каталуу жазуу.

hatasız катасыз, туура. ~ **insan/kul olmaz** *мак.* катасыз киши болбойт.

hatır 1.эс, акыл, ой, жат. **hiç bir şey hatırımda kalmamış** эч нерсе эсимде /жадымда калбаптыр. 2.кадыр, көңүл. **sizin ~ınız için bu işi yaptım** сиздин кадыр-көңүлүңүз үчүн бул ишти жасадым. **sakın, ~ını kıracak bir şey söyleme** асты көңүлү кала турган бирдеме сүйлөбө. 3.ал-абал, ден-соолук, жагдай. **~ını sormak** ал-абалын/ден-соолугун/жагдайын суроо. ~ **almak** кадыр-көңүл алыш. ~ **belâsı** (*бирөөнүн*) кадыры үчүн тартылган кыйынчылык. **~ına bir şey gelmesin** оюңа бир (*жаман*) нерсе кетпесин. **~ından çıkamamak** сөзүнөн чыга албоо. **~dan çıkarmak** эстен чыгаруу, унутуу. **~dan çıkarmamak** эсинен чыгарбоо, унутпоо, көңүлүнө түйүү. **~ından çıkmamak** оюнан/эсинен кетпөө. **~ından geçmek** оюна/эсине түшүү. **~ından geçmemek** эч ойлобоо, түк эсине келбөө. **~ına gelmek** эстей коюу. **~ına gelmemek** эстей албоо, оюна келбөө. **bunu yapmak kimsenin ~ına gelmezdi** муну жасоо эч кимдин оюна келмек эмес. **~a getirmek** эске салуу, эстөө. **~ına getirmek** (*бирөөнүн)* эсине салуу, эстетүү. ~ **gönül** кадыр-көңүл. **~a gönüle bakmamak** кадыр-көңүлгө карабоо. ~ **gönül bilmemek/saymamak/tanımamak** кадыр-көңүл менен эсептешпөө/билбөө, атасын тааныбоо. ~ **gözetmek** (*бирөөнү*) кадырлоо, сыйлоо. ~ **gözetmemek** айырмалабоо, баарына бирдей мамиле кылуу. **~ını hoş etmek** (*бирөөнүн*) көңүлүн алуу, көңүлүнө жагуу. **~ı için** кадыры үчүн. **~ı kalmak** көңүлү калуу. **~ında kalmak** эсинде калуу. **~ını kırmak** көңүлүн калтыруу. ~ **ında olmak** эсинде/ оюнда болуу, эсинен чыгарбоо. **~ı sayılır** 1)кадырлуу, сыйга татыктуу. 2)бир далай, көп. **~ı sayılmak** 1)кадыр-барктуу, урматтуу (*киши*). 2)урматтоо, сыйлоо. **~ını saymak** кадыр-көңүлүн сыйлоо. ~ **senedi** (*бирөөнүн*) көңүлү үчүн акча топтоо максаты менен берилген тил кат. ~ **sormak** учурашуу, ал-абал суроо. **~ında tutmak** эсинде сактоо, көңүлүнөн чыгарбоо. **~ından ve hayalinden geçmemek** оюна келбөө, түшүнө кирбөө. **~ını yapmak** (*бирөөнүн*) каалаганын аткаруу. **~ı yerde kalmasın** кадыры жерде калбасын. **~ım yok mu?** (менин) кадыр-көңүлүм жокпу?

hatır: ~ ~ же ~ **hutur** катыр-катыр же катыр-кутур (*бир катуу нерсени чайнаганда же үстүнө басканда чыккан үн*).

hatıra 1.эскерүү, эстелик. ~ **defteri** эскерүү дептери, күндөлүк. 2.эскерткич, сувенир. **~sına** эстелиги үчүн.

hatıralık,-ğı (*бир нерсенин*) эстелиги.

hatırat,-tı эскерүү, мемуар. **~ını yazmak** эскерүүлөрүн жазуу.

hatırlama эскерме.

hatırlamak эскерүү, эстөө, эске салуу.

hatırlanmak эскерилүү.

hatırlatmak эске салуу, эстетүү, эскертүү.

hatırlı кадырлуу, абройлуу.

hatırşinas кадыркеч, кадырды билген, сыйкор, көңүл оорутпаган, сылык (*киши*).

hatim,-tmi 1.*эск.* бүтүрүү, аяктоо. 2.*мус.* катмы (*Куранды баштан-аяк окуп чыгуу*). ~ **duası** катмыдан кийин окулган дуба. ~ **indirmek** Куранды баштан-аяк окуу. ~ **sürmek** Курандын аягына чейин окууну улантыш.

hatip,-bi 1.чечен, оратор, жорго сөздүү, үгүтчү. 2. *мус.* ыймам-хатип (*мечитте кутпа окуган ыймам*).

hatiplik,-ği 1.чечендик, сөз өнөрү. 2.*мус.* ыймам-хатиптик (*кызмат жана милдет*). ~ **etmek** 1)эл алдына чыгып сүйлөө. 2)мечитте кутпа окуу.

hatmetmek 1.*эск.* бүтүрүү, аягына чыгуу. 2.Куранды (*же башка китепти*) аягына чейин окуп чыгуу.

hatmi *бот.* шыпаалуу алтей (*Althaea officinalis*).

hatta ал эмес/түгүл, ... мындай турсун, ал эле эмес. **gördum, ~ konuştum** көрдүм, ал эле эмес сүйлөштүм. **şehirlerde, ~ köylerde bile artık bu giysiler kullanılmıyor** шаарларда, ал түгүл кыштактарда да бул кийимдер колдонулбайт.

hattat,-tı 1.сулуу, жазган киши. 2.каллиграф, каллиграфия мугалими.

hattatlık,-ğı 1. каллиграфия, сулуу жазуу. 2.каллиграфтык (*өнөр же кесип*).

hatun 1.аял, *эск.* хатун. ~ **kişi** аял (катын) киши. 2. мырзайым, төрайым. **Bağdat** ~ Багдат мырзайым. 3. *тар.* кагандын зайыбы. 4.*ооз.* аял, жубай.

hav түк. **kadife ~ı** баркыттын түгү. **halının ~ı** килемдин түгү.

hava 1.аба, атмосфера. **temiz** ~ таза аба. ~ **sahası** аба мейкиндиги. 2.күн, аба ырайы. **bugün** ~ **çok güzel** бүгүн күн сонун. 3.климат, аба. **buranın ~sı sert** бул жердин климаты/абасы катаал. 4.көк жүзү, асман. **~da bir tek bulut yok** асманда токумдай булут жок. 5.жел. **bugün ~ olursa yelkenli kalkacak** бүгүн жел болсо, жел кайык жолго чыгат. 6.күү, обон, ритм. ~ **çalmak** күү чалуу. **dans ~sı** бий ритми. 7.*ук.* үйгө кошумча куруу/ кеңейтүү укугу. 8.чөйрө, ортом, кырдаал, абал. **~yı dağıtmak/yatıştırmak** абалды жеңилдетүү. **dostluk ~sı** достук абасы. 9.*өтм.* көңүл, кейип. **~sını bulmak** көңүлүн табуу. **herkes kendi ~sında** ар ким өзү менен алек. 10.көрүнүш, кебете. **kibar ve asil bir ~sı var** сылык жана тектүү бир түрү/кебетеси бар. 11.стиль, ыкма. **Namık Kemal ~sıyla** Намык Кемалдын стили менен. 12.бош, бекер, жел. **bu sözlerin sonu** ~ булар бош сөздөр. **~yla uğraşmak** бекерден бекер убара болуу. 13.жагымдуулук, жылдыз, симпатия. **kadın güzel değil, ama ~sı var** аял сулуу эмес, бирок жылдызы бар. 14.көйрөңдүк, менменсинүү, дымак. ~ **atmak** көйрөңдөнмөк, менменсинмек. **~dan** 1)жок жерден, кыйналбай-кысталбай. **~dan para kazanıyor** жок жерден акча таап атат. 2)эч себепсиз, жөн эле. **~dan paramı aldılar** акчамы жөн эле алып коюшту. 3)бош, бекер, болбогон, түккө турбаган. **~dan sözler** бош сөздөр. **~ya** 1)жогору, өйдө. 2)бошко, бекерге. ~ **açmak/ açılmak** күн ачылуу. ~ **akımı/cereyanı** аба агымы. ~ **akını** аба чабуулу. ~ **alanı** аба майданы, аэропорт. ~ **almak** 1)аба алуу/жутуу. 2)*арго* тилеги таш кабуу. 3)(*бир нерсенин*) ичине аба кирүү. ~ **atmak** 1)сүйүнүү, төбөсү көккө жетүү. 2)оозуна келгенди сүйлөө.

3)көтөрүлүү, тыңсынуу, өпкөсү көбүү. ~ **basıncı** аба басымы. ~ **basmak** 1)аба толтуруу (*мис. дөңгөлөккө*). 2)көкүрөгүн көтөрүү, менменсинүү. 3)оозу менен орок оруу, мактануу, бош убадалар берүү.~ **bilgisi** метеорология. ~ **boşluğu** 1)аба боштугу, вакуум. 2)аба чуңкуру. ~ **bozmak/bozulmak** күн бузулуу. ~**yı bozmak** адамдардын арасын бузуу, ортонун кейпин качыруу. ~ **bulanmak** күндүн ырайы бузулуу. ~**sını bulmak** чечекейи чеч болуу, көңүлү көтөрүлүү. ~ **çarpması** аба (*ысык/суук*) уруп коюу. ~ **değişimi** аба алмашуу. ~**yı değiştirmek** аба/климат алмаштыруу (*ден-соолуктун айынан*). ~ **deliği** желдеткич тешик (*имараттардагы*). ~ **durumu** аба ырайы. ~ **filosu** аба флоту. ~ **freni** пневматикалык тормоз. ~ **gazı** 1)көмүр газы. ~ **gazı fırını** газ плитасы. ~ **gazı lâmbası** газ чырагы. 2)*арго* болбогон иш, түккө турбаган нерсе. ~ **geçirmez** аба өткөрбөс. ~**ya gitmek** бошко/бекерге кетүү, чыгым болуу. ~**nın gözü yaşlı olmak** жамгыр жааганы туруш. (**birine göre**) ~ **hoş olmak** (*бирөөнө*) баары бир болуу. ~ **iyi/fena esmek** *өтм.* иштер жакшы/жаман кетүү. ~ **kaçırmak** жел чыгаруу. ~**da kalmak** 1)жерге тийбей калуу. 2)бийикте калуу. 3)*өтм.* жыйынтыксыз калуу. 4)*өтм.* далилденбөө, колдонууга алынбоо (*мис. бир пикир/тажырыйба*). ~ **kapanmak** күн бүркөлүү. ~ **kararmak** 1)кеч кирүү, караңгы басуу. 2)күн бүркөлүү, булут басуу. ~ **keşfi** аба чалгыны. ~ **kırılmak** күн жылый баштоо. ~ **kirliliği/kirlenmesi** аба кирдүүлүгү. ~ **korsanı** аба каракчысы. ~ **köprüsü** аба көпүрөөсү. **H~ Kuvvetleri** Аба Күчтөрү. ~ **küre** атмосфера. ~ **limanı** аэропорт. ~ **meydanı** аба майданы, аэропорт. ~ **nakliyatı** аба ташымачылыгы/транспорту. ~**dan nem kapmak** чын тийбес, ызакор. ~**sı olmak** бир нерсеге окшошуу/түспөлдөшүү, бирөөнү эске салуу. ~ **oyunu** 1)биржа оюну. 2)жел соода. ~**ya pala/kılıç sallamak** бекер убара болуу. ~ **para** 1)(*бир нерсени*) көрбөй-билбей туруп төлөнгөн акча. ~ **payı** кошумча, пай. ~ **payı bırakmak** *өтм.* кача турган тешик калтырыш. ~ **raporu** аба ырайы маалыматы/рапорту. ~**ya savurmak** 1)(*бир нерсени*) абага чачып жиберүү. 2)(*акчаны, малмүлктү*) чачуу, сапыруу, бекер коротуу, ысырап кылуу. ~**dan sudan** 1)болбогон, эч нерсеге жарабаган, түккө турбаган. 2)өткөн-кеткен. ~**dan sudan bahsetmek** өткөн-кеткенден сөз кылуу. ~ **süzgeci** аба сүзгүчү. ~ **tahmini** аба ырайы божомолу. ~**ya uçmak** 1)жарылып кетүү. 2)*өтм.* бошко кетүү. 3)төбөсү көккө жетүү, катуу сүйүнүү. ~**ya uçurmak** 1)асманга учуруу. 2)*өтм.* жарып жиберүү. ~**sına uymak** (*бир нерсеге/жерге*) көнүү, ылайыкташуу. ~ **üssü** *аск.* аба базасы. ~ **vermek** 1)аба/жел толтуруу (*мис. дөңгөлөктөргө*). 2)шаани, шаң берүү. **bayram ~sı vermek** майрам шаанисин берүү. ~**sını vermek** бир көрүнүш бериш. ~**ya vermek** (*акчаны*) талаага чачуу. ~ **yapmak** *өтм.* көбүү, көтөрүлүү. ~ **yutma** аэрофагия. ~ **yolu** аба жолу/байланышы. ~ **yolu ile** аба жолу аркылуу. ~ **yuvarı** атмосфера.

havacı 1.авиатор. 2.Аба Күчтөрү кызматкери.

havacılık,-ğı 1.авиация, абачылык. 2. авиатордук (*кызматы, милдети*).

havacıva 1.*бот.* боёктуу алканна (*Alkanna tinctoria*). 2.болбогон кеп/иш. **bu iş ~** бул болбогон иш.

havadar абасы таза, көрүнүктүү, салкын, ачык (*жер*).

havadis 1.жаңылык. 2.кабар, сүйүнчү, билдирүү, сенсация.

havaî 1.абага байланыштуу. 2.көгүлтүр, көпкөк (*түс*). **~ mavi** ачык көк. 3.*өтм.* жеңил ойлуу, жеңил жүрүш-туруштуу. 4.*өтм.* маанисиз, баасыз, барксыз, бош. **~ sözler** бош/келжирек сөздөр. **~ fişek** 1)салют. 2)*аск.* айдыңдатуу сигналы. **~ hat** асма жол. **~ posta** авиапочта.

Havai Гавайи.

Havaice 1.гавайи тили, гавайиче. 2.гавайиликтерче.

Havaili гавайилик.

havaîlik,-ği жеңил ойлуулук, жеңил мүнөздүүлүк, шайкеледик, көпкүлөңдүк, көөдөктүк.

havalandırıcı абаландыргыч, желдеткич, вентилятор.

havalandırma желдетме. **~ tertibatı** аба кондиционери.

havalandırmak 1.абаландыруу, желдетүү. **odayı ~** бөлмөнү желдетүү. 2.көтөрүлүү, учуп чыгуу (*мис. учак*). 3.аба жуткузуу, абага чыгаруу. 4.(*бирөөнү*) көптүрүп жиберүү.

havalanmak 1.аба алуу, желдетилүү. 2.учуп чыгуу, көтөрүлүү (*учак, вертолёт*). 3.учуу (*канаттуулар*). 4.желбирөө (*желек, туу*). 5.көөп кетүү, мактануу, дардалактоо.

havale 1.(*бир ишти бирөөгө*) тапшыруу, өткөрүп берүү, дайындоо. 2.(*арызга, расмий жазышмаларга*) жолдомо/жөнөтмө жазуу. 3.которуу, жөнөтүү (*акчаны, векселди ж. б.*). 4.*банк/ почта аркылуу жиберилген акчанын саны, жиберүүчү, алуучунун адреси жазылган кагаз.* 5.*мед.* эклампсия *(балдарда, кош бойлууларда көрүнгөн талма сыяктуу оору)*. **~ geçirmek** эсинен танып калуу, талмасы кармоо. 6.кашаа, тосмо. **tahta ~** тактай кашаа. 7.бийик, заңгыраган. 8.карап чыгуу, көз жүгүртүү. **~ etmek** 1)(*бирөөгө*) тапшыруу, өткөрүп берүү, дайындоо. 2)жөнөтүү, жолдоо, жолдомо жазуу, жиберүү (*арызды, катты, акчаны ж. б.*). 3)чаап/сайып жиберүү (*кылыч менен*). **~ gelmek** 1)(*банка, почта аркылуу*) акча келүү. 2)(*балдарда, кош бойлуу аялдарда*) талма кармоо. **~ göndermek/yollamak** (*почта, банка аркылуу*) акча жиберүү.

havaleli 1.ишеним кат менен берилген. 2.үстүндө жолдомосу/ резолюциясы бар (*документ*). 3.көрүнөө (*жерде*), ачык. 4.чоң, бирок бышык эмес (*курулуш*). 5.*мед.* талмалуу (*оору*).

havalı 1.белгилүү бир абасы болгон. 2.абасы таза, жел жүрүп турган, жакшы желдетилген. 3.белгилүү бир климаты болгон. 4.*өтм.* жоопкерчиликсиз, шалакы. 5.*өтм.* көз жоосун алган, өзүнө тарткан. **~ bir elbise** көз жоосун алган көйнөк. 5.*тех.* пневматикалык. **~ fren** пневматикалык тормоз.

havali аймак, айлана, тегерек, район. **bu ~ye turistler az gelir** бул тегерекке туристтер аз келет.

havan 1.соку, жанчуур. 2.тамеки жанчуур. **~ dövücünün hınk deyicisi** кошоматка кой сойгон (*киши*). **~ topu** миномёт. **~da su dövmek** болбогон иш менен убара болуу (*сөзм. с.* сокуда суу жанчуу).

havaneli, -ni сокбилек.

havaölçer 1.барометр. 2.аэрометр.

havarî 1.жолун жолдоочу, шакирт. 2.*дин* апостол (*Азирети Исанын окуусун тараткан 12 шакиртинин*

ар бири).

havasız 1.абасыз. 2.аба жакшы кирбеген, желдетилбеген. 3.жупуну, көзгө комсоо, жөнөкөй.

havasızlık,-ğı абасыздык, үп, думуктурган (*аба)*.

havhav 1.ав-ав (*иттин үрүшү*). 2.(*балдар тилинде*) ит.

havil,-vli : **can havliyle** жанталашып, жаны көзүнө көрүнүп.

havlamak (*ит*) абалоо, абалап үрүү.

havlı 1.түктүү. ~ **kumaş** түктүү кездеме. 2.*к.* **havlu.**

havlu жүз аарчы, сүлгү.

havluluk,-ğu 1.сүлгү аскыч. 2.сүлгү-лүк (*ваннадагы сүлгү ж. б. койгон текчелүү шкаф*). 3.сүлгүлүк, сүлгүгө ылайык кездеме.

havra 1.еврей ыбадат жери, синагога. 2.*ооз.* ызы-чуулуу жер, базар. **~ya dönmek** базарга айлануу.

havsala 1.*эск.* куштардын жемсөөсү. 2.*анат.* жамбаш. ~ **kemiği** жамбаш сөөгү. 3.*ооз.* акылдуулук, зээндүүлүк, паразаттуулук. **~sı almamak** 1)акылы/мээси жетпөө. 2)ишенбөө. **~sı dar** 1)түшүнүгү тар. 2)чыдамсыз, күйпөлөк. **~sı geniş** түшүнүктүү, камаарабаган. **~sı kavrayamamak/~sına sığdıramamak** акылы жетпөө, түшүнө албоо, акылына сыйдыра албоо. **~ya sığmaz** акылга сыйбас.

havuç, -cu *бот.* сабиз (*Daucus carota*).~ **suyu** сабиздин маңызы.

havuz 1.көлмө, сүзмө бассейн. 2.цистерна, чуңкур (*кум, акиташ ж. б. төгүш үчүн*). **kum ~u** кум чуңкуру. 3.*дең.* кемелер оңдолчу жер, док. ~ **balığı** алтын карас (*Carassius carassius*). **~a çekmek** (*кемени*) докко чыгаруу. **~a girmek** 1)көлмөгө түшүү. 2)(*кемени*) докко киргизүү.

havuzlamak (*кемени*) оңдоо үчүн докко коюу.

Havva Аба (Обо). ~ **Ana** Аба (Обо) Эне.

havya ширеткич (*ширетүү/ каңдоо иштеринде колдонулган аспап, паялник*).

havyar балык уругу. **kırmızı** ~ кызыл (балык) уругу. **siyah** ~ кара (балык) уругу. ~ **kesmek** *арго* бош жүрүү, текей терип жүрүү.

havza 1.*геогр.* бассейн. **Hazar Denizi ~sı** Каспий деңизи бассейни. 2.*геол.* кен бассейни. **Zonguldak kömür ~sı** Зонгулдак көмүр бассейни.

hay *сырд. с. (чочуу, коркуу, сыймыктануу, сүйүнүч, жеме билдирүүдө колдонулат)*. ~ **Allah, araba da burada değil, şimdi nasıl yetişiriz?** ай, атаңын көрү , машина да бул жерде эмес, эми кантип жетебиз? ~ **Allah iyilik versin, beni korkuttun!** ой, Кудай аткыр, коркутасың да! ~ ~ **!** макул, жарайт, куп болот. ~ ~ **anneciğim, sen tasalanma!** макул, макул, апаке, сен кам санаба! ~ **sersem ~!** сени, шумпай, сени! **~dan gelen huya gider/selden gelen suya gider** оңой келген олжо оңой кетет.

haya I уят, уялчаактык, тартынчаактык, абийирдүүлүк, адептүүлүк. **alnının ~ damarı çatlamış/~ perdesi yırtılmış** уят-сыйыт калбаптыр. ~ **etmek** уялуу, тартынуу.

haya II *анат.* эркектик бези.

hayal,-li 1.кыял, элес, үмүт, тилек, ой. ~ **ürünü** кыялдан жаралган. **~lerini gerçekleştirmek** ойлогон оюн ишке ашырмак. **~den gerçeğe dönmek** кыялы чындыкка айлануу. 2.көзгө көрүнчү, арбак, элес. 3.*физ.* көрүнүш, чагылыш, сүрөт. **insanın aynadaki ~li** адамдын күзгүдөгү чагылышы/ көрүнүшү. 4.караан. 5.көлөкө оюну, карагөз (*пардага жиберилген жарыктан чагылган фигуралардын көлөкөсү аркылуу*

ойнотулган оюн). 6.көлөкө оюну фигуралары. **~e dalmak** кыялга чөмүлүү/батуу. ~ **etmek** кыялдануу, кыял куруу, үмүт кылуу. **~inden geçirmek** элестетүү, ойлоо. ~ **gibi** 1)кыял/элес сымал. 2)ичке, шыңга (*киши*). ~ **gücü** кыял күчү. **~e kapılmak** кыялдануу, кыялына жеңдирүү. ~ **kırıklığı** көңүл калуу, үмүтү таш кабуу. ~ **kurmak** кыял куруу. ~ **mahsulü** кыялдан/ойдон чыгартылган. ~ **meyal** элес-булас. ~ **olmak** курулай кыял болуу, ишке ашпоо ~ **oyunu** көлөкө оюну. ~ **peşinde koşmak** жалган/куру үмүттөрдүн аркасынан түшмөк.

hayalcı 1.кыялчы, кыялкеч, фантазёр, утопист. 2.*театр* карагөз ойноткон киши.

hayalcılık,-ğı *филос.* утопия.

hayalen кыялында, тилегинде, оюнда.

hayalet,-ti 1.арбак, (*көзгө*) көрүнчү. 2.көлөкө оюну фигуралары.

hayalî 1.кыялдан/ойдон жаралган/ жаратылган, фантастикалык. 2.карагөз ойноткон киши, карагөзчү.

hayalperest,-ti кыялчы, кыялкеч, кыялга берилген, фантазёр.

hayâsız уятсыз, жүзү жок, шерменде, бетпак.

hayat,-ti 1.жашоо, турмуш, тиричилик. 2.өмүр. 3.тагдыр, жазмыш. ~ **onları birleştirmedi** тагдыр алардын башын кошподу. **~ım** (*жубайлардын кайрылуусу*) жаным, алтыным. ~ **ağacı** 1)тукум, тек, жети ата, санжыра. 2) *анат.* мээнин тарамы. ~ **adamı** турмушка оңой ылайыкташкан киши. ~ **arkadaşı** өмүрлүк жубайы. **~a atılmak** өмүр жолун баштоо, өз алдынча болуу. **~ının baharı** өмүр жазы, өмүрүнүн гүлдөп турган кези. ~ **bilgisi** турмуштук билгилер (*башталгыч класста окутулган сабак*). **~ını borçlu olmak** өмүрү үчүн карыздар болуш. **~ta değil** көзү өткөн, өтүп кеткен. **~ını doldurmak** жашоосунун көркүн ачуу, эрмек болуу. ~ **dolu** жашоого кумар. **~ına doymamak** өмүргө тойбоо. **~ına doymadan gitti** жашоосун тоё жашабай кетти. ~ **geçirmek** өмүр өткөрүү. **~a geçirmek** турмушка/жүзгө ашыруу. **~ına girmek** жашоосуна кирмек, тагдырын тең бөлүшмөк. **~a gözlerini yummak/ kapamak** көз жумуу, өлүү. ~ **iksiri** жашоо булагы. ~ **kadını** сойку, денесин саткан аял. **~ı kaymak** турмушу бузулмак /астын-үстүн түшмөк. **~ını kazanmak** акча/нан табуу, күн көрүү. **~a küsmek** жашоодон көңүлү калуу. ~ **memat meselesi** өлүм-калым маселеси. ~ **mücadelesi** жашоо үчүн күрөш. ~ **pahalılığı** жашоо кымбатчылыгы. ~ **sigortası** жанды камсыздандыруу. ~ **sürmek** өмүр сүрүү. ~ **şartları** жашоо/турмуш шарттары. **~ın tadını çıkarmak** жашоонун жыргалын көрүү. ~ **tarzı** жашоо мүнөзү. ~ **vermek** өмүр/жан берүү. **~ını yaşamak** жыргап-куунап жашоо.

hayat II,-tı 1.меш. 2.короо. 3.*ооз.* балкон.

hayatî 1.жашоого/турмушка байланыштуу. 2.өтө маанилүү/олуттуу.

hayatiyet,-ti жашоо күчү, жандуулук.

haybeci *арго* жатып ичер, жан бакты.

haybeden жөндөн жөн, эч себепсиз.

hayda 1.*сырд. с.* айда! (*жаныбарларды айдоо үчүн колдонулат*). 2.ошондойбу? кантип эле? (*таң калуу, чочууну билдирет*).

haydarî *эск.* хайдари (*дервиштердин жеңсиз, одоно тигилген бешманты*). ~ **yaka** үч бурчтук түрүндөгү кайырмасыз жака.

haydi *к.* **hadi.** ~ ~ 1) *сырд. с.* бол, жүрү (*шаштыруу, шердентүү үчүн колдонулат*). ~ **çocuklar, gidelim**

болгула, балдар, баралы. 2. мейли, болуптур. ~ **senin dediğin olsun, al götür** болуптур, сен айткандай болсун, алып кет. 3. койсоңчу (*ишенбөө/таназар албоо билдирет*). ~ **canım sen de** койсоңчу, кантип ошондой болсун. ~ ~ 1)оңой-олтоң, жөн эле, ойноп эле. **onun yaptığı işi sen** ~ ~ **yaparsın** ал жасаган ишти сен ойноп эле жасайсың. 2)эң көп, ашып кетсе. **bu mala** ~ ~ **yirmi milyon verirler** бул товарга ашып кетсе жыйырма миллион беришет.

haydin *ооз.* келгиле, болгула. ~ **çocuklar, gidelim artık** келгиле, балдар, кетели!

haydut,-du 1.каракчы, гайдук. ~ **çetesi** уюшкан каракчы. 2.*ооз.* тентек, сүйкүмдүү бала. ~ **gibi** 1)коркунучтуу, эби-сыны жок, чоң (*киши*). 2)тентек, суу куйду (*бала*).

haydutluk,-ğu каракчылык, бандиттик. ~ **etmek** каракчылык кылуу, талап-тоноо.

hayhay макул макул, жарайт, антпегендечи, сөзсүз, жан дилим менен!

hayhuy 1.чуру-чуу, күрү-гүү. **bu** ~ **içinde çalışılmaz** мындай күрү-гүү ичинде иштөөгө болбойт. 2.дүрбөлөң, капсалаң, карбалас. **~la** карбаласта, капсалаңда.

hayıf 1.адилетсиздик, ынсапсыздык. 2.боор ооруу, аёо. 3.ай-ай, кап-кап (*өкүнүү, аёону билдирет*).

hayıflanmak өкүнүү, капа болуу, кайгыруу, санаа тартуу.

hayır I жок. ~ **demek** жок деп коюш. ~ **dememek** жок дебөө.

hayır II 1.кайыр,кайрым, жакшылык. 2.жакшы, кайырлуу, пайдалуу. ~ **haberdir inşallah!** Кудай жалгап жакшы кабар болгой эле. **~a alâmet** жакшылыктын жышаанасы. **~la anmak** жакшы жагын эскерүү. ~ **beklemek/beklememek** жакшылык күтүү/ күтпөө. **~ı dokunmak** жакшылыгы тийүү. ~ **ehlî** кайрымдуу кишилер. ~ **etmemek** 1)(*бирөөгө*) кайрым/жакшылык кылбоо. 2) пайдасы/кайыры тийбөө. 3) (*оорудан*) сакая/ түзөлө албоо. ~ **gelmemek** кайыр келбөө, колунан жакшылык чыкпоо. ~ **getirmemek** жакшылык алып келбөө. **~ını gör!** 1)кайырын/жакшылыгын көр! 2)(*айрым учурда какшык иретинде*) жыргап кеткениңи көрөрмүн! **~ını görmek** убайын көрүү. ~ **görmemek** жакшылык/ кайыр көрбөө. **~ını görmemek** жакшылыгын/ убайын көрбөй калуу. **~dır inşallah!** *ооз.* 1)эмне болуп кетти, тынчылыкпы? 2)(*туш жоруганда*) аягы кайырлуу болсун! ~ **işlemek** кайрым жасоо, башкаларга жардам берүү. ~ **işleri** кайрымдуулук иштери. ~ **kalmamak** 1)ишке жарабай калуу, пайдалануудан чыгуу. 2)майнап чыкпоо. **bu işte** ~ **kalmadı** бул иштен майнап чыкпай калды. **bu ütüde** ~ **kalmadı** бул үтүк иштен чыкты. ~ **kurumu** кайрымдуулук уюму. ~ **ola!** 1)Кудай жалгасын! (*жакшы тилек*). 2)эмне болуп кетти? тынчылыкпы деги? (*күтүүсүздөн келгендерге/телефон чалгандарга ж. б. карата айтылат*). **~la yâd etmek** жакшылык менен эскерүү. ~ **yok** жакшылык жок. **~a yormak** жакшылыкка жоруу.

hayırdua ак бата, жакшы тилек. **~sını almak** ак батасын алыш. ~ **etmek** ак батасын берүү.

hayırlı 1.кайырлуу, пайдалуу. ~ **iş** пайдалуу иш. 2.кайрымдуу, боорукер. ~ **evlât** кайрымдуу бала. 3.ак жолтой, жолдуу. **~sı** *тилек* аркасы түз болсун! **~sı ile** кыйналбай-кысталбай, оңой-

олтоң, Кудай колдоп, иши оң келип. **~sı ile oğlanı evlendirelim de, sonra seni de düşünürüz** ишибизди (Кудай) колдоп уулду үйлөндүрөлү да, анан сени ойлонуштуралы. **~lı olsun!** кут болсун! (*ар кандай жакшылыкты куттуктоо үчүн айтылат*). ~ **akşamlar!** кайырлуу кечтер! (*кечки саламдашуу*). ~ **günler!** кайрылуу күндөр! (*күндүзгү саламдашуу*). ~ **sabahlar!** кайырлуу таңдар! (*эртең менен саламдашуу*). ~ **yolculuklar!** жолуң(ар) шыдыр болсун!

hayırsever кайрымдуу, боорукер.

hayırsız 1. кайырсыз, пайдасыз, керексиз, жараксыз. 2.кайрымсыз, таш боор, мээримсиз. 3.кара жолтой, жолсуз.

hayız,-yzı айыз, этек кир. ~ **görmek** айыз көрүү. **~dan kesilmek** этек кири токтоо.

haykırış айкырыш, айкырык, кыйкырык.

haykırmak айкырмак, кыйкырмак.

haylaz 1.шүмшүк, митаам, шумпай, куйту. 2.тентек, шок, бейбаш. ~ **bir çocuk** тентек бала. 3.жалкоо, эринчээк, жатып ичер.

haylazlık,-ğı 1.адепсиздик, тентектик, бейбаштык. 2.шумпайлык, куйтулук. 3.жалкоолук, эринчээктик, жатып ичердик.

hayli кыйла, аябай, абдан, бир топ/кыйла. ~ **uzak** кыйла узак. **bir** ~ бир кыйла. **~dir** кыйладан бери. **~dir biz onu görmedik** кыйладан бери биз аны көрбөдүк.

haylice кыйлача. **aralarında** ~ **yaş farkı var** араларында кыйлача жаш айырмасы бар.

haymana жайлоо, өтөк, жайыт. ~ **beygiri gibi dolaşmak** жайлоонун айгырынан бетер бош жүрүү. ~ **öküzü/mandası/sığırı** *шылд.* бекер-поз, жанбакты.

haymatlos 1.мекенсиз, ата-журтсуз. 2.үйсүз-жайсыз, башы ооган жерде басып жүргөн, селсаяк.

hayran 1.(*бирөөгө, бир нерсеге*) абдан кызыккан/берилген, жактоочу, тараптар. 2.таң калыш, суктаныш, тан бериш, айран калыш. ~ **bırakmak** айран-таң калтырыш. ~ ~ айран-таң/аң-таң калып, берилип. ~ **kalmak/olmak** айран-таң калыш, суктаныш.

hayranlık,-ğı айран/таң калуу, суктануу, тан берүү, баалоо, барктоо. ~ **duymak** абдан жактыруу, берилүү.

hayrat,-tı 1.жакшылык, кайрымдуулук. 2.кайрымдуулук мекемелелери.

hayret,-ti 1.таң калуу, таңдануу, айран калуу, оозу ачылып, селейип калуу. 2.*сырд. с* укмуш! кызык! таң каларлык!. **~te bırakmak** аң-таң калтырмак. ~ **bir şey!** кызык! тири укмуш! **~e düşmek** аң-таң/айран калмак. ~ **etmek** таң калуу, көргөн көзүнө ишенбөө. **~ler içinde donup kalmak** селейип/сенейип калуу, таң калуудан оозунан сөзү түшүп калуу. ~ **uyandırmak** таң калуу жаратуу, таң калтыруу. **akıllara** ~ **veren** акылдарды айран кылган.

hayrola *к.* **hayır II.**

haysiyet,-ti 1.сый, урмат, ардак, аброй. 2.касиет, абийир, намыс. ~ **divanı** абийир соту. **~ine dokunmak** намысына тийүү. **~iyle** себеби менен, ... -нан улам, ... -ганы үчүн.

haysiyetli 1.кадырлуу, барктуу, касиеттүү. 2. ар-намыстуу, абийирлүү.

haysiyetsiz 1.кадыр-барксыз, сыйга татыбаган. 2.арсыз, намыссыз, абийирсиз.

hayta 1.*тар.* (*Османлы ордосунда*) жалданма аскер. 2.*өтм.* селсаяк, жел таман, жанбакты.

hayvan 1.айбан (*бүтүн жаныбарлардын жалпы аты*). ~ **bilimci** зоолог. ~ **bilimi** зоология. **~lar dünyası**

жаныбарлар дүйнөсү. ~ **göçü** айбандар көчү/миграциясы. 2.мал, үй айбандары. ~ **kesme** мал союу. ~ **kömürü** *айбан каны менен сөөгүнөн жасалган, дарыгерликте колдонулган көмүр.* **büyük baş** ~ ири мүйүздүү мал. 3.унаалык мал. **binek** ~ мингич (*айбан*). **koşun ~ı** кошко кошулган мал. 4.акылсыз, аңкоо, дөдөй (*киши*). 5.айбан! (*кордоо сөзү*). ~ **gibi** 1)айбандан бешбетер. 2)көк мээ, аңкоо, кеңкелес (*киши*). **~ın alacası dışında insanın alacası içinde** *мак.* айбан аласы тышында, киши аласы ичинде.

hayvanat,-tı 1. айбанаттар, айбандар, жаныбарлар. 2.зоология, айбандар жөнүндөгү илим. ~ **bahçesi** айбанат бакчасы, зоопарк.

hayvanca 1.айбан сымал, айбанча. 2.*өтм.* орой, одоно, адепсиз. ~ **muamele** айбанча мамиле.

hayvancılık,-ğı мал чарбачылыгы, малчылык.

hayvanî 1.айбанаттарга/жаныбарларга байланыштуу/тиешелүү. ~ **yağlar** айбан тектүү майлар. 2.айбанча, айбандык, айбан сымал/сыяктуу. ~ **hislerini tatmin etmek için** айбандык туйгуларын канааттандырыш үчүн. 3.*өтм.* дөдөй, дөөпөрөс.

hayvanlaşmak (*киши*) айбанга айлануу/окшошуу, адамдыктан чыгуу, жапайылашуу.

hayvanlık,-ğı 1.айбандык, айбанча жорук. 2.дөдөйлүк, дөөпөрөстүк, жапайылык, түркөйлүк. ~ **etmek** айбандык/ айбанча мамиле кылуу, түркөйлүк/дөдөйлүк көрсөтүү.

hayvansal айбан тектүү. ~ **yağlar** айбан тектүү майлар.

haz,-zzı 1.ырахат, жыргал, куштарлык, ыраазычылык, бакыт. ~ **duymak** ырахат алуу, жаны жыргоо. 2.кумар, ниет, пейил. ~ **vermek** кумар кандыруу.

Hazar хазар (*Каспий деңизи тегерегиндеги жашаган түрк уруусу*). ~ **Denizi** Каспий деңизи.

Hazarca хазарча, хазар тили.

haza 1.*ооз.* каса, накта, чыныгы, толук, даана. ~ **gebeş/sersem** даана жинди. ~ **şehzade** асыл шахзаада. 2.бул.

hazım,-zmı 1.(*тамак-аш*) сиңдирме, сиңдирим. 2.кабыл алма, өздөштүрмө. ~ **bozukluğu** сиңдирим бузуктугу. ~ **cihazı** *физиол.* сиңдирим аппараты. **~ı güç** сиңиши кайын (*тамактар*). ~ **etmek** *к.* **hazmetmek.**

hazımsız 1.сиңирилиши кыйын. 2.тамакты жакшы сиңдире албаган (*киши*). 3.*өтм.* бетке чабар, чыдамсыз, күйкөлөк (*киши*). 4.*өтм.* кабыл алынбай турган, чыдоого болбой турган.

hazımsızlık,-ğı 1.тамак сиңдирүү бузуктугу. 2.чыдамсыздык, сабырсыздык, күйкөлөктүк, бетке чабарлык.

hazır 1.азыр, даяр, белен. ~ **elbise** даяр (*тигилүү*) көйнөк. **yemek ~ olunca çağırın** тамак даяр болгондо чакыргыла. 2.колдо бар, накталай, катышкан. ~ **bulunmak** катышуу. 3.болгон соң, болгону үчүн. ~ **fırsat çıkmışken bunu yapalım** ыңгайы келип турган соң, муну жасап коёлу. ~ **gidiyorsun onu da götür** кетип бараткан соң, аны да ала бар. **~da** колубузда, даяр. **~da ne varsa çorbanı onlardan yapalım** сорпону колубузда бар нерселерден жасайлы. ~ **almak** даяр/тигилүү алмак. **~a dağlar dayanmaz** *мак.* ар дайым сатып жешке/кийишке тоо да болсо түтпөс. ~ **etmek** даяр кылып коюу. ~ **giyim** тигилүү кийим. **~a konmak** даярдын үстүнө отуруп калуу. ~

ol! түз тур! (*аскердик буйрук*). **~dan yemek** колдогуну түгөтүү (*жаңыдан иштеп таппастан*). **~ yiyici** колунда барын жеп түгөткөн.

hazırcevap,-bı ар дайым жообу даяр (*киши*).

hazırcı 1.тигилүү кийим саткан киши. 2.даяр оокатка көнгөн киши.

hazırlamak даярдоо, азырдоо,камдоо.

hazırlanmak 1.даярдануу, беленденүү. 2.даярдалуу, беленделүү.

hazırlık,-ğı даярдык. **~ görmek** даярдык көрүү. **~ sınıfı** даярдоо курсу. **~ yapmak** даярдык жасоо.

hazırlıklı даярдыктуу, даяр, белен, мыкты даярдалган. **bütün katılımcılar ~ gelmişler** бүтүн катыш-кандар даярдык менен кели-шиптир.

hazırlıksız даярдыксыз, күтүүсүз. **~ olmak** даярдыксыз болуу. **~ yakalanmak** даярдыксыз басылуу.

hazırlop,-pu 1.катуу бышырылган жумуртка. 2.*өтм.* башкасы тарабынан даярдалган, даяр оокат.

hazin аянычтуу, кайгылуу, муңдуу, муңайым. **~ bir çehre** муңайым жүз/чырай.

hazine 1.казына, кенч. **~ avcıları** казына издөөчүлөр. **tükenmez ~ler** түгөнбөгөн казыналар. **kelime ~si** сөз казынасы. 2. мамлекеттик казына. 3. сактоочу жай, склад. **kitap ~si** китеп сактоочу жай. 4.*аск.* куралжарак дүкөнү. 5.булак. **bilgi ~si** билги булагы. 6.*өтм.* баа берилген, баркталган (*нерсе же бирөө*).

hazinedar казынаны күткөн / башкарган киши, казыначы.

haziran июнь.

hazmetmek 1.сиңирүү (*тамакты*). 2.*өтм.* (*бир нерсеге*) чыдап коюу, сабыр көргөзүү, теңелбөө.

hazne 1.*к.* **hazine.** 2.(*бир нерсенин*) сакталган/топтолгон жери. 3.*эск.* жатын.

hazret,-ti 1. Азирети *(ыйык деп эсептелгендердин атынын алдына келген наам)*. **H~i Muhammed** Азирети Мухаммед. 2.*кайрылуу сөзү; садага, карагым.* **~, şu kitabı bana uzatır mısın?** карагым, алдагы китепти мага берип коёсуңбу? 3. **(H~leri)** *жогорку мартабалуу кишилердин атынын алдына коюлган титул.* Улуу Даражалуу (*аты-жөнү аталбастан колдонулган*). **İmparator H~leri** Улуу Даражалуу Император. **Dük H~leri** Улуу Урматтуу Герцог. **H~lerinin odasına çıktım** Улуу Даражалуунун бөлмөсүнө чыктым. 4.*какшык* урматтуум, ардагым. **nereye ~?** кайда жөнөдүң, урматтуум?

hazzetmek жактыруу, ырахаттануу, кумар болуу, сүйүү.

he «ооба» маанисиндеги ырастоо. **~ demek** макул/ооба демек. **~ mi?** макулбу? жарайбы?

heba бошко/талаага кетүү. **bütün emekler ~ oldu** бүтүн эмгектер талаага кетти. **~ etmek** талаага чачуу, бекерге каржоо/коромжу кылуу.

hece муун. **~ ile okumak** эжелеп окуу. **açık ~** ачык муун. **kapalı ~** жабык муун. **~ ölçüsü/vezni** муун өлчөмү.

hecelemek эжелөө (*муун-муун кылып сүйлөө же окуу*).

hedef 1.максат, мүдөө. 2.бута, объект. **~ almak** 1)бутага алуу, мээлөө. 2)максат коюу. **~ göstermek** максат көргөзүү. **~e isabet etmek** 1)бутага тийүү. 2)*аск.* объектти талкалоо. **~ olmak** *өтм.* шылдың/тамашага объект болуш. **~ tutmak** максат күтүү. **~e varmak** максатына жетиш.

hedeflemek максат коюу.

heder зыян, чыгым, бекер кетирме/каржама, залал, чыгаша. **~ etmek** 1)бошко/ бекерге кетүү, чыгым/

зыян тартуу. 2)курман кылуу, садага чабуу. ~ **olmak** 1)бекерге/талаага кетүү. **bu kadar masraf ~ oldu** мынча чыгым бекерге кетти. 2)садага чабылуу.

hedik,-ğı кертик, кайнатылган буудай, жүгөрү ж.б.

hedim талкалануу, жок болуу, кыйроо.

hediye 1.белек. 2.(*ыйык китептер үчүн*) баа. ~ **etmek/vermek** белек кылуу. ~ **atın dişine bakılmaz** *мак.* досуңдун бергенинин тишин ачпа.

hediyelik,-ği белектик, белекке ылайык/жараган.

hedonizm *филос.* гедонизм.

hegemonya гегемония.

heğelcilik,-ği гегелчилик.

hekim доктор, доктур, табып, врач. **baş ~** баш доктур/ врач, баш табып. **diş ~i** тиш доктур. **ruh ~i** психиатр. **Lokman ~in ye dediği** Улукман акем/табып же деген (*даамдуу тамактар үчүн*).

hekimlik,-ği 1.докторлук, табыптык (*кесип жана милдет*). 2.медицина. 3.доктор/табыптын гана колунан келе турган. ~ **hasta** доктор карашы керек болгон оорулуу. 4.медицинага байланыштуу.

hektar гектар /10000 квадрат метр (*кыск.* **ha** га).

hektogram гектограмма.

hektolitre гектолитр.

hektometre гектометр.

helâ ажаткана, туалет, даарат жери.

helâk,-kı 1.өлүм. 2.кыргын, жок кылуу. 3.*өтм.* алдан/күчтөн таюу, шалдыроо, дарманы түгөнүү, суй жыгылуу. ~ **etmek** 1)кыруу, жок кылуу. 2)чарчатуу, шайын/ шайманын оодаруу. **bu yolculuk bizi ~ etti** бул жолчулук биздин шайыбызды оодарды. ~ **olmak** 1)жок болуу, кырылуу, тукум курут болуу. 2.чарчоо, алы/күчү калбоо, шайы оо.

helâl,-li 1.адал (*шарият жол берген*). 2.*өтм.* ак никелүү жубай. 3.адал жолдон/маңдай тер менен табылган. ~ **kazanılmış para** адал эмгек менен табылган акча. ~ **etmek** 1)(*бирөөнүн*) эмгегин/күнөөсүн кечүү. 2)акысынан кечүү, жоопкерчиликтен/милдеткерликтен куткаруу (*өз каалоосу менен*). **~inden** чын жүрөктөн/дилден, арам ойсуз. ~ **olsun!** 1)кут болсун! буюрсун! 2)садага кетсин, айлансын. ~ **olsun paralar böyle bir delikanlı için!** мындай жигиттен акча айланып кетсин! ~ **para** адал акча. ~ **süt emmiş** калыс, туура жүргөн (*киши*).

helâlleşmek 1.бири-бирин кечишүү, жоопкерчиликтен/милдеткерликтен бошотуу, өз ара эсептешүү, ыраазычылык беришүү. 2.коштошуу, акысынан кечишүү (*өлүм же узун жолчулук алдында*).

helâlli ак никелүү жубай (*аялы же күйөөсү*).

helâlzade 1. ак никеден төрөлгөн. 2.адал эмгек менен күн көргөн.

hele 1.деги, деги эле, жок дегенде, өзгөчө. ~ **oraya hiç gitmez** ал жакка дегеле барбайт. 2. ... эле көрсүн! (*опуза сүйлөмдөрдө колдонулат*). ~ **akşam eve geç gelsin!** кечинде үйгө кеч келип эле көрсүн! 3.акыр аягында, акыры түбү. ~ **geldi, şükür!** акырында келди, Кудайга шүгүр!. 4.(*тилек билдирет*). ~ **sınıfını geç, öyle bir hediye alacağım ki …** классыңдан бир көччү, сага укмуш бир белек алам дейсиң ... ~ **bak!** бир көрсөң! ~ **bak Ahmedimiz nasıl büyüdü!** Ахмедибиздин кандай чоңойгонун бир көрсөң! ~ **bir** дегеле бир, бир, жок дегенде. ~ **bir tanışsın** бир таанышып көрсүн. ~ ~ кана, кана бир, эмесе. ~ ~ **söyle daha neler olmuş?** кана, айт, дагы

эмнелер болуптур? ~ **şükür!** мунусуна да шүгүр!

helecan жүрөктүн тез-тез согушу/лакылдашы.

helezon 1.спираль. 2.*анат.* кулак калканы. 3.үлүлдүн кабыгы. 4.*тех.* бүроо, бурама.

helezonî бурама/спираль түрүндө, бурам-бурам. ~ **merdiven** бурам тепкич.

helikon *муз.* геликон.

helikopter геликоптер, вертолёт.

helis *мат.* спираль, бурама сызык.

hellenistik *тар.* эллинисттик. ~ **çağ** эллинисттик доор.

hellenizm эллинизм.

helme 1.коюу былжырак суюктук (*фасоль, күрүч, буудай сыяктуу дан өсүмдүктөрүн кайнатканда пайда болгон*). 2.*бот.* маңыз (*айрым өсүмдүктөрдүн өзөгүндө, гүлүндө же уругунда*). 3.*физиол.* эркектик суу, сперма.

helmelenmek коюулашуу (*буудай, күрүч, фасоль ж. б.*).

helmeli быткыйган, былтыйган, эзилген (*тамак*).

helva халва.

helvacı халвачы (*халва жасаган же саткан киши*). ~ **kabağı** *бот.* каштан ашкабагы (*Cucurbita maxima*).

helvahane 1.*эск.* халва бышырылган жапыз казан. 2. *тар.* (*сарайда*) таттуулар бышырылган бөлмө.

helyograf 1.*астр.* гелиограф. 2.жарыкты копиялоо.

helyoterapi *мед.* гелиотерапия, күн нуру менен дарылоо.

helyum *хим.* гелий .

hem 1.*кайталанган байламта:* ... да, ... да, ... болсун, ... болсун. ~ **çalışıyor ~ okuyor** иштеп да, окуп да жүрөт. ~ **babası ~ annesi öldü** атасы да, энеси да өлдү. 2.ал эле эмес, ал түгүл, ал аз келгенсип, дагы, айрыкча. ~ **bilmez ~ karışır** билбегени аз келгенсип, кийлигише берет. ~ **ne lüzum var?** айрыкча, эмне пайдасы бар? 3.*күчөтүү маанисиндеги байл.* **güzel, ~ de çok güzel** сулуу, болгондо да аябай сулуу. **sıcak, ~ ne sıcak!** ысык, болгондо да кандай ысык! ~ **de nasıl!** абдан, аябай, ... эмей, болгондо да кандай! **öğrencileriniz memnun mu? ~ de nasıl!** окуучуларыңыз ыраазыбы? ыраазы эмей! **bu bayağı bir zor iş! ~ de nasıl!** бул аябай оор иш! анан эмне! ~ **İsa'yı ~ Musa'yı memnun etmek** Иса Пайгамбарды да, Муса Пайгамбарды да ыраазы кылуу (*баары ыраазы боло тургандай жол табуу*). ~ **kel, ~ fodul** өзү таз, анан дегеле өпкөсү көктө; айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат.

hematolog гематолог.

hematoloji *мед.* гематология, кан билими.

hemcins бирдей жыныс/түрдөн болгон.

hemen 1.дароо, маалында, ошол замат. ~ **çantasına baktı** дароо сумкасын карай калды. ~ **cevap verdi** ошол замат жооп берди. 2. ... эле эмес, ал түгүл, баш-аягы, болжол менен. **ben ~ o sıralarda gelmiştim** мен деле болжол менен ошол маалда келгем. ~ ~ болжол менен, чамасы, мына-мына. ~ ~ **akşam oluyor** кеч киргени калды. ~ ~ **üç yıl kaldı** баш-аягы үч жыл калды.

hemencecik *ооз.* дароо, ошол замат, арыдан-бери.

hemfikir,-kri пикирдеш, санаалаш, бирдей көз карашта/бир пикирде болгон. ~ **olarak** сүйлөшүп, макулдашып, бир пикирде болуп.

hemodiyaliz *мед.* гемодиализм.

hemofil *мед.* гемофил, кан токтобоо.

hemofili *мед.* гемофилия.

hemoglobin *физиол.* гемоглобин.

hemoroit, -ti *мед.* гемарроид.

hempa шерик, орток (*жаман иштерде*), кылмыш ортогу.

hemşehri, hemşeri 1.жердеш, журтташ. **fahrî ~** ардактуу журтташ. 2.тууган (*атынан тааныбаган бирөөгө кайрылуу иретинде*). **ne diyorsun, ~m?** эй, тууган эмне деп турасың?

hemşerilik,-ği жердештик.

hemşire 1.карындаш, кыз бир тууган. 2.медсестра.

hemşirelik,-ği 1.(кыз) бир туугандык. 2.медсестралык (*кесип жана милдет*).

hemşirezade жээн (*карындаштын баласы*).

hemzemin бирдей деңгээлде/абалда. **~ geçit** (*темир жол менен кара жолдун бирдей деңгээлде кесилиши*).

hendek,-ği аңгек, аң, чуңкур, окоп, траншея. **yol ~i** жолду бойлото казылган арык. **~ler kazmak** окоп/чуңкур казуу.

hengâme 1.уруш, кармаш, салгылаш. 2.чатак, мушташ, дүрбөлөң, чуруучуу.

hengâmeci коогачы, чатак (*киши*).

hentbol,-lü гандбол, кол тобу.

henüz 1.*оң маанидеги этиштер менен:* эми эле, эми гана, жаңыдан, жаңы эле. **~ gelmiş biri** жаңы келген бирөө. **~ geldim, daha kimse ile görüşmedim** жаңы эле келдим, али эч ким менен көрүшкөн жокмун. 2)*терс маанидеги этиштер менен:* дагы, дагы эле, алигиче, али, азырынча. **yaz sıcakları ~ başlamadı** жайдын ысыгы азырынча баштала элек.

hep,-pi 1.баары, бардыгы. **~imiz** баарыбыз. **~iniz** баарыңар. 2.чогуу. **~ birden/birlikte** баарыбыз чогуу. 3.дайыма, ар качан. **yazın ~ denize giderdik** жайкысын дайыма деңизге барчубуз. **~ beraber** баарыбыз бирге/ чогуу. **~ bir ağızdan** баары (быз) бир ооздон.

heparin *биол.* гепарин.

hepatit,-ti гепатит, сарык.

hepçil айбан тектүү да, өсүмдүк тектүү да азыктар менен азыктанган .

hepsi,-ni баары, бардыгы, жалпысы, бүт баары. **~ geldi** баары келди. **~ni unuttu** бардыгын унутту.

hepten толугу менен, баарын, бүтүн, жалпысын, таптакыр, бирин кой-бой. **onu ~ uhuttum** аны таптакыр унуттум. **çiçekleri ~ satın aldı** гүлдөрдүн баарын сатып алды.

hepyek,-ki *тавла ойнунда таштардын 1:1 чыгышы.*

her ар. **~ an** ар качан, качан болбосун. **~ bakımdan** кайсы жагынан болбосун/караба. **~ bir** ар бир. **~ biri** ар бири/кимиси. **~ biri başka bir hava çalmak** ар кимиси ар башканы айтуу/ар башка көз карашта болуу. **~ boyaya girip çıkmak** түрдүү иште иштеп чыгуу. **~ boyayı boyadı bir fıstıkî yeşil mi kaldı?** баары бүтүп эми ушул эле калдыбы? (*сөзм. с.* бардык боёкту боёп, ачык жашыл эле калыптырбы?). **~ çeşit** ар түрдүү. **~ daim** ар дайым. **~ defa/defasında** ар жолу/жолкусунда. **~ dem taze** 1)өз жашынан жаш көрүнгөн (*киши*). 2)жайдыркыштыр жашыл (*өсүмдүк*). **~ derde deva** *өтм.* ар дартка даба. **~ durumda** ар жагдайда. **~ fıravunun bir Musa'sı çıkar** ар фараондун бир Мусасы болор (*ар кандай кыйынчылыкта жардамга келчү бирөө чыгар*). **~ gördüğü sakallıyı babası sanmak** көрүнүшкө алдануу. **~ hâlde** 1)калыбы, чамасы. **~ hâlde görmüş olmalısınız** чамасы, көрсөңүз керек. 2)эмне болсо да, эч нерсеге карабастан. **~ hâlde hakkımı arayacağım** эмне болсо да акымды талап кылам. **~ hâli** турган турушу, кебетеси. **mutluluğu ~ hâlinden belliydi** бактылуу экени

турушунан эле көрүнүп турду. ~ **hâlükârda** кандай болсо да, кандай болгон учурда/күндө да. ~ **hangi** *к.* **herhangi.** ~ **gün** ар күн. ~ **ihtimalde** ар кандай ыктымалда. ~ **ikisi** экөө тең. ~ **işin hakkından gelmek** колунан баары келүү. ~ **işe burnunu sokmak** ар бир ишке киришүү. ~ **kafadan bir ses çıkmak** ар ким өз билгенин айтуу/жасоо. ~ **kim** ар ким. ~ **kim ise** ким да болсо. ~ **kim olursa olsun** ким болсо ошо болсун. ~ **nasılsa** кандай болсо да. ~ **nedense/~ ne hâl ise** эмне болсо да. ~ **ne ise** 1)эмне/канча болсо да. 2)болуптур, болору болгон экен (*муну сөз кылуунун кажаты жок*). ~ **ne kadar** канчалык. ~ **ne pahasına olursa olsun** эмне болсо да, канчага турса да. ~ **nerede** кайсы жерде болсо да. ~ **ne zaman** качан да болсо. ~ **şey** ар нерсе, баары, бардык нерсе. ~ **şeye burnunu sokmak** баарына кийли-гишмек/кириш-мек. ~ **şeyden evvel** баарынан мурун. ~ **şeyin bir zamanı var** ар нерсенин өз маалы бар. ~ **taraf** ар тарап. ~ **tarafı** ар тарабы. ~ **tarakta bezi olmak** көп ишке тиешеси болмок. ~ **telden çalmak** ар кандай иш колунан келмек. ~ **vakit** ар качан. ~ **yerde** ар жерде, жердин баарында. ~ **yerdelik** (*Кудайдын*) ар жерде бар болушу. ~ **zaman** ар заман. ~ **zamanki gibi** ар качандан бир качан.

hercaî 1.тентип жүргөн, селсаяк, тентимиш, үй-жайсыз. 2.туруксуз, чечкинсиз, өң карама, жеңил ойлуу, кайсар. ~ **menekşe** *бот.* ала фиалка (*Viola tricolor*).

hergele 1.азоо/үйрөтүлбөгөн (*ат, эшек, өгүз*). 2.*өтм. ооз.* тарбиясыз, адепсиз, аңыраңдаган.

hergeleci 1.жылкычы. 2.шылуун, бөрк ал десе баш алган, кызыл камчы.

herhangi ар ким, ким да болсо. ~ **bir** кайсы бир. ~ **biri** ким да болсо, кимиси болсо да.

herif 1.неме, зөөкүр (*жагымсыз, ишенимсиз эркек тиби тууралуу*). **şu ~ da kim** бу кайдагы неме? 2)бакыр, көйкашка. ~ **sözünü tuttu doğrusu** анткен менен бакырың сөзүн тутту.

herifçioğlu,-nu эшектин/иттин баласы (*ызырынуу, жек көрүү менен айтылат*). ~ **lâf anlamıyor ki!** иттин баласы, сөз түшүнөт дейсиңби!

herkes 1.ар ким, элдин баары. 2.ким да болсо.

herkesçe ар ким/элдин баары тарабынан.

Herkül 1.*миф.* Геракл. 2.*өтм.* олбурлуу, чымыр киши. ~ **gibi** чоң, олбурлуу.

Hersek Герцоговина.

Hersekli герцоговиналык.

hertz *физ.* герц (Hz).

hesabî эсеби так, эсеп-чотун мыкты билген, ишине бүйрө (*киши*).

hesap,-bı 1. эсеп, арифметика, төрт амал. ~ **cetveli** жадыбал. ~ **çıkarmak** эсеп чыгаруу. ~ **makinası** эсеп машинеси. 2.эсеп (*банкада, ресторанда ж. б.*), эсеп-кысап. **~ını sormak** эсебин суроо. 3.*түз, өтм.* эсеп, жооп, жоопкерчилик, сурак. **~a çekmek** жоопко тартуу, суракка алуу. ~ **istemek** эсебин алуу. 4.эсеп, болжол, ой, план, көңүл. **~a katmak** эсепке/эске/көңүлгө алуу. **~ına** 1)(*бирөөнүн*) эсебине, пайдасына. 2)(*бирөөнүн*) эсебинен. ~ **açmak** эсеп ачуу (*банкада*). 2)кредит ачуу/берүү. ~ **açtırmak** эсеп ачтыруу (*банкада*). **~a almak** эсепке/эске/көңүлгө алуу. **~ını almak** эсебин алуу, эмгеги кайтуу. **~a almamak/katmamak** эсепке/эске албоо, маани бербөө. ~ **bakiyesi** карыздардын эсеби. **~ını bilmek**

эсебин (жакшы) билмек, эсептүү жашамак, акчаны орду менен колдонмок. **~ı bozulmak** ойлогону ордунан чыкпай калуу. **~ cüzdanı** эсеп китепчеси. **~a dökmek** эсептеп чыгуу. **~ dökümü** эсеп-кысап тизмеси. **~tan düşmek** 1)эсептен/ карыздан түшүү/ алып салуу. 2)эсепке албоо. **~ etmek** 1)эсептөө, эсепке алуу. 2.эсептеп чыгуу, эсебин алуу/тактоо. 3)ойлоо, план куруу, (*бирөөгө, бир нерсеге*) бел байлоо. **~ ettiklerimizin çoğu, maalesef, gerçekleşmedi** ойлогондорубуздун көбү, тилекке каршы, ишке ашпай калды. **~a geçirmek** эсепке киргизүү. **~ına geçirmek** эсебине өткөрүп алуу. **~ına gelmek** ишине жароо, оюна төп келүү. **~ a gelmez** 1)эсепсиз, сансыз. 2)ойдо жок жерден, капысынан. **~ görmek** аласа-бересесин эсептешмек. **~ını görmek** 1)бересесин берип, мамилесин үзүш. 2)жазалаш, акесин таанытыш. **~ günü** кыямат күнү. **~ işi** кайчы сызыктуу сайма. **~ı kapatmak** 1)эсепти жабуу. 2)карыздарын төлөө. 3)талаш-тартышты токтотуу. **~ı kesmek** 1)(*бирөө менен*) ортоктугун/ байланышын үзүү. 2)эсептешүү, такташуу. **~ kitap** 1)эсеп-кысап. 2)жыйынтык, натыйжа. **~a kitaba sığmaz** 1)эсеби жок, эсепке кирбеген. 2.ойго/эске келбеген, ойдо жок. 3)чыгымы/ чыгашасы көп. **~ı kitabı yok** эсеп-кысабы жок, төгүлүп-чачылган. **~ meydanda** жагдай/абал ортодо, алаканга салгандай ачык. **~ta olmamak** ойдо/эсепте жок, ойго келбеген. **~ özeti/hulâsası** эсептин/ жыйынтыгы, суммасы. **~ sormak** эсеп суроо. **~ı temizlemek** карызын төлөп кутулуу. **~ tutmak** 1)эсептеп/каттап жүрүш. 2)ойлогону ордунан чыгыш. **~ı tutmamak** ойлогон ою ордунан чыкпоо, таш тиштегендей болуу. **~ uzmanı** эсепчи. **~ vermek** 1)эсеп берүү. 2)кылган иштери үчүн жоопко тартылуу. **~ına yazmak** (*бирөөнүн*) эсебине жазып коюу. **~ı yok** эсеби/ саны жок, эсебин айтпай эле коёюн.

hesapça эсеп боюнча, эсепке караганда/көрө. **~ çoktan gelmeliydi** эсеп боюнча алда качан келмек эле.

hesapçı 1.эсепчи, эсеп ишин жакшы билген (*киши*). 2.эсеп-кысаптуу, бүйрө (*киши*). 3.сүткөр, пайдакеч.

hesaplamak 1.эсептөө, саноо. 2.эсепке/ эске алуу. 3.ойлоо, плandоо, бел байлоо. **~ kitaplamak** эсеп-кысабын алуу.

hesaplaşmak 1)өз ара эсептешүү, аласа-бересени такташуу. 2)*өтм.* эсебин берүү, өчүн алуу.

hesaplı 1.эсептүү, эсептелген, саналган, такталган. 2.ойлонуштурулган, пландалган (*иш, аракет*). 3.эсеп-кысапка так, бүйрө, сарамжалдуу (*киши*). 4.арзан. **~ alış veriş yaptık** арзан соода кылдык. **~ hareket etmek** эсеп-кысабына жараша аракет кылуу. **~ kitaplı** эсеп-кысабы так, кылдат, так, бүйрө (*киши*).

hesapsız 1.эсепсиз, эсеп-чотун албай, үстүртөн. 2.эсепсиз, сансыз, эбегейсиз, чексиз. **~ vaatlerde bulunmak** тынбай убада бере бериш. 3.жакшы ойлонуштурул-баган, плансыз, такталбаган, чаржайыт (*иш*). **~ kitapsız** 1)эсеп-кысабы такталбаган. 2)ойлонбой жасалган. 3.жоопкерчиликсиз.

heterojen, heterogen *мат., хим.* гетерогендүү, ар кошкон, аралаш.

hevenk,-ği тизим, тизмек (*бири-бирине же жипке тизилип кургатылган жашылча - жемиштер*). **soğan ~i** пияз тизими.

heves ышкы, кумар, дем, арзуу,

кызыгуу, эңсөө. **~ini almak** кумарын кандыруу, ырахат алуу. **~ etmek** арзуу туюш, кызыгыш. **~e gelmek** ышкылануу, кумар болуу. **~i kaçmak** ышкысы/деми суумак, көңүлү калмак. **~ini kırmak** ышкысын/демин суутуу, кызыгуусун жоготуу. **~i kursağında/içinde kalmak** арманда калуу, кумары таркабоо.

heveslenmek ышкы туюу, кумарлануу, делигүү, эңсөө, дарбуу, кызыгуу.

hevesli 1.ышкылуу, кумардуу, эңсөөсү күч. 2.жөндөмдүү, шыктуу. 3.үйрөнчүк, тажырыйбасыз. 4.ынтызар, далалат кылган (*бирөө*).

hevessiz кайдыгер, каалоосуз, ышкысыз, айдама.

hey *сырд. с.* 1. эй! ай! **~ çocuklar, çimlere basmayın!** эй, балдар, шиберди тебелебегиле! 2.ах, ох, өх. **~ kader, bunu mu gösterecektin!** өх, тагдыр, көргөзө турганың бул беле! **~ budala!** ох, дөөпөрөс! **~ gençlik günler!** аттиң, жаштык күндөр ! **~ gidi** аттиң, олдо, атаңдын көрү (*өткөндү эңсөө, өкүнүү сезимдеринде*). **~ gidi günler!** аттиң, өткөн күндөр!

heyamola оппаа! кана, кеттик! (*бир оор нерсени бир канча киши көтөргөндө же тартып чыгарганда бир ооздон чыгарылган сырд. с.*). **~ ile** өлдүм-талдым дегенде, араңдан-зорго, кыйналып-кысталып атып.

heybe 1.куржун. 2.токулган асма торбо.

heybet,-ti 1.айбат, сүр, зоболо. **babaların ~i** аталардын айбаты/ сүрү. 2.чоңдук, бийиктик, зобололуулук, шаң, көрк. **binaların ~i göz alıcı** имараттардын шаңы көз жоосун алат.

heybetli 1.айбаттуу, сүрдүү, зоболосу бийик. 2.көрктүү, шаңдуу, заңгыраган, асман тиреген, чоң.

heyecan 1.*кубаныч, сыймык, кабатырлык, эргүү, шаңдануу, шаттануу, тынчы кетүү, жүрөкзаада болуу, коркуу, өрөпкүү сыяктуу сезимдер аркылуу пайда болгон абал.* **büyük ~la** абдан толкунданууменен. 2.көңүл көтөрүлүү, шыктануу, шаң, шаттануу. **halk ~ içinde** калк шаңданды. **~ duymak** толкунданууу, өрөпкүү, эргүү, кабатырлануу. **~a düşmek/gelmek** 1)толкунданып/эргип кетиш, 2)санаага батыш, кабатырланыш. **~ geçirmek** тынчсызданууу, толкунданууу, өрөпкүү. **~ vermek/uyandırmak** сезимдерди козгоо, сыймыктандыруу, жүрөктү өрөпкүтүү.

heyecanlandırmak сезимдерди козгоо, сыймыктандыруу, шыктандыруу, эргитүү, өрөпкүтүү.

heyecanlanmak толкунданууу, сезимдери козголуу, таасирленүү, сыймыктануу, шыктануу, өрөпкүү.

heyecanlı 1.таасирленген, шыктанган. 2.толкундаткан, сыймыктуу, шаңдуу, салтанаттуу, жүрөктү өрөпкүткөн. 3.бат таасирленген, жеңил, сезимтал, учуп-күйгөн, алабарман (*киши*). 4.шыктануу/ эргүү менен, кызуу. **~ konuşmak** эргүү менен сүйлөө. **~ tartışmalar uzadıkça uzadı** кызуу талаш-тартыштар узаргандан узарды.

heyecansız 1.токтоо, сабырдуу, салмактуу (*киши*). 2.көңүлсүз, кайдыгер, таасирсиз, кызыксыз. 3.көңүлсүз, шыксыз, эргүүсүз (*жасалган иш*).

heyelân жер көчкү, жер жаракасы. *сал.* **kayşa.**

heyet,-ti 1.комиссия, комитет, коллегия. **~i ayan** сенат. **hakem ~i** калыстар коллегиясы. 2.топ, делегация, труппа. **bale ~i** балет труппасы. **iş adamları ~i** иш адамдары/ишкерлер делегациясы. 3.*эск.* астрономия. 4.*ооз.* көрүнүш, түр, кебете, шекил. **~i asliyesiyle** баштапкы

калыбында, өзгөрүүсүз. **~i mecmuası itibariyle** жалпы жонунан, жалпысынан.

heyhat,-tı 1.*тың калуу билдирет:* тобо. **o da kendisini şair sanıyor, ~!** ал да өзүн акынмын деп ойлойт, тобо! 2.аттиң, тилекке каршы. **~, ondan sonra görüşemedik** аттиң, андан кийин көрүшө албадык.

heyhey: ~ler geçirmek катуу санааркоо, тынчсыздануу, капа болуу, жабыркоо. **~leri tutmak/üstünde olmak** абдан жини келүү, каны кайноо, сабыры суз болуу, жапа чегүү.

heykel айкел, эстелик, статуя, скульптура. *сал.* **yontu. ~ gibi** 1)кыймылсыз, жансыз, сезимсиз. 2)келишимдүү, көрктүү, шыңга, чың, чымыр (*дене*).

heykelci 1.айкелчи, скульптор. 2.айкел жасап саткан киши.

heykeltıraş айкелчи, скульптор.

heyulâ 1.хаос, дүрбөлөң, кооп. 2.көрүнчү, арбак. **~ gibi** олчойгон, эбисыны жок.

hezaren 1.бамбук (*Delphinium*). 2.бамбуктан жасалган.

hezeyan 1.маанисиз/маңызсыз сөз, келжиректик, сандырактык. **hiddetlenince ~a başladı** жини катуу келгенде сандырактай баштады. 2.жөөлүү. **hasta ~ durumunda** оорулуу жөөлүп жатат. **~ etmek** маанисиз/маңызсыз сүйлөө, жөөлүү .

hezimet,-ti жеңилүү, кыйроо, утулуу. **~e uğramak** кыйроого учуроо, жеңилүү, утулуп калуу.

hı *ооз.* ооба.

hıçkıra: ~ ~ эчкире-эчкире, буркурап-боздоп, ычкырып (*ыйлоо*).

hıçkırık,-ğı 1.ыктытма. 2.ычкырып/эчкирип/буркурап-боздоп ыйлоо. **~ tutmak** тынбай ыктытуу.

hıçkırmak 1.ыктытуу. 2.ычкырып, эчкирип, буркурап-боздоп ыйлоо.

hıdiv 1.*тар.* хедив (*Египеддин башкаруучусу*). 2.өкүмдар.

hıdrellez 1. 6-май (*жайдын биринчи күнү; Кыдыр жана Иляс Пайгамбарлардын ар жылкы жолугушуу күнү деп эсептелет*). 2.бул күнү өткөрүлгөн майрам.

hıfzıssıhha *эск.* гигиена, тазалык эрежелери.

hık *туур. с.* кыңк. **~ da dese, mık da dese bu iş olacak** кыңк десе да, мыңк десе да бул иш болот. **~ demiş babasının burnundan düşmüş** атасына союп каптап койгондой окшош (*сөзм. с.* кыңк деп эле атасынын мурдунан түшө калгандай). **~ mık** кыңк-мыңк. **~ mık etmek** 1)кыңк-мыңк этүү, оң жооп бербөө. 2)берилген иштен баш тартуу. **~ı mıkı yok** кыңк-мыңкы жок.

hım 1.*сырд. с.* гым (*ошондой экен да!*). 2.*туур. с. мурдунан солоп сүйлөгөдөрдү тууроо.* **~ ~ konuşmak** мыңк-мыңк этүү, мурдунан солоп сүйлөө, маңкалануу.

hımbıl жалкоо, эринчээк.

hımhım маңка, мурдунан солоп сүйлөгөн (*киши*). **~ konuşmak** маңкаланып сүйлөө.

hıncahınç шыкап толтурулган, шыкалган, топтолтура, жык-жыйма. **konsere gelenler salonu ~ doldurdu** концертке келгендер салонду жыкжыйма толтурду.

hınç,-cı жек көрүү, кастык, өч. **~ını almak** өчүн алмак. **~ını çıkarmak** ачуусун/өчүн чыгарып алуу.

hınzır 1.каман, доңуз, жапайы чочко. 2.*өтм.* чочко (*зулум, таш боор киши үчүн айтылат*). 3.*өтм.* бошко кеткен эмгек.

hınzırlık,-ğı 1.*өтм.* эки жүздүүлүк, арамзаалык, куйтулук. 2.тажатмалык, көшөкөрлүк.

hır чыр, чатак, мушташ. **~ çıkarmak**

чыр чыгаруу.

hırbo *арго* 1.эби-сыны жок, колдойгон, далдайган, чогоол, копол (*киши*). 2.дөөпөрөс, кеңкелес.

hırçın 1.ачуусу чукул, кергиштеген, бейжай, тажаал, өжөр, тырчыган. 2.*өтм.* өжөр, өркөчтөнгөн (*деңиз, толкун*).

hırçınlaşmak 1.тырчуу, бейжайлануу, тажаалдануу, ачуусу/ кыжыры келүү, сиркеси суу көтөрбөө. 2.өжөрлөнүү, өркөчтөнүү (*деңиз, толкун*).

hırdavat,-tı 1.темир-тезек, майда-барат аспаптар, жабдыктар (*мис. ачкыч, кулпу, тоспо, мык ж. б.*), ыкыр-чыкыр буюмдар. 2.акыр-чикир, таштанды.

hırdavatçı майда-барат/темир-тезек саткан дүкөн / дүкөнчү.

hırgür кермур, чатак, тил табышпоо, жаңжал. **onların ~ünden bıktım usandım** алардын кермурунан тажадым. ~ **çıkarmak** жаңжал/чатак чыгаруу, кермур айтышуу. ~ **etmek** жаңжал баштоо.

hırıldamak 1.кырылдоо, кыркыроо, киркирөө. **göğsü** ~ көкүрөгү кырылдоо. 2.коңурук тартуу.

hırıl : ~ ~ кырыл-кырыл, кыр-кыр (*оорулуу өпкөдөн чыккан үн*).

hırıltı 1.кырылдак, кыркырак, кыркыроо. 2.коңурук. 3.*өтм.* чатак, жаңжал, уруш.

hırızma 1.чүлүк (*айбандардын мурдуна тагылган*). 2.мурунга тагылган шакекче (*айрым элдерде*).

hıristoteyeli кайчылаштырылып сайылган сайма түрү.

hırka 1.хырка, жемпер, шырылган күрмө. 2.хырка (*дервиштердин халаты; дервиштикке алынуу аземинде кийдирилет*).

hırlamak 1.ырылдоо (*ит*), ыркыроо, күңкүлдөө, сүйлөнүү (*киши*). 2.кыркыроо (*көкүрөк, өпкө*). 3.кырылдатып/карылдатып коңурук тартуу. 4.ыркырашуу, чыркырашуу, чатакташуу (*ки-шилер*).

hırlaşmak ырылдашуу, чырылдашып-чыркырашуу, тил табышпоо, чырдашуу.

hırlı чынчыл, ар-намыстуу, абийирдүү. **~mıdır, hırsız mıdır bilmem** ардуубу, арсызбы, уурубу, кескиби билбейм. **pek ~ birine benzemiyor** адептүү, абийирдүү кишиге көп окшобойт.

hırpalamak 1.уйпалоо (*мис. кийимди, мышыкты ж. б.*). 2. уруп-согуу, жулмалоо, шайын кетирүү. 3.*өтм.* кагып-силкүү, чүнчүтүү, басмырлоо (*бирөөнү*).

hırpanî 1.уйпаланган, тоголоктолгон, жыртык-пыртык, самсаалаган (*кийим, кебете-кешпир*). 2.эски-уску кийимчен селсаяк.

hırs 1.эңсөө, арзуу, самоо, кумар. **para ~ı** акчанын артынан түшкөн. **şöhret ~ı** атак-даңк самаган. 2.ачуу, кыжыр, кырс, кежир. **~ını alamamak** ачуусун токтото албоо. **~ından çatlamak** ачуусунан жарылып кете жаздоо. **~ını çıkarmak** ачуусун чыгаруу. **~ını yenmek** ачуусун басуу.

hırsız ууру, кески, чөнтөкчү. ~ **çetesi** уюшкан уурулар. ~ **gibi** уурдай, жылып, жойлоп. ~ **yatağı** 1)уурулардын уюгу. 2)уурулук үчүн ыңгайлуу жер. ~ **~a yoldaş** *мак.* уурунун досу да ууру. **~a yol göstermek** ууруга жол көргөзүү (*билбестен арам ишке аралашып алуу*).

hırsızlama 1.жылып, жойлоп, жашырынып, ууруча. 2.уурдалган буюм.

hırsızlık,-ğı уурулук, чөнтөкчүлүк. ~ **etmek/yapmak** уурулук кылмак. ~ **malı** уурдалган буюм.

hırslanmak 1.эңсөө, арзуулоо, каалоо, кумарлануу, самоо. 2.кыжыр-

дануу, кырсыйуу, керсейүү, жини келүү, кежири кармоо.

hırslı 1.ач көз, көзү тойбос, жутунган. 2.айтканынан кайтпаган, өжөр, эрктүү, майтарылбас. 3.кежир, ачуусу чукул, кырс (*киши*).

hırt,-tı 1.*туур. с.* "кырт". 2.кеңкелес, макоо, акмак.

hırtı : ~ pırtı эски-уску, жыртык-пыртык, керексиз/жараксыз буюмдар.

hırtlamba 1.уйпаланган, самсаалаган (*көрүнүш*), жыртык-пыртык, эски-уску (*кийим*). 2.түрү суук, жылаңач-жыртык кийинген киши. 3.арык, жармач, бечара (*киши*). **~sı çıkmak** 1)жылаңач-жыртык кийинмек (*киши*). 2)жыртылган, эскирген самсаалаган, ышпалдасы чыккан (*кийим, буюм*).

Hırvat, -tı хорват.

Hırvatça 1.хорватча, хорват тили. 2.хорваттарча, хорваттар сыяктуу.

Hırvatistan Хорватия.

hısım,-smı тууган, тууган-урук, кудасөөк, жакындар. **~ akraba** тууган-урук, жек-жаат.

hısımlık,-ğı туугандык.

hışıldamak шуулдоо, шуудуроо (*мис. жалбырак, жибек кездеме ж. б.*).

hışıltı 1.шуулдама, шуудурама, шуудурак, шыбыргак (*жамгыр-дын*). 2.кырылдак (*мис. өпкөнүн*).

hışım,-şmı ачуу, кыжыр, жин, жаал, каар. **~la** ачуусу менен, кыжырданып/жинденип/жаалданып. **~a gelmek** каарданыш, жаалданыш. **~ına uğramak** каарына/жаалына калуу, ачуусуна/кыжырына/жинине тийүү.

hışımlanmak жинденмек, ачууланмак, каарданмак, жаалданмак.

hışır I: ~ ~ же ~ **huşur** шуудур-шуудур, шытыр-шутур (*кургак, жеңил нерселер сүртүшкөндө чыккан үн*). **kâğıtları ~ ~ karıştırıyordu** кагаздарды шытыратып аралаштырып жатты.

hışır II 1.бышпаган дарбыз, коондун кабыгы. 2.*өтм.* жетиле элек, бокмурун, эне сүтү оозунан кете элек, чийки. 3.*арго* дөөдүр, макоо, маңбаш.

hışırtı шуудурак, шуулдак, шыбыр-шыбыр, шыбыргак.

hıyanet,-ti 1.кыянат. **emanete ~ olmaz** *мак.* аманатка кыянат кылган болбос. **vatana/yurda ~** ата-мекенге кыянат(чылык). 2.кыянатчы, ишенимсиз. 3.*эркел. с.* оңбогур. **~, beni hiç aramıyorsun!** оңбогур, мага эч чалбайсың!

hıyanetlik,-ği кыянаттык, кыянатчылык.

hıyar I 1.*бот.* бадыраң (*Cucumis sativus*). 2.*арго* какбаш/көксөө чал, кеңкелес, келесоо. **~ gibi** орой.

hıyar II *эск.* ыктыяр, чечим эркиндиги.

hız 1.ылдамдык, чапчаңдык, тездик. **~ almak** ылдамдоо, тездөө. 2.күч. **yamğur ~ını artırdı** жамгыр күчөдү. 3.кайрат, туруштук. 4.*физ.* ылдамдык. **arabanın ~ı** машинанын ылдамдыгы. **~ını alamamak** 1)ылдамдыгын азайта албоо. 2)ачуусун токтото албоо, кызуусу менен бир иш жасоо. 3)кайсы бир абалын сактап туруу. **kış ~ını alamadı** кыш дагы эле суук. **~ını almak** 1)жоошумак, тынчымак. 2)ылдамдыгын азайтмак. **~ göstergesi/saati** спидометр. **~ını kaybetmek/yitirmek** күчүн жоготуу, шайы кетүү, пастоо. **~ını kesmek** ылдамдыгын азайтуу. **~ vermek** ылдамдыгын арттыруу/күчөтүү, ылдамдатуу. **~ yolu** катуу ылдамдык менен жүрүлчү жол.

hızar чоң араа.

Hızır 1.Кызыр/Кыдыр. 2.*өтм.* шамдагай, чапчаң, тез (*киши*). **~ gibi yetişmek** бат/маалында барып

калыш.

hızırilyaz *к.* **hıdrellez.**

hızlandırmak 1.ылдамдатуу, ыкчамдатуу, тездетүү. 2.шаштыруу.

hızlanmak 1.ылдамдыгы артуу, тездөө. 2.күчөө, артуу, көбөйүү. **nefesi ~** дем алышы тездөө. **yağmur hızlandı** жамгыр күчөдү.

hızlı 1.бат, ылдам, тез. **~ adımlarla** тез адымдар менен. **~ yürüyüş** тез басыш, ылдам жүрүш. 2.шамдагай, чапчаң. **~ ~** бат-бат, тез-тез, ылдам-ылдам. **~ yaşamak** ыракаттанып/ойноп-күлүп жашоо.

hızölçer ылдамдык өлчөгүч, спидометр.

Hızr *к.* **Hızır.**

hibe багыштоо, арноо. **~ etmek** арнап коюу, багыштоо.

hibrit,-di гибрит.

hicap,-bı 1.уяңдык, тартынчаактык. 2.адептүүлүк, тарбиялуулук. 3.көшөгө, тосмо. 4.*анат.* чел, тосмо. **~ etmek** уялуу, тартынуу, сүрдөө.

hicaplı 1.уяттуу, уяң, тартынчаак.

hiciv,-cvi 1.какшык, чымчып сүйлөө. 2.*ад.* сатира, юмор.

hicran 1.айрылык, ажыраш, узакта калыш. 2.көңүл калуу, жүрөк дарты, таарыныч. 3.көңүлгө тийген/жүрөк жаралаган ачуу сөз/мамиле. **o sözü bana ~ oldu** ал сөзү мага октой тийди.

hicret,-ti 1.көч, эмиграция. 2.*мус., тар.* хижра (*Ислам календарынын башталышы болуп эсептелген Азireти Мухаммеддин Меккеден Мединага көчүшү*). **~ etmek** көчүү, жер которуу, эмиграция. **~ takvimi** ай календары.

hicrî хижра боюнча, мусулман жыл эсеби боюнча, мусулман эрасынын. **~ takvim** мусулман календары (*хижра жылы болуп эсептелген б. з. 622-жылынан баштап саналат*).

hicvetmek какшыктоо, шылдыңга айландыруу, келекелөө (*сатиралык чыгармаларда*).

hiç 1.*терс маанидеги сүйлөмдөрдө:* эч, дегеле, такыр. **~ görülmemiş bir olay** эч көрүлбөгөн бир окуя. **evde ~ tuz kalmamış** үйдө такыр туз калбаптыр. 2.*суроолуу сүйлөмдөрдө:* качандыр бир кезде, мурун. **~ Asya'ya gittin mi?** Азияга мурун бардың беле? 3.эч нерсе, эчтеке, жөн эле. **ne gördün? – hiç.** эмне көрдүң? - эч нерсе. **niye burada oturuyorsun? -hiç.** эмнеге бул жерде отурасың? - жөн эле. 4.болбогон/ түккө турбаган нерсе, бекер, бош, кенедей/тырмактай да. **o benim gözümde bir ~tir** анын мен үчүн кенедей баркы жок. **bir ~ için darıldı** бир болбогон нерсе үчүн таарынды. **~ bir** *к.* **hiçbir. ~ de** эч кандай. **~ de öyle değil** эч андай эмес. **~ değilse** 1)эч болбосо. 2)эң жок дегенде, эң болбогондо. **~ kimse** эч ким. **~ kuşku yok** шек жок, шексиз. **~e indirmek** жок кылуу, жоюу, эчтеке калтырбоо. **~ mi ~** таптакыр, дегеле. **Ankara'ya ~ mi ~ gitmedin?** Анкарага дегеле барган жоксуңбу? **~ olmak** баркын/кадырын кетирип алуу. **~ olmazsa** эч болбосо, эң жок дегенде. **~ olur mu?** ошондой да болчу беле? ошол кантип болсун? **~e saymak** жок катары көрүү, киши ордуна көрбөө. **~ yoktan/yüzünden** болбогон/жок жерден, жөндөн жөн, туруп туруп эле. **~ yoktan iyi** жоктон көрө жогору.

hiçbir эч бир, эч кандай (*терс сүйлөмдөрдөгү тангыч этиштин маанисин күчөтөт*). **~ tartışma olmadı ki** эч кандай талаш-тартыш болгон жок да. **~ haber alamadık** эч кабар ала албадык. **~ sürette bu sırrı açıklamayınız** эмне болсо да бул

сырды айтпаңыз. ~ **şey** эч нерсе, эчтеке. ~ **vakit/~zaman** эч качан. ~ **yer** эч бир жер. ~ **yerde bulunmadı** эч жерден табылбады.

hiçbiri эч кимиси, эч бирөө.

hiçlik,-ği 1.маанисиздик, бечаралык, байкуштук. 2.*филос.* жоктук.

hiçten 1.болбогон, арзыбаган, эч нерсеге татыбаган, болор-болбос. ~ **bir para** болор-болбос акча. ~ **bir adam** болбогон киши. 2.болбогон жерден, жөндөн жөн, бекерден бекер. ~ **bu kadar masrafa girdim** болбогон жерден мынча чыгым тарттым.

hidayet,-ti *эск. , мус.* туура жол, актын жолу. ~**e erişmek** ак жолго түшүү.

hiddet,-ti ачуу, кыжыр, каар, жин. ~ **etmek** ачуусу келмек, кыжыры кайнамак, каарданмак. ~**e kapılmak** ачууланмак, жини келмек.

hiddetlenmek ачууланууу, кыжырдануу, каар чачуу,жинденүү.

hiddetli 1.ачуулуу, жини келген, кыжырланган. 2.кызуу кандуу, ачуусу чукул.

hiddetsiz жайма-жай, жайдары, токтоо.

hidrat, -tı *хим.* гидрат.

hidro- гидро-, сууга байланыштуу (*таатаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү*).

hidrobiyoloji гидробиология.

hidroelektrik гидроэлектр. ~ **santralı** гидроэлектр станциясы (ГЭС).

hidrofil гидрофил.

hidrofobi *мед.* гидрофоби, суу коркуусу.

hidrofor гидрофор (*сууну жер үстүнө чыгарган пресс курал*).

hidrojen *хим.* суутек. ~ **bombası** суутектүү бомба (*Н бомбасы*).

hidrolik,-ği 1.сууга байланыштуу. 2.суу басымы менен иштеген, гидравликалык. ~ **fren** гидравликалык тормоз. 3.гидравлика.

hidroloji гидрология.

hidrometre гидрометр, нымөлчөр.

hidrosfer гидросфера.

hidroskopi гидроскопия.

hidroterapi суу менен дарылоо, гидротерапия.

hijyen гигиена.

hijyenik гигиеналык, гигиенага ылайык.

hikâye 1.икая, аңгеме, баян. **hayat ~si** өмүр баяны. 2.*ад.* аңгеме, повесть. **mizah ~si** сатиралык аңгеме. **tarihî** ~ тарыхый повесть. 3.*ооз.* жомок, ойдон чыгарылган, болбогон/жалган сөз. **bu ~ye inanacağımı mı sanıyorsun?** бул жомогуңа ишенет деп турасыңбы? 4.*грам.* ~ **birleşik zamanı** татаал этиштердин өткөн чактуу шекили (*түркчөдө бул татаал этиш* **idi** (эле) > **-di** (-ди) *мүчөсү аркылуу жасалат*). ~ **etmek** айтып/баяндап берүү.

hikâyeci 1.аңгеме/повесть жазган жазуучу, новеллист. 2.жалганчы.

hikmet(-ti) 1.акылмандык. 2.*эск.* философия. 3.*ооз.* билим. ~**i riyaziye** математика илими. 4. (*Теңирдин адамдардын акылы жетпес)* кутсал сыры, себеп, мотив. ~**i ilâhiye** 1)Кудайга гана маалым нерсе. 2)*филос.* метафизика. 5.накыл сөз, учкул сөз. 6.*эск.* физика. **ne ~se, her ne ~se** таң каларлык/кызык! **amcamız dün selâm yollamış ne ~se!** абакебиз кечээ салам айттырып ийиптир, таң каларлык!

hilâf 1.каршы, терс, айкыры. **hakikat ~ı** акыйкатка каршы. 2.каршы чыгуу. 3.*ооз.* жалган, калп. ~**ım varsa** жалганым болсо. ~ **söylemek** калп/жалган айтуу. ~ **olmasın** калп айтпасам. ~ **yok** калп эмес, чын.

hilâfet,-ti *тар.* 1.халифат. 2.халифтик наам.

hilâfsız сизге жалган мага чын, таң калычтуу, бирок чындык.

hilâl,-li 1.жарым ай, жаңы жаңырган ай. 2.жарым ай шекилиндеги. ~ **gibi**

чийилген/ ийилген (*мис. каш*).

hil'at,-ti *мар.* падыша тартуулаган халат/чапан. ~ **giydirmek** чапан жабуу.

hile иле, айла, амал, куулук, шумдук, арамзаалык. ~ **hurda** айла-амал, куулук-шумдук. ~ **hurda bilmez** куулук-шумдук билбейт. 2.мандем, куулук. **bu işte bir ~ var** бул иште бир мандем бар. ~ **etmek/yapmak** кууланuу, айла/ амал колдонуу.

hileci амалкөй, айлакер, куу, шум, арамзаа, эки жүздүү.

hilekâr *к.* **hileci.**

hilekârlık,-ğı айлакердик, амалкөйлүк, арамзаалык, куулук.

hileli 1.айлалуу, илелүү, амалдуу, арамзаа. 2.айлакердик менен, амал/иле колдонуп, арамзаалык менен. ~ **iflâs** амал менен жасалган/ жалган банкрот.

hilesiz 1.илесиз, куулук-шумдуксуз. 2.ак ниеттен, ак дилден, чыныгы, туура, адал, ак.

hilkat,-ti 1.пайда болуу, жаралуу, түзүлүү. **~i âlem** ааламдын пайда болушу. 2.жаратылыш, табият, табигыйлык. **~ından** жаратылышынан, табиятынан. ~ **garibesi** Кудайдын шүмшүгү.

Himalaya : ~ **Dağları** Гималай тоолору.

himaye 1.коргоо, сактоо, калканч болуу, калкалоо. **~sinde/-si altında** коргоосу/канаты алдында. 2.аталык, камкордук, шефтик, колдоо, жетек, мээрим. **Cumhurbaşkanının ~si altında** Президент-тин жетеги алдында. **~sine almak** камкордукка/коргоого алмак. ~ **etmek** 1)коргоо, сактоо, калканч болуу. 2)колдоо, жетекке алуу. ~ **görmek** 1)коргоолуу, сакталуу. 2)камкордук/мээрим көрүү.

himayeci коргоочу, сактоочу.

himayesiz багуусуз, багар-көрөрү жок, коргоосуз.

himen кыздык белги/чел.

himmet,-ti 1.кайрым, мээрим, боорукердик. 2.эмгек, мээнет, кайрат. **bu iş çok ~ ister** бул иш аябагандай мээнет/эмгек талап кылат. ~ **etmek** 1)кайрым/мээрим көргөзүү. 2)мээнет/ эмгек сарптоо. 3)жардам берүү, коргоо. ~ **etmek** жардам кылуу. **~i hazır olsun!** *алкыш* Кудай жалгасын! **~in var olsun!** *алкыш* эмгегиңин убайын/ үзүрүн көр!

hin 1.заман, убакыт, маал. 2.митайым, кексе, шумпай, өң кубултkан, эки жүздүү. ~ **oğlu** ~ *к.* **hinoğluhin.**

hindi *зоол.* үндүк (*Meleagris gallopavo*). ~ **gibi kabarmak** *өтм.* үндүктөн бетер үрпөйүү, сиркеси суу көтөрбөө, үтүрөйүү.

hindici үндүк баккан/саткан киши.

Hindi *к.* **Hindu.**

hindiba *бот.* цикорий, эндивий (*Cichorium endivia*).

Hindistan Индия. ~ **cevizi** 1)*бот.* кокос пальмасы (*Cocos nucifera*). 2)кокос жаңгагы.

Hindu1.индус. 2.инди тилдери.

Hinduizm индуизм.

Hindukuş: ~ **Dağları** Гиндикуш тоолору.

hinoğluhin 1.арамзаа, кексе, шумпай, митайым, эки жүздүү. 2. *өтм.* шайтан.

Hint 1.Индия. 2.инди. ~ **-Avrupa dilleri** индоевропа тилдери. ~ **domuzu** деңиз чочкосу (*Cavia porcellus*). ~ **inciri** *бот.* сикомор (*Ficus sycomorus*). ~ **kamışı** бамбук. ~ **keneviri** *бот.* индия кара куурайы, марихуана (*Cannabis indica*). ~ **Okyanusu** Инди океаны. ~ **yağı** кастор майы.

Hintçe 1.инди тили. 2.индустарча.

hinterlant,-dı ички/арткы аймак, өнөр жай/соода борборлоруна жакын

аймактар.
Hintli индиялык.
hiperbol,-lü *геом.* чоңойтуу, гипербола.
hiperbolik ашкере чоңойтулган, апыртылган, гиперболалык.
hiperboloit,-di гиперболоид.
hipermarket гипермаркет.
hipermetrop,-bu *мед.* жакындан жакшы көрбөө.
hipertansiyon *мед.* гипертония, кан басымынын көтөрүлүшү.
hipnotizma гипнотизм.
hipnoz гипноз. ~ **altında** гипноз алдында.
hipnum *бот.* гипнум, мох.
hipodrom ипподром, ат майданы.
hipofiz *анат.* гипофиз.
hipopotam *зоол.* гиппопотам, бегемот.
hipostaz *дин, филос.* ипостась, дин башаты.
hipotansiyon *мед.* гипотония, кан басымынын түшүшү.
hipotenüs *геом.* гипотенуза.
hipotez болжол, жорум, божомол, гипотеза.
hippi хиппи.
his,-ssi 1.сезим. 2.туюм. **~lerini açıklamak** сезимдерин билгизүү. **~lerine hakim olmak** өзүн кармай билүү. **~lerine hakim olamamak** сезимдерине жеңдирүү. **~lerine kapılmak** (*бир*) сезимге кабылуу. **~ini vermek ...** сыяктуу сезимдер жаратуу.
hisar чеп, таш дубал, курчоо (*айланасына аңгектер казылган*).
hislenmek 1.таасирленүү, ички сезимдерине алдыруу. 2.жашуу, мууну бошоо.
hisli сезимтал, жеңил, жашык, мууну бош (*киши*).
hisse 1.бөлүк, үлүш, энчи, пай. **~sine düşmek** үлүшүнө тиймек. 2.акция, баалуу кагаз (*акционердик коомдо*). ~ **senedi** акция. ~ **senedi ihracı** акция/баалуу кагаз чыгаруу. ~ **senedi sermayesi** акцияга жаткырылган капитал. 3.*өтм.* сабак, тыянак (*бир окуядан чыгарылган*). **kıssadan** ~ тыянак, бүтүм, мораль (*мис. тамсилден чыгарылган*). ~ **almak** (*бир нерседен*) сабак алмак, көңүлгө түйүп коймок. ~ **çıkarmak** бүтүм/тыянак чыгармак. ~ **kapmak** туура жыйынтык чыгаруу, сабак алуу.
hissedar акционер, пайлаш, орток, энчилеш компаньон. **~lar sermayesi** акционердик капитал.
hisseleşmek (*бир нерсени*) бөлүшүү, өз үлүштөрүн алуу.
hisseli 1.өз үлүшү/энчиси/бөлүгү бар. 2.бир канча кишинин энчисинен/үлүшүнөн турган.
hissetmek 1.сезиш, туюш (*туюм органы аркылуу*). **rahatsızlık** ~ оору сезмек. 2.алдын ала сезиш, жүрөгү сезиш, боолголош, болжолдош. 3.байкаш, таназарга алыш.
hissettirmek 1.сездиртүү, туйгузуу, белги/жышаан берүү. 2.байкатуу, билдирип коюу.
hissî 1.ички сезимдер/туюмдар аркылуу берилген, эмоционалдык. ~ **bir kanaat** ички сезимдер боюнча барылган бүтүм. 2.сезимдерди козгогон, сентименталдуу. ~ **bir hikaye** жан дүйнөңдү козгогон аңгеме.
hissiyat,-tı (his'*тин көпт. т.* **)** сезимдер, туюмдар.
hissiz 1.сезимсиз, тоң. 2.кайдигер, камаарабас, көңүл кош (*мүнөз, мамиле*). 3.кургак, сезим козгобогон, тажатма (*чыгарма*).
hissizlik,-ği 1.сезимсиздик, туйбастык. 2.кайдигерлик, көңүл коштук, камаарабастык.
histeri *к.* **isteri.**
histerik *к.* **isterik.**
histoloji гистология.

hiş, hişt *сырд. с.* *орой* 1.үш (*бирөөнү ышкырып чакыруу*). **~, buraya gel** үш, бери кел. 2.чүш. **~ gürültü yapmayın** чүш, тынч отургула.
hitabe кайрылуу, сөз, насыят.
hitaben (*бирөөлөргө*) кайрылуу менен, арнап. **halka ~ konuşma yaptı** элге кайрылып сөз сүйлөдү.
hitabet,-ti чечендик, сөз өнөрү, сөзгө жүүрүктүк.
hitap,-bı кайрылуу, кайрылып сүйлөнгөн сөз. **~ etmek** 1)кайрылуу, чакыруу. **siz diye ~ eder** сиз деп кайрылат. 2)кайрылып сөз сүйлөө.
Hitit,-ti *тар.* Хитит. **~ medeniyeti** Хитит маданияты.
Hititçe хитит тили, хититче.
hiyerarşi иерархия.
hiyerarşik иерархиялык.
hiyeroglif иероглиф, сүрөт жазуу.
hiza 1.деңгээл, катар. **ikisi bir ~da** экөө бир катарда. 2.теңдик, барабардык, тегиздик. 3.багыт. **~sını almak** 1)бирдей деңгээлге чыгарыш. 2)бир катарга коюш. **~sını bulmak** катарга жараша түздөш. **cocuklar, ~nızı bulun!** балдар, катарга тизилгиле! **~ya gelmek** 1)катарга тизилүү. 2)*аск.* **~!** түздөн! *(буйрук)*. 3.*өтм.* оңолуу, түзөлүү, түз жолго түшүү. **(aynı/bir) ~ya gelmek** бир деңгээлге келиш. **~ya getirmek/ sokmak** 1)бир катарга тизиш (*кишилерди, буюмдарды*). 2)аскерлерге «түздөн!» буйругун бериш. 3)(*бирөөнү*) оң жолго салыш.
hizalamak 1.катарга тизүү, түздөө, оңдоо. 2.(*бирөөнү*) оңдоо, оң жолго салуу.
hizip,-zbi 1.*эск.* бөлүк, топ, кесим. 2. уюмдашкан топ/жамаат, фракция, клик (*көз карашы, дини ж. б. боюнча айырмаланган*).
hizipçi топтон бөлүнгөн жамааттын/ фракциянын мүчөсү, кликчи.
hizipleşmek фракцияга бөлүнүү, топторго ажыроо.
hizmet,-ti 1.кызмат, иш, жумуш. **yurda/ vatana ~** ата-журтка кызмат. **faydalı ~** пайдалуу иш. 2.кызмат, орун. **~ akdi/anlaşması** кызмат келишими. 3.милдет, эмгек, багуу. **bu bahce çok ~ ister** бул бакча көп эмгек талап кылат. **~inde bulunmak/olmak** (*бирөөнүн*) кызматын кылуу/жасоо. **~ etmek** кызмат кылуу/өтөө. **~e girmek** кызматка/ ишке кирүү. **~ görmek** (*бир жерде*) иштөө. **~ini görmek** 1)(*бирөөнүн*) кызматын жасоо. 2)(*бирөө үчүн*) иш жасоо. **~e mahsus/özel** кызмат үчүн гана пайдаланылган.
hizmetçi үй кызматчысы, малай, жалчы.
hizmetçilik,-ği үй кызматчылыгы, жалчылык.
hizmetkâr эркек кызматчы/жалчы.
hizmetli майда-барат иштерди жасаган киши (*коомдук жайларда*).
hobi хобби.
hoca 1.*мус.* кожо, дин кызматкери. 2.мугалим. 3.табып, бакшы, дарымчы.
hocalık,-ğı 1.кожолук. 2.мугалимдик. 3.дарымчылык.
hodri: ~ meydan! кыйын болсоң майданга чык! (*мелдешке/жарышка чакырык*).
hohlamak үйлөө, үйлөп ысытуу.
hokey *спорт* хоккей.
hokka 1.сыя челек. 2.банка, шише, кичинекей идиш. **şeker ~sı** шекер салгыч. **tükürük ~sı** түкүргүч. **~ gibi** оймоктой/кичинекей (*ооз*). **~ gibi oturmak** куюп койгондой чак (*кийим жөнүндө*).
hokkabaz 1.сыйкырчы, көз боочу, жонглёр. 2.*өтм.* шарлатан, алдамчы, аферист.
hokkabazlık,-ğı 1.сыйкырчылык, көз боочулук, жонглёрдук. 2.шарла-

тандык, алдамчылык, аферисттик.
hol, -lü холл, фойе, кире бериш.
Hollânda 1.Нидерландия, Голландия. 2.Голландияга мүнөздүү/тиешелүү. ~ **peyniri** голландия быштагы.
Hollândaca 1.нидерландча (*тил*). 2.нидерланддарча.
Hollândalı нидерланд, голландиялык.
homo *ооз.* гомосексуал.
homojen гомогендүү, бир тектүү, окшош.
homolog,-gu 1.*мат.* тең, барабар. 2.*хим.* тең, барабар, тең кошулма.
homonim *линг.* омоним.
homoseksüel 1.гомосексуал, кош жыныстуу, кыз теке (*киши*). 2.гомосексуалдык.
homur: ~ ~ 1)күңкүл-мыңкыл. ~ ~ **homurdanmak** күңкүлдөп-мыңкылдоо. 2)даркыроо. ~ ~ **söylenmek** күңкүлдөп сүйлөнүү.
homurdanmak 1.күңкүлдөө, мыңкылдоо (*ачык айта албай сүйлөнүү*). 2. (*айбандар үчүн*) ыркыроо, ырылдоо. **kediler, homurdanıp duruyorlar** мышыктар ыркырашып турушат. 3.(*машине/ аппараттар үчүн*) даркыроо, тыркыроо.
homurtu 1.күңкүлдөк, мыңкылдак. 2.дарылдак, дүрүлдөк.
Hong Kong Гонконг.
hop *туур. с.* 1.оп! ~ **diye denize atlayıverdi** «оп» деп деңизге секирип кетти. 2.аста! токто! тур! (*эскертүү үчүн колдонулат*). ~ **gelen var!** аста, бирөө келатат! ~ ~ көзүңү кара! абайла! ~ ~ **sıçramak** кубангандан так секирмек. ~ **oturup** ~ **kalkmak** (*ачуусунан*) отуруп тура калуу, ордунда тура албоо.
hopartör үн күчөткүч, репродуктор.
hoplamak 1.секирүү, чабуу (*мис. атты*). 2.дүкүлдөө, дүпүлдөө (*мис. жүрөк*). 3.кубанычы койнуна батпоо. **hoplaya hoplaya/zıplaya** ыргып-секирип, топ-топ секирип.
hoplatmak 1.секиртүү. 2.(*жүрөктү*) дүкүлдөтүү, дүпүлдөтүү. 3.(*баланы*) асманга ыргытып ойнотуу.
hoppa I 1.жеңил ойлуу, алаңгазар, турумсуз, шайкелең. 2.(*көөдөк*) көпкүлөң, көйрөң. 3.ойсоке (*аял*).
hoppa II *туур. с.* оппа!
hoppala 1.оппала! (*кичинекей балдар бир жерден аттаганда сүрөө үчүн*) **atla bakayım ...** ~ кана, атта ... оппала. 2.кудая/ой тобо! (*жактырбаган нерсеге таң калганда*). ~ **bu da nereden çıktı?** ой тобо, бу да кайдан чыкты? 3.*балдар ичине отуруп секирип ойногон оюнчук.* ~ **bebek** (*чоң киши үчүн*) жаш эле бала, балакыял.
hoppalık,-ğı 1.жеңил ойлуулук, шайкелеңдик. 2.көйрөңдүк, ойсокелик.
hopurdatmak куркулдатмак, куркулдатып жутмак (*мис. бир суюктукту*).
hor кор. ~ **bakmak/görmek** кор көрүү, кордоо. ~ **kullanmak** кор мамиле жасоо, төмөнсүнтүү. ~ **tutmak** кор тутуу/кармоо.
hora хора (*бир топ киши кол кармашып алып бийленген элдик бий*). ~ **tepmek** 1)хора бийлөө, шапар тебүү. 2)*өтм.* жер тепкилөө.
horasan цемент түрү.
horhor шар аккан суунун үнү.
horlamak I коңурук тартуу.
horlamak II (*бирөөнү*) кордоо, кор көрүү.
horluk, -ğu кордук.
hormon *физиол.* гормон.
hormonal *физиол.* гормоналдык.
horon хорон (*Карадеңиз аймагында элдик бий түрү*). ~ **tepmek** хорон тебиш/бийлеш.
horoz 1.*зоол.* короз. 2.(*дүрмөттүү куралдарда*) машаа. 3.эшиктин илгичи. 4.*арго* короз, чатак, чокчоңдогон (*эркек*). ~ **ağırlık/ siklet**

спорт короз салмак (*56 кг'га чейинки салмак*). ~ **akıllı/kafalı** акылсыз, эси жок. ~ **dövüşü** короз күрөштүрүү. **~u bile yumurtlar** *мак.* иши оңолгондун ити чөп жейт.(*сөзм. с.* корозу да тууйт). ~ **gibi** короздой, чукчуңдаган, кыялы чатак. ~ **ibiği** 1)*бот.* амарант (*Amaranthus*). 2)*зоол.* сасык үпүп. **~dan kaçan/kaçar** уялчаак, адептүү (*кыз, аял*). ~ **şeker** короз момпосуй.

horozlanmak короздонуу, көйрөңдөнүү, көтөрүлүү.

hortlak, -ğı арбак, көрүнчү.

hortlamak 1.арбак болуп көрдөн чыгуу (*жалган ишеним*). 2.*өтм.* бир кыйынчылык кайрадан пайда болуу. 3.жаны кашаюу, жини кайноо.

hortum 1.тумшук (*пилдин жана айрым курт-кумурскалардын*). 2. түтүк, шланг. 3.куюн, айлампа (*суунун*).

horul: ~ ~ кор-кор (*коңурук*). ~ ~ **uyuyor** корулдап уктап жатат.

horuldamak корулдоо, коңурук тартуу.

horultu коңурук.

hostes 1.стюардесса (*учакта, кемеде*). 2. тейлөөчү (*конференция/ конгресстерде*).

hoş 1.кош, жагымдуу, сүйкүмдүү. ~ **bir ses** жагымдуу үн. 2.ырас болуптур (*сырд. с.*). ~ **gelmese de olur ya!** ырас болуптур, келбей койсо да болот. 3.(**bir** *сөзү менен*) бир сонун, бир кызык. **o şarkıyı duyunca Didem'in yüzü bir ~ oldu** ал ырды укканда Дидемдин жүзү албырып кетти. 4.ансыз деле. ~ **bunu biliyordum** муну ансыз деле билчүмүн. ~ **beş** *к.* **hoşbeş.** ~ **bulduk** сизди да кош көрдүк (**hoş geldiniz!** *деген адеп сөзүнө берилген жооп*). ~ **geçinmek** ынтымакта жашоо. ~ **geldiniz!** кош келипсиз! (*тосуп алуу маалында айтылган адеп сөзү*). **~a gitmek** жагуу, көңүлгө толуу, ыраазы болуу. **~una gitmek** көңүлүнө жагуу, купулуна толуу. ~ **görmek/karşılamak** көңүлүнө/таназарына албоо, сабырдуулук/ токтоолук кылуу. ~ **tutmak** жакшы мамиле жасоо.

hoşaf компот. ~ **gibi** чарчап-чаалыккан, дармансыз, бутун тарталбаган абалда. **~ına gitmek** *шылд.* көңүлүнө жагуу, купулуна толуу. **~ın yağı kesilmek** сөз таппай/ кайсалап калмак.

hoşaflık,-ğı 1.компоттук, компотко жарактуу. 2.ныксыроо, магдыроо. **yemekten sonra üzerime öğle bir ~ geldi ki** тамактан кийин бир ныксыроо басты дейсиң.

hoşbeş кошбеш, учурашыш, ал-акыбал сураш. ~ **etmek** кошбеш айтышуу, сүйлөшүү, аркы-беркиден сөз кылуу.

hoşça жакшы, жылуу, жагымдуу. ~ **kal!** жакшы кал! (*кетип аткан киши калып аткан кишиге айтат*). ~ **vakit geçirmek** убакытты көңүлдүү өткөрүү.

hoşgörü ырк, ынтымак, ак пейилдүүлүк, ак ниеттүүлүк, сабырдуулук, салмактуулук, толеранс.

hoşgörülü ак пейил, ак ниеттүү, сабырдуу, салмактуу, толеранстуу, ынтымактуу.

hoşgörüsüz сабырсыз, чыдамсыз, ыркы жок, ынтымаксыз.

hoşhoş (*балдардын тилинде*) ав-ав, ит.

hoşlanmak көңүлүнө жакмак, ичи жылымак, жактырмак, сүймөк. **kızın bu davranışından hoşlanıyordu** кыздын бул мамилесине ичи жылычу.

hoşlaşmak 1.жакшыруу, оңолуу, көрктөнүү. 2.(*бири-бирине*) жакын көрүнүү, өз ара жактырышуу.

hoşluk,-ğu 1.жагымдуулук, сүйкүмдүүлүк. 2.*ооз.* саламатчылык, эсен-

дик. **bir ~** бир мандем. **bugün bir ~u var** бүгүн бир мандеми бар.

hoşnut кошнут, ыраазы. **ben işimden ~um** мен ишиме ыраазымын. **~ etmek** ыраазы кылуу. **~ olmak** ыраазы болуу.

hoşsohbet,-ti тили таттуу, тилинен бал тамган.

hoşt,-tu *сырд. с.* чык! (*иттерди кубалаганда айтылат*).

hotoz 1.*ооз.* хотоз (*аялдардын жасалгалуу баш кийими*). 2.таажы (*куштардын*). 3.түйүлгөн/ байланган чач.

hovarda 1.ысырапкор, оюн-күлкү үчүн акчасын чачкан. 2.бай ойнош. 3.катынпоз, жүрөөнөк, ойношчул (*эркек*).

hovardalık,-ğı 1.ысырап, акча чачуу, оюн-күлкү. 2. жүрөөнөктүк, катынпоздук, ахлаксыздык. **~ etmek** 1)ысырап кылуу, оюн-күлкүгө ашкере акча чачуу. 2)катынпоздук кылуу.

hoyrat,-tı 1.орой, түркөй, караңгы (*киши*). 2.эпсиз, эби-сыны жок, чогоол.

hoyratlık,-ğı 1.оройлук, түркөйлүк, караңгылык. 2.эпсиздик, чогоолдук.

hödük,-ğü 1.орой, адепсиз, зөөкүр. 2.*ооз.* коркок, жоош.

hödüklük,-ğü 1.оройлук, адепсиздик, зөөкүрлүк. 2.коркоктук, жооштук.

höpürdetmek шорулдатуу, шоркуратуу (*бир нерсе ичип жатканда*).

hörgüç,-cü 1.өркөч (*төөнүн*). 2.*өтм.* төмпөк, томпок (*нерсе*).

hörgüçlü өркөчтүү. **iki ~** эки өркөчтүү (*төө*).

höst,-tü 1.*сырд. с.* тырр! токто! тур! (*мингич айбандарды токтотуу үчүн айтылат*). 2.*бирөөнү эскертүү үчүн айтылган орой кайрылуу*.

höşmerim халва түрү (*жаңы быштак, крахмал, күрүч уну, шекерден жасалат*).

höt,-tü *бирөөнү коркутуу, кекетүү үчүн айтылган сырд. с.* **~ demek** 1)коркутуп-үркүтүү. 2)шып этип, күтүлбөгөн жерден. **kış ~ dedi geldi** кыш ана-мына дегиче кирип келди.

höyük,-ğü 1.*археол.* курган, дөбө, чалдыбар. 2. үйүлгөн топурак, дөбөчө.

Hristiyan 1.христиан. 2.христианчылыкка тиешелүү.

Hrisriyanlaşmak христиандашуу.

Hristiyanlaştırmak христиандаштыруу.

Hristiyanlık,-ğı 1.христиандык. 2.христиан дүйнөсү.

hu 1.эй! уй! (*аялдар тарабынан колдонулган чакыруу*). 2. *эск. дервиштердин өз ара кайрылуулары.* 3. **H~** Кудай.

hububat, -tı дан өсүмдүктөрү.

Huda Кудай.

huda *эск.* амал, айла.

hudut,-du 1.чек ара, кыйыр. 2.*өтм.* уч, аяк, акыр, соң. **~ dışı etmek** чек арадан чыгарып салуу. **~ hattı** чек ара. **~ kapısı** чек ара дарбазасы.

hudutsuz чексиз, учу-кыйырсыз. **~ sevgi** чексиз сүйүү. **~ sigorta** чектелбеген камсыздандыруу.

hukuk,-ku 1.укук, юриспруденция. **~ müşaviri** укук даанышманы. 2.укук, акы. **~ davası** укук доосу. **~ dışı** укукка каршы. **~ fakültesi** укук факультети. **~ ilmi** укук илими. **~ tahsili** укук билими. **~undan vazgeçmek** укугунан баш тартуу.

hukukçu укукчу, юрист.

hukuken укук боюнча, укукка/мыйзамга ылайык. **~ tanımak** мыйзамга ылайык/ боюнча таануу.

hukukî, hukuksal укукий, укук боюнча.

hukuklu укуктуу.

hukuksuz укуксуз**.**

hulâsa 1.мазмун, маңыз. 2.тыянак, кыскача жыйынтык, резюме. **bir yazının ~sı** бир макаланын резюмеси. 3.*хим.* экстракт, маңыз. 4.кыскасы, кыскача айтканда. ~ **ben bundan hiçbir şey anlamadım** кыскасы, мен мындан эч нерсе түшүнгөн жокмун. ~ **etmek** кыскартып айтуу, тыянак чыгаруу.

hulk,-ku кулк, мүнөз. **hüsnî** ~ жакшы мүнөз.

hulkum *анат.* кулкун.

hulya кыял, үмүт, эңсөө. **~ya dalmak** кыялга чөмүлүү. **~lar kurmak** кыял куруу, кыялдануу.

hulyalı 1.кыялкеч, романтик. 2.кыялдагыдай, романтикалуу, кызык.

humar 1.кумар. 2.ичкиликтен/уйкусуздуктан баш кеңгирөө.

humma *мед.* 1.безгек. 2.келте. **lekeli** ~ темгилдүү келте.

hummalı 1.безгектүү, безгек менен ооруган. 2.келте менен ооруган. 3.*өтм.* жан тындырбаган, тынымсыз (*иш*).

humus I гумус, кара топурак.

humus II,-msu хумус (*буурчакты унга, калемпирге аралаштырып жасаган тамак*).

hun *эск.* кан.

hunhar *эск.* канкор, кан ичкич, ырайымсыз.

hunharca канкорчо, аянычсыз, аёосуз, таш боордук менен, ырайымсыз.

hunharlık,-ğı канкордук, таш боордук.

huni 1.воронка. 2. ооздук.

hurç,-cu куржун.

hurda 1.акыр-чикир, таштанды. 2.металл сыныктары, темир-тезек. 3.*арго* нашаа. 4.кыбыраган, майда (*жазуу*). 5.эскирген, жараксыз, керексиз (*нерселер*). **~ya çevirmek** иштен чыгаруу, жараксыз кылуу. **~sı çıkmak** ышпалдасы/тарпы чыгуу, эскирүү. ~ **fiyatına** болор-болбос акчага/баага. ~ **olmak** жараксыз болуу.

hurdacı эски темир-тезек саткан киши.

hurdahaş сындырылган, бырчаланган, талкаланган. ~ **etmek** таш-талканын чыгаруу, талкалоо. ~ **olmak** 1)таш-талканы чыгуу, майдалануу. 2)жок болуу, кырылып калуу. 3)*өтм.* өтө чарчоо, суй жыгылуу.

huri 1.үр, үрдүн кызы, периште. 2.*өтм.* сулуу, көзөл. 3.*өтм.* сүйүктүү, сүйгөн. ~ **gibi** периштедей, үрдүн кызындай.

hurma курма. ~ **ağacı** *бот.* курма дарагы (*Phoenix dactylifera*). ~ **tatlısı** курма таттуусу. ~ **dorusu** жээрде тору (*ат*).

hurra *сырд. с.* ураа!

hurufat,-tı 1.*эск.* тамгалар. 2.чоюндан куралган тамгалар, шрифттер.

husumet,-ti кастык, душмандык. ~ **beslemek** кастык күтүү.

husus 1.маселе, тема, иш, жагдай, шарт. **bu ~ta** бул маселеде/ маселе боюнча, бул жагдайда. 2.тууралуу, жөнүндө. **bu ~ta ne düşünüyorsunuz?** бул тууралуу, эмне деп ойлойсуз? 3.өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, касиет. **şu ~u da gözden uzak tutmamalı** ушул өзгөчөлүктү да көз жаздымда калтырбоо керек. **~unda** тиешелүү, тууралуу.

hususî 1.өзгөчө, атайын. ~ **muhabir** атайын кабарчы. 2.өзүмдүк, менчик, өздүк, жеке, жекече, өзүнчө. ~ **ders** жеке сабак. ~ **hayat** жекече жашоо. ~ **otomobil** менчик автомобиль. 3.*ооз.* менчик машине.

hususiyet,-ti 1.өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, айырмачылык. **~e kaçmak** бөтөнчөлүктөрүн/майда-баратын териштирүү. ~ **vermek** өзгөчөлүк/ айырмачылык берүү. 2.жакын мамиле, жолдоштук, достук.

husye *анат.* эркектик бези, тестис.

huş *бот.* кайың (*Betula*).

huşu,-u 1.жөнөкөйлүк, карапайымдык. 2.Кудайга баш ийүү, Кудайдан коркуу/ишенүү.

hutbe *мус.* кутпа (*жума жана айт күндөрү мечиттин михрабынан ыймам тарабынан окулган насыят*). ~ **okumak** кутпа окуу.

huy 1.мүнөз, жаратылыш, кылык-жорук. 2.көнүмүш адат, жүрүш-туруш. ~ **edinmek** адатка айландыруу, көнүп кетүү. **~u ~una, suyu suyuna uygun** (*бири-бирине*) ар жөндөн ылайык, бири-бирине бап келишкен, издешпей табышкан. **~u suyu** мүнөзү, кылык-жоругу. **~una suyuna gitmek** (*бирөөнүн*) ою менен болуу, каалаганын жасоо.

huylanmak 1.кабатырлануу, шектенүү, кооптонуу, тынчсыздануу. 2.кыжырдануу, жинденүү, итатайы тутулуу. 3.азоолонуу, тыбырчылоо, колго келбөө, үркүү (*айбандар үчүн*).

huylu 1.мүнөздүү. **iyi** ~ мүнөзү жакшы. 2.касиеттүү, жышааналуу. **kötü** ~ **ur** жаман жышааналуу/кара жолтой шишик. 3.жүргөн-турганы бузук, кылык-жоругу тескери, көргөн-өскөнү жаман. 4.азоо, чалпоо, үркөнчөөк. ~ **at** азоо ат. 5.*ооз.* курулай шектенген, эч кимге ишенбеген (*киши*). ~ ~ шектенип, кооптонуп, элтеңдеп. **etrafına** ~ ~ **bakmak** эки жагына элтең-селтең карануу. ~ **huyundan vazgeçmez** *мак.* ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр.

huysuz тажаал, бейжай, албуут, жаңжалчы, чыр.

huysuzlanmak 1.кыжырдануу, жинденүү,тажаалдануу, жаман кыялын көргөзүү. 2.баш ийбөө, сөз укпоо, тил албоо, тентек кылуу, шоктонуу (*балдар*).

huysuzlaşmak 1.мүнөзү/кылык-жоругу/жүрүм-туруму бузулуу. 2.(*кичине балдар үчүн*) чыргоолонуу.

huysuzluk,-ğu тажаалдык, бейжайлык, албууттук. ~ **etmek** тажаалдануу, албууттануу. **~u tutmak** жини/тажаалдыгы кармай калуу.

huzme 1.тутам, боо. 2.нур. **ışıldak ~si** прожектор жарыгы.

huzur 1.тынчтык, бейкуттук, бейпилдик, көңүлдүн жайлыгы. **~unu bozmak** тынчын алуу. ~ **içinde** жайма-жай, жай баракат, бейпилдик/бейкуттук ичинде. 2.көз алдында, алдында, маңда-йында. **~unuzda** алдыңызда, каршыңызда. **herkesin ~unda** элдин алдында. 3.*эск.* катышуу, орун алуу, болуу. **bu sorunun çözümü için sizin ~unuz şart** бул маселенин чечилиши үчүн сиздин ал жерде болушуңуз зарыл. 4.*эск.* падыша отурган жер. **~a çıkmak** падышанын алдына чыгуу. ~ **evi** карыялар үйү. ~ **hakkı** бир маселени караган/талкуулаган кишилерге төлөнгөн акча. **~unu kaçırmak** тынчын алуу/кетирүү. ~ **ve asayış** бейпилдик жана тартип. ~ **vermek** тынчтык берүү.

huzurlu тынч, жайма-жай, бейпил.

huzursuz 1.тынчы жок, кабатыр, кооптуу. 2.тынчы жок, күрү-гүүсү/ызы-чуусу көп (*жер*). ~ **olmak** тынчы кетүү, кабатыр болуу, санаркоо.

idman 1.физикалык көнүгүү, машыгуу, тренировка, гимнастика. 2.*өтм.* тажырыйба алуу, үйрөнүү, (колун) көндүрүү, жатыгуу. **~ yapmak** (*физикалык*) көнүгүү жасоо, машыгуу. **sabah ~ı** эртең мененки көнүгүү.

idmancı машыгуучу, спортсмен.

idmanlı 1.машыккан, чымыр, чың. 2.үйрөнгөн, көнгөн, жатыккан, үйүр. **bunun gibi davranışlara ~ değilim** мындай мамилеге көнгөн эмесмин.

idrak,-ki 1.акылы жетиш, аңдап-билиш, таанып-билиш, түшүнүш. **~ edilir** акыл жеткен. **~ kabiliyeti** түшүнүү жөндөмү. **~ teorisi** аңдап билүү теориясы. 2.жетүү, улашуу, (*бир жашка*) чыгуу. 3.жетилүү. 4.*филос.* туюм. *сал.* **algı. ~ etmek** 1)түшүнүү, акылы/мээси жетүү, сезүү, билүү. **durumunu ~ etmek** абалын туура баалоо. 2)жетүү, жашоо (*белгилүү жашка*). **Cumhuriyetin sekseninci yılını ~ ettik** Жумурияттын сексен жылын жашап койдук.

idrakli түшүнүктүү, зээндүү, акылдуу.

idraksiz түшүнбөс, зээнсиз, дөдөй, кемпай.

idrar сийдик, заара. *сал.* **sidik. ~ söktürücü** сийдик чыгаруучу (*дары*). **~ tahlili** сийдик анализи. **~ torbası** *анат.* табарсык. **~ yolu** сийдик жолу. **~ zorluluğu** даараты чыкпай калуу.

idris: ~ ağacı *бот.* жыттуу алча, магалеб (*Prunus mahaleb*).

ifa 1.аткаруу, орундоо, ишке/жүзгө ашыруу (*бир ишти, сөздү*). 2.төлөө (*мис. карызды*). **~ etmek** 1)аткаруу, орундоо, сөзүндө туруу. 2)төлөө (*карызын*).

ifade 1.айтып берүү, баяндоо, түшүндүрүү (*оозеки же жазуу жүзүндө*). 2.(*кебете/ жүз/ түр/ көз аркылуу берилген*) маани. **yüzünde çocukça bir ~ vardı** бала кыял кебетеси бар эле. 3.көрсөтмө, күбөлүк, түшүнүк (*кылмыш тууралуу*). **~ almak** түшүнүк алуу. **~ vermek** түшүнүк берүү. 4.сөз, кеп, айтыш. **başka bir ~yle** башкача айтканда. **~ etmek** 1)айтып берүү, түшүндүрүү, сөз менен туюнтуу. 2)*өтм.* мааниге келүү/ээ болуу. **Nail'in gelmemesi çok şey ~ ediyor** Наилдин келбей калышы көп нерсени түшүндүрүп турат.

iffet, -ti 1.ар-намыстуулук, абийирдүүлүк, аруулук, пакизалык (*жыныстык мамилелерде*). 2.чынчылдык, ак ниеттүүлүк.

iffetli 1.ар-намыстуу, абийирлүү, аруу, пакиза, ала жипти аттабаган (*жыныстык мамилелерде*). 2.ак ниет, чынчыл, туура жүргөн.

iffetsiz ар-намыссыз, абийирсиз, аягы суюк, жүрүш-турушу бузук. ~ **kadın** аягы суюк аял.

ifil: ~ ~ **esmek** үлп-үлп этип согуш (*жумшак жел*). ~ ~ **yağmak** үлпүлдөтүп жааш (*жумшак кар*).

iflâh 1.оңолуу, түзөлүү (*оор абалдан*). 2.айыгуу, сакаюу (*оорудан*). **Allah ~ etsin!** Кудай кубат берсин! ~ **etmemek** Кудайдын каарына калмак. **~ı kesilmek** дарманы түгөнүү, күчү калбоо. **~ını kesmek** алсыратуу, шайын оодаруу. ~ **olmak** оңолуу, түзөлүү, сакаюу.

iflâs 1.бүлгүн, банкрот. **~ını ilân etmek** бүлгүнгө учураганын ачыктоо. **hileli/dolanlı** ~ жалган банкрот. 2. *фин.* бүлгүн себеби менен товарларды конкурс аркылуу сатыш. ~ **etmek** 1)бүлгүнгө/ банкротко учуроо. 2)*өтм.* таасирин жоготуу, кедери кетүү, жараксыз болуу. **bu teori ~ etti** бул теория жараксыз болду.

ifna *аск.* 1.жок кылуу, тукум курут кылуу, кыруу. 2.бүтүрүү, түгөтүү. ~ **etmek** жок кылуу, кыруу, жоюу.

ifrat,-tı чектен чыкма, ашыкчалык, көпкөндүк. ~ **derecede** ашыкча, чегинен ашып, көөп. **~a kaçmak** чектен чыгып кетүү, көпкүлөң тартуу. **~tan tetrite kaçmak** урунуп-беринүү, обун таба албоо. **~a varmak** обун таппай калуу, обужоктонуу, чектен чыгуу.

ifraz *аск.* 1. *ук.* жердин бөлүктөргө бөлүнүшү. 2.бөлүнүү, ажыроо, бытыроо. 3.*физиол.* бөлүп чыгаруу, секреция. ~ **etmek** 1)бөлүү, айыруу, ажыратуу. 2)бир аянтты бөлүктөргө бөлүү. 3.*физиол.* бөлүп чыгаруу.

ifrazat, -tı (**ifrit'***тин көпт. т.*) денеден бөлүнүп чыккан заттар (*кан, ириң, тер ж. б.*).

ifrit,-ti 1.желмогуз, желмаян, жин, шайтан (*Чыгыш жомокторунда*). 2.*өтм.* катаал, зуулум, заалим, канкор (*киши*). ~ **etmek** (*биринин*) жинине тийүү. ~ **kesilmek/olmak** каарануу, жинденүү, жаалдануу.

ifsat,-dı *эск.* 1.чагым, бузукчулук, чуу куйруктук. 2.кыйратуу, бүлүндүрүү, бүлгүнгө учуратуу.

ifşa,-ı жарыялоо, ачыкка чыгаруу, жаюу (*сырды, жашыруун ишти ж. б.*). ~ **etmek** (*жашыруун нерсени*) ачыктап салуу, жайып ийүү. **sırrı ~ etmek** сырды айтып салуу.

ifşaat,-tı (**ifşa'***нын көпт. т.*). **~ta bulunmak** (*жашыруун нерсени*) ачыкка чыгаруу, жарыялоо, көпчүлүк алдына салуу, (*бир кылмышты*) моюнга алуу. **sanığın ~ına göre** кылмышкердин моюнга алуусуна караганда.

iftar 1.*мус.* иптар, ооз ачар (*Рамазан айында ооз ачкан убак*). 2.ооз ачырма (*орозо кармагандарга берилген сый тамак*). 3.күн баткан учур (*Рамазан айында*). ~ **etmek** ооз ачуу.

iftarlık,-ğı 1.иптарлык, ооз ачарга даярдалган тамак. 2.иптарлык/ооз ачар үчүн ылайык (*тамак түрү*). ~ **peynir** ооз ачарга жарактуу быштак. 3.*өтм.* өтө аз санда, болор болбос.

iftariye ооз ачарда желген куру жемиш.

iftihar сыймык, атак, даңк, көөдөн көтөргөн нерсе. ~ **etmek** сыймыктаныш, көөдөнү көтөрүлүш. **oğluyla ~ ediyordu** уулу менен сыймыктанчу. ~ **vermek** сыймыктан-

дырыш, сыймык бериш.

iftira жалаа, жалаа жабыш, жамандаш, жалган жерден каралаш. ~ **atmak/ etmek** жалаа жабыш. **~lar savurmak** жамандаш, көрдөн алып жерге салыш. **~ya uğramak** жалган жалаага калыш.

iftiracı 1.жалаачы, жалаакор, жалганчы. 2.жалаа жапкан, каралаган (*макала, кат*).

iğ 1.ийик. 2.*тех.* өзөк (*мис. тегирмен ташынын, араба дөңгөлөгүнүн ж. б.*).

iğde 1.*бот.* жийде (*Elaeagnus*). 2.жийде (*жемиши*).

iğdiş 1.бычылган (*эркек айбан, көбүнчө ат*). 2.бычма, кысырлаштырма (*иши*). 3.бычмал (*эркек киши*). ~ **etmek** бычуу, кысырлаштыруу.

iğfal,-li *эск.* 1.алдоо, жазгыруу, жаңылтуу, көзүн будамайлоо. 2.азгыруу, жолдон чыгаруу, жаман жолго түртүү, бузуу (*аялды*). ~ **etmek** 1)жаңылтуу, жазгыртуу, алдоо. 2)алдап кетүү, азгыруу, бузуп салуу.

iğne 1.ийне. ~ **deliği/gözü** ийненин көзү. **~ye iplik geçirmek** ийне саптоо. 2.төөнөгүч, топ баш ийне. **toplu ~** топ баш ийне. 3.жебе. **saat ~si** саттын жебеси. **pusula ~si** компастын жебеси. 4.төөнөгүч, төөнөч (*жасалга, кооздук буюму*). **altından kravat ~si hediye etti** алтын галстук төөнөгүч белек кылды. 5.ийне (жаныбарларда *чагуучу орган*). **~sini batırmak** ийнесин матырып/ сайып жиберүү, чагып алуу. **arının ~si** аарынын ийнеси. 6.*бот.* ийне, тикен (*айрым өсүмдүктөрдө*). ~ **yapraklılar** ийне жалбыректуулар. 7.ийне (*кайырмактын*). 8.ийне, инъекция. ~ **vurmak/yapmak** ийне саюу. ~ **yemek** ийне сайдыруу. 9.*өтм.* ачуу сөз. ~ **ardı** кайып тигүү. ~ **atsan yere düşmez** ийне ыргытсаң жерге түшпөйт, эл жыкжыйма, бут басарга жер жок. ~ **deliğine kaçmak** уятынан жерге кирип кете жаздоо. ~ **ile kuyu kazmak** ийне менен кудук казуу (*бир чоң ишти жасоо үчүн ылайыксыз куралдарды колдонуу; узун убакыт талыкпай/зерикпей бир иш менен убараланууу*). ~ **ipliğe dönmek** абдан арыктоо,ийне жеген иттей болуу. **~den ipliğe kadar** ийнежибине чейин. **(önce) ~yi kendine batır (sonra) çuvaldızı başkasına** *мак.* бирөөгө жамандык кыла турган болсоң, адегенде аны өзүңө сына (*сөзм. с.* адегенде өзүңө ийне сайып көр, анан башкаларга темене сай). ~ **topuzu/ topu** ийненин тобу/башы. ~ **üstünde oturmak** тикенектин үстүндө отургандай болуу. ~ **yaprakılar** *бот.* ийне жалбыректуулар (*Coniferinae*).~ **yastığı** ийнелер сайылган жаздыкча. ~ **yemiş/yutmuş köpeğe dönüşmek** ийне жеген иттей болуу (*арыктап, жүдөп кетүү, убайым чегүү*).

iğneci 1.ийне, төөнөч сыяктуу майда-барат жасаган же саткан киши. 2.оорулууларга ийне сайган киши.

iğnedenlik,-ği ийнелер сайылып сакталган жаздыкча.

iğnelemek 1.ийне менен жабыштыруу, тепчүү. 2.төөнөгүч менен төйнөө. 3.*өтм.* какшыктап, чымчып сүйлөө.

iğnelenmek 1.ийне менен жабыштырылуу/тепчилүү. 2.төөнөгүч/ийне менен төөнөлүү. 3.сайгылашкан ооруларды сезүү. 4.(*бирөөнүн*) какшыгын, шылдыңын/ жемесин угуу.

iğneleyici ачуу, көңүл калтырган, катуу, шылдыңдуу, чымчылаган (*сөз*). ~ **dil** шылдыңдуу/какшыктуу тил. ~ **sözler** ачуу/какшык сөздөр.

iğneli 1.ийнелүү, ийнеси бар. 2.ийнелүү, чага турган (*курт-кумурска*). 3.ийне менен карматылган. 4.ийнелүү, какшыктуу, шылдыңдуу, ачуу (*сөздөр*). ~ **fıçı** чымчыкей, керкакшык, какшыкчыл киши. ~ **söz** какшык сөз.

iğnelik, -ği ийне салгыч (*куту*).

iğrenç 1.жийиркенич, жипкириш. 2.жийиркеничтүү, кишини жипкирткен, көңүл айланткан. ~ **doğuran** жийиркенич туудурган. ~ **bir karakter** жийиркеничтүү/жек көрүмчү мүнөз.

iğrençlik, -ği жийиркеничтүүлүк, жек көрүмчүлүк, жүрөк айлантма.

iğrendirmek жийиркентүү, жипкиртүү, кускуну келтирүү.

iğrenmek жек көрүү, жийиркенүү, жипкирүү, жүрөгү айлануу.

iğreti *к.* **eğreti.**

iğtinam *эск.* олжолоп алуу, талоон.

ihale 1.тапшыруу, дайындоо, тендер. 2.тандоо, таңсыктама, иш аукциону. **~ye çıkarmak** таңсыкка чыгаруу/коюу. ~ **etmek** 1)тапшыруу, өткөрүү, дайындоо. 2)соодалашуу, таңсыктама.

iham 1.кош маанилүү сөз. 2.*ад. кош маанилүү сөздүн аз колдонулган маанисин алдыңкы планга чыгарган адабий ыкма.*

ihanet, -ti 1.кыянат, кыянатчылык, эки жүздүүлүк. 2.(*жубайынын*) көзүнө чөп салуу. ~ **etmek** 1)кыянаттык кылуу, бут тосуу. 2)(*жубайынын*) көзүнө чөп салуу. **~e uğramak** кыянатчылыкка кабылуу/учуроо.

ihbar 1.билдириш, кабарлаш, угузуш. 2.эскертиш, эске салыш. 3.жеткирип барыш, чыккынчылык кылыш, сөз ташыш, (*бир кылмыштын*) бетин ачыш, кулакдар кылыш. ~ **etmek** 1)билдирүү, кабарлоо. 2)(*кылмышты*) билдирүү, кулакдар кылуу.

ihbarcı 1.кабарчы, кабар берген, билдирген киши. 2.чагымчы, тыңчы, узун кулак.

ihbarlı мурунтан кулактандырылган/туйгузулган.

ihbarname билдирме кагазы, кабар берилген жазуу.

ihlâl,-li 1.бузуу, зыянга учуратуу, чыгым кылуу. 2.эрежелерге баш ийбөө, мыйзамды бузуу. ~ **etmek/eylemek** 1)бузуу, баш-аламан кылуу, бирөөгө тоскоол болуу, бут тосуу. 2)мыйзамды бузуу, мыйзамга каршы келүү. 3) (*бирөөнүн*) укугуна шек келтирүү.

ihlâs 1.ыкылас, ачыктык, ак жүрөктүк. 2.чыныгы/нукура сүйүү. 3. Курандын 112-сүрөсүнүн аты ("чын дилден моюнга алуу").

ihmal, -li кайдыгерлик, кош көңүлдүк, көңүл бөлбөө/бурбоо, тоотпоо, шалакылык, салкын караш. **bizim işimiz ~e gelmez** биздин ишке кайдигерлик жарашпайт. ~ **etmek** көңүл коштук/кайдыгерлик кылуу. **hastalığını ~ etmiş** оорусуна көңүл бурбай күчөтүп ийиптир. **işini ~ ediyor** ишинде шалакылык кылат. **çocuklarını hiç bir zaman ~ etmezdi** балдарына эч качан кайдигер карачу эмес.

ihmalci, ihmalkâr кайдигер, көңүлкош, мурдун балта кеспес, шалакы, тоотпос, мойну жоон.

ihracat,-tı (**ihraç'***тын көпт. т.*). 1.тышкы соода, өндүрүп сыртка сатуу, экспорт. 2.сыртка сатылган мүлк. ~ **ve ithalât** тышкы жана ички соода, экспорт жана импорт. ~ **yapmak** тышка/чет өлкөгө малмүлк сатуу, экспорт жасоо.

ihracatçı 1.экспортер. 2.экспорт жасаган (*мапап*). ~ **mamleket** экспортер өлкө.

ihraç,-cı 1.экспорт, тышка товар сатуу.

2.өндүрүш, казып алуу. 3.узакташтыруу, чыгаруу, кууп жиберүү. **partiden ~ etmek** партиядан чыгарып салуу. 4.*аск.* уруксат берүү, бошотуу (*аскерден*). 5.*аск.* десант. **~ etmek** 1)экспорттоо. 2)чыгаруу, узакташтыруу, кууп ийүү. 3)*аск.* аскерден бошотуу. 4)десант түшүрүү. 5)(*баалуу кагаз, акча*) чыгаруу. **~ malı** 1)экспорттолгон товар. 2)экспорт үчүн гана өндүрүлгөн товар. **~ malları** экспортко арналган товарлар.

ihrak *эск.* 1.өрттөө, күйгүзүү, кремация. 2.өрт.

ihram 1.*мус.* ихрам (*Меккеге ажыга баргандар кийген ак түстүү жеңил кийим*). 2. ихрам (*буддисттер жамынган ак түстүү жүндөн согулган жамынчы)*. **~a girmek** ихрам кийүү.

ihsan 1.жакшылык, боорукердик. **~lara garketmek** жакшылыкка/боорукердикке бөлөө. 2.багыштоо, арноо. 3.кайрым, жакшы мамиле, белек, тартуу, садага, сый. **~ etmek** 1)кайрым/боорукердик көргөзүү. 2) жакшы мамиле жасоо, ардактоо. 3)тартуулоо, арноо, сыйлык/белек берүү.

ihsas 1.сезүү, туюу, кабыл алуу. 2.*психол.* сезим, туюм. 3.жышаан/белги берүү, кыйытуу. **~ etmek** 1)сездирүү, туйгузуу, белги берүү. 2)кыйытып айтуу, жыландын башын чыгаруу.

ihtar 1.эскертүү. **~da bulunmak** эскертип айтуу, эскертүү жасоо. 2.эске салуу, сактантуу, абайлатуу. **~ işareti** этияттык ышаараты. 3.*ук.* чакыруу кагазы. **~ etmek** 1)эскертүү. 2)эске салуу, алдын ала кабар берүү. 3)эскертүү берүү (*жаза иретинде*).

ihtarname жазылуу эскертүү (*нотариус аркылуу*).

ihtida *эск.* башка бир динден чыгып мусулман болуу.

ihtifal,-li *эск.* мааракe, юбилей. **Mevlana ~i** Мевлананын маракеси.

ihtikâr *эск.* көз боёмочулук, спекуляция, кызыл кулактык, алып сатарлык.

ihtilâf 1.пикир келишпестик, көз караш айырмасы, талаш-тартыш, келишпөөчүлүк, конфликт, инцидент, түшүнүшпөстүк. **~ı bertaraf etmek** түшүнбөстүктү жоюу. **fikir ~ı** пикир келишпестик. 2.атаандаштык, тап, жаат. **~a düşmek** пикирлери келишпөө, талаш-тартышка баруу. **~ etmek** талашып-тартышуу, келише албоо.

ihtilâflı талаш, талаштуу, конфликттүү.

ihtilâl,-li 1.төңкөрүш, революция. **proletarya ~i** пролетардык революция. 2.толкундоолор, козголоңдор, көтөрүлүштөр. **~ çıkarmak** козголоң чыгаруу. **~ yapmak** 1)революция жасоо. 2)көтөрүлүшкө чыгуу. 3. түп-тамырынан бери өзгөрүү. **bilimde ~** илимий революция.

ihtilâlci 1.революционер. 2.козголоңчу, көтөрүлүшчү. 3.революциячыл. **~ beyannameler** революциячыл чакырыктар.

ihtimal,-li 1.ыктымал, мүмкүндүк, болжол, божомол. *сал.* **olasılık. ~i az** ыктымалы аз. **~i yok** ыктымалы жок, мүмкүн эмес. **~ dahilinde** ыктымал ичинде, болжолдуу. **her ~e karşı** ар кандай ыктымалга каршы, алдын алып. 2.балким, мүмкүн, ыктымал. **~dır ki** а балким ... , а мүмкүн ... **~ olmak** ыктымалы бар болуу. **~ vermek** (*болуусуна*) ыктымал бериш.

ihtimalî ыктымалдуу, болжолдуу.

ihtimam 1.камкордук кам, көңүл, мээрим. **~ görmek** мээрим көрүү. **~ etmek/göslermek** камкордук көрсөтүү, бооруна басуу, мээримин

төгүү. 2.аракеттенүү, тырышуу, чабалоо, чымырканuу. 3.кылдаттык, тактык, ак жүрөктүк, ак пейилдик.

ihtira,-ı 1.ачылыш, табылга. *сал.* **bulgu. ~ beratı** ачылыш патенти. **~ hakkı** ачылыш/патент укугу. 2.ойдон чыгарылган, жалган.

ihtiram сый, урмат, ардак. **~ duruşu** ардак туруш. **~ kıtası** ардактуу кароол. **~ etmek** сыйлоо, ардактоо, урматтоо.

ihtiras 1.эңсөө, арзуу, ач көздүк. **~larına yenik düşmek** арзуусунун/ ач көздүгүнүн курманы болуу. 2.сезимге берилиш, кумар, азгырык. **~lar kızıştı** сезимдер алоолонду/ кызыды. **~lar söndü** кумары тарады. 3.өзүмчүлдүк, мансапкорлук.

ihtiraslı 1.эңсөөсү күч, абдан дегдеген, арзуулаган. 2.кумардуу. **~ sevgi** баш тарткыс ашыктык.

ihtiraz *эск.* тартынуу, уялуу.

ihtisas адистик, адистешме, квалификация. **~ görmek** адистик алуу. **yüksek ~ sahibi** жогорку билимдүү адис. **~ yapmak** адистик билим алуу, адистешүү.

ihtişam бийиктик, көркөмдүк, шаңдуулук, зобололуулук.

ihtişamlı бийик, көркөм, шаңдуу, көз жоосун алган, заңкайган, зобололуу.

ihtiva ичине алуу/камтуу. **~ etmek** ичине алуу/камтуу. *сал.* **kapsamak. temel hak ve hürriyetler kişinin ... ödev ve sorumluluklarını da ~ eder** негизги укуктар жана эркиндиктер кишинин ... милдет жана жоопкерчиликтерин да камтыйт. **~ etmek** ичине алуу, камтуу.

ihtiyaç,-cı 1.ыктыяж, зарылдык, муктаждык, керек-жарак. 2.жокчулук, кедейлик, жакырлык, кыйналыш. **~ anında** керек болгондо, кыйналганда. **~a cevap vermek** керектөөсүн канаатандыруу. **~ duymak** ыктыяжы болуу, зарыгуу. **~a göre** керегине жараша. **~larını görmek** (*бирөөлөрдүн*) керектөөсүн камсыз кылуу. **~ içinde kıvranmak** жокчулук ичинде кыйналуу. **~ı karşılamak** ыктыяжды камсыз кылуу. **~ olmak** зарыл/керек болуу. **~ı olmak** керектөөсү, муктаждыгы болуу.

ihtiyar I 1.карыя, абышка, чал. 2.улгайган, картайган, кары. **~ adam** карыган киши. **~ olmak** каруу, улгаюу. **İ~lar Meclisi/Heyeti** Карылар Кеңеши.

ihtiyar II 1. эрк, ыктыяр. 2.баш ийүү, багынуу, көнүү, макул болуу, тил алуу. 3. чечим, тандоо. **kendı ~ı ile** өз ыктыяры менен. **~ı elden gitmek** өзүн башкара албай калуу. **~ etmek** 1)(*бирөөнү*) ыктыярдуу түрдө шайлоо. 2)чыдоо, көнүү, моюнга алуу, ыраазы болуу. **masraf ~ etmek** чыгымына ыраазы болуу.

ihtiyarî ыктыярдуу, көңүлдүү, зарыл эмес, талапка жараша. **~ durak** талапка жараша жасалган аялдама. **~ hizmetler** ыктыярдуу иштер. **~ olarak** өз ыктыяры менен.

ihtiyarlamak каруу, улгаюу, жашы өтүү.

ihtiyarlık,-ğı карылык. **~ sigortası** социалдык/карылык камсыздандыруусу.

ihtiyarsız ыктыярсыз, мажбурлап, зордоп.

ihtiyat,-tı 1.этияттык, сактык, байкагычтык, сергектик. **~ tedbirleri** этияттык чаралары. 2.жетек, ашыкча, резерв, запас. **~ almak** ашыкча/жетек алып коюу. **~ta bulundurmak** жетекте кармап туруу. 3.*аск.* резерв, жетек. **~ kuvvetleri** кошумча/ жетек күчтөр. **~ akçesi** сактык фонду. **~ kaydı ile** шектенүү менен.

ihtiyaten 1.этияттык менен. 2.жетек үчүн, ашыкча, кошумча.
ihtiyatî алдын ала, этияттык үчүн. ~ **tedbirler** этияттык чаралары. ~ **hacis** *ук.* убактылуу/шашылыш конфискация.
ihtiyatlı 1.этияттуу, этият, сак, дыккаттуу, баамчыл. 2.үнөмчүл, чыйрак, сарамжалдуу, бүйрө. ~ **bulunmak/ davranmak** 1)этият болуу, сактануу. 2)үнөмдөө, эсептеп жашоо, бүйрө болуу.
ihtiyatsız 1.этиятсыз, байкабас, кенебес, энөө, чалагайым, шалакы. 2.жетексиз, кошумчасыз, жайдак.
ihtiyatsızlık,-ğı 1.этиятсыздык, кенебестик, баамсыздык, энөөлүк, чалагайымдык, шалакылык. 2.ысырапчылдык.
ihtiyol, -lü *хим.* ихтиол.
ihtiyolog, -gu ихтиолог.
ihtiyoloji ихтиология.
ihya 1.кайра тирилтүү, реанимация. 2.жандануу, жаңыдан туулуу, ойгонуу. 3.кайра калыбына келтирүү, өнүктүрүү. 4. *дин* түнү менен Кудайга сыйынуу. ~ **gecesi** сыйынма түнү (*бейшемби же жекшемби түндөрү*). ~ **etmek** 1)тирилтүү, жандантуу. 2)жандандыруу, ойготуу. 3)кайра калыбына келтирүү, реконструкция жасоо. 4)бактылуу кылуу. 5)түнү бою Кудайга сыйынып чыгуу.
ihzar 1. даярдануу, даярдык, беленденүү. 2.чакыруу. ~ **emri** чакыруу кагазы (*сотко*). ~ **etmek** 1)даярдануу, беленденүү. 2) чакыруу.
ihzarî даярдык, алдын алуу. ~ **çalışmalar** даярдык иштери. ~ **sınıf** даярдоо классы.
ika *эск.* жасоо (*кылмыш*), зыян келтирүү. **zarar ~ etti** зыян келтирди.
ikamet,-ti (*бир жерде*) жашоо, жерлешүү, жайгашуу, турак алуу. ~ **senedi** (*бир жерде*) жашоо үчүн уруксат. ~ **etmek** (*бир жерде*) жашап туруу, турук алуу, жерлешүү, жайгашуу. ~ **tezkeresi** *к.* ~ **senedi.**
ikametgâh 1.жашаган жер, турук, резиденция. ~ **değiştirme** жер которуу. ~ **kâğıdı/ilmühaberi** жашаганга уруксат кагазы. 2.*аск.* (*аскердин*) жайгашкан орду.
ikat,-dı жагуу, тутандыруу. ~ **etmek** *поэз.* жагуу, тутандыруу, алоолонтуу (*сезимдерди*).
ikaz эскертүү, алдын алуу, эске салуу, сактандыруу. ~ **etmek** эскертүү.
ikbal,-li 1.ыкыбал, бакыт, таалай, ийгилик. **devlet ve** ~ дөөлөт жана ыкыбал (*бакыт*). 2.*ооз.* каалоо, тилек. **çaya ~ yok mu?** чай ичкиси келген жокпу? 3.*мар.* падышага же шахзаадага жар болууга ылайык (*туткун кыздар арасынан*). 4.сый, кадыр, урмат. **~den düşmek** ыкыбалын жоготуу. ~ **düşkünü** ыкыбалын колунан учурган.
ikdam 1.мээнеткечтик, иштермандык. 2.өнүгүү, өсүү, гүлдөө, прогресс. ~ **etmek** жанып үрөп иштөө.
ikebana икебана (*япондордо белгилүү ыкма менен гүл кооздомо*).
iken маалында, чагында, убагында, кезинде, экенде, ...-ып жатканда. **ben İtalya'da** ~ мен Италияда экенде. **genç** ~ жаш чагында.
iki 1.эки (*сан*). 2.эки (*баа*). 3.жуп, кош. **~si** экөө. ~ **ağızlı** 1)кош ооз (*мылтык*). 2)кош миздүү (*бычак*). 3)*өтм.* эки жүздүү (*киши*). ~ **ahbap çavuşlar** *ооз.* жан кыйбас достор. ~ **anlamlı** кош маанилүү (*сөз*). ~ **arada bir derede kalmak** аргасыз болуу, кыйын абалда / ортодо калуу. **~si arası** эки арада. ~ **ateş arasında kalmak** эки оттун ортосунда калыш. ~ **ayağı bir pabuca koyulmak/ sokulmak** эки аягы бир өтүккө тыгылуу, шаштысы кетүү. ~ **ayağını bir pabuca sokmak/sok-**

turmak/koymak жанын сууруп ала жаздоо, шаштысын алуу, (*бир нерсени*) шашылыш доолоо. ~ **ayağı çukurda** бир буту жерде, бир буту көрдө, өтө картаң, катуу оору. ~ **ayaklı eşek** эки аяктуу эшек/макулук, кеңкелес, келесоо, макоо. ~ **baştan olmak** эки жактын тең көңүлү менен (*болгон иш*). ~**si bir kapıya çıkar** бирдей жыйынтык берүү, бирдей мааниге келүү. ~**si de** экөө тең. ~**si de bir** экөө тең бирдей. ~**sini bir kazana koysalar kaynamazlar** *мак.* эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт. ~ **boyutlu** эки өлчөмдүү. ~ **büklüm** 1)бүкчүйгөн, бүкчүңдөгөн (*кары киши*). 2) эки бүктөлүп жүгүнгөн, жалпаңдаган. 3) эки кат ийрилген/чыйратылган (*жип*). ~ **cambaz bir ipte oynamaz** *мак.* эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт. ~ **cami arasında kalmış beynamaza dönmek** эки тоонун чөбүн эңсеген эчкидей болуу, эки арада калуу, эки анжы болуу. ~ **canlı** кош бойлуу (*аял*). ~ **cihanda** эки дүйнөдө. ~ **cinsli/ ~ cinslikli** кызтеке, кош жыныстуу. ~ **çift lâf/söz** эки ооз сөз. ~ **dilli** 1)эки тилдеги. 2)эки тилде сүйлөгөн, билингвист. ~ **dirhem bir çekirdek** жасанып кийинген, короздонгон, сүлкүлдөгөн. ~ **dirhem bir çekirdek kadınlar** жасана кийинген аялдар. ~ **dünya** эки дүйнө. ~ **ekmek arasında bir dilim peynir** ар кандай ишке жараган (*киши*). ~ **eli böğründe kalmak** айласы кетүү, аргасы түгөнүү. ~ **eli (kızıl) kanda olsa** ... кандай да болсо, эмне болсо да ... **hele yardım iste ~ eli kanda olsa yetişir** жардам сурап көр, кандай күндө болсо да жетип келет. ~ **eli yanına gelecek** бир күн (ал да) о дүйнөгө барат (*күнөөгө баткандар үчүн*). ~ **eli on parmağı karada** оозунан жакшы сөз чыкпаган, ушакчы, жалаакор. ~ **eli şakaklarında düşünmek** терең ойлоо, таразалоо. ~ **eli (birinin) yakasında olmak** колу жакасында / аманаты мойнунда болуу. ~ **elle sarılmak** (*бир ишке*) эки колдоп киришүү, бүтүн дитин коюу, аябай берилүү. ~ **eşeyli** *к.* **iki cinsli.** ~ **geçeli** бетмаңдай эки катар. ~ **fazlı** *физ.* эки фазалуу. ~ **gözüm!** карааным! каралдым! ~ **göz arasında** каш-кабактын ортосунда, заматта, көз ирмемде. ~ **gözü ~ çeşme** көзүнүн жашы он талаа. ~ **gözüm kör olsun!** эки көзүм кашайып калсын! (*карганма*). ~ **gözüm önüme aksın!** көзүм агып түшүп калсын! ~ **günde bir** күн алыс. ~ **hırtı bir pırtı** эптеп-септеген жашоо, жокчулук. ~ **hörgüçlü** эки өркөчтүү. ~ **katlı** эки кабат. ~ **kat olmak** 1)эки бүктөлүү, бүкчүйүп калуу (*оорудан, карылыктан*). 2)эки кабат. ~ **katı** эки эсе. ~ **kere** эки жолу. ~ **kere iki dört eder gibi** эки жерде эки төрт дегендей эле. ~ **kulak bir dil için** аз сүйлөп көп тыңшоо. ~ **kutuplu** эки уюлдуу.~ **kuyruklu** чала жасалган. ~**li** эки эсе. ~ **nokta (üst üste)** кош чекит (:). ~ **odaklı** *физ.* эки фокустуу. ~**si ortası** экөөнүн ортосунда, ары эмес же бери эмес. ~ **paralık** баасыз, барксыз. ~ **paralık etmek** (*бирөөнүн*) кадырын кетирүү, абийирин айрандай төгүү. ~ **paralık olmak** абийири төгүлүү, аброю түшүү. ~ **rahmetten/iyilikten biri** (*катуу оору үчүн*) же айыгат, же өлөт. ~ **satır dertleşmek/lâf etmek** эки ооз сүйлөшүү. ~ **satır uyumak** чырм этип алуу, көзү илинип кетүү. ~ **seksen uzanmak** *арго* 1)жалпайып жатып калыш (*соккудан/мушташтан кийин*). 2) сулку-

юп (бош) жатыш. ~ **sözü bir araya getirememek** эки сөздүн башын кошо/курай албоо. ~ **şekilli** *хим., биол.* диморфтуу, эки шекилдүү. **kükürt ~ şekilli bir çizımdir** күкүрт эки шекилдүү/диморфтуу зат. ~ **şıktan biri** эки жолдон бири. ~ **tek atmak** эки чөйчөк ичкилик ичмек. ~ **telli** эки кылдуу (*музыкалык аспап*). ~ **terimli** *мат.* бином, эки мүчөлүү. ~ **yanlı** 1)*биол.* билатерал, эки жактуу. 2)эки тараптуу (*келишим*). ~ **ucu boklu değnek** кыйын/айласыз абал. ~ **ucunu bir araya getirememek** баш-учун жыйнай албоо, эптештире албоо. ~ **yakası bir araya gelmemek** этеги эки болбоо, карыздан башы чыкпоо. ~ **yaşayışlı** *биол.* жерде-сууда жашоочу (*айбандар*), амфибия. ~ **yıllık** эки жылдык. ~ **yüzlü** 1)эки жүздүү. 2)эки бети тең колдонулган. **bir dediği ~ edilmez** бир айтканы эки кылынбаган.

ikici *филос.* 1.дуалист. 2.дуалисттик.

ikicilik, -ği дуализм.

ikilem *лог.* дилемма.

ikileme 1.эки эсе көбөйүү. 2.*грам.* кош сөз.

ikilemek 1.эки эсеге чыгарыш. 2.эки кайталап айдаш (*талааны*). 3.кайталаш, кайра башынан түшүш.

ikili 1.жуп, кош. 2.эки тараптуу. ~ **anlaşmalar** эки тараптуу келишимдер. 3.экөө. 4.*муз.* дуэт. 5.(*карта/домино ойнунда*) эки номерлүү. ~ **oynamak** эки жүздүүлүк кылыш. ~ **ünlü** *линг.* дифтонг.

ikilik,-ği 1.кош/жуп/эки бөлүктөн турган, эки түрдүүлүк. **hakimiyette ~** кош бийлик. 2. эки айрылык, түшүнбөстүк, эки ачакейлик, келишпестик. **aramızda ~ yoktur** арабызда түшүнбөстүк жок. 3.айырмачылык. 4. *эск.* эки куруштук күмүш акча. 5.*муз.* жарымдык нота.

ikinci 1.экинчи. ~ **devre** экинчи тайм (*оюнда*). 2.экинчи сапаттагы/даражадагы/кезектеги. 3.башка, башка бир. 4.вице-, орун басар, жардамчы. ~ **direktör** директордун орун басары. 5.экинчи жолку, кайра баштан алынган. **~si** экинчиден. ~ **çağ** *геол.* мезозой эрасы. **İ~ Dünya Savaşı** Экинчи Дүйнөлүк Согуш. ~ **gelmek/olmak** (*жарышта*) экинчи келүү. ~ **kişi/şahıs** *грам.* экинчи жак. ~ **mevki/sınıf** 1)экинчи класс (*мектепте*). 2.экинчи класс (*кеме, поезд, участка ж. б.*). ~ **plana düşmek** экинчи планга түшүү. ~ **planda kalmak** экинчи пландa калуу.

ikincil 1.экинчи кезектеги. 2.экинчи даражадагы. ~ **uzun ünlüler** *грам.* экинчи кезектеги созулма үндүүлөр.

ikincilik,-ği экинчилик, экинчи орун (*мелдеште*). ~ **kazanmak** экинчи орунга ээ болуу.

ikindi 1.бешим (*маал*). 2.*дин* бешим (*намаз*). **~yi kılmak** бешим окуу. ~ **üstü** түш ооган кез.

ikindiyin күн бешимде, кечке жуук.

ikircik, -ği эки анжылык, тайсалдама, күмөндөрлүк.

ikirciklenmek эки анжы/ыргылжың болуу, тайсалдоо, күмөндөр болуу.

ikircikli чечкинсиз, ыргылжың, күмөндүү.

ikircil *филос.* кош маанилүү.

ikircim *к.* **ikircik.**

ikircimli *к.* **ikircikli.**

ikişer экиден. ~ **şeker dağıtmak** экиден конфет таратыш. ~ ~ эки-экиден, жуп-жуптан, эки топко бөлүнүп алып. ~ **olmak** экиден катарга тизилиш.

ikiyüzlü 1.эки жүздүү (*киши*). 2.эки тараптуу кийилген (*кийим*).

ikiyüzlülük эки жүздүүлүк. ~ **etmek** эки

жүздүүлүк кылуу.

ikiz 1.эгиз. ~ **kardeşler** эгиз бир тууган. 2.*бот.* эгиз, жуп (*мөмө*). 3.окшош, бирдей, түгөй, жуп. ~ **anlam** 1. *лог.* кош маанилүүлүк. 2. софизм. ~ **doğurmak** 1)эгиз төрөө. 2)*өтм.* (*бир иште*) абдан кыйналуу, чайналуу. ~ **ev** дублекс үй. ~ **yatak** кабат матрацтуу керебет.

ikizkenar *геом.* тең капталдуу. ~ **üçgen** тең капталдуу үч бурчтук.

ikizler *астр.* Эгиздер (*Зодиак жылдызы).*

iklim 1.климат. 2.*эск.* өлкө, регион. ~ **kuşağı/bölgesi** климат аймагы/зонасы. ~ **bilimci** климатолог. ~ **bilimi** климатология.

iklimleme желдетүү, жылытуу (*бөлмөлөрдү*). ~ **aygıtı/cihazı** аба кондиционери.

iklimsel климатка байланыштуу.

ikmal,-li 1.бүтүрүү, аяктоо. 2.жакшыртуу, өнүктүрүү. 3.толуктоо, кошумчалоо. 4.*ад.* бир саптагы маанини экинчи бир сапта толуктоо. 5.*аск.* камсыз кылуу, жабдуу. ~ **nakliyatı** азык-түлүк менен жабдуу транспорту. 5.*тех.* берүү, камсыз кылуу. ~ **etmek** 1)*аск.* аскер мөөнөтүн өтөп бүтүү. 2)окуусун бүтүрүү. 3)(*түрмөгө*) кесилген мөөнөтү аяктоо. 4)(*бир нерсени*) толуктоо. 5)*аск.* жабдуу, камсыз кылуу (*мис. азык-түлүк менен*). ~ **imtihanı** кайталама сынак. ~ **kalmak** кайталама сынактан өтүүгө калуу.

ikna,-i көндүрмө, макул кылма. ~ **etmek** көндүрүү, макул кылуу. ~ **olmak** көнүү, макул болуу, кабыл алуу.

ikon *к.* **ikona.**

ikona икона. ~ **ressamı** икона сүрөтчүсү.

ikrah жек көрүш, жийиркениш, жиркириш. ~ **etmek** жек көрүү, жиркирүү, жийиркенүү. ~ **vermek** жийиркенич туудуруу.

ikram 1.(*конокко*) сунуу, сыйлоо, алдына тартуу (*тамак-аш, ичкилик, сигарет ж. б.*). 2. меймандостук көргөзүү. 3.(*бирөөгө бир нерсе*) алып берип сыйлоо. 4.тартуу, сый, белек. 5.(*бааны*) түшүрмө, арзандатма. ~ **etmek** 1)сыйлоо, сый көргөзүү. 2) (*бирөөгө бир нерсе*) сунуш кылуу, белек берүү. 3) (*бааны*) түшүрүү, соодалашуу.

ikramcı меймандос, сыйкор.

ikramiye 1.айлыкка кошумча берилген акча. 2.акчалай сыйлык. 3.белектер, тартуулар. 3.утуш (*мис. лотереядан*). ~ **çarpmak/ vurmak** утуу. ~ **kazanmak** лотереядан утуп алыш.

ikramlı 1.меймандос, дасторкону кенен. 2.арзандатылган, баасы түшүрүлгөн.

ikrar *эск.* 1.ачык айтыш, жашырбаш. 2.билдириш. 3.моюнга алыш, туура көрүш, келишимге барыш, тастык. 4.келишим, макулдашуу, декларация. **~ından dönmek** сөзүнөн кайтуу, убадасын бузуу. ~ **etmek** ачыкка чыгаруу, моюнга алуу. ~ **vermek** сөз /убада бериш.

ikraz *эск.* карыз/кредит берүү. ~ **etmek** карыз бериш.

iks х -икс (*тамга*).

iksir 1.*миф.* эликсир. 2.*фарм.* эликсир.

iktibas 1.*эск.* карыз алыш. 2.*ад.* үзүндү алып колдонуш. ~ **etmek** 1)карыз алуу. 2)үзүндү алуу.

iktidar 1.күч, эрк, кудурет, жөндөм, мүмкүнчүлүк. 2.мамлекеттик бийлик, башкаруу, бийлөө. **~dan gitmek** бийликтен кетүү. **~a çıkmak/ gelmek** бийликке келүү. **~da kalmak** бийликте калуу. ~ **partisi** бийликтеги партия. **~dan düşmek** бийликтен түшүш.

iktidarlı 1.күчтүү, кубаттуу, эрктүү. 2.жөндөмдүү, таланттуу. 3.*мед.*

(*сексуалдык жактан*) кубаттуу, жарактуу, күчтүү.

iktidarsız 1.бийликсиз, күчсүз, эркси з. 2.жөндөмсүз, талантсыз. 3.*мед.* (*сексуалдык жактан*) жараксыз, күчсүз, импотент.

iktıdarsızlık,-ğı 1.күчсүздүк, эркси здик. 2.жөндөмсүздүк, эби жоктук. 3.(*эркек учун*) жыныстык жактан жараксыздык.

iktifa *эск.* канааттануу, ыраазы болуу, шүгүрчүлүк кылуу. ~ **etmek** (*бир нерсеге*) канааттануу, ыраазы болуу. **küçük kazançla ~ etmek** аз да болсо, көптөй көрүү, тапканына ыраазы болуу.

iktisadî 1.экономикалык, чарбалык. ~ **devlet kuruluşu/teşekkülü** мамлекеттик экономикалык түзүлүш. ~ **buhran/kriz** экономикалык кризис. 2.экономдуу, үнөмдүү, рентабелдүү.

iktisadiyat,-tı *эск.* экономика.

iktisap,-bı *эск.* ээ болуу, колго алуу, табуу. ~ **etmek** ээ болуу, алуу. **~ı hukuk etmek** укукка ээ болуу.

iktisat,-dı экономика, эл чарбасы. **İ~ Vekâleti** *эск.* Экономика Министрлиги. 2.үнөм, сарамжал, эсептүүлүк, чарбачылдык. 3.топтоо, жыйноо. ~ **etmek/yapmak** 1) чарбачылык/экономиканы жүргүзүү. 2) үнөмдөө. ~ **ilmi** экономика илими.

iktisatçı экономист.

il 1. ил, административдик аймак, дабан, вилает. 2.өлкө, журт. **gurbet iller** чет жерлер. **Türkiye'nin doğu ~leri** Түркиянын чыгыш илдери/аймактары.

ilâ арасы, ортосу, жакын. **beş ~ on kişi** беш-он киши. **dokuz ~ on arası** тогуз менен ондун ортосу.

ilâç,-cı 1.дары, эм, ылаажы, дабаа, шыпаа. ~ **almak** 1)дары алуу. 2)дары ичүү. **~la tedavi** дары менен дарылоо/айыктыруу. **ağrı kesici ~** оору басуучу дары. **ateş düşürücü ~** эттин ысыгын түшүрүүчү дары. 2.чара, амал, айла жол. 3. уу, дары (*бир нерсени жоготуу үчүн*), дезинфекция. 4.химиялык кошулма/зат. **boru açma ~ı** түтүк тыгынын ачуучу дары. ~ **içmek** дары ичүү. ~ **kılavuzu/kitabı** фармакология. ~ **yazmak** дары/ рецепт жазуу.

ilâçlamak 1.дары сүйкөө, бальзамдоо. 2. дары чачуу (*бактарга, талаага*), дезинфекция, ууландыруу (*курт-кумурскаларды*).

ilâçlı 1.дарылуу, дарыланган. 2.бальзамдалган. 3.дары чачылган, дезинфекцияланган, ууландырылган (*курт-кумурскага каршы*).

ilâçsız 1.дарысы, дабаасы жок. 2. айласыз, чарасыз. 3.оңолбос, түзөлбөс.

ilâh 1.Кудай, Жараткан, Эгем, Теңир. 2. *өтм.* кудайы, атасы. **müzik dünyasının ~ı** музыка дүйнөсүнүн кудайы. ~ **gibi** келишимдүү, сулуу (*эркек*).

ilâhe Теңир аял, Теңирче.

ilâhî 1.диний гимн, диний ыр. ~ **okumak** диний ырларды ырдоо. 2. Теңирге тиешелүү/мүнөздүү, Теңирден келген. ~ **arzu** Кудайдын эркси. 3.укмуштай сонун, шумдук, таң каларлык.

ilahi 1.Оо, Кудай! Оо, Теңир! (*Кудайга кайрылуу*). 2.Кудая тобо! кантип ушундай болсун! (*таң калуу иретиндеги сырд. с.*). **~, İnci, neler söylüyorsun!** Кудая тобо, Инжи, эмне деп турасың!

ilâhiyat, -tı теология. ~ **âlimi** теолог. ~ **fakültesi** теология факультети.

ilâhiyatçı теолог.

ilâm 1. *ук.* соттун өкүмү/чечими (*жазуу түрүндө*). 2.кабарлоо, билдирүү, угузуу. ~ **etmek** *эск.* билдирүү, кабарлоо.

ilâmaşallah 1.түбөлүк, өмүр бою.

2.*какшык* Кудай салбасын! көз тийбесин! ~ **işimiz yolunda!** Кудай салбасын, ишибиз күрүлдөп жүрүп атат (*какшык иретинде*).

ilân 1.жарыя, кабар, билдирме, ачыктама, декларация. 2.кулактандыруу, афиша, реклама, анонс. ~ **acentesi** кулактандыруу бюросу. ~ **tahtası** кулактандыруу тактасы. **~ı aşk** сүйүүсүн билдириш. ~ **etmek** 1)кулактандыруу, жарыялоо, ачыктоо. 2)жаюу, таратуу. ~ **vermek** (*газетага/журналга*) кулактандыруу берүү.

ilâncılık,-ğı 1.(*газета, журналга*) кулактандыруу топтоо/жарыялоо иши. 2. реклама, реклама иши.

ilânen кулактандыруу жолу менен.

ilânihaye түбөлүк, өмүр бою, такай. **bu ~ böyle devam edemez ki** бул өмүр бою ушинтип турбайт да.

ilâve 1.кошумча, улама, толуктама. 2. тиркеме, толуктоо. 3.арттырма, чоңойтмо, көбөйтмө. ~ **etmek** кошумчалоо, улоо, толуктоо.

ilâveli 1.кошумчаланган, толукталган, кошумчасы менен. ~ **ikinci baskı** толукталган экинчи басылыш. 2.*өтм.* апыртылган, калпты-чынды койгулаштырган.

ilâveten кошумча түрүндө, үстүнө кошуп, толуктап, кошумчалап. **mektubu** ~ катка кошумчалап.

ilçe илче (**ил'***дин ичиндеги*) административдик бирдик, район.

ile (*бирге жазылганда* **-la, -le**). 1.менен (*жандооч*). **ateş ~ oynama!** от менен ойнобо! **benim ~** мени менен. **senin ~** сени менен. 2.менен (*байл.*). **Hasan ile Haydar ava çıkmışlar** Хасан менен Хайдар ууга чыгышыптыр. 3.аркылуу, натыйжасында, улам. **çok çalışmakla bunu bitirebiliriz** катуу иштесек, муну бүтүрө алабыз. **bütün köy onların sesi ~ uyandı** айылдын баары алардын үнүнөн улам ойгонду. 4.*кыймыл атооч менен келип, аракетти бышыктайт:* **ona mektup yazmakla kata etmişim** ага кат жазганым туура болгон эмес экен. **tatili anılarımı yazmakla geçirdim** каникулду эскерүүлөрүмдү жазуу менен өткөрдүм. 5.*себеп, шарт билдирет.* **ben enstitünün yollamasıyla gittim** мен институттун жолдомосу менен бардым. 6.*өлчөм, ченем билдирет:* **onları kiloyla sattık** аларды килолап саттык. 7.маалында, маалы менен, убагында. **sabahla dünya bambaşka göründü** эртең менен дүйнө таптакыр башкача көрүндү. 8.*каалоо, тилек сөздөрү иретинде колдонулат:* **afiyetle yiyin** тамагыңар аш болсун! **selametle gidin!** саламат баргыла! ~ **beraber/birlikte** 1)менен бирге/ чогуу. **vergisi ~ beraber** салыгы менен чогуу. 2)кезде, маалында, туштa. **kışın gelmesiyle beraber** кыштын келиши менен. 3)карабастан, болсо да. **sadece on iki yaşında olmakla beraber motorlar hakkında epey bilgisi var** он эки эле жашта болсо да, мотор жөнүндө көп нерсе билет. 4)болуп эле тим болбой, эле эмес, менен катар. **iyi bir sanatçı olmakla beraber, mükemmel bir anne** мыкты санатчы эле эмес,мыкты эне дагы.

ilelebet түбөлүк, дайыма, соңсуз.

ilen, inen *диал.* **ile.**

ilenç, -ci каргыш.

ilenmek каргоо.

ilerde *к.* **ileride.**

ileri 1.илгери, алдыга. **ileri gidemiyorduk** илгери жыла алмак эмеспиз. 2.алдыңкы. **yolun ~si çok virajlı** жолдун илгериси ийри-буйру. 3.келечек, алдыдагы мезгил. **~imiz kış** алдыбызда кыш. 4.*аск.* бет

маңдайда, каршыда. 5.алдыда (*саат*). **saatim iki dakika ~de** саатым эки мүнөт алдыда. 6.өйдөкү, жогорку. **ileri sınıflarda okuyanlardan takım oluşturuldu** жогорку класста окугандардан команда түзүлдү. 7.мурун, илгери. 8.алдыңкы, биринчи. ~ **fikirler** алдыңкы пикирлер. 9.алдыга. **masayı ~ çekin** үстөлдү алдыга тарткыла. 10.*аск.* алга! (*буйрук*). **~si** 1)келечек, алды жак. 2)алдыңкы жак/тарап. ~ **almak** 1)(*бир нерсени*) алдыга жылдыруу. 2) (*бирөөнүн*) кызматын жогорулатуу. 3)(*сааттын*) алдыга жылдыруу. ~ **atılmak** 1)алдыга атып чыгыш. 2)*аск.* чабуулга өтүш. **~den beri** илгертен бери. ~ **çıkmak** алдыга чыгуу. ~ **geçmek** озуп кетүү, (*башкаларды*) артта калтыруу, ишинен көтөрүлүү. ~ **gelenler** алдыңкы/көрүнүктүү кишилер. ~ **gelmek** 1)келип чыгуу, пайда болуу, натыйжасы болуу. **bu hadiseler şundan ~ geliyor** бул окуялар мындан чыкты. 2)алдыга чыгуу, өнүгүү-өсүү, кызматынан жогорулоо. ~ **geri etmek** чатакташуу, мушташуу. **~sini gerisini düşünmeden** алды-кийинин ойлобой, шашылыш. ~ **geri konuşmak/ lâflar etmek/ söylemek** ойду-тоону сүйлөө. ~ **gitmek** 1)алдыга кетүү, өсүп-өнүгүү. 2)чектен чыгуу. **~yi görmek** алдын ала билүү. ~ **görüş** 1)алдыңкы көз караш. 2. кыраакылык, көзү ачыктык. ~ **görüşlü** кыраакы, көсөм, алдын ала көрө билген. ~ **götürmek** (*кылык-жоругу*) чектен ашуу, кыжыр кайнатуу. ~ **marş!** *аск.* алга! (*команда*). ~ **sürmek** 1)алдыга карай жүргүзүү/ айдоо. 2.(*бир сунуш/пикирди*) алдыга коюу, сунуш кылуу. ~ **varmak** *к.* ~ **gitmek.** ~ **yaş** улгайган курак.

ilerici алдыңкы, прогрессивдүү. ~ **teori** алдыңкы теория. ~ **fikirler** алдыңкы пикирлер.

ileride 1.алдыда, келечекте, болочокто. 2.алдыңкы тарапта, каршыда. ~ **bunu göz önünde tutmalısınız** кийин муну эстен чыгарбашыңыз керек.

ilerleme 1.илгерилеме. 2.жылыш, өсүш, өнүгүш, прогресс, жетишкендик. **ilim ve teknikteki ~ler** илим менен техникадагы жылыштар.

ilerlemek 1. илгерилөө, алдыга жылуу. 2.өсүү, өнүгүү, жакшыруу. 3.артуу, күчөө, чоңоюу. **şüphem gün geçtikçe ilerledi** шектенүүм күн өткөн сайын артты. 4.убакыт өтүү. **gece bir hayli ilerlemiş, dönme zamanı** түн бир далай болуптур, кайтар маал болуптур. 5.күчтөнүү, оорлошуу. **hastalık ilerledi** оорусу күчөдү. 6.(*иштен*) жогорулоо.

ilerlemiş кеч (*убакыт*). ~ **saat** кеч саат. **gecenin ~ saatinde** түндүн бир оокумунда. ~ **yaş** улгайган жаш.

ilerletmek 1.илгерилетүү, алдыга жылдыруу. 2.өнүктүрүү, өстүрүү, жакшыртуу. **Türkçesini ilerletti** түркчөсүн жакшыртты. 3.(*кызматын*) жогорулатуу.

iletici жеткирүүчү, туюндуруучу, кабар берүүчү, өткөрүүчү.

iletim 1.*физ.* өткөргүчтүк. 2.жеткирүү. 3.*тех.* ысыктын берилиши, конвекция.

iletişim 1.өз ара катнаш, кабарлашуу, билдириш, туйдуруш, коммуникация. 2. *тех.* байланыш, кабарлашуу түрлөрү (*телефон, телеграф, факс, интернет, кат ж. б.*).

iletişmek өз ара кабарлашуу, байланышта болуу.

iletken 1.айтып/жеткирип барган, кабар берген, кабарчы. 2.жеткирүүчү, улаштыруучу. 3. *физ.*

өткөргүч. ~ **damarlar** *бот.* өсүмдүк клеткаларына азык ташуучу тамырлар.

iletki *мат.* бурч өлчөгүч, транспортир.

iletmek 1.алып баруу, жеткирүү, улаштыруу. 2.кабарлоо, айта баруу. **Ahmet Bey'e selâmlarımı iletin** Ахмет Бейге салам айта барыңыз. 3.*физ.* өткөрүү.

ilga *эск.* жоюу, жок кылуу.

ilgeç,-ci 1.англис төөнөч. 2.илмек, илгич (*кийимдин*), аскыч, кармагыч. **kalemin ~i** калемдин кармагычы. 3. *грам.* жандооч.

ilgi 1.илик, байланыш, жакындык, тиеше. **~yi kesmek** байланышын үзүү (*бирөө менен*). **ne ~si var?** эмне тиешеси бар? 2.кызыгуу, көңүл буруу. ~ **çekici** көңүл бурдурган, өзүнө тарткан. ~ **duymak** кызыгуу. 3.*хим.* заттардын кошулма жөндө-мүнүн артышы (*белгилүү шарттар ичинде*). ~ **alanı** (*бирөөнүн*) кызыккан/тиешелүү тармагы. **~sini çekmek** көңүлүн буруу. ~ **eki** *грам.* тиешелүүлүк мүчөсү(-гы/-кы): **dünkü** кечээки. **onlarınki** алардыкы. ~ **göstermek** көңүл буруу, жакшы мамиле жасоо. ~ **toplamak** *к.* ~ **çekmek.** ~ **uyandırmak** кызыгуу туудуруу. ~ **zamiri** *грам.* таандык ат атооч.

ilgilendirmek 1.кызыктыруу, көңүл бурдуруу, көңүл бөлдүрүү. **bu beni ilgilendirmez** бул мени кызыктырбайт. 2.тиешелүү/караштуу болуу. **işçileri ilgilendiren bir karar** жумушчуларга тиешелүү бир чечим.

ilgileniş кызыгыш, көңүл бөлүш.

ilgilenmek 1.кызыгуу, тартылуу, жакындык туюу, алек болуу. **arkadaşım antikayla ilgilenir** жолдошум антикварга кызыгат. 2.көңүл бөлүү/буруу.

ilgili 1.байланыштуу, тиешелүү, тиешеси бар, караштуу. **matematikle ~ bilimler** математикага тиешеси бар илимдер. 2.жооптуу, жоопкер, милдеттүү. ~ **kişiler** жооптуу кишилер. **~ler** жооптуулар, тиешелүү кишилер. ~ **makamlar** тиешелүү органдар.

ilginç,-ci кызык.

ilgisiz 1.кызыксыз. 2.тиешеси/байланышы жок. 3.кызыкпаган, кайдигер, көңүл кош, кайрымсыз.

ilgisızlik 1.кызыксыздык, тажатмалык, апатия. 2.кайдигерлик, көңүл коштук, түртө салмалык.

ilhak,-kı 1.кошуп алма, кошумчалама, кирме (*бир уюмга ж. б.*). 2.басып алма, бийлиги алдына алма. ~ **etmek** кошуу, кошумчалоо, толуктоо.

ilham илхам, шык, дем, демөөр. ~ **almak** илхам алуу, шыктануу, демденүү, демөөр алуу. ~ **etmek** илхам/шык/дем/демөөр берүү. ~ **perisi** илхам периси, муза, шык булагы. ~ **vermek** илхам берүү.

ilhan *тар.* илхан, хан, император (*монголдордо*).

ilhanlık,-ğı 1.империя (*монголдордун*). 2.императорлук, бийлик (*монгол хандыктарынын*).

ilhat,-dı динсиздик, кайырдиндик, атеизм.

ilik I, -ği илик, бүчү, топчулук. **düğme ~i** топчунун илиги/топчулугу/бүчүсү.

ilik II, -ği *анат.* (*сөөктүн*) чучугу. **murdar** ~ жүлүн. **~lerinde duymak** сөөгүнө/чучугуна жетүү, терең таасир берүү. **~ine/~lerine geçmek** сөөгүнө өтүү/жетүү. ~ **gibi** 1)чучуктай (*таттуу, даамдуу*). ~ **gibi pişmiş/olmuş** жакшы бышырылган (*мис. эт*). 2)жакшынакай, жагымдуу, болтойгон (*аял*). **~lerine işlemek** 1)сөөгүнө өтүп кетүү (*мис. суук*). 2)*өтм.* чучугуна че-

йин жетүү. **o söz ~lerine kadar işledi** ошол сөз сөөгүнө/чучугуна чейин жетти. **~lerine kadar ıslanmak** суу өтмө катарынан өтүп кетмек. **~ini kemirmek** (*оору*) сөөгүн сыздатуу. **~i kurumak** жаны кашаюу, чыдамы түгөнүү. **~ini kurutmak** (*бирөөнүн*) жанын кашайтуу, сабырын/чыдамын түгөтүү, айласын кетирүү. **~ine tak demek** жанына таш батуу. **~ yağı** сөөк майы.

iliklemek топчулоо, иликтөө, бүчүлөө.

ilikli I чучуктуу. ~ **kemik** чучуктуу сөөк.

ilikli II 1.топчулуу/илиги/бүчүсү бар. 2.топчуланган, бүчүлөнгөн.

iliksiz 1.бүчүсүз, топчулуксуз. 2.бүчүлөнбөгөн, топчуланбаган.

ilim,-lmi илим, билим. ~ **adamı** илимпоз, окумуштуу. **~ini almak** (*бир иштин*) так үйрөнүп алуу, адис болуп чыгуу.

ilinti 1.илинчек, байланыш (*эки нерсе арасында*). 2.*ооз.* кайгы, капа, муң, дарт. 3.тиеше. **benim onunla hiç ~m yoktur** менин ага эч тиешем жок. 4.илип-илип тигилген тигиш.

ilintilemek эки нерсени бириктирип тигүү.

ilintili байланыштуу, тиешелүү, аралашкан.

ilişik,-ği 1.илиштирилген, тиркелген, илинген, жармаштырылган. **dilekçeye ~ olarak sunulan belge** арызга тиркелген документ. 2.(*бир нерсеге*) байланыштуу, тууралуу. 3.байланыш, катнаш, мамиле. **cumhurbaşkanı seçilenin varsa partisi ile ~i kesilir** президенттикке шайланган кишинин партиясы менен байланышы үзүлөт. 4.тиркеме, кошумча. **ayrıntılar ~te yazılı** кошумча маалыматтар тиркемеде жазылган. **~i kalmamak** байланышы/мамилеси калбоо. **~ini kesmek** байланышын/мамилесин үзүү.

ilişikli байланыштуу, тиешелүү.

ilişki 1.байланыш, катнаш, мамиле. **dış ~ler** тышкы байланыштар. **diplomatik ~ler** дипломатиялык байланыштар. **~leri kesmek** байланыштарды/мамилелерди үзүү. ~ **kurmak** мамиле түзүү. 2.жол, катнаш. **kar yağınca köylerle ~ kesildi** кар жааганда айылдар менен байланыш үзүлдү.

ilişkili байланыштуу, тийиштүү, карашты.

ilişkin байланыштуу, тууралуу, жөнүндө, тиешелүү. **yurdun esenliğine ~ bir karar** мекендин сактыгына байланыштуу бир чечим.

ilişkisiz байланышсыз, тиешесиз.

ilişmek 1.илинүү, чалынуу, тийип кетүү. **elim çiçeklere ilişmiş olmalı, vazo devrildi** колум гүлдөргө тийип кетти болуш керек, ваза тоголонуп кетти. 2.тийүү, алуу, аралашуу. **şu kâğıtlara kimse ilişmesin** бул кагаздарга эч ким тийбесин. 3.*өтм.* (*бирөөгө*) тийишүү, кийлигишүү, жабышуу, такуу, тынчын алуу. **ben çalışırken kimse ilişmesin** мен иштеп атканда эч ким тынчымы албасын. 4.сөз кылуу, токтолуу, сөз козгоо, тийип өтүү (*бир темадан, маселеден*). **o konuyu bir daha ilişmeyecek şekilde kapatalım** ал маселени дагы бир жолу козгобой тургандай бүтүрөлү. 5.коомай отуруу, көчүк басуу. **sandalyenin kenarına ilişti** отургучтун четине көчүк басты.

iliştirmek 1.илүү, тагуу, чиркөө, байлоо, топчулоо, бүчүлөө. 2.асуу. 3.тиркөө, жабыштыруу, илиштирүү, жабдуу. **dilekçeye bir de açıklama iliştirilmiş** арызга бир ачыктама да тиркелиптир.

ilk, -ki 1.биринчи. ~ **defa** биринчи жолу. 2.алгачкы. ~ **aşk** алгачкы махабат. ~ **adım** 1)биринчи кадам.

2)башталыш. ~ **ağızda** адегенде, адеп, башта, баарынан мурун. **İ~ Çağ** байыркы дүйнө, антик доор. ~ **elden** 1)биринчи колдон, жаңы, колдонулбаган. 2)(*бир нерсени*) өзүнөн, өз оозунан (*угуу*). 3)биринчиден, алды менен, алгач. ~ **firsatta** эң биринчи мүмкүнчүлүктө, ыңгайы келер замат. ~ **görüşte** бир көргөндө эле, көрөр замат. ~ **göz ağrısı** 1)тун баласы, көзүн ачып көргөнү, оозун ачып өпкөнү. 2)алгачкы сүйүүсү/ашыгы. ~ **hamlede** 1)адегенде, адеп, баарынан мурун. 2)биринчи эле сыноодо (*спортто*). ~ **insan** *антроп.* алгачкы адам. ~ **iş olarak** баарыдан мурун, биринчи кезекте. ~ **kalemde** башынан. ~ **nefesini almak** көз жаруу, төрөлүү. ~ **önce** башта, башында, алды менен. ~ **öncü** баштоочу, чыйыр салган. ~ **örnek** прототип, архетип. ~ **yardım** 1)биринчи/тез жардам (*медициналык*). 2)тез жардам станциясы. ~ **yardım çantası** тез жардам сумкасы. ~ **yardım hastanesi** тез жардам ооруканасы. ~ **yarı** биринчи жарым/тайм (*спорт мелдешинде*). ~ **zamanlar** башында, алгачкы учурларда.

ilkah 1.*биол.* төлдөө, боозуу, тукумдоо, желиндөө. 2.эмдөө. ~ **etmek** 1)тукумдоо. 2)эмдөө.

ilkbahar жаз, баар, көктөм. ~ **noktası/ılımı** *астр.* жазгы күн-түн теңелүү.

ilke 1.баштапкы/башкы элемент, негиз, башат.2.принцип, башталгыч абал. **bir dinin ~leri** бир диндин принциптери.

ilkel 1.байыркы, баштапкы. 2.алгачкы, өнүгүүнүн эң төмөнкү баскычы. 3.(*санатта*) тубаса, накта, жасалмасыз. 4.(*сүрөттө*) табигый агым, примитив. 5.*өтм.* жапайы, түркөй, адепсиз, чогоол (*киши*). ~ **hayat** байыркы адамдардын жашоосу. ~ **insanlar** байыркы адамдар. ~ **toplum** алгачкы коом. 6.*мат.* жөнөкөй. ~ **fonksiyon** жөнөкөй функция.

ilkelci примитивист.

ilkelleşmek жөнөкөйлөшүү, карапайымдашуу, жупунулашуу.

ilkellik,-ği байыркылык, түркөйлүк, чогоолдук.

ilkin башталышта, башында, биринчи, баарыдан мурун.

ilkinden башынан, алдын ала. **senin kaçacağını ~ biliyordum** сенин кача турганыңы башынан билчүмүн.

ilkokul башталгыч мектеп.

ilköğrenim,ilköğretim башталгыч билим берүү.

ilkyaz жаз, баар.

illâ, illâki *к.* **ille.**

illâllah иллалда, иллалла, Кудай ай! (*тажаганда, жадаганда айтылган сырд. с.*). **~, yeter artık!** Кудай ай, жетпедиби эми! ~ **demek** тажоо, жанына таш батуу.

ille 1.кандай болсо да, эмне кылса/болсо да, сөзсүз эле. ~ **de bugün mü gelmeliyim?** эмне, сөзсүз эле бүгүн келишим керекпи? 2.өзгөчө, дегеле, баарыдан да, айрыкча. ~ **o şiiri sevdim** баарыдан да ошол ырды жактырдым. 3.болбосо. **sen de gelirsin, ~ gitmem** сен да кел, болбосо барбайм. ~ **ve lâkin** муну менен катар/бирге.

illegal легалсыз, мыйзам тышы.

illet,-ti 1.илдет, оору, кесел. 2.бузуктук, мандем. 3.көнүмүш, жаман адат. 4.*филос.* себеп. ~ **etmek** 1)өлөрчө токмоктоо, жабыр тарттыруу, жанын кейитүү. 2)(*бирөөнүн*) жанын кашайтуу, жинин келтирүү. ~ **olmak** жини келүү, кыжыры кайноо.

illetli 1.илдеттүү, оорулуу. 2.бузук, бузула берген, мандемдүү. 3.майып, кемчил.

illetsiz илдетсиз, соо.
illiziyon *к.* **illüzyon.**
illüstrasyon иллюстрация.
illüziyon иллюзия.
illüziyonist,-ti иллюзионист, көз боочу.
illüziyonizm иллюзионизм.
ilmek, -ği *к.* **ilmik.**
ilmek 1.илүү, чалып байлоо. 2.(*килем токууда*) илмектерди бири-бирине байлоо. 3.тийүү, козгоо. ~ **iler tutar yerini bırakmamak/ komamak** 1)(*бир нерсенин*) тамтыгын чыгаруу. 2)бурмалоо, өзгөртүү (*мис. бир пикирди*). ~ **iler tutar yeri kalmamak/olmamak** 1)тамтыгы чыгуу, эскирүү. 2)колдонуудан чыгуу, эскирүү (*мис. бир теория*). 3)саламаттыгы абдан начарлоо, ичер суусу түгөнүү.
ilmeklemek *к.* **ilmiklemek.**
ilmen илимий жактан, илимий көз караштан.
ilmî 1.илимий. 2.теориялык.
ilmihâl,-li ислам дининин эрежелер жыйнагы.
ilmik,-ği 1.илмек, түйүн. 2.илмек (*түймө ишинде*). ~ **atmak** 1)илмек жасоо. 2)илмек байлоо.
ilmiklemek бош байлоо, иликтөө, илмек жасоо.
ilmiye 1.дин иштери кызматкерлери жамааты. 2.диний иштер.
ilmühaber 1.күбөлүк, кимдик, сертификат. **ölüm ~i** өлгөнү тууралуу күбөлүк. 2.тил кат, квитанция.
ilsak,-kı кошуу, бириктирүү, жабыштыруу, бекитүү. ~ **etmek** бириктирүү, кошуу, бекемдөө, жабыштыруу.
iltibas аралашуу, чаташуу, ачакей маани берүү. **~a düşmek/yol açmak** 1)аралашуу, чатышуу. 2)окшоштуруп алуу, жаңылуу.
iltica баш калкалоо, башын сыйдыруу, корголоо. ~ **etmek** корголоо, баш калкалоо. ~ **hakkı** *ук.* баш калкалоо укугу.
iltifat,-tı 1.ырайым, мактоо, жакшы ниет, комплимент, жакшы сөз/мамиле, жылуу сөз/жүз, сыпайыгерчилик. **~lara boğmak** мактоо жаадыруу. ~ **görmek** сый көрүү, баркталуу. **~ta kusur etmemek** жакшы мамилесинен жазбоо. **~ına nail olmak** (*бирөөнүн*) урмат-сыйына арзуу, мактоосун/жылуу сөзүн угуу. ~ **etmek** 1)кадырлоо, барктоо, жылуу сөз айтуу. 2)(*бирөөгө*) жагуу, купулуна толуу. **akşamki yemeklere ~ eden çok oldu** кечки тамак көп кишинин купулуна толду.
iltifatlı жарык маанайлуу, маңдайы жарык, сыйчыл, жаркылдаган, сыпайы.
iltihak, -kı кошулуу, биригүү. ~ **etmek** кошулуу, биригүү, биримдик түзүү, кирүү. ~ **ettirmek** кошуп алуу.
iltihap,-bı *мед.* (*органдарда*) сезгениш, ириңдеш.
iltihaplanmak *мед.* сезгенүү, ириңдөө (*дененин ар кай жери*).
iltihaplı *мед.* сезгенген, ириңдеген.
iltimas 1.колдоо, тааныштык кылуу, арка чыгуу, көтөрмөлөө. ~ **görmek** колдоо көрүү, таанышынын жардамынан пайдалануу. ~ **göstermek** (*бирөөнү*) чоңойтуу, колдоо, тааныштык кылуу. 2.(*бирөөгө*) артыкчылык таануу, өзгөчө мамиле жасоо. 3.өтүнүч, сураныч (*бирөө үчүн*). ~ **etmek** 1)(*бирөөнү*) калкалоо, коруу, колдоо. 2)(*бирөө үчүн*) сурануу, өтүнүү.
iltimasçı колдоочу, тааныш, таянган киши.
iltimaslı 1.таанышы/кишиси/колдоочусу бар (*киши*). 2.тааныш аркылуу бүтүрүлгөн (*иш*).
im 1.ышаарат, ым, сигнал. 2.белги. 3.символ. **~i timi yok** ың-жыңы жок.
ima 1.баш ийкөө, макулдук билдирүү.

2.кыйытып/жылдырып айтуу, жыландын башын чыгаруу, (*бир нерсенин*) четин чыгаруу. **ince ~** жылдырып айтылган сөз. **üstü kapalı ~** туюк сөз. **~ etmek** 1)баш ийкөө. 2)тымызын билдирүү, бир нерсенин четин чыгаруу.

imaj 1.имидж, түр, көрүнүш, келбет. 2.имидж, аброй.

imal,-li 1.даярдаш, жасаш, чыгарыш, иштеп чыгарыш, өндүрүш. 2.товар, мануфактура. 3.колдонуш, пайдаланыш.

imalât,-tı (imal'*дын көпт. т.*). 1.өндүрүш, чыгаруу, жасоо. **~ fiyatı** *экон.* өздүк наркы. **~ imkanları** өндүрүш мүмкүнчүлүгү. **~ masrafı** өндүрүш чыгымы. 2.өндүрүш товары, фабрикат, даяр буюмдар, продукция.

imalâtçı 1.өндүрүлгөн. 2.өндүрүш ээси. 3.өндүрүш жайы/жери.

imalâthane өндүрүш жери, цех, фабрика, завод, ишкана. **tuğla ~si** кирпич заводу.

imale 1.ийүү, бүгүү, жантайтуу, кыйшайтуу. 2. *ад.* кыска муунду узартып окуу (*муун өлчөмүнө тууралоо үчүн*). **~ etmek** иймек, бүкмөк.

imalı туюк/кыйыткан сөз. **Celik fikrini ~ konuşması ile belirtmiş oldu** Челик пикирин кыйытып айтты. **~ ~** туюк-туюк (*айтылган сөз/ билдирилген пикир*).

imam 1.ыймам, чоң молдо. 2.мусулмандардын диний лидери. 3.мамлекет башчысы (*айрым мусулман өлкөлөрүндө*). 4.диний мектептин башчысы. 5. *Азирети Мухамедден кийин анын өкүлү милдетин алган халифтерге берилген наам. 6. Азирети Алинин жана анын он бир тукумуна берилген титул.* **~ın dört çiftesine binmek** *ооз.* өлүш, каза болуш. **~ kırkı** чилденин биринчи күнү. **~ hatip okulu** ислам динине таянган орто мектеп. **~ nikâhı** диний ника. **- osursa cemaat sıçar** *мак. , орой* төркү үйдөгүлөр күлсө, оозгу үйдөгүлөр ырсаят *(сөзм. с.* ыймам оосурса, жамаат чычат). **~ suyu** *ооз.* ракы (*түрк арагы*).

imambayıldı имамбайылды (*баклажандын ичине фарш коюлуп, духовкада бышырылган түрк тамагы)*.

imamlık,-ğı ыймамдык (*милдет/кызмат*). **~ etmek** ыймамдык милдетин аткаруу.

iman 1.ыйман, диний ишеним, ынанч. 2.Ислам динине ишеним/ынанч. 3.(*бир нерсеге*) катуу ишенүү, күмөнсүздүк. **~ım** *арго "тууган", "жолдош" маанисиндеги кайрылуу*. **~ı bütün** динге ишеничи күчтүү, динчил, такыба. **~dan çıkarmak** (*бирөөнү*) ыймандан чыгарыш. **~ etmek** 1)ишениш, кабыл алыш, моюн сунуш. 2)Ислам динин кабыл алуу, келме келтирип, мусулман болуу. **~a gel!** Кудайдан корк! ыйманыңы жебе! **~a gelmek** 1)өз көңүлү менен мусулман болуу. 2)*өтм.* акыл/эс кирүү, жоошуу, жиндилигин таштоо. 3)чынын айтуу. **~ getirmek** Исламга ишеним кылуу. **~a getirmek** 1)Ислам динин кабыл алдырмак, чыныгы мусулман кылмак. 2)эсине келтирүү, тартипке салуу. 3)чынын айттыруу, мойнуна алдыруу. **~ı gevremek/ ağlamak** 1)(*көп иштеп*) чарчап-чаалыгуу, ал-күчтөн таюу. 2)кыйынчылык тартуу, чарасыз абалда калуу. **~ına kadar** оозуна чейин, топтолтура, жыкжыйма, мелт-кат. **~ına kadar doldurmak** мелт-калт толтурмак. **~ sahibi** 1)ыйманы бекем, динге бекем, динчил. 2)чыныгы мусулман. **~ tahtası** *ооз.* көкүрөк. **~ına tak demek** *ооз.* жанына таш батуу, чыдамы түгөнүү. **~ına yandığım**

ооз. каргыш тийген, Кудай албаган. **~ı yok!** *ооз.* ыйманы/жүзү жок, таш боор, мерес.

imanlı 1.ыймандуу, динге ишенген. 2.абийирлүү, ар-намыстуу.

imansız 1.ыймансыз, ынанчсыз. 2.кудайсыз, динсиз, атеист. 3.ынсапсыз, мээримсиз, таш боор, мерес. 4.*өтм.* арсыз, жүзүкара, шүмшүк, жүүт. **seni gidi ~!** сени элеби, шүмшүк! **~ gitmek** ыйманы жок өлүш. **~ peynir** майсыз быштак. **~ süt** майсыз сүт. **~ yoğurt** майсыз жуурат.

imansızlık,-ğı 1.ымансыздык, динге ишенбөө, кудайсыздык. 2.адамкерчиликсиздик, таш боордук, мээримсиздик, мерестик.

imar 1.курулуш. **~ planı** курулуш планы. 2.отурукташтыруу, жакшыртуу, өнүктүрүү. **~ etmek** 1)(*бир жерди*) өнүктүрүү, гүлдөтүү, жашоо деңгээлин көтөрүү. 2)курулуштар куруу. **İ~ ve İskân Bakanı** Коммуналдык Чарба Министри.

imaret,-ti 1.*тар.* (*Селжуктуктар жана Османлылар заманында*) *колунда жокторго, окуучуларга тамак тараткан кайрым мекемеси.* 2.отурукташуу, жакшыруу, өнүгүп-өсүү.

imbat,-tı жайкы муссон шамалы (*күндүз деңизден кургакка карай согот*).

imbik, -ği дистиллятор, спирт тарткан аппарат. **~ten çekmek** спирт/арак тартыш.

imbisat,-tı жайылуу, таркоо, кеңейүү.

imdat,-dı 1.жардам, колдоо, көмөк. 2.*сырд. с.* жардам! кокуй! **~ına başvurmak** (*бирөөдөн*) жардам сурап кайрылуу. **~a çağırmak** жардамга чакыруу. **~ etmek** (*бирөөгө*) жардамга баруу. **~ freni** кырсык/жетек тормоз. **~ istemek** 1)жардамга чакырыш. 2)SOS чалыш. **~ işareti** жардам чакыруу сигналы: SOS. **~ kapısı** кырсык эшиги. **~ına yetişmek/koşmak** (*бирөөгө*) эң кыйын учурунда жардам берүү/көмөктөшүү.

imdi 1. ушинтип, ошентип, демек, андай/мындай болгон соң. 2.эми, азыр, мындан ары/кийин.

imece ашар, дыйкандардын биргелешип жасаган иши. **~yle** ашар жолу менен. **~ fiilleri** *грам.* этиштин кош мамилеси.

imge 1.кыял, санаа, фантазия. 2.белги, ышаарат, жышаан. 3.көзгө көрүнчү.

imgelem *психол.* кыялдануу, эңсөө, фантазия, ойдон/кыялдан жаратуу. **~ gücü** кыял күчү.

imgelemek кыялдануу, элестетүү.

imgesel кыялдан жаратылган, ойдон чыгарылган.

imha 1.жок кылуу, кыйратуу, түбүнө жетүү, тукум курут кылуу. 2.жоюу, төлөө (*мис. карызды*). **~ etmek** жок кылыш, өлтүрүш, тукум курут кылыш, кыйратыш.

imhâl,-li кечеңдетүү, кийинкиге калтыруу, убакыт берүү, жылдыруу, узартуу. **~ etmek** жылдырмак, узартмак.

imik, -ği тамак, кулкун. **~ine sarılmak** (*бирөөнүн*) жакасына жабышуу, чапкенедей жабышуу, артынан калбоо.

imiş имиш, миш-миш.

imitasyon 1.имитация, тууроо. 2.жасалма, чыныгы эмес. **~ deri** жасалма тери.

imkân мүмкүнчүлүк, шарт. **~ bırakmamak** мүмкүнчүлүк бербөө. **~ dahilinde** мүмкүн боло турган. **~ dısı /haricinde** мүмкүнчүлүк тышында, ишке ашпай турган. **~ hasıl olmak** мүмкүнчүлүгү/ыңгайы келмек. **~ı kalmamak** мүмкүнчүлүгү калбоо. **~ sağlamak** мүмкүнчүлүк

түзүү. **~ları sınırlı** мүмкүнчүлүгү чектелген. **~ı var** мүмкүнчүлүгү/шарты бар. **~ı var mı?** мүмкүнчүлүгү/шарты /жолу барбы? ~ **vermek** 1)мүмкүнчүлүк / жол берүү. 2)болжолдонуу, ойлонулуу. ~ **yok** мүмкүн эмес. **dar ~lar** чектелген/кыйын шарттар. **geniş ~lar** кеңири мүмкүнчүлүктөр.

imkânsız 1.мүмкүн эмес, ишке ашпай турган. 2.ойго келбеген.

imkânsızlaşmak (*бир иштин*) ишке ашышы кыйындоо.

imkânsızlık,-ğı мүмкүнчүлүктүн жоктугу, ишке ашпастык, айласыздык,чарасыздык.

imlâ орфография, жазуу эрежелери. **~sı bozuk** жазуусу ката/бузук. ~ **hatası/yanlışı** жазуу/орфографиялык ката(сы). ~ **lügati** орфографиялык сөздүк. ~ **kuralları** жазуу эрежелери. **~ya gelmek** 1)эс тартуу, киши болуу. 2)жолго/тартипке салынуу. **~ya gelmemek** тартиби оңолбоо, оң жолго түшпөө.

imleç,-ci 1.*физ.* өзү жазгыч прибор, регистратор. 2.*физ.* сейсмограф.

imlemek белги коймок, ышаарат этмек. 2. кыйытып/сыйкатып/жылдырып айтмак.

immoral,-li аморальд, адеп-ахлакка терс/айкыры. ~ **hareketler** туура эмес жүрүш-туруштар.

immünoloji иммунология.

imparator император.

imparatoriçe император аял.

imparatorluk,-ğu 1.императорлук (*абалы жана наамы*). 2.императорлук (*мамлекеттик түзүлүш*).

imren суктаныч.

imrence ар кимдин көзү түшкөн, суктанылган нерсе .

imrendirmek суктандырмак, тамшантмак, ичин күйгүзмөк.

imrenmek 1.суктаныш, тамшаныш, көзү/көңүлү түшүш. 2.ичи күйүш.

imrenti 1.эңсөө, самоо. 2.көрө албоо, ичи күйүү.

imsak,-ki 1.өзүн тутуу, напсисин тыюу, диета. 2. орозо тутулган мезгил (*таң атар алды*). 3.сараңдык.

imsakiye *дин* имсакие, зоор (*Рамазанда ооз бекитер маалды көргөзгөн календарь*).

imsel символдук белгилер коюлган.

imtihan 1.сыноо, сынак, экзамен. 2.*өтм.* сыноо. **~a çekmek** 1)сыноого алуу, сынап көрүү. 2)суракка алуу, суроо жаадыруу. ~ **etmek** 1)сынак/экзамен алуу, билимин текшерүү. 2)сынап көрүү, байкоо. ~ **olmak** 1)сыноодон өтүү. 2)экзамен тапшыруу. **~a sokmak** экзаменге/сынакка киргизүү. ~ **vermek** сынак/экзамен бериш. **~ı vermek** экзаменин тапшырып бүтүрүү.

imtina,-ı *эск.* (*бир нерседен*) качуу, четтөө, оолак туруу, тартынуу, баш тартуу. ~ **etmek** (*бир нерседен*) баш тартуу, качуу, тартынуу.

imtiyaz 1.артыкчылык, жеңилдик, өзгөчөлүк, привилегия. *сал.* **ayrıcalık.** ~ **bulmak** артыкчылыктарга ээ болуу. **politik (siyasî) ~lar** саясий артыкчылыктар. 2.өзгөчө укук, концессия. *сал.* **gedik.** 3.*ук.* мамлекет тарабынан берилген атайын уруксат (*мис. менчик фабрика ж. б. куруш үчүн*). 4.автономия. ~ **sahibi** 1)артыкчылыгы бар. 2)концессионер. 3)газета/журнал ж.б. ээси.

imtiyazlı 1.артыкчылыктары бар, жеңилдиктер таанылган, өзгөчөлөнгөн. ~ **sınıf** артыкчылыгы бар тап. 2.концессионерлер жасай ала турган иштер. 3.автономия.

imtizaç,-cı *эск.* 1. *хим.* аралашма, кошулма. 2.макулдук, ылайыктык, жарашык, гармония. 3.ынтымак, ырашкерлик. ~ **etmek** 1)макулда-

шуу, ынтымакта жашоо, муюшуу. 2)аралашуу, кошулуу, биригүү. 3)жарашуу, ылайык/төп келүү. 4)көнүү, үйүр алуу.

imza 1.кол тамга, автограф. **~sı altında** (*бирөөнүн*) колу (кол тамгасы) менен. 2.кол коюу иши. 3.*өтм.* атактуу/белгилүү/таанымал (*киши*). **dergi en ünlü ~lara yer veriyor** журналда эң атактуу кишилерге орун берилет. 4.*өтм.* ат, атак. **defile Cemil İpekçi ~sını taşıyor** мода көрсөтмөсү Жемил Ипекчинин атагы алдында өттү. 5.*өтм.* кол, тиеше. **bu işte birçok siyasetçinin ~sı olduğu sanılıyor** бул иштин артында бир топ саясатчынын колу бар экени түкшөмөлдөнүүдө. ~ **atmak** 1)кол коюш. 2)*өтм.* (*бир иште*) аткарыш, таасирин тийгизиш, артында туруш, кол кабыш кылыш. **hayatı boyunca birçok büyük işlere ~ attı** өмүр бою бир топ чоң иштерди аткарды. **~yı basmak/çakmak** кол коюп салуу. ~ **damgası** мөөр, гриф, печать. ~ **etmek** кол коюу. ~ **istemek** автограф сураш. **~sını koymak** колун коюу. ~ **sahibi** 1)кол койгон/кол коюу укугу болгон киши. 2)автор. ~ **toplamak** 1)кол топтоо. 2)автограф топтоо. ~ **töreni** (*келишимге*) кол коюу салтанаты.

imzalamak 1.кол коюу. **anlaşmayı ~** келишимге кол коюу. 2.автограф берүү.

imzalı 1.кол коюлган. 2.автограф жазылган. 3.аты менен чыккан. 4.тастыкталган (*мис. чек, вексел*).

imzasız кол коюлбаган, автографсыз, тастыкталбаган.

in I ийин. ~ **gibi** тар, караңгы (*жер*).

in II: ~ **cin** ың-жың, эч ким, эч нерсе. ~ **cin gözükmüyordu** ың-жың жок болчу, эч ким көрүнгөн эмес. ~ **cin top oynamak** жан жок, ээн, бош (*жер*). ~ **misin, cin misin?** (*көбүнчө жомоктордо*) кишисиңби, жинсиңби?

inadına 1.өчөшүп, атайылап, каршы болуп, көшөрүп, көшөкөрлөнүп, өжөрлөнүп, көктөнүп. ~ **yapmak** өчөшүп жасамак. 2.тескери, кайра.

inak, -ğı *филос.* догма.

inakçılık, -ğı догматизм.

inaksal *филос.* догматикалык.

inal ишеничтүү киши.

inam аманат берилген буюм, таберик.

inan 1.ынанч, ишенич. 2.(*бирөөнү*) жогоруу баалоо, туу тутуу. 3.гарантия. ~ **vermek** гарантия берүү, ишенич берүү. ~ **olmaz** ишенип болбойт. ~ **olsun!** *карганыш* Кудай урсун! ишенип кой! ~ **olsun, ben bunu bilmiyordum** Кудай урсун, мен муну билчү эмесмин.

inanca 1.ишеним, гарантия. *сал.* **güvence.** 2.убада, сөз.

inanç 1.ынанч, ишеним. 2.ишенилген, таянылган нерсе. 3.*дин* **batıl ~lı** ырым-жырымга ишенген. **~ından dönmek** дининен баш тартыш. ~ **serbestliği** ишеним эркиндиги. **~ını sarsmak** ишенимине доо кетирүү.

inançlı 1.ишенген, таянган (*бир нерсеге, бирөөнө*). 2.динге ишенген, динчил.

inançsız 1.эч нерсеге ишенбеген. 2.динсиз, атеист.

inandırıcı ишенич берүүчү, ишенимдүү, далилдүү (*сөз/иш/пикир*).

inandırmak ишендирмек.

inanılır ишенимдүү, ишеничтүү, чындыкка жакын, далилдүү.

inanılmaz 1.ишенүүгө болбогон, ишеничсиз. 2.таң каларлык, укмуш, ойго келбеген, түшкө кирбеген. ~ **bir güzellik** укмуштай сулуулук.

inanış ишенич, ишеним.

inanmak 1.ишенүү (*бирөөгө, бир нерсеге*). 2.динге/Кудайга ишенүү. **inanası gelmek** ишенгиси келүү.

ister inan, ister inanma ишенсең ишен, ишенбесең кой. **kadere ~** тагдырга ишенүү.

inanmazlık, -ğı ишенбестик.

inat,-dı 1.көктүк, өжөрлүк, кежирлик, тежиктик. 2.өчөшүп, тирешип, көктөнүп. 3.*ооз.* өжөр, көк. **~ı bırakmak** өжөрлүгүн таштоо. **~a binmek** көгөрүү, кежирленүү, өжөрлөнүү. **~ etmek** көктөнүш, өжөрлөнүш, тырышыш. **~ı ~** көгөргөнү көгөргөн. **~ını kırmak** көктүгүн койдуртуу. **~ olsun diye** каршы болуш үчүн эле, көктүгү менен. **~ı tutmak** көктүгү кармоо. **~ından vazgeçmek** көктүгүн калтыруу.

inatçı өжөр, көк, тежик, кежир.

inatçılık,-ğı өжөрлүк, көктүк, тежиктик, көшөкөрлүк, кежирлик. **~ etmek** көктүк кылуу, көгөрүү.

inatlaşmak 1.өжөрлөнүү, көгөрүү, кежирленүү. 2.азоолонуу (*жаныбарлар*).

inayet,-ti мээрим, кайрым, жакшылык, колдоо, камкордук. **~ buyurun** 1)сак-саламат болуңуз! 2)бир жакшылык кылып коюңуз! **~i ilâhi** Кудайдын ырайымы. **~ etmek** (*бирөөгө*) жакшылык/ырайым/кайрым кылуу. **~ ola!** Кудайдан тиле! (*кайырчылардан кутулуу үчүн айтылат*).

ince 1.ичке, жука. **~ zar** жука чел. 2.майда. **~ kum** майда кум. **~ un** майда (тартылган) ун. **~ yağmur** майда (жааган) жамгыр. 3.кылдат. **çok ~ iş** өтө кылдат иш. 4.суюк (*суюктуктар үчүн*). 5.билимдүү, сергек, сезгич, кыраакы (*киши*). 6.курч, таамай (*сөз, тамаша*). **~ fikir** таамай/акылдуу ой. 7.жаш, көрпө. **~ çimen** көрпө шибер. 8.ичке/чыйылдаган (*үн*). 9.*линг.* ичке (*үндүү*). **~ bağırsak** *анат.* ичке ичеги. **~ etmek** 1)майда электен өткөрүү. 2)*өтм.* катуу текшерүү. **~ eleyip/eğirip sık dokumak** (*бир иште*) мыктап/тактап бүтүрүү. **~ ~** аз-аз , анча-мынча, болор-болбос. **~ hastalık** *ооз.* кургак учук. **~den inceye** ийне-жибине чейин, өтө кылдаттык менен. **~ saz** *муз.* чыгыш оркестри (*скрипка, чоор, тамбур, кеменче, уд сыяктуу аспаптардан жана ырчылардан түзүлгөн*). **~ yağ** *тех.* суюк күйүүчү май. **~ ~ yağmur yağmaya başladı** аз-аздан жаан жаай баштады. **~ yapılı** арыкчырай, шыңга. **~ zevkli** табити жакшы/мыкты.

incecik 1.ипичке. 2.мапмайда.

inceleme 1.изилдөө, иликтөө, изине түшүү. 2.*ад.* (*бир чыгарманы*) сындоо, анализ жүргүзүү, рецензиялоо.

incelemek текшерүү, изилдөө, иликтөө, анализ жүргүзүү.

inceleyici 1.изилдөөчү, окумуштуу. 2.текшерүүчү, инспектор. 3.рецензент.

incelik,-ği 1.ичкелик, жукалык, майдалык. 2.кылдаттык, кыраакылык, сезгичтик, жөн билгилик. 3. (*бир иштин*) майда-чүйдөсү, акыл-чүкүсү. 4.сылыктык, сыпайылык.

incelikli кылдат, сезгич, назик.

incelmek 1.ичкерүү, жукаруу. 2.*какшык* назиктешүү, сылыкташуу, жүз кубулуу. 3.арыктоо. 4.(*суюктук*) суюлуу.

inceltici 1.ичкертүүчү, жукартуучу. 2.арыктатуучу (*дары, режим, көнүгүү ж. б.*). 3.(*сыр, боёкторду*) суюлтуучу.

inceltmek 1.ичкертүү, жукартуу, майдалоо. 2.суюлтуу (*сырды, боёкту*).

inci инжи, бермет. **~ gerdanlık** бермет мончок. **~ avı** бермет топтоо. **~ avcısı** бермет жыйноочу. **~ gibi** берметтей. **~ gibi dişler** берметтей тиштер. **~ gibi yazı** берметтей

тизилген жазуу.
incik I, -ği 1.*анат.* шыйрак. 2.*диал.* тизе, буттун билеги, балтыр. ~ **kemiği** жото жилик.
incik II, -ği : ~ **boncuk** арзан жасалгалар, шуру, мончок, төйнөч ж.б.
İncil *дин* Инжил, Евангелие. ~ **ehli** христиан.
İncilci евангелист.
incinmek 1.кокустоо, буркулуу (*бут*), чоюлуп/созулуп калуу (*буттун мууну*). **ayağı** ~ бутун кокустатып алуу. 2. *өтм.* ызалануу, арануу, таарынуу, көңүлү ооруу.
incir 1. *бот.* анжыр дарагы (*Ficus carica*). 2.бул даректын жемиши. ~ **çekirdeğini doldurmaz** 1)өтө кичинекей, тырмактай, кенедей. 2)болбогон, түккө турбаган.
incitici 1.ооруткан, оору берген. 2.көңүлгө тийген, ыза кылган, таарынткан (*сөз, аракет, мамиле*).
incitmek 1.кокустатуу, оорутуп алуу (*колду, бутту*). 2.ыза кылуу, көңүлүн оорутуу, ардантуу, таарынтуу. **sözleriniz beni çok incitti** сөздөрүңүз көңүлүмү абдан оорутту.
inç,-ci инч (= *2,54 см англис узундук өлчөмү*).
indeks индекс.
indî 1. инди-, субъективдүү, жекече. 2.ойдон чыгарылган.
indifa,-ı 1.*геол.* вулкандын/жанар тоонун атылышы. 2.*астр.* жарылуу. 3.*мед.* денеде жыш кызыл тактардын пайда болушу (*кызамыкта, суу чечекте ж. б.*). ~ **etmek** жанар тоо/вулкан атылуу.
indigo *хим.* индиго (*боёк*).
indikatör индикатор, көрсөткүч.
indirgemek 1.жөнөкөйлөштүрүү, составдык бөлүктөргө ажыратуу. 2.*хим.* (*бир заттын*) кычкыл тегин ажыратуу менен кислоталык касиетин жоготуу. 3.*мат.* эсепти эң жөнөкөй жол менен чыгаруу.
indirgen *хим.* (*бир затты*) калыбына келтирүүчү, кычкылын жоюучу.
indirim арзандатма (*товардын баасын*). ~ **yapmak** арзандатмак.
indirimli арзандатылган, баасы түшүрүлгөн. ~ **satışlar** арзандатылган соода.
indirmek 1.түшүрүү, ылдыйлатуу, төмөндөтүү. 2.арзандатуу, жеңилдетүү. 3.түшүү, чыгуу (*мис. аттан, машинеден ж. б.*), түшүрүү (*жүктү*). 4.коё берүү (*мис. сууга, деңизге*), кондуруу (*участы*). 5.түшүрүү, кичирейтүү (*кызматтан*). **tahttan** ~ тактан түшүрүү. 6.сокку берүү, уруу, саюу (*мис. бычак, канжар менен*). **darbe** ~ сокку берүү. **yumruk** ~ муштап жиберүү. 7.кыйратуу, талкалоо. **yapının camlarını** ~ имараттын терезелерин талкалоо. 8.(*кар, жаан, туман*) капысынан күчөп келүү.
indis 1.*мат.* индекс, даража (*бир сандын же тамганын үстүнө коюлган белги*). 2.тамга үстүнө коюлган ышаарат.
individüalist *филос.* индивидуалист.
individüalizm *филос.* индифидуализм.
İndonezya Индонезия.
İndonezyalı индонезиялык.
indükleç, -ci *элек.* , *физ.* индуктор.
indükleme *физ.* индукция. ~ **akımı** индукцияланган ток.
indüklemek *физ.* индукциялоо.
ineç, -ci *геол.* синклиналь.
inek, -ği 1.уй. ~ **ahırı** уйкана. ~ **eti** уй эти. **kısır** ~ кысыр уй. 2.*арго* аягы суюк (*аял*). 3.*ооз.* дөөпөрөс, дөдөй. ~ **aynaya bakar gibi bakmak** оозун ачып/аңырайып кароо. 4.көп окуган/тырышчаак окуучу.
ineklemek *арго* мээнет тартуу, жанталашып иштөө аркылуу бир нерселер үйрөнүү.
ineklik,-ği 1.уйкана. 2.*өтм.* дөдөйлүк,

дөөпөрөстүк. 3.мээнеткечтик, тырышчаактык.

infaz 1.(*бир өкүмдү*) ишке ашыруу, орундоо. 2.*эск.* (*бирөөгө*) сөзүн өткөрүү. ~ **etmek** (*соттун өкүмүн*) ишке ашыруу.

infial,-li *эск.* 1.(*бирөөгө*) таарыныш, нааразы болуш, кек сакташ. 2.(*бир нерседен*) таасирленүү, таасир алуу. ~ **yandırmak** ыза кылуу, нааразылык жаратуу.

infilâk,-kı катуу жарылуу, бүркүү. ~ **etmek** 1)катуу жарылмак. 2)*өтм.* капысынан пайда болмок. ~ **etmek** жарылуу, жалындоо, бүркүү.

infilâklı жарылгыч.

informatik информациялык.

İngiliz 1.англис. 2.англистерге тиешелүү же мүнөздүү. ~ **edebiyatı** англис адабияты. ~ **anahtarı** англис ачкычы. ~ **tuzu** англис тузу.

İngilizce 1.англисче, англис тили. 2.англистерче, англистер сыяктуу.

İngiltere 1.Англия. 2.Улуу Британия.

ingin I 1.ойдуң, чуңкур, пас жер. **burası ~ olduğu için pek rüzgarlı olmaz** бул жер ойдуң болгону үчүн анча шамал тийбейт. 2.сапаты төмөн, эски модадагы.

ingin II *мед.* суук тийүү. **burun ~i** мурундан суу агуу. **bağırsak ~i** колит.

inginlik, -ği 1.суук тийген абал, сасык тумоо. 2.*өтм.* алдан таюу, картаюу.

inha *эск.* кызматка дайындоо/ буйрук жазуусу. ~ **etmek** кызматка дайындоо үчүн сунуш жасоо.

inhisar 1.монополия, жеке бийлөөчүлүк. 2.чектөө. **~a/-ına almak** жеке бийлигине өткөрүш/алыш. ~ **altına almak** монополияга айландыруу. ~ **etmek** 1)чектелмек. **konuşmamız bu meseleyle ~ etmeli** сүйлөшүүлөрүбүз бул маселе менен чектелиши керек. 2)(*бирөөнүн*) колунда/эркинде болуу.

inhisarcı 1.монополист, жеке бийлөөчү. 2.монополисттик.

inik 1.түшүрүлгөн, ылдыйлатылган (*туу, терезе ж. б.*). 2.тартылган (*суу, дарыя*).

inildemek 1.онтоо, кыңкыстоо. 2.кыйчылдоо, кычыроо. **minare sallanıyor, inildiyor, düşmek üzere idi** мунара кыймылдап, кычырап, жыгылганы турган.

inilti 1.онтомо, кыңкыстама. 2.кычырама, жаңырык, дуулдак, уңулдак.

inim: ~ ~ **inlemek** 1)ынталап-онтолоо, кыңкыстоо, кокуйлоо. 2)кыйынчылык/кысталыш ичинде болуу. ~ ~ **inletmek** (*бирөөнү*) кыйнооого, кысталышка түшүрүү.

inisiyatif 1.демилге, сунуш. 2.чечкиндүү, шар, демилгечи (*киши*). **~ini elde bulundurmak** демилгени колдон чыгарбоо. **~i eline almak** демилгени колго алуу. ~ **sahibi** демилгелүү, чечкиндүү, күжүрмөн киши.

iniş 1.түшүш, ылдыйлаш, төмөндөш. ~ **çıkışlar** 1)өйдө-төмөндөр, түшүш-чыгыштар. 2) төмөндөө-жогорулоолор. 2.ылдыйыш, жантайыңкы (*жер*). **dik** ~ тик ылдыйыш. 3.конуу, ылдыйлоо. ~ **hızı** ылдыйлоо ылдамдыгы. 4.келиш, катташ. **İstanbul'a her ~inde bana hediyeler getiriyordu** Стамбулга ар келген сайын мага белектер алып келчү.

inişli ой-чуңкурлуу, ылдыйыш, жантайма. ~ **çıkışlı/yokuşlu** 1)өйдө-ылдый, өңгүл-дөңгүл, түз эмес (*жол*). 2)*өтм.* кыйын, катаал.

inkâr таныш, жокко чыгарыш, моюнга албаш, баш тартыш. ~ **etmek/~dan gelmek** тануу, моюнга албоо, баш тартуу.

inkıbaz 1.*эск.* бырышуу, тырышуу, түйүлүү. 2.кыйынчылык, кысталыш, кайгы. 3.*мед.* ич катуу.

inkılâp, -bı революция, төңкөрүш.
inkılâpçı 1.революционер. 2.революциялык. ~ **değişiklikler** революциялык өзгөрүүлөр.
inkıraz жок болуш, кыйраш, чөгүш (*мис. бийлик*), өлүш, тукум курут болуш, жоголуш (*мис. тукум, династия, түр*). ~ **bulmak** жок болуу, тукум курут болуу. **~a uğramak** кыйроо, чөгүү.
inkisar *эск.* 1.*физ.* сынуу, рефракция (*жарык*). ~ **kabiliyeti** (*жарыктын*) сынуу өзгөчөлүгү. 2.*радио* таюу, оолактоо. 3.таарыныч, ыза, нааразылык, ачуу. 4.каргыш. ~ **etmek/ ~da bulunmak** 1)(*жарыктын*) сынышы. 2)көңүл калтыруу. 3)(*бирөөнү*) каргап-шилөө. **~ı tutmak** каргышы кабыл болуу.
inkişaf 1.*эск.* өнүгүү, өсүү, илгерилөө, жакшыруу. **toplumun ~ı** коомдун өнүгүшү. 2.ачыкка чыгыш, айдыңдалыш, ашкереленіш. 3.жүрүш, илгерилеш (*окуянын, согуштун ж. б.*). 4.*аск.* чабуул. ~ **etmek** 1) ачыкка чыгуу, ашкереленүү. 2) өнүгүү, күчөө, артуу.
inlemek 1.онтоо, кыңкыстоо. 2.күрүлдөө, дүңгүрөө, жаңыруу, дуулдоо. **yer, gök inlesin!** жер, көк дүңгүрөсүн! 3.*өтм.* кыйналуу, мүңкүрөө, муңкануу.
inletmek 1.(*бирөөнү*) онтолотуу. 2.*өтм.* сыздатуу, какшатуу. 3.дүңгүрөтүү, даңазалоо.
inme 1.түшмө. 2.*мед.* шал, сенейме, апоплексия, паралич. ~ **inmek** шал болуу. 3.ылдыйлоо, төмөндөө. 4.*авиа* конуу, ылдыйлоо. 5.*геогр.* тартылуу.
inmek 1.түшүү, ылдыйлоо, төмөн түшүү. **merdivenden** ~ тепкичтер менен түшүү. 2.унаадан түшүү. **attan** ~ аттан түшүү. 3.тоодон/ дөбөдөн/ бийик жерден түшүү. **dağdan mı indin?** эмне, тоодон түштүңбү? 4.конуу, аяк басуу. **Ay yüzeyine** ~ Айдын бетине конуу. 5.арзандоо, баасы түшүү. 6.(*белгилүү мөөнөткө*) калуу, токтоо (*мис. мейманканада*). 7.түшүү, жетүү, чөгүү (*бир абалга*). 8.тароо, пастоо (*шишик, этгин ысыгы)*. 9.тартылуу (*суулар*). 10.түшө баштоо (*мис. чач*). 11. кыйроо, батуу, жыгылуу (*имарат, дубал*). **yağmurdan duvar inmiş** жамгырдан дубал жыгылыптыр. 12.шал болуш, сенейиш. **sağ tarafına inmiş** оң капталы кыймылдабай калыптыр. 13.саны азаюу. 14.уруу, муштап жиберүү. **şimdi kafana inerim!** азыр башыңды талкалай коём! **inip çıkmalar** ылдыйыш- өйдөлүштөр.
inmeli шал туткан, паралич болгон, кайсы бир органы иштебей калган. **hastanın sağ tarafı** ~ ноокастын оң тарабы иштебейт.
inorganik *хим.* органикалык эмес, минералдык. ~ **kimya** органикалык эмес химия.
insaf 1.ынсап, нысап, пейли токтук, ток көздүк. 2.кайрым, боорукердик, адамкерчилик, аёо сезими. 3.Кудайды кара! (*маанисиндеги сырд. с.*). **~, oraya yarım saatte gidilir mi?** Кудайды кара, ал жерге жарым саатта кантип жетсин! **~a davet etmek** ынсапка (нысапка) келүүгө чакыруу. **~ına kalmak** (*бирөөнүн*) абийирине/ ынсабына коюу. **~a getirmek** жолго салуу, оңоо.
insaflı 1.ынсаптуу, ток пейил, топуктуу, ыймандуу. 2.боорукер, абийирлүү, адамкерчиликтүү.
insaflılık,-ğı ынсаптуулук, ток пейилдик, топуктуулук.
insafsız 1.ынсапсыз, бейынсап, ач көз. 2.таш боор, ырайымсыз, катаал, ыймансыз.
insafsızlık,-ğı ынсапсыздык, ач көздүк.
insan 1. инсан, киши, адам. ~ **gibi konuş!**

адам сыяктуу сүйлө! 2. *өтм.* чыныгы адам. 3.*туюк жактуу ат атооч сыяктуу колдонулат.* ~ **bunu düşünmez mi?** киши муну ойлобой коёт дейсиңби. ~ **bakmağa utanıyor** киши карагандан уялат. **~a alışık** колго үйрөтүлгөн, кишиге үйүр (*жапайы айбандар жөнүндө*). ~ **biçimindeki** киши сымал. ~ **bilimci** антрополог.~ **bilimi** антропология. ~ **evlâdı** адам баласы. ~ **gibi** адам сыяктуу. ~ **gibi yaşamak** адам/киши сыяктуу жашамак. ~ **hakları** адам укугу. ~ **hâli** пендечилик, адамдын табияты. ~ **hayatıdır olur!** адамдын башына эмне келбейт! ~ **içine çıkmak** элге кошулуу/аралашуу. ~ **konuşa konuşa, hayvan koklaşa koklaşa** *мак.* адам сүйлөшүп, айбан жытташып билишет. ~ **kurusu** абдан арык (*киши*). ~ **kuş misali** киши куш сыяктуу (*бүгүн мында, эртең узак бир жерде*). ~ **sırasına geçmek** адам катарына кошулуу.

insanca 1.адамча, киши сыяктуу. ~ **konuşmasını öğrenmeli** адамча сүйлөшкөндү үйрөнүшү керек. ~ **yaşamak** киши сыяктуу жашоо. 2.кишилерден, жандан. ~ **kayıp yok** киши өлүмү/зыяны жок.

insancı адамкерчиликтүү, гумандуу, адамды сүйгөн, адамга арналган.

insancıl 1. *к.* **insancı.** 2.кишиге үйүр, колго үйрөтүлгөн. 3.гуманист. 4.адамга тиешелүү/мүнөздүү.

insanî 1.адамча, адам сыяктуу. 2.гуманисттик. ~ **yardım** гуманисттик жардам.

insaniyet, -ti 1.инсаният, адамзат. **~e hizmet etmek** адамзатка кызмат кылуу. 2.гумандуулук, адамкерчилик. ~ **namına** адамкерчилик атына.

insaniyetli адамкерчиликтүү, гумандуу.

insaniyetsiz адамкерчиликсиз, гумансыз.

insanlık,-ğı 1.адамзат, адам баласы. ~ **âlemi** адамзат ааламы. 2.адамдык, кишилик. ~ **aşkı** адамдык сүйүү. **~tan çıkarmak** 1)киши катарынан чыгаруу. 2)жанын чыгарыш, жинин келтириш. 3.адамкерчилик, гумандуулук. **~la** адамкерчилик менен. **~tan çıkmak** 1)адамдык касиетин жоготуш. 2)киши катарынан чыгыш.

insanoğlu, -nu адам баласы. ~ **çiğ süt emmiş** адам баласынан ар нерсени күтүүгө болот (*сөзм. с.* адам баласы чийки сүт эмет).

insansı адам сымал, адамга окшош.

insanüstü,-nü адамдан башкача, адамдан артык. ~ **çalışma** өзгөчө күч талап кылган бир иш. ~ **gayret** адамдан башкача кайрат.

insicam *эск.* байланыштуулук, эриш-аркактык, ырааттуулук, гармония.

insicamlı туура, куюлушкан, маңыздуу (*сөз*).

insicamsız маанисиз, маңызсыз, өйдө-төмөн (*сөз*).

insiyak, -kı инстинк, ичкүдү.

insiyakî инстинк боюнча, көнүмүш боюнча.

insiyatif *к.* **inisiyatif.**

inşa 1.куруш, жасаш, тургузуш, жабдыш. ~ **aletleri** курулуш жабдыктары/куралдары. **köprü ~sı** көпүрөө курулушу. 2.*ад.* жазыш, калемге алыш, чыгарыш (*мис. бир чыгарманы*). 3.*эск., ад.* проза. ~ **etmek** куруу, тургузуу.

inşaat,-tı (**inşa'***нын көпт. т.*) 1.курулуш. ~ **aletleri** курулуш/усталык куралдары. 2.куруу, жасоо.

inşaatçı 1.курулуш жумушчусу, куруучу. 2.курулуш инженери/мастер.

inşaatçılık, -ğı куруучулук.

inşallah иншалла, Кудай буюрса. ~ **en**

yakın zamanda görüşürüz Кудай буюрса, жакында көрүшөбүз. **~la maşallahla** Кудайлап, Кудайга жалынып отура берип (*аракет кылуунун ордуна*).

intan 1.*мед.* инфекция, микроптон пайда болгон оору. 2.жыттанып/сасып кетүү.

intaniye 1.*мед.* микроптон жуккан оорулар. 2.*мед.* жугуштуу ооруларды айыктыруу. **~ servisi** жугуштуу ооруларды дарылоо сервизи.

integral, -li 1.интеграл, бөлүктөрдөн топтолгон бүтүн. 2.*мат.* интеграл.

integrasyon *мат.* интеграция.

intelekt,-ti интеллект. *к.* **entelekt.**

intelektüalizm *филос.* интеллектуализм. *к.* **entelektualizm.**

intelektüel 1.интеллектуал. 2.интеллектуалдуу. *к.* **entelektüel.**

interkoneksyon *элек.* интерконнекция.

internasyonal интернационал. *к.* **enternasyonal.**

internet, -ti интернет.

İnterpol, -lü Интерпол.

intiba, -ı *эск.* таасир, элес. **~ almak** таасирленүү. **~ bırakmak** таасир калтыруу.

intibak, -kı көнүү, жатыгуу, үйүр алуу, аралашып кетүү, ынтымак. **~ etmek** көнмөк, жатыкмак, үйүр алмак.

intibaksız (*бир чөйрөгө*) көнүшү кыйын, оңой ылайыкташа албаган, жатыркаган.

intifa колдонуу, пайдалануу. **~ hakkı** *ук.* бирөөнүн буюмун/мүлкүн колдонуу акысы.

intiha *эск.* соңуна чыгыш, аякташ, бүтүш.

intihar өзүн өзү өлтүрүү, жанын кыюу. **~ etmek** 1)өзүн өзү өлтүрмөк. 2)*арго* үйлөнмөк. **~ teşebbüsü** өзүн өлтүрүүгө ниеттенүү.

intikal,-li 1.жер которуш/оодарыш, өтүш. 2.*аск.* жылыш, өңүт өзгөртүш. 3.мурас. 4.түшүнүү, мээсине жетүү. 5.өмүрү бүтүү, өлүү. **~ etmek** 1)(*бир жерге*) баруу/өтүү/жетүү. 2)түшүнүү, көзү жетүү. 3)мурас калуу.

intikam өч, кек. **~ almak** өч алмак. **~ hırsı** өч/кек алуу эңсөөсү. **~ peşinden koşmak** өч/кек кубалоо.

intikamcı кекчил, жемин жедирбеген.

intisap,-bı 1.кирүү, (башы) байланыш. 2.(*ишке*) кирүү, баштоо. 3.бүлөлүккө алынуу (*нике аркылуу*). **~ etmek** мүчөлүккө алынуу, кошулуу, кирүү (*бир топко/үй-бүлөгө/уюмга*).

intişar 1.жайылуу, таралуу. 2.жарыялоо, ачыктоо, элге жаюу, жарыкка чыгаруу. 3.диффузия, чаңдатуу, жарык чачуу. 4.радиация, нур, чачуу. **~a duçar olmak** радиацияга чалдыкмак. **~ etmek** 1)жарыялоо, жарык көрүү. 2)чачыроо, жайылуу, таркоо.

intizam тартип, ирет, ырааттуулук.

intizamlı тартиптүү, иреттүү, ырааттуу.

intizamsız тартипсиз, иретсиз, чачкын, баш-аламан.

intizamsızlık,-ğı тартипсиздик, иретсиздик, чачкындык, баш-аламандык.

intizar 1.күтүү, байкоо, аңдуу. **~ salonu** күтүү залы. **~ vaziyeti almak** (*жагдайды*) байкоо абалында туруу. 2.*ооз.* каргоо, наалат айтуу, кыжырдануу. **~ almak** наалатка калмак. **~ etmek** 1)күтүш. 2)*ооз.* каргыш/наалат айтыш.

inzibat,-tı 1.катуу тартип. 2.улуттук гвардия. 3.улуттук гвардия мүчөсү. **~ eri** улуттук гвардия аскери. **sert ~** темирдей тартип.

inziva обочолонуу, элден безүү, кечилдик. **~ya çekilmek** элден безүү, обочолонуп жалгыз жашоо, кечил жашоосуна өтүү.

İ.Ö. (**İsa'dan önce'***нин кыск.*) Иса

Пайгамбардан мурун.

ip,-pi 1.жип. 2.аркан, аргамжы, трос. 3.*өтм.* дарга. 4.жиптен жасалган. ~ **merdiven** жиптен жасалган тепкич. ~ **atlamak** жиптен секирип ойноо. ~ **cambazı** дарчы. **~e çekmek** дарга асмак. **~ini çekmek** (*бирөөнү*) теске салуу, көзөмөлгө алуу, тизгинин тартуу, тартипке салуу. **~le çekmek** эки көзү төрт болуу, сабырсыздык менен күтүү. **~e dizmek** жипке тизүү. **~leri elinde olmak** эки тизгин бир чылбыр колунда болуу. **~e gitmek** өлүмгө баш коюу. **~i ilmik tutmamak** илинер жери жок, тамтыгы жок. ~ **kaçkını** өлүм жазасынан качкан киши. **~ten kazıktan kurtulmuş** *ооз.* отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн. **~i kırık** селсаяк, туруксуз, ишеничсиз. **~i kırmak/koparmak** 1)жибин үзүп кетүү. 2)мамилесин үзүү. **~iyle kuyuya inilmez** ишенүүгө болбогон киши. **~e sapa gelmez/~siz sapsız** 1)бекерчи, жатып ичер. 2)өйдө-төмөн, баш-аягы жок, маңызсыз (*сөз*). **~ini sürümek** дарга асылганга ылайык (*кылган иштери үчүн*). ~ **takmak** (*бирөөнү*) аркасынан жамандоо. **~in ucunu kaçırmak** (*башкарууда, бийликте*) тизгинди колдон чыгарып жибериш, ээ боло албай калыш.

ipek,-ği 1.жибек. 2.жибектен жасалган. ~ **bluz** жибек кофта. ~ **böceği** *зоол.* жибек курт (*Bombux mori*). ~ **böcekçiliği** жибекчилик, жибек куртун өстүрүү. ~ **gibi** 1)жибектей жумшак. 2)*өтм.* мүнөзү жибектей. ~ **teli** жибек жип.

ipekçi жибек өндүргөн же саткан киши.

ipekli жибектен жасалган же ичинде жибек жиптери бар (*кездеме*).

iperit, -ti *хим.* иприт.

ipham *эск.* белгисиздик, сырдуулук, жашыруун/тымызын калтырылган нерсе.

ipince ипичке.

ipka 1.мурунку абалында, калыбында, өзгөрүүсүз. 2.классында калтыруу. ~ **etmek** өзгөрүүсүз/калыбында калтыруу. ~ **kalmak** ордунда/класста калмак.

iplemek 1.жип менен байлоо. 2.*өтм.* кадырлоо, сыйлоо, сөзүн угуу, маани берүү.

iplememek сыйлабоо, көңүл бурбоо, маани бербөө.

iplik,-ği 1.жип, шоона. ~ **burma** жип чыйратыш. 2.була. ~ **çekmek** 1)кездеменин жибин чубоо. 2)жип ийирүү. ~ ~ 1)тал-тал. 2)жол-жол. 3)мөлт-мөлт. **çakır gözlerinden** ~ ~ **yaşlar iniyordu** чекир көздөрүнөн мөлт-мөлт жаштар таамп жатты. ~ ~ **olmak** эскирүү, тамтыгы чыгуу, жиби чыгуу. **~i pazara çıkmak** абийири айрандай төгүлүү, шерменде болуу.

ipliklenmek эскирмек, жиптери чыга баштамак, көөнөрмөк. **kumaş ipliklenmiş** кездеме көөнөрүптүр, жиби чыгыптыр.

ipnotize: ~ **etmek** гипноздоо.

ipnotizma гипнотизм.

ipnotizmacı гипнотизёр.

ipnoz гипноз. **~un tesiri altında bulunmak** гипноз таасири алдында калуу. ~ **yapmak** гипноздоо.

ipofiz *анат.* гипофиз.

ipopotam гиппопотам, бегемот.

ipotek,-ği ипотека, мүлк барымтасы (*бир карыз каршысында*). ~ **etmek** (*бир мүлктү*) барымтага коюу.

ipotekli барымтага коюлган, ипотекалуу.

ipotenüs *мат.* гипотенуза.

ipotetik гипотезага/божомолго таянган.

ipotez гипотеза, божомол, түкшөмөл.

ipsi жип сымал/сыяктуу. ~ **solucanlar**

жип сымал сөөлжандар.

ipsiz 1.жипсиз, боосуз. 2.*өтм.* селсаяк, тентимиш. ~ **sapsız** 1)маанисиз, маңызсыз. (*сөз, пикир*). 2)селсаяк, тентимиш, бекерчи.

iptal,-li 1.жоюу, жок кылуу, ишин бүтүрүү. 2.(*өкүмдүн, пикирдин*) күчүн жоготуусу. ~ **etmek** жоюу, жок кылуу.

iptida 1.башталыш. **yıl ~sında** жылдын башында. 2.алгачкы, биринчи.

iptidaî 1.алгачкы, байыркы, баштапкы, тунгуч, элементардык. ~ **madde** баштапкы зат. ~ **sürat** баштапкы ылдамдык. 2.башталгыч, даярдык. 3.байыркы, алгачкы. 4.жөнөкөй. 5.*хим.* бөлүнбөс. 6. башталгыч мектеп.

iptilâ *эск.* кумар, ышкы, шык (*бир нерсенин артынан*) түшүү. **kokain ~sı** кокаин кумары. **babasına ~sı vardı** атасына өзгөчө жакындыгы бар эле. ~ **etmek** кумар болуу, артынан түшүү (*көбүнчө жаман нерселерге*).

iptina негиз, таяныч.

iptinaen негизденип, таянып.

ipucu,-nu ачкыч, далил, из (*бир окуяны, сырды ачууга көмөк берген*). ~ **bulmak** изин табуу, далил издөө. ~ **vermek** сыр берүү, кыйытуу, сөздүн учугун чыгаруу.

irade 1. эрк. ~ **dışı** *психол.* эркинин тышында, эрксизден, өзү да билбей, байкабай. **~si elinden gitmek/-sine hakim olamamak** эркин башкара албай калмак. ~ **gücü** эркинин күчтүүлүгү. ~ **sahibi** эрктүү (*киши*). ~ **zayifiği** эрки/жүүнү бошток. 2.каалоо, тилек, ниет. 3.буйрук. ~ **etmek** буюруу, башкаруу. ~ **yitimi** *психол.* эрктин жоголушу.

iradeli 1.эрктүү, чечкиндүү, кайраттуу (*киши*). 2.салмактуу, сабырдуу, жакшылап ойлонуштурулган (*аракет, иш ж. б.*).

iradesiz 1.эрксиз, жүүнү бош, кайратсыз, оома (*киши*). 2.аң-сезимдүү түрдө жасалбаган, эрксиз, аргасыз.

iradesizlik,-ği эрксиздик, оомалык, жооштук, кайратсыздык, жүүнү бошток.

iradî 1.өз эрки/көңүлү/каалоосу менен, ыктыярдуу. 2.атайлап, билип туруп (*жасалган иш, мамиле*).

İran 1.Иран. 2.Иранга тиешелүү/мүнөздүү.

İranlı ирандык.

irap,-bı *эск.* 1.ачык айтып, ак сүйлөө, чындыкты чыгаруу. 2. *арап грам.* жөндөмө, жөндөмө мүчөлөрү. 3.*грам.* талдоо. **~ta mahalli yok** эч нерсе эмес, маанилүү эмес, мааниси жок.

irat,-dı 1.киреше. 2.киреше алып келген мүлк. ~ **getirmek** киреше алып келмек. ~ **etmek** 1)сөз сүйлөө. 2)бир нерседен өрнөк берүү, мисал келтирүү, бирөөнүн сөзүнө таянуу.

irdelemek 1.изилдөө, иликтөө. 2.чечмелөө, иргөө, талдоо, талкуулоо.

irfan 1.билим. ~ **sahibi** билимдүү, көптү билген (*киши*). **ehlî** ~ билими күчтүү, көрөгөч. 2.таанып билүү, жалпы маданият. 3.көрөгөчтүк, көсөмдүк, алдын ала билгичтик.

iri 1.ири, чоң. ~ **buğday** ири баш буудай. ~ **gözler** бакыракай көздөр. ~ **göğüslü** көөдөнү/ көкүрөгү кенен. ~ **yapılı** алыбеттүү, кең далылуу. 2.орой, ачуу, көңүл ооруткан. ~ **lâflar** ачуу/орой сөз. **~sini kafa, ufağını çöpe dizmek** баары жогун, аки-чүкүсүнөн бери айтып берүү. ~ **kıyım** 1)ири-ири тууралган. 2)сөөк-саактуу, жоон-жолпу, алыбеттүү. ~ **yarı** сөөк-саактуу, кең далылуу, жоон-жолпу, толук, болук.

iribaş *зоол.* көнөкбаш (*баканын уругу*).

irice жоон-жолпу, алыбеттүү, карылуу.
iridyum *хим.* иридий.
irileşmek 1.чоңоюу, ирилешүү. 2.*мед.* гипертрофия (*айрым органдардын оорудан улам чоңоюп кетиши*).
irili: ~ **ufaklı** кичинеси-чоңу, жашы-карысы. ~ **ufaklı hepsini aldı** кичине-чоң дебей баарын алды.
irilik,-ği ирилик, чоңдук. ~**inde** чоңдугунда. **ceviz** ~**inde** жаңгак чоңдугунда.
irin ириң. ~ **bağlamak/toplamak** ириңдөө.
irinlenme ириңдөө.
irinli ириңдүү. ~ **yara** ириңдүү жара.
iris ирис (*көздүн карек айланасындагы кубулган чели*).
iriş эриш (*аркак менен кошуп токулган*).
irkilmek 1.топтолуу, жыйылуу, туруп калуу (*мис. суу*). 2.чочуп/ үркүп кетүү(*корккондон*). 3.*мед.* ириңдеп кетүү, сезгенүү, ырбоо.
irkinti 1.топтолгон/туруп калган суу. 2. чочуткан, жийиркенткен (*нерсе*).
İrlanda 1.Ирландия. 2.Ирландияга мүнөздүү/тиешелүү.
İrlandaca ирландия тили, ирландияча.
İrlandalı ирландиялык.
irmik, -ği кесек тартылган ун.
irrasyonalizm иррационализм.
irrasyonel иррационал, акыл жетпес/ акылга сыйбас, акыл тышы.
irs тукумун тартуу.
irsal,-li 1.жөнөтүү, жиберүү, берүү. **telsiz** ~**i** радио берүү. 2.өстүрүү, коё берүү. **sakal** ~**i** сакал өстүрүү. ~**i mesel** макалдаштырып сүйлөө.
irsaliye жөнөтүлгөн товарлардын тизмеси.
irsen тукум куу, укумдан тукумга өтүү (*мис. оору*).
irsî тукум кууган. ~ **hastalıklar** тукум кууган оорулар.
irsiyet,-ti тукум куума, тубаса.
irtibat,-ti 1.байланыш, мамиле, контакт. 2.*тех.* байланыш, кабарлашма. ~ **aramak** байланышты камсыз кылуу. ~ **kurmak** байланыш куруу /түзүү. 2.кабарлашма, коммуникация. ~ **hatları** байланыш линиялары.
irtica,-ı реакция (*саясий, социалдык*).
irticaî реакциячыл (*кыймыл*).
irtical,-li төкмөлүк, шыр жооп бериш, жамакташ, экспромт.
irticalen жамактатып сүйлөө, даярдыксыз төгүп ырдоо.
irtifa,-ı 1.бийиктик, шып. ~ **saati** бийиктик өлчөгүч. **uçuş** ~**ı** учуш бийиктиги. 2.*геогр.* деңиз деңгээлинен бийиктик. 3.*астр.* көк массасынын горизонттон бийиктиги.
irtifak,-kı *эск.* 1.жанашуу, таянуу, жөлөнүү. 2.толтуруу. 3.достук, жолдоштук. 4.*анат.* сөөктөрдүн кемирчек аркылуу ашташуусу. ~ **hakkı** *ук.* башка бирөөнүн мүлкүн колдонуу акысы.
irtikâp,-bı 1.жамандык кылуу, жаман иш жасоо, кызматын жамынып кылмыш кылуу. 2.пара алуу, жепичүү. 3.жалганчылык, алдамчылык.
irtişa паракорлук, жемекейлик.
İ.S. (**İsa'dan sonra'** *нын кыск.*) Иса Пайгамбардан кийинки мезгил.
is 1.ис, көө. ~ **çalmak** көөлөнүү, ис/көө болуу. ~ **çıkarmak** ис чыгаруу. ~ **kokusu** ис жыты. 2. *бот.* ис (*өсүмдүктөрдүн оорусу*). ~**e tutmak** ыштоо (*мис. балыкты, этти ж. б.*).
İsa Иисус (Христос). **Hazreti** ~ Азрети Иса Пайгамбар.
isabet,-ti 1.дал тийүү, көзгө/таамай атуу. ~ **ihtimali** (*октун ж. б.*) дал тийиш ыктымалы. 2.*спорт* гол. 3.дал үстүнөн түшүү, ыңгайын келтирүү (*сөздүн, иштин*). 4.дал келип калуу, жолу болуу, шанс. 5.так маалы! сонун! бали! баракелде! ~ **ki geldiniz!** так маалында

келдиңиз! ~ **etmek** 1)дал тийүү, таамай тийүү. 2)туш келүү, кабылуу, чыгуу. **piyango ona ~ etti** утуш ага чыкты. **sizin payınıza bu ~ etti** сиздин үлүшүңүзгө бул тийди. 3)туура /орундуу сүйлөө, үстүнөн түшүү. ~ **ki ...** так маалында. ... ~ **oldu** жакшы болду. **bize uğramanız ~ oldu, biz de sizi arıyorduk** бизге учураганыңыз жакшы болду, биз да сизди издеп аттык эле.

isabetli 1.туура, жакшы, учурунда, маалында. ~ **görmek** туура деп ойлоо. ~ **karar** туура чечим. 2.таамай, дал, так өзүнө (*атыш*).

isabetsiz туура эмес, жаңылыш, ыңгайсыз, негизсиз, ыксыз, орунсуз. ~ **karar** орунсуз/ыксыз/туура эмес чечим.

ise 1.болсо. **ben işçiyim, kardeşim ~ doktor** мен жумушчумун, бир тууганым болсо доктор. 2.эгер ...-са **gitti ~ söylerdi** эгер кетсе, айтмак. 3.кана, го. **bir sebebi olsa ne ~!** бир себеби болсо го! ~ **de** болсо да.

İsevî Азирети Иса тараткан динге ишенген, христиан.

İsevîlik, -ği христиандык.

isfendan *бот.* клён (*Acer*).

ishak: ~kuşu *зоол.* саз үкүсү (*Asio flammeus*).

ishal, -li *мед.* ич өткөк, дизентерия. ~**e tutulmak/~ olmak** ичи өтүү.

isilik, -ği *мед.* ысык (*денеге, бетке чыккан*). ~ **olmak** ысык чыгуу.

isim,-smi 1.ысым, ат (*кишинин, нерселердин*). ~**ler cetveli** аттар жыйнагы. ~**i nedir?** аты ким? 2.ат, атак, даңк. ~ **yapmak** атакка ээ болуш. 3.*грам.* зат атооч. ~ **cümlesi** атама сүйлөм. ~ **hâli** жөндөмө. 4.киши, адам. **aramıza yeni ~ geldi, hoş gelsinler!** арабызга жаңы кишилер кошулду, кош келишсин! ~**inde** атында. ~**ini almak** ысымын алуу/алып жүрүү. ~**ini cismini bilmemek** аты-жөнүн билбөө. ~ **fiil** *грам.* кыймыл атооч, инфинитив.~**i geçen** аты аталган. ~ **koymak** ат коюу. ~ **takmak** ат коюп коюу/алуу. ~ **tamlaması** *грам.* сөз айкашы/түрмөгү (*мис.* **okulun bahçesi** мектеп аянты. **altın saat** алтын саат). ~**i var, cismi yok** 1)аты бар өзү жок. 2)аты бар, иши жок. ~ **vermek** *к.* **koymak.**

isimlendirmek ысым берүү, атоо.

isimli ысымындагы, атындагы, аттуу. **Ayşe ~ bir kadın** Айше аттуу бир аял.

isimsiz 1.аты жок, ат коюлбаган. 2.*өтм.* аты-жөнү таанылбаган/билинбеген. 3.аты жазылбаган. ~ **harita** контур картасы.

iskambil 1.оюн картасы. ~ **falı** карта менен бал ачуу. ~ **oynamak** карта ойноо. 2.карта ойну. ~ **kâğıdı** 1)оюн картасы. 2)карталар дестеси. ~ **kâğıdı gibi devirmek** оюн картасы сымал чачылуу.

iskân 1.жерлештирме, жайгаштырма отурукташтырма. 2.жерлешим, жайгашым, отурук, орун. ~ **etmek** жерлештирмек, жайгаштырмак. ~ **izni** *жаңы үйгө кирип жашоо үчүн белгилүү органдар тарабынан берилген уруксат.*

iskandil 1.суунун тереңдигин өлчөгөн курал. 2.суунун тереңдигин өлчөө. 3.жагдайды/абалды изилдөө/байкоо жүргүзүү. ~ **etmek** 1)суунун тереңдигин өлчөө. 2)жагдайды байкаштыруу. 3)тыңчылык кылуу.

İskandinav 1.скандинавиялык. 2.скандинавиялыктарга мүнөздүү/тиешелүү.

İskandinavca скандинавия тили, түндүк немецтердин тили, түндүк немец тилдери.

İskandinavya 1.Скандинавия. 2.Скандинавияга тиешелүү/мүнөздүү.

İskandinavyalı скандинавиялык.
iskarpelâ тешкич, жонгуч, стамеска (*жыгач уста куралы*).
iskarpin туфли, кончсуз/жарым өтүк. **ökçeli ~** такалуу жарым өтүк.
iskele 1.пристань, жанашма (*кемелер үчүн*). **~ye bağlamak** (*кемени*) жээкке жанаштыруу. **bindirme ~si** түшүрмө (*жүк, киши ж. б.*) жанашмасы. 2.түшүү трапы. **~yi kaldırmak** трапты көтөрүү. **~yi indirmek** трапты түшүрүү. 3.порт, порт шаар. 4.темир жол платформасы. 5.жыгач курулуш материалдары (*жалпы аты*). 6.(*кеменин*) сол (*порт*) жагы. **tam ~!** толук солго! (*буйрук*). **~ almak** 1)(*кеме*) тепкичтерин көтөрүп, жылууга камынуу. 2)*арго* бир эркектин аялга тийишмеси. **~ babası** 1)кемени жээкке байлаган темир. 2)үй-бүлөсүнө баркы жок ата. 3)жоош күйөө. **~yi kokutmak** тажатуу, жадатуу. **~ kuşu** *зоол.* алкедо (*Alcedo atthis*).
iskelet,-ti 1.скелет. 2.сөөк, негиз, каркас. **geminin ~i** кеменин сөөгү. 3.*өтм.* өтө арык, териси сөөгүнө жабышкан. 4.схема, жалпы план. **bir romanın ~i** бир романдын жалпы планы. **~i çıkmak/ ~e dönmek** ач арбакка айлануу, арыктоо.
iskemle 1.отургуч (*аркасы жок*), табурет. 2.кичинекей кофе үстөлү. **~/sandalye/koltuk kavgası** орун/кызмат талашуу.
İskit 1.*тар.* скиф. 2.скифтерге тиешелүү/мүнөздүү.
İskitçe скифче, скифтердин тили.
İskitler скифтер.
İskoç 1.шотландиялык. 2.Шотландияга мүнөздүү/тиешелүү. **~ kumaşı** шотландка. **~ viskisi** шотландия вискиси.
İskoçça шотландия тили.
İskoçya Шотландия.
İskoçyalı шотландиялык.
iskonto *к.* **ıskonto.**
iskorbüt,-tü *мед.* цинга, скорбут (*С витамининин жетишсиздигинен бүйлөлөр көөп чыккан тиш оорусу*).
iskorpit, -ti *зоол.* деңиз кирписи, скорпена (*Scorpaena scrofa*).
İslâm 1.Ислам, мусулманчылык. **~ dini** Ислам дини. 2.мусулман. **~ dünyası** Ислам/мусулман дүйнөсү. **~ hukuku** динге негизделген укук, шариат.
İslâmcılık, -ğı панисламизм.
İslâmî Ислам динине байланыштуу.
İslâmiyet,-ti Исламият, мусулманчылык.
İslâmlaşmak мусулман болуу, мусулманчылыкты кабыл алуу.
İslâmlaştırmak мусулмандаштыруу, мусулман динине кийирүү.
İslanda Исландия.
İslandalı исландиялык.
İslâv 1.славян. 2.славяндарга мүнөздүү/тиешелүү. **~ dilleri** славян тилдери.
İslâvca 1.славян тилдери. 2.славянча. **eski ~** эски славян тили.
İslavist славист.
islemek 1.ыштоо, ышка кармоо. 2.көөлөө, көө сыйпоо/кылуу. 3.түбүнө күйгүзүп жиберүү (*мис. сүттү*).
islenmek 1.ышталмак. 2.көөлөнмөк, көө болмок. 3.ис/түтүн жыттанмак.
isli 1.ис жыттанган, ыштуу. 2.көөлүү.
islim *к.* **istim.**
ismen аты менен, атын атап.
ismet,-ti 1.адеп-ахлактуу, таза, аруу, күнөөсүз, периштедей. 2.ак ниеттик, чынчылдык.
ismetli 1.адептүү, ахлактуу, аруу. 2.чынчыл, ак ниет.
ismetsiz 1.адепсиз, ахлаксыз. 2.арамзаа, жалганчы.
isnat,-dı 1.(*бирөөгө бир нерсени*) жаба салуу, артуу, мойнуна коюу. 2.*өтм.* жалаа, каралама. **~ etmek**

1)жаба салуу, жүктөө, артуу. 2)жалаа жабуу.

ispalya таяк, казык (*жашылчаларды жерден көтөрүп байлоо үчүн колдонулган*).

İspanya 1.Испания. 2.Испанияга мүнөздүү/тиешелүү. ~ **ardıcı** испан арчасы (*Juniperus hispanica*).

İspanyol 1.испан. 2.испандарга мүнөздүү/тиешелүү.

İspanyolca 1.испанча, испан тили. 2.испандарча.

ispanyolet,-ti шпингалет, терезе бекиткичи.

ispari *зоол.* кылкандуу сарг (*Sargus annularis*).

İsparta Спарта.

ispat,-tı 1.далилдөө, тактоо, бышыктоо. 2.далил, күбө, аргумент. ~ **etmek** далилдемек. ~ **hakkı** далилдөө акысы. **~ı gaybubet** *ук.* күнөөсүздүк далили, алиби. **~ı vücut etmek** өзү чыга келиш/ катышыш.

ispati (*карта ойнунда*) чырым. ~ **kızı** чырым дама. ~ **oğlu** чырым валет.

ispatlamak 1.далилдөө. 2.*мат.* көргөзүү, бекемдөө, бышыктоо.

ispatlı далилденген, далили/күбөсү бар. ~ **şahitli** далилдүү, күбөлүү.

ispenç,-ci 1.бентам тоогу (*майда тоок-тун бир түрү*). 2.*өтм.* жапыз, кодоо, майда. ~ **horozu** *арго* кыска бойлуу, кодоо, кыйынсынган (*киши*). ~ **horozu gibi** кодоңдогон, мыкчыйган (*киши*).

ispermeçet,-ti спермацет. ~ **balinası** *зоол.* кашалот (*Physeter catadon*).

ispirto 1.*ооз.* спирт. (**imbikten**) ~ **çekmek** спирт тартуу. **kafurlu** ~ камфар спирти. **saf** ~ таза спирт. 2.*өтм.* ичкилик.

ispirtolu спирт кошулган, спирт менен жасалган, алкоголдуу. ~ **içki** алкоголь ичимдик.

ispit, -ti (*араба*) дөңгөлөгүнүн огу.

ispiyon шпион, тыңчы, тил.

ispiyonlamak *арго* тыңчылык кылуу, маалымат/сөз ташуу.

ispiyonluk, -ğu шпионаж, тыңчылык, сөз ташыма.

ispiritizma спиритизм.

israf ысырап, коромжу. **para ~ı** акча чачыш. ~ **etmek** ысырап кылуу, курулай коромжу кылуу. **~a kaçmak** чектен аша каржап жиберүү.

İsrafil Исрайил (*Ислам ынанчы боюнча кыямат күнүн кабарлай турган периште*).

İsrail Израиль.

İsrailli израилдик.

İstanbul Стамбул. ~ **Boğazı** Босфор мойногу. ~ **efendisi** сылык, кичи пейил киши. ~ **kaldırımı çiğnemiş** шаар жолунда такшалган. ~ **kazan, ben kepçe** *ооз.* Стамбул казан, мен чөмүч (*Стамбулда көрбөгөнүм калбады*). **~un taşı toprağı altın** Стамбулдун ташы, топурагы алтын.

istasyon 1.темир жол станциясы. 2.тажырыйба, изилдөө станциясы. **meteroloji ~u** метеорология станциясы. 3.соода, текшерүү, эмдөө жайлары. **benzin ~u** бензин станциясы. ~ **şefi** станция башчысы.

istatistik,-ği 1.статистика. **~ler** статистика маалыматтары. 2.статистикалык.

istatistikçi статистик.

istavrit, -ti *зоол.* ставрида (*Trachurus trachurus*). ~ **azmanı** оркинос балыгына жаңылыш берилген ат.

istavroz *дин* 1.крест. 2.чокунма. ~ **çıkarmak** чокунуу.

istek, -ği 1.каалоо, тилек, эңсөө, мүдөө. **~inde bulunmak** (*бир нерсени*) каалоо, тилөө. 2.эрк, буйрук, үстөмдүк. **~ine boyun eğmek/ katlanmak** каалоосуна/эркине баш иймек. **~lerini yerine getirmek** буйругун/ каалоосун аткармак. **kendi ~iyle, kendi ~ üzerine** өз каалоосу/

эркн/көңүлү менен. ~ **kipi** *грам.* тилек ыңгай.

isteka 1.(*биллиардда*) кий, биллиард таягы. 2.*полигр.* сөөкчө. 3.*бут кийимдин таманын жалтыратыш үчүн өтүкчүлөр колдонгон сөөк.*

istekle жан дили менен, өз каалоосу менен.

isteklendirmek кызыктыруу, дегдетүү, эңсетүү, деликтирүү, кызыгуусун ойготуу, делебесин козгоо..

isteklenmek каалоо, эңсөө, көңүлдөнүү, дегдөө.

istekli 1.каалаган, эңсеген, көңүлдөнгөн. 2.өз каалосу менен, ыктыярдуу.

isteksiz каалабаган, көңүлү жок.

isteksizlik,-ğı каалоосу/көңүлү жоктук.

istem 1.(*бирөөдөн*) талап, талам, суроо, каалоо. **sunu ve** ~ сунуш жана талап. 2.*психол.* эрк, эрктин күчү.

istemek 1.каалоо, тилөө, эңсөө. **istersen** (эгер) кааласаң. **isteyerek** өз көңүлү/каалоосу менен. **istediği gibi olsun** каалаганындай/тилегениндей болсун. **istemeye istemeye** каалабай, мойнунан байлагандай болуп. **ister istemez** кааласаң каалабасаң да. **canım istemiyor** көңүлүм келбей/чаппай турат. **nasıl istersen-iz** каалаганыңыздай/ айтканыңыздай болсун. 2.сурануу, өтүнүү. **ondan yardım istedim** андан жардам сурадым. 3.көрүнү/ көрүшүнү кааламак. **sizi isteyen kim-di?** сизди сураган ким экен? 4.керек/зарыл болуу, талап кылуу. **bu iş çok emek ister** бул иш аябагандай эмгек талап кылат. 5.куда/жуучу түшүү, сөйкө салуу, колун суроо (*кыздын*). **bir çok kişi istedi ama vermedi** бир топ киши жуучу түшүп келди, бирок бербеди. **istediği gibi at koşturmak/ oynatmak** каалаганындай ойнокүлүү/тайраңдоо, оюна келгенин кылуу. **istemez** кереги жок.

istemli 1.ыктыярга/өз каалоосуна жараша. 2.өз көңүлү менен, ыктыярдуу, көңүлдүү. ~ **hareket** ыктыярдуу аракет/кыймыл.

istemseme *психол.* майда тилек, чабал арзуу, ниет.

istemsiz эрксиз, аргасыз, көңүлсүз, каалоосуз. ~ **hareket** аргасыз аракет.

istenç, -ci эрк, каалоо, арзуу. ~ **dışı** эрксиз, каалоосуз, мажбурланып, зордолуп, аргасыз.

istenilmek, istenmek кааланмак, жактырылмак. **istenildiği zaman** каалаган мезгилде. **istenmeyen sonuçlar** күтүлбөгөн (жагымсыз) жыйынтыктар. **istenilmeyen/istenmeyen adam** *дипл.* жакпаган киши, нон грата.

istenograf стенограф.

istenografi стенография.

istep, -pi талаа, мейкиндик.

ister 1.зарылчылык, керектик, талап. **halkın ~leri** элдин талабы. 2. ~ **...** ~ **...** кааласаң ....., кааласаң .... ~ **gitsin,** ~ **kalsın** кааласа кетсин, кааласа калсын. ~ **istemez** аргасыздан, айласыздан. **~misin?** каалайсыңбы? кааласаң...

isteri *психол.* истерика, албууттук, жин. **~ye tutulmak** истерика чыгаруу, албууттануу.

isterik 1.кыялы жаман, жинди кыял, албуут. 2.истерикалык.

istetmek 1.суратуу (*бир нерсени*). 2.(*бир кызга*) жуучу жиберүү, колун суратуу.

istiap, -bı көлөм, сыйымдуулук, ич. ~ **haddi** жүк көтөрүмдүүлүк. ~ **kabiliyeti** сыйдырма мүмкүнчүлүгү. ~ **etmek** ичине алуу, камтуу, сыйдыруу, батыруу.

istiaplı көлөмдүү, сыйымдуу, ичтүү.

istibdat,-dı деспотизм, жеке бийлөөчүлүк, чексиз монархия.

istida *эск.* арыз (*жазуу жүзүндө*).

istidat,-dı *эск.* 1.жөндөм, шык, ык, эп. **~ı musikî** музыкалык жөндөм/ шык. 2.*..мед.* жакындык, оомалык, ынтаалуулук, ыңгайлуулук (*кайсы бир ооруга*).
istidatlı жөндөмдүү, шыктуу, ыктуу, эптүү.
istidatsız жөндөмсүз, шыксыз, эби жок.
istidiâl,-li 1.бүтүм, жыйынтык, болжол. **hava ~i** аба ырайы болжолу. 2.*..лог.* дедукция, ойдун логикалык жүрүшү. **~ etmek** бүтүм чыгармак, жыйынтыкка келмек.
istif 1.ирет, жыйын (*үстү-үстүнө коюлуп тизилген*). 2.*арго* уйкусуроо. **~ etmek** жыюу, түзүү, иреттөө. **~ini bozmak** 1)иретин бузуу, чачуу. 2)(*бирөөнүн*) тынчын алуу, жинине тийүү. 3)*арго* шылдыңдоо, кемсинтүү. **~ini bozmamak** капарына албоо, теңелбөө.
istifa 1.арыз берүү, кызматтан бошонуу. 2.иштен бошонуу арызы. **~yı basmak** дароо иштен бошонуп кетмек. **~ etmek** иштен бошонуу. **~sını vermek** бошонмо арызын берүү.
istifade 1.пайдалануу, пайдасын көрүү, колдонуу. **fırsattan ~** мүмкүнчүлүктөн пайдалануу. 2.пайда, кызыкчылык. **~ etmek** пайдаланмак, күнүн көрмөк, пайда чыгармак.
istifadeli пайдалуу, кирешелүү. **~ satmak** кымбат сатуу, ортодон пайда табуу.
istifçi 1.таңган, жыйган, иреттеген киши (*мис. жүктү*). 2.алып сатар, сүткор.
istiflemek 1.таңуу, жыюу, иреттөө. 2.жүктөө (*учакка, кемеге*). 3.топтоп/жыйып алуу (*пайда табуу/ алып сатарлык кылуу*).
istifrağ *эск.* куску. **~ etmek** кусуу.
istihbarat,-tı 1.кабар, маалымат. 2.жашыруун алынган маалымат, чалгын. **~ bürosu** маалымат бюросу. **~ dairesi** маалымат/кабар алма бөлүмү.
istihbaratçı 1.маалымат берүүчү. 2.чалгынчы, тыңчы, агент, резидент.
istihdam пайдалануу, колдонуу. **~ etmek** иштетилүү, иште колдонуу, пайдалануу. **bu fabrikada kaç işçi ~ ediliyor?** бул фабрикада канча киши иштетилет?
istihfaf кемсинтүү, кордоо, теңсинбөө. **~ etmek** кемсинтиш, кордош, сыйлабаш.
istihkak,-kı 1.(*бир нерсеге*) акысы/ укугу болмо. 2.(*бирөөнүн*) эмгеги үчүн берилген акы (*акчалай же азык түрүндө*). **~ etmek** (*бир нерсе алууга*) укугу/акысы болуу.
istihkâm *аск.* чеп, коргонуу пункту, фортификация жайы. 2.аскердик-инженерия. **~ bulmak** бекемделүү, чыңдалуу (*өңүт*). **~ hattı** чыңдалган линия. **~ subayı** инженердик күчтөр офицери. **~ yapmak** окоп казуу.
istihsal, -li 1.өндүрүп чыгаруу, алуу, ээ болуу. 2.үрүн, продукция, олжо. 3.өндүрүш. **~ aletleri** өндүрүш куралдары. **~ etmek** өндүрүп чыгармак. **~ gücü** өндүрүш күчү. **~ ilişkileri** өндүрүштүк мамилелер.
istihza *эск.* чымчыкей, какшык, азил, сарказм, ирония. **~ etmek** какшыктоо, чымчып сүйлөө, шылдың кылуу.
istihzar 1.даярдоо, белендөө. 2.эске салуу, эскерүү. 3.чакыруу, үндөө. 4.*филос.* элес. **~ etmek** 1)даярдоо. 2)эстөө.
istikamet,-ti 1.багыт, тарап. **aksi ~** карама-каршы багыт. **her ~te** 1)бардык жакка/багытка. 2)ар тараптуу. 2.*ооз.* түздүк, шардык, чынчылдык, тууралык. **~ göstermek** ак жүрөктүк/ чынчылдык кылуу. **~ vermek** багыт берүү, жетектөө.
istikbal,-li 1.келечек, болочок. **~de**

келечекте, болочокто. **~i büyük** келечеги кенен. ~ **için planlar** келечек пландар. 2.каршысына чыгуу, тосуп алуу. **~e çıkmak** тосуп чыгуу. ~ **merasimi** тосуп алуу салтанаты. ~ **etmek** тосуп алуу.

istiklâl,-li эгемендик, боштондук, көз карандысыздык. **İ~ Harbi** Түрк Боштондук Согушу . **İ~ madalyası** Боштондук Медалы. **İ~ Marşı** Боштондук Маршы.

istikrar 1.ырааттуулук, бекемдик, стабилдүүлүк, туруктуулук. ~ **bulmak** стабилдешүү, ырааттуулукка ээ болуу. 2.жайгашуу, отурукташуу. 3.*хим.* чөгүү. 4.*метеор.* жаан-чачындар. ~ **etmek** 1)стабилдешүү, туруктуу мүнөзгө ээ болуу, бекемделүү. 2)жайгашуу. 3)*хим.* чөгүү.

istikrarlı ырааттуу, бекем, туруктуу, стабилдүү, калыптанган.

istikrarsız ырааттуу эмес, олку-солку, туруксуз, өйдө-төмөн.

istilâ 1.чабуул, баскынчылык, басып кирүү. 2.басып алуу, жеңүү. ~ **harbi** баскынчылык согушу. 3.жайылуу, тароо (*мис. бир оору*). 4.*өтм.* толтуруу, жайнатуу (*мис. товарларды*). ~ **etmek** 1)басып кирүү, чабуул коюу. 2)жеңип алуу, каратуу. 3)жайылуу, тароо (*жугуштуу оору*). 4.(*микроп*) денеге кирүү. 5.жайнатуу, карк кылуу.

istilâcı 1.баскынчы, чабуулчу. ~ **ordular** баскынчы ордулар. 2.баскынчы, басып алуу максатындагы. ~ **planlar** баскынчы пландар.

istim 1.буу (*кыймылдаткыч күч катары*). 2.*ооз.* алкоголдуу ички-лик. **~ini almak** ичкилик ичүү. ~ **arkadan gelsin** 1)көзүм көрбөсүн, көчүгүмү бөрү жесин. 2)эч даярдыксыз бир ишке баштоо.

istimal,-li *эск.* колдонуу, пайдалануу. ~ **etmek** пайдаланмак, колдонмок. **reyini ~ etmek** добушун колдонуу.

istimbot,-tu буу кыймылдаткычтуу катер.

istimdat,-dı жардам/көмөк суроо, жардамга чакыруу. ~ **etmek** жардамга чакыруу.

istimlâk,-ki ээлигинен ажыратуу, конфискация (*мүлктү*). ~ **etmek** ээлигинен ажыратыш, конфискацияга алыш.

istimna мастурбация, онанизм.

istinaden (*бир пикирге ж. б.*) таянып, негизденип.

istinaf *ук.* апелляция, кайра кароо (*соттун өкүмүн*). ~ **mahkemesi** аппелляциялык сот.

istinat,-dı *эск.* 1.таяныш, жазданыш, жөлөнүш. 2.ишениш, таяныш. 3.(*бир нерсени*) далил катары көргөзүш. ~ **duvarı** тирөөч дубал. ~ **etmek** таянуу, негизденүү, жетекчиликке алуу.

istirahat,-ti дем алыш, тынч жатыш. **~e çekilmek** эс алганы кетиш. ~ **günü** дем алыш күн. ~ **etmek** эс/дем алыш.

istirdat,-ti кайра алуу, бошотуу (*мис. бир шаарды*).

istirham жалынып-жалбарыш, кечирим сураш, алдына түшүш. ~ **etmek** өтүнүү, жалынып-жалбаруу.

istiridiye *зоол.* устрица (*Ostrea edulis*).

istismar 1.иштетүү, пайдалануу. 2.кыянатчылык кылуу, (*бирөөнүн*) ак ниетинен пайдалануу. 3.эзүү, эксплуатациялоо. ~ **etmek** 1)пайдалануу, колдонуу, иштетүү. 2)карасанатайлык кылуу. 3)эзүү (*бирөөнү*).

istismarcı 1.эксплуататор, эзүүчү. 2.эксплуатациялык. ~ **sınıflar** эзүүчү таптар.

istisna 1.өзгөчө, айрыкча, адаттан тышкары, бөтөнчө. 2.артыкчылык/өзгөчөлүк берилген (*киши*). ~ **etmek** 1)өзгөчө/бөтөнчө кароо. 2)артыкчылык берүү.

istisnaen ... дан тышкары, ... дан башка.
istisnaî бөтөнчө, айрыкча, өзгөчө, адаттан тышкары.
istisnasız текши, бирдей, эч кимге/эч нерсеге айырмачылык бербестен.
istişare *эск.* кеңешме. ~ **etmek** кеңешүү. ~ **heyeti** кеңешчилер комиссиясы.
istop,-pu 1.токтотуу. 2.топту асманга ыргытып ойногон оюн. ~ **etmek** 1)*авто* моторду өчүрүп алуу. 2)*футб.* оюнду токтотуу.
İsveç 1.Швеция. 2.Швецияга мүнөздүү.
İsveççe 1.швед тили. 2.шведдерче.
İsveçli швециялык.
İsviçre 1.Швецария. 2.Швецарияга мүнөздүү/тиешелүү.
İsviçrelı швециариялык.
isyan козголоң, көтөрүлүш, дүрбөлөң. ~ **bayrağı açmak** козголоң чыгаруу. ~ **etmek** каршы чыгуу, көтөрүлүү.
isyancı козголоңчу, көтөрүлүшчү, революционер.
isyankâr козголоңчу, баш ийбеген.
isyankârlık, -ğı козголоңчулук, баш ийбестик.
iş 1.иш, жумуш. **~i kolay** иши жеңил. ~ **sırasında meşgul etmeyin** иш маалында алагды кылбагыла. 2.иш, кызмат, мансап. **~e almak** ишке алуу. ~ **anlaşması** иш келишими. ~ **arkadaşı** кызматташ, коллега. 3.иш тармагы/салаасы, ишмердик. **güvenlik ~leri** коопсуздук иштери. **asker ~i** аскер иши. 4.максат, иш, план. **bu benim ~ime gelmez** бул менин ишиме жарабайт. **bu teklif onun ~lerini bozdu** бул сунуш анын иштерин/пландарын бузду. 5.абал, жагдай, шарт. ~ **böyle iken** иш мындай болуп турса. **~ler durgun** иштер токтоп калды. 6.аракет, практика, кыймыл. 7.маселе, проблема. **benim ~imi görmediler** менин маселеми карашпады. 8.өндүрүш, соода, финансы иштери. ~ **çevreleri** иш чөйрөлөрү. ~ **adamı** ишкер, бизнесмен. 9.чеберчилик, усталык, эмгек, өнөр. **cam ~i** айнек усталыгы. **~i ağır bir örtü** токулушу кыйын жапкыч. 10.өндүрүлгөн, жасалган, чыккан. **Buhara ~i halılar** Бухарада жасалган килемдер. 11.кесип, милдет. **~i nedir!** эмне иш кылат? 12.иш жери, бюро. **öğlen ~e gel** түштө ишке кел. **her gün saat 5'te ~ten çıkar** ар күнү саат 5те иштен чыгат. 13.жашыруун себеп, сыр. **bunda bir ~ var** мында бир иш бар. 14.кыйынчылык, балакет. **başına bir ~ gelmesin** башына балакет келген болбосун. **~ler açılmak** иш/соода жандануу. ~ **açmak** кыйынчылыктар жаратуу. **~inin adamı** өз ишин жакшы жасаган, шашпаган. ~ **akdi** иш келишими/макулдашуусу. ~ **alanı** иш тармагы. **~in alayında olmak** бир ишти оюнчук/тамаша көрүү. **~i Allaha kalmak** иши Кудайдын колунда болуу, Кудайдан башка үмүт калбоо. **~i altüst etmek** ишти баш-аламан кылуу. **~ten anlamak** ишти жакшы билүү, иштин көзүн тааануу. ~ **anlaşmazlığı** иштеги келишпестиктер/ ыйкы-тыйкылык. **~i aptallığa vurmak** ишти билбемиш/ түшүнбөмүш болуп коюу. **~i asıntıya/sürüncemede bırakmak** ишти ыксыз созуу. ~ **aşırmak** ишинде ийгиликтер жаратуу. ~ **ayağa düşmek** иш билбегендердин колуна түшүү. **~ler aynasız gidiyor** иштер эң начар абалда. **~i azıtmak** иш чектен чыкмак, татаалдашмак, чиеленмек. **(şu) ~e bak!** муну кара! **~ine bak!** өз ишиңди бил/кыл! **~e bakmak** иштин башында болуу/карап туруу. **~in başı** 1)иштин маани си/маңызы. 2)иштин башы,

демилге. 3)ишти баштаган/козгогон/дүрбөткөн (*киши*). ~ **başına!** ишке жөнөгүлө! ишиңердин башында болгула! **~i başından aşmak** иши башынан ашуу. ~ **başa düşmek** иш башка түшүү. ~ **başı** 1)иш башкаруучу, бригадир. 2)иштин башы. 3) мамлекеттик бийликтегилер, башкаруучулар.~ **başı yapmak** ишке киришүү. ~ **başındakiler** жогордогулар, башкаруучулар, чоңдор. ~ **başına geçmek** 1)бир иште иштей баштоо. 2)бир иште жетекчилик кылуу. ~ **başına getirmek** (*бирөөнү*) бир жетекчи кызматка коюу. ~ **becermek** ишти аткаруу/орундатуу/бүткөрүү. **~i berbat etmek** иштин ойронун чыгаруу. ~ **bırakımcı** иш таштоочу. ~ **bırakımı** иш таштоо. ~ **birliği** иш бирдиги, кызматташтык, ортоктук. **~ten (bile) değil!** болбогон/арзыбаган иш! ~ **bilmek** иштин көзүн билүү. **~ini bilmek** 1)өз ишин мыкты билмек. 2)пайда табууну/өз кызыкчылыгын коргоону мыкты билмек. ~ **birliği kurmak** кызматташтык жасоо. ~ **birliği etmek** кызматташуу, ортоктошо иш жасоо. ~ **birlikçi** арачы, арадан пайда көргөн (*киши, курулуш, мекеме*). ~ **birlikli** 1)ашар, ортоктошо/жапатырмак жасалган иш. 2)коллектив, жамаат. **~i bitirmek** ишти бүтүрүү, аягына чыгаруу. **~ini bitirmek** (*бирөөнү*) жайлап салуу, көзүн тазалоо, ишин бүтүрүү. **~i bitmek** 1)иши бүтүү/аяктоо. 2)*өтм.* иши бүтүү, айласы/аргасы түгөнүү. **~e boğmak** ишти башына үйүү. **~ler boktan** иштер айласыз (начар). **~i boru** иши/абалы начар. ~ **bölümü** 1)*экон.* иш бөлүштүрүү. 2)милдеттерди бөлүшүү. **~leri bulandırmak** иштерди чаташтыруу, чакчелекей кылуу. ~ **buyurmak** иш буюруу. ~ **çatallanmak** иш кыйчалыштоо/кыйындоо. ~ **çevirmek** тымызын иштер жасоо. ~ **çığrından çıkmak** иштер чыйырынан чыкмак. ~ **çıkarmak** 1)иш чыгаруу, көп иштөө. **sana göre oğlun fazla iş çıkarır** сага караганда уулуң көп иштейт. 2)башына иш ачуу, башына балакет болуу. 3)керексиз иштер жасатуу. ~ **çıkmak** 1)иш чыгып калуу. 2)бир кыйынчылык/проблема пайда болуу. ~ **çıkmaza girmek** иш туңгуюкка кабылмак. **~e dalmak** ишке баш-оту менен кирип кетүү. ~ **dayıya düştü** *ооз.* иш устасынын колуна тийди. ~ **değil** 1)опоңой иш, колдон келчү иш. 2)бул иш болбойт/жарабайт. **senin yaptığın ~ değil** сенин кылганың туура эмес. ~ **donu** шалбар. **~i dökmek** иштин жөнүн башкага буруу. **~i şakaya dökmek** ишти тамашага айландыруу. **~i duman** иши, абалы кыйын. ~ **düşmek** иш артуу/ калуу. ~ **bana düştü** иш мага калды. **~i düşmek** (*бирөөнүн*) иши түшүү (*башкасына*). **~leri düzene koymak** иштерди тартипке/ иретке салуу. ~ **edinmek** бир ишти милдет/кызмат деп билүү. **~inin ehli/erbabı/eri** өз ишинин устасы/чебери. **~ten el çekmek** иштен ыраактоо/кол үзүү. **~ten el çektirmek** иштен узакташтыруу/оолактатуу. **~in en tuhaf tarafı** иштин жаман жери/жагы. **~ler fenaya sarmak** иштер жаман жагына айлануу. **~i gargaraya getirmek** *ооз.* ишти будамайлоо, башты айлантуу. **~ine gelmek** иш көңүлүнө төп келүү/майдай жагуу, ишине жароо. **~e girişmek** ишке киришүү. **~e girmek** ишке кирүү. ~ **göremez** ишке жараксыз. ~ **görmek** 1)иши болуу, иш аткаруу. 2)(*бирөө менен*) бирге

бир иши болуу. **~ini görmek** 1)(*бирөөнүн*) ишин аткаруу. 2)(*бирөөнүн*) ролун ойноо. 3) бирөөнүн ишине жароо, пайдалуу болуу. 4)ишин бүтүрүп берүү. 5)ишин бүтүрүү, жайлоо, көзүн тазалоо. **~ görmezlik nedeniyle** ишке жарамсыздыгы үчүн. **~ten görünmemek** сыртынан байкалбоо, оңой сезилүү. **~ göstermek** иш берүү/көргөзүү/буюруу. **~ güç** 1)иши-жайы. 2)жасала турган иш. **~i gücü nedir?** эмне иш кылат? **~ine gücüne bakmak** өз ишин билмек (*башкаларга тийишпөө*). **~i gücünü bırakmak** бардык ишин таштап коюп. **ben buraya ~imi gücümü bırakarak geldim** мен бул жакка бардык ишими таштап коюп келдим. **~ gücü** *экон.* 1)иш/жумушчу күчү. 2)иштөө мүмкүнчүлүгү, ишке жарамдуулук. **~nü yitirmek** иштен калуу, алдан таюу. **~i gücü yok** 1)бош, ишсиз. 2)жатып ичер, жанбакты. **~ten güçten kalmak** алдан-күчтөн таюу. **~ günü** иш күнү, апта ичи күндөр. **~ten haberdar olmak** иштен кабары болуу. **~ hastalıkları** кесип оорулары. **~ hayvanı** иш айбаны, унаа. **~ hukuku** иш укугу. **~in içinden çıkamamak** иштин ичинен чыга албоо, чайналуу. **~in içinden çıkmak** иштин ичинен чыгуу, жолун таап кетүү. **~tin içinden ~ çıkarmak** иштин ичинен иш чыгаруу. **~in içine karıştırmak** (бир) ишке аралаштыруу. **~in içinden sıyrılmak** (*бир*) иштен качып/кутулуп кетүү. **~in içine sıçmak** *орой* ишти ойрон кылуу. **~ inada binmek** балтасы ташка тиймек, ар ким өз оюнан кайтпаган абалга келмек. **~ ~ten geçmeden** кеч болуп кала электе, кызуусунда. **~ ~ten geçti** болору болду. **~i ~ olmak** жыргап-куунап жашоо, майлуу иште иштөө. **~ten kalmak** иштен калуу. **~e kapak vurmak** ишти жаап/билгизбей салуу. **~ karıştırmak/kaynatmak** чагым жасоо, интрига чыгаруу. **~ kazası** иш кырсыгы. **~ ki** болсо болду. **~e koşmak** ишке чуркоо. **~e koyulmak** ишке киришүү. **~i kuyruğundan tutmak** ишти тескерисинен жасоо. **~in mi yok?** башка ишиң жокпу? **~ ola/olsun!** иш аты болсун деп. **~ olacağına varır** болору болот. **~i olmak** 1)бир иши бар болуу. 2)иши жакшы кетүү. 3)бир мандеми болуу. 4)эсептеше турган жагы болуу. **bu aksi adamla ~imiz var** бул кежир кишиде ишибиз бар. **~i oluruna bırakmak** ишти жайына коюу. **~ olsun diye** иш аты болсун деп. **~i örtbas etmek** ишти басып/ жаап-жашырып коюу. **~ peşinde koşmak** иштин аркасынан чуркоо/жүгүрүү, иш деген-де ичкен ашын жерге коюу. **~i pisletmek** иштин кайырын чайыр кылмак. **~i pişirmek** 1)ишти бышыруу. 2)(*аял-эркек жөнүндө*) жакындашып алуу (*сексуалдык жактан*). **~i pişkinliğe vurmak** билмексен/көрмөксөнгө салып коюу. **~in püf noktası** иштин эң маанилүү жагы/сыры. **~i rast gitmek** иши жолунда/оңдой берди болуу. **~in rengi değişmek** иштин түрү бузулмак. **~i resmiyete dökmek** ишти расмий түргө келтирүү. **~i sağlama almak/sağlam kazığa bağlamak** ишти бекемдөө/бышык-тоо/чыңдоо. **~ sahibi** иш ээси, бизнесмен. **~in sakalı bitti** иш узун мөөнөткө токтотулду. **~ sarpa sarmak** иш татаалдашуу/чиеленүү. **~i sermek** иштин ойронун чыгаруу. **~in sonu** иштин аягы/соңу/түбү. **~i sonuçlamak/sonuna getirmek** ишти аягына чыгаруу. **~ sözleşmesi**

иш келишими, контракт. ~ **suya düşmek** иши сууга түшүү, тилеги таш кабуу. ~ **tam deminde/ kıvamında** иш кайнап турган кез. **~i tatlıya bağlamak** жарашуу, элдешүү. **~i temizlemek** иштин изин жоготуу/суутуу. **~in tersliğine bak** иштин оң келбей/ кыйчалыштап турганын кара. **~i ters gitmek** иши оң келбөө. **~i tıkırında** иши тыкылдап жүрүп атат. ~ **tutmak** иш кылуу. **~in ucu dokunmak** иштин залакасы тийүү. **~i uzatmak** ишти создуктуруу/созуу. ~ **üstü** иш үстүндө. **~in üstüne düşmek** ишинин үстүнө түшүү/ үңүлүп иштөө. ~ **var** 1)иш колунан келет, жөндөмдүү. 2)иш бар. **~im var** ишим бар (*бош эмесмин*). ~ **yapmak** иш жасоо, иштөө. **~e yaramak** ишке жароо. **~e yaramaz** ишке жарабаган. ~ **yeri** иш жери, ишкана, иш орду. ~ **yerinde sayıyor** иш ордунда турат, жылыш жок. ~ **yok** 1)иш жок. 2) жараксыз/пайдасыз. **o arabayı alma, onda ~ yok** ал машинени алба, ал жараксыз. **~i yokuşa sürmek** ишти жылдыруу/оңдоо. ~ **yolunda olmak** иштер жолунда болуу. **~i yüzüstü bırakmak** ишти начарлатып жиберүү. **~i yüzüne gözüne bulaştırmak** иштин дайнын таба албай калуу.

işaret,-ti 1.ышаарат, жаңсоо. 2.белги, көрсөткүч, жышаан(а). 3.сигнал. **imdat ~i** жардам сураган сигнал. 4.*грам.* тыныш белгилер. ~ **etmek** ышаарат кылуу, жаңсоо, белги берүү. ~ **lâmbası** сигнал лампасы. ~ **parmağı** сөөмөй. ~ **zamirleri** *грам.* шилтеме ат атоочтор.

işaretçi ышааратчы, сигналчы, стартер (*спорттo*).

işaretlemek 1.ышаарат берүү, жаңсоо. 2.белгилөө, белги коюу.

işaretli белгиленген, белгилер коюлган.

işba,-ı *эск.* 1.канма, каныкма. 2.каныккан. ~ **etmek** *хим.* каныктыруу.

işbu *ооз.* бул, ушул, аты аталган, кеп кылынган.

işçi 1.жумушчу, эмгекчи. ~ **gücü** жумушчу күчү. ~ **hareketi** жумушчу кыймылы. ~ **sınıfı** жумушчу табы. ~ **sigortası** социалдык камсыздандыруу. 2.*зоол.* жумушчу, төл бербеген (*аары, курт-кумурскалар*). ~ **temsilcisi** жумушчулар өкүлү. ~ **ücreti** жумушчу акысы.

işçilik,-ği 1.жумушчулук (*кесип жана милдет*). 2.эмгек акы. 3.(*бир иш үчүн*) сарпталган эмгек, кеткен күч. 4.жасалыш, кылдаттык, усталык. **bunda çok ~ var** мында аябагандай усталык бар.

işemek сиймек, даарат ушатмак.

işgal,-li 1.басып алуу, ээлөө, каратуу (*бир жерди*). 2.алагды кылуу, убактысын алуу, тоскоол болуу (*бирөөгө*). 3.убара кылуу. ~ **etmek** 1)(*бир жерди*) басып/ тартып алуу. 2)алагды кылуу, тоскоол болуу. 3)убактысын, ордун алуу. ~ **altında** кол алдында. ~ **kuvvetleri** басып алуучу күчтөр.

işgalci басып алуучу, баскынчы, оккупант.

işgüder *дипл.* ишеним берилген/таанылган.

işgüzar 1.колу жөндөмдүү, чебер. 2.шылуун, чыйрак, чапчаң. 3.жасалма, сырты жылтырак, ичи калтырак, көрсөтмөчүлүк.

işgüzarlık,-ğı 1.жөндөмдүүлүк, чеберлик. 2.шылуундук, чыйрактык, чапчаңдык. ~ **etmek** шылуундук кылуу.

işitilmedik кулак угуп, көз көрбөгөн, адаттан тышкары. ~ **bir şey** кулак угуп, көз көрбөгөн иш/нерсе.

işitilmemiş *к.* **işitilmedik.**

işitim эшитүү, угуу. ~ **organı** эшитүү/

угуу органы.

işitme эшитме, укма, тыңшама. ~ **aleti** 1)угуу аппараты. 2)угуу системасы. ~ **engelli** кулагы керең.

işitmek 1.угуу (*кулагы менен*). 2.угуп билүү. 3.тил/жеме угуу.

işitmelik, -ği акустика.

işitmemezlik, -ği : ~e getirmek/~ten gelmek укпамыш болуу, укпамышка салуу.

işitmezlik,-ği 1.кереңдик, дүлөйлүк. 2.укпамыш болуу.

işitsel *биол. , анат.* угууга байланыштуу/тиешелүү.

işkembe 1.кепшөөчү айбандарда ички органдар (*ичеги, карын ж. б.*). 2.ичеги-карындан жасалган шорпо. **~den atmak/~den** (же **~i kübradan**) **konuşmak** ойду-тоону сүйлөө, калпты-чынды койгулаштыруу. ~ **çorbası** ичеги-карындан жасалган сопро. **~sini düşünmek** өз курсагын ойлоо. **~sini doldurmak** кардын тойгузуу. **~si geniş** кең пейилдүү. ~ **suratlı** *орой* бети чаар киши (*сөзм. с.* ичеги жүздүү). **~sini şişirmek** ыгып-тыгып жемек.

işkembeci 1.ичеги-карын саткан киши. 2. ичеги-карындан жасалган тамактар сатылган жай.

işkence 1.кыйноо, эзүү, жабыр. ~ **aletleri** кыйноо куралдары. 2.*өтм.* (*бирөөнү*) суракка алуу, такуу, жадатуу. ~ **etmek/yapmak** кыйноо, жабыр көргөзүү, жабыркатуу. **~ye maruz kalmak** кыйноо тартуу, жабыр көрүү. **~ye sokmak** физикалык/рухий жабыр тарттыруу, кыйноо.

işkenceci мыкаачы, желдет, баш кесер.

işkil 1.күмөн, ишенбөөчүлүк, кушку, шек. 2.кыйынчылык, жолтоо, тоскоол.

işkillendirmek 1.(*бирөөнү*) кушкуландыруу, шектендирүү. 2.жолтоо болуу, (*ишти*) татаалдаштыруу.

işkillenmek 1.шектенүү, кушкулануу, ишенбөө. 2.татаалдануу, чиеленүү.

işkilli шектүү, күмөндүү, ишеничсиз. ~ **büzük dingilder** шектүү шекинет.

işkillilik, -ği күмөн саноочулук, ишенбестик, шек, кушку.

işkolu 1.иш тармагы/салаасы. 2.бул тармакта иштеген жамаат.

işlek 1.жандуу, кыймылдуу, эл көп (*көчө, жер*). 2.даана, сулуу (*кол жазуу*) 3.кардары көп, сатышы жакшы (*дүкөн*). 4.тажырыйбалуу, чебер, колунан көөрү төгүлгөн (*киши*). 5.*грам.* өнүмдүү. ~ **ekler** өнүмдүү мүчөлөр.

işlem 1.иш, процедура, операция, толтуруу (*мис. бир документти*). 2.аракет, кыймыл, иш, процесс. **kanunî ~ler** мыйзам ченемдүү иштер. **teknolojik** ~ технологиялык процесс. 3.иштетүү, таасир берүү. **ısı ~i** термик иштетме. 4.*мат.* амал. **dört** ~ төрт амал. 5.*мат.* маселе.

işleme 1.иштөө, иштеп чыгуу. 2.өтө кылдат кол эмгеги, сайма, түймө, зергерлик. 3.жасоо, кылуу, аткаруу. **günah** ~ күнөө кылуу. 4.(*жерди)* айдоо, иштетүү. 5.чебер, кылдат жасалган. **ipek** ~ жибек саймалуу.

işlemek 1.иштөө, эмгек зарп кылуу. 2.саймалоо, кооздоо. **nakış** ~ саймалоо. 3.сиңүү, ичине кирүү, таасиринде калуу. **içe işleyen ses** сөөгүнө жеткен сөз. **kurşun işlemez** ок өтпөс. **yüreğine** ~ көңүлүнө катуу тийүү. 4.иштетүү, кайра иштетүү. **ham maddeleri** ~ чийки сырьё иштетүү. **deriyi** ~ тери иштетүү. 5.айдоо, иштетүү (*жерди*). **toprağı** ~ жерди айдоо. 6.жасоо, кылуу, көргөзүү. **hayır** ~ кайырдуу иш кылуу. 7.изилдөө, иликтөө (*мис. бир теманы*). 8.ириңдөө, ырбоо. **işleyen yara** ириңдеген жара.

9.жүрүү, иштөө (*мис. аппарат, саат ж. б.*). 10. мөөнөтү бүтүү/өтүү. **ay işledi** бир ай өттү. 11.менен иштөө. **trenler odunla işliyordu** поезддер отун менен иштечү. 12.*арго* кууланууу, арамзаалануу. 13.*арго* уурдоо, кытып алуу. 14.колдонуу, пайдалануу.15. шылдыңдоо, келекелөө.

işlemeli саймалуу, оймолуу.

işlenmek 1.саймалануу, оймолонуу, коздолуу. 2.жасалуу, аткарылуу. 3.иштетилүү, казып чыгарылуу (*мис. кен*). 4.айдалуу, иштетилүү (*жер*).

işlenmemiş 1.дың, иштетилбеген (*жер*). 2.саймасыз, жасалгасыз. 3.редакцияланбаган, чийки (*жазуу*).

işlenmiş иштелген, иштетилген. ~ **deri** иштетилген тери. **yarı** ~ чала фабрикат.

işletici 1.оператор. 2.иштеткен, ээси (*бир жайдын*). **lokanta ~leri** ресторан/кафе ээлери.

işletme 1.иштетме, эксплуатация. ~ **hakkı** иштетме укугу. ~ **masrafları** иштетме чыгымдары. 2.ишке киргизүү, жүргүзүү, ачуу. 3.өнөр жай ишканасы, завод, чарба. ~ **emniyeti** (*ишканада*) иш коопсуздугу. 4.башкарма. **demir yolları ~si** темир жол башкармасы. ~ **fakültesi** менеджемент факультети.

işletmeci 1.менеджер, администратор, башкаруучу. 2.*кино* менеджер, дистрибитор.

işletmecilik,-ği 1.менеджерлик, башкаруу. 2.эркин бюджет менен иштеген мамлекеттик ишкана.

işletmek 1.иштетүү, иш берүү, жумушчу күчүнөн пайдалануу. 2.иштетүү, жүргүзүү (*мис. бир аппаратты*). **makinayı** ~ машинени иштетүү. 3.*арго* шылдыңдоо, келекелөө, мазактоо (*билдирбестен*). 4.*арго* эркектер арасында болууну сүйүү (*аял*).

işlev 1.эмгекке/ишке жарамдуулук. ~ **yitimi** ишке жарамсыздык. 2.иш, функция, милдет.

işlevsel функционалдык.

işlevsiz жараксыз, кыймылсыз, функциясы жок.

işli саймалуу, оймолуу-чиймелүү.

işlik,-ği 1.өнөркана, ателье, устакана, студия. 2.иш кийими.

işmar ымдоо, жаңсоо. ~ **etmek** ымдап/жаңсап белги берүү.

işporta 1.кыдырмачы соодагердин товар салган себети/замбили. 2.кыдырып сатылган буюм. **~ya düşmek** баасы/баркы кетүү, ар ким ала турган абалга келүү, таңсыгы калбоо. ~ **malı** арзан товар.

işportacı кыдырмачы соодагер(*майда-барат саткан)* .

işsiz 1.ишсиз. ~ **güçsüz** иши жок, бекер (чи). 2.саймасыз, оймосуз, жөнөкөй.

işsizlik, -ği 1.ишсиздик, иш табылбоо. 2.боштук, иши жүрбөө (*мис. бир ишкана/мекеминин*). ~ **sigortası** ишсиздик камсыздандыруусу.

iştah 1.напси, ичтей, аппетит. **~ı açılmak** ичтейи ачылмак. 2.каалоо, арзуу, көңүл. ~ **açmak** ичтейди ачуу. ~ **kabarmak** шилекейи чубуруу, напсиси артылуу. **~ı kapanmak/kesilmek** тамакка көңүлү чаппоо. **~la yemek** маашырканып/тамшанып жеш. **~ım var** 1)жегим келет. 2)каалоом бар. **~ım yok** 1)тамакка көөнүм жок. 2)каалоом/көңүлүм жок.

iştahlanmak 1.сугу артылуу, напсиси түшүү. 2.*өтм.* көңүлү түшүү, каалоо.

iştahlı 1.напсиси артылган, жеген-ичкени жакшы. 2. *өтм.* каалоосу күч, арзуусу күчтүү. ~ **çalışmak** жанталашып иштөө. 3. ичтейди ачкан, шилекейди чубурткан.

iştahsız тамакка көөнү чаппаган, тамак

ичпеген, табити жок.
işta hsızlık, -ğı тамакка табитсиздик.
işte мына, так, как, дал. ~ **bu kadar** болгону мына ушу. ~ **size anlattığım adam** сизге айткан киши ушу. ~ **kâğıt, otur ve yaz!** мынакей кагаз, отуруп жаз! ~**, korktuğum başıma geldi!** мына, коркконум башыма келди. **niçin söylemedin diyeceksiniz, bunun için ~!** эмнеге айтпадың десеңиз, мына ушуну үчүн! ~ **bunun karşısında akan sular durur!** мындай болгон соң колу-бутуң байланып отуруп каласың!
işteş кесиптеш, чогуу иштеген (*киши*), коллега.
işteşlik кесиптештик, ортоктук, бир ишти биргелешип аткарыш. ~ **çatı** *грам.* кош мамиле. ~ **fiili** кош мамиледеги этиш.
iştigal, -li иш, алек, жумуш. ~ **etmek** (*бир нерсе менен*) алек болуу, алышуу, үстүндө иштөө.
iştirak,-ki 1.катышуу, кошулуу, тилектештик. көңүл бирдиги, ортоктук. 2.бөлүшүү, үлөштүрүү. 3.(*бирөөнүн*) пикирин колдоо. ~ **etmek** 1)туура көрүү, кошулуу (*мис. бир пикирге*). 2)катышуу (*мис. бир чогулушка*). ~ **hissesi** *экон.* үлүш, пай.
iştirakçı орток, катышуучу.
iştiyak,-kı арзуу, эңсөө, сагыныч, кусалык. ~ **çekmek** куса болуу, сагынуу.
işve эркелик, ойсоңдоо, назданыш, кыял .
işveli ойсоңдогон, жылмаңдаган, эркe, назданган.
işveren ишкер, ишкана ээси, патрон, шеф, кожоюн. **işçi ~ ilişkileri** жумушчу- кожоюн мамилелери.
it,-ti 1.ит. ~ **ürür, kervan yürür** *мак.* ит үрө берет, кербен жүрө берет. 2.*орой* адепсиз, тарбиясыз киши. ~ **canlı** ит жандуу. ~ **dişi domuz derisi** *бири-бирин сүйбөгөн эки киши арасындагы түшүнбөстүк үчүн айтылат.* ~ **elli** буттары тайтак айбан (*сөзм. с.* ит аяктуу). ~ **gibi çalışmak** иттей/жанын үрөп иштөө. ~ **~e buyurur, ~ de kuyruğuna** *мак.* ит итти жумушайт, ит куйругун жумушайт. ~ **izi at izine karışmak** (*бир иш*) чиеленүү, татаалдашуу. ~ **kopuk** барксыз, наркsыз, түркөй киши. **~in kuyruğunda** *ооз.* аттын кара капталынан (*өтө көп, мол.*). ~ **oğlu** ~ иттин баласы. **~e ot, ata et vermek** итке чөп, атка эт берүү (*иштерди тескери жасагандарга айтылат*). **~i öldürene sürükletirler** колуң менен кылганды мойнуң менен тарт (*сөзм. с.* итти өлтүргөнгө сүйрөттүрөт). ~ **sürüsü kadar** *орой* иттей үйүгүшкөн. ~ **üzümü** *бот.* ит жүзүм, бүлдүркөн *(Solanum nigrum).*
itaat,-ti баш ийме, тил алма, моюн сунма. ~ **etmek** баш иймек, тил алмак, моюн сунмак.
itaatli, itaatkâr тил алчаак, элпек, тартиптүү.
itaatsiz бейбаш, тил албаган, көк, моюн сунбас, тилге келбес.
itaatsizlik,-ği бейбаштык, тил албастык, көктүк. ~ **etmek** бейбаштык/тил албастык/тартипсиздик кылуу.
italik курсив (*менен жазылган жазуу*).
İtalya Италия.
İtalyan 1.италян. 2.италяндарга мүнөздүү/тиешелүү.
İtalyanca 1.италян тили. 2.италяндарча.
itdirseği, -ni (*көздөгү*) тирсек.
iteklemek түрткүлөө, желкелөө.
itelemek 1.итектөө, түрткүлөө, желкелөө. 2.*өтм.* түрткүлөө, жылдыруу, жогорулатуу.
iterbiyum *хим.* иттербий.
itfa 1. өчүрүү. 2.өчүү, дымуу, бастоо. 3. *соода* карызды аз-аздан төлөп

кутулуу.

itfaiye өрт өчүргүч бригада. ~ **eri** өрт өчүргүч.

itfayeici өрт өчүргүч.

ithaf (*бирөөнө*) атоо, арноо (*адабий чыгарманы*). ~ **etmek** (*бирөөгө*) арноо, атоо, багыштоо.

ithal, -li 1.алып кирүү, киргизүү, кошуу. 2.сырттан алып келинген соода, импорт. ~ **bedeli** өлкөгө кириш бедели. ~ **lisansı** импорт үчүн лицензия. ~ **etmek** 1)алып кирүү, киргизүү, кошуу. 2)импорт жасоо.

ithalât, -tı 1.тыштан товар алып келүү, импорт. 2.импорттолгон товар.

ithalâtçı импортер.

itham күнөөлөө, айыптоо. ~ **etmek/~da bulunmak** күнөөлөө, айыпка жыгуу.

ithamname *ук.* күнөөлөмө акты.

itibar 1.сый, урмат, кадыр-барк, аброй, абийир. **~ı artmak** аброю артуу, кадыр-баркы көтөрүлүү. 2.байланыш, себеп, жөн. **~iyle ...** жагынан/жөнүнөн. **esas ~iyle** негизинен. **bu ~la** бул жагынан. 3.кредит төлөө жөндөмү, (*бирөөнүн*) кредиттик абалынын ишенимдүүлүгү. **~ı bozulmak** кредит алуу мүмкүнчүлүгүн жоготуу. ~ **sigortası** кредит камсыздандыруусу. **~a almak** этибарга алуу, эсептешүү. **~dan düşmek** кадыр-баркы түшүү. ~ **etmek** кадырлоо, сыйлоо. ~ **görmek** 1)этибарга алынуу, урмат-сый көрүү. 2)*экон. , ком.* талап көрүү. ~ **mektubu** кредит каты. **~ı olmak** 1)кадыр-баркы/аброю болуу. 2) кредит талабы күчтүү болуу.

itibaren (-дан) тартып, бери, баштап, кийин. **o günden** ~ ошол күндөн тартып. **babamın ölümünden ~ size daima hak verdim** атамын өлүмүнөн кийин сизди дайыма туура деп ойлодум. **yarından** ~ эртеңден баштап.

itibarıyla көз караштан, жөндөн, боюнча, тургудан. **kılık-kıyafet ~ dilenciden farkı yoktur** кебете-кешпири боюнча тилемчиден айырмасы жок .

itibarî *ком.* шарттуу, теориялык, болжолдуу. ~ **kıymet** болжолдуу баа.

itibarlı 1.кадыр-барктуу, абройлуу, сыйлуу. 2.кредит жөндөмү күчтүү, ишеничтүү.

itibarsız 1.кадыр-барксыз, урмат-сыйсыз. 2.кредит алуу мүмкүнчүлүгү жок.

itici 1.*мех.* түртүүчү, түрткүч. 2.кыймылдаткыч, кыймылга келтиргич, сүйрөгүч. ~ **çark** кыймылдаткыч дөңгөлөк. ~ **güç** кыймылдаткыч күч. 3.реактивдүү, ракеталык. ~ **yakıt** ракеталык күйүүчү зат. 4.*өтм.* жексур, жек көрүмчү, жагымсыз, көзгө суук.

itidal,-li 1.токтоолук, сабырдуулук, салмактуулук, башы оордук. 2.тең салмактуулук, калыстык. **~i dem** токтоо, салмактуу, таразалуу. **~ini kaybetmek** кызуу кандуулук кылуу, сабыры түгөнүү. **~ini muhafaza etmek** токтоолугун бузбоо, таразалоо, сабырдуулук көргөзүү. ~ **sahibi** оор басырыктуу, токтоо (*киши*).

itikat,-dı 1.ишеним, ишенич. **~ı batıl/batıl** ~ ырымчылдык, суеверие. 2.ыйман, Кудайга ишенүү. ~ **etmek** ишенүү, пикиринен/ыйманынан танбоо.

itikatlı динге ишенген, ыймандуу, такыба.

itikatsız динге ишенбеген, ыймансыз.

itilâf 1.жолугушуу, сүйлөшүү. 2.макулдашуу, келишим, ынтымакташтык. **İ~ Devletleri** *тар.* Антанта Мамлекеттери. ~ **etmek** келишүү, макулдашуу, ынтымакташуу.

itilme 1.түртүлүш, кагылыш, тыгылыш. 2.түрткү, баскы, күч. *сал.* **tazyik.**

3.*психол.* басуу, токтотуу, тутуу (*сезимдерди*).

itilmek 1.түртүлүү, кагылып-согулуу. 2.(*бир ишке*) мажбурлануу, күчкө салынуу.

itimat,-dı ишеним, ишенич, ынанч. ~ **etmek** (*бирөөгө, бир нерсеге*) ишенүү, бел байлоо. **~a lâyık** ишеничке арзыган. **~ı olmak** ишеничи болуу. **~ını sarsmak** ишеничин актабаш. **~ı suiistimal** (*бирөөнүн*) ишеничинен пайдаланыш. ~ **telkin etmek** ишеним туудуруш.

itimatlı ишеничтүү.

itimatname ишеним кат.

itimatsız 1.ишеничсиз. 2.эч кимге ишенбеген.

itimatsızlık,-ğı ишенбестик, ишенбөөчүлүк, кушку, шектенүү. ~ **göstermek** ишенбестик көргөзүү, ишенбөө. ~ **oyu** ишенилбестик добушу.

itina 1.камкордук, үйрүлүш, үстүнө түшүш. 2.кылдаттык, чебердик, кылдат мамиле. ~ **göstermek** 1)камкордук көргөзүш. 2)кылдат мамиле жасаш, чебердеш. ~ **ile** кылдаттык/чебердик менен. ~ **etmek** чебердөө, абайлоо.

itinalı 1.камкор, боорукер. 2.чебер, кылдат, өзгөчө.

itinasız чебердебеген, абайлабаган, чогоол.

itiraf моюнга алыш. **~ta bulunmak/etmek** (*күнөөсүн/кылганын*) моюнга алыш. ~ **edeyim ki ...** моюнга алыш керек .../айтып коюш керек ...

itiraz 1.каршылык, каяша. 2.*юр.* протест. **~ları çürütmek** каршылыктарды кабыл албоо. ~ **kabul etmez** айныксыз, талашсыз, анык, каршылык көтөрбөс. ~ **etmek** каршылык көргөзүү, каршы чыгуу.

itirazcı бардык нерсеге каршы чыккан, тежик, кежир.

itirazsız 1.каршылык көрсөтпөстөн, каршы чыкпастан. 2.талашсыз, айныксыз, анык.

itiş ителеш, итектеш, түрткү, түртүш. ~ **kakış** түртүшмө. ~ **kudreti** түртүлүү күчү.

itişmek 1.(*өз ара*) түртүшүү. 2.түрткүлөшүп ойноо. **itişip-kalkışmak** 1)түрткүлөшүү, жулмалашуу. 2) түртүшүп ойноо.

itiyat,-dı 1.көнүмүш, адат. **~ını bırakmak/~ından vazgeçmek** адатын калтыруу/коюу, көнгөн адатынан баш тартуу. ~ **üzere** көнгөн адаты/көнүмүшү боюнча. 2.мүнөз. ~ **edinmek** көнүмүш кылып алуу, адатка айландыруу. ~ **etmek** көнүп алуу, адат болуп калуу.

itizar кечирим. ~ **etmek** кечирим сураш, алдынан өтүш.

itki *психол.* түрткү, ойготуу, таасир.

itlâf 1.өлтүрүш, кырыш, жок кылыш. 2.кыйратыш, бузуш, ойрондош. 3.ысырапкордук. ~ **etmek** 1)өлтүрүү, көзүн тазалоо. 2)кыйратуу, бузуу, талап-тоноо. 3)ысырап кылуу, чачуу.

itlik,-ği иттик, оройлук, тарбиясыздык, арамзаалык.

itmam 1.аягына чыгарыш, бүткөрүш, аткарыш. 2.*мат.* интеграция. ~ **etmek** 1)бүтүрүү, аягына чыгаруу, аткаруу, орундоо. 2)интеграциялоо.

itmek итектеш, ителеш, түртүш, жылдырыш. **ite kaka** 1)итектеп, түрткүлөп. 2) араңдан зорго, аябагандай кыйынчылык менен.

itriyum *хим.* иттрий.

ittiba *эск.* баш ийүү.

ittifak, -kı 1.макулдашуу, өз ара түшүнүшүү, келишүү, пикир бирдиги. 2. ынтымакташтык, бирдик, шериктештик. **Üçlü İ~** *тар.* Үчтүктөр Бирдиги. ~ **etmek** 1)макулдашуу, өз ара түшүнүшүү. 2)бирдик /шериктештик түзүү.

ittifakla бир добуштан/ооздон, жалпы,

бирдикте.

ittiham 1.кылмыштуулук, күнөөкөрдүк. 2.күнөөлөө, айыптоо. **~da bulunmak/~etmek** күнөөлөө, кылмышка/айыпка жыгуу.

ittihat,-dı 1.бирдик, ынтымактык, корпорация, федерация. **gümrük ~ı** бажы бирдиги. 2.биригүү, кошулуу. **İ~ ve Terakki fırkası** *тар.* Биримдик жана Прогресс партиясы (*Түркиядагы саясий партия*).

ivaz 1.каршылык, орун, кун. 2.*ук.* компенсация. **~ olarak** (*бир нерсенин*) ордуна. **~ vermek** зыянын /чыгымын көтөрүү, кунун төлөө.

ivazsız эч пайда көздөбөй, чын жүрөктөн.

ivdirmek тездетүү, ылдамдатуу, шаштыруу.

ivecen шашма, калдас, сабырсыз.

ivedi 1.шашмалык, тездик, ылдамдык. 2.шашылыш.

ivedili шашылыш, тездик талап кылган, күтүлбөй турган.

ivedilik,-ği шашылыштык, тездик. **~le** шашылыш түрдө.

iveğen 1. *к.* **ivecen.** 2.*мед.* бат күчөп кеткен, улаарып кеткен (*оору*). **~ hastalık** тез күчөгөн оору.

ivme 1.ылдамдык, тездик, ыкчамдык. 2.тездетүү, ыкчамдатуу, ылдамдыгын арттыруу. **~ kazanmak** ылдамдыгы артмак.

ivmek 1.шашуу, чапчаң кыймылдоо. 2.ылдамдыгы артуу.

ivmeölçer ылдамдык өлчөгүч, акселерометр.

iye ээ, кожоюн, жеке менчикчи. **~si olmak** (*бир нерсени*) ээси болуу.

iyelik, -ği ээлик. **~ eki** *грам.* таандык мүчө. **~ zamiri** *грам.* таандык ат атооч.

iyi 1.жакшы. **~ adam** жакшы киши. **~ haber** жакшы кабар. **~ niyet** жакшы/ак ниет. 2.сак, саламат. **~miş-siniz maşallah!** дениңиз сак экен, кудаа кааласа! 3.жакшы, туура, ылайык, пайдалуу. **çocuklara ~ gelir** балдар үчүн пайдалуу . **~ bir cevap** туура жооп. 4.көп, мол, пайдалуу, берекелүү. **~ para kazanıyor** көп акча табат. **~si ...** 1)жакшы жери.... 2)баарынан жакшысы. **~ye çekmek** жакшыга жоруу. **~ dilek** ак/жакшы тилек. **~ dilekte bulunmak** жакшы тилек тилөө. **~ye doğru gitmek** жакшыра/оңоло баштоо. **~ etmek** 1)айыктыруу, дарылоо. 2)жакшылык кылуу. **ne ~ ettiniz de geldiniz** келгениңиз жакшы болбодубу. 3).*арго* алдап/тоноп кетүү. **~ geceler!** түнүңүз бейпил болсун! **~ gelmek** 1)ооруну басуу, айыктыруу (*дары, эм*). **ilâç mideme ~ geldi** дары ашказанымы оңдоду. 2)чак келүү, жарашуу (*кийим*). 3)акжолтой болуу. **~ gitmek** 1)жолунда болуу (*иш, соода ж. б.*). 2)жарашуу **bu elbise size ~ gider** бул көйнөк сизге жарашат. 3)жакшы ичилмек/желмек. **balıkla beyaz şarap ~ gider** балык менен ак шарап жакшы ичилет. **~ görmek** абалынын/көңүлүнүн жакшы экенин көрүү, курсант болуу. **sizi ~ gördüm** абалыңыз/ көрүнүшүңүз жакшы экен (*көбүнчө учурашканда көңүл көтөрүү үчүн айтылат*). **~ gözle bakmak** ак ниет/ак дил менен кароо. **~ gün** жакшы күн. **~ gün dostu** күн тийген жердин күкүгү (*кыйынчылыкта кылчайбай кеткен достор үчүн айтылат*). **~ günler!** күнүңүз кутман болсун! (*күндүзгү саламдашуу*). **~ hâl** жакшы жүрүш-туруш/мүнөз. **~ hâl belgesi/kâğıdı** жакшы мүнөздөмө. **~ hoş (amma)...** баары сонун дечи, бирок... . **~siniz inşallah?** жакшы турсаңыздар керек? **~ iş belgesi** рекомендация. **~ iş doğrusu!** *ооз.*

жакшы болуптур, эмне дейли (*жактырбаган окуяга карата айтылат*). **~den ~ye** жакшылап, мыктылап. **~ye ~, kötüye kötü demek** акты ак, караны кара деш. ~ **kalpli** ак көңүл, боорукер. ~ **ki** жакшы болбодубу. ~ **ki geldiniz** келгениңиз жакшы болбодубу. ~ **kötü** жамандыр-жакшыдыр, жаманбы, жакшыбы, кандай болсо да. ~ **kötü bir cevap verdi** жаманбы, жакшыбы бир жооп берди. **~si mi ...** эң туурасы, эң жакшысы. **~si mi bu işten vargeçmeli** эң жакшысы бул иштен баш тартуу керек. ~ **olacak hastanın hekim ayağına gelir** *мак.* айыгар оорунун дарысы өзү табылат. ~ **oldu da** жакшы болду, бирок. ~ **olmak** 1)жакшы болуп калуу, айыгуу (*оорудан*). 2) орундуу/жөндүү/туура болуу. 3) чак келүү, жарашуу (*кийим*). ~ **söylemek** (*бирөөнү*) мактоо, жактоо. ~ **vardım** ырас кылмак. ~ **vardım da yapmadım** (*бир ишти*) жасабай ырас кылыптырмын. **~ye varmak** жакшы бүтмөк. **~ye varmaz** аягы жакшы болбойт. ~ **yolculuklar** жолуң шыдыр болсун! **sizden ~ olmasın!** сиздей кайдан болсун, ошентсе да ... (*бирөөнү мактардан мурун каршысындагынын да көңүлүн көтөрүү үчүн айтылат*). ~ **söz baldan tatlı** *мак.* жакшы сөз балдан таттуу. ~ **söz demir kapıyı açar** *мак.* жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат.

iyice 1.түзүк, жакшы эле. ~ **bir ev** жакшы эле үй. 2.жакшылап, мыктылап. ~ **anlamadan söylemek** жакшылап түшүнбөй туруп сүйлөө. ~ **bilmek** жакшы билүү.

iyicil 1.ак ниеттүү, кайрымдуу, боорукер. 2.*мед.* аягы жакшы бүтүүчү (*оору*).

iyileşmek 1.жакшыруу, оңолуу, түзөлүү. 2.айыгуу, тыңуу, сакаюу, сергүү (*оорудан*).

iyileştirici 1.жакшыртуучу, түзөлтүүчү, оңой турган. 2.айыктыруучу, шыпаалуу.

iyileştirmek 1.айыктыруу, дарылоо, сакайтуу. 2.жакшыртуу, оңдоо, түздөө.

iyilik, -ği 1.жакшылык. ~ **yaparsan, ~ görürsün** *мак.* жакшылык кылсаң, жакшылык көрөсүң. 2.амандык, эсенчилик, жакшылык, жакшы күндөр. 3.пайда, ырыскы, жакшы жак. **okumanın şu ~i de var** окугандын ушундай да пайдасы бар. ~ **bilmek** жакшылыкты билүү. ~ **bilmez** жакшылык билбес. **~i dokunmak** жакшылыгы тиймек. ~ **etmek** жакшылык кылуу. ~ **görmek** жакшылык көрүү. ~ **sağlık** аманчылык-эсенчилик. ~ **yapmak** жакшылык кылуу.

iyilikbilir жакшылыкты билген, жакшылыкты унутпаган.

iyilikçi *к.* **iyiliksever.**

iyilikle жакшылык менен, жайынча. **meseleyi ~ halletmek** маселени жакшылык менен чечүү.

iyiliksever жакшылыгын аябаган, кайрымдуу, кең пейил (*киши*).

iyimser 1.жакшылыктан күдөр үзбөгөн. 2.оптимист.

iyimserlik оптимизм.

iyodür йоддуу. **potasyum ~** йоддуу калий. **sodyum ~** йоддуу натрий.

iyon *физ. , хим.* ион. ~ **nizamı** иондор тартиби. ~ **yuvarı** *к.* **iyonosfer.**

iyonlaşma иондошуу. ~ **derecesi** иондошуу даражасы.

iyonometre *хим. , физ.* ионометр.

iyonosfer ионосфера.

iyot *хим.* йод. ~ **tentürü** йод тундурмасы.

iyotlu йоддуу.

iz 1.из. **ayak ~i** буттун изи. **tekerlek ~i** дөңгөлөк изи. 2.так, из. **yara ~i** жа-

ранын тагы. 3.белги, жышаан. **cinayet ~leri** киши өлтүрүү белгилери/далилдери. 4.калдык, эстелик. **o çağın uygarlığından ~ kalmadı** ал доордогу цивилизациядан эстелик калбады. 5.*мат.* кесилиш чекити. **~i belirsiz** изи/дайны жок. **~ bırakmadan** из калтырбай. **~ine düşmek** изине түшүү. **~ düşüm/ ~ düşümü** 1).*мат.* проекция. 2)*физ.* проекция (*экранга берилген*). **~ini kaybetmek** изин жоготуу. **~ini kaybettirmek** изин адаштыруу. **~i silinmek** орду-түбү менен жок болуу. **~ sürmek** из сүрүү, изине түшүү, изин кубалоо. **~inde/~inden yürümek** изине түшүү, жолу менен кетүү.

izafet,-ti 1.*филос.* байланыш. 2.*грам.* изафет, атоочтук сөз айкашы.

izafeten урматына, кадырына. **bu caddenin ismi filana ~ verildi** бул көчөнүн аты баланчанын урматына коюлду.

izafî салыштырмалуу, болжолдуу. **~ ağırlık** *физ.* салыштырмалуу салмак. **~ hacim** *физ.* салыштырмалуу көлөм.

izafiyet,-ti байланыш, мамиле, салыштырмалуулук. **özel ~ teorisi** *физ.* салыштырмалуулук теориясы.

izah түшүндүрмө, ачыктама. **~ etmek** ачыктоо, түшүндүрүү. **~ı imkansız** түшүндүрүлбөй турган, түшүндүрүлүшү кыйын.

izahat,-tı түшүндүрмөлөр, ачыктамалар.

izale токтотуу, жоюу, жок кылуу. **~ etmek** жок кылуу, жоюу.

izam I *эск.* жиберүү, жолдоо. **~ etmek** жибермек, жолдомок.

izam II 1.чоңойтуу, жогорулатып/апыртып көргөзүү. 2. даңктоо, ардактоо, урматтоо. **~ etmek** ашыра мактоо, көкөлөтүү.

iz'an түшүнүктүүлүк, көрөгөчтүк, эстүүлүк, байкагычтык. **~ etmek** түшүнүктүүлүк/эстүүлүк кылуу.

iz'anlı акылдуу, эстүү, түшүнүктүү.

iz'ansız акылсыз, эссиз, түшүнүксүз, билимсиз, түркөй.

izbe 1.жапыз/жалпак там, жертөлө. 2.нымдуу, караңгы, буйтка (*жер*).

izci 1.из кубар. 2.жол көрсөткүч. 3.өзгөчө абалдар үчүн тарбияланган өспүрүм.

izcilik, -ği из кубарлык.

izdiham тыгын, түртүш, жөөлөшмө, төө басты.

izdivaç,-cı нике, үйлөнүү. **sahte ~** жасалма/жалган нике. **~ etmek** үйлөнүү, турмуш куруу.

izin,-zni 1.уруксат, макулдук. **akşam için annesinden ~ aldı** кечкурунку үчүн апасынан уруксат алды. 2.эс алыш, дем алыш, отпуск. **~ini kullanmak** отпускасын колдонуу. **yıllık ~** жылдык эс алыш. **~ almak** 1)отпуска алуу. 2)уруксат алуу. **~e çıkmak** отпускага чыгуу. **~ vermek** 1)уруксат берүү. 2)отпуска берүү. **hastalık ~i** ооруга байланыштуу дем алыш. **maaşsız ~** эмгек акысыз эс алыш. **ücretsiz ~** *к.* **maaşsız ~.**

izinli 1.уруксааты бар (*бир нерсе кылууга*). 2.дем алууда/отпускада болгон киши. 3.уруксат менен жасалган нерсе.

izinsiz 1.уруксатсыз, макулдуксуз. 2.сыртка чыгууга тыюу салынган (*окуучу*).

İzlanda 1.Исландия. 2.Исландияга тиешелүү/мүнөздүү.

İzlandaca исландия тилинде, исландияча.

İzlandalı исландиялык.

izlem байкоо, көзөмөл.

izlemci байкоочу, көзөмөлчү.

izlemek 1.(*бирөөнү*) байкоого алуу, аңдуу, изине түшүү. 2.(*убакыт, кезек ж. б.*) аркасынан келүү. **geceyi gündüz izler** түндүн аркасынан

күн келет. 3. байкоо, көзөмөлдөө, текшерүү. 4. кароо, көрүү (*кино, телевизорду*). 5. белгилүү бир жол менен кетүү. **bu yolu izle** бул жол менен бар. 6. көз жиберүү, көз чаптыруу. 7.жолго коюу, жүргүзүү (*мис. саясатты, багытты*). 8.артта калбоо, ылайыкташуу, жараша болуу. **modayı ~** модага ылайыкташуу.

izlence 1.программа, план. 2.телепрограмма.

izlenim көрүнүш, таасир, элес. **~ bırakmak** таасир калтыруу. **~ uyandırmak** сезим козгоо/элес калтыруу.

izlenimci импрессионист.

izlenimcilik, -ği импрессионизм.

izlenme жолго коюу, жүргүзүү.

izleyici көрүүчү.

izmarit 1.*зоол.* деңиз карасы. 2.*ооз.* чылымдын калдыгы.

izobar *геогр. , физ.* изобара.

izolâsyon изоляция.

izolâtör изолятор.

izole изоляцияланган, бөлүнгөн, ажыратылган, коруучу. **~ bant** изолента. **~ etmek** ажыратуу, бөлүү.

izomer *хим.* изомер.

izomeri 1. *хим.* изомерия. 2.изомердик.

izomorf изоморф.

izomorfizm изоморфизм.

izoterm *геогр.* изотерма.

izotop,-pu *хим.* изотоп. **radyoaktif ~** радиоактивдүү изотоп.

izzet,-ti 1.абийир, намыс, аброй. 2.ызаат, урмат, сый, кадыр-барк, даңк. 3.кубат, күч. **~ü ikbal ile!** баары ойдогудай болсун! жолуңуз ачык болсун!

izzetinefis, -fsi намыс, ар, шарапат, өз кадыр. **~ine dokunmak** намысына тийүү. **~ini incitmek** ардантуу, намысына шек келтирүү. **~ sahibi** ар-намыстуу, өз кадырын түшүрбөгөн.

izzetlemek ызааттоо, барктоо, ардактоо

izzetli ызааттуу, кадырлуу, барктуу.

izzetüikbal,-li кадыр-барк, урмат.

izzetüikram сыйлоо, тосуу, коноктоо.

J

J,j *түрк алфавитинин он үчүнчү тамгасы.*
jaguar *зоол.* ягуар (*Felis onca*).
jaketatay *эркектердин расмий кечелерде кийген кийими.*
jakuzi жакузи.
jale шүүдүрүм.
jalûzi жалюзи.
Jamayka 1.Ямайка. 2.Ямайкага тиешелүү/мүнөздүү.
Jamaykalı ямайкалык.
jambon ветчина, чочконун ышталган саны (*тамак түрү*).
jandarma 1.жандармерия. 2.жандарм.
jandarmalık,-ğı 1.жандармдык (*иш жана милдет*). 2.*өтм.* көзөмөлчүлүктөн пайда тапкан, айлакер, шылуун.
janjan күйүп-өчүп турган жарык.
janjanlı күйүп-өчкөн, түркүн түс чачкан.
jant, -tı дөңгөлөк, чамбар, чарк.
Japon жапон. ~ **gülü** *бот.* камелия.
Japonca жапон тили, жапончо.
japone жапонка (*ийнинде тигиши жок узун жеңдүү аял кийим).* ~ **kollu** жапонка бычымындагы жең.
Japonya Жапония.
Japonyalı жапон, жапониялык.
jarse *к.* **jerse.**
jartiyer тарткыч, резинка.
jelâtin желатин.
jenerasyon муун, тукум.
jeneratör генератор.
jenerik(*фильмдин*) таанытым жазуусу.
jeofizik геофизика.
jeokimya геохимия.
jeolog, -gu геолог.
jeoloji геология.
jeolojik геологиялык. ~ **yapısı** геологиялык түзүлүшү.
jeometri геометрия.
jeomorfoloji геоморфология.
jeopolitik, -ği геополитикалык.
jermanyum *хим.* германий.
jeotermal геотермалдык (*жылуулук).*
jerse 1.жерси (*кездеме түрү*). 2.жерсиден жасалган кийим.
jest, -ti 1.жест, ышаарат. ~ **yapmak** ышаарат кылуу. 2.жест, өрнөктүү аракет.
jet, -ti 1.реактивдүү күч. ~ **motoru** реактивдүү кыймылдаткыч. 2.реактивдүү учак. ~ **sosyete** аристократтар, ак сөөктөр, элита.
jeton жетон. ~ **düştü!** *арго* мээңе жетти, эми араң түшүндүң. ~ **geç düşmek** (*бир нерсени*) кеч түшүнүү.
jigolo жиголо (*улгайган аял менен мамиле курган жаш жигит*).
jikle *тех.* жиклер.
jiklet, -ti сагыз.
jile пуловер, жеңсиз трикотаж кийим (*эркектер көйнөктүн тышынан кийген*).
jilet,-ti сакал алгыч. ~ **bıçağı** сакал алгыч бычагы.
jimnastik, -ği 1.гимнастика (*көнүгүү*). **sabah ~i** эртең мененки гимнастика. 2.гимнастика (*көркөм спорт түрү*). **aletli** ~ спорт гимнастикасы.
jimnastikçi 1.гимнаст. 2.гимнастика тренери.
jinekolog гинеколог.
jinekoloji гинекология.
jips гипс.
jiuijitsu *спорт* жю-житсу *(япон күрөшү).*
jokey жокей, чабендес.
jorjet,-ti 1.жоржет (*кездеме түрү*). 2.бул кездемеден жасалган. ~ **etek** жоржет этек/юбка.
jöle 1.желе (*жемиш маңызынан шекер кошуп жасалган) 2. сорпонун*

килкилдеги.

jön 1.келишимдүү жаш жигит. 2.баш ролдордо ойногон жаш актер.

jönprömiye *театр* баш ролдордо ойногон жаш актер.

jöntürk *тар*. жаш түрк/младотүрк.

judo *спорт* дзюдо.

judocu дзюдочу/дзюдоист.

jul,-lü *физ*. джоуль.

junta хунта.

jura *геол*. юра.

jurnal,-li 1.тоголок арыз. 2.күндөлүк, рапорт. 3.полиция рапорту. ~ **etmek** жамандап/ушактап баруу, тыңчылык кылуу.

jurnalcı ушакчы, тыңчы, чагымчы.

jübile юбилей.

Jüpiter *астр*. Юпитер.

jüpon ички этек.

jüri жюри.

jüt,-tü 1.*бот*. жут (*жип/кап жасоодо кылдары колдонулат; Corchorus capsularis*). 2. *бул өсүмдүктүн кылдарынан токулган нерсе*.

K

K,k *түрк алфавитинин он төртүнчү тамгасы.*

kaba 1. орой, адепсиз, оргу-баргы. **~ adam** орой киши. **2.** одоно, жупуну, көзгө комсоо, эптеп-септеп/ чүргөп жасалган. **~ aletler** одоно куралдар. **3.** серт, катуу, жагымсыз, орой. **~ söz** катуу сөз. **4.** ири, кесек. **~ çakıl** ири шагыл. **~ un** кесек ун. **5.** калың, түктүү (*мис. килем*). **6. (~ et)** көчүк, жамбаш. **~sını almak 1)** жылмалаш, түздөш, оңдош.**2)** иреттемиш/жыйнамыш болуш. **~ kafa** маңбаш. **~ saba 1)** орой, ороң-бараң, оргу-баргы. **2)** абайсыз, этиятсыз, энөө.

kabaca 1. одоно, жупуну, эптеп-септеп жасалган. **2.** ири, кесек. **3.** үстүртөн, жалпысынан, болжол менен.

kabadayı 1. тайманбас, эр көкүрөк, кандан-бектен кайра тартпаган. **2.** зөөкүр, менменсинген, өзүнүкүн бербеген. **Cafer ağa bölgenin tanınmış ~larından biriydi** Жафер ага аймактын атактуу зөөкүрлөрүнөн бири болчу. **3.** *ооз.* эң мыкты, эң сапаттуу. **bunun en ~sı bin lira** мунун эң мыктысы миң лира.

kabadayıca 1. тайманбастык/ кашкөйлүк менен. **2.** зөөкүрчө.

kabadayılık,-ğı 1.тайманбастык, тайбастык, кашкөйлүк. **2.** зөөкүрлүк, өзүм билемдик. **~ etmek** зөөкүрлөнүү, өзүм билемдикке салуу. **~ taslamak** кыйынсынуу, баатырсынуу, дөөгүрсүү.

kabahat,-ti 1. айып, кынтык, ката, жаңылыштык. **2.** *ук.* жеңил жазаландырыла турган күнөө. **~ bende** айып/жаңылыштык менде. **~ bulmak** кынтык издөө. **~ etmek/ işlemek** жаңылыштык жасоо. **~ yüklemek** күнөөнү башкасына жүктөп коюу. **~i yüzüne vurmak** (*бирөөнүн*) катасын айтып, кырына чыгып алуу.

kabahatli айыптуу, күнөөлүү, ката/ жаңылыштык кетирген. **~ çıkarmak/ göstermek** айыптуу кылып чыгаруу. **~ olmak** күнөөлүү болуп чыгуу, айыпка жыгылуу.

kabahatlilik, -ği айыптуулук, күнөөлүүлүк.

kabahatsiz айыпсыз, күнөөсүз, ак.

kabahatsizlik, -ği айыпсыздык, актык, күнөөсүздүк.

kabak,-ğı 1. *бот.* кабак, ашкабак (*Cucurbita*). **2.** бул өсүмдүктүн тамак үчүн пайдаланылган башы. **3.** нашаакечтер колдонгон түтүк түрү. **4.** *ооз.* орой, одоно, адепсиз (*киши*). **5.** чала бышкан, даамсыз (*дарбыз, коон*). **6.** таз, көсөө, тасырайта алынган (*чач, сакал, мурут*). **7.** *муз.* үч кылдуу музыкалык аспап. **~ çalmak** кабак чертүү. **8.** *ооз.* мойну кыска айбан. **~ başına patlamak 1)** башына балакет келмек. **2)** (*бир иштин*) азабын/кыйынчылыгын жалгыз тартып калмак. **~ onun başına patladı** балакетин/азабын ал тартты. **~ çekirdeği** ашкабактын данеги. **~ çıkmak** чийки чыгып калуу (*мис. дарбыз, коон*). **~ çiçeği gibi açılmak** жооштон жоон чыкмак. **~ dolması** кабактын ичине фарш салып бышырылган тамак. **~ gibi 1)** таз. **2)** даамсыз. **3)** көсөө, тасырайган. **~ kafa(lı) 1)** чачы түшкөн, кашка баш. **2)** чачын кырдырып салган. **3)** башы ашкабактай, мээси жок. **~ına su yürümek** чоңоюу, эрезеге жетүү, жыныстык жактан

жетилүү. **~ tadı vermek** тажатуу, кулактын кужурун алуу. **bu şarkı artık ~ tadı verdi** бул ыр тажатып жиберди.

kabakçı 1. ашкабак өстүргөн/саткан киши. **2.** нашаа саткан киши. **3.**кабак аспабын чалган киши.

kabaklamak1.(*бак-даракгарды*) бутоо, кабыгын сыйруу. **2.** кыйыштыруу.

kabakulak,-ğı *мед.* чурайдын сезгенип, шишип кетүүсү.

kabala *дин* **1.**кабалла. **2.** каббалистика.

kabalak, -ğı *эск.* папах түрүндөгү эски баш кийим.

kabalaşmak 1. одоно тартуу, орой боло баштоо. **2.** оройлук кылуу, катуу айтуу.

kabalık, -ğı 1. оройлук, адепсиздик. **2.**одонолук, серттик, жарашыксыздык.

kabalist, -ti *дин* каббалист.

kaballama (*шахталарда*) жыгач менен тирөө.

kaban чолок пальто, узун калың куртка.

kabara 1. бут кийимге кагылган мык түрү. **2.** бөркү жазы жез мык (*үйлөргө кооздук үчүн кагылат*).

kabarcık,-ğı 1. ыйлаакча, суу толгон жара. **2.** көбүк. **3.** *анат.* (*дене-деги*) төмпөк, тирсек.

kabarcıklı 1. ыйлаактап кеткен. **2.**көбүктүү. **~ düzeç** ватерпас (*түздүк/жантыктыкты өлчөгөн аспап.*).

kabare кабаре, түнкү клуб. **~ tiyatrosu** кабаре-театр.

kabarık,-ğı. 1. көөп/шишип турган (*жер*). **2.** үйлөнгөн, көптүрүлгөн. **3.** томпок, дөмпөк. **4.** шишик. **5.***өтм.* көп, калың. **suç dosyası bayağı ~** жасаган кылмышы бир далай. **~ deniz** толкундуу/ өркөчтөнгөн деңиз.

kabarıklık,-ğı 1. көбүңкү абал, шишик. **2.** томпоктук, дөмпөктүк.

kabarış 1.көөп/шишип калыш, төмпөйүш. **2.** *өтм.* көбүш, манчыркаш, бой көтөрүш.

kabarma 1. көбүрүү, жондонуу. **2.** шишик. **3.** *өтм.* көбүү, кекирейүү. **4.**деңиздерде суу деңгээлинин көтөрүлүшү. *сал.* **met.**

kabarmak 1.кабаруу, көбүү, көтөрүлүү, көбүктөнүү, тарсаюу, торсоюу. **ekmek ~** нан көөп бышуу. **2.** ташуу, көтөрүлүү, кирүү (*суу*). **3.** көбөйүү, саны артуу. **masraf kabardı** чыгым артты. **4.** шишип кетүү. **elleri kabardı** колдору шишип кетти. **5.** түлөө, жүнү түшүү (*айбандардын*). **6.** түлөө, түгү түшүү (*кездеменин*). **7.** сыйрылуу. **dolabın boyası kabardı** шкафтын сыры сыйрылды. **8.** жондонуу, өркөчтөнүү, бууракандоо (*деңиз, көл ж. б.*). **9.** түктөйүү, үрпөйүү, тикчийүү. **kedinin kuyruğu kabardı** мышыктын куйругу түктөйүп чыкты. **hindi kabardı** үндүк жүнүн үрпөйттү. **10.** *өтм.* албууттануу, буркан-шаркан түшүү, жинденүү (*киши*). **11.** *өтм.* көөп кетүү, менменсинүү, манчыркоо. **12.** өрөпкүү, толкунануу. **göğsümüzü kabarttın** сыймыктандырдын, төбөбүздү көккө жеткирдиң. **kabara kabara** 1) көңүл эргип, өрөпкүп. 2) менменсинип, манчыркап.

kabartı 1. томпок, дөмпөк, көпкөн/төмпөйгөн, томпойгон, шишиген (*жер*). **2.** урчук.

kabartılı 1. кабарган, томпойгон, дөмпөйгөн. **2.** шишиктүү. **3.** сыймык туудурган, шерденткен.

kabartma 1. томпойтуу, дөмпөйтүү, кабартма. **2.** рельеф, ой-чуңкур. **3.**барельеф. кабартып жасалган чеканка. **~ deri** быдырлуу тери. **~ tozu** (*камыр*) көптүргүч порошок.

kabartmak 1. көптүрүү. **2.** борпоңдоторуу, жумшартуу. **3.** көтөрүү, шиширүү. **döşeği ~** төшөктү көп-

түрүү. **toprağı ~** топуракты/ жерди көпшөтүү, жумшартуу, түптөө.

kabasakal чоң сакал.

kabataslak,-ğı үстүртөн, жалпы жонунан, одоно/схема түрүндө, майда-чүйдөсүз, аки-чүкүсүз.

Kâbe *дин* Кааба.

kabız,-bzı *мед.* ичтин катышы, ичи катып ооруш. **~ olmak** 1) ичи катыш. 2) *арго* ишсиз калыш.

kabızlık,-ğı ич катма (*оору*). **~ çekmek** ич катып, заңдай албоо.

kabil I мүмкүн болгон, ыктымалдуу, ишке ашышы мүмкүн. **~se** мүмкүн болсо. **~ değil** мүмкүн эмес. **~i ekil** жегенге жараган (*тамак)*. **~i nakil** ташылышы мүмкүн (*буюм, жүк*). **~i tedavi** дарылоого боло турган (*оору*).

kabil II 1. бул түрдүү/сыяктуу, мындай, окшогон. **bu ~ durumlarda** мындай жагдайларда. **~inden** буга окшогон. **rakı ~inden bir içki** ракыга окшогон бир ичкилик. **2.** ... - айын деп. **onu tenkit ~inden söylemedim** аны сындайын деп айткан жокмун.

kabile I уруу, урук.

kabile II аначы (*аял*), акушерка.

kabiliyet,-ti жөндөм, шык, мүмкүнчүлүк, талант. *сал.* **yetenek. iş görme ~i** ишке жарактуулук/жөндөмдүүлүк.

kabiliyetli 1. жөндөмдүү, шыктуу, жөндүү, эптүү. **2.** таланттуу, өнөрлүү. **üstün ~** өзгөчө шыктуу.

kabiliyetsiz 1. жөндөмсүз, шыксыз, талантсыз. **2.** эпсиз, чогоол.

kabin 1. кабина (*учакта же кемеде*). **pilot ~i** учкуч кабинасы, **telefon ~i** телефон кабинасы. **2.** (*пляжда*) чечинүүчү жай. **3.** (*дүкөндө*) кийим ченөөчү жай. **uzay ~i** космонавттар бөлмөсү.

kabine 1. кабинет, Министрлер Кеңеши. **~ başkanı (~ reisi)** премьер-министр. **2.** кабинет (*мис. доктордун*). **3.** (*дүкөндө, пляжда*) кийинип-чечинүүчү жай. **4.** туалет. **~ çekilmek** өкмөттүн ишти таштап кетүүсү. **~ düşmek** өкмөттүн кулашы. **~ toplantısı** өкмөт чогулушу/ жыйыны.

kabir,-bri мүрзө, көр. **~ azabı çekmek** катуу азап тартуу, жаны кейүү. **~ suali sormak** тажатма/керелик кечке суроо суроо.

kabl мурунку, чейинки.

kablelmilat *эск.* биздин замандан мурунку.

kablo кабель, зым. **~ çekmek** кабель/ зым тартуу. **~ döşemek** кабель төшөө, жердин алды менен алып өтүү. **~lu televizyon** кабелдүү телекөрсөтүү.

kabotaj каботаж (*жээк боюндагы кемечилик иштери*). **~ gemisi** каботаж кемеси.

kabristan көрүстөн, бейит, кабырыстан.

kabuk,-ğu 1. кабык (*бак-даректын*). **ağaç ~u** бактын кабагы. **2.** кабык (*мөмө-жемиш, жашылчалардын*). **3.** кабык, катуу катмар (*мис. жумуртканын*). **4.** карт (*жаранын*). **~ bağlamak 1)**кабык байлоо. **2)**карттануу. **5.** раковина (*айрым деңиз айбандарында*). **6.** кыртыш (*жердин, нандын ж. б.*). **~una çekilmek** өзү менен өзү болуу, элден четтөө. **~ gibi** катуу, бышык (*кездеме*). **~unu soymak** кабыгын арчуу.

kabuklanmak кабык байлоо.

kabuklu кабыктуу. **~ amip** кабыктуу амёба.

kabuksuz 1. кабыксыз. **2.** ааарчылган. **~ yumurtlatmak** тез жасайм деп терс жасоо (*сөзм. с.* кабыгы жок жумуртка туудуруу).

kabul,-lü 1. кабыл, ыраазычылык, макулдук. **~!** макул! жарайт! **~ mü?** жарайбы? **2.** кабыл алуу. **resmî ~**

расмий кабыл алуу. **~ edilmek 1)** кабыл алынуу (*ой-пикир, сунуш*). **2)** кабыл алынуу (*зыяратчы, конок ж. б.*). **~ etmek 1)** кабыл алуу, жаратуу, макул болуу. **2)** (*бирөөнү*) кабыл алуу. **~ günü 1)** кабыл алуу күнү. **2)** (*түрк аялынын*) досторун үйүндө меймандаган күнү. **~ ettirmek** (*бирөөгө бир нерсени*) кабыл алдыруу, макулдатуу. **~ olunmayacak duaya amin demek** ишке ашпас нерседен үмүт кылуу. **~ salonu** кабыл алуу бөлмөсү. **~ ve tasdik etmek** кабыл алып бекитүү, ратификациялоо.

kabullenmek 1. кабыл алуу, макул болуу. **2.** аргасыздан моюнга алуу. **3.** өзүнө ыйгарып алуу, менчиктөө (*акысы жок туруп*).

kaburga 1. *анат. зоол.* кабырга. **~ kemiği** кабырга сөөгү. **2.** *дең.* кеменин каркасы/сөөгү. **3.** *арх.* курулуштун каркасы. **~ları çıkmak/sayılmak** кабыргасы чыгуу/саналуу (*абдан арыктоо*).

kâbus 1. жүрөк үшүткөн, коркуткан/коркунучтуу (*абал*). **2.** албарсты. *сал.* **karabasan. ~ basmak/çökmek** коркуу, үрөйү учуу.

kabza 1. сап, тутка. **kılıcın ~sı** кылычтын сабы. **2.** чымчым, учу. **3.** *арго* бир чымчым нашаа.

kabzımal ортомчу,алып-сатар (*жашылча-жемишти*).

kaç,-çı 1. канча? (*суроолуу сүйлөмдө*). **~ para eder?** канча акча болот? **~ta** канчада? **saat ~ ?** саат канча? **2.** канча жолу, далай. **~ defa söyledim** канча жолу айттым. **~ zamandır eve gelmiyor** далайдан бери үйгө жолобойт. **~ın kurası** алчы-таасын жеген/көптү көргөн (*оңой менен алданбас*) киши. **~ paralık adam/şey** ишке жарабаган/болбогон (*киши, нерсе*).

kaçak,-ğı 1. качкын, дезертир. **asker ~ı** аскерден качкан. **2.** көчмөн. **vapurda bir ~ Rus ailesi vardı** кемеде бир көчмөн орус үй-бүлө бар эле. **3.** контрабанда. **~ mal** чек арадан жашыруун өткөрүлгөн товар. **4.**тыюу салынган, уруксатсыз (*нерсе, аракет*). **~ kat** жасак кат. **5.**(*бир идиштен, түтүктөн ж. б.*) чыккан газ/суюктук. **gaz ~ı** газ сызынтысы. **~ av** жасак аң. **~ inşaat** уруксатсыз курулуш. **~ yapmak** уруксатсыз жасоо.

kaçakçı контрабандист.

kaçakçılık,-ğı 1. (*бир нерсени жасоодон*) качуу/жашынуу. **2.** контрабанда. **~ yapmak 1)** контрабанда жасоо. **2)** (*бир нерседен*) качуу.

kaçaklık, -ğı качкындык, дезертирлик.

kaçamak,-ğı 1. качуу, тайсалдоо, ойт берүү. **~ göstermek** тайсалдоо, жоопкерчиликтен качуу. **2.** жашыруун/тымызын жасалган нерсе/иш.

kaçamaklı так/кескин/анык эмес, бүдөмүк, ачакей (*сөз, жооп, кылык-жорук*).

kaçar канчадан? **~ tane aldınız?** канчадан алдыңар? **~ ~ dağıttılar?** канчадан таратышты?

kaçgöç диний себептер менен мусулман аялдардын эркектер менен кошо жүрбөшү/көрүнбөшү. **aramızda ~ yok** бири-бирибизден качпайбыз.

kaçık 1. кыйшайган, жантайган, оогон. **2.** ыдырап кеткен (*мис. байпак, тор*). **3.** ыдыраган илмек. **4.** *өтм.* мээси/акылы айныган, алжыган, кеңкелес.

kaçıklık,-ğı 1. кыйшактык, жантактык, оомалык. **2.** мээси жоктук, кеңкелестик.

kaçımsar (*бир нерседен*) качкан, оолактаган, буйтактаткан, арсарсыган.

kaçıncı канчанчы? **~ kez geldiniz?** канчанчы жолу келдиңиз? **~ kat?**

канчанчы кабат?

kaçınılmaz качып кутулгус, анык, айныксыз, сөзсүз боло турган. **~ netice** айныксыз натыйжа.

kaçınmak 1. чегинүү, тайсалдоо, качуу, коркуу. **sen için hiçbir fedakârlıktan kaçınmam** сен үчүн эч кандай кыйынчылыктан кайра тартпайм. **sorulara cevap vermekten kaçındı** суроолорго жооп бергенден тайсалдады. **2.** (*аялдар*) эркектерден качуу.

kaçırılmak качырылуу, уурдалып кетүү.

kaçırmak 1. качыруу, качырып кетүү. **suçluyu kaçırdılar** кылмышкерди качырып кетишти. **2.** (*бир нерсеге*) кечигип калуу, убактысын өткөрүп жиберүү. **ilacın saatini ~** дарынын убактысын өткөрүп жиберүү. **uçağı ~** учакка кечигип калуу. **3.**ала качып кетүү, алып кетүү. **kız ~** кызды ала качып кетүү. **4.** кол жуу, пайдалана албай калуу. **fırsatı ~** мүмкүнчүлүктү качыруу. **5.** качыруу, коркутуу. **müşterilerini ~** кардарларын качыруу. **6.** уурдоо. **7.** ашыкча кетүү, чектен чыгуу. **içkiyi fazla ~** ичкиликти көбүрөөк ичип коюу. **8.** чыгаруу, сыздыруу (*мис. газды, суюктукту*). **çakmak gaz kaçırıyor** чакмак газ чыгарып ийип жатат. **9.** даараты тута албоо. **donuna ~** ыштанын булгап алмак. **10.** акылынан ажыроо, делирүү. **zavallı kaçırmış** бечара акылынан ажырап/айнып калыптыр. **11.** (*бир аспап*) колунан тайып кетүү. **usturayi elinden kaçırdı, yanağını kesti** устара колунан тайып, жаагын кесип кетти. **12.** (*бирөөнү*) качыруу, көргөзбөө. **gelini benden hala kaçırıyorlar** келинди менден дагы эле качырып жүрүшөт. **13.** жаза атып алуу, качырып жиберүү. **tavşanı kaçırdım** коёнду качырып жибердим. **14.** уктай албоо. **uykumu kaçırdım** уйкум качты.

kaçış качыш.

kaçışmak туш-тушка качып кетиш.

kaçkın качкын, дезертир. **tımarhane ~ı** жиндиканадан качкан киши.

kaçlı 1. катар номер, кезек, ирет. **~sınız?** канчанчысыз? **2.** канча бөлүктөн / даанадан турат. **bu ~ kutuymuş?** кутуда канча бар экен? **3.** кайсы/канчанчы жылкы. **oğlunuz ~ ?** уулуңуз кайсы/канчанчы жылкы?

kaçlık 1. баасы канчалык? **~ bir şey istiyorsunuz?** баасы канчалык нерсе каалайсыз? **2.** канча бөлүктөн/сандан турган. **~ paket aldınız?** канча бөлүк пакет алдыңыз? **3.**канча жаштагы. **~ ihtiyar?** канчалардагы карыя?

kaçma 1. качма, качыш. **~ denemesi** качышка аракет. **2.** ыдыроо. **çorap ~sı** байпактын ыдырашы.

kaçmak 1. качуу, качып кетүү. **kedi evden kaçtı** мышык үйдөн качып кетти. **askerden ~** аскерден качуу. **2.** жашынуу, көрүнбөө. **alacaklıdan ~** аласасы бардан качуу. **erkekten ~** эркектерден качуу. **3.** качуу, коркуу (*бир ишти жасагандан*). **ben masraftan kaçmam** мен чыгымдан качпайм. **4.** чыгып кетүү, сызылып чыгуу. **borudan su kaçıyor** түтүктөн суу чыгып кетип жатат. **5.** ыдырап кетүү. **çorabı kaçmış** байпагы ыдырап кетиптир. **6.** кирип кетүү. **kulağına su kaçtı** кулагына суу кирип кетти. **7.**жылып кетүү, кыйшайып калуу. **bu harf biraz aşağı kaçmış** бул тамга бир аз ылдый жылып кетиптир. **8.** жок болуу, калбоо. **neşesi ~** шайырдыгы калбоо, көңүлү чөгүү. **rahatı ~** тынчы кетүү. **9.** (*түс үчүн*) чалуу, окшоо. **bu mavi yeşile kaçıyor** бул көк жашылга чалып

турат. **mübalağaya ~** апыртмага окшоп кетүү. **10.** качыруу, салуу, колдонуу. **hilelere ~** айлакердикке салуу, амал колдонуу. **11.** кирип кетүү. **gözüne çöp kaçmış** көзүнө кыпын кирип кетиптир. **12.** качып кетүү, уруксатсыз турмушка чыгып кетүү (*кыздар үчүн*). **13.** келүү, тийүү. **bu söz soğuk kaçtı** бул сөз катуу тийди. **kaçacak delik aramak** качарга жер таппай калуу. **kaçan balık büyük olur** *мак.* жоголгон бычактын сабы алтын. (*сөзм. с.* колдон качкан балык чоң болот). **kaçmaktan kovalamaya vakit olmamak** качкандан кууганга убакыт калбоо.

kaçmaz ыдырабаган (*байпак*).

kadana чоң ат. **~ gibi** олбурлуу, чоң (*аял*).

kadar 1. bu, o, şu *ат атоочтор менен сан, даража, өлчөм билдирет*. **bu ~** мынчалык. **bu ~ soğuk görmemiştim** мынчалык суук көргөн эмесмин. **o ~** ошончолук, анчалык. **o ~ını ben de bilirim** анчалыкты мен да билем. **şu ~** ушунчалык. **şu ~ versen yeter** ушунчалык берсең жетет. **2.** ...-дай. **bacak ~ çocuk** тырмактай бала. **avuç ~ yer** алакандай жер. **3.** чейин. **geç saate ~ bekledi** кеч сааттарга чейин күттү. **4.** сыяктуу, өңдүү. **eniştem de benim ~ halk müziği meraklısı** жездем да мен сыяктуу элдик музыкага берилген киши. **5. …-гыча, -ганчалык. yaşadığı ~ yaşayacak değil ya** жашаганчалык (дагы да) жашайт дейсиңби. **sen gelinceye ~ biz gitmeyeceğiz** сен келгиче биз кетпейбиз. **6.** *сандар менен келгенде болжомо, чамалама билдирет*. **yüz ~** жүз чамалуу. **elli ~** элүүдөй. –**acak ~** ... – гандай, -ганчалык. **insan öldürecek ~ vahşi mi?** киши өлтүрө турганчалык жырткычпы? **bilindiği ~ıyla** билгенибизге караганда. **istediği ~** каалашынча. **ne ~?** канча? **fiyatı ne ~?** баасы канча?

kadastro кадастр. **~sunu çıkarmak** кадастрын чыгаруу. **~ idaresi** кадастр мекемеси. **~ haritası** кадастр картасы. **~ memuru** кадастр кызматкери.

kadavra дене, өлүк (*тажрыйба жасоодо колдонулган*).

kadayıf кадайыф (*түрк таттуусу;* **tel kadayıf, ekmek kadayıf, yassı kadayıf** *сыяктуу түрлөрү бар)*.

kadayıfçı кадайыф саткан/жасаган киши.

kadeh 1. ичкилик чөйчөгү, бокал, рюмка. **~ kaldırmak** чөйчөк көтөрүү. **2.**чөйчөктөгү ичкилик. **~ arkadaşı** бөтөлкө дос. **~ tokuşturmak** чөйчөк кагыштыруу.

kadem 1. кадам (*узундук бирдиги*). **2.***өтм.* жол, шанс, таалай.

kademe 1. баскыч. **~ ~** баскыч-баскыч, адым-адым. **2.** деңгээл. **Dış İşleri Bakanları ~sinde bir konferans** Тышкы Иштер Министрлери деңгээлиндеги бир конференция. **3.**отряд, эшелон. **~lerle** эшелондор менен/түрүндө.

kademeli 1. баскычтуу. **çok ~** көп баскычтуу. **2.** деңгээлдеги. **üst/ yüksek ~ toplantı** жогорку деңгээлдеги чогулуш. **3.** *аск.* эшелон түрүндөгү.

kademli 1. таалайлуу, жолдуу, ак жолтой. **~ olsun!** ак жолтой болсун!

kademsiz кара жолтой, жолу болбогон.

kader тагдыр, жазмыш, буйрук, маңдайга жазылган жазуу. *сал.* **alın yazısı, yazgı. ~ birliği** тагдырлаш. **~in buyruğuna boyun eğmek** тагдырдын жазганына моюн сунуу. **~ kısmet** буйрук, жазуу. **~e küsmek** тагдырына таарынуу. **~e meydan okumak** тагдырына моюн сунбоо. **~e ne denir !** тагдырга айла жок !

~de varmış! маңдайга жазып коюптур, эмне кыласың !

kaderci 1. тагдырга/маңдайдагы жазууга ишенген киши, фаталист. **2.**фаталисттик.

kadercilik,-ği *филос.* фатализм.

kaderiye *филос. мусулманчылыктагы мутазимет сектасына тиешелүү тагдырды танган окуу.*

kadı *мус.* кады, казы, сот. **Cezayır ~sı gibi kurulmak** манчыркоо, көөдөнүн көтөрүү.

Kadıköy : ~ taşı *геол.* халцедон (*минералдык таш*).

kadılık, -ğı 1. кады/казынын кызматы жана милдети. **2.** *тар.* бир кадыга караган район.

kadın 1. аял, катын. **~ doktoru** гинеколог. **~ düşkünü** катынпоз. **2.** турмушка чыккан (*кыз эмес*). **3.** улгайган аялдардын атына кошулуп сүйлөнгөн кайрылуу түрү. **Fatma ~** Фатма эне. **4.** сарамжалдуу, бүйрө, оокатка тың (*аял*). **5.** үй кызматчысы. **~ ağızlı** ушакчы/майда сөздүү (*эркек*). **~ avcısı** катынпоз. **~ bağı** айыз чүпүрөгү. **~ çamaşırı** аялдардын ич кийими. **~ düşmanı** аялга өч. **~lı erkekli** катын-эркек дебей. **~lar hamamı** аялдар мончосундай (*бака-шака түшкөн жер*). **~ ~a** аялча, аялдар чөйрөсүндө. **~ kadıncık** төрт тарабы төп келишкен аял. **~ olmak 1)** катын болуу (*эркек менен байланышуу*). **2)** мыкты аял болуу. **~ parmağı** аял бармак (*жүзүм сорту*).

kadınbudu,-nu кадынбуду (*майга куурулуп бышырылган түрк котлети*).

kadınca 1. аял сыяктанып/өңдөнүп. **2.** аялча, катынча.

kadıncağız, kadıncık,-ğı бечара аял, кичинекей аял.

kadıncıl катынпоз, жүрөөнөк (*эркек*).

kadıngöbeği, -ni кадынгөбеги (*түрк таттуусу*).

kadınlaşmak 1. катындашуу, катын сыяктуу жоруктар жасоо (*эркек*). **2.** бойго жетүү (*кыз*).

kadınlık,-ğı 1. аялзат. **~ âlemi** аялдар дүйнөсү, аялзаты. **2.** аялдык (*милдет, сезим*). **~ gururu** аялдык сыймык. **3.** чарбачылдык, сарамжалдуулук, бүйрөлүк, эпчилдик.

kadınnine 1. чоң эне. **2.** жашы улгайган аял.

kadınsı 1. катын/аял сымал, зайпана (*эркек*). **2.** аялзатына тиешелүү/мүнөздүү (*касиеттер*).

kadırga *деңиз.* согуш кемесинин бир түрү.

kadıntuzluğu,-nu *бот.* сары жыгач, бөрү карагат бадалы (*Berberis vulgaris*).

kadife 1.баркыт. **pamuklu ~** чийбаркыт. **2.**баркыттан жасалган. **~ koltuk** баркыт кресло. **~ çiçeği** *бот.* баркыт гүл (*Amaranthus albus*). **~ gibi** баркыттай (*жумшак, жалтылдаган тери, кездеме; коңур, жумшак үн*).

kadifeli баркыттуу, баркыт капталган/менен кооздолгон/кыюуланган.

kadim байыркы, илгерки, эски, антик. **~den beri** байыртан/илгертен бери. **~ dünya** антик дүйнө.

kadir I, -dri 1. кадыр, барк, баа. **~ini bilmek** кадырын билүү. **2.** *астр.* жылдыздардын жаркырактык даражасы. **göz ancak ilk altı ~de bulunan ve sayısı 8450 olan yıldızları seçebilir** көз биринчи алты кадирдеги жана саны 8450 болгон жылдыздарды тааный алат. **K~ gecesi** кадыр түн (*Рамазан айынын 27-түнү; Мухаммед Пайгамбарга Куран алгач вахий этилген ыйык күн болуп саналат*). **K~ gecesi doğmuş** жолдуу, таалайлуу (*сөзм. с.* кадыр түндө туулган).

kadir II,-dri күчтүү, касиеттүү. (*Аллаанын сыпаты*). **~ olmak** колунан ар нерсе келүү, баарына алы жетүү.
Kadirî *дин* кадирилик тарикатынын мүчөсү.
Kadirîlik, -ği *Шейх Абдулкадир Гейлани тарабынан XII кылымда курулган тарикат.*
kadirbilir кадырга жеткен, кадырды билген, кадыркеч.
kadirşinas *к.* **kadirbilir.**
kadmiyum *хим.* кадмий.
kadran (*өлчөгүч куралдарда*) шкала, циферблат.
kadril кадриль. **~ oynamak** кадриль бийлөө.
kadro 1. кадрлар, штат, кызматкерлер/персоналдар. **~ya almak** штатка алыш. **~ dışı bırakmak** штаттан чыгарып салыш. **2.** штаттагы орун. **müdürlükteki bütün ~lar dolu** штаттагы бүтүн орундар бош эмес. **3.** (*велосипедде*) металл тулку.
kadrolu штаттагы, штатка алынган.
kadrosuz 1. штат тышы. **2.** убактылуу (*кызмат*).
kafa 1. баш (*көбүнчө кишинин*). **~sını sallamak** башын ийкөө. **2.** акыл, мээ, аң. **~sı almamak** мээси/акылы жетпөө. **~sından atmak** эсинен/оюнан чыгаруу. **3.** көз караш, пикир. **4.** *мех.* (*куралдардын, машинелердин*) башкаруу борбору. **~sı bozulmak 1)** жини келүү, кыжырлануу. **2)** башы ооруп чыгуу. **~sı bulanmak** мээси айнуу, башы катуу. **~yı bulmak** *арго* кызуу, мас болуу. **~sı çalışmak** башы иштөө. **~sıyla çalışmak** акыл эмгеги менен/башы менен иштөө. **~sı çalışmaz** мээси иштебейт, акылы жок. **~yı çekmek** *арго* мээсин сергитүү, жанын жыргатуу. **~sından çıkarmak** (*бир нерседен)* баш тартуу, башынан чыгаруу. **~sına dank etmek** оюна кылт этүү, башына келүү. **~ dengi** көз караш/пикир бирдиги. **~sının dikine gitmek** өз билгенин кылуу, өчөшүп жасоо. **~ya dikmek** (*ичкиликти*) көңтөрүп ичүү. **~sı dinç olmak** башы оорубоо/тынч болуу. **~yı dinlemek** баш сергитүү, мээ эс алдыруу. **~sı dönmek 1)** башы айлануу, көңүлү айнуу. **2)** *өтм.* өзүн жоготуу, каардануу, улкунуп-жулкунуу. **~sı dumanlı 1)** кызуу, ичип алган, башы/көзү тумандаган. **2)**ою тумандаган. **~sı durmak** башы иштебей калуу. **~sı gaileli olmak** ою онго, санаасы санга бөлүнүү. **~dan gayri müsellah** *шылд.* башында бир нерсе жетишпейт. **~sı geç işlemek** мээсине оңой менен жетпөө. **~sından geçmek** оюна түшүү, ойлоп коюу. **~sına girmek** түшүнүү, башына жетүү. **~ göz yarmak** башы-көзүн жарып алыш, чогоолдук/эби жоктук кылыш. **~ ile vurmak** *спорт* (*топту*) башы менен ойноо. **~ işçisi** акыл менен иштеген киши. **~sı işlemek** башы иштөө. **~sını işletmek** башын иштетүү. **~ ~ya çarpışmak** карпакурп алдынан чыгуу. **~ ~ya vermek** баш тийиштирип жашыруун сүйлөшүү (*бир канча киши*). **~ kağıdı** туулгандыгы тууралуу күбөлүк, кимдик. **~sı kalın** кем акыл. **~sı karışmak** башы чаташуу. **~sını kaşıyacak zamanı olmamak** башын тырмай турганчалык чолоосу болбоо. **~ına kaynar su dökülmek** баштан ылдый кайнак суу төгүп жибергендей болуу. **~sı kazan olmak** башы казандай болуу. **~sını kırmak** *опуза* башын жулуп алуу. **~nı kıracağım!** башыңды жулуп салам! **~sını kızdırmak** (*бирөөнүн*) жанын кашайтуу,

кыжырын кайнатуу. **~sı kızmak** жини келүү. **~dan kontak** *ооз.* башы иштебеген, мээси жок. **~sına koymak** ойлоп алуу, оюнан кетпөө. **~sını kullanmak** башын/мээсин иштетүү. **~sını kurcalamak** ой-санаасын бийлеп алуу. **~ patlatmak** (*иштин көптүгүнөн*) башы жарылып кете жаздоо, башы катуу. **~dan sakat** башынын мандеми бар. **~sına sığmamak** башына жетпөө, түшүнө албоо. **~sını sokmak** башын батыруу, баш калкалоо. **~sına söz girmemek** кулагына сөз кирбөө. **~sında şimşek çakmak 1)** катуу капа болуу. **2)** башына бир ой келүү. **~ şişirmek** башын оорутуу (*жагымсыз добуш, чечилбеген маселе*). **~sı şişmek 1)** башы зыңылдап чыгуу, кулагынын кужурун алуу (*ызы-чуу*). **2)** башы жарылчудай болуу (*көп иштеген-ден*). **~sına takılıp kalmak** оюнан кетпөө, жанын жай алдырбоо (*бир ой/пикир*). **~sı taşa çarpmak** башы ташка тийүү (*бир иштин аягы жаман бүтүү*). **~sını taştan taşa çarpmak/vurmak** башын ташка койгулоо (*абдан өкүнүү*). **~sında tutmak** эсинде сактоо. **~ tutmak** каршы чыгуу, каяша айтуу, баш көтөрүү. **~ tutucu** өжөр, кежир, көк. **~yı tütsülemek** *арго* мас болуу. **~ ütülemek** (*бирөөнүн*) мээсин ачытуу (*маңыз сөздөр менен*). **~sına vur, ekmeğini elinden al** боз койдон момун киши (*сөзм. с.* башка бир кой, токочун тартып ал). **~sına vura vura** башка-көзгө койгулап атып, зордук/кыйынчылык менен. **~sına vurmak** башына чыгуу (*ичкилик*). **~sını vurmak** *эск.* (*бирөөнүн*) башын кесмек. **~ vuruşu** *футб.* башы менен согуу (*топту*). **~ yağı** *арго* бел суу, сперма. **~yı yere vurmak 1)** төшөккө жатып/ооруп калуу. **2)** башын жаздыкка коюу. **~sı yerine gelmek** башы/мээси ордуна келүү. **~sı yerinde olmamak** ою ордунда болбоо. **~ yormak** баш катыруу.

kafadar пикирдеш, жакшы санаалаш, жактоочу, таламдаш.

kafalı 1. баштуу, башы бар. **çıplak ~** такыр баш. **dar ~** акылы кыска. **2.***өтм.* акылдуу, билимдүү. **geniş ~ adam** билими терең киши.

kafasız башы/мээси/акылы/эси жок (*киши*).

kafatasçı 1. расист. **2.** расисттик.

kafatascılık,-ğı расизм.

kafataşı,-nı баш сөөгү (*кишинин/айбандардын*).

Kafdağı,-nı **1.**мифологиялык тоо. **2.**Кавказ. **~nın ardında/arkasında** деңиздердин, тоолордун ары жагында (*жомокто колдонулган адабий калып*).

kafein кофеин.

kafeinsiz тутумунда кофеин жок.

kafes 1. капас, уя. **kuş ~i** куш капасы. **2.**жырткыч айбандардын капасы. **3.**темир тор (*түрмөдө*). **4.** *эск.* жаами, секталарда аялдарга бөлүнгөн тор менен тосулган орун. **5.** *арго* түрмө. **~e almak** *арго* сөз менен тажатуу. **~ gibi 1)** арык куураган. **2)** калбыр сыяктуу тешик. **~e girmek** *арго* тузакка түшүү, алдануу. **~e sokmak** *арго* тузакка түшүрүү.

kafesçi 1. капас жасаган/саткан киши. **2.** *арго* амалкөй, алдамчы, шумпай (*киши*).

kafeterya кафетерий.

kâfi 1. жетиштүү. **bu kadar ~** ушунчасы жетет. **2.** жетишет! болду! токтот! **~ işinize gidebilirsiniz!** жетишет, ишиңизке кете бериңиз! **~ gelmek** жетиштүү болуу. **~ görmek** жетиштүү деп эсептөө. **~ ve lâzım şart** жетиштүү жана зарыл шарт.

kafile 1. кербен, колонна, отряд, эшелон, конвой. **askerî ~** аскердик эшелон. **gemi ~si** кемелер кербени. **otuz kişilik ~** отуз кишилик топ. **2.**саякат/экскурсия тобу. **3.**партия. **malların ilk ~si dün geldi** товарларын биринчи партиясы кечээ келди.

kafir 1. капыр, мусулман эмес. **2.** *ооз.* христианин. **3.** *өтм.* таш боор, заалим. **4.** *өтм.* (*эркелетүү, тамашалоо үчүн айтылат*) каапыр. **seni ~ seni !** сени каапыр, сени !

kafirlik,-ği 1. каапырлык, кудайга ишенбөөчүлүк. **2.** таш боордук, заалимдик.

kafiye *ад.* уйкаш, рифма. **~ düşürmek** уйкаштыруу.

kafiyeli *ад.* уйкаш, рифмага салынган.

kafiyesiz *ад.* уйкаш эмес, уйкашпаган.

Kafkasya 1. Кавказ. **2.** Кавказга тиешелүү/мүнөздүү.

Kafkasyalı кавказдык.

kaftan *мар.* чапан, кафтан. **~ böceği** *зоол.* эл кайда көчөт (*Coccinella*). **~ giydirmek** имаратты жарыктандыруу. **~ kalıbı** *ооз.* сандырак, келжирек.

kafur, kafuru 1. камфора. **2.** аппак.

kagir таштан же кирпичтен жасалган. **~ ev** таштан/кирпичтен салынган үй.

kağan *мар.* какан/каган, мамлекет башчысы.

kağanlık,-ğı 1. кагандык (*кагандын кызматы жана жоопкерчилиги*). **2.**кагандын бийлигине караштуу жер, каганат.

kâğıt,-dı 1. кагаз. **~ fabrikası** кагаз фабрикасы. **duvar ~ı** дубал кагазы, обои. **2.** кат, мессаж, билдирүү, жазуу, кабар. **müdürlükten ~ geldi** дирекциядан жазуу келди. **3.** карта (*оюн*). **4.** экзамен суроолору жазылган кагаз. **5.** *ооз.* акча. **6.** чакыруу (*аскерге*). **7.** документ. **resmî ~** расмий документ. **8.** кагаз, кагаздан жасалган. **~ para** кагаз акча. **~ açmak** (*карта ойнунда*) көзүр ачуу. **~ dağıtmak** карта таратуу. **~a dökmek** кагазга төгүү, жазуу. **(birinin yüzü) ~ gibi olmak** жүзү кубаруу, өң-алеттен кетүү. **~ kaplamak 1)** кагаз каптоо. **2)** дубал кагазы чаптоо. **~ kebabı** кагаз оролуп бышырылган шишкебек. **~ kurdu** *зоол.* кагаз курту (*Ptirida*). **~ oynamak** карта ойноо. **~ sepeti** кагаз (*ташталган*) себет. **~ üzerinde** кагазга жазылган, жазылуу. **~ üzerinde kalmak** кагаз жүзүндө калмак. **~ üzerine koymak** кагазга жазып калтыруу.

kâğıtçı кагаз өндүргөн же саткан киши.

kâğıtçılık, -ğı кагаз өнөр жайы.

kâğıthelvası,-ğı тегерек, кыртылдак халва.

kâğıtlamak кагаз менен ороо/каптоо.

kağnı эки дөңгөлөктүү араба. **~ gibi gitmek** жай жүрүү.

kağşamak 1. какжыроо, эскирүү, ыпыроо. **2.** кыйроо, жыгылуу, кулоо.

kâh кайталама байламта: да, да; кээде... кээде..., бирде... бирде... **boğaz ~ dalgalı, ~ dalgasızdır** мойнок кээде толкундуу, кээде толкунсуз. **~ soğuk, ~ sıcak** бирде суук, бирде ысык.

kahhar жеңүүчү, сокку берүүчү.

kahır,-hrı 1. зордук-зомбулук, каар, жок/тыйпыл кылуу, ишин бүтүрүү. **2.** каар, азап, мүшкүл, запкы, эзүү. **geçmişi ~larla dolu bir Türk köylüsü** турмуштун каарын тартып келген бир түрк дыйканы. **~ını çekememek** каарына чыдай албоо. **~ını çekmek** каарын тартмак, азабын жемек. **annesine bakabilmek için yirmiye kadar yaramazın ~ını akşama kadar çekerdi** энесин багуу үчүн кечке жыйырмага жакын бейбаштын азабын тарта

турган. **~ına katlanmak** каарына чыдоо. **~ından ölmek 1)** катуу капа болуу. **2)** кайгыдан өлүү. **~ına uğramak** каарына калыш.

kahırlanmak кайгыруу, капа болуу.

kahırlı кайгылуу/муңдуу/каар тарткан (*киши*). **~ ~ içini çekti** муңкана үшкүрүндү.

kahin көзү ачык.

kahinlik,-ği 1. көзү ачыктык (*даремет*). **2.** көзү ачыктык (*кесип*).

kahkaha каткырык, катуу күлкү. **~ atmak** каткырып күлмөк. **~yı basmak/koparmak/salıvermek** каткырып коё/сала берүү. **~ çiçeği** *бот.* чырмоок (*Convolvulus*).**~dan kırılmak** күлкүдөн боору эзилүү.

kahkül *к.* **kakül.**

kahpe *орой* **1.** ауаğы суюк аял, шуркуя, сойку. **2.** арамзаа, кески, жүзүкара. **~ düşman** арамзаа душман. **~nın dölü** *орой* арам сийдик. **~nin kızı** *орой* шерменде.

kahpelik,-ği 1. аягы суюктук, шуркуялык, сойкулук. **2.**арамзаалык, кескилик, жүзүкаралык, туруксуздук. **~ etmek 1)**сойкулук кылыш. **2)**арамзаалык/жүзүкаралык кылыш.

kahraman 1. каарман, баатыр, эр жүрөк. **2.** *ад. , санат* каарман (*чыгарманын*).

kahramanca каармандарча, баатырларча.

kahramanlık,-ğı каармандык, баатырдык. **~ göstermek/yapmak** каармандык көргөзүү/кылуу.

kahretmek 1. эзүү, зомбулук көрсөтүү, кыйноо, азапка салуу. **2.** каргышы тийүү, каарына калуу. **Allah hepinizi kahretsin!** *каргыш* Аллаа Таалanын каарына калгыла! **3.**кыйналуу, жапа тартуу, кайгыруу, санааркоо.

kahrolmak азап тартуу, кыйналуу, жабыр тартуу, муңкануу, жаны жай таппоо. **kahrolası!** каргыш тийгир! ант ургур! **kahrolsun!** жоголсун! **kahrolsun düşmanlar!** жоголсун душмандар! **kahrolayım** өлүп кетейин (*каргануу*). **kahrolayım, doğru söylüyorum** өлүп кетейин, чын айтып атам.

kahvaltı,-yı 1. эртең мененки тамак, нанүштө. **2.** нанүштө сыяктуу берилген жеңил тамак. **~ etmek 1)**эртең мененки тамакты ичүү. **2)**жеңил шам-шум этип алуу.

kahve 1. *бот.* кофе дарагы (*Coffea arabica*). **2.** бул даректын даны. **3.**кофе данынан тартылган порошок. **4.** кофе (*ичимдик*). **5.** кафе. *сал.* **kahvehane. kır ~si** талаа кафеси. **~ çekirdeği** кофе даны. **~ çekmek** кофе ичип коюп отуруш. **~ değirmeni** кофе жаргылчагы. **~ dolabı** кофе куурулган айлампа казан. **~ dövücünün hınk deyicisi 1)** жардам кылымыш болгон киши. **2)** кошулуп/коштоп ырдоочу. **~ falı** кофе чөйчөгүнө карап бал ачуу. **~ fincanı** кофе чөйчөгү. **~ ocağı** кофекана (*чай, кофе кайнатылган жер*). **~ parası** бахшиш, чай пул.

kahveci 1. кофе өстүргөн/даярдаган/саткан киши. **2.** кафе ээси.

kahvehane кофекана (*кофе/ чай/ суусундуктар саткан жай*).

kahverengi,-yi 1. куурулган кофе түстүү (*коюу күрөң*). **2.** бул түстө болгон. **~ kapı** күрөң эшик.

kâhya 1. *ооз.* башкаруучу, бригадир. **2.***тар.* цехтин бригадири. **terlikçiler ~sı** бут кийимчилердин бригадири. **3.** *какшык* биринин ишине кийлигишкен, адвокат. **(birinin başına) ~ kesilmek** куюшканга кыпчылуу, керексиз жерден кийлигишүү.

kâhyalık,-ğı 1. кахиялык, бригадирлик (*милдет/жоопкерчилик*). **2.** кахия айлыгы. **3.** өзүнө тиешесиз иштер-

ге кийлигишмечилик. **~ etmek 1)**кахиялык кызмат аткаруу. **2)** *өтм.* бардык жерге кийлигишүү.

kaide 1. каада, эреже, адат. **~ olarak** каада боюнча, эреже катары. **2.** негиз, таман алды, пайдубал. **abidenin ~si** эстеликтин пьедесталы. **3.** *геом.* негиз. **4.** *дең.* кеменин таманы.

kain жашаган, бар болгон.

kainat,-tı 1. бүтүн барлык, аалам, дүйнө. *сал.* **evren. 2.** *өтм.* элдин баары.

kak *ооз.* как (*кургатылган жемиш*).

kaka 1. (*балдардын тилинде*) быкый, кака, кир, ыпылас. **2.** *табу* бок. **~ yapmak** чоң даарат ушатуу.

kakalamak I 1. кагып-силкүү, жемелөө какыс-кукус кылуу. **2.** (*соодада*) алдоо, начар товар сатуу.

kakalamak II 1. (*балдар тилинде*) чоң даарат жасоо. **2.** булгоо, кирдетүү.

kakao 1. (~ ağacı) *бот.* какао дарагы, индия бадалы (*Theobroma cacao*). **2.** бул даректын даны. **3.** какао данынан тартылган порошок. **4.** какао (*ичимдик*). **~ çekirdeği** какао даны. **~ yağı** какао майы.

kakavan *ооз.* **1.** карыган, наалыган, сүйлөнгөн (*киши*). **2.** мурдун көтөргөн, кекирейген, манчыркаган (*киши*).

kakavanlık,-ğı 1. кейиниш, наалыш, кер сүйлөш. **2.** текеберлик, кекирейиш, манчыркаш.

kakıç, -cı *диал.* кагуу, жеме.

kakım, kakum 1. *зоол.* арс (*Mustela erminea*). **2.** арс ичик.

kakımak *ооз.* кагуу, жемелөө. **onu niçin kakıdınız?** аны эмне үчүн кактыңыз?

kakırdamak 1. кагыроо, катыроо. **2.**куруп/катып калыш. **3.** *арго* өлүш (*карыган киши*).

kakır : ~ ~ какылдоо, какылдап күлүү.

kakışmak 1.кагышмак, түртүшмөк. **2.***ооз.* кайым/каяша айтышуу. **itişip-kakışmak 1)** өз ара түрткүлөшүү. **2)** тилдешүү, кайым айтышуу.

kakma 1. какма, кагылган. **2.** кагылып кооздолгон (*мис. күмүш, седеп менен*).

kakmacı гравёр.

kakmak 1. кагып/уруп жибериш. **2.** какма аркылуу кооздош. **3.** кагуу (*мис. мыкты, казыкты ж. б.*).

kakmalı какмалуу, кагып кооздолгон. **fildişi ~ çekmece** пил тиши кагылып кооздолгон тартма.

kaknem 1. итирейген, тыртайган, арык, түрү суук (*көбүнчө аялдар жөнүндө*). **2.** каткан, куруган.

kaktüs кактус.

kakule 1. *бот.* кардамон (*Elettaria cardamomum*). **2.** бул өсүмдүктүн жыт үчүн колдонулган уругу.

kakül көкүл.

kaküllü көкүлдүү.

kal, -li 1. *эск.* көңүл, эс. **~e almamak** эске/көңүлгө албоо. **2.** сөз, кеп.

kala 1. калганда (*убакыт белгилөө үчүн*). **ikiye çeyrek ~** экиге он беш мүнөт калганда. **~ ~** калып отуруп. **~ ~ ikimiz kaldık** калып отуруп (*аягында*) экөөбүз калдык. **2.** калганда (*аралык белгилөө үчүн*) **kente üç kilometre ~** шаарга үч километр калганда.

kalabalık,-ğı 1. калың эл, жыйын, көпчүлүк. **meydanda büyük bir ~ bekliyordu** майданда калың эл массасы күтүп турган. **2.** түртүшмө, дүрбөлөң, тополоң. **3.** саны/бүлөсү көп, жыш. **~ bir aile** чоң үйбүлө. **günün en ~ saatinde** күндүн эң (эл) жыш саатында. **~ etmek 1)**тополоң/дүрбөлөң чыгаруу. **2)**кишинин/ буюмдардын санын көбөйтүү. **bu dolap burada ~ ediyor** бул шкаф бул жерде жөн эле орун ээлеп турат.

kalabalıklaşmak саны көбөйүү, жыш орун алуу, артуу, арбуу.

kalafat, -tı 1. *дең.* кемени суу өткөрбөс

кылып бышыктоо иши. **~a çekmek** (*кемени*) бекемдөө үчүн ремонтко чыгаруу. **2.** *тех.* кадоо, кадама (*кооздоо түрү*). **4.** *ооз.* сабак, жаза **~ vermek** сабак бериш, көргүлүктү көргөзүш. **5.** *тар.* жаңы черүүлөрдүн баш кийими. **6.** *өтм.* оңдоо, түздөө, ремонттоо. **~ etmek** *к.* **kalafatlamak.**

kalafatlamak 1. *дең.* кеменин аштоолорун бекемдөө, майлоо, сырдоо, ремонттоо. **2.** *тех.* чеканкалоо. **3.** *ооз.* (*бир нерсенин*) сыртын жалтыратуу. **4.** *ооз.* жемелөө, тилдөө, акесин танытуу.

kalakalmak 1. селдейип/селейип калыш, таң калып туруп калыш. **2.**кыйын абалда калыш.

kalamar *зоол.* кальмар (*Loligo vulgaris*).

kalan 1. калган (*кеткендин каршысы*). **2.** ашкан, арткан. **~ parama ev kiraladım** арткан акчама үй туттум. **3.** *мат.* кемитүү амалында айырма; бөлүү амалында тийиндиден ашып калган сан.

kalantor көйрөң, мактанчаак орто жаштагы бай киши.

kalas устун, калың тилинген узун тактай. **~ gibi** одоно, орой.

kalay 1. калай. **~ kaplamak** калай капташ. **2.** *арго* сөгүү, жеме. **~ı atmak/basmak** *арго* сөгүп-сагыш, жер-жеберине жетиш. **3.** жасалмалуулук, көйрөңдүк.

kalaycı 1. калайчы, калай менен иштеген киши. **2.** *өтм.* алдамчы, көз боёмочу, шарлатан.

kalaycılık,-ğı 1.калайчылык (*адистик*). **2.** *өтм.* жасалмалык, көз боёмочулук.

kalaylamak 1. калайлоо, дат басуудан коруу. **2.**тилдөө, урушуу, жемелөө. **3.** жылмалоо, жымсалдоо, кемчиликтерин үстүртөн жаап - жашырып коюу.

kalaylı 1. калайланган, калайлуу. **2.**калай кошулмасы бар. **3.** *өтм.* үстү/тышы жалтырак, ичи калтырак.

kalaysız 1. калайсыз. **2.** тутумунда калай болбогон.

kalben чын жүрөктөн/дилден/ыкластан. **~ inanmak** чын жүрөктөн ишенүү.

kalbur калбыр. **~a çevirmek** калбырдай тешкилемек. **~ çıbanı** *эск.* рак (*оору*). **~ deliğinden düşmek** кыйынчылыктардан өтүү. **~dan dökülür gibi** көнөктөн куйгандай (*катуу жааган жамгыр*). **~a dönmek** калбырдай тешилүү. **~dan geçirmek 1)** калбырдан өткөрүү. **2)** *өтм.* электен өткөрүү, катуу текшерүү. **~la su taşımak** калбыр менен суу ташуу (*майнапсыз иш менен алек болуу*).

kalburcu калбыр жасаган/саткан киши.

kalça сан, жамбаш. **~ kemiği** *анат.* кашка жилик.

kalçalı 1. жамбаштуу. **2.** жамбаш сөөгү чоң.

kalçalık,-ğı *добулбасчылардын добулбас өтпөсү үчүн сандарына төшөгөн тери бучкагы.*

kaldıraç, -cı *тех.* рычаг.

kaldırım 1. таш төшөлгөн жол. **2.** тротуар. **yaya ~ı** тротуар, жөө жолу. **~ çiğnemek** шаардын турмушуна көнүү. **~ kargası** *арго* **1)** полиция агенти. **2)** аягы суюк аял. **~ mühendisi** *шылд.* көчө таптар (*сөзм. с.* тротуар инженери). **~ süpürgesi/yosması** сойку аял (*сөзм. с.* тротуар шыпыргысы). **~ taşı** көчөгө төшөлгөн таш.

kaldırmak 1.(*бир нерсени турган жеринен*) козгош, жылдырыш. **2.** өйдө көтөрүш. **başını ~** башын көтөрүү. **başını kaldırmadan** баш көтөрбөй (*мис. иштөө*). **3.**бийиктетиш. **duvarı bir metre daha kaldırmalı** дубалды бир метр бийиктете

түшүш керек. **4.** (*эгин, түшүмдү ж. б.*) топтоо, жыйноо. **harman ~** түшүмдү жыйнаш. **sofrayı ~** дасторконду жыйнаш. **5.**тартыш, ташыш. **bu araba bu yükü kaldıramaz** бул араба бул жүктү ташый албайт. **6.** *өтм.* чыдаш, көтөрүш. **o bu acıyı nasıl kaldırır?** ал бул кайгыны кантип көтөрөт? **7.** *өтм.* ылайык келиш, жарашыш. **bu kumaş fazla süs kaldırmaz** бул кездемеге ашыкча кооздуктун кереги жок. **8.** (*бир нерсени*) жоюш, колдонуудан чыгарыш. **anlaşmanın iki maddesi kaldırıldı** келишимдин эки пункту жоюлду. **9.** *арго* уурдап кетиш, качырыш. **kız ~** кызды ала качып кетиш. **10.** ачыш. **jalüziyi ~** жалюзини ачыш. **11.** көмүш. **onu bugün kaldırıyorlar** аны бүгүн көөмп жатышат. **12.** ойготуш, тургузуш. **beni erken kaldırın** мени эрте ойготкула. **13.** оорулууну ооруканага жаткырыш. **hemen hastaneye kaldırsaydı kurtulurmuş** дароо ооруканага жаткырылса, аман калмак экен. **14.**айыктырыш, сакайтыш. **hastayı bir haftada kaldırdı** оорулууну бир аптада сакайтып койду. **baş ~** баш көтөрүү, көтөрүлүшкө чыгуу. **kadeh ~** ичкилик ичүү, чөйчөк көтөрүү. **parmak ~** кол көтөрүү (*мис. окуучулар, добуш берүүчүлөр*) **talebeyi ~** окуучуну тургузуп суроо. **toz ~** чаңдатуу, чаңтополоң салуу.

kale 1. *түз, өтмө маанилерде:* чеп. **~ duvarı** чептин дубалы. **~ komutanı** чеп командалты. **2.** *спорт* дарбаза. **~yi korumak** дарбазаны коргоо. **3.***шахм.* ладья. **~ gibi 1)** бийик, бышык, заңгыраган (*имарат*). **2)**кайраттуу, чымыр, олбурлуу, абройлуу (*киши*). **~yi içinden fethetmek** өз көрүн өзүнө каздыруу; чыккынчы колдонуп жеңишке жетишүү.

kalebent,-di *эск.* чепте тутулган туткун.

kaleci *спорт* дарбазачы, голкипер.

kalem 1. калем/калам, карандаш, уч. **kurşun ~** карандаш. **dolma ~** сыя калем. **~ açmak** карандаш учтоо. **~ kâğit** кагаз-калем. **kamış ~** камыш калем. **renkli ~** түр карандаш. **2.**канцелярия, бюро. **~ odası** канцелярия. **3.** стиль, жазуу. **~ erbabı** жазуучулар, калемгерлер. **4.** түр, сорт. **üç ~ erzak** үч түрлүү азык. **5.** тешкич, көзөөч. **taşçı ~i** таш тешкич. **~ açacağı** карандаш учтагыч. **~e almak** калемге алуу, жазуу. **~ aşısı** *бот.* (*бакты*) кыйыштыруунун бир түрү. **~ çekmek** чийип/сызып салуу. **~inden çıkmak** калеминен жаралыш/чыгыш. **~ efendisi** катчы. **~ işi** кол менен/калем менен тартылган дизайн (*салттуу Ислам стилинде*). **~e kâğıda geçirmek** кагазга түшүрүш, жазыш. **~inden kan damlamak 1)** калеминен кан тамчылоо, муңдуу нерселер жазуу. **2)** жеткире жазуу. **~ kaşlı** калем каш, кашы чийип койгондой. **~ kulaklı** кулагы тик, шам кулак (*айбан*). **~ kutusu** калем куту, пенал. **~i kuvvetli** калеми күчтүү. **~i olmak** жазганга шыктуу болуш. **~ oynatmak 1)** калемин ойнотуу. **2)** оңдоо, түзөлтүү. **3)** (*бир жазууну*) өзгөртүү. **~ sahibi** калеми төшөлгөн/күчтүү. **~ sapı** калемсап. **~e sarılmak** жазганга киришүү. **~ savaşı** кайым айтышуу, полемика. **~iyle yaşamak** жазганы менен жашоо. **~ yontmak 1)** калем учтоо. **2)** (*камыш калемди*) жонуу. **bir ~le** бир шилтемде, бир жолкуда. **eli ~ tutmak** жазганды билиш, жаза билиш.

kalembek, -ği 1. жыпар жыттуу сандал

дарагы. **2.** египед жүгөрүсү.
kalemen жазуу жүзүндө/жазылуу түрдө.
kalemiş *зоол.* келемиш (*Viverra*).
kalemkâr 1. кездемеге түс салган сүрөтчү. **2.** үйдүн дубалын, шыбын кооздогон уста.
kalemlik, -ği калем куту, пенал.
kalemtıraş 1. камыш калемдерди учтаган бычак. **2.** калем/карандаш учтагыч.
kalender 1. календер, жер кезген дервиш, кечил. **2.** жөнөкөй, карапайым, момун, жупуну.
kalenderî 1. *ад.* элдик ырдын түрү. **2.***муз.* эл акындары тарабынан календери үчүн жазылган обон.
Kalenderiye карапайымдыкты/жупунулукту жактаган ислам сектасы.
kalenderlik,-ği 1. календерлик, аскеттик, думаналык, кечилдик. **2.***филос.* дүйнөкапарлык, жөнөкөйлүк, жупунулук.
kalenşöve 1. *эск.* кол өнөрчүнүн учу шуштугуй калпагы. **2.** *бот.* тамырдын учун коруган оймокчо.
kaleska ат арабасы (< *орус.* коляска).
kalevi *хим.* шакар.
kaleydoskop колейдоскоп.
kalfa 1. калпа, уста жардамчысы, шакирт. **2.** куруучудан жетилип чыккан архитектор жардамчысы. **3.***эск.* (*сарайларда*) малай аялдардын анабашысы. **4.** (*башталгыч мектепте*) мугалимдин жардамчысы.
kalfalık,-ğı 1.калпанын иши жана милдети. **2.**калпанын айлык акысы.
kalgımak секирүү, үркүү (*мис. ат*). **at kalgıdı** ат үрктү.
kalıcı 1. өлбөс, өчпөс (*чыгарма*). **2.** түбөлүк, туруктуу, узун мөөнөттүү.
kalım 1. калыш, болуш. **2. : ölüm ~** өлүм-калым/өлүш-калыш.
kalımlı туруктуу, түбөлүк, өлбөс-өчпөс, өлүмсүз.
kalımsız 1. жалган, убактылуу. **2.**өлүмдүү.
kalın I 1. калың, жоон. **~ kaş** калың каш. **~ dudak** калың эрин. **2.** коюу. **~ duman** коюу туман/түтүн. **3.**жоон. **~ ses 1)** жоон үн. **2)** *линг.* жоон үндүү. **~ sesliler** жоон үндүүлөр. **~ bağırsak** *анат.* жоон ичеги. **~ bağırsak yandısı** *мед.* колит. **~ kafalı** маң баш, аңкоо. **~ yağ** *тех.* мотор майы, оор май (*тетиктерди майлоодо колдонулат*).
kalın II калың (*келин үчүн берилген*).
kalınca калыңча, калыңыраак.
kalınlaşmak 1. калыңдоо. **2.** семирүү, толуу. **3.** жооноюу (*мис. бак, үн*). **sesi kalınlaştı 1)** үнү жоонойду (*өспүрүм үчүн*). **2)** үнүн катуу чыгарып сүйлөдү. **4.** коюулашуу, караруу (*мис. туман*). **5.** *диал.* баюу, бардар болуу.
kalınlık, -ğı 1. калыңдык. **2.** жоондук. **3.** коюулук. **4.** *физ.* калыңдык (*өлчөм бирдиги*).
kalıntı 1. калдык, артык. **2.** чалдыбар, уранды. **ortaçağ ~ları** орто кылым чалдыбарлары. **3.** ышаарат, из, так. **4.** эстелик.
kalıp, -bı 1. калып, модел, шекил, үлгү. **şapka ~ı** шапканын калыбы. **ayakkabı ~ı** бут кийим калыбы. **2.**калыпка куюлган, куб. **bir ~ peynir** бир калып быштак. **bir ~ sabun** бир калып самын. **3.** тышкы көрүнүш, кебете, түр. **~tan ~a girmek** миң түрлөнүү/кубулуу. **4.**бычым, үлгү. **5.** куулук, шумдук. **~ının adamı olmamak** көрүнүшүнөн башкача чыгыш. **~ını almak** калыпка кирүү, калыбын алуу. **~ını basmak (***бир нерсеге***)** кепил болуу, өтүлүн алуу. **~ını çıkarmak** калыбын/моделин чыгарыш. **~ı değiştirmek/dinlendirmek** *арго* өлүш, о дүйнөгө кетиш. **~a dökmek** ка-

лыпка куюш. ~ **etmek** алдап кетүү, куулук кылуу. **~a geçirmek/koymak/vurmak** калыпка салыш. ~ **gibi oturmak** (*кийим*) куюп койгондой чак келүү/жарашуу. ~ **gibi serilmek/yatmak** бутун тартпай жатып калуу (*чарчагандан*). ~ **gibi uyumak** өлгөн немедей уктоо. ~ **kesilmek** селдейип/катып калуу. ~ **kıyafet** көрүнүш, кебете. **~ı kıyafeti babasına tıpatıp benziyor** кебетеси атасынын эле өзү. ~ **kıyafeti yerinde** жарашыктуу, жакшы кийинген.

kalıpçı 1. калыпчы (*калып жасаган/саткан киши*). **2.** (*бир нерсени*) калыпка салган киши. **3.** куу, шумпай, амалкөй, алдамчы.

kalıplamak 1. калыпка салыш/куюш. **2.** калыбына келтириш.

kalıplaşma 1. калыпташуу/калыптануу /калып алуу. **2.** калыпка айлануу, көнүмүш болуп калуу.

kalıplaşmış калыпка айланган, көнүмүш болуп калган. ~ **iyelik** *грам.* калыпташкан таандык мүчө.

kalıplı 1. калыпка салынып тигилген/жасалган. **2.** *өтм.* жарашыктуу, көрктүү. ~ **kıyafetli** жарашыктуу кийинген.

kalıpsız жарашыксыз, көрксүз, көрүнүшү начар. ~ **kıyafetsiz** үстү-башына карабаган, жүдөө.

kalıt,-tı 1. мурас, өлгөндөн калган мүлк. **2.** тукум кууган өзгөчөлүк. ~ **bilimi** *биол.* генетика.

kalıtçı мурасчы.

kalıtım тукум куучулук.

kalıtımsal тукум кууган, генетикалык. ~ **hastalıklar** тукум кууган оорулар.

kalıtsal *к.* **kalıtımsal.**

kalibre калибр, чап (*аткыч куралдардын найынын диаметри*).

kalifiye квалификациялуу, адис, маш. ~ **işçi** адис жумушчу.

kaliforniyum *хим.* калифорний.

kaligraf каллиграф.

kaligrafi каллиграфия.

kalinis *зоол.* калинис, суу тоогу (*Charadrius morinellus*).

kalinos *зоол.* окунь балыгы (*Perca fluviatilis*).

kalipso 1. ямайка бийи. **2.** калипсо бийинин музыкасы.

kalite сапат. ~ **kontrolü** сапат текшерүүсү.

kaliteli сапаттуу. ~ **içki** жогорку сапаттуу ичимдик. ~ **mal** сапаттуу товар.

kalitesiz сапатсыз, сапаты начар.

kalkan I 1. калкан (*курал*). **2.** *өтм.* коруучу, сактоочу, калканч. ~ **kıkırdağı** *анат.* калкан кемирчеги.

kalkan II (~ **balığı**) *зоол.* калкан балык (*Scophtalmus maximus*).

kalkanbezi, -ni *анат.* калкан бези.

kalker *геол.* акиташ.

kalkerli акиташтуу. ~ **kumtaşı** акиташтуу чап.

kalkık 1. көтөрүлгөн. ~ **pencere** (*өйдө*) көтөрүлгөн/түрүлгөн терезе. **masanın bir tarafı** ~ үстөлдүн бир тарабы көтөрүлүп турат. ~ **kaşlar** көтөрүлгөн каштар. **2.** дөмпөйүп чыгып турган. **kaplamanın ortası** ~ каптаманын ортосу дөмпөйүп турат. **3.** кайкы. ~ **burun** кайкы мурун. **4.** тик турган (*мис. чач*). **saçları diken gibi** ~ чачтары тикенектей тик турган.

kalkındırmak өнүктүрүү, өстүрүү, бутуна тургузуу.

kalkınma өнүгүш, өсүш, прогресс. **ekonomik** ~ экономикалык өнүгүш. ~ **hızı** өсүш ылдамдыгы.

kalkınmak өнүгүү, өсүү, жакшыруу, илгерилөө, чыңдалуу.

kalkış 1. туруш (*ордунан, төшөктөн ж. б.*). **2.** көтөрүлүш, учуп чыгыш (*мис. учак, куш*). **~a geçmek** көтөрүлө баштоо. **3.** жөнөш, чы-

гыш. ~ **saatleri** жөнөө сааттары.

kalkışmak (*колунан анча келе бербеген бир ишке/демилгеге*) баштоо, аракет кылуу, киришүү, далалат кылуу. **öğüt vermeye** ~ кеңеш бергенге аракет кылыш. **beste yapmaya** ~ обон чыгарууга далалат кылыш.

kalkmak,-ar 1. туруш, өйдө болуш, көтөрүлүш. **sabah kalktığında** эртең менен турганда. **sofradan** ~ дасторкондон туруп кетүү. **2.**чыгуу, жөнөө, ордунан козголуу. **tren kalktı** поезд ордунан козголду. **3.** учуп чыгуу, жерден көтөрүлүү. **4.** жоюлуу, жок болуу, колдонуудан чыгуу. **sokağa çıkma yasağı kalkıyor** көчөгө чыгуу жасагы жоюлду. **5.** жок болуу, колдонуудан чыгуу. **bu adetler çoktan kalktı** бу адаттар эбактан жок болду. **ortadan** ~ ортодон жок болуш. **6.** кабаруу, сыйрылып түшүү, ажыроо. **masanın kaplaması kalktı** үстөлдүн каптамасы сыйрылды. **güneşten vücudunun derisi kalktı** күндөн денесинин териси сыйрылды. **7.** капысынан бир иш/аракет жасай баштоо. **gitmeye** ~ (*капысынан*) жөнөп калуу. **çocuğunu dövmeye kalktı** баласын уруп кирди. **dört nalla** ~ таскактатып чаап жөнөө. **8.** жыйналуу, топтолуу. **ürün kalktı** үрөн жыйналды. **9.** айыгуу, сакаюу (*мис. бир ноокас киши*). **hasta bir haftaya kalmaz kalkar** оорулуу бир аптага жетпей туруп кетет. **10.** көчүп кетүү, ордун өзгөртүү. **postane buradan kalktı** почта бул жерден көчүп кетти. **11.** булак этип чыга калуу. **tavşan kalktı** коён чыга калды. **kalk gidelim olmak** жоголуп кетүү, жиги билинбей калуу. **kalkıp kalkıp oturmak** (*ачуусунан*) отуруп тура калуу.

kalkopirit, -ti *хим.* халькопирит, жез колчеданы.

kalleş *ооз.* арамзаа, куйту.

kalleşlik, -ği арамзаалык, куйтулук. ~ **etmek** куйтулук кылуу, алдап кетүү.

kalma калган. **eskiden** ~ **bir ayna** эскиден калган бир күзгү. **babamdan** ~ **ev** атамдан калган үй.

kalmak,-ır 1. *ар түрдүү маанилерде* калуу. **aç** ~ ачка калыш. **ayakta** ~ аякта туруп калыш. **baş başa** ~ жекеме жеке калыш. **boğazında** ~ тамагына туруп калуу, тамагынан өтпөө. **izi** ~ изи/аты калыш. **yalnız** ~ жалгыз калыш. **2.** артып/ашып калмак. **bir çuval pirinç kaldı** бир кап күрүч артып калды. **3.**убактылуу калуу, токтоо. **hangi otelde kalıyorsunuz?** кайсы отелге токтодуңар? **4.** башына түшүү, мойнуна жүктөлүү. **bu iş size mi kaldı? 1)**бул иш сизге калдыбы? **2)**сиздин эмне ишиңиз бар? **5.**бир нерседен кур калуу. **işten** ~ **1)**иштен бошоп калуу. **2)** ишке жарабай калуу. **6.** жылдырылуу, кийинкиге калуу. **düğün güze kaldı** той күзгө калды. **7.** тынчуу, токтоо. **fırtına kalkacağa benzemiyor** бороон токточудай көрүнбөйт. **8.** ыраазы болуу, топук кылуу. **yalnız dayak atmakla kalmadı, onu işinden de çıkarttı** токмоктоп эле тим болгон жок, аны ишинен да чыгартты. **9.** жашоо, убакыт өткөрүү. **yurtdışında on yıl kaldı** чет өлкөдө он жыл жашады. **kaç saattir bekliyoruz, nerede kaldın?** канча сааттан бери күтүп отурабыз, кайда жүрдүң? **10.** классында/ордунда калуу. **sınıfınızda kalanlar var mı?** классыңарда көчпөй калгандар барбы? **11.** *чакчыл –ып, -а мүчөлөрүн алган этишке жалганып,*

белгилүү мөөнөткө созулган аракетти билдирет. **bakakalmak** карап туруп калуу. **şaşakalmak** аңтаң калып калуу. **donakalmak** селдейип калуу. **oturup kalmak** отуруп калуу. **bakıp kalmak** карап калуу. **kala kala** болгону, калып отуруп. **okulun kapanmasına kala kala iki hafta kaldı** мектептин жабылышына болгону эки жума калды. **kala kala üç kişi kaldık** калып отуруп үч киши калдык. **kaldı ki** ал эле эмес, анан калса, ал аз келгенсип. **yarın bayram, kaldı ki çocuklar da gelecekler beraber oluruz** эртең майрам, анан калса балдар да келишет, чогуу болорбуз. **kalırsa 1)** бирөөнүн ою боюнча. **bana kalırsa** менин оюмча, менден сурасаңар. **2)** бирөөнүн эркинде/колунда болсо. **babama kalırsa hiç göndermek istemez** атамын оюна койсоң, жибергиси жок. (**… -la) kalmamak** муну менен эле чектелбестен. **iş bununla kalmamış** иш муну менен эле бүтүп калбаптыр. **(-dan) kalır yeri yok ...**–дан айырмасы/ кемчили жок. **az kalsın** аз жерден. **az kalsın düşecekti** аз жерден түшүп кете жаздады. **kalmadan/kalmaz** жетпей. **bir saate kalmadan (kalmaz) çalışmamız tamamlanır** бир саатка жетпей ишибиз бүтөт.

Kalmuk калмак.

kalori *физ.* калория **~si düşük** калориясы аз. **~si yüksek** калориясы күчтүү.

kalorifer 1. буу менен жылыткыч. **2. (~ radyatörü)** жылыткыч радиатор.

kaloriferli борбордук жылытма системасы болгон.

kalorili калориялуу.

kalorimetre *физ.* калориметр.

kaloş көлөч.

kalp I, -bi 1. жүрөк. **~ atması** жүрөктүн кагышы. **~ hastalığı** жүрөк оору. **~ kapağı** жүрөк капкагы. **2.** жүрөк оорусу. **~ten öldü** жүрөк оорудан өлдү. **3.** *өтм.* сүйүү, көңүл, ышкы. **4.** *өтм.* борбору, чордону, толтосу (*бир жердин / иштин / мекеменин ж. б.*). **5.** *өтм.* сезим, туюм. **onda ~ denen bir şey yok** анда сезим деген нерсе жок. **~ten** чын көңүлдөн/дилден. **~ini açmak** сырын айтуу, чечилүү. **~ ağrısı 1)** жүрөк оору. **2)** *өтм.* сүйүү азабы. **~i ağzına gelmek** жүрөгү оозуна тыгылуу. **~i bozuk 1)** жүрөгү оорулуу. **2)** ниети бузук. **~i bütün** ак ниет, кең пейил. **~ine doğmak** жүрөгү сезүү. **~i fesat** арам ойлуу, шекчил. **~ten gelen** чын жүрөгүнөн чыккан. **~ine göre** пейилине жараша. **~ine işlemek** жүрөгүн жылытуу. **sözlerin ~ime işledi** сөздөрүң жүрөгүмү жылытты. **~i kan ağlamak** жүрөгү сыздоо, жүрөгүнөн кан тамуу. **~i kanamak** жүрөгү каноо. **~ini kazanmak** (*бирөөнүн)* көңүлүн алуу, жагуу. **~ini kırmak** (*бирөөнүн)* көңүлүн оорутуу. **~i parçalanarak** жүрөгү сыздап/ тилинип. **~ine yer etmek** көңүлүнө уюп калуу, жагуу.

kalp II,-bi 1. калп, жасалма, көз боёмочу. **~ akçe** жасалма акча (*чыныгы эмес*). **2.** жасалма, миң кубулган эки жүздүү (*киши*). **~ adam** калпычы киши.

kalpak, -ğı тумак, папах, калпак.

kalpakçı калпак жасаган/саткан киши.

kalpaklı калпактуу/калпакчан.

kalpazan 1. жасалма акча жасаган. **2.** шумпай, куу, алдамчы, шарлатан.

kalpazanlık,-ğı 1. жасалма акча жасоо иши. **2.** шумпайлык, куулук, алдамчылык, шарлатандык.

kalplaşmak шыгын/жөндөмүн жоготуу, кайдигер болуу.

kalplık,-ğı 1. калпычылык, жасалма-

лык, көз боёмочулук. **2.** ишке кайдыгерлик.

kalpli 1. жүрөк оорусу бар. **2. iyi ~** ак ниет. **kötü ~** арам ниеттүү.

kalpsiz мээримсиз, таш боор, заалим.

kalseduan *мин.* халцедон.

kalsit, -ti *мин.* кальцит.

kalsiyum *хим.* кальций. **~ karbonat** көмүр кычкыл кальций.

kaltaban 1. амалкөй, эки жүздүү, куйту. **2.** шарлатан.

kaltak,-ğı 1. ээрдин жайык бөлүгү. **2.***ооз.* шерменде, аягы суюк (*аял*).

kaltaklık,-ğı шермендечилик, абийирсиздик, сойкулук.

kalubelâ жер каймактагандан бери, атам замандан бери.

kalya 1. майга куурулган чамгыр. **2.**куурулган баклажан.

kalyon *тар.* желкен менен да, күрөк менен да айдалган согуш кемеси, галион.

kam кам, шаман.

kâm тилек, максат. **(–dan) ~ almak** тилегенине жетүү.

kama 1. шынаа. **~ çakmak** шынаа коюу. **2.** канжар, кош миздүү бычак. **~ya gelmek** бычакташуу. **3.** замбиректин капкагы. **4.** *ооз.* утуштуу оюн. **~ basmak** оюнда жеңип алуу.

kamalamak 1. шынаа коюп бекемдөө. **2.** канжар менен жаралоо.

kamançe : ~ etmek колдон колго өткөрүү.

kamara 1. (*кемелерде*) каюта. **2.** палата (*Британия Парламентинде*). **Avam K~sı** Өкүлдөр Палатасы. **Lordlar K~sı** Лорддор Палатасы.

kamarot,-tu 1. каюта кызматчысы (*кемеде*). **2.** бөлмө кызматчысы (*отелде*).

kamaşmak 1. (*көз*) уялуу. **2.** (*тиш*) камашуу.

kamaştırmak 1. (*көз*) уялтуу. **2.** (*тиш*) камаштыруу.

Kamber 1. Камбер (*Халиф Алинин кулу Камбердин аты*). **2.** ишенимдүү жөкөр.

kambiyo 1. эки өлкө акчасын алмаштыруу. **2.** (*банкада*) валюта алмаштыруу ишин жүргүзгөн бөлүм.

kambiyocu 1. валюта алмаштыруучу. **2.** валюта алмаштырып пайда тапкан киши.

Kamboçya *к.* **Kampuçya.**

Kamboçyalı *к.* **Kampuçyalı.**

kambur 1. бүкүр. **2.** өркөч. **3.** (*курулуштa, буюмдарда*) томпок, төмпөк. **4.** *өтм.* кыйынчылык, кыйналыш. **~ adam** бүкүр киши. **~unu çıkarmak** жонун үрпөйтүү (*мышык*). **~u çıkmak 1)** бели бүкүрөйүү. **2)** таскагы чыгуу (*көп иштеп чарчаганда*). **3)** карылыктан бели бөкчөйүш. **~ felek** таалайга жазган (*наалыганда айтылат*). **~ üstüne ~** кырсык үстүнө кырсык. **~ zambur** бүкүр, ийри-буйру.

kamburlaşmak бүкүрөйүү, бүкчүйүү.

kamburluk,-ğu 1. бүкүрлүк. **2.** томпоктук.

kamçı 1. камчы, шапалак. **2.** *дең.* бир учу байланган, бир учу бош аркан. **~ çalmak/vurmak** камчы чабыш. **~ şaklatmak** камчы менен шакылдатып сабоо. **~ yemek** камчы жеш.

kamçılamak 1. камчылаш, камчы менен уруш. **2.** бетке уруу (*шамал, жаан, кар*). **3.** *өтм.* тездетүү, ыкчамдатуу, сүрөө. **merakını ~** кызыгуусун арттыруу.

kamçılı 1. камчылуу. **2.** кызыл камчы.

kamelya *бот.* камелия (*Camellia*).

kamer *эск.* ай.

kamera камера.

kameraman *кино* оператор.

kamerî ай. **~ ay** айлуу ай. **~ sene** ай жылы.

karınca 1. *зоол.* кумурска (*Formica*). **2.**(*металлдарда*) дат басканда же куюу маалында аба кирип калганда пайда болгон боштук. ~ **ağzı** тар ооздуу (*идиш*). ~ **belli** бели кумурсканын белиндей *(ичке)*. **~yı bile incitmeyen** чөптөн башкага зыяны жок, момун, боорукер. ~ **duası gibi** майда, түшүнүксүз жазуу. ~ **kararınca/kaderince** мүмкүн болушунча, колдун келишинче. ~ **yuvası gibi kaynamak** кумурскадай жайноо, опсуз көп болуу.

karıncalanma чымырама.

karıncalanmak 1. (*бир жерди*) кумурска басып кетүү. **2.** уктаган бир органдын жанданышы/ чымырай башташы. **3.** (*металлдарда*) дат баскандан майда тешиктер пайда болуу. **4.** *өтм.* (*чарчагандан, уйкусуздуктан*) башы кеңгирөө, акылы эч нерсени албоо.

karıncık,-ğı *анат.* жүрөктүн алдындагы оң жана сол боштуктар.

karındaş *эск.* бир тууган.

karınlı курсактуу, бөйрөктүү, курсагы кампайган. ~ **şişe** бөйрөктүү бөтөлкө.

karınsa (*куштардын*) түлөгөн маалы.

karıntı (*суунун*) ийрими/айлампасы.

karış карыш. ~ ~ **1)** карыш-карыш. **2)**узун туурасынан. ~ ~ **gezmek** карыш-карыш кыдырып чыгуу. ~ ~ **dili var** тили бир карыш.

karışık,-ğı 1. аралаш, ар кошкон, чатышкан, баш аламан. ~ **köfte** аралаш котлет. ~ **süt** катыктуу (*накта эмес*) сүт. **2.** дүрбөлөң, тополоң. ~ **zaman** тополоң заман. **3.** түшүнүксүз, туюк. **4.** жин-шайтан менен байланышы бар. **5.** тиеше, байланыш. **onun bu işe hiçbir ~ı yok** анын бул ишке тиешеси жок.

karışıklık,-ğı 1. аралашма, ар кошкондук. **2.** чаң-тополоңдук, баш-аламандык. ~ **çıkarmak** дүрбөлөң/тополоң чыгаруу. **3.** толкундоо, тынчсыздануу, жүрөкзаада болуу. **içindeki ~ı yendi** ичиндеки жүрөкзаадасын жеңди.

karışım аралашма, кошунду, айкалыш. **kırmızı ve sarının ~ı** кызыл менен сарынын кошундусу/айкалышы.

karışlamak карыштоо, карыш менен өлчөө.

karışmak 1. аралашуу, кошулуу. **suya süt karışmış** сууга сүт аралашып кетиптир. **2.** саксаюу, чатышуу. **saçları, sakal bıyığı karışmış bir ihtiyar** чачтары, сакал-муруту саксайган бир абышка. **3.** булгануу, түнөрүү, бузулуу. **hava karıştı** күн бүркөлдү. **4.** татаалдашуу, чатышуу. **işler karıştı** иштер татаалдашты. **5.** (*суу башка бир сууга*) куюу. **Çubuk suyu Sakarya'ya karışır** Чубук суусу Сакарияга куят. **6.** киришүү, кийлигишүү. **sen bu işe karışma!** сен бул ишке кийлигишпе! **7.** милдеткер/ жоопкер болуу. **bu işe belediye karışır** бул ишти беледие башкарат. **etliye sütlüye karışmamak** эч нерсеге кийлигишпөө. **karışanı görüşeni olmamak 1)** ишине эч ким кийлигишпөө, өзүн-өзү билүү. **2)** жалгыз, келим-кетими жок жашоо.

karıştırıcı 1. *тех.* аралаштыргыч, жуугуч, миксер. **2.** *өтм.* бузуку, куйту, журтбузар.

karıştırmak 1. аралаштыруу, кошуу. **toprağı kuma ~** топуракты сууга аралаштыруу. **2.** куюу, төгүү (*мис. бир суюктукту*). **salataya zeytin yağı ~** салатка зайтун майын куюш. **3.** баш-аламан кылып салуу, аралаштырып жиберүү. **kağıtlarımı karıştırmışsın** кагаздарымы аралаштырып салыпсың. **4.** аңтарып-теңтерүү, оодаруу. **eski evraklarını karıştırıyor** эски документтерин оодарып отурат. **5.**алайман салуу, тополоңдотуу. **ortalığı karıştırdı** тополоң салып жиберди. **6.** баракто, көз жүгүртүү (*мис. журналды, газетаны*). **7.** чаташтыруу, алмаштырып алуу. **zihnini ~** мээсин/башын айлантуу. **8.** кийлигиштирүү, аралаштыруу, кошуу. **kimseyi işime karıştırmam** эч кимди ишиме кийлигиштирбейм. **beni bu işe karıştırma** мени бул ишке аралаштырба.

karides *зоол.* каридес (*Palaemon*).

karikatür 1. карикатура. **~ünü yapmak** карикатурасын тартуу. **2.** окшоштурумуш болуу, чампалоо.

karikatürcü, karikatarist карикатурист.

karikatürize: ~ etmek карикатурага айландыруу.

karina *дең.* **1.** кеменин суу алдында калчу бөлүгү, түбү. **2.** кеменин омурткасы. ~ **etmek/~ya basmak** кемени бир жагына жантайтуу.

kariyer карьера, кесип. ~ **yapmak** карьера жасоо.

karkara *зоол.* каркыра.

karizma каризма, жагымдуулук.

karizmatik, -ği каризматик, сүйкүмдүү, жанга жакын, адамды өзүнө тарткан.

karkas *тех.* каркас (*бетон курулушта*).

karlamak кар жааш/басыш.

karlı кардуу. ~ **dağ** кардуу тоо. ~ **hava**

кардуу күн.

kârlı 1. пайдалуу, кирешелүү. **2.** *өтм.* майлуу. ~ **çıkmak** пайда табуу (*бир иштен*). ~ **iş** майлуу иш/кызмат.

karlık,-ğı 1. күбүр, погреб. **2.** карлык (*эки каты арасына муз же кар салынып, муздаткыч катары колдонулган тышы себеттелген идиш*).

kârlılık,-ğı пайдалуулук, кирешелүүлүк, рентабелдүүлүк.

Karluk *тар.* карлуктар (*эски түрк уруулары*).

karma 1. кошмо, курама. ~ **komisyon** кошмо комиссия. ~ **futbol takımı** курама футбол командасы. ~ **hükümet** коалициялык өкмөт. **2.**жуурунду, көөлөндү.

karmaç,-cı (*курулуштарда*) цементти/шыбакты жуургуч.

karmak,-ar 1. аралаштыруу, кошуу, эзүү. **boya** ~ боёкту/сырды эзүү. **2.**батыруу, саюу.

karmakarış *к.* **karmakarışık.**

karmakarışık баш-аламан, чачык, астын-үстүн, тартипсиз, иретсиз. ~ **etmek** баш-аламан кылуу, чачуу. ~ **olmak** чачылуу, тартиби/ирети бузулуу.

karman: ~ çorman чачык, астын-үстүн, баш-аягы жок, иретсиз.

karmanyola каракчылык, талоончулук.

karmaşa 1. чаң-тополоң, аралашма, чатыш, иретсиздик. **2.** акылдан адашуу, акыл-эсин жыйнай албоо. **3.** *психол.* комплекс, кемсинүү.

karmaşık аралашкан, чатышкан, ар кошкон, ар түркүн. ~ **düşünce** чатышкан пикир. ~ **iş** чатак иш.

karmaşmak чачылуу, ирети/тартиби бузулуу, чатышуу.

karnabahar *бот.* гүлдүү капуста (*Brassica oleracea botrytis*).

karnaval 1. карнавал (*көңүл ачуулар*). **2.** карнавал мезгили. ~ **maskarası 1)** карнавал костюмун кийген киши. **2)** бакча каракчысы.

karne 1. *окуучулардын ар жарым жылдык окуусунун, жүрүш-турушунун жыйынтыгын билдирген документ.* **2.** карточка (*тамак-аш, унаа ж. б. үчүн*). **3.** дептер, күбөлүк. **sağlık karnesi** саламаттык дептери.

karnıkara фасоль.

karnıyarık,-ğı карныйарык (*куурулган баклажан жана тууралган эттен жасалган түрк тамагы*).

karni *хим.* реторта (*буулантып ажыратуу процессинде колдонулган бөйрөктүү, ийри моюндуу колба*).

karo 1. (*карта ойнунда*) момун. **2.** төрт чарчы бетон таштар (*жерге төшөлөт*).

karoser кузов (*автомобилде*).

karoserci кузов жасаган жана оңдогон уста.

karpit,-di *хим.* карбид. ~ **lâmbası** карбид лампасы.

karpuz 1. *бот.* дарбыз (*Citrullus vulgaris*). **2.** тоголок, ири нерсе. **lâmba ~u** шар түрүндөгү абажур. **eşekten düşmüş ~a dönmek** шалдайып/ээси ооп калуу. **ayağının altına ~ kabuğu koymak** бут тосуу.

karpuzcu дарбыз өстүргөн/саткан киши.

karsak, -ğı *зоол.* карсак (*Vulpes corsac*).

karsız карсыз. ~ **kış** карсыз кыш.

kârsız пайдасыз, кирешесиз.

karst, -tı *геол.* карст. ~ **gölü** карст көлү.

karşı 1. каршы, теке/бет маңдай. **~mdaki adam sessizdi** маңдайымдагы киши үндөбөдү. **2.** аркы өйүз. (*жол, көчө, суу ж. б.*) ~ **yaka** аркы жээк/өйүз. **~ya geçmek** аркы өйүзгө өтүү. **3.** каршы, карама каршы, душман, кас, атаандаш. ~ **parti** атаандаш партия. **4.** каршы, жооп иретинде. **bu durum karşısında ne diyeceğimi şaşırdım** бул жагдайга каршы эмне дээримди

билбей калдым. **5.** карата. **edebiyata ~ ilginiz ne zaman uyandı?** адабиятка карата кызыгууңуз качан ойгонду? **6.** жакын, жуук. **akşama ~** кечке жуук. **sabaha ~** таңга жуук. **~sına almak** каршы чыгуу, жаат болуу. **~dan bakmak** каршыдан карап туруу. **~ çıkmak** каршы чыгыш. **~sına dikilmek 1)** тиктеп туруп алыш. **2)** каршы келиш. **~ durmak/gelmek** баш ийбөө, моюн сунбоо. **~ devrim** контрреволюция. **~ devrimci** контрреволюционер. **~ gelim 1)** *биол.* каршыкелим, антогонизм. **2)** каршы туруу, туруштук.**~ ~ya** бетме бет. **~dan ~ya 1)** бир учунан экинчи учуна, берки өйүздөн аркы өйүзгө **2)** тымызын, шек билдирбей. **~ koymak** каршы коюу. **~ olmak** каршы, каршысында болуу. **~sında olmak** маңдайында болуу. **~ oy** каршы добуш (*шайлоодо*). **~ sav** *лог.* антитеза, антитезис, бири-бирин жокко чыгарган. **~ taarruz** каршы чабуул. **~ taraf** каршы/душман тарап. **~ teklif** каршы сунуш.

karşıcasus каршычалгын, контрчалгын.

karşıcı 1. тосуп алган. **2.** оппозиционер. *сал.* **muhalif.**

karşıki маңдайдагы, каршыдагы.

karşılama тосуп алуу. **~ töreni** тосуп алуу аземи/расмиси.

karşılamak 1. (*түз, өтмө маанилерде*) тосуп алуу. **sevinçle ~** кубануу менен тосуп алыш. **üzüntü ile ~** кайгыруу менен тосуп алыш. **2.** канааттандыруу, чыгымын жабуу /төлөө, тең келүү, барабар болуу. **ihtiyaçları ~** ыктыяждарын канаатандыруу. **masrafları ~** чыгымдарды жабуу. **3.** алдын алуу, чарасы/дабасы болуу. **bu ilâç sıtmayı karşılar** бул дары безгекке даба болот. **4.** *спорт* атаандашынын чабуулунун мизин кайтаруу.

karşılaşma 1. жолугушма, көрүшмө. **2.**(*эки спортсмен же команда арасында*) мелдеш, матч.

karşılaşmak 1. жолугушуу, көрүшүү, бет келишүү, алдынан чыгуу. **2.***спорт* мелдешүү, күч сынашуу, таймашуу, жарышуу. **3.** (*бири-бирине*) каршы чыгуу, касташуу.

karşılaştırma 1. салыштырма, теңештирме. **2.** *хим.* кошулма. **3.** жолугуштурма, жүздөштүрмө. **~ derecesi** *грам.* салыштырма даража.

karşılaştırmak 1. салыштыруу, теңештирүү. **2.** жүздөштүрүү, бетме-бет жолугуштуруу. **3.** *экон.* баланс жасоо. **4.** *хим.* кошуу, аралаштыруу.

karşılaştırmalı салыштырмалуу. *сал.* **mukayeseli. ~ anatomi** салыштырмалуу анатомия. **~ dil bilgisi** салыштырмалуу грамматика.

karşılayıcı 1. тосуп/утурлап алуучу. **2.**алдын алуучу. **tehlikeyi ~ yöntemler** коркунучтун алдын алуучу чаралар. **3.** жүзгө/ишке ашыруучу, канааттандыруучу, талапка жооп берүүчү. **isteği ~** талапка жооп берүүчү.

karşılık,-ğı 1. каршылык, жооп. **~ını alamadık** жообун ала албадык. **2.** теңдеш, каршылык, эквивалент (*мис. бир сөздүн башка тилдеги*). **3.** бедел, акы. **bir günlük emeğimin ~ı** бир күндүк эмгегимдин акысы. **4.** карама каршылык. **~ istemez!** каяша айтпа! каршы чыкпа! **5.** нарк, баа. **doların Türk parasıyla ~ı** доллардын түрк акчасы менен наркы. **6.** *экон.* каржылама, дотация. **~ında 1)** акысына. **2)** жооп катары. **~ olarak** жооп катары. **~ vermek 1)** жооп берүү. **2)** каршы чыгуу, каяша айтуу. **her lâfa ~ verir** ар сөзгө жооп берет. **3)**акысын/беделин төлөө. **hizmetinin ~ı**

verilecektir кызматынын акысы берилет. **buna ~** буга карабастан, андай/мындай болгону менен.

karşılıklı 1. өз ара, эки тараптан тең, бири-бирин. **~ saygı** өз ара сыйлашуу. **~ yardımlaşma** бири-бирине жардамдашуу. **2.** карама-каршы, бет маңдай. **~ açılar** *мат.* карама каршы бурчтар. **~ kapılar** бет маңдай эшиктер. **3.** бири-бирине каршы. **~ bağrışmak** өз ара кыйкырышуу.

karşılıksız 1. каршылык көргөзбөстөн, макулдук/ыраазычылык менен. **2.**акысыз, бекер, пайда күтпөстөн. **~ yardım** акысыз/арт ниетсиз жардам. **3.** төлөм күчү жок. **~ çek** *фин.* төлөм күчү жок чек. **4.**жоопсуз, беделсиз, кадыры билинбеген. **~ çıkmak** *фин.* (*чектин*) курулай/төлөм күчү жок чыгышы.

karşın карабастан. **buna ~** буга карабастан.

karşıt, -tı 1. карама каршы, тескери, терс, теңирден тескери, айкыры, контраст. **~ anlamlı** карама каршы маанидеги. **~ duygu** *психол.* кыртышы сүйбөө, антипатия. **~ görüşteki** тескери көз караштагы. **~ teorem** *мат.* терс теорема. **2.**карама-каршы, кас, душман, атаандаш.

karşıtçı каршы чыккан, тескерисин жактаган, каршы тараптагы. *сал.* **aleyhtar.**

karşıtlık, -ğı 1. карама-каршылык, оңтетирилик, контраст. **~lara dolu bir hayat yaşadı** карама-каршылыктарга толгон бир өмүр жашады. **2.** жаат, антогонизм, оппозиция. **3.** *мат. бир теореманын тескерисинин да туура болуш ыктымалы.* **4.** *психол.* кежирлик, терсаяктык, тежиктик.

kart I, -tı 1. карт, карган, улгайган. **~ adam** картайган киши. **~ ağaç** карт дарак. **2.** катуу, каткан, куруган. **~ tavuk** каткан тоок. **~ kız** кара далы кыз.

kart II, -tı 1. *ар кандай мааниде* карт, карточка. **~ vizit** визит карты. **~ doldurmak** карт толтуруу. **basın ~ı** журналист карты. **2.** почтакарт, открытка. **~ göndermek** почтакарт жибериш. **3.** карта (*оюн*). **~larını açmak** картасын ачуу, (*бир нерсени*) ачыктоо. **açık ~larla oynamak** (*бир нерсени*) ачык жасоо.

kartal *зоол.* бүркүт (*Aquila*). **~ burun** бүркүт тумшук, коңкогой/куш мурундуу. **~ ağacı** алой/бүркүт дарагы (*Aquilara agallocha*). **~a kaçmak/varmak 1)** картайган, улгайган. **2)** эскирген.

kartaloş, kartaloz *арго* карыган, картайган, көксөөл, какбаш.

kartel *экон.* картель.

karter *тех.* картер.

kartlanmak, kartlaşmak 1. картаюу, каруу. **2.** эскирүү, катуу, куруу, серттешүү.

kartlık,-ğı 1. карылык. **2.** эскилик, катуулук, серттик.

kartograf картограф.

kartografi картография.

karton 1. картон. **2.** (*томбала ойнунда*) карта. **3.** сигарет кутусу, блок. **bir ~ cigara** бир куту сигарет. **~ film** мульфильм. **~ kapak** мукаба (*китепте*).

kartonpiyer 1. престелген картон. **2.***архит.* дубал менен шып арасын кооздоо үчүн колдонулган оюм-чийимдүү гипс.

kartopu,-nu 1. *бот.* калина (*Viburnum*). **2.** кардан топ. **~ oynamak** кардан топ жасап ойноо.

kartotek,-ği 1. картотека. **2.** картотекалар жайгаштырылган суурма, шкаф. **~ fişi** картотека карты.

kartpostal, -li почтакарт, открытка.

kartuş 1. *аск.* картуш. **2.** калемдин сыя

толтурулган жетеги. **3.** *комп.* компьютер сыясы.

kartvizit, -ti визиткарт.

Karun 1. Карун, Карын. (*Куранда айтылган эсепсиз бай киши*). **2.***өтм.* бай киши. ~ **gibi** Карун сыяктуу бай.

karyağdı майда чыбыр гүлү бар ак кездеме.

karyola керебет. ~ **örtüsü** керебет жабуу. **portatif** ~ бүктөмө керебет.

kas булчуң. ~ **ağrısı** булчуңдун ооруксунуусу. ~ **bilimi** миология. ~ **doku** *анат.* булчуң ткaны. ~ **kasılması** булчуңдун түйүлүп калышы. ~ **kopması** булчуңдун үзүлүшү. ~ **tutukluğu** булчуңдун ооруксунуп калышы (*көнүмүш эмес кыймылдар жасаганда*).

kasa 1. цейф. **2.** касса. **~ya ödeyin** кассага төлөгүлө. **3.** (*айрым оюндарда*) акча алып, карт тараткан киши. **4.** кузов. **5.** куту, коробка, ящик. **bir ~ süt** бир ящик сүт. **6.***полигр.* шрифт кутусу. **7.** терезе, эшиктин алкагы. **8.** *спорт.* аттама бөгөтү.

kasaba шаарча, чоң кыштак.

kasadar кассир, кассиер.

kasap,-bı 1. касап, касапчы. **2.** касап дүкөнү. **3.** *өтм.* канкор, киши өлтүргүч. ~ **havası** элдик бий түрү жана анын музыкасы. ~ **süngeriyle silinmiş** мурду балта кеспеген, жоон моюн (*киши*). **~a yağ kaygısı, keçiye can korkusu** касапчыга мал кайгы, кара эчкиге жан кайгы.

kasaphane *эск.* касап, мал союлган жер.

kasaplık, -ğı 1. касапчылык (*кесип*). **2.**касапчы акысы, кол кесер. **3.***өтм.* кан төгүшүү, кыргын. **4.**союуга жарактуу(*мал*), союш.

kasara *дең.* кеменин башында жана куйругундагы кичине палуба.

kasatura сүңгү, бел бычак.

kasaveti, -ti кесепет, кайгы, капа, , санаа. **2.** маанайы/көңүлү пастык. **3.** таш боордук, заалимдик. ~ **basmak** кайгы басуу. ~ **çekmek/etmek** кайгы тартуу, сарсанаа болуу. ~ **etmek** муңканыш, капаланыш.

kasavetli 1. кесепеттүү, кайгы-капа берүүчү, зериктирүүчү, тажатма. **2.** бүркөк, түнөргөн. ~ **gün** бүркөк күн.

kasavetsiz кесепетсиз, кайгы-капасыз, санаасыз, бейкапар.

kâse 1. кесе, чыны. **2.** карапа, фарфор, жыгачтан жасалган чуңкур табак. **3.** *арго* көчүк, жамбаш.

kasem *эск.* касам. ~ **etmek** касам ичиш, ант бериш.

kasık,-ğı *анат.* чат, жука чурай. ~ **bağı** бандаж. ~ **biti** *зоол.* чурай бити (*Phthirus pubis*)..~ **çatlağı/fıtığı/yarığı** *мед.* чурай чуркусу. **~otu** чурай оту (*Herniaria hirsuta; чурайдагы жараларга шыпаалуу*).

kasıl 1. *биол.* булчуңга байланыштуу/тиешелүү. **2.** булчуңдуу.

kasılım, kasılma түйүлүш, жыйрылыш. *сал.* **takallüs.**

kasılmak 1. түйүлүү, жыйрылуу. **2.**бүгүлүү, бекчейүү, бөкчөйүү. **3.**кирип/тарып кетүү (*кийим*). **4.***өтм.* кыйынсынуу, мурдун көтөрүү. **kasıla kasıla konuşmak** мурдун көтөрүп сүйлөө.

kasım I 1. ноябрь. **2.** (*элдик календарь боюнча*) жылдын жарымы (*8-ноябрдан 6-майга чейин*).

kasım II 1. бөлүү, ажыратуу. **2.** *мат.* бөлүүчү.

kasım III: ~ ~ **kasılmak** көтөрүлүү, менменсинүү, кыйынсынуу.

kasımpatı *бот.* хризантема (*Chrysanthemum*).

kasınç,-cı булчуңдун түйүлүп/жыйрылып кетиши, тарамышы тырышуу/карышуу.

kasınmak тарамышы тырышуу/түйү-

лүү.

kasıntı 1. бүктөм (*көйнөктүн*). ~ **kastırmak** тарытуу, бүктөмүн чоңойтуу. **~sını sökmek** кеңейтүү, бүктөмүн жазуу. **2.** *арго* менменсиниш, кыйынсыныш, текеберлик, мурдун көтөрмө.

kasır, -srı сарай, сепил.

kasırga 1. куюн, бороон, ураган, циклон. **2.** *өтм.* көңүлдүн эргүүсү/чабыты, шатыра-шатмандык.

kasıt,-stı 1. максат, мүдөө. **~ı mahsus** атайын максат. **2.** кара ниет, арам ой, кастык. **(birine) ~ı olmak** (*бирөөгө*) кастыгын тигиш. **bana ~ın mı var?** мага кастыгың барбы?

kasıtlı атайлап, билип туруп, атайын максат менен.

kasıtsız арам ойсуз, атайын максатсыз.

kaside *ад.* касыйда, мактоо ыры.

kasis 1. жолду кесип өткөн арык. **2.**жолдогу өңгүл-дөңгүлдөр, чуңкурлар.

kaskatı 1. капкатуу, темирдей катуу, каткан. **2.** *өтм.* катуу, таш боор, мээримсиз. ~ **kesilmek** сенейип/селдейип калыш.

kasketi, -ti каска, шапка, кепка.

kasko *ук.* толук камсыздандырма (*машинени*).

kaslı булчуңдуу, тарамыштуу.

kasmak 1. кыскартыш, тарытыш, бүгүш (*кийимди*). **2.** бийлеш, башкарыш, эзиш. **kasıp kavurmak 1)**эзиш, зордук-зомбулук/кордук көргөзүш, коркутуш. **2)**зыян келтириш, кыйратыш. **bölgeyi kasıp kavuran fırtına ancak sabaha doğru dindi** аймакты кыйратып зыянга учураткан бороон таңга жуук гана басылды.

kasnak,-ğı 1. эңдүү алкак. **2.** элек, калбырдын жыгач алкагы. **3.** сайма саюуда колдонулган жыгач кергич. **4.** балбандар кийген тери шымдын кашаты. **5.** *тех.* кайыш тасма кийгизилчү шкив (*темир дөңгөлөк*). ~ **kayışı** кыймыл тасмасы. **6.** бара, барабан. **fren ~ı** тормоз барасы/барабаны. **7.** *архит.* устунду түзүп турган цилиндр таштар. ~ **işi** кергичке керилип сайылган сайма.

kasnaklamak 1. алкак/чамбар ичине алыш. **2.** кучакташ.

kast I *к.* **kasıt.**

kast II, -ti *социол.* тап, каста, класс.

kastaniyet, -ti *муз.* кастаньет.

kastanyola 1. *дең.* кеме чынжырына такалып, токтотуучу темир кол. **2.***тех.* чарыктын тиштерине такалып, артка айландыруучу тил.

kastar агартуу (*пахта кездемени*).

kastarlamak (*пахта жибин/кездемесин*) жууп агартыш.

kasten атайлап, жаман/арам ой менен, билип туруп, кастык менен. ~ **yapmak** атайлап жасоо.

kastetmek 1. тийиштирип, ойлоп, тууралап. **ben bu sözü kimseyi kastetmeden söylemiştim** мен бул сөздү эч кимге тийиштирбей эле айткам. **doktor diye seni kastediyordum** доктор деп сенден сөз кылып аткам. **2.** кастыгын тигүү, арам саноо, кол салуу. **birinin hayatına ~** бирөөнүн өмүрүнө кол салуу.

kasti атайлаган, уюштурулган, кастык менен жасалган. ~ **cinayet** атайлап уюштурулган өлүм.

kastor 1. кундуз. **2.** кундуздун териси. **3.** кундуздун терисинен жасалган. ~ **kürk** кундуз ичик.

kasvet, -ti кайгы, муң, санаа, убайым, куса. ~ **basmak/çökmek** убайым/санаа басуу. ~ **vermek** кайгы-муңга салыш.

kasvetli кайгылуу, муңдуу, сарсанаалуу, убайымдуу, кусалуу.

kaş 1. каш. **açık** ~ ортосу ачык каштар. **kalem** ~ калем каш. **2.** ийилген/иймейген нерселер. **eyerin ~ı** ээр-

дин кашы. **yüzüğün ~ı** шакектин көзү. **3.** тик жар, учурум. **4.***архит.* арка. **5.** топурактан жондонтуп жасалган чек ара/тосмо. **~ almak** каш терүү. **kaşının altından bakmak** көзүнүн кыйыгы менен кароо. **~ının altında gözün var dememek** каршы чыкпоо, баарына макул болуу, мышыгына "мыш" дебөө. **~ atmak** каш серпүү. **~larını çatmak** каштарын жыйруу, кабагын чытуу. **~ göz etmek** (*кашы-көзү менен*) ышаарат жасоо. **~la göz arası** каш-кабактын ортосунда. **kaza ~la göz arasında meydana geldi** кырсык каш-кабактын ортосунда болду. **~ yapayım derken göz çıkarmak** *мак.* мүйүздүү болом деп кулагынан ажыроо.

kaşağı 1. ат тарак. **2.** тырмооч (*жонду тырмоо үчүн колдонулган учу тиштүү жарак*).

kaşağılamak тырмоо, кашуу.

kaşalot, -tu 1. *зоол.* кашалот. **2.** *өтм.* аңкоо, дөдөй.

kaşane көркүү/көркөмдүү үй, чарбак, вилла.

kaşar, kaşar peyniri 1. койдун сүтүнөн жасалган сыр/быштак. **2.** *өтм.* арамзаа, куйту, айлакер (*оюнда*).

kaşarlanmak 1. (*бир иште*) кандим/тажырыйбалуу/адис болуу. **2.** *өтм.* жаман үйрөнүп алуу, (*бир ишке*) кынык алып алуу.

kaşarlı 1. быштак кошуп жасалган. **~ pide** быштак менен жасалган тандыр нан. **2.** *өтм.* тажырыйбалуу, каныккан, уста.

kaşe 1. мөөр, тамга. **2.** дары каптамасы, пилюля.

kaşer *к.* **kaşar.**

kaşık,-ğı 1. кашык. **çorba ~ı** аш/сорпо кашыгы. **çay ~ı** чай кашык. **2.**кашык шекилиндеги ийнелүү кайырмак. **3.** кашык (*музыкалык аспап*). **~ atmak/çalmak** (*тамак-ты*) сугунуп/ бурдап жемек. **~ çalımı** эл орунга отурган кез. **~ düşmanı** жубай, аял. **~ kadar** кашыктай, кичинекей. **~ ~** кашык-кашык, кашыктап. **~ oyunu** кашык чалып бийленген бий. **~la yedirip, sapıyla göz çıkarmak** кайырдын чайырын чыгаруу (*сөзм. с.* кашык менен жедирип, сабы менен көзүн оюп алуу).

kaşıkçı кашык жасаган же саткан киши.

kaşıkçıkuşu, -nu *зоол.* күлгүн биргазан (*Pelecanus onocrotalus*), тармал биргазан (*Pelecanus crispus*).

kaşıkçın, kaşıkgaga *зоол.* кашык тумшук (*Platalea leucorodia*).

kaşıklamak кашыктап ичмек/жемек.

kaşıklık, -ğı 1. кашык салгыч. **2.** кашык жасоого ылайык. **~ ağaç** кашыкка ылайык жыгач. **3.** бир кашыкка бата турганчалык.

kaşımak тырмоо, кашуу.

kaşındırmak кычыштыруу, тырмандыруу.

kaşınmak 1. кычышуу. **elim kaşınıyor** колум кычышып жатат. **2.** *өтм.* бир жери кычышуу, тийишүү. **kendin kaşındın** өзүң тийиштиң. **3.**тырмануу, кашынуу (*айбандар үчүн*). **kedi kaşınıyor** мышык кашынып атат.

kaşıntı кычышма, кычыткы. **~ yapmak** кычыштыруу.

kaşıntılı кычышкан, кашындырган, тырмандырган.

kaşif (*бир нерсени*) биринчи тапкан/ачкан, жол/чыйыр салган.

kaşkaval 1. (**~ peyniri**) кой быштагы. **2.** *арго* келесоо, макоо, аңкоо.

kaşkol шарф.

kaşkorse аялдардын жука токулган ич көйнөгү.

kaşlı каштуу. **çatık ~** кабагы чытылган. **~ gözlü** каштуу- көздүү, ажардуу.

kaşmir 1. кашемир, кашмир (*тыгыз*

токулган жүн кездеме). **2.** бул кездемеден жасалган (*кийим*).

kat I, -tı 1. кат, катмар. **bir ~ yufka, bir ~ peynir** бир кат жупка, бир кат быштак. **2.** кабат. **alt ~** алдыңкы кабат. **üst ~** үстүңкү кабат. **3.**сыйра, кат, катар. **üç ~ elbise** үч сыйра/катар кийим. **4.** алды, жаны, маңдайы. **5.** бүктөм, кат, каттам. **kumaşın ~ı** кездеменин каты. **6.** кызмат, даража, мартаба. **7.** эсе. **üç ~ pahasına** үч эсе баасына. **8.** *геол.* катмар. **~ında 1)**кабатында, каршысында. **2)**оюнча, пикиринче. **~ çıkmak (**үйгө) бир кабат кошуу. **~ kaloriferi** жекече жылытма системасы. **~ ~ 1)** кат-кат, кабат-кабат. **2)** кайра-кайра.

kat II, -tı *эск.* **1.** кесүү, үзүү. **2.** токтотуу, мамилесин бузуу. **3.** бүтүрүү, жыйынтыктоо.

katabolizma *бот.* катаболизм.

katafalk, -kı катафалк.

katakomp, -pu катакомба.

katakulli *арго* айлакердик, куйтулук, арамзаалык. **~ oynamak/yapmak** көз жазгыруу, куулук кылуу, алдоо.

katalepsi *мед.* каталепсия.

katalitik *хим.* катализге байланыштуу.

kataliz *хим.* катализ.

katalizatör *хим.* катализатор.

katalog 1. каталог (*китепканада*). **2.**басма/жарыя каталогу.

katana ири ат түрү. **~ gibi** сөөк-саактуу, албеттүү (*аял*).

Katar Катар.

katar 1. катар, кербен, тизмек. **deve ~ı** төө кербени. **yük ~ı** жүк ташыган поезд/машинелер катары. **otomobil ~ı** автомобиль катары. **2.** поезд, паровоз, вагондор катары. **bugün beş ~ kalkacak** бүгүн беш поезд жөнөйт. **sıhhiye ~ı** санитардык поезд. **sürat ~ı** ылдам поезд.

katarakt, -tı *мед.* катаракта. **~ olmak** катаракта болуш/басыш.

katarlamak катарлоо, катарга тизүү, катар-катар коюу, кербен тизүү.

Katarlı 1. катарлык (*киши*). Катарга мүнөздүү/тиешелүү.

katarsis *психол.* катарсис.

katedral, -li катедрал, собор.

kategori категория.

katetmek 1. (*жолду*) басып өтүү, жол жүрүү. **2.** *эск.* бөлүү, кесүү.

katgüt *мед.* кетгут (*ичегиден жасалган медициналык жип*).

katı I 1. катуу, бышык, серт. **~ cizim** *физ.* катуу зат. **~ tedbirler** катуу чаралар. **~ yakıt** катуу күйүүчү зат. **2.** катуу (*суюктун терси*). **~ yumurta** катуу бышкан жумуртка. **~ gıdalar** катуу тамак-аштар. **3.***өтм.* катуу, көңүлгө тийген, таш боор, заалим. **~ kişi** катуу/мээримсиз киши. **~ söz** катуу сөз. **~yağ** тоң май.**~ yürekli** таш боор. **4.** *эск.* катуу, аябай, абдан (*күчөтмө сөз*).

katı II (*куштарда*) богок.

katık,-ğı 1. катык. **2.** *мед.* каймагы алынган жуурат. **~ etmek 1)** катыктоо. **2)** тамакты үнөмдөө үчүн нанды көбүрөөк жеп огожо кылыш.

katıklı катыкталган. **~ aş** талкандан жасалган катыкталган шорпо.

katıksız 1. катыксыз, накта. **~ süt** нак/таза сүт. **2.** таза тектүү, чалымы жок. **3.** касиеттүү, сапаттуу, ишеничтүү, туура жүргөн. **~ kişiliğe sahip** абийири таза киши.

katılaşma *хим., физ.* катуулашма, катма, серттешме.

katılaşmak 1. катуулашуу, ката баштоо, серттешүү. **2.** *өтм.* катуу/таш боор/сараң боло баштоо.

katılgan: ~ doku *анат.* байланыштыргыч ткань.

katılık,-ğı 1. катуулук, серттик, бышыктык. **2.** *өтм.* катуулук, таш боордук, заалимдик.

katılma 1. кошулма, аралашма. **2.** катышма, кирме (*бир уюмга, коомго ж. б.*). **3.** макулдук, ыраазычылык.

katılmak I 1. кошулуу, аралашуу (*бир нерсеге*). **2.** катышуу, кирүү, кошулуу, ичинде орун алуу (*бир уюмга, партияга ж. б.*). **3.** макул болуу, келишүү, колдоо.

katılmak II ичеги-боору эзилгенче (*күлмөк, ыйламак*). **katıla katıla ağlamak** ичеги-боору эзилип ыйлоо. **katıla katıla gülmek** ичи эзилип, каткырып күлүү.

katır I 1. *зоол.* качыр. **2.** *өтм.* кежир, тежик, терсаяк. ~ **inadı** эшектей кежирлик, терсаяктык.

katır II: ~ ~ же ~ **kutur** *туур. с.* катыр-катыр, катыр-күтүр. ~ **yemek** катыратып жеш.

katırboncuğu, -nu 1. *мингич айбандардын мойнуна кооздук үчүн тагылган көгүлтүр айнек мончок.* **2.** *бул мончокко кошо тизилген майда деңиз кабыктары.*

katırtırnağı,-nı *бот.* качыр тырмак (*заара чыгаруучу катары колдонулган сары гүлдүү өсүмдүк*) (*Genista scoparia*).

katışık аралашкан, кошунду, чалмакей, катыктуу.

katışıksız аралашпаган, таза, аруу, нак.

katışmak катышуу, кошулуу, кирүү (*бир пикирге, уюмга, чогулушка ж. б.*).

kati 1. сөзсүз. ~ **olarak** сөзсүз түрдө. **2.**кескин, аныk. ~ **karar** кескин чечим. ~ **teklif** ачык/так сунуш.

katil I, -tli киши өлтүрүү. ~ **etmek** өлтүрүү, жок кылуу.

katil II, -tli 1. киши өлтүргүч. **kardeş ~i** бир тууганын өлтүргөн. **kiralık** ~ жалданган киши өлтүргүч. **2.** өлтүрүүчү, өлүмгө себеп болгон, өлүм ташыган. ~ **kurşun** өлтүргөн ок.

katileşmek аныk/кескин/ачык болуу, аныкталуу, ачыкка чыгуу.

katip,-bi катчы, катип, секретарь. **~î ezeli** түбөлүк жаздырган (*Кудайдын эпитеттеринен бири*). **baş** ~ башкы катчы. **hususi** ~ өздүк катчы.

katiplik, -ği катиптик, катчылык (*кесиби жана милдети*).

katiyen 1. таптакыр, дегеле, эч кандай, эч качан, сөзсүз. **2.** кескин түрдө.

katiyet, -ti аныктык, тактык, кескиндик. **~le** сөзсүз, кескин/чечкиндүү түрдө.

katkı 1. салым, кошумча, жардам. **2.**катык (*бир нерсеге кошулган*). **3.**(*металлдарга*) ширетүүдө кошулган заттар. **~da bulunmak** салым кошуу.

katkılı катыгы/кошумчасы болгон, таза эмес.

katkısız 1. катыгы/кошумчасы жок, таза, накта. **2.** *өтм.* сапаты өзгөрбөгөн, бузулбаган.

katlama 1. каттама. **2.** *ооз.* каттама (*ачытылбаган камырдан сыр кошуп же кошпой жасалган тамак, жупка*).

katlamak 1. каттоо, бүгүү, бүктөө. **Elbisesini katlayıp dolaba koydu** кийимин бүктөп, шкабына койду. **çakıyı** ~ макини бүктөө. **2.** көбөйтүү, эселентүү. **hesabı dörde katladım** эсепти төрт эселендирдим. **3.** *эск.* кайталоо.

katlanır катталган, бүктөлгөн, бүгүлгөн.

katlanmak 1. катталуу, бүктөлүү, бүгүлүү. **2.** *өтм.* баш ийүү, көтөрүү, чыдоо. **ben bu acıya nasıl katlanırım?** мен бул кайгыга кантип чыдайм?

katletmek өлтүрүү (*кишини, айбандарды*).

katlı 1. катталган, бүктөлгөн. ~ **mendilleri dolaba koydu** катталган жүз

ааpчыларды шкафка койду. **2.**кабаттуу. **üç ~ ev** үч кабаттуу үй. **iki ~ otobüs** эки кабаттуу автобус.

katliam кыргын, тукум курут кылыш, боо түшүрүш, геноцит.

katma 1. кошмо. **2.** кошулган, уланган, аралашкан. **~ bütçe** кошумча бюджет. **~ değer vergisi** кошумча нарк салыгы.

katmak 1. кошуу, кошумчалоо, катуу, аралаштыруу. **rakıyı su katmadan içermiş** ракыга (*түрк арагы*) суу кошпой ичет экен. **o para üstüne daha elli milyon kattı** ал акчанын үстүнө дагы элүү миллион кошту. **2.** айдоо, ээрчитүү. **kuzuları sürüye ~** козуларды айдап оторго кошуу. **önüne ~** алдына салып айдап алыш. **3.** кошуп жиберүү, аңдытуу, изине салуу. **kafileye muhafız ~** отрядга кароол кошуп бериш. **4.** *ооз.* салуу. **boğa ~** бука салыш. **5.** чагым салыш, арасын бузуш. **birbirine ~** чатак чыгарыш, ортого от жагыш. **7.** апыртуу, мактануу. **bire bin ~** бирге миңди кошуп айтуу.

katman 1. катмар, сыйра. **2.** *геол.* катмар. **3.** *социол.* катмар. **~ karabulut** катмарланган кара булут. **~ bulut** катмар булуттар.

katmanlaşmak катмарлануу, кат-кат болуп жатуу.

katmer 1. катмар. **2.** каттама (*арасына каймак сүрүлүп, жупкадан жасалат*). **~ kaldırmak** *ооз.* чатак чыгаруу. **~ ~** катмар-катмар.

katmerli 1. катмардуу, кабатталган. **~ çiçek** катмардуу гүл. **2.**аябагандай, барып турган. **~ enayi** барып турган келесоо. **~ kurnaz** аябагандай куу. **~ yalan** карандай жалган. **~ birleşik zaman** *грам.* кабатталган татаал чак (*мис.* **gelir idiysem** келе турган болсом).

Katolik,-ği католик. **~ dini** католик дини. **~ kilisesi** католик чиркөөсү.

Katoliklik, -ği католиктик.

katot,-du *физ.* катод. **~ ışınları** катод нурлары.

katran *хим.* катран, кара чайыр. **~ ardıcı** *бот.* кызыл арча (*Juniperus oxycedrus*).**bitki ~ı** табигый катран. **maden ~ı** таш көмүр катраны. **~ gibi** капкара, ындыкара.

katranlamak катран (*смола*) төгүү.

katranlı катран төгүлгөн, катран менен капталган. **~ kâğıt** толь.

katre *эск.* тамчы, тамчылаган (*нерсе*). **~ ~** тамчы-тамчы, аз-аздан. **~si kalmadı** тамчысы да калбады.

katrilyon квадрильон (10^{24}).

katsayı *мат.* көрсөткүч, коэффициент.

katyuvarı, -nı *астр.* стратосфера.

kauçuk, -ğu каучук. **~ ağacı** *бот.* каучук дарагы (*Ficus elastica*). **~ eriyiği** резина клей.

kav I 1. куу. **bez ~ı** билик. **mantar ~ı** кургатылган козу карын. **2.** *ооз.* жыландын чыгарып салган эски териси. **~ gibi** куураган, от алып кете турган.

kav II шарап сакталган чуңкур, погреб.

kavaf арзан/одоно бут кийим жасаган/саткан жер. **~ işi** эптеп-септеп, одоно жасалган. **~ malı** арзан, сапатсыз товар.

kavak, -ğı *бот.* терек (*Populus*). **~ boylu** эңгезердей, узун бойлуу. **~ inciri** *бот.* ачык сыя көк түстүү зайтун.

kavaklık,-ğı теректери көп же терек өстүрүлгөн жер.

kaval чоор. **~ çalmak** чоор тартуу. **~ kemiği** *анат.* кичи жото жилик.

kavalye 1. кавалер. **2.** (*бийде*) партнёр, кавалер.

kavalyelik,-ği кавалерлик. **~ etmek** аялдарды бийде же башка жерде коштоп жүрүү.

kavanoz айнек/чопо банка, кичине, орто бойдогу капкактуу челек. **reçel ~u** варенье банкасы. **~ dolusu**

банкага толтура. ~ **dipli dünya** жалган дүйнө (*көңүл жубатуу үчүн айтылат*).

kavas (*элчилик, консулдуктарда*) атайын кийимдүү сакчы.

kavaslık,-ğı кавастык (*милдет/кызмат*).

kavasya *бот.* ачуу квассия (*Quassia amara*).

kavga 1. коога, жаңжал, чатак, чыр, уруш. **2.** *эск.* согуш. **3.** *өтм.* күрөш. **ekmek ~sı** жашоо үчүн күрөш. ~ **aramak** чатак чыгаргысы келүү, урунарга тоо, урушарга жоо таппоо. ~ **çıkarmak** чатак чыгарыш. **~ya girişmek/tutuşmak** уруша/чатакташа кетүү. **ağız ~sı** жаакташуу, кайым айтышуу. **hayat ~sı** жашоо үчүн күрөш. **iç ~lar** ички чатактар. **taç ve taht ~ları** таажы/ такты үчүн күрөш.

kavgacı чатак, урушчаак, коогачы, жаңжалчы.

kavgalı 1. чатактуу, жаңжалдуу, коогалуу. **2.** (*өз ара*) урушкан, чатакташкан, таарынышкан.

kavgasız 1. чатаксыз, жаңжалсыз, жайынча, тынч. **iş ~ bitti** иш чатаксыз бүттү. **2.** ынтымактуу, чыр чатаксыз, бейпил. ~ **ev** чыр-чатаксыз үй.

kavi 1. күчтүү, кубаттуу, чымыр, бышык. ~ **bina** бышык имарат. **2.***өтм.* катуу, аябай. ~ **vaat** катуу убада. **3.** *өтм.* бардар, бай.

kavil, -vli 1. сөз. **~ince** сөзүнө караганда. ~ **ve fiil** сөзү менен иши. **2.** макулдашуу, сүйлөшүү, келишүү. ~ **etmek** макулдашуу, бир пикирге келүү.

kavim, -vmi уруу, урук, эл.

kavis, -vsi 1. жаа, ийимек. ~ **çizmek** жаа тартуу. **2.** *грам.* кашаа. ~ **içine almak** кашаанын ичине алыш. **3.**жаа (*курал*). **4.** Жаа (*зодиак жылдызы*).

kavlak,-ğı 1. кабыгы жок. ~ **ağaç** кабыксыз дарак. **2.** күндөн териси сыйрылган (*киши*).

kavlamak (*кабык/теринин*) сыйрылышы.

kavmiyat, -tı *эск.* этнография.

kavmiyet,-ti 1. уруулук, уруктук. **2.** уруу/урук өзгөчөлүгү.

kavram I түшүнүк, маани, маңыз, идея. **gramer ~ı** грамматикалык түшүнүк/маани.

kavram II 1. *анат.* карын чели, карын. ~ **yağı** карын майы. **2.** *ооз.* учу, тутам, кочуш.

kavrama 1. түшүнүү, аңдоо. **2.** жыгач алкак (*бир нерсе тутуруш/курчаш үчүн*). **3.** кичине орок. **4.** *тех. , авто.* илиштирме, жалгама. ~ **cıvatası** илиштирме болту. ~ **pedalı** илиштирме педалы. ~ **yayı** илиштирүүчү пружина.

kavramak 1. кучактоо, айланта кармоо, тутуу. **çocuğu koltuk altından kavrayıp kaldırdı** баланы колтугунун алдынан кармап көтөрдү. **2.** *өтм.* толук түшүнүү, аңдап билүү, көзү жетүү.

kavramcılık, -ğı *филос.* концептуализм.

kavramsal түшүнүккө байланыштуу, концептуалдык.

kavranılmaz акылга сыйбас.

kavrayış 1. кармаш, тутуш. **2.** аңдаш, түшүнүш, көзү жетиш. ~ **kudreti** аңдап билүү кудурети/жөндөмү.

kavruk 1. куурулган. **2.** куураган, куу, күнгө күйгөн. **3.** *өтм.* арык, тыржыйган, өспөй калган. ~ **çocuk** илмейген бала.

kavrulma куурулма.

kavrulmak 1. куурулуу. **2.** күнгө күйүү. **3.** *өтм.* кууроо, какжыроо (*мис. бак*).

kavrulmuş куурулган. ~ **kahve** куурулган кофе.

kavşak, -ğı кесилиш, тоом, куюш (*жолдун, суунун ж. б.*). **su ~ı** суунун куюшу. **yol ~ı** жолдордун тоому.

kavuk, -ğu 1. *эск.* чалма/селде оролгон топу. **2. (sidik ~u)** *анат.* табарсык. **3.** *ооз.* ичи көңдөй нерсе (**birine**) ~ **sallamak 1)** баш ийкөө, макул болуу. **2)** жасакерленүү, кошомат кылуу.

kavukçu 1. кавук жасаган/саткан киши. **2.** *өтм.* кошоматчы, жасакер.

kavuklu 1. кавук/чалма кийген. **2.** Кавуклу (*орта оюнундагы баш каармандардын бири*).

kavun *бот.* коон (*Cucumis melo*).

kavuncu коончу.

kavuniçi, -ni күлгүн-сары, коон түстүү.

kavurga куурмач (*буудай, жүгөрү ж. б.*).

kavurma 1. куурма (*иши*). **2.** куурма (*куурулуп сакталган эт*).

kavurmaç,-cı куурмач (*куурулган буудай*).

kavurmak 1. кууруу. **2.** кууруу, кактоо, ысык алып кетүү, күйгүзүү. **rüzgâr ekinleri kavurdu** шамал эгинди кууратып/күйгүзүп кетти. **3.***өтм.* басынтуу, чүнчүтүү. **kalbini kavuran acı dinmek bilmiyordu** жүрөгүн эзген кайгы жанын жай алдырбады. **kasıp ~** катуу таасири алдына алуу.

kavurmalık 1. куурдакка ылайык (*эт*). **2.** бир куурдактык (*эт*).

kavuşma 1. жолугушма, бет келишме, (*кайрадан*) табышма. **2.** *бот.* изогамия, эки башка клетканын биригиши. **3.** улашуу, алуу, жетишүү, ээ болуу. **köyün elektriğe kavuşması uzun sürdü** айылдын электрге жетиши узун убакыт алды.

kavuşmak 1. жолугушуу, табышуу, көрүшүү. **oğluna on yıl sonra ancak kavuşabildi** уулуна 10 жыл кийин гана жолуга алды. **2.** колго тийүү, ээ болуу. **sağlığına kavuşmak** саламаттыгы оңолуу. **3.** (*суу үчүн*) куюш. **bu su Kızılırmağa kavuşur** бул суу Кызылырмакка куят. **4.** жетүү, бүчүлөнүү. **ceketin önü kavuşmuyor** эки өңүрү бири бирине жетпейт. **5.** жетүү, баруу. **nihayet vatanıma kavuştum** акырында мекениме жеттим. **Allahın rahmetine ~** Кудайдын ырайымына жетүү, өлүү.

kavuştak,-ğı *ад., муз.* кайрык. *сал.* **nakarat.**

kavuşturmak 1. бириктирүү, кайчылаштыруу. **ellerini ~** колдорун кайчылаштыруу. **2.** жолуктуруу, кезиктирүү. **Allah kavuştursun!** Аллаа кайрадан жүз көрүштүрсүн! (*тилек*).

kavuşum *астр.* жалгашуу, жакындоо. **alçak ~** төмөнтөн жалгашуу. **yüksek ~** жогортон жалгашуу.

kavut,-du талкан (*куурулуп тартылган буудай*). **2.** кавут (*талкандан жасалган тамак*).

kaya 1. аска, аска таш, зоо, зоока. **~ suyu 1)** зоо булагы. **2)** булак суусу. **2.** *айрым ботаникалык, зоологиялык терминдердин курамында:* **~ antilopu** *зоол.* тоо антилопасы (*Oreotragus oreotragus*). **~ balığı** *зоол. аскалуу сууларда жашаган каралжын кичине балык* (*Cobius*). **~ güvercini** *зоол.* көк көгүчкөн (*Columba livia*).**~ kartalı** *зоол.* аска бүркүтү (*Aquila chrysaetus*). **~ kırlangıcı** *зоол.* зоо карлыгачы (*Ptyonoprogne rupestris*). **~ gibi** аскар тоодой (*чың, бышык, кайратмуу*). **~ lifi** асбест.**~ mezarı** аска мүрзөлөрү. **~ tuzu** таш туз.

kayağan жылмакай, жылмаяк.

kayak, -ğı лыжа. **~ kaymak** лыжа тебүү. **~ sporu** лыжа спорту.

kayakçı лыжачы.

kayakçılık, -ğı лыжачылык.

kayalık, -ğı 1. аскалуу/зоокалуу жер. **2.**аска, зоока. **~ ve dik tepe** аскалуу тик чоку.

kayan 1. кыян. **2.** *ооз.* жазы катмарлуу таш. **3.** тез, куюндаган.
kayar (*айбандарды*) такалама иши.
kayarlamak 1. (*айбандарды*) жаңыртып такалоо. **2.** *ооз.* сөгүү, тилдөө.
kaybetme жоготмо, житирме.
kaybetmek 1. жоготуш, житириш. **gözden ~** көздөн кайып кылып жибериш. **kontrolünü ~** эркин жоготуп коюш. **zaman ~** убактысын бошко кетириш. **2.** жеңилиш, утулуш. **harbi ~** согушта жеңилүү. **maçı ~** матчта утулуу.
kaybolmak жоголуу, көздөн кайым болуу. **altın yüzüğü kayboldu** алтын шакеги жоголду. **kaybol!** жогол! көзүмө көрүнбө!
kayd *к.* **kayıt.**
kaydetmek 1. каттоо, жазып алуу. **çocuğu okula ~** баланы мектепке каттатуу. **deftere ~** дептерге жазып алуу. **hesaba ~** эсебине жазып коюу. **2.** көңүл бөлүү, эсепке алуу, маани берүү. **3.** белгилөө, басым жасоо. **şunu kaydedeyim ki …** муну айтып коёюн... **4.** (*тасмага, кассетага ж. б.*) жазып алуу. **5.** *комп.* компьютердин эсине каттатып коюу. **6.** *өтм.* жакшы натыйжа алуу. **başarı ~** ийгиликке жетүү. **7.**эстеп калуу, унутпоо. **8.** *спорт* эсебине упай жаздыруу.
kaydırak,-ğı 1. жалпак ири шагыл. **2.** балдардын мындай шагыл менен ойногон ойну. **3.** балдардын отуруп жылмышып түшүүлөрү үчүн орнотулган оюн түрү. **4.** таш кесимдерин аскадан оңой жылдырып түшүргөн жер.
kaydırmak 1. жылдырыш, жылмыштырыш. **2.** орун алмаштырыш, иштен алыш. **3.** *аск.* өңүт алмаштырыш.
kaydolmak катталуу, жазылуу.
kaygan жылма, тайгалак, сыйгалак, жылмаяк. **~ taş** жылма таш.
kaygana 1. кайгана, омлет. **2.** *жумурткадан чалып жасалган таттуу түрү.*
kayganlık,-ğı жылмалык, жылмакайлык, сыйдалык.
kaygı,-yı санаа, сарсанаа, кам, убайым, кайгы. **~(sını) çekmek** убайымын жеш, камсанаш, кайгысын тартыш, сарсанаа болуш. **~sına düşmek** убайымга түшүү/батуу. **~ duymak** санаа тартыш, убайым жеш. **~ içinde kalmak** камсанаш, санаасы санга бөлүнүш.
kaygılanmak 1. сарсанаа болуш, тынчы кетиш, кам жеш. **2.** кайгырыш, капа болуш.
kaygılı кайгылуу, капалуу, санаалуу, убайымдуу.
kaygısız кайгысыз, санаасыз, бейкапар, бейгам.
kaygısızlık,-ğı кайгысыздык, санаасыздык, бейкапарлык, бейгамдык.
kayık I,-ğı жылган, кыйшайган, кулаганы/ураганы/жыгылганы турган.
kayık II,-ğı кайык. **~ köprüsü** кайык көпүрөө. **yelkenli ~** жел кайык. **motorlu ~** моторлуу кайык. **~ tabak** кайык шекилиндеги табак. **~ yaka** кайык жака.
kayıkçı кайыкчы.
kayıkçılık, -ğı кайыкчылык.
kayıkhane кайыккана.
kayın I,-ynı *бот.* кайың (*Fagus silvatica*).
kayın II, -ynı кайни (*эркек үчүн да, аял үчүн да*).
kayınbaba кайната.
kayınbirader кайни, кайнага.
kayınlık I, -ğı кайың токою.
kayınlık II, -ğı кайын журт тарабы.
kayınpeder кайната.
kayıntı *ооз.* шам-шум эткенге жараган тамак.
kayınvalide кайнене.
kayıp,-ybı 1. жоготуу, кайып, жок болуу. **acı/ağır ~** катуу жоготуу. **can**

~ı жандан/кишиден жоготуу. **mal ~ı** мал-мүлктөн жоготуу. **2.** бошко кетирүү, пайдасыз колдон чыгаруу. **zaman ~ı** убакытын бошко кетиши. **3.** жоголгон, дайынсыз болгон. ~ **eşya** жоголгон буюм. **~ı kapatmak** чыгашаны төлөө. **~lara karışmak** жоголуп кетүү, дайынсыз болуу. ~ **vermek** жоготууга учуроо.

kayır калың кум.

kayırıcı колдоочу, коргоочу, арка, жөлөк.

kayırış колдоо, коргоо, жардам, камкордук.

kayırmak 1. камкордук көрүү, колдоо/коргоо көргөзүү. **az gelirli vatandaşları** ~ кирешеси аз журтташтарга камкордук кылуу. **2.** орноштуруу, кызматка коюу.

kayısı 1. *бот.* өрүк, кайналы (*Prunus armeniaca*). **2.** бул даректын жемиши.

kayış I 1. кайыш. **bel ~ı** бел кайыш. **saat ~ı** саат кайышы. **2.** кайыш кемер, кур. **3.** бүлөө катары колдонулган тери тилкеси. ~ **aşırmak** *арго* амалданыш, кууланыш. ~ **atmak 1)** *к.* ~ **aşırmak. 2)** көңүл бурбоо. **~ı ben çekiyorum** бүтүн жүк менин мойнумда. **~a çekmek/vurmak 1)**устараны кайышка сүртүү. **2)**алдап кетүү. ~ **gibi 1)** катуу, үзүлбөгөн, кайыштай чоюлган (*эт*). **2)** капкара (*тери*).

kayış II сыйгалануу, тайгалануу.

kayışçı 1. кайышчы, кайыш жасаган/саткан киши. **2.** *арго* алдамчы, шүмшүк, шарлатан.

kayışdili, -ni 1. орой/маданиятсыз тил, жаргон. **2.** одоно сүйлөшүү/кеп.

kayıt,-ydı 1. каттоо. ~ **süresi** каттоо маалы. **2.** жазып коюу. **3.** *өтм.* чектөө, жүрүш-турушун жөнгө салуу. **hiçbir ~ ileri sürmeksizin** эч кандай чектөө койбостон. **4.** себеп, шарт. **kaydıyla** шарты менен. **cevabını hemen vermek ~ıyla** жообун дароо берүү шарты менен. **5.** расмий иш кагазы. **6.** үндү/сынды/көрүнүштөрдү (*магнит лентага, кассетага ж. б.*) жаздыруу иши. **7.** *комп.* компьютердин эсине каттоо. ~ **altına girmek** чектелүү, кысымга алынуу. ~ **defteri** каттоо дептери. **~a değer** көңүл бурууга арзырлык, кызыктуу. **~tan düşmek** тизмеден чыгаруу, каттоосун өчүрүү. **~a geçirmek** каттоого алуу. ~ **kuyut** каттоо-маттоо. **~ını silmek** тизмеден/каттоодон өчүрүп салуу.

kayıtım *филос.* танууну тануу.

kayıtlamak 1. шарттарга байлоо, чектөө. **2.** жазып алуу, каттоо.

kayıtlı 1. катталган, жазылган. **2.** *өтм.* шартталган, чектелген.

kayıtsız 1. катталбаган, жазылбаган, белгисиз. **2.** кайдигер, көңүл кош. ~ **kalmak** көңүл бурбоо, кайдигерлик кылуу. **3.** чектелбеген, шартталбаган, чексиз. ~ **şartsız** каршылыксыз, шартсыз, кыңк этпестен, кыйшаюусуз. ~ **şartsız teslim** кыңк этпестен баш ийип берүү.

kayıtsızca көңүл коштук/кайдигерлик менен, көңүл бурбастан, тоңдоосун.

kayıtsızlık,-ğı 1. көңүл коштук, кайдигерлик, бейгамдык, бейкапарлык. **2.** каттоонун/жазуунун/эсеп-чотко алуунун жоктугу.

kaykılmak кайкайып, какайып отуруу.

kaykıltmak кайкытуу.

kayma 1. жылма, жылмышма, кыйшайма, тайгаланма, сыйгаланма. ~ **açısı** кыйшаюу бурчу. ~ **düzeyi** *тех.* сыйгалануу бети. **2.** *кино* көрүнүштүн бүдөмүктөнүшү, кадрлардын аттатылышы. **3.** *геол.* жер көчкү. **4.** *мед.* көздүн чалырлыгы.

kaymak I, -ğı 1. каймак. ~ **ağzı** калпылган каймак. ~ **altı** каймагы кал-

пылган сүт. ~ **bağlamak/tutmak** каймак байлоо, каймактоо. ~ **gibi 1)** каймактай аппак. **2)** каймактай жумшак, таттуу. **3)** *өтм.* каймактан кыл суургандай, оңунда. **işler ~ gibi gidiyor** иштер каймактан кыл суургандай жүрүп жатат. ~ **kağıdı** жылмакай (*сапаттуу*) кагаз. ~ **tabakası/takımı** *өтм.*(*бир нерсенин*) каймагы, эң мыкты бөлүгү, элдин эң тандалган катмары. ~ **taşı** алебастр.

kaymak II, -ar 1. жылышуу, тайгалануу, сыйгалануу. **ayağı** ~ буту тайып кетүү. **2.** жылгаяк/лыжа/чана тебүү. **3.** көчүү, жылуу. **toprak kaydı** жер көчтү. **4.** өтүү, өзгөртүү. **üyelerin çoğu diğer partilere kaydı** мүчөлөрдүн көбү башка партияларга өтүп кетти. **5.** бурулуу. **kelimenin anlamı kaymış** сөздүн мааниси бурулуп калыптыр. **dili** ~ тили бурулуу. **gönlü** ~ көңүлү бурулуу. **gözü** ~ көзүн ала албоо.

kaymakam 1. каймакам (*Түркияда илче башкаруучусу*). **2.** *эск.* подполковник. **Yalova ~ı** *тамаша* чоңсунган/кыйынсынган кишилерге айтылат.

kaymakamlık, -ğı 1. каймакамдык (*милдет, кызмат*). **2.** каймакамдык (*имарат*). **3.** илче (*район*).

kaymakçı каймакчы.

kaymaklanmak каймактоо.

kaymaklı 1. каймактуу, каймагы алынбаган. ~ **yoğurt** каймактуу жуурат. **2.** каймак кошуп берилген. ~ **dondurma** каймак балмуздак. ~ **kadayıf** каймактуу кадайыф (*түрк таттуусу*).

kaynaç, -cı *геол.* гейзер.

kaynak,-ğı 1. булак, кайнар булак. ~ **suyu** булак суусу. **2.** *өтм.* булак, чыккан жери. **enerji ~ı** энергия булагы. **gelir ~ı** киреше булагы. **haber ~ı** кабар булагы. **ısı ~ı** жылуулук булагы. **malumat ~ı** маалымат булагы. **3.** ширетме, ширетилген жер. ~ **çeliği** ширетме болот. ~ **lâmbası** ширеткич лампа. ~ **yapmak** ширетүү. **4.** *ооз.* жандуу, тың, жаны тынбаган. **5.** *ооз.* көчүк.

kaynakça библиография, булак.

kaynakçı ширетүүчү.

kaynaklamak ширетүү, каңдоо.

kaynaklı 1. бир булагы болгон, булакка таянган. **BBC** ~ Би-Би-Сиге таянган (*кабар*). **2.** ширетилген, каңдалган.

kaynama кайнама. ~ **ısısı** кайнама температурасы. ~ **noktası** *физ.* кайнама чекити.

kaynamak 1. кайноо. **su kaynadı** суу кайнады. **et kaynamış** эт кайнаптыр. **2.** боркулдоо, бууракандоо, толкуу. **deniz kaynıyor** деңиз бууракандап жатат. **3.** курулдоо. **mide** ~ ич курулдоо. **4.** (*бир жерден*) чыгуу, оргуу. **pınar** ~ булактын оргуп чыгышы. **5.** ачуу, кычуу. **6.***өтм.* өтө көп болуу, кайноо. **meydanda insan kaynıyor** аянтта адам кайнайт. **7.** бүтүү, эски калыбына келүү (*сынган сөөк үчүн*). **8.** айыгуу (*жара үчүн*). **9.** *арго* тымызын жасалуу. **burada bir iş kaynıyor** бул жерде бир амал/сыр бар. **10.** *арго* жок болуу, көздөн кайым болуу, изи табылбай калуу. **bizim para kaynadı** биздин акча жок болду. **11.** бошко, бекерге кетүү. **lâfa daldık, ders kaynadı** кепке кызып, сабакты өткөрүп ийдик. **12.** артуу, көбөйүү, күчөө.

kaynana кайнене. ~ **ağzı** өйдө-төмөн сүйлөө. ~ **zırıltısı** шыңгырак (*балдар оюнчугу*).

kaynanadili 1. *бот.* кактус түрү (*Opuntia*). **2.** тордомо түрү.

kaynanalık, -ğı 1. кайненелик (*мамиле, милдет*). **2.** заардык, митаамдык. ~

etmek 1) кайнене заардыгын көргөзүү. **2)** (*бир ишке*) ашкере кийлигишүү.

kaynar 1. кайнар, булак. **2.** кайнак, кайнаган, абдан ысык. **başına bir kazan ~ su dökmek** башынан ылдый кайнак суу төгүп ийгендей болуу, катуу таң калуу.

kaynarca 1. кайнар булак. **2.** кайнатма (*оорулууларга кайнатып ичирилген суюк аш*).

kaynaşık 1. бириккен, жабышкан, жабышып бүтүп калган. **2.** *ооз.* жел таман, ойноок (*аял*).

kaynaşma 1. бирикме, үйүр алма, жатыкма, кошулма. **2.** жанданма, аракеттенме, толкундама. **ülke çapında ~lar başladı** өлкө боюнча толкундоолор башталды.

kaynaşmak 1. ширешүү, жуурулушуу. **çakılla çimento kaynaşır** шагыл менен цемент ширешет. **2.** кошулуп/үйүр алып кетүү, тил табышуу. **çocuklar hemen kaynaştılar** балдар дароо үйүр алышып кетишти. **3.** жарашуу, төп келүү. **kırmızı sarıyla pek kaynaşmış** кызыл сары менен сонун жарашып калыптыр. **4.** өтө көп болуу, кайноо. **bodrumda fareler kaynaşıyor** подвалда чычкандар кайнайт. **5.***хим.* кошулуу.

kaynaştırmak 1. бириктирүү, ширетүү, каңдоо. **2.** жакындаштыруу, үйүр алдыруу, көндүрүү.

kaynata кайната.

kaynatalık,-ğı кайнаталык (*мамиле, милдет*).

kaynatmak 1. кайнатыш. **çorba ~** сорпо кайнатыш. **2.** *тех.* ширетиш, каңдаш. **3.** *арго* маңызсыз/мазмунсуз сүйлөш. **4.** *арго* кытып алуу, унуткаруу. **5.** *арго* жок кылуу, көзүн тазалоо.

kaypak 1. сыйгалак, тайгалак, жылма. **~ yol** тайгалак жол. **2.** *өтм.* миң кубулган, жылма, ишеничсиз (*киши*). **3.** *хим.* майлуу. **4.** *ооз.* уурдалган. **~ gözlü** колу шок.

kaypaklık,-ğı 1. сыйгалактык, тайгалактык, жылмалык. **2.** *өтм.* эки жүздүүлүк, жылмалык, митайымдык.

kayra ырайым, ырыскы, жакшылык, кайрым.

kayracılık,-ğı *филос.* жалгыз теңирге ишенүүчүлүк, провиденциализм.

kayrak,-ğı 1. кайрак (*жер*). **2.** кайрак (*таш*).

kayran токойдун ачык жери.

kayser цезарь, кесарь, император, кайзер (*Рим, Византия, Германия императорлоруна берилген наам*).

kayşa *геол.* көчкү.

kayşamak *геол.* (*жер/тоо/зоонун*) көчүшү.

kaytak 1. *к.* **kuytu. 2.** туруксуз, ишеничсиз, миң кубулган (*киши*). **3.**реакционер, бүлгүнчү.

kaytan 1. боо (*жибектен, пахтадан жасалган*). **2.** *дең.* кеменин желкенин жыйыруучу аркан. **~ bıyıklı** узун ичке мурутчан.

kaytarmak 1. кайтаруу, кайра берүү. **2.** иштен качуу.

kayyım 1. мечит кызматкери. **2.** *эск. ук.* (*бир иште*) милдеткер, жоопкер.

kaz 1. *зоол.* каз (*Anser*). **~ tüyü** каз жүнү. **2.** *өтм.* макоо, аңкоо. **~ beyinli/kafalı** мээси жок, маңбаш. **Agop'un ~ı gibi bakmak** аңкайып кароо. **~ adımı** каз кадамы. **~ın ayağı kaç olduğunu göstermek** эмненин кайда экенин көргөзүш. **~ın ayağı öyle değil** тескересинче, таптакыр андай эмес. **~ gibi** аңырайып, маңырайып. **~ı koz anlamak** бээ десең, төө деш. **~ palazı** каз баласы, каздын чоңойгон жөжөсү.

kaza I 1. кырсык. **~ yerinde** кырсык

болгон жерде. **~ya neden olmak** кырсыкка себеп болуу. **2.** *эск.* сот, соттоо. **3.** *эск.* казынын кызматы. **4.** *дин* каза *(убагында жасалбай калган намаз/орозонун ырасмисине жараша кийин жасалышы)*. **~ (yı) atlatmak** кырсыктан аман калуу. **~ geçirmek/ ~ya uğramak** кырсыктоо, кырсыкка чалдыгуу/ учуроо. **~ ile** капысынан, ойдо жок жерден. **~ kurşunu** ажалдын огу. **~ olmak** кырсык болуу. **~ sigortası** кырсыкка каршы камсыздандыруу. **elimden bir ~ çıkacak** колум кычышып турат (*"болду, ушунчасында токтот" маанисинде*).

kaza II каза (*администрадивдик бирдик*), район.

kazaen байкабай, кырсык болуп, күтүлбөгөн жерден.

Kazak,-ğı 1. казак (*Казакстандын жергиликтүү калкы*). **2.** Дон казагы. **3.** казактарга мүнөздүү/тиешелүү.

kazak I,-ğı 1. свитер. **2.** чабендес курткасы.

kazak II,-ğı 1. (*Россияда, Иранда***)** атуу аскер. **2.** *өтм.* өткүр, аялына сөзү өтүмдүү эркек.

Kazakça 1. казак тили. **2.** казактар сыяктуу, казактарча.

Kazakistan Казакстан.

kazaklık, -ğı аялына сөзү өтүмдүүлүк, өткүрлүк.

kazan 1. казан (*тамак бышырылган*). **~da yemek pişiyordu** казанда тамак бышып аткан. **~ın kulpu** казандын кулагы. **2.** *буу машинасы, жылытуу системасы үчүн суу кайнатылган казан.* **~ devirmek/ kaldırmak** *тар.* (*жаңы черчүүлөр үчүн*) баш көтөрүү, козголоң чыгаруу. **~ı kapalı kaynamak** сыр бербөө/алдырбоо. **bir ~da kaynamak** *өтм.* бир казанда кайноо. **(bir yer) ~, (biri) kepçe** тинтүү, аңтарып-теңтерүү, издебеген жери калбоо. **İstanbul ~, ben kepçe, üç gün seni aradım** Стамбулдун төрт бурчун тинтип, үч күн бою сени издедим.

kazançı казанчы (*кесиби жана милдети*).

kazançılık, -ğı казанчылык.

kazanç,-cı 1. айлык, киреше, пайда, утуш. **~ vergisi** кирешеден салык. **~ hırsı** алдым-жуттумдук, ач көздүк. **2.** *өтм.* жеңиш, байлык, пайда. **edindikleri bilgiler gençlerimizin ~ı olacaktır** алган билимдери жаштарыбыздын байлыгы болот.

kazançlı 1. пайдалуу, кирешелүү. **~ bir iş** пайдалуу иш. **2.** жеңиштүү. **sonunda yine sen ~ çıktın** аягында баары бир сен жеңиштүү чыктың.

kazançsız пайдасыз, кирешесиз.

kazandırmak пайда/киреше алып келиш.

kazandibi,-ni 1. түбүнө бир аз күйгүзүп бышырылган мухаллеби. *к.* **muhallebi. 2.** казандын кырмычыгы. **3.***ооз.* кенже бала.

kazanılmak 1. иштеп табылган. **2.** жетишилген, ээ болунган, колго тийген. **kazanılan bağımsızlık** колго тийген көз карандысыздык. **kazanılmış hak** ээ болгон укук.

kazanmak 1. иштеп табыш, киреше киргизиш. **hayatını sebze satarak kazanıyor** жашылча сатып күн көрөт. **2.** ээ болуш, колго тийгизиш, күтүш. **arkadaş ~** жолдош күтүү. **ün ~** атак-даңкка ээ болуш. **3.** жеңишке жетиш, утуш. **davayı ~** доодо жеңип алыш. **şampiyonluğu ~** чемпион болуу. **ikramiye ~** лотереядан утуп алыш. **4.** ылайык көрүлүш, ээ болуш. **çocukların sevgisini ~** балдардын сүйүүсүнө ээ болуу. **5.** учураш, кабылыш. **dert ~** дартка учураш.

kazara 1. капысынан, байкабай. **2.** кырсык/балакет басып.

kazaratar эксковатор.

kazasız кырсыксыз. ~ **belâsız** кырсыксыз, балаасыз.

kazasker *тар.* жогорку аскердик сот (*Османлы Императорлугунда*).

kazayağı,-nı 1. *бот.* каз таман (*Chenopodium*). **2.** көп колдуу илмек. **3.**ачык сары-кызыл түс. **4.** көчөнүн/жолдун кесилиши/тоому. **5.**кайчылаштырылып көктөлгөн шырык. **6.** *дең.* үч учтуу аркан.

kazazede кырсыкка кабылган, жапа чеккен, жабыр көргөн.

kazboku,-nu *орой* киргил-сары, жашгылт-сары (*түс*).

kazgıç,-cı 1. казгыч, кыргыч (*тандырдан нанды кырып чыгарган курал*). **2.** казгыч (*өсүмдүк тамырын казып чыгарган шиш*).

kazı 1. *археол.* казуу. ~ **bilimci** археолог. ~ **bilimi** археология. ~ **yapmak** казуу жүргүзүү. **2.** (*тактай, металл бетине*) оюм-чийим. ~ **resim** гравюра.

kazıcı 1. казуучу, казган киши. **mezar** ~ көр казган киши. **2.** (*тактай, металл бетине*) оймочу, чиймечи, гравёр.

kazık,-ğı 1. казык, түркүк, бакан. **~a bağlamak** казыкка байлоо. ~ **çakmak** казык кагыш. **beygir ~ı** мамы. **2.** *тар.* казык (*адамдарды кыйнап өлтүрүү үчүн колдонулган эки учу тең учтуу курал*). **~a oturtmak** казыкка отуртуу. **3.** *эск.* казык (*жаза түрү; адам казыкка отуртулуп өлтүрүлгөн*). **4.** *спорт* (*күрөштө*) атаандашынын шымынын кашатынан кол салып жиберүү. **5.***арго* алдамчылык, көз боёмочулук. ~ **atmak** алдап кетүү, көз боёо, амалдануу, сызга отургузуу. ~ **dikmek** түркүк болуу. **dünyaya kim ~ dikecek?** дүйнөгө ким түркүк болот эле? ~ **gibi** казыктай, шырыктай. ~ **gibi bir kadın, onun neresini beğenmiş?** шырыктай болгон бир катын, анын эмнесин жактырып калыптыр? ~ **kadar** *шылд.* бакандай, килейген, бакыйган. ~ **kadar oldun, hâlâ çocuk huyundan vazgeçmiyorsun** бакандай болдуң, дагы эле бала кыялыңы карматасың. ~ **kakmak 1)** казык кагыш. **2)** (*бир жерде*) көпкө отуруп алыш. **3)** күтүлгөндөн узун жашаш. ~ **kesilmek 1)** катып калуу. **2)** какайып/сенейип туруп калуу. ~ **kök** *бот.* өзөк тамыр. ~ **marka** *арго* өтө кымбат. ~ **yemek** алдатылуу, сызга отургузулуу. ~ **yutmuş gibi** казык жутуп алгансып. **~a vurmak** казыкка отургузуп өлтүрүш.

kazıkçı *арго* амалкөй, алдамчы, көз боёмочу.

kazıklamak 1. (*бир жерге*) айланта казык кагыш. **2.** *эск.* казыкка отуртуп жазалаш. **3.** алдап кетиш, ашыры кымбат сатыш.

kazılmak 1. казылуу (*мис. бир жер*). **2.** орноп калуу, кетпей калуу, унутулгус болуу. **hafızaya** ~ эстен кетпей калуу.

kazıma 1. кырма, кырып чыгарма. **tencerenin dibini** ~ мискейдин түбүн кырма. **2.** (*металл/тактайдын бетине*) оюм-чийим түшүрмө. **3.** бойдон/денеден (*бир нерселер*) алдырма, аборт.

kazımak 1. кыруу, тырмалоо, тытуу. **duvarın boyasını** ~ дубалдын боёгун кыруу. **2.** өчүрүү. **yazıyı iğneyle** ~ жазууну ийне менен өчүрүү. **3.**катуу ушалоо. **4.** *мед.* денеден бир зыяндуу/керексиз нерсени кырып/чукуп алыш. **çıbanı kazıyarak aldılar** сыздоокту чукуп (*сууруп*) алышты. **5.** сакал-мурут, чач алыш. **6.** *арго* (*бирөөнүн*) мээсин чиритиш. **7.** *арго* куру жалак калтырыш, сызга отургузуш.

kazımık, -ğı кырмычык.

kazınmak 1. кырылуу, чукулуу, тытма-

лануу. **2.** тырмануу, тытынуу. **3.** чачын/сакал-мурутун тасырайта кыруу. **4.** кырынып-сүрүнүү, тазалануу. **5.** *арго* тонолуу, сызга отуруп калуу.

kazıntı 1. казынты, казылып алынган нерсе. **2.** жазуунун өчүрүлгөн/кырылган жери. **3.** кырынды, таарынды.

kazma 1. казма (*иши*). ~ **kürek** казма/сайма күрөк. **2.** күрөк. **3.** оюлуп/кесилип жасалган. ~ **gibi** орсойгон (*тиш*). ~ **resim** гравюра.

kazmacı кенчи, шахтёр.

kazmadiş орсок тиш.

kazmak,-ar 1. казуу, оюу, чуңкурайтуу. **2.** (*металлга, жыгачка ж. б.*) оюп/ кесип шекил берүү. **çukur ~ 1)** чуңкур казуу. **2)** *өтм.* (*бирөвгө*) кыянаттык кылуу. **mühür ~** мөөр түшүрүү. **kendi kazdığı çukura kendi düşmek** өзү казган чуңкурга түшүү.

kazmir 1. кашмир. **2.** кашмирден жасалган.

KDV (katma değer vergisi' *нин кыск.*) кошумча нарк салыгы.

kebap, -bı 1. кебеп. **şiş ~ı** шишкебеп. **taş ~ı** таш кебеп. **2.** кууруп, кактап бышырылган ар кандай тамак. **kestane ~ı** каштан кебабы.

kebapçı 1. кебеп жасаган/саткан киши. **2.** кебеп сатылган/желген жер.

kebaplık,-ğı кебеп жасаганга ылайык, кебепке арналган. ~ **et** кебепке ылайык эт.

kebe одоно кийизден жасалган кементай.

kebuter *эск.* кептер.

kebze *анат.* далынын сөөгү.

kebzeci далыга карап төлгө ачкан киши.

keçe 1. кийиз. ~ **kaplamak** кийиз калоо. **2.** кийиз (*жерге төшөлгөн*). **yol ~si** жолго төшөлгөң кийиз. **3.** кийизден жасалган. ~ **külah** кийиз күлө. ~ **şapka** кийиз шапка. ~ **baş** койэчкинин учук оорусу. ~ **bıçak** колунан иш келбеген. ~ **delen/geçiren** шыбыргак жамгыр. ~ **gibi** кийиздей кирип калган (*чачтар*). ~ **külah etmek** кызматтан алуу. **~sini sudan çıkarmak** кыйынчылыктан кутулуп кетүү. **~yi suya atmak** ар-намыстан ажыроо.

keçeci кийиз жасаган/саткан киши.

keçelemek 1. кийиз менен ороо. **2.** кийиз менен сүртүп жалтыратуу.

keçeleşmek 1. кийиздей кирип калуу (*мис. чачтар*), уйпалануу, түйтөйүү (*мис. бир түктүү нерсе*). **2.**уюп/уктап калуу (*дене органдары*). **3.** кууроо, куудуроо, кеберсүү (*мис. кол, жүз*).

keçeli кийиз салынган/капталган. ~ **kapı** кийиз капталган эшик.

keçi 1. *зоол.* эчки (*Capra hircus*). **2.***өтм.* кежир, тежик, терсаяк, көк, өжөр. **Ahfeş'in ~si gibi başını sallamak** сөзгө түшүнүп-түшүнбөй эле баш ийкей берүү. ~ **çobanı** эчки кайтарган киши. ~ **inadı** эчки кежирлиги. **~leri kaçırmak** делирүү, акылдан айнуу. ~ **mantarı** *бот.* кадимки шампиньон (*Agaricus campestris*). ~ **sakal** эчки сакал. ~ **sakalı** *бот.* крит ладаны (*Cistus creticus*). ~ **söğüdü** *бот.* эчки тал (*Salix caprea*).~ **yolu** эчки/кой жол. **~ye can kaygısı, kasaba et/yağ kaygısı** *мак.* кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы.

keçiboynuzu, -nu *бот.* эчки мүйүз дарагы (*Ceratonia siliqua*). ~ **gibi** машакаты көп, берекеси жок (*иш*).

keçikulağı *бот.* аткулак.

keçileşmek өжөрлөнүү, кежирленүү.

keçilik, -ği *өтм.* өжөрлүк, кежирлик.

keder кайгы, капа, муң. ~ **çekmek** кайгы тартуу. **~ine iştirak etmek** кайгысын тең бөлүшүү. ~ **vermek** кайгыртуу, капа кылуу.

kederlenmek капалануу, кайгыруу.
kederli кайгылуу, капалуу, муңдуу.
kedersiz кайгысыз, капасыз, бейкапар, муңсуз.
kedi *зоол.* мышык (*Felis domesticus*). ~ **balığı 1)** *зоол.* деңиз түлкүсү (*Raja clavata*). **2)** *зоол.* деңиз ити (*Scyliorhinus canicula*).~ **ciğere bakar gibi bakmak** (*бир* нерсеге) тамшанып кароо. **(her zaman) ~ gibi dört ayak üstüне düşmek** суудан кургак чыкмак (*сөзм. с.* ар дайым мышыктай төрт аягы менен түшүү). ~ **ile harara/ çuvala girmek** мүнөзү начар киши менен мамиле түзүү (*сөзм. с.* мышык менен капка кирүү). ~ **ile köpek gibi** ит менен мышыктай. ~ **nanesi** мышык жалбыз (*Nepeta cataria*).~ **ne, budu ne? 1)** ак-караны тааный элек жашта. **2)** колунан эмне келет. ~ **olalı bir fare tuttu** жок дегенде бир ишти жасады. ~ **otu** *бот.* мышык оту, шыпаалуу валериана (*Valeriana officinaflis*). **aradan kara ~ geçmek** арасын кара мышык аралоо. ~ **yetişemediği ciğere pis dermiş** *мак.* мышык майга жетпей, сасык дептир.
kediayağı, -nı *бот.* мышык таман (*Antennaria dioica*).
kedidili балмуздак менен желген бисквит.
kefal 1. *зоол.* кефаль (*Mugil cephalus*). **2.** (*мектепте*) орто баа.
kefalet, -ti *ук.* кепилдик, жоопкерчилик алыш, гарантия. ~ **etmek** кепил-дигин алуу. ~**le salıvermek** кепилдик алдында бошотуу.
kefaleten кепилдиги менен, кепилдик алдында.
kefaletname кепилдик актысы.
kefaret,-ti күнөөнүн кечилиши үчүн берилген садага, кармалган орозо. ~**ini ödemek** жазасын тартуу. ~ **keçisi** топурагы жеңилдик.
kefe таразанын табагы.
kefeki 1. жонулбаган таш (*бейит ташы үчүн колдонула турган*). **2.** *тиштердин түптөрүндө уюп калган акиташ катмары.*
kefen кепин. ~**i boynunda olmak** өлүм алдында жатуу. ~**in cebi yoktur** кепиндин чөнтөгү жок (*дүнүйөнү о дүйнөгө алып кете албайсың*). ~**i yırtmak** өлүп тирилиш, катуу оорудан сакайыш.
kefenlemek кепиндөө.
kefenlik, -ği кепиндик (*материал*).
kefil кепил, гарант. ~ **göstermek** кепил катары көрсөтүү. ~ **olmak** кепил болуу.
kefillik, -ği кепилдик.
kefir кефир.
kefiye кефие (*араптар колдонгон чачылуу эркек жоолугу*).
kehanet,-ti көзү ачыктык, төлгөчүлүк, олуялык. ~ **etmek/~te bulunmak** боло тургандарды алдын ала айтуу, олуялык кылуу.
kehanetli олуялык менен айтылган.
Kehkeşan *астр.* Саманчынын Жолу.
kehribar 1. янтарь. **2.** янтарь түсү. **3.** янтардан жасалган. ~ **gibi** сапсары.
kek, -ki кекс.
keka(h) *сырд. с.* сонун! укмуш!
keke кекеч.
kekeç, -ci кекеч.
kekeleme кекечтенме.
kekelemek 1. кекечтенүү. **2.** мукактануу.
kekeme кекеч.
kekemelik, -ği кекечтик.
kekik, -ği *бот.* кекик (*Thymus vulgaris*).
keklik,-ği 1. *зоол.* кекилик (*Perdix perdix*). ~ **palazı** кекиликтин баласы/жөжөсү. **2.** *өтм.* сулуу аял. ~ **gibi** сулуу, ачык-айрым.
kekre 1. кекире. **2.** ачкыл, кычкыл. ~ **şarap** кычкыл шарап.
kekremsi 1. даамы кычкыл. **2.** жыты мурунду жарган. **3.** *өтм.* кабагы

ачылбаган, керсейген.

kel 1. таз, кел. **2.** чачы түшкөн. **3.** (*жер үчүн*) такыр, жылаңач. ~ **tepe** жылаңач чоку. **4.** жалбыраксыз, солуган (*өсүмдүктөр*). **5.** бош, ээн, буюмдары аз (*бөлмө, үй*). **~i açılmak/görünmek 1)**тазы көрүнүү. **2)**кемчилиги ашкереленүү. ~ **başa şimşir tarak** тазга шимшир тарактын кереги эмне. **~in ilâcı olsa başına sürer** *мак.* өз ишин жасай албаган кишиден эмне жардам. ~ **kahya** бардык ишке киришкен. **~i körü toplamak** аксак-тексектерди топтоп алмак.

kelâm 1. сөз, кеп. **2.** мусулманчылык окуусу. **3.** сүйлөө бычымы. ~ **etmek** айтуу, сүйлөө.

Kelâmıkadim Куран-ы Керим.

kelaynak, -ğı узун тумшуктуу илегилек (*Geronticus eremita*).

kelebek,-ği 1. *зоол.* көпөлөк (*Lepidoptera*). **2.** (**~ hastalığı)** көк мээ (*кой ылаңы*). **3.** *тех.* дроссель. ~ **otu** *бот.* жапайы беде. ~ **gözlük** пенсне. ~ **kıravat** көпөлөк галстук. ~ **kulaçı** *спорт* баттерфляй (*кулач уруп сүзүү түрү*).

kelek,-ği 1. чала бышкан коон. **2.** үйлөгөн чанач үстүнө курулган сал. **3.** ар кай жери такыр. ~ **mısır** алабаш жүгөрү. **4.** кылсыз, көсөө, түгү түшкөн. ~ **tulum** кылсыз чанач. **5.** *арго* келесоо. **~e bağlamak** жакшы ишти бүлдүрүү.

kelem капуста.

kelep, -bi келеп.

kelepçe 1. кишен. ~ **takmak/vurmak** кишен тагуу. **2.** *тех.* чынжыр.

kelepçelemek кишендөө, кишен тагуу (*колуна*).

kelepçeli колуна кишен тагылган.

kelepir *ооз.* **1.** бекер/арзан түшкөн оокат. **2.** өгөй кыз/уул. **~e konmak/ yakalanmak** (*бир нерсени*) арзан алуу.

keleplemek (*жипти*) келептөө.

keler *зоол.* кескелдирик. **alaca** ~ ала кескелдирик.

keleş I 1. *ооз.* эр жүрөк, баатыр. **2.**сулуу, келишимдүү.

keleş II 1. таз, чакалай баскан. **2.** чачы түшкөн. **3.** шүмшүк, жүүт.

kelime сөз. ~ **arası** сөз арасы. ~ **hazinesi** сөз байлыгы. ~ ~ / ~ **be** ~ сөзмө сөз. **~si ~sine** сөзмө сөз, төкпөй-чачпай. ~ **oyunu/cambazlığı** сөз оюну. **~i şahadet** *дин* келме. **~i şahadet getirmek** келме келтириш. ~ **takımı** сөз тизмеги. ~ **yapımı** сөз жасоо. **basit** ~ жөнөкөй сөз. **bileşik** ~ татаал сөз.

kelle 1. баш, келде (*диал.*). **2.** даана, баш. **bir** ~ **peynir** бир тоголок быштак. **iki** ~ **lâhana** эки баш капуста. **3.** машак. ~ **götürür gibi** аңды-дөңдү карабай, шашып-бушуп, артынан жоо кубалагандай. ~ **kulak yerinde** келишимдүү, зыңкыйган. **~sini koltuğuna almak** жанын оозуна тиштөө. **~sini uçurmak** башын кыя/жыга чабыш. **~yi vermek** жанын курман кылуу.

kelli: ~felli 1. барандуу, зоболосу бийик, көрүнүктүү. **2.** жакшы/жарашыктуу кийинген.

kellik, -ği 1. таздык. **2.** кашкабаштык. **3.**такыр/чөп өспөгөн жер.

Keloğlan 1. Келоглан (*түрк жомогунун баш каарманы*). **2.** *өтм.* багаркөрөрү жок бала.

Kelt Келт.

Keltçe келт тилинде, келтче.

kem I 1. жаман, начар. ~ **söz** жаман сөз. **2.** кем, өксүк, кемчил. ~ **akçe** кем акча. ~ **göz** жаман көз. ~ **gözle bakmak 1)** кара ниет менен кароо. **2)**көз тие тургандай/тамшанып кароо.

kemal,-li 1. жетилген, курак, эрезе. **2.**жетиктик, тетиктик. **~ini bulmak/~e ermek 1)** эрезеге жетүү,

жетилүү. **2)** жетик болуу. **3.** баа, нарк. **~i nedir?** баасы кандай? **~i ciddiyetle** кадыресе олуттуулук менен. **~i sükûnetle** эч камаарабай.

Kemalist,-ti кемалист (*Мустафа Кемал Ататүркчүн окуусун жактоочу*).

Kemalizm кемализм, ататүркчүлүк.

keman 1. *эск.* жаа. **2.** скрипка. **~ çalmak** скрипка чалуу. **~ konçertosu** скрипка үчүн концерт. **~ gibi** ичке, чийилген (*каш*).

kemancı 1. скрипка жасаган/саткан киши. **2.** скрипач.

kemane 1. (*кылдуу аспаптарда*) жаа. **2.**улуттук музыкалык аспап түрү. **3.** *тех.* бургуну/ачкычты буроодо колдонулган жаа түрүндөгү аспап. **4.** айкелчи кескичи (*мрамор кесүү үчүн*). **~ çekme** *спорт* майлуу күрөш ыкмасы.

kemençe кеменче, кыл кыяк (*тизеге коюп чалынган үч кылдуу кичинекей музыкалык аспап*).

kemençeci 1. кеменче чалган киши, кыл кыякчы. **2.** кеменче жасаган/саткан киши.

kement,-di 1. чалма (*айбандарды кармоо үчүн*). **~ atmak** чалма чалуу. **2.***эск.* адам асууда колдонулган кайыш илмек.

kemer 1. кемер, кур. **kayış ~** кайыш кемер. **can kurtaran ~i/emniyet ~i** коопсуздук кемери. **sırmalı ~** саймалуу кур. **2.** кашат (*этек, шым ж. б.*). **3.** *эск.* акча ташылган тери кур. **4.** *архит.* арка (*көпүрөөнүн*). **5.** кемер шекилиндеги сөөктөргө берилген ат. **kaş ~i** каш кемери. **damak ~i** таңдай кемери. **6.** коңкогой. **~ burun** коңкогой мурун. **~ altı** жабык базар. **~ bağlama** жаңы келген келинге алтын же күмүш кемер тагуу салты. **~i dolu olmak** бай/бардар болуу. **~ini sıkmak** *өтм.* белин бекем бууш.

kemerli 1. *архит.* арка/жаа түрүндөгү. **2.** курчалган, айланта тосулган. **3.** коңкойгон. **~ burun** коңкогой мурун.

kemgöz *өтм.* суук көз.

kemha камка (*жибек кездеме түрү*).

kemik,-ği 1. сөөк. **~ iliği** сөөктүн чүчүгү. **~i kalın** сөөгү жоон. **~ kırığı** сөөк сыныгы. **2.** сөөктөн жасалган. **~ kutu** сөөк куту. **~ atmak 1)** сөөк ыргытуу. **2)** *өтм.* (*бирөөнүн*) көңүлүн алуу. **~ bilimi** *анат.* анатомиянын сөөккө байланыштуу тармагы, остеология. **~ doku** *анат.* сөөк ткаңы. **~ erimesi** *мед.* сөөктүн эриши, остеолис. **~ gibi 1)** сөөктөй катуу. **2)** бышык, бекем, чың, тың. **~ iltihabı** *мед.* кулгуна, остит. **~ine kadar işlemek** сөөгүнө жетүү. **~ kesilmek** селейип калуу. **~lerini kırmak** *опуза* сөөгүн сөпөт кылуу. **~leri sayılmak** кабыргасы саналуу.

kemikleşmek сөөктөшүү, сөөккө айлануу.

kemikli 1. сөөктүү. **2.** сөөк-саактуу, ири, олбурлуу.

kemiksi *анат.* сөөк сымал. **~ doku** сөөк менен кемирчек арасындагы ткань.

kemiksiz сөөксүз.

kemircik, -ği кемирчек.

kemirgen *к.* **kemirici.**

kemirgenler кемирүүчүлөр (*Rodentia*).

kemirici кемирүүчү.

kemiriciler *k.* **kemirgenler**.

kemirme кемирме.

kemirmek 1. кемирмек, тиштегилемек. **fare tahtayı kemiriyordu** чычкан жыгачты кемирип аткан. **tırnaklarını ~** тырмактарын тиштегилөө. **2.** жеп кетүү, жоюу. **demiri pas kemirir** темирди дат жеп салат. **3.** *өтм.* тынчын алмак, ичтен жемек. **bu endişe sürekli içini kemiriyordu** бул санаа аны ичинен жеп турган.

kemküm: ~ etmek күңк-мыңк этүү.

kemlik,-ği жамандык. **~ etmek** жаман-

дык кылуу.

kenar 1. чет, уч, кыр, жээк. **damın ~ı** чатырдын учу. **uçurumun ~ı** жардын кыры. **yolun ~ı** жолдун жээги. **2.** жээк, алкак. **mendilin ~ı çok güzel işlenmiş** жүзаарчынын жээги абдан кооз тордолуптур. **3.***мат.* жак. **üçgenin ~ları** үч бурчтуктун жактары. **4.** алыс, окчун, обочо. **şehrin ~ı** шаардын чети. **~da kalmak** четте калыш. **(bir) ~a çekilmek** обочолонуу, четтөө. **5.** элет, чет. ~ **bir yer** элет жери. ~ **devletler** чектеш мамлекеттер. **6.** кырбуу. **şapkanın ~ı** шапканын кырбуусу. **~a atmak** (*бир нерсеге*) анча маани бербөө, ойдон чыгарып салуу. **~ı bastırmak** четин бекитүү (*мис. кездеменин*). **~da köşede** булуң-бурчта. **~ın dilberi** *шылд.* элет мөлмөлү (*адеби тайкы көйрөң аял*). **~ına bak bezini al, anasına bak kızını al** *мак.* эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал.

kenarlı 1. чети/жээги/учу/кыры/кырбуусу болгон. ~ **şapka** кырбуусу бар шапка. **2.** жээги кооздолгон/тордолгон/ саймаланган. ~ **mendil** жээги тордолгон жүзаарчы.

kenarlık,-ğı тосмо, алкак, курчоо. **balkon ~ı** балкон тосмосу.

kenarsız чети/жээги/учу/кыры/чеги жок.

kendi 1. *таандык мүчөлөрдү алуу менен:* өзү. **~m** өзүм; **~n** өзүң; **~si** өзү; **~miz** өзүбүз; **~niz** өзүңүз; **~leri** өздөрү. **~m giderim** өзүм барам. **~leri neden sormuyorlar?** өздөрү эмнеге сурашпайт? **2.** өз (*башкасынын эмес*). ~ **kardeşim** өз бир тууганым. ~ **evin** өз үйүң. ~ **işini** ~ **görmek** өз ишини өзү жасоо. **~nce** өзүнчө, өзү билгендей. **~liğinden** өзүнөн өзү. **~ni ağır almak** кыйынсынуу, текеберленүү. ~ **ağzıyla tutulmak** өз оозунан жаңылуу. **~ni alamamak** өзүн кармай/токтото албоо. ~ **âlemine dalmak** өзү менен өзү болуу, кыялга/ойго батуу. **~ni alıştırmak** өзүн көндүрүү. **~ini ateşe atmak** өзүн өзү балакетке салуу. **~ni atmak** дароо киришүү/кирип баруу. **~ni avutmak** өзүн өзү жооткотуу/сооротуу. ~ **başına** өзүнчө, өзү жалгыз. **~ni beğenme** менменсинме, кыйынсынма. **~ni beğenmek** көтөрүлүү, менменсинүү. **~ni bırakmak 1)** өзүн карабоо. **2)** өзүн бир нерсеге арноо/берүү. **3)** магдыроо, мемирөө, өзүн бош коё берүү. **~ni bildi bileli** эс тартканы. **~ni bilen/bilir 1)** баскан-турганын билген. **2)** өз баркын билген. **~ni bilmek 1)** акыл-эси ордунда болуу. **2)** эрезеге жетүү. **~ni bilmemek** эсучун жоготуу. **~ni bilmez 1)** эсучун жоготкон абалда. **2)** адепсиз, тарбиясыз. **~ni bir şey sanmak** өзүн кыйын саноо. **~ni bir yerde bulmak** (*байкабай*) бир жерге барып калыш. **~ni bulmak 1)** киши болуу. **2)** иши оңолуу. **3)** өзүнө/эсине келүү. ~ **çalıp** ~ **oynamak** өзүн өзү билиш, өтүгүн төргө илиш. ~ **çapında** өз алына жараша. **~ine çeki düzen vermek 1)** үстү-башын тартипке келтирүү. **2)** *өтм.* башучун жыйноо, турмушун оңдоо. ~ **çıkarı için** өз кызыкчылыгы үчүн. **~ni dar atmak** эптеп чыгуу/жетүү/кутулуу. ~ **derdine düşmek** өз кайгысы менен алек болуу. **~ni dev aynasında görmek** менменсинүү, көтөрүлүү, чоңсунуу. **~ni dinlemek 1)** өзүн өзү аңдуу (*ноокастык коркунучу менен*) **2)** жалгыз калуу. **~ni dirhem dirhem satmak** бааланыш, барктаныш. ~ **eliyle** өз колу менен. **~ni ele vermek** өзү билдирип коюш. **~ne etmek** өзүнө өзү кылуу. **~inden geçmek 1)** эсучун жоготуп коюу. **2)** өзүн уну-

туп коюу, элеп-желеп болуу, экстазга кирүү. **3)** жинденүү, буркан-шаркан түшүү. **~ne gel!** өзүңө кел! **~ gelen** өзүнөн өзү келген, көктөн түшкөн. **~ine gelmek 1)** эс-учун жыйноо. **2)** өзүн токтотуу, карануу. **3)** оңолуу, түзөлүү (*иши*). **~ göbeğini ~ kesmek** *өтм.* өз киндигин өзү кесүү. **~ne göre 1)** өзүнө жараша, өзүнө ылайык. **2)** өзү билген, өзүнүн ою боюнча. **~ne göre haklı** өз ою боюнча туура. **~ni göstermek** өзүн көргөзүү. **~ gözündeki merteği görmez, elin gözündeki çöpü görür** *мак.* өз башындагы төөнү көрбөй, бирөөнүн башындагы чөптү көрөт. **~ne güvenen** өзүнө ишенген. **~ne hakim olmak** өзүн кармай билиш. **~ hâlinde** өзү менен өзү, момун, жоош. **~ hâline/havasına bırakmak** жайына коюш. **~ne has** өзүнө тиешелүү. **~ havasına gitmek/~havasında olmak** өз билгенин/оюна келгенин жасоо. **~ni hissettirmek** өзүнүн баркын билгизүү. **~ni kapıp koyuvermek** (*бир нерсеге*) катуу киришүү, өзүн унутуп коюу. **~ni kaptırmak** (*бир нерсе менен*) катуу алектенүү, жан дили менен берилүү. **~ni kaybetmek 1)**өзүн жоготуп коюу, эмне кылганын билбей/алапайын таппай калуу (*кайгыдан, ачуудан, кубанычтан*). **2)** эс-учун жоготуу. **~ ~ne 1)** өзү менен өзү. **~ ~ne konuşmak** өзү менен өзү сүйлөшүү. **2)**өзүнчө, эч кимге кошулбай. **3)**өзүнчө эле, туруп туруп эле. **kapı ~ ~ne açılıvermişti** эшик өзүнчө эле ачылып кеткен. **~ ~ne gelin güvey olmak** ишке аша элек ишке сүйүнүп алыш. **~ ~ni tenkit** өзүн өзү сындоо. **~ ~ni yemek** өзүн өзү жеш. **~ne kıymak** өз жанын кыйыш. **~ kuyusunu ~ kazmak** өз көрүн өзү казыш. **~ne mal etmek** өзүнө менчиктеп/ ыйгарып алыш (*бирөөнүн оокатын/ ишин/оюн*). **~ne malik olamamak** өзүн кармай албоо. **~ miktarını bilmek** өз ордун билүү. **~ni müdafaa** өзүн өзү коргоо. **~ni naza çekmek** назануу, кербезденүү. **~inde olmamak** өзүн билбей, акыл-эси ордунда болбой калыш. **~inde olmadan** байкабай, билбей. **~inden pay/paha biçmek** бааланууу, каадалануу. **~ payıma** менимче, менден сурасаңар. **~ne sahip olamamak** өзүнө ээ боло албай калуу. **~ni satmak** өзүн жакшы көргөзүү. **~ni sıkmak** өзүн кармоо/кыйноо. **~ni sıkma!** жаныңды кыйнаба! кыйналба! **~ne … süsü vermek** өзүн ... деп көрсөтүү. **~ni tartışmak** өзүнүн абалын байкоо. **~ni tekrarlamak** өзүн өзү кайталоо, жылыш жасабоо. **~ni toparlamak/toplamak 1)**баш-аягын жыйноо, белин бекем буунуу. **2)**айыгуу, тыңуу. **~ni tutamamak** өзүн кармай албай кетүү. **~ni tutmak** өзүн кармоо, сабыр кылуу. **~ni vermek** (*бир ишке*) берилүү, өзүн арнап коюу. **~ne vazife bilmek** мойнунун парзы деп эсептөө. **~ yağı ile kavrulmak** өз азабын өзү тартуу. **~ne yedirememek** ыза болуу, арданууу, намысына тийүү. **~ni yemek** өзүн өзү жеш. **~ne yontmak/~nden yana yontmak** көмөчүнө күл тартуу, өз кызыкчылыгын көздөө. **~ni yerden yere atmak 1)** өлүп-тирилүү, буй салуу/кылуу, урунуп-беринүү (*жаман кабардан/оорудан улам*). **2)**жанын коёрго жер таппоо, каарданууу, күйүп-бышуу (*ачуусу келгенден*). **~ni zaptetmek** өзүн кармоо.

kendiliğinden 1. өзүнөн өзү. **2.** автоматтык түрдө, эч жардамсыз. **3.**уюмсуз, уюшмасыз, стихиялуу

түрдө. **4.** *бот.* табигый, жаратылыштан. ~ **türeme** *биол.* өзүнчө тукумдоо, абиогенез. **5.** көнүмүш боюнча. **elleri ~ cebine uzandı** колдору көнгөн адат боюнча чөнтөккө карай сунулду.

kendilik,-ği *филос.* **1.** маңыз. **2.** жекелик, өзгөчөлүк.

kendince 1. өзүнчө, өзүнчө эле. **2.** өзүнүн ою боюнча.

kendir 1. *бот.* кендир (*Cannabiz sativa*). **2.** кендирден жасалган.

kene *зоол.* кене (*Trichodectes*). ~ **gibi yapışmak** чап кенедей жабышуу. ~ **göz** бүтүк көз. ~ **otu** *бот.* кене оту (*Ricinus communis*).

kenet,-di 1. металл аткуур (*таш плиталарды бири-бирине байлоодо колдонулат*). **2.** кыпчуур, кычкач (*таш кыпчыган*). ~ **gibi yapışmak** жакындашуу, дос болуу.

kenetlemek 1. кенет менен карматуу/тутуштуруу. **2.** катуу байлоо/чырмоо/аштоо.

kenetlenmek 1. металл аткуур менен карматылуу. **2.** катуу байлануу, чырмалуу, карышып калуу. **çeneleri kenetlenmiş** жаактары карышып калыптыр. **elleri kenetlenmiş** колдору карышып калыптыр. **3.**(*космосто*) ашташуу.

kenetli 1.ашташкан, карматылган, тутуштурулган. **2.**карышкан, катуу жабылган.

kenevir *бот.* кара куурай (*Cannabis sativa*).

kengel, kenger *бот.* эшек тикен (*Cynara cardunculus*)

kenozoik *геол.* кайнозой (*эрасы*).

kent I, -ti шаар. ~ **bilimi 1)**урбанология. **2)** шаар пландамасы. ~ **soylu** буржуа. ~ **soyluluk** буржуазиялык.

kent II, -ti *муз.* квинта.

kental,-li кинтал, центнер (*оордук бирдиги*).

kentet *муз.* квинтет.

kentilyon квинтиллион.

kentler ~ arası шаарлар арасы.

kentleşme шаарлашма.

kentleşmek шаарлашуу/шаарга айлануу.

kentli шаардык.

Kenya Кения.

Kenyalı кениялык.

kep,-pi 1. кепка, кырбуусу жок баш кийим. **2.** медиктердин баш кийими. **3.** университет мугалимдеринин/студенттердин атайын баш кийими.

kepaze 1. начар, жаман, айласыз. **2.**жүзү жок, абийирсиз, шүмшүк, шерменде, бетпак. ~ **etmek** абийирин төгүү, уят кылуу, жер каратуу. ~ **olmak** абийири төгүлүү, уят/шерменде болуу.

kepazelik,-ği абийирсиздик, шүмшүктүк, бетпактык.

kepçe 1. чөмүч, сузгу. **2.** сузгуч (*чоюнду калыпка куюуда колдонулат*). **3.**бир чөмүчкө баткандай. **4.**көпөлөк кармаган тор. **5.** экскаватор. **6.** *спорт* күрөш ыкмасы. ~ **kulak** калкан кулак. ~ **kuyruk** *арго* жатып ичер, жанбакты. ~ **surat** бети/жүзү кичине.

kepçelemek *спорт* эки кол менен топту кайра кайтаруу (*волейболдо*).

kepek,-ği 1. кебек. **2.** какач (*чачтагы*). **3.** *мед.* айрым ооруларда теринин какачы.

kepeklenme какач басма (*чачты*).

kepeklenmek 1. какачтануу, какач басуу. **2.** (*алма үчүн*) ширесиз/даамсыз болуу.

kepekli 1. кебектүү. ~ **un** кебектүү ун. ~ **ekmek** кебек нан. **2.** какачтуу. ~ **saçlar** какачтуу чачтар.

kepenek I, -ği көпөлөк, жетим көпөлөк.

kepenek II, -ği кементай (*койчулардын кийизден жасалган бүчүсүз сырт кийими*).

kepenk,-ği темир тор (*дүкөндөрдүн*

эшигинин сыртына капталган). **~leri indirmek 1)** иштен эс алууга чыгыш. **2)** дүкөндү жаап салыш.

keramet,-ti керемет, укмуш. ~ **buyurdunuz/~te bulundunuz** туура айттыңыз, туура кылдыңыз (*жасакерлик сөзү*). ~ **sahibi** олуя, кереметтүү.

kerametli кереметтүү.

keramik, -ği керамика.

kerata 1. көзүнө чөп салынган (*эркек*), шүмшүк, акмак. **2.** тентек, чычым. **izin almadan çıkmış** ~ уруксат албай чыгыптыр чычым. **3.** бут кийим кашыгы.

keratin *биол.* кератин.

keratinli кератиндүү.

Kerbela *дин* Кербела (*Исламда аты аталган Ирандагы шаар*). ~ **gibi** суусуз жер.

kere 1. кез, жолу,сыйра. **birkaç** ~ бир канча жолу. **çok** ~ көп жолу. **2.** *мат.* жерде, көбөйтүү. **iki** ~ **iki dört** эки жерде эки төрт. **bir** ~ **1)** бир жолу. **2)** баарынан мурун. **bu** ~ бул жолу.

kerecik,-ği жолу, кез. **bir** ~ **olsun gitmedim** бир да жолу барбадым.

kerem 1. кең пейилдик, кайрымдуулук, жоомарттык. **2.** улуулук, асылзаадалык, тектүүлүк. ~ **buyurun/ eyleyin** ыракым кылыңыз, уруксат бериңиз (*сыпайыгерчилик сөзү*). ~ **etmek** жакшылык кылуу. ~ **sahibi** кең пейил, жоомарт.

kereste 1. кыйылган карагай, тактай (*курулуш материалы катары*). ~ **fabrikası** тактай тилме ишканасы. **2.** *арго* олдоксон, орой, аңгүдүк. **3.** өтүкчүнүн курал-жабдыктары.

keresteci тактайчы.

kerestelik,-ği тактай тилгенге жарактуу (*карагай*).

kerevet, -ti керебет.

kerevides *к.* **kerevit.**

kerevit, -ti *зоол.* суу чаяны (*Potamobius fluviatilis*).

kereviz 1. *бот.* жыттуу селдерей (*Apium graveolens*). **2.** *арго* маңбаш, дөөдүр.

kerhane *орой* жалапкана.

kerhaneci 1. жалапкана ээси. **2.** *орой* сөккөн сөз.

kerhen 1. жийиркенип, жек көрүп. **2.** аргасыздан, зордукталып, көңүлү менен эмес.

kerih жийиркеничтүү, жек көрүмчү.

kerim 1. асылзаада, тектүү. **2.** март, кең пейил, берешен. **3.** Кудайдын аттарынан бири. **Allah** ~ Кудай ырайымдуу.

kerime *эск.* кыз бала.

keriz 1. кир суунун түтүгү. **2.** *арго* ыпылас. **3.** *арго* кумар. **4.** көңүл ачуу. **5.** *арго* тажырыйбасыз/алакөөдөн кумарчы.

kerkenez *зоол.* күйкө (*Falco tinnunculus*).

kerki *ооз.* керки (*отун кертүүчү*).

kerliferli көрүнүктүү, барандуу, бакыйган (*орто жаштагы киши*).

kermen кермен, чеп.

kermes 1. чиркөө аземи. **2.** жарманкелүү жыйын (*чакан шаарларда*).

kerpeten кыпчуур, искек.

kerpiç,-ci 1. кыш, бышпаган кирпич. **2.** кыштан согулган. ~ **dökmek** кирпич куюу. ~ **gibi** кирпичтей, катуу.

kerpiççi кирпич куйган/саткан киши.

kerrat,-tı (kere'*нин көпт. т.*) көп жолу. **~la** кайра-кайра, көп жолу. ~ **cetveli** жадыбал.

kerte 1. кертик, белги, из. **2.** даража, чек, деңгээл, баскыч. **~sini geçmek** чектен ашып кетүү. **son** ~ акыркы чек. **tam ~sinde 1)** так маалында. **2)** ойдогудай, туура өлчөмдө. **3.***дең.* компастын даража көрсөткүчү. **~sine getirmek** ыңгайын келтириш. ~ ~ шашпай, баскыч-баскыч, адым-адым.

kertenkele *зоол.* кескелдирик (*Lacertus*).
kerteriz *дең.* компас боюнча багыт. ~ **etmek** компас боюнча багыт аныктоо.
kertik,-ği кертик, кетик, кертилген. ~ ~ кетик-кетик.
kertiklemek кертик/кетик жасоо, кертүү.
kertikli кертиги/кетиги бар.
kertmek 1. кертүү, кертип белги коюу. **2.** бир жерин катуу уруп алуу, ооруксунтуу.
kervan 1. кербен. **2.** улашып/тизилип келген нерселер. **~a katılmak** бир жамаатка кириш. **işsizler ~ına katılmak** ишсиздер кербенине кошулуу.
kervanbaşı, -nı кербен башы.
kervancı кербенчи.
kervancılık, -ğı кербенчилик.
kervansaray кербен сарай.
Kervankıran, Kervan Yıldızı *астр.* Чолпон жылдыз.
kes баскетбол/гимнастика бут кийими.
kesafet,-ti 1. жыштык, көптүк. **nüfus ~i** калктын жыштыгы. **trafik ~i** жол кыймылынын жыштыгы. **2.** тумандуулук, бүдөмүктүк. **3.** булганычтык, кир-кок, ыпыластык.
kesat,-di 1. сооданын солгундугу. **2.**жокчулук, кемчилик, жут, тартыш.
kesatlık,-ğı 1. соодада солгундук. **2.** жут.
kesbetmek ээ болуу, көнүгүү. **ehemmiyet ~** мааниге ээ болуу. **meleke ~** жатыгуу, көндүм болуу (*бир иште*). **şohret ~** атак-даңкка ээ болуу.
kese I 1. кисе, баштык, торбо. **mühür ~si** мөөр баштык. **para ~si** капчык. **2.** чөнтөк, бюджет, акча. **her ~ye elverişli** бардык чөнтөктөргө ылайык, арзан. **~sinden ödemek** өз чөнтөгүнөн төлөө. **3.** мончо кол кабы (*түрк мончосунда жышыныш үчүн колдонулат*). **4.** *анат.* боштук. **safra ~si** өт. **5.** кап. **Kuran ~si** Курандын кабы. **6.** *тар.* 500 куруштук акча бирдиги. **~nin ağzını açmak** маруу, акчаны кенен каржай баштоо. **~sine bir şey girmemek** эч пайда таппоо. **~nin dibi görünmek** акчасы түгөнүү. **~sine göre** чөнтөгүнө жараша. **~sine güvenmek** акчасына ишенүү. **bol ~den** аянбай, марттык менен. ~ **kâğıdı** кагаз пакет.
kese II кыска/туура (*жол*).
kesecik, -ği *анат.* кулак торбосу.
kesek,-ği 1. кесек (*топурак*). **2.** чым. **3.** тезек.
keseklenmek кесек-кесек болуу (*мис. топурак*).
kesekli кесектүү, ири-ири.
kesel кесел, дармансыздык, алсыздык, муун-жүүндүн бошошу. ~ **tutmak** кесели кармоо, кеселдөө.
keselemek мончодо кесе (*к.*) менен жышуу.
keselenmek кесе менен жышынуу.
keseli 1. баштыктуу, киселүү. **2.** *зоол.* чөнтөктүү/баштыктуу. ~ **ayı** чөнтөктүү аюу (*Phascolarctos cinereus*).
kesen *мат.* кесүүчү сызык.
kesenek,-ği 1. айлыктан кесилген акча. **2.** аренда. **3.** (*фабрика, фермаларда*) кирешесин сатып алыш. **~e almak** кирешесин сатып алыш.
kesenkes *ооз.* **1.** сөзсүз. **2.** так, анык, кескин. ~ **cevap** так жооп. ~ **ödeyecek** сөзсүз төлөйт.
keser ай балта, керки.
kesici 1. кескич. **2.** мал сойгон киши, касап. **3.** кескен, тоскон. **ağrı ~** оору басуучу. **yan ~** чөнтөкчү. **yol ~** жол тоскон. ~ **diş** *анат.* маңдайкы тиш
kesif 1. жыш, калың, коюу, тыгыз. ~ **duman 1)** коюу туман. **2)** коюу түтүн. ~ **kar** калың кар. **2.** катуу. **3.**киргилт, тунук эмес.

kesik,-ğı 1. кесик, кесилген, кыйылган. ~ **çizgi** кесик сызык. ~ **parmak** кесик бармак. **2.** *мат.* кесилген. ~ **koni** кесилген конус. **3.** уюган. ~ **süt** уюп калган сүт. **4.** майсыз быштак. **5.** кесинди (*газета/журналдан*). **6.** алсыз, күчсүз, чарчаган. **7.** өчүк (*мис. электр, суу ж. б.*). ~ ~ кесик-кесик, үзүл-кесил. ~ **kelime** *грам.* кыскартылган сөз.

kesikli кесилген, үзүл-кесил.

kesiklik,-ği 1. кесиктик. **2.** алсыздык, дармансыздык. **3.** (*суу/ электрдин*) кесилиши.

kesiksiz 1. кесиксиз, тынымсыз. ~ **akım** *элек.* туруктуу ток. **2.** кесиксиз, бүтүн, кесилбеген.

kesilmek 1. кесилүү, токтоо, тынуу. **su kesildi** суу токтоду. **dersler** ~ сабак токтоо. **arkası kesilmeden** үзүлбөй, уланып. **2.** кесилүү, бычылуу (*кийим*). **3.** чарчоо, чаалыгуу. **аyakları yorgunluktan kesildi** буттары чарчагандан жылбай калды. **4.** ирип/бузулуп кетиш. **mayonez kesildi** майонез ирип кетти. **5.** окшошуу, айлануу, сыяктуу болуу. **taş** ~ таштай катып калуу. **buz** ~ муздай тоңуп калуу. **6.** болуу. **düşman** ~ душман болуу. **yüzü kıpkırmızı** ~ жүзү кыпкызыл болуу. **7.** ... сыяктуу көргөзүү, ... ордуна коюу. **kahraman** ~ баатырсынуу. **aslan** ~ өзүн арстан сыяктуу көргөзүү. **8.**...–дан калуу, ажыроо. **kuvvetten** ~ күчтөн калуу. **sütten** ~ сүттөн/эмчектен чыгарылуу. **9.** *арго* ырахаттануу, жыргоо.

kesim 1. кесиш, союш (*мис. малды*). **2.**кесиш, бычыш (*кийимдерди*). **3.**токтотуу, кесүү, аралык берүү. **cereyan ~i** электрдин токтошу. **4.**аренда, күрөө. **5.** аянт, бөлүк, район, аймак. **dağlı** ~ тоолуу район. **6.** белги коюлган жер, чек. **7.** *ооз.* бой, турпат. ~ **noktası** *мат.* кесилиш чекити.

kesimci күрөөчү, арендатор.

kesimhane, kesimevi касапкана.

kesin 1. так, анык, кескин, катуу, талашсыз. ~ **karar** так чечим. ~ **önlemler** катуу чаралар. **2.** сөзсүз. ~ **geleceğiz** сөзсүз келебиз. ~ **değil** анык эмес. ~ **olarak** кескин түрдө.

kesinleşme аныкталма, такталма.

kesinleşmek 1. аныкталыш, такталыш. **2.** *ук.* өзгөрүлбөс болуп кароого коюлуу.

kesinlik,-ği 1. аныктык, тактык, кескиндик. **2.** чечкиндүүлүк, талашсыздык. ~ **kazanmak** анык/так болуу. **~le söylemek** чечкиндүү/катуу айтуу.

kesinlikle кескин түрдө, анык, ачык, так, сөзсүз, талашсыз.

kesinti 1. кесинди, өөн. **kumaş ~si** чүпүрөктүн өөнү. **2.** токтолуш, өчүрүлүш, тыным, үзгүлтүк. **işimiz hiç-bir ~ye uğramadı** ишибиз эч бир үзгүлтүккө учурабады. **3.** акчадан кармалган бөлүм, кесинди. **maaş ~leri** айлыктан кесиндилер **(birini) ~ye almak** бирөөнү шылдың кылуу.

kesintili 1. үзгүлтүктүү, аралыктуу. **2.** (*акча үчүн*) кесиндиси бар, кармалып алынган.

kesintisiz 1. үзгүлтүксүз, тынымсыз, аралыксыз. **2.** (*акча үчүн*) кесилбеген, кармалбаган, толук.

kesir,-sri 1. кыйратуу, талкалоо, бүлүндүрүү. **2.** *мед.* сынык. **3.** *мат.* бөлчөк.

kesirli *мат.* бөлчөк. ~ **sayı** бөлчөк сан.

kesişen *геол.* кесилишкен (*сызыктар*).

kesişmek 1. кесишүү, бири-бирин кесүү, бычакташуу. **2.** кесилишүү, кайчылашуу. **3.** (*соодалашууда*) бир бүтүмгө келүү, макулдашуу. **4.** эсептешүү. **5.** (*оюнда*) тең чыгуу. **6.** *арго* (*аял, эркек*) көз

ымдашуу.

kesit, -ti 1. кесим. ~ **alan** кесим аянты. **ağacın ~i** жыгачтын кесими. **2.** коомдун катмары. **3.** *мат.* кесим шекили.

keskenmek *ооз.* кезөө, жазгоо.

keski кескич (*таш, металл кесүүдө колдонулган*).

keskin 1. курч. ~ **bıçak** курч бычак. **2.** *өтм.* сак, заар, өткүр. ~ **bakışlı** өткүр караган (*көздөр*). ~ **kulak** сак кулак. **3.** катуу. ~ **rüzgâr** катуу шамал. ~ **ayaz** катуу аяз. **4.** күчтүү. ~ **sirke** күчтүү уксус. **5.** тик, урчук. ~ **bir kaya** тик аска. **6.** заар, ачуу (*үн*). **7.** көзгө атар, таамай. ~ **nişancı** көзгө атар мерген.

keskinleşmek курчуу, өткүр болуу.

keskinlik,-ği 1. *түз, өтмө маанилерде* курчтук, өткүрлүк. **2.** заардык, ачуулук (*үндүн*). **3.** күчтүүлүк (*ичимдиктин ж. б.*). **4.** тиктик, урчуктук. **5.** *арго* эркек жандуулук (*эркектин*).

kesme 1. кесме. **2.** темир кескен кайчы. **3.** *мат.* сектор. **4.** союш (*малды*). **5.** чарчы-чарчы кесилген. ~ **taş** чарчы кесилген каптама таштар. ~ **şeker** кант. **6.** акыркы, бекем, туруктуу. ~ **fiyat** туруктуу баа. **7.** *ад.* жарым таштalган, бүтпөгөн сүйлөм. ~ **çorbası** кесме сорпо. ~ **işareti** апостроф. ~ **kalıp** трафарет. ~ **noktalar** көп чекит.

kesmece 1. (*арбуз, коон ж. б. жемиштер үчүн*) кесип-кесип сатылган. **2.** дүң баада сатылган. ~ **iki milyondan satıyor** дүңүн эки миллиондон сатып атат.

kesmek 1. кесмек, кыймак, айырмак, туурамак. **ağaçları** ~ бактарды кыюу. **eti** ~ этти тууроо. **bilet** ~ билет айыруу. **saç** ~ чач кесүү. **2.** бутамак. **dalları** ~ бутактарды бутоо. **3.** союу. **koyun** ~ кой союу. **4.** токтотуу, бүтүрүү. **dersleri** ~ сабакты токтотуу. **5.** айыктыруу, басуу. **bu ilâç baş ağrısını keser** бул дары баш ооруну басат. **6.** өчүрүү. **gazı** ~ газды өчүрүп салуу. **7.** белгилөө, болжоо, тактоо. **gününü** ~ күнүн болжоо. **8.** кесип/кармап калуу. **maaşımın üçte birini kesmişler** айлыгымын үчтөн бирин кармап калышыптыр. **9.** акча чыгаруу/басуу. **10.** бөгөт болуу. **rüzgâr geminin yolunu kesti** шамал кеменин жолун кести. **11.** сөз кесүү/талашуу. **lâfımı kesme!** сөзүмдү кеспе! **12.** (*карта оюнунда*) картанын бир бөлүгүн бөлүп коюу. **13.** (*шашки оюнунда*) дамканы жеп алуу. **14.** тороо, тосуу. **yolu** ~ жолду тороо. **15.** кесилишүү. **caddeyi kesen iki sokağın biri** проспектти кескен эки көчөнүн бири. **16.** кыскартуу (*фильмди, жазууну ж. б.*). **17.** унчукпоо. **kes sesini!** үнүңдү чыгарба! бас жаагыңды! **18.** айлануу, болуу. **aka** ~ акка айлануу, агаруу. **19.** *арго* маңыз сүйлөө, келжирөө, калп айтуу. **kes!** болду! жетет! **kesip atmak 1)** (*бир ишти*) шарт чечип салуу. **2)** олку-солку болбоо. **kesip attığı tırnak olamamak** (*бирөө башкасынын*) тырмагына тең келбөө. **kesip biçmek 1)** оозуна келгенди сүйлөө/оттоо. **2)** кекетип-мокотуу.

kesre кесра (*арап алфавитинде и тамгасын белгилеген белги*).

kestane 1. каштан. ~ **ağacı** *бот.* каштан дарагы (*Castanca sativa*). **2.** каштан (*түс*). ~ **dorusu** жээрде (*ат түсү*). ~ **fişeği** фейерверк. ~ **kabuğundan çıkmış da kabuğunu beğenmemiş** *тегин жеригендер үчүн айтылат.* (*сөзм. с.* каштан кабыгынан чыгып, кабыгын жериптир). ~ **suyu gibi** суюк (*кофе*).

kestaneci каштан кебеп саткан киши.

kestanecik,-ği 1. *анат.* простата. **2.** *зоол.* ат бутуна чыккан мүйүз сымал жоор.

kestirme 1. аңдама, түшүнмө. **2.** кыска/туура (*жол*). **~den gitmek** кыска жол менен баруу. **3.** кыска, так, соңку. **~ cevap** кыска жооп. **4.** кыскача, жыйынтыктап, жонунан. **5.**таасирдүү, катуу, пайдалуу. **~ hareket** катуу аракет. **6.** болжолдуу.

kestirmek 1. кестирүү. **2.** алдын-ала болжоо/аныктоо/билүү. **önceden ~** алдын-ала билүү. **3.** иритүү, бузуу (*мис. сүттү*). **4.** чечимге/бүтүмгө келиш. **söze nereden nasıl başlayacağımı kestiremiyorum** сөздү кантип баштарымы биле албай турам. **5.** чырм этип алуу, көзү илинип кетүү. **on dakika kestirdi** он мүнөт көзү илинди. **kestirip atmak** шарт чечип салуу.

keş 1. майсыз быштак. **2.** *арго* аңкоо, макоо, дөөпөрөс.

-keş – кеч/кер (*берилген, тарткан, ичкен маанисин кошкон куранды мүчө*). **gayretkeş** кайраткер. **mihnetkeş** мээнеткеч.

keşen *ооз.* кишен.

keşfetmek 1. ачуу, ачылыш жасоо. **2.** ашкерелөө, таап чыгуу. **3.** *аск.* чалгындоо.

keşfiyat, -tı 1. ачылыштар, табылгалар. **2.** *аск.* чалгын жыйынтыктары/маалыматтары.

keşide 1. (*бир нерсени*) ойнотуш. **piyango ~si** лотерея ойнотулушу. **2.**(*арап жазуусунда*) байланыштыргыч сызык. **~ etmek 1)** ойнотуу (*мис. лотереяны*). **2)** өткөрүү, уюштуруу.

keşif,-şfi 1. ачылыш, ойлоп табуу, табылга, изилдөө. **coğrafi ~ler** географиялык ачылыштар. **tıptaki yeni ~ler** медицинадагы жаңы табылгалар. **2.** таап чыгыш, ачыкка чыгарыш, ашкерелеш. **3.** *ук.* изилдөө, иликтөө, тинтүү, оодаруу. **4.**чалгын. **~ hizmeti** чалгындоо кызматы. **~ kolu** чалгындоо отряды. **~ uçağı** чалгынчы учак.

keşifçi чалгынчы.

keşik,-ği 1. кешик, корук. **2.** кезек, нөөмөт.

keşikleme кезектешме, нөөмөттөшмө.

keşikleşmek нөөмөттөшө/кезектеше иштөө.

keşiş кечил.

keşişhane монастырь.

keşişleme 1. түштүк-чыгыштан соккон жел. **2.** түштүк-чыгыш (*компас боюнча*).

keşişlik, -ği кечилдик.

keşke аттиң, атаңдын көрү, ... эмне! ... кана! (*ишке ашпаган бир иш үчүн өкүнүү/шыпшынуу билдирет*). **~ sen yanımda olsan!** атаңдын көрү, сен жанымда болсоңчу! **~ gelseler!** келишсе эмне! келишсе кана!

keşkül 1. дервиштердин тилемчи табагы. **2.** кешкүл, кешкүлфукара (*сүттөн жана тартылган мистеден жасалган таттуу)*.

keşmekeş 1. уруш, күрөш, кармашуу. **2.** чатак, жаңжал. **3.** баш аламандык. **~ içinde** баш аламандык ичинде.

keşmir *к.* **kaşmir.**

ket,-ti жолтоо, бөгөт. **~ vurmak** жолтоо/бөгөт болуу, татаалдануу.

ketçap, -bı кетчуп.

keten 1. *бот.* зыгыр (*Linum isitatissimum*). **~ helvası** зыгыр халвасы. **~ kuşu** *зоол.* зыгыр куш (*Carduelis linaria*).**~ tohumu** зыгырдын уругу. **2.** кете, кетен (*зыгыр буласынан токулган кездеме*). **~ mendil** кетен жүз ааарчы. **~ tarağı** зыгыр буласын тараган тарак.

kethüda 1. *эск.* эконом, үй башкаруучусу. **2.** бригадир.

keton *хим.* кетондор.

ketum сырга бекем, ишеничтүү. **~**

davranmak сыр бербөө/алдырбоо.
ketumiyet,-ti, ketumluk сырга бекемдик, бир сырдуулук.
keven *бот.* астрагал (*Astragalus*).
kevgir 1. кепкир. **2.** сүзгүч, дуршлаг.
Kevser *дин* бейиштеги ыйык суу. **~ gibi** даамдуу, таттуу (*тамак*).
keyfetmek шаңдануу, шайырлануу, жарпы жазылуу.
keyfî 1. көңүлгө/каалоого/ыктыярга жараша. **2.** ой келди, эрежеге/укукка таянбаган. **~ karar** ой келди чечим. **3.** сапаттуу.
keyfiyet, -ti 1. сапат. **kemiyet ve ~** сан жана сапат. **2.** шарт, жагдай. **3.** иш, факт, кубулуш, маселе. **4.** *грам.* жыныс.
keyif,-yfi 1. ал-жай, дең-соолук. **~ sormak** ал-жай сураш. **2.** кейип, көңүл, маанай. **bugün ~i yok** бүгүн маанайы пас/көңүлсүз. **3.** шайырлык, шатмандык, ырахат. **~ düşkünü** оюн-күлкүнү сүйгөн. **herkes ~inde** элдин баарынын көңүлү көтөрүңкү. **4.** кызуу, алагүү (*алкоголь алганда*). **çakır ~** кызуу. **5.** жүйөөсүз каалоо/ тилек. **ben ~e hizmet etmem** мен жүйөөсүз каалоолорду аткара албайм. **~ince** өз билгенинче/оюндагыдай. **~im istediği zaman** качан көңүлүм келсе. **6.** *арго* нашаа. **~ine bak!** ойноп күл! каалаганыңды кыл! **~ine bakmak** өз билгенин жасамак. **~im benim, köy Mehmet ağanın** өзүмүн көөнүм жайында, башка менен ишим жок. **~ine bırakmak** жайына коюу, кийлигишпөө. **~i bilmek** өзүн өзү билмек. **gelirse gelir, gelmese ~i bilir** келсе келет, келбесе өзү билет. **~ni bilmek** тамырын тартуу. **~ini bozmak/kaçırmak** көңүлүн чөгөрүү, капа кылуу. **~i bozulmak 1)** ден соолугу начардоо. **2)** капа болуу, көңүлү чөгүү. **~ çatmak** шарактоо, жарпы жазылуу. **~ini çıkarmak** жыргалын көрүү/татуу, жыргалына батуу. **~inden dört köşe olmak** кубанычы койнуна батпоо. **~i düzelmek/yerine gelmek** кабагы ачылуу, көңүлү жайлануу. **~i gelmek** көңүлү ачылуу, жадырап-жайноо. **~ine gitmek** айтканын/каалаганын жасоо. **~ hâli** кызуу, алагүү. **~ için** көңүлү үчүн. **~in iyi mi?** алы-жайың кандай? **~i kaçmak** көңүлү/маанайы бузулуу. **~inin kâhyası olmamak** (*бир нерсеге*) кийлигишпөө. **~i olmamak 1)**өзүн жакшы сезбөө. **2)** сабыры суз болуш. **~i oluncaya kadar 1)**кабагы ачылганга чейин. **2)** көңүлү ачык/жайдары кезинде. **~ sıra** оюндагыдай/каалаганындай. **~ sürmek** жыргап/ ыракаттанып жашоо. **~ vermek 1)** көңүлдү ачуу, ырахат берүү. **2)** эңги-деңги кылуу (*алкоголь*). **~i yerinde 1)** көңүлү жай/көтөрүңкү. **2)** ден соолугу жайында.
keyiflenmek 1. көңүлү/кабагы ачылмак, жарпы жазылмак, шаттанмак. **2.** чала кызуу болуп алмак.
keyifli 1. көңүлдүү, шаттуу, шайыр. **2.** кызуу, алагүү.
keyifsiz 1. көңүлсүз, суз, маанайы пас. **2.** ноокас.
keyifsizlik,-ği 1. көңүлсүздүк, сабыры суздук. **2.** ноокастык.
kez жолу, сыйра, кез, сапар. **bir ~ 1)**бир жолу. **2)** биринчиден, баарыдан мурун. **bu ~** бул жолу. **her ~** ар качан. **kaç ~** канча жолу.
keza ошондой, ошого окшош, да, так эле ошондой. **~ ve ~** жана башка, жана башка.
kezzap *хим.* азот кычкылы.
kg (**kilogram**'*дын кыск.*) килограмм, кг.
kıble 1. кыбыла. **2.** түштүктөн соккон жел. **3.** *өтм.* кыйналганда кайрылчу жер.
Kıbrıs Кипр.

Kıbrıslı кипрдик.

kıç,-çı *орой* **1.** көчүк, көт, жамбаш, соору (*малда*). **2.** *диал.* сан, бут. **3.**(*кемеде*) арт тарап. ~ **atmak 1)** (*айбан*) арткы аягы менен тебүү. **2)** *орой* жамбашын чайкоо. **3)** *ооз.* (*бир нерсени*) абдан эңсөө, күсөө. ~ **attırmak** *ооз.* аркада калтыруу. **~tan bacaklı** кодогой, буту кыска (*киши*). **~ına bakarak/baka baka** куру кол, каалаганына жетпей. **~ına batmak** майлуу жер табуу. **~ını kaldırmamak** көчүгүн көтөрүп/туруп койбоо. **~ının kılları ağarmak** *орой* абдан карып калуу, көксөөл болуу. **~ının kılları ile balık avlamak** *орой* жолдуу чыгыш, иши оңолуш. **~ına kına yaksın** табасы кансын. **~ı kırık** болбогон, жарыбаган. **~ına tekmeyi atmak/ vurmak** *орой* көчүккө тээп айдап ийиш. ~ **üstü oturmak 1)** көчүк басуу. **2)** *өтм.* сызга отуруп калуу. **~ını yırtmak** *орой* **1)** көтү айрылганча бакырыш. **2)** жанын үрөш, болгон күчү менен аракет кылыш.

kıçın: ~ ~ артка кетүү. ~ ~ **gitmek 1)** артка кетенчиктөө. **2)** (*жаш бала*) аркасы менен жылуу.

kıdem 1. (*бир кызматта*) эскилик, улуулук. **2.** сиңирилген эмгек жылы, стаж. ~ **tazminatı** *белгилүү мөөнөт иштегендерге иштен кеткенде берилген акча.*

kıdemli 1. эски, эскиден берки. ~ **müşteri** эски кардар. **2.** стажы көп, эмгеги сиңген.

kıdemsiz стажы жок, эмгеги сиңбеген, тажырыйбасыз.

kıdım: ~ ~ кыдың-кыдың, аз-аз, майда-майда.

kığ, kığı кык (*кой, эчки, төөнүн*).

kıh (*бала тилинде*) кых, жаман, булганч.

kıkır: ~ ~ кыт-кыт (*күлүш*).

kıkırdak, -ğı *анат.* кемирчек. **göz ~ı** көз кемирчеги. ~ **doku** *анат.* кемирчек ткань.

kıkırdamak 1. кыт-кыт күлүш. **2.** *арго* суукка тоңуш. **3.** *арго* өлүш.

kıkırtı кытылдаган күлкү.

kıl I 1. кыл, чач, түк, жүн. **~ını dökmek** түгү/жүнү түшүү, түлөө. **at ~ı** аттын кылы. **2.** эчкинин кылы. **3.**өсүмдүктүн чачысы. **4.** кылдан жасалган. ~ **kilim** кыл килем. **~ını bile kıpırdatmamak/oynatmamak** кылын кыймылдатпоо, кол кабыш жасабоо. **~ına dokunmamak** кылына тийбөө. ~ **kadar** кылдай. ~ **kadar kalmak** (*бир нерсенин болоруна*) аз калмак. **~ı kırk yaran** кара кылды как жарган. **~dan ~ kapmak** кылдан кыйкым табыш. ~ **olmak** кыжыры кайноо, (*бир нерсени*) көтөрө/чыдай албоо. ~ **payı** аз жерден. ~ **payı kurtuldu** аз жерден аман калды.

kılağı металлды курчутканда пайда болгон өгөндү/таарынды.

kılağılamak курчутулган/өгөлгөн нерсени бүлөө.

kılaptan пахта/жибек жипке алтын кошуп ийрилген жип.

kılavuz 1. жол көрсөткүч, гид. **2.** жол көрсөткүч, даанышман. **imlâ ~u** орфографиялык сөздүк. **3.** жуучу. **4.** *өтм.* көсөм, жол башчы, лидер. **~umuz Atatürk** жол башчыбыз Ататүрк. **5.** *тех.* буроолорго сай чыгарган курал. **6.** *тех. узун тар жерден зым, кабелдерди өткөрүү үчүн учуна байланган серт нерсе.*

kılavuzluk,-ğu 1. жол башчылык/ көрсөткүчтүк (*милдет, кесип*). **2.***өтм.* жол башчылык, көсөмдүк, лидерлик. **3.** жуучулук. **4.** кемени портко киргизүү/чыгаруу иши. ~ **etmek** жол көрсөтүш, кеңеш бериш.

kılcal кыл сымал, кылдай ичке. ~ **damar** кыл/капилляр тамыр.

kılçık, -ğı 1. кылчык. **balık ~ı** балыктын

кылчыгы. **arpanın ~ı** арпанын кылчыгы/муруту. **2.** *спорт* бир күрөш ыкмасы. ~ **atmak** (*бирөөнүн*) ишине бөгөт болуу, жамандык жасоо. ~ **ayıklamak** кылчык тазалоо.

kılçıklı 1. *зоол.* кылчыктуу. ~ **balık** кылчыктуу балык. **2.** *бот.* кылчыктуу, муруттуу. **3.** *өтм.* чиеленген, татаал, опурталдуу (*иш*).

kılçıksız кылчыксыз. ~ **balık** кылчыксыз балык. ~ **buğday** *бот.* кылчыксыз буудай (*Triticum spetta*).

kılgı кылгылык, аткарыш, орундаш, практика.

kılgılamak кылыш, аткарыш, ишке ашырыш.

kılgılı 1. колдонмо, кылгын, практикалык. **2.** максатка ылайык, жарамдуу.

kılgın практикалык, кылгын, кылганга боло турган/кылына турган. **bu fikri ~ bulmadım** бул пикирди кылганга ылайык деп тапкан жокмун.

kılgısal практикалык, иш жүзүндө.

kılıbık катынбаакы, аялынын тилинен чыкпаган/көзүн караган (*эркек*).

kılıbıklık,-ğı катынбаакылык, аялына көз карамалык. ~ **etmek** аялынын алдында бүжүрөш.

kılıcına капталынан, кырынан. ~ **yerleştirmek** капталынан/кырынан коюу.

kılıç,-cı 1. кылыч. ~ **açmak** кылыч(ын) кайроо. **2.** *к.* кылыч балыгы. **3.**кумар ойну. ~ **atlamak** ант берүү, кылыч аттоо. ~ **bacak** кыйшык бут. ~ **balığı** *зоол.* кылыч балык (*Xiphias gladius*). ~ **çekmek** кылыч сууруш. **~tan geçirmek** кылычтан өткөрүү, кылычтап салуу. **~tan geçmek** кылычталуу, кырылуу. ~ **kını** кылыч кыны. **~ı kınına koymak** согуштан чыгуу. ~ **oynatmak** башкаруу, бийлөө. ~ **oyunu** кылыч оюну, фехтование. **Damokles(in) ~ı** Дамоклдин кылычы.

kılıçkarlıgaç,-cı *зоол.* кара карлыгач (*Apus apus*).

kılıçlama 1. кылычтама. **2.** туурасынан. **çantayı ~ asınmış** сумканы туурасынан асынып алыптыр.

kılıçlamak кылычтап өлтүрүш, кырыш.

kılıf 1. кап, сырт, тыш, кын, кылып. **şemsiye ~ı** кол чатырдын кабы. **koltuk ~ı** креслонун тышы. **yastık ~ı** жаздык кап. **2.** *анат. , зоол.* чурай. **3.** *өтм.* жолу болбогон ишке көргөзүлгөн шылтоо. ~ **geçirmek** сырттоо, каптоо. **~ına uydurmak** мамилесине/шартына жараша ылайыкташуу.

kılıflamak каптоо, сырттоо, тыштоо.

kılıflı капталган, тышталган.

kılık,-ğı 1. кебете, көрүнүш, турпат, түр. ~ **değiştirmek** кебетесин өзгөртүү. **~ına girmek** (*бирөөнүн*) кебетесин кийүү. **2.** кийим-кече, үстү-баш, форма. ~ **kıyafet** кийим-кече. ~ **kıyafet düşkünü** көйрөң, көтөнкооз. **~tan ~a girmek 1)** кийимден кийим тандоо. **2)** *өтм.* бат-бат пикир өзгөртүү. ~ **kıyafet, ~ bacak köpeklere ziyafet** начар/жарашыксыз кийинген, үстү-башы самтыраган.

kılıklı көрүнүшүндө, кебетеленген, түрдөнгөн. **itfaye ~** өрт өчүргүч көрүнүшүндө. **dilenci ~** тилемчи кебетеленген. ~ **kıyafetli** жакшы кийинген.

kılıksız самтыраган, жүдөгөн, кебетеси келишкен.

kılınmak кылынуу.

kılkuyruk, -ğu 1. *шылд.* бечара, байкуш. **2.** *зоол.* кылкуйрук (*Anas acuta*).

kıllanmak 1. кыл басуу/чыгуу. **2.** сакал, мурут чыгуу.

kıllı кылдуу, кыл баскан, түктүү.

kılmak кылуу, жасоо. **fayda ~** пайда

кылуу. **namaz** ~ намаз окуу. **mecbur** ~ мажбур кылуу. **tasdik** ~ тастык кылуу.

kılsız 1. кылсыз, түксүз. **2.** сакалмуруту чыга элек.

kımıldamak кыймылдоо, аракеттенүү.

kımıldatmak кыймылдатуу.

kımıl: ~ ~ тынымсыз кыймылда болгон. ~ ~ **kımıldamak** тынымсыз кыймылдоо.

kımıltı кыймыл, термелүү, толкуу, аракет.

kımız кымыз.

kımlanmak 1. (*куш*) талпынуу. **2.** (*киши*) обдулуу.

kın 1. кын, кап. **~ından çekmek** кынынан сууруу. **2.** *бот.* жалбыректын сапты орогон бөлүгү.

kına 1. кына (*боёк*). ~ **koymak/sürmek/yakmak** кына сүртүү. **2.** (~ **ağacı**) *бот.* кына дарагы (*Lawsonia inermis*). ~ **çiçeği** кына гүлү (*Balsamina hortensis*). ~ **gibi** кумдай, майда. **~lar yakmak** (*бирөөнүн*) жамандыгына сүйүнүү. ~ **gecesi** кына кечеси (*салт боюнча тойдон бир күн мурун колуктунун үйүндө жалаң аялдар катышкан кече*).

kınakına 1. *бот.* хина дарагы (*Cinchona*). **2.** хина (*суусундук*).

kınalamak кына менен боёо.

kınalı 1. кына менен боёлгон. **2.** кына (*кызгыч*) түстөгү. ~ **keklik** *зоол.* кекилик түрү (*Alectoris graeca*).

kınama айыптама, сынтакма.

kınamak жактырбоо, жаратпоо, айыптоо, сындоо.

kınkanatlılar *зоол.* кын (*септ*) канаттуулар (*Coleoptera*).

kınlamak кынына салыш (*бычакты, кылычты ж. б.*).

kınnap, -bı кендир жип.

Kıpçak, -ğı Кыпчак.

Kıpçakça 1. кыпчакча. **2.** кыпчактарча.

kıpık жүлжүйгөн, кысылган (*көз*). ~ **gözlü** жүлжүк көздүү.

kıpır: ~ ~ **1)** кыбыр-кыбыр, жаны тынбаган, ордунда турбаган, шок. **2)** жаны жай албаган, мээнеткеч. **3)** кыймылдуу, аракеттүү. ~ ~ **kaynamak** шарактап кайноо.

kıpırdak 1. кыбыраган, жандуу, аракеттүү, тынбаган (*киши*). **2.** кыймылдуу, дирилдеген, титиреген (*нерсе*).

kıpırdamak 1. кыбыроо, кыймылдоо, аракетке келүү, жанданuу. **2.** дирилдөө. **kimse kıpırdamasın!** эч ким кыймылдабасын! **kılı kıpırdamamak** кылы кыйшайбоо.

kıpırtı кыбырак, болор болбос кыймыл, дирилдек.

kıpıştırmak (*көздү*) ирмегилөө, кысуу.

kıpkırmızı кыпкызыл. ~ **kesilmek** кыпкызыл болуп кетүү. **utancından** ~ **kesilmek** уялганынан кыпкызыл болуп кетүү.

kıpkızıl *к.* **kıpkırmızı.**

kıpma кысма, ирмеме (*көздү*).

kıpmak, -ar кысуу, ирмөө.

kıpramak кыймылдоо.

Kıptî 1. копт. **2.** цыган.

Kıptice 1. копт тилинде, коптчо. **2.** цыганча.

kır I 1. боз, агыш. **2.** ак боз (*ат түсү*). ~ **düşmek** (*чач*) агара баштоо. ~ **saçlı** агала чачтуу. ~ **sakal** агала сакал.

kır II 1. талаа, түс, жайык. **2.** элет, шаардын чет жагы. ~ **evi** дача. **3.** *зоологиялык, ботаникалык терминдердин тутумунда.* ~ **çiçeği** талаа гүлү. ~ **kırlangıcı** талаа карлыгачы (*Hirunda rustica*). ~ **kahvesi** талаа кафеси. ~ **koşusu** *спорт* талаа чуркоосу. ~ **lâlesi** талаа мандалагы (*Tulipa*).

kıraat,-tı 1. кыраат, окума. **2.** окума китеби. **3.** Куранды кырааты менен окума. ~ **etmek** окуш.

kıraathane 1. (*газета, китеп ж. б.*) окума жери, кырааткана. **2.** кафе, кофекана.

kıraç кайрак (*жер*).
kırağı кыроо. ~ **çalmak** кыроо чалуу. ~ **düşmek** кыроо түшүү.
kıran I 1. сындыргыч, бүлдүргүч, талкалагыч. **taş** ~ таш талкалагыч. **2.**тумоо, эпидемия. ~ **girmek** тумоо каптоо, кырылуу.
kıran II 1. жээк, бой. **2.** кыраң, кыр, жон (*тоонун*).
kıransız учу-кыйырсыз, чексиз.
kıranta 1. агала, агарган. **2.** чачы агарган (*эркек*). **3.** орто жаштагы, жарашыктуу кийинген.
kırat, -tı 1. карат. **2.** *өтм.* сапат, касиет.
kırba 1. суу ташыган чанач. **2.** *ооз.* чоң курсак. **3.** *арго* аракеч.
kırbaç,-cı шапалак, камчы. ~ **darbesi** шапалак (*жаза*). ~ **vurmak** шапалак алуу. ~ **yemek** шапалак жеш.
kırbaçlamak шапалак/камчы уруш (*жаза иретинде*).
kırçıl 1. агара/ак кире баштаган (*сакал, чач ж. б.*). **2.** ак сакалдуу, карыган киши.
kırdırmak 1. кырдыруу. **2.** баасын түшүртүү, арзандатуу. **3.** сындыртуу, бүлдүртүү.
kırgın 1. таарынган, чөккөн, көңүлү калган. **2.** арзандатылган, төмөндөтүлгөн. **3.** кыргын, малдын массалык илдети, тумоо.
kırgınlık,-ğı 1. суздук, көңүлсүздүк. **2.**ыза, таарыныч. **3.** шалдыроо, ыксыроо.
Kırgız кыргыз.
Kırgızca кыргызча, кыргыз тили.
Kırgızistan Кыргызстан.
kırıcı 1. кыргыч, талкалагыч, бузгуч, бүлдүргүч. **2.** көңүл калтырган, ачуу, заардуу (*сөз, мамиле*). **3.**алдын алуучу, бөгөт болуучу. **4.***эск.* алып сатар, кызыл кулак.
kırık I,-ğı 1. сынык, кыйратылган, бүлдүрүлгөн, бузулган, кесик, кетик. ~ **ayna** сынык күзгү. **2.** сынык (*сөөктөгү*). ~ **tahtası** шакшак. **3.**таза кандуу эмес, аргын. ~ **tazı** аргын тайган. **4.** бузук. ~ **yerini bulamamak** бузук жерин таба албоо. **5.** жара тартылган (*дан*), талкан. **arpa ~ı** арпа талкан. **taş ~ı** үбөлөнгөн/майдаланган таш. **6.** *геол.* жарык, жылыш, көчүш. **7.** начар баа. **karnesinde** ~ **yok** чейрегинде начар баасы жок. **8.**таарыныч, көңүл калыш. ~ **almak** начар баа алыш. ~ **çizgi** *мат.* сынык сызык. ~ **çoğul** *грам.* бузук көптүк түр. ~ **dökük 1)** эски, тамтыгы чыккан, сынык-сунук, эскиден калма. **2)** баш-аягы жок, маанисиз (*сөз, кеп*). ~ **vermek** жаман баа коюш.
kırıkçı сыныкчы.
kırıklamak майдалоо, талкалоо, үбөлөө.
kırıklık,-ğı 1. шалдырама, алдан тайма, дармансыздык, ноокастык. **2.** көңүл чөгүш, капалык, суздук, маанайсыздык. **vücutta ~ hissetmek** денеси шалдыроо/алсыроо.
kırılgan 1. бат сынган, морт. **2.** *өтм.* ызакор, чынтийбес.
kırılganlık,-ğı 1. морттук. **2.** *өтм.* ызакордук, чынтийбестик.
kırılım *физ.* сыныш (*жарыктын*), рефракция.
kırılma 1. сынма. **~sı kolay** сынмасы оңой. ~ **payı** *соода* сынык үчүн төлөп берүү. **2.** *физ.* сынма, рефракция (*жарыктын*). **~lı dürbün** рефрактор. ~ **ölçer** рефрактометр. **3.** *арго* ойсоңдоо, кыйшаңдоо (*көбүнчө аялдар үчүн*).
kırılmak 1. сынуу, талкалануу, кыйроо. **2.** бүгүлүү, катталуу. **3.** кырылуу. **soğuktan, açlıktan kırılmışlar** сууктан, ачкалыктан кырылышыптыр. **4.** шалдыроо, алы/дарманы кетүү. **5.** ыза болуу, таарынуу (*бирөөгө*). **6.** ойсоңдоо, кыйшаңдоо (*аялдар*

үчүн). **7.** арзандоо, азаюу, төмөндөө. **fiyat ~** баа түшүү. **soğuk ~** суук пастоо. **8.** *физ.* (*жарык*) сынуу. **kırılıp bükülmek** жалпактоо, кошоматтануу. **kırılıp dökülmek 1)** сыпайысынуу. **2)** сынып-бүлүнүү, тымтыракайы чыгуу. **3)** жаны жер тартуу, алы кетүү/куруу.

kırılmaz 1. сынбас. **~ cam** сынбас айнек. **2.** *өтм.* кайраттуу, сабырдуу (*киши*).

Kırım Кырым.

kırım I 1. кыргын, тукум курут. *сал.* **katliam. 2.** (*малдын*) кырылышы. **3.** сынык (*бир нерсенин*). **4.** (*христиандарда*) посттун бүтүшү. **5.** бүкүм, бүктөм (*кийимдин*).

kırım II: *туур. с.* ~ ~ ойсоң-ойсоң. **~ ~ kırıtmak** ойсоң-ойсоң этүү.

Kırımlı кырымдык.

kırınım *физ.* дифракция.

kırıntı 1. сынык, кесек. **2.** күкүм. **ekmek ~sı** нандын күкүмү. **3.** калдык, кагынды, мурас. **baba servetinin ~ları** ата байлыгынын калдыгы. **4.** *ооз.* кургатылган отун. **5.** таштанды.

kırış: ~ ~ бырыш-тырыш. **~ ~ yüz** бырышкан/бырыштуу жүз. **~ ~ gömlek** бырышкан-тырышкан көйнөк.

kırışık 1. бырыш (*денедеги*). **yüzünde ~ yok** бетинде бырыш жок. **2.** бырыш, тырыш. **yine ~ elbise giymiş** дагы эле бырыш көйнөк кийип алыптыр. **3.** бырышкан, бырыш баккан.

kırışıklı 1. бырыштуу, бырышкан. **2.**тырышкан.

kırışıklık,-ğı 1. бырыш. **2.** бырыштуулук.

kırışıksız 1. бырышсыз, жылма, тасырайган. **2.** бырышы/тырышы жок, үтүктөлгөн.

kırışmak 1. бырышуу, тырышуу. **2.** көңүл калтырышуу. **3.** кагыштыруу, чагыштыруу. **yumurta ~** жумуртка кагыштыруу. **4.** талашуу, мелдешүү (*бир нерсе үчүн*). **5.** соодалашуу. **6.** тең бөлүшүү.

kırışmaz бырышпас, тырышпас (*кездеме*).

kırıştırmak 1. бырыштыруу, тырыштыруу. **2.** ойноо, жүрүү (*аял*).

kırıtım, kırıtış ойсокелик, кылыктаныш, ойкушташ.

kırıtkan ойсоңдогон, ойкуштаган, кылыктанган.

kırıtmak 1. ойсоңдоо, ойкуштоо, кылыктануу. **2.** сүлкүлдөп/жамбашын чайкап басуу. **3.** кокустатуу, мертинтүү (*бутту*).

kırk, -kı 1. кырк. **2.** көп жолу. **3.** кырк (*баланын төрөлүшүнөн кийинки кырк күн*). **4.** кырк (*өлүмдүн кыркынчы күнү*). **~ kez** кырк (*көп*) жолу. **~ bir kere maşallah!** Кудай көз тийгенден сактасын! (*абдан ыраазы болгон нерсе үчүн айтылат*). **~ı çıkmak** (*баланын*) кыркы чыгуу. **~ defa** кырк жолу. **~ dereden su getirmek** кырк шылтоо айтуу. **~ fırın ekmek yemek** узун жылдар ачуу-таттууну бирге татмак. **~ kapının ipini çekmek** (*бир күндө*) бир канча үйгө кирип чыгыш. **~ları karışmış olmak** кырк күн ичинде туулган балдар. **~ından sonra azmak** кыркынан кийин кутуруш. **~ından sonra saz çalmak** карыганда бир ишке баштоо. **~ tarakta bezi olmak** бир топ иште иштөө. **~ yamalı** кырк жамактуу. **~ yılın başında** өтө сейрек. **~ yılda bir** кырк жылда бир.

kırkambar 1. миң түркүн нерсе сакталган жер/салынган буюм. **2.** *өтм.* билбегени жок (*киши*). **3.** *арго* кыдырып сатар. **4.** *дең.* ар кошкон жүк.

kırkayak, -ğı *зоол.* **1.** кыркаяк (*Julus terrestris*). **2.** чурай бити.

kırkı жуушаң кайчы.
kırkıcı кыркымчы.
kırkım кыркын.
kırkımcı кыркынчы, кыркмачы.
kırkıncı кыркынчы. ~ **kez** кыркынчы жолу.
kırklamak 1. кыркы чыгуу (*бала төрөлгөндө*). **2.** кыркы болуу (*бири өлгөндө*). **3.** кайра-кайра бир нерсени жасоо.
Kırklar *дин* кырктар (*мусулман дининдеги кырк ыйык*). **~a kavuşmak** дайынсыз жоголуу.
kırklı 1. кыркы чыккан/өткөн (*төрөлгөнүнөн/өлгөнүнөн*). **2.** кырк күн ичинде төрөлгөн (*балдар*).
kırklık, -ğı 1. кырк бөлүктөн турган. **2.** кырк жаштарында болгон. **3.** *эск.* кырктык акча. **4.** кырктык (*жаңы төрөлчү балага даярдалган көйнөк*).
kırkma 1. кыркма. **2.** көкүл. **3.** (*айбандарда*) туяктын оорусу.
kırkmak кесүү, кыркуу, кыюу, кыскартуу.
kırkmerdiven тик /өр *(жер)*.
kırlangıç,-cı 1. *зоол.* карлыгач (*Hirundo*). **2.** *мар.* тез жүрүүчү жеңил согуш кемеси. **3.** кыдырмачы көз табыбы. ~ **balığı** *зоол.* карлыгач балык. (*Trigla hirundo).* ~ **dönümü** октябрдын башы. ~ **fırtınası** апрелдин башындагы бороон.
kırlaşmak (*чачтар*) агара баштоо.
kırlık, -ğı талаа, түздүк.
kırma 1. сындырма. **2.** бүйүрмө, бүктөмө, пли (*кийимде*). **3.** талкан. **buğday ~sı** буудай талкан. **4.** *полигр.* кагазды бүктөө/каттоо (*китеп барагы үчүн*). **5.** аргын. **arap ~sı bir at** арап атынан аргындаштырылган. **6.** талкаланган, майдаланган. **7.** бүктөмө, жыйма. ~ **sandalye** бүктөмө отургуч.
kırmacı 1. *полигр.* кагаз бүктөөчү, фальцовщик. **2.** талкан сатар. **3.** тегирменчи.
kırmak,-ar 1. сындырыш, талкалаш. **kaseyi** ~ кесени талкалаш. **ekmeği** ~ нанды сындырыш. **ayağını** ~ бутун сындырып алыш. **2.** бир шекилге келтирип каттоо. **forma** ~ *полигр.* формага келтирүү (*китеп барагын*). **3.** кырыш, жок кылыш (*мис. малды*). **4.** азайтыш, төмөндөтүш, арзандатыш. **fiyat** ~ баасын арзандатыш. **itibarını** ~ аброюн түшүрүш. **rüzgârın etkisini** ~ шамалдын күчүн азайтыш. **5.** көңүл калтырыш, таарынтыш. **şerefini** ~ намысына тийиш. **hatırını** ~ кадырын түшүрүш. **6.** бүктөө, бүгүү, каттоо. **7.** буруш. **direksyonu** ~ рулду буруш. **8.** *фин.* векселди дисконт кылыш. **9.** *арго* качыш, жоголуш. **kıran kırana** өлөрчө, аябастан (*мушташуу, күрөшүү*). **kırasıya gitmek** алды-артын карабай аракет кылыш. **kırdığı koz(lar) kırkı/ bini aşmak** жасаган жаңылыштыктарынын эсеби жок. **kırıp dökmek** кыйратуу, бүлдүрүү, талкалоо. **kırıp geçirmek 1)** кыруу, жок кылуу, тукумун курут кылуу. **2)** (*бирөөнүн*) көңүлүн катуу оорутуу. **3)** (*бирөөлөрдү*) күлкүлүү сөздөрү менен боорун катыруу. **4)** маашыр кылуу, тамшандыруу.
kırmalamak 1. майдалоо, тартуу, үбөлөө. **2.** бүктөө, каттоо, бүйүрүү.
kırmalı бүйүрмөлүү, бүкмөлүү. ~ **etek** бүкмөлүү этек.
kırmız кермес, кырмыз (*кырмыз куртунан алынган кызыл боёк*). ~ **böceği** *зоол.* кырмыз курту (*Coccus ilicis*).
kırmızı 1. кызыл (*түс*). **kan ~sı** кандай кызыл. ~ **yanaklı** кызыл жүздүү. **2.** *ботаникалык, зоологиялык терминдердин тутумунда.* ~ **balık** *зоол.* кызыл балык (*Carassius carassius*). ~ **biber** *бот.* кызыл калемпир (*Capsicum annuum*). ~

doğan *зоол.* кызыл шумкар (*Circus aeruginosis*). ~ **dut** *бот.* кызыл тыт (*Morus rubra*). ~ **lâhana** кызыл капуста ~ **tilki** *зоол.* кызыл түлкү (*Vulpes vulpes*). ~ **dipli mumla davet etmek** көшөрүп/ көгөрүп (*бир нерсени*) сурануу. ~ **fener** *арго* сойкулар үйү. ~ **gömlek** жашырууга болбой турган нерсе. ~ **körlüğü** *мед.* дальтонизм.

kırmızılaşmak кызаруу, кызгылт тартуу.

kırmızılık, -ğı кызылдык.

kırmızımsı, kırmızımtırak кызгылт, кызгыч.

kırnak, -ğı 1. *эск.* күң. **2.** *ооз.* жасанган, боёнгон (*аял*). **3.** сулуу, тыкан. **4.** кылыктуу, наздуу, эркe (*аял*).

kıro *ооз.* чатак, зөөкүр, аксым.

kırpık кыркылган, четинен алынган, кесилген.

kırpıntı кесинди, айрынды, үзүндү.

kırpmak 1. кесүү, кыркуу. **2.** кесип салуу, кармап калуу, азайтуу (*мис. айлыктан*). **3.** (*көз*) кысуу. **gözünü kırpmadan 1)** көзүн ирмеп койбой. **2)** коркпостон, тайсалдабастан.

kırro *к.* **kıro.**

kırt: ~ ~ *туур. с.* кырт-кырт.

kırsal айыл/элет жери. ~ **alan/bölge** элет аймагы. ~ **nüfus** айылдыктар, элеттиктер.

kırtasiye 1. окуу куралдары. **2.** окуу куралдарын саткан дүкөн. **3.** кагаз менен жасалган ар түрдүү иштер.

kırtasiyeci 1. окуу куралдарын саткан киши. **2.** (*мамлекет иштеринде*) майдачыл, бюрократ.

kırtasiyecilik,-ği 1. окуу куралдарын сатуу иши. **2.** бюрократия, майдачылык, керексиз сактык.

kırtipil *арго* **1.** арабөк, чала-чарпыт, ишке жарабаган. **2.** кадыр- барксыз (*киши*).

kıs: ~ ~ *туур. с.* кыт-кыт (*митайым күлүш*). ~ ~ **gülmek** кыт-кыт күлүш.

kısa *ар кандай мааниде* кыска. ~ **adım** кыска адым/кадам. ~ **boylu** кыска бойлуу. ~ **dalga** *радио* кыска толкун. ~ **devre** *элек.* кыска тийиш. ~ **dönüş** кескин бурулуш. ~ **etek** кыска/мини этек. ~ **geçmek/ kesmek** ток этер жерин айтуу. ~ **görüşlü** акылы тайкы. ~ **günün kârı** жоктон көрө жогору. ~ **hece** *грам.* кыска муун. ~ **ömürlü 1)** өмүрү кыска. **2)** көпкө сакталбаган. ~ **söz** кыска сөз. **uzun sözün ~sı** узун сөздүн кыскасы. ~ **tutmak 1)** (*бир нерсени*) кыска кылып коюу. **2)** кыскача айтып бүтүрүү. ~ **ünlü** кыска үндүү. ~ **vadede** кыска мөөнөттө. ~ **vadeli** кыска мөөнөткө ылайыкталган (*мис. кредит*). ~ **yoldan 1)** кыска жолдон, көп узартпай. **2)** кескин түрдө.

kısaca 1. кыска. ~ **özeti** кыскача/ жыйынтыгы. **2.** кыскача. **~sı** кыскасы, кыскача айтканда.

kısacık кыпкыска, өтө кыска. ~ **hayatında** кыска өмүрүндө.

kısaç,-cı кычкач.

kısaçlamak кычкачтоо, кычкач менен кыпчуу.

kısalık, -ğı кыскалык.

kısalmak 1. кыскаруу. **2.** (*убакыт*) таруу. **zaman kısaldı** убакыт тарыды.

kısaltma 1. кыскартма, кичирейтме (*бир буюмду*). **2.** кыскартылган сөз, аббревиатура. **3.** кыскартылган ой/ түшүнүк.

kısaltmak 1. кыскартуу, боюнан кесүү (*бир буюмду*). **2.** кыскартуу, жыйынтыктоо (*мис. сөздү*).

kısas *эск.* кысас, азап, бирөөгө жасалган кыянатчылыктын эсеби, өч. **~a** ~ жамандыкка жамандык, кыянатка кыянат.

kısık,-ğı 1. кысылган, үзүл-кесил, пасайтылган. ~ **ateşe pişirmek**

пасайтылган отто бышыруу. **2.**кысылган (*көз*). **3.** кысылган, араң чыккан (*үн*). ~ **sesle konuşmak** үнүн кичирейтип сүйлөшүү. **4.** *геогр.* кысык, тар капчыгай. **5.** *мат.* кыскарбас.

kısıklık,-ğı 1. кысыктык, пастык (*мис. үндүн*). **2.** тардык.

kısılış кысылыш.

kısılma 1. кысылма, азайтылма, үнөмдөлмө. **masrafların ~sı** чыгымдардын кысылмасы/азайтылмасы. **2.** *физиол.* систола, жүрөктүн кысылышы.

kısılmak 1. кысылыш, басылыш, пасайыш, тарыш, азайыш. **musluğun suyu kısıldı** чоргонун суусу азайды. **2.** (*үн*) чыкпай калыш/каргылданыш. **3.** кыйын абалда калыш, аргасы түгөнүш. **4.** (*жүрөгү*) кысылыш.

kısım,-smı 1. бөлүк, үлүш. **halkın bir ~ı** элдин бир бөлүгү. **eşyanın bir ~ı** буюмдардын бир бөлүгү. **2.** *аск.* бөлүк. **büyük** ~ негизги бөлүк/күчтөр. **3.** *бир жыныстан болгон нерселердин тобу.* **çocuk ~ı** балачака. **kadın ~ı** катын-калач. **4.** бөлүм, секция. ~ ~ бөлүк-бөлүк, бөлөк-бөлөк.

kısınmak кысынуу, аянуу, үнөмдөө.

kısıntı 1. үнөм, кысынды, баш тартма. ~ **yapmak** үнөмдөө, ысырапты азайтуу. **2.** кыскартма, азайтма. **kadro ~sı** штат кыскартмасы.

kısıntılı үнөмдүү, бүйрө.

kısıntısız кысынбай, аянбай, кеңкесири.

kısır 1. кысыр, тукумсуз (*айбандар, адамдар үчүн*). **2.** берекесиз, кунарсыз (*жер*). ~ **toprak** берекесиз топурак. **3.** *өтм.* натыйжасыз, пайдасыз, жөнсүз. ~ **çalışma** пайдасыз иш. **4.** *биол.* өөрчүбөгөн, өнбөгөн, көбөйбөгөн (*клетка*). ~ **kalmak** кысыр калмак.

kısırdöngü 1. *лог.* куру айлампа (*аныктамалардын бири-бирине шилтениши*). **2.** *өтм.* натыйжасыз/пайдасыз нерселердин кайталанышы.

kısırganmak аянуу, сараңдануу.

kısırlaşmak кысырлашуу, кунары/ берекеси кетүү.

kısırlaştırma *вет.,мед.* кысырлаштырма, бычма.

kısırlaştırmak *вет.,мед.* кысырлаштыруу, бычып салуу.

kısırlık,-ğı 1. кысырлык, тукумсуздук. **2.** берекетсиздик, кунарсыздык, арыктык (*мис. жердин*).

kısıt, -tı 1. *ук.* кысым, үстүртөн көзөмөл (*соттолгон кишинин мал-мүлкүнө*). **2.** *ук.* журтташтык укуктун жоюлушу (*соттолгон кишиде*).

kısıtlamak 1. (*бирөөнү*) айрым укуктарынан ажыратуу. **2.** (*бирөөнүн*) мал-мүлкүн көзөмөл алдына алуу. **3.** *өтм.* (*бир нерсени*) чектөө, азайтуу, тарытуу.

kısıtlayıcı 1. кыскан, кыскарткан, кысмакка алган. **2.** чектелген, тарыткан. **haklarını ~ tedbirler aldılar** укуктарын чектеген чаралар алынды.

kısıtlı 1. кысымга алынган, кысылган, азайтылган. **2.** аз, өп-чап, жетер-жетпес.

kıskaç,-cı 1. кычкач, кыпчуур. **2.** *өтм.* кычкач, айлантып курчоо. ~ **içine almak** *аск.* эки жактан имерип курчоого алыш. **3.** тиш, азуу (*айрым жаныбарлардын*). **4.** кыпчуур/кычкач түрүндө болгон (*нерселер*). ~ **gözlük** пенсне.

kıskanç,-cı 1. кызганган, ичи тар. **2.** көрө албас.

kıskançlık,-ğı 1. кызганч, кызганыш, ичи тардык. **2.** көрө албастык, эрегиш. ~ **yüzünden** көрө албастыктан. **~la** ичи тардык/көрө албастык менен.

kıskandırmak (*бирөөнүн*) ичин күйгүзүү, кызгандыруу, эрегиштирүү.
kıskanmak 1. кызгануу. **karısını ~** аялын кызгануу. **2.** көрө албоо, ичи тануу. **başarılarını kıskanıyor** ийгиликтерин көрө албайт. **3.** аянуу, көп көрүү. **bir dilim ekmeğini ~** бир кесим нанын аямак. **4.** суктануу, сугу түшүү.
kıskı кыстырма, кысынты, өөн, шынаа.
kıs: ~ ~ кыт-кыт. **~ ~ gülmek** кыт-кыт гүлүү.
kıskıvrak 1. аял-буялга келтирбей, арыдан-бери. **2.** чырмап. **~ bağlamak** чырмап байлоо. **~ yakalamak** аял-буялга келтирбей колго түшүрүү.
kısmak 1. кысыш, кысмакка алыш. **2.** (*үндү*) кичирейтиш, бастатыш. **3.** (*оттуу*) басайтыш. **4.** кысыш (*көздү*). **5.** кыскартыш, тарытыш, кысыш (*белди, кемерди*). **kemeri ~** кемерди кысуу. **6.** азайтуу, үнөмдөө. **masrafları ~** коромжуну/чыгымды азайтуу.
kısmen бир/айрым бөлүк. **işi ~ bitirdik** иштин бир бөлүгүн бүтүрдүк. **~ haklısınız** айрым/кээ бир нерселерди туура айтасыз.
kısmet,-ti 1. таалай, жол, бакыт, тагдыр. **~i açık olmak** бактысы ачык болуш. **2.** (*кыз же жигит үчүн*) үйлөнүү бактысы. **3.** *сырд. с.* Кудай буюрса! балким! ким билет! **~i açık 1)** бактысы ачык. **2)** жуучусу көп (*кыз*). **~i açılmak 1)** иши оңолуу, бактысы ачылуу. **2)** жолу ачылуу (*кыздын*). **~ aramak** бактысын издөө. **~i ayağına (kadar) gelmek** бактысы аягына келмек. **~ini ayağıyla tepmek** аягына келген бактысын тебүү. **~ini bağlamak** бактысын байлап коюу (*дуба менен*). **~i bağlanmak** бактысы байланып калуу. **~ beklemek** таалайынын/бактысынын ачылышын күтүү. **~i çıkmak** бактысы/жолу ачылуу (*кыздын*). **~ değilmiş** Кудай айтпаптыр. **~ kapısı** киреше кирген жер. **~i kıt olmak** таалайы тайкы болуу. **~ine mani olmak** (*бирөөнүн*) бактысына/жолуна жолтоо/бөгөт болуу. **~ olmak** Кудай/тагдыр буюрса, насип болсо.
kısmetli таалайлуу, жолдуу, ак жолтой.
kısmetsiz 1. таалайсыз, жолу жок, кара жолтой. **2.** күйөөдөн багы жок (*кыз*).
kısmî чала, жарым-жартылай, толук эмес. **~ körlük** чала сокурлук. **~ örtme** *астр.* жарым-жартылай тутулуу (*Күн, Ай*). **~ seçim** толук эмес шайлоо.
kısrak, -ğı бээ.
kıssa *эск.* аңгеме, баян, болмуш. **~dan hisse** тамсилден чыккан сабак/тыянак. **~dan hisse almak** (*бир нерседен*) сабак алыш.
kıstak,-ğı *геогр. жарым аралды материкке байлаган ичке узун жер тилкеси.*
kıstas 1. чоң тараза. **2.** чен, өлчөм, критерий. **~ tutmak** өлчөм/критерий катары алмак.
kıstırmak 1. кыстыруу. **2.** кыпчытуу. **parmağını kapıya kıstırdı** бармагын каалгага кыпчытып алды. **3.** камоо, тосуу. **kaçanları kayalığa kıstırdılar** качкандарды зоокага камашты.
kış I кыш. **~ bastırmak** кыш кирүү. **~ buğdayı** күздүк буудай. **~ı çıkarmak 1)** кыштан чыгуу. **2)** кыш бою созулуу. **~ı etmek 1)** кышка чейин (*бир жерде*) калыш. **2)**кышка чейин созулуш. **~ı geçirmek** кыштан/кыштап чыгуу. **~ kıyamet** кыш кыяматы. **~ uykusu 1)** кыш уйкусу (*айрым айбандарда*). **2)** *өтм.* кыймылсыз/ жансыз абал.
kış II *сырд. с.* кыш! кыш! (*куштарды айдоо*).

kışın кышында, кышкысын.
kışkırtı көкүтмө, бузукулук.
kışkırtıcı 1. (*бир нерсени*) көкүткөн, чагым салган, отун тутандырган, ара бузган. ~ **davranışlar** чагым салган аракеттер. **2.** чагымчы, бузуку, көкүтүүчү, от тутандыруучу, провокатор. **savaş ~ları** согуш отун тутандыруучулар.
kışkırtıcılık,-ğı чагымчылык, бузукулук, көкүтүүчүлүк.
kışkırtma чагым, көкүтмө, ара бузма.
kışkırtmak 1. көкүтүү, чагым салуу, (*бир нерсенин*) отун тутандыруу, козгоо. **2.** (*канаттууларды*) үркүтүү, айдоо.
kışkışlamak канаттууларды "кыш-кыш" деп айдоо.
kışla 1. казарма. **2.** *ооз.* мал короо.
kışlak, -ğı 1. кыштоо. **2.** кыштак.
kışlamak I 1. кыш кирүү. **bu yıl erken kışladı** быйыл кыш эрте келди. **2.** кыштоо, кышты өткөрүү.
kışlamak II канаттууларды үркүтүү.
kışlık 1. кыштык, кышкы. ~ **giysi** кышкы кийим. **2.** кыштык (*үй*).
kıt,-tı тартыш, таңсык, аз, жетишсиз, кем. ~ **kanaat geçinmek / ~ı ~ına geçinmek** эптеп-септеп жан багуу, өлбөстүн күнүн көрүү. ~ **akıllı** кем акыл. **sözü ~ adam** көп сүйлөбөгөн киши.
kıta 1. материк, континент. **Amerika ~sı** Америка материги. **2.** бөлүм, бөлүк, кесим, аянт, аймак. **3.** *аск.* бөлүк, отряд. **hücum ~sı** чабуул коюучу бөлүк. **4.** *ад.* куплет. **5.** көлөм, өлчөм. **~sı büyük kitap** көлөмү чоң китеп. **6.** даана. **7.** *мат.* сегмент. **~lar arası** континенттер арасы. **~lar arası füze** континенттер аралык мерчемдеги ракета. ~ ~ бөлүк-бөлүк. ~ **sahanlığı** деңиздин тайыз (*200 м'ге чейинки*) түбү.
kıtaat,-tı (kıta'*нын көпт. т.)* аскердик бөлүктөр.
kıtal, -li 1. кыргын, таймаш. **2.** согуш.
kıtık,-ğı пахта/кендир буласы (*матрац, жаздык, креслолордун ичин толтурууда колдонулат*).
kıtıpyos *арго* баасыз, барксыз (*киши*), киши сөрөй.
kıtır I 1. *арго* калп, жалган. **2.** куурулган жүгөрү. ~ **atmak/yuvarlamak** *арго* калп айтуу.
kıtır II *туур. с.* кытыр, кытырак. ~ ~ **olmak** кытырак болуу. ~ ~ **kesmek 1)** кытыратып кесиш. **2)** *өтм.* жайлап/өлтүрүп салыш. ~ ~ **gülmek** кыт-кыт күлүш.
kıtırcı *арго* жалганчы, калпычы.
kıtırdamak кытыроо.
kıtırtı кытырак.
kıtlama кантты аз-аздан кертип чай ичүү. **çayı ~ içer** чайды кант тиштеп ичет.
kıtlaşmak таңсык/жок болуш, табылышы кыйындаш.
kıtlık,-ğı 1. жетишсиздик, аздык, тартыштык, кемчилдик. **mal ~ı** товар жетишсиздиги. **2.** жут, ачкачылык. ~ **yılı** жут жылы. **3.** *өтм.* сөзгө сараңдык, түнттүк. **~tan çıkmış gibi** жуттан чыккандай. **~ına kıran girmek** тартыш/таңсык болуу (*мис. бир нерсе*).
kıvam 1. кыяп, коюулук/даярдык абалы (*мис. бир суюктуктун*). **~ında** кыябында. **2.** *өтм.* (*бир нерсенин*) так маалы, кызуусу. **~ın geltirmek** учурун/ыңгайын келтирүү. **3.** тап (*мис. спортсмен же ат үчүн*). **4.** болуп/толуп/гүлдөп турган учуру. **~ını bulmak 1)** кыябын табуу. **2)** табына келтирүү.
kıvamlanmak 1. (*суюктуктар үчүн*) кыябына келүү. **2.** *өтм.* табына/кызуусуна келүү. **3.** маалы/учуру келүү.
kıvamlı кыябына/табына келген.
kıvamsız кыябына/табына келе элек.

kıvanç,-cı 1. сыймык. ~ **duymak** сыймыктануу. **2.** кубаныч, сүйүнүч, ыраазычылык. ~ **duymak** сүйүнүү, кубануу.

kıvançlı 1. сыймыктанган, шерденген. **2.** кубанычтуу, сүйүнүчтүү.

kıvanmak кубануу, сыймыктануу, ыраазы болуу.

kıvıl: ~ ~ кылкылдап (*жөнөө*).

kıvılcım 1. учкун. ~ **çakmak** учкун чачыроо. ~ **saçmak** учкун чачыш. **2.** *өтм.* жышаан, таасир. **beyninde çakan şimşeğin kıvılcımları hemen ağzından saçılır** *өтм.* мээсине тийген чагылгандай ой учкундары дароо оозунан (*сөз болуп*) чачырайт. **umut ~ı** үмүттүн шооласы. ~ **kafesi/siperi** учкун тоскуч.

kıvılcımlanmak учкун чачыратып күйүү.

kıvılcımlı учкундуу, учкун чачып күйгөн.

kıvır I: ~ ~ **1)** тармал-тармал. **saçları** ~ ~ чачтары тармал-тармал. **2)** кылтыңдаган, жылмаңдаган. ~ ~ **oynamak** сүлкүлдөп бийлеш. ~ ~ **yürümek** кылтың-кылтың этип басыш.

kıvır II: ~ **- zıvır 1)** ыпыр-сыпыр. **2)**аки-чүкү, чоо-жай.

kıvırcık 1. тармал. ~ **saç** тармал чач. **2.**тармал жүндүү кой (*койдун өзгөчө түрү*). **3.** *бот.* быжыгыр салат (*Lactuca capitata*).

kıvırmak 1. түрүү, түйүү, тоголоктоо, толгоо. **kuyruğunu** ~ куйругун түйүү. **2.** тармалдатуу. **saçlarını** ~ чачтарын тармалдатуу. **3.** бүгүү, каттоо. **çarşafın kenarlarını kıvırdı** шейшептин четтерин бүктү. **4.** кылакташ, чайкаш (*мис. жамбашты*). **kıvıra kıvıra oynadı** жамбаштарын чайкап бийледи. **5.** бүтүрүп/мойсоп салыш, колунан келиш. **bir tencere çorbayı bir oturuşta kıvırdı** бир ичкенде бир мискей сорпону бир ичип салды. **6.** оозун көптүрүү, апыртуу, жалган сүйлөө. **yalanlar** ~ калп айтуу. **7.** бурулуу. **araba sola kıvırdı** машине солго бурулду. **8.** көздөн кайым болуу, качып жоголуу.

kıvrak 1. толгонгон, түрүлгөн, чыйратылган. **2.** бүгүлгөн, катталган. **3.** шайдоот, шамдагай, чапчаң, чыйрак. **4.** зээндүү, жатык тилдүү, элпек. ~ **bir anlatım** элпек баяндама. **5.** аялдардын жука чапаны. **6.** *ооз.* шашма. **7.** *ооз.* келишкен, жарашыктуу кийинген, тыкан.

kıvrakça чапчаңдык/шамдагайлык менен.

kıvraklık, -ğı 1. чапчаңдык, чыйрактык, шамдагайлык. **2.** жатык/элпек тилдүүлүк (*жазууда жана сүйлөөдө*). **3.** наздуулук, ойсокелик. **4.** иреттүүлүк, кылдаттык, тыкандык..

kıvramak 1. тоголоктошуп/түйдөктөшүп/чатышып калыш. **iplik kıvramış** жип чатышып калыптыр. **2.** бат басыш. **3.** аракетке киришиш.

kıvranmak 1. кыйналыш, кыйынчылык тартыш, чабалакташ. **sancı çeken kadın kıvranmaya başladı** толгоо тарткан аял чабалактай баштады. **2.** *өтм.* азап тартыш, жаны/зээни кейиш. **3.** *өтм.* бир нерсеге катуу муктаж болуш. **yoksulluk içinde kıvranıyordu** жокчулук ичинде айласы кетип турган.

kıvrık 1. чыйратылган. ~ **bıyıklar** чыйратылган муруттар. **2.** бүгүлгөн, бүктөлгөн, ичине кайрылган. **3.** бүктөм, кайырма (*кийимде*).

kıvrıklık, -ğı тармалдык.

kıvrılma 1. бүгүлмө, бүктөлмө. **2.** *геол.* жер кыртышынын катталышы.

kıvrılmak 1. бүгүлүү, бүктөлүү, катталуу. **2.** тармалдануу, толкундануу. **3.** түйүлүү, түйдөктөшүү, түрмөктөшүү. **4.** бүрүшүп/оролуп жатуу. **5.** бурулуп кетүү.

kıvrım 1. уюлгуган, айланган, удургуган. ~ ~ **1)** тармал-тармал, түрмөктөлгөн. **duman ~ ~ kaynıyordu** туман удургуп көтөрүлүп келатты. **2.** чабалактап, жан талашып. **3.**бүгүм, бүктөм. **4.** *анат.* мээнин бырыштары. **5.** *геол.* катмар, каттам (*мис. тоонун*).

kıvrımlanmak катталышуу, бүгүлүү.

kıvrımlı 1. бүктөмү/каттамы бар. **2.** уюлгуган, түрмөктөшкөн. **3.** *геол.* катталышкан, катмарлуу.

kıvrıntı 1. каттам, бүктөм, кайрылган жер. **2.** бурулуш. **yolun ~sında** жолдун бурулушунда.

kıya кылмыш.

kıyacı кылмышкер, киши өлтүргүч.

kıyafet, -ti 1. тышкы көрүнүш, кебете. ~ **düşkünü 1)** кийими начар/жупуну. **2)** кийимдин артынан түшкөн. **2.** расмий кийим, форма. **postacı ~ındeki kimse** почточу формасын кийген бирөө. **3.** өзгөчө кийим, костюм. ~ **balosu** костюмдар баллы.

kıyafetli 1. кийимчен, кийинген, көрүнүшүндөгү. **asker ~** аскер кийимчен. **2.** жакшы кийинген.

kıyafetname 1. бир өлкөнүн/бир доордун кийимдерин баяндаган китеп. **2.** кийимге карап кишиге баа берүү маалыматын берген китеп.

kıyafetsiz кийими начар.

kıyak 1. *арго* мыкты, жараган, келишкен, сонун, укмуш. ~ **bir söz** сонун сөз. ~ **bir delikanlı** келишкен жигит. **2.** *ооз.* таш боор, заалим, зуулум. ~ **kaçmak** *арго* туура болуу, төп келүү, орундуу болуу.

kıyakçı *арго* тобокелчи (*кумарда*).

kıyam *эск.* **1.** ордунан туруу, өйдө болуу. **2.** бир ишке баштоо/киришүү. **3.** көтөрүлүү, баш көтөрүү. **4.** (*Ислам ынанчында*) өлүмдөн кийин кайра тирилиш. **5.** (*намазда*) өйдө туруш.

kıyamet, -ti 1. кыямат, дүйнөнүн соңу. ~ **günü** кыямат күнү, сурак күнү. **2.** *өтм.* ызы-чуу, тополоң, дүрбөлөң. ~ **alâmeti 1)** кыяматтын белгиси/жышаанасы. **2)** замандын начар жактары. ~ **gibi/kadar** аябай көп, эбегейсиз. **~e kadar** кыяматтык, кыяматка чейин. **~e kalmak** кыяматка калуу (*аягы көрүнбөгөн иш тууралуу*). **~leri koparmak** ызы-чуу түшүрүү, жаңжал салуу. ~ **kopmak 1)** кыямат күнү келүү. **2)** чатак/ жаңжал чыгуу.

kıyas 1. салыштыруу, теңештирүү. **~la** салыштырып/теңештирип караганда, салыштырганда, теңештиргенде. **~tan hariç** салыштырып/теңештирип болбойт. **2.** окшоштуруу, тууроо, өрнөк алуу. **3.** *лог.* силлогизм. *сал.* **tasım.** ~ **etmek** салыштыруу.

kıyasıya өлөрчө, аябай. ~ **dövüşmek** өлөрчө мушташуу.

kıyasî 1. эрежеси/жолу/тартиби менен жасалган. **2.** *лог.* окшош, бирдей, окшоштукка негизделген. **3.** *грам.* туура, регулярдуу (*этиш*).

kıyaslama салыштырма, теңештирме.

kıyaslamak салыштыруу, теңештирүү.

kıydırmak 1. кыйдыруу, кестирүү. **2.** өлтүртүү, көзүн тазалатуу. **3.: nikah ~** нике кыйдыруу.

kıyı 1. жээк, жака, кылаа. **deniz ~sı** деңиз жээги. **~da gazinolar var** жээкте казинолар бар. ~ **boyu çisgisi** деңиз жакасындагы тилке. **2.** чет, уч, кыр. **tepsinin ~sı** көмөштандын кыры. **yolun ~sı** жолдун чети. **3.** *өтм.* ээн/жымжырт жер. **~ya atmak** жээкке сүрүп чыгаруу. **~da bucakta/ köşede** буйтка/көздөн далдоо жерде. **~ya çıkmak** жээкке чыгыш. ~ **çulluğu** *зоол.* жээк чулдугу (*Limosa lopponica*). **~dan gitmek** жээк бойлоп жүрүү. ~ **kırlangıcı** *зоол.* талаа карлыгачы

(*Sterna paradisaea*). **~dan ~dan** узактан, алыстан. ~ **suları** жээк суулары.

kıyıcı I 1. кыйган (*мис. отунду, тамеки сотосун ж. б.*). **2.** таш боор, заалим, аёсуз. *сал.* **zalim.**

kıyıcı II 1. *тар.* жээк сүрүндүлөрүн чогултkан киши. **2.** жээкте жашаган балыкчы.

kıyıcılık,-ğı таш боордук, заалимдик. ~ **etmek** таш боордук кылуу.

kıyık I, -ğı кыйык.

kıyık II, -ğı темене.

kıyılamak кылаалоо, жээктөө.

kıyılmak 1. кыйылуу, майда-майда тууралуу. **et kıyıldı** эт тууралды. **2.** кыйып кетүү. **paraya kıyamadı** акчаны кыя албады. **3.** алсыроо, чарчап-чалыгуу. **açlıktan içim kıyılıyor** ачкалыктан ичим кабышты.

kıyım 1. кесим, туурам, тууралыш. **tütün ~ı iri olmuş** тамекинин туурамы ири болуп калыптыр. **2.** туурoo/кесүү шекили. **ince** ~ жука/ичке тууроо. **iri** ~ ири/жоон тууроо. **3.** бир жолкуда тууралган өлчөм. **4.** мыйзамсыздык, өзүмбилемдик. ~ ~ ичке-ичке, жука-жука. **iri ~ adam** сөөк-саактуу киши.

kıyımlı тууралган, кесилген. **ince** ~ ичке/жука тууралган.

kıyın эзүү, басмырлоо, запкы көргөзүү.

kıyınmak 1. жаны жер тартуу, денеси оорлошуу. **2.** өзөрүү, ачка болуу. **midem kıyındı** ашказаным ачышты.

kıyıntı 1. тууранды, кесинди, чамынды. **tahta ~sı** тактайдын чамындысы. **2.** алсыздык, дененин оордошу. **3.** *мед.* ашказандын жыйрылышы (*ачкалыктан*).

kıyış туураш, кесиш.

kıyısal жээкке/бойго тиешелүү.

kıyışmak 1. макулдашуу, келишүү, убадалашуу. **2.** күч сынашуу, теңтайлашуу, бой өлчөшүү. **sen onunla kıyışamazsın** сен ага тең келе албайсың. **3.** (*бир нерсеге*) бел байлоо, чымыркануу.

kıyma 1. кыйма, туурама, кесме. **2.** тууралган эт, фарш. ~ **tahtası** эт тууралган тактай. **et** ~ **makinesi** эт туурагыч машине. **3.** майда куурдак.

kıymak, -ar 1. кыйыш, кесиш, туураш. **kıyık** ~ кыйык кесиш. **et** ~ эт туураш. **tütün** ~ тамеки туураш. **2.** кыйып салуу, аябоо. **parasına kıyamıyor** акчасын кыя албай турат. **3.** *өтм.* аёсуз өлтүрүү. **yavruma nasıl kıydılar?** кулунума кантип колдору барды? **4.** макулдашуу, келишим түзүү, каттоо. **nikah** ~ ника кыюу.

kıymalı ичинде тууралган эти (*фаршы*) бар.

kıymalık,-ğı туураганга ылайык (*мис. эт*).

kıymet,-ti 1. баа, нарк. **~i biçilmez** баасы бычылбас. **2.** барк, кыймат. ~ **artışı** баа артышы/көтөрүлүшү. ~ **biçmek** баа бычуу. **~ini bilmek** баасын/ баркын билиш, кадырына жетиш. **~ten düşmek** наркы түшүү, баасы төмөндөө. ~ **koymak/takdir etmek** баалоо, баа бычуу. **~i olmak** баалуу болуу. ~ **vermek** барктоо, баалоо, баа берүү.

kıymetlenmek 1. баасы көтөрүлүү, бааланuу. **2.** баркы көтөрүлүү, кадыр-баркы артуу.

kıymetli 1. баалуу, кымбат. ~ **eşya** баалуу буюм. **2.** барктуу, кадырлуу, ардактуу. ~ **bir bilim adamı** ардактуу/ барктуу илимпоз. ~ **evrak** баалуу кагаз/документ.

kıymetsiz 1. баасы жок. **2.** баркы жок.

kıymık,-ğı кыпын, тикен, чөңөр. **eline** ~ **battı** колуна чөңөр кирди. **gözüme** ~ **kaçtı** көзүмө кыпын түштү.

kıymıklı тикендүү, чөңөрлүү.

kıytırık *арго* одоно, эптеп-септеп жа-

салган, жупуну.

kıyye *эск. салмак бирдиги* (*1300 граммга жакын*).

kız 1. кыз. ~ **arkadaş 1)** теңтуш кыз. **2)** сүйлөшкөн кыз. **genç** ~ бойго жеткен кыз, селки. **ihtiyar** ~ кары/кара далы кыз. **2.** кыз бала. ~ **çocuk** кыз бала. **dört ~ı var** төрт кызы бар. **3.** кызым (*кайрылуу сөзү*). **müdüre bağlar mısın kızım** директорго байланыштырып койчу, кызым. **4.** дама (*карта оюнунда*). **karo ~ı** момун дама. **~lar ağası** (*султан гареминде*) бычмал эркек. ~ **alıp vermek** кыз алышуу. ~ **almak** кыз (*келин*) алуу. **~ı baştan çıkarmak** кыздын башын айлантуу, кызды алдап кетүү. ~ **böceği** *зоол.* жалпак ийнелик (*Libellula depressa*). ~ **evi** кыздын үйү, кызы бар үй. ~ **evlât** кыз бала. ~ **gibi 1)** кыздай (*назик, сылык, уялчаак*). **2)** таза, жаңы. ~ **gibi araba** жапжаңы машина. ~ **istemek** кыздын колун сурап барыш, жуучу түшүш. ~ **kaçırmak** кыз ала качыш. ~ **kardeş** карындаш/сиңди. **~ı kısrağı** кыз-кыркыны. ~ **kızan** бала-чака. ~ **kuşu** *зоол.*ызгыт (*Vanellus vanellus*). ~ **lisesi** кыздар лицейи. ~ **oğlan** ~ аруу кыз. ~ **tarafı** кыз жак (*күйөө жак каршысында*). ~ **vermek** кыз бериш/чыгарыш. **anasına bak, ~ını al, kenarına bak bezini al** *мак.* энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт. **~ım sana söylüyorum, gelinim sen anla** *мак.* керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук.

kızak,-ğı 1. чана. ~ **arabası** араба/чана. ~ **kaymak/yapmak** чана тебүү. **2.** *деңз.* чана (*үстүндө кеме жасалган/оңдолгон же түшүрүлүп/ чыгарылган жай*). **3.** *тех.* рама, такооч. **motor ~ı** мотор алды рама. **~a çekmek 1)** кемени текшерүү/оңдоо үчүн чанага чыгармак. **2)** *өтм.* (*бирөөнү*) ишинен төмөндөтмөк.

kızaklamak *тех.* тормозу иштебей калуу, тайгалануу (*мис. машинени ж. б.*).

kızaklık, -ğı *архит.* полдун тирөөч-төрү.

kızamık, -ğı *мед.* кызамык. ~ **çıkarmak/olmak** кызамык чыгуу.

kızamıkçık, -ğı *мед.* кызылча (*оору*).

kızan I *ооз.* **1.** эркек бала. **2.** дөөгүрсүгөн/көпкөн жигит. **3.** бала-бакыра.

kızan II *ооз.* айбандардын куут маалы. **~a gelmek** (*ургаачы айбандар*) күүгө келмек.

kızarık,-ğı кызарып калган (*жер*). ~ **gözler** кызарган көздөр.

kızarıklık,-ğı кызарма, кызарган жер. **kolunda biraz ~ var** колунда бир аз кызарган жери бар.

kızarış кызарыш.

kızarma кызарма.

kızarmak 1. кызаруу, албыруу. **yüzü kızardı** жүзү кызарды. **2.** кызарып бышуу (*жашылча, жемиштер*). **domatesler kızardı** помидорлор кызарды. **3.** куурулуу. **etler iyice kızarınca su koyulur** эттер жакшы куурулган кезде суу куюлат. **kızarıp bozarmak** бир кызарып, бир бозоруу.

kızartı кызгылтым, кызгыч тарткан (*жер, нур*).

kızartma 1. кызартма, кызыл түс берме. **2.** куурма, майга куурулуп жасалган (*тамак*). **patlıcan ~sı** куурулган баклажан. **kabak ~sı** куурулган кабак.

kızartmak 1. кызартуу, кызыл түс берүү. **2. : yüzünü** ~ уят кылуу, бетин кызартуу. **3.** майга кууруп бышыруу.

kızdırmak 1. ысытуу, кызытуу, кызаргыча отко кармоо. **2.** *өтм.* (*бирөө-*

нүн) ачуусун/жинин келтирүү.

kızgın 1. кызыган, ысытылып кызартылган (*металл, май*). ~ **yağ** кызыган май. **2.** ысык, кайнаган, куйлаган. ~ **kum** ысык кум. ~ **güneş** кайнаган күн. **3.** *өтм.* ачуулуу, жинденген, кызаңдаган. ~ **baba** ачуулуу ата. ~ **bakış** ачуулуу көз караш. ~ ~ кызыраңдап, жинденип. ~ ~ **bakıyor** жинденип карайт. **4.** күүгө келген (*айбан*). ~ **bulut** *геол.* вулкандан көтөрүлгөн булут.

kızgınlaşmak кызаңдоо, жинденүү, ачууланууу.

kızgınlık,-ğı 1. ысытылган/кызытылган абал. **2.** *өтм.* ачууланган/жинденген абал. **3.** күүгө келген учур (*айбандардын*).

kızıl 1. кызыл (*түс*). ~ **boya** кызыл боёк (*тамырдан алынат*). ~ **ışık** кызыл нур. ~ **saç** кызыл түстүү чач. **2.***өтм.* кызыл, коммунист, революциячыл. **Kızıl Ordu** Кызыл Армия. **3.** кызылдай, ашкере, өтө, накта. ~ **cahil** кызылдай дөдөй. ~ **deli** кызылдай жинди. **4.** *мед.* скарлатина. **5.** *ооз.* алтын. **~a çalmak** кызгылтым тартуу. ~ **kıyamet koparmak** кызыл кыргын салмак.

kızılağaç, -cı *бот.* кызыл жыгач (*Alnus*).

kızılaltı, -nı *физ.* инфракызыл.

Kızılay Кызыл Ай (*коому*).

Kızılbaş *мус.* кызылбаш, шиит.

kızılca 1. кызгыч, кызгылт. **2.** кызыл буудай. ~ **kıyamet** кызыл кыргын, ызы-чуу, чатак, жаңжал. ~ **kıyamet koparmak** кызыл кыргын салыш.

kızılcık, -ğı (~ ağacı) *бот.* кызыл дарагы (*Cornus mas*). ~ **sopası** кызыл дарак бутагынан жасалган таяк. ~ **sopası yemek** таяк жемек.

Kızıldeniz Кызыл Деңиз.

Kızılderili жергиликтүү америкалык, кызыл терилүү.

Kızılelma 1. *Османлылар тарабынан Рим жана Вена шаарларына берилген ат.* **2.** *дүйнө жүзүндөгү түрктөрдү баш коштуруп, бир чоң императорлук куруу жөнүндөгү идея.*

Kızılhaç Кызыл Крест.

kızılısı жай саратаны (*июлдун экинчи жарымы*).

kızılkanat,-dı *зоол.* кызыл канат (*Scardinius erythrophthalmus*).

kızılkurt,-du кызыл курт (*ат, эшектердин ичегисинде жолуккан мите*).

kızıllaşmak кызыл тартуу, кызыл түс алуу, кызаруу.

kızıllık,-ğı 1. кызылтым түс, нур. **2.** таң, таң шооласы, кызыл күүгүм. **akşam ~ında** кызыл күүгүмдө. **bir sabah ~ında** бир күн таң кызарып атканда. **3.** кызыл упа түрү. **4.** *ооз.* скарлатина.

kızılmak кызаңдоо, жини/ачуусу келүү.

kızılötesi, -ni *к.* **kızılaltı.**

kızılşap, -bı ачык кызгылт көк.

kızıltı кызгылтым нур, алоо.

kızılyaprak,-ğı *бот.* кызыл жалбырак (*Agrimonia eupatorium*).

kızılyara *мед.* чыйкан түрү.

kızılyörük *мед.* тилме, кыйма (*бет кызарып, дененини ар жери шишиген жугуштуу оору*).

kızışık,-ğı 1. жинденген, каарданган, албууттанган. **2.** катуу, кызуу.

kızışmak 1. кызып кетүү, алоолонуу, күчөө. **güreş gittikçe kızıştı** күрөш барган сайын кызыды. **işler birden kızıştı** иштер дароо кызыды. **2.** ысуу, кызуу. **3.** *өтм.* кызуу, алоолонуу, күчөө. **politik münakaşalar kızıştı** саясий талаш-тартыштар кызыды. **4.** (*айбандар үчүн*) күүгө келүү.

kızıştırmak 1. козгоо, алоолондуруу, күчөтүү, жалындатуу (*мис. от-*

ту). **2.** *өтм.* козгоо, күчөтүү, алоолондуруу, ырбатуу (*мис. чатакты, согушту ж. б.*). **3.***өтм.* жандандыруу, кызытуу, дем/кайрат берүү (*мис. бир ишке*).

kızlık,-ğı 1. кыздык белги. **2.** кыз кез/чак. **~ soyadı** кыз кезиндеги фамилиясы. **3.** *ооз.* өгөй кыз. **~ını bozmak** кыздыгын алуу. **~ zarı** *анат.* кыздык белгиси/чели.

kızmak 1. кызуу, ысып чыгуу. **demir kızdı** темир кызыды. **2.** ачуусу/жини келүү, каардануу, жаалдануу. **oğluma kızıyordum** уулума жиним келди. **3.** (*айбандар үчүн*) күүгө келүү. **4.** (*ургаачы куштар үчүн*) күрп болуу.

kızmemesi,-ni 1. кыз эмчек (*лимон, шабдалы түрлөрү*). **2.** грейпфрут.

ki *багыныңкы сүйлөмдөрдү байланыштырган байл.* **1.** деп, дейсиң. **duydum ~ satılmış** сатылып кетти деп уктум. **öyle koşar ~ arkasından kurşun yetişemez** ушунчалык (*катуу*) чуркайт дейсиң, аркасынан ок жетпейт. **2.** турган, ... – дай. **bir söz söylendi ~ kimse itiraz edemezdi** эч ким каршы чыкпай турган бир сөз сүйлөндү. **3.** *сүйлөмдүн айрым мүчөлөрүнө басым жасап күчөтүп көргөзөт.* **bir adam ~ söz dinlemez** сөз уга турган киши эмес. **o yerden ~ herkes kaçar, sen de kaç** элдин баары качкан ал жерден сен да кач. **4.** *биринчи сүйлөмдөгү аракеттин күтүлбөгөн жагдайга туш келгенин көргөзөт.* **gözlerimi açtım ~ hastanedeyim!** көздөрүмү ачсам, ооруканада жатам! **elime aldım ~ sıcacık** колума алсам, ыпысык. **5.** *–са, эле, да байламталары сыяктуу карама-каршы маанидеги сүйлөмдөрдү байланыштырат.* **hiç bir şey söylemedi ~ küseyim** эч нерсе сүйлөбөсө эле таарына беремби. **âlemin ağzı torba değil ~ büzesin** элдин оозу баштык эмес да байлап койгудай. **6.** *нааразычылык билдирүү үчүн сүйлөмдүн аягына коюлат.* **o hiçbir zaman annesini düşünmez ~!** ал эч качан энесини ойлоп койбойт эмеспи! **7.** *караганда, көрө байламталары сыяктуу, себеп багыныңкы сүйлөмдөрүн уюштурат.* **evdekiler hâlâ duymamış olmalılar ~ daha aramadılar** үйдөгүлөр чалбаганына караганда, алигиче угуша элек болуш керек. **8.** дейсиң (*күчөтүү иретинде*). **bize öyle bir hoş saatler yaşattı ~!** бизди бир жыргатты дейсиң! **o kadar çalışkan ~!** ушунчалык мээнеткеч дейсиң! **bir vurdu ~!** бир коюп калды дейсиң! **9.** *киринди сүйлөмдү негизги сүйлөмгө байлайт:* эмеспи. **bir gelişinde - ~ o her zaman eve geç gelir-...** бир келишинде, ал дайыма үйгө кеч келет эмеспи... **10.** *суроолуу сүйлөмдүн аягына келип, шектенүү, күдүктөнүү билдирет.* **acaba, bana cevap verir mi ~?** мага жооп берер бекен? **bunu ona sorsam mı ~?** муну андан сурасам эмне болор экен? **11.** *сүйлөмдүн аягына келип, ага таңдануу, кыжырдашуу, күйгүлтүк сыяктуу сезимдерди катат:* да. **ben yapmadım ~!** мен кылган жокмун го! **bilmem ~!** кайдан билейин! **çocuk değilim ~!** бала эмесмин да! **elbette ~!** ананчы! антпегендечи! **elbette ~ hayır** албетте, жок. **ona güvenilmez ~** ага ишенип болбойт да. **12.** *төл жана бөтөн сөздү байланыштырат.* **annem derdi ~ siz de büyüyeceksiniz, adam olacaksınız.** апам: "силер да чоңоёсуңар, адам болосуңар" дечү. **13.** *айрым сөздөргө жалганып, модал сөздөр жасайт*: **belki** балким, **çünkü** ант-

кени, **halbuki** чыныгында, **mademki** андай болгон соң, **sanki** ... –дай, кудум.

kibar 1. сылык, назик, сыпайы. ~ **konuşmak** назик сүйлөө. ~ **adam** сылык киши. **2.** жарашыктуу, келишимдүү, тыкан, көрктүү. ~ **giyim** жарашыктуу кийим. ~ **eşya** көрктүү буюм. **3.** тектүү, асылзаада. ~ **bir aile** тектүү үй-бүлө. **4.***эск.* улуулар, чоңдор. ~ **düşkünü** байлыгынан/кадыр-баркынан ажыраган киши. ~ **mı** ~ **1)** сылыктын сылыгы. **2)** тектүүнүн тектүүсү.

kibarane *к.* **kibarca.**

kibarca сылык/назик түрдө, сыпайылык менен. ~ **reddetti** сылык түрдө четке какты.

kibarlaşmak сылык/назик болуп чыгуу.

kibarlık,-ğı 1. сылыктык, назиктик, сыпайылык, жөнбилгилик. ~ **göstermek** сылыктык көргөзүү. **2.** тектүүлүк, асылзаадалык. **3.** керсегейлик, көтөрүлгөндүк. **üstünden/ parçalarından ~ akmak** ашкере сыпайылык/сылыктык. ~ **budalası** сылык/сыпайы сөрөй. ~ **düşkünü** сылыксынган/сыпайсынган (*киши*). ~ **etmek** сылыктык/назиктик кылуу. ~ **taslamak** сылыксынуу, назик көрүнүү. **~ı tutmak** сыпайыгерчилиги кармай калуу.

kibernetik кибернетика.

kibir,-bri 1. *эск.* улуулук, кадырмандык. **2.** көтөрүлүш, менменсениш, чоңсунуш. **3.** намыс, сыймык. **~ine dokunmak** намысына тийүү. **~ine yedirememek** намысы жол бербөө.

kibirlenmek бой/мурдун көтөрүү, кекирейүү, кыйынсынуу, чоңсунуу.

kibirli бой көтөргөн, кекирейген, кыйынсынган.

kibrit, -ti 1. ширеңке. ~ **başı** ширеңкенин башы. ~ **çakmak** ширеңке чагуу. ~ **kutusu** ширеңке кутусу. **2.** *хим.* күкүрт. ~ **suyu** күкүрт кислотасы. **köküne ~ suyu dökmek** тамырын курутуу, таптакыр жок кылуу.

kibritçi 1. ширеңке саткан киши. **2.** *ооз.* сараң.

kifayet,-ti 1. жеткиликтүүлүк, толуктук. **2.** жөндөм, шык, чебердик, адистик. ~ **etmek 1)** жетишерлик болмок. **2)** жөндөмдүү/шыктуу/ компетенттүү болмок.

kifayetli 1. жетишерлик. **2.** жөндөмдүү, шыктуу, компетенттүү.

kifayetsiz 1. жетишерлик эмес, өп-чап. **2.** жөндөмсүз, шыксыз, компетентсиз.

kik, -ki жарыш кайыгы.

kikirik,-ği 1. шырыктай узун арык (*киши*). **2.** *ооз.* арахис.

kil ылай, чопо.

kile киле (*куюлма нерселерди өлчөөчү бирдик ≈ 40 л.*). **bir ~ buğday** бир киле буудай.

kiler 1. азык-түлүк кампасы. **2.** амбар, депо.

kilerci *эск.* (*сарайларда*) кампачы.

kilim шалча, палас.

kilimci шалча жасаган/саткан киши.

kilise 1. чиркөө, собор. **2.** чиркөө (*уюм*). **Katolik ~si** католик чиркөөсү. **Ortodoks ~si** православие чиркөөсү.

kilit,-di 1. кулпу. ~ **ağızlığı** кулпунун оозу/тешиги. ~ **dili** кулпунун тили. **2.** *дең. жарым айлана түрүндөгү бекиткич темир.* **3.** *ооз.* (*аттарда*) кашка. **4.** *өтм.* ачкыч. ~ **noktası** бурулуш чекити, ачкыч абал. ~ **altında** *өтм.* жашыруун, жабык, тымызын. ~ **altına almak** кулпулап/ жашырып коюу. **(ağzı) ~ gibi** оозу бекем, сырга бек. ~ **gibi olmak** өтө ынак болуу, бири-биринен айрылбоо. ~ **kürek olmak** (*бир жердин*) сакчысы/таянычы болуу. ~ **taşı** *архит.* кулпу таш. ~

vurmak 1) эшигин кулпулоо. **2)**(*бир ишти*) жаап салуу.
kilitçi кулпу устасы.
kilitlemek 1. кулпу салуу/бекитүү. **2.**(*бирөөнү/бир нерсени*) камап/бекитип коюу. **çocuğu üst kata kilitlemişler** баланы үстүңкү кабатка бекитип салышыптыр. **3.** аштоо, илиштирүү, чиркештирүү (*мис. вагондорду бири-бирине*). **4.** *өтм.* туткактоо, мыкчып кармоо, сыгуу.
kilitlenmek 1. кулпулануу, бекитилүү. **2.** карышып/туттугуп/тиштигип калуу. **çeneleri kilitlendi** жаактары карышты.
kilitli 1. кулпулуу, кулпуланган, бек, жабык. **kapı ~ idi** эшик кулпуланган/бек болчу. **2.** кулпусу бар. **~ bavul** кулпусу бар чемодан. **3.**чиркештирилген, ашталган. **4.**камалуу, бекитилүү. **içeride ~ kalmışlar** ичкериде камалып калышыптыр.
kilitsiz 1. кулпусуз, кулпусу жок. **2.** кулпуланбаган, бекитилбеген.
kiliz камыш.
killi ылайлуу, чополуу.
kilo 1. кило, килограмм. **2.** эт, салмак. **~ almak** эт алуу, эттенүү, семирүү. **~ vermek** салмагы азаюу, арыктоо.
kiloamper *физ.* килоампер.
kilogram килограмм.
kilohertz *физ.* килогерц.
kilokalori килокалория.
kiloluk бир килолук/литрдик. **~ şişe** бир литрлик шише.
kilometre километр. **~ kare** чарчы километр. **~ küp** куб километр. **~ saat/sayacı 1)** спидометр. **2)** таксиметр. **~ taşı** километр көрсөткөн мамыча.
kiloton миң тонналык.
kilovat,-tı *элек.* киловатт. **~ saat** киловатт-саат.
kilovolt, -tu киловольт.
kim I ким, кайсы. **~in** кимдин. **~imiz** кимибиз, кайсыбыз. **~iniz** кимиңер. **~isi** кимиси. **~inle** ким менен. **~ bilir** ким билет. **… ~, … ~** ... ким, ... ким. **o ~, dürüstlük ~** ал ким, чынчылдык ким (*чынчылдыктан айланабы*). **~ ~e dum duma** кимди ким билди, Быржыбайды там басты. **~i kimsesi** эмнеси/кандай тууганы. **~i kimsesi olmamak** эч кимиси/жакыны болбоо. **~e ne?** кимдин эмне иши бар? **~in nesi?** кимдин эмнеси? эмне болгон киши? **~(dir) o?** ким экен? ким ал? **~ olursa olsun** ким болсо, ал болсун; ким болсо да. **(sen) ~ oluyorsun?** сен ким экенсиң? **~ vurduya gitmek** ким көрдү кылып салуу. **~in arabasına binerse, onun türküsünü çağırır** *мак.* кимин жерин жердесең, ошонун ырын ырда. **~i köprü bulamaz geçmeye, ~i su bulamaz içmeye** *мак.* бири кечерге кечүү таппайт, бири ичерге суу таппайт.
kim II *к.* **ki. Allah ~ dünyaları yaratmıştır…** дүйнөнү жараткан Аллаа эмеспи...
kimi 1. кээси, кээ бири/бирөөлөр, айрымдары. **~ buna şaşırmaz bile** кээ бирөөлөр буга таң калбайт деле. **2.** бири, бирөө. **~ geliyor, ~ gidiyor** бири келип атат, бири кетип атат. **~ kimsesi** тууган-туушканы, жакыны. **~ zaman** кай/кээ бирде. **~ zaman toplanıp eğlendiğimiz oluyor** кээ бирде чогулуп көңүл ачабыз.
kimlik,-ği 1. кимдик, (*бирөөнүн*) аты-жөнү, дайны. **~i belirsiz bir kişi** аты-жөнү белгисиз бир киши. **2.** кимдик, күбөлүк, документ. **~ belgesi/cüzdanı** кимдиги, күбөлүгү.
kimono кимоно.
kimse 1. бирөө, кимдир бирөө. **~ler** кай бирөөлөр. **~den ~ye hayır gelmez** бирөөнөн бирөөнө кайыр келбейт. **2.** (*тангыч этиштер менен*) эч ким, эч бирөө. **~si yok** эч кимиси

жок. **odada ~ yoktu** бөлмөдө эч ким жок эле. **~ kendi memleketinde peygamber olmaz** эч ким өз жеринде пайгамбар боло албайт.

kimsecik эч бир жан, кыбыр эткен жан. **~ler bir şey duymaz** жан киши укпайт.

kimsesiz 1. эч кимиси жок, томолой, жападан жалгыз. **~ çocuk** эч кимиси жок бала. **2.** ээн, бош. **~ sokak** ээн көчө.

kimsesizlik,-ği 1. жалгыздык, жетимдик. **2.** ээндик, боштук.

kimya 1. химия. **organik ~** органикалык химия. **tahlilî ~** аналитикалык химия. **tatbikî ~** колдонмо химия. **~ endüstrisi** химия өнөр жайы. **2.** *арго* баалуу буюм, таңсык/колго тийбеген нерсе. **bu ~ değil ya, olmasa da olur** бул табылбаган нерсе эмес го, ансыз деле болот. **~ göçümü** *биол.* химиотаксис.

kimyacı 1. химик. **2.** химия мугалими.

kimyager *к.* **kimyacı.**

kimyalaştırma химиялаштырма.

kimyasal химиялык. **~ bileşim** *биол.* хемосинтез. **~ eleman** химиялык элемент. **~ enerji** химиялык энергия. **~ fonksiyon** химиялык функция. **~ madde** химиялык зат.

kimyevî *к.* **kimyasal.**

kimyon *бот.* зире (*Cuminum cyminum*).

kimyonî 1. күрөңгө чалган жашыл түс. **2.** *өтм.* суук (*мамилелер*).

kimyonlu зире кошулган, зирелүү (*тамак түрү*).

kin кек, кастык, өч. **~ bağlamak/beslemek/gütmek/tutmak** кек сактоо, жек көрүү, өч алгысы келүү.

kinaye 1. кыйытып айтылган / каймана сөз. **~ atmak** кыйытып айтуу, четин чыгаруу. **2.** мыскыл, кекээр. **~ ile söylemek** кекээрлеп айтыш. **3.** *ад.* метонимия.

kinayeli 1.кыйытып/каймана айтылган. **2.**мыскылдуу, кекээрдүү. **3.** *ад.* метонимиялык.

kinci, kindar кекчил, кара санатай.

kincillik, -ği кекчилдик.

kinematik,-ği *физ.* **1.** кинематика. **2.** кинематик.

kineskop,-pu кинескоп.

kinetik,-ği *физ.* **1.** кинетика. **2.** кинетик. **~ enerji** кинетик энергия.

kurultay курултай, конгресс. **Dil K~ı** Тил Курултайы.

kurulu 1. курулган, түзүлгөн, уюшулган. ~ **düzen** курулган тартип. **2.** курулган, тургузулган, салынган. ~ **ev** курулган үй. **3.** белгилүү саатка болжонгон. **4.** дүрмөттөлгөн (*курал*).

kuruluk, -ğu 1. кургактык, суусуздук. **2.** арыктык.

kuruluş 1. курулуш, түзүлүш, негизделиш. ~ **tarihi** курулган күнү. ~ **yolu** курулуш жолу. ~ **sebebi** түзүлүш себеби. **2.** түзүлүш, структура. **3.** курулуш, уюм, мекеме. **devlet ~ları** мамлекеттик курулуш/мекеме. **siyasî** ~ саясий уюм. **4.** *аск.* аскердик тартип.

kurum I курум, институт, уюм, лига, мекеме, ассоциация. **Türk Dil K-u** Түрк Тил Куруму. **Türk Tarih K-u** Түрк Тарых Куруму.

kurum II көтөрүлүш, кыйынсыныш, текеберлик, менменсиниш, бой/мурун көтөрүш. **~undan geçilmiyor** текеберлиги башынан ашат. ~ ~ **kurulmak** бой/мурун көтөрүү,

кекирейүү. ~ **satmak** кыйынсынуу, чоңсунуу.

kurum III көө. ~ **bağlamak/tutmak** көө басуу.

kurumak 1. куруу, кургап калуу, куурроо. **çamaşırlar kurudu** кир кургады. **ağzı** ~ оозу кургоо. **2.** куруу, солуу (*өсүмдүк*). **ağaçlar kurudu** бактар куурап калды. **3.** *өтм.* алдан-күчтөн таюу, алсыроо, арыктоо. **4.** кургоо, какшуу. **dere kurudu** өзөн кургап калды.

kurumlanmak I бой көтөрүш, менменсиниш.

kurumlanmak II көө басыш.

kurumlaşmak 1. курумдашуу, уюмдашуу. **2.** ирилешүү. **3.** жекече көз караш, мамилелердин жайылтылышы, туруктуу мүнөзгө ээ болуусу.

kurumlu I көөлүү, көө баскан.

kurumlu II менменсинген, көтөрүлгөн, куу чирен, текебер.

kurumsuz жөнөкөй, бой көтөрбөгөн.

kuruntu 1. курулай шектенме, кушкуланма, күдүктөнмө, арам саноо. **2.** куру кыял, фантазия. **düşünceleri ~larla dolu** ойлору курулай кыялга толгон. ~ **etmek 1)** курулай шексиниш. **2)** куру кыялга батыш.

kuruntucu 1. шекчил, арам санаган. **2.** куру кыялчы, фантазёр.

kuruntulu 1. шекчил, эч кимге ишенбеген. **2.** куру кыялдар курган.

kuruş *эск.* куруш, тыйын (*түрк лирасынын жүздөн бир бөлүгү*). **~u ~una** тыйынына чейин (*эсептөө*).

kuruşluk, -ğu куруштук, тыйындык. **elli ~ şeker** элүү куруштук шекер.

kurut,-tu курут. **yoğurt ~u** жууратан жасалган курут.

kurutaç,-cı *хим.* эксикатор, курутма идиши.

kurutma 1. курутма, кургатма. ~ **kâğıdı** баскыч (*сыяны кургаткан*). **saç ~ makinesi** фен. **2.** дренаж.

kurutmak 1. кургатуу, соолтуу. **bataklığı** ~ саз кургатуу. **çamaşır** ~ кир кургатуу. **2.** солутуу, кууратуу (*өсүмдүктөрдү*). **3.** арыктатуу, алсыз кылуу. **hastalık onu kuruttu** оору аны арыктатты. **4.** курутуу, бүтүрүү, түгөтүү (*тамак-ашты*). **5.** *өтм.* курутуу, айласын кетирүү, кара жолтой болуу.

kurutmalık,-ğı кургатууга жараган. ~ **erik** кургатылганга ылайык/жараган өрүк.

kurye (*дипломатиялык*) курьер.

kuskun куюшкан. **~u düşük 1)** куюшканы бош. **2)** *өтм.* кадыр-баркы кеткен.

kuskunsuz 1. куюшканы жок. **2.** бечара, байкуш.

kuskus кускус (*кургатылган камыр*). ~ **pilavı** кускус палоосу.

kusma кусма.

kusmak 1. кусуш. **bütün yediklerini kustu** жегенинин баарын кусту. **2.** четке катуу, кабыл албоо. **3.** тагы/боёгу чыгуу. **kumaş kustu** кездеме кусуп жиберди. **4.** *өтм.* бүркүү, чачуу. **küfür** ~ сөгүп-сагуу. **öfkesini** ~ жинин чыгаруу. **zehir** ~ заар чачуу.

kusmuk кусунду.

kusturucu кустуруучу, кустурган (*дары*).

kusuntu кусунду.

kusur 1. кемчилик, өксүктүк, жетишпегендик, өөн, кынтык. **2.** күнөө, жаңылыштык. **~a bakmamak** кечирүү, айып көрбөө. ~ **bende** айып менде. **~uma bakmayın** айып көрбөңүз. **3.** арткан, үстөк. **paranın ~u** акчанын артканы. ~ **bulmak 1)** (*бир нерсенин*) кемчилин табуу/чукуу. **2)** ашкере такыбалануу. ~ **etmek** жаңылыштык кетирүү. ~ **etmemek** кынтыксыз жасоо.

kusurlu 1. кемчил, өксүк, бузугу/кынтыгы/өөнү бар. **2.** күнөөлүү, жа-

ңылыштык кетирген.

kusursuz кемчиликсиз, өөнсүз, кынтыксыз, төрт тарабы төп. ~ **kul olmaz** *мак.* кемчиликсиз киши болбойт.

kuş **1.** *зоол.* куш. **2.** *ооз.* сары ооз балапан, тажырыйбасыз. **3.** *арго* пенис. **avcı ~lar** аңчы куштар. **yırtıcı ~lar** жырткыч куштар. ~ **bakışı** үстүнөн караш/көрүш. **~a benzemek/ dönmek** артык кылам деп тыртык кылыш. ~ **beyinli** мээси жок, көк мээ. ~ **bilimci** орнитолог. ~ **bilimi** *зоол.* орнитология. ~ **gibi 1)** куштай жеңил. **2)** шамдагай, чапчаң. ~ **gibi çırpınmak** жанталашуу, чебеленүү, күйкөлөктөө. ~ **gibi uçup gitmek 1)** куштай учуп кетүү, тез кыймылдоо. **2)**эрте/бат өлүп калуу. ~ **gibi yemek** абдан аз жеш (*тамакты*). ~ **kadar canı var** чымчыктай эле жаны бар, араң жан. ~ **kafesi gibi** куркулдайдын уясындай (*тар үй*). ~ **kanadıyla gitmek** өтө тез кетиш. ~ **kondurmak** (*бир ишти*) чоң ынтаа менен жасаш. ~ **mu konduracak?** эмне жан салат бекен? (*жасалган ишке өтө ынтаа коюлганда кекээр менен айтылат*). **~u ~la avlamak** кушту кушка алдырыш (*ууруну ууруга карматыш сыяктуу*). ~ **piresi** *зоол.* куш бүргөсү (*Ceratophyllus avium*). ~ **sütü** "куш сүтү" (*табылбас нерсе*). ~ **sütünden başka her şey var** куш сүтүнөн башканын баары бар. ~ **sütü ile beslenmek** *арго* куштун сүтү менен багыш, оозунан чыкканды орундатыш. ~ **tüyü 1)** куштун жүнү. **2)** ичине куш жүнү салынган. ~ **tüyü gibi** куштун жүнүндөй (*жумшак, жеңил*). ~ **tüyü yatak** куш жүнү салынган төшөк. ~ **uçmaz, kervan geçmez** куш учпас, кербен жүрбөс (*узак/ээн жер*). ~ **uçurmamak** чымчык өткөрбөш (*катуу коргош*). ~ **uykusu** куш уйку. ~ **üzümü** *майда кара жүзүм түрү.*

kuşak,-ğı **1.** белбоо, кур. ~ **bağlamak** белбоо байланыш. **2.** курчоо, алкак (*бир нерсени бышык кылыш үчүн тегерегине өткөрүлгөн металл же жыгач*). **3.** *социол.* муун, насил. **ondan beri iki ~ geçti** андан бери эки муун өттү. **~tan ~a** укумдан тукумга, муундан муунга. **4.** *геом.* шар сегменти. **5.** *геогр.* зона, алкак. **orta** ~ мелүүн алкак. **sıcak** ~ тропиктик алкак. ~ **bağlamak** кур байлоо (*жаңы келген келинге күйөө үйүндө жасалган ырым*). ~ **çözmek** *арго* даарат ушатыш.

kuşaklamak курчоо, байлоо, алкак өткөрүү.

kuşane *к.* **kuşhane.**

kuşanmak **1.** курчануу (*кемер, кур, кылыч ж. б.*). **2.** кийинүү. **giyinip ~** жасанып-түзөнүш.

kuşatma *аск.* курчоо, блокада. **~yı kaldırmak** курчоону жоюу.

kuşatmak **1.** курчантыш, белбоо байлатыш. **2.** курчап алуу. **kale kuşatıldı** чеп курчоого алынды.

kuşbaşı,-nı **1.** тууралган эт (*куш башындай бөлүктөргө*). **2.** сампарлап жааган кар.

kuşbaz **1.** *тар.* падышанын саятчысы. **2.** кооз куштарды өстүргөн киши.

kuşburnu, -nu *бот.* итмурун (*Roza canina*).

kuşçu **1.** кушчу, куш таптаган киши, саятчы. **2.** *тар.* сарай саятчысы. **3.** *аск.* жазалоочу аскер.

kuşdili,-ni **1.** муундардын арасына муун же тыбыш кошулуп сүйлөнгөн жасалма тил. **2.** уруулардын жаргону. **3.** *бот.* дарак түрү.

kuşe: ~ **kâğıdı** жогорку сорттогу калың жылтырак кагаз.

kuşet, -ti кушет (*поезддe, кемеде*).

kuşgömü, -nü карчыганын этинен жасалган бастырма (*к.* **pastırma**).
kuşhane 1. кушкана. **2.** кичинекей мискей.
kuşkanadı, -nı 1. куш канаты. **2.** *мед.* дифтерия. **3.** *мед.* көздүн ак челинин карекке карай жайылышы. ~ **ile** куштай учуп, дароо.
kuşkonmaz *бот.* кушконбос (*Asparagus*).
kuşku 1. шек, күмөн. ~ **duymak** шек саноо, ишенбөө. ~**yla** күмөнсүп, шектенип. **2.** арамзаалык. ~ **vermek** шек туудуруу.
kuşkucu 1. шекчил, арамзаа. **2.** *филос.* шек туудурган, күмөндүү. **3.** *филос.* скептик.
kuşkuculuk, -ğu *филос.* скептизм.
kuşkulanma шектенме, күмөн санама.
kuşkulanmak 1. шектениш, күмөн санаш. **2.** арам санаш.
kuşkulu 1. шекчил, күмөнчүл. **2.** шектүү, күмөндүү, мандемдүү.
kuşkusuz 1. шексиз, күмөнсүз. **2.** шек/кам/күмөн санабаган. **3.** албетте, сөзсүз.
kuşlamak *арго* күндүр-түндүр окуш (*окуучу жөнүндө*).
kuşluk,-ğu эртең менентен түшкө чейинки убакыт. ~ **yemeği** түшкө чукул желген тамак.
kuşpalazı *мед.* дифтерия.
kuşyemi,-ni 1. *бот.* токтогон сууда өскөн бир өсүмдүк (*Phalaris canariensis*). **2.** бул өсүмдүктүн даны.
kut I, -tu 1. кут. **2.** бакыт, таалай.
kutbî *физ. , геогр.* уюлга байланыштуу.
kutbiye *геогр.* уюлдук.
kutbiyet, -ti уюлдуулук.
kutlama куттуктама, майрамдама.
kutlamak 1. куттуктоо. *сал.* **tebrik etmek. doğum gününü** ~ туулган күнүн куттуктоо. **2.** майрамдоо, белгилөө. **Cumhuriyet Bayramını** ~ Жумурият майрамын майрамдоо.
kutlu куттуу. **bayramınız ~ olsun!** майрамыңыз куттуу/болсун!
kutluluk, -ğu куттуулук.
kutnu момозуй, фланель.
kutsal 1. кутсал, ыйык. *сал.* **mukaddes.** ~ **değerler** ыйык нарктар. ~ **görev** ыйык милдет. **2.** *филос.* Кудайга багышталган, теңирсел.
kutsallaşmak кутка/ыйыкка айлануу.
kutsallaştırmak ыйыкташтыруу, ыйык тутуу.
kutsallık, -ğı ыйыктык, кутсалдык.
kutsamak 1. ыйык/азиз катары көрүү, табынуу. **2.** куттуулук тилөө. *сал.* **takdis etmek.**
kutsî *к.* **kutsal.**
kutsiyet *к.* **kutsallık.**
kutsuz кутсуз, таалайсыз, жолсуз.
kutu 1. куту, жашик, үкөк. **hız ~su** *тех.* ылдамдык кутусу. **kibrit ~su** ширеңке кутусу. **posta ~su** почта кутусу. **2.** калай, калай банка. **konserve ~su** консерва банкасы/кутусу. **3.** *өтм.* сандык, чордон. **akıl ~su** акыл чордону. **fesat ~su** шумпай, шүмшүк. ~ **gibi** кутудай, кичинекей, татынакай, тепирейген. ~ **gibi ev** кутудай болгон үй.
kutucuk, -ğu кутуча.
kutulama кутулама, кутуга коймо.
kutulamak кутуламак, кутуга коймок.
kutup, -tbu 1. уюл (*географиялык, электрдик, магниттик ж. б.*). **kuzey** ~ түндүк уюл. **güney** ~ түштүк уюл. ~ **ayısı** ак аюу. **2.** *өтм.* карама-каршы нерселер. **menfî** ~ *физ.* терс уюл, катод. **müspet** ~ *физ.* оң уюл, анод. **3.** *өтм.* (*бир тармакта*) билерман, чыгаан, авторитет. ~ **engel** *физ.* деполяризатор. **K~ Yıldızı** Алтын Казык жылдызы.
kutuplaşma жоолашма, жаатташма.
kutuplaşmak жоолашуу, жаатташуу.
kutuplu *физ.* уюлдуу. **çift** ~ эки уюлдуу. **tek** ~ бир уюлдуу.
kutur,-tru 1. *эск.* диаметр. **2.** *мат.*

диагональ.

kuvars *геол.* кварц.

Kuvayi: ~ Milliye Элдик Кошуун (*Түрк Боштондук Күрөшү маалында түзүлгөн*).

Kuveyt Кувейт.

Kuveytli кувейттик.

kuvöz инкубатор (*ара тууган же араңжан жаш балдар коюлган*).

kuvvet, -ti 1. кубат, күч, даремет. **~le 1)**кубаты жетишинче, бүтүн күчү менен. **2)** көшөрүп, тырышып. **~le iddia edilebilir** көшөрүп талашса болот. **2.** *аск.* аскердик күч. **Hava ~leri** Аба Күчтөрү. **ana/asıl ~ler** негизги күчтөр. **3.** зордук, зомбулук, жабыр. **~ kullanmak** күч колдонуу, жабыр тарттыруу. **4.** *мат.* даража көрсөткүчү. **~e yükseltme** даражага көтөрүү. **~ almak** кубат алмак. **~ bulamamak** батына албоо. **~ten düşmek** кубаттан тайыш, алдан-күчтөн калыш. **~ine güvenmek** күчүнө ишениш. **~ ilâcı** кубаттандыруучу/күчтөндүрүүчү дары. **~ komutanları** Аба/ Деңиз,/Кургактык Күчтөрү командачылары. **~ ola!** Кудай кубат берсин! **~ vermek 1)** кубат/күч берүү. **2)** *өтм.* шыктандыруу.

kuvvetlendirici кубаттандыруучу.

kuvvetlendirmek кубаттандыруу.

kuvvetlenmek кубаттануу, күчтөнүү, чыңдануу.

kuvvetli кубаттуу, күчтүү, чың, катуу.

kuvvetölçer күчөлчөр, динамометр.

kuvvetsiz кубатсыз, алсыз, күчсүз, чабал.

kuvvetsizlik,-ği кубатсыздык, алсыздык, чабалдык.

kuyruk, -ğu 1. куйрук. **uzun ~** узун куйрук. **~ yağı** куйрук май. **2.** (*бир нерсенин*) аягы, соңу. **3.** кезек. **~a durmak** кезекке туруу. **~ta beklemek** кезек күтүү. **4.** *өтм.* (*бирөөнүн*) жан жөкөрлөрү, чачпагын көтөргөндөр. **5.** шлейф (*кийимде*). **6.** чачтын байлап туруп бош коё берилген бөлүгү. **7.** *грам.* тамганын куйругу. **~ acısı** кек, өч. **~una basmak** куйругун басыш, жинине тийиш. **~u dikmek 1)** (*айбандар*) качып жөнөө. **2)** (*адам*) турган жеринен алыстоо. **~u dimdik** көк, өжөр. **~unu doğrultmak** ал-абалын жакшыртыш. **~u kapana kısılmak/ sıkışmak** кыйын абалда калыш. **~ kemiği** *биол.* сегиз көчүк. **~unu kısmak** көчүгүн кысыш. **~ unu kıstırmak** (*бирөөнүн*) көчүгүн кыстырыш, тыйыш. **~ olmak** кезек сакташ. **~ sallamak 1)** куйругун шыйпаңдатыш. **2)** *өтм.* жагалданыш, жасакерлениш. **~ sokumu** *анат.* куймулчак. **~una teneke bağlamak** (*бирөөнү*) шылдың кылуу, элге күлкү кылуу (*сөзм. с.* куйругуна каңылтыр/калай байлоо). **~u titremek** *арго* өлүш. **~ yağı** куйрук май.

kuyruklu 1. куйруктуу. **2.** чаян. **~ piyano** рояль. **~ yalan** чоң жалган. **~ yıldız** куйруктуу жылдыз, комета.

kuyruksallayan *зоол.* жылкычы чымчык (*Motacilla*).

kuyruksuz куйруксуз.

kuytu 1. тынч, ызы-чуусуз (*жер*). **2.** көздөн далдаа, ээн (*жер*). **denizin ~ bir köşesinde** деңиздин көздөн далдаа жеринде.

kuyu 1. кудук. **artezyen ~su** артезиан кудугу. **kör/kuru ~** соолгон кудук. **2.** куй, чуңкур, ор. **buğday ~su** буудай сакталган ор. **kireç ~su** акиташ куюсу/шахтасы. **3.** *өтм.* ор, куй, чуңкур. **~ açmak/kazmak** кудук/ор/чуңкур казыш. **~ bileziği** кудуктун оозуна орнотулган таш. **~ gibi 1)** абдан терең. **2)** караңгы, суук (*жер*). **(birinin) ~sunu kazmak** (*бирөөгө*) көр казыш.

kuyum асыл таштардан жасалган жасалга.
kuyumcu зергер, ювелир.
kuyumculuk, -ğu зергерлик.
kuz *эск.* тескей.
kuzen *эркек/кыз бир туугандардын балдары бири-бирине.*
kuzey 1. түндүк (*багыт*). *сал.* **şimal. 2.**түндүккө байланыштуу. ~ **batı** түндүк-батыш. ~ **doğu** түндүк-чыгыш. **K~ kutbu** Түндүк уюл. **K~ yarı küresi** Түндүк жарым шар.
kuzeyli түндүктүк (*киши*).
kuzgun *зоол.* кузгун (*Corvus corone*). ~ **gibi** кузгундай (*капкара*). ~ **otu** *бот.* кузгун оту (*Pteridium aquilinum*). ~**a yavrusu şahin/anka görünür** *мак.* карга баласын аппагым дейт (*сөзм. с.* кузгунга баласы зымыр куш көрүнөт).
kuzgunî капкара (*түс*).
kuzgunkılıcı, -nı *бот.* гладиолус (*Gladiolus illyricus*).
kuzin *кыз/ эркек бир туугандарын кыздары бири-бирине.*
kuzine 1. ашкана очогу/меши (*тамак бышырылган/ысытылган*). **2.** (*кемелерде*) ашкана.
kuzu 1. козу. **2.** жаңаша бүткөн мөмөлөрдүн кичинеси. **3.** козу этинен жасалган (*тамак*). **4.** *өтм.* козу, жоош, момун. **~m** *жалыныч* берекем, алтыным, кулунум. ~ **çevirmek** козуну бүтүн куйкалап бышырыш. ~ **çevirmesi** куйкаланган козу. ~ **dişi** сүт тиш (*балдарда*). ~ **dolması** ичине жүзүм, мисте толтурулуп куурулган козу эти. ~ **gibi** койдой жоош/момун. ~ **kesilmek** жоошуу, момоюу. ~ ~ **1)**момоюп, момурап. **2)** эч каршылык көрсөтпөй. ~ **kestanesi** козу каштан. ~ **mantarı** *бот.* козукарын (*Boletus edulis*). ~ **postuna bürünmek** кой терисин жамынуу. **anasının ~su** энесинин этегинен чыкпаган (*бала*).
kuzucuk 1. кичинекей козу. **2.** *жалыныч* алтыным, берекем.
kuzugöbeği, -ni *бот.* козу киндик, кадимки шампиньон (*Agaricus campestris*).
kuzukulağı, -nı *бот.* козукулак (*Rumex acetosa*).
kuzulamak 1. козу туу, төл бериш (*кой жөнүндө*). **2.** эмгектеш (*бала жөнүндө*).
kuzuluk,-ğu 1. козулук, козу күпкөсү. **2.** *өтм.* жооштук, момундук. **3.** *ооз.* чоң эшиктердин арасындагы кичине эшик.
Küba Куба.
Kübalı кубалык.
kübik,-ği 1. кубик. **2.** кубизм стилине ылайык. ~ **resim** кубик сүрөт. **3.***мат.* куб даражасында. ~ **kök** *мат.* куб тамыр.
kübist, -ti 1. кубизмге байланыштуу. **2.** кубист.
kübizm кубизм (*маданий агым*).
küçücük кипкичинекей, тырмактай.
küçük,-ğü 1. кичине, кичинекей. ~ **çocuk** кичине бала. ~ **ev** кичине үй. **2.** майда, тар. ~ **hesaplar** майда эсептер. ~ **tüccar** майда соодагер. **3.** кичүү. ~ **kardeş** кичүү бир тууган. **4.** аз. ~ **bir kalabalık** аз гана киши. **5.** кичинекей бала. ~ **nerede?** кичинекей кайда? **~, ne yapıyorsun?** эй, кичинекей, эмне кылып атасың? ~ **aptes** кичи даарат. **K~ Asya** Кичи Азия. ~ **ay** февраль. **~ten beri** кичинесинен бери. ~ **burjuvazi** майда буржуазия. ~ **dağları ben yarattım demek** кыйынсыныш, көтөрүлүш, мактаныш. ~ **dalga** *физ.* майда толкун. ~ **dil** *анат.* кичине тил. ~ **dilini yutmak** оозу ачылып калыш, таң калыш. ~ **düşmek** уят болуш, кадыр-баркы кетиш. ~ **düşürmek** (*бирөөнү*) уят кылыш, шагын

сындырыш. ~ **gezegen** *астр.* астероид. ~ **gönüllü** ак көңүл , жөнөкөй. ~ **görmek** төмөнсүнтүү, баа бербөө. ~ **hanım** үйдүн кызы же келини. ~ **harf** кичине тамга. ~ **köyün büyük ağası** кыйынсынган, чоңсунган (*киши*). ~ **oynamak** (*кумарда*) аз акча менен ойнош. ~ **parmak** чыпалак. ~ **su dökmek** даарат ушатуу. ~ **şalgam** *бот.* чамгыр. ~ **tövbe ayı** Ай календарынын алтынчы айы. ~ **ünlü uyumu** *грам.* эринге карай ээрчишүү *(үндүүлөр)*.

Küçükayı *астр.* Кичи Жетиген, Алты Аркар (*жылдыздар тобу*).

küçükbaş майда жандык (*кой, эчки*).

küçükleşmek өзүн кичине деп саноо, бала кыял болуу.

küçüklü: ~ büyüklü 1) кары-жаш. **2)** чоң-кичине. ~ **büyüklü herkes geldi** чоң-кичине дебей элдин баары келди.

küçüklük, -ğü 1. кичинелик, аздык. **2.** *өтм.* адепсиздик, жүзүкаралык, пастык, бетпактык. **3.** балалык. **~ten** кичинесинен, бала кезинен.

küçüksemek *к.* **küçümsemek.**

küçülmek 1. кичирейип/тарып кетүү. **2.** ыза болуу, шагы сынуу.

küçültme 1. кичирейтме, кичиртме, азайтма. **2.** ыза кылма, төмөнсүнтмө, кырына чыкма. **3.** *грам.* эркелетүү. ~ **eki** кичиртме мүчө. ~ **ismi** кичиртме зат атооч.

küçültmek 1. кичиртиш, азайтыш. **2.***өтм.* ыза кылыш, кордош, төмөнсүтүш.

küçültücü кичирткен, ыза кылган, кордогон.

küçümen кипкичинекей, тыптырмактай, кепкенедей.

küçümsemek 1. кадыр-баркын түшүрүү, төмөнсүтүү, теңине албоо. **2.**жек көрүү.

küf көк, дат. ~ **bağlamak/tutmak** көк/дат басып кетүү. ~ **kokmak** көк жыттануу.

küfe 1. күфе (*жүк ташыган себет/чабыра*). **2.** *анат.* көчүк. **3.** бир күфеге сыя турганчалык (*нерсе*).

küfeci 1. күфе жасаган/саткан киши. **2.** күфе менен жүк ташыган киши.

küfelik,-ği 1. бир күфелик. **iki ~ ceviz** эки чабыра толгудай жаңгак. **2.** *өтм.* кызылдай мас.

küflenmek 1. көк басмак, көгөрүп кетмек. **peynir küflenmiş** быштак көгөрүп кетиптир. **2.** *өтм.* эскирмек, көөнөрмөк. **3.** жөндөмүн/шыгын жоготмок, колдонуудан чыкмак.

küflü 1. көгөргөн, бузулуп кеткен. ~ **ekmek** көгөргөн нан. **2.** *өтм.* эскирген, көөнөргөн, артта калган. ~ **kafa** эскиче ойлоо. **3.** *өтм.* сакталган алтын тыйын.

küfretmek 1. (*бирөөнү*) сөгүү. *сал.* **sövmek. 2.** Кудайга акаарат келтирүү.

küfür I, -frü 1. сөгүш, акаарат. *сал.* **sövgü. 2.** Кудайга акаарат, атеизм. **~ü basmak/savurmak** ашата сөгүш. ~ **etmek** сөгүп-сагуу.

küfür II: ~ ~ леп-леп (*жумшак соккон жел жөнүндө*).

küfürbaz 1. сөгөөнөк. **2.** Кудайга акаарат келтирген, диникайыр.

küfürbazlık,-ğı 1. сөгөөнөктүк. **2.** диникайырдык.

küheylan асыл тукум арап аты.

kükreme күркүрөмө.

kükremek 1. күркүрөө (*мис. арстан*). **2.** *өтм.* албууттануу, жинденүү, буркан-шаркан түшүү. **3.** ташуу, кирүү, бууракандоо, толкуу (*деңиз, суу, көл ж. б.*). **4.** ачуу, ашып-ташуу (*камыр*). **5.** дүркүрөп өсүү (*өсүмдүктөр*).

kükürt, -dü *хим.* күкүрт.

kükürtatar *геогр.* күкүрт бууландырган/бөлүп чыгарган жер.

kükürtlü күкүрттүү. ~ **bakır** күкүрттүү жез.

kül I күл, көө. **~e çevirmek** күлгө айлантуу. ~ **çöreği** күл көмөч. ~ **etmek 1)**өрттөө, күл кылуу. **2)** *өтм.* ташын-талкан кылуу. ~ **gibi** күлдөй бозоргон (*жүз, өң*). ~ **hâline gelmek** күлгө айлануу, күйүп жок болуу. **(yüzü/ rengi/benzi)** ~ **kesilmek** (*өңү/жүзү*) күлдөй соолуу/бозоруу. ~ **olmak 1)** күйүп күл болуу. **2)** мал- мүлкүнөн кол жуу, жакырлануу. ~ **rengi 1)**күл түстүү, чаңгыл боз. **2)** чаңгыл боз түстүү.**~ünü savurmak** күлүн (көккө)сапыруу/ чачуу, талкалоо. ~ **tablası** күл түшүргүч. ~ **üzre oturmak** күлдүн үстүнө отуруп калуу. ~ **yemek** эсептен жаңылуу. ~ **yutmak** *арго* кайырмакка/ тузакка түшүп калуу, алдануу.

kül II, -llü бүт, бүтүндөй. **bir** ~ **olmak** бир/бүтүн болуу, бөлүнбөө.

külâh 1. күлө, калпак (*кийизден жасалган конус шекилиндеги баш кийим*). **2.** кулёк, ором (*ороoч кагаз*). **bir** ~ **pirinç** бир ором күрүч. **3.** балмуздак идиши, корнет. **4.** *өтм.* куулук, айла. **5.** мунаранын учу. **Ali'nin ~ını Veli'ye, Veli'nin ~ını Ali'ye giydirmek** биринин калпагын бирине кийгизиш. **~ıma anlat/dinlet!** мени алдай албайсың, башкасына айт. **~ları değişmek/ değiştirmek** араздашуу, бузулушуу. **~ını havaya atmak** калпагын асманга ыргытып сүйүнүү. ~ **kapmak** амал менен бир нерсеге жетүү. ~ **peşinde** амал менен бир нерсенин аркасынан түшүш. **~ını önüne koyup düşünmek** (*бир нерсени*) кечке ойлонуш. **~ını ters giydirmek 1)** калпагын терс кийгизиш, алдап кетиш. **2)** (*бирөөнү*) мойнуна алдырыш.

külâhçı 1. күлө жасаган/саткан киши. **2.** айлакер, митаам, куу.

külâhlı 1. күлөлүү, күлө кийген. **2.** учу конус түрүндө болгон (*нерсе*).

külbastı күлбасты (*отко какталып бышырылган сөөксүз эт*).

külçe 1. күлчө, сом. ~ **altın** күлчө/сом алтын. **2.** үйүлгөн/жыйылган нерсе, үймөк. ~ **gibi oturmak** соодасы түгөнгөн сарттай отуруш.

külek, -ği жыгач чака (*бал, айран куюш үчүн*).

külfet, -ti 1. күлпөт, азап, кыйынчылык, убара. **2.** катуу чыгым. ~ **etmek** катуу чыгым болуу. **~e katlanmak** күлпөтүнө түтүү.

külfetli 1. күлпөттүү, кыйын, машакаттуу. **2.** чыгымы көп.

külfetsiz 1. күлпөтсүз, жеңил, машакатсыз. **2.** чыгымы аз.

külhan (*түрк мончосунда*) ысытуучу меш.

külhanbeyi, -ni хулиган, бейбаш.

külkedisi, -ni 1. оттун табын сүйгөн, ар качан от жанында отурган (*киши*). **2.** жалкоо, эринчээк.

küllemek күлдөө, күл менен шыбоо, көөлөө.

küllenmek 1. күл басыш, (*от*) өчүш. **2.** *өтм.* басаңдаш, унутулуш (*кайгы, санаа ж. б.*).

küllî 1. күлдү, бүтүн, баары, толук. **2.** чоң, барандуу, көзгө урунарлык.

külliyat, -tı (*бир автордун*) чыгармалар жыйнагы.

külliye *архит. жаамиге кошуп салынган медресе, имарет, китепкана, оорукана сыяктуу имараттардын комплекси.*

külliyet,-ti 1. бүтүндүк, толуктук. **2.** көптүк, молдук.

külliyetli көп сандаган, чоң, мол, бир далай. ~ **kazanç** чоң пайда. ~ **miktarda** көп сандаган, мол.

küllü күлдүү.

küllük,-ğü 1. күл/таштанды төгүлгөн жер. **2.** күл түшүргүч. **3.** (*мештин*)

күл түшчү жери.
külot, -tu 1. трусы, ыштан. **2.** чабендес/жокейлердин шымы.
kült, -tü 1. культ, табынуу, сыйынуу. **2.** дин. **3.** диний ырым-жырым.
külte 1. *геол.* күлчө. **2.** *геол.* тек. **yanardağ ~si** жанар тоо теги. **3.** *ооз.* боо, байлам.
kültür 1. маданият. **K~ Bakanlığı** Маданият Министрлиги. **2.** *биол.* культура, культивация, жасалма уруктандыруу. **3.** сылыктык, сыпайыгерчилик.
kültürel маданий. **~ işbirliği** маданий кызматташтык.
kültürfizik, -ği физкультура.
kültürlü маданияттуу, сыпайы, билимдүү.
kültürsüz маданиятсыз, орой.
külüstür эски, тамтыгы/ышпалдасы чыккан, ишке жарабаган. **~ bir ev** тамтыгы чыккан үй.
kümbet, -ti 1. чамгарак, түндүк, купол. **2.** төбөсү чамгарактуу курулуш.
küme 1. топ, жыйын, үймөк. **2.** группа, топ, масса. **~ ~** топ-тобу менен, топ-топ. **yıldız ~leri** жылдыздар тобу. **3.** *спорт* лига. **~ bulut** *геогр.* түрмөк булут.
kümelemek топтоо, жыйноо, чогултуу.
kümelenmek чогулуу, жыйылуу, топтолушуу, үймөлөктөө.
kümes 1. кушкана, тооккана. **~ hayvanları** үй куштары. **2.** *өтм.* кичине/тар үй, кепе.
kümültü корукчу үйү жертөлө.
kümülüs *к.* **küme bulut.**
küncü *бот.* күнжүт (*даны*).
künde 1. күндө, кишен, чынжыр. **2.***спорт* күрөш ыкмасы. **3.** *өтм.* тузак, ор. **~ye getirmek** колго/тузакка түшүрүш.
künefe күнефе (*түрк таттуусу*).
künk, -ğü бышкан топурак/цементтен жасалган суу түтүгү.
künye 1. өздүк маалымат/досье. **~si bozuk** жаманатты болгон, репутациясы түшкөн. **2.** медальон, билерик. **~sini okumak** жер-жеберине жетүү, кемчиликтерин бетине айтуу.
küp I, -pü 1. кумура. **2.** *арго* мас. **~lere binmek** жаалданыш, ачуусу/жини келиш. **~ünü doldurmak** курсагын кампайтыш, ичип-жеп алыш. **~e dönmek** семирип кетиш. **~ gibi** челектей, семиз.
küp II, -bü куб. **metre ~** куб метр. **~ şeker** кант.
küpe 1. иймек, сырга, сөйкө. **altın ~** алтын сөйкө. **2.** *айрым жаныбарлардын мойнунан салаңдап турган тери каттамы.* **~ çiçeği** *бот.* фукция (*Fuchsia*).
küpeli 1. иймектүү, сыргалуу, сөйкөлүү. **2.** мойнунан териси салаңдаган (*жаныбар*).
küpeşte 1. *дең.* фальшборт (*кемеде*). **2.** тосмонун үстүнкү туура жыгачы.
küpleği балта, балканын сабына тагылчу жери.
küpleme *мед.* ичке суу толмо.
küplü 1. кумуралуу. **2.** *арго* арзан трактир. **3.** *арго* мас, ичкич.
kür 1. дарылоо курсу. **2.** жекече дарылоо ыкмасы. **~ yapmak** дарылоо курсун алыш. **~ yeri** курорт.
kürar кураре (*уу; жергиликтүү америкалыктар жаанын огуна сүйкөшөт*).
küraso апельсин кабыгынан жасалган ичкилик.
kürdan тиш чукур. **~ gibi** чийдей, арык.
kürdanlık, -ğı тиш чукур салгыч.
küre 1. шар, тоголок нерсе. **2.** *геогр.* шар, сфера. **yarı küre** жарым шар. **3.** Жер, Дүйнө.
kürek, -ği 1. күрөк. **2.** калак (*кайыкта*). **3. (~ cezası)** каторга, оор кылмыш жазасы. **~ mahkûmü** каторгага айдалган. **müebbet ~** түбөлүк каторга. **~ çekme** калак айдоо. **~ gibi/kadar dili var** сүйлөөк, тилдүү. **~**

kemiği *анат.* далы. ~ ~ күрөк-күрөк, күрөктөп. ~ **takımı** *спорт* калакчылар командасы.

kürekçi 1. күрөк жасаган/саткан киши. **2.** кайыкчы. **3.** (*паровоздо, тандырда ж. б.*) отко көмүр салган киши.

kürelemek *к.* **küremek.**

küremek күрөө (*күрөк менен*).

küresel, kürevî 1. тоголок, шар түрүндө. **2.** глобалдык, дүйнөлүк.

küreselleşmek глобалдашуу.

küriyum *хим.* кюрий.

kürk, -rkü 1. тери, көрпө. **samur ~** суусардын териси. **2.** териден/көрпөдөн жасалган. **~ manto** ичик.

kürkçü ичик тиккен/саткан киши. **~ dükkanı 1)** ичик сатылган дүкөн. **2)** ачылган-чачылган жер.

kürsü 1. трибуна, кафедра. **~den konuşmak** трибунадан сүйлөө. **~ hocası** мечитте үгүт менен элге кайрылган молдо. **2.** (*факультетте*) кафедра. **Türk dili ~sü** түрк тили кафедрасы. **~ taşı** пьедестал (*айкелде*).

Kürt 1. күрт. **2.** күрттөргө байланыштуу/тиешелүү.

kürtaj *мед.* бойдон алдыруу.

Kürtçe күртчө, күрт тили.

kürtün *ооз.* күрткү.

kürümek *к.* **küremek.**

küs таарынган, арданган, ыза болгон. **~ ~** тултуюп, таарынып. **~ ~ bakıp hiç konuşmadı** таарыныктуу карап, эч сүйлөбөдү.

küsegen 1. ызакор, таарынчаак. **2.** *к.* **küstüm otu.**

küskü 1. күрсү. **2.** көсөө (*от көсөш үчүн колдонулган*).

küskün 1. ызаланган, арданган, таарынган. **2.** өспөй калган (*өсүмдүк*). **3.***бот.* уялчаак мимоза. **~ ~** ызалуу/арданган көз караш менен.

küskünlük,-ğü ыза, таарыныч, ар. **~ü kaldırmak** таарынычты жоюу.

küskütük 1. катып/сенейип калган. **2.** ылжыган мас.

küsmek 1. таарынуу, арданuу. **talihine ~** тагдырына таарынуу. **2.** өспөй калуу, солуу (*өсүмдүк үчүн*). **ağaç yerini sevmedi, küstü** дарак ордуна байыр ала албады, куурап калды. **3.** иштебей калуу, бузулуу. **midesi küstü** ашказаны иштебей калды. **hamur yolunda yoğrulmazsa küser** камыр туура жуурулбаса, ачыбайт.

küspe 1. чөгүндү, чөбөгө, тунма, топ. **2.** сөөгү алынган мөмө.

küstah арсыз, шумпай, бетпак, уятсыз, тоотпос. **~ etmek** арамзаалык кылыш.

küstahça бетпактык/жүзү жоктук менен, уялбастан, тоотпой, мурдун балта кеспей.

küstahlık, -ğı арсыздык, бетпактык, жүзү жоктук.

küstüm: ~ otu *бот.* уялчаак мимоза (*Mimosa pudica*).

küsur (kesir'*дин көпт. т.*). **1.** бөлүк, майда. **paranın ~ü** акчанын артканы. **2.** *мат.* бөлчөк. **3.** артык, ашкан, ашык. **bu işe beş yüz bin ~ lira harcandı** бул ишке беш жүз миңден ашык лира каржалды.

küsurat,-tı бөлүктөр, майдалар, бөлчөктөр.

küsüşmek өз ара таарынышуу/араздашуу, аралары ачылуу.

küşat, -dı *эск.* **1.** ачылыш, ачуу. **2.** сулуулук, кооздук. **3.** тавла оюнунун бир түрү.

küt, -tü 1. мокок. **~ bıçak** мокок бычак. **2.** чорт, кыска жана калың. **3.** *туур. с.* **1)** так. **~ diye vurdu** так дегизе бир чапты. **~ ~** так-так. **2)** дүп, күп. **yüreği ~ ~ attı** жүрөгү дүпүлдөдү.

kütle 1.чоң кесек, үймөк, жыйын. **2.**масса, топтолгон/жыйылган эл. **3.***физ.* масса. **~ teorisi** квант теориясы.

kütlemek дүпүлдөтүү.
kütleşmek мокоо. **hislerim kütleşti** сезимдерим мокоду.
kütletmek дүп/күп дегизүү.
kütlü чигиттүү (*пахта*).
küttedek күпүлдөтүп, дүпүлдөтүп.
kütük, -ğü 1. сөңгөк, устун, түп. **beş ~ elma** беш түп алма. **2.** дөңгөч. **3.** кесилген дарак. **4.** расмий каттоо дептери. **5.** каттоо, тизме. **~ gibi 1)**дөңгөчтөй, кыска толук. **2)** ылжыган мас.
kütükleşme мокоо, мокок тартма.
kütükleşmek *өтм.* таш боор/катуу тартуу.
kütüphane 1. китепкана. **2.** *эск.* китеп дүкөн.
kütüphaneci 1. китепканачы. **2.** китепкана илимин изилдөөчү.
kütüphanecilik 1. китепканачылык (*кесип*). **2.** китепканачылык (*илими*).
kütür: ~~ кытыр-кытыр, күтүр-күтүр.
kütürdemek күтүрөө, кытыроо.
kütürtü күтүрөк, кытырак.
küvet, -ti 1. ванна. **2.** унитаз. **3.** ичинде фотоплёнка чылануучу идиш. **~e vermek** фотоплёнканы чылап коюш.
Küveyt Кувейт.
Küveytli кувейттик.

L

L,l *түрк алфавитинин он бешинчи тамгасы.*
lâ 1. *муз.* "ля". **2.** "*ля" нотасынын тамгалай белгилениши.*
lâal лаал, лагыл, чымкый кызыл.
lâbada *бот.* козукулак түрү (*Rumex petientia*).
lâbirent, -ti 1. лабиринт, кириш-чыгышы көп, кыйма-чийме. **2.** *өтм.* чаташкан/чиеленген иш/маселе.
lâborant, -tı лаборант.
lâboratuvar лаборатория.
lâbrador *геол.* лабрадор.
lâciverdî көгүлтүр, көгүш тарткан.
lâcivert,-di кара/коюу көк. ~ **taşı** *геол.* лазурит, ляпис-лазурь.
lâçın 1. *зоол.* ылаачын (*Falco pevegrinus*). **2.** *өтм.* катуу, чечкиндүү.
lâçka 1. *деңг.* бошотуу, жумшатуу, көпшөтүү (*кеменин аркандарын*). **2.** *өтм.* бошоп кеткен, жараксыз бол-гон, ирети/тартиби бузулган. ~ **etmek 1)** *деңг.* кеме аркандарын бо-шотуш/коё бериш. **demiri** ~ **etmek** якорду бошотуш. **2)** *өтм.* бошотуу, эркин коё берүү. ~ **olmak 1)** бошоп кетүү, шалдырап калуу (*мис. айрым машина тетиктери*). **2)** *өтм.* (*бир нерсенин*) бузулушу, иштебей калышы.
lâçkalaşmak 1. бошоо, көпшөк тартуу. **2.** *өтм.* (*кайсы бир түзүлүштүн*) иштөө тартиби бузулуу, бошоңдоо.
lâden 1. *бот.* ладен (*Cistus creticus*). **2.**ладен сурмасы.
lâdes 1. куштун төш сөөгү. **2.** бул сөөктү экиге бөлүп, жашырышып ойнолгон оюн (*кыргыздын томук жашырмай оюну сыяктуу*). ~ **kemiği** куштун төш сөөгү. ~ **tutuşmak** (*бирөө менен*) ладес жашырышмай ойноо.
lâdin (~ ağacı) *бот.* италян кызыл карагайы (*Pinus pinea*).
lâdinî кайырдин, дин тышы.
lâedriye *филос.* агностицизм.
lâf 1. сөз, кеп. **~ını bitirmeden** сөзүн айтып бүтө электе. **2.** бош сөз, ооздун жели. **onun söylediği ~tan ibaret** айткандарынын баары бош сөз. **3.** сүйлөнгөн/айтылган сөз, доклад. **4.** тема. **~ı değiştirdi** сөздү башкага буруп жиберди. **5.** *сырд. с.* "болбогон кеп!", "каякта!". **şunu yapacakmış, bunu yapacakmış, ~!** аны кылам, муну кылам дейт, болбогон кеп! ~ **açmak** сөз кылуу. **~ı ağzında gevelemek** айта турганын түз айта албоо, тайсалдоо. **~ı ağzından kaçırmak** сөз оозунан чыгып кетүү. **~ı ağzında kalmak** сөзү оозунда калуу, сөзүн бүтүрө албай калуу. ~ **altında kalmamak** (*бирөөнүн*) оозун аппак кылуу. **~ı ağzına tıkamak** (*бирөөнүн*) жаагын жап кылуу. ~ **anlamaz 1)**сөз түшүнбөс, аңкоо, келесоо. **2)** өжөр, айтканын бербес. ~ **anlatmak** кеп айтып түшүндүрүү. ~ **aramızda** (*айтылган сөз*) арабызда калсын. **~a atılmak** сөздүн арасына кыпчылуу. ~ **atmak 1)** кеп салуу, сүйлөшүү. **2)** (*бирөөгө*) тил тийгизүү. **3)**сөз айтып тийишүү (*мис. аялдарга*). **~ı balla kesmek** (*бирөөнүн сөзүн кескенде*) сөзүңүз оозуңузда маанисинде. **~ını bilmek** эмне айтканын билүү, этияттап сүйлөө. **~a boğmak** (*бирөөгө*) ооз ачтырбоо, жаактууга жай бербөө. **~a çekmek** сөзгө/тамырын тартып көрүү. **~ı çevirmek 1)** теманы алмаштыруу, сөздү башка жакка

буруп кетүү. **2)** сөзүнөн кайтуу. ~ **çıkmak** сөз чыгып кетүү. **~a dalmak** сөзгө алаксуу. ~ **değil** жөн сөз эмес, айтканы бекер эмес. ~ **dinlemek** сөз угуу. ~ **dokundurmak** тил тийгизүү. ~ **düşmemek** сөз айттырбай жасоо. ~ **ebesi 1)** кара жаак, сүйлөөк, жаагын жаныган. **2)** чукугандай сөз тапкан, сөзгө чебер. ~ **etmek 1)** сүйлөшүү. **2)** аркасынан сүйлөө. **~ını etmek** кеп кылуу. ~ **işitmek** тил/жеме угуу. ~ **kaldıramamak** сөз көтөрө албоо. **~ta kalmak** ооз/сөз жүзүндө калыш. **~la karın doymaz** куру сөзгө карын тойбойт. **~ına kapılmak 1)** калпына ишенүү. **2)** ушакка калуу. ~ **karıştırmak** сөз чаташтыруу. ~ **kıtlığında asmalar budayayım** болбогон/жарабаган сөз. ~ **~ı açar** сөздөн сөз чыгат. **~ı mı olur? bu da ~ mı?** сөз жок, айтпаса да түшүнүктүү. ~ **ola/ ~ ola beri gele** оозуна келгенди оттоо. ~ **olmak** сөз тарап кетүү. ~ **olsun diye** сөз деп эле. ~ **söyledi balkabağı!** төө десе, бээ дейт. **~a söze karışmamak** кепке-сөзгө кошулбоо. **~ını şaşırmak** эмне айтарын билбей калыш, оозунан сөзү түшүп калыш. ~ **taşımak** сөз ташуу. **~a tutmak** сөзгө алаксытуу/кармоо. **~ı uzatmak** сөздү узатуу. ~ **yetiştirmek 1)** сөз ташуу. **2)** каяша айтуу. ~ **yok** сөз жеткис, сонун.

lâfazan сүйлөөк, тилдүү.

lâfçı 1. көп сүйлөгөн, мактанчаак. **2.** ушакчы. **3.** сөзгө чебер.

lâfçılık,-ğı 1. сүйлөөктүк, мактанчаактык. **2.** ушакчылык.

lâflamak сүйлөшүү, маектешүү.

lafügüzaf болбогон/келжирек сөз.

lafzî 1. сөзгө /айтылышына байланыштуу. **2.** сөзмө сөз.

lâgar арык, алсыз, араң жан (*айбан*).

lâgım 1. *тар.* жер алдынан казылган жол. **2.** кир суулар агып кетчү жер алды канал. ~ **kuyusu** кир суулар үчүн жеркуй. **3.** мина. **~la atmak** мина менен жардыруу. ~ **gömmek** мина көөмп коюш.

lâgımcı 1. канализация түтүктөрүн тазалаган киши. **2.** мина адиси, сапёр. **3.** *тар.* жер алдынан жол казган аскер (*душман тарабын көздөп*).

lâğıv,-ğvı жоюш, жокко чыгарыш, алып ташташ, жок кылыш.

lâğvetmek жоюу, жокко чыгаруу, алып таштоо, жок кылуу.

lâğvolmak жоюлуу, жокко чыгарылуу, алып ташталуу, жок кылынуу.

lâhana *бот.* капуста (*Brassica oleracea*). **Frenk ~sı** брюссель капустасы. **kara** ~ кызыл капуста. ~ **turşusu** туздалган капуста.

lâhavle *сырд. с.* Кудай ай! Кудайым ай! (*кыйналганда, сабыры түгөнгөндө айтылат*). ~ **çekmek/okumak** кыйналганда **"lâhavle"** менен башталган дубаны окуш.

lâhika 1. кошумча, тиркеме. **2.** *грам.* мүчө.

lâhit, -hdi *археол.* табыт, саркофаг.

lâhmacun лахмажун (*жайылган камырдын бетине эт, пияз, помидор ж. б. сүйкөлүп тандырда бышырылган тамак*).

lâhos, lagos *зоол.* лагос.

lâhurî 1. лагор шалы (*Пакистандагы Лагор шаарынын атынан*). **2.** *лагор шалысы жасалган жибек.*

lâhutî теңирсел, ыйык.

lâhza көз ирмем, секунда. **bir ~da** көз ачып жумгуча.

lâik лаик, секуляр, дин иштерин мамлекет иштерине аралаштырбаган.

lâikleştirmek динге тиешеси жок нерселерди динге аралаштырбоо, лаиктештирүү, секулярлаштыруу.

lâiklik,-ği 1. лаицизм, секуляризм. **2.**мамлекет жана дин иштеринин

өз-өзүнчө тутулушу.
lâk, -ki, lâka 1. лак. **2.** (*бир нерсенин*) рельефтик сүрөттөлүшү.
lâkap, -bı лакап/такма ат, эпитет, псевдоним. ~ **takmak** лакап ат тагыш.
lâkaplı лакап/такма аттуу, псевдонимдүү.
lâkaydî кайдигерлик, кош көңүлдүк, тоотпостук.
lâkayt кайдигер, кош көңүл, тоотпос, мурдун балта кеспес. ~ **kalmak** тоотпоо, көңүл бурбоо.
lâkaytlık,-ğı кайдигерлик, көңүл коштук, тоотпостук.
lâke лакталган. ~ **dolap** лакталган шкаф.
lâkerda туздалган балык тилимдери.
lâkırdı 1. сөз, кеп. ~ **atmak** сөз айтыш, кеп салыш. **2.** сүйлөшүү, сүйлөө. **~yı kapatmak** сүйлөбөй калыш, сөзүн токтотуш. **3.** бош/болбогон сөз,келжиректик, сандырактык. **~sı ağzında kalmak** айтар сөзүн айтып бүтүрө албай калыш. ~ **ağzından dökülmek** кыйналып сүйлөө, кыйындык менен тили күрмөөгө келүү. **~yı ağzına tıkamak** жаагын жап кылуу. ~ **altında kalmak** жаманатты болуш. **~altında kalmamak** сөзгө жеңилбөө, оозунан сөз качып кутулбоо. **~ya boğmak** тынбай сүйлөө, сөзү менен тажатуу. ~ **etmek 1)** сүйлөө. **2)** жаманатты кылуу, ушактоо. **~sı mı olur?** айтып кереги жок. **~ya tutmak** сөз менен алаксытуу. ~ **yakası açmak** эске салуу, эскертүү.
lâkırdıcı 1. сүйлөөк, кара жаак, жаактууга жай бербеген. **2.** ушакчы.
lâkin бирок. **gelmesine gelecek, ~ sizin istediklerinizi yerine getirmesi zor** келерин го келет, бирок сиздин каалаганыңызды аткарышы кыйын.
lâklak, -ğı 1. илегилектин тумшугун такылдатышы. **2.** *өтм.* ооз көптүргөн/саймедиреп айтылган сөз. ~ **etmek** лакылдап/безилдеп сүйлөш.
lâklaka *к.* **lâklak.**
lâklakıyat, -tı бекер сөз, сандырактык.
lâkonik кыска нуска сөз.
lâktoz лактоза, сүт шекери.
lâl, I –li 1. лаал, лагыл. **2.** кызыл сыя. **3.** кызыл түстүү.
lâl, II 1. дудук. **2.** *өтм.* көп сүйлөбөгөн, токтоо. ~ **etmek** сүйлөтпөө, үн чыгартпоо.
lala 1. *эск.* эркек тарбиячы. **2.** кул, кызматчы. **3.** *тар.* (*падыша сарайында*) гарем кароолчуларынын ана башы. **4.** *тар.* падышанын вазирлерине кайрылуу сөзү. ~ **paşa eğlendirmek** үй-жайын таштап салып элдин көңүлүн ачыш.
lâlanga лаланга (*майга бышырылган таттуу токоч*).
lâle 1. *бот.* жоогазын (*Tulipa gezneriana*). **L~ devri** Жоогазын доору (*жоогазындар чоң мода болгон XVIII кылымдын башы*). **2.** бакан (*учу айры түрүндө болуп, мөмө-жемиш үзүүдө колдонулат*). **3.***тар.* зоолу (*кылмышкерлердин/жиндилердин мойнуна салынган алкак*). ~ **ağacı** *бот.* жоогазын дарак (*Liriodendron tulipifera*).
lâlettayn 1. кадыресе, кадимки. **2.** туш келди, ой келди. ~ **bir yaz günü** кадыресе бир жайдын күнү.
lâlezar жоогазын бакчасы.
lâm I 1. *араб алфавитинде "л" тамгасынын аты.* **2.** эски эсеп боюнча – отуз. ~ **cim** күңк-мыңк, шылтоо. ~ **cim bilmem, bu iş bitirilmeli** эч кандай шылтоо болбосун, бул иш бүтүрүлсүн. **~ı cimi yok** башка жолу жок, анык. ~ **elif çevirmek/çizmek** айланып/басып келүү.
lâm II 1. микроскоп айнеги. **2.** тар узун металл кесими.
lâma I *зоол.* лама (*Lama*).
lâma II лама (*Тибетте будда дини кызматкери*).

lâmba I 1. лампа, чырак, жарык. **2.**электр лампасы. **3.** ампуль (*радио, телевизор ж. б.*). **detektör ~sı** детектор лампасы. **diode ~sı** диод. **üç kutuplu** ~ триод. **~yı açmak 1)** жарыкты күйгүзүү. **2)** чырактын билигин көтөрүү. ~ **karpuzu** айнек абажур. ~ **şişesi** лампа шишеси.

lâmba II кобул (*терезе, эшиктерге тагылган*). **tahtaya ~ açmak** тактайга кобул жасоо.

lâmbalı лампалуу.

lâmbri 1. дубал каптамасы. **mermer** ~ мрамор каптама. **2.** шып каптамасы.

lâme 1. күмүш, алтын зымдуу кездеме же металл түстүү тери. **2.** мындай кездемеден/териден жасалган кийим. ~ **entari** ламе көйнөк. ~ **ayakkabı** ламе туфли.

lâmekan 1. мекенсиз, белгилүү бир жерде болбогон (*Кудайдын сыпаттарынан*). **2.** эли-журту жок, селсаяк.

lâmel тышкы айнек (*микроскопто*).

lâmi жылтылдаган, жаркыраган, ачык түстүү.

lâminarya *бот.* ламинария, деңиз капустасы (*Laminaria*).

lan *орой к.* **ulan.**

lando(n) ландо (*араба түрү*).

lânet,-ti 1. каргыш. **~e kalmak** каргышка калыш. ~ **etmek/okumak** каргоо. **~ler yağdırmak** каргап-шилөө, каргыш жаадыруу. ~ **olsun!** каргыш тийсин! **2.** Кудайдын каарына/каргышына калган, өтө жаман. ~ **bir yer** Кудайдын каарына калган жер.

lânetlemek каргоо.

lânetli каргыш тийген, каргышка калган.

lângır: ~ **lungur** *туур. с.* **1)** даңгыр-дүңгүр. **2)** оргу-баргы. **onun** ~ **lungur söylemesine bakmayın** анын оргу-баргы сүйлөгөнүн капарыңарга албагыла.

lângırt, -tı үстөл үстү футбол.

lângust,-tu *зоол.* лангуст (*Palinurus vulgaris*).

lânolin ланолин.

lânse ортого коюлган, көтөрүп чыгылган, сунулган. ~ **etmek** таанытуу, даңазалоо, көтөрүп чыгуу.

lântan *хим.* лантан.

Laos Лаос.

Laoslu лаостук.

lâp *туур. с.* балп, чалп. **hamur** ~ **diye yere düştü** камыр балп этип жерге түшүп калды. ~ ~ **diye yemek** чалп-чалп эттирип чайнаш.

lâpa 1. ботко, каша. **bulgur ~sı** буудай ботко. **pirinç ~sı** күрүч ботко/каша. **2.** пластырь. ~ **koymak/vurmak** пластырь/ горчичник коюу (*ооруну басуу үчүн*). ~ **gibi** жумшак, көпшөк, борпоң. ~ ~ лап-лап, балп-балп (*жаагаң кар*).

lâpacı 1. боткону сүйгөн киши. **2.** чоң, бирок борпоң/ көпшөк киши.

lâpçın өтүк, маасы (*таманы жумшак*).

lâpilli *геол.* жанар тоодон чачыраган катуу кесек.

lâpina *зоол.* губан балыгы (*Labrus merila*).

Lâpon, Laponyalı лапониялык, лапон.

Lâponca лапончо, лапон тили.

lâppadak *к.* **larpadak.**

lârenjit, -ti *мед.* ларингит.

largetto *муз.* ларгетто.

largo 1. *муз.* ларго (*музыканын жай жана шаңдуу чалынарын билдирет*). **2.** бул ыкмада чалынган музыка.

lârp,-pı: ~ **diye 1)** капысынан, күтүүсүздөн. ~ **diye önümüze çıkıverdi** капысынан алдыбызга чыга калды. **2)** тарс эттире, катуу. ~ **diye kapıyı kapattı** тарс эттирип эшикти жаап жиберди.

lârpadak 1. капысынан, байкоостон, күтүлбөгөн жерден. **2.** катуу, бо-

лушунча. ~ **yakalandı** капысынан колго түштү.
lârva *биол.* куртчук.
lâser *к.* **lâzer.**
lâskine *карта оюнунун бир түрү.*
laso лассо, аркан.
lâsta тоннаж, кеменин жүк көтөрүмдүүлүгү.
lâsteks ластекс (*каучук, жибек, пахта, жүн аралаштырылып токулган кездеме*).
lâstik, -ği 1. резина, каучук. ~ **çizme** резина өтүк. ~ **sanayi** резина өнөр жайы. **2.** резина көлөч. **3.** резина өчүргүч. **4.** *авто.* шина. **arabanın ~i patlamış** машиненик шинасы жарылыптыр. **5.** резина тасма, тарткыч. ~ **ağacı** *бот.* каучук дарагы (*Ficus elastica*). ~ **gibi 1)** жумшак, ийкемдүү. **2)** шамдагай, чапчаң. **3)** резинкадай, катуу, чала бышкан (*эт*).
lâstikçi көлөч сатар.
lâstikli 1. резина, резинадан жасалган. ~ **şerit** резин(к)а, тарткыч (*мис. шымдын кашатын*). **2.** *өтм.* көп маанилүү/туюк айтылган сөз. ~ **konuşmak** туюк сүйлөө. ~ **söz** каймана сөз.
lâşe тарп, өлүк.
lâşek сөзсүз, шексиз.
lâta I узун кууш тактай.
lâta II *дин* лата (*мусулман дин кызматкеринин чапаны*).
lâtanya *бот.* латания (*Latania rubra*).
lâteks *хим.* латекс, сүт, маңыз (*айрым өсүмдүктөрдө*).
lâterna латерна, шарманка, арген.
lâternacı латерна жасаган/саткан/чалган киши.
lâtif 1. жумшак, жагымдуу. **2.** ичке, назик, жеңил, көркөмдүү. **3.** зээндүү, тетик, акылы курч.
lâtife 1. тамаша, куудул сөз. **~den anlamak** тамашаны түшүнүү. ~ **bir yana** тамаша эмес, тамашаны коюп. **~ye çevirmek** тамашага айландыруу. ~ **etmek** тамаша кылуу. ~ **olarak** тамаша иретинде/кылып. **~ye lâtif gerek** *мак.* ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө.
lâtifeci тамашакөй, куудул.
Lâtin 1. *тар.* латын (*Италиядагы Латиум аймагында жашаган элдин өкүлү*). **2.** латындарга мүнөздүү/тиешелүү. ~ **alfabesi** латын алфавити. ~ **harfi** латын тамгасы. ~ **müziği** латын музыкасы. **3.** роман тилдеринде сүйлөгөндөр.
Lâtince латынча, латын тилинде.
lâtinleştirmek латындаштырыш, латын тамгасына өтүш.
lâubalî 1. тартынбас, уятсыз, көшөкөр, адепсиз. **2.** тартынбай, шар/шарт эле, баа-чаасы жок, адепсиз түрдө. ~ **konuşmak** адепсиз сүйлөө. ~ **olmak** өзүн ашкере эркин кармоо.
lâubalîleşmek сыпайылыктык чегинен чыгыш, ашкере ачык болуш.
lâubalîlik, -ği ашкере ачыктык, тартынбастык, уятсыздык.
lâv лава. ~ **taşması** (*жанар тоодон*) лава бүркүлмөсү.
lâva 1. *дең.* тарт буйругу (*жээкке жанашкан кеме үчүн*). **2.** ушак, айың. **3.** жутум. ~ **etmek** сүйрөш, тартыш (*мис. кайыкты*).
lâvabo 1. бет жуугуч, раковина. **2.** *арго* ажаткана, туалет.
lâvaj 1. (*металлургияда*) иштетилген металлды жуу иши. **2.** *мед.* жуутазалоо (*мис. жараны*).
lâvanta 1. кургатылган лаванда гүлү. **2.** лаванда гүлүнүн эссенциясы, духи. ~ **çiçeği** *бот.* лаванда (*Lavandula*).~ **mavisi** лаванда түстөнгөн көк.
lâvaş лаваш, калама (*токоч*).
lâvman *мед.* **1.** ашказанды тазалоо/жуу. **2.** клизма. ~ **yapmak 1)** ашказанды жуу. **2)** клизма жасоо.
lâvta I *муз.* уд (*музыкалык аспап*).
lâvta II 1. акушер, киндик эне. **2.** аку-

шер кычкачы.
lâvtacı уд чалган киши.
lâyık, -ğı ылайык, жарашкан, татыктуу, арзыган. **ödüle ~** сыйлыкка татыктуу. **~ bulmak/görmek** татыктуу деп эсептеш. **~ını bulmak 1)** татыктуусун табыш. **2)** тиешелүү/татыктуу түрдө алыш (*мис. сыйлыкты, наамды*). **~ olmak** татыктуу/ылайык болуш.
lâyıkıyla ... –га ылайык/жараша.
lâytmotif 1. *муз.* лейтмотив, негизги мотив. **2.** *ад.* лейтмотив.
Lâz 1. лаз. **2.** лазларга мүнөздүү/ тиешелүү.
lâzareto карантин, лазарет.
Lâzca лазча, лаз тилинде.
lâzer *физ.* лазер. **~ ışınları** лазер нурлары. **~ yazıcı** *комп.* лазер жазгыч.
lâzım 1. ылаазым, керек. **~ gelmek/olmak** керек болуш. **2.** *грам.* өтпөс этиш. **~ olduğu gibi** ылайыгы келгендей, керек болгондой. **neme ~?** мага эмне? **~sa** керек болсо.
lâzımlık, -ğı 1. керектүүлүк, зарылдык. **2.** *арго* ажаткана, туалет. **3.** түнкү таштек.
lebalep мелтилдетип, мелт-калт кылып. **~ dolu** мелт-калт толо.
lebiderya деңиз жээги.
leblebi 1. куурулган нокот. **~ şekeri** леблебилүү конфет. **~ unu** нокот уну. **2.** *арго* ок.
leblebici 1. леблеби жасаган/саткан киши. **2.** леблеби сатылган дүкөн.
leçek, -ği *ооз.* жоолук, жүн шарф.
legal,-li легал, мыйзам ченемдүү.
legalleşmek легалдашуу, мыйзам ченемдүү болуу.
legato *муз.* легато.
legorn леггорн (*тоок түрү*).
legen 1. илеген. **~ ibrik** чөөгүн-таштек. **2.** *анат.* жамбаш сөөгү.
Leh поляк.
leh (*бирөө*) тарабында/үчүн, (*бирөөнү*) жактап/жандап. **~imde** мени жактап. **~inde olmak** пайдасына чечилиш. **~ine olmak** ишине жараш, пайдалуу болуш. **~te olmak** (*бирөө*) тарабында болуш. **~te oy vermek** жактап добуш бериш. **~inde konuşmak/söylemek** жактап сүйлөш. **~te ve aleyhte** каршы жана калыс (болгондор).
Lehçe полякча, поляк тили.
lehçe *линг.* диалект. **~ bilimi** диалектология.
lehim 1. данакер металл, каңдооч. **2.**каңдама, таптешик. **3.** каңдама дүкөнү.
lehimci (*металлдарды*) каңдаган уста.
lehimlemek каңдоо, таптешиктөө.
lehimli каңдалган, таптешиктелген.
Lehli 1. поляк. **2.** Польша журтташы.
lehtar жактоочу, тараптар. **~ ve alehtar** колдогондор жана каршы чыккандар.
lejyon 1. *тар.* легион (*Эски Римде жөө жана атчан аскер кошууну*). **2.** *аск.* легион.
lejyoner легионер.
leke 1. так, из. **kan ~si** кандын тагы. **yağ ~si** майдын тагы. **2.** так, кал, жышаан. **alnında uzun kara ~si var** маңдайында узун кара калы бар. **3.** *өтм.* так, уят, маскарачылык. **geçmişinin ~lerinden temizlenmek** өткөн тарыхынын тактарынан тазаланыш. **~ çıkarmak** так чыгаруу. **~ etmek** так кылуу/калтыруу. **~ getirmek** *өтм.* так калтыруу, шерменде кылуу. **~ olmak 1)** так калуу. **2)** абийири төгүлүү, уят болуу. **~ sürmek** жаманатты кылуу, атына шек келтирүү. **~ tutmak** кир көтөрүмсүз болуу (*кийим жөнүндө*). **~ yapmak** так/из калтыруу.
lekelemek 1. кирдетүү, так/из калтыруу. **2.** *өтм.* (*бирөөнүн*) намысына шек келтирүү, абийирин төгүү.
lekeli 1. кирдүү, тактары/издери бар.

2.жаманатты болгон, аты чыккан. ~ **humma** *мед.* темгилдүү/бөртмө келте.
leken адымдалуучу лыжа.
lekesiz 1. таксыз, изсиз, кири жок. **2.** абийирдүү, намыстуу.
leksikografi лексикография.
leksikoloji лексикология.
lektör лектор, окутуучу.
lenduha одоно, оркойгон, калдайган, эби-сыны жок. ~ **bir dolap** калдайган шкаф.
lenf(a) *анат.* лимфа. ~ **bezleri** лимфа бездери. ~ **boğumları** лимфа түйүндөрү.
lenfatik *физиол.* **1.** лимфага байланыштуу. **2.** лимфатизмге учураган (*ноокас*).
lenfatizm *мед.* лимфатизм (*оору*).
lenfosit, -ti *физиол.* лимфоциттер.
lenger 1. жалпак жайык жез табак. **2.***дең.* якорь. ~ **atmak 1)** якорь түшүрүү. **2)** *арго* конокто көпкө отуруп алуу.
lengüistik 1. лингвистика, тил илими. **2.** лингвистикалык.
lenk *эск.* чолок.
lens 1. линза. **2.** контакт линза.
lento *муз.* жай чалынган музыка.
leopar *зоол.* кабылан, леопард.
lep I: ~ **demeden** лам дедирбей. ~ **demeden leblebiyi anlamak** лам дедирбей/ооз ачтырбай түшүнүү.
lep II, -bi 1. *ооз.* илеп, эрин, дудак. **2.** чет, уч, чек.
lepiska 1. Лейпциг жибеги. **2.** узун, сары жумшак (*чач*).
lepra *мед.* ала (*оору*).
lesepase 1. чек арадан өтүш уруксаты. **2.** бул уруксатты көргөзгөн документ.
leş 1. тарп, сасып кеткен өлүк (*жаныбарлардын*). **2.** сасык нерсе. **~ini çıkarmak** (*бирөөнүн*) тарпын чыгаруу, өлөрчө сабоо. ~ **gibi 1)** булганыч, сасык (*жер*). **2)** сасык, адам чыдагыс (*жыт*). **3)** чарчаган, алсыз, дармансыз (*киши*). ~ **gibi sarhoş** өлөрчө мас. ~ **gibi serilmek** бутун тартпай жыгылып калыш. ~ **kargası** жору. **~ini sermek** *опуза* талпагын ташка жайыш, өлтүрүш.
leşçil тарп жеген (*жаныбар*).
leşker *эск.* лашкер, аскер.
letafet, -ti 1. сулуулук, көркүүлүк, сымбат, назиктик. **2.** сылыктык, назиктик, жумшактык.
letarji *мед.* летаргия.
Leton латыш.
Letonya Латвия.
Letonyalı 1. латвиялык. **2.** латыш.
leva лев (*Болгариянын акча бирдиги*).
Levanten левантин (*Чыгышта төрөлгөн же жердешип калган европалык*).
levazım керек-жарак, материал, камкешек. ~ **sınıfı** *аск.* интенданттык бөлүк.
levazımcı жабдуучу, чарба ишин жүргүзгөн, интендант.
levent, -di 1. *тар. , аск.* матрос, деңиз аскери (*Османлы флотунда*). **2.***өтм.* сымбаттуу, келишимдүү, зыңкыйган, күчтүү. **3.** эркин, көз каранды эмес.
leventlik,-ği 1. левенттик (*кызмат/милдет*). **2.** сымбаттуулук, келишимдүүлүк, күчтүүлүк.
levha 1. такта, табличка, көрөнөк, алкак. **hatıra** ~ эстелик тактасы. **nişangah ~sı** бута алкакчасы. **2.** ураан, лозунг. **3.** сүрөт, табло.
levrek, -ği *зоол.* деңиз окуну (*Labrax labrax*).
levüloz *хим.* левулёза, фруктоза.
levye *тех.* **1.** механизмдин пульту. **2.***бир нерсени жылдыруу, көтөрүү, бошотуу үчүн колдонулган жабдык.*
ley лей, лея (*Румыниянын акча бирдиги*).
leydi леди (*титул*).

leyla *арго* **1.** көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн. **2.** ылжыган мас.
leylâk, -ğı *бот.* кадимки сирень (*Syringa vulgaris*). ~ **ağacı** сирень дарагы. ~ **rengi** сирень (*сыя көк*) түстүү.
leylek, -ği *зоол.* илегилек (*Ciconia ciconia*). ~**in attığı yavru** четтетилген, бөлүнгөн, унутулган (*киши*). ~ **bacak** буттары ичке, узун. ~ **fırtınası** *марттын аягында болгон бороон.* ~ **gibi** шырыктай, бакандай (*узун*). ~**i havada görmek** *тамаша* ордунда турбаган, желип-жорткон. ~**in ömrü lâklâkla geçer** *кечке маанисиз сүйлөгөндөргө айтылган сөз* (*сөзм. с.* илегилектин өмүрү лаклактап сайроо менен өтөт). ~**in yuvası gibi** илегилектин уясындай (*чатышкан/ түйдөктөшкөн чач*).
Lezgi лезгин.
leziz 1. даамдуу, таттуу, жагымдуу (*тамак*). **2.** *өтм.* ширин, сүйкүмдүү, таттуу.
lezyon *мед.* лесион (*ткандын бузулушу*).
lezzet, -ti 1. тат, даам, лаззат. **2.** *өтм.* лаззат, жыргал, кумар, ыракат, үзүр. ~ **almak/duymak** ыракат алуу, кумары кануу, жыргалын/үзүрүн көрүү. ~ **vermek 1)** даам берүү. **2)** ыракат берүү, жыргатуу.
lezzetlendirmek 1. даам/тат берүү, даамын жакшыртуу. **2.** *өтм.* жагымдуу/жакшы кылуу.
lezzetlenmek 1. даамдуу болуу, даамы жакшыруу. **2.** *өтм.* лаззаттануу, жагымдуу/жакшы болуу.
lezzetli 1. даамы жакшы/сонун, даамдуу, таттуу. **2.** лаззаттуу, жагымдуу, кумардуу.
lezzetsiz 1. даамсыз, даамын жаман. **2.** жагымсыз.
lıg, -ğı аллювий, шиленди, ширенди.
lıglamak (*кум, топурак ж. б.*) шилеп/ширеп салыш.
lıglanmak (*кум, топурак ж. б.*) шиленип/ширелип калыш.
lığlı *геол.* ширендилүү (*мис. катмар*).
lıkır: ~ ~ кулк-кулк (*суюк нерсе ичкенде чыккан үн*).
lıkırdamak булк-булк этүү (*идиш ичиндеги суюктук чыгарган үн*).
liberal, -li либерал. ~ **parti** либерал партия.
liberalizm либерализм.
liberalleşmek либералдашуу.
Liberya Либерия.
Liberyalı либериялык.
libido либидо, жыныстык кумар.
libretto *муз.* либретто.
Libya Ливия.
Libiyalı ливиялык.
lider 1. лидер, жетекчи, башчы. **2.***спорт* биринчи, алдыңкы, эң баштагы.
liderlik, -ği лидерлик.
lif 1. була, жип, чачы. **2.** люфа. **3.** жышуур (*мончодо*). ~ **gibi** шуудураган, куудураган. ~ ~ **olmuş** булайып/жиптери чыгып калган.
liflemek жышуур менен денени самындоо.
lifli булалуу, жиптүү.
lig, -ği *спорт* **1.** лига, уюм, бирикме. **2.**профессионалдар командасы. **3.**матч, беттешүү. ~**den düşmek** лигадан чыгып калыш.
Lihtenştayn Лихтенштейн.
Lihtenştaynlı лихтенштейндик.
liken 1. *бот.* эңилчек. **2.** *мед.* чакалай, темирөткү.
likidasyon ликвидация, жоюу.
likide: ~ **etmek** жоюу.
likidite 1. сатып алуу күчү. **2.** акчага оңой алмаштырылуучу (*нерселер*).
likit 1. суюк. ~ **gaz** суюк газ. **2.** накталай (*акча*).
likorinoz ышталган балык.
likör ликёр.
lila кызгылт көгүш (*түс*).
liman порт. ~ **açıkları** деңиздин порттон көрүнгөн ачык бөлүгү. ~ **reisi** порт

башчысы. **hava ~ı** аэропорт.

limanlamak 1. портко токтоо (*кеме*). **2.** тынчуу, тынуу (*шамал, толкун ж. б.*).

limanlık, -ğı 1. тынч / буйтка / портко ылайык жер. **2.** тынч, көшүлгөн, мемиреген (*деңиз, шамал, күн*).

limbo 1. жүк кемеси. **2.** мүлктү кутка-рыш (*мис. чөккөн кемеден*).

lime: ~ ~ айрык-айрык, бөлүк-бөлүк. ~ ~ **kesmek** барча-барча кесиш.

limit, -ti лимит, чек. **~i aşmak** лимитти ашуу. **~e bağlı kalmak** лимиттен ашпоо.

limitet,-di акционердик коом, компа-ния. ~ **ortaklık/şirket** шериктердин жоопкерчилиги/капиталы менен чектелген ортоктук.

limon 1. *бот.* лимон (*Citrus limonum*). **2.** лимон (*мөмө*). ~ **gibi 1)** сапсары. **2)** абдан кычкыл. ~ **kabuğu gibi** кичинекей, түрү суук (*шляпа*). ~ **küfü** көгүш жашыл (*түс*). ~ **sarısı** лимондой сары (*түс*). ~ **tuzu** лимон кычкылы.

limonata лимонад.

limonî 1. жашгылт сары (*түс*). **2.** *өтм.* ызакор, чынтийбес (*киши*). **3.** бузук, начар (*мамиле*). **bu günlerde aramız** ~ бул күндөрдө мамилебиз начар.

limonlu лимондуу, лимон кошулган. ~ **salata** лимон кошулган салат.

limonluk, -ğu 1. лимон бакчасы. **2.** ли-мон сыккыч.

linç, -çi *күнөөлүүнү сотсуз/ сураксыз көптөп өлтүрмө.* ~ **etmek** көптөп өлтүрүп салыш, төөбасты кылыш.

lineer *мат.* сызыкка байланыштуу/ тиешелүү.

link,-ki жорго. ~ **gitmek** жорголоп басуу (*ат*).

linolyum линолеум.

linotip, -pi *полигр.* линотип.

linyit, -ti *геол.* лигнит, күрөң көмүр.

liparit, -ti *геол.* липарит.

lipit, -di *биохим.* липид, органикалык май.

lir *муз.* лира.

lira 1. лира (*Түркиянын акча бирдиги*). **2.** лира (*Египеддин, Сириянын акча бирдиги*). **3.** *эск.* алтын тыйын (*7 грамм салмагында*).

liralık,-ğı лиралык, лира баасында/нар-кында.

liret, -ti лира (*Италиянын акча бирди-ги*).

lirik,-ği 1. лирика. **2.** лирикалык чыгар-ма. **3.** лирик.

lirizm лиризм.

lisan тил. **~a gelmek** тил бүтүү, сүйлөп жиберүү.

lisans 1. бакалаврдык (*төрт жылдык*) билим. **2.**бакалавр диплому. **3.***соо-да* лицензия. **ihraç ~ı** экспорт ли-цензиясы. **4.** *ук.* өндүрүп чыгаруу лицензиясы (*башка бир ишкана-нын үрүнүн*). **5.** сертификация, күбөлүк. ~ **yapmak** бакалаврга окуш.

lisanslı 1. лицензиялуу. **2.** бакалавр би-лими бар.

lisans üstü магистрлик (*билим*).

lise лицей, орто мектеп.

liseli лицейист, лицей окуучусу.

liste тизме. **kara** ~ кара тизме. **~ye almak** тизмеге алуу. **~ye geçirmek** тизмеге киргизүү. ~ **yapmak** тизме түзүү.

listelemek тизмелөө.

literatür 1. адабият. **2.** адабият, булак (*бир темага байланыштуу*).

litmus лакмус. ~ **kâğıdı** лакмус кагазы.

litografi, litografya литография.

litografyacı литограф.

litoloji литология.

litosfer литосфера.

litre литр.

litrelik литрлик, ... литр баткан. **on** ~ **kova** он литрлик чака.

liturji, liturya *дин* литургия.

Litvanya Литва.

Litvanyalı литвалык.
lityum *хим.* литий.
liyakat, -ti 1. ылайыктуулук, жарашыктуулук, шайкештик. **2.** жөндөм, шык. ~ **göstermek** аткаруу, орундоо. ~ **sahibi** жөндөмдүү, шыктуу.
liyakatli 1. татыктуу, ылайык. **2.** жөндөмдүү, шыктуу, компетенттүү.
liyakatsiz 1. татыксыз, ылайык эмес. **2.**жөндөмсүз, шыксыз, компетентсиз.
lizol, -lü лизол.
lizöz аялдардын түнү кийип жаткан жүн жемпери.
loleyla *бот.* лобелия (*Lobelia*).
lobi 1. лобби, фойэ. **2.** *өтм. , саяс.* лобби, бир кызыкчылыкты жактоочулар, бир көмөчкө күл тарткандар.
lobut, -tu 1. кыска жоон союл. **2.** *спорт* булчуң чыңоо үчүн көтөрүлгөн оордук жарагы.
loca 1. ложа (*театрда*). **2. (mason ~sı)** массон ложасы.
loda байлам, тутам, боо. **saman ~sı** бир боо саман.
lodos 1. лодос (*түштүктөн соккон шамал)*. **2.** түштүк, түштүк тарап. **~a bakan pencere** түштүккө караган терезе.
lodoslamak 1. лодос согуу. **2.** шамал лодоско айлануу. **3.** күн жылый баштоо.
logaritma *мат.* логарифм. ~ **cetveli** логарифм сызгычы.
logistik, -ki логистика.
logo лого.
logusa толготкон/төрөгөн аял. ~ **hummaası** *мед.* төрөт ысытмасы, кара басуу. ~ **şekeri** жемиш шекери (*жаш төрөгөндөргө шербет кайнатылып берилет*). ~ **şerbeti** жентек шербети.
logusalık 1. төрөт. **2.** төрөттөн кийинки жети же кырк күн (*аял үчүн*).
lojistik I *лог.* логика.
lojistik II 1. *аск.* тыл. **2.** тылга байланыштуу.
lojman үй, квартира (*иштеген мекемеси тарабынан берилген*).
lok I *дең.* лок (*деңгээли башка эки деңизге кемелердин өтүшү үчүн салынган арачы бассейн*).
lok II: ~ ~ *туур. с.* лок-лок, чулк-чулк.
lokal, -li 1. жергиликтүү, аймактык. **2.***мед.* чектелген. ~ **anestezi** чектелген наркоз. **3.** ийрим клубу/үйү. **edebiyatçılar ~i** адабиятчылар үйү. **4.** локал, түнкү клуб.
lokanta ашкана, ресторан.
lokantacı ашкана/ресторан ээси.
lokavt,-tı локаут, массалык иштен чыгаруу.
lokma 1. тиштем, кесим. **bir ~ ekmek** бир кесим нан. ~ ~ кесим-кесим, бөлүк-бөлүк. **2.** локма (*майга бышырылып, шербет кошулган таттуу боорсок*). **3.** *өтм.* (*бир нерсенин*) каймагы, даамдуу жери. **~sı ağzında büyümek** ичтейи ачылбоо, тамакка табити тартпоо. ~ **dağıtmak** өлгөндүн кыркылыгында таттуу токоч таратуу. **~sını dökmek** (*бирөөнүн*) кыркында локма таратып, куран окутуу. ~ **göz** торсок/бака көз. **~sını saymak** ичкен-жегендерди байкап туруу.
lokmacı 1. локма жасаган/саткан киши. **2.** жатып ичер, жанбакты.
Lokman Улукман (*байыркы акылман жана тамсилчи*).
lokman дары, элексир.
lokman ruhu эфир.
lokomobil локомобиль.
lokomotif локомотив.
lokum 1. рахат-лукум (*түрк таттуусу*). **2.** момун (*карта оюнунда*). **3.***арго* жоош мугалим.
lokumcu локум жасаган/саткан киши.
lombar *дең.* кемеде замбирек атуучу тешик.
lomboz *дең.* иллюминатор, люк (*кемеде*).

lonca кол өнөрчүлөр цехи, корпорация. ~ **ustası** кол өнөрчүлөр корпорациясы башчысы.
Londra Лондон.
longpley узак чалар (*пластинка*).
lop I жумшак, тоголок, ири. ~ **et** кесек эт. ~ ~ лак-лак. ~ ~ **yutmak** лак-лак жутуп коюш. ~ **yumurta** катуу бышырылган жумуртка.
lop II бөлүк, кесек, үлүш.
lopçuk бөлүкчө, кичине кесим.
loppadak балп этип/эттирип. **et ~ yere düştü** эт балп деп жерге түштү. ~ **yutuverdi** лак эттирип жутуп жиберди.
lopur: ~ ~ кулк-кулк. ~ ~ **yutmak** кулк-кулк эттирип жутуу.
lor: ~ **peyniri** эчкинин сүтүнөн жасалган быштак.
lort, -du 1. лорд (*титул*). **2.** Лорддор Палатасы мүчөсү. **3.** бай, бардар. **~lar Kamarası** Лорддор Палатасы (*Британия Парламентинде*).
lorta өтүк калыбы.
lostra өтүк боёк/крем. ~ **salonu** өтүк боёгон жер.
lostracı өтүк боёгуч киши, өтүкчү.
lostromo *деңз.* боцман (*соода кемесинде*).
losyon лосьон, туалет суусу.
loş күңүрт, караңгы. ~ **oda** караңгы бөлмө.
loşluk күңүрттүк, караңгылык. **akşam ~unda** кеч бүүрүлүндө.
lotarya лотерея.
lotus лотос.
lök I *ооз.* лөк, атан төө. ~ **gibi oturmak 1)** лөк деп отуруу (*салмактуу бирөө үчүн*). **2)** аш болбоо (*тамак*).
lök II клей түрү.
lökoplast *бот.* хромопласт.
lökosit, -ti лейкоцит, кандын ак бүртүктөрү.
lökün шпаклевка.
löpür: ~ ~ чалп-чалп (*чайноо*).
lösemi *мед.* лейкомия, кан рагы.
lt. (**litre'***нин кыск.*) литр.
ltd. (**limitet'***тин кыск.*) чектелген.
lûmbago *мед.* люмбаго, бел оорусу.
lunapark лунапарк.
lutr 1. кундуз. **2.** кундуздун териси. **3.**кундуз терисинен жасалган.
Lübnan Ливия.
Lübnanlı ливиялык.
lüfer *зоол.* луфарь (*Pomatomus saltarix*).
lügat, -ti 1. *эск.* сөз. **2.** сөздүк. ~ **paralamak 1)** ыксыз көп чет тил сөздөрүн кошуп сүйлөө. **2)** маңызсыз сүйлөө.
lügatçi лексикограф.
lüks I 1. люкс, ашкере шаан-шөкөт, ашыкча баалуу нерселер. **2.** жогорку сапаттагы/класстагы. ~ **restoran** люкс ресторан.
lüks II 1. *физ.* люкс. **2.** (~ **lâmbası)** лампа-люкс.
Lüksemburg Люксембург.
Lüksemburglu люксембургдук.
lüle 1. түрүлгөн, бүгүлгөн (*нерсе*). **2.**тамеки канжасынын башы. **3.**чачтын тармалы. **4.** фонтандын калпагы. **5.** агын суу өлчөгүч. ~ ~ тармал-тармал. ~ **taşı** *геол.* пемза, магнезиум сили-кат.
lüleci канжа башын жасаган/саткан киши.
lümen *физ.* люмен.
lümpen люмпен. ~ **proletarya** люмпен-пролетариат.
lüp 1. даяр оокат, бекер келген нерсе. **~e konmak** жатып ичиш, даяр оокатты баса калыш. **2.** *туур. с.* лак, лоп. ~ **diye yutmak** лак дедирип жутуп коюу.
lüpçü жатып ичер, жанбакты.
lütfen 1. *сураныч, өтүнүчтө колдонулган сылыктык сөзчүгү.* **~, şu çiçeği sular mısın?** бул гүлдү сугарып коёсуңбу? **~, gitmeyiniz!** кетпеңизчи! **2.** сыпайыгерчилик/адеп үчүн. **aylarca sonra ~ uğradı** канча айдан

кийин сыпайыгерчилик үчүн келип кетти.

lütfetmek 1. ырайым/кайрым кылуу, уруксат берүү, кичипейилдик кылуу. **lütfeder misiniz** кичипейилдик кылып коёсузбу. **2.** айтуу, билдирүү. **adınızı lütfeder misiniz** атыңызды айтып коёсузбу.

lütuf, -tfu ырайым, жакшылык, кайыр. **~ta bulunmak /~ buyurmak** ырайым кылуу, кичипейилдик жасоо.

lütufkâr ырайымдуу, боорукер, кичипейил. **çok ~ bir insan** абдан кичипейил киши.

lüzum керек, керектүүлүк, лаазымдык, зарылдык. **~unda/~ hâlinde** керек болсо. **~undan fazla** керегинен ашыкча/көп. **~ görmek** керек деп эсептөө. **~u yok** кереги жок.

lüzumlu керектүү, зарыл, лаазым.

lüzumsuz керексиз, зарыл эмес. **~ yere** керексиз эле.

lüzumsuzlaşmak кереги жок болуп калыш.

lüzumsuzluk,-ğu керексиздик, жараксыздык.

M

M,m 1. *түрк алфавитинин он алтынчы тамгасы.* **2.** *Рим цифрасында 1000 санын билдирет.* **3.** *метр сөзүнүн кыскартылышы.*

maada башка, тышында, эсептебегенде. **bundan ~** мындан башка.

maaile бүт үй-бүлө, үйдөгүлөрдүн баары.

maalesef тилекке каршы. **~ sütümüz kalmamış** тилекке каршы, сүтүбүз калбаптыр.

maani (mana *сөзүнүн көпт. т.*) маани.

maarif (marifet *сөзүнүн көпт. т.*). *эск.* **1.** Билим берүү Министри. **2.** билим жана маданият. **3.** билим/тарбия берүү системасы.

maaş айлык. **~ almak** айлык алыш. **~ bağlamak** айлык чектеп бериш. **~ bordrosu** айлыкчылардын бир айлык киреше-чыгаша белгеси. **~ vermek** айлык бериш.

maaşlı 1. айлык алган (*киши*). **2.** айлык берилген (*иш*).

maatteessüf *сырд.с.* аттиң ай, кап десең, тилекке каршы, айтышы кыйын, бирок ...

maazallah *сырд.с.* Кудай сактасын! Кудай анын жүзүн көрсөтпөсүн!

mabat, -dı 1. уландысы, аягы, соңу (*бир жазуунун, чыгарманын*). **2.** *арго* көчүк.

mabet,-di ыбадаткана, сыйынган жер, храм.

mabeyn,-yni 1. өз/ич ара, орто. **meseleyi ~izde halletmelisiniz** маселени ич араңарда чечип алышыңар керек. **2.** *тар.* ортолук (*эркек жана аял бөлүмдөрү арасында*). **3.** *тар.* султандын өзгөчө апартаменти (*өзгөчө сыйлуу кишилер гана кире алган*). **4.** мамиле. **~leri bozuk** мамилелери бузук.

mabeyinci *тар.* султандын жакын адамы/кызматчысы.

mabut,-du Теңир, Кудай, сыйынылган/табынылган нерсе, кумир.

Macar 1. венгр. **2.** мажар. **3.** мажарларга/венгрлерге тиешелүү. **~ salamı** мажар колбасасы. **~ biberi** кызыл калемпир.

Macarca 1. мажар тили. **2.** мажарча.

Macaristan Венгрия.

macera укмуштуу жорук/кылык, балаа, кызык, авантюра. **~ aramak** башына балаа издөө. **~ya atılmak** укмуштуу жоруктарга аттанып чыгыш. **~ya götürmek** башын балакетке калтыруу. **~ romanı** укмуштуу жоруктар романы.

maceracı авантюрист, башына балаа үйгөн.

maceralı укмуштуу, таң калычтуу, кызыктуу.

maceraperest,-ti укмуштуу окуяларды сүйгөн, авантюрист.

macit,-di даңазалуу, атактуу, көрүнүктүү.

macun 1. паста. **diş ~u** тиш пастасы. **2.**тыкооч, таптешик, замазка. **~ sürmek 1)** паста сүйкөө. **2)** (*терезени, эшикти*) таптешиктөө. **3.** *сагыз сымал конфет.* **4.** *арго* апийим. **5.** алтсыр/боёк (*негизги сырдын алдынан тартылган одоно сыр түрү*). **~ çekmek** алтсыр тартуу (*негизги сырды тартуудан мурун*).

macuncu мажун (*к.*) саткан/жасаган киши.

macunlamak 1) таптешиктөө (*эшиктин/терезенин/полдун жыртыктарын*). **2)** алтсыр тартуу.

maç,-çı *спорт* матч, мелдеш, таймаш. **futbol ~ı** футбол матчы. **rövanş ~ı** матч-реванш. **~ yapmak** матч

ойноо.

maça (*карта оюнунда*) карга. ~ **beyi** карга валет. ~ **kızı** карга дама. ~ **oğlu 1)** карга валет. **2)** сылаңкороз, көйрөң.

maçuna *тех.* жүк көтөргүч кран.

Madagaskar Мадагаскар.

Madagaskarlı мадагаскарлык.

madalya медаль. **altın** ~ алтын медаль. **gümüş** ~ күмүш медаль. ~ **almak** медаль алуу. ~**nın ters tarafı/yüzü** медалдын тескери жагы/аркасы.

madalyon медальон.

madam мадам.

madara 1. эт менен челдин ортосунда, маанисиз, маңызсыз. **2.** орой, одоно, баасы/баркы жок. ~ **etmek** уят /шерменде кылыш. ~ **olmak** абийири төгүлүү, шерменде болуу.

madde 1. материал, зат. ~ **değişimi** *биол.* зат алмашуу, метаболизм. **ham** ~ чийки зат. **2.** буюм, дүнүйө, товар. **3.** продукт, үрүн. **bitkisel** ~ өсүмдүк тектүү үрүн. **hayvansal** ~ айбан тектүү үрүн. **4.** *филос.* материя, субстанция. **5.** берене, статья (*мыйзамда, келишимде ж. б*). **6.** макала, чечмеленген сөз (*сөздүктө, энциклопедияда*). **7.**маселе, проблема. **8.** материалдык нерсе (*руханий нерсеге каршы*). ~ ~ **1)** бөлүк-бөлүк, макалалар түрүндө. **2)** ирети/катары менен.

maddeci 1. *филос.* материалист. **2.** *өтм.* дүнүйөкөр.

maddecilik, -ği 1. *филос.* материализм. **2.** дүнүйөкөрлүк.

maddesel материалдык, физикалык.

maddeten 1. материалдык түрдө, буюмдай, накталай. **2.** иш жүзүндө, чындыгында.

maddî 1. материалдык. ~ **değerler** материалдык нарктар. ~ **hasar** материалдык зыян/чыгым. **2.** нерселерден/заттардан турган. ~ **dünya** материалдык дүйнө. **3.** *өтм.* дүнүйөкор. ~ **bir adam** дүнүйөкор киши.

maddîleşmek 1. материалга/затка айлануу. **2.** дүнүйөкор боло баштоо.

maddiyat, -tı 1. *филос.* материалдуулук. **2.** материя, дүнүйө.

madem, mademki андай болсо, андай экен, эгер анте турган болсо. ~ **öyle** андай болсо. ~ **görmek istiyorsunuz, buyrun gelin** көргүңүз келип атса, келиңиз. ~ **yok, niye çağırdı?** эгер жок болсо, эмнеге чакырды?

maden 1. металл. ~ **bilimi** металлургия. **hafif ~ler** жеңил металлдар. **has ~ler** асыл металлдар. **nadir ~ler** сейрек металлдар. **2.** металл кошундусу, руда, минерал. **3.** кен, шахта. ~ **kuyusu** кен, шахта. **4.** металлдан жасалган. ~ **kaplama** металл капталган. ~ **kova** металл чака. **5.** *өтм.* кен, байлык. **bu kütüphane bir ~dir** бул китепкана (*өзүнчө эле*) кен байлык. ~ **cevheri/filizi** кен, руда. ~ **işçisi** кенчи, шахтёр. ~ **kömürü** таш көмүр. ~ **ocağı** шахта. ~ **suyu** минералдык суу. ~ **yatağı** кен катмары.

madenci 1. металлург. **2.** кенчи, шахтёр. **3.** минералог. **4.** шахта ээси.

madencilik,-ği 1. металлургия. **2.** шахтёрлук.

madenî 1. металл, металлдан жасалган. ~ **para** тыйын. ~ **sanayi** металл өнөр жайы,металлургия. **2.** минерал. ~ **tuz** минерал туз.

madensel 1. металл. ~ **kap** металл идиш. **2.** минералдык. ~ **gübreler** минералдык жер семирткичтер.

madensi 1. металл сымал/түстүү. **2.** металлоид.

maderşahî *мар.* матриархалдык. *сал.* **anaerkil.**

maderşahîlik, -ği матриархат. *сал.* **anaerki.**

madik, -ği 1. мадик (*оюн*). **2.** айла, амал, куулук, шумпайлык. ~ **atmak/**

etmek алдап кетүү, куулук кылуу. ~ **yutmak** алдануу.

madrabaz 1. соодагер (*азык заттар менен дүңдөн соода кылган*). **2.**алыпсатар, сүткор, кызылкулак. **3.** куу, амалкөй, пайдакеч.

madrabazlık, -ğı алыпсатарлык, сүткорлук, кызылкулактык, амалкөйлүк.

madrigal, -li мадригал.

maestro *муз.* **1.** композитор. **2.** дирижёр, маэстро.

mafiş 1. мафиш (*жакшы көптүрүлүп, бышырылган жумшак токоч*). **2.** *арго* жок, калбады. **bende para** ~ менде акча жок.

mafsal 1. *анат.* муун. ~ **romatizması** *мед.* муун ревматизми. **2.** *тех.* муунак, шарнир. **kardan ~ı** кардан муунагы.

mafya мафия.

maganda зөөкүр.

magazin 1.журнал. (*иллюстрацияланган*). **2.** депо,склад.

magma *геол.* магма.

magnezit, -ti *геол.* магнезит.

magnezyum *хим.* магний.

mağara үңкүр. ~ **bilimi** үңкүр изилдөө

mağaza 1. чоң дүкөн, магазин. **2.** азык жана буюмдар склады.

mağdur 1. жапа чеккен, жабыркаган. **2.** *юк.* адилетсиздикке учураган, укугу тепселген. ~ **etmek** жапа чектирүү. ~ **olmak** жапа чегүү, жабыркоо.

mağduriyet,-ti 1. жапа, жабыр. **2.** адилетсиздик.

mağdurluk, -ğu *к.* **mağduriyet.**

mağfiret, -ti *мус.* Кудайдын күнөөнү кечиши.

mağlûbiyet, -ti жеңилүү. *сал.* **yenilgi. ~e uğramak** жеңилүүгө учуроо. **~e uğratmak** жеңилүүгө учуратуу.

mağlup,-bu жеңилген, утулган. ~ **etmek** жеңүү, утуу. ~ **olmak** жеңилүү.

mağmum 1. капалуу, кайгылуу. **2.** түнөргөн, ачууланган, бушайман болгон. **3.** *өтм.* бүркөк, түнөргөн (*күн*).

mağnetik магниттик. ~ **alan** магниттик аянт.

mağrur 1. сыйлыктуу, намыстуу, эр көкүрөк. **2.** текебер, менменсинген, көөдөн көтөргөн. **3.** даңкына мас болгон. ~ **olmak 1)** көтөрүлүү, мактануу. **2) (***даңкына/ийгиликке ж. б.*) мас болуу.

mağrurlanmak кыйынсыныш, көөдөн көтөрүш, менменсиниш.

mağrurluk,-ğu текеберлик, менменсингендик, мактаныч.

mahal, -lli орун, жер, туш, маал. **~inde 1)** маалында, орду менен. **2)** тушта, жерде. **ders ~i** окуу аянты. **~a bırakmamak/vermemek** (*бир нерсеге*) жол бербөө, шылтоо калтырбоо. ~ **kalmamak** керек калбоо. ~ **yok** керек жок.

mahalle маала, кичирайон, квартал. **~yi ayağa kaldırmak** айылды/кошуналарды дүрбөлөңгө түшүрүү. ~ **çapkını** жолу жок эркек (*аялдардан*). ~ **çoçuğu** багар-көрөрү жок бала. ~ **kahvesi gibi** ызы-чуулуу (*жер*). ~ **karısı** айылчы катын.

mahalleli коңшу-колоң, бир кварталда жашагандар.

mahallî жергиликтүү, аймактык. ~ **adetler** жергиликтүү адат-салттар. ~ **idare** жергиликтүү бийлик. ~ **saat** жергиликтүү убакыт.

maharet, -ti өнөр, шык, ийкем, жөндөм. **~ini göstermek** өнөрүн көргөзүү. ~ **kazanmak** жөндөмгө/шыкка ээ болуш.

maharetli өнөрлүү, шыктуу, ийкемдүү, жөндөмдүү.

maharetsiz ийкемсиз, жөндөмсүз, чоркок.

mahcup, -bu уялчаак, тартынчаак, уяң. ~ **etmek** уят кылуу. ~ **olmak** уят болуу.

mahcupluk,-ğu уялчаактык, тартын-

чаактык, уяңдык.

mahdut,-du 1. чектелген, өлчөнгөн, аз сандагы. **2.** курчалган, тосулган.

mahfaza 1. куту, кап, баштык. **2.** капот. **3.** сандыкча (*асыл заттар, жасалгалар сакталган*).

mahfil, mahfel 1. чогулуш орду, клуб. **2.**топтолгон/чогулган кишилер. **3.**(*жаамиде*) өзүнчө тосулуп коюлган бийик жер.

mahfuz 1. корулган, сакталган, жабык. ~ **mallar** *ук.* катталган мүлк. **bütün haklar ~dur** бардык укуктары сакталат. **2.** эсте калган.

mahfuzen көзөмөл/кайтаруу алдында.

mahıv,-hvı жок кылуу, кыйратуу, тукум курут кылуу. ~ **etmek** *к.* **mahvetmek.**

mahir жөндөмдүү, чебер, шыктуу, уста.

mahiyet, -ti 1. маңыз, өзөк, мазмун. ~ **itibariyle** мазмуну боюнча. **2.** сапат, мүнөз, касиет. ~ **almak** мүнөзгө/сапатка ээ болуу.

mahkeme 1. сот (*мекеме*). **2.** сот (*процесс*). **ağır ceza ~si** оор кылмыш соту. **askerî** ~ аскердик сот, трибунал. **istinaf ~si** аппеляциялык сот. **~de dayısı olmak** колдоочусу бар болуу. ~ **duvarı** *ооз.* уятсыз, намыссыз, абийирсиз. **~ye düşmek** соттошуу. ~ **kapısı** сот, тергөө ж.б. ~ **kararı** соттун өкүмү. **~ye vermek** сотко берүү.

mahkemeli соттошкон, сотко берилген.

mahkemelik, -ği 1. сотко иши түшкөн (*киши*). **2.** сотто каралчу (*иш*). ~ **olmak** соттошуу.

mahkûm 1. соттолгон, кесилген (*сот тарабынан*). **idam ~u** өлүмгө өкүм кылынган. **müebbet hapse** ~ өмүр бою түрмөгө кесилген. **2.** *өтм.* мажбур/дуушар болгон (*мис. ооруга*). **anama bakmaya ~um** энеми багууга мажбурмун. **3.** аягы жаман бүтөрү белгилүү. **4.** туткун, кесилген (*киши*). ~ **etmek 1)** өкүм кылуу. **2)** кириптер/дуушар кылуу. ~ **olmak 1)** соттолуу, кесилүү. **2)** кириптер/дуушар болуу.

mahkûmiyet, -ti 1. соттолуш, кесилиш, өкүм. **önce ~i yoktur** мурун соттолгон эмес. **2.** жаза мөөнөтү. **~i on yıl** жаза мөөнөтү он жыл.

mahkûmluk, -ğu *к.* **mahkûmiyet.**

mahlep, -bi 1. *бот.* ибрис дарагы (*Prunus mahaleb*). **2.** бул дарактын жемиши.

mahluk, -ku 1. макулук, жаныбар. **2.** жаратылган.

mahlûl, -lü 1. чечилген, чачылган, ажыраган. **2.** *хим.* ажыратылган. **3.***ук.* мурасчысы болбогон (*мүлк, байлык*). **4.** бош, вакант. **5.** *хим.* эритинди.

mahlût 1. кошунду, аралашма, тазаланбаган. **2.** *тех.* аралашма, кошулма.

mahmude *бот.* чырмоок (*Convolvulus scammonia*).

mahmudiye махмудие (*Султан Махмуд II заманында чыгарылган алтын тыйын*).

mahmul,-lü 1. жүктүү, жүктөлгөн. **2.**салмактуу, оор (*стиль*). **3.** (*бирөөгө*) тиешелүү, кылынган, шылталган. **4.** *грам.* баяндооч.

mahmur 1. мас болгон, деңдароо (*абал*). **2.** уйкулуу, уйку-соо арасында, көзү ачылбаган. **3.** *өтм.* кыялдуу, наздуу (*көз караш*). ~ **çiçeği** *бот.* колхикум (*Colchicum*).

mahmurlaşmak 1. наздуу, сүзүлүп кароо. **2.** чарчоо, чаалыгуу, денеси салмактануу, ныксыроо.

mahmurluk,-ğu 1. оолжуган, масы тарабаган (*абал*). **~unu bozmak** мастыгын таратуу. **2.** чала уйкулуу, уйкуга мас (*абал*). **3.** кыялкечтик, наздуулук (*көз караштагы*).

mahmuz 1. шпора (*мингич айбандарды ылдамдатуу үчүн бут кийимге тагылган металл*). **2.** (*кемеде*) суу

жаргыч. **3.** (*үй куштарында*) текөөр. **4.** *тех.* көпүрөөнүн суу жирегичи.

mahmuzlamak 1. теминүү (*мингич айбанды*). **2.** *өтм.* ылдамдатуу, тездетүү.

mahpus 1. туткун, камалган, мунапыс, кесилген. ~ **bulunmak** камакта болуу. **2.** нард оюнунун түрү.

mahpushane абак, түрмө.

mahpusluk,-ğu 1. туткундук, мунапыстык (*абал*). **2.** туткундук (*мөөнөт*).

mahra жыгач идиш (*жүзүм ташыган*).

mahrama махрама (*пальто үстүнөн жамынган чоң жоолук*).

mahrem 1. *мус.* шарият жол бербеген/тыюу салган. **2.** нике түшпөгөн (*жакын туугандар*). **3.** жашыруун, көмүскө, уяттуу, сырдуу. **4.** гаремге кире алган (*эркек*). **5.** сырдаш. ~ **konuşmak** жашыруун сүйлөшүү. ~ **tutmak** жашыруун кармоо/сактоо.

mahremiyet,-ti 1. жашыруундук, сырдуулук. **2.** жакындык, сырдаштык, көңүлдөштүк. **(birinin) ~ine girmek** (*бирөөнүн*) сырын тартуу, ичи-койнуна кирүү.

mahrum куру жалак/куру калыш. ~ **bırakmak/etmek** куру калтыруу. ~ **olmak** куру калуу, ажырап/айрылып калуу.

mahrumiyet,-ti 1. жокчулук, каатчылык, тартыштык. ~ **duymak** каатчылык/жокчулук ичинде жашаш. **~lere katlanmak** жокчулукка чыдаш. **2.** ажыратма, айырма, куру калтырма.

mahsuben эсебинен, кармап. **maaşına ~** айлыгынын эсебинен.

mahsul,-lü 1. түшүм, жыйынтык, жемиш, продукт. **2.** *өтм.* жемиш, үзүр. **ziraat ~leri** айыл чарба продуктулары. **~unu toplamak 1)** түшүм жыйноо. **2)** үзүрүн көрүү.

mahsulât,-tı (mahsul'*дун көпт. т.*) түшүмдөр, жемиштер, продуктулар.

mahsuldar түшүмдүү, семиз (*жер*).

mahsup,-bu кошуп эсептеш, эсебине өткөрүш. ~ **etmek 1)** эсепке жаткырыш/өткөрүш. **2)** эсебин/санын бериш, ачыктама жасаш.

mahsur 1. тосулуп/камалып/курчалып /кесилип/бөлүнүп калыш. **2.** чектелген, таралган. **nüfuzu kendi köyüne ~** кадыр-баркы өз айылына гана таралган. ~ **kalmak** камалып/тосулуп / чыга албай калыш.

mahsus I 1. арналган, тиешелүү. **yaşlılara ~ koltuk** карыларга арналган кресло. **hanımlara ~** аялдар үчүн. **2.** атайын, атайлап. ~ **yapıyor** атайлап жасап жатат. **3.** тамаша иретинде/кылып. ~ **söylüyor musun, ciddî misin?** тамашаңбы, чыныңбы?

mahsus II 1. билинген, туюлган, түшүнүлгөн. **2.** ачык, анык, белгилүү.

mahşer 1. *мус.* макшар (*кыямат күнү өлгөндөр тирилип топтолчу жер*). **2.** *өтм.* көпчүлүк, тополоң. **~e dönmek** тополоң түшүү. ~ **gibi** кумурскадай (*эл*). ~ **günü** кыямат кайым күнү. ~ **midillisi** шайтандын кичинеси (*кыска бойлуу куулукшумдуктуу киши*).

mahşerî кайнаган, кыжылдаган (*көпчүлүк*).

mahunya *бот.* магония (*Mahonia*).

mahut чуулгандуу, аты чыккан, дүң болгон, ашынган, барып турган. ~ **mesele** чуулгандуу маселе.

mahvetmek 1. жок кылуу, кыйратуу, ойрон кылуу. **2.** иштен/тамтыгын чыгаруу. **3.** бошко/талаага кетирүү. **bütün emeğimi mahvetti** бүтүн эмгегими талаага кетирди.

mahvolmak 1. жок болуу, кыйроо, ойрон болуу. **2.** иштен/тамтыгы чыгуу. **3.** бошко/талаага кетүү.

mahya 1. махия (*Рамазан айында жаа-*

ми мунараларынын арасына тартылган жипке лампочкалар аркылуу жазылган жазуу). **2.** *архит.* чатырдын жону, капталдары бириккен жер. **~ kiremidi** чатырдын үстүн жапкан черепица.

mahzar 1. чоң кызматтагы кишинин алды. **2.** доомат, арыз, петиция. **3.** *ук.* соттун каттоо дептери.

mahzen жеркуй, бир нерсе сакталган жай, погреб, депо (*жер алдындагы*).

mahzun көңүлсүз, сабыры суз, капалуу, кайгылуу, кабагы бүркөө. **~ etmek** капа кылуу. ~ ~ капалуу, көңүлсүз. ~ ~ **gülümsedi** сабыры суз күлүмсүрөдү. **~ olmak** капа болуу.

mahzunlaşmak көңүлү чөгүү, капалануу, кабагы бүркөлүү.

mahzunluk, -ğu капалуулук, көңүлсүздүк, сабыры суздук.

mahzur 1. коркунуч, зыян, залал. **erken gitmemin bir ~u var mı?** эрте кетсем, эч зыяны жокпу? **2.** тоскоол, бөгөт, кыйынчылык. **~ görmek** кыйынчылык көрүү.

mahzurlu 1. зыяндуу, коркунучтуу, кооптуу. **2.** кыйынчылык/бөгөт боло турган.

maî суу, сууга байланыштуу.

mail 1. ийилген, эңкейген, оогон. **2.** жантык, кыйшык, эңкейиш, ийри. *сал.* **eğri. 3.** ыктуу, ынтаалуу, жөндөмдүү. *сал.* **yatkın. 4.** окшош, түспөлдөш, ... сындуу. **sarıya ~** сарыга жакын, саргыч.

main *мат. , эск.* ромб.

maişet, -ti жашоо, жашоо булагы, турмуш шарт, көр оокат. **~ derdi** көр оокаттын айласы.

maiyet, -ti 1. коштоочу, жандоочу, жанжөкөр. **2.** кол алдында, алдында, кызматында. **~inde** кол/жетекчилиги алдында. **~ memuru** жогорку кызматкер жанында иштеген расмий кызматкер.

majeste улуулулук, даража, мажесте (*өкмөт башчысына берилген расмий титул*). **~leri kral** улуу даражалуу король.

majör 1. улуу, маанилүү, олуттуу. **2.***муз.* мажор. **~ gam** мажор гаммасы.

majüskül, -lü баш тамга.

makadam макадам (*таш төшөлгөн жол*).

makak, -ğı *зоол.* макак (*маймыл түрү*) (*Macacus*).

makal, -li *эск.* сөз, кеп.

makale макала (*гезитте, журналда*).

makam 1. орун, жер, жай. **~ın cennet olsun** жаткан жериң жаннат болсун. **2.** кызмат, иш, даража, мекеме. **~ arabası** кызмат машинеси. **~ı yükselmek** кызматы жогорулоо. **3.**бийлик, башкаруу, күч. **işgal ~ı** баскынчы күчтөр. **4.** *муз.* мукам. **5.** *физ.* тон, кыраат (*үндөгү*). **6.** тема. **7.** мавзолей.

makara 1. чыгырык, түрмөк өзөгү, барабан. **tel ~sı 1)** зым чыгырыгы. **2)**кабель чыгырыгы. **2.** *тех.* блок. **~ya almak** (*бирөөнү*) шылдың кылуу. **~ çekmek** тынбай сайроо (*куш*). **~ gibi** жаагын жануу, саймедирөө. **~ları koyuvermek/salıvermek/zaptedememek** каткырып коё берүү, күлкүсүн тыя албоо.

makaralı 1. чыгырыктуу, түрмөктүү. **2.***тех.* блоктуу.

makarna макарон.

makarnacı 1. макарон өндүргөн/саткан киши. **2.** *тамаша* италян. **3.** макаронду жакшы көргөн киши. **4.** семиз, майболпоч.

makas 1. кайчы. **2.** (*темир жолдо*) кайчы жебе. **3.** кесилишкен темир жол рельсалары. **4.** *авто* рессор. **5.** жүк көтөргүч (*эки кайчы бакандан турган*). **6.** кайчы тирөөч. **çatı ~ı** чатырдын кайчы тирөөчү. **7.** *зоол.* кыпчуур (*айрым жаныбарларда*).

8. беттен чымчыш. ~ **almak 1)** беттен чымчуу. **2)** кысмакка алуу. ~ **hakkı/payı 1)** бычып атканда ашыкча калтырылган пай. **2)** *өтм.* этияттык үчүн ашыкча калтырылган нерсе. **~ı kapa!** жаагыңды бас! ~ **vurmak** кайчы менен кесмек.

makasçı 1. (*темир жолдо*) жебечи. **2.** кайчы жасаган/саткан киши. **3.** иш ээсинен өөнөп/кытып алган киши.

makaslama 1. кайчылама, кесип салма. **2.** кайчылаштырма (*мис. бутту*).

makaslamak 1. кайчылаш, кайчы менен кесиш. **2.** (*бирөөнүн*) бетинен чымчыш. **3.** *өтм.* кыскартыш, кесип салыш. **4.** бирөөдөн көчүрүп алыш, плагиат.

makaslı: ~ **böcek** *зоол.* кыпчуурлуу коңуз (*Lucanius*).

makastar бычмачы.

makat,-dı 1. *анат.* жамбаш, көчүк. **2.**жаздыктуу отургуч. **3.** диван/софа жапкыч.

makber мүрзө.

makbul, -lü 1. ылайык, жөндүү, орундуу, туура, жаракту. **2.** жактырылган, сүйүлгөн. **3.** кабыл алынган. **4.** жакшы өткөн, өтүмдүү (*товар*). **~e geçmek** ыраазы кылуу/жактырылуу.

makbuz 1. алынган, төлөнгөн. **2.** квитанция, тилкат. ~ **kesmek** квитанция кесип берүү. ~ **mukabilinde** тилкат аркылуу.

Makedonca 1. македончо. **2.** македон тили.

Makedonya Македония.

Makedonyalı македониялык.

maket, -ti макет, калып, модель.

maketçi макет жасаган киши.

makferlan макферлан (*белге чейин жеткен кыска пальто*).

maki I маки, бадалдуу токой.

maki II *зоол.* лемур (*Lemur*).

makine 1. машине, аппарат. **dikiş ~si** тигүү машинеси. **kıyma ~si** эт туурагыч. **tıraş ~si** сакал алгыч. **2.** машина, автомобиль. **3.** механизм, кыймылдаткыч, мотор. **saatin ~si** сааттын механизми. **4.** *өтм.* аппарат, башкаруу. **devlet ~si** мамлекеттик аппарат. **~yi bozmak** ичи өтүү. **~ye çekmek** машине менен тигүү. ~ **dairesi** (*кемеде*) мотор/кыймылдаткыч турган бөлүм. ~ **gibi 1)** шамдагай, машинедей (*ылдам*). **2)** машинедей, монотондуу, сезимсиз. ~ **gücü** машине (*ат*) күчү. ~ **mühendisi** машине инженери. ~ **yağı** машине майы.

makineci ар түрдүү машинелерди саткан/оңдогон киши.

makineleşme машинелешме, механикалаштырма.

makineleşmek 1. механикалаштыруу. **2.** машине сыяктуу болуу, кыймылы жатыгып/автоматташып калуу.

makineleştirmek механикалаштыруу.

makineli 1. машинелүү, машине/мотор менен иштеген. **2.** механикалык. **3.** пулемёт. ~ **tüfek** пулемёт. ~ **tüfek gibi** быдылдап, безилдеп (*сүйлөө*).

makinist, -ti 1. машинист. **lokomotiv ~i** локомотив машинисти. **2.**механик, техник. **3.** *кино* киночу, механик.

makrama *к.* **mahrama.**

makro- макро ... (*"чоң" маанисиндеги өң мүчө*).

makroekonomi *экон.* макроэкономика.

makrospor *биол.* макроспора.

maksat,-dı максат, мүдөө. ~ **gütmek** максат көздөө/кылуу. ~ **hâsıl olmak** максатына жетүү. **~a uygun** максатка ылайык.

maksatlı 1. максаттуу, мүдөөлүү. **2.** арам ойлуу, кара ниеттүү, атайлап. ~ **yapılan iş** атайлап жасалган иш.

maksatsız 1.максатсыз. **2.** билбей, байкабай.

maksi макси, узун. ~ **etek** макси этек.
maksimal, -li максимал (дуу).
maksimum максимум, эң жогорку/чоң.
maksure **1.** жаамилерде тосулуп коюлган жер. **2.** үйдүн жат кишилер кирбеген ыйык жери.
maksut,-du **1.** кааланган, ниеттенген, тиленген. **2.** тилек, ниет, максат.
makta,-ı **1.** кесик, жарык, тилик. **2.** профиль, проекция. **3.** *элек.* контакт. **4.** тыным (*ыр окуганда*). **5.** токойдун кыйылган жери. **6.** *ад.* казалдын/ касыйданын акыркы бейти.
maktu **1.** кесилген, тилинген, жара чабылган, токтотулган. **2.** кескин, так, анык, белгилүү. ~ **fiyat** так баа. **3.** *соода* дүң.
maktul,-lü өлтүрүлгөн, жаны/өмүрү кыйылган. ~ **düşmek/olmak** өлтүрүлмөк.
makul, -lü **1.** ыктуу, жөндүү, орундуу, ылайык. ~ **fikir** жөндүү пикир. **2.** түшүнүктүү, эстүү, акылдуу. ~ **bir adam** эстүү киши.
makûs **1.** терс, аягы башына кетирилген/аңтарылган. **2.** кара жолтой, таалайсыз.
makyaj макияж. ~ **yapmak** макияж жасоо.
makyajcı гримёр.
Makyavelcilik,-ği, Makyavelizm макиавеллизм (*негиздөөчүсү Макиавеллинин атынан*) саясий кызыкчылык үчүн ар кандай ишке барма түшүнүгү.
mal I мал (*бодо мал*).
mal II **1.** мал-мүлк, байлык, жыйган-терген, дүнүйө. ~ **mülk** мал-мүлк. **gayrimenkul** ~ кыймылсыз мүлк. **menkul** ~ кыймылдуу мүлк. **2.** товар, соода. **3.** *арго* тыйын, акча. **4.** *арго* жан, неме, киши сөрөй, макулук. **iyi ~ olsa buraya gönderirler mi?** жакшы неме болсо, биякка жиберишмек беле? **5.** *арго* нашаа. **6.** *арго* бийкеч, сулуу, "товар". **~a bak!** бийкечти кара! ~ **beyanı/ bildirimi** *ук.* мүлк билдирими (*кызматка орношордо менчик мүлкү жөнүндө берилген билги*). ~ **birliği** мүлк/байлык бирдиги (*эрди-катын арасында*). ~ **bulmuş Magribi gibi** башына бакыт кушу конгонсуп (*сүйүнүү*). ~ **canlısı** дүнүйөкор. ~ **edinmek** байлык күтүү. ~ **etmek 1)** өз менчигине айландыруу, менчиктеп алуу. **2)**бир баага келүү/туруу. **ucuza ~ etmek** арзан алуу. **3)** энчиси кылуу. **millete ~ etmek** элдин энчисине айландыруу. **~ın gözü 1)** эң мыктысы, сонуну. **2)** абийирин саткан (*аял*). **3)**арамзаа, шүмшүк. ~ **kaçırmak** контрабанда. ~ **meydanda** жашыруун эч нерсе жок, баары көз алдыда. ~ **mülk sahibi** мал-мүлк ээси, бардар киши. ~ **olmak 1)** баага туруш, бааланыш. **kaça ~ oldu?** канчага турду? **pahalıya ~ oldu** кымбатка турду. **2)** (*бирөөнүн*) энчиси болуу. ~ **sandığı** мамлекеттик казына. ~ **varlığı** (*бирөөнүн*) бүтүн дүнүйөсү. ~ **yapmak** байлык күтүү.
mala мала, сүргү, калакча (*шыбак ишинде колдонулган*).
malak мамалак (*топоздун баласы*).
malakit, -ti малахит.
malalamak малалоо, тегиздөө (*шыбак шыбалган жерди*).
malarya *мед.* малярия, безгек.
malayani бош, маанисиз, ооз көптүргөн, жел (*сөз*).
malca материалдык жактан, дүнүйө/ байлык жагынан.
maldar малдар, мал-жандуу, бардар.
Malezya Малайзия.
Malezyalı малайзиялык.
malgama *хим.* амальгама (*сымап, металл кошундусу*).
malı : ~ taşı *деңз.* мала таш (*якорь ордуна колдонулган таш*).

Mali Мали.
malî 1. мал-мүлк/акча/дүнүйөгө тиешелүү. ~ **durum** материалдык абал. ~ **yardım** акчалай жардам. **2.**финансы. ~ **yıl** финансы жылы.
malik, -ki ээ, эгедер, кожоюн. ~ **olmak** ээ болуу.
malikâne өзүмдүк чарбак, менчик үй.
Malikî *мус.* **1.** маликилер (*мусулманчылыктагы бир укук мектебинин жактоочулары*). **2.** маликилер мүчөсү.
Malili малилик, Мали жараны/журтташы.
maliye 1. финансы иштери. **2.** Финансы Министирлиги. **M~ Bakanı** Финансы Министри.
maliyeci 1. Финансы Министирлиги кызматкери. **2.** финансист.
maliyet,-ti *экон.* нарк, чыгым. ~ **fiyatı** нарк баасы.
Malkar балкар.
Malkarca балкарча, балкар тили.
malkoç *тар. Османлыларда чабуулчулар отрядынын командири.*
malt,-tı угуттук арпа (*пиво жасоодо колдонулат*).
Malta Малта. ~ **eriği** *бот.* малта өрүгү (*Eriobotrya japonia*). ~ **humması** *мед.* малта келтеси (*Жер Ортолук Деңизи жээктеринде көрүлгөн оору*). ~ **taşı** малта ташы (*курулуш материалы катары колдонулат*).
Maltalı малталык.
Maltız малталык, Малта жараны/журтташы.
maltız малтыз (*меш түрү*).
malûl,-lü 1. майып, жарадар, жарым жан. **harb ~ü** согуш майыбы. **2.**чабал, жармач. ~ **gazi** согуш майыбы ардагер.
malûlen майып/жарадар абалда.
malûliyet,-ti майыптык, жарадарлык, жарым жандык. ~ **sigortası** майыптык камсыздандырмасы.
malûllük *к.* **malûliyet.**
malûm 1. маалым, билинген, таанымал. **~unuzdur ki …** өзүңүз билгендей ... **2.** албетте, шексиз, анык. ~ **ya!** албетте! **ne ~?** кайдан билебиз? **3.***грам.* кыймыл этиши. ~ **değil** анык/ ачык эмес. ~ **olmak** маалым болуу.
malûmat, -tı 1. маалымат, билги, билим. ~ **edinmek** билги/маалымат алыш. ~ **sahibi** жогорку маалыматтуу киши. **2.** маалымат, информация, кабар. ~ **almak** маалымат/кабар алмак. ~ **vermek** маалымат бермек.
malûmatlı 1. маалыматтуу, билимдүү. **2.** кабардар, билген, уккан.
malûmatsız 1. маалыматсыз, билимсиз. **2.** кабарсыз, укпаган, билбеген.
malzeme 1. материал, керек-жарак. **inşaat ~si** курулуш материалы. **2.**материал, факты, булак. ~ **toplamak** материал чогултуш.
mama 1. тамак (*бала тилинде*). **2.** буламык.
mamafih ошону менен катар, ошондой эле, жана да, ошентсе да, ошого карабастан.
mamul, -lü 1. чыгарылган, өндүрүлгөн (*буюм, азык ж. б.*). **2.** продукту, үрүн, өндүргү.
mamulât,-tı өндүргүлөр, продуктулар, үрүндөр. **deri ~ı** тери өндүргүлөрү.
mamur 1. мамыр, жайкалган, гүлдөгөн (*жер*).**2.** өздөштүрүлгөн, өнүккөн, иштетилген (*жер*).
mamut, -tu *зоол.* мамонт (*Elephas primigenius*).
mana 1. маани, мазмун, маңыз, олут. **2.** түр, кебете (*жүздөгү/көздөгү*). ~ **çıkarmak 1)** маани/ой/түшүнүк чыгаруу. **2)** туура эмес кабыл алуу, өзүнө алуу. **~sına gelmek** маанисине келүү. **~sı kalmamak** маанисин жоготуу. ~ **vermek** маани берүү, бүтүм жасоо.
manalı 1. маанилүү, маанисине келген.

2. сырдуу. ~ **bakış** сырдуу көз караш. ~ **tebessüm** сырдуу жылмайыш. **3.** маанилүү, олуттуу, таасирдүү. ~ **konuşma** маанилүү сөз. ~ ~ маани берип, олуттуулук менен.

manasız 1. маанисиз, маңызсыз, мазмунсуз. **2.** жөнсүз, ыксыз, орунсуз, пайдасыз. ~ **şaka** орунсуз тамаша. **3.** кайдигер, бош. ~ **bakış** кайдигер караш.

manasızlık,-ğı маанисиздик, мазмунсуздук.

manastır монастырь.

manav 1. жашылча-жемиш сатылган дүкөн. **2.** жашылча-жемиш саткан киши.

mancınık,-ğı 1. *тар. , аск.* таш аткыч курал, катапульт. **2.** жибек жип чыгырыгы.

mancınıkçı 1. *тар. , аск.* таш аткыч жоокер. **2.** жибек түргүч.

Mançu манжу.

Mançuca манжуча, манжу тили.

manda I *зоол.* буйвол (*Buffelus*). ~ **gibi** төөдөй, эби-сыны жок. ~ **gibi yayılmak** талп этип отуруп калыш. ~ **gibi yemek** кайсап/ мойсоп жиберүү (*тамакты*).

mandat II *тар.* мандат (*башкаруу укугу*). ~ **altındaki devletler** мандат алдындагы (*башкаруусу Улуттар Лигасына берилген*) мамлекеттер.

mandacı 1. *тар.* мандатарий (*Улуттар Лигасы тарабынан бир башка өлкөнү башкарууга милдеттендирилген өлкө*). **2.** *тар.* кеме куруу ишин тескеген кызматчы (*Османлы Императорлугунда*).

mandal 1. тээк, чаптырма (*эшиктин, терезенин*). **2.** кир кыпчыткыч. **3.** *муз.* тээк (*кыл аспаптарда*).

mandalina *бот.* **1.** мандарин дарагы (*Citrus nobilis*). **2.** мандарин (*мөмөсү*).

mandallamak 1. (*эшик, терезени*) тээк менен бекитүү/чаптыруу. **2.** (*кирди*) кыпчытуу.

mandallı 1. тээктүү (*эшик, терезе*). **2.**кыпчытылган (*кир*). **3.** *муз.* тээктүү (*кыл аспап*).

mandalsız 1. тээксиз (*эшик, терезе*). **2.**кыпчытылбаган (*кир*). **3.** *муз.* тээксиз (*кыл аспап*).

mandapost, -tu почта менен акча жөнөтүү.

mandater *саяс.* мандатарий, мандат ээси. ~ **devlet** мандат ээси мамлекет (*Улуттар Лигасы тарабынан башка өлкөнү башкаруу укугу берилген*).

mandepsi *арго* тузак, капкан. ~**ye basmak/düşmek** капканга/тузакка түшүү. ~**ye bastırmak/düşürmek** капканга/тузакка түшүрүү, алдап кетүү.

mandıra 1. кой-эчки сарайы. **2.** сүт азыктарын жасаган кичи ишкана.

mandıracı мандыра (*к.*) иштеткен киши.

mandolin *муз.* мандолин.

manej 1. манеж, ат үйрөтүү. **2.** ат үйрөтүлгөн жер. **3.** ат оюндары.

manen 1. мааниси боюнча. **2.** рухий/ моралдык жактан. ~ **ve maddeten** моралдык жана материалдык жактан. ~ **yıkılmak** рухий жактан чөгүш.

manevî 1. моралдык, ички, рухий. ~ **ihtiyaçlar** ички ыктыяждар. ~ **kuvvet** рухий күч. ~ **yardım** моралдык колдоо. **2.** бакма, асыранды. ~ **evlât** асыранды/бакма бала.

maneviyat, -tı (**manevi'***нин көпт. т.*). **1.**руханият, рухий дүйнө. **2.** көңүл, мораль. ~**ı bozulmak** көңүлү калуу/ чөгүү, капа болуу.

manevra 1. манёвр, аракет, кыймыл. **2.** айланыш, бурулуш. **3.** *аск.* манёвр, сыноо, көнүгүү. **4.** (*кеменин*) кириш-чыгыш аракеттери. **5.** (*локомотивдин*) жол алмаштырма кыймылдары. **6.** *өтм.* план, ыкма,

жол (*бир максатка жетмек үчүн*). ~ **çevirmek** *ооз.* кууланууу, амалдануу. ~ **yapmak 1)** белгилүү кыймылдар жасоо. **2)** *аск.* аскердик көнүгүүлөрдөн/ сыноодон өтүү.

manevracı куу, амалкөй, алдамчы.

manevralı 1. башкарылган, манёврлүү. **2.** *өтм.* куу, амалкөй, шылуун. ~ **iş** кооптуу иш.

manevrasız башкарылбас, кыймылы оор.

manga *аск.* **1.** он кишилик отряд. **2.** согуш кемесинде аскерлер жаткан камера.

mangal мангал, шишкебек. ~ **kömürü** отун көмүрү. ~**da kül bırakmamak** мактанып/көтөрүлүп сүйлөө.

mangan(ez) *хим.* марганец.

mangır 1. *эск.* мангыр (*жез тыйын*). **2.** *арго* акча, тыйын. **3.** көмүр таблети (*наргиле түтөтүүдө колдонулган*).

mangırlı *арго* акчалуу, бай.

mangırsız *арго* акчасыз, куру жалак/ жайдак калган.

mangız *арго* акча, "шуудурак". ~ **eritmek** акча чачыш.

mango манго, индия алчасы.

mâni I -i, -yi 1. тоскоол, бөгөт, кыйынчылык. ~**leri aşmak** тоскоолдорду ашмак. ~ **olmak** бөгөт/тоскоол болуу. **2.** тосмо, курчоо.

mâni II *ад.* мани (*секетпай түрүндөгү элдик ыр*).

mânia 1. тоскоол, бөгөт, тосмо, баррикада. **2.** *өтм.* бөгөт, кыйынчылык, тоскоол, кедерги.

mânialı 1. бөгөттүү, уңкул-чуңкул, түз эмес (*жер*). **2.** *өтм.* кыйын, кыйынчылыктуу, бөгөтү көп. ~ **koşu** бөгөттүү/тоскоолдуу жарыш.

manidar маанилүү, олуттуу, көрүнүктүү.

manifatura мануфактура, текстиль.

manifaturacı текстилчи.

manifest, -ti манифест.

manifesto *дең.* жүк декларациясы.

manihaizm *дин* манихейчилик.

manik *психол.* манияга кабылган (*оору*).

manikür маникюр.

manikürcü маникюрчу.

maniple манипулятор, телеграф ачкычы.

manipülâtr 1. манипулятор, ачкыч, түймө. **2.** телеграф оператору.

Manisa: ~ **lâlesi** *бот.* жоогазындын бир түрү (*Anemone pulsatilla*).

manita *арго* алдамчылык, көз боёмочулук, айлакерлик, шумпайлык. ~**ya basmak** алдануу. ~ **yapmak** (*бирөөнүн*) көзүн боёо, алдап кетүү.

manitacılık,-ğı көз жазгырма, көз боёмо (*ууру, чөнтөкчүлөрдүн ыкмасы*).

manivelâ 1. бурагыч/айланткычтын колу, рычаг. **2.** *авто* машинениn от алдырма колу.

maniyer манера, ыкма, кылык.

mankafa 1. маңбаш, кеңкелес, келесоо. **2.** *вет.* маңка (*ат/ төөнүн жугуштуу оорусу*) илдетине кабылган ат.

mankafalık, -ğı 1. маңбаштык. **2.** маңкалык (*ат/ төө илдети*).

manken 1. манекен, модель (*киши*). **2.** манекен (*ателье, дүкөн ж. б.)* кеп, калып.

mankenlik, -ği манекендик, моделдик (*кесип*).

mano *арго* карта ойнунда утуштан түшкөн пай.

manolya *бот.* магнолия (*Magnolia grandiflora*).

manometre *физ.* манометр.

mansıp, -bı *эск.* мансап.

mansiyon 1. мактоо даражасы, жактыруу. **2.** таанылма.

Manş : Manş Denizi Ла-Манш.

manşet, -ti 1. манжет. **2.** *полигр.* маншет (*газетанын 1-бетиндеги баш тема*).

manşon 1. муфта (*аялдардын колдорго*

таккан астарлуу тери кабы). **2.** *тех.* муфта, муздаткыч билерик.
mantalite менталитет, өз жорум.
mantar 1. *бот.* козукарын (*Fungi*). **2.** эмен дарагынан алынган такта (*суудан жеңилдиги, суу өткөрбөгөнү, ийкемдүүлүгү үчүн көп кырдуу колдонулат*). ~ **ağacı** *бот.* эмен дарагы (*Phellodendron amurense*). **şişenin ~ı** бөтөлкөнүн тыкоочу. **3.**оюнчук тапанчанын огу. **4.** кайырмактын калкымасы. **5.** чочконун мурду. **6.** *мед.* козукарын (*теринин жугуштуу оорусу*). **7.** *арго* жалган, "беш өрдөк". ~ **atmak** *арго* "беш өрдөгүн" учуруу, калп айтуу. **~a basmak** (*бирөөнүн*) тузагына түшүш. ~ **gibi 1)** заматта пайда болуш. **2)** чирик, араң жан. ~ **gibi yerden bitmek** козукарындай дароо жайнап кетүү.
mantarcı 1. козукарын өстүргөн/саткан киши. **2.** *арго* жалганчы, калпычы, аферист.
mantarcılık,-ğı алдамчылык, көз боёмочулук.
mantarlı 1. козукарындуу (*тамак*). **2.**оозу тыкалган (*бөтөлкө, шише*).
mantı манты (*чүчпара сыяктуу түйүлүп, жуурат, сарымсак кошулуп желген тамак*).
mantık, -ğı логика, жүйө, маани, акыл. **~a aykırı** акылга сыйбас. ~ **bilimi** логика (*илим катары*). ~ **dışı** акыл албас, акылга сыйбас.
mantıkçı 1. логика изилдөөчүсү. **2.**акылга салып/ченеп иш кылган (*киши*).
mantıklı акылдуу, туура, жөндүү, жүйөлүү, орундуу. ~ **adam** акылдуу киши. ~ **söz** орундуу сөз.
mantıksal логикалык, жүйөлүү.
mantıksız 1. жүйөсүз, жөнсүз, ыксыз, орунсуз. **2.** акылсыз, жеңил ойлуу (*киши*).
mantıksızlık,-ğı акылсыздык, жеңил ойлуулук, жүйөсүздүк.
mantis *мат.* мантисса.
manto манто, аял пальтосу.
manyak,-ğı маньяк, жин даарыган, делирген. **2.** лунатик.
manyaklık маньяктык, делиргендик.
manyetik *физ.* магниттик. ~ **alan** магниттик талаа.
manyetize 1. магниттешкен. **2.** гипноздолгон, даарылган. ~ **etmek 1)** магниттештирүү. **2)** даарып салуу.
manyetizma 1. магнетизм. **2.** дааруу, гипноз. ~ **yapmak** гипноздоо.
manyetizmacı гипнотизёр, көз боочу.
manyeto *тех.* индуктор, магнето.
manyezi *хим. , мед.* магнезия.
manyezit, -ti *мин.* магнезит.
manzara 1. көрүнүш, пейзаж, панорама. **buradan ~ mukemmel!** бул жерден көрүнүш укмуш! **~ya bak!** көрүнүштү кара! **2.** пейзаж (*сүрөтчүлүк түрү*). **3.** *өтм.* абал, жагдай, шарт. **ekonomik durumumuzun ~sı** экономикалык абалыбыздын жагдайы.
manzaralı 1. көрүнүштүү, караган, ачылган, бет алып турган. **deniz ~ ev** деңизге бет алып турган үй. **Ankara ~ ofis** Анкара көрүнүп турган офис. **2.** көрүнүшү мыкты, көрктүү, кооз. ~ **ev** көрктүү үй.
manzarasız 1. тегереги туюк/жабык. **2.** көрксүз, жупуну.
manzum 1. тартиптүү, иреттүү, тыкан. **2.** *ад.* ыр түрүндө, уйкаш.
manzume 1. *ад.* ыр, поэма. **2.** *эск.* система.
Maocu маочу/маоист *(Мао-Цзе-дун жактоочусу).*
Maoculuk,-ğu маочулук, маоизм.
mapa 1. *дең.* учу алкак түрүндөгү болт. **2.** *дең.* кеме панары.
maral *зоол.* марал.
marangoz жыгач уста.
marangozhane жыгач уста устаканасы.
marangozluk,-ğu жыгач усталык (*иш/*

кесип).

maraton *спорт* марафон.

maraz 1. оору, илдет. **2.** адам чыдагыс абал, оор жагдай. **3.** кайгы, капа. **4.** жамандык, кыянатчылык, балакет. **5.** кыялы чатак, кычаш, кежир (*киши*).

maraza чатак, чыр, араздашуу, каста-шуу. ~ **çıkarmak** чатак чыгарыш.

marazî 1. ооруга айланган, патологиялык. ~ **kıskançlık** ооруга айланган кызганчаактык. **2.** ооруга/ноокастыкка байланыштуу.

marazlanmak ооруп калыш, ноокасташ.

marda сапатсыз товар.

mareşal,-li *аск.* маршал, фельдмаршал.

margarik: ~ **asit** маргарин кислотасы.

margarin маргарин.

margarit, -ti *бот.* маргаритка (*Bellis*).

marifet, -ti 1. чебердик, өнөр, талант, усталык. **2.** *эск.* билим, билги. **3.** кылык, жорук. **4.** өзгөчөлүк, сыр. **bu aletin en önemli ~i de pille çalış-masıdır** бул куралдын эң маанилүү өзгөчөлүгү батарея менен иштеши. **5.** арачылык, ортомчулук. **6.**кыянатчылык, кесепет, жаман жорук. **gördün mü yaptığı ~i?** жасаган жоругун/кылган кылыгын көрдүңбү?

marifetli 1. өнөрлүү, чебер, уста, уз, таланттуу. **2.** чебер жасалган, көркөм.

marina яхта порту.

mariz оорулуу, ноокас.

marj 1. бөштук (*дептердин четинде калтырылган*). **2.** *соода, фин.* зыян пайы (*соода ишинде*).

marijinal 1. *экон. , психол. , социол.* марижинал. **2.** башкалардан өзгөчө жашоо бычымы.

mark,-kı марка (*Германиянын эски акча бирдиги*).

marka 1. марка, белги, тамга. ~ **koymak** марка/белги коюш. **fabrika ~sı** фабрика маркасы. **2.** билинген/таанымал үрүн. **bu mağazada sadece ~ satılır** бул дүкөндө жалаң марка буюмдар сатылат. **3.** талон, номер, жетон (*акча ордуна колдонулган*).

markacı марка саткан киши.

markaj *спорт* маркаж (*каршы жаат оюнчусуна кол/ бут менен каршылык көргөзүү*).

markalamak 1. белги/марка/тамга коюу. **2.** эн салуу (*малга, куштарга*). **3.** коргонуу ыкмасын колдонуу (*футболдо*).

markalı 1. белгиленген, ышаарат кылынган. **2.** эн/тамга салынган, эндүү **3.** маркалуу.

marke: ~ **etmek** *спорт* каршы тарап оюнчусун туткактап алуу, ойнотпоо.

market, -ti маркет, гастроном.

marketçi маркет ээси/иштеткен киши.

marki маркиз (*ак сөөктүк наамы).*

markiz 1. маркиза. **2.** эки кишилик пас кресло. **3.** *архит.* терезе/эшик серепчеси.

markizet, -ti маркизет (*пахта кездеме*).

Marksist, -ti 1. марксист. **2.** марксисттик. ~ **teori** марксисттик теория.

Marksizm марксизм.

marley *архит.* пластмасса төшөмө (*полдун*).

Marmara: ~ **Denizi** Мармар (Мрамор) деңизи. ~ **çırası gibi yanmak** күйүп кетүү, жоготууга учуроо (*соодада*).

marmelat, -tı мармелад.

marmot, -tu *зоол.* суур (*Marmota*).

maroken сактыян (*эчки/кой терисинен боёлуп жасалган жука тери*).

maron каштан түсү, күрөң кызыл түс.

marpuç, -cu наргиле (*к.*) түтүгү.

mars (*тавла оюнунда*) катар утуш. ~ **etmek 1)** (*тавлада*) эки упай утуп алыш. **2)** (*бирөөнүн*) оозун аппак кылыш, сүйлөтпөй коюш. ~ **olmak 1)** (*тавлада*) эки упай уттуруш.

2) оозу аппак болуш, сүйлөй албай калыш.

Mars *астр.* Марс.

marsık,-ğı чычала, чала күйгөн (*түтөгөн*) отун. ~ **gibi** күйгөн чычаладай, капкара (*түс*).

marş I *муз.* **1.** марш. **cenaze ~ı** аза маршы. **2.** гимн. **İstiklâl ~ı** Боштондук гимни (*Түркиянын улуттук гимни*).

marş II марш! (*буйрук*).

marş III *авто* стартер. **~a basmak** стартерге басуу, машинени от алдыруу.

marşandiz товар/жүк поезди.

mart март (*айы*). ~ **dokuzu** *марттын үчүнчү аптасында болчу бороон.* ~ **havası gibi** өзгөрүлгөн, кубулган, оң-тетири (*мүнөз*). ~ **içeri, pire dışarı** *жактырбаган бирөө келгенде тышка чыга качкандар үчүн айтылат.* ~ **kedisi** катынпоз, жүрөөнөк (*эркек*).

martaval *арго* ооз көптүрмө, бош сөз, калп. ~ **atmak/okumak** оозуна келгенди сүйлөш, ойдон чыгарып айтыш.

martavalcı маңыз, жаагын жанган, сүйлөөк, калпычы.

martı *зоол.* ак чардак (*Laridae*).

martini мартини (*ичкилик*).

maruf 1. таанымал, белгилүү, көрүнүктүү. **2.** шарият жол берген.

maruffiyyet,-ti таанымалдык, белгилүүлүк, даңазалуулук.

marul *бот.* марул (*Lactuca sativa*).

maruz 1. кабылган, туш болгон. ~ **bırakmak** кабылтуу, туш кылуу. ~ **kalmak** баштан кечирүү, кабылуу, туш болуу. **2.** *эск.* сунуш кылынган, жиберилген, берилген.

maruzat,-tı (**maruz'***дун көпт. т.*) сунуштар, кабарлар, каттар, рапорттор, арыздар, билдирүүлөр. **size ~ım var** сизге даттануум бар.

marya 1. кой, эчки. **2.** ургаачы мал. **3.** майда балык түрү.

masa 1. үстөл. ~ **örtüsü** үстөл жапкыч. ~ **tenisi** *спорт* үстөл тенниси. ~ **topu** үстөл теннисинин тобу. ~ **üstü** үстөл үстү, кичи, чакан (*үстөл үстүндө жасалса боло турган чакан ишмердиктер*). ~ **yayımcılık** чакан басмакана. **2.** *өтм.* тамак, үстөл. **güzel bir ~ hazırlamış** сонун бир үстөл даярдаптыр. **3.**(*мекемелерде*) бөлүм, департамент, редакция. **TRT'nin Kırgızca ~sı** ТРТнин Кыргыз бөлүмү. **4.**банкрот болгондун мүлкү (*кредиторлор бөлүп ала турган*).

masaj массаж. ~ **yapmak** массаж жасоо.

masajcı массажист.

müflis 1. иши баткан/чөккөн, бүлүнгөн, жакырданган, байлыгынан ажыраган. *сал.* **batkın. 2.** *экон.* бүлгүн, банкрот. ~ **olmak** бүлгүнгө учуроо, банкрот болуу.
müfredat, -tı (**mufret'***тин көпт. т.*) бөлүмдөр, беренелер, пункттар, тизме. ~ **programı** окуу программасы (*толук сыпаттап жазылган, сааттарга бөлүштүрүлгөн*).
müfreze *аск.* бөлүк, отряд.
müfrit ашкере, ашыкча.
müfsit,-di бузуку, козголоңчу, жүүт, тыңчы.
müfteri жалаакор, ушакчы.
müftü *мус.* мүфтий.
müftülük, -ğü 1. мүфтийлик (*кызмат/ милдет*). **2.** мүфтийлик (*имараты*).
müge *к.* **inci çiçeği.**
mühendis инженер. **elektrik ~i** инженер-электрик. **maden ~i** тоо инженери.
mühendislik, -ği инженерлик.
mühim маанилүү, олуттуу.
mühimmat, -tı 1. керек/зарыл нерселер. **2.** *аск.* ок-дары. **3.** *арго* ичкилик.
mühimsemek баалаш, баркташ, кадырын билиш, маани бериш.
mühlet,-ti мөөнөт/убакыт берүү, мөөнөтүн узартуу. ~ **istemek** кошумча мөөнөт талап кылыш. ~ **vermek** мөөнөт бериш.
mühre 1. хрусталь шарик (*кагазды жалтыратууда колдонулат*). **2.** топ, тоголок нерсе. **3.** үлүл кабыгы. **4.** жем куш (*аң айбандардын*

тартуу үчүн колдонулат).

mühreli жалтырак (*кагаз*), лакталган (*тери*).

mühür,-hrü 1. мөөр (*курал*). **2.** мөөр/штамп (*белги*). ~ **basmak** мөөр басуу. ~**ünü basmak 1)** мөөрүн басыш. **2)** толук гарантия бериш. ~ **gözlü** сулуу кара көздүү. ~ **kazdırmak** мөөр жасатыш. ~ **takmak** мөөрлөө, мөөр тагуу (*бир жерге*). ~ **vurmak** мөөр басыш.

mühürcü мөөр жасаган/саткан киши.

mühürlemek мөөрлөө, мөөр басуу.

mühürlü 1. мөөрлүү, мөөр басылган. **2.** мөөрлөнгөн, мөөрлөп жаап салынган (*нерсе*).

müjde 1. сүйүнчү. ~**!/~ler olsun!** сүйүнчү! (*жакшы кабар бергенде айтылат*). ~ **vermek** сүйүнчүлөө. **2.** сүйүнчү (*жакшы кабар үчүн берилген ырым*).

müjdelemek сүйүнчүлөө.

mükafat,-tı сыйлык, байге, тартуу. *сал.* **ödül.** ~ **etmek/vermek** сыйлык/байге берүү, тартуу кылуу.

mükafatlandırmak сыйлоо, сыйлык берүү.

mükâleme 1. сүйлөшүү. ~ **kitabı** сүйлөшмө китеби. **2.** *өтм.* пикир алмашуу, сүйлөшүү (*мамлекеттер аралык*).

mükellef 1. милдеттүү, жооптуу. *сал.* **yükümlü.** ~ **kılmak/tutmak** милдеттендирүү. **2.** кынтыксыз, мыкты жасалган. **3.** алык-салык алынган (*киши, уюм ж. б.*). **4.** шаңдуу, сөөлөттүү, көркөм.

mükellefiyet, -ti 1. милдеттүүлүк, жоопкерчилик. **2.** милдеттенме. ~**lerin yerine getirilmesi** милдеттенменин аткарылышы.

mükemmel 1. сонун, мыкты, ажайып, керемет. ~ **bir eser** эң сонун чыгарма. ~ **insan** мыкты киши. **2.** *сырд. с.* укмуш! сонун керемет!

mükemmellik,-ği кынтыксыздык, ажайыптык, кереметтүүлүк, сонундук.

mükerrer жаңыланган, кайталанган. ~ **nüsha** жаңыланган нуска. ~ **sigorta** жаңылап камсыздандыруу.

müktesep ээ болгон, жеңип алынган. ~ **haklar** ээ болгон укуктар.

mülâhaza ой, пикир. ~ **etmek** акылга салуу, жакшылап ойлоо, таразалоо.

mülâkat,-tı 1. иш жолугушуусу, аудиенция. **2.** интервью, маек, репортаж. **3.** суроо-жооп (*тандоо максаты менен*). ~ **yapmak 1)** жолугушмак. **2)** интервью алмак.

mülâyim 1. жумшак, боорукер (*киши*). **2.** мелүүн, орто саар. **3.** ылайык, туура орундуу. ~ **teklif** орундуу сунуш.

mülk, -kü 1. мүлк, мал-мүлк. **2.** *тар.* жер ээлиги, козголбос мүлк (*Османлы Императорлугунда*).

mülkî 1. жеке менчик. **2.** граждандык (*аскердик тышында калган*). ~ **idare** граждандык башкаруу.

mülkiye 1. жарандык, журтташтык (*аскердик эмес*). **taksimatî** ~ жарандык бөлүштүрмө. **2.** (**M~ Mektebi**) Жарандык Башкаруунун Жогорку Мектеби (*саясий билимдер факультетинин эски аты*).

Mülkiyeli саясий билимдер факультетинин студенти/бүтүрүүчүсү.

mülkiyet,-ti жеке менчик, ээлик. ~ **hakkı** жеке менчик укугу.

mülteci качкын, эмигрант. ~ **kampı** качкындар лагери.

mültimilyoner мультимиллионер.

mümbit,-ti 1. берекелүү, түшүмдүү. **2.** *өтм.* жемиштүү, түшүмдүү, үзүрлүү.

mümessil өкүл, мүчө. **sınıf ~i** тап өкүлү.

mümessillik өкүлчүлүк.

mümeyyiz 1. жаман-жакшыны айра таануган. **2.** өзгөчө, артыкча (*касиет*). **3.** тандоочу, иргөөчү.

4.канцелярия кызматкери. **5.** экзаменатор.

mümin *мус.* момун, мусулман.

mümkün мүмкүн. **~se** мүмкүн болсо. **~ kılmak** мүмкүн кылыш. **~ mertebe** мүмкүн болушунча. **~ mertebe nazik ol** мүмкүн болушунча сылык бол. **~ olduğu kadar** мүмкүн болушунча.

mümkünat,-tı мүмкүнчүлүк. **~ı yok** мүмкүнчүлүгү жок.

mümtaz 1. артыкчылыктар, жеңилдиктер берилген, өзгөчө мамиле жасалган. **~ sınıf** артыкчылык берилген тап. **2.** ардактуу, тандамал, сыйлуу. **~ bilim adamı** ардактуу окумуштуу. **3.** өз алдынча, автономдуу.

münacat,-tı 1. Кудайга жалынуу/сыйынуу. **2.** *ад.* Кудайды мактаган ыр.

münafık, -ğı ушакчы, журтбузар, жүүт.

münakaşa 1. талаш, талкуу, дискуссия. **hararetli ~** кызуу талаш. **~da bulunmak** талашып-тартышуу. **~ götürmez** талашсыз, айныксыз. **2.** чатак, келишпестик, араздашуу. **~ etmek 1)** талашып-тартышуу, талкулоо. **2)** чатакташуу, араздашуу.

münasebet,-ti 1. байланыш, тиеше, алака, карым-катнаш, мамиле. **2.** шайкештик, ылайыктуулук. **3.** себеп, жүйө . **4.** ыңгай, мүмкүнчүлүк, учур. **~ almak** ылайык болуу. **~ almamak** ылайык/туура болбоо. **~ düşmek** ыңгайы келүү. **~ini getirmek** ыңгайын келтирүү, учурун табуу. **~e girmek/~te bulunmak** байланыш/мамиле түзүү. **~i kesmek** мамилесин үзүү. **~ kurmak 1)** мамиле/байланыш түзүү. **2)** эки нерсе арасында байланыш бар экенин түшүнүү.

münasebetli 1. байланыштуу, тиешелүү, карым-катыштуу. **2.** орундуу, жөндүү, ылайыктуу. **~ münasebetsiz** орундуу-орунсуз, ой келди.

münasebetsiz 1. ылайыксыз, тиешесиз, орунсуз, ыксыз. **~ teklif** ылайыксыз сунуш. **2.** ыңгайсыз, оң келбеген (*убакыт*). **~ misafir** күтүлбөгөн конок. **~ zaman** ыңгайсыз учур. **3.** ойго келбеген, ой/туш келди, сандырак..

münasip,-bi ылайык, макул, туура, жөндүү, орундуу. **~ bir fiyat** ылайык баа. **~ bir zaman** ыңгайлуу учур. **~ bulmak/görmek** туура деп табуу.

münavebe нөөмөт, кезек, алмашма. **~ ile** нөөмөт/кезек менен, улам алмашып.

münazara 1. талаш, талкуу, диспут. **2.***ад.* карама-каршылыктар жөнүндө чыгарма.

müneccim 1. астролог, жылдыз төлгөчүсү. **2.** астроном.

münekkit, -di сынчы.

münevver 1. жарык, айдың. **2.** билимдүү, айдың, интеллигент, интеллектуал.

münferit, -di 1. жалгыз, бөлүнгөн, өзүнчө, өз алдынча, жекече. **~ hapis** жалгыз камалган. **2.** жалгыз, тек, сейрек. **~ netice** сейрек учураган жыйынтык. **~ vaka** сейрек факт.

münkir 1. танган, тааныбаган, жокко чыгарган. **2.** ынанчсыз, динсиз, диникайыр.

Münkir *мус.* мүңкүр (*о дүйнөдө сурак жүргүзгөн эки периштенин бири*).

münzevi 1. обочолонгон, бөлүнгөн, жалгыздаган. **~ yaşamak** обочолонуп жашоо. **2.** кечил, думана, жапайы, элге коошпогон.

müphem бүдөмүк, белгисиз, ачык/так эмес, күңүрт, туюк. **~ noktalar** белгисиз жактар. **~ konuşmak** туюк сүйлөө.

müptelâ 1. көнүмүш/адат болгон, берилген, кынык алган (*жаман нерселерге*). **kumara ~** кумарга берилген. **2.** кабылган, жолуккан.

vereme ~ кургак учукка кабылган. **3.** ашык болгон. **aşka** ~ ашык болгон. ~ **olmak 1)** ооруп калуу, кабылуу (*бир ооруга*). **2)** берилүү, кынык алуу (*жаман адатка*).

müptezel 1. кадыресе, жөнөкөй, жупуну, көп жолуккан. **2.** арзан, баасы төмөндөтүлгөн.

müracaat, -tı 1. кайрылуу, арыз берүү. **~ta bulunmak** арыз бериш, кайрылыш. **2.** маалымат бюросу, рецепция (*отелдерде*). **3.** пайдалануу, керегине жаратуу (*мис. бир чыгармадан*). ~ **etmek 1)** арыз берүү, кайрылуу. **2)** пайдалануу. **3)** кеңеш суроо, акылдашуу.

müracaatçı арыз берген, кайрылган.

mürai эки жүздүү.

mürailik, -ği эки жүздүүлүк.

mürdüm (~ eriği) *бот.* тикендүү көк өрүк (*Prunus spinosa*).

mürebbiye гувернантка, тарбиячы.

müreffeh 1. бардар, бай, оокаттуу, бейкапар. ~ **hayat** бай/бардар жашоо. **2.** пайдалуу, майлуу, кирешелүү. ~ **iş** майлуу/кирешелүү иш.

mürekkep I, -bi сыя, тушь. **Çini ~i** тушь. ~ **balığı** *зоол.* сыя балык (*Sepia officinalis*). ~ **lekesi** сыянын изи/тагы. ~ **kurumadan** сыясы кургай электе, дароо аркасынан. ~ **olmak** сыя менен булгап алуу. ~ **yalamış** сабаттуу, билимдүү.

mürekkep II, -bi 1. татаал, бир канча бөлүктөн турган. **2.** *хим.* кошулма. **3.** бириктирилген, кошулган. ~ **kelime** *грам.* татаал сөз.

mürekkeplemek сыялоо, сыя төгүү.

mürekkepli 1. сыя болгон/төгүлгөн. **2.** сыя менен жазылган/толтурулган. ~ **kalem** сыя калем.

mürekkeplik, -ği сыя челек.

mürettebat, -tı экипаж, команда.

mürettip,-bi 1. тартипке/жөнгө салуучу, иреттөөчү. **2.** *полигр.* тизгич, тергич. ~ **hatası** терүү катасы.

mürit,-di 1. *мус.* мүрүт (*эшендин/шейхтин шакирти*). **2.** жолун жолдоочу, жактоочу.

mürşit, -di 1. *мус.* мүршит, шейх (*диний даанышман*). **2.** *өтм.* мүршит, жол башчы, көсөм.

mürt өлгөн, жайрап калган. ~ **olmak** мүрт кетүү.

mürteci, -i реакционер.

mürur 1. өткөөл, өтмө жер, кесилиш. **2.**жүрүш, агым (*убакыттын*), бүтүш. ~ **etmek 1)** өтүү, кечип өтүү. **2)** убакыт өтүү, мөөнөтү бүтүү, аяктоо.

müruruzaman 1. *ук.* эскилик, убактысы өтүү. **~la** убакыттын/мөөнөттүн өтүшү менен. **~a uğramak** убактысы өтүп кетиш.

mürüvvet, -ti 1. кең пейилдик, адамкерчилик. **2.** каармандык, эр жүрөктүк. **3.** убай. **~ini görmek** убайын көрүү.

mürver *бот.* кара бузина (*Sambucus nigra*).

müsaade 1. уруксат. **2.** жол берүү, ылайык болуу. ~ **etmek 1)** уруксат берүү. **2)** ылайык болуу.

müsabaka мелдеш, жарыш. **~ya girmek** мелдешке катышуу.

müsabık мелдешке/жарышка катышкан.

müsademe 1. мушташ, уруш. **2.** *өтм.* конфликт, жик. ~ **etmek** мушташуу.

müsadere мүлкүн тартып алыш, конфискация.

müsait 1. жол берген, ылайык. **2.** бош, ачык. **bugün ~ değilim** бүгүн бош эмесмин. **trafik** ~ жолдор ачык. **3.** *арго* жеңил, аягы суюк, бузулганга даяр (*аял*).

müsamaha 1. көңүлгө албоо/кароо, аяр мамиле, көз жумуу, маани бербөө. *сал.* **hoşgörülük. 2.** кайдигерлик, тоотпостук, көңүл коштук. ~ **etmek 1)** көз жумуу, көрмөксөн

болуу. **2)** кайдигер мамиле жасоо, көңүл коштук кылуу.
müsamahakâr, müsamahalı ак көңүл, кең пейил.
müsamere кече. **veda ~si** коштошуу кечеси.
müsavat, -tı теңчилик.
müsavi тең, бирдей.
müsebbip, -bi себеп, козгогон, түрткөн, шылтоо болгон (*киши же нерсе*).
müsekkin *мед.* тынчытуучу, оору басуучу (*дарылар*).
müshil *фарм.* ич алуучу/өткөрүүчү (*дарылар*).
müskirat, -tı алкоголдуу ичимдиктер.
Müslim мусулман.
Müslüman 1. мусулман. **2.** адилет, чынчыл. **3.** аруу, абийирдүү, адептүү. **~ kardeşler** мусулман боордоштугу. **~ mahallesinde salyangoz satmak** туура эмес жерде туура эмес иш жасоо.
Müslümanlık,-ğı 1. мусулмандык. **2.** мусулман дүйнөсү/ааламы.
müspet, -ti 1. далилденген, аныкталган. **2.** оң, позитивдүү. **~ ilimler** позитивдүү илимдер. **~ kutup** оң уюл.
müsrif ысырапчы, чачкан, коромжу кылган, түгөт.
müsriflik, -ği ысырапчылык, түгөттүк.
müstahak,-kkı татыктуу, ылайык, арзыган, укуктуу, акысы бар. **~ını bulmak** татыктуусун алыш. **Allah ~ını versin!** жазасын Кудай берсин! **~ olmak** татыктуу болуш.
müstahdem жалданган жумушчу.
müstahkem 1. бышык, чыңдалган, бекемделген (*имарат, курулуш*). **2.** *аск.* чыңдалган (*бөлүк*).
müstahsil өндүрүүчү, ишкер.
müstahzar 1. даярдалган, беленделген. **2.** даяр, колдо бар. **3.** даяр дары/косметика.
müstahzarat,-tı даяр дарылар/косметика үрүндөрү.
müstakbel 1. келечек, болочок. **2.** келечектеги, болочоктогу. **~ eşi** болочок жубайы.
müstakil, -lli 1. өз алдынча, өзүнчө. **~ ev** өзүнчө үй. **2.** көз каранды эмес, автономдуу. **~ idare** өзүн өзү башкаруу.
müstamel 1. колдонуудагы, иштеп жаткан, жарактуу. **2.** колдонулган, колдон өткөн, эски. **3.** *арго* колдон колго өткөн (*аял*).
müstebit,-ddi зуулум, заалим, деспот, эзүүчү, жеке бийлөөчү. **~ bir hükümdar** зуулум өкүмдар.
müstehcen адепсиз, уятсыз, жийиркеничтүү, абийирсиз, порнографиялык. **~ yayın** уятсыз көрсөтүү/берүү.
müstehcenlik,-ği адепсиздик, уятсыздык, порнография.
müstehzi келекелеген, шылдыңдаган, мазактаган, чымчыган. **~ gözler** шылдыңдуу көздөр.
müstemleke колония. *сал.* **sömürge. ~ harbi** колония үчүн согуш. **~ siyaseti** колониалдык саясат.
müstemlekeci колонизатор, баскынчы. *сал.* **sömürgeci.**
müstemlekecilik, -ği колонизаторлук, басып алуучулук.
müstenit, -di негизделген, таянган.
müsterih тынч, бейкапар, беймарал, санаасыз. **~ bir nefes almak** жеңилдеп калуу, санаасы тынуу. **~ ol!** камсанаба! **~ olmak** санаасы тынуу, көңүлү жайлануу.
müstesna 1. өзгөчө, айырмаланган, бөтөнчө, адаттан тышкары. **~ olarak** бөтөнчөлүк катары. **2.** айырмалуу, артыкча. **~ insan** өзгөчө адам. **~ bir vaziyet** бөтөнчө бир абал. **~ tutmak 1)** айырмалоо, артыкчылык таануу. **2)** өзгөчө/башкача деп эсептөө.
müsteşar даанышман. **elçilik ~ı** элчилик даанышманы. **bakanlık ~ı** министрлик даанышманы.

müsteşarlık, -ğı даанышмандык.
müsvedde 1. каралама/чиймелеме (*кагазы*), проект, долбоор (*алгачкы түрлөрү*). **2.** манускрипт. **3.** *арго* (*бир нерсенин*) начар өрнөгү, көлөкөсү. **insan ~si** киши сөрөй, киши аты эле бар. ~ **defteri** каралама дептери.
müşahede байкоо, көзөмөл. ~ **altına almak** көзөмөл алдына алуу. ~ **etmek** байкоо жүргүзүү, көзөмөлгө алуу.
müşahhas конкреттүү (*абстрактуу каршысы*).
müşavere кеңешүү.
müşavir кеңешчи, даанышман.
müşavirlik,-ği кеңешчилик, даанышмандык.
müşerref ардактуу, кадыр-барктуу, шарапаттуу, сыймыктуу. ~ **olmak** сыйлыгына ээ болуу. ~ **oldum** сыймыктандым.
müşfik жумшак, ак көңүл, боорукер.
müşkül мүшкүл, азап, кыйынчылык.
müşküle жүзүм түрү (*сүйрү, калың кабыктуу*).
müşkülpesent,-di текебер, кекээрлүү, эч нерсе жакпаган, өтө так/кылдат.
müşetmilat,-tı негизги курулуштун кошумчалары, бөлүктөр, сарайлар ж.б.
müşterek,-ki 1. жалпы, орток, биргелешкен. **2.** шерик, орток. **bu işte ~iz** бул иште ортокпуз.
müştereken ортоктошо, биргелешип, жалпылап, ашар кылып, баарылап.
müşteri кардар, талапкер, клиент. ~ **avlamak** кардар табуу/тартуу. ~ **kızıştırmak** кардаларды кызыктыруу.
mütalâa 1. сабак окуу. ~ **saati** сабак окуу маалы. **2.** изилдөө, иликтөө, талкуулоо. **3.** ой, пикир. ~ **etmek 1)** сабак окуу. **2)** ойлоп/изилдеп чыгуу, таразалоо. ~ **salonu** окуу залы.
mütareke ок атууну токтотуу, тыным берүү.
müteaddit 1. көп сандаган. ~ **defalar** көп жолу. **2.** ар түрдүү, ар кыл.
müteahhit,-di 1. жоопкерчилик алган, келишим менен иштеген. **2.** иш жүргүзүүчү (*башкаларга тиешелүү ишти бүтүрүүнүн милдетин алган*).
müteakip 1. кезектеги, кийинки. ~ **siparişler** кийинки заказдар. **2.** артынан, кийин. **bu olayları** ~ бул окуялардын артынан.
mütebbessim жылмайган, күлүңдөгөн.
mütecaviz 1. чектен, ашкан, ашкере, ашынган. **2.** агрессивдүү, жулунган, качырган. **3.** ашкан, ашык. **yüzü** ~ жүздөн ашык. **4.** агрессор, баскынчы.
mütecessis 1. аңдыган, тымызын, байкоого алган. **2.** билгенге куштар, такыган, такмаза.
mütedeyyin 1. диндар, такыба. **2.** кабыл алган, кирген (*кайсы бир динге*).
müteessir 1. капа болгон, кайгырган. **2.**таасирленген. ~ **olmak 1)** кайгыруу. **2)** таасирленүү.
mütefekkir ойчул, акылман.
mütehassıs 1. адис. **2.** жетик, адистешкен (*жумушчу*).
mütehassis шерденген, сезимдери козголгон, шыктанган, толкунданган. (**birini**) ~ **etmek** (*бирөөнү*) шыктандырыш, делебесин козгош. ~ **olmak** шерденүү, делебеси козголуу.
mütekabil 1. карама-каршы. **2.** эки тараптуу өз ара. ~ **dava** *ук.* каршы доо. ~ **tesir** өз ара таасир. ~ **yardım** өз ара жардам.
mütekabiliyet,-ti эки тараптын тилектештиги, пикир бирдиги, келишүүсү, макулдугу.
mütekait, -di ардагер.
mütemadi тынымсыз, үзгүлтүксүз, туруктуу, ырааттуу. ~ **cereyan** *элек.*

туруктуу ток. ~ **yükseliş** ырааттуу жогорулоо.

mütemadiyen тынбай, үстөккө-бостоk, кайра-кайра, үзбөй, үзгүлтүксүз.

mütenasip тең, бирдей, чак, өлчөмү/чени бирдей, симметриялуу.

mütercim котормочу. *сал.* **tercüman.**

müterediddit олку-солку, чечкинсиз, арсар.

müteşebbis демилгечи, активдүү.

müteşekkil турган, түзүлгөн, куралган. **on kişiden ~ bir komisyon** он кишиден турган комиссия.

müteşekkir ыраазычылык, алкыш. ~ **olmak** ыраазы болуу.

mütevazı, -ı 1. жөнөкөй, карапайым. ~ **insan** жөнөкөй киши. **2.** жупуну, комсоо. ~ **ev** жупуну үй.

mütevecciheh карай, көздөй. **İzmire** ~ Измирге карай.

müteveffa өлгөн, каза болгон (*киши*).

mütevelli мүтевелли (*коомдордун, мечет, мектептердин кирешесин жөнгө салган башкаруучу*).

mütevellit 1. туулган, дүйнөгө келген. **2.** пайда болгон, жаралган.

müthiş 1. катуу, укмуш, коркунучтуу. ~ **fırtına koptu** укмуш бороон башталды. **2.** катуу, аябай, абдан (*күчөтмө сын*). ~ **korkmak** катуу коркуш. ~ **sevinmek** аябай кубануу. **3.** *сырд. с.* укмуш! сонун! таң каларлык! **~! son zamanlarda izlediğim en güzel oyun!** укмуш! акыркы кездерде мен көргөн эң мыкты оюн.

müttefik,-ki 1. бириккен, бир максаттуу, өз ара келишкен, биргелешкен. **2.** союздаш. **stratejik** ~ стратегиялык союздаш.

müvekkil *ук.* **1.** ишенген, ынанган, аманат кылган. **2.** *ук.* акталышы/корголушу керек киши (*адвокат тарабынан*).

müvezzi, -i таратуучу. **posta** ~ почточу.

müzakere 1. кеңешме, сүйлөшүү, талкуу. **2.** оозеки сынак. **3.** этюд, үй тапшырмасын жасатуу. ~ **etmek/yapmak 1)** бир тема боюнча сүйлөшүү. **2)** оозеки сынак жүргүзүү. **~ye kaldırmak** окуучуну тургузуп суроо.

müzayede аукцион, арттырып сатыш.

müze музей. **tarih ~si** тарых музейи. **resim ~si** сүрөт музейи. ~ **gibi** музей сыяктуу.

müzeci 1. музейди түзгөн киши. **2.** музей кызматкери.

müzelik 1. музейлик, музейге коё тургандай баалуу. **2.** *шылд.* эски, шалдыраган, картаң, какжыраган.

müzevir тыңчы, бузуку, сөз ташыган, ушакчы.

müzevirlik,-ği тыңчылык, бузукулук, сөз ташыма, ушакчылык.

müziç, -ci тажатма, зериктирген.

müzik,-ği музыка. **hafif** ~ жеңил музыка. **halk ~i** элдик музыка. **çağdaş** ~ учурдаш музыка. **oda ~i** камералык музыка. ~ **bilimi** музыкология, музыка таануу.

müzikal,-li 1. музыкага байланыштуу/тийиштүү. **2.** музыкаль, музыкалык комедия.

müzikçi 1. музыкант. **2.** музыка мугалими.

müzikhol,-lü мюзик-холл, водевил театры.

müzikli музыкалуу, музыка аралашкан.

müziksever музыка сүйүүчү.

müzisyen музыкант.

Müzler *миф* музалар (*грек мифологиясында Зевстин тогуз кызы*).

müzmin 1. өнөкөт, хроник. ~ **hastalık** өнөкөт оору. **2.** *өтм.* чеги жок, белгисиз. ~ **işsizlik** чеги билинбеген ишсиздик.

müzminleşmek өнөкөткө айлануу.

N

N,n *түрк алфавитинин он жетинчи тамгасы.*

na *сырд. с.* **1.** мына! ~ **bir tane daha!** мына, дагы бирөө! **2.** көрдүңбү! карасаң! ~ **kafa!** көрдүңбү, баш деп ушуну айт! **3.** *таба.* ал. ~ **sana!** 1) ал сага! сооп болот!. 2) ушундай болмок!

na- *"-сыз" маанисин билдирүүчү өң мүчө.* **nahoş** жагымсыз, **naçar** чарасыз.

naaş, -a'şı өлүк, сөөк, жасат. **oğlunun Türk bayrağına sarılı ~ı gelince bayıldı** уулунун түрк байрагына оролгон сөөгү келгенде эсинен танып калды.

nabız,-bzı тамыр, пульс. **~ı atmak** тамыры кагуу. ~ **atışı** тамырдын кагышы. **~ına bakmak** 1) (*бирөөнүн*) тамыр кагышын өлчөө. 2) *өтм.* тамырын тартуу, сырын билгенге аракет кылуу. **~ını tutmak** тамырын кармоо. **~ına girmek** ичикойнуна кирүү, жагынуу. **~ına göre şerbet vermek** (*бирөөнүн*) оюндагысын жасоо. ~ **yoklamak/ ~ını yoklamak** (*бирөөнүн*) тамырын тартып көрүү.

nabut набыт, жок болуш. ~ **etmek** 1) жок кылыш, кырыш. 2) кыйратыш, бүлдүрүш. ~ **olmak** набыт болуу, жоголуу.

nacak, -ğı ак балта.

naçar чарасыз, айласыз. ~ **kalmak** аргасыз калыш. **çar** ~ айласыз-аргасыз.

naçiz арзыбаган, болор-болбос, түккө турбаган. **şu** ~ **hediyemizi kabul buyrun** ушул болор-болбос белегибизди кабыл алып коюңуз.

nadan 1. наадан, билимсиз, түркөй. **2.** орой, зөөкүр, тарбиясыз, адепсиз. ~ **ile ye, hiç sohbet etme** *мак.* наадан менен ичип-же, маектешпе.

nadanlık,-ğı 1. наадандык, билимсиздик, түркөйлүк. **2.** оройлук, зөөкүрлүк, тарбиясыздык, адепсиздик.

nadas тоңдурма айдоо (*жерди семиртиш үчүн айдап бош калтырыш*). **~a bırakmak** (*жерди*) эс алдыруу. ~ **etmek** (*жерди*) тоңдурма айдап коюш.

nadide теңдешсиз, көз көрбөгөн, сейрек кездешкен. ~ **elmas** теңдешсиз алмаз.

nadim өкүнүч, бушаймандык, кыжаалаттык. ~ **olmak** өкүнүү, бушайман/кыжаалат болуу.

nadir сейрек, аз, чанда, анда-санда. ~ **görülen** аз жолуккан. **annamgile çok ~ gider olduk** апамдарга абдан аз барчу болдук.

nadirat, -tı сейрек, аз, чанда табылган/көрүнгөн (*нерселер*).

nadiren анда-санда, кез-кезде, чанда.

nadirlik,-ği сейректик, аздык, табылбастык.

nafaka 1. жашоо каражаты. **~sını çıkarmak/temin etmek** нан таап жеш, күн көрүш. **~sından kesmek** күндүк жашоо каражатынан кесүү/үнөмдөө. **2.** алимент. ~ **bağlamak** алимент кесүү.

nafi пайдалуу, жарактуу, керектүү.

nafile 1. *мус.* нафиле (*ашыкча окулган намаз, тутулган орозо*). **2.** бекерге, керексиз, пайдасыз. ~ **uğraşlar** бекерге кеткен убарачылыктар. **~!** пайдасыз! кереги жок! ~ **yere** жөндөн жөн, бекерден бекер.

naftalin *хим.* нафталин. ~ **kokmak** 1) нафталин жыттаныш. 2) *өтм.* эскирип кетүү, жараксыз болуу (*мис. бир пикир*).

naftalinlemek нафталиндөө, нафталин себүү (*жүн буюмдарга*).
nağme 1. күү, мотив, мукам. **2.** *муз.* нота. **3.** *өтм.* жасалма сүйлөө. **~yi değiştirmek** сүйлөө тонун өзгөртүш. ~ **yapmak** билмемиш болуу.
nah *к.* **na.**
nahak 1. жөнсүз, орунсуз, керексиз. ~ **yere** жөнсүз/керексиз жерден, калп эле. **2.** бекерге. **kendini** ~ **üzüyorsun** бекерге капа болуп жатасың.
nahif алсыз, күчсүз. чабал, жүүнү бош.
nahiye *тар.* нахие, район, аймак. ~ **merkezi** райондун борбору.
nahoş жагымсыз, терс, серт.
nail жетүү, ээ/татыктуу болуу, колго алуу. **emeline ~ olmak** эңсегенине/тилегине жетиш.
naip,-bi 1. наиб, орунбасар, аталык, регент. **2.** *мус.* казынын орун басары.
nakarat, -tı 1. *муз.* кайырма. **2.** жадатма сөз. **3.** *ад.* ыр саптарында кайталама. **hep aynı** ~ баягы эле сөз.
nakavt, -tı *спорт* накаут. ~ **etmek** 1) накаут кылуу. 2) *өтм.* шайын ооддаруу. ~ **olmak** накаут болуш.
nakden 1. накталай, акчалай. **2.** алдын ала, колмо кол.
nakdî акчалай. ~ **ceza** акчалай жаза. ~ **teminat** акчалай ишеним. ~ **yardım** акчалай жардам.
nakış 1. накыш, оймо. **2.** сайма (*көбүнчө зым жиптер менен сайылган*). ~ **işlemek** сайма сайыш. **3.** сүрөт (*дубалга, шыпка тартылган*). **4.** *муз.* накыш (*чыгыш музыкасынын бир түрү*). **5.** амал, айла, куулук.
nakışçı накышчы, оймочу, саймачы.
nakışlamak накыштоо, накыш түшүрүү.
nakışlı накыштуу, оймолуу, саймалуу.
nakil, -kli 1. ташыма, көчүрмө (*бир жерден башка жерге*). **2.** көч, журт котормо. ~ **mekan** журт которуу. **3.** иш которуу, кызмат өзгөртүү. **4.** котормо (*бир тилден башка тилге*). **5.** кайталап айтуу. **6.** копиялоо, транскрипция. **7.** *мед.* алмаштыруу. **organ ~i** орган алмаштыруу. ~ **etmek** 1) көчүрүү, ташуу. 2) кайталап айтып берүү.
nakit, -kdi нак акча. ~ **hesabı** акча эсеби. ~ **para** накталай акча. ~ **olarak** акчалай.
nakkare *муз.* добулбас түрү.
nakkaş 1. накышчы, сүрөтчү (*дубал/шып сүрөттөрүн тарткан*). **2.** гравёр.
naklen 1. көчүрмө/ташыма аркылуу. ~ **yayın** көчмө жайын. **2.** муундан-муунга, ооздон оозго өткөн, салтка айланган. **3.** которуп коюу (*башка ишке*).
nakletmek 1. көчүрүү, ташуу, алып баруу. **2.** которуштуруу, куюштуруу (*бир нерсени башка нерсеге*). **3.** *элек.* өткөрүү. **elektrik** ~ электр өткөрүү. **4.** котормо жасоо. **5.** өзгөртүү, буруу. **konuyu** ~ сөздү башкага буруу. **6.** кайталап айтып берүү, түшүндүрүү.
nakliyat,-tı ташыма, көчүрмө, транспортто. ~ **şirketi** ташыма/көчүрмө фирмасы.
nakliyatçı жүк ташыгыч, көчүргүч.
nakliye 1. ташыма иши. **2.** ташыма акысы. ~ **gemisi** жүк ташыган кеме. ~ **ucağı** жүк ташыган учак. ~ **ücreti** ташыма акысы.
nakliyeci ташыгыч, көчүргүч.
nakşetmek 1. кооздоо, жасалгалоо. **2.** *өтм.* көңүлгө түйүү, эске сактап коюу.
Nakşibendi 1. накшибенди (*шейх Мухаммед Накшибенди тарабынан негизделген диний секта*). **2.** накшибенди сектасы дервиши/мүчөсү.
nakşolmak эске/көңүлгө түйүлүү, унутулбас болуу.

nal така (*аттын*), на(а)л. ~ **çakmak** така кагуу, такалоо, налдоо. **~ları dikmek** *арго* тырайып/өлүп калыш. ~ **toplamak** (*бир нерседен*) артта калыш, артында жүрүш. **hem ~ına, hem mıhına çekiç sallamak** эки түрдүү ойнош, эки жактын тең көңүлүн алыш (*сөзм. с.* такага да, мыкка да балка чабыш).

nalbant, -dı темир уста , балкачы.

nalbur 1. така жасаган уста. **2.** темир-тезек саткан дүкөнчү. ~ **dükkanı** темир-тезек дүкөнү.

nalet,-ti *ооз.* наалат, каргыш. ~ **olsun!** каргыш тийсин!

nalın жыгач сандалет (*түрк хамамында колдонуш үчүн*).

nallamak 1. такалоо, налдоо. **2.** *арго* жайлап салыш, көзүн тазалаш.

nam 1. ат, ысым. **~ına** 1) атынан. **kurumum ~ına tebrik ederim** мекемем атынан куттуктайм. 2) атына келген/жиберилген. 3) аты алдында/менен. 4) дегенден, аттуудан. **para ~ına hiçbir şeyim kalmadı** акча аттуудан эч нерсем калбады. **~ında** атындагы, деп аталган. **~ı diğer** бир башка аты. **2.** наам, атак, даңк. ~ **almak/kazanmak** наам алыш, атак-даңкка ээ болуш. ~ **salmak/vermek** атагы алыска кетиш, даңктаныш.

namahrem 1. *мус.* үйлөнүүсүнө шарият жол берген (*аял, эркек*). **2.** чоочун, жат.

namaz *мус.* намаз. ~ **bezi** намаз жоолугу (*намаз окуган аялдар башына салынган*). **~ı bozulmak** намазы бузулуу. **~a kalkmak** намазга туруу. **~ı kılınmak** жаназа намазы кылынуу. ~ **kılmak** намаз окуу. ~ **niyaz** дуба. ~ **seccadesi** жайнамаз. ~ **vakti** намаз убактысы/маалы.

namazgâh *мус.* намаз окулган жер.

namazlık,-ğı 1. үстүндө намаз окулган жайнамаз, килемче. **2.** намазда окулган кыска дубалар. **3.** бир намаздык (*убакыт*).

name *эск.* **1.** кат. ~ **okumak** ар ким билген сөздү кайталаш. **2.** документ, жылдык (*татаал сөз курамында, мис.* **beyanname** *билдирүү, декларация ж. б.*). **3.** поэма, баян. **İskendername** Искендер баяны. **4.** китеп, кодекс. **seyahatname** саякат китеби. **kanunname** мыйзамдар кодекси.

namert,-di коркок, эки жүздүү, арамзаа, жүзүкара, акмак. **~e muhtaç olmak** акмакка муктаж болуу.

namertçe акмактык/арамзаалык менен.

namertlik,-ği жүзүкаралык, акмактык, арамзаалык.

namlı атактуу, белгилүү, таанымал. ~ **şanlı** атак-даңктуу.

namlu 1. *мылтык, тапанча сыяктуу куралдардын узун темир бөлүгү.* **2.** миз (*кылычтын/бычактын*).

namus 1. намыс, сыймык. **2.** абийир, уят, адеп. **3.** чынчылдык, тууралык. ~ **belâsı** намыс балаасы. ~ **borcu** намыс маселеси. **~una dokunmak** намысына тийиш. **~u iki paralık olmak** намысы тебеленүү. ~ **sözü** ар-намыс сөзү/убадасы. **~unu temizlemek** 1) (*бир иштен*) ары/намысы менен чыгыш. 2) намыс үчүн бирөөнү өлтүрүш. **~uyla yaşamak** ар-намыстуу жашоо.

namuslu 1. ар-намыстуу, сыймыктуу. **2.** абийирлүү, адептүү, уяттуу. **3.** чынчыл, туура. ~ **insan** туура жүргөн киши.

namusluluk,-ğu 1. ар намыстуулук, сыймыктуулук. **2.** абийирдүүлүк, адептүүлүк, уяттуулук. **3.** чынчылдык, тууралык.

namussuz 1. намыссыз, арсыз, сыймыксыз. **2.** абийирсиз, адепсиз, уятсыз, жүзү жок. **3.** жалганчы.

namussuzluk, -ğu 1. намыссыздык, арсыздык. **2.** абийирсиздик, адеп-

сиздик, жүзү жоктук. **3.** жалганчылык.

namütenahi учу-кыйырсыз, чексиз.

namzet,-di 1. талапкер, кандидат. *сал.* **aday. ~ göstermek** талапкер көрсөтүш. **2.** сөйкө салынган, кудалап койгон (*кыз*).

namzetlik,-ği талапкерлик, кандидаттык.

nanay *арго* жок, ныпым. **bende para ~** менде акча ныпым жок.

nane *бот.* жалбыз (*Mentha piperifa*). **~ likörü** жалбыз ликёру. **~ limon** жалбыздуу лимон (*ысык суусундук*). **~ molla** 1) алсыз, дармансыз, араң жан. 2) оорулуу, жарым жан, чабал. 3) эринчээк, жалкоо. **~ ruhu** жалбыз эссенциясы/экстракты. **~ şekeri** жалбыздуу конфет. **~ yemek** орунсуз сөз сүйлөө, туура эмес иш кылуу. **yemedik ~ bırakmadı** кылбаган келесоолугу калбады. **yediği ~ye bak!** кылып турганын кара.

naneli жалбыздуу, жалбыз кошулган.

nanik, -ği *баш бармакты мурунга таяп, башка манжаларды ачып кыймылдатып жасалган эликтөө аракети.* **~ yapmak** келекелөө, шылдыңдоо, эликтөө (*аталган аракет аркылуу*).

nankör жакшылык билбес, кадыр билбес.

nankörlük, -ğü жакшылык билбестик, кадыр билбестик.

nar 1. *бот.* анар (*Punica granatum*). **2.** анар (*жемиши*). **~ çiçeği** ачык кызыл түс, анар түсү. **~ gibi** анардай (*кызарыш*).

nâr *эск.* от. (**başını**) **~a yakmak** башына балаа ачуу (*бирөөнүн*). **~ına yanmak** (*бирөөнүн*) азабын тартыш.

nara кыйкырык, бакырык, өкүрүк. **~ atmak/salmak/vurmak** кыйкыруу, бакыруу.

narenciye *бот.* цитрус өсүмдүктөрү (*Citrus*).

nargile наргиле, кальян (*тамеки түтүнүн суудан түтүк аркылуу өткөрүп тартуу*). **~ çekmek/içmek** наргиле тартуу.

narh нарк, баа. **~ koymak** баа/нарк коюш.

narin нарын, ичке, назик, шыңга, үлбүрөк, сымбаттуу. **~ vücut** ичке/сымбаттуу дене.

narinlik,-ği ичкелик, шыңгалык, назиктик, сымбаттуулук.

narkotik, -ği наркотик, банги зат.

narkoz наркоз. **~ vermek** наркоз берүү.

narkozcu *мед.* анастезиолог.

narkozitör *к.* **narkozcu.**

narsisizm *мед.* нарциссизм, нарциссомания.

nasıl 1. кандай? кандайча? **~sınız?** кандайсыз? **~ bir kız?** кандай кыз? **kahveniz ~ olsun?** кофеңиз кандай болсун? **2.** канчалык. **seni ~ seviyorum, bir bilsen** сени канчалык сүйгөнүмү бир билсең. **3.** кантип? кантип эле? **~ söyleyeyim** кантип айтсам. **~ dilin varıyor?** кантип тилиң барды? **~ kızmayım?** кантип ачуум келбесин? **yazı bu sayıya ~ yetişemez!** жазуу бул санга кантип жетишпесин! **~ ki** кандай болсо ... ошондой. **~ki biz erken gelebiliyoruz, siz de geleceksiniz** биз кандай эрте келип атсак, силер да ошондой эле келесиңер. **~sın bakalım!** кандайсың, анан? **~ olur?** кантип ошондой болсун? **~ olsa** кандай болсо да. **hem de ~!** болгондо да кандай. **dışarısı soğuk mu? hem de ~!** эшик суукпу? суук болгондо да кандай!

nasılsa кандай болсо да, канткенде да, баары бир. **~ duyacaktın** кандай болсо да угат элең.

nasır чор. **~ bağlamak** 1) чор басуу. 2)*өтм.* сезимсиз, таш боор болуу. **~ına basmak** жооруна/жарасына басуу. **~ olmak** 1) чор басуу. 2)

өйкөп салуу (*колду, бутту*).
nasırlanmak чор басуу, өйкөлүү.
nasırlı чорлуу, өйкөлгөн.
nasihat,-tı насыйкат/насият/насаат, кеңеш. *сал.* **öğüt.** ~ **dinlemek** сөз угуу. ~ **etmek/vermek** насият/акыл айтуу, кеңеш берүү. ~ **yollu** насаат иретинде.
nasip,-bi 1. насип, үлүш, энчи. **2.** тагдыр, таалай, жазмыш, буйрук. **~ini almak** насибин алыш. ~ **etmek** 1) (Кудай) буюруп коюу, насип кылуу. 2) тилекке/муратка жеткирүү. ~ **olmak** 1) насип болуу, энчисине түшүү. 2) таалайына туш келүү. ~ **olursa** Кудай буюрса.
nasiplenmek насибин алыш, энчиге ээ болуш.
nasipli жолдуу, таалайлуу, насиби бар.
nasipsiz жолу жок, таалайсыз, насиби жок.
nasir *эск.* **1.** *ад.* прозаик. **2.** чачкан, тараткан, жайган, жайылткан.
Nasranî *дин* христиан, назареянин (*Иса Пайгамбардын туулган жери Насырадан*).
nasyonalist,-ti националист. *сал.* **milliyetçi.**
nasyonalizm национализм. *сал.* **milliyetçilik.**
natamam бүтө элек, бүтпөгөн, чала.
natıka кызыл тил, сөз чеберчилиги, чечендик, сөзгө жүйрүктүк. ~ **kudreti** чечендик кудурети.
natır *аялдар мончосунда кардарларды жуундурган аял кызматчы.*
NATO (**North Atlantic Treaty Organization'***дун кыск.*)НАТО.
nato *арго* : ~ **kafa** маңбаш, келесоо, дөдөй.
natron селитра (*азот кычкыл туз*).
natura жаратылыш, табият, натура.
natüralist, -ti натуралист.
natüralizm натурализм.
natürel тубаса, натурал, табигый. ~ **renk** табигый/тубаса түс.
natürmort, -tu натюрморт.
navlun 1. фрахт (*кеме тарабынан ташылган жүк*). **2.** кемеде жүрүү/жүк ташуу акысы.
naylon 1. нейлон. **2.** нейлондон жасалган. **3.** *өтм.* жасалма, жалган, жел, жоктон бар көрсөтүлгөн. ~ **fatura** жалган фактура/квитанция. ~ **gazete** чыр-чатак/сенсациялардын аркасынан түшкөн газета.
nayloncu полиэтилен буюмдар саткан кыдырмачы.
naz 1. наз, эркелик, кылыктануу. **2.** каприз, кыял. **3.** бааланыш. **~a çekmek** 1) кылыктануу, назданууу. 2) кыялын көргөзүү. **~ını çekmek** (*бирөөнүн*) каалаганын орундатуу, эркелетүү. ~ **etmek/satmak/yapmak** кылыктануу, эркелөө, бааланууу. **~ı geçmek** айтканы айткан, дегени деген болуу, эркелиги көтөрүлүү.
nazar 1. назар, көз алды. **2.** көз тийме. **3.** *өтм.* көз караш, пикир. **~ımda** менимче, баамымда. **~ıyla bakmak …** көзү менен кароо. **düşman ~ıyla bakmak** душман көзү менен кароо. ~ **boncuğu** 1) көз/көк мончок (*көз тийбесин деп тагылган*). 2) *өтм.* көз мончок, баалуу/табылбас нерсе. ~ **değmek/~a gelmek** көз тийүү. **~ı dikkatini çekmek** көңүлдөрдү буруу, өзүнө тартуу. **~dan düşmek** маанисин жоготуш, баркы кетиш. **~ı itibara almak** эске/көңүлгө алуу.
nazaran 1. караганда, көрө, салыштырганда. **2.** боюнча. **buna** ~ буга караганда, бул боюнча.
nazarî 1. көрүнөө, көз алдыда болгон, көрсөтмөлүү. **2.** теориялык. ~ **dersler** теориялык сабактар.
nazariye теория.
nazarlık,-ğı тумар, амулет (*көз тийбеши үчүн тагылган*).
nazenin 1. кылыктуу, наздуу, эркe. **2.** ичке, шыңга, сымбаттуу. **3.** назе-

нин (*Бекташи секталарынан биринин аты*).

nazım,-zmı 1. тартип, түзүлүш. **2.** *ад.* ыр, поэзия.

nâzım 1. тартипке салуучу, иреттөөчү. **2.** акын.

nazır 1. *эск.* министр. *сал.* **bakan. Dahiliye N~ı** Ички Иштер Министри. **Hariciye N~ı** Тышкы Иштер Министри. **2.** байкоочу, көзөмөлчү. **3.** караган, чыккан. **denize ~** деңизди караган. **penceresi ormana ~ şirin bir ev** терезеси токойду караган татынакай үй.

nazırlık, -ğı министрлик.

Nazi 1. нацист. **2.** нацисттик.

nazik 1. назик, ийменчээк, сылык. **~ kız** назик кыз. **~ davranmak** сылык мамиле жасоо. **2.** ичке, шыңга, сымбаттуу. **3.** назик, кылдат, бат сына турган. **~ alet** назик курал. **4.** аяр, кылдат, этият. **~ mesele** аяр маселе.

nazikâne 1. назикче, сылык, сыпайы (*мамиле*). **2.** кылдаттык/аярлык менен, этият. **~ atlatmak** назикче баш тартыш.

nazikleşmek 1. назиктешүү, сылык тартуу. **2.** кылдат/аяр маселеге айлануу, татаалдашуу.

naziklik,-ği 1. назиктик, кылдаттык, аярдык. **2.** сылыктык, сыпайылык.

Nazizm нацизм.

nazlanmak назданыш, кылыктаныш, эркелеш, бааланыш.

nazlı 1. эркe, назданган, кылыктанган, бааланган. **2.** кылдат, аяр, этият, кооптуу, назик.

ne, -yi 1. эмне. **~ dedin?** эмне дединг? **~ ile gideceksin?** эмне менен кетесиң? **bana ~?** мага эмне? **2.** кандай, кандай гана. **~ güzel hava!** кандай сонун аба! **~ kaba adam!** кандай орой киши! **~ günler geçti aramızda!** арабыздан кандай гана күндөр өттү дейсиң! **3.** эмне деген. **bu ~ kıyafet böyle!** бул эмне деген кийим? **~ler** эмнелер. **~ler görmedik bu hayatta? бу** жашоодо эмнелер гана көрбөдүк! **~si** эмнеси? кимиси? **eništenin ~si oluyorsun?** жездемин эмнеси болосуң? **~sine** эмнесине, эмне керегине, кайсы арына? **bilgisayar onun ~sine?** ал компьютерди эмне кылат экен? **~ âlâ!** кандай сонун! кандай/тири укмуш! (*кээкерлөө максатында айтылат*). **~ âlâ memleket!** тири укмуш өлкө! **~ âlemde?** кандай абалда? **çocuklar ~ âlemde şimdi?** балдар эми кандай абалда? **~ alıp veremediği var?** талашы эмне? **~ arar?** 1) эмне иши бар? **bu kız burada ~ arar?** бул кыздын бул жерде эмне иши бар? 2) кайдан болсун. **ondan para ~ arar?** анын кайдан акчасы болсун? **~ biçim** эмне деген. **~ biçim insansın?** эмне деген кишисиң? **~ buyurulur?** эмне демек эле? эмне күтүлмөк эле? **~ çare!** айла канча! **~ çıkar?** эмне чыгат эле? (*эч нерсе чыкпайт*). **~ çiçektir biliriz** кандай киши экенин (эң сонун) билебиз. **~ de olsa** кандай болсо да, канткенде да. **~ dedim de …** эмне дедим. **~ dedim de seni kızdırdım?** сен ачууланган дай эмне дедим? **~ demek?** эмне деген сөз/кеп? **~ demeye** эмне дегени. **~ demeye çalışıyorsun?** эмне дегени турасың? **~ denir/dersin?** эмне дейсиң (*айлаң канча?*). **~ denli** канчалык. **~ denli zorluklara katlandı** канчалык кыйынчылыктар тартпады. **~ diye** эмне деп. **~ diye arayım?** эмне деп чалмак элем? **~ ekersen onu biçersin** *мак.* эмнени эксең, ошону оросуң. **~ fayda!** эмне пайда? **~me gerek** эмне кереги бар? **~ gezer?** *к.* **~ arar? ~ gibi?** кандай? эмне деген? **~ gibi problemler var?**

кандай проблемалар бар? ~ **güne duruyor?** эмне кылып жүрөт? эмне пайдасы бар? **biz ~ güne duruyoruz** биз (*пайдабыз тийбесе*) эмне кылып жүрөбүз? ~ **günlere kaldık?** кандай күнгө туш болдук? ~ **haber?** кандай? эмне жаңылык бар? ~ **hacet?** эмне кажаты бар? ~ **haddine?** кайсы алына/арына? **seni eleştirmek ~ haddine?** кайсы арына сени сындайт экен? ~ **hâli varsa görsün!** эмне болсо, ошо болсун! ~ **hikmetse** эмнегедир, эмне экени белгисиз. ~ **idiği belirsiz** ким экени белгисиз, тексиз, жерге-жээксиз. ~ **imiş?** эмне экен? ~ **ise** 1) эмне болсо да. 2) болуптур эмесе. ~ **ise biz işimize bakalım** болуптур, биз өз ишибизди билели. ~ **kadar** 1) канча? **fiyatı ~ kadar?** баасы канча? 2) кандай, канчалык. ~ **kadar güzel!** кандай сулуу! 3) ~ **kadar … , o kadar** канчалык ... ошончолук. ~ **ki/ dir ki** эмне экен? ~**me?** 1) эмне кереги бар? 2) эмне дейин. ~ **mal olduğunu biliriz** ким экенин беш колдой билебиз. ~ **malûm?** кайдан билесиң? **onun hırsız olduğu ~ malûm?** ууру эмес экенин кайдан билесиң? ~ **mümkün** мүмкүн эмес. ~ **münasebet!** эмне тиешеси бар? ~**yin** ~**si?** кимдин эмнеси? кайдан чыккан неме? ~ **olacak** 1) эмне болот? 2) эмне болмок эле? ~ **oldu?** эмне болду? ~ **olduğunu anlamamak** эмне экенин түшүнө албоо. ~ **oldum delisi olmak** ырысын көтөрө албоо, ырысына көбүү/чычуу. ~ **olur/olursun!** эмне болот эле (*бир өтүнүч/ жалбарууну күчөтүү үчүн айтылат*). ~ **olur,** ~ **olmaz** алда кандай болот. ~ **olursa olsun** эмне болсо ошо болсун. ~ **oluyor?** эмне болуп кетти? ~ **pahasına olursa olsun** эмне болсо да, кандай болсо да. ~ **söylüyorsun?** 1) эмне деп турасың? 2) чын элеби? ~ **sularda?** кандай абалда? ~ **suretle** кайсы бети менен? ~**ye uğradığını bilmemek** эмнеге туш болгонун билбей калыш. ~ **vakit?** 1) качан, кайсы маалда? 2) качан болсо. ~ **vakit çağırsam gelmekten kaçındın** качан чакырсам да келгенден качтың. ~ **vakittir** көптөн бери. ~ **var?** эмне болду? ~ **var ki** бирок, тилекке каршы. ~ **var,** ~ **yok** 1) кандай жаңылыктар бар? 2) бүт болгонун, эмнеси бар болсо баарын, түгөл. ~ **yalan söyleyeyim …** чынын айтсам ... , калп айтып эмне кылайын... ~ **yapalım** эмне кылалы (*эч нерсе кыла албайбыз*). ~ **yapıp yapıp** эмне кылып болсо да. ~ **yazık!** кап! жаман болуптур! ~ **yüzle** кайсы бети менен. ~ **yüzle buraya gelir?** кайсы бети менен бул жерге келет? ~ **zahmet!** кандай убарачылык! (*эмне кереги бар эле*). ~ **zaman?** 1) качан? кайсы убакта? 2) качан болсо, ар качан. ~ **zamandır** көптөн бери. ~ **zarar!** эмне зыяны бар? зыяны жок.

ne … ne … 1. ... да, ... да. ~ **kırmızı ~ pembe** кызыл да, гүлгүн да эмес. **onu ~ tanıdım,** ~ **gördüm** аны тааныган да, көргөн да жокмун. ~ **aslı var,** ~ **faslı** эч кандай негизи жок. ~ **altını bırakmak ~ üstünü** астын-үстүн кылыш, соо жер койбой тинтип чыгыш. **2.** же ..., же. ~ **od var,** ~ **ocak** же от жок, же очок жок (*үйдө эч нерсе жок*). ~ **kokar** ~ **bulaşır** ысык-суугу жок. ~ **sakala minnet** ~ **bıyığa** же сакалга, же мурутка милдети жок (*бүт ишин өзү жасайт*). ~ **tadı var,** ~ **de tuzu** же таты жок, же тузу жок.

nebat, -tı өсүмдүк. *сал.* **bitki.**

nebatî өсүмдүктөргө байланыштуу, бо-

таникалык. ~ **yağ** өсүмдүк майы.

nebi пайгамбар (*Мухаммедден башкасы*). **Nuh ~den kalma** атам замандан калган, абдан эски, модасы өткөн.

nebze аз, кичине, биртике. **bir ~** бир аз.

nece кайсы тилде? эмнече? ~ **konuştunuz?** кайсы тилде сүйлөштүңөр?.

neci эмне иш кылат? кесиби эмне? **damadın ~?** күйөө балаң эмне иш кылат? ~ **oluyorsun?** сенин эмне ишиң бар? эмне кийлигишесиң?

nedamet, -ti өкүнүч, бушаймандык. ~ **çekmek/duymak/getirmek** өкүнүү, бушайман болуу.

nedbe *мед.* жара изи.

neden 1. эмнеликтен, эмнеге? ~ **gitmemiş?** эмне үчүн кетпептир? ~ **mektup yazmadın?** эмнеге кат жазбадың? **2.** себеп. *сал.* **sebep. ~iyle** себеби менен. **işimin yoğunluğu ~iyle** ишим көп болгону үчүн. ~ **olmak** себеп болуу. ~ **sonra** арадан көп убакыт өткөн соң.

nedense эмнегедир, эмнеликтендир.

nedensel *филос.* себепке байланыштуу, себептен улам.

nedensellik,-ği *филос.* себептүүлүк. ~ **ilkesi** себептүүлүк прициби.

nedim 1. жакын дос. **2.** сырдаш, маектешкен/сүйлөшкөн киши. **3.** *тар.* маскарапоз, шут.

nedime 1. *тар.* сарайдагы аялдардан бири. **2.** келиндин курбусу (*той маалында*).

nefaset,-ti 1. сезимдүүлүк, кыраакылык. **2.** нарктуулук, каадалуулук. **3.** баалуулук, сапаттуулук. **4.** табиттин мыктылыгы.

nefer 1. киши, бирөө, адам. **2.** *аск.* катардагы жоокер.

nefes 1. дем. ~ **almak** 1) дем алуу. 2) эс алуу, тыныгуу. **2.** *өтм.* дем, дуба (*дарылоо максаты менен жасалган ырым*). **3.** көз ирмем, саам. **bir ~te** бир саамда/ирмемде. **4.** *арго* нашаа. **5.** гимн, ыр (*дервиштер тарабынан ырдалган*). ~ **alamamak** 1) дем ала албоо. 2) *өтм.* бош убактысы/чолоосу болбоо. ~ **aldırmamak** дем/эс алдырбоо, тындырбоо. ~ **çekmek** 1) демин ичине тартуу (*чылым чеккенде*). 2) *арго* нашаа тартуу. **~i daralmak** деми кысылуу. ~ **darlığı** 1) дем кысылма. 2) астма. ~ **etmek** дем салуу (*молдо, бакшы ж. б.*). ~ **kesici** таң калтырган, сыйкырдуу. **~i kesilmek** демин ичине алуу, таң калуу, суктануу (*адаттан тышкары бир нерсе каршысында*). **konserin son kısmını seyirci ~ini keserek izledi** концерттин акыркы бөлүмүн көрүүчүлөр демин ичине алып көрүштү. ~ **~e** оор дем алуу, күшүлдөө. ~ **tüketmek** 1) тили тешилүү (*бир нерсени айта берип*). 2) көп сүйлөгөндөн үнү каргылданып калуу.

nefeslemek дем салуу, дубалоо (*ооруга*).

nefesli 1. үйлөмө (*музыкалык аспап*). **2.** демдүү, күчтүү, дем албастан көпкө тура алган.

nefeslik, -ği 1. бир демдик/дем алганчалык. **2.** вентилятор, оптартма.

nefis I, -fsi 1. өзү, өз жаны (*адамдын*). **sadece ~ini düşünür** өз жанын, өзүн гана ойлойт. **~ine hakim olmak** өзүн өзү кармай билүү. **2.** кумар, ышкы. **~ine mağlup olmak** өз кумарына кул болуш. **~ini yenmek** ышкысын жеңүү/басуу. **3.** напси. **~ine düşkün** напсисин тыя албайт. **~ine uymak** напсисин агытыш. **~ini körletmek** напсисин күч менен тыйыш.

nefis II 1. мыкты, сонун, укмуш. **2.** көркөмдүү, келбеттүү. **3.** лаззаттуу, даамдуу (*тамак*).

nefret,-ti жек көрүү, жипкирүү, кыртышы сүйбөө. ~ **etmek** жек

көрүү.
nefrit,-ti *мед.* нефрит (*бөйрөктүн сезгениши*).
nefsanî напсиден келген, напсиге байланыштуу.
neft, -ti нефть. ~ **yağı** нефть майы, лигроин.
neftî коюу жашыл (*түс*).
negatif 1. терс, негатив. **2.** *фото* негатив.
neharî күндүзгү, түнөбөгөн, барып-келип окуган (*мектеп, окуучу*).
nehir,-hri дарыя. ~ **kolu** дарыянын куймасы. ~ **gecidi** дарыя кечүүсү.
nekanet,-ti сакаюу, түзөлүү, оңолуу (*оорудан кийин*). ~ **devresi** сакаюу маалы.
nekes сараң, пейли тар.
nekeslik, -ği сараңдык.
nektar 1. нектар, теңир шарабы, мүрөктүн суусу (*грек мифологиясында*). **2.** *бот.* нектар.
neli эмнеден жасалган? **bu pastalar ~?** бул торттор эмнеден жасалган?
nem 1. ным. **2.** шүүдүрүм. ~ **almak/kapmak** нымдануу, ным алуу. ~ **giderici** ным жоготуучу.
nema 1. өсүш, чоңоюш, көбөйүш. ~ **bulmak** өсүү, чоңоюу, кошулуу. **2.** процент.
nemalamak (*акча*) процент/киреше алып келүү.
nemelâzımcı кайдигер, көңүлкош (*киши*).
nemelâzımcılık,-ğı кайдигерлик, көңүлкоштук.
nemf *зоол.* нимфа.
nemlendirici нымдоочу, сууландыруучу.
nemlendirmek нымдоо, суулоо.
nemlenmek нымдануу, сууланууу.
nemli 1. нымдуу. **2.** *өтм.* жаштуу (*көз*).
nemlilik, -ği нымдуулук.
nemölçer нымөлчөр, гигрометр.
nemrut, -du 1. (**N~**) Немрут (*Вавилонду негиздөөчүлөрдүн биринин аты*). **2.** зуулум, таш боор, катаал. **3.** *өтм.* каткан. ~ **suratlı** сустайган, каардуу, сүрдүү.
neojen *геол.* **1.** неоген, неоген доору. **2.** неоген доорына байланыштуу/тиешелүү.
neolitik *геол.* неолит. ~ **çağ** неолит доору.
neolojizm неологизм, жаңы сөз.
neon 1. *хим.* неон. **2.** неон лампасы. ~ **tüpü** неон түтүгү/лампасы.
neoplâzma *мед.* неоплазма.
Nepâl, -l'i Непал.
Nepâlli непалдык.
Neptun *астр.* Нептун.
nerde *к.* **nerede.**
nerden *к.* **nereden.**
nere 1. кайсы жер? **~si** 1) эмнеси, кайсы жери. **~si ağrıyor?** кайсы жери ооруп жатат? 2) кайсы жер? **burası ~?** бул кайсы жер? **dünyanın ~sinde?** дүйнөнүн кайсы жеринде? **2.** *диал.* кайда? ~ **o günler!** кайда ал күндөр!
nerede 1. кайда? (*суроо*). ~ **yaşıyorsunuz?** кайда жашайсыз? ~ **akşam orada sabah** кечинде кайда болсо, эртең менен да ошол жерде (*ар кайсы жерге конуп-түнөгөн киши жөнүндө*). **2.** кайда!? (*өкүнүч, арман*). ~ **o bolluk!** ал молдук азыр кайда! ~ **ise** -ганы/-йын деп калды, ... жибере жаздады. ~ **ise akşam oldu** кеч кирейин деп калды. ~ **ise ağlayacaktı** ыйлап жибере жаздады. ~ **kaldı ki** кайдан? **o kendisi tanımıyor, ~ kaldı ki sana tanıştırsın** ал өзү тааныбайт, анан сага кайдан тааныштырсын. ~ **… ~ … ,** ... кайда, ... кайда. ~ **ben ~ üniversite, hayal bile edemem** мен кайда, университет кайда, кыялын да кура албайм. **… ~ … orada** ... кайда болсо ... ошол жерде. ~ **hareket orada bereket** *мак.* аракет кайда болсо, берекет ошол жерде.

nereden 1. кайдан? каяктан? ~ **geliyorsunuz?** кайдан келе жатасыз? ~ **böyle?** кайдан ботом? (*таң калуу иретинде*). **2.** кантип? кандайча? ~ **aklına geldi?** кандайча акылыңа келди? ~ **gelirse gelsin** кайдан келсе, андан келсин (*мага баары бир*). ~ **nereye** кайдан-кайда? (*таң каларлык өзгөрүү/өнүгүү каршысында айтылат*).

neredeyse *к.* **nerede (ise)**.

nereli кай(сы) жердик? каяктык? кайдан? ~**siniz?** кай жердиксиз? каяктыксыз?

nereye кайда? кай жакка? ~ **gidelim?** кайда баралы? ~ **gidere gitsin** кайда барса, анда барсын. ~ **kadar** 1) кай жерге чейин? 2) качанкыга чейин. ~ **kadar tahammül edelim?** качанкыга чейин чыдайлы.

nergis 1. *бот.* наргиз, нарцисс (*Narcissus*). **2.** *бот.* шыпалуу календула (*Calendula offisinalis*). **3.** *ад.* сулуунун көзү.

nermin жумшак, назик.

nesep, -bi тукум, ата-тек. ~**i gayrisahih** никесиз төрөлгөн (*бала*). ~**i sahih** никелүү төрөлгөн (*бала*).

nesil, -sli 1. насил, муун. **yeni** ~ жаңы муун. **önceki** ~ мурунку муун. **2.** тукум, тек. ~**i bozuk** тукуму бузук. ~**i tükenmek** тукуму курут болуу, кырылып жок болуу.

nesir, -sri *ад.* кара сөз, проза. *сал.* **düz yazı.**

neskafe нескофе.

nesne 1. нерсе, буюм, зат. *сал.* **çizim. 2.** *грам.* толуктооч. **belirtili** ~ тике толуктооч. **belirtisiz** ~ кыйыр толуктооч. **3.** *филос.* объект.

nesnel 1. объективдүү. **2.** *грам.* өтмө. ~ **fiiller** өтмө этиштер. **3.** буюмдай, зат түрүндө.

nesnelci *филос.* **1.** объективист. **2.** объективдүү.

nesnecilik, -ği *филос.* объективизм.

nesnelleşmek объективдешүү, затташуу, объект катары кабыл алынуу.

nesnellik, -ği объективдүүлүк.

Nesturî *дин* несториан (*Мүсүл айланасында жашаган христиан коомунун мүчөлөрү*).

neşe кубаныч, сүйүнүч, шайырлык, көңүлдүн көтөрүңкүлүгү, ачык маанай. ~**si bozulmak** көңүлү чөгүү, капа болуу. ~**sini bulmak** көңүлү көтөрүлүү, чечекейи чеч болуу, шайырлануу. ~**si kaçmak** сабыры суз/маанайы пас болуу, көңүлү чөгүү, суз тартуу. ~**si yerinde** жайдары, көңүлү көтөрүңкү, чечекейи чеч.

neşelendirmek 1. көңүлүн көтөрүү, көңүл ачуу. **2.** сүйүнүү, кубануу, жетине албоо.

neşeli көңүлү көтөрүңкү, жайдары, кубанычтуу.

neşesiz көңүлсүз, маанайы пас, сабыры суз.

neşir, -şri 1. жайма, таратма, чачма. **2.** жарыя, басып чыгарма. **3.** уктуруу (*радиодон*), көрсөтүү (*ТВден*). ~ **etmek** *к.* **neşretmek.**

neşretmek 1. жаюу, таратуу, чачуу. **2.** жарыялоо, басып чыгаруу.

neşriyat,-tı (neşir'*дин көпт. т.*) жарыялар, басылмалар, берүүлөр.

neşter *мед.* наштар, аштар.

neşterlemek 1. наштар менен кесиш. **2.** *өтм.* (*бирөөнүн*) жарасын козгош.

net, -ti 1. так, ачык, даана. ~ **görmek** даана көрүш. ~ **gözükmek** так көрүнүү. **2.** нак, таза. ~ **olarak ayda beş yüz lira eline geçer** айда беш жүз лира нак колуна тиет. ~ **gelir** таза киреше. **3.** ачык, даана, так (*угулган үн*).

netameli 1. опурталдуу, кооптуу. ~ **bir yer** опурталдуу/кооптуу жер. **2.** сааттуу, балакеттүү, кара жолтой. **o ~ bir adamdır, mümkünse uzak dur** ал балакеттүү киши, мүмкүн

болсо алыс жүр. **3.** айтылышы/сүйлөнүшү кыйын (*сөз*).

netice 1. натыйжа, жыйынтык, соң. **2.** чечим, бүтүм, өкүм. **~de** натыйжада, аягында, соңунда. **~ almak/çıkarmak** натыйжа алыш/чыгарыш. **~ elde etmek** натыйжага ээ болуш. **~ye varmak** бүтүмгө/натыйжага барыш. **~ vermek** жыйынтык/натыйжа берүү.

neticelendirmek жыйынтыктоо, натыйжалоо, натыйжа чыгаруу.

neticelenmek аяктоо, бүтүү, натыйжа алынуу.

neticeli натыйжалуу, жыйынтыктуу.

neticesiz натыйжасыз, жыйынтыксыз. **~ bırakmak** жыйынтыксыз/натыйжасыз калтыруу.

netlik, -ği ачыктык, тактык, дааналык.

neuzübillah *мус.* Кудай сакта! (*коркунучтуу учурда Кудайга жалынуу иретинде айтылат*).

nevale азык, тамак-аш. **~yi düzmek** дастаркон даярдоо.

nevi, -v'i 1. түр, тип, сорт, кыл. **bir ~** бир түр, бир кыл. **her ~** ар түрдүү, ар кыл. **2.** сапат, касиет. **~ ~** түркүн-түрлүү, ар кыл сапаттагы.

nevir,-vri наар. **~i dönmek** өңү/кебетеси бузулуу (*ачуудан, кыжырдан*).

nevralji *мед.* невралгия.

nevrasteni *мед.* неврастения.

nevresim каттама/үстүнкү шейшеп.

nevroloji *мед.* неврология.

nevroz *мед.* невроз.

Nevruz 1. Нооруз. **N~ Bayramı** Нооруз майрамы. **2.** жазгы күн-түн теңелүү. **~ otu** *бот.*нооруз оту (*Linaria vulgaris*).

ney 1. камыш. **2.** камыш чоор. **~ çalmak/üflemek** чоор тартуу.

neyse 1. болуптур, болуптур эмесе, мейли эмесе, мейличи. **~ ben gidiyim artık** болуптур эмесе, мен чыгайын. **2.** Кудайга шүгүр. **~ bu kadarına da razı olalım** Кудайга шүгүр, буга да ыраазы бололу.

neylemek эмне кылуу. **neyleyim** эмне кылайын.

neyzen чоорчу.

nezaket,-ti 1. сылыктык, сыпайыгерчилик, адептүүлүк. **~le** сылыктык/сыпайыгерчилик менен. **~ göstermek** сылыктык көргөзүү. **2.** кыраакылык, кылдаттык. **3.** маанилүүлүк, олуттуулук (*окуянын, жагдайдын*). **~ kesbetmek** олуттуу боло баштоо. **4.** *грам.* этиштин сылык түрү.

nezaketen сыпайыгерчилик үчүн.

nezaketli 1. сылык, сыпайы, адептүү. **2.** назик, кылдат.

nezaketsiz орой, копол, одоно, адепсиз.

nezaketsizlik,-ği оройлук, кополдук, одонолук, адепсиздик.

ordinaryüs ординариус (*түрк университеттеринде беш жылдан көп профессорлук кызмат аткарып, илим жаатында көрүнүктүү иштер жасаган окутуучуларга берилген наам*). **O~ Prof.** (**Ordinaryüs Profesör'***дун кыск.*) ординариус профессор.

ordinat, -tı *мат.* ординаната.

ordövr шам-шум, закуска.

ordu 1. ордо, кол, армия, аскер. **~ya çağırmak** аскерге чакыруу. **~ya katılmak** ордунун катарына кошулуу. **Kızıl O~** *тар.* Кызыл Армия. **2.** бирдей көз карашта, бирдей максатта болгон кишилердин тобу. **öğretmenler ~su** мугалимдер ордосу. **3.** көп, жайнаган, ордо. **bir ~ çocuk kirazı hemen bitirdi** бир ордо бала алчаны заматта бүтүрдү. **~ evi** ордо үйү, офицерлер үйү.

ordubozan бузуку, тыңчы, бөлүп-жарган, чагымчы, жүүт.

ordubozanlık,-ğı бузукулук, тыңчылык, чагымчылык, жүүттүк.

ordugâh өргүү, колдун убактылуу түнөк кылган жери/лагерь.

orfoz *зоол.* орфос балыгы (*Epinepheles gigas*).

org, -gu *муз.* орган.

organ 1. *анат.* орган, мүчө. **sindirim ~ları** тамак сиңирме органдары. **solunum ~ları** дем алуу органдары. **üreme ~ları** төрөт органдары. **2.** *өтм.* орган (*мамлекеттик, жарандык ж. б.*). **3.** орган (*журнал, газета ж. б.*). **~ nakli** *мед.* орган алмаштырма.

organik органикалык. **~ âlem** органикалык дүйнө. **~ kimya** органикалык химия.

organizasyon 1. уюштуруу, өткөрүү (*мис. бир чогулушту*). **2.** түзүлүш, курулуш (*мис. бир мамлекеттин*).

organizatör 1. уюштуруучу, өткөрүүчү, организатор. **2.** *ооз.* арачы, жуучу.

organizma *биол.* организм.

organize: ~ etmek 1) уюштуруу, өткөрүү. **2)** куруу, негиздөө. **~ şekilde** уюшкандык менен.

orgazm оргазм.
orgcu *муз.* органчы, органист.
orgeneral, -li ордо/армия генералы.
orijinal, -li 1. оригинал, тубаса. ~ **edebiyat** оригинал адабият. **2.** өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, айырмачылык. **memleketimin ~ tarafı el değmemiş tabiatında** туулган жеримин өзгөчө жагы кол тийбеген табиятында. **3.** оригинал, түп нуска, өзү.
orijinalite өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, оригиналдык.
orijinallik, -ği оригиналдык, өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк.
orkestra оркестр. ~ **şefi** дирижёр.
orkide *бот.* орхидея.
orkinos *зоол.* оркинос балыгы (*Orkynus vulgaris*).
orkit, -ti *мед.* уруктук безинин сезгенүүсү.
orkomutan *аск.* армия командачысы.
orlon 1. орлон (*жиптин аты*). **2.** бул жип менен токулган кездеме.
orman ормон, токой. ~ **gibi** токойдой, жыш, калың, чатышкан (*бак, чач, сакал, каш*). ~ **kebabı** токой кебеби (*майда кесилген эттен, сарымсак-пан жасалган куурдак*). ~ **kibarı** *арго* аюу. ~ **taşlamak** (*бирөөнүн*) сырын/тамырын тартуу. ~ **tavuğu** чил.
ormancı токойчу.
ormanlaşmak токойго айлануу.
ormanlaştırmak токойлоштуруу.
ormanlık, -ğı токойлук, токою көп жер.
ormansız токойсуз.
ornatma 1. *хим.* алмашма, орун котормо. **2.** *биол.* түр алмашма. **3.** орношуу/жер котормо.
ornatmak орун которуш, алмаштырыш, орнотуш.
ornitoloji орнитология.
orospu *орой* сойку, аягы суюк, жалап, денесин саткан аял. ~ **çocuğu** арам сийдик (*бала*). ~ **bohçası gibi** колдон колго өткөн, самсаалаган, тамтыгы чыккан.
orospuluk, -ğu *орой* **1.** сойкулук, аягы суюктук, жалаптык. **2.** куулук, арамзаалык, эки жүздүүлүк. ~ **yapmak 1)** сойкулук кылуу, сойкулук менен күн көрүү. **2)** арамдык/куулук кылуу.
orsa 1. *дең.* кеменин желкенине байланган жип. **2.** кеменин шамал тоскон капталы. **3.** кеменин шамал багытына жараша бурулушу. ~ **etmek** (*кеме*) шамал багытына жараша бурулуу. ~ **boca** эптеп-септеп, жыгылып-туруп.
orsalamak (*кеме*) шамалга жараша бурулуу.
orta 1. орто, борбор. **yolun ~sı** жолдун ортосу. **meydanın ~sı** майдандын ортосу. **2.** орто, жарым (*убакыт-та*). **yılın ~sı** жылдын ортосу. **kışın ~sı** кыштын ортосу. **3.** теңи, жарымы. **elmanı ~sından bölmek** алманы ортосунан бөлүү. **4.** орто, ачык. **her şey ~ya konuldu** бардык нерсе ачыкка чыкты. **5.** орто (*баа*). **6.** орто (*чоңдук*). ~ **boy** орто бой. ~ **uzunluk** орто узундук. **7.** чөйрө. **8.** *футб.* орто уруш. **9.** *тар.* жаңы черүүлөрдүн батальону. **10.** (*бир нерсенин*) ичи, жумшак бөлүгү. **ekmek ~sı** нандын ортосу. **kavun ~sı** коондун ичи. **~da 1)** ортодо, ар кимдин көз алдында. **2)** так ортодо. ~ **Afrika Cumhuriyeti** Орто Африка Республикасы. ~ **Asya** Орто Азия. ~ **ağırlık** орто салмак (*бокста 71-75 кг арасы, күрөштө 72-79 кг арасындагы салмактар*). ~ **akıncı** *футб.* орто чабуулчу. **~dan** жалпынын/көпчүлүктүн акчасы менен. **~ya almak** ортого/курчоого алыш. **~ya atılmak 1)** ортого коюлуу, сунуш кылынуу. **2)** суурулуп чыгуу, белсенип киришүү (*бир ишке*). **~ya atmak** айтып чыгуу, сунуш кылуу,

ортого коюу. **~ya bir balgam atmak** түз бараткан ишти бүлдүрүү. **~da bırakmak** ортодо/талаада калтыруу. **~ boylu** орто бойлуу. **~sını bulmak** ортосун табуу. **O~ Çağ** орто кылым. **~ya çıkarmak 1)** ортого чыгаруу, ашкерелөө. **2)** ачуу, таап чыгуу. **~ya çıkmak 1)** пайда болуу, жаралуу. **2)** ачыкка чыгуу, ашкереленүү, белгилүү болуу. **~ derece** орто даража. **O~ Doğu** Жакынкы Чыгыш. **~ya dökmek 1)** ортого төгүү. **2)** бетин/жүзүн ачуу, ашкерелөө. **~ya düşmek** *арго* жаман жолго түшүү, бузулуп кетүү. **~da fol yok, yumurta yokken** эчтекеден эчтеке жок туруп. **~ hâlli** ортосаар турмушта жашаган. **~ hizmetçisi** үй кызматчысы. **~ işi** үй иштери. **~dan kaldırmak** жок кылуу, көзүн тазалоо. **~dan kalkmak 1)** жок болуп кетүү, табылбас болуу. **2)** алып ташталуу, жоюлуу. **~da kalmak 1)** ортодо/талаада калуу. **2)** эки анжы болуу, бир чечимге келе албоо. **~ karar** жалпы чечим. **~dan kaybolmak** жок болуу, жоголуп кетүү. **~ya koymak** ортого коюу, сунуш кылуу. **~ kulak** *анат.* орто кулак. **~ malı 1)** ортонун/жалпынын мүлкү. **2)** жалпы колдонулган жер. **3)** *өтм.* жалап, сойку. **~ oyunu** орта оюну (*түрк элдик театр оюну*). **~ öğretim** орто билим берүү. **~ parmak** ортон. **~nın sağı** *саяс.* борбордун оңчулу (*партия*). **~nın solu** *саяс.* борбордун солчулу (*партия*). **~dan söylemek** туюк (*бирөөнүн атын атабай*) сүйлөө. **~ şekerli** орто шекерлүү (*түрк кофеси*). **~ya vurmak** элдин алдына чыгаруу, ар кимге айтуу/билгизүү (*мис. кайгысын*). **~ yaşlı** орто жаштагы.

ortaç, -cı *грам.* атоочтук.

ortak, -ğı 1. орток, шерик, партнер. **2.** жалпы, орток. **3.** күндөш (*көп аялдуулукта*). **4.** биргелешип, бирдикте. **~ etmek** орток/шериктеш кылуу. **~ kat** *мат.* орток бөлүнүүчү. **~ olmak 1)** орток/шерик болуу. **2)** тең бөлүшүү. **~ özne** *грам.* бир өңчөй ээ. **~ siklet** *к.* **orta ağırlık. ~ yapım** *кино* бирикме фильми. **~ yaşama** *биол.* симбиоз (*эки башка түрдөгү айбандын биргелешип жашоосу*). **~ yönetim** орток бийлик, коалиция.

ortakçı 1. жалчы. **2.** *биол.* мите.

ortaklaşa ортоктошо, биргелеше, жалпылаша.

ortaklaşmak ортоктошуу, биргелешүү, жалпылашуу, колдошуу, ашар кылуу.

ortaklık,-ğı 1. ортоктук, жалпылык, шериктик. **2.** фирма, уюм, бирикме, шериктештик. **~ etmek 1)** орток болуу. **2)** (*бир*) фирмага/ бирикмеге кирүү.

ortalama 1. орточо. **~ değer/fiyat** орточо баа. **~ yıllık gelir** жылдык орточо киреше. **2.** болжолдуу, чамалуу. **3.** так ортосунан. **ağacı ~ kesti** бакты так ортосунан кести. **4.** калыс, ортосаар (*мамиле*).

ortalamak 1. ортолоо, орто жерине келүү. **yolu ~** жолду ортолоо. **işi ~** иштин ортосуна келүү. **2.** ортосунан бөлүү, эки тең бөлүккө ажыратуу. **3.** *футб.* топту ортого жолдоо.

ortalık,-ğı 1. айлана, тегерек. **2.** борбор, орто жер. **~ta** орто жерде, айланада. **~ ağarmak** айлана агара баштоо, таң агаруу. **~ı birbirine katmak** чакчелекей салуу, чатак чыгаруу. **~ bozulmak** заман бузулуу. **~a düşmek** колдон колго өтүү (*аял жөнүндө*). **~ düzelmek** заман оңолуу. **~ı götürmek** каптап/алып кетүү. **sel ~ı götürmüştü** жердин

баарын сел алып кеткен. **~ta kalmak** жалгыз калуу. ~ **kararmak** кеч кирүү. ~ **karışmak** иштер татаалдашуу, түшүнбөстүктөр/келишпестиктер келип чыгуу. **~ı kasıp kavurmak 1)** айланатегеректи кырып-талкалап кетүү. **2)** элди коркутуп-үркүтүү. **~ı toplamak** үйдү жыйноо. **~ı toz pembe görmek** *өтм.* булуттардын үстүндө учуу. **~ı tutmak** айлананы каптап кетүү (*жыт, түтүн ж. б.*). ~ **yatışmak** айлана тынчуу, уруш/чатак бүтүү.

ortam ортом, чөйрө, атмосфера, жагдай. ~ **içine girmek** чөйрөгө аралашуу. ~ **yaratmak** ортом/чөйрө жаратуу.

ortanca ортончу. ~ **oğul** ортончу уул. ~ **parmak** ортон.

ortaokul орто мектеп.

Ortodoks *дин* православие. ~ **kilisesi** православие чиркөөсү.

Ortodoksluk, -ğu православие (*Чыгыш христиан чиркөөлөрү тутунган диний окуу*).

ortopedi *мед.* ортопедия.

ortopedik ортопедик.

ortopedist, -ti ортопед.

oruç, -cu 1. *мус.* орозо. ~ **açmak** ооз ачмак (*орозо маалында*). ~ **bozmak 1)** орозосун бузуу. **2)** ооз ачуу. **~u kazaya bırakmak** орозону кийинкиге калтыруу. ~ **tutmak** орозо кармоо. **2.** өзүн өзү кармоо, бир нерседен оолак туруу.

oruçlu *мус.* орозо кармаган (*киши*).

oruçsuz *мус.* орозо кармабаган (*киши*).

orun 1. орун, кароол, пункт. **2.** кызмат.

oryantal,-li чыгыш, чыгышка байланыштуу. ~ **dans** чыгыш бийи.

oryantalist,-ti ориенталист, чыгыш таануучу.

oryantalizm чыгыш илими.

Osmanlı 1. *тар.* Осман(лы) Императорлугу журтташы, түрк. **2.** Османлы (Осман) Императорлугу. **3.** *өтм.* тартынбаган, жүрөктүү, кайраттуу.

Osmanlıca 1. *тар.* осман тили, османлыча. **2.** османдыктарча.

osmiyum *хим.* осмий.

osmoz *к.* **ozmoz.**

osteoloji *мед.* остеология.

osurgan оосурак*(киши)*.

osurmak оосуруш.

osuruk оосурак. **~u cinli** чын тийбес, кызуу кандуу, чалпоо. **~unu düğümlemek 1)** коркутуу, жүрөгүн түшүрүү. **2)** кекетип-мокотуу, опузалоо.

oşinografi океанография.

ot, -tu 1. от, чөп. ~ **biçimi** чөп чабыш. ~ **yiyenler** чөп жегендер. **2.** отоо чөп. ~ **basmak** отоо чөп басыш. ~ **ayıklamak** отоо чөптөн арылтуу. **3.** дары/шыбаалуу чөп. **4.** *ооз.* уу чөп. **5.** чөптөн жасалган, ичине чөп/саман толтурулган. ~ **minder** саман төшөк. **6.** *арго* нашаа. (**birine**) ~ **yoldurmak** (*бирөөнө*) кыйынчылык чыгаруу, убара кылуу. ~ **tutunmak** денедеги кылдарды жок кылуу үчүн дары сүрүү.

otacı 1. отчу, дарыгер, чөптөн дары жасаган адис. **2.** *арго* нашаачы.

otağ, -ğı *тар.* отоо, резиденция (*султандын/баш вазирдин*).

otlamak 1. ууландыруу. **2.** от менен дарылоо.

otamak от менен дарылоо.

otantik 1. чыныгы, чындыкка таянган.**2.** оригинал. ~ **belge** чыныгы документ.

otarmak *ооз.* откоруу (*малды*).

otçu отчу, дарымчы.

otçul чөп жеген (*айбан*).

otel отель, мейманкана.

otelci 1. отель ээси. **2.** отель иштеткен (*киши*).

otelcilik, -ği отель иштетмечилик.

otistik *психол.* өзү менен өзү болгон,

элден обочолонгон, түнт тарткан (*абал*).
otizm *психол.* түнттүк.
otlak, -ğı жайыт.
otlakçı *арго* жатып ичер, жанбакты.
otlakçılık, -ğı *арго* жатып ичердик, жан бактылык.
otlamak 1. оттоо (*мал үчүн*). **2.** *арго* жанбактылык кылуу, жатып ичүү.
otlatmak оттотуу, откозуу (*малды*).
otlu 1. оттуу, чөптүү. **2.** чөп кошулган. ~ **peynir** чөп кошулган быштак.
otluk, -ğu 1. оттуу жер. **2.** чөп үймөгү, саман. **3.** чөп үйүлгөн/сакталган жер.
oto- авто- .
oto автомобиль.
otoban автобан.
otobiyografi автобиография.
otobiyografik автобиографиялык.
otobur чөп жеген (*айбандар*).
otobüs автобус.
otobüsçü 1. автобус иштеткен. **2.** автобус шофёру.
otogar автовокзал.
otoklav *тех.* автоклав.
otokrasi *саяс.* автократия.
otokrat, -tı *саяс.* автократ.
otomasyon автоматташтырма.
otomat, -tı 1. автомат, автоматтык түрдө иштеген (*ар кандай жарак*). **2.** газ менен суу ысыткыч. **3.** автомат жарык (*подъезддерде*).
otomatik 1. автоматтык. ~ **olarak** автоматтык түрдө. **2.** көнүмүш боюнча, өзүнөн өзү (*жасалып кеткен аракет*).
otomatikleşme автоматташма.
otomatikleşmek автоматташуу.
otomatikman автоматтык түрдө, көнүмүш боюнча, өзүнөн өзү, ыктыярсыз.
otomobil автомобиль. ~ **kullanmak** автомобиль айдоо. ~ **sürücüsü** айдоочу, шофёр.
otomotiv автомотив.
otonom автоном, өз алдынча.
otonomi автономия, көз карандысыздык, өз алдынчалык.
otopark, -kı автопарк. **çok katlı** ~ көп кабаттуу автопарк.
otopsi *мед.* аутопсия, өлүктү союу. ~ **yapmak** (*өлүктү*) союу, аутопсия жасоо.
otorite авторитет, таасир, аброй, кадырбарк. ~**ler** авторитеттер, аттуу-баштуулар. ~**sini bozmak** аброюна шек келтирүү, кадырын түшүрүү.
otoriter үстөм, өзүмбилем, зордукчу, мажбурлоочу. ~ **bir adam** өзүмбилем бир киши.
otostop, -pu автостоп, кол көтөрүп машине тосмо, жол тосмо.
otostopçu жол тоскон киши.
otoyol автобан.
otsu, otsul *бот.* чөп сымал/сыяктуу.
oturak, -ğı 1. отургуч, скамейка. **2.** негиз, жер, таман. **3.** даарат ушаткан таштек. **4.** ичкилик/ музыка/ аялдар болгон көңүл ачуу жери. **5.** буту баспаган (*киши/оорулуу*). **6.** (*кемеде*) калакчылар отурган жер. **7.** жашаган/катталган жер.
oturaklı 1. негизи күчтүү, түбү түптүү. **2.** бышык, бекем (*курулуш*). **3.** *өтм.* токтоо, салмактуу, наабаттуу (*киши*). **4.** орундуу, жөндүү (*пикир, сөз*).
oturma 1. отурма. **2.** айыл, конок. ~**ya gitmek** отуруп келгени баруу (*аз убакытка*). **3.** катталган/ жашалган (*жер*). ~ **belgesi/izni** (*бир жерде*) жашаганга уруксат берген документ/уруксат. ~ **grevi** иш таштоо. ~ **odası** отурма/ отурган үй.
oturmak 1. отуруу. **oturun** отуруңуз. **çok oturduk, kalkalım artık** көпкө отурдук, туралы эми. **2.** жашап туруу. **biz bu semtte üç yıldır oturuyoruz** биз бул кичирайондо үч жылдан бери жашап турабыз.

nerede oturuyorsunuz? кайда турасыз? **3.** чак болуу, туура келүү (*кийим*). **ceket üzerine çok güzel oturdu** жекет чапчак келди. **4.** бош отуруу, иш кылбоо. **5.** чөгүү, отуруп калуу. **evin temeli on santim oturmuş** үйдүн пайдубалы он сантиметр чөгүп кетиптир. **6.** чогуу жашоо. **annem bizimle oturuyor** апам биз менен жашайт. **7.** баага туруу, чыгым алып келүү. **arabamin tamiri bana pahalıya oturdu** машинемин ремонту мага кымбатка турду. **8.** отуруп калуу, кургакка чыгып калуу (*кеме*). **karaya ~** кургакка чыгып калуу. **oturduğu yerde ot bitmez** *мак.* жүргөн жеринде чөп чыкпайт, куу, арамзаа.

oturmuş жакшылап отурган, жайгашкан, түптөлгөн, калыптанган. **~ bir semt** калыптанган/өнүккөн кичи район.

oturtma 1. отуртуу. **karaya ~** (*кемени*) кургакка отуртуу. **2.** отуртма (*баклажан жана фарштан куурулуп жасалган тамак*).

oturum 1. отурум, чогулуш. **açık ~** ачык отурум. **kapalı ~** жабык отурум. **2.** туруктуу жашаган жер.

oturuş отуруш (*бычымы*). **bir ~ta** бир отурушта. **~una bak!** отурушун кара!

otuz отуз. **~ bir** отуз бир (*карта оюну*). **~ bir çekmek** *ооз.* мастурбация жасоо. **~ iki dişten çıkan ~ iki mahalleye yayılır** *мак.* отуз эки тиштен чыккан сөз отуз эки айылга тарайт.

otuzar отуздан, отуздап.

otuzluk, -ğu 1. отуздук, отуз бөлүктөн турган. **2.** отуздук (*акча бирдиги*). **3.** отуз жаштагы (*киши*).

otuzuncu отузунчу.

ova түздүк, өрөөн. **alçak ~** ойдуң.

oval, -li 1. оваль, сүйрү (*шекилде*). **2.** оваль.

ovalamak 1. ушалоо, сүрүү. **2.** массаж жасоо, ыйкалоо, өйкөө.

ovma массаж, ушалоо.

ovmak 1. ушалоо, сүрүү, укалоо, массаж жасоо. **2.** кыруу, жышуу, сүрүү. **tencereyi ~** мискейди жышып жуумак.

ovuşturmak 1. ушалоо, сүрүү, массаж жасоо. **2.** сүргүлөө, ушалоо (*колдорду бири-бирине*).

oy 1. добуш (*шайлоодо*). **~ almak** добуш алуу. **~ birliğiyle** бир добуштан. **~ vermek** добуш берүү. **çekimser ~ kullanmak** добуш берүүдө калыс калуу. **2.** ой, пикир, көз караш. **halk /kamu oyu** коомдук пикир.

oya тордомо (*жоолук, кол жоолуктардын чекесин*). **~ yapmak** тордоо.

oyalamak I 1. (*бирөөнү*) алаксытуу, көңүлүн башкага буруу, алагды кылуу. **sen git, çocuğu ben oyalarım** баланы мен алаксытып турам, сен бара бер. **2.** шылтоо айтуу, кеп ээрчитүү, жооткотуу. **alacaklıyı iki aydır oyalıyor** аласа кишиге эки айдан бери кеп ээрчитип жүрөт. **3.** *аск.* алаксытуу (*душманды*), убакыттан утуу.

oyalamak II (*бир нерсенин четин*) тордоо.

oyalanmak 1. алаксуу, алагды болуу, эрмектөө, көңүл жубатуу. **2.** алдануу, жаңылыштыкка түшүрүлүү.

oyalı тордолгон, саймаланган.

oydaş ойлош, пикирлеш, санаалаш.

oylama добушка салма, шайлоо.

oylamak шайлоо, добушка коюу.

oyluk *к.* **uyluk.**

oylum 1. оюм-чийим. **2.** жыгачка оймо салма өнөрү. **3.** *тех.* сай. **~ ~** сай-сай. **4.** көлөм, ченем. **5.** боштук, мейкиндик.

oylumlu 1. оюлган, кесилген, из/сай түшүрүлгөн. **2.** көлөмдүү, ичтүү (*идиш*).

oyma 1. оймо, гравюра. **2.** оюлуп/

чукулуп жасалган, тешме, көзөмө. ~ **baskı** *полигр.* оюп-басма (*басмада цинк/жез/тактайдагы оюктар аркылуу кагазга сүрөт түшүрүү иши*). ~ ~ **yazı** оюлуп жазылган жазуу.

oymacı оймочу, гравёр.

oymak I 1. оюу, оюп-чийүү. **2.** оюк жасоо, чуңкурайтуу. **3.** көзөө, тешүү. **4.** оюу, кесүү (*мис. кездемени*).

oymak II, -ğı 1. аймак, уруу. **2.** аймак, айыл.

oymalı оймолуу, накыштуу, оюп жасалган.

oynak, -ğı 1. ойноок, тентек, бейбаш (*бала*). **2.** азоо, чалпоо, тебээнек (*мал*). **3.** ойноок, жүрөөнөк, аягы суюк, ойсоңдогон (*аял*). **4.** туруксуз, өзгөргүч. **5.** *аск.* көчмө, кыймылдуу, аракеттүү. **6.** *анат.* ойноок, кыймылдуу (*муундар*). **7.** ритмдүү, темптүү (*музыка*).

oynamak 1. ойноо. **çocuklar bahçede oynuyor** балдар бакчада ойноп жүрүшөт. **2.** бир оюн түрүн ойноо. **kumar** ~ кумар ойноо. **satranç** ~ шахмат ойноо. **3.** (*сахнада, фильмде*) ойноо. **Othello'yu oynuyor** Отеллону ойнойт. **4.** бийлөө. **5.** бошоп кетүү, шалкылдап калуу. **masanın ayağı oyunyor** үстөлдүн буту бошоп кетиптир. **6.** кармалоо. **sakın saatle oynama, bozulur** саат менен ойночу болбо, бузулат. **7.** чыгып-түшүп туруу, туруксуздук көрсөтүү. **fiyatı on-yirmi lira arasında oynuyor** баасы онжыйырма лира арасында өзгөрүп турат. **8.** кыймылдоо, козголуу, жылуу. **bu taş yerinden oynamaz** бул таш ордунан жылбайт. **9.** тамашалоо, оңой көрүү, аздектөө. **benimle oynama** мени менен ойнобо. **sağlığınla oynama** ден-соолугуң менен ойнобо. **10.** каалаганын жасай алуу, чеберчилик көргөзүү. **sözlerle oynuyor** сөздөр менен ойнойт. **11.** тобокелге салуу. **birinin ekmeği ile** ~ биринин токочу менен ойноо. **12.** дүпүлдөө, дүкүлдөө, козголуу, катуу согуу. **yüreği oynadı** жүрөгү дүкүлдөп кетти. **güle oynaya/oynaya oynaya** ойноп-күлүп, жадырап-жайнап.

oynaş ойнош. **~ına inanan avrat ersiz kalır** *мак.* ойношуна ишенген катын эрсиз калат.

oynaşmak 1. бири-бири менен ойноо. **kedi yavruları oynaşıyor** мышыктын балдары бири-бири менен ойноп атат. **2.** ойноштук кылуу.

oynatmak 1. ойнотуу. **çocuğu** ~ баланы ойнотуу. **2.** бийлетүү. **3.** театр көрсөтүүсүн сахналоо. **Karagöz** ~ Карагөз (*к.*) ойнотуу. **4.** кыймылдатуу, термелтүү. **parmaklarını oynattı** манжаларын кыймылдатты. **5.** козгоо, жылдыруу. **dolabı yerinden oynatmayınız** шкафты ордунан козгобогула. **6.** алдоо, ойнотуу. **kocasını bildiği gibi oynatır** күйөөсүн каалагандай ойнотот. **7.** акыл-эсин жоготуу, башынан айнуу. **zavallı az kalsın oynatıyordu** бечара аз жерден жинди болуп кете жаздады.

oysa, oysaki болсо да/деле, а бирок, ... карабастан, көрсө, чынында. **yağmur yağıyor, oysa hava tahminine göre açık olacaktı** жамгыр жаап атат, а бирок аба болжолу боюнча ачык болушу керек эле.

oyuk, -ğu 1. оюк. **2.** көңдөй. **3.** боштук. **4.** үңкүр, коңул, уюк. **5.** сай.

oyum 1. оюм, казым. **2.** ой, чуңкур, ойдуң.

oyun 1. оюн. **2.** *спорт* мелдеш, матч. ~ **kızıştı** оюн кызып чыкты. **3.** бий. **4.** театр оюну. **5.** пьеса, драма. **6.** айла, амал, куулук-шумдук. **~a gelmek** алдатылуу. ~ **almak** оюнда жеңип чыгуу. ~ **çıkarmak 1)** оюн

ойноо. **Galatasaray güzel ~ çıkardı** Галатасарай сонун ойноду. **2)***өтм.* чатак, чыр чыгаруу. **~ etmek/oynamak/yapmak** (*бирөөнү*) шылдың кылуу, келекелөө. **~ ebesi** оюн башы. **~a getirmek** алдап кетүү. **~ havası** бийге ылайык музыка. **~ kâğıdı** карта кагазы. **~ vermek** оюнда жеңилип калыш. **~ yazarı** драматург.

oyunbaz 1. чебер/мыкты оюнчу. **2.** оюнкараак. **3.** арамзаа, шумпай, айлакер.

oyunbozan оюнбузар, ыркбузар.

oyunbozanlık оюнбузарлык, ыркбузарлык.

oyuncak,-ğı 1. оюнчук. **2.** *өтм.* оюнчук, оңой нерсе. **benim için bu bir çocuk ~ıdır** мен үчүн бул бир оюнчук (*оңой*). **3.** *өтм.* жасалма, оюнчук. **~ araba** оюнчук машине. **4.** *өтм.* оюнчук. **güçlü devletlerin ~ı oldu** күчтүү мамлекеттердин оюнчугу болду.

oyuncakçı 1. оюнчук жасаган/саткан киши. **2.** оюнчук дүкөн.

oyuncu 1. оюнчу, спортсмен. **2.** актёр, оюнчу. **3.** бийчи. **4.** тамашакөй, куудул. **5.** шумпай, айлакер, митаам.

oyunculuk,-ğu 1. оюнчулук. **2.** актёрлук. **3.** бийчилик. **4.** айлакерлик, митаамдык.

oyunlaştırmak оюнга/драмага айландыруу, театрлаштыруу.

oyuntu 1. оюлган/кесилген жер. **2.** чуңкур, оюк. **3.** үңкүр, окоп, ороо.

ozalit, -ti озалит, сүрөт копиясы.

ozan 1. эл акыны, ашык. **2.** акын.

ozanlık, -ğı акындык.

ozmos *хим.* осмос.

ozon *хим.* озон. **~ tabakası** озон катмары.

ozonlamak озонго айландыруу.

Ö

Ö,ö *түрк алфавитинин он тогузунчу тамгасы.*
ө *сырд. с.* "түү" *маанисине келген жипкирүүнү туюндурат.*
öbek, -ği 1. үймөк, тизмек, жыйын (*бир тектүү нерселердин*). **2.** топ. ~ ~ топ-топ.
öbür 1. берки, башка, тиги. ~ **arkadaşıma sordum** берки теңтушумдан сурадым. **dünyanın ~ ucunda** дүйнөнүн тиги учунда. ~ **dünya** тиги дүйнө. ~ **dünyaya göç etmek/ ~dünyayı boylamak** тиги дүйнөгө жол тартуу. **2.** кийинки, эртеси, соңку. ~ **gün** бүрсүгүнү. ~ **hafta** кийинки жума.
öbürkü, -nü *к.* **öbürü.**
öbürü,-nü тигиниси, беркиси, башкасы.
öcü (*балдар тилинде)* бөө, бокой, мокочо.
öç, -cü өч, кек. *сал.* **intikam.** ~ **almak/ ~ünu almak** өч/кек алыш. **~ünü çıkarmak** өчүн (*бир нерседен*) чыгарыш. ~ **gütmek** өчөгүшүү, кек сактоо.
öd *анат.* өт. ~ **ağacı** *бот.* алоэ дарагы (*Aquilaria agallocha*). ~ **kanalı** өт каналы. **~ü bokuna karışmak** *орой* катуу коркуу, жүрөгү түшүү. ~ **kesesi** *анат.* өт. **~ü kopmak/ patlamak** жаны чыгуу, жүрөгү түшүү. **~ünü koparmak** жүрөгүн түшүрүү, коркутуу. ~ **taşı** өт ташы.
ödem *мед.* шишик.
ödeme төлөмө. ~ **anlaşması** *ук.* төлөмө келишими. ~ **kabiliyeti** *ук.* төлөмө жөндөмү. ~ **süresi** төлөмө мөөнөтү. ~ **yapmak** төлөө, төлөп берүү.
ödemek 1. төлөө. **borcunu ~** карызды төлөө. **2.** чыгымды көтөрүү/жабуу. **3.** чыгымын актоо. **sermayesini ~** жаткырылган чыгымды акташ. **4.** *өтм.* өтөө, актоо, төлөө, карызынан кутулуу. **onca iyiliğini nasıl öderim?** ошончо жакшылыгыңды кантип төлөйм? **bu zaferi kanları ile ödediler** бул жеңишке канын төгүп жетишти.
ödemeli 1. төлөмөлүү, төлөп алуучу. ~ **paket** төлөмөлүү пакет (*акысын жиберилген тарап төлөй турган*). ~ **yollamak** төлөмөлүү жибериш. **2.** төлөмөлүү (*каршы тарапка жазылган телефон/ телеграмма*).
ödenek, -ği 1. каржама/каржылама, дотация. **ek** ~ кошумча каржылама. **örtülü** ~ жабык каржылама. **2.** *ук.* бюджет үлүшү (*ар бир мекеменин*).
ödenekli дотациялуу, субсидиялуу.
ödenmek 1. төлөнүү. **ödenmiş çek** төлөнгөн чек. **2.** *өтм.* карызынан/ парзынан кутулуу, ыраазы кылынуу.
ödenti 1. мүчөлүк акы. **2.** компенсация, чыгымды жабыш.
ödeşme 1. эсептешме. **2.** *өтм.* эсептешме, өч/кек алма.
ödeşmek 1. өз ара эсептешүү, аласа-берешени такташуу. **2.** *өтм.* эсептешүү, кегин/кунун алышуу.
ödev 1. милдет, жоопкерчилик, парз, карыз. **mukaddes** ~ ыйык милдет/ парз. ~ **bilmek/saymak** милдет/ парз деп билүү. **~ini yerine getirmek** милдетин аткарыш. **2.** тапшырма (*окуучуларга/ студенттерге берилген*). **~ini yapmak** тапшырмасын аткаруу.
ödevcil жоопкерчиликтүү, милдетине так.
ödevlendirmek милдеттендирүү.
ödlek, -ği коркок, жүрөгү жок.
ödül сыйлык, мөрөй. ~ **almak** сыйлык

алмак. ~ **kazanmak** сыйлыкка татыктуу болмок. ~ **vermek** сыйлык бермек.

ödüllendirmek 1. сыйлоо, сыйлык берүү. **2.** ыраазы кылуу.

ödün ыбаа, ырайым. ~ **vermek** ыбаа кароо, ырайым кылуу.

ödünç, -cü карыз. ~ **almak** карыз алмак. ~ **vermek** карыз бермек.

ödünçleme 1. карыздама. **2.** *линг.* башка тилден алынган сөз.

ödünlü 1. ырайымдуу. **2.** орду толтурулган.

ödünsüz 1. ырайымсыз. **2.** орду толтурулбас.

öf *сырд. с.* **1.** "өх" (*тажаганда айтылат*). **~, bu çocukla nasıl başa çıkılır?** өх, бул баланы кантип тыям? **2.** "өф" (*жийиркенүү билдирет*). **~, ne pis koku!** өф, эмне болгон сасык жыт?

öfke ачуу, жин, каар. **~yle** ачуу(су) менен. **~si burnunda** ачуусу мурдунун учунда. **~sini çıkarmak** ачуусун чыгаруу. **~si kabarmak** каары/жини кайнамак. **~si topuklarına çıkmak** жини/ачуусу башына чыгуу. **~sini yenmek** өзүн өзү кармоо, ачууга алдырбоо.

öfkelendirmek ачууландыруу, жиндендирүү, ачуусуна/жинине тийүү, каарына калуу.

öfkelenmek ачууланууу, жинденүү, каардануу, ачуусу/жини келүү, жаалдануу.

öfkeli 1. ачууланган, жинденген, каарданган, жаалданган. **2.** жини/ачуусу жаман. ~ ~ ачууланып, жинденип.

öflemek өхөлөп-ахалоо, үшкүрүнүү.

öğe 1. мүчө, сыңар, түзүүчү. **2.** элемент, материя, компонент. **3.** *грам.* мүчө. **cümle ~leri** сүйлөм мүчөлөрү.

öğle түш. **~den evvel/önce** түштөн мурун. ~ **namazı** бешим намазы. **~den sonra** түштөн кийин. ~ **yemeği** түшкү тамак.

öğlen 1. түш (*маалы*). **2.** *астр., геогр.* меридиан.

öğlenci түштөн кийин окуган окуучу.

öğleyin түштө.

öğrenci 1. окуучу (*мектепте*). **2.** студент (*жогорку окуу жайында*). ~ **karnesi** окуучунун чейрек баалары. ~ **yurdu** студенттик жатакана.

öğrenim билим берүү, окуу, мектеп. ~ **belgesi** билими тууралуу күбөлүк. ~ **görmek/yapmak** окуу. ~ **yaşındaki çocuk** мектеп жашындагы бала.

öğrenme 1. үйрөнмө, билме. **2.** билим алма. ~ **isteği** үйрөнмө каалоосу. ~ **usulü** үйрөнмө ыкмасы.

öğrenmek 1. үйрөнүү. **yüzmeyi daha yeni öğrendi** сууда сүзгөндү жаңы үйрөндү. **2.** окуу, окуп билүү. **arkeoloji öğreniyor** археология окуп жатат. **3.** билүү, билип/угуп алуу, сурап билүү. **fiyatını öğrendin mi?** баасын билдиңби? **babasının ölümünü öğrenmiş** атасынын өлгөнүн угуп алыптыр. **trenin kalkış saatini öğrenebilir miyim?** поезддин жөнөш саатын сурасам болобу? **Hanya'yı Konya'yı** ~ алчытаасын жеш, башынан көп нерсе өткөрүү.

öğreti *филос.* окуу, доктрина, принцип.

öğretici 1. түшүндүрүүчү, ачыктоочу. **2.** окутуучу, үйрөтүүчү. **3.** кеңеш/насаат берүүчү.

öğretim билим берүү, окутуу, окуу. ~ **görevlisi** окутуучу (*илимий даражасы болбогон*). **ilk** ~ башталгыч билим берүү. **orta** ~ орта билим берүү. ~ **programı** окуу программасы. **yüksek** ~ жогорку билим берүү. ~ **üyesi** илимий даражалуу окутуучу (*университетте*). ~ **yılı** окуу жылы.

öğretmek 1. окутуу (*бир нерсени*). **2.** үйрөтүү (*бир нерсеге*). **3.** түшүндүрүү, акыл-насаат айтуу.

öğretmen мугалим, окутуучу. *сал.* **muallim. ~ler kurulu** мугалимдер кеңеши. **~ler okulu** педагогикалык институт/окуу жайы.
öğretmenlik, -ği мугалимдик (*кесип, милдет*).
öğün маал. **üç ~ yemek** үч маал тамак.
öğür 1. курдаш, теңтуш. *сал.* **akran. 2.** үйүр топ, жоон топ (*киши*). **3.** көнгөн, үйүр алган, үйрөтүлгөн, чоочуркабаган. **4.** кадимки, кадыресе, күндөлүк. ~ **olmak** үйүр болуу, көнүп калуу, жытыгуу, үйүр алышуу (*бири-бирине*).
öğürleşmek үйүр алышуу, көнүп кетүү.
öğürmek 1. окшумак, кускусу келмек. **öğüreceği gelmek 1)** окшуу, кускусу келүү. **2)** жипкирүү, жийиркенүү. **2.** *ооз.* мөөрөө.
öğürtlemek 1. тазалоо, ылгоо, терүү. **2.** тандоо, чечүү.
öğürtü 1. окшума, куску. ~ **gelmek** кускусу келүү. **2.** мөөрөмө, өкүрмө (*жаныбарларда*).
öğüt, -tü үгүт, насаат, кеңеш. **~te bulunmak/~ vermek** үгүт-насаат айтуу, кеңеш берүү. **~ünü özünden almak** өз билгенин кылыш.
öğütçü үгүтчү, кеңешчи.
öğütlemek үгүттөө, кеңеш берүү, насаат айтуу.
öğütmek 1. угутка айландыруу, тартуу (*буудайды, арпаны ж. б.*). **2.** эзүү, жанчуу, майдалоо.
öğütücü 1. тартуучу, майдалоочу (*жарак, машине*).
öğütülmek майдалануу, тартылуу, жанчылуу.
öhö *туур. с.* өхө, өхү (*жөтөлүү, калп жөтөлүү*).
ökçe 1. өкчө, така. **2.** согончок (*тушу*). **~sine basmak** изине түшүү, кубалап алуу.
ökçeli өкчөлүү, такалуу. **alçak** ~ жапыз такалуу. **yüksek** ~ бийик такалуу.
ökçesiz 1. өкчөсүз, такасыз. **2.** *арго* коркок, жүрөгү жок.
ökse 1. куш чайыры (*куш кармоодо колдонулган*). **2.** *арго* кылыктуу, ойсоке (*аял*). **~ye basmak 1)** чайыр сүйкөлгөн бутакка конуш (*куш*). **2)** *өтм.* колго/тузакка түшүш, алданыш. ~ **çubuğu** чайыр сүйкөлгөн чыбык (*куш кармаш үчүн).* ~ **otu** *бот.* чайыр оту, ак омела (*Viscum album*).
öksürmek жөтөлүү.
öksürtücü жөтөлткөн, жөтөлтүүчү.
öksürük, -ğü 1. жөтөл. **2.** *мед.* көк жөтөл. ~ **olmak** көк жөтөл болуу. ~ **şurubu** жөтөлдүн дарысы/сиробу (*көбүнчө балдарга берилет*).
öksürüklü жөтөлдүү, жөтөлткөн. ~ **tıksırıklı** оору-сыркоо, чабал, ноокас.
öksüz 1. жетим (*энесиз же тоголок жетим*). **2.** *өтм.* эч кимиси/багаркөрөрү жок (*киши*). **~ler anası/babası** жетим-жесирге каралашкан киши. ~ **kalmak** жетим калмак. ~ **sevindiren** сапатсыз, арзан, майдабарат (*буюм*).
öksüzlük, -ğü жетимдик, жетимчилик.
ökünç, -cü *диал.* өкүнүч.
ökünmek *диал.* өкүнүү.
öküz 1. өгүз. **2.** *өтм.* аңкоо, дөдөй, маңыроо. **~ün altında buzağı aramak** (*бирөөгө*) кастарын тигүү, кынтык издөө. ~ **arabası** өгүз кошулган араба. ~ **arabası gibi** жай, илкип-калкып. **~ü bacaya/dama çıkarmak 1)** ойго келбегенди жасоо. **2)** калп айтуу, апыртуу. ~ **balığı** *зоол.* өгүз балыгы (*Trigia lyra*). ~ **boyunduruğa bakar gibi** жек көрүү менен/акшырайып кароо. ~ **gibi 1)** өгүздөй, аңкоо, дөдөй. **2)** өгүздөй, чымыр, күчтүү. ~ **gibi bakmak** аңырайып/аңкайып кароо. ~ **soğuğu** апрель ызгаары. **~e boynuzu yük olmaz** *мак.* керектүү таштын оордугу жок.
öküzburnu, -nu калао (*Calao*).

öküzlük,-ğü 1. аңкоолук, дөдөйлүк, түркөйлүк. **2.** ойлонулбай жасалган иш, наадандык.
ölçek, -ği 1. өлчөм, ченем, критерий. **2.** *тар.* өлчек (*4 оккага (к.) барабар оордук бирдиги*). **3.** *геогр.* масштаб. **4.** дан өлчөөдө колдонулган идиш, киле. **5.** *физ.* штрих, сызыкча.
ölçer I көзөө, көзөөч (*от көзөш үчүн*).
ölçer II өлчөгүч, ченегич (*курал*).
ölçme өлчөмө, ченеме.
ölçmek 1. өлчөө, ченөө, тартуу (*салмакты*). **ağırlığını** ~ салмагын өлчөш. **boyunu** ~ боюн/узундугун ченеш. **kumaşı** ~ кездемени ченөө. **2.** *өтм.* өлчөөсүн/чегин билүү, этияттоо, баа берүү. **attığı her adımı** ~ атталган кадамын өлчөө. **ölçüp biçmek** акылга салуу, таразалоо.
ölçü 1. өлчөм, ченем. **2.** чен, чен бирдик. **uzunluk ~leri** узундук өлчөмдөрү. ~ **birimleri** чен бирдиктер. **3.** өлчөө. **~sünü almak** өлчөөсүн алуу. **4.** көлөм, чоңдук, габарит. **büyük ~de 1)** чоң көлөмдө/масштабда. **2)** көбүнчө. **5.** *ад. , муз.* өлчөм, метр. **~sünü bildirmek** жайын/жөнүн билдирүү, теске салуу. **~yü kaçırmak** аша чабуу, алабармандап кетүү, чектен чыгуу. **~yü şaşıran** өтө ашыкча, ыксыз, орунсуз.
ölçülü 1. өлчөөлүү, өлчөнгөн, ченелген. **2.** *ад.* өлчөмгө ылайык, белгилүү өлчөмдө жазылган. **3.** *өтм.* этият, кылдат, токтоо, эби/ыгы менен жүргөн, өзүн кармай билген. ~ **biçili** өлчөп бычылган, жакшылап ойлонулган. ~ **davranmak** этият мамиле жасоо.
ölçüm 1. өлчөм, ченем. **2.** көлөм, чоңдук, чен. **3.** жыйынтык, баа, бүтүм.
ölçümlemek 1. акылга салуу, таразалоо. **2.** баалоо, баа берүү.
ölçünmek ар жак бер жагын ойлоо, кылдат баа берүү, бардык жагын эске/эсепке алуу.
ölçüsüz 1. өлчөөсүз, ченемсиз, учу-кыйырсыз. **2.** өлчөлбөгөн, ченелбеген. **3.** *өтм.* ашыры, ашкере, аша чапкан, ыксыз. ~ **konuşmak 1)** аша чаап сүйлөө. **2)** көп сүйлөө. **4.** *ад.* өлчөмсүз, эркин.
ölçüşmek 1. өлчөшүү, теңешүү. **boy ~ 1)** бой теңешүү, салыштыруу. **2)** бой тирешүү, атаандашуу. **2.** күч сынашуу, жарышуу, мелдешүү.
ölçüt, -dü чен, чек, критерий.
öldüren 1. өлтүргөн. ~ **soğuk** тоңдурган суук. **2.** киши өлтүргөн.
öldüresiye өлөөрчө. ~ **dövmek** өлөөрчө сабоо.
öldürme өлтүрмө. **adam** ~ киши өлтүрмө.
öldürmek 1. өлтүрүү, жан алуу. **2.** солутуу, курутуу (*өсүмдүктү*). **3.** жок кылуу, жоюу, бүтүрүү. **açlığını** ~ ачкалыгын жоюу, тоюнуу. **kokuyu** ~ жытты жоготуу. **4.** *өтм.* эзүү, жумшатуу. **soğanı** ~ пиязды жумшатуу. **5.** *өтм.* өлтүрүү, кыйноо, азапка салуу. **bu yolculuk bizi öldürdü** бул жолчулук бизди өлтүрдү. **6.** бош өткөрүү, өлтүрүү (*убакытты*). **bütün bir günü öldürdük** бүтүндөй бир күндү өлтүрдүк. **öldürseler kanı akmaz** кесип алса, кан чыкпайт (*сараң*).
öldürücü 1. киши өлтүргүч. **2.** өлтүрүүчү, жан алуучу, көкөйгө тийген. ~ **darbe** өлтүрүүчү сокку. ~ **sıcaklar** мээ кайнаткан ысыктар.
ölesiye өлөрчө. ~ **sevmek** өлөрчө сүйүү.
ölet, -ti өлөт, тумоо, эпидемия.
öleyazmak өлө жаздоо. **az kalsın öleyazdım** аз жерден өлө жаздадым.
ölgün 1. өлүмсөк, өлөсөлүү. **2.** солгун, алсыз. ~ **bir sesle** өлөсөлүү үн менен. ~ ~ алсыз-алсыз, араң жан. **3.** тынч, мемиреген (*мис. көл*).
ölker 1. түк (*тукабада, баркытта*).

2. түк (*жемиштерде*).

ölmek, -ür 1. өлүм, каза болуш, дүйнөдөн кайтыш. **eceliyle ~** өз ажалынан өлүш. **2.** солуп калыш (*өсүмдүктөр үчүн*). **bahçedeki tüm çiçekler ölmüş** бакчадагы гүлдөрдүн баары өлүптүр. **3.** *өтм.* кыйналуу, коркуу, ашкере өлчөмдө таасирленүү. **öldüm öldüm dirildim** өлүп тирилдим. **korkudan ~** өлгөндөй коркуу. **gülmekten ölüyordu** күлүп атып өлүп кала жаздады. **4.** колдонуудан чыгуу, өлүү, чөгүү. **ekonomi ölüyor** экономика чөгүп баратат. **ölme eşeğim ölme** өлбө жаным өлбө (*эптеп чыдоо*). **ölür müsün, öldürür müsün** өлтүрсөң койсоң өзүң бил. **ölenle birlikte ölünmez** *мак.* өлгөндүн артынан кошо өлбөйт.

ölmez 1. өлбөс, өлүмсүз, түбөлүк. **~ eser** өлбөс-өчпөс чыгарма. **~ otu** *бот.* өлбөс гүл (*Helichrysum*). **2.** бекем, бышык, чың, чымыр.

ölmezoğlu, -nu *ооз.* чыдамкай, бышык, бекем.

ölmüş 1. өлгөн, жаны жок. **2.** өлгөн, өлүү. **~ diller** өлүү тилдер. **~ arslana tavşanlar bile saldırır** *мак.* өлгөн арстандан тирүү чычкан өйдө.

ölü 1. өлүү (*жан, мал*). **~sü dirisi bilinmiyor** өлүүсү-тирүүсү билинбейт. **2.** солгон, солгун, жансыз, араң жан. **~ bir sesle** араң жан үн менен. **3.** ээн калган, колдонулбаган, өлүү. **~ dil** өлүү тил. **~ deniz** өлүү деңиз. **4.** өлүк, өлгөн киши, маркум. **~ evi** өлүк чыккан үй. **5.** тарп, өлүк. **bir kedi ~sü gibi** бир мышыктын өлүгүндөй. **~ benzi** өлүктөй кубарган (*жүз*). **~ dalga** күчсүз толкун. **~ doğum** өлүү туулган. **~ fiyatına** арзан, болор-болбос баасына. **~ gibi** өлүктөй, жансыз, кыймылсыз. **~mü gör!** *карганма* өлүп кетейин! **~ gözü gibi** жансыз, алсыз (*жарык*). **~yü güldürür** өлгөндү күлдүргөн, куудул, тамашакөй. **~sü kandilli/kınalı** *сөгүш* өлүп кеткир. **~ kent** өлүү/жансыз шаар. **~nün körü!** *сөгүш* атасынын көрү! **~ mevsim** өлүү мезгил/сезон (*иштер токтогон мезгил*). **~sü ortada kalmak** өлүгү талаада калыш. **~sünü öpmek** *карганма* өлүгүн өбүү. **anamin ~sünü öpeyim** энемин өлүгүн көрүп калайын.

ölük *ооз.* араң жан, чабал, алсыз, кыйналган.

ölüm 1. өлүм. **~ cezası** өлүм жазасы. **~ haberi** өлүм кабары. **2.** өлүш, жан бериш. **beyin ~ü** мээси токтоо. **~ alâmetleri** өлүм белгилери. **~le burun buruna gelmek** ажалга бетмебет келмек. **~ döşeğinde yatmak** өлүм алдында болуу. **~ü göze almak** өлгөнгө кайыл болуш. **~ kalım/dirim meselesi** өлүш-калыш маселеси, жан айласы үчүн жасалган аракет. **~ makinesi** *өтм.* өлүм машинеси. **~ sessizliği** тымтырстык, жымжырттык. **~ sıklığı** өлүм жыштыгы. **~üne susamak** жанынан тоюу. **~üne mi susadın?** жаныңдан тойдуңбу? **~e çare bulunmaz** *мак.* өлүмгө айла жок. **~ var dirim var** *мак.* өмүр бар жерде өлүм бар.

ölümcül 1. өлүмчүл, өлүм менен аяктаган. **~ hastalık** өлүмчүл оору. **2.** өлүп бараткан, жан талашкан.

ölümlü өлүмдүү. **~ dünya** өлүмдүү дүйнө.

ölümlük, -ğü өлүмтүк (*өлүм үчүн сактанган акча/буюм*).

ölümsek *ооз.* өлүмсөк.

ölümsüz өлүмсүз.

ölümsüzlük, -ğü өлүмсүздүк, түбөлүктүүлүк.

ömür,-mrü 1. өмүр. **2.** керемет, ырахат. **bu adamın arkadaşlığı ~dür** бул ки-

шинин жолдошчулугу өзүнчө эле ырахат. **~ünde** өмүрүндө. **~e bedel** өмүргө тете. **~ü billah** *ооз.* же азыр, же эч качан. **~ boyu/boyunca** өмүр бою. **~ boyu hapis cezası** өмүр бою камак. **~ çürütmek** (*бир нерсе үчүн*) өмүрүн бекерге коротуу. **~ geçirmek** өмүр өткөрүш. **~ü kısa** өмүрү кыска. **~ü oldukça** көзүнүн тирүүсүндө. **~ler olsun!** өмүрүң узун болсун! (*кол өпкөндөргө айтылган алкоо*). **~ sürmek** өмүр сүрүү. **~ törpüsü 1)** жан кыйнаган/жашыңы сураган (*иш*). **2)** тажатма киши. **~ünü tüketmek** өмүрүн түгөтүү. **~ü uzamak** өмүрү узаруу. **~ü uzun** өмүрү узун. **~ü vefa etmemek** өмүрү жетпей калуу (*бир нерсени көргөнгө*). **sizlerge ~** *табу* өлдү (*сөзм. с.* сиздерге өмүр тиледи).

ömürlü өмүрлүү. **uzun ~ 1)** узун өмүрлүү. **2)** көп жылдык, көп жашаган. **3)** көпкө бузулбаган. **uzun ~ süt** көпкө чыдаган сүт.

ömürsüz 1. өмүрү кыска. **2.** кыска убакытка созулган.

ön 1. алды, алды жагы, өң тарабы. **evin ~ü** үйдүн алды. **~üne bak!** көзүңө кара! **2.** боор, көкүрөк. **ceketinin ~ünü ilikledi** жекетинин боорун топчулады. **hırkasının ~ü açıktı** жемперинин боору ачык болчу. **3.** жакын келер чак, эмдиги. **~ümüz kış** алдыбызда кыш. **~ümüzdeki ay** эмдиги ай. **~üzdeki yıl** эмдиги жылы. **4.** алдыңкы, биринчи. **~ sırada yer almak** алдыңкы катардан орун алуу. **5.** алдын ала, утурлай, өң. **6.** (*терминологияда*) терминдерге “мурунтан”, “мурдатан”, “алдын ала” маанилерин каткан өң мүчө. **~ söz** бет ачар (*китепте*). **~ sesi** алдын ала сезүү, өңсезүү. **~ünde** алдында. **~ünden** мурдараак, мурдатан. **~ ad 1)** кишинин биринчи аты. **2)** *грам.* сын атооч. **~e almak 1)** эртелетүү, алдыга жылдыруу. **2)** биринчи коё берүү. **~ünü almak** алдын алуу, чара көрүү. **~ünü ardını düşünmek** алды -артын ойлоо. **~ünü arkasını düşünmeden** алды-артын ойлобой. **~ ayak olmak** (*бир иштин башталышына*) демилгечи болуу, чыйыр салуу. **~üne bak!** алдыңа/көзүңө кара! **~üne bakmak** жер кароо (*уялгандан*). **~ belirti** алгачкы белги, жышаан. **~ bilgi** алгачкы билги/маалымат, башат. **~üne bir kemik atmak** (*бирөөнүн*) оозун майлап коюу. **~ cam** *авто* алдыңкы айнек. **~ çalışma** алдынала көрүлгөн иш-чаралар. **~üne çıkmak** (*бирөөнүн*) алдына чыгуу, көрүнүү. **~ damak** алдыңкы таңдай. **~ damak ünsüzü** алдыңкы таңдай үнсүзү. **~ deyiş** *ад.* пролог. **~üne dikilmek** маңдайына туруп алуу. **~e düşmek 1)** алдына түшүү. **2)** жетектөө. **~ ek** өң мүчө, префикс (*айрым тилдерде сөздүн өңүнө/алдына жалгашып, маани өзгөрткөн мүчөлөр, мисалы на: натуура, бей/би: бейкүнөө, бечара ж. б.*). **~üne geçmek 1)** жолун тосуу. **2)** басып өтүп кетүү. **3)** алдын алуу, эскертүү. **~de gelen** алдыңкы. **~üne gelen** көрүнгөн, жолуккан, элдин баары. **~üne gelene derdini söyler** көрүнгөнгө арыз-арманын айта берет. **~üne geleni kapar, ardına geleni teper** алдына келгенди кабат, аркасына келгенди тебет (*эч ким менен ыркы келишпейт*). **~ gün** бир күн мурун, арапасы. **~ kapı** дарбаза, тышкы эшик. **~üne katmak** алдына салып айдап алуу. **~ünü kesmek 1)** жолун тосуу. **2)** *өтм.* бөгөт/тоскоол болуу, бут тосуу. **~ kol** *анат.* каруу (*чыканак менен*

билек арасы). ~ **koşul** алдын ала коюлган шарт. ~ **oda 1)**киребериш, далис, веранда. **2)** *анат.*(*көздүн*) алдыңкы камерасы. **~ünde perende atamamak** сагызгандан сак, оңой менен алданбас. ~ **planda gelmek** алдыңкы планда болуу. ~ **seçim** биринчи шайлоо/тур (*эки этаптуу шайлоодо*). ~ **ses** *грам.* сөздүн биринчи тыбышы. ~ **ses düşmesi** биринчи тыбыштын түшүп калышы (*мис. ısıcak › sıcak, ısıtma › sıtma*). ~ **sezi** алдын ала туюм, шек, жышаана. **~ü sıra gitmek** куйрук улаш жүрүш. ~ **soruşturma** алдын ала сурак/иликтеме. ~ **söz** бет ачар, баш сөз (*кипепте*). ~ **sözleşme** алдын ала макулдашуу. ~ **takı** *грам.* өң мүчө, префикс. ~ **tasar, ~tasarı** проект, долбоор. ~ **taslak** алгачкы долбоор. ~ **yargı** курулай шек саноо, алдын ала алынган бүтүм. ~ **yargılı** курулай шек санаган, шекчил, күдүктөнгөн (*киши*). ~ **yargısız** объективдүү, түз, адил (*киши*). ~ **yüz** өң, алдыңкы бет, фасад (*мис. бир имараттын*). ~ **tekerlek nereye giderse art tekerlek de oraya gider** *мак.* алдыңкы көч кайда кетсе, арткы көч да ал жакка кетет.

önce 1. мурун. **üç yıl önce** үч жыл мурун. **benden ~ o gelmiş** менден мурун ал келиптир. **daha ~** андан мурун. **her şeyden ~** баарынан мурун. **2.** адегенде, алгач. ~ **can, sonra canan** *мак.* адегенде өзүм, анан башкалар. ~ **bu işi yapalım** адегенде бул ишти жасайлы. **~si** (*бир нерсенин*) мурункусу, алды. **savaş ~si** согуштун алды. **~sinde** болор алдында. **bayram ~sinde** майрам болор алдында. ~ **gelmek** биринчи кезекте/маанилүү болуш. **işim her şeyden ~ gelir** ишим баарынан маанилүү.

önceden мурунтан, мурдатан, алдын ала, башта.

önceki, -ni мурунку, алгачкы, адепки, баштапкы.

öncel 1. (*бир кызматта*) мурун иштеген (*киши*). **2.** мурунку муун, атабаба. **3.** *лог.* натыйжадан чыккан бүтүм, сунуш. ~ **düzen** *филос.* Кудай жараткан түзүлүштүн танылгыстыгы жөнүндө окуу.

öncelemek 1. алдын алуу, мурунтан жасап коюу. **2.** алдыга жылдыруу.

önceleri мурун, мурунку бир заманда.

öncelik биринчилик, артыкчылык. ~ **tanımak 1)** артыкчылык бериш. **2)** биринчи кезекке коюш.

öncelikle баарыдан мурун, айрыкча, өзгөчө биринчи кезекте. **terör meselesi ~ ele alındı** террор маселеси биринчи кезекте колго алынды.

öncesi, -ni мурун(кусу), өткөнү. **olay ~** окуядан мурун. **tarih ~** билинген тарыхтан мурунку (*заман*). **bu adamın ~** бул кишинин өткөнү.

öncesiz учсуз-түпсүз, түбөлүктүү, эзелки. *сал.* **ezelî. evren ~dir** аалам түбөлүктүү.

öncesizlik, -ği учсуздук, түпсүздүк, түбөлүктүүлүк, эзелкилик.

öncü 1. (*бир нерсенин*) кабарчысы, жарчысы, жышааны. **2.** жолбашчы, баштооч, демилгечи, пионер, авангард. **3.** *аск.* алдыңкы, алдыңкы катардагы, авангард. ~ **kıtalar** алдыңкы катардагы/авангард бөлүктөр. **4.** жетекчи, лидер.

öncül *лог.* бүтүмгө алып келген ой жорумдар.

öncülük,-ğü 1. жолбашчылык, баштооктук, лидерлик. **2.** алдыңкылык, биринчилик. ~ **etmek** баштооктук кылуу, демилге көтөрүү.

öndelik, -ği алдын ала төлөнгөн акча, аванс.

önder көсөм, жолбашчы, жетекчи, лидер.

önderlik, -ği көсөмдүк, жолбашчылык, жетекчилик, лидерлик. ~ **etmek** жолбашчылык кылыш.
önel 1. кошумча мөөнөт, узартма. **2.** *ук.* иштен чыгарылгандарга келишим боюнча таанылган кошумча мөөнөт.
önem маани, олуттуулук. *сал.* **ehemmiyet.** ~ **kazanmak** мааниге ээ болуу. ~ **taşımak** мааниси болуу. ~ **vermek** маани берүү.
önemli маанилүү, олуттуу.
önemsemek маани берүү, маанисин билүү, барктоо, баалоо.
önemsiz маанисиз, олутсуз, барксыз, баасыз.
önemsizlik, -ği маанисиздик, олутсуздук, барксыздык, баасыздык.
önerge сунуш. ~ **vermek** (*жогорку органдарга, Парламентке*) сунуш киргизүү, маселе коюу.
öneri такилип, сунуш.
önerme 1. сунуш. **2.** сунуш киргизме, такилип берме. **3.** *лог.* ой жорум.
önermek сунуш кылуу, такилип жасоо.
öneze (*аңчылыкта*) буктурма.
öngörmek туура көрүү, тууралоо, белендөө, алдын ала көрө билүү.
öngörü 1. алдын алма, чара көрмө. **2.** көсөмдүк, көрөгөчтүк, көзү ачыктык.
öngörülü көрөгөч, көсөм, көзү ачык, байкамчыл, байкагыч.
önlem чара, арга, камылга. ~ **almak** чара/камылга көрүү, аргасын табуу.
önlemek 1. чара көрүү, алдын алуу. **hastalığı** ~ оорунун алдын алуу. **2.** токтотуу, бөгөт/жолтоо болуу.
önleyici алдын алуучу, эскертүүчү, чара/арга болуучу.
önlük, -ğü 1. алжапкыч, этек тарткыч. **2.** фартук (*мектеп формасы*). **3.** халат (*мис. докторлордун, ашпоздордун ж. б.*). **4.** боркок.
önsel далилсиз акыйкат, априори.
öpme өпмө.
öpmek, -er өбүш. **el** ~ кол өбүш (*түрк салты боюнча кичүүлөр улууларга урмат көргөзүү иретинде колун өөп, чекесине тийгизишет*). **gözlerinden** ~ көздөрүнөн өбүш. **yanaklarından** ~ бетинен өбүш. **öp babanın elini!** мына сага! ушундай болмок! эми эмне кылдык! (*күтүлбөгөн жагдай каршысында*). **öpüp başına koymak** ыраазы болуу. **öperken ısırmak** өөп атып тиштеп алган, ишеничсиз, туруксуз, мүнөзү оң- тетири.
öptürmek өптүрүү.
öpücük, -ğü өбүш, өпмө. ~**lere boğmak** өпкүлөө. ~ **göndermek/yollamak** узактан өбүмүш болуу.
öpüş өбүш.
öpüşmek 1. өбүшүү. **2.** *өтм.* сүзүшүү (*мис. эки машине*).
ördek, -ği 1. *зоол.* өрдөк (*Anas*). **2.** *мед.* өрдөк (*төшөктө даарат ушатылган буюм*). **3.** *арго* узак жолго билетсиз алынган жүргүнчү. ~ **avlamak** билетсиз жүргүнчү алма. ~ **yürüyüş** өрдөк жүрүш.
ördekbaşı коюу жашыл (*түс*).
ördekgagası,-nı ачык кызыл-сары (*түс*).
ördürmek 1. өрдүрүү (*чачты*). **2.** токутуу (*торду*).
öreke ийик, ийирме чарык.
ören 1. уранды, чалдыбар, шаар калдыгы. **2.** эски имарат.
örf 1. үрп, адат, салт, каада. ~ **ve âdet** үрп-адат. ~ **ve âdet hukuku** *ук.* жалпы укук. **2.** *ооз.* соттун, шейхул-исламдын шапкасы.
örfelemek опузалоо, коркутуу.
örfen үрп-адат боюнча.
örfî үрп-адатка, мыйзамга жараша. ~ **idare** катуу режим, өзгөчө абал. ~ **idare ilân etmek** өзгөчө абал жарыялоо.
örgen *биол.* орган.

örgensel органга байланыштуу.
örgü 1. өрмөк, өрмө, токума, өргү. ~ **makinesi** токума машинеси. ~ **örmek** тор токуу. **2.** өрүм (*чач*). **saçlarını iki ~ yapmış** чачтарын эки өрүм өрүп коюптур. **3.** кынама (*кыишты, кирпичти*). **4.** *анат.* өрүм (*органдардын, ткандардын*).
örgüç, -cü *ооз.* өркөч. *сал.* **hörgüç.**
örgücü токумачы, өрмөкчү.
örgülü 1. өрүлгөн. ~ **saç** өрүлгөн чач. **2.** токулган.
örgün уюмдашкан, уюшулган. ~ **eğitim** жалпы билим берүү.
örgüt, -tü уюм, уюмдашкан топ. ~ **üyesi** уюмдун мүчөсү.
örgütçü уюштуруучу, жетекчи.
örgütlemek уюштуруу, уюмдаштыруу.
örgütlenmek, örgütleşmek уюмдашуу, уюштурулуу.
örgütlü уюмдашкан, уюмдуу.
örgütsel уюмга тиешелүү.
örgütsüz уюмдашпаган, уюмсуз.
örme 1. өрмө, токума, түймө. **2.** өрмөк, тор. **3.** токулган, өрүлгөн, түйүлгөн. ~ **çorap** токулган байпак. **4.**сокмо (*дубал*).
örmek 1. өрүү, токуу, түйүү. **ağ** ~ тор токуу. **çorap** ~ байпак токуу. **urgan** ~ аркан өрүү. **2.** тордоо, жыртыкты бүтөө. **elbisenin yırtığını** ~ кийимдин жыртыгын тордоо. **3.** өрүү (*чачты*). **4.** кынап тургузуу, согуу (*дубалды*). **bu duvarı iki günde ördüler** бул дубалды эки күндө согушту. **5.** *өтм.* жаратуу, жасоо (*мис. бир адабий, музыкалык ж. б. чыгарманы*).
örneğin мисалы, өрнөк/үлгү катары.
örnek,-ği 1. үлгү, мисал, өрнөк, модель. *сал.* **numune. mobiliya ~leri** мебель үлгүлөрү. **2.** сүрөт, гүл, үлгү (*сайманын, оймонун ж. б.*). **3.** окшош, теңдеш, копия. *сал.* **misil. bu yapının ~i yoktur** бул чыгарманын теңдеши жок. **4.** өрнөк, үлгү. ~ **almak** өрнөк алмак. **küçük kardeşlerine ~ olmalısın** кичинекей бөбөктөрүңө өрнөк болууң керек. **5.** үлгүлүү, мыкты. ~ **köy** үлгүлүү айыл. **~ini çıkarmak** копиясын алуу. ~ **olmak** өрнөк болуу.
örneklemek (*бир нерсеге, бирөөлөргө*) үлгү/өрнөк болуш.
örneklik, -ği өрнөктүк, үлгүлүк.
örnekseme салыштырма, өрнөк кылма.
örneksemek салыштыруу, окшоштуруу, өрнөк/үлгү кылуу.
örs 1. дөшү. **2.** темир таман, дөшү (*мык кагуу учурунда үстүнө бут кийим кийгизилген өтүкчү аспабы*). ~ **kemiği** *анат.* дөшүчө (*кулактагы сөөк*). **~le çekiç arasında olmak** ортодо калыш.
örseleme уйпалама, тамтыгын чыгарма, упуратма.
örselemek 1. уйпалоо, тамтыгын чыгаруу упуратуу, жүдөтүү, чакчелекей кылуу. **rüzgâr çiçekleri örselemiş** шамал гүлдөрдү уйпалап кетиптир. **2.** *өтм.* алдан/күчтөн тайдыруу, алын кетирүү, шалдыратуу, алсыратуу, шайын оодаруу/кетирүү. **oğlunun ölümü onu epey örseledi** уулунун өлүмү анын шайын оодарып кетти.
örselenmek 1. уйпалануу, тамтыгы чыгуу, жүдөө. **2.** *өтм.* алы кетүү, алсыроо, шайманы кетүү, шайы оо.
örtbas: ~ etmek жаап-жашырып коюу, жигин/шегин билгизбей салуу. **olayı basına yansıtmamak için hemen ~ ettiler** окуяны басма сөзгө жайылбашы үчүн дароо жашырып-жаба салышты.
örtenek, -ği 1. *биол.* тышкы катмар, тери, жүн, кыл (*жандууларды каптап турган*). **2.** чел кабык (*айрым органдарда*).
örtme 1. жапма, бүркөмө, чүмкөмө. **2.** *ооз.* жоолук. **3.** *аск.* жашыруу, камуфляж.

örtmece *ад. , линг.* эвфемизм, каймана, тергеме, сыпаа сөз.

örtmek 1. (үстүн) жабуу, бүркөө, чүмкөө. **üzerine hiçbir şey örtmeden uyumuş** үстүнө эч нерсе жамынбай уктап калыптыр. **yüzünü yazması ile örttü** бетин жоолугу менен жаап алды. **2.** жабуу, кымтуу (*мис. эшикти, терезени*). **kapıyı ~** эшикти жабуу. **3.** көмүү. **4.** каптоо, чырмоо, чулгоо. **sarmaşıklar duvarları örtmüş** чырмоктор дубалдарды каптап калыптыр. **5.** *өтм.* жашырып-жабуу, шегин билгизбөө (*мис. бир кылмышты, окуяны*).

örtü 1. жабуу. **masa ~sü** үстөл жабуусу. **yatak ~sü** төшөк жабуусу. **yüz ~sü 1)** вуаль. **2)** паранжы. **2.** кап, каптама. **koltuk ~sü** креслонун каптамасы. **3.** *өтм.* бет, жүз. **~sü açılmayan cinayet** бети ачылбаган кылмыш. **4.** чатыр, бастырма, чардак. **5.** *тех.* үстүңкү катмар, шыбак. **6.** төшөлгөн нерсе (*килем, шалча ж. б.*).

örtük жабык, жабылуу. **~ kapı** жабык эшик.

örtülü 1. жабылуу, чүмкөнүү, бүркөлүү. **2.** жабуусу бар, чүмкөктүү. **üstü ~ araba** чүмкөктүү араба. **3.***өтм.* каймана, туюк (*сөз*), жашыруун. **~ ödenek** жашыруун фонд.

örtünmek 1. жамынуу. **2.** чүмкөнүү, жүзүн көргөзбөө (*көбүнчө аялдар салт, ынанч себептери менен*).

örtüsüz 1. жабуусуз. **2.** жабылбаган, чүмкөнбөгөн, ачык.

örü I 1. өрүү, өрүм, өрмөк, токуу. **2.** *ооз.* тордомо (*жыртык жерди*). **3.** таш тосмо, сокмо (*селге каршы*).

örü II *ооз.* өрүү, өрүш.

örücü 1. өрмөкчү, токуучу. **2.** жамаган, тордогон (*киши*). **3.** сокмочу, дубалчы.

örülü 1. өрүлгөн, токулган, согулган. **2.** тордолгон, жамалган.

örüm *ооз.* өрүү, өрүш.

örümcek, -ği 1. *зоол.* жөргөмүш (*Araneа*). **~ ağı** жөргөмүштүн желеси/тору. **2.** желе, жөргөмүш тору. **~ bağlamak/sarmak/tutmak** желе байлоо, желелеп кетүү. **~ kafalı** *өтм.* эски көз караштагы, консерватор (*киши*). **~ kuşu** *зоол.* жөргөмүш кушу (*Lanius*).

örümceklenmek 1. желе басуу, желелеп кетүү. **2.** кароосуз калуу. **3.** *мед. эт ысыткан ооруларда көздүн чылпак, ооздун какырык менен капталышы.*

örümcekli желеленген, желе баскан. **~ kafa** *өтм.* эски түшүнүктөгү, консерватор.

örümceksi: ~ zar *анат.* мээнин/жүлүндүн чели.

östaki: ~ borusu *анат.* евстахий түтүгү (*кулак менен тамак түтүктөрүн кошкон*).

öşür, -şrü 1. *эск. , тар.* ашар (*салык түрү*). **2.** ондон бир.


puslu **1.** тумандуу, бүркөк. **2.** шүүдүрүмдүү. **3.** эңгилчектүү, эңгилчек баскан (*дарак*).

pusmak **1.** жашынуу, сактануу, корголоо. **2.** туман тароо. **3.** *өтм.* түнөрүү, кабагы бүркөлүү.

pusu буктурма. ~**ya düşmek** буктурмага түшүү. ~**ya düşürmek** буктурмага түшүрүү. ~ **kurmak/~ya yatmak** буктурма куруу, буктурмада аңдып жатуу.

pusula I компас. ~ **ibresi/iğnesi** компас жебеси. ~**yı şaşırmak** *арго* **1)** кыйын абалда калуу, эмне кыларын билбөө. **2)** туура эмес жолго түшүү.

pusula II **1.** чакыруу кагазы (*аскерге, сотко ж. б.*). **2.** аласа кагазы. **hesap/masraf** ~**sı** (*ресторанда*) эсеп. **3.** бюллетень. **seçim/rey** ~**sı** шайлоо бюллетени.

puşt, -tu 1. кызтеке. **2.** *сөгүш* арамсийдик.
put I, -tu 1. *дин* бут, идол, табынган нерсе. **2.** (*христианчылыкта*) крест. ~ **gibi** кыймылсыз, үнсүз-сөзсүз. **~a tapınmak** бутка сыйынуу/табынуу. ~ **kesilmek** сенейип/катып калуу.
put II, -tu үч-төрт кат чыйратылган жибек жип.
putlaşmak ыйыкташуу, идол болуу, сыйына/табына баштоо, культка айлануу.
putlaştırmak ыйыкташтыруу, идол кылуу, сыйынуу/табынуу.
putperest,-ti бутпарас, бутка сыйынган.
putperestlik,-ği бутпарастык, бутка сыйынуучулук.
püf *сырд. с.* пүф, үф (*бир нерсени үйлөгөндө чыккан үн*). ~ **desen uçacak** үф деп койсоң учуп кетчүдөй (*арык, алсыз*). (**bir işin**) ~ **noktası** бир иштин эң кылдат/эң талуу жери, сыры. ~ **noktasını bulmak** (*бир иштин*) сырын билип алуу.
püfkürmek 1. үйлөө. **2.** бүркүү (*жалын, суу ж. б.*). **3.** чулчуйтуу (*оозду*).
püflemek үйлөө (*өчүрүү/суутуу үчүн*).
püfür: ~ ~ үлп-үлп (*соккон жел үчүн*). **rüzgâr ~ ~ eserek ortalığı serinletiyordu** шамал үлп-үлп согуп, айлананы серүүндөттү.
pülverizatör пульверизатор.
pür - I *таатаал сөздүн биринчи бөлүгү:* толук, бүтүн, болушунча. **pürsurat** болгон ылдамдыгы менен. **pürşiddet** болгон күчү менен.
pür II *ооз.* бүр (*ичке/ийне жалбырак*).
pürçek, -ği 1. саамай чач. **2.** тармалданган, толкунданган (*чач*). **3.** *өтм.* ойку-кайкы, түшүнүксүз.
pürçeklenmek тармалдануу, ийрилип-бүйрүлүп туруу.
pürçekli тармал, тармалдашкан.
pürdiken тикенектүү, ийнелүү.
püre пюре. **patates ~si** картошка пюреси.
pürhiddet, -ti каары катуу, жинденген.
püriten пуритан.
pürkeyf жыргаган, ырахатка баткан.
pürnamus ар-намыстуу, ак ниет, чынчыл.
pürneşe жадырап-жайнаган, ачык-айрым, шайыр.
pürtelaş карбалас, алдастаган, антаңдаган.
pürtük, -ğü бүртүк, бодур. ~ ~ бүртүк-бүртүк, бодур-бодур.
pürtüklenmek бүртүк-бүртүк болуу.
pürtüklü бүртүктүү, бодурлуу.
pürüz 1. бүдүр, быдыр. **2.** кыйшык, кынтык, кемчилик. **3.** *өтм.* бөгөт, жолтоо, кыйынчылык. ~ **ayıklamak/temizlemek 1)** кыйынчылыкты жеңүү, тоскоолдуктарды ашып өтүү. **2)** кемчиликти жоюу.
pürüzlenmek 1. быдырлануу, бүдүр басуу. **2.** (*үн*) каргылданып/кысылып/мууну чыгуу. **3.** *өтм.* чатышуу, татаалдануу, кыйындашуу.
pürüzlü 1. одур-бодур, быдырлуу. ~ **yüzey** быдырлуу бет. **2.** каргылданган/кысылган (*үн*). **3.** *өтм.* кыйын, татаал, чатышкан. ~ **iş** кыйын иш.
pürüzsüz 1. жылмакай, түптүз, сыйда. **2.** кынтыксыз, кыйшыксыз, түз. **3.** *өтм.* кыйынчылыксыз, оңой, түз.
püskül чачы, чок (*жасалга иретинде тагылган*). ~ ~ чачыланган.
püsküllü чачылуу, чоктуу. ~ **örtü** чачылуу жапкыч. ~ **perde** чачылуу парда. ~ **belâ** кутулбас балаа.
püskürme 1. бышкырма, бышкырык, чачкыч, бүркүч. **gaz ~sü** газ бүркүч. ~ **aleti** бүркүч курал. **2.** чачма, бүркмө, атма. **yanardağ ~si** жанар тоо бүркмөсү.
püskürmek 1. бышкыруу, бүркүү, чачуу. **2.** (*жанар тоо*) бышкыруу, атуу. **3.** бышкырып/күлүп жиберүү. **4.** *өтм.* каар/заар чачуу, жинденүү, албууттануу.

püskürteç, -ci бүрккүч, чачкыч, пульверизатор.
püskürtmek 1. бышкыртуу, бүркүү, чачуу. **su ~** суу бүркүү/чачуу. **2.** *аск.* кайра качыруу, чегиндирүү, жапыруу. **düşmanı geriye ~** душманды кайра качыруу/жапыруу.
püskürtü *геол.* бышкырык, лава, жанар тоо бүркүнтүсү.
püskürük,-ğü бышкырык, атылып/бышкырып чыккан (*жанар тоо лавасы*).
püslü: süslü ~ жасанган-түсөнгөн, ойсоңдогон.
püsür 1. *өтм.* балаа, балакет, жан кашайткан (*нерсе*). **2.** *орой* шүмшүк, жексур, жек көрүмчү. **3.** *ооз.* жатып ичер жанбакты. **4.** *ооз.* чачышкан, саксайган (*чач*). **5.** *ооз.* чиеленген, чатышкан (*иш*).
püsürlü *орой* ишке/бокко жарабаган, түккө турбаган.
pütür бүдүр. ~ ~ бүдүр-бүдүр.
pütürlü бүдүрлүү.
pütürsüz бүдүрсүз, жылма.

R

R,r *түрк алфавитинин жыйырма биринчи тамгасы.*

Rab, -bbı Кудай, Теңир. **~ım** Кудайым, Теңирим.

rabbanî **1.** Кудайдан/Теңирден келген/айткан. **2.** Теңирге жеткен/улашкан.

Rabbi: ya R~! оо, Жараткан!

rabit,-pti боо, байлама, бекитме, бекемдеме. **~ edatı** байламта.

rabıta **1.** байланыш, катнаш. **2.** мамиле, көңүл. **3.** көз карандылык. **4.** тартип, катар, ирет, система. **5.** *грам.* байламта.

rabıtalı **1.** байланыштуу, орундуу, жандуу. **~ söz** орундуу сөз. **2.** түзүк, жайлуу, иреттүү, нарктуу. **~ bir ev** түзүк үй. **3.** олуттуу, салабаттуу, нарктуу, наабаттуу. **~ kadın** наабаттуу аял.

rabıtasız **1.** байланышы/баш-аягы жок, орунсуз. **~ konuşma** баш-аягы жок сөз. **2.** тартипсиз, иретсиз, чачылган. **3.** мүнөзү жеңил, олутсуз, туруксуз (*киши*).

rabıtasızlık,-ğı **1.** байланышсыздык, баш-аламандык. **2.** иретсиздик, чачкындык. **3.** туруксуздук, жеңил ойлуулук.

raca ража (*Индияда принцтерге берилген наам*).

racon *арго* **1.** жол, ыкма, усул, адат. **2.** жасалмалык, көйрөңдүк. **~ kesmek** *арго* **1)** көйрөңдөнүү, көтөрүлүү. **2)** көрүнүшкө карап баа берүү.

radar радар, радиолокатор.

radarcı радар оператору.

radde **1.** даража. **2.** жакын, чама. **~lerinde/~sinde** жакын, чамасында. **akşam sekiz ~lerinde** кечинде саат сегиз чамасында. **son ~ye kadar** акыр-аягына чейин.

radikal, -li **1.** радикал, түп-тамырынан. **~ değişimler** радикал өзгөрүүлөр. **2.** *саяс.* радикал. **~ parti** радикал партия.

radikalist, -ti *саяс.* радикал.

radikalizm *саяс.* радикализм.

radon *хим.* радон.

radyan *мат.* радиан(*бурч өлчөр*).

radyasyon *физ.* радиация.

radyatör **1.** радиатор, ысыткыч. **2.** *авто* радиатор, сууткуч.

radyatörcü радиатор жасаган/оңдогон/саткан киши.

radyo **1.** радио (*система*). **2.** радио (*станция*). **3.** радио (*алуучу*). **~ evi** радио үйү.

radyoaktif радиоактивдүү.

radyoaktiflik, -ği радиоактивдүүлүк.

radyoaktivite радиоактив өзгөчөлүк.

radyocu **1.** радио жасаган/оңдогон/саткан киши. **2.** радио кызматкери. **3.**радио сатылган/ оңдолгон жер.

radyoelektrik, -ği радиоэлектрик.

radyoelektronik, -ği радиоэлектроника.

radyoetkin *к.* **radyoaktif.**

radyofonik, -ği радиофоник. **~ oyun** радиодон берилген оюн. **~ ses** радиого ылайык үн.

radyografi *физ. , мед.* **1.** радиография. **2.** радиография жолу менен алынган сүрөт.

radyogram радиограмма.

radyoizotop, -pu радиоизотоп.

radyokimya радиохимия.

radyolog радиолог.

radyoloji радиология.

radyolokasyon радиолокация.

radyometre радиометр.

radyometri радиометрия.

radyoskopi радиоскопия.

radyotelefon радиотелефон.
radyotelegraf радиотелеграмма.
radyoterapi радиотерапия.
radyum *хим.* радий.
raf текче, такта. (**bir işi**) **~a kaldırmak/koymak** (*бир ишти*) кечеңдетүү, кийинкиге калтыруу, таштап салуу. **~tan sünger düştü başı yarıldı** арадай жерге чарадай чуу салма.
rafadan сууда чала бышырылган жумуртка (*алакок деп да аталат*).
Rafizî *мус.* рафизи (*рафизи сектасынын мүчөсү*).
Rafizîlik, -ği *мус.* рафизилик (*шиит ынанчынын бир сектасы*).
rafine 1. арылтылган, тазаланган. **~ etmek** арылтуу, тазалоо. **2.** дакталган. **~ yağ** дакталган май.
rafineri арылтуучу/тазалоочу завод (*нефтини, майды, шекерди ж. б.*).
rafit, -di *биол.* рафит.
rafya 1. *бот.* рафия (*Raphie*). **2.** рафия буласы. **3.** рафия буласынан токулган. **~ çanta** рафия сумка.
rağbet, -ti 1. кызыгуу, берилүү, каалоо, эңсөө, арзуу, ылым. **~ yok** кызыгуу жок. **~ çok** каалоо/эңсөө арбын/көп. **2.** ийгилик, атак, даңаза. **~te olmak** даңазалуу болуу. **3.** талап. **~ten düşmek** талап калбоо. **~ görmek 1)** талап көп болуу. **2)** даңазалануу. **~ etmek** талапка ээ болуу.
rağbetli 1. даңазалуу, кызык, эңселген, сүйүлгөн, жактырылган. **2.** талабы күч, суралган. **3.** кадыр-барктуу, абройлуу.
rağbetsiz 1. каалоосуз, эч ким кызыкпаган, көңүлгө жакпаган. **2.** талап кылынбаган, суралбаган.
rağbetsizlik, -ği 1. каалоонун/кызыгуунун жоктугу. **2.** талаптын жоктугу.
ragm: ~ına өчөшүп, эрегишип.
rağmen 1. (*жандооч*) карабастан. **tüm çabalarına ~ başaramadı** бардык аракетине карабастан аткара албады. **2.** каршы болуп, өчөшүп, эрегишип. **bunu bana ~ yapıyor** муну мага өчөшүп жасап жатат.
rahat, -tı 1. тынч, бейпил, бейкут, жан жыргалы. **2.** ыңгайлуу, тынч, жайлуу, жылуу-жумшак. **~ ayakkabı** тынч/ыңгайлуу бут кийим. **ayakkabın ~ mı?** бут кийимиң тынчпы? **3.** бейкапар, бейгам, жайма-жай. **~ adam** бейкапар киши. **4.** оңой, шашпай, жайбаракат. **iki saatte ~ ulaşırız** эки саатта шашпай жетебиз. **~ oturmak** жайбаракат отуруу. **5.** тынч, беймарал, көңүлү жай. **şimdi ~ mısın?** эми көңүлүң жайбы? **6.** *аск.* **~ ol!** жай тур! *маанисиндеги буйрук* (*түз тур! буйругуна каршы*). **~ına bakmak 1)** жанынын тынчына кароо. **2)** беймарал отуруу. **sen ~ına bak, ben akşam dönerim** сен беймарал отура бер, мен кечинде келем. **3)** көңүлгө албоо, маани бербөө. **~ batmak** жаны жыргаган жерден кетүү, ырысын тебүү. **~ bırakmamak/vermemek** жанын койбоо, тынчтык бербөө. **~ döşeği** өлүк жаткан жер. **~ durmak** тынч туруу. **~ duruş** *спорт* жай/жөн туруш. **~ etmek 1)** жаны жай алуу, көңүлү жай болуу. **2)** дем/эс алуу, жыргап калуу. **~ını kaçırmak** тынчын алуу, тажатуу. **~a kavuşmak** тынч алуу. **~ı kıçına batmak** *орой* көпкөнү көтүнөн чыгуу. **~ olmak** жайма-жай, жайбаракат болуу. **~ ~ 1)** оңой, жеңил. **~ ~ gideriz** оңой эле барып калабыз. **2)** жайма-жай, жыргап-куунап, ээн-эркин. **~ ~ konuşuruz** ээн-эркин сүйлөшөбүз. **~ ve huzur içinde yaşamak** тынч/бейпил жашоо. **~ yüzü görmemek** жаны тынбоо/сеп албоо.
rahatça 1. жайма-жай, жыргап, каала-

гандай. ~ **yaşayabilirdim** каалагандай жашасам болмок. **2.** оңой, жеңил, кыйналбай. ~ **taşınabilecek yük** оңой ташына турган жүк.

rahatlamak жеңилдөө, жаны жай алуу, тынчтануу. **endişelerimi sana söyledim, rahatladım** санааркоолоруму сага айтып алып, жеңилдеп калдым. **hasta rahatladı** оорулуу тынч алып калды.

rahatlatıcı жеңилдетүүчү, тынчтандыруучу, оору басуучу.

rahatlatmak 1. жанын жай алдыруу, тынчтандыруу, сооротуу, көңүл жубатуу. **2.** тынчтык берүү.

rahatlık, -ğı 1. тынчтык, бейпилдик, бейкуттук. **2.** ыңгайлуулук, жайма-жайлык, жайлуулук. **3.** оңойлук, жеңилдик. **Allah ~ versin!** Аллаа тынчтык берсин! **~la** оңой/жеңил эле. **gönül ~ıyla** тайсалдабай, коркпой, камсанабай. **gönül ~ıyla söyleyebilirim** тайсалдабай айта алам.

rahatsız 1. тынчы жок, жайсыз, ыңгайсыз. **2.** оору, ноокас. **belinden ~** бели ооруйт. **3.** тынчы кетме, санааркама, кооптонмо. **~ etmek 1)** тынчын алуу, бейпилдигин бузуу. **2)** жакпоо, ден-соолугуна туура келбөө. **3)** ыңгайсыздык жаратуу. **affedersiniz ~ ediyorum …** кечирип коюңуз, тынчыңызды алып жатам ... **~ olmak 1)** тынчы кетүү, жайсыз/ыңгайсыз болуу. **2)** оору/ноокас болуу. ~ **olmayın** кабатыр болбоңуз!

rahatsızlanmak 1. тынчы кетүү, кабатыр болуу. **2.** ооруп калуу.

rahatsızlaşmak *к.* **rahatsızlanmak.**

rahatsızlık 1. тынчы жоктук, ыңгайсыздык, жайсыздык. **2.** кабатырлык, санааркаш, тынчсызданыш. **3.** оору, ноокастык. ~ **duymak** тынчы кетүү, кабатыр болуу. ~ **vermek** тынчын алуу/кетирүү.

rahibe аял кечил.

rahim -hmi *анат.* жатын.

rahîm *эск.* боорукер, кайрымдуу, мээримдүү.

rahip, -bi кечил (*христианчылыкта*).

rahiplik, -ği кечилдик.

rahle жалпак/жапыз үстөл.

Rahman мээримдүү, кайрымдуу (*Аллаанын сыпаты*).

rahmanî теңирсел, Кудайга байланыштуу. **şeytanî** каршысы.

rahmet 1. Кудайдын ырайымы/жалгоосу. **Allah ~ eylesin!** *алкыш* Кудай жалгасын! **2.** жаан. ~ **düşmek/yağmak** жамгыр жаамак. ~ **okumak 1)** өлгөнгө сооп тилөө. **2)** Кудайдан ырайым тилөө. ~ **okumamak** эч кимге жакшылык кылбоо. ~ **okutmak** (*жаман бирөөдөн*) дагы бешбетер чыгуу. ~ **olsun canına** жанына сообу тийсин! (*өлгөндөр үчүн дуба*).

rahmetli, rahmetlik, -ği раматылык, маркум. ~ **olmak** өлүш, дүйнөдөн кайтыш.

rahne 1. жыртык, тешик, кетик. **2.** *өтм.* кемчилик.

raht, -tı 1. ат жабдыктары. **2.** жолоочу курал-жарагы. **3.** кийиз-килче.

rahvan 1. жорго. **2.** жорго жүрүш. ~ **gitmek/yürümek** жорголоо (*ат жөнүндө*).

rakam 1. сан, цифра. **~ı hindi** арап сандары/цифралары. **Roma ~ları** рим сандары/цифралары. **2.** (**ilmî ~**) арифметика.

rakamlamak сандар менен белгилөө (*мис. ноталарды*).

rakamlı сандуу, сандан турган. **üç ~** үч сандуу.

raket I, -ti ракетка (*теннистин*).

raket II, -ti *к.* **roket.**

rakı ракы (*түрк арагы*). ~ **alemi** ичкилик ичип көңүл ачуу. ~ **çekmek** ракы тартуу/даярдоо.

rakıcı 1. ракы жасаган/саткан киши. **2.**

ичкич, аракеч.
rakım деңиз деңгээлинен бийиктик. **bu dağın ~ı 600'dür** бул тоонун деңиз деңгээлинен бийиктиги 600 метр.
rakıs, -ksı 1. бий. **2.** *физ.* термелүү.
rakibe аял атаандаш.
rakip, -bi атаандаш, конкурент.
rakiplik, -ği атаандаштык.
rakipsiz теңдешсиз. ~ **şampiyon** теңдешсиз чемпион.
rakit, -di токтогон (*суу*), тынч.
rakor *түтүктөрдү байланыштырган тетик.*
raks *к.* **rakıs.**
raksetmek 1. бийлөө. **2.** термелүү, титирөө.
ralli *авто* ралли.
ram тил алгыч, баш ийген. ~ **etmek** баш ийдирүү, башкаруу. ~ **olmak** тил алуу, баш ийүү.
ramak, -kı аз. ~ **kalmak** аз калуу, ... жибере жаздоо. **bayılmasına ~ kalmıştı** эси ооп кала жаздады.
Ramazan рамазан (*Ай календарынын 9 айы*), орозо айы. ~ **bayramı** орозо айт. ~ **keyfi** орозо кармагандардын кыялынын бузулушу.
ramp,-pı *театр* рамп (*сахна жарыктары берилчү көмүскө жер*).
rampa 1. рампа, өйдөлүш (*кара/темир жолдогу*). **2.** платформа (*темир жол станцияларында*). **3.** *дең.* кеменин башка кемеге, пристанга жанашмасы. **4.** тактайларды бирибирине жабыштырууда колдонулган темир чыбык. **5.** *аск.* атылуучу ракета жайгаштырылган жантык бет. ~ **etmek 1)** (*бир нерсеге*) жанашуу, жакындоо. **2)** *арго* ичкилик ичилген жерге чакыруусуз барып алуу.
rampalı өйдөлүштүү, өр (*жер*).
randevu жолугушма, көрүшмө. ~ **almak** (*бирөөнөн*) көрүшмөгө саат/күн алуу. ~ **evi** көрүшмө үйү (*ахлаксыз ниеттер менен*). ~**su olmak** мурунтан белгиленген көрүшмө сааты/күнү болуу. ~ **vermek** жолугушуу белгилөө.
randevulaşmak көрүшмө сааты белгилемек.
randıman 1. киреше, берим, өндүрүмдүүлүк. **2.** (*мотордун*) кубаты/үнөмдүүлүгү. **3.** (*темир жолдун*) өткөрүү мүмкүнчүлүгү. ~**ı artmak 1)** кирешеси/берими артуу. **2)** кубаты/күчү артуу.
randımanlı кирешелүү, беримдүү, жемиштүү, өндүрүмдүү. ~ **iş** өндүрүмдүү/пайдалуу/майлуу иш.
randımansız өндүрүмсүз, кирешесиз, беримсиз.
rant, -tı *экон.* рента (*эмгексиз түшкөн пайда*).
rantabilite *экон.* рентабилдүүлүк, кирешелүүлүк.
rantabl *экон.* рентабилдүү, кирешелүү, пайдалуу.
ranza 1. эки кабат керебет. **2.** (*кемеде, поезддe*) такта.
rap: ~ ~ *туур. с.* чак чак (*ыраattуу аскер жүрүшү*).
rapor 1. рапорт, отчёт, текшерүү жыйынтыгы. ~**la bildirmek** рапорт аркылуу билдирүү. **2.** *мед.* бүтүм, экспертиза жыйынтыгы, бюллетень. ~ **etmek** доклад/рапорт берүү, билдирүү.
raporcu рапорт/доклад даярдаган киши.
raporlu 1. убактылуу ишке жарамсыз (*доктор бүтүмү негизинде*). **2.** *ооз.* жарым эс, айныган (*абалы тууралуу күбөлүгү болгон*).
raportör репортёр.
rappadak капысынан, күтүүсүздөн.
rapsodi *муз.* рапсодия.
rapt байланыш, кошмо, бекитме, тиркеме.
raptetmek илиштирүү, тиркөө, кошуу,

байлоо.

raptiye кыпчыткыч, туткач, канцелярия ийнеси.

raptiyelemek (*кагаз, картон ж. б-ды*) туткач менен илиштирүү.

rasat,-dı байкоо, көзөмөл (*астрономия, метеорология тармагында*). **~ dürbünü** телескоп.

rasathane обсерватория, метеорология станциясы.

rasgele *к.* **rastgele.**

raspa 1. издери ири өгөө. **2.** *арго* опкок, сугалак. **~ etmek 1)** өгөөлөө, жылмалоо, кырып/ жышып чыгаруу. **2)** *арго* нышым койбой жеп/ жалмап салуу.

raspalamak кырып/жышып/сүрүп чыгаруу (*боёкту, датты ж. б.*).

rast I, -tı 1. ырас, туура, туш. **~ gelmek 1)** туш келүү, алдынан чыгуу. **2)** туура келүү, тийүү (*мис. бутага*). **3)** табуу, туш болуу. **hayatımda hiçbir zaman iyi bir komşu ~ gelmedi** өмүрүмдө эч качан жакшы кошуна туш келбеди. **~ getirmek 1)** туш кылуу (*бирөөгө, бир нерсеге*). **2)** тийгизүү (*окту*). **3)** ыңгайын табуу, туурасын келтирүү. **4)** жолун ачуу, тилегин кабыл кылуу. **Allah işinizi ~ getirsin!** Кудай ишиңизди оңдосун! **~ gitmek** оң келүү. **işi ~ gitmek** иши оң келүү/оңолуу.

rast II, -tı 1. *муз.* эски түрк музыкасындагы бир мукам. **2.** оң. **3.** ырас, туура, чыныгы.

rastgele 1. туш келди, оң/ой келди. **~ bir sayfasını açtıydım, o konu çıkmaz mı** туш келди бир бетин ачсам, ошол тема чыгып калбаспы. **2.** капысынан, жөн эле, болжоп, туштап. **3. ~!** ишиң оңолсун! *маанисинде айтылган тилек.*

rastık, -ğı 1. сүрмө (*көз, кашты карартыш үчүн сүрүлгөн боёк*). **2.** сүрмө (*эгин илдети*). **~ çekmek** (*көзгө*) сүрмө сүртүү.

rastıklı сүрмө сүрүлгөн (*чач, каш ж. б*).

rastlamak 1. (*бирөөгө*) жолугуп калуу, туш келүү. **2.** учуроо, табышуу. **3.** тийүү. **taş cama rastladı** таш айнекке тийди.

rastlantı күтүүсүздөн/капысынан болгон нерсе. **~ıyla** күтүүсүз/капысынан/капылеттен.

rastlaşmak жолугушуп/туш келип калуу.

rasyonalist,-ti 1. рационалист. **2.** рационалисттик.

rasyonalizm рационализм.

rasyonel рационалдуу, рационалдык, өлчөөлүү, ченемдүү. **~ sayı** *мат.* рационалдык сан.

raşe титирөө, калтыроо, чочулоо.

raşitik,-ği *мед.* итий оорусуна кабылган (*бала*).

raşitizm *мед.* итий, рахит.

ratanya *бот.* ратания (*Krameria triandra*).

ratıp, -bı *эск.* нымдуу.

raunt, -du *спорт* раунд.

ravent, -di *бот.* ревень (*Rheum*).

ray рельса (*поезддин, трамвайдын*). **~dan/~ından çıkmak** *өтм.* чыйырынан чыгуу. **~ döşemek** рельса төшөө/орнотуу. **~a/~ına girmek** жолуна кирүү, оңолуу, түзөлүү. **işler ~ına girdi** иштер жолуна кирди. **~ına oturtmak** жолго коюу, оңдоо.

rayiç, -ci 1. базар/сатыш баасы, курс. **doların resmî ~i** доллардын расмий курсу. **2.** өтүмдүүлүк, талап. **3.** колдонумдагы/айлануудагы. **~ fiyat** өтө турган баа.

rayiha *эск.* жыт, жыпар жыт.

razakı *калың кабыктуу, узун, таттуу жүзүм түрү.*

razı ыраазы, макул көргөн/болгон, кабыл алган. **~ etmek 1)** макул кылуу, көндүрүү. **2)** ыраазы кылуу. **~ gelmek** ылайык көрүү, кабыл алуу. **~ olmak 1)** макул болуу. **2)** ыраазы

болуу.
re *муз.* ре (*нота*).
reaksiyon реакция. **nükleer ~u** атомдук реакция. ~ **göstermek** реакция көрсөтүш.
reaktör *физ.* реактор.
realist, -ti реалист, чындыкчы.
realite чындык. **~ye dayanmak** чындыкка таянуу.
realizm реализм.
reanimasyon *мед.* реанимация.
reasürans кабат камсыздандырма.
reaya *тар.* **1.** *Османлы Императорлугунда мусулман эмес калктар.* **2.** *өтм.* христиан.
rebap, -bı *муз.* ребап (*музыкалык аспап*).
rebiyülâhır ребиульахир (*арап Ай календарынын 3-айы*).
recep, -bi режеп (*арап Ай календарынын 7-айы*).
recim, -cmi ташбараң.
recmetmek ташбараңга алуу, ташбараңга алып өлтүрүү.
reçel варенье. **kayısı ~i** кайналы вареньеси. **vişne ~i** алча вареньеси.
reçellik, -ği вареньеге ылайык.
reçete 1. рецепт (*дары үчүн*). ~ **ile satılır** рецепт менен сатылат. **2.** рецепт (*тамактын даярдалыш жолу*). **~sini almak** рецебин алуу. **3.** *өтм.* жол, ыкма, чара, арга. ~ **gibi** окулушу кыйын (*жазуу*).
reçine чайыр.
reçineli чайырлуу.
redaksyon 1. редакция. **2.** редакциялоо.
redaktör редактор.
reddetmek 1. четке кагуу, кабыл албоо, каршы чыгуу. **2.** таанылбоо. **3.** моюнга албоо. **4.** кечүү. **evlâtlıktan** ~ балалыктан кечүү.
reddolunmak четке кагылуу, кабыл алынбоо, кайра кайтарылуу.
redif 1. *аск.* жетек аскер, резерв. **2.** *ад.* редиф.
redingot, -tu сюртук, ридингкот.
redresör *элек.* түзөлткүч.
redüksiyon редукция.
redüktör *тех.* редуктор.
reel чыныгы, накта. ~ **gelir** накта кирешe. ~ **şartlar** чыныгы шарттар.
reeskont, -tu *фин.* жуп дисконт.
refah жыргал, ырыскы, береке, молдук. ~ **içinde yaşamak** жыргап жашоо. ~ **seviyesini yükseltme** жыргалчылыгын жогорулатуу.
refakat,-ti 1. коштоо, жандоо, кароо, багуу. **2.** *муз.* коштоо (*музыкалык аспап менен*). **~inde** коштоосунда, жандоосунда, көзөмөлүндө. ~ **etmek 1)**коштоп/жандап/ жанында жүрүү. **2)** *муз.* коштоо (*музыкалык аспап менен*).
refakatçi баккан/караган киши (*оорулууну*).
referandum *саяс.* референдум.
referans 1. референс, рекомендация, мүнөздөмө. **2.** каралчу/тиешелүү адабият.
refetmek 1. көтөрүү. **2.** жок кылуу, жоюу. **3.** *мат.* даражага көтөрүү.
refik, -ki *эск.* **1.** жолдош, дос. **2.** жубай, түгөй. **3.** шерик, орток.
refika аял, жубай, зайып.
refleks *биол., психол.* рефлекс, көнүмүш, адат.
reflektör рефлектор.
reform реформа.
reformcu реформист.
reformculuk, -ğu *саяс.* реформизм.
refüj кечмелик (*жөөлөрдүн жолдон өтүшү үчүн*).
refüze: ~ **etmek** четке кагуу, кабыл албоо.
regaip: R~ Gecesi/Kandili *дин* Азирети Мухаммед энесинин боюна бүткөн түн (*Режеп айынын 1-жумасына караган түн, касиеттүү түн катары майрамдалат*).
regl этек кир.
reglân 1. реглан (*жең бычымы*). **2.** реглан бычымдуу (*кийим*).

regülâtör *тех.* регулятор.
reha кутулуш, бошонуш.
rehabilitasyon *мед.* реабилитация, калыбына келтирүү.
rehavet, -ti 1. алсыздык, жаны жер тартма. **2.** магдырама, эринме, жалкоолонмо. ~ **çökmek/basmak** алсыздык басуу.
rehber 1. жол көрсөткүч, гид. **2.** жол башчы. **3.** жол көрсөткүч (*китеп*). **4.** даанышман, кеңешчи. ~ **öğretmen** *пед.* кеңешчи мугалим. **telefon ~i** телефон китепчеси.
rehberlik, -ği 1. жол башчылык. **2.** кеңешчилик. ~ **etmek** жол көрсөтүү, кеңеш берүү.
rehin,-hni барымта. ~ **bırakmak** барымтага калтыруу. **~e koymak/vermek** барымтага коюу (*белгилүү мөөнөткө карыз акча ала туруу үчүн*).
rehine туткун, барымта (*кайсы бир талаптын ишке ашырылышы үчүн кармалып турган киши*).
reis 1. райис, башкарма, жетекчи. **2.** *дең.* кичине кеменин капитаны. **aile ~i** үй-бүлө башы. **devlet ~i** мамлекет башчысы.
reisicumhur президент.
reislik, -ği 1. башчылык, райистик, жетекчилик. **2.** капитандык (*кызмат /милдет*). ~ **etmek** башчылык/ жетекчилик кылуу.
reji 1. режиссёр. **2.** *эск.* тамеки монополиясына берилген ат.
rejim 1. *саяс.* түзүлүш, режим (*мамлекеттик*). **kapitalist** ~ капиталисттик режим. **2.** *мед.* режим, диета. **~e girmek/yapmak** режим/диета кармоо. **3.** *геогр.* режим (*агын суунун бир жылдык өзгөрүш көрсөткүчү*).
rejisör режиссёр.
rejisörlük, -ğü режиссёрлук.
rekabet, -ti атаандаштык, жарыш, мелдеш, конкуренция. ~ **etmek** атаандашуу.
rekâket, -ti кекечтик.
rekât, -ti *дин* ирекет (*намазда бир кыям, бир рүкүү жана эки саждага жыгылуудан турган бөлүм*).
reklâm реклама. ~ **filmi** реклама фильми.
reklâmcı рекламачы.
reklâmcılık,-ğı рекламачылык (*иши/ кесиби*).
rekolte үрүн, түшүм.
rekonstrüksyon реконструкция.
rekor *спорт* рекорд. ~ **kırmak** рекорд жаңыртуу. ~ **yapmak** рекорд коюу.
rekortmen *спорт* рекордсмен.
rektifiye: ~ **etmek** түздөө, түзөлтүү.
rektör ректор.
rektörlük, -ğü 1. ректорлук (*кызмат/ милдет*). **2.** ректорат.
rektum *анат.* көтөнчүчүк.
rekz 1. саюу, киргизүү, кагуу (*жерге*). **2.** орнотуу. ~ **etmek** кагуу, киргизүү, орнотуу.
relativizm *филос.* релятивизм.
remadî 1. күл түсү. **2.** күл түстөгү.
remat, -ti күл.
remil, -mli кум менен салынган төлгө.
remiz, -mzi символ, белги.
rencide иренжитме, көңүл калтырма. ~ **etmek** иренжетүү, көңүл калтыруу.
rençper 1. жалчы (*күндүгүнө жалданган*). **2.** дыйкан.
rende 1. сүргү (*тактайды сүргөн*). **2.** үбөлөө. **3.** үбөлөндү. **4.** үбөлөөч. **havuç ~si** сабиз үбөлөндүсү. **peynir ~si** бышtак үбөлөндүсү.
rendelemek үбөлөө, үбөлөөчтөн өткөрүү.
rengârenk, -gi түркүн түстүү, ар кыл түстөгү.
ren: ~ **geyiği** *зоол.* бугу (*Flangifer tarandus*).
renk, -gi 1. ирең, ыраң, ырай, түс, түр, боёк. **2.** *өтм.* касиет, мүнөз, абал, жагдай, сапат. **işin ~i değişti** иштин жагдайы өзгөрдү. ~ **almak 1)** түс

алыш, түргө келиш. **2)** *өтм.* абалга өтүш, касиетке ээ болуш. **~i atmak/kaçmak/uçmak 1)** түсү/боёгу/өңү өчүү, түсүн жоготуу, боёгу учуп кетүү. **2)** өң-алеттен кетүү, жүзү кубаруу. **3)** ырайы бузулуу. **~ini belli etmemek/ vermemek** сыр бербөө/алдырбоо, жик билгизбөө. **~i belli olmamak** чыныгы жүзү билинбөө. **~i bozuk** түрү бузук, өңү купкуу. **cümbüşü** кызыл-тазыл кийинген. **~i çalık** өңү өчкөн, түссүз. **~i değişmek 1)** түсү/түрү өзгөрүү. **2)** *өтм.* абал/жагдай өзгөрүү. **meselenin ~i değişti** маселенин жагдайы өзгөрдү. **~ körlüğü** *мед.* түс айырбастык, дальтонизм. **~ körü** түс айырбас, дальтоник. **~ten renge girmek 1)** бир кызарып, бир бозоруу (*уялгандан*). **2)** миң кубулуу. **~ ~** түркүн-түстүү. **~ vermek/ katmak 1)** түс/ түр/көрк берүү. **2)** шык берүү. **~ yuvarı** *астр.* хромосфера.

renkgideren 1. *хим.* түс/боёк кетирген (*зат*), так чыгаргыч. **2.** агарткыч.

renklemek боёо, ырайын өзгөртүү.

renklendirmek 1. түсүн/өңүн ачуу. **2.** ажарландыруу, көрк берүү. **3.** *өтм.* жандандыруу, шык берүү, аракеттендирүү.

renklenmek 1. түргө/түскө келүү, боёлуу. **doğa renklendi** жаратылыш түркүн түскө боёнду. **2.** көрктөнүү, жандануу, жадыроо.

renkli 1. түстүү, түстөгү. **kırmızı ~** кызыл түстүү. **2.** гүлдүү, түстүү. **~ çamaşır** түстүү кир. **3.** *өтм.* кызык, жандуу, кызуу. **~ bir toplantı** жандуу чогулуш. **4.** *өтм.* өзгөчө, мүнөзү кызык, кыял-жоругу башкача (*киши*). **~ bir siyasetçi** өзгөчө/ башкача саясатчы. **5.** *кино, теле.* түстүү. **~ televizyon** түстүү телевизор.

renklilik, -ği 1. түстүүлүк. **2.** *өтм.* айырмалуулук, өзгөчөлүк, кызыктуулук.

renkölçer *физ.* түсөлчөр, колориметр.

renkölçüm *физ.* түсөлчөм, колориметрия.

renksemez 1. *физ.* ахроматик. **2.** *биол.* түс албас (*клетка*).

renkser *физ.* хроматик.

renksiz 1. түссүз, өңү өчкөн. **2.** өңү кубарган, өң-алеттен кеткен (*киши*). **3.** *өтм.* кадыресе, карапайым, бош, жупуну, момун (*киши*). **~ adam** өзгөчөлүгү жок/жүүнү бош киши. **~ fikir** жупуну/өзгөчөлүгү жок пикир.

renkteş түстөш.

renkteşlik, -ği *биол.* түстөшмө, ылайыкташма (*бир айбандын жашаган чөйрөсүнө жараша түс өзгөртмөсү*).

reomür *физ.* реомюр ысыкөлчөрү/ термометри.

reorganizasyon кайра куруу.

reosta *элек.* реостат.

repertuar, repertuvar *муз., театр* репертуар.

replik, -ği реплика.

reprodüksiyon кайра иштетүү, репродукция.

resepsiyon 1. кабылдама. **2.** сый кече (*мамлекеттик мекеме/жетекчи тарабынан берилген*).

reseptör 1. *радио* алуучу. **2.** телефон трубкасы. **3.** *анат.* туюм органы.

resif *геол.* риф, суу баскан аскалар.

resim, -smi 1. сүрөт, чийме. **~ tahtası** сүрөт тактасы. **~ yazısı** пиктограмма. **3.** сүрөт өнөрү. **~ dersi** сүрөт сабагы. **~ öğretmeni** сүрөт мугалими. **4.** фотография. **~ çekmek** сүрөт/фотограф тартуу. **5.** *ук.* салык түрү (*айрым буюмдардан алынган*). **~den muaf** салыктан куткарылган. **6.** азем, салтанат. **~ gibi** сүрөттөгүдөй, сүрөткө тартып койгондой. **(nin) ~idir** турулуу иш,

бөркүндөй көр. ~ **yapmak** сүрөт тартуу. ~ **yazı** *линг.* пиктография.

resimci 1. сүрөтчү. **2.** фотограф. **3.** чиймечи.

resimlemek 1. сүрөттөр менен кооздоо, сүрөт коюу (*китепке*). **2.***ад.* сүрөттөө, баяндоо.

resimli сүрөттүү. ~ **dergi** сүрөттүү журнал. ~ **roman** фото-роман.

resimlik, -ği сүрөт алкагы.

resital, -li соль-концерт. **piyano ~i** пианино концерти.

resmen 1. расмий түрдө. **2.** мыйзамга ылайык, мыйзам кереги. **3.** чындап эле, ачык эле. ~ **evlenmeye karar vermiş** чындап үйлөнүүгө чечим кылыптыр.

resmetmek 1. (*бир нерсенин*) сүрөтүн тартуу. **2.** сүрөттөө, баяндоо, сыпаттоо.

resmî 1. мамлекеттик, расмий. ~ **dil** расмий тил. ~ **daire** мамлекеттик мекеме. **2.** сыпаа, тоң, олуттуу (*мамиле*). ~ **konuştu** тоң сүйлөштү. **3.** мыйзамга/эрежелерге ылайык. ~ **elbise 1)** иш формасы. **2)** сый кийим (*өзгөчө күндөрдө кийилген*). ~ **nikâh** расмий нике. **R~ Gazete** Расмий Газета.

resmigeçit, -di парад, чубак.

resmîleştirmek расмий түргө келтирүү, мыйзамдаштыруу.

resmîlik,resmiyet расмийлик, официалдуулук. **~e dökmek** расмий абалга келтирүү.

ressam сүрөтчү, дизайнер. **tezyinat ~ı** декоратор.

ressamlık, -ğı сүрөтчүлүк, дизайнерлик (*жөндөм/кесип/милдет*).

rest, -ti 1. калдык. **2.** (*карта оюнунда*) ва-банк. ~ **çekmek 1)** (*карта оюнунда*) бүтүн акчасын ортого таштоо, ва-банк ойноо. **2)** (*бир маселе боюнча*) кескин жооп айтыш, каршы чыгыш.

restoran ресторан.

restorasyon реставрация, оңдоо, түзөлтүү, эски абалына алып келүү.

restore: ~ **etmek** реставрация жасоо, эски абалына алып келүү, оңдоо, калыбына келтирүү.

resul, -lü 1. *эск.* кабарчы. **2.** *дин* Кудайдын жиберген кишиси, пайгамбар, *сал.* **yalvaç.**

reşit, -di 1. жетилген, бойго/балакатка жеткен. *сал.* **ergin. 2.** акылы жетик, тетик. ~ **olmak** балакатка/бойго жетүү, жетилүү.

ret, -ddi 1. четке кагуу, тануу, кабыл албоо. ~ **etmek** четке кагуу, кабыл албоо. **2.** терс. ~ **cevabı almak** терс жооп алуу. **3.** кечүү, тануу. **evlâtlıktan** ~ балалыктан кечүү.

retina *анат.* ретина (*тор катмар*).

retorik, -ği риторика, чечендик.

retrospektif ретроспектив (*көрсөтүү, көргөзмө*).

reva туура, жөндүү, ылайык, жүйөлүү. ~ **görmek** туура/жөндүү/ылайык көрүү.

revaç, -cı талап, керектөө, ыктыяж. ~ **bulmak/~ta olmak** талап болуу, ыктыяж туулуу.

revak, -kı 1. бастырма, айван. **2.** галерея, аркада.

revalüasyon *фин.* акчанын наркын көтөрүү, ревальвация.

revan бараткан, жүрүп бараткан, өтүп жаткан.

revani ревани (*жумуртка менен эжигейден жасалган түрк таттуусу*).

reverans таазим, реверанс. ~ **yapmak** таазим кылуу, жүгүнүү.

revir санитардык пункт, амбулатория.

reviş 1. агым, жүрүш. **2.** жол, ыкма.

revizyon 1. ревизия, текшерүү, контроль. **2.** оңдоо, түздөө. **~dan geçirmek** текшерүүдөн өткөрүү. ~ **yapmak** текшерүү жасоо.

revizyonist, -ti ревизионист.

revizyonizm ревизионизм.

revnak жаркырак, көз жоосун алган/

тайгылдырган. *сал.* **parlaklık.**

revolver револьвер.

revü *театр* **1.** ревю, ыр-бий менен коштолгон сахна шоу. **2.** бул шоуга катышкан топ.

rey 1. добуш (*шайлоодо*). **2.** көз караш, ой, пикир. ~ **bildirmek** ой/пикир билдирүү. ~ **almak** добуш алуу. ~ **sandığı** урна, добуш сандыгы.

reybî 1. күмөндөр, шекчил. **2.** скептик.

reyhan *бот.* райкан (*Ocimum basilicum*).

reyon бөлүм, секция (*дүкөндө*). **erkek ~u** эркектер бөлүмү. **kadın ~u** аялдар бөлүмү.

rezalet, -ti 1. уят, шерменделик, шылдың, маскаралык. *сал.* **rezillik. 2.** чатак, коога, скандал. ~ **çıkarmak** чатак чыгаруу. ~ **kopmak** коога чыгып кетүү. **böyle ~ görülmedi** мындай шерменделик көрүлгөн эмес.

reze 1. эшиктин чаптырмасы. **2.** тоспо (*эшик/ терезедеги*).

rezede (~ **çiçeği**) *бот.* резеда (*Reseda luteola*).

rezelemek (*эшикти*) чаптырып бекитүү.

rezene *бот.* фенхель (*Foeniculum vulgare*).

rezerv резерв (*акча/кен/нефть ж. б-нын*).

rezervasyon 1. орун ээлөө, резервация (*мейманкана/ресторан/театр ж. б-да*). **2.** кардарларга орун берүү ишин жасаган бөлүм. ~ **yapmak** (*мурунтан*) орун ээлеп коюш, резерв кылуу.

rezerve резерв. ~ **etmek** резерв катары кармап туруу, ээлеп коюу.

rezervuar резервуар (*туалетте*).

rezil шерменде, шылдың, маскара, уят. (**birini**) ~ **etmek** (*бирөөнү*) шерменде/шылдың/маскара/уят кылуу. ~ **olmak** шерменде/шылдың/маскара/уят болуу. ~ **rüsva olmak** эл алдында шерменде болуу.

rezillik *к.* **rezalet.**

rezistans *элек.* каршылык.

rezonans *физ.* резонанс.

rezüme кыскача жыйынтык, резюме.

rezzak *дин* ырыскы тараткан (*Кудайдын сыпаты*).

rıh *эск.* майда кум (*сыяны кургатуу үчүн колдонулган*).

rıhtım *дең.* жанашма, пристань, док.

rıza 1. ыраазы, ыраазычылык, макулдук. ~ **göstermek** ыраазы/макул болуу. **~sı olmak** макулдугу болуу. **2.** моюн сунуу, баш ийүү (*тагдырга/жазмышка*). **3.** каалоо, ниет. **~sını almak** каалоосу менен болуу.

rızk, -kı 1. ырыскы. **2.** ырыс. **~ını çıkarmak** ырыскысын таап жеш, жан сакташ. **~ına mâni olmak** ырыскысына бөгөт болуу.

riayet, -ti 1. сый, кадыр, урмат. **2.** моюн сунуу, баш ийүү. ~ **etmek** баш ийүү, моюн сунуу, кармоо. **kanunlara ~ etmek** мыйзамдарга баш ийиш. ~ **görmek** сый/урмат көрүш.

riayetkâr урматтаган, баш ийген, сыйкор, элпек.

riayetsiz 1. баш ийбеген, моюн сунбаган. **2.** адепсиз, орой, урмат-сыйды билбеген.

riayetsizlik, -ği 1. баш ийбестик, өзүмбилемдик. **2.** адепсиздик, ороолук.

rica өтүнүч, сураныч, тилек. **~da bulunmak** өтүнүү, сурануу. ~ **ederim! 1)**эч нерсе эмес (*айтылган рахматка жооп иретинде*). **2)** антпе, кудай жалгагыр! (*өзүнө өзү нааразы болгон же ашыра мактаган бирөөгө карата*). ~ **etmek** өтүнүү, сурануу.

ricacı суранган, өтүнгөн, сурамчы.

rical, -li 1. эркектер. **2.** жогорку мартабалуу мамлекеттик кызматкерлер.

ricat, -tı 1. *эск.* баш тартыш, айныш. **2.** *аск.* чегиниш, кайра качыш.

rikkat, -ti 1. назиктик. **2.** боорукердик, мээримдүүлүк.
rikkatli мээримдүү, боорукер, назик.
rimel кирпик боёгуч, маскара.
rina *зоол.* деңиз мышыгы (*Dasyatis pastinaca*).
ring, -gi 1. *спорт* ринг. **2.** айлана. ~ **seferi** айланма маршрут (*мис. автобустун*).
ringa *зоол.* деңиз сельди (*Clupea harengus*). **tütünlü** ~ ышталган сельд.
rint, -di 1. кең пейил, ишеничтүү. **2.** оюнкараак, шайкелең, таңтамашаны сүйгөн.
risale 1. *эск.* журнал. **2.** брошюра, кичине китепче. **3.** буклет, памфлет.
risk, -ki тобокел, риск.
ritim, -tmi *ад. , муз.* ритм, темп.
ritmik ритмдүү, ырааттуу, темптүү.
rivayet, -ti 1. уламыш, айың. **2.** каңшаар, сөз. **~e göre** уламышка караганда. ~ **etmek** айтып/баяндап бериш. ~ **olunmak** каңшаар тароо. ~ **birleşik zamanı** *грам.* **(- mış)** мүчөсү жалганган татаал чак.
riya эки жүздүүлүк, кубулма, арамзаалык.
riyakâr эки жүздүү, арамзаа, кубулма.
riyakârlık, -ğı эки жүздүүлүк, арамзаалык.
riyal, -li 1. реал (*испан тыйыны*). **2.** реал (*Сауд Арабиясы, Йемен, Иранда колдонулган акча бирдиги*).
riyazet, -ti 1. аскетизм, напсини тыйма. **2.** орозо, диета.
riyazî математикалык.
riyolit, -ti *геол.* риолит, липарит.
riziko тобокел, риск.
roba 1. *эск.* аял кийими. **2.** ийин кириши, кокетка (*түнкү/ич көйнөктөрдө*).
robalı роба (*к.*) салынган (*көйнөк*).
robdöşambr (*эркек*) халаты.
robot, -tu робот.
robotlaşmak роботтошуу.
roda *дең.* аркан түрмөгү.
rodeo родео (*америка ат оюну*).
rodyum *хим.* родий.
roka *бот.* эрука (*Eruca sativa*).
roket, -ti ракета. ~ **atmak** ракета атыш.
roketatar ракета атар.
rokfor (**peyniri**) рокфор быштагы.
rokoko 1. *архит.* рококо. **2.** рококо (*стили*).
rol, -lü роль. ~ **almak 1)** роль алуу. **2)** *өтм.* бир милдет аткаруу. ~ **kesmek** жалган/жасалма сүйлөө/ мамиле жасоо. ~ **oynamak 1)** роль ойноо. **2)** *өтм.* (*бир нерседе*) маанилүү болуу. ~ **yapmak** жалган/жасалма аракеттер жасоо.
rom ром (*ичкилик*).
Roma 1. Рим. **2.** *тар.* Рим Императорлугу.
Romalı 1. *тар.* римдик. **2.** римдик (*Рим шаарынын тургуну*).
Roman роман (*тили*).
roman *ад.* роман. **aşk ~ı** сүйүү романы.
Romanca романча, роман тили.
romancı романист.
romanesk 1. романга ылайык. **2.** романга байланыштуу. **3.** *өтм.* сезим/ туйгу жүктүү.
romanlaştırmak романга айландыруу, романдаштыруу.
romans *муз.* романс.
romantik 1. романтика. **2.** романтикалык, романтизмге байланыштуу. ~ **edebiyat** романтизм адабияты. ~ **yazar** романтик/романтизм жазуучусу.
romantizm 1. романтизм (*адабият/санат агымы*). **2.** *психол.* романтизм (*сезимталдык*).
Romanya Румыния.
Romanyalı румыниялык.
romatizma *мед.* ревматизм, куяң.
romatizmalı ревматизмасы/куяңы бар.
Romen I 1. *тар.* римдик. **2. : ~ rakamları** рим цифралары.
Romen II *к.* **Rumen.**

rondelâ *тех.* шайба, жалпак шакекче.
rop, -bu роп (*аялдардын кымбат материалдан көйнөгү*).
rosto росто (*майга куурулган тилим-тилим эт*).
rot *авто* рот (*рулдун аракетин дөңгөлөккө берип турган чыбык*).
rota 1. багыт, курс (*участын, кеменин*). **2.** *өтм.* тутулган жол/багыт. **~sından çıkmak** жолдон чыгып кетүү. **~yı değiştirmek 1)** жолун/багытын өзгөртүү. **2)** *өтм.* жолдон таюу, мамилесин өзгөртүү.
rotasyon ротация (*персоналдын ыраатту орун алмашуусу*).
rotatif *полигр.* ротатив (*ротатив машинасы*).
roza 1. *алмаздын бир түрү.* **2.** алмаздан роза түрүндө иштелген жасалга түрү. ~ **küpe** розалуу алмаз сөйкө.
rozbif ростбиф (*куурулган уй этинен жасалган тамак*).
roze розе (*жеңил кызыл шарап түрү*).
rozet, -ti 1. төш белги (*значок*). **2.** кичине металл эмблема. **3.** розетка (*ар кандай тешиктерди сыйда көргөзүү үчүн тагылган капкак, мисалы, дубалда, раковинада*).
röfle (*чач үчүн*) түрдүү түстөргө боёо. ~ **yapmak** (*чачты*) түрдүү түстөргө боёо.
rölanti *авто* (*моторду*) бош/ченемдүү май менен иштетүү. **~ye almak/~de çalıştırmak 1)** (*моторду*) бош айлантуу. **2)** *өтм.* (*бир ишти*) солгундатуу.
rölatif салыштырмалуу.
rölativite *физ., филос.* салыштырмалуулук, изафет.
rölativizm *филос.* релативизм.
röle *тех.* реле.
rölyef рельеф (*айкелчиликте*).
römork, -ku *авто., тех.* чиркеч, прицеп.
römorkör чеккич, буксир (*кеме, машина*).
Rönesans Ренессанс, Кайра Жаралуу (*доору*).
röntgen 1. *физ.* рентген. ~ **filmi** рентген сүрөтү. ~ **makinesı** рентген аппараты. **2.** *арго* (*бирөөнүн үйүн/терезесин*) шыкаалоо. ~ **yaptırmak/~ini çektirmek** рентгенге тарттыруу.
röntgenci 1. *мед.* рентгенолог. **2.** *арго* (*бирөөлөрдүн терезесинен/ аялдарды*) шыкаалаган сыркоо киши.
röportaj репортаж.
röportajcı репортёр.
röprodüksyon репродукция.
rötar кечикме. ~ **yapmak** кечигип келиш (*поезд/учак/автобус ж. б.*).
rötarlı кечикмелүү, кармалган (*поезд/учак/автобус/кеме*).
rötuş *фото, полигр.* ретуш. ~ **yapmak** ретуш жасоо.
rövanş *спорт* реванш.
ru жүз, бет.
ruam *вет.* сап (*жылкынын ылаңы*).
Ruanda Руанда.
Ruandalı руанда, руандалык.
ruba *эск.* кийим, көйнөк.
rubaî *ад.* рубаи.
rubidyum *хим.* рубидий.
ruble рубль.
rubu *эск.* чейрек.
ruf чатыр, айван.
Rufaî руфаи (*дервиштер орденинин аты*). **bundan ötesine ~ler karışır** (*бир иш чечилбес абалга келгенде айтылат*).
rugan лак, лакталган (*тери*).
ruganlamak (*терини*) лактоо.
rugbi *спорт* ругби.
ruh 1. жан. **2.** *психол.* рух, дух, көңүл. **3.** жин. ~ **hastalıkları** жин оорулары. **4.** маңыз, өзөк. **meselenin bütün ~u burada** маселенин маңызы ушунда. **5.** *биол.* маңыз, сок, эссенция. **6.** арбак. ~ **bilimci** психолог. ~ **bilimi** психология. ~ **çağırmak** арбактарды чакыруу.

~um! жаным! (*кайрылуу*). **~ doktoru** психиатр. **~u (bile) duymamak** эч бир жигин/шегин билбей калыш. **~u gibi** жанындай. **~ hastası** жин оорулуу. **~una işlemek** сөөгүнө сиңип калыш. **~u kararmak** көңүлү калыш/чөгүш. **~ kazandırmak/vermek** жандандырыш, шаңдандырыш. **~unu okşamak** көңүлүн жайкаш/ жайландырыш. **~unu okumak** көңүлдөгүнү/оюндагыны билип коюш. **~ sağlığı** рухий саламаттык. **~u şad olsun!** жаны жай алсын! (*өлгөндөр үчүн айтылат*). **~unu şadetmek** өлгөндү жакшылыкча эскериш. **~unu teslim etmek** жаны чыгыш, өлүш.

ruhanî 1. *эск.* руханий, рухка байланыштуу. **2.** диний, динге байланыштуу.

ruhaniyet, -ti руханият.

ruhban (**rahip'***тин көпт. т.*) кечилдер, клерктер.

ruhen рухий жактан.

ruhî рухий, психикалык, психологиялык.

ruhiyat, -tı *эск.* психология.

ruhlu 1. рухка/мүнөзгө ээ. **alçak ~** мүнөзү жаман. **asil ~** ак сөөк, асыл мүнөздүү. **zayıf ~** жүүнү бош, жумшак. **2.** *өтм.* жандуу, таасирдүү, күчтүү.

ruhsal 1. *психол.* рухка байланыштуу, психикалык. **2.** психологиялык.

ruhsat, -tı 1. уруксат. **~ vermek** уруксат бериш. **2.** уруксат күбөлүгү, лицензия.

ruhsatlı 1. уруксаттуу, уруксат алынган. **2.** уруксат күбөлүгү бар.

ruhsatname 1. уруксатнаама (*жазылуу берилген*). **2.** эс алуу белгеси/ билети.

ruhsatsız уруксатсыз.

ruhsuz 1. жансыз, өлүү. **2.** рухсуз, солгун. **3.** чабал, араң жан, күчсүз, жүүнү бош.

ruj эндик, помада.

rulet, -ti 1. рулет (*оюн*). **2.** *мех.* темир чарык.

rulman подшипник.

rulo түрүм, рулон.

Rum 1. рум (*мусулман өлкөлөрүндө жашаган гректер*). **2.** румдарга мүнөздүү/тиешелүү. **3.** *тар.* Чыгыш Рим Императорлугунун калкы. **4.** *тар.* Византия. **5.** *тар.* Рим, Рим Империясы.

Rumca румча/грекче (*азыркы грек тили*).

Rumelî 1. *тар.* Румелия (*Османлы Императорлугунун европалык бөлүгү*). **2.** Румелия калкы.

Rumen румын.

Rumence румынча, румын тили.

Rumî 1. байыркы грециялык, византиялык. **~ takvim** григориан календары (*Түркия 1925-жылга чейин колдонгон*). **2.** анадолулук, Анадолуга байланыштуу. **3.** жасалга түрү.

rumuz 1. белги, символ, код. **2.** эмблема. **3.** кыйытып айтылган сөз. **4.** псевдоним, лакап ат.

rupi, rupya, rupye рупий (*Индия, Пакистан, Шри-Ланканын акча бирдиги*).

Rus орус.

Rusça орусча, орус тили.

Rusya Орусия.

Rusyalı орусиялык.

rutenyum *хим.* рутений.

rutubet, -ti ным, нымдуулук. **~ derecesi** нымдуулук даражасы.

rutubetlenmek нымдануу, көгөрүү.

rutubetli нымдуу. **~ hava** нымдуу аба.

rutubetsiz нымсыз, кургак.

rücu, -u 1. артка кетүү, кайра кайтуу, чегинүү. **2.** сөзүнөн тануу, убададан жануу. **~ etmek 1)** кайра кайтыш, чегиниш. **2)** пикир өзгөртүш.

rüçhan *ук.* артыкчылык, авантаж. **~**

hakkı бир укуктун башкасынан артыкчылыгы.

rükû, -u *дин* рукуу (*намазда ийилүү позициясы*).

rükün, -knü 1. маанилүү/мартабалуу киши. **2.** (*бир нерсенин*) маанилүү/маңыздуу жагы.

rüküş жарашыксыз/табитсиз кийинген аял.

rüstik айылдыктарча/айылдык көрүнүш.

rüşt, -tü эрезе, эрезе курак. *сал.* **erginlik. ~e ermek** эрезеге жетүү.

rüşvet пара. **~ almak/yemek** пара алыш/жеш. **~ vermek** пара бериш.

rüşvetçi паракор.

rüşvetçilik, -ği паракорлук.

rütbe *аск.* **1.** даража. **2.** наам, чин, ранг.

rütbeli наамдагы, чиндеги, рангдагы. **yüksek ~** жогорку чиндеги/наамдагы.

rüya 1. түш. **2.** кыял, үмүт. **~sı çıkmak 1)** түшү төп келүү. **2)** кыялындагысы орундалуу. **~ gibi** түш сыяктуу. **~larına girmek** түшүнө кирүү. **~ görmek** түш көрүү. **~sında görse hayra yormamak** түшүндө көрсө ишенбөө, түшүнө кирбөө. **~sını tabir etmek/yormak** түшүн жоруу.

rüyet, -ti 1. көрүш, байкаш. **2.** карап чыгыш (*мис. сотто дабаны*).

rüzgâr шамал. **~ almak** шамал алып кетиш. **~ gelecek delikleri tıkamak** (*бир коркунучтун*) бардык чарасын көрүш. **~ gibi geçmek** (*убакыт*) суудай өтүп кетиш. **~ gülü** шамал багытын көрсөткөн жебе. **~ ile gitmek** шамал менен кетиш, пайдасыз жок болуш. **~ esmeyince yaprak kımıldamaz** *мак.* жел болбосо чөптүн башы кыймылдабайт.

rüzgârlanmak 1. шамалдоо, серүүндөө. **2.** шамал/жел сого баштоо.

rüzgârlı шамалдуу, желдүү.

rüzgârlık, -ğı 1. шамал тоскуч. **2.** өпкө тарткыч (*кийим*).

rüzgârsız шамалсыз, желсиз.

S

S,s *түрк алфавитинин жыйырма экинчи тамгасы.*

saadet, -ti бакыт, жыргал, кут. **~le!** жакшы бар! жолуң ачык болсун! **~ asrı** Азирети Мухаммеддин доору. **ne ~!** кандай жыргал/сонун! **~e kavuşmak** жыргалга батуу, бакытка тунуу.

saat, -ti 1. саат. **bu iş en az iki ~ alır** бул иш эң жок дегенде эки саат алат. **2.** саат (*буюм*). **altın ~** алтын саат. **3.** убакыт, маал. **o ~te kimse bulunmaz** ал убакта эч кимди таппайсың. **yemek ~i** тамак маалы. **4.** бир саатта басылган жол. **5.** өлчөгүч саат (*газ, электр/суу ж. б.*). **elektrik ~i** электр сааты. **su ~i** суу сааты. **~lerce** сааттар бою. **~ ayarı 1)** так саат. **2)** сааттын коңгуроосу коюлган мезгил. **~i ayarlamak** саатты тууралоо. **~ başı 1)** саат сайын. **~ başı otobüs var** саат сайын автобус бар. **2)** тынбай, үзгүлтүксүз. **~ başı telefon açıyor** тынбай телефон чалып турат. **~ bu ~** так заманы/маалы. **~ farkı** саат айырмасы. **~ gibi** сааттай, так. **~ kaç?** саат канча? **~ kulesi** саат күлөсү/мунарасы. **~i kurmak** сааттын коңгуроосун (*белгилүү учурга*) коюу. **~ on bir buçuğu çalmak** өтө картаң жашта болуу. **~i ~ine** сааты саатына, таптак. **~i ~ine uymamak** жылкы мүнөз, оосар, оң-тетири жүргөн, бир кылыгы бир кылыгына окшобогон (*киши*). **~ tutmak** саатка өлчөп/карап коюу. **~ vurmak** саат кагуу.

saatçi 1. саатчы (*уста*). **2.** саат сатар.

saatçılık, -ğı саатчылык.

saatli сааттуу, сааты/өлчөгүчү болгон. **~ bomba** саатка ченелген бомба. **~ takvim** сааттуу календарь.

saatlik, -ği сааттык. **bir ~ iş** бир сааттык иш.

sabah 1. эртең менен, саар. **2.** эртең мененки убакта, саарда. **~tan** эртең менен, таң атпай, эртелеп. **~tan nereye gidiyorsun?** таң атпай кайда жөнөдүң? **~ akşam** эртели-кеч, эртең менен кечинде, ар качан. **~ı bulmak/ etmek** таң атканча. **~a çıkmamak** эртең мененке калбоо/ чыкпоо, таң атканга жетпөө. **~a doğru/karşı** таң атарга жакын, таңга жуук. **~ın köründe** таң саардан/атпай. **~ namazı** багымдат. **~ ola, hayır ola** күн менен кошо кайыр тууйт (*таң атканын күтөлү маанисинде*). **~ ~** таң ата электе, таң атпай. **~ yeli** таң жели.

sabahçı 1. эртең менен нөөмөткө турган киши. **2.** таң атканча көз ирмебей чыккан киши. **3.** биринчи сменада окуган окуучу. **~ kahvesi** түнү менен иштеген же таң эртең ачылган кафе.

sabahki эртең мененки, таңкы.

sabahlamak таң атканча уктабай чыгыш, түнү бою иштеп чыгыш, түнү бою күтүп отуруш.

sabahları эртең мененкисин.

sabahleyin эртең менен.

sabahlı: ~ akşamlı эртең менен кечинде, эртели-кеч.

sabahlık, -ğı 1. эртең менен кийилген аял халаты. **2.** саарлык, бир сааргa жетерлик.

saban соко. **~ sürmek 1)** соко айдоо. **2)***спорт* (*күрөштө*) *көмкөрөсүнөн жаткан атаандашын эки бутунан алып сүйрөө.* **~ balığı** деңиз түлкүсү (*Aloplas vulpes*).

sabık мурунку, эски, экс-. ~ **müdür** эски директор/ мүдүр.
sabıka 1. мурун болгон окуя. **2.** *ук.* кайталанган кылмыш.
sabıkalı *ук.* көндүм кылмышкер, мурун кылмыш иштеген киши.
sabır, -brı сабыр. **~la** сабырдуулук менен. ~ **etmek** сабыр кылуу. **~ın sonu selâmettir** *мак.* сабырдын түбү сары алтын (*сөзм. с. сабырдын түбү саламат*). ~ **taşı** салмактуу/ сабырдуу киши. **~ı taşmak/tükenmek** сабыры түгөнүү, чыдамы кетүү.
sabırlı сабырдуу, токтоо.
sabırsız сабырсыз, чыдамы жок, күйкөлөк.
sabırsızlanmak сабырсыздануу, күйпөлөктөө, күйкөлөктөө, чебеленүү, кыйпычыктоо.
sabırsızlık,-ğı сабырсыздык, күйкөлөктүк, жеңилдик.
sabi жаш бала.
sabit, -ti 1. туруктуу, өзгөрбөс. ~ **gelir** туруктуу киреше. **2.** жылбас, орнотулган, отургузулган. **3.** аныкталган, такталган, далилденген. ~ **fikir** көшөкөрлүк. ~ **fiyat** туруктуу баа. ~ **olmak 1)** (*бир нерсе*) ырасталуу, аныктоо. **2)** туруктуу болуу. ~ **yıldız** *астр.* кыймылсыз жылдыз.
sabitleşmek 1. бекемделүү, орнотулуу. **2.** аныкталуу, такталуу, ырасталуу.
sabitleştirmek 1. бекемдөө, орнотуу, бекитүү. **2.** аныктоо, тактоо, далилдөө.
sabitlik,-ği 1. бекемдик, орунтуктуулук, туруктуулук. **2.** аныктык, тактык.
sabo сабо (*бут кийим*).
sabotaj саботаж. ~ **yapmak** саботаж жасоо.
sabotajcı саботажчы.
sabote: ~ **etmek** саботаж жасоо.
sabretmek сабыр/токтоолук кылуу.
sabuklama *психол.* тантуу, өөдүк-сөөдүк сүйлөө.
sabun самын. **arap ~u** жумшак самын. ~ **köpüğü** самын көбүгү. ~ **köpüğü gibi sönmek** самындын көбүгүндөй жок болуу. ~ **taşı** самын таш (*бычмачылар колдонгон ак түстүү таш*).
sabuncu самын жасаган/саткан киши.
sabunhane самын жасалган жер.
sabunlamak самындоо.
sabunlanmak 1. самындануу. **2.** *арго* картадан утулуу.
sabunlaşmak *хим.* самынга айлануу (*өсүмдүк/жаныбар майлары*).
sabunlu самындуу, самындалган.
sabunluk,-ğu 1. самын салгыч. **2.** самын жасоого ылайык.
sac 1. жалпак темир. **2.** жалпак темирден жасалган томпок көмөштан. ~ **soba** темир меш.
sacayağı, sacayak тулга.
saç, -çı чач. ~ **ağartmak 1.**чач агартуу. **2.** (*бир иште*) көп иштөө. **~ına ak düşmek** чачына ак түшүү. **~ı başı ağarmak** картайыш. **~ı başı dağılmış** апсайган-сапсайган. **~ına başına/sakalına bakmadan** жашына-башына карабастан. **~ından başından utanmak** улуу-кичүүдөн ийменүү. **~ını başını yolmak** чачын жулуу, өкүнүү. **~ı bitmedik yetim** туулгандан жетим. ~ **boyası** чач боёк. **~larımı değirmende ağartmadım** чачтарым тегирменде агарбады (*бул жашка оңой-олтоң чыкпадым маанисинде*). **~ları diken olmak** чачтары тик туруу. ~ **dökülmesi** чач түшүү. **~larını kazıtmak** чачын шыпыртып салуу. ~ **kestirek** чач кестирүү. ~ **kurutucu** чач кургаткыч. ~ **örmek** чач өрүү. ~ **~a, baş başa gelmek** чачташуу, жулмалашуу. ~ **sakal ağartmak** (*бир ишке*) эмгек сиңирүү. ~ **sakal**

birbirine karışmış апсайган, саксайган. **~ını süpürge etmek** жанталашуу, жан аябоо (*бир иш үчүн*). ~ **teli** чач, кыл. **~ından tırnağına** чачынан тырмагына чейин, бүт бойдон. **~ı uzun aklı kısa** *мак.* (*аялдын*) чачы узун, акылы кыска. **~ını yaptırmak** чачын жасатуу.

saçak, -ğı 1. чачы, чок. **perdenin ~ı** парданын чачысы. **2.** *архит.* кырбуу, айбанча, жаан тоскуч. **3.** чачык, чачылган. **~ı ateş sardı** иш терс жагына айланды. ~ **bulut** тарамтарам булут.

saçaklanmak самсаалоо, айрылып-тытылып кетүү (*кийим*).

saçaklı 1. чачылуу, чоктуу. **2.** кырбуусу/айбанчасы болгон. **3.** айрык, тытык.

saçı *этн.* чачыла. ~ **kılmak** чачыла чачуу.

saçık чачык.

saçılmak чачылуу, төгүлүү, жайылуу. **saçılıp dökülmek 1)** төгүлүп-чачылуу, ашкере көп коротулуу. **2)** *өтм.* ички сырларын айтып алуу. **açılıp-saçılmak** өтө ачык кийинүү (*аял*).

saçkıran *мед.* чакалай.

saçlı чачтуу. **ak** ~ ак чачтуу. **sarı** ~ сары чачтуу. ~ **sakallı adam** сакалдуу (*эле*) киши.

saçma 1. чачма. **2.** сандырактык, дөөдүрөктүк, келжиректик, болбогон сөз, баш оорутма. ~ **sapan konuşmak** оозуна келгенди оттоо. **3.** бытыра, чачма (*мылтыкта*). **4.** балык тору.

saçmacı келжирек, сандырак, дөөдүр.

saçmak 1. чачуу, төгүү. **su** ~ суу чачуу. **2.** (*жарык*) чачуу, жаркылдоо. **3.** жаюу, жарыялоо. **koku** ~ жыт жайылтуу. **saçıp savurmak** акчасын чачуу/бекерге коротуу.

sıkıntılı 1. санаалуу, убайымдуу, кейиштүү, эриккен, зериккен. **2.** кыйын, кысталыштуу, азаптуу. **3.**жан кейиткен, оор, кыйнаган, жабыркаткан. **~ hayat** кыйын жашоо.

sıkıntısız 1. кыйналышы жок, оңой, жеңил. **2.** убайымсыз, кайгысыз, санаасыз.

sıkışık 1. тыгыз, жыш, тыгылган, тар. **2.** кысталыш (*заман/учур/маал*). **3.** кысталыш, кыйналыш (*акчадан*).

sıkışıklık, -ğı 1. тыгыздык, жыштык, тардык. **2.** убакыттын тардыгы. **3.** акчанын кааттыгы, кысталыш-тыгы.

sıkışmak 1. сыгылышуу, тыгылышуу, кысылуу. **sıkışmadınız mı?** кысылган жоксузбу? **2.** кыпчытып/ чаптырып алуу. **parmağı kapıya sıkışmış** бармагын эшикке чаптырып алыптыр. **3.** кыйналыш/кысталыш ичинде калмак. **bu parayı ancak sıkıştığın zaman harca** бул акчаны өтө кыйналып баратсаң гана каржа. **4.** кысылуу, таралуу. **kalbim sıkıştı** жүрөгүм кысылды. **5.** даараты келүү.

sıkıştırma 1. *тех. , физ.* тыгыздаштырма, жыштыгын көбөйтмө, компрессия. **2.** *аск.* кысма, тыгыздатма, каптама, тоорума.

sıkıştırmak 1. тыгуу, үстү-үстүнө үйүү. **giysileri bavuluna sıkıştırmış** кийимдерин чемоданына тыгып салыптыр. **2.** кыстыруу, чаптыруу, бастыруу, кыпчытуу. **3.** *аск.* кыстыруу, тооруу, күргүчтөтүү. **4.** *спорт* тооруу, кысмакка алуу, туш-туштан чабуул коюу. **5.** кысмакка алуу, кыстоо, кыйноо. **sıkıştırınca itiraf etti** кыстаганда мойнуна алды. **6.** кармата/бере салуу. **elime üç-beş kuruş sıkıştırdı** колума беш-он куруш (*тыйын*) кармата салды.

sıkkın зериккен, камыккан, буулуккан. **~ ~** эригип-зеригип.

sıklamak: ağlaya-sıklaya ыйлап-сыктап.

sıklaşmak 1. көбөйүү, бат-бат боло баштоо. **yolsuzluklar vak'ası sıklaştı** жоосунсуздуктар көбөйдү. **2.** кысылуу, тыгылуу, жыкжыйма болуу. **3.** тыгыз/жыш тартуу.

sıklet,-ti 1. салмак, оордук. **ağır ~** оор салмак. **hafif ~** жеңил салмак. **2.** *эск.* кыйынчылык. **~ vermek** убайым тарттыруу.

sıklık,-ğı 1. жыштык, тыгыздык. **2.** тардык. **3.** аралык, интервал.

sıkma 1. сыкма, басма. **2.** тар шым түрү. **3.** сыкканга ылайыктуу, ширелүү, суулуу. **~ portakal** сыкканга ылайык апельсин. **~ baş** *аялдардын чач байлоо стилдеринен бири.*

sıkmaç, -cı сыккыч, компрессор.

sıkmak, -ar 1. кысуу, бастыруу, басуу. **el ~** кол кысышуу. **diş ~ 1)** тиштенүү. **2)** *өтм.* тиштенип чыдоо. **sağ ayağım biraz sıkıyor** оң бутум бир аз кысып жатат. **2.** сыгуу, сыгып чыгаруу. **çamaşır ~** кирди сыгуу. **limon ~** лимон сыгуу. **3.** чачуу, бүркүү, куюу. **parfüm ~** атыр куюнуу. **yangına su ~** өрткө суу чачуу. **4.** кыйноо, зордоо, мажбурлоо. **hiç canını sıkma** жаныңды эч кыйнаба, кыйналбай эле кой. **5.** жүдөтүү, тажатуу, тынчын алуу, жанына батуу. **hayat onu sıkıyordu** жашоо анын жанына батты. **6.** атуу. **bir kurşunu da kendine sıkmış** бир окту да өзүнө атыптыр. **7.** *тех.* бекитүү, буроо.

sıkmalık, -ğı *к.* **sıkma.**

sıla 1. тууган жерге кайтыш. **2.** туулуп-

өскөн жер. ~ **etmek** тууган жерин кыдыруу. **~ya gitmek** тууган жерине баруу. ~ **hastalığı** тууган жерге болгон кусалык.

sımsıcak ыпысык.

sımsıkı 1. бекем, катуу. ~ **bağlamak** катуу тартып байлоо. ~ **sarılmak** катуу кучактоо. **2.** өтө/тыгыз, бири-бирине жабыштырылган, шыкалган.

sınaî өнөр жайга байланыштуу, индустриялык.

sınamak 1. сынаш, текшериш. **2.** *пед.* сынактан/экзаменден өткөрүш.

sınav сыноо, сынак, экзамен, тест, текшерүү. **~a çekmek/~dan geçirmek** сынакка алыш, сынактан өткөрүш. **~a girmek** сынакка/ сыноого кириш. ~ **vermek** сынактан/сыноодон өтүш.

sınayış сынаш.

sındırma сындырма, жок кылма, талка - лама.

sındırmak 1. сындырыш, талкалаш. **2.** жеңиш, баш ийдириш.

sınıf 1. класс, сапат, категория. **birinci** ~ биринчи класстагы/сапаттагы. **2.***саяс.* тап. ~ **ayrımı** таптык айырмачылык. **3.** (*окуу жайларда*) класс, курс. **ikinci** ~ **öğrencileri** экинчи класстын/курстун окуучулары/студенттери. **4.** класс, аудитория. **iki no'lu ~ta** экинчи класста/аудиторияда. **5.** *зоол., бот.* класс. **memeliler, kuşlar, balıklar, omurgalılar dalının birer sınıflarıdır** сүт эмүүчүлөр, куштар, балыктар - омурткалуулар тукумунун класстары. **6.** *аск.* кызмат түрлөрү, корпус. **hava ~ı** аба кызматтары. **subay ~ı** офицерлер корпусу. **tank ~ı** танк бирдиктери. ~ **arkadaşı** классташ, курсташ. **~ta çakmak/kalmak** класста/ордунда/ көчпөй калыш.

sınıflama *к.* **sınıflandırma.**

sınıflamak *к.* **sınıflandırmak.**

sınıflandırma классификация.

sınık 1. сынык. **2.** чачырап/бычырап/ бытырап кеткен. **3.** жеңилген, баш ийген, алсыраган, шайы оогон.

sınıkçı сынык чы.

sınır 1. чек, өлчөө. **ahlak ~ını aşmak** адептин чегинен чыгып кетиш. ~ **çekmek/çizmek 1)** чегин белгилеш. **2)** ишин бүтүрүш. ~ **dışı etmek** чек арадан чыгарып салыш. (**bir şeyin**) **~ı yoktu** (*бир нерсенин*) чеги жок болчу.

sınırdaş чек арасы бир, чектеш.

sınırlama чектеме, өлчөмө, чек арасын ажыратма.

sınırlamak 1. чектөө, өлчөө, белгилөө. **2.** чек арасын ажыратуу/бөлүү. **3.** жээктөө, кыюулоо.

sınırlandırmak *к.* **sınırlamak.**

sınırlayıcı чектөөчү, белгилөөчү.

sınırlı 1. чеги, чек арасы болгон. **2.** чектүү, белгилүү гана өлчөмдө, аз. ~ **sayı** *мат.* белгилүү сан. ~ **sorumluluk** *ук.* чектүү жоопкерчилик (*аласа/бересе кишилер арасында*).

sınırsız 1. чексиз, соңсуз, эсепсиз, сансыз. **2.** чек арасыз, эркин. ~ **sayı** *мат.* белгисиз сан. ~ **sorumluluk** *ук.* чексиз жоопкерчилик.

sınmak 1. *ооз.* сынуу, талкалануу. **2.** жеңилүү, баш ийүү.

sıpa 1. такый, кодек. **2.** тулга.

sır I, -rrı сыр. ~ **açmak** сырды билип алыш. **~ını açmak** сырын айтыш. **~ını çözmek/~a ermek** сырын табуу. **~a kadem basmak** көздөн кайым болуу, жок болуу. ~ **küpü** сырга бекем. ~ **olmak** сыр болуу, жок болуу. ~ **ortağı** сырдашы. ~ **saklamak/tutmak** сыр сактоо/ жашыруу. ~ **vermek** сыр берүү, сырын алдырып коюу.

sır II 1. сыр, боёк, эмаль. **2.** күмүш каптама (*күзгүнүн*).

sıra 1. катар, ирет, сап. **~ya dizilmek** ка-

тарга тизилиш. **2.** кезек. **~ya girmek** кезекке туруш. **3.** парта, скамейка. **benden iki ~ önde oturuyordu** менден эки парта алдыда отурчу. **4.** маал, учур, кез, ыңгай. **şimdi tam ~sı** азыр так маалы. **~sı değil** маалы эмес. **o ~da** ошол кезде. **5.** тартип, ирет, режим. **~sı bozulmak** тартиби/ирети бузулуу. **6.** жөнөкөй, карапайым, кадыресе. **~dan bir kız** жөнөкөй эле кыз. **~ malı** күндөлүк товар. **~sıyla** катары менен. **~yla** кезектешип. **~sını beklemek** кезегин күтүү. **~ dayağı çekmek** катары менен уруп/сабап салыш. **~ dışı** адаттан тышкары. **adam ~ına geçmek** киши катарына кошулуу. **~sı gelince** убагы келгенде. **~sı gelmişken** ыңгайы келип турганда. **~sını getirmek** ыңгайын келтирүү. **~sına göre** ыңгайына жараша. **~ gözetmek** учурун күтүп туруш. **~ya koymak** кезекке тургузуш. **~ sayı sıfatı** *грам.* иреттик сан атооч. ~ ~ катар-катар. **~ vermemek** сөзгө конок бербөө.

sıraca *мед.* эн, булак (*оору*).

sıradağ(lar) *геогр.* кырка тоолор.

sıradüzen иерархия.

sıralamak 1. кезекке/катарга коюш. **2.** иретке/тартипке салыш. **3.** санап бериш, тизмектеш. **bütün kusurlarını yüzüne sıraladı** бүтүн кемчиликтерин бетине санап берди. **4.** (*бир ишти*) кайталап/дембе дем жасоо. **bekçi bütün kapıları sıraladı** күзөтчү бардык эшиктерди (*катары менен*) карап чыкты. **5.** акыл таразасына салуу, акылы менен өлчөө (*бир топ нерсени*). **6.** (*жаш бала*) бир нерсени кармап баса баштоо.

sıralı 1. ирети/катары болгон, иреттүү, катарлуу. **2.** орундуу, жөндүү, ылайыктуу, максаттуу, туура. **~ konuşma** орундуу сөз. **~ sırasız** ою-на келгендей, ыгы жок, көрүнгөн жерде. **~ sırasız söze karışmak** сөзгө ыгы жок аралашуу, куюшканга кыпчылуу.

sırasız 1. кезексиз, сүзө качырып. **2.** орунсуз, жөнсүз, ыксыз, ылайыксыз, максатсыз. **3.** иретсиз, чачкын.

sıram: ~ ~ катар-катар, сап-сап. ~ ~ **dizilmek** сап-сап тизилүү.

sırat,-tı 1. жол. **2.** *өтм.* катаал/кыйын/татаал жол. **~tan geçmek 1)** балакеттен/азаптан кутулуу. **2)** кыйынчылыкты башынан өткөрүү. **~ köprüsü** *дин* кыяматтын кыл көпүрөөсү.

Sırbistan Сербия.

sırça 1. айнек. **2.** айнектен жасалган.

sırdaş сырдаш.

sırdaşlık, -ğı сырдаштык.

sırf 1. накта, таза, ынак. **~ sütten mamul** ынак сүттөн жасалган. **2.** *өтм.* таптаза, таптакыр, карандай, бүтүндөй, барып турган. **söyledikleri ~ yalandır** айткандары бүтүндөй жалган. **3.** жалгыз, жалаң, гана. **~ senin için buradayım** жалаң сен үчүн бул жерде жүрөм. **~ işimle ilgili** жалгыз гана ишиме тиешелүү.

sırık, -ğı 1. шырык. **2.** өсүмдүктөрдүн саптарын туттурган жыгач. **~la atlama** *спорт* шырык менен секирүү. **~ domatesi** жыгачка байланып өстүрүлгөн помидор. ~ **gibi** шырыктай (*узун, арык*). **~ gibi durmak** солдоюп бош туруш.

sırıklamak 1. өсүмдүктүн талдарын жыгачка байлап/тиреп коюу. **2.** *арго* кытып/уурдап кетүү.

sırılsıklam 1. малма-чөлмө (*суу болуш*). **~ olmak** малма-чөлмө болуу. **2.**таптакыр, өлөрчө, ашкере, айласыз. **~ aşık** өлөрчө ашык. **~ sarhoş** айласыз/өлөрчө мас.

sırım 1. сактыяндын одоно түрү. **2.** тери боо, тери тилкеси. **~ gibi**

тарамыштай (*арык/күчтүү киши*).
sırıtkan 1. ырсайган, арсайган. **2.** ырсалактап/кекээрлеп күлгөн.
sırıtmak 1. ырсаюу, арсаюу. **2.** *өтм.* ырсактап/арсалактап күлүш. **3.** *өтм.* ашкереленүү, ортого чыгуу. **soruşturma sonucunda yolsuzluklar birer birer sırıttı** сурактын аягында бүтүн жоосунсуздуктар бирден-бирден ашкереленди.
sırlamak 1. сырдоо, боёо, эмалдоо. **2.** күмүш жалатуу (*күзгүгө*).
sırlı I сырдалган, эмалданган.
sırlı II сырдуу, жашыруун.
sırma 1. алтын, күмүш аралашкан жип/ зым. ~ **işlemeli** алтын жип менен саймаланган. **2.** алтын/ күмүш жиптен жасалган. **3.** *аск.* наам/чин белгиленен сызыктар (*кийимде*). **4.** жылтылдак сары (*түс*). ~ **saç** алтындай сары чач. **5.** *арго* сойку.
sırmalı бейкасам. ~ **cepken** бейкасам чепкен.
sırnaşık,-ğı жабышкан, жармашкан, тажатма, көшөкөр (*киши*).
sırnaşıklık,-ğı жабышкандык, тажатмалык, көшөкөрлүк.
sırnaşmak жабышуу, жармашуу, жан койбоо, көшөкөрлөнүү, тажатуу.
Sırp, -bı серб, сербиялык.
Sırpça сербче, серб тили.
sırrolmak сырга айлануу, көздөн кайым болуу, жоголуп кетүү.
sırsıklam *к.* **sırılsıklam.**
sırsız сыры жок, сырдалбаган, эмалсыз.
sırt, -tı 1. *анат. , зоол.* сырт, жон, арка. **~ım ağrıyor** аркам ооруп жатат. **~ını duvara vermek** аркасын дубалга жөлөө. **atın ~ında** аттын үстүндө. **2.** бел, жон, сырт, үстү (*тоонун*). **dağ ~ına çıktığımızda** тоонун белине чыкканыбызда. **3.** сырт (*бычактын, калыптын ж. б.*). **4.** сырт, арка (*скрипканын, саздын ж. б.*). **5.** дүмүр, түптөлгөн жери (*китептин*). **~ına almak 1)**жонуна көтөрүп алуу. **2)** милдетин мойнуна алуу. **3)** желбегей жамынуу (*чапанды/пиджакты ж. б.*). **~ında** үстүндө, жонунда. **~ında güzel bir ceket vardı** үстүнө сонун бир пиджак кийип турган. **~ından atmak** (*бир нерседен*) кутулуу. **~ına binmek** (*бирөөнүн*) жонуна минип алуу, өлүмтүгүн артуу. ~ **çevirmek 1)** аркасына бурулуп кетүү, аркасын салуу. **2)** *өтм.* карабай/көңүл бурбай коюу. **~ından çıkarmak 1)** (*бирөөнүн*) аркасы менен бир нерсеге ээ болуу. **2)** бирөөгө төлөтүү. **~ını dayamak 1)** аркасын жөлөө. **2)** *өтм.* (*бирөөгө*) таянып алуу. ~ **değişmek** кийим которуу. ~ ~ **dönmek** оодарылуу, түйшөлүү. **~ından geçinmek** (*бирөөнүн*) аркасы менен жан багыш. ~ **kaşağısı** жон тырмагыч. **~ı kaşınmak 1)** жону кычышуу. **2)** *өтм.* жону кычышуу, таяк жегиси келүү. **~ı pek 1)** калың/жылуу кийинген. **2)** *өтм.* жону катуу, моюн бербес. **3)** *өтм.* таянганы күчтүү. ~ **~a vermek 1)** аркасын аркасына таяш. **2)** бирин бири колдош, аркалашыш. ~ **üstü yatmak** көмкөрөсүнөн жатыш. ~ **vermek** карабай коюу, аркасын салуу. **~ına vurmak** жонго койгулоо. **~ından yaşamak** *к.* **~ından geçinmek. ~ı yere gelmek 1)** (*күрөштө*) далысы жерге тийүү. **2)** *өтм.* жеңилүү. **~ını yere getirmek 1)** (*бирөөнү*) жыгып коюу. **2)** *өтм.* жеңүү, артыкчылыкка ээ болуу. **~ı yufka** сырты/ жону жука, жеңил кийинген. **~ında yumurta kulesi yok ya** аянчу эч нерсеси жок, ага баары бир (*сөзм. с.* жонунда жумуртка себети бар дейсиңби).
sırtar бир кескелдирик түрү.
sırtarmak 1. *к.* **sırıtmak. 2.** *ооз.* каршы-

лык бергенге даярдануу.
sırtlamak 1. аркасына/жонуна көтөрүп алуу. **2.** *өтм.* милдетин алуу. **3.** аркасы менен ачыш/түртүш.
sırtlan *зоол.* сырттан (*Hyaena*).
sıska 1. арык, ширидей каткан, чүрүшкөн, куруган. **2.** *мед.* денесине сары суу толгон.
sıskalık, -ğı 1. арыктык, каткандык, курулук. **2.** *мед.* денеге сары суу толтурган оору.
sıtma *мед.* безгек, малярия. ~ **görmemiş ses** күрүлдөгөн жоон үн. ~ **nöbetleri** безгек кармаган учур. ~ **sivrisineği** *зоол.* безгек чиркейи (*Anopheles maculipennis*). ~**ya tutulmak/yakalanmak** безгекке кабылуу.
sıtmalı 1. безгек менен ооруган (*киши*). **2.** безгектүү (*жер*).
sıtmalık, -ğı безгектүү, безгек чиркейи көп жер.
sıva *архит.* шыбак. ~ **harcı** шыбак (*ылайы/жуурундусу*). ~ **vurmak** шыбак тартуу.
sıvacılık, -ğı шыбакчылык.
sıvalamak 1. шыбоо, шыбак тартуу. **2.** сылоо, таптоо, ушалоо.
sıvalı I шыбалган.
sıvalı II шымаланган, түрүлгөн (*жең*), кыстарылган (*этек*). **kolları** ~ жеңдери түрүлүү.
sıvama 1. шыбама, каптама, бастырма, бетине төкмө. ~ **pırlanta bir taç** бриллиант бастырылган таажы. **2.** мелт-калт, толтура, толо, жыкжыйма.
sıvamak I 1. шыбак шыбоо. **evi yeniden sıvatmayı düşünüyor** үйдү кайра шыбатууну ойлоп жатат. **2.** шыбап/булгап алуу. **çocuk yüzüne reçel sıvadı** бала бетине варенье шыбап алды. **3.** сылаш, тапташ. **sırtını** ~ жонунан сылаш/тапташ.
sıvamak II шымалануу, түрүнүү, кайруу (*жеңди, багалекти, этекти*).
sıvanmak I 1. шыбалуу (*шыбак менен*). **2.** шыбануу, булгануу.
sıvanmak II 1. шымалануу, түрүлүү. **2.** *өтм.* шымаланып киришүү, белсенүү.
sıvaşmak 1. булгап/майлап/жугузуп алуу. **2.** суюлуп кетүү.
sıvazlamak сылоо, таптоо. **sakalını** ~ сакалын сылоо. **sırtını** ~ жонунан сылоо/таптоо.
sıvı 1. суюктук. **2.** суюк. ~ **madde** суюк зат. ~ **yağ** суюк май.
sıvık, -ğı 1. суюк. ~ **hamur** суюк камыр. **2.** *өтм.* жабышкан, жармашкан, жасакер.
sıvılaşma суюлма, ээриме.
sıvılaşmak суюлуу, ээрүү.
sıvındırmak *физ. , хим.* суюктукка айландыруу (*газ абалынан*).
sıvınmak суюктукка айлануу (*газ абалынан*).
sıvıölçer *физ. , хим.* ареометр.
sıvırya 1. жандуу, аракеттүү. **2.** тынымсыз, үзгүлтүксүз.
sıvışık,-ğı 1. жукма, жабышма. **2.** *өтм.* жабышып-жармашкан, жасакер, тажатма.
sıvışmak 1. жугуш, жайылып кетиш (*так, төгүлгөн нерсе*). **2.** *арго* жылып жоголуш, билгизбей кетип калыш. **3.** *аск.* (*душмандан*) кутулуп/изин жашырып кетиш.
sıyga *эск. , грам.* ыңгай.
sıyırga жыгач күрөк (*кар/кырман күрөш үчүн*).
sıyırış сыйырыш.
sıyırma сыйырма.
sıyırmak 1. сыйыруу. **çark elini sıyırdı** чарык колун сыйырып кетти. **2.** сыйырып алуу. **örtüyü** ~ жабууну сыйырып алуу. **musun kavuğunu** ~ банандын кабыгын сыйыруу. **3.** сууруу. **kılıcını** ~ кылычын сууруп чыгыш. **4.** ыпырып-шыпырып/жалап-жуктап жеп салыш. **tabağı sıyırdı** табакты жалап-жуктап жи-

берди. **5.** *өтм.* алып/бөлүп чыгыш, ажыратыш. **onu çocuklarından ~ kolay değil** аны балдарынан ажыратыш оңой эмес.

sıyrık,-ğı 1. сыйрык, тытык, так. **2.** *өтм.* уяты жок, арсыз.

sıyrılmak 1. сыйрылуу. **2.** сыйрып алынуу. **3.** суурулуу (*мис. кылыч*). **4.** *өтм.* (*бир абалдан/иштен*) кутулуп чыгуу, башын ала качуу. **5.** *аск.* (*душмандан*) кутулуп чыгып кетүү.

sıyrıntı 1. кырмычык (*идиштин түбүндө калган*). **2.** айрык (*кездеменин*).

sızak, -ğı *ооз.* булактын суусу (*аскадан түшкөн*).

sızdırmak 1. сыздыруу, сарыктыруу. **2.** (*газ, суюктук*) өткөрүү, бир нерсенин ичинен агып/жылжып чыгуу. **bu küp suyu sızdırıyor** бул кумурадан суу агып калып жатат. **3.** *өтм.* жашыруун кабар бериш, тыңчылык кылыш. **haber ~** кабар жеткирип туруш. **4.** сызгырыш (*мис. майды*). **5.** *арго* (*бирөөдөн*) алдап-соолап, коркутуп-үркүтүп акча/буюм алыш. **6.** эсин оодарыш, шайын кетириш, уктатыш. **son kadeh onu sızdırdı** акыркы чөйчөк анын ээсин оодарып кетти.

sızdırmaz өткөрбөс. **su ~** суу өткөрбөс.

sızı оору, сыздоо.

sızıcı *грам.* шуулдама (*үнсүздөр*).

sızılı сыздап ооруган.

sızıltı арыз-муң, дат.

sızım: ~ ~ сыздоо, ноюу. **~ ~ sızlamak** сыздап оору.

sızıntı 1. сызынты, сызып чыккан нерсе. **2.** сызынты (*процесс*). **~ yapmak** сызып агып чыгыш.

sızırmak сызгыруу.

sızlamak 1. сыздап оору. **beli sızladı** бели сыздап ооруду. **içim sızladı** ичим сыздады. **2.** *өтм.* зыркырап-сыздоо, арыз-муңун айтуу.

sızlanmak даттануу, арызданууу, зыркырап-сыздоо.

sızlatıcı ич сыздаткан, жүрөк ооруткан, аянычтуу.

sızma 1. сызма. **2.** (*эшик, терезе аркылуу*) аба кирме.

sızmak,-ar 1. (*суюктук, газ*) агып/жылжып чыгуу. **küpten su ~** кумурадан суу агуу. **şofbenden gaz sızıyor** суу ысыткыч газ чыгарып ийип жатат. **2.** тароо, жайылуу (*кабар, каңшаар*). **3.** кирип/өтүп алуу (*мис. душмандын ичине*). **halkın arasına sızmış teröristler** элдин арасына кирип алган террористтер. **4.** качып жоголуу, шек билгизбей чыгып кетүү. **5.** (*мастыктан, чарчагандан*) уктап кетүү.

si *муз.* си (*үнү/нотасы*).

sibak, -kı өткөн, мурунку.

sibernetik, -ği кибернетика.

Sibirya Сибирь.

sicil,-cli 1. расмий документтер катталган реестр. **2.** (*кызматкерлердин*) иш абалдары тууралуу өздүк досьёсу, анкета. **3.** аттестация, мүнөздөмө. **~i bozuk** мүнөздөмөсү начар. **~ vermek** мүнөздөмө берүү (*кызматын жогорулатуу боюнча*).

sicilli 1. *ук.* реестрде катталган, иши каралып жаткан. **2.** *өтм.* мурун кылмыш кылган.

Sicilya Сицилия.

Sicilyalı сицилиялык.

sicim кендир жип. **~ gibi** мөлтүлдөп аккан (*көз жаш, тер*), көнөктөп куйган (*жамгыр*).

siderit, -ti *мин.* сидерит, көк ташы, сидероз.

sidik,-ği сийдик. **~ borusu** *анат.* сийдик түтүгү. **~ torbası/kabuğu** *анат.* табарсык. **~ yarışı** болбогон нерселер үчүн атаандаштык кылуу. **~ yolu** сийдик жолу. **~ zoru** *мед.*

даарат ушатууда кыйналма, дизурия.
sidikli 1. сийип алган. **2.** сийдигин кармай албаган.
sif *дең. , соода* сиф (*товардын наркына баасы, камсыздандыруусу, сатыш шарты да кирген соода түрү*).
sifilis *мед.* сифилис.
sifon 1. сифон. **2.** (*туалетте*) суу агызма механизми. **3.** суу түтүгү (*жолдун алдына төшөлгөн*). **~u çekmek** туалеттин суусун агызуу.
siftah 1. сооданын башталышы, биринчи сатылган товар. **benim ~ım uğurludur** менин колум жеңил. **2.** *ооз.* алгачкы/биринчи жолу. **~ etmek 1)** эртең менен сооданы башташ. **2)** (*бир нерсенин*) ошол жылы биринчи жолу даамын татыш.
siftahlamak сооданы башташ.
sigara 1. сигара, тамеки. **~ içmek** тамеки тартуу. **2.** чылым. **~yı bırakmak** чылымды таштоо. **~ böreği** сигара сыяктуу ичине фарш оролуп жасалган оромо. **~ kağıdı** папирос кагазы. **~ kâğıdı gibi** өтө ичке. **~ tablası** күл түшүргүч.
sigaralık, -ğı 1. портсигар. **2.** мүштөк.
sigorta 1. камсыздандырма (*өмүрдү, саламаттыкты*). **2.** *элек.* сактагыч. **~sı atmak 1)** *элек.* сактагыч өчүрүп салуу. **2)** *арго* жаны кашаюу, жини келүү. **~ bedeli** камсыздандырма суммасы. **~ etmek** камсыздандыруу. **~ olmak** камсыздандырылуу. **~ primi** камсыздандырма сыйлыгы. **~ şirketi** камсыздандырма фирмасы.
sigortacı камсыздандырма агенти.
sigortalamak 1. камсыздандыруу. **2.** камсыз/бейгам болуу, гарантияга алуу (*бирөөнү/бир нерсени*).
sigortalı 1. камсыздандырылган киши. **2.** бейгам, коопсуз, гарантия алдында.
siğil сөөл.
siğilce безетки.
sihir,-hri 1. сыйкыр, апсун. **2.** сыйкырдуу күч/таасир. **~ yapmak 1)**сыйкырлап алуу, башын айлантуу. **2)** сыйкырлап коюу, гипноздоо, апсундоо.
sihirbaz сыйкырчы.
sihirbazlık, -ğı сыйкырчылык.
sihirlemek 1. сыйкырлоо, апсундооо. **2.** *өтм.* сыйкырлап алуу.
sihirli 1. сыйкырлуу, укмуштуу. **2.** сыйкырланган, апсундалган.
sik, -ki *орой* эркектик органы.
sikişmek жыныстык катнашта болуу (*өз ара*).
sikke I 1. тыйын (*металлдан*). **2.** тыйынга басылган тамга.
sikke II *тар. мевлеви дервиштеринин конус шекилиндеги кийиз калпагы.*
siklâmen 1. *бот.* коён кулак, цикломен (*Cyclamen coum*). **2.** кызгылтым сыя түс.
siklon циклон.
siklotron *физ.* циклотрон.
sikmek *орой* жыныстык катнаш жасоо.
siktiretmek (*бирөөнү)* сөгүп кубалоо.
silâh 1. курал, жарак. **2.** *өтм.* курал, жол, амал, айла. **~ altına almak** аскердикке алуу. **~ arkadaşı** аскердик жолдош. **~ atmak** курал менен атуу. **~ başı etmek** жоокерлерди шашылыш буйрук берип кызмат башына тургузуу. **~ bırakmak** курал таштоо. **~ları çatmak** мылтыктарды кайчылаштырып жөлөп коюу. **~ çekmek** курал колдонуу. **~a davranmak** куралын сууруп чыгуу. **~ patlamak 1)** курал жарылуу. **2)** согуш башталуу. **~ taşımak** курал алып жүрүү. **~ yarışı** жарыша куралдануу.
silâhane курал-жарак склады.
silâhlanma куралданма. **~ yarışı** куралданма жарышы.

silâhlanmak куралдануу.
silâhlı куралдуу, куралданган. ~ **kuvvetler** куралдуу күчтөр.
silâhlık, -ğı 1. курал-жарак кемери. **2.** казарманын курал сакталган жери. **3.** курал жасалган жер.
silâhsız куралсыз.
silâhsızlandırılmak куралсыздандыруу.
silâhsızlanma куралсызданма.
silâhsızlanmak куралсыздануу.
silâhşor 1. аткыч жоокер. **2.** *тар.* мушкетёр.
silâhtar курал ташыгыч.
silecek 1. мончо сүлгүсү. **2.** айнек сүргүч (*автомобилде*). **3.** талпак, бут сүргүч.
silgi 1. сүргүч (*тактаны өчүрүү үчүн*). **2.** өчүргүч, резинка. **2.** айнек сүргүч (*автомобилде*).
sili таза, аруу, абийирдүү.
silik 1. эскирген, жазуусу өчкөн, оңгон, ыпыраган. ~ **para** эскирген/жыртылган акча. **2.** *өтм.* байкалбаган, карапайым, жүүнү бош (*киши*).
silikat, -tı *хим.* силикат.
silikleşmek өчүү, оңуу, эскирүү.
silikon силикон.
silindir 1. цилиндр. **2.** *тех.* цилиндр (*мотордо*). **3.** жол таптагыч. **4.** цилиндр (*баш кийим*).
silinme сүрүлмө, тазаланма.
silinmek 1. тазалануу. **2.** сүрүлүү, кургатылуу. **3.** өчүрүлүү. **4.** *өтм.* жок болуу, унутулуу.
silinti өчүрүлгөн из/так.
silis *мин.* кремний диоксид.
silisyum *хим.* силиций.
silkelemek 1. силкилдетүү, кагуу, күбүү. **2.** жулкулдатуу. **yakasından tutup** ~ жакасынан кармап жулкулдатуу. **3.** таасир берүү. **4.** *өтм.* ыргытып жиберүү, кубалап ийүү.
silki чочуп силкинүү (*түшүндө*).
silkinmek 1. силкинүү, күбүнүү, кагынуу. **2.** чочуп кетүү. **3.** *өтм.* үстүнөн алып таштоо, кутулуу. **4.***өтм.* ойгонуу, жандануу, кыймылдоо.
silkinti 1. чочуп секирип кетүү. **2.**өсүмдүктөрдүн гүлү күбүлгөн мезгил.
silkme 1. силкме. **2.** *спорт* силкме (*штанга көтөрүү ыкмасы*). **3.** силкме (*кабак, баклажан, эттен жасалган түрк тамагы*).
silkmek 1. силкүү, кагуу, күбүү. **2.** силкүү, күйшөө (*ийинин, колун*).
sille токмок, жаакка чабыш. ~ **tokat** уруп-согуп. **adamı ~ tokat götürdüler** кишини уруп-согуп алып кетишти. ~ **vurmak** жаактан ары бир чабыш. ~ **yemek** жаактан ары жеп алыш.
silme 1. сүрмө, тазалама. **2.** *архит.* шыпка/дубалга жасалган кабартма. **3.** толтура, мелт-калт. **4.** бүтүндөй, толугу менен.
silmek 1. сүрүү, сүртүү, аарчуу. **2.** тазалоо, кургатуу. **3.** өчүрүү (*жазууну*). **4.** чийип салуу. **5.** унуткаруу. **sahneden** ~ сахнадан алып таштоо. **6.** жок кылуу. **hafızasından** ~ эстен чыгаруу. **tesirini** ~ таасирин жок кылуу. **sil baştan** башынан, нөлдөн. **silip süpürmek 1)** жууп-тазалоо, кырып-жышуу (*бир жерди*). **2)** жалап-жуктоо, эч нерсе калтырбай жеп салуу. **3)** жок кылуу, кырып салуу.
silo амбар, кую (*дан сакталган*).
silsile 1. катар, чынжыр. **2.** кырка. **dağ ~leri** тоо кыркалары. **3.** укумтукум, санжыра. **~sine okumak** атабабасынан бери ашатып сөгүш.
siluet, -ti силуэт.
siluryen *геол.* силур катмары.
sim I 1. күмүш. **2.** күмүш жип. **3.** күмүштөн жасалган, күмүш жип бастырылган.
sim II символ, белги.
sima 1. жүз, бет, кебете. **2.** таанымал/көрүнүктүү киши. **şehrin önde gelen ~ları** шаардын атактуу кишилери.

simetri симметрия.
simetrik, simetrili симметриялуу.
simetrisiz асимметриялуу.
simge символ, шарттуу белги, жышаан.
simgeci символист.
simgecilik, -ği символизм.
simgelemek символдоштуруу, белгилөө.
simgesel символдук.
simit,-di 1. шакек токоч (*күнжүт себилип жасалган*). **2.** *дең.* жан куткарма алкак. **3.** руль. **4.** *арго* нөл (*баа*).
simitçi симит (*к.*) жасаган/саткан киши. ~ **fırını** симит жасалган меш.
simsar арачы, далдалчы.
simsarcılık,-ğı арачылык, далдалчылык.
simsariye комиссион, арачылык акысы.
simsiyah капкара.
simya алхимия.
simyacı, simyager алхимик.
sin *эск.* мүрзө.
sinagog, -gu синагога (*еврейлердин сыйынуу жери*).
sinameki 1. *бот.* кассия (*Cassia*). **2.** бул өсүмдүктөн алынган ич өткөрүүчү зат. **3.** *өтм.* эч ким менен иши жок, сүйкүмсүз киши.
sinan найзанын учу.
sincabî бозгулт-күрөң (*түс*).
sincap, -bı *зоол.* тыйын чычкан (*Sciurus vulgaris*).
sindirim тамак сиңдирим, аш кылуу. ~ **sistemi** *анат.* тамак сиңдирим системасы.
sindirmek 1. жашыруу, ичинде сактоо. **2.** аш кылуу, сиңдирүү (*тамакты*). **3.** *өтм.* тынчытуу, басуу, жоошутуу.
sine 1. көкүрөк. **2.** *өтм.* көңүл, жүрөк. **~ye çekmek** айласыз чыдоо.
sinek, -ği 1. чымын (*жалпы ат*). **at ~i** көгөөн (*Tabanus*). **2.** (*картада*) чырым. ~ **siklet** (*бокста*) жеңил салмак (*48 кг'дан 51 кг'га чейинки*). ~ **avlamak** бош отуруу, убакыт өткөрүү. ~ **kâğıdı** чымын өлтүргүч кагаз. ~ **kuşu** *зоол.* таранчы түрүнөн бир куш (*Trochilus*). ~ **küçüktür ama mide bulandırır** *мак.* шайтандын чоңунан кичинеси кыйын. **~ten yağ çıkarmak** *мак.* жумурткадан кыр чыгаруу.
sinekkaydı чымын тайгалангандай (*жалтырак, таза*). ~ **traş** чымын тайгалангандай кырынып алуу (*сакал-мурутту)*.
sinekli чымын-чиркейлүү (*жер*).
sineklik, -ği чымын чапкыч.
sinema 1. кинотеатр. **2.** кинематография.
sinemacı 1. киноматографист, кино ишмери. **2.** кинорежиссёр. **3.** кинотеатр иштеткен киши.
sinemacılık, -ğı 1. киноматография. **2.** кино өнөр жайы.
sinemasever кино сүйүүчү/жандуу.
sinemaskop, -pu синемаскоп.
sinematek, -ği кинематика.
sinematograf кинематограф.
Singapur Сингапур.
Singapurlu сингапурлук.
singin 1. уялчаак, тартынчаак. **2.** жакшы сиңген, сиңимдүү (*тамак*).
sini чоң металл поднос (*аягына жөлөк коюлуп, үстүнө үстөл катары тамак желет*).
sinik I, -ği майтарылган, мокогон, кайратынан тайган.
sinik II, -ği *филос.* киник.
sinir 1. *анат.* нерв. ~ **boğumları** нерв түйүндөрү. ~ **doktoru** невропатолог. **2.** тарамыш. **etin ~lerini ayıklamak** эттин тарамыштарын алып салуу. **3.** жин, ачуу. ~ **nöbeti** жини кармап калуу. **4.** *ооз.* адамдын жинин келтирген, көңүлүн оорутканы нерсе. **ne ~ şey bu!** бу кандай кудай урган неме эле! ~ **ağrısı** *мед.* невралгия. ~ **argınlığı** *мед.* неврастения. **~leri alt üst olmak** ачуудан өзүн билбей калуу. **~leri**

ayakta olmak жинденүү, жаалдануу. ~ **bilimi** *мед.* неврология. **~leri boşanmak** ачууга алдыруу/жеңдирүү. **~leri bozmak/~ine dokunmak** ачууга тийүү, жин келтирүү. ~ **doku** *анат.* нерв ткары. **~leri gergin olmak** кыртыштоо, эч нерсени сүйбөө. **~leri gevşemek/yatışmak** ачуусу/жини тароо, жоошуу. **~lerine hakim olmak** ачуусун кармай билүү. ~ **harbi** (*бири-бирин*) нервине тийүү. ~ **hastalığı** *мед. к.* ~ **ağrısı.** ~ **kesilmek** каардануу, жини башына чыгуу. **~leri kuvvetli** эркі/нерви күчтүү. **~i oynamak/~ olmak** ачуусу/жини келүү. **~i tutmak** ачуусу/жини кармап калуу. **~leri zayıf** эркі бош, нерви начар.

sinirce *мед.* невроз.

sinirlendirmek ачууландыруу, жинденүү.

sinirlenme ачууланма, жинденме.

sinirlenmek ачууланууу, ачуусу келүү, жинденүү, жини келүү.

sinirli 1. ачуусу чукул, жини жаман. **2.** тарамыштуу. ~ **et** тарамыштуу эт. **3.** ачуулуу, кыжырданган, жинденген. ~ **durumlarında sağı solu belli olmaz** жинденгенде ар кандай ишти жасашы мүмкүн. ~ ~ ачууланып, жинденип, ачуусу/жини менен.

sinirsel нервге байланыштуу.

sinirsiz 1. тарамышсыз (*эт*). **2.** ачуусу/жини жок (*киши*).

sinizm *филос.* кинизм, киниктер окуусу.

sinme сиңме.

sinmek, -er 1. сиңип калуу/кетүү (*суюктук, жыт*). **bu leke kilime sinmiş** бул так шалчага сиңип калыптыр. **odaya balık kokusu sinmiş** балыктын жыты бөлмөгө сиңип калыптыр. **2.** *өтм.* сөөгүнө сиңүү, адатка/көнүмүшкө айлануу. **kötülük damarına sinmiş** арамзаалык сөөгүнө сиңип калыптыр. **3.** корголоо, жашынуу, бөгүп/бүгүп жатуу (*мис. айбандар*). **tavşan kayanın dibine sinmişti** коён асканын түбүндө бөгүп жаткан. **4.** *өтм.* оозунан сөзү түшүү, айласы кетүү, абдыроо (*уяты/кылмышы ашкереленгенде, коркондо*).

sinmez жакшы сиңбеген (*тамак*).

Sinolog синолог.

Sinoloji синология.

sinonim *линг.* синоним.

sinsî 1. арамзаа, куйту, митайым (*киши*). ~ **bir adam** митайым киши. **2.** жашыруун, арамзаа, куйту, тымызын (*иш, план*). ~ **düşüncülerine kurban gitmek** арам ойлорунун курманы болуу. ~ ~ арамзааланып, куйтуланып, тымызын. ~ ~ **yaklaştı** тымызын жакындады.

sinsice 1. тымызын, жашыруун, жең ичинен. **2.** арамзаалык/кекселик/куйтулук менен. ~ **işler çevirmek** тымызын иштер жасоо.

sinsilik, -ği 1. тымызындык, жашыруундук. **2.** арамзаалык, куйтулук, кекселик, митайымдык.

sinsin элдик бий түрү.

sintine *дең.* кеменин эң төмөнкү бөлүмү.

sinüs 1. *анат.* (*органдар арасындагы*) боштук, көңдөй. **2.** *мат.* синус.

sinüzit, -ti *мед.* синузит.

sinüzoit, -di *мат.* синусоида.

sinyal, -li 1. сигнал, белги, жышаан. **2.** сигнал, добуш (*телефондо*). ~ **göndermek/vermek** сигнал берүү. ~ **lâmbası** сигнал лампасы (*автомашинада*).

sipahi 1. *тар.* сипахи (*Османлы Империторлугунда феодалдык ээлиги болгон атчан аскер*). **2.** сипай (*Индияда*).

sipariş 1. заказ, талап. ~ **etmek/vermek** заказ/талап кылуу. **2.** *эск.* (= ~

maaşı) айлык камсыздандырма. **bu kadının oğlundan yüz lira ~i var** бул аял уулунан жүз лира камсыздандырма алат.

siper 1. далдоо, жашыруун жер (*корголош/баш калкалаш үчүн*). **2.** *аск.* аңгек, окоп. **3.** бастырма, айбанча, саябан (*күндөн/жамгырдан сактаныш үчүн*). **4.** баш кийимдердин кырбуусу. **~ almak 1)** коргонуу, баш калкалоо, далдалануу. **2)** калкан кылуу. (**bir şeyi veya kendini**) **~ etmek** (*бирөөгө*) калкан болуу.

siperlenmek 1. (*бир нерсенин артына*) корголоо, жашынуу, далдалануу. **2.** (*бир нерсени*) бетине кармоо.

siperlik,-ği 1. бастырма, айбанча, тосмо (*күндөн, жамгырдан*). **2.** (*баш кийимде*) кырбуу. **3.** буйтка, далдоо жер.

sipsi 1. камыш ышкырык. **2.** сурнайдын оозго келген бөлүгү.

sipsivri 1. сүпсүйрүү, упучтуу. **2.** *өтм.* апачык, түз, кескин. **~ kalmak** сокоюп жалгыз калыш.

sirayet, -ti 1. (*оору*) жугуу, жайылуу. **2.** жайылуу, тароо. **~ etmek 1)** жайылуу, тароо, өтүү. **yangın başka evlere de ~ etti** өрт башка үйлөргө да жайылды. **2)** жугуу, жайылуу (*оору*).

siren сирена.

sirk, -ki цирк.

sirke I 1. сирке. **2.** мите курттардын жумурткасы. **~ sineği** *зоол.* дрозофила (*Drocophila*).

sirke II сирке (серке), уксус.

sirkeci уксус жасаган/саткан киши.

sirkeleşmek кычкылдануу, кычып кетүү.

sirkeli 1. сиркелеп (**I**) кеткен. **2.** сиркелүү (**II**), уксустуу.

sirkelik, -ği сирке/уксус жасоого ылайык.

sirkencebin, sirkengebin сиркелүү-балдуу шербет.

sirkülasyon айланыш, циркуляция. **su ~u** суунун айланышы.

sirküler циркуляр, жазылуу жарыя.

siroz *мед.* цирроз.

sirtaki сиртаки (*бий түрү*).

sirto 1. сирто (*бий*). **2.** сирто (*бул бийдин музыкасы*).

sis туман, түтүн. **~ basmak** туман басыш. **~ bombası** түтүн бомбасы. **~ düdüğü** *дең.* туман сиренасы. **~ perdesi 1)** тумандан көшөгө. **2)** *өтм.* жашыруун/көмүскө/тымызын жасалган иш.

Sisam Самос (*арал*).

sislenmek туман басыш.

sisli 1. тумандуу. **2.** *өтм.* тумандуу, ачык эмес.

sismik сейсмологиялык. **~ araştırmalar** сейсмологиялык изилдөөлөр.

sismograf сейсмограф.

sismolog сейсмолог.

sismoloji сейсмология.

sistem 1. система, түзүлүш. **2.** ыкма, модел, метод.

sistematik систематикалык, методдук. **~ olarak/şekilde** систематикалык түрдө.

sistemleşmek системалашуу, системага айлануу.

sistemli системалуу, көнүмүш, белгилүү жолдор/ыкмалар менен иштеген.

sistemsiz системасыз, ыраатсыз, баш-аламан.

sistemsizlik системасыздык, ыраатсыздык, баш-аламандык.

sistire 1. кыргыч, жонгуч, түзөлткүч, жылмалагыч (*тактайдын одур-бодур жерлерин*). **2.** наабайлардын жалпак жыгач калакчасы. **~ makinesi** пол кырган (*электр*) аппарат.

sistirelemek 1. жылмалоо, кырып-сүрүү (*мис. полду*). **2.** тегиздөө, түзөлтүү (*бир нерсенин бетин*).

sistit, -ti *мед.* цистит, табарсык сезге-

нүүсү.
sistol, -lü *физиол.* систола.
sitayiş мактоо, мактанч. **~te bulunmak/etmek** мактоо.
sitayişkâr макталган, көкөлөтүлгөн.
site 1. шаарча, микрорайон, борбор. **basın ~si** пресс-борбор. **öğrenci ~si** студенттер шаарчасы. **2.** шаар. **3.** *тар.* шаар-мамлекет.
sitem жеме, кейинме, сүйлөнмө, наалыма. **~ etmek** жемелөө, кейинүү, сүйлөнүү, наалуу.
sitemkâr көр жеме, кейинчээк, наалыма.
sitemli жемелеген, кейиштүү, нааразы (*сөз/көз караш*). ~ ~ жемелөө менен, кейинип-кепчинип, наалып. **~ ~ bakmak** жаман көзү менен кароо.
sitoloji *биол.* цитология.
sitoplâzma *биол.* цитоплазма.
sitteisevir апрель бороону (*5-6 күнгө созулат*).
sittinsene жүз (*сөзм. с.* алтымыш*)* жыл бою, өмүр бою, узун убакыт.
sivil 1. жарандык, аскердик эмес. **~ kuruluşlar** жарандык мекемелер. **2.** аскер эмес, жөнөкөй (*киши*). **3.** униформа кийбеген. **~ polis** униформасыз полиция. **4.** *арго* жылаңач.
sivilce ысык, безетки. **~ çıkmak** (*бетке*) ысык/безетки чыгуу.
sivilceli ысыктуу, безеткилүү (*бет*).
sivillik, -ği жарандык.
sivri 1. учтуу. **~ bıçak** учтуу бычак. **~ kalpak** учу учтуу, шоңшогой калпак. **2.** сүйрү. **3.** *өтм.* ашкере, кескин, курч. **~ akıllı** ойку-кайкы пикирлүү, кесирлүү. **~ başlı 1)** учу учтуу. **2)** кыялы чатак, кесир, кежир (*киши*). **~ biber** ичке жашыл калемпир.
sivrikyuruk,-ğu *зоол.* балдардын ичегисинде жашаган мите курт.
sivrilik учтуулук, сүйрүлүк.
sivrilmek 1. учтуу/тик тартуу, учтануу, жалама болуп кетүү. **2.** сүйрөлүү. **3.** *өтм.* атак-даңкка ээ болуу, башкалардан айырмалануу.
sivrisinek, -ği *зоол.* чиркей (*Culexpipiens*).
siya: ~ etmek *дең.* артка айдоо, кетенчиктөө (*кайыкта*). **~ ~ gitmek** артка кетүү.
siyah 1. кара. **~ gözler** кара көздөр. **2.** коюу түстөгү. **~ ekmek** кара нан. **~ harfler** коюу тамгалар. **3.** кара түстүү раса. **~ altın** *өтм.* кара алтын (*көмүр*). **~ beyaz** ак-кара (*фильм, фотография*).
siyahımsı каралжын.
siyahımtırak *к.* **siyahımsı.**
siyahî кара түстүү киши, негр.
siyahlaşmak каралжын тартуу, карарып кетүү.
siyahlık, -ğı 1. каралык. **2.** караңгылык, күңүрттүк.
Siyam Сиам (Тайланд). **~ kedisi** сиам мышыгы.
Siyamlı сиамдык, таиланддык.
siyanür *хим.* циан кошулмасы, цианит. **~ gazı** цианит газы.
siyasa *к.* **siyaset.**
siyasal саясий. **~ bilgiler** саясий билимдер.
siyaset, -ti 1. саясат. **dış ~** тышкы саясат. **iç ~** ички саясат. **2.** стратегия, тымызын пикир. **~ meydanı** *эск.* өлүм жазасы ишке ашырылган жер. **3.** дипломатия.
siyasetçi 1. саясатчы, саясий ишмер. **2.** *өтм.* өз кызыкчылыгы үчүн түркүн жоруктарды жасаган киши.
siyasî 1. саясий, саясатка байланыштуу. **2.** саясатчы.
siyatik,-ği 1. *анат.* көчүк нерви. **2.** *мед.* көчүк нервинин сезгениши.
siyek, -ği *анат.* сийдик каналы, уретра.
siymek сийүү, даарат ушатуу (*иттер/мышыктар үчүн айтылат*).
Siyonist, -ti сионист.

Siyonizm сионизм.
siz сиз, силер, сиздер. ~ **bilirsizniz** өзүңүз билиңиз. **~li bizli konuşmak** сиз-биз деп сүйлөшүү. **~den iyi olmasın** сиздей кайдан болсун, бирок ... (*бирөөнү макташтан мурун, каршысындагынын да көңүлүн көтөрүү үчүн айтылат*). **~lere ömür!** өмүрүн силерге берсин! (*бирөөнүн өлгөнүн билдирүү үчүн колдонулат*). ~ **sağ olun!** аман болсоңор болду (*башкасы маанилүү эмес*).
sizce сиздин оюңузча/оюңуз боюнча.
sizin сиздин, силердин, сиздердин. ~ **için** сиз/силер/сиздер үчүн.
sizinki сиздики, силердики, сиздердики. **~ler** силердин/сиздердин (*ата-энеңер*).
skandal, -li скандал, чатак.
Skandinav *к.* **Iskandinav.**
skandiyum *хим.* скандий.
skeç, -ci скетч.
ski лыжа. ~ **yapmak** лыжа тебүү.
skleroz *мед.* склероз.
Skoç *к.* **İskoç.**
skolastik, -ği **1.** *филос.* схоластика. **2.**схоластикалык. **3.** схоласт, схоластик.
skor эсеп (*спорт оюндарында*).
Slav **1.** славян. **2.** славяндарга мүнөздүү/тиешелүү. ~ **dansları** славян бийлери. ~ **dilleri** славян тилдери.
Slavca славянча, славян тилдери.
Slavist, -ti славист.
slayt, -tı слайд.
slogan ураан, слоган.
Slovak, -kı словак.
Slovakça словакча, словак тили.
Slovakya Словакия.
Slovakyalı словакиялык.
Sloven словен.
Slovence словенче, словен тили.
Slovenya Словения.
Slovenyalı словениялык.
slow жай. ~ **fakstrot** жай бийленген факстрот. ~ **şarkı** жай ырдалган ыр.
smokin смокинг.
snop, -bu сноб, көйрөң.
soba меш.
sobacı меш жасаган/оңдогон/саткан киши.
sobalı мештүү, меш менен жылыган. ~ **ev** меш менен жылыган үй.
sobe собе! (*оюндарда марага биринчи барган киши айткан сөз*).
sobelemek марага биринчи жетүү.
soda **1.** сода. **2.** газдалган суу.
sodalı содалуу.
sodyum *хим.* натрий. ~ **klorür** хлордуу натрий, туз. ~ **sülfat** натрий сульфаты.
sof **1.** жүн. **2.** жүндөн токулган. **2.** ангор тыбыты.
sofa **1.** киреберіш, вестибюль, холл. **2.** софа, диван. **3.** таш отургуч.
sofi *дин* сопу.
sofizm *филос.* софизм.
sofra **1.** дасторкон. **2.** *өтм.* дасторкон, үстөл. **onun ~sı bereketli** анын дасторкону берекелүү. **3.** супура (*камыр жайган такта*). **4.** *анат.* көтөнчучук, анус. **5.** (*килемде*) киндик оюусу. **~sı açık** дасторкону кенен, меймандос. ~ **başında** дасторкондун тегерегинде. **~nıza bereket!** дасторконуңузга береке берсин! ~ **donatmak** дасторкон даярдоо. **~yı kaldırmak** дасторконду жыйноо. **~yı kurmak** дасторкон жаюу. ~ **örtüsü** дасторкон. ~ **takımı** тамакка керектүү идиш-аяк.
sofracı *тар.* (*сарайларда*) тамак ишин тейлеген жооптуу.
softa **1.** медресе окуучусу. **2.** диний кызматкерге келекелеп коюлган ат. **3.** *өтм.* бир нерсеге сокур ишеничте болгон киши. **4.** *өтм.* артта калган, караңгы.
sofu *дин* сопу, динди такыба кармаган.
sofuluk,-ğu сопулук, такыбалык.

soğan 1. *бот.* пияз (*Allium cepa*). **2.** пияз түп (*айрым өсүмдүктөрдүн*). (**soyup**) **~a çevirmek** тоноп кетүү.
soğancı пияз сатар.
soğancık,-ğı 1. *бот.* согон. **2.** *анат.* мээнин жүлүнгө чейинки бөлүмү.
Soğdca *тар.* согду тили.
soğuk, -ğu 1. суук, муздак. ~ **hava** суук аба/күн. ~ **su** муздак суу. **2.** суук. **~lar başladı** суук башталды. **3.** *өтм.* суук, кайдигер, көңүлсүз. ~ **karşılamak** суук тосуп алуу. ~ **muamele** суук мамиле. **4.** *өтм.* (*аял үчүн*) суук, жыныстык ышкысы жок. ~ **algınlığı** *мед.* суук тийме. **~lar bastırmak** суук күчүнө кирүү. ~ **çalmak** үшүк алып кетүү. ~ **damga** сыясыз мөөр. ~ **davranmak** суук мамиле кылуу. ~ **durmak** кайдигер болуу. ~ **duş etkisi yapmak** үстүнөн муздак суу куюп жибергендей болуу. ~ **düşmek/kaçmak** (*бир сөз/мамиле*) орунсуз/ыңгайсыз болуу. ~ **hava deposu** муздак депо. ~ **neva/nevale** кырс/ кара мүртөз киши. ~ **renkler** көк, сыя көк, кара көк түстөр. ~ **savaş** суук согуш. ~ **ter dökmek/basmak** муздак тер басып кетүү. ~ **vurmak/ yakmak** суук уруу (*өсүмдүктөрдү*).
soğukkanlı 1. токтоо, олуттуу, оор басырыктуу, салмактуу (*киши*). **2.** *зоол.* суук кандуу (*жаныбарлар*).
soğukkanlılık,-ğı 1. токтоолук, олуттуулук, оор басырыктуулук, салмактуулук. **2.** *зоол.* суук кандуулук.
soğuklaşma 1. суукташ, суук тартыш (*аба*). **2.** *өтм.* сууш, мамилелер бузулуш.
soğukluk, -ğu 1. сууктук, муздактык. **2.** *өтм.* сууктук, мерестик, кайдигерлик. **3.** тамактан кийин желген/ичилген нерселер (*мис. жер жемиш, компот ж. б.*). **4.**(*мончодо*) жуунган жер менен кийинген жердин ортосу. **5.**жыныстык муздактык.
soğulmak 1. солуп калуу (*өсүмдүк; суу жетишсиздигинен*). **2.** соолуп/ кургап калуу (*өзөн, суу ж. б.*).
soğumak 1. сууш, муздаш. **çorba soğudu** сорпо сууду. **2.** *өтм.* сууш, көңүлү калыш. **araları soğdu** аралары сууду. **okuldan iyice soğdular** окуудан аябай көңүлдөрү калды.
soğurmak соруп алуу, тартып кетүү.
soğutkan 1. сууткан, муздаткан. **2.** сууткуч, муздаткыч.
soğutma суутма, муздатма. ~ **cihazı** конденсатор. ~ **pervanesi** вентилятор.
soğutmak 1. суутуу, муздатуу. **2.** *өтм.* (*бирөөнүн*) көңүлүн суутуп/калтырып коюу.
soğutucu 1. муздаткыч. **2.** радиатор. **3.** суутуучу, муздатуучу.
sohbet, -ti 1. сүйлөшүү, аңгемелешүү, маек. **2.** *ад.* сүйлөшүү, аңгеме-дүкөн. ~ **etmek** маектешүү.
sokak, -ğı көчө, чолок көчө. ~ **arası** чолок көчө. **~a atmak 1)** (*бирөөнү*) көчөгө кубалап ийүү. **2)** (*акчаны*) бекерге чачуу. **~a atsan** эң арзан сатсаң ... ~ **başı** көчөнүн башы. **~a çıkmak** көчөгө чыгуу. ~ **çocuğu** селсаяк/багар-көрөрү жок бала. **~a dökmek 1)** акча чачуу. **2)** жапырт көчөгө чыгаруу. **~a dökülmek** жапырт эшикке чыгуу. **~a düşmek 1)** жаман жолго түшүп кетүү (*аял*). **2)** баасы/баркы түшүү (*бир нерсенин*). ~ **işleri** тыштагы иштер. ~ **kadını/kızı** көчө катыны, сойку. **~ta kalmak** көчөдө калуу. ~ **kapısı** дарбаза. ~ **süpürgesi** айылчы аял.
soket, -ti кыска байпак.
sokmak, -ar 1. салуу, кийирүү, коюу. **elini cebine** ~ колун чөнтөгүнө салуу. **içeriye** ~ ичкери алуу. **topu kaleye** ~ топту дарбазага кийирүү. **2.** кийгизүү. **kızları çarşaf içine** ~

кыздарга чаршаф кийгизүү. **3.** сайып жиберүү. **4.** чагып алуу. **yılan sokmuş** жылан чагып алыптыр. **5.** жашыруун алып келүү. **ülkeye uyuşturucu ~** өлкөгө банги зат алып келүү. **6.** көз жаздыруу, сала коюу. **7.** кыпчый/кыстара коюу. **kışkırtıcı sorular ~** көкүткөн суроолорду кыстара коюу (*сөзгө*).

sokulgan 1) ачык-айрым, бат аралашып кеткен, шайыр. **2)** арага кирген, кыпчылган.

sokulmak 1. салынуу, коюлуу. **2.** киргизилүү, баштатылуу. **3.** жакындоо, жанашуу, ыктоо. **4.** арага кирүү, кийлигишүү.

sokum *диал.* сугум, кесим (*тамак*).

sokur 1. сокур (*бир көзү*). **2.** чалыр. **3.** сокур чычкан.

sokurluk, -ğu сокурлук (*бир көзүнөн*).

sokuşmak кыпчылып/кысылып кирүү.

sokuşturmak 1. тыгуу, тыгып киргизүү. **2.** көз жаздырып бере салуу/кармата коюу. **çürük elmaları sokuşturdu** чирик алмаларды бере салды. **3.** кыпчып/кыстара кетүү (*сөзгө/ кепке*).

sol I 1. сол. **~a bak!** солго кара! **sağı ~u belli olmaz** оңу-солу билинбейт (*ишенүүгө болбойт*). **2.** *өтм., саяс.* сол, солчул (*көз караш*). **~ partiler** солчул партиялар. **3.** сол тарап/жак. **~ açık** *футб.* сол четтеги чабуулчу. **~ bek** *футб.* солдогу коргоочу. **~ böbrek** сол бөйрөк. **~ göz** сол көз. **~ eli beklemek** тамакка киришүү убактысы келүү. **~ haf** *футб.* солдогу жарым коргоочу. **~ iç** *футб.* солдон экинчи чабуулчу. **~a kaymak** *саяс.* солго өтүп кетүү. **~da sıfır** маанисиз, баасыз. **~ şerit** сол тилке (*жолдо*). **~ tarafından kalkmak** сол капталынан/жамба-шынан туруш. **~ yapmak** солго бурулуу.

sol II, -lü *муз.* соль (*нота*). **~ anahtarı** соль ачкычы.

solak, -ğı 1. сологой. **2.** *тар.* падышаны күзөткөн аскер бирдиги.

solaklık, -ğı сологойлук.

solaryum солариум.

solcu 1. *саяс.* солчул. **aşırı ~** ашкере солчул. **~ kanat** *саяс.* солчул канат. **2.** солчул көз караштагы киши.

solculuk, -ğu *саяс.* солчулук.

soldurmak 1. солутуу, солдуруу (*өсүмдүктөрдү*). **2.** оңдуруу (*мис. кездемени*). **3.** *өтм.* кубартуу, бозортуу, томсортуу (*кишини*). **Allah güler yüzünü soldurmasın!** *тилек* Аллаа күлгөн жүзүңдү томсортпосун!

solfej *муз.* сольфеджио.

solgun солгун, солуган, кубарган.

solgunlaşma солгундашма.

solgunlaşmak солгундашуу, солгун тартуу.

solgunluk, -ğu солгундук, жансыздык.

soliç, -ci *футб* сол жарым коргоочу.

solidarizm *социол.* тилектештик, солидаризм.

solipsizm *филос.* солипсизм.

solist, -ti солист.

sollamak 1. солдон басып өтүү (*айдоочу*). **2.** сол тилке менен жүрүү. **3.** *өтм.* ашып/озуп кетүү.

sollu: sağlı ~ оңдон-солдон, ар тараптан.

solmak, -ar 1. солуу, өңү өчүү. **2.** *өтм.* эскирүү, ыпырануу.

solmaz солбос, өңү өчпөс.

solo *муз.* соло. **~ yapmak** жалгыз ырдоо/чалуу.

solucan 1. *зоол.* сөөлжан. **2.** мите, аскарида. **~ düşürücü** мите (курт) түшүрүүчү. **~ gibi** илмейген, арык.

soluğan 1. оор дем алган, күшүлдөгөн, бышылдаган (*айбан*). **2.** *дең.* термелген, шарпылдаган. **3.** *арго* бачабоз (*бала*).

soluk I, -ğu дем. **bir ~ta** бир дем менен, бир заматта. **~ aldırmamak** дем/эс

алдырбоо. ~ **almak 1)** дем алмак. **2)** эс алмак. **~u** (**bir yerde**) **almak** бир жерге жетип баруу. **öğleden sonra ~u Dil Kurumunda aldı** түштөн кийин Тил Курумуна жетип барды. ~ **borusu** *анат.* кекиртек, дем алуу түтүгү. **~u kesilmek/tutulmak 1)** дем алуусу токтоо/кыйындоо. **2)** *өтм.* дайны чыкпай калуу. ~ **kesmek** жанды оозго келтирмек, коркутмак. ~ **~a** энтигүү, демигүү. **dördüncü kata çıktığımızda hepimiz ~ ~a kaldık** төртүнчү кабатка чыкканда баарыбыз демигип калдык. **ses ~ kalmamak** жымжырттык басуу.

soluk II солгун, өңү азган, шапайган, дармансыз.

soluklamak 1. дем алуу. **2.** эс алуу.

solukluk, -ğu солгундук, алсыздык, дармансыздык.

soluksuz дем чыгарбай, демин ичине алып.

solumak 1. дем алуу. **2.** энтигүү, демигүү, күшүлдөө, бышылдоо. **burnundan ~** мурду бышылдоо.

solungaç, -cı *зоол.* бакалоор.

solunum дем алуу. ~ **aygıtı/organı** дем алуу системасы.

solutmak 1. энтиктирүү, демиктирүү. **2.** чарчатуу.

solusyon 1. *хим.* жабыштыргыч. **2.** *өтм.* эптештирүү, жайгаштыруу (*бир проблеманы*).

som I 1. сом. ~ **altın** сом алтын. **2.** нак, таза, бүтүн.

som II (~ **balığı**) *зоол.* сом балыгы (*Salmo salar*).

som III Кыргызстандын акча бирдиги.

soma I сома (*ичинде аниси жок ракы*).

soma II *биол.* сома клеткалары.

somak *к.* **sumak.**

somaki порфир (*мрамор түрү*).

Somali Сомали.

Somalili сомалилик.

somun I тоголок нан.

somun II гайка.

somurdanmak күңкүлдөө, мыңкылдоо.

somurtkan түнөргөн, кабагы бүркөө/ачылбаган.

somurtkanlık,-ğı кабагы ачылбаган/түнөргөн абал.

somurtmak түнөрүү, кабагы ачылбоо/бүркөлүү.

somurtuk, -ğu *к.* **somurtkan.**

somut, -tu конкреттүү, аныk (*абстрактуу каршысы*).

somutlaşmak конкреттешүү, аныкталуу.

somutlaştırmak конкреттештирүү.

somya 1. пружиналуу матрац. **2.** темир тор (*керебеттин*).

son 1. соң, аяк, акыр. **filmin sonu** фильмдин соңу/аягы. **2.** акыркы, аяккы. ~ **günlerde** акыркы күндөрдө. ~ **sınıf** бүтүрүүчү класс. **3.***анат.* тон (*баланын*), чөп (*айбандарда*), плацента. **4.** чет, четки, чек. **~unda** аягында. **eninde ~unda** акыр-аягында. **~undan bir evvelki** акыркыдан мурунку. ~ **bulmak** аяктоо, бүтүү. ~ **defa** акыркы жолу. ~ **derece** аябай, абдан. ~ **deyiş** *ад.* эпилог. **~unu düşünmek** акырын/соңун ойлоо. **~a ermek** аяктоо, бүтүү. **~u gelmek 1)** аяктоо, бүтүп/түгөнүп калуу. **2)** *өтм.* өлүү, жок болуу. **~u gelmez** бүтпөгөн, түгөнбөгөн, учукыйырсыз. **~unu getirmek** аягына чыгарыш, бүтүрүш. ~ **gürlüğü** картайганда келген дөөлөт. ~ **kozunu oynamak** акыркы көзүрүн колдонуш. ~ **nefesini vermek** акыркы демин тартыш. ~ **pişmanlık fayda etmez/vermez** *мак.* өткөнгө өкүнгөндөн пайда жок. ~ **ses** *линг.* акыркы тыбыш. ~ **söz** акыркы сөз, чечүүчү сөз. ~ **tahlilde** акырында. ~ **vermek** бүтүрүү, токтотуу. ~ **vazife/görev** акыркы вазыйпа/милдет (*өлгөн киши үчүн жасалган*).

sonar *дең.* гидролокатор, гидроакустика станциясы.
sonat, -tı *муз.* соната.
sonbahar күз.
sonda 1. *мед.* катетер. **2.** *тех.* бургу. **3.** *мед.* зонд.
sondaj 1. зондаж, тереңдик аныктама. **2.** бургулама. **3.** *өтм.* изилдөө, иликтөө, бышыктоо. ~ **yapmak 1)** бургулоо. **2)** тереңдик өлчөө. **3)** иликтөө, бышыктап тактоо.
sondajcı бургучу.
sondalamak 1. *дең.* зонд менен тереңдик өлчөө. **2.** зонд аркылуу иликтөө/изилдөө. **3.** бургулоо. **4.** *мед.* зонд менен текшерүү (*органдарды*). **5.** катетер коюу.
sone *ад.* сонет.
sonek, -ki *грам.* мүчө.
sonlu 1. аягы/соңу бар. **2.** *мат.* чектүү.
sonra 1. кийин, андан кийин, анан (*мейкиндик/мезгил үчүн*). ~ **yağmur başladı** анан жамгыр баштады. **senden ~ ben de gittim** сенден кийин мен да кеттим. **ormanı geçtikten ~ düzlükler başlar** токойдон өткөндөн кийин түздүктөр башталат. **2.** болбосо, антпесе. **karşı gelme, ~ üzülürsün** каршы чыкпа, болбосо капа болуп каласың. **3.** акыркы, соңу. **bu işin ~sı yok** бул иштин акыры жок. **4.** кийинки, келерки. **bunu ~ya bırakmalı** муну кийинкиге калтыруу керек. **~sı** аягы, уландысы. **~sı var** уландысы бар. **~ya atmak/bırakmak** кийинкиге калтыруу. **~sını düşünmek** аягын ойлоо. **~sı sağlık** ошо, болгону ошол.
sonradan кийин. ~ **farkına varmak** кийин билип калуу. ~ **görme** *какшык* көрсө кобор, билерман. ~ **yetişme** *к.* ~ **görme.** ~ **görmüşlük** мыкчыгерлик, кыйынсынма, үстүртөндүк. ~ **olma** кийин чыккан/болгон.
sonraki кийинки, соңку.
sonraları кийинчерээк, кийинки кезде.
sonrasız түбөлүк.
sonsal *филос.* тажырыйбадан чыгарылган, апостериори.
sonsuz 1. соңсуз, түбөлүк, учу-кыйырсыз. **2.** *мат.* чексиз. **3.** натыйжасыз. ~ **saadet** чексиз бакыт. **~a dek/değin** түбөлүк.
sonsuzlaşmak түбөлүктөшүү.
sonsuzluk, -ğu түбөлүктүүлүк, соңсуздук, чексиздик, учу-кыйырсыздык.
sonuç,-cu 1. натыйжа, жыйынтык. ~ **almak** натыйжа алуу. **2.** *лог.* бүтүм. **~a bağlanmak** жыйынтык алынуу. ~ **çıkarmak** жыйынтык чыгаруу. **~a varmak** бүтүмгө/жыйынтыкка келүү. ~ **vermek** жыйынтык/жемишин берүү.
sonuçlamak 1. бүтүрүү, аяктатуу. **2.** бүткөрүү, жыйынтык/натыйжа берүү.
sonuçlandırmak 1. бүтүрүү, аяктатуу. **2.** бүткөрүү, жыйынтыктоо, натыйжаландыруу.
temiz 1. таза. **~ hava** таза аба. **~ su** таза суу. 2. даана, накта, кошулмасыз, так. **~ iş** так иш. **~ konuşmak** таза/так сүйлөө. **~ para** нак акча. **~ süt** накта сүт. 3. адал, ак. **~ para** адал/ак эмгек менен табылган акча. 4. ак ниет, түз, чынчыл *(киши)*. **~ insan** түз киши. 5. жакшы абалда, кол тийбеген. **~ araba** жакшы абалдагы машине. 6. *какшык* жакшылап, келиштирип, таза. **~ bir/bir** ~ келиштирип, ойда сонун кылып. **bir ~ dövmüşler** ойда сонун кылып/таза сабап салышыптыр. **~e çekmek** таза көчүрүп жазуу. **~e çıkarmak** актоо, күнөөсүз деп табуу. **~ hava almak** таза аба жутуу. **~e havale etmek** 1) созулган ишти бүтүрө салуу. 2) арыдан-бери жеп салуу. 3) *арго* кыска жолдон бүтүрө салуу. **~ kan** 1) артерия каны, таза кан. 2) *зоол.* таза кандуу, асыл тукум. **~ pak** таптаза, кир/чаң жукпаган. **~ patent** *дең.* саламаттык кагазы. **~ raporu** ден соолук тууралуу маалымдама. **~ süt emmiş** *өтм.* ишеничтүү, адептүү, ак ниет *(киши)*. **~ ~** таптаза, чаң /кир жугузбай. **~ yürekli** ичи тышы бирдей, абийири таза. **~ yüzlü** жүзү жарык.

temizleme тазалама. **kuru ~** кургак/химиялык тазалоо.

temizlemek 1. тазалоо, арылтуу. **balık ~** балык тазалоо. 2. жыйноо, тазалоо. **ev ~** үй тазалоо. 3. *өтм.* аркасын тазалоо. 4. *өтм.* бүтүрүү. **işi ~** ишти бүтүрүү. 5. *арго* жеп бүтүрүү *(тамакты)*. 6. *арго* чаап/уурдап/тазалап кетүү. 7. *арго* көзүн тазалоо, өлтүрүп салуу, жок кылуу.

temizlenmek 1. тазалануу. 2. арылуу *(суу, аба ж. б.)*. 3. жыйналуу, тазалануу *(үй)*. 4. *өтм.* аркасы

тазалануу. 5. *арго* жеп бүтүрүү. 6. *арго* уурдалуу. 7. *арго* көзү тазалануу, өлтүрүлүү, жок болуу. 8. этек кири токтоо *(аялдарда)*.

temizleyici 1. тазалоочу, арылтуучу. 2. жыйнаган, тазалаган киши. 3. *тех.* тазалагыч аппарат, фильтр.

temizlik, -ği 1. тазалык, аруулук. **evin ~i** үйдүн тазалыгы. **suyun ~i** суунун тазалыгы. 2. тазалама *(иши)*. **evde ~ yapılıyor** үйдө тазалык жасалып жатат. **~ malzemeleri** тазалык заттары. 3. *өтм.* көзүн тазалама, жок кылма.

temizlikçi тазалагыч. **~ kadın** бирөөлөрдүн үйүн тазалап жан баккан аял.

temkin этият, аяр, абай.

temkinli этияттуу, аярлуу, абайлап, алды-артын ойлоп. **~ davranmak** этият/аяр мамиле кылуу. **~ ~ өтө** этият/кылдат.

temmuz июль.

tempo 1. *муз.* темп, ритм. 2. *өтм.* жүрүш, ылдамдык. **sanayinin gelişme ~su** өнөр жайдын өнүгүш темпи. **~ tutmak** музыканы кол, бут менен коштоо.

tempolu темптүү, жигердүү. **~ çalışma** жигердүү иш.

temren жебенин/найзанын учу.

temriye *мед.* темир өткү, чакалай.

temsil 1. өкүлчүлүк, бирөөнүн атынан иш жүргүзмө. 2. театр группасы. 3. белги, символ. 4. оюн, көрсөтүү, гастроль. 5. өрнөк, үлгү катары. **~ etmek** 1) өкүлчүлүк кылуу. 2) оюнду/көрсөтүүнү сахнада коюу. 3) белги/символ болуу.

temsilci 1. өкүл. 2. *соода* арачы.

temsilcilik,-ği 1. өкүлчүлүк *(кызмат/милдет)*. 2. өкүлчүлүк *(офис)*.

temsilen өкүл катары, атынан.

temsilî 1. (өзү эмес) өкүлү катышкан. 2.*өтм.* эске салган, элестеткен, символдоштурулган. **~ istişare** аллегориялык сүрөттөө, жандандырма. **~ resim** элес.

temyiz 1. айырмалама, ажыратып карама. 2. *ук.* берилген өкүмдүн кайра каралышы, кассация. **~ etmek** 1) айырмалоо, иргөө, талдоо. 2) *ук.* өкүмдү бузуп/жандырып кароо. **~ mahkemesi** кассациялык сот.

ten 1. өң/ыраң, ырай, түс *(адам денесинин)*. **~i beyaz** ак жуумал, ак жүздүү. **~ rengi** дене түсү. **~ rengi çorap** дене түстүү байпак. 2. дене. **~ fanilası** ич көйнөк. **~i yumuşak** денеси жумшак.

tenakus азайма, түшмө, кыскарма.

tenakuz карама-каршылык, чатышма, пикир кайчылыгы. **~a düşmek** өзүнө өзү каршы келүү *(сөздө)*.

tenasül *биол.* көбөйүш, тукуму өсүш.

tenasüp, -bü 1. симметрия. 2. гармония, шайкештик.

tencere мискей. **~ kebabı** демдеп бышырылган кебеп. **~ dibin/kötün kara, seninki benden kara** сен менден ашып түшөсүң/бетерсиң *(куулук-шумдук жагынан)*. **~de pişirip, kapağında yemek** чамасына жараша жашамак, жылкысына ченеп ышкырмак. **~si kaynarken/maymunu oynarken** алдуу-күчтүү чагында, арааны жүрүп турган кезде. **~si kaynamak** жашоосу/турмушу жакшы болуу. **~ yuvarlanmış/kapağını bulmuş** эшегине жараша тушагы.

tender тендер *(паровозго чиркелген)*.

tendürüst чың, чымыр, алдуу-күчтүү.

teneffüs 1. дем алуу. **~ yolları** дем алуу жолдору. 2. танапис. **~ etmek** 1) дем алуу. 2) жашоо, башынан өткөрүү.

teneke 1. тунуке/тыныке, каңылтыр. 2. тунукеден жасалган. 3. тунуке челек. **gaz ~si** керосин челеги. **arkasından ~ çalmak** *арго* мазактоо, шылдың кылуу. **~sini eline vermek** кууп чыгуу, кубалап жиберүү. **~ mahallesi** жакырлар району.

tenekeci тунуке идиш жасаган/оңдогон/саткан киши.

teneşir өлүк жуулган керебет. ~ **horozu/ kargası** өтө арык киши. ~ **paklar (**аны күнөөсүнөн) өлүм гана куткарат. ~ **tahtası** өлүк жуулган такта.

teneşirlik,-ği 1. *(жаамиде/мечитте)* өлүк жуулган жер. 2. тенешир жасаганга жарактуу тактай. 3. өлгөнгө чейин жаман адатын койбогон киши. 4. өлүм алдындагы оорулуу.

tenezzüh кезме, саякат, сейил. ~ **etmek** сейилдөө, кезүү, саякатка чыгуу.

tenezzül улук башын кичик кылма, жөнөкөйлүк/кичипейилдик. ~ **etmek** улук башын/боюн кичик кылуу, кичипейилдик көрсөтүү.

tenha 1. ээн, бош, эл жүрбөгөн. ~ **kalmak** жалгыз калуу. ~ **sokak** ээн көчө. 2. жалгыз, тек башына, жалгыздап.

tenhalaşmak 1. ээндөө, эл аягы тыйылуу. 2. жалгыз калуу.

tenhalık,-ğı 1.ээндик,боштук. 2. жалгыздык.

tenis *спорт* теннис. ~ **kortu/sahası** теннис аянты. ~ **raketi** теннис ракети. ~ **topu** теннис тобу. **masa ~i** үстөлүстү теннис, пинг-понг.

tenisci теннисчи, теннисист.

tenkit I, -di сын. *сал.* **eleştiri, eleştirme.** ~ **etmek** сындоо, сын пикир айтуу/жазуу.

tenkit II, -ti тыныш белгилерин коюш, пунктация. ~ **işaretleri** тыныш белгилери.

tenkitçi 1. сынчы. **edebiyat ~si** адабият сынчысы. 2. сынчыл, сын көз менен караган. ~ **bakış** сынаган көз караш.

tenkitli сындаган, сынчыл.

tenkiye 1. тазалама, арылтма. 2. *мед.* клизма. ~ **yapmak** клизма жасоо.

tennure *тар. Мевлеви дервиштери сема көрсөтүүсү маалында кийген жеңсиз, жакасыз көйнөк.*

tenor *муз.* 1. тенор *(үн)*. 2. тенор *(ырчы)*.

tensel денеге байланыштуу.

tente 1. чатыр, көлөкө/саябан катары тартылган нерсе. 2. тент, брезент. 3. бастырма.

tenteli 1. көлөкөлүү, чатырлуу. 2. бастырмалуу.

tentene *ооз.* дантел, тор.

tentür *хим.* , *фарм.* тинктура *(бир канча өсүмдүктүн спиртте чыланмасы аркылуу алынган зат)*. **iyot ~ü** йод чыламасы.

tentürdiyot, -tu йод, йод чыламасы.

tenvir 1. жарыктандырма, айдыңдатма. 2. *өтм.* билдирме, түшүндүрмө. ~ **etmek** 1) жарык/айдың кылуу, жарык берүү. 2) маалымат/билги берүү.

tenya *зоол.* тасма курт *(Cest odes)*.

tenzih 1. тазалама, арылтма. 2. *өтм.* күнөөдөн арылтма. ~ **etmek** 1) тазалоо, арылтуу. 2. *өтм.* күнөөдөн арылтуу. 3) жоопкерчиликтен бошотуу.

tenzil 1. түшүрмө, азайтма, арзандатма, төмөндөтмө. 2. *мат.* алуу. ~ **etmek** 1) түшүрүү, төмөндөтүү, арзандатуу. 2) *мат.* алуу. *сал.* **çıkarma.**

tenzilat,-tı *(***tenzil'***дин көпт. т.)* арзандатма *(бааны)*. ~ **yapmak** баа арзандатуу.

tenzilatlı арзандатылган. *сал.* **indirimli.** ~ **satış** арзандатылган сатыш.

teodolit, -ti *геол.* теодолит.

teogoni *дин* теогония.

teokrasi теократия.

teokratik теократиялык.

teolog, -ğu теолог, дин изилдөөчүсү.

teoloji теология.

teorem теорема.

teori теория.

teorik теориялык.

teorisyen теоретик.

tepe 1. төбө, чоку, баш. **ağacın ~si** бактын башы. **dağın ~si** тоонун чокусу. 2. *анат.* чоку, төбө. 3. *зоол.* таажы *(канаттууларда)*. 4. *геогр.* дөбө, адыр. 5. *өтм.* жан, маңдай. ~**mde durup canımı sıktı** жанымда туруп алып мазамды алды. 6. *мат.* чоку.

7. *астр.* төбө, зенит. **güneş tam ~ye geldiğinde** күн төбөгө келгенде. **~den** 1) жогортодон. 2) *өтм.* кыйынсып, чоңсунуп. **~den bakmak** кыйынсынып/теңсинбей караш. ~ **aşağı** башы ылдый, ала салынган. **~si aşağı gitmek** 1) аласалып кетүү. 2) *өтм.* астын-үстүн болуу, бузулуу *(мис. бир иш)*. **~si atmak** жини кайноо, ачуусу келүү. **~sine binmek/çıkmak** төбөсүнө/мойнуна минип алыш, айтканын кылдырыш. **~sinde bitmek** *(бирөөнүн)* жанынан кетпей туруп алуу, жабышып-жармашуу. **~sinde boza pişirmek** мээсине чай кайнатуу, мээсин ачытуу. ~ **camı** үйдүн төбөсүндөгү же шыпка жакын терезе. **~sine dikilmek** жанын койбоо, жанынан кетпей көшөрүп туруп алуу *(бир нерсе сурап)*. **~sinde havan dövmek/değirmen çevirmek** *(үстүнкү кабаттагылар астынкы кабаттагылардын)* тынчын кетирүү. **~den inme** 1) капыстан, күтүүсүз, таң каларлык. 2) жогортон келген *(буйрук)*. **~den inmeci** буйрук берүүнү сүйгөн киши. **~sinden kaynar su/sular dökülmek** башынан ылдый кайнак суу куюп ийгендей болуу. **~den tırnağa kadar** баштан-аяк, бүтүндөй, чачтан тырмакка чейин.

tepebaşı *тыйындар менен кооздолгон кездеме/кийим.*

tepecik,-ği 1. дөбөчө, адырча. 2. *бот.* чаңдашууга жараган ургаачы органдын учу *(гүлдөрдө)*.

tepegöz 1. маңдайы тайкы *(киши)*. 2.баскан-турганы олдоксон *(сөзм. с.* көзү төбөсүндө). 3. жазууну чагылтып көрсөтүүчү оптикалык курал. 4. *миф.* жалгыз көздүү желмогуз.

tepeleme 1. тебелеме. 2. жык-жыйма. 3. үймө. **bir ~ yemek kaşığı şeker** бир үймө кашык шекер. ~ **güzel** укмуштай сулуу.

tepelemek 1. тебелөө. 2. *өтм.* кыйратуу, талкалоо, бузуу. 3. *өтм.* тепкилеп салуу/өлтүрүү.

tepeli 1. дөбөлүү, адырлуу. 2. таажылуу, үрпөк баш *(канаттуу)*. ~ **horoz** таажысы бийик урушчаак короз. ~ **köstebek** үрпөк баш, сокур чычкан. ~ **toygar** үрпөк баш торгой *(Gal erida crist at a)*.

tepelik,-ği 1. төбөлүк *(баш кийим жасалгасы)*. 2. тебетей *(кыздардын)*. 3. бир нерсенин төбөсү *(жасалга)*. 4. дөбөлүү жер.

tepetakla(k) башы аягына, оңкобаш. ~ **durmak** оңко туруу. ~ **etmek/gitmek** 1) аласалып/оодарылып кетүү. 2) *өтм.* астын-үстүн/баш аламан/чакчелекей түшүү *(коом/тартип/экономика ж.б.)*.

tepeüstü баштын үстү.

tepkir 1. буулантма. 2. буулантып тазалама, дезинфекция. 3. аластама.

tepi *психол.* түрткү, дем, импульс.

tepik, -ği *ооз.* тепки.

tepiklemek 1. теминүү *(мингич айбандарды)*. 2. *авто* газды аягына чейин басуу.

tepinmek 1. тепкилөө. 2. *өтм.* жер тепкилөө *(сүйүнгөндөн, күйүнгөндөн)*. 3. ызы-чуу, күрү-гүү салуу, шапар тебүү. 4. *өтм.* тиренүү, каршы болуу, кабыл албоо.

tepir *ооз.* депкир, калбыр.

tepirlemek депкирлөө, калбырлоо *(данды)*.

tepişme тебишме.

tepişmek 1. тебишүү. 2. жулмалашуу, мушташуу. 3. шапар тебүү, бий бийлөө.

tepke *биол. , психол.* рефлекс.

tepki 1. каршылык, реакция. ~ **göstermek** каршылык көргөзүү. ~ **uyandırmak** каршылык/реакция жаратуу. 2.*хим.* реакция. **nükleer** ~ атомдук реакция. **zincirleme** ~ чынжыр реакция.

tepkili 1. тепме. ~ **tüfek** тепме мылтык. 2.

реактивдүү. ~ **motor** реактивдүү мотор. ~ **uçak** реактивдүү учак.

tepkime 1. каршы күч/сокку, реакция. 2. *хим.* реакция.

tepkimek 1. каршы күч/сокку берүү. 2. реакцияга кирүү.

tepkisiz 1. каршы күчү жок. 2. кайдигер, демилгесиз, инерттүү. 3. реакция күчү менен иштебеген *(курал)*.

tepkisizlik,-ği кайдигерлик, демилгесиздик, инерттүүлүк.

tepme 1. тепме. 2. кийиз тепкилеме. 3. тепме *(мис. мылтык)*.

tepmek,-er 1. тебүү. 2. баш тартуу, четке кагуу. **kısmetini** ~ ырыскысын тебүү. 3. бийлөө, шапар тебүү. 4. кайра тебүү *(курал)*. **tüfek geri tepti** мылтык кайра тепти. 5. тыгуу, бастыруу, таптоо. 6. кайталоо, жаңыруу *(оору)*. **tepe tepe kullanmak** тепкилеп колдонуу. **teptim keçe oldu, sivrilttim külâh oldu** кандай кааласаң, ошондой жоруйсуң (*сөзм. с.* тепкилесем кийиз болот, сүйрүйтсөм күлө болот).

tepsi 1. батыныс/батунус. 2. көмөштан. ~ **böreği** көмөштанда бышкан бөйрөк токоч. ~ **kurmak** 1) дасторкон даярдоо. 2) шаан-шөкөт уюштуруу.

ter I 1. тер. 2. буу мончоктору. **~ini alıştırmak** 1) терин кургатуу. 2) сеп/эс алып алуу. ~ **basmak** тер басуу. **~e batmak/~ içinde kalmak** терге чөмүлүү, тер ичинде калуу. ~ **bezi** *анат.* тер бези. ~ **boşanmak** тер куюлуу *(уялгандан/корккондон/кысылгандан ж. б.)*. ~ **dökmek** 1) тердөө, тер төгүү. 2) *өтм.* күч жумшоо, эмгек сарп кылуу *(бир ишке)*. **~ini soğutmak** терин кургатуу. **~e yatmak** жылуу жатып тердөө. **soğuk ~** муздак тер. ~ **kebesi** ат тердиги. **alın ~iyle** маңдай тери менен.

ter II: ~ ~ tepinmek жер тепкилөө.

terakki өнүгүш, өсүш, илгерилеш, прогресс. ~ **etmek** илгерилөө, жогорулоо, чоңоюу, көтөрүлүү.

terakkiperver алдыңкы көз караштагы киши, прогрессист.

teraküm бирикме, жыйылма, чогулма.

terane 1. күү, мукам, кайрык. 2. *өтм.* тажатма сөз, эски жомок. **bu ~leri çok işittik** мындай (эски) жомокторду көп уктук.

terapi *мед.* терапия, дарылаш, айыктырыш.

teras 1.террасса *(үйдө)*. 2. *геогр.* секи. 3. **(~ katı)** чарпая кабат*(үйдүн)*.

teraslamak секи-секи кылып жашылдандыруу *(мис. тоонун боорун)*.

teravi *мус.* тараба. ~ **namazı** тараба намазы *(орозо маалында куптандан кийин окулат)*.

teravih *к.* **teravi.**

terazi 1. тараза. 2. дарчылардын тең салмак сакташ үчүн карманган таягы. 3. физиологиялык теңдик *(зат алмашууда)*. 4. өлчөм, симметрия. 5. **(T~)** Тараза *(Зодиак топ жылдыздарынан бири)*. **~ye vurmak** таразалоо, акылга салуу, жакшылап ойлонуу.

terazilemek таразалоо**,** тең салмактоо, теңдөө.

terbiye 1. тарбия. 2. жакшы жүрүштуруш, адеп. 3. тап, көндүрмө, үйрөтмө *(айбандарды)*. 4. окуу, машыгуу, таалим. 5. *бот.* өстүрүп чыгаруу, өндүрүү *(өсүмдүктү)*. 6. соус, чык. 7. божу, тизгин. ~ **almak** 1) тарбия алуу. 2) машыгуу, көнүгүү. **~sini bozmak** тарбиясын бузуу, жолдон чыгаруу. ~ **etmek** 1) тарбиялоо. 2. окутуу, машыктыруу, даярдоо. 3) өстүрүү *(өсүмдүктү)*. 4) үйрөтүү, таптоо *(малды)*. 5) чыктоо. ~ **görmek** 1) тарбия/таалим көрүү. 2) билим алуу. **~sini vermek** тарбиялоо, таалим берүү.

terbiyeci 1. тарбиячы, мугалим. 2. машыктыруучу, үйрөтүүчү, тренер.

terbiyelemek 1.тарбиялоо, билим берүү. 2. *(тамакты)* чыктоо, татымдар катуу.
terbiyeli 1.тарбиялуу, адептүү, тартиптүү, жүрүш-турушу жакшы. 2. чыкталган, татымдар катылган *(тамак)*. ~ **çorba** татымдар катылган сорпо. 3. үйрөтүлгөн, машыктырылган *(айбан)*. ~ **maymun gibi** сөздөн чыкпаган, тартынчаак, момун. ~ ~ тартиптүү, момурайып.
terbiyesiz 1. тарбиясыз, адепсиз, жүргөнтурганы начар. ~ **adam** тарбиясыз киши. 2. уятсыз, орой. ~ **konuşmak** уят сөздөр сүйлөө.
terbiyesizlik, -ği тарбиясыздык, адепсиздик, уятсыздык, оройлук. ~ **etmek** тарбиясыздык кылуу.
terbiyevî тарбияга/таалимге/билимге тиешелүү.
tercih артык көрмө. ~ **etmek** *(бир нерсени/бирөөнү)* башкалардан артык көрүү.
tercihen артык көрүлүү/артыкчылык берилүү менен.
tercüman 1. тилмеч, котормочу. *сал.* **dilmaç, çevirmen.** 2. туюндуруучу, билдирүүчү *(бирөөлөрдүн көз карашын/таламын)*. ~ **olmak** *(бирөөнүн)* оюн/пикирин билдирүү.
tercümanlık,-ğı тилмечтик, котормочулук *(кызмат/милдет)*. ~ **etmek** котормочулук/тилмечтик кылуу.
tercüme 1. котормо. 2. которулган *(китеп, макала ж. б.)*. ~ **etmek** которуу *(бир тилден башкасына)*.
tercümeihâl таржымакал, биография.
tere *бот.* кресс-салат *(Lepidium)*.
terebentin, -ti терпентин, скипидар.
tereci 1. кресс-салат сатар. 2. майчы. **~ye tere satmak** устасына шакирти үйрөтүү.
tereddüt,-dü күмөн, олку-солкулук, арсарлык, чечкинсиздик. ~ **etmek** олку-солку/арсар болуу, чечимге келе албоо. **~e kapılmak** арсарсуу, күмөнсүү.
tereddütlü күмөндүү, олку-солку, арсар, чечкинсиз.
tereddütsüz күмөнсүз, чечкиндүү, шар.
tereke *ук.* мурас.
terekküp,-bü кошулма, бирикме. ~ **etmek** кошулуу, биригүү.
terelelli жеңил ойлуу, шайкелең *(киши)*.
terementi *к.* **terebentin.**
terennüm 1. пас мукам үн менен ырдаш. 2. сайраш *(куш)*. 3. макташ, даңазалаш. ~ **etmek** 1) пас үн менен мукам ырдоо. 2) мактоо, даңазалоо.
tereyağı, -nı камкаймак. ~ **gibi** жумшак, суулуу *(алма/алмурут)*. **~ndan kıl çeker gibi** майдан кыл суургандай *(оңой/ түйшүксүз жасалган иш)*.
terfi,-i *(кызматынан/наамынан)* жогорулама, көтөрүлмө. ~ **etmek** кызмат даражасы жогорулоо, чоңоюу.
tergal,-li 1. тергал *(синтетикалык була/жип)*. 2. тергалдан жасалган.
terhis *аск.* аскерлик мөөнөттүн бүтүшү, демобилизация. ~ **etmek** аскерлик милдеттен бошотуш. ~ **olmak** аскердик милдетин өтөп бүтүш. ~ **tezkeresi** *аск.* аскерден бошотулма кагазы.
terim 1. термин. **gramer ~leri** грамматика терминдери. **matematik ~leri** математика терминдери. 2. *мат.* мүчө *(төрт амалда, теңдемеде)*. **~ler düzgesi** терминология. 3. *лог.* сүйлөмдүн ээси жана баяндоочу.
terk, -ki 1. таштап/калтырып кетиш. 2. баш тартыш. 3. карабай/бакпай коюш. ~ **etmek** 1) таштап кетүү. 2) баш тартуу. 3) карабай/бакпай коюу. **~i dünya etmek** дүйнөдөн көзү өтүү.
terki 1. ээрдин арткы бөлүгү. 2. соор *(мингич айбандарда)*. **~ye/~sine almak** *(бирөөнү)* учкаштырып алуу. 3. канжыга. **~ye asmak** канжыгага байлоо.

terkibî кошулган/бириккен татаал зат.
terkip, -bi 1. түзмө, кошмо, бириктирме, курама. 2. *хим.* кошулма, бирикме, аралашма. *сал.* **bileşim. ~inde bulunmak** ...дан туруу/калыптануу. 3. түзүлүш, структура, курам. 4. *аск.* тартип, катар. 5. *грам.* сөз айкашы. 6. *лог.* синтез. ~ **etmek** курап/түзүп туруу.
terlemek 1. тердөө. 2. бууланууу, буу тамчылары басуу *(мис. терезени)*. 3. *(мурут)* чыга баштоо. **bıyıkları terlemeye başladı** муруту чыга баштады. 4. чарчоо, чаалыгуу.
terletici 1. тердетүүчү. 2. *өтм.* тердеткен, кыйын. ~ **bir soru** тердеткен суроо. 3. оор, кыйын, күч талап кылган *(иш)*.
terletmek 1. тердетүү. 2. кыйноо, чарчатуу. **bu iş beni terletti** бул иш мени чарчатты.
terli 1. тердеген, тердүү. 2. буу баскан, бууланган *(айнек, дубал ж. б.)*.
terlik, -ği 1. үй тапичкеси. 2. *ооз.* такыя *(ак батистен же жүндөн токулган)*.
terlikçi тапичке жасаган/саткан киши.
termal, -li 1. кайнар булак, арашан. 2. санаторий *(арашан менен дарылаган)*. ~ **otel** кайнар булактуу отель.
termik,-ği 1. ысык, ысыкка байланыштуу. 2. *физ.* ысыктык тууралуу илим. ~ **santral** термоэлектроцентраль.
terminal,-li вокзал. **otobüs ~i** автовокзал. **hava ~i** аэровокзал.
terminoloji терминология.
temodinamik,-ği 1. термодинамика. 2. термодинамикалык.
termoelektrik,-ği термоэлектр. ~ **çifti** *физ.* термоэлектр батареясы.
termofor грелка, термофора.
termokimya термохимия.
termometre термометр.
termonükleer *физ.* термоядролук. ~ **bomba** термоядролук бомба. ~ **harp** термоядролук согуш. ~ **silahlar** термоядролук куралдар.
termoplâst, -tı термопласт.
termos термос.
termosfer *астр.* термосфера.
termosifon термосифон.
termostat, -tı *физ.* термостат.
terorist, -ti террорист.
terorizm терроризм.
terör террор.
terörcü *к.* **terorist.**
ters I 1. терс. **kumaşın ~ yüzü** кездеменин аркасы, терс тарабы. 2. ыңгайсыз, терс, оң келбеген, тескери. ~ **iş** тескери иш. 3. карама-каршы. **~ini ispat etmek** карама-каршысын далилдөө. 4. орой, жагымсыз, ыксыз, тескери. ~ **bakış** жаман көз караш. ~ **cevap** терс жооп. 5. *(бир нерсенин)* мокок жагы. **bıçağın ~i** бычактын мокок жагы. 6. тескери, терс *(багыт)*. 7. кырс, кежир, терсаяк (киши). 8. жаңылыш, тескери, айкыры. **gömleğini ~ giymek** көйнөгүн тескери кийип алуу. ~ **anlaşılmak** тескери/жаңылыш түшүнүлүү. ~ **bakmak** жаман көзү менен кароо. ~ **çevirmek** 1) тескерисинен аңтаруу. 2) тескери айлантуу. ~ **dönmek** тескери айлануу. **~i dönmek** жолунан адашып кетүү. ~ **düşmek** карама-каршы болуу, айкыры келүү. ~ **gelmek** тескери келүү. **~inden okumak** тескери түшүнүү. ~ **pers olmak** 1) көмкөрөсүнөн түшүү. 2) *өтм.* ыза болуу, арданууу. ~ **tarafından kalkmak** сол жамбашынан жатуу, кара жини кармап калуу. ~ ~ **bakmak** көзүнүн төбөсү/жаман көзү менен кароо. ~ **yüz etmek** оодаруу, ичин тышына каратуу. ~ **yüzü** кайра, артка. ~ **yüzü geri dönmek** куру кол кайтыш.
ters II айбан тезеги.
tersane 1.кеме куруучу жай, док. 2. деңиз

арсеналы.

tersine тескерисинче. **beklenildiğinin ~** күтүлгөндүн тескерисинче. **söylediğinin ~** айтылгандын тескерисинче. **~ çevirmek** тескерисинен аңтаруу. **~ dönmek/gitmek** тескери айлануу/кетүү.

tersinir *физ. , хим.* кайтарма. **~ tepkim** *хим.* кайтарма реакция.

tersinmek 1. кайтуу, кайтарылуу. 2. сөзүнөн кайтуу, убададан жануу. 3. каршы болуу, терсаяктык кылуу.

terslemek I 1. каяша айтуу, кайым айтышуу. 2. тилдөө, жемелөө.

terslemek II *(айбандар)* булгап салуу.

terslenmek 1. тил/жеме угуу. 2. терсаяктык/кежирлик кылуу.

tersli: ~ yüzlü оң-тескери/тетири.

terslik, -ği 1. тескерилик, тетирилик. 2. карама-каршылык. 3. жолтоо, бөгөт, тоскоолдук, балакет, кырсык. **bir ~ olmasa** бир тоскоолдук болбосо. 4. чорт кыялдык, кежирлик, терсаяктык.

tertemiz 1. таптаза. 2. *өтм.* ак ниет, аруу, күнөөсүз.

tertibat,-tı *(***tertip'***тин көпт. т.)* 1. тартип, ирет. 2. камылга, чара, даярдык. 3. *аск.* жайгаштыруу *(бөлүктөрдү)*. 4. жабдуулар, жаракттар, аспаптар. 5. система. **ateşleme ~ı** *авто* жандырма системасы. **soğutma ~ı** *авто* муздатма системасы. 6. механизм, түзүлүш. **~ almak** камылга/чара көрүү.

tertip,-bi 1. тартип, ирет, ыраат. 2. уюштурма, өткөрмө, пландама. **~ komitesi** уюштуруу комитети. 3. метод, ыкма, система, жол. 4. камылга, даярдык. 5. *өтм.* амал, айла, тузак. 6. *мед.* рецепт, дары дозасы. 7. *полигр.* терүү, өлчөм, көлөм *(китептин, барактын ж. б.)*. 8. *аск.* аскердик мөөнөт. 9. *фин.* фонд, бюджеттин беренеси. **~e düşürülmek** тузакка түшүрүлүү. **~ etmek** 1) тартипке салуу, иреттөө. 2) уюштуруу, өткөрүү. 3) иштеп чыгуу, пландоо. 4) даярдоо.

tertipçi *к.* **tertipleyici.**

tertiplemek 1. иреттөө, тартипке салуу. 2. уюштуруу, өткөрүү, даярдоо.

tertipleyici уюштуруучу, өткөрүүчү, демилгечи.

tertipli 1. тартиптүү, иреттүү, жыйнактуу. 2. даярдыктуу, камылгалуу, тыкан.

tertipsiz 1.тартипсиз, иретсиз, чачык *(жай)*. 2. жыйнаксыз, иретсиз *(киши)*. 3. даярдыксыз, камылгасыз, плансыз *(иш)*.

tertipsizlik,-ği 1. тартипсиздик, иретсиздик. 2. камылгасыздык, даярдыксыздык, плансыздык.

terütaze жапжаш, жапжаңы. **~ kızlar** жапжаш кыздар.

terzi 1. бычмачы. 2. тикмечи. 3. тикмечи ательеси. **~ çırağı/kalfası** тикмечи шакирти.**~ kendi söküğünü/dikişini dikemez** *мак.* сынчынын сыңар өтүгү майрык.

terzilik, -ği бычмачылык, тикмечилик.

tesadüf 1. капысынан болгон окуя, туш/ырас келме, кокустук, шанс. **ne ~ ama!** укмуштай окуя! **~e bak!** туш келгенин кара! 2. кокустук, жаза тайма, күтүүсүздүк. **~ etmek** 1) (капысынан) жолугуп/кезигип калуу. **sevgililer gününe ~ ediyormuş** сүйгөндөр күнүнө туш келет экен.

tesadüfen кокусунан, капысынан, жаза тайып, туш/ырас келип.

tesadüfî кокус, күтүүсүз.

tesalüp,-bü 1. *биол.* кайчылашма, аралашма *(ырктар/расалар арасында ж. б.)*. 2. *мед.* нерв /тамырлардын кайчылашып өтүшү.

tesbih *к.* **tespih.**

tescil расмий каттоого алма, китепке/регистрге жазма. **~ etmek** расмий каттоого алуу.

tescilli расмий түрдө катталган/каттоого

алынган.

tesdiş 1. санын алтыга чыгарма/бөлмө. 2. *ад.* казалдын сабын алтыга чыгарма.

teselli жооткотмо, сооротмо, көңүл жубатма. ~ **bulmak/olmak** алаксуу, сооронуу, көңүлү жайлануу, эрмектөө. ~ **etmek/vermek** жооткотуу, жубатуу, сооротуу, алаксытуу. ~ **mükâfatı** көңүл жубатуу сыйлыгы *(жеңилгенге берилет)*.

tesellisiz жубатылгыс, эстен кеткис, унутулгус *(кайгы, окуя ж. б.)*.

tesellüm өткөрүп/кабыл алма.

teselsül үзгүлтүксүз, тынышсыз, чынжырланган.

tesemmüm жиберме, берип ийме.

tesettür 1. жамыныш, чүмкөнүш, оронуш. 2. *мус.* чүмкөнмө *(паранжы, чаршаф ж. б. менен)*. 3. *мус.* эркектерден качма/далдаланма *(аялдар)*. ~ **etmek** 1) жамынуу, чүмкөнүү, чүмбөттөнүү. 2) *мус.* чүмкөнүү *(жүзүн/башын/денесин көрсөтпөө, узун кийинүү ж. б.)*. **~e girmek** чүмбөттөнүү. ~ **mağazası** тесеттүр кийимдер сатылган дүкөн. ~ **modası** тесеттүр модасы.

teshir I колго түшүрүш, жеңип алыш.

teshir II 1. сыйкырлама, аярлык, көз боочулук. 2. дубалап өзүнө тартып алма.

tesir таасир. ~ **bırakmak** таасир калтыруу. ~ **etmek** таасир кылуу. **~ini göstermek** таасирин көрсөтүү.

tesirli 1. таасирлүү. ~ **olmak** таасирлүү болуу. 2. пайдалуу, жарактуу.

tesirsiz таасирсиз.

tesis 1. орнотмо, негиздеме, түзмө, курма. 2. курулуш, түзүлүш, система. 3. комплекс, комбинат. **spor ~leri** спорт комплекстери. **ısıtma ~leri** ысыткыч системалар. **soğutma ~leri** муздаткыч системалар. ~ **etmek** 1) негиздөө, куруу, түзүү, орнотуу. 2) уюштуруу, жабдуу, камсыз кылуу, жолго коюу.

tesisat,-tı *(***tesis'***тин көпт. т.)* 1. ишкана, уюм. 2. курулуштар, түзүлүштөр, жабдуулар. 3. курма, жабдыма, такма, төшөмө. **kalorifer ~ı** ысытма курулушу.

tesisatçı сантехник, төшөмөчү, жабдуучу.

teskere замбил.

teskin тынчытма, жайкама, басма, жоошутма. ~ **etmek** тынчытуу, жайкоо, басып коюу, жоошутуу.

teslim 1. өткөрүп/тапшырып берме. **ödevi ~ etme tarihi** тапшырманы өткөрүп берүү күнү. 2. кайтарып берме *(карызды, аманатты)*. 3. бошотмо *(шаарды, үйдү ж. б.)*. 4. *өтм.* тааануу, жыгылып/жеңилип берме, баш ийме. 5. *өтм.* ырастама, тууралама. 6. *муз.* рефрен, кайырма. **~!** колго түшүп бер! колуңду көтөр! ~ **almak** 1) кайтарып/өткөрүп алыш. 2. *аск.* тартып/жеңип алыш, карамагына алыш. ~ **bayrağı çekmek** 1) жеңилүүнү кабыл алуу. 2) каршысындагынын талабына моюн сунуу. ~ **etmek** 1) өткөрүп/тапшырып берүү. 2) жеткирип/алып барып берүү. 3) ишенүү, тааануу, кабыл алуу. ~ **olmak** жеңилип/баш ийип берүү. ~ **taşı** *мус. Бекташи сектасынын символу болгон он эки бурчтуу жалпак таш.* ~ **tesellüm** алыш-бериш.

teslis 1. үчкө чыгаруу/бөлүү. 2. *христианчылыкта Теңирдин үч түрдүү кишилигине ынаныш.*

tespih теспе. ~ **çekmek** теспе тартуу. ~ **ağacı** *бот.* теспе дарагы *(Melia azedarach)*. ~ **böceği** *зоол.* нымсакчы *(Oniscus murarius)*.

tespihçi теспе жасаган/саткан киши.

tespit,-ti 1. бекитме, орнотмо. 2. аныктама, бышыктама, тактама. ~ **etmek** 1)бекитүү, орнотуу, чыккыс кылуу. 2) аныктоо, тактоо, бышыктоо.

test,-ti 1. тест, экзамен, сынак, текшерүү. 2. *мед., биол.* тест, тажырыйба. ~ **etmek** тест жасоо, сыноо, текшерүү, өлчөө.

testere араа. **demir ~si** темир араа. **el ~si** кол араа. ~ **balığı** *зоол.* араа балык *(Pristis pristis)*. ~ **çaprazı** араа өгөөсү.

testi кумура. **~yi doldurmak** *өтм.* малмүлк жыйноо. **~yi kıran da bir, suyu getiren de** *мак.* айран ичкен кутулуптур, аяк жалаган тутулуптур. ~ **gibi** чоң, салбыраган *(эмчек)*. ~ **kırılsa da kulpu elde kalır** *мак.* сыр аяктын сыры кетсе да сыны кетпейт.

testilik, -ği кумура койгуч текче.

tesviye 1. түздөмө, жылмалама, жонмо. 2. төлөш, бериш *(карызды)*. 3. жолдомо *(аскерлерге берилген)*. ~ **aleti** жонгуч *(курал)*. ~ **etmek** 1) түздөө, жылмалоо. 2) төлөө *(карызды, чыгымды)*.

tesviyeci слесарь, жонгуч, түздөгүч. ~ **ruhu** быдырлуу жонгуч.

teşbih окшоштурма, туурама, салыштырма. ~ **etmek** окшоштуруу, салыштыруу. **~te hata olmaz** салыштырууда ката болбос *(одоно салыштырылганда сыпайыгерчилик үчүн айтылат)*.

teşebbüs 1. киришүү, аракет, далалат. 2. демилге, баштаныш, ниет. ~ **etmek** аракет/далалат кылуу. **~e geçmek** демилге баштатуу.

teşekkül 1. пайда болуш, жаралыш, түзүлүш. 2. түзүлүш, уюм, курулуш. 3. *аск.* бирикме. ~ **etmek** 1) пайда болуу, жаралуу, түзүлүү. 2) ... -дан туруу, куралуу.

teşekkür ыраазычылык, ырахмат. ~ **etmek** ырахмат айтуу, ыраазычылык билдирүү. ~ **ederim!** ырахмат!.

teşhir 1. көрсөтмө, жайма. 2. *тар.* кылмышкерди элдин алдына чыгарма. ~ **cezası** *(кылмышкерди)* элдин алдына чыгарма жазасы. 3. жарыялаш, жайып жибериш. ~ **etmek** 1)көргөзүү, көрсөтүү. 2) көпчүлүккө дайын кылуу, жаюу, жарыялоо.

teşhirci *психол.* көзгө көрүнгөндү сүйгөн, көрсөтмөлүк, жасалма.

teşhis 1. *мед.* аныктама, диагноз. 2. таанып билме, көзү жетме, тандама. 3. *ад.* образ/кишилик жаратма. ~ **etmek/koymak** 1) ак-караны таануу, билүү. 2) аныктама коюу, абалга баа берүү. 3) *мед.* диагноз коюу. ~ **ve intak** *ад.* жандандыруу, анимация.

teşkil 1. түзмө, пайда кылма, жаратма. 2. курама. 3. уюштурма, уюмдаштырма. ~ **etmek** 1) түзүү, жаратуу, пайда кылуу. 2) уюмдаштыруу, уюштыруу.

teşkilât, -tı *(***teşkil'***дин көпт. т.)* 1. уюм, бирикме. **Birleşmiş Milletler T~ı** Бириккен Улуттар Уюму. 2. орган, мекеме. **idare ~ı** башкаруу органы. **T~ı Esasiye Kanunu** *эск.* конституция.

teşkilâtçı уюштуруучу, демилгечи.

teşkilâtçılık,-ğı уюштуруучулук, демилгелүүлүк.

teşkilâtlandırmak уюштуруу, уюмдаштыруу.

teşkilâtlanmak уюшуу, уюмдашуу.

teşkilâtlı уюшкан, уюмдашкан.

teşkilâtsız уюшпаган, уюмдашпаган, чачкын, чар-жайыт.

teşmil 1. камтыма, кучагына/ичине алма. 2. жайылтма, кеңейтме, жайма. ~ **etmek** 1) камтуу, кучагына алуу. 2) жаюу, жарыялоо, кеңейтүү.

teşne 1. суусаган, чаңкаган. 2. *өтм.* эңсеген, күсөгөн, кумар болгон, дегдеген. ~ **olmak** дегдөө, эңсөө, күсөө.

teşrif 1. сыймык туудуруш, баркын көтөрүш, шарапат бериш *(келиши/катышуусу менен)*. ~ **buyurmak/etmek** сыймык туудуруу, шарапат

берүү. 2. жөнөш, кетиш. ~ **nereye?** кайда жөнөдүң?

teşrifat,-tı *(***teşrif'***тин көпт. т.)* 1. церемония, адеп эрежеси, этикет. 2. *дипл.* протокол.

teşrifatçı церемониймейстер, расмий аземдерди уюштуруучу.

teşrih 1. (*өлүктү)* союш, мүчөлөш, ачыш, аутопсия. 2. анатомия. 3. *арго* скелет.

teşrihhane *мед.* аутопсия жасалган жер.

teşrik,-ki шерик/орток болуу, кошуп алуу.

teşrikimesai 1. ортоктук, шериктик, бирдик. 2. *арго* жыныстык катнаш. ~ **etmek** 1) орток/шерик болуу. 2) *арго* жыныстык байланыш жасоо.

teşt *ооз.* таштек.

teşvik,-ki 1. шыктандырыш, шерендириш, эрдемситиш, дем/шык бериш, стимул. ~ **primi** шыктандырма сыйлыгы. 2. *өтм.* көкүтмө, дээликтирме, азгырма. ~ **etmek** 1) шыктандыруу, дем/күч/шык берүү. 2) көкүтүү, азгыруу, колтукка түртүү.

teşvikçi 1. шыктандырган, дем/шык берген. 2. көкүткөн, жолдон чыгарган, азгырган.

teşvikkâr *к.* **teşvikçi.**

tetanos *мед.* тетанос, казык безгеги *(тарамыштын тырышып/сенейип калышы)*.

tetatet, -ti көзмө-көз жолугушуу.

tetik I,-ği 1. тетик *(от алуучу жарактарда)*. **~e basmak/dokunmak/~i çekmek** атуу, тетикке басуу, тетигин тартып жиберүү.

tetik II,-ği 1. тетик, шамдагай, сак, чапчаң *(киши)*. 2. кылдат, этият, назик *(иш)*. ~ **almak** кылдат/чебер/этият болуу. **~ini bozmamak** сактыгынан/аярдыгынан жазбоо. ~ **davranmak** тетик болуу, шамдагайлык, чапчаңдык кылуу. ~ **durmak/~te beklemek/olmak** даяр туруу.

tetikçi жалданган киши өлтүргүч.

tetiklik,-ği тетиктик, шамдагайлык, чапчаңдык.

tetkik,-ki 1. изилдеме, иликтеме, талдама. 2. *мед.* анализ. ~ **etmek** изилдөө, иликтөө, талдоо, анализдөө. ~ **yaptırmak** анализ жасатуу.

tetkikat,-tı *(***tetkik'***тин көпт. т.)* изилдөөлөр, иликтөөлөр, анализдер.

tevafuk ылайык/шайкеш келме.

tevakki сактанма, корунма, кысылма. ~ **etmek** сактануу, корунуу, кысылуу.

tevakkuf токтомо, турма, аялдама. ~ **mahalli** *эск.* аялдама, токтогон жер.

tevarüs мураска ээ болмо. ~ **etmek** 1) мураска ээ болуу. 2) мурас катары калуу.

tevatür айың, миш-миш, жайылган сөз.

tevazu,-u 1. жөнөкөйлүк, ак көңүлдүк. 2. жупунулук. ~ **göstermek** жөнөкөйлүк/ жупунулук көрсөтүү.

tevazün тең, тең салмактуу.

tevbih 1. жеме, уруш, тил. 2. сөгүш. ~ **etmek** сөгүш берүү, жемелөө, айыптоо.

tevcih 1. каратма, бурма, багыттама *(белгилүү тарапка)*. 2. жогорулатма, көтөрмө, чоңойтмо *(кызматын, наамын)*. ~ **etmek** 1) каратуу, буруу, багыттоо. 2) жогорулатуу, көтөрүү, чоңойтуу.

tevdi 1. берме, тапшырма. 2. ажырашма, коштошмо. ~ **etmek** 1) тапшырып берүү, ишенип берүү. 2) тең бөлүшүү, коштошуу.

tevdiat,-tı банкага, сактык кассасына жаткырылган акчалар/депозиттер.

teveccüh 1. сылыктык, сыпайылык, ак көңүл/ниет. 2. жүз буруу, көңүл коюу/буруу, бурулуп кароо. ~ **göstermek** жаркылдап/жайнап тосуп алуу. **~ünüz efendim!** сылыктыгыңыз! сыпайыгерчилигиңиз! **~ünü kazanmak** жактыруусуна ээ болуу, купулуна толуу.

tevekkel камаарабаган/кенебеген *(киши)*.
tevekkeli бекерге, бекеринен, себепсиз жерден. ~ **sana huysuz dememişler** бекеринен сени кежир дешпептир.
tevekkül тобокел. ~ **etmek** тобокел кылуу.
tevellüt 1. туулма, төрөлмө. 2. туулган/төрөлгөн күн.
tevellütlü ...-да туулган. **1980** ~ 1980-жылы туулган.
teverrüm *эск.* кургак учук. ~ **etmek** кургак учук менен ооруп калыш.
tevessü *эск.* жайылма, кеңейме. ~ **etmek** кеңейүү, жайылуу.
tevessül *эск.* баштама, киришме, бир максатка жакындама.
tevettür *эск.* 1. керилме, чыңалма. 2. *физ.* чыңалуу.
tevfik, -kı 1. жайгаштырма, ыңгайлаштырма. 2. камсыз кылма, жайгарма, жай-жайына коймо.
tevfikan жараша, көрө, ылайык.
tevhit,-di 1. бириктирме, кошмо. 2. Кудайдын жалгыздыгына ишеним, монотеизм. ~ **etmek** 1) Кудайдын тектигин/жалгыздыгын айтыш. 2) бириктириш, кошуш *(бир канча нерсени)*.
tevil *эск.* 1. түшүндүрмө, ачыктама, аныктама. 2. маанисин бузма, бурмалама *(мис. сөздүн)*. ~ **etmek** 1) түшүндүрүү, ачыктоо, аныктоо. 2) маанисин бузуу, бурмалап айтуу.
tevkif 1. токтотуп/кармап турма. 2. *ук.* камакка алма. *сал.* **tutuklama.** 3) чектеме. ~ **etmek** 1) токтотуп/кармап туруу. 2) камакка алуу. ~ **müzekkeresi** камакка алма ордери.
tevkil *эск.* өкүл дайындоо.
Tevrat *дин* 1. Тоорат *(Азирети Мусага билдирилген иудейлердин ыйык дин китеби)*. 2. Библия.
tevriye *эск.* бышыктама, тастыктама, белгилеме. ~ **etmek** белге/документ менен тастыктоо/бышыктоо.
tevzi,-i таратма, бөлүштүрмө, үлүш. ~ **etmek** таратуу, бөлүштүрүү. ~ **bürosu** таратма бюросу.
teyakkuz *эск.* сактык, кыраакылык, сергектик.
teyel көктөп тигилген сейрек тигиш. ~ **atmak/yapmak** убактылуу көктөй/тиге туруу. ~ **ipliği** көктөө жиби.
teyellemek көктөп тигүү.
teyelli көктөп тигилген.
teyemmüm *мус.* таямум *(суу жок жерде топурак/кум менен даарат алуу)*.
teyit,-di 1. ырастама, тууралама. 2. бышыктама, чыңдама, бекемдеме. ~ **etmek** 1) ырастоо, тууралоо. 2) бышыктоо, бекемдөө, чыңдоо.
teyp,-bi магнитафон. ~**e almak** магнитафонго жаздыруу.
teyze таеже.
teyzezade бөлө.
tez I тез, бат. ~ **beri** оңой эле, дароо. ~ **canlı** 1) шамдагай, чапчаң. 2) чыдамсыз, күйкөлөк. ~ **elden** 1) арыдан-бери, шапа-шупа. 2) дароо, тез, шашылыш. **(-dan) ~i yok** ... калтырбай, дароо, созбой. **yarından ~i yok seni oraya yollayacağım** эртеңден калтырбай сени ал жакка жиберем. ~ **vakitte/zamanda** тез арада/убакта.
tez II 1. диссертация. **doktora ~i** докторлук диссертация. 2. иш, проект, тезис. **bitirme ~i** бүтүрүү, дипломдук иш. ~**e dayanmak** тезистерге таянуу.
tezahür 1. көрүнмө, пайда болмо, ортого чыкма. 2. белги, көрүнүш, жышаан. ~ **etmek** көрүнүү, пайда болуу, ортого чыгуу.
tezahürat, -tı *(***tezahür'***дүн көпт. т.)* 1. каршылык көрсөтүү, демонстрация, протест митинги. 2. ураан, кыйкырып коштоо, сүрөөн. ~ **yapmak** 1) каршылык көрсөтүү, айыптоо митинги. 2) урааңга/сүрөөнгө алуу.
tezat,-dı 1. карама-каршылык, келиш-

пестик, бири-бирин жокко чыгарма. 2. *ад.* антитеза. **~a düşmek** өзүнө өзү каршы чыгуу, чаташуу.

tezatlı карама-каршы, чатышкан, чиелешкен.

tezayüt, -dü *эск.* көбөйүш, артыш.

tezek, -ği тезек.

tezekkür *эск.* сөз/кеп кылыш, эске салыш, эскериш.

tezene *муз.* плектр, чалгыч.

tezgâh 1. станок, майда кол өнөрчүлүктөр жасалган жай. **çanak çömlek ~ı** карапа чарыгы. **dokuma ~ı** өрмөк. **halı ~ı** килем токума станогу. 2. сатуучу тосмосу *(дүкөндө, ресторанда, ашканада)*. 3. кеме курулган жай, верфь. 4. *арго* айла, амал, куйтулук, тузак. **~tan geçirmek** *арго* кошо жатып-туруп жүрүү *(аял-эркек)*. ~ **kurmak** 1) ишти баштоого камылга көрүү. 2) *арго* тузак куруу, алдоого аракеттенүү.

tezgâhçı 1. сатуучу, дүкөнчү. 2. айлакер, шумпай.

tezgâhlamak 1. өрмөк куруу. 2. *өтм.* бир ишке кам уруу, киришүү. 3. *арго* айла-амал жүргүзүү, арам иштер жасоо.

tezgâhtar сатуучу, дүкөнчү. *к.* **tezgâhçı.** ~ **ağzı** курулай мактама, көтөрө чалма.

tezgâhtarlık,-ğı сатуучулук, дүкөнчүлүк. ~ **etmek** 1) дүкөнчүлүк кылуу. 2) *өтм.* ашкере мактоо.

tezhip,-bi 1. кол жазмалардын кооздолушу, алтын жалатылып жасалганышы. 2. алтын жалатма. ~ **etmek** 1) кол жазмаларды боёк/алтын менен кооздоо. 2) алтын жалатуу.

tezkere 1. эскерткич, кат, жол көрсөткүч, мессаж. 2. расмий жазуу, уруксат кагазы, справка. **ikamet ~si** жашоого уруксат кагазы. 3. аскердик мөөнөтүн өтөдү уруксаты. 4. *ад. , тар.* тескере *(белгилүү акындардын өмүр баяны)*. 5. *ад.* мемуар. 6. мекемелер аралык жазышмалар. **~yi almak** *(аскер)* аскердик мөөнөтүн өтөдү кагазын алуу. **~sini eline vermek** иштен айдап/кубалап жиберүү.

tezkereci 1. аскерден бошонгон жоокер. 2. тезкере *(к.)* жазган киши, сот катчысы.

tezkiye ат, репутация. **~si bozuk** жаман аттуу. **~sini düzeltmek** жаман аттан куткарыш.

tezlemek тездетүү, ыкчамдатуу, шаштыруу.

tezleştirmek *к.* **tezlemek.**

tezlik, -ği 1. тездик. ~ **fiili** *грам.* тездик этиши *(көмөкчү* **vermek** *этиши)*. 2. чыдамсыздык, сабырсыздык.

tezvir 1. жалганчылык. 2. көкүтмө, ара бузма, чагымчылык, тыңчылык.

tezyif 1. төмөнсүнтмө, маани бербөө, элес албоо. 2. мазактама, шылдың кылма. ~ **etmek** 1) төмөнсүнтүү. 2) мазактоо, кордоо, шылдың кылуу.

tezyin жасалга, кооздук. ~ **etmek** жасалгалоо, кооздоо, декорация.

tezyinat,-tı *(***tezyin'***дин көпт. т.)* жасалгалар, кооздуктар, декорация.

tezyinî жасалгага/кооздоого байланыштуу. ~ **sanat** кооздоо өнөрү/санаты.

tıbben медициналык жактан, медицина боюнча.

tıbbî медициналык. ~ **yardım** медициналык жардам.

tıbbiye медициналык институт/окуу жайы/факультет.

tıbbiyeli медициналык окуу жайынын/институттун/факультеттин студенти.

tıfıl,-flı 1.бала, наристе.2. арык, араң жан.

tığ 1. илме шибеге. 2. шибеге. ~ **gibi** ичке, арык, шыңга, чымыр *(киши)*.

tığlamak 1. саюу *(ийне/шибеге ж. б. менен)*. 2. сайгылашып ооруу *(мис. жара)*.

tık *туур. с.* тык. ~ ~ тык-тык. **saat** ~ ~ **vuruyor** саат тык-тык кагып жатат.

tıka: ~ **basa** 1) толтура, жык-жыйма,

мелт-калт. 2) абдан, ашкере, аябай. ~ **doldurmak** жык толтуруу. ~ **yemek** ыгып-тыгып жеш.

tıkaç,-cı тыгын *(мис. шишенин оозундагы)*.

tıkaçlamak тыгындоо, оозун бекитүү.

tıkalı 1. тыгындалган, оозу бекитилген. 2. бек, жабык.

tıkamak 1. тыгындоо, оозун бекитүү. **ağzını** ~ 1) оозун тыгындоо. 2) *өтм.* жаагын жап кылуу, сүйлөтпөө. 2. бөгөө *(мис. сууну)*, тосуу *(жолду)*.

tıkanık 1. тыгындалган, тыгылган. 2. үндөбөгөн, үнсүз-сөзсүз.

tıkanıklık, -ğı 1. тыгындалма, бүтөлмө. 2. *мед.* деми кысылма, түтөк. **burun ~ı** мурундун бүтүшү.

tıkanmak 1. тыгылып/бүтөлүп калуу. **lâvabo tıkandı** раковина бүтөлүп калды. 2. тосулуу, бүтөлүү. 3. деми кысылуу. 4. тамак жерүү, тамакка табити тартпоо.

tıkılmak 1. тыгылуу. 2. кысылуу. 3. камакка алынуу.

tıkım тыгым, тыгын, бир жолу тыкканга жетерлик.

tıkınmak *орой* ыгып-тыгып жеш, оозу тынбаш. **bütün gün tıkınıyor** күнү бою оозу тынбайт.

tıkır I: ~ ~ 1) шыңгыр-шыңгыр *(тыйындар тийишкенде чыккан үн)*. 2) тык-тык *(сааттын кагышы)*. 3) тык-тык *(шиш така бут кийим чыгарган үн)*. 4. тыкылдап тынымсыз иштөө. **makine** ~ ~ **çalışıyor** машине тыкылдап иштеп жатат. 5. такылдап сүйлөө. **çocuk bütün soruları** ~ ~ **cevapladı** бала бардык суроолорго такылдап жооп берди. 6. тыкылдатып, артынан түшүп, жанын койбой. **paraları** ~ ~ **almış** акчаларды тыкылдатып туруп алыптыр.

tıkır II оңунда кеткен иш. **~ında gitmek** *(бир нерсе)* оңунда бара жатуу. **(işini) ~ına koymak** ишин жолуна коюш. ~ ~ эң сонун, жайында, оңунда. **~ını yoluna koymak** ишин жолуна коюш.

tıkırdamak 1. тыкылдоо. **kapı tıkırdadı** эшик тыкылдады. 2. шыгыроо. **çuvalın içindeki cevizler tıkırdıyor** каптын ичиндеги жаңгактар шыгырады.

tıkırdatmak 1. тыкылдатуу. 2. *(тамакты)* бир кайнатып алуу.

tıkırtı тыкылдак, шыгырак.

tıkışık кысылган, тыгылган, кыпчылган.

tıkışıklık,-ğı тардык, жыкжыймалык, түртүшмө, төөбасты.

tıkışmak тыгылышуу, кыпчылуу, жык толуп алуу. **altı kişi bir arabaya tıkıştılar** алты киши бир машинеге тыгылып алышты.

tıkıştırmak 1. ыгып-тыгуу. **bavula herşeyi tıkıştırdım** чамаданга баарыжокту ыгып-тыгып салдым. 2. кыстыруу, бастыруу. 3. чайнабай жутуу, сугунуу, сукулдоо.

tıkız 1. тыгыз, катуу, коюу. **bu yastık pek** ~ **olmuş** бул жаздык өтө катуу болуп калыптыр. ~ **doku** *анат.* Тыгыз ткань. ~ **hamur** катуу жуурулган камыр. 2. толмоч, семиз, майболпоч.

tıkızlık, -ğı тыгыздык.

tıklatmak тыкылдатуу.

tıklım: ~ ~ жык-жыйма, топтолтура. ~ ~ **dolu** жык-жыйма толгон, мелт-калт *(суюктук)*.

tıkmak 1. тыгуу, толтуруу, бүтөө. **çamaşırları makinaya** ~ кирлерди кир жуугуч машинеге тыгуу. 2. *өтм.* жабуу, жап кылуу. **ağzına lâkırdıyı** ~ жаагын жап кылуу. 3. *арго* камап/тыгып салуу *(түрмөгө)*.

tıknaz торсойгон, борсойгон *(кыска бойлуу, толук киши)*.

tıknefes *мед.* кырылдап дем алуу, кышылдоо, күшүлдөө, энтигүү.

tıksırık, -ğı чүчкүрүк.

tıksırmak чүчкүрүү.
tılsım 1. тумар, талисман. 2. сыйкыр, дуба. **~ı bozulmak** дубасы жануу/бузулуу.
tılsımlı 1. тумарлуу, талисмандуу. 2. дубалуу, сыйкырдуу, сыйкыр даарыган.
tımar I 1. жараны/жаракатты бакма/карама. 2. оорулууну багуу акысы. 3. жара таңма. 4. жер/топурак иштетме. 5. кыйыштырма *(өсүмдүктөрдү)*. 6. тароо *(мис. атты)*. **~ etmek** 1) жараларды кароо/таңуу. 2) мингич айбандарды тазалоо/тароо. 3) топурак иштетүү. 4) кыйыштыруу *(өсүмдүктөрдү)*. **~ fırçası** ат тарак.
tımar II *тар.* тымар *(феодалдык жер менчиктери)*.
tımarcı 1. санитар. 2. ат багар.
tımarhane жиндикана. **~ kaçkını** жинди, жин оорулуу, кем акыл.
tımarlamak *(атты)* тароо/тазалоо.
tımarlı I таралган *(ат)*. 2. таңылган *(жара)*. 3. кыйыштырылган *(дарак)*. 4. иштетилген *(топурак)*.
tımarlı II тымар *(к.)* ээси.
tımtıkız тыптыгыз.
tın *туур. с.* шыңгыр *(бош металл идишке түшкөн металл чыгарган үн)*. **~ ~** шыңгыр-шыңгыр.
tınaz 1. кырман, дан үймөгү. 2. үймөк. **~ makinesi** дан сапыргыч машине.
tıngadak шыңгырак.
tıngır *туур. с.* 1. дыңгыр. **~ ~** дыңгыр-дыңгыр. **~ mıngır** дыңгыр-мыңгыр. 2. калдыр-шалдыр. **araba kaldırımda ~ mıngır gidiyordu** араба таш жолдо калдыр-шалдыр этип бара жатты. 3. шыңгыр, шаңгыр. 4. *арго* акчасыз, пулсуз. 5. *арго* акча.
tıngırdatmak дыңгыратуу, анча-мынча чертүү *(музыкалык аспапты)*.
tıngırtı дыңгырак.
tını *муз.* тембр, тон.
tınlamak зыңылдоо, чыйылдоо, чың-чың этүү.
tınmak, -ar 1. үн чыгаруу, сүйлөө. 2. маани берүү, көңүл буруу.
tınmamak 1. көңүл бурбоо, маани бербөө. 2. үн чыгарбоо. **tınmaz melâike** өзү менен өзү, эч ким менен иши жок.
tıntın 1. бопбош, көңдөй. 2. *өтм.* билимсиз, көңдөй.
tıp I,-bbı медицина. **~ fakültesi** медицина факультети.
tıp II *туур. с.* 1. тып. **~ ~** тып-тып *(тамчы чыгарган үн)*. 2. дүк-дүк, дүп-дүп (*жүрөктүн согушу*).
tıpa *к.* **tapa.**
tıpatıp дал/так/кудум өзүндөй. **~ benzemek** так өзүндөй окшошуу. **~ yetişmek** дал маалында жетишүү.
tıpır: ~ ~ 1) *туур. с.* тып-тып *(тамчы үнү)*. 2) дүк-дүк *(жүрөктүн кагышы)*.
tıpırdamak 1. тыпылдоо, тып-тып этүү. **kuşun yüreği tıpırdıyordu** куштун жүрөгү тып-тып сокту. 2. тыпылдап басуу. 3. тыпылдап ташуу/агуу *(жаан, тамчы)*.
tıpırtı 1. тыпылдак *(баскан кадам, аккан тамчы)*. 2. дүпүлдөк *(соккон жүрөк)*.
tıpış: ~ ~ тып-тып, теп-теп *(кыска бойлуу кишинин, жаш баланын басышы)*. **~ ~ yürümek** 1) тып-тып этип басыш. 2) *өтм.* айласы жок барыш/келиш.
tıpkı 1. окшош, дал өзүндөй. **bu gömleğin ~sını istiyorum** бул көйнөктүн дал өзүндөйүн каалайм. 2. кудум, сыяктуу, так эле. **~ babası gibi güler** кудум атасы сыяктуу күлөт. **~sı ~sına** опокшош, коёндой окшош, оозу-мурдунан түшкөндөй.
tıpkıbasım 1. стеро басым, фототипия. 2. факсимиле.
tıpkıçekim фотокопия.
tır *авто.* тыр *(эл аралык жолдордо жүк*

ташыган машине).

tırabzan кырбуу, тосмо *(балкондун, тепкичтин)*. ~ **babası** 1) тепкич таянычы. 2) *өтм.* милдетин аткарбаган ата.

tırak *туур. с.* тырак. ~ ~ тырак-тырак.

tıraş 1. *(сакал, мурут, чач)* алма. 2. өсүп кеткен сакал-мурут. **üç günlük ~ı ile geziyor** үч күн алынбаган сакалы менен жүрөт. 3. жонмо, тегиздеме, жылмалама. 4. *арго* маанисиз/маңызсыз сөз, келжиректик. **~a tutmak** маанисиз сөздөрдү сүйлөө. ~ **bıçağı** сакал алгычтын бычагы. ~ **etmek** 1) сакал-мурутун алуу. 2) чач кырдыруу. 3) сүйлөп тажатуу. ~ **fırçası** сакал щёткасы. **~ı gelmek/ uzamak** сакал-муруту өсүп кетүү. ~ **kremi** сакал креми. ~ **makinesi** электр сакал алгыч. ~ **olmak** сакал-мурутун алдыруу. ~ **tası** сакал алганда колдонулган кесе.

tıraşlamak 1. жонуу, тегиздөө, жылмалоо. 2. сакал-мурут алуу, чач кырдыруу. 3. *арго* тажатма сөздөр сүйлөө.

tıraşlı 1. сакал-муруту алынган. 2. сакал-муруту өсүп кеткен. 3. жонулган, жылмаланган, сыйда.

tıraşsız 1. сакал-муруту алынбаган. 2. жонулбаган, жылмаланбаган, одурбодур.

tırık *туур. с.* тырык, чыйк. ~ **tırak** тырык-тырак, чыйк-чыйк. **kapı ~diye kapandı** эшик чыйк этип жабылды.

tırıl 1. жылаңач. 2. акчасыз, пулсуз.

tırıllamak жылаңач/акчасыз калыш.

tırınk *туур. с.* шыңгыр *(катуу нерсеге тийген тыйын чыгарган үн)*.

tırıs жорго жүрүш *(аттын)*. ~ **gitmek** жорголоо. ~ ~ 1) жорголоп басыш. 2) уялып, күнөөкөр болуп.

tırmalama тырмалама.

tırmalamak 1. тырмалоо, тыткылоо. 2. *өтм.* мазасын алуу. **kulağını** ~ кулагынын кужурун алыш. **kafasını** ~ мээсин жеш, мазасын алыш.

tırmanma 1. жогору чыгыш, көтөрүлүш *(колду/бутту колдонуу менен)*. 2. учуп/көтөрүлүп чыгыш *(учак)*. ~ **şeridi** *(кара жолдо)* оңдон биринчи тилке.

tırmanmak 1. тырмалап/жармашып жогору чыгуу. **ağaca** ~ бакка чыгуу. **duvara** ~ дубалга чыгуу. 2. тепкич менен көтөрүлүү. 3. *(өсүмдүк)* жармашып чыгуу. 4. *өтм.* артуу, күчөө. **işsizlik son yıllarda tırmandı** ишсиздик акыркы жылдарда күчөп кетти.

tırmık, -ğı 1.тырмак изи, тытык, сыйрык *(жүздөгү, денедеги)*. 2. тырмоо *(жер тырмаган)*. ~ **atmak** тырмак салуу, тытып алуу.

tırmıklamak 1. тырмактоо, тытып алуу. 2. тырмоо *(жерди, топуракты)*.

tırnak,-ğı 1. тырмак. 2. туяк *(айрым жаныбарларда)*. 3. тырмакча *(жазуу белгиси)*. 4. *тех.* канжа, илмек. 5. *дең.* якордун таманы. 6. *(мылтыктын)* тепкен бөлүгү. 7. *физ.* элекрод. ~ **açmak** тырмакча ачуу. **~ına benzememek** тырмагына тең келбөө. ~ **bıçağı** туяк тазалаган бычак. ~ **göstermek** *өтм.* тырмагын көрсөтүү, коркутуу. ~ **işareti/imi** тырмакча белгиси. ~ **kadar** тырмактай. **~larını sökmek** *(бирөөнүн)* колун кыскартуу. ~ **sürüştürmek** ортого от жагуу. ~ **törpüsü** тырмак өгөөсү. **~larını yaptırmak** тырмагын жасатуу, маникюр. ~ **yemek** тырмагын жеш. ~ **yeri** *(макиде)* тырмактап ачылчу оюк.

tırnakçı 1. *тар.* падышанын тырмагын алган киши. 2. *арго* чөнтөкчү, ууру.

tırnaklamak тырмак салуу, тытуу.

tırnaklı 1. туяктуу. **çift** ~ ача туяктуу. 2. тырмактуу.

tırnaklık, -ğı *к.* **tırnak yeri.**

tırpan 1. чалгы. 2. *мед.* хирург өгөөсү,

трепан. 3. *спорт* чалып жыкма ыкмасы. ~ **atmak** 1) кырып салуу, чалгы менен чапкандай кылуу *(душманды)*. 2) иштен чыгарып салуу. **~la biçmek** чалгы менен чабуу. **~dan geçirmek** *к.* **tırpanlamak.**

tırpana *зоол.* кадимки скат *(Raj a bat is)*.

tırpancı чалгычы.

tırpanlamak 1. чалгы менен чабуу. 2. *өтм. (бир нерсени)* жок кылууга/көзүн тазалоого киришүү.

tırsmak коркуп-үркүү, сүрдөө, айбыгуу.

tırt *туур. с.* тырт. ~ ~ тырт-тырт.

tırtık, -ğı тыртык. ~ ~ тыртык-тыртык.

tırtıkçı *арго* чөнтөкчү, ууру, кески.

tırtıklamak *арго* уурдап алуу.

tırtıklı тыртык, тыртыгы бар.

tırtıl I *зоол.* көпөлөк курту.

tırtıl II 1. араа тиш болот диск. 2. тыйындардын чекесиндеги тиштер. 3. каз таман *(танкада, тракторду)*. 4. араа миз *(бычак)*. 5. почта маркасынын чекесиндеги араа тиш. 6. бир нерсенин чекесине бастырылган чынжыр сымал сайма. ~ **kesmek** араа тиш кылып кесүү.

tırtıllı 1. *тех.* каз тамандуу. ~ **traktör** каз тамандуу трактор. 2. араа тиштүү.

tıs I *туур. с.* кыш *(каз, мышык, жылан чыгарган кышылдаган үн)*.

tıs II 1. *сырд. с.* тысс! тынч! 2. тымтырс. ~ **kalmak** оозунан сөзү түшүп калуу *(таң калгандан)*. ~ **dememek** үн катпоо. ~ **yok** шырп эткен үн жок.

tıslamak *(каз, мышык, жылан)* кышылдоо.

tıynet,-ti 1. мүнөз, кыял, жорук *(кишинин)*. 2. көрөңгө, ачыткы.

ti сурнай үнү *(бир салтанаттын башталышын кабарлаган)*. **~ye almak** *арго (бирөөнү)* мазактоо, шылдыңдоо. ~ **işareti** сурнай менен берилген сигнал.

Tibet Тибет.

Tibetçe тибет тили, тибетче.

Tibetli тибеттик.

Ticanî 1. Түндүк Африкада негизделген дервиштер сектасы. 2. консерватизм.

Ticanîlik,-ği тижани сектасына мүчөлүк.

ticaret, -ti 1. соода, сатык, коммерция. 2. пайда, киреше *(соодадан түшкөн)*. ~ **açığı** соода жетишсиздиги/кемчилиги. ~ **anlaşması** соода келишими. ~ **ataşesi** соода аташеси. **T~ Bakanlığı** Соода Министрлиги. ~ **bankası** коммерциялык банка. ~ **borsası** соода биржасы. ~ **etmek** 1) соода кылуу. 2) пайда/киреше табуу. ~ **gemisi** соода кемеси. ~ **hukuku** *ук.* соода укугу. ~ **işletmesi** соода ишканасы. ~ **kanunu** соода мыйзамы. ~ **limanı** соода порту. ~ **mahkemesi** коммерциялык сот. ~ **merkezi** соода борбору/үйү. ~ **odası** соода палатасы. **dış ~** тышкы соода. **hem ~ hem ziyaret** бир ок менен эки коён атуу *(сөзм. с.* көңүл да ал, соодаңы да кыл).

ticarethane соода башкаруусу, фирма.

uzun 1. узун *(убакыт)*. 2. узун *(аралык)*. 3. **(~ boylu)** майда-чүйдөсүнө чейин, деталдуу. ~ **araç** прицептүү машине. ~ **atlama** узундукка секирүү. ~ **boylu** 1) узун бойлуу *(киши)*. 2) деталдуу, майда- баратынан бери. ~ **etmek** 1) талашып-тартышуу. 2) ашыкча сүйлөө. ~ **hava** *муз.* түрк музыкасында созулуп ырдалган түркү. ~ **hece** узун муун. ~ **hikâye** узун жомок. ~ **kulaktan haber almak** узун кулактан кабар алуу. ~ **lâfın kısası** узун сөздүн кыскасы. ~ **oturmak** жамбаштап жатыш. ~ **ömürlü** узун өмүрлүү. ~ **öykü** *к.* ~ **hikâye.** ~ **uzadıya/uzun** узун-узун, төкпөй-чачпай, баштан-аяк. ~ **ünlü** *линг.* созулма үндүү. ~ **vade** узун мөөнөт. ~ **vadeli** узун мөөнөттүү.

uzunca 1. узун/шыңга бойлуу. 2. узунча келген, узун тарткан.

uzunçalar *муз.* узун/көпкө чалган *(табак, пластинка)*.

uzuneşek, -ği узун эшек *(оюн; эңкейип бири-бирин кармап тизилгендердин үстүнөн секирилет)*.

uzunlamasına узатасынан, узунунан.

uzunluk,-ğu 1. узундук. ~ **ölçüsü** узундук өлчөмү. 2. *мат.* узундук. 3. вертикаль.

uzuv, -zvu 1. *анат.* дене мүчөсү, орган. 2. элемент, зат.

uzvî *биол.* органдарга тиешелүү, органикалык. ~ **kimya** органикалык химия.

uzyazar телетайп, теле жазуучу.

uzyazım телетекст.

Ü

Ü,ü *түрк алфавитинин жыйырма алтынчы тамгасы.*

ücra алыскы, узак, узактагы, четтеги, булуңдагы, бурчтагы. **memleketin ~ köşesi** мамлекеттин узак бурчу.

ücret,-ti 1. үзүр, акы, чайпул *(жасалган иш үчүн)*. 2. айлык, маяна. **~in ne kadar?** айлыгың канча? 3. салык, чогултма. **~e tâbi** салык алынган. **aza ~i** мүчөлүк акы. **nakliye ~i** ташыма акысы. 4. жалдама акысы, кире акысы.

ücretli 1. айлык/айлык маяна төлөнгөн. 2. жалданма. **~ askerler** жалданма аскерлер. **~ işçi** жалданма жумушчу. 3. акылуу, акысы сакталган. **~ izin** акылуу эс алыш.

ücretsiz 1. акысыз, айлыксыз, маянасыз. 2. бекер, коом пайдасына, өз ыктыяры/көңүлү менен.

üç, -çü үч. **~ adım *(*atlama*)*** *спорт* үч кадам *(секирүү, аттоо, басуу)*. **~ aşağı beş yukarı** болжол менен, анча-мынча айырма менен. **~ aşağı beş yukarı biz de o kadar parayı gözden çıkarmıştık** болжол менен биз да ошончо акча болорун ойлогонбуз. **~ aşağı beş yukarı anlaşmak** *(сатуучу-кардар)* болжолдуу баада макулдашуу. **~ aşağı beş yukarı dolaşmak** бир чечимге келе албоо, арсарсуу, күмөнсүү. **Ü~ Aylar** *мус.* ыйык айлар *(Режеп, Шабан, Рамазан)*. **~ aylık** 1) үч айлык *(бала)*. 2) үч айда бир төлөнгөн маяна. **~ beş** үч-төрт, аз, болор-болбос. **~e beşe bakmamak** *соода* соодалашып отурбоо. **~ beyaz** үч ак **(***ун , шекер, май)*. **~ buçuk atmak** *арго* жүрөгү түшүү, коркуу. **~ kâğıt açmak** *арго* алдап кетүү. **~ nalla bir ata kalmak** туула элек балага тон бычуу *(сөзм. с.* үч така, бир ат тапса эле иши бүткөнү турат).

üçayak,-ğı 1. үч аяктуу таканчык *(үстүнө фотоаппарат/камера орнотулчу)*. 2. тулга. 3. *бир түрк бийинин аты.*

üçer үчтөн. **~ beşer** үчтөн-төрттөн.

üçgen *геом.* үч бурчтук. **~ piramit** негизи үч бурчтуу пирамида. **~ prizma** үч бурчтуу призма.

üçgül *бот.* кызыл беде *(Trifolium arvense).*

üçkâğıt, -dı 1. үч кагаз *(карта оюнунун аты)*. 2. *өтм.* куулук-шумдук, көз боёмочулук, айлакердик. **~a bağlamak/getirmek** көз боёмочулук кылуу.

üçkağıtçı 1. үч кагаз (*к.)* ойноткон киши. 2. *өтм.* айлакер, куу, шумпай, көз боёмочу.

üçkağıtçılık,-ğı айлакерлик, куулук, шумпайлык, көз боёмочулук.

üçleme 1. үчкө чыгарма. 2. *ад.* үчүлтүк, трилогия. 3. *ад.* үч куплеттүү ыр. 4. үч кабат/кат. 5. *дин католиктерде Теңир, Иса, Марияны бир киши катары көрмө ынанчы.*

üçlemek 1. үчкө чыгаруу. 2.түшүмдүн үчтөн бири үчүн жерди арендага бериш. 3. талааны үч жолу айдоо.

üçlü 1. үч бөлүктөн турган, үчтүк. 2. *(карта оюнунда)* үчтүк *(карта)*. 3. *муз.* трио. 4. үч кишилик топ.

üçüncü үчүнчү. **~ dünya ülkeleri** үчүнчү дүйнө өлкөлөрү. **~sü** үчүнчүдөн. **~ kişi/şahıs** *грам.* үчүнчү жак.

üçüncülük,-ğü үчүнчүлүк, үчүнчү орун.

üçüz 1. үч эм. 2. үч жактуу, үч салаалуу, үч бөлүктүү.

üçüzlü 1. үч эм төрөлгөн балдары бар. 2. үч баштуу/бөлүктүү. **~ şamdan** үч

момдуу шам.
üfleç, -ci от/жалын бүрккүч *(аспап; ширетүү иштеринде колдонулат)*.
üflemek 1. үйлөө. **ateşi ~** отту үйлөө. 2. суутуу. **çorbayı ~** сорпону үйлөө. 3. үйлөп өчүрүү. **mumu ~** момду үйлөп өчүрүү. 4. үйлөп чалуу *(музыкалык аспаптарды)*.
üflemeli үйлөмө. **~ çalgı** үйлөмө аспап *(музыкалык)*.
üfürmek 1. үйлөө. 2. согуу. **rüzgâr üfürüyor** шамал согуп турат.
üfürük,-ğü 1. үйлөнгөн жел. 2. бакшылар салган дем.
üfürükçü бакшы, эмчи-домчу *(дем салып айыктырарына ишенилген кишилер)*.
üğrüm *астр.* үйрүлмө,айланма, нутация *(Жердин өз огунда)*.
üleş үлүш.
üleşmek үлүшкө бөлүшүү.
üleştirim 1. бөлүштүрмө. 2. *экон.* кардарларга товарды таратма.
üleştirim 1. бөлүштүрмө. 2. *грам.* **~ sıfatlar** топ сандар.
üleştirmek бөлүштүрүү.
ülfet,-ti 1. аралашып/көнүп кетиш, көрүшүп туруш. 2. адат, көнүмүш. 3. үлпөт, достук, жакындык, чын ыкластуулук. **~ etmek** 1) көнүп аралашып кетүү. 2) бат-бат барып/көрүшүп туруу, үлпөт куруу.
ülger 1. түк *(мөмөлөрдө)*. 2. түк *(баркыт, тукаба ж. б. кездемелерде)*. 3. *ооз.* кездеменин өңү.
ülke өлкө, мамлекет. **~ açmak** бир өлкөнү баш ийдирүү/каратуу.
Ülker Үркөр *(топ жылдыз)*.
ülkü 1. мүдөө, идеал. 2. идея, пикир. 3. *филос.* идеал, кыялда/ойдо жаратылган.
ülkücü 1. идеалист. 2. идеалисттик.
ülkücülük,-ğü 1. идеализм. 2. *ад.* Романтизм. 3. идеалуулук.
ülküdaş бир идеяны тең бөлүшкөн, пикирдеш, санаалаш.
ülküleştirmek идеалдаштыруу.
ülküsel идеяга байланыштуу, идеялык.
ülser *мед.* жара. **mide ~i** ашказандын жарасы. **yatma ~i** көп жаткандан пайда болгон жара/оюлма.
ültimatom *саяс.* ультиматум. **~ vermek** ультиматум берүү/жарыялоо.
ültra *(өң мүчө)* ультра-, ашкере.
ültramodern ультрамодерн.
ültrason *физ.* ультрасон *(адам кулагы туя албай турганчалык жыштыктагы үн)*.
ültraviyole ультра сыя көк *(нурлар)*.
ülûhiyet, -ti теңирдик сыпат.
ümit,-di үмүт. **~ bağlamak/beslemek** үмүт(үн) байлоо. **~ bırakmak** үмүт эттирүү/жаратуу. **~i boşa çıkmamak** үмүтү текке кетпөө. **~ dünyası** үмүттөн ажырабоо, үмүт үзбөө. **~ etmek** үмүт этүү, үмүттөнүү. **~ kapısı** үмүт учкуну/оту. **~e kapılmak/düşmek** үмүт этүү/ пайда болуу. **~ini kesmek** үмүтүн үзүү. **~i kırılmak/sönmek/ suya düşmek** үмүтү өчүү/кыйроо. **~ serpmek/ vermek** үмүт берүү.
ümitlendirmek үмүттөндүрүү.
ümitlenmek үмүттөнүү.
ümitli үмүттүү.
ümitsiz 1. үмүтсүз. 2. үмүтү калбаган, айласыз. **~ hastalık** айыкпас оору.
ümitsizlik, -ği үмүтсүздүк.
ümmet, -ti *мус.* үмөт. **Muhammed ~i** Мухаммед Пайгамбардын үмөтү, мусулман.
ümmetçi үмөтчү, фанатик мусулман.
ümmî сабатсыз, караңгы.
ümmîlik, -ği сабатсыздык, караңгылык.
ün 1. үн. 2. атак-даңк. даңаза. *сал.* **şan. ~ almak/kazanmak/salmak/yapmak** атак-даңкка ээ болуу, белгилүү/ таанымал болуу.
üniforma униформа, кесиптик кийим.
üniformalı униформачан.
ünik,-ki тек, сыңар, түгөйсүз, уникалдуу.
ünite 1. бирдик, кошулма. 2. бөлүк, бөлүм.

üniversal универсал.
üniversite университет.
üniversiteli университет студенти.
ünlem *грам.* сырдык сөз.
ünlemek 1. үндөө, үн чыгаруу. 2. кыйкырып чакыруу.
ünlenmek 1. үндөп чакырылуу. 2. атак-даңктуу болуу.
ünlü 1. атак-даңктуу, даңазалуу, таанымал. 2. *линг.* үндүү *(тыбыш)*. ~ **uyumu** үндөшүү, сингармонизм.
ünlüleşme *линг.* үндүүгө айланма.
ünsüz 1. атак-даңксыз, белгисиз. 2. *линг.* үнсүз *(тыбыш)*. **sert ~ler** каткалаң үнсүздөр. **yumuşak ~ler** жумшак үнсүздөр.
ürat, -tı *хим.* урат.
ürbanizm урбанизм.
Ürdün Иордания.
Ürdünlü иорданиялык.
üre *хим.* сийдик тузу *(сийдик менен кошо бөлүнүп чыккан, сууда эрүүчү кристалл зат)*.
ürem пайыз, киреше.
üreme 1. көбөйүш, өсүш. 2. өнүш, туулуш, төрөт. ~ **organları** төрөт органдары.
üremek 1. туулуу, тукуму көбөйүү/өсүү. 2. *өтм.* артуу, көбөйүү.
üremi *мед.* уремия.
üren *диал.* үрөн, тукум, урук. *сал.* **nesil.**
üreteç,-ci *физ.* генератор. **elektrik ~i** электр генератору.
üretici 1. өндүргүч, өстүрүүчү *(киши)*. 2. өндүрүүчү. 3. өндүрүп чыгаруучу. ~ **firma** өндүрүүчү фирма.
üretim 1. өндүрүш. ~ **araçları** өндүрүш каражаттары. ~ **güçleri** өндүргүч күчтөр. ~ **ilişkiler** өндүрүш мамилелери. 2. үрүн, продукт.
üretken 1. өндүрүп чыгарган. 2. өндүрүмдүү.
üretmek 1. өндүрүү, иштеп чыгаруу. 2.көбөйтүү, тукумун өстүрүү *(жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн)*. 3.*өтм.* пайда кылуу, жаратуу.
ürkek,-ği 1. коркок, жүрөгү жок. 2. тартынчаак, уяң. 3. үркөк. ~ ~ үркүп-коркуп.
ürkeklik,-ği 1. коркоктук. 2. тартын-чаактык, уяңдык. 3. үркөктүк *(айбандарда)*.
ürkmek,-er 1. коркуп/чочуп кетиш. 2. үркүш *(айбандар)*. 3. кабатыр болуу, чочулоо. 4. *өтм.* мөмө байлабай/кысыр калуу *(мис. бак)*. **şeftaliler bu yıl ürkmüş** шабдалылар быйыл кысыр калыптыр.
ürkünç коркунучтуу, калаймандуу, капсаландуу, каргашалуу, түрү/ырайы суук.
ürküntü үркүн, калайман, капсалаң, каргаша, дүрбөлөң. ~ **vermek** коркутуу, дүрбөтүү, чочутуу.
ürkütmek 1. коркутуу, жүрөк түшүрүү. 2. үркүтүп жиберүү *(айбандарды)*. 3. *өтм. (өсүмдүктөрдү)* кыйып салуу. 4. дүрбөлөң түшүрүү, тополоң салуу. 5. *өтм.* шектендирүү, санаага салуу. **eğrisi doğrusu kesinleşmemiş haberle seni ~ istemedim** чын-бышыгы аныкталбаган кабар менен сени санаага салгым келбеди.
ürkütücü жүрөк түшүргөн, үрөй учурган, жүрөктүн үшүн алган, коркунучтуу.
ürolog *мед.* уролог.
üroloji *мед.* урология.
ürpermek 1. үрпөйүү, тик туруу *(мис. чачтар, кылдар ж. б.)*. **tüylerim ürperdi** төбө чачым тик турду. 2. чочуу, үрпөйө/сестее түшүү, түктөйүү. 3. бүрдөө, бүчүр байлоо *(өсүмдүктөр)*.
ürperti коркуткан/жүрөк түшүргөн/үрпөйткөн нерсе. ~ **vermek** коркутуу, жүрөк түшүрүү.
ürpertmek 1. үрпөйтүү, түктөйтүү *(жүндөрүн/кылдарын)*. 2. *өтм.* чочутуу, коркутуу, төбө чачты тик тургузуу.
ürtiker *мед.* бөрү жатыш.

ürüme үрмө *(ит, карышкыр)*.
ürümek үрүү. **ürümesini bilmeyen köpek sürüye kurt getirir** *мак.* үргөндү билбеген ит короого карышкыр алып келет. **ürüyen köpek ısırmaz** *мак.* үрөөнөк ит каппайт.
ürün 1. үрүн, түшүм. 2. *өтм.* чыгарма *(адабий, санат)*. 3. *өтм.* натыйжа, түшүм, үзүр. 4. *хим.* продукт, даяр зат. ~ **yelpazesi** үрүн/продукт түрлөрү.
ürünlü үрүндүү, түшүмдүү, берекелүү.
ürünsüz үрүнсүз, түшүмсүз, берекесиз.
üryan *эск.* жылаңач.
üs- *(***üst***түн кыск.)* үстүнкү, жогорку, ага. **üssubay** ага офицер.
üs I -ssü 1. *аск.* согуштук база. 2. *мат.* даража көрсөткүчү.
üslenmek согуштук база катары жайгашуу *(бир жерге)*.
üslûp,-bu 1. жөн, стиль, ык. 2. ыкма, шекил, ыңгай. 3. *ад., санат* ыкма, стиль. **~a getirmek/sokmak** ыкмага ылайыктоо.
üslûpbilim стилистика.
üst,-tü 1. үстү, үстүнкү бет. **masanın üstüne koydum** үстөлдүн үстүнө койдум. ~ **çene** үстүнкү жаак. ~ **deri** 1) эпидерма, тери. 2) *бот.* кабык. ~ **diş** үстүнкү тиш*(*тер*)*. 2. үстү, жогору жак. **kuşlar ~ümüzden geçti** куштар үстүбүздөн өттү. 3. үстү-баш, кийим-кече. **~ümü değiştirmem lâzım** кийимимди алмаштыруум керек. ~ **geçit** жол үстү кечмелик. 4. жогорку баскычтагы кызмат. **~tekiler** чоңдор. ~ **sınıf/tabaka** жогорку тап. 5. дене, бой. **~ünde denedi** боюна ченеп көрдү. 6. эң бийик/үстүнкү жер, чоку. **en ~ kat** эң үстүңкү кабат. 7. тышкы көрүнүш, бет, жүз. **~ünden dökülmek** сырткы көрүнүшүнөн белгилүү болуу. 8. артканы, ашыгы *(акчанын)*. **paranın ~ünü vermedi** акчанын ашканын бербеди. 9. *(убакытта)* кийин, курун. **öğle ~ü** түштөн кийин. **Akşam ~ü** кечкурун. 10. артыкча, өзгөчө. ~ **insan** өзгөчө жаралган киши. **~ten** 1) үстүнкү жактан, жогортон. 2) үстүртөн, чала. **~ünde** 1) үстүндө, бетинде. 2) үстүндө, төбөсүндө. 3) боюнда. **sokak ~ünde** көчөнүн боюнда. 4) ашкан *(жаш)*. **kırkın ~ünde** кырктан ашкан. 5) боюнча, тууралуу. **proje ~ünde çalışıyor** долбоор үстүндө иштеп жатат. 6) жаны. **~ünde para yokmuş** жанында акча жок экен.**~üne** 1) бетине, үстүнө. **ekmek ~üne yağ sürmek** нандын бетине май сүйкөө. 2) тууралуу, темасында. **tezini Hakas Türkçesi ~üne yapmış** диссертациясын хакас тили боюнча коргоптур. 3) кийин, артынан. 4) *(карганууда)* атынан/алдында. **namusum ~üne** ар-намысым/абийирим алдында. 5) мыкты, ашкан,астына. **üçkâğıtçılıkta ~üne yoktur** айлакерликте астына киши салбайт. 6) эсеп, ат. **~üne yazdırmak** эсебине/атына жаздырып коюу. **~ü açık** 1) үстү ачык, жабык эмес. 2) уятсыз, орунсуз. **~üne/üzerine afiyet/iyilik sağlık!** 1) Кудай сактасын! *(ооруга тилек катары)*. 2) Кудай анын бетин ары кылсын! *(сактануу/чочуу иретинде)*. **~e almak** үстүнө коюу. **~üne almak** 1) жоопкерчилигин/милдетин алуу. 2) мойнуна алуу. **~ten almak** көтөрүлүп/басмырлап сүйлөө. **~ünden atmak** кутулуп/суурулуп чыгып кетүү. **~üne/üzerine basmak** дал үстүнөн түшүү. ~ **baş** үстү-башы, кийими. **~ü başı dökülmek** үстү-башы келишкен/айласыз. **~üne başına etmek/yapmak** 1) үстү-башын булгоо *(бала)*. 2) *арго* ашатып сөгүү. ~ **başa geçmek** төрдүн төбөсүнө отуруу. **~üne/üzerine bir bardak soğuk su içmek** *(бир нерседен)* күдөрүн үзүү, өзүн жооткотуу. **~e**

çıkarmak 1) көкөлөтүп мактоо. 2) актоо, жактоо. **~e çıkmak** суудан кургак чыгып кетүү. **~ünde dökülmek** *(кийим)* басып калуу, чоң келүү. **~ünde durmak** токтолуу, басым жасоо *(бир маселеге)*. **~üne düşmek** 1) аркасынан түшүү, кызыгып калуу. 2) көгөрүү, жактап туруп алуу. **~üne evlenmek** үстүнө аял алуу. **~üne geçirmek** 1) үстүнө кийип алуу *(кийимди)*. 2) өзүнө каттатып алуу *(башкасынын баласын/мүлкүн)*. **~ünden geçmek** 1)*ооз.* зордуктап салуу. 2) тепсеп кетүү. **~ünden (... zaman) geçmek** арадан (... убакыт) өтүү. **~üne/üzerine gelmek** 1) үстүнөн чыгуу *(бир кыңыр иштин)*. 2) *өтм.* кийлигишүү, жаранын үстүнө басуу. 3) опузалоо, кекетип-мокотуу. **~ünü/~üne görmek** кан көрүү *(боюнда бар аял)*. **~üne gül koklamamak** өз жарынан башканы сүйбөө. **~üne/üzerine güneş doğmamak** ар качан күн чыга электе туруу. **~ümden ırak!** Кудай башка салбасын/сактасын! **~üne kalmak** кыйынчылык/кылмыш бирөөнүн мойнунда калыш. **~ü kapalı/örtülü** кыйытып/туюк. **~ü kapalı konuşmak** кыйытып айтуу. **~üne/üzerine kondurmamak** жакын жуутпоо, кабыл албоо. **~e koymak/~üne katmak** үстүнө баа коюу, кошуп сатуу. **~üne kuş kondursa da** башына куш кондурса/үстүнөн ылдый алтын төксө да. **~üne kuş kondursan da burada oturmaz** башына куш кондурсаң да бул жерде калбайт. **~ünden kuş uçurmamak** үстүнө чымын кондурбоо, сак кайтаруу. **~üne/ üzerine mal etmemek** 1) өз милдети катары көрбөө. 2) капарына албоо, кайдигер болуу. **~üne oturmak/yatmak** даяр оокаттын үстүнө отуруп калуу. **~üne olmamak** астына киши салбоо,*(андан)* кыйыны жок болуу. **~üne ölü toprağı serpilmiş gibi** жасар-жасамаксан болуу, маалкатуу. **~üne perde çekmek** жаап-жашырып коюу. **~ perdeden konuşmak** асмандап/көтөрүлүп сүйлөө. **~üne pervane olmak/titremek** үстүнө чарк көпөлөк атуу, катуу сыйлоо. **~ tarafı** калган жагы, аки-чүкүсү. **~ tarafı seni ilgilendirmez** калган жагынын сага тиешеси жок. **~üne/üzerine toz kondurmamak** үстүнө чаң жугузбоо. **~üne tuz/biber ekmek/~üne/üzerine tüy dikmek** *(бирөөнүн)* жарасына туз себүү, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылуу. **~üne ~üne gitmek** кыйынчылыктан качпоо, тикесинен тик туруу. **~üne/üzerine varmak** 1) кысым көрсөтүү, *(бир ишке)* зордоо. 2) кол салуу/көтөрүү. 3) *(аял)* аялы бар эркекке тийүү. **~ ~e** үстү-үстүнө. **~üne/üzerine vazife olmamak** иши/тиешеси болбоо. **~e vermek** *соода* үстүнө *(бир нерсе)* кошуп берүү. **~üne yapmak** өз ээлигине өткөрүп алыш. **~üne/üzerine yıkmak** 1) кылмышты башкасына жүктөп коюу. 2) оор ишти башкасына берип салуу. **~üne/üzerine yormak** өзүнө алуу *(бир сөздү)*. **~üne/ üzerine yürümek** жулкунуу, омуроолоо *(бирөөнү карай)*.

üstat, -dı 1. устат, чебер. 2. мугалим. 3. *теңтуштар арасында кайрылуу сөзү.*

üstatlık, -ğı устаттык, чеберчилик.

üstben *психол.* өзүмчүлдүк, менменсинме.

üstbenlik, -ği *к.* **üstben.**

üstçabuş *аск.* ага сержант, ага унтер офицер.

üste үстүнө кошуп/ашыкча берилген нерсе. **~sinden gelmek** колунан келүү, күчү/алы жетүү.

üsteğmen *аск.* ага лейтенант.

üstelemek 1. кошуу, кошумчалоо, кошул-

ташыл болуу. **sıkıntıya bir de hastalık üsteleyince** кыйынчылыкка ооорусу да кошул-ташыл болуп. 2. көшөрүү, көгөрүү, айтканынан кайтпоо. 3. жаңылануу, кайра кармоо *(мис. оору)*.

üstelik,-ği 1. ашканы, айырмасы ~ **almak** ашканын/айырмасын алуу. 2.ал турсун, анан калса, мындан тышкары, ал эле эмес/дейсиңби. ~ **o bizim sınıfta okumuyor** анан калса, ал биздин класста окубайт. 3. күчтүү, алдуу, кыйын.

üstenci ортомчу, арачы, контрактор *(фирма/ киши; курулуш ишинде)*.

üstencilik,-ği ортомчулук, арачылык, контракторлук *(курулуш ишинде)*.

üstenmek *к.* **üstlenmek**

üstlenmek *(бир ишти)* мойнуна алуу, милдетин көтөрүү.

üstlük, -ğü 1. үстүнкү/сырт кийим, плащ. 2. жогорку абал.

üstsubay ага офицер.

üstübeç, -ci коргошун карбонаттуу ак боёк.

üstün I 1. жогорку, үстүңкү, кыйын. **en** ~ **hayat seviyesi** эң жогорку жашоо деңгээли. 2. артыкча, өзгөчө. ~ **gelmek** артыкчылык кылуу. ~ **tutmak** өзгөчө мамиле жасоо. ~ **zekâ** өзгөчө зээндүүлүк. **el elden ~dür** *мак.* кыйындын кыйыны бар.

üstün II *арап алфавитинде бир үнсүздүн жайылып, кыска, түз окуларын көрсөткөн белги, фатха.*

üstünkörü үстүртөн, чала-була. *сал.* **sathî.**

üstünlük, -ğü артыкчылык, өзгөчөлүк, мыктылык. **âdet ~ü** сан жагынан артыкчылык. **sürat ~ü** ылдамдыктан артыкчылык. ~ **derecesi** *грам.* күчөтмө даража *(сын атоочтордо)*. ~ **duygusu/kompleksi** *психол.* артыкчылык комплекси.

üşenç, -ci эринме, эринчээктик.

üşengeç, -ci эринчээк, жалкоо, ыкшоо.

üşengeçlik, -ği эринчээктик, жалкоолук, ыкшоолук.

üşengen эринген, эринчээк.

üşenmek эринүү, ыкшоолонуу, жалкоолонуу. **kendine yemek yapmaktan üşenir** өзүнө тамак жасагандан эринет.

üşmek үйүгүшүү, үйүлүү, жыйылуу, чокмороктоо, топтолуу. **karıncalar ekmeğe üştü** кумурскалар нанга үйүлдү.

üşümek үшүү.

üşüşmek үйүлүү, үйүгүшүү, чокмороктоо.

üşütmek 1. үшүтүп алуу, үшүккө алдыруу. 2. суукка урунуу, сасык тумоо болуу. 3. *арго* мээсинен айнуу, жинди болуу.

üşütük *арго* акылынан ажыраган, мээси айныган *(киши)*.

ütmek I, -er 1. куйкалоо. 2. ысыкка/отко кармоо. 3. отко кактоо *(буудай/ жүгөрү дүмбүлүн)*.

ütmek II, -er утуу, жеңүү.

ütopi *к.* **ütopya.**

ütopik утопиялык.

ütopya утопия.

ütopyacı утопист.

ütü 1. үтүк. 2. үтүктөмө *(иши)*. **pantolonunun ~sü yokmuş** шымынын үтүгү жок экен. ~ **altlığı** үтүктүн астына салынган чүпүрөк. ~ **bezi** марли. ~ **masası/tahtası** кир үтүктөмө үстөлү.

ütücü үтүкчү *(кесип)*.

ütülemek 1. үтүктөө *(кийимди)*. 2. куйкалоо *(этти)*, кактоо, тактап бышыруу.

ütülü үтүктөлүү, үтүктөлгөн.

ütüsüz үтүгү жок, үтүктөлбөгөн.

üvendire шапалак *(кош өгүздөрүн айдаган)*.

üvey өгөй. ~ **ana/anne** өгөй эне. ~ **baba** өгөй ата. ~ **evlât/çocuk** өгөй бала. ~ **kardeş** өгөй бир тууган. ~ **kız** өгөй кыз. ~ **oğul** өгөй уул. ~ **öz olmaz,**

kemha bez olmaz *мак.* өгөй өз болбойт, камка бөз болбойт.

üveyik,-ği *зоол.* жапайы көгүчкөн *(Columba palumbus)*.

üveymek *(көгүчкөндөр)* гүү-гүү этүү.

üvez I 1. *бот.* четин *(Pirus sorbus)*. 2. четиндин ашы.

üvez II *зоол.* майда чиркей *(Sorbus)*.

üye 1. мүчө *(уюмга, партияга, коомго ж. б.)*. **kulüb ~si** клуб мүчөсү. **parti ~si** партия мүчөсү. 2. *анат.* мүчө орган.

üyelik, -ği мүчөлүк *(уюмга, партияга, коомго ж. б.)*. **~ aidatı** мүчөлүк акы. **~ dondurmak** мүчөлүгүн убактылуу токтотуу. **~i düşmek** мүчөлүктөн чыгарылуу.

üzengi үзөңгү. **~ kayışı** үзөңгү кайышы. **~ kemiği** *анат.* үзөңгү сөөгү *(ортоңку кулакта)*.

üzengilenmek үзөңгү тегиниш.

üzere 1. үчүн (*максатты билдирет)*. **İstanbul'a yola çıkmak üzere evden ayrıldı** Стамбулга кетиш үчүн үйдөн чыкты. **tezimi hazırlamak ~ izin aldım** диссертациямды даярдоо үчүн уруксат алдым. 2. боюнча, жараша, көрө. **isteği ~** каалоосу боюнча. **örnekte yazıldığı ~** өрнөктө жазылганга жараша. 3. *жакынкы келер чакты билдирет:* **gelmek ~** келгени калды. **ölmek ~** өлгөнү калды, өлүм алдында. **kaleminiz düşmek ~** калемиңиз түшкөнү турат. **olmak ~** болгон. **bir çoğu bizim vatandaşlar olmak ~ on kişi** бир тобу биздин жарандар болгон он киши. 4. *шартты билдирет:* **geri vermek ~ alabilirsin** кайра берүү шарты менен алсаң болот.

üzeri, -ni 1. үстү, бети. **kâğıt ~nde yazılı** кагаз жүзүндө жазылган. 2. кийим, үстү-баш. **~ni aramak** үстүн кароо/тинтүү. **~ni değiştirmek** үстүн алмаштыруу. 3. үстү, чокусу. **damın ~** тамдын үстү. 4. ашканы, артканы *(акчаның)*. 5. жакын, жуук *(убакыт үчүн)* **akşam ~** кеч курун. **~ne** 1) ...дан улам, тиешелүү. **bunun ~ne cevap yazmak zorunda kaldım** мындан улам жооп жазууга аргасыз болдум. 2) боюнча. **talebi ~ne** талабы боюнча. 3) үстүнө, аркасынан, кийин, соң. **bunca telaş ~ne** мынча дүрбөлөң түшкөн соң. **~ne almak** *к.* **üstüne almak. ~nden atlamak** *к.* **üstünden atlamak. ~nden dökülmek** *к.* **üstünden dökülmek. ~ne bir bardak su içmek** *к.* **üstüne bir bardak su içmek. ~ne güneş doğmamak** *к.* **üstüne güneş doğmamak. ~ne atmak** *к.* **üstüne atmak. ~ne düşmek** *к.* **üstüne düşmek. ~ne evlenmek** *к.* **üstüne evlenmek. ~ne koymak** *к.* **üstüne koymak. ~ne oturmak** *к.* **üstüne oturmak. ~ne ölü toprağı serpilmiş gibi uyumak** *к.* **üstüne ölü toprağı serpilmiş gibi uyumak. ~ne titremek** *к.* **üstüne titremek. ~ne tuz biber ekmek** *к.* **üstüne tuz biber ekmek. ~ne ~ne gitmek** *к.* **üstüne üstüne gitmek. ~ne varmak** *к.* **üstüne varmak. ~ne yaptırmak** *к.* **üstüne yaptırmak. ~ne yatmak** *к.* **üstüne oturmak/yatmak. ~ne yok** *к.* **üstüne yok. ~ne yüklenmek** 1) кол салып жиберүү. 2) *өтм.* көшөрүү, көгөрүп туруп алуу. **~ne yürümek** *к.* **üstüne yürümek.**

üzerlik *бот.* гармала, алас оту *(Peganum harmal a)*.

üzgü кайгы, капа, жапа. *сал.* **cefa, eziyet, eza.**

üzgün кайгылуу, капалуу, кабагы бүркөк, сабыры суз, көңүлсүз. **~üm, ama...** өкүнүчтүү, бирок..... . **~üm, fakat yapılacak bir şey yok** өкүнүчтүү, бирок колдон келе турган эч нерсе жок.

üzgünlük,-ğü капалуулук, суздук, маанайы пастык, көңүлсүздүк.

üzlük,-ğü 1. кичине карапа идиш. 2. алас.

üzmek 1. капа кылуу, жин/ачуу келтирүү, кайгыга салуу. 2. кыйноо, азап тарттыруу. 3. жоорутуу, эзүү. **odunlar eşeğin sırtını üzüyordu** отундар эшектин жонун жоорутту. 4. сыйруу. **koyunun derisini** ~ койдун терисин сыйруу. 5. жыртуу, тамтыгын чыгаруу *(кийимдин)*.

üzre *к.* **üzere.**

üzücü кайгылуу, көңүл чөгөргөн, жүрөк сыздаткан. ~ **haber** кайгылуу кабар.

üzülme капа болуш, кайгырыш.

üzülmek 1. капа болуу, кайгыруу, көңүл чөгөрүү, азап/жабыр тартуу. 2. жыртылуу, тамтыгы чыгуу *(кийим)*. 3.ажыроо, начарлоо, табы айнуу *(оорудан)*.

üzüm I жүзүм. ~ **salkımı** жүзүм шиңгили. ~ **suyu** жүзүм шireси. **kişmiş ~ü** кишмиш. **kuru** ~ мейиз. ~ **~e baka baka kararır** *мак.* жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет.

üzüm II: ~ ~ **üzülmek** катуу кайгыруу/азап чегүү.

üzümcü жүзүмчү *(жүзүм өстүргөн/саткан киши)*.

üzümcülük, -ğü жүзүмчүлүк *(чарбасы/кесиби)*.

üzümsü жүзүм сымал, шиңгилдүү *(мөмө)*.

üzünç, -cü *к.* **üzüntü.**

üzüntü кайгы, капа, азап, кыйноо, муң. ~ **çekmek** кайгыруу, капа болуу, кыйналуу, азап тартуу. ~ **vermek** капа кылуу, кайгыртуу, кыйноо, азап тарттыруу, муңга салуу.

üzüntülü 1. кайгылуу, капалуу, муңдуу, шордуу. 2. кыйнаган, азап тарттырган.

üzüntüsüz 1. кайгысыз, капасыз, муңсуз. 2. көңүлдүү, жайдары.

V

V,v *түрк алфавитинин жыйырма жетинчи тамгасы.*

vaat, -di убада, сөз. **~te bulunmak** убада/сөз берүү. **~inden caymak** убадасынан тануу/кайтуу. **~inde durmak** убадасында туруу. **~ etmek** 1) убада кылуу. 2) ишеним туудуруу, үмүт эттирүү. **~ini yerine getirmek** убадасын аткаруу.

vaaz 1. вааз, диний үгүт *(жаами/мечиттерде айтылат)*. 2. насаат, насыйкат. **~ etmek/vermek** диний үгүт жүргүзүү.

vabeste *эск.* байланыштуу, тийиштүү.

vacip,-bi 1. зарыл, керектүү. 2. *мус.* важип *(шарият боюнча аткарылышы зарыл)*. **~ olmak** зарыл/керек болуш.

vade 1. мөөнөт, убакыт. **~si gelmek/yetmek** мөөнөтү келүү/жетүү. 2.кредит, насыя. **~ ile verilmek/satılmak** кредит менен/насыяга берилүү/сатылуу.

vadedilmek убада кылынуу, сөз берилүү.

vadeli мөөнөтү белгиленген, мөөнөттүү. **kısa ~** кыска мөөнөттүү. **uzun ~** узун мөөнөттүү. **~ hesap** мөөнөттүү эсеп *(банкада)*.

vadesiz мөөнөтсүз. **~ hesap/mevduat** мөөнөтсүз эсеп *(банкада)*.

vadetmek *к.* **vaat.**

vadi 1. өрөөн. 2. капчыгай. 3. *эск. , өтм.* жол ыкма, маанай. **bu ~de hayli konuştu** ушул маанайда кыйла сөз сүйлөдү.

vaftiz *дин (христиандарда)* чокундурма, кресттөө. **~ anası** крест энеси. **~ babası** крест атасы. **~ etmek** чокундуруу. **~ töreni** чокундурма аземи.

vaftizhane *дин (христиандар)* чокундурулган жер.

vagina, vajina *анат.* төл жолу.

vagon вагон. **~ restoran** вагон-ресторан. **posta ~u** почта вагону. **yük ~** жүк вагону.

vagonet, -ti вагонетка.

vagotoni *мед.* ваготони (*нерв оорусу)*.

vah *сырд. с.* иий! *(өкүнүү/боор оору билдирет)*. **~ ~!** ай-ай! **~ ~ yazık olmuş!** ай-ай, жаман/ кыйын болгон экен!

vaha оазис.

vahamet,-ti 1. кыйынчылык, коркунучтуулук, коотуулук *(жагдайда/абалда)*. 2. басым. 3. *мед.* сиңирим кыйындоосу.

vahdet, -ti бирдик, жалгыздык, тектик, уникалдуулук. **~i vücut** *дин* пантеизм.

vahim оор, орчундуу, кыйын. **durum çok ~** абал өтө кыйын/оор.

vahit,-di жалгыз, кайталангыс, теңдешсиз.

vahiy,-hyi вахий *(Теңир тарабынан пайгамбарларга, алар аркылуу адамзатка жиберилген билги)*.

vahşet,-ti 1. жапайылык, көркоолук, варварлык. 2. коркунуч, үрөй учурган нерсе. 3. ээн талаа, эрме чөл.

vahşî 1. жапайы, жапан. *сал.* **yabanî.** 2. *өтм.* жапайы, жатыркаган, коошпогон. 3. чытырман, ээн. **~ orman** чытырман токой.

vahşîce жапайылык/жырткычтык/көркоолук менен, аёосуз.

vahşîleşmek жапайылашуу.

vahşîlik,-ği жапайылык, жырткычтык, көркоолук, варварлык. **~ etmek** жинденүү, жаалдануу.

vahvahlanmak кокуйлоо, күйгүлтүккө түшүү, күйүп-бышуу.

vaiz *дин* ваиз, үгүтчү, насаатчы *(жаамилерде/мечиттерде)*.

vaizlik,-ği *дин* ваиздик, үгүтчүлүк,

насаатчылык.
vajina *к.* **vagina.**
vajinal төл жолуна байланыштуу.
vak'a 1. окуя, факт, жорук. **son zamanlarda hırsızlık ~ları çoğalmıştır** кийинки кезде уурулук фактылары көбөйүп кетти. 2. тумоо, ылаң, илдет. **kolera ~sı** холера илдети.
vakaa чынында, чын-чынына келгенде.
vak'anüvis *тар. (Османлы Императорлугунда)* тарыхнаама/ жылнаама жазган киши, катчы, тарыхчы.
vakar оор басырыктуулук, салмактуулук, салабаттуулук. *сал.* **ağırbaşlılık.**
vakarlı оор басырыктуу, салмактуу, салабаттуу, кадырлуу.
vakarsız жеңил-желпи, жеңил ойлуу, көөдөк.
vakayiname жылнаама, хроника.
vakfetmek 1. *(бир нерсеге кайрылуу)* арноо, атоо, мурас кылуу *(байлыгын/мүлкүн)*. 2. *өтм.* берилүү, арноо. **kendini bilime vakfetti** өзүн илимге арнады.
vakfiye вакыф/фонд курма кагазы/ документи.
vakıa I окуя, жорук, факт.
vakıa II *к.* **vakaa.**
vakıf, -kfı *(диний/кайрым)* вакыф, фонд *(бирөөлөр тарабынан бул ишке арналган, мурас кылынган)*.
vâkıf 1. билген, түшүнгөн, колунан келген, жетик, компетенттүү. 2. вакыф/ фонд негиздеген *(киши)*. **~ olmak** *(бир нерседе)* маалыматы/жетиштүү билими болуу.
vaki,-i I 1. болгон**,** ишке ашкан, орундалган. **emri ~** болуп өткөн окуя. **onun yalan söylediği ~ olmamıştır** анын калп айткан учуру болгон эмес. 2. жайгашкан, орун алган. **~ olmak** болуу, ишке ашуу.
vaki II алдын алынган, саксакталган. **~ tedbir** алдын алынган чара.
vakit, -kti 1. убакыт, убак, учур, кез, маал. **akşam ~i** кечки маал, кечкурун. **öğlen ~i** түш маалы/чен. **sabah ~i** эртең менен. 2. так маалы, убагы, мезгили *(бир нерсе жасаш үчүн)*. **denize gitmenin tam ~i** деңизге баруунун так маалы. **erik ~inden geç çiçek açtı** өрүк маалынан өтүп барып гүлдөдү. 3. маалда/убакта/ учурда. **radyo dinlediğim ~** радио тыңшаган кезимде. **sen geldiğin ~** сен келген маалда. 4. заман, доор. **~inin ünlü gezginleri** өз заманынын атактуу саякатчылары. **~iyle** 1) ыңгайлуу/ ыктуу учурда. 2) илгери өткөн замандарда. **~ini almak** убактысын алуу. **~ dolmak** мөөнөтү бүтүү, убактысы келүү. **~ geçirmek** убакыт өткөрүү. **~i gelmek** убактысы келүү. **~ kaybetmeden** убакыт өткөрбөй. **~ kazanmak** убакыттан утуш. **~ nakittir** *мак.* убакыт-байлык. **~i olmak** так маалы/заманы болуш. **~i olmamak** убактысы болбоо. **~ öldürmek** убакыт коротуу/өлтүрүү/каржоо. **~ini şaşmamak** шашпоо, так/кылдат болуу. **~ ~** маал-маал, кез-кез. **~ini yemek** убактысын алуу. **(hâli) ~i yerinde** бардар, оокаттуу, бай.
vakitli өз убагында/маалында жасалган/ кылынган. **~ vakitsiz** ой келди, каалаган учурунда.
vakitsiz туура эмес/ыңгайсыз убакытта/ маалда, убагы келе электе. **~ meyve** эрте бышкан мөмө/жемиш.
vak: *туур. с.* **~ ~** бак-бак *(өрдөктүн үнү)*.
vaklamak бак-бак этүү, кукулуктоо *(өрдөк)*.
vaktaki убактагы, кездеги, маалдагы.
vakum *физ.* вакуум.
vakumlu вакуумдуу.
vakur *к.* **vakarlı.**
vakvak *(балдар тилинде)* өрдөк.
vale 1. *(карта оюнунда)* валет. 2. *(отелдерде)* жаш/тажырыйбасыз

кызматчы.
valf *тех.* клапан, капкакча.
vali вали, вилайет башчысы, губернатор.
valide апа, эне. ~ **sultan** *тар.* султандын энеси.
valilik,-ği 1. валилик *(кызмат/милдет)*. 2. вилайет, область. 3. валилик (*имарат*).
valiz чемодан.
vallahi Кудай урсун! *(каргануу)*. ~ **billâhi** Кудай алдында! ант урсун! *(каргануу)*. ~ **billahi gittiğini görmedim!** Кудай урсун, кеткенин көрбөдүм!
vals 1. вальс. ~ **yapmak** вальс бийлөө. 2. *муз.* вальс *(музыка түрү)*.
vamp, -pı жүрөөнөк аял.
vampir 1. вампир, кан соргуч. 2. *зоол.* жарганат түрү *(Vampyrus spectrum)*.
vana клапан, капкакча.
vanadyum *хим.* ванадий.
vandal 1. кыйраткыч, бүлдүргүч. 2. *тар.* вандалдар *(Чыгыш Германиядан чыккан аёсуз/таш боор уруу)*.
vandalizm вандализм, кыйраткычтык, бүлдүргүчтүк *(кооздук/сулуулуктарды, баалуу нерселерди)*.
vanilya 1. *бот.* ваниль гүлү *(Vanilla planifolia)*. 2. бул гүлдүн мөмөсү, ваниль.
vanilyalı ванилдүү.
vantilasyon желдетме, вентиляция.
vantilatör желдеткич, вентилятор.
vantrilok, -ku вентрилок *(курсагынан сүйлөмө)*.
vantuz 1. *мед.* банка. ~ **çekmek** банка коюу *(денеге)*. 2. *зоол.* соргуч *(кан соргуч айбандарда)*.
vapur пароход. ~ **dumanı** коюу боз түс.
var 1. бар. **ailesi, iki çocuğu** ~ үй бүлөсү, эки баласы бар. 2. бүтүн, болгон. ~ **gücüyle** болгон/бар күчү менен. 3. калды. **bayrama iki gün** ~ майрамга эки күн калды. 4. байлык, бардык, бардарлык. **~ını yoğunu ortaya koydu** бары-жогун ортого койду. **~ını tüketti** байлыгын түгөттү. ~ **etmek** жоктон бар кылуу, жаратуу. ~ **mısın?** барсыңбы? мелдешесиңби? *(бир нерсеге)*. ~ **ol!** бар бол! жаша! ~ **olmak** көзү тирүү болуу. ~ **saymak** бар деп эсептөө, кыял куруу. ~ **yoğu** колунда бары/болгону. ~ **yok** 1) болду, болбоду, болжол менен. **çocuk on yaşında** ~ **yok** бала болду болбоду он жаштарда. 2) же бар эмес, же жок эмес *(начар /өтө аз)*. **~sa yoksa...** көргөн-бакканы, көзүн караганы. **~sa yoksa kızı, dünya umrunda değil** көргөн-бакканы эле кызы, дүйнө менен иши жок. **~la yok arası** бар менен жоктун арасы. **bir ~ bir yok** бир бар, бир жок. **bir ~mış, bir yokmuş** *фольк.* бар экен, жок экен *(жомоктордогу калып)*. **ne ~ ki** бирок, тилекке каршы. **ne ~ ne yok?** эмне жаңылык бар? *(алжай сураганда)*.
varagele *дең.* сүйрөгүч тросс.
varak, -ğı 1. *эск.* жалбырак. 2. барак. 3. алтын/күмүш жалбырак *(жасалга)*.
varaka 1. барак. 2. кат, документ, сертификат.
varakçı зергер *(алтын/күмүштөн буюм жасаган)*.
varaklamak барак *(к.)* жабыштырып кооздоо.
varaklı барак *(к.)* менен кооздолгон.
varda 1. нөөмөт, кезек. ~ **bandıra** сакчы, күзөтчү. 2. *сырд. с.* сак/этият бол! *(эскертүү)*.
vardokosta 1. жээк күзөт кемеси. 2. келишимдүү, келберсиген *(аял)*.
vardırmak баргызуу, жеткизүү. **işi o hâle** ~ ишти ошол абалга жеткизүү.
vardiya 1. *дең.* нөөмөт, кезек, пост. 2. нөөмөт орду, күзөт.
vardiyacı нөөмөтчү, күзөтчү.
vareste кутулган, бошонгон. ~ **kalmak** кутулуп/бошонуп чыгуу.
vargı *лог.* бүтүм.

varış 1. барыш, жетиш. ~ **geliş** барыш-келиш. ~ **noktası** жеткен жери. ~ **tarihi** жеткен күнү. 2. зээндүүлүк, байкагычтык, сергектик. 3. *спорт* жетиш, финиш. ~ **çizgisi** *спорт* жетиш сызыгы.
varışlı зээндүү, байкагыч, сергек.
varidat,-tı 1. ич күдү(к), түкшөмөл, боолго. 2. киреше.
varil 1. баррел *(суюк, куру заттарды өлчөө бирдиги; нефти үчүн 158,81 литр)*. 2. челек, бочке.
varis *мед.* варикоз, тамырдын кеңейип кетиши.
vâris мурасчы, мураскор.
varisli *мед.* варикозу бар, тамырлары кеңейип кеткен *(киши)*.
varit, -di акылга/ойго келген/сыйган, болушу мүмкүн болгон. ~ **olmak** ишке ашышы мүмкүн болуу. **söylediklerіniz ~ değil** айтканда-рыңыздын аткарылышы мүмкүн эмес.
variyet, -ti бардарлык, байлык.
variyetli бардар, бай.
varlık, -ğı 1. барлык, бар болуш. **babam benim ~ımdan bile habersizmiş** атам менин бар экенимден деле кабары болбоптур. **bir millet ~ını her şeyden çok dilinde yaşatır** бир улут барлыгын баарыдан мурда тилинде жашатат. 2. барлык, зат. **canlı ~lar** жандуу барлыктар/заттар. 3. байлык, мүлк, акча. **~ta darlık çekmek** байлык ичинде тарлык тартуу. ~ **içinde yaşamak** бардар, кең-кесири жашоо. ~ **içinde yokluk** бар туруп жоктой жашоо. 4. *өтм.* кымбат/ыйык нерсе. **çocuklar en değerli ~ımızdır** балдар эң кымбат байлыгыбыз. 4. *филос.* барлык. ~ **bilimci** *филос.* онтолог. ~ **bilimi** *филос.* онтология. ~ **birliği** *филос.* барлык бүтүндүгү *(жараткан менен жаратылгандардын бүтүндүгү)*.
varlıklı бардар, бай, колунда бар. ~ **ailenin çocuğu** бардар үй бүлөнүн баласы.
varlıksız кедей, жарды, колунда жок.
varmak, -ır 1. баруу, жетүү *(бир жерге)*. **İstanbul'a ne zaman varırız?** Стамбулга канчада жетебиз? 2. чыгуу, келүү. **masraflarımız bin liraya vardı** чыгымыбыз миң лирага чыкты. **yaşı altmışa varmıştır** жашы алтымышка барып калгандыр. 3. жыйынтыкталуу, бүтүү. **kavganın sonu nereye varacak?** чатактын аягы кайда барат? 4. көзү жетүү, билүү. **sırrına** ~ сырын билип/тартып алуу. **tadına** ~ *өтм.* даамын алуу. 5. күйөөгө тийүү. 6. бир аракетке киришүү. **secdeye** ~ *дин* саждага жыгылуу. **uykuya** ~ уктоо. **var/varsın** 1) мейли, болуптур. ~ **bildiğini yap!** бар, билгениңди кыл! ~ **gelmesin, onsuz da bitiririz!** келбей эле койсун, ансыз деле бүтүрөбүз! 2) барып көрсүн. **varan** жеткен. **sayısı iki yüze** ~ **dinleyicilerimize hizmet veriyoruz** саны эки жүзгө жеткен угуучуларыбызга кызмат берип жатабыз. **vara vara** бара-бара, барган сайын. **varıncaya dek/kadar** 1) барганча, барганга чейин. 2) эмне бар болсо, ал түгүл. **çeyizine varıncaya kadar her şeyini sattı** себине чейин эмнеси бар болсо, баарын сатты. **vardığın yer körse, gözünü kapa** *мак.* кошунаң сокур болсо, бир көзүңдү жумуп ал.
varoluş *филос.* барлык, бар болуш.
varoluşçu *филос.* 1. экзистенциалист. 2. экзистенциалисттик.
varoluşçuluk,-ğu *филос.* экзистенциализм.
varoş чет-жака, чеке-бел, чет, тыш, сырт, элет. **şehir ~ları** шаардын чет-жакасы/сырты/тышы.
varsayım божомол, болжол, түкшөмөл, гипотеза.
varsaymak 1. божомолдоо, болжолдоо, түкшөмөлдөө. 2. эсептөө, саноо.

senin böylece sınavdan geçtiğini varsayalım сени ушинтип сынактан өтүп кетти деп эсептеп коёлу.

varsıl бардар, бай, колунда бар, оокаттуу. ~ **erki** *саяс.* байлардын эркн/каалоосу, плутократия.

varsıllaşmak баюу, турмушу оңолуу.

varsıllık, -ğı байлык, бардарлык.

varta коркунуч, опурталдуулук, балакет. **~yı atlatmak** балакеттен/коркунучтан кутулуу. **~ya düşmek** балакетке калуу.

varyant, -tı 1.вариант, жол, түр. 2. *ад.* вариант. **destanın bir çok ~ı tespit edilmiştir** дастандын бир топ варианты табылды.

varyasyon 1. *муз.* вариация, түрлөнтүү. 2. *биол.* кубулуу, өзгөрүү.

varyemez сараң, битир, колу катуу.

varyete варьете *(көрсөтүү, шоу)*.

varyos барскан, чоң балка.

vasat, -tı 1. орто, борбор. 2. айлана, чөйрө. 3. *өтм.* ортом, чөйрө. 4. *анат.* бел.

vasatî орто, орточо. **~sini almak** орточо эсебин алыш. ~ **kalite** орточо сапат. ~ **sür'at** орточо ылдамдык.

vasektomi *к.* **vazektomi.**

vasıf, -sfı 1. сапат, касиет, мүнөз, белги. *сал.* **nitelik. şahsî ve amelî ~lar** жекече жана ишкердик сапаттар. 2. наам. 3. мактоо. 4. *грам.* сын, сыпат. **~a gelmez** айтып бергис/түгөтө алгыс.

vasıflandırmak мүнөздөө, баа берүү, сыпаттоо.

vasıflanmak мүнөздөлүү, баа берилүү, сыпатталуу.

vasıflı 1. жөндөмдүү, сапаттуу. 2. сапаты жакшы, жетик, адис. ~ **işçi** адис жумушчу.

vasıfsız жөндөмсүз, сапатсыз.

vasıl: ~ **olmak** баруу, жетүү, улашуу, тийүү. ~ **olan haberlere göre** жеткен кабарларга караганда.

vasıta 1. каражат. *сал.* **araç.** 2. улоо, унаа. **~nız var mı?** унааңыз барбы? 3. арачы, ортомчу. **~sıyla** арачылыгы менен, аркылуу. **internet ~sıyla** интернет аркылуу.

vasıtalı 1. каражаттуу. 2. кыйыр, кошумча. ~ **vergi** кошумча салык.

vasıtalık, -ğı арачылык, ортомчулук.

vasıtasız түз, тикеден-тике.

vasi *ук.* 1. жетимдин/майыптын ишин көзөмөлгө алган киши. 2. керээзди орундаткан киши.

vasilik,-ği көзөмөлдүк, камкордук *(өлгөндүн/майыптын иштерин жүргүзүүдө)*.

vasistas форточка *(терезенин)*.

vasiyet, -ti 1. керээз. 2. *к.* **vasiyetname.** ~ **etmek** керээз кылуу/калтыруу.

vasiyetname керээз *(жазуу жүзүндө)*.

vaşak 1. *зоол.* сүлөөсүн *(Fel isl ynx)*. 2. сүлөөсүндүн териси.

vat, -tı *элек.* ватт. ~ **saat** ватт-саат. ~ **sarfiyatı** электр энергиясынын чыгымы.

vatan мекен, ата журт. ~ **hasreti** мекен кусалыгы/сагынычы. **~ı kurtarmak** *арго* кыйын абалдан чыгуу.

vatandaş жаран, журтташ, атуул.

vatandaşlık, -ğı жарандык, журтташтык, атуулдук.

vatanî мекенге/журтка байланыштуу. ~ **görev/vazife** мекен кызматы/милдети.

vatanperver мекенсүйөр, журтсүйөр, патриот.

vatanperverlik,-ği мекенсүйөрлүк, журтсүйөрлүк, патриотизм.

vatansever *к.* **yurtsever.**

vatanseverlik, -ği *к.* **yurtseverlik.**

vatansız ата мекенсиз, журтсуз.

Vatikan Ватикан.

vatka кабыма *(кийимдин ичине салынган)*.

vatman трамвай айдоочусу.

vatoz *зоол.* деңиз мышыгы *(Raja clavata)*.

vaveyla чыңырык, өкүрүк. **~yı koparmak**

чыңырып өкүрүш, бейжайланыш.

vay *сырд. с.* 1. апей! *(таң калуу билдирет)*. ~ **gülüm, nereden bu geliş?** апей, кагылайын, кайдан келип калдың? 2. ай! ай! *(оору/кыйналуу билдирет)*. ~ **başım ~!** ай, башым ай! 3. ай-ай! *(боор оору, аёо билдирет)*. ~ **anam ~!** алда кокуй ай! 4. *(кыжырдануу билдирет)* ~ **anasını/canına!** атасынын көрү! ~ **hâline!** көргүлүктү көрсүн!

vazektomi *мед.* вазектомия.

vazelin вазелин.

vazetmek коюу, салуу.

vazgeçme баш тартма.

vazgeçmek 1. баш тартыш. **paradan** ~ акчадан баш тартыш. 2. ташташ, жасабас болуш *(жаман адаттарын, көнүмүштөрүн)*. **içkiden vazgeçmiyor** ичкиликтен баш тартпайт. 3. пикирин өзгөртүш, сөзүнөн кайтыш.

vazıh ачык, түз, белгилүү, анык, так. ~ **olmak** ачык/анык болуш.

vazife 1. милдет, парз, вазыйпа, осуйпа. *сал.* **görev. ~mizdir** мойнубуздун парзы, милдетибиз. ~ **bilmek** милдет деп билиш. 2. кызмат, жумуш, иш. **~si başında** кызматынын башында. **~ye başlamak** кызматка кирүү. ~ **görmek** 1) милдет деп билиш. 2) кызматын/ишин аткарыш. **~sinden olmak** ишинен ажыраш. 3. тапшырма, сабак. ~ **vermek** тапшырма бериш. 4. *ооз.* айлык, маяна. ~ **etmek** кызыгуу, көңүл буруу. **~si mi!** ага баары бир! көңүл буруп атыптырбы!

vazifelendirme вазыйпа/милдет жүктөмө/милдеттендирме.

vazifelendirmek вазыйпа/милдет жүктөө, иш тапшыруу, милдеттендирүү.

vazifeli иш/милдет тапшырылган/ тагылган, кызматындагы. ~ **polisler** кызматта турган полиция.

vazifesiz 1. иши/кызматы жок, бош. 2. милдетин билбеген, жатып ичер, жанбакты.

vazifeşinas ишине/кызматына так, милдетин билген, жоопкерчиликтүү.

vaziyet,-ti 1. шарт. 2. жагдай, абал, кырдаал. 3. *аск.* өңүт, ыңгай. ~ **almak** 1) *аск.* өңүтүн алуу, ыңгайлашуу. 2) *спорт* даяр болуу. **~e hakim** жагдайды билип/бийлеп турган. **müşkül ~e düşürmek** кыйын абалда калтыруу.

vazo ваза.

v.b. (ve başkaları'*нын кыск.)* ж.б. *(*жана башкалар'*дын кыск.)*.

ve *байл.* жана. **anneler ve babalar** аталар жана энелер.

veba өлөт *(малдын ылаңы)*. **sığır ~sı** уй өлөтү. **domuz ~sı** чочконун өлөтү.

vebal,-li убал. **~i boynuna!** убалы мойнуңа! убалы уктатпасын! **~ini çekmek** убалын тартуу. **~i kime ?** убалы кимге?

vebalı өлөттүү, ылаңдаган *(мал)*.

vecibe милдет, парз.

vecih,-çhi 1. жүз, кебете, ырай. 2. жол, ыкма, усул. **bu ~le** бул жол менен. 3. сыяктуу, окшош. **dediğim ~le** айтканымдай.

vecit,-cdi шатыра-шатман/чечекейи чеч, дайнын таппай/өзүн унутуп калыш, экстаз *(сүйүнгөндөн/сүйүүдөн)*. **~e gelmek/kapılmak** чечекейи чеч болуш.

veciz кыска, так, таамай *(сөз)*.

vecize накыл/учкул сөз.

veçhe 1. жак, тарап. 2. жол, курс, багыт. ~ **almak** багыт алыш. 3. жүз, кебете.

veda,-ı коштошуу. ~ **etmek** 1) коштошуу, кош айтышуу. 2) таштоо, арылуу, кутулуу. ~ **gecesi/partisi** коштошуу кечеси. ~ **konseri** коштошуу концерти. ~ **konuşması** акыркы/коштошуу сөзү.

vedalaşmak коштошуу.

vefa 1. опаа, туруктуулук, чын ыкластуулук. 2. жетиктик. 3. төлөмө, өтөмө *(милдетти/парзды)*. ~

etmek 1) туруктуулук/чынчылдык көрсөтүү. 2) жеткиликтүү/опаа болуш.
vefakâr жапакеч, боорукер.
vefalı кыйбас, жан аябас, кайрымдуу.
vefasız опаасыз, жалган, туруксуз.
vefasızlık,-ğı кайрымсыздык, опаасыздык, жалгандык, туруксуздук.
vefat,-tı өлүм, каза болуш, дүйнөдөн кайтыш. ~ **etmek** каза болуу, өлүү, дүйнөдөн кайтуу, көз жумуу, о дүйнөгө кетүү.
vehim, -hmi 1. шек, күмөн, ишенбестик. **~e düşmek/kapılmak** шектенүү, күмөн саноо, ишенбөө. 2. кыял куруу.
vehmetmek курулай шектенүү, күмөн саноо, жаман ойлоо.
vejetaryen 1. вегетариан. 2. вегетариан режими.
vejetaryenlik, -ği вегетариандык.
vekâlet, -ti 1. ишеним, өкүлчүлүк, орун басарлык. 2. министрлик. ~ **etmek** орун басарлык кылуу. ~ **ücreti** *ук.* ишеним кат акысы. ~ **vermek** ишеним кат берүү.
vekâleten башкасынын ордуна, башкасынын атынан, убактылуу биринин милдетин аткарып.
vekâletname ишеним кат. **hususî ~** жекече ишеним кат.
vekil 1. өкүл, орунбасар. **millet ~i** эл өкүлү, депутат. ~ **etmek** ордун басуу, өкүлчүлүгүн жасоо, милдетин аткаруу. ~ **tayin etmek** өкүл дайындоо. 2. *эск.* министр. **V~ler Heyeti** Министрлер Кеңеши.
vekilharç,-cı чарбадар, эконом *(бай үй-бүлөлөрдө чарбалык иштерди жүргүзгөн киши)*.
vekillik, -ği 1. өкүлдүк. 2. министрлик. ~ **etmek** өкүлчүлүгүн аткарыш.
vektör *мат.* вектор.
velâyet 1. *ук. к.* **velilik.** 2. аброй, кадыр, авторитет.
velâyetname тарикат мыктыларынын өмүр баяны.
velespit, -ti *эск.* велосипед.
velet, -di 1. *ооз.* уул, эркек бала *(көбүнчө мусулман эместер үчүн колдонулган)*. **~i zina** никесиз төрөлгөн бала. 2. *арго, орой* жубарымбек, чычым.
velev *байл.* 1. деле, андай болсо. **bu sözü söylemedim, ~ (ki) söylemiş olsam ne çıkar** ал сөздү айткан жокмун, айтсам деле эмнеси бар экен. 2. мейли... мейли. ~ **ben, ~ sen, farketmez** мейли мен, мейли сен, айырмасы жок. 3. мага демектен/десе. **öyle birini ~ ki dünya güzeli olsun, evime sokmam!** ага окшогон немени, мага десе дүйнө сулуусу болсун, үйүмө жолотпойм!
velhâsıl кыскасы/ток этер жери.
velhâsılıkelâm сөздүн кыскасы/ток этер жери.
veli 1. баланын милдетин алган, тарбия иштеринен жоопкер. 2. ыйык, олуя, көсөм, Кудайдын сүйгөн кишиси.
veliaht, -dı такты мураскору.
veliahtlık,-ğı мураскорлук *(такты үчүн)*.
velilik, -ği 1. милдеткерлик, жоопкерлик *(баланын таалим/тарбиясынан)*. 2. олуялык, ыйыктык, көсөмдүк.
velinimet,-ti кайрымдуу, демөөрчү.
velût,-du 1. өндүрүмдүү, жемиштүү, берекеттүү. 2. *өтм.* өндүрүмдүү, үзүрлүү, жемиштүү. ~ **bir yazar** үзүрлүү жазуучу.
velvele кыйкырык, өкүрүк, чуу, чуру-чуу, күрү-гүү, чатак. ~ **çıkarmak/koparmak** чуу чыгаруу. **~ye vermek** тополоң, чуру-чуу түшүрүү.
velveleci тажаал, бейжай, ажаан, чатак *(киши)*.
vena *анат.* вена.
Venezuela Венесуэла.
Venezuelalı венесуэлалык.
Venüs *астр.* Чолпон жылдызы.
venüsçarığı,-nı *бот.* башмак гүл *(Cypripediumcal ceol us)*.

veranda веранда.
veraset, -ti 1. *ук.* мурас, мураска ээлик. ~ **hakkı** мурас укугу. ~ **ilâmı** *ук.* мураска ээлик белгеси. **~ten mahrum etmek** мурастан куру калтырыш. 2. *биол.* тукум куучулук. *сал.* **kalıtım, soya çekim.**
verdi *физ.* ысырап *(газдын/суунун/электрдин бир секунддагы)*.
vere *тар.* багынып бериш.
verecek, -ği бересе.
verecekli 1. береселүү, карыздар. 2. *өтм.* милдеткер, карыздар.
verem 1. *мед.* кургак учук, туберкулёз. 2. шишик. 3. кургак учук менен ооруган *(киши)*. ~ **olmak** кургак учукка кабылыш.
veremli кургак учук менен ооруган, сил кесел.
veresiye 1. бересе, насыя. ~ **almak** бересеге алуу. 2. *өтм.* үстүртөн, кайдигер, кош көңүл. ~ **iş görmek** ишти үстүртөн/чала жасоо.
verev кыя/кыйык кесилген/катталган. ~ **etek** кыйык этек.
vergi 1. алык, салык. 2. тубаса жөндөм, шык. 3. садага, кайыр. ~ **beyannamesi** салык алынчу мүлк билдирими. ~ **dairesi** салык мекемеси. ~ **kaçakçılığı** салыктан качма. **~den muaf** салыктан бошотулган. ~ **mükellefi** салык төлөөчү. **~ye tabi** салыкка милдеттүү. ~ **vermek/ödemek** салык төлөө.
vergici салык чогултккуч, салыкчы.
vergilendirmek салык салыш.
vergili 1. салык алынган, салыкка милдеттүү. 2. кайыр/садага берген, кайрымдуу *(киши)*. 3. *өтм.* үзүрлүү, жемиштүү, чыгармачыл.
vergisiz салык алынбаган, салыктан тышкары.
veri маалымат, көрсөткүч, факто. ~ **bankası** маалыматтар борбору. ~ **iletimi** *комп.* маалыматтардын берилиши. ~ **iletişim merkezi** *комп.* Маалыматтарды тараган жер. ~ **tabanı** *комп.* маалыматтар негизи.
verici 1. берүүчү. **endişe** ~ санаа тарттыруучу, кабатыр кылуучу. **haber** ~ кабар берүүчү. 2. *радио* берүүчү. 3. *мед.* донор.
verile *сырд. с.* 1. берилсин! *(буйрук)*. 2. төлөмө буйругу *(расмий кагаз)*.
verilmek берилүү. **verilmiş sadakası olmak** Кудай сактаптыр! (*сөзм. с.* берилген садагаң бар экен!).
verim 1. өндүрүмдүүлүк, түшүмдүүлүк, жемиштүүлүк. **işin ~ini artırmak** иштин өндүрүмдүүлүгүн арттыруу. **ağacın ~i** бактын түшүмдүүлүгү. 3. кирешелүүлүк, пайдалуулук. ~ **düşürmek** кирешелүүлүгүн түшүрүү.
verimli 1. өндүрүмдүү, түшүмдүү, жемиштүү, берекелүү. ~ **topraklar** берекелүү топурактар. 2. *өтм.* ийгиликтүү, жемиштүү, үзүрлүү.
verimlilik,-ği өндүрүмдүүлүк, түшүмдүүлүк, жемиштүүлүк, берекелүүлүк.
verimsiz өндүрүмсүз, берекесиз, жакыр, кунарсыз.
verimsizlik,-ği өндүрүмсүздүк, берекесиздик, жакырлык, кунарсыздык.
veriştirmek 1. быдылдап/чепилдеп сүйлөө. 2. оозунан ак ит кирип, кара ит чыгуу, оозуна келгенди сүйлөө/оттоо.
verkaç, -cı *футб.* топту башкасына бере коюп, чуркап барып башка жерден кайра алыш.
vermek 1. бериш. **ad** ~ ат коюш. **ara** ~ тыныгуу бериш. **arka arkaya** ~ 1) аркаларын жөлөп отуруш. 2) *өтм.* бири-бирин колдош, жөлөк-таяк болуш. 2. таёо, көрүү, байланыштыруу. **gidemeyişini talihsizliğine verdi** кете албай калышын бейтаалайлыгынан көрдү. 3. буруу, каратуу. **sırtını güneşe verdi** жонун күнгө каратып/кактап отурду. 4.

билдирүү, айтуу. **fikir ~** пикир/акыл берүү. **öğüt ~** кеңеш берүү. 5. жаратуу, туйгузуу, сездирүү. **ferahlık ~** кубандыруу, сүйүндүрүү. **zahmet ~** убара кылуу. **zevk ~** ырахат берүү. 6. күйөөгө бериш. **kızını verdi** кызын күйөөгө берди. 7. туура/ылайык көрүү. **ben bu davranışı size veremedim** мен бул жорукту сизге ылайык көрбөдүм. 8. *(бир нерсеге)* учуратуу, кабылтуу. **ateşe ~** өрттөп ийүү. 9. уюштуруу, өткөрүү. **konferans ~** конференция өткөрүү. 10. көрсөтүү, уктуруу. **konser ~** концерт берүү. 11. сатуу. **ucuz ~** арзан сатуу. **pahalı ~** кымбат сатуу. 12. төлөө. **borcunu ~** карызын төлөө. 13. мөмөсүн берүү. **yemiş vermeye başladı** жемишин бере баштады. 14. өзгөртүү. **biçim ~** бычым берүү. **şekil ~** шекил берүү. **tat ~** даам берүү. 15. арноо, каржоо. **emek ~** эмгек берүү. 16. *жардамчы этиш катары келип, аракеттин тез жасалганын туюндурат:* **alıvermek** ала коюу. **yapıvermek** жасай салуу. **ver elini (İstanbul)** кайдасың Стамбул *(деп жөнөп калуу)*. **verip veriştirmek** оозуна келгенди сүйлөө.

vermut, -tu вермут *(шарап түрү)*.

vernik, -ği лак.

verniklemek лактоо.

versiyon версия, өзгөчө көрүнүш.

veryansın: ~ etmek эчтекеге карабай, аябай, болушунча, аңды-дөңдү карабай. **~ bağırmak** үнүнүн бардыгынча кыйкырыш.

vesaire жана башка.

vesait, -ti (vasıta'*ның көпт. т.)* унаалар, улоолор.

yol 1. жол. **kara ~u** кара жол. **dağ ~u** тоо жолу. **deniz ~u** деңиз жолу. **hava ~u** аба жолу. **keçi ~u** кой жол. **kestirme** ~ төтө жол. **yürüyüş ~u** жүрүш жолу. 2. түтүк, өткөөл, канал. **petrol boru ~u** нефти түтүк жолу. **sidik ~ları** сийдик каналы. 3. жолчулук сапар. **~a çıkmak** 1) жолго чыгуу. 2) бир жолго чыгуу, түбү барып биригүү. ~ **giderleri/harcı** жол чыгымдары. 4. *дең.* ылдамдык *(кеменин)*. **bu vapurun ~u az** бул пароходдун ылдамдыгы төмөн. 5. *өтм.* жол, чара, арга, ыкма. **~unu aramak** жолун издөө. 6. эреже, жол. **her işi kendi ~uyla yapmak gerekir** ар ишти өз жолу менен жасоо керек. **sanat ~uyla ifade etmek** санат жолу менен көрсөтүү. 7. максат, мүдөө. **bu ~da çok emek harcandı** бул максатта далай эмгек сиңирилди. 8. сызык, жол *(кездемеде)*. **yeşil ~ları olan kumaş** жашыл жол-жол кездеме. 9. жолу, кез, сапар. **bir ~ bize geldi** бир жолу бизге келди. 10. баскылык. **~una/~unda** 1) үчүн. **vatan ~una nice şehitler verilmiş** мекен үчүн нечендеген шейит берилген. 2) жолунда, ордунда, жайында. **~uyla** 1) жолу менен/аркылуу. 2) *өтм.* жолу/орду менен. ~ **açmak** 1) жол ачуу/берүү. 2) *өтм.* жол ачуу шарт түзүү. **~unuz açık olsun!** жолуңуз ачык болсун! ~ **ağzı** жол оозу. ~ **almak** 1) жол алуу/жүрүү. 2) ылдамдыкка ээ болуу. **~u aramak** жол/арга/чара издөө. ~ **ayrımı** жол кесилиши. ~ **azığı** жол азык, күлазык. **~una bakmak** жолун кароо. **~unu beklemek** жолун күтүү. ~ **bilir** жол билген, көсөм. **~unu bilmek** жолун билүү. ~ **boyu** 1) жолдун бою. 2) жол боюнча. **~unu bulmak** жолун табуу. **~una çıkmak** 1) алдынан чыгуу. 2) тосуп чыгуу. **~dan çıkmak** 1) жолдон чыгып кетүү. **tren ~dan**

çıkmış поезд жолдон чыгып кетиптир. 2) *өтм.* жолдон чыгуу, жаман жолго түшүп кетүү. **~a düşmek** жолго түшүү. **~lara düşmek** узун жолго түшүү *(бир нерселер изилдеп)*. **~u düşmek** жолу түшүү, ошол жолдон кетүү. **~una düşmek** *(бирөөнүн)* жолуна түшүү. **~a düzülmek/koyulmak** жолго чыгуу. ~ **erkân** жол-жобо. ~ **erkân bilmek** жол-жобосун билүү. **(bir yeri)** ~ **etmek** бат-бат баруу *(бир жерге)*. ~ **evlâdı** *дин* жаңы динди туткан бирөө. **~a gelmek** оң жолго түшүү. **~a getirmek** оң жолго салуу. **~una girmek** оңолуу, жакшыруу, жолго коюлуу. **~a gitmek** жол жүрүү. ~ **görünmek** жолго чыкчудай болуп калуу. ~ **göstermek** 1) жол көргөзүү. 2) *өтм.* жол көргөзүү, акыл/кеңеш берүү. ~ **halısı** баскылыкка төшөлгөн таар/килем. **~dan/~undan kalmak** жолдон/жолунан калуу. **~larda kalmak** жолдо калуу. **~u kapamak** жолду бөгөп/тосуп калыш. **~unu kaybetmek** жолунан адашуу, жол таппай калуу. ~ **kesmek** 1) жолун тосуу, токтотуу. 2) *өтм.* жолун тороо, тоскоолдук чыгаруу. 3) *өтм.* каректоо, тоноо. **~a koymak** жолго коюу, оңдоо. ~ **parası** 1) жол чыгымы. 2) жолдон өтүш акысы. **~a revan olmak** жолго чыгуу. **~unu sapıtmak** *өтм.* жолдон чыгуу, жаман жолго түшүү. **~lara sürüklenmek** *(жаман)* жолго жетелөө/түшүрүү/түртүү. **~unu şaşırmak** 1) жолдон адашуу. 2) *өтм.* жолдон чыгуу. ~ **tepmek** жол басуу. ~ **tutmak** 1) көздөй/карай жүрүү. 2) жолу менен кетүү. ~ **uğrağı** 1) жолдун үстүндө, бир багытта. 2) чоң жол. ~ **vermek** 1) жол берүү. 2) *өтм.* иштен чыгаруу. 3) шарт/мүмкүнчүлүк түзүп берүү. ~ **vurmak** жол тороо. ~ **yakınken** 1) анча узай электе. 2) кеч боло электе. **~unu yapmak** жолун даярдоо, кам көрүү *(бир иштин жасалышы үчүн)*. **~u yarılamak** жолду жарымдап/теңдеп коюш. ~ ~ жол-жол *(түстүү)*. ~ **yolak bilmek** коёндун жатагына чейин билиш. **o ~un yolcusu olmak** баарынын барчу жолу бир (*тиги дүйнө)*. ~ **yordam** жол-жобо. ~ **yürümek** жол жүрүү.

yolcu 1. жолоочу, жүргүнчү. 2. жолго чыгууга даярданган *(киши)*. 3. төрөлүшү күтүлгөн бала. 4. *өтм.* өлүм төшөгүндө жаткан киши. ~ **etmek** узатып коюш. ~ **gemisi** жүргүнчү кемеси. ~ **görünmek** өлүмү жакындоо. ~ **yolunda gerek** *мак.* жолоочунун жолдо болгону, жолдо болбосо үйдө болгону жакшы.

yolculuk,-ğu жол(оо)чулук, жүргүнчүлүк, кезүү, сапар, саякат. **~a çıkmak** жолоочулап/сапарга чыгыш. ~ **etmek** жолчулук жасоо.

yoldaş 1. жолдош, сапардаш. 2. жолдош, теңтуш, дос. 3. пикирдеш, санаалаш.

yoldüzer бульдозёр.

yolgeçen : ~ **hanı** келген-кеткени көп жер.

yolkesen каракчы, ууру-кески.

yollama 1. жолдомо. 2. жолдомо *(почта аркылуу жөнөтүлгөн нерсе)*.

yollamak жолдоо, жөнөтүү, жиберүү. **mektup** ~ кат жөнөтүү/жиберүү.

yollanmak 1. жөнөтүлүү/жиберилүү. 2. жөнөө, жолго чыгуу.

yollu 1. жолдуу, жолу бар. **asfalt** ~ асфальт жолдуу. **kısa** ~ **gezi** кыска жолдуу саякат. 2. ылдам/тез жүрүүчү кеме. 3. жол-жол *(кездеме)*. 4. *өтм.* жолдуу, оң келген, ак жолтой. **bu** ~ **bir iş oldu** бул жолдуу иш болду. 5. жолу менен, түрүндө. **alay** ~ **söz** какшык/шылдың (жолу менен айтылган) сөз. 6. *арго* аягы суюк аял. ~ **yolsuz işler** оң-тетири иштер.

yolluk, -ğu 1. жол азыгы, күл азык. 2.

жолго салынган шалча/килем. 3.жолдук акча/чыгымдар. 4. жүргүнчүлөргө берилген белек.

yolmak, -ar 1. жулуу. **kuşun tüylerini ~** куштун жүнүн жулуу. **saçını ~** чачын жулуу. **üstünü başını ~** үстүбашын жулуу. 2. жулуп салуу/таштоо *(өсүмдүктү)*. 3. *арго* каректап/тоноп кетүү. **zavallıyı adamakıllı yolmuşlar** бечараны аябай тоноп кетишиптир.

yolsuz 1. жолсуз, жолу жок *(жер)*. 2. ылдамдыгы начар. **bu gemi ~dur** бул кеменин ылдамдыгы начар. 3. *өтм.* орунсуз, ыксыз, жөнсүз, жоосунсуз. **~ iş yapmak** жоосунсуз иш жасоо. 4.*арго* аягы суюк, жүрөөнөк *(аял)*. 5.*өтм.* жолу/багы/шансы жок. 6.*арго* чөнтөгү тешик, акчасыз. **~ yöntemsiz** жол-жобосуз, мыйзамсыз.

yolsuzluk, -ğu 1. жолсуздук. **köy halkı ~ tan çok çekti** айылдын эли жолсуздуктун азабын көп тартты. 2. жоосунсуздук, тартипсиздик, мыйзамсыздык. **hükümet ~lara karşı mücadelede başarılı oldu** өкмөт жоосунсуздуктарга каршы күрөштө ийгиликке жетишти.

yoluk, -ğu жулук, жулунган *(тоок, каш, чач ж. б.)*.

yolunmak 1. жулунуу *(чач, каш ж. б.)*. 2. жулунуу *(өсүмдүк)*. 3. *арго* карактануу, тонолуу. 4. *өтм.* жулунуу, жулкунуу, өзөлөнүү, күйүпбышуу *(кайгыдан)*.

yolüstü 1) жолдун үстү, тийип/учурап өтүлгөн жер. 2) чоң /кан жол.

yom жакшы жышаан. **~ tutmak** жакшы жышаанга/жакшылыкка жоруу.

yonca *бот.* беде *(Trifolium)*. **~ yaprağı** төрт жолдун кесилиши.

yonga 1. чамынды, жарака, сүрүндү, кырынды *(жыгачтын, металлдын)*. 2. таштанды арткан-үрткөн *(бир иш жасагандан калган)*.

yongar ёнгар **(***үч кылдуу музыкалык аспап)*.

yonmak *диал.* жонуу.

yontma 1. жонмо, кесме. 2. жонулган. **~ taş** жонмо таш. **Y~ Taş Devri** палеолит доору.

yontmak, -ar 1. жонуу, оюу, кесүү. **taş ~** таш жонуу. **ağaç ~** тактай жонуу. 2. *өтм.* тоноо, шыпырып алуу, жанын койбоо.

yontu айкел, скульптура, жонгу. *сал.* **heykel.**

yontucu 1.жонгуч, айкелчи, скульптор. 2. өзүмчүл, өз көмөчүнө күл тарткан.

yontuculuk,-ğu айкелчилик, скульптура.

yontulmak 1. жонулуу, сүрүлүү, жылмалануу, сыйдалануу. 2. *өтм.* кагылып-согулуу, бышуу *(киши)*. 3.*өтм. (бир нерсени)* өз көз карашынан баалоо.

yordam 1. *эск.* шамдагайлык, чапчаңдык. 2. жөндөм, шык, көнүмүш. 3. көйрөңдүк, силаңкороздук. **~ satmak** көйрөңдөнүш, силаңкороздонуш. 4. ыкма, метод.

yordamlı 1. келбеттүү, келишимдүү. 2. шамдагай, чапчаң, бышык, шылуун. 3. жөндөмдүү, эптүү. 4. көйрөң, көтөрүлгөн, керсейген.

yordamsız 1. жүүнү бош, эби жок, чоркок. 2. кыбыр, жай, кашаң, копол.

yorga жорго *(жүрүш)*.

yorgalama 1.жорголомо. 2. *мед.* буту оорулуу кишилердин өзгөчө басыш түрү.

yorgan жууркан. **~ çarşafı** журкандын шейшеби. **~ döşek yatmak** катуу ооруп төшөккө жатып калыш. **~ gitti, kavga bitti** жууркан кетти, чатак бүттү *(себеби болбосо, чатак да болбойт маанисинде)*. **~ kaplamak** жууркан каптоо. **~ına göre ayağını uzat** *мак.* жуурканыңа ченеп аягыңы соз(жылкыңа ченеп ышкыр).

yorgancı жууркан жасаган/саткан киши.

yorgun чарчаган, алсыраган, жорулган, алдан тайган, шайы/эси оогон. **~**

argın чарчап-чаалыккан. ~ **düşmek** чарчоо, ырп этерге алы калбоо,суй жыгылуу. **~u yokuşa sürmek** *(бирөөнү)* колунан келбес ишке мажбурлоо. ~ ~ чарчап-чаалыккан, дармансыз.

yorgunluk,-ğu чарчагандык, арыгандык, суй жыгылма. **~unu almak** 1)чарчаганын жазуу, дем алуу. 2) *(бирөөгө)* дем берүү, сеп алдыруу. **~unu çıkarmak** чарчаганын жазыш/чыгарыш. ~ **kahvesi** чарчаганды жазуучу/сергитүүчү кофе.

yorma I чарчатма, алсыратма.

yorma II жорума *(түштү/аянды)*.

yormakI,-ar чарчатуу, алсыратуу, алын/дарманын/шайын кетирүү, суй жыгуу.

yormak II,-ar жоруу, жорумдоо *(түштү, аянды)*. **hayra/iyiye** ~ жакшылыкка жоруу. **kötülüğe** ~ жамандыкка жоруу.

yortmak,-ar жортуу, сандалып/ сенделип бош басып жүрүү.

yortu *дин* христиан майрамы. **paskalya ~su** пасха майрамы.

yorucu чарчатуучу, алсыратуучу, алдан-күчтөн тайдыруучу, суй жыккан.

yorulmak I чарчоо, жорулуу, алсыроо, аруу. **yorulmaz** чарчабаган, жаны жай албаган.

yorulmak II жорулуу, жорумдалуу *(түш, аян)*.

yorum 1. жорум, ачыктама, түшүндүрмө, комменттарий. ~ **yapmak** 1) жорум жасоо, жоруу. 2) ачыктоо, дааналап түшүндүрүү. 2. *муз., театр (чыгарманын)* оригинал/өзгөчө шекилде аткарылышы.

yorumcu 1. жорумчу, жоруучу, комментатор. 2. аткаруучу, ырчы.

yorumculuk,-ğu жорумчулук, жоруучулук.

yorumlamak 1. жорумдоо, жоруу, ачыктоо, түшүндүрүү, комментариялоо. 2. *(бир окуяга)* баа берүү. 3. *муз., театр (чыгарманы)* оригинал/өзгөчө ыкма менен аткаруу.

yosma 1. татынакай, шайыр, жагымдуу *(жаш аял)*. 2. ойсоке, көйрөң *(аял)*.

yosun *бот.* 1. балыр. 2. эңилчек, мох. ~ **bağlamak/tutmak** балыр басуу, эңилчек байлоо. **kara ~ları** мохтор, эңилчектер *(Bryophyta)*. **su ~ları** *бот.* балырлар *(Algae)*.

yosunlanmak балырлануу, эңилчек басуу.

yosunlu 1. балырлуу, балыр каптаган. 2. эңилчектүү, мохтуу, эңилчек баскан.

yoz 1. иштетилбеген, дың *(жер, топурак, өсүмдүк)*. 2. үйрөтүлбөгөн, жапайылашкан, азоо *(айбан)*. 3. *өтм.* орой, одоно, түркөй, чогоол, маданиятсыз *(киши)*. 4. кедери кеткен, кунары качкан, манкурт. 5. *ооз.* кысыр.

yozlaşmak кедери кетүү, кунары качуу, манкурташуу, өзүнө өзү жат болуу, деградация.

yön 1. багыт, жак, тарап, бет. ~ **değiştirmek** багытын өзгөртүү. **batı ~ü** батыш жагы. **doğu ~ü** чыгыш жагы. 2. *өтм.* тарап, жак, жөн, көз караш. **ekonomik ~ü** экономикалык жагы. **siyasî ~ü** саясий жагы. **meseleye bu ~den baktığımızda** маселеге бул көз караштан караганыбызда. ~ **belirteci** компас. ~ **eki** *грам.* багыт көрсөтүүчү мүчө (**-ra, -re, -arı, -eri : sonra, taşra, dışarı, içeri** -ра, -ре, -ары, -ери: кийин, элет, тышкары, ичкери ж.б.). ~ **zarfı** *грам.* орун-багыт тактоочу. **hangi ~den?** кайсы жагынан? **her ~den** 1) ар тараптан. 2) ар көз караштан.

yönelik,-ği багытталган, көздөлгөн, тиешелүү. **Türk tarihine ~ çalışmalar** түрк тарыхына тиешелүү эмгектер.

yönelim 1. *биол.* багытталыш, бурулуш, тропизм. 2. *психол.* өнөкөт,

ийкемдүүлүк. 3. *өтм.* багыт алыш, баш коюш.

yönelme 1. багытталма, багыт/бет алма, башы оома. 2. *грам.* барыш. ~ **durumu/hâli** барыш жөндөмө.

yönelmek 1. багытталуу, бет алуу, кароо. 2. *өтм.* баш коюу, максат кылуу, көздөө. **hayatının sonuna doğru şiire yönelmişti** өмүрүнүн акыркы мезгилинде ырга баш койгон эле.

yönelteç, -ci руль.

yöneltim багыт аныктама, ориентир.

yöneltmek багыттоо, көңүлүн/ниетин буруу, бет алдыруу. **soru** ~ суроо суроо.

yönerge буйрук, директива, көрсөтмө. *сал.* **talimat.**

yönetici 1. башкаруучу, башкарма, башчы, жетекчи. ~ **organlar** башкаруучу органдар. 2. үй башкармасы. 3. *спорт* клуб башчысы.

yöneticilik,-ği башчылык, башкаруучулук, жетекчилик.

yönetim башкаруу, бийлик, жетекчилик. *сал.* **idare. ~i altında** бийлиги/жетекчилиги алдында. **askerî** ~ аскерий башкаруу. ~ **kurulu** башкаруу комитети.

yönetmek башкаруу, жетектөө, башчылык кылуу, бийлөө.

yönetmelik,-ği көрсөтмө, жобо, инструкция.

yönetmen 1. башчы, жетекчи, директор, мүдүр. 2. *кино, театр* режиссёр.

yönetmenlik,-ği 1. башчылык, башкармалык, жетекчилик, дирекция. 2. *кино, театр* режиссёрлук.

yönlendirmek багыттоо, жетектөө, башкаруу, жол көрсөтүү.

yönlü 1. кырдуу, жактуу, тараптуу. **çok ~ mesele** көп кырдуу маселе. **çok ~ faaliyet** көп кырдуу ишмердик. 2. жөндүү, орундуу, ылайыктуу. 3. *(жол үчүн)* багыттуу. **iki** ~ эки багыттуу. **tek ~** бир багыттуу.

yönseme *психол.* ийкемдүүлүк, өнөкөт. *сал.* **temayül.**

yönsüz 1. жаксыз, тарапсыз, багытсыз. 2. максатсыз, мүдөөсүз.

yöntem ыкма, ык, жол, усул, метод, система. ~ **bilimi** методология. ~ **bilimsel** методологиялык.

yöntemli белгилүү ыкма/метод менен жүргүзүлгөн, ырааттуу, системалуу.

yöntemsiz белгилүү ыкмага/методго таянбаган, баш-аламан, системасыз.

yöre 1. жерге. 2. айлана, тегерек, маала. **Kadıköy ve ~si** Кадыкөй жана айланасы.

yöresel жергиликтүү, жергеге мүнөздүү/тиешелүү. ~ **kıyafetler** жергиликтүү кийимдер. ~ **yemekler** жергиликтүү тамактар.

Yörük йөрүк *(көчмөн түрк уруулары)*. **Y~ çadırı** йөрүк чатыры. **Y~ kilimi** йөрүк шалчасы.

yörünge 1. *астр.* орбита. 2. *мат.* траектория. **~sine oturmak** 1) *астр.* жасалма жандоочунун көздөлгөн орбитага кириши. 2) *өтм. (иш)* ордуна/жолуна кирүү.

yudum жутум, ууртам. **bir** ~ бир жутум/ууртам. **bir ~da içmek** бир жутумда ичип салуу. ~ ~ кылкылдатып/ууртап-татып ичүү.

yudumlamak ууртап ичүү, ууртап-татып отуруу.

yudumluk,-ğu бир жутумдук/ууртамдык.

yuf *сырд. с.* түф! *(айыптоо, жипкирүү билдирет)*. **(birine) ~ borusu çalmak** *(бирөөнү)* уяткаруу, айыптоо билдирүү. **~ ervahına!** атаңа наалат! каргыш тийгир!арбак ургур!

yufka 1. жупка. 2. калама. 3. жука, морт. ~ **açmak** жупка жаюу. ~ **gönüllü** боорукер, мээримдүү, ак көңүл.

yufkacı жупка жасаган/саткан киши/дүкөн.

Yugoslavya *тар.* Югославия.

Yugoslavyalı *тар.* югославиялык.

yuğmak *диал.* жууш.

yuh *сырд. с.* уу! уух! *(жек көрүү, ызырынуу сезимин билдирет)*. ~ **çekmek** 1) уулдоо, дуулдоо. 2) ызырынуу.

yuha! *сырд. с.* йуха! *(жек көрүү, ызырынуу сезимин билдирет)*. ~ **çekmek** йух! деп кыйкыруу *(көпчүлүктүн нааразычылыгы катары)*.

yuhalamak *(бирөөнү)* шылдыңга алуу, сүйлөтпөө, ышкыруу, кыйкыруу.

yukarı 1. жогору, өйдө, үстү. ~ **taraf** жогору жак. ~ **tırmanmak** жогору чыгыш. **eller ~!** колуңу көтөр! *(буйрук)*. 2. жогорку, үстүңкү. ~ **kat** жогорку кабат. ~ **mahalle** жогорку маала. ~ **sınıf** жогорку класс. 3. *өтм.* жогорку жак/кызмат, жетекчилик. **emri ~dan aldık** буйрукту жогору жактан алдык. 4. өйдө/жогору жакка, үстүнө. ~ **çıktılar** жогору чыгышты. **~dan almak** керсейүү, бой көтөрүү, кыйынсынуу. **~dan bakmak** жогортон кароо, теңсинбөө. ~ **tükürsem bıyık, aşağı tükürsem sakal** *мак.* өйдө тартсам, өгүз өлөт, ылдый тартсам, араба сынат.

yukarısı жогоркусу, үстү жагы.

yulaf *бот.* сулу *(Av ena sat iv a)*. ~ **unu** сулу уну.

yular чылбыр, тизгин. **~ı birinin elinde olmak** *өтм.* эки тизгин, бир чылбыр колунда болуш. **~ı ele vermek/kaptırmak** *өтм.* тизгинди колунан алдырыш. **~ı eksik** орой, түшүнүксүз *(киши)*.

yumak I, -ar жууш.

yumak II 1. түрмөк, үшмөк, түйдөк. 2. кесек. ~ ~ тоголок-тоголок, түрмөк-түрмөк.

yumaklamak түрмөктөө, үшмөктөө, түйдөктөө.

yummak,-ar жумуу. **avucunu** ~ алаканын жумуу. **gözlerini** ~ көздөрүн жумуу.

yumru 1. томпок, шишик. **alnında bir ~ var** чекесинде бир томпок бар. 2. *бот.* мөмө тамыр *(картошка, сабиз, кызылча ж. б. у. с.)*. 3. жумуру, томолок. ~ **yanaklı** жумуру/болтогой бет. ~ **kök** *бот.* мөмө тамыр.

yumruk,-ğu 1. муштум, муш, жуудурук. ~ **kadar** 1) муштумдай. ~ **kadar örümcek** муштумдай болгон жөргөмүш. 2) кенедей, тырмактай. ~ **kadar çocuğa yenildi** муштумдай баладан жеңилип калды. 2. муштум, токмок. **~uyla vurmak** муштуму менен коюп жиберүү. ~ **göstermek** муштум көргөзүү, опузалоо. **~una güvenmek** өз күчүнө ишенүү. **~u yapıştırmak** муштуму менен берип калуу. ~ **~a gelmek** мушташа кетүү. **~unu yummak** муштумун түйүү.

yumruklamak муштагылоо, жудуруктоо.

yumruklaşmak мушташуу.

yumrulanmak, yumrulmak жумуру тартуу, толуу, шишүү.

yumruluk,-ğu жумурулук, томпоктук.

yumuk 1. жумук, жумулуу *(көздөр)*. 2. нашаа тартуу, демин ичине алып соруу. 3. *(тамакка)* жутунуп кол салуу. 4. *(бир нерсеге)* бүтүн дити менен киришүү. 5. түйүлүү *(муштум)*.

yumulu 1. жумулуу *(көз, ооз)*, түйүлүү *(муштум)*.

yumurcak,-ğı 1. тентек, бейбаш *(бала)*. 2. *мед.* чума оорусунда колтук алдына же чурайга чыккан чыйкан.

yumurta 1. жумуртка, тукум, урук. **balık ~sı** балыктын уругу. **kuşun ~sı** куштун жумурткасы. 2. тоок, каз ж.б.-дын жумурткасы *(тамак катары)*. **~nın akı** жумурткanын агы. **~nın sarısı** 1) жумуртканын сарысы. 2) ачык сары түс. 3. эркек жынысындагылардын уруктук бези. **koç ~sı** кочкордун жумуртка бези, куулугу. 4. жумуртка калып *(байпак жа-*

маганда колдонулган). **~yı çalkamak** 1) *(күрп тооктун үстүнө отурган жумурткаларды оодарыштырмасы)*. 2) жумурткаңы чалуу. **~ çırpacağı** жумуртка чалгыч. **~dan daha dün çıkmış** сары ооз балапан, эне сүтү оозунан кете элек. **~ el bombası** граната, кол бомбасы. **~ kapıya dayanmak/gelmek** убактысы мөөнөтү бүтүү *(бир иштин)*. **~ kapıya dayanmadan** кеч боло электе. **~ya kulp takmak** жумурткадан кыр чыгарыш. **arkasında/sırtında ~ küfesi yok ya!** *(анын)* корко/кооптоно турган жери жок да!

yumurtacı жумуртка сатар.

yumurtacık,-ğı *биол.* төлдөнгөн/уруктанган клетка.

yumurtalı жумуртка кошуп бышырылган *(тамак)*.

yumurtalık,-ğı 1. *анат., биол.* урук бези, таш. 2. жумуртка салгыч.

yumurtlama жумурткалама, уруктама, урук чачма. **~ mevsimi** жумурткалаган, урук чачкан мезгил.

yumurtlamak 1. жумурткалоо, жумуртка туу. 2. урук чачуу. 3. *өтм.* калптычынды койгулаштыруу, ойдон чыгаруу, ачык ооздук кылуу.

yumurtlayanlar *зоол.* жумуртка тууган айбандар.

yumuşak, -ğı 1. жумшак. **~ ağaç** жумшак жыгач. **~ bakır** жумшак жез. **~ damak** жумшак таңдай. **~ ünsüz** *грам.* жумшак үнсүз. 2. мелүүн, жылуу. **~ iklim** мелүүн климат. **~ hava** жылуу аба. 3. *өтм.* жумшак, жылуу. **~ adam** жумшак киши. **~ sözler** жылуу сөздөр. **~ ağızlı** оозу жумшак, жоош *(ат)*. **~ başlı** ак көңүл, мүнөзү жумшак, элпек, көңүлчөөк *(киши)*. **~ yüzlü** маанайы/маңдайы жарык, түсү ийги. **~ huylu atın çiftesi sert olur** *мак.* жооштон жоон чыгат.(*сөзм. с.* жоош аттын тепкени катуу болот).

yumuşaklık,-ğı 1. жумшактык. **suyun ~ı** суунун жумшактыгы. 2. *өтм.* жумшактык, кең пейилдик, ак көңүлдүк. **yüzün ~ı** жылуу жүздүүлүк.

yumuşama 1. жумшарма. 2. *өтм., саяс.* идеологиялар согушунун солгундамасы. 3. *өтм. (бирөөнүн)* чечиминен/өжөрлүгүнөн кайтышы, сөзгө келмеси. 4. *линг.* ɲыбыштардын жумшарышы *(түркчөдө п, т, к, ч тыбыштары белгилүү жагдайларда жумшарат)*.

yumuşamak 1. жумшоо, жумшаруу. 2. *өтм., саяс.* жумшаруу, идеологиялар согушунун солгундоосу. 3. *өтм.* ачуусу тароо, сөзгө келүү, жумшаруу. 4. *линг.* каткалаң тыбыштардын жумшаруусу.

yumuşatmalık,-ğı *тех.* амортизатор.

yuna *ооз.* тердик.

yunak,-ğı *диал.* жуунган жер, мончо.

Yunan грек.

Yunanca грекче.

Yunanistan Греция.

Yunanistanlı грециялык.

Yunanlı грециялык, грек.

yunmak *диал.* жуунуу.

yunus : ~ balığı *зоол.* дельфин *(Delphinus)*.

yurt,-du 1. журт, туулуп-өскөн жер. **Türk ~una Türkiye denir** түрк журтун Түркия дейт. 2. ата журт, ата мекен, өлкө. **~ içinde** өлкө ичинде. **~ dışında** чет өлкөдө. **~ sevgisi** мекен сүйүүсү. **~ tutmak** мекен кылуу. 3. *өтм.* очок, ордо, уюк. **burası aşıkların ~u** бул жер акындардын ордосу. 4. айрым топтогу кишилер жашаган/барынган/байыр алган жер/журт/үй. **kimsesizler ~u** багар-көрөрү жоктор үйү. 5. *өтм.* мекени, мол өскөн жери. 6. жатакана. **öğrenci ~u** студенттер жатаканасы. 7. менчик жер. 8. көчмөндөр көчүп-конгон журт. 9. көчмөн чатыры.

yurtlandırmak 1. журтташтыруу, жер-

лештирүү, жайгаштыруу. 2. отурукташтыруу *(көчмөндөрдү)*.

yurtlanmak 1. журташуу, жерлешүү, жайгашуу. 2. отурукташуу. 3. үй-жайга ээ болуу.

yurtluk,-ğu 1. чоң чарбак, көркөмдүү сепил. 2. *тар.* журт, ээлик, менчик жер.

yurtsamak эли-жерин сагынуу, куса болуу.

yurtsever журтсүйөр, мекенсүйөр.

yurtseverlik,-ği журтсүйөрлүк, мекенсүйөрлүк.

yurttaş 1. журташ, мекендеш. 2. жаран, атуул. *сал.* **vatandaş. ~lar yasası** *ук.* жарандык мыйзамы.

yurttaşlık,-ğı журташтык, жарандык. ~ **bilgisi** журташтык/жарандык билими *(мектепте окутулган сабак)*. ~ **hukuku** *ук.* журташтык/жарандык укук.

yusufçuk,-ğu 1. *зоол.* бактек *(Turtur auritus)*. 2. *зоол.* ийнелик *(Libellula variegata)*.

yusyumru жупжумуру.

yusyuvarlak топтоголок, топтомолок.

yutak, -ğı *анат.* кекиртек, тамак.

yutkunmak 1. жутуу, бүргөө. **boğazından bir şey geçmiyor, yutkunamıyordu** тамагынан эч нерсе өтпөй, жута албай калган. 2. жүткүнүү. **(bir şey karşısında)** ~ тамшанып/томсоруп калуу *(жете албай турган нерсеге)*.

yutmak,-ar 1. жутуу *(тамакты)*. 2. *өтм.* чыдоо, чыдап угуу, ичине көмүү *(жаман мамилени/сөздү)*. **ben bu ağır lâkırdıyı yutmam** мен бул оор сөздөргө чыдай албайм. 3. ишенип алуу, чын көрүү. **yalanı** ~ калпка ишенүү. 4. утуп алуу *(оюнда)*. 5. так сүйлөй албоо, мукактануу. **bazı sesleri yutuyor** айрым тыбыштарды айта албайт. 6. *өтм.* чемичкедей чагуу, суудай билип алуу. **fiziği yutmuş** физиканы чемичкедей чагат. 7. *физ.* жутуу *(үндү, жарыкты)*. **duvarlar ışıkları yutuyor** дубалдар жарыктарды жутуп алат.

yutturmaca алдатма, куулук-шумдук, митайымдык.

yutturmak 1. жуткуруу, жуткузуу *(тамакты)*. 2. *өтм.* алдоо, көз жазгыруу, кууланuу.

yuva 1. уя. **kırlangıç ~sı** карлыгач уясы. 2. бала бакча. **kızı ~da kalıyor** кызы бала бакчага барат. 3. *өтм.* үй, үй бүлө, очок. **~ya dönüş** өз үйүнө кайтып келүү. 4. айрым топтогу кишилер багылган жер. **düşkünler ~sı** үй-жайсыздар үйү. 5. уюк. **karınca ~sı** кумурсканын уюгу. 6. *өтм.* уюк, түнөк. **hırsızların ~sı** уурулардын уюгу. 7. *анат.* оюк, чанак, көзөнөк. **diş ~sı** тиштин оюгу. **göz ~sı** көз чанагы. **gözleri ~sından fırlamak** көздөрү чанагынан чыгуу. **kilit ~sı** ачкычтын көзөнөгү. 7. мектеп, очок, өнөркана. **irfan ~sı** билим очогу. ~ **açmak** көзөнөк/оюк ачуу. ~ **kurmak** үйлүү-жайлуу болуу, уя куруу. **~yı dişi kuş yapar/~yı yapan dişi kuştur** *мак.* үйдүн туткасы аял. **~sını yapmak** *арго (бирөөнүн)* акесин таанытуу. **~sını yıkmak/bozmak/dağıtmak** *(бирөөнүн)* турмушун бузуу.

yuvalamak уялоо, уясын куруу *(куштар)*.

yuvalanmak 1. үй-жай күтүү, орун-очок алуу. 2. *аск.* жашыруу, көргөзбөө *(курал-жаракты)*. 3. *өтм.* үйүгүшүү, топтолуу.

yuvar 1. шар, тоголок. 2. *анат.* бүдүр. **ak** ~ *(кандагы)* ак бүдүр. **al** ~ *(кандагы)* кызыл бүдүр. ~ ~ тоголонуп-жумаланып.

yuvarlak, -ğı 1. тоголок, томолок, шар түрүндө. 2. тегерек. ~ **eğe** тегерек өгөө. ~ **hesap** тоголок эсеп. ~ **masa** тегерек үстөл. ~ **saat** тегерек саат. ~ **sayı** тоголок сан. ~ **deyim** кыйытып/

сомдоп айтылган сөз. ~ **ünlü** *линг.* эрин үндүү.

yuvarlaklaşmak 1. тоголок/жумуру тартуу. 2. семирүү. 3. *линг.* эриндешүү *(үндүүлөр)*.

yuvarlaklık,-ğı тоголоктук, томолоктук, жумурулук.

yuvarlamak 1. тоголотуу, дөңгөлөтүү, тегеретүү. 2. түрүү. **halıyı yuvarlayarak kaldırdılar** килемди түрүп көтөрүштү. 3. жыгуу, кулатуу, сулатуу. **rakibini aniden yere yuvarladı** атаандашын капысынан жерге сулатты. 4. *арго* сугунуу, жалмап жиберүү *(тамакты)*, көтөрүп/шыңгытып жиберүү *(ичкиликти)*. 5. *арго* ойду-тоону сүйлөө, калп айтуу. 6. *өтм.* тегеректөө *(эсепти)*.

yuvarlanmak 1. тоголонуу, дөңгөлөнүү, аласалуу, тегеренүү. 2. кулап/жыгылып кетүү. 3. *арго* мүрт кетүү. **yuvarlanıp gitmek** 1) *арго* эптеп/кылдырап жашоо. 2) *арго* өлүп жок болуу. 4. кызматынан түшүү.

yüce 1. улуу, азиз, куттуу. **Y~ Tanrı** Улуу Теңир. ~ **vatanımız** куттуу мекенибиз. 2. жогорку, бийик, башкы. ~ **dağlar** бийик тоолор. **Y~ Divan** жогорку сот.

yücelik,-ği 1. улуулук, азиздик, куттуулук. 2. жогорулук, бийиктик.

yücelim *астр.* эң жогорку чек, кульминация.

yücelmek 1. жогорулоо, бийиктөө, көтөрүлүү. 2. *өтм.* кызматы/наамы жогорулоо.

yüceltmek 1. жогорулатуу, бийиктетүү, көтөрүү. 2. *өтм.* ыйык тутуу, куттуу кылуу, теңирсөө.

yüğrük,-ğü *ооз.* 1. күлүк *(ат)*. 2. шамдагай, чапчаң, күчтүү. 3. мээнеткеч.

yük,-kü 1. жүк. ~ **arabası** жүк машине. ~ **asansörü** жүк лифти. ~ **hayvanı** жүк унаасы. ~ **odası** жүк бөлмөсү, депо. 2. *өтм.* милдет, жүк, жоопкерчилик. 3. *элек.* электр тогу, заряды. 4. жүк жыйылган жер. 5. *эск.* жүктүүлүк, кош бойлуулук, бойкаттык. **~ünü almak** 1) *(бирөөнүн)* жүгүн алуу. 2) толуу, ээленүү *(бир жер)*. ~ **altına girmek** жоопкерчилигин/милдетин мойнуна алыш. **~ün altından kalkmak** милдетин ийгиликтүү аткарыш. **~ünü çekmek** азабын тартыш. **~ünü hafifletmek** жүгүн жеңилдетиш. **(üzerinden) ~ kalkmak** ийнинен жүк түшүү. **~te hafif pahada ağır** салмагы жеңил, баасы кымбат *(баалуу буюм)*. ~ **olmak** жүк болуу. **~ünü tutmak** баюу. ~ **vurmak** жүк жүктөө *(айбанга)*.

yükçü жүк ташыгыч. *сал.* **hamal.**

yüklem 1. *грам.* баяндооч. 2. *лог.* предикат.

yükleme 1. жүктөмө *(жүктү)*. 2. *комп.* жүктөмө *(программаны, маалыматты ж. б.)*.

yüklemek 1. жүктөө, артуу. **arabaya mal ~** машинеге товар жүктөө. **hayvana yük ~** айбанга жүк жүктөө. 2. *өтм.* милдет тагуу, жоопкерчилик берүү. **organizasyon işini bana yüklediler** уюштуруу ишин мага жүктөштү. 3. *өтм.* шылтап/оодарып салуу *(күнөөнү, кылмышты ж. б.)*. **kabahati ~** күнөөнү оодара салуу. 4. *элек.* заряддоо, электр күчүн жүктөө. 5. *комп.* билги/маалымат жүктөө. **font ~** жазуу түрүн/алфавит жүктөө. **program ~** *комп.* программа жүктөө.

yüklenmek 1. жүктөлүү, артылуу *(жүк)*. 2. жөлөнүү, оордугун артуу. **masaya pek yüklenmeyin, kırılır** үстөлгө оордугуңарды артпагыла, сынып кетет. 3. зордоо, түртүү, жөөлөө. **kapıya yüklenmiş, fakat açamamış** эшикти түрткүлөптүр, бирок ача албаптыр. 4. *аск.* жапырып/сүрүп/кысып кирип баруу. **sağ kanat düşman üzerine yüklendi** оң канат душманды жапырып кирип барды.

5. жүктөнүү, асынып/артынып алуу. 6. *өтм.* милдетин/жоопкерчилигин мойнуна алуу. **ulaşım işlerini Kemal yüklendi** улашым иштерин Кемал өз мойнуна алды. 7. *өтм.* жемелөө, тилдөө, жектөө. **çocuğa yüklenmeyin, kabahat onun değildi** баланы көп жемелебегиле, күнөө анда эмес болчу.

yükleyici жүктөөчү.

yüklü 1. жүктүү, жүктөлгөн. **pamuk ~ araba** пахта жүктөлгөн машине. 2. иши/жүгү көп. **o, çok ~, bu işi başkasına verelim** анын жүгү көп, бул ишти башкасына берели. 3. оор, кыйын. **~ bir programla çalışıyor** оор программа менен иштеп жатат. 3. *ооз.* жүктүү, боюнда бар, бойкат. 4. көп. **~ bir para** көп акча. 5. мазмундуу, маанилүү, кайсы бир түшүнүк басымдуулук кылган. **duygu ~ romanlar** сезимдер үстөмдүк кылган романдар. 6. *арго* бардар, бай *(киши)*. 7. *арго* ылжыган мас.

yüklük,-ğü жүк жыйылган жер/шкаф/текче.

yüksek,-ği 1. бийик. **~ dağlar** бийик тоолор. **~lerde uçmak** бийиктерде учуу. 2. жогору, жогорку. **~ basınç** жогорку басым. **~ fiyat** 1) жогорку баа. 2) кымбат баа. **~ gerilim** *физ.* жогорку чыңалуу. **~ sosyete** жогорку тап өкүлдөрү. 3. чоң. **~ meblağ** чоң сумма. **~ mevki** чоң кызмат. 4. катуу, ачуу *(үн)*. **~ ses** катуу чыккан үн. **~ sesle konuşmak** катуу сүйлөө. 5. башкы, жогорку. **Y~ Mahkeme** Жогорку Сот. **Y~ Seçim Kurulu** Жогорку Шайлоо Комиссиясы. **Y~ Öğretim Kurulu (YÖK)** Жогорку Билим Берүү Комитети. 6. чоң сумма/тобокел менен. **~ oynamak** чоң сумма менен ойноо *(мис. кумарды)*. **~ten almak** кыйынсынуу, чоңсунуу, кырдануу. **~ten atlama** *спорт* бийиктен секирүү. **~ten atmak/konuşmak** көтөрүлүп сүйлөө. **~ten bakmak** мурдун көтөрүү, кыйынсынуу. **~lerden dolaşmak/ ~ten uçmak** колдон келбес нерсени талап кылуу. **~ kan basıncı/tansiyon** жогорку кан басымы. **~ lisans** магистратура. **~ okul** техникум. **~ perdeden konuşmak** 1) үнүн катуу чыгарып сүйлөө. 2) *өтм.* жекирип/жемелеп сүйлөө. 3) *өтм.* апыртып/мактанып сүйлөө. **~ yoğunluk** *комп.* жогорку жыштык.

yükseklik, -ği 1. бийиктик. **azamî ~** эң жогорку бийиктик. **uçuş ~i** учуш бийиктиги. 2. *физ.* жыштык, күчтүүлүк. **frekansın ~i** фреканстын жыштыгы. **sesin ~i** үндүн катуулугу. 3. *геом.* бийиктик. 4. *геогр.* бийиктик.

yükseliş 1.бийиктеш, жогорулаш. 2.өсүш, өнүгүш. **~e geçmek** *авиа.* бийиктей баштоо. **ekonomik ~** экономикалык өсүш.

yükselme 1. жогорулаш, бийиктеш. 2. өсүш, өнүгүш. 3. кызматы көтөрүлүш/чоңоюш. *сал.* **terfi.** 4. *геол.* жер кыртышындагы кыймыл, катаклизм. 5. үйөр суу, киргин. 6. *мат.* даражага көтөрмө.

yükselmek 1. бийиктөө, жогорулоо. 2. өсүү, өнүгүү. 3. баасы артуу, кымбаттоо. 4. көтөрүлүү. **hararet yükseldi** этинин ысыгы көтөрүлдү. 5. катуулоо. **sesler yükseldi** үндөр катуулады. 6. *өтм.* кадыр-баркы артуу.

yükselteç, -ci *элек.* күчөткүч.

yükselti 1. *геогр.* деңиз деңгээлинен бийиктик. *сал.* **rakım. Ankara'nın ~si 850 metredir** Анкаранын деңиз деңгээлинен бийиктиги 850 метр. 2. *астр.* проекциялык бурч.

yükseltmek 1. бийиктетүү, жогорулатуу, көтөрүү. 2. күчөтүү, катуулатуу. 3.кымбаттатуу, баасын көтөрүү. 4.өнүктүрүү, өстүрүү. 5. көтөрүү,

чоңойтуу *(кызматка)*. 6. *мат.* сандарды даражага көтөрүү. **dört sayısını dördüncü kuvvete** ~ төрт санын төрт даражага көтөрүү.

yüksük,-ğü 1. оймок. 2. *бот.* чөйчөкчө *(гүлдүн)*. ~ **kadar** оймоктой, тырмактай, аз өлчөмдө. ~ **otu** *бот.* оймок оту *(Digitalis purpurea)*. ~**le ölçmek** бармакка ченеп берүү, сараңдануу.

yüksünmek 1. оорсунуу, оор көрүү *(бир нерсени, бирөөнү)*. 2. *өтм.* милдет кылуу, түйшүк көрүү.

yüksüz жүксүз, салт.

yüküm 1. милдет, жоопкерчилик, парз, зарылчылык. 2. *ук.* милдеттүүлүк.

yükümlendirmek милдеттендирүү, жоопкерчилик тагуу.

yükümlenmek милдеттенүү, жоопкерчилик алуу.

yükümlü 1. милдеттүү, жооптуу. 2. милдеткер, жоопкер. ~ **olmak** *(бир нерсе кылууга)* милдеттүү/жооптуу болуу. **vergi** ~**sü** салык төлөөгө милдеттүү.

yükümlülük,-ğü милдеттүүлүк, жооптуулук.

yükünmek *диал.* жүгүнүү, ийилүү.

yün 1. жүн *(айбандардын жүнү)*. 2.кыркылган жүн. 3. жүндөн жасалган. ~ **kumaş** жүн кездеме. ~ **yorgan** жүн жууркан.

yünlü 1. жүндүү. 2. жүндөн жасалган/токулган. 3. жүн кошулган. 4. жүн кездемеден тигилген. ~ **etek** жүн кездемеден тигилген этек.

yürek,-ği 1. *анат.* жүрөк. *сал.* **kalp.** 2. *өтм.* жүрөк *(сезим/туюм органы катары)*, жан, боор. ~**im dayanmaz** жүрөгүм чыдабайт. ~**im kaldıramaz** жүрөгүм көтөрө албайт. 3. *өтм.* кайрат, эрдик, коркпостук, жүрөктүүлүк. 4. *өтм.* ниет, пейил, ыкылас. ~**ten dilemek** чын жүрөктөн/чын пейилден тилөө. 5. *ооз.* ашказан, ич. ~**i bulanmak** жүрөгү айлануу. 6. *(карта оюнунда)* ача. ~**ten** чын жүрөктөн/пейилден/ыкыластан. ~**ten teşekkür etmek** чын жүрөктөн ырахмат айтыш. ~**ler acısı** аянычтуу, кейиштүү *(окуя/жагдай)*. ~**i ağzına gelmek** жүрөгү оозуна капталуу/келүү, катуу коркуу. ~**i atmak** 1) жүрөгү кагуу. 2)*өтм.* жүрөгү атып кетүү *(кубанычтан, катуу кабардан)*. ~**i bayılmak** 1) ичи кабышуу, катуу ачка болуу. 2) дендирөө, эси оо. ~**i burkulmak** жүрөгү сыздоо, капа болуу. ~**i cız etmek/cızlamak** ичи/жүрөгү сыздай түшүү, жүрөгү тыз этүү. ~ **çarpıntısı** 1) жүрөктүн кагышы. 2) жүрөктүн лакылдашы/дүпүлдөшү. ~**i dar** кыялы чатак, ачуусу чукул, бат таарынып, бат жазылган. ~**i daralmak** эригүү, зеригүү, тажоо, бук болуу. ~**i dayanmamak/götürmemek** жүрөгү чыдай албоо, кайгысын көтөрө албоо. ~**ine dert olmak** 1) ичине (айыкпас) дарт болуу. 2) жапа чегүү. ~**ine dokunmak** жүрөгүнө тийүү. ~**i dolu** *(бирөөгө каршы)* шиши толуу, чыдамды түгөтүү. ~**i ezilmek** 1) жүрөгү/ичи эзилүү. 2) ачка болуу. ~**i ferahlamak/hafiflemek** жеңилдеп/кайра тартып калуу *(кайгыдан)*. ~**i geniş** пейили кенен. ~**i hop etmek/hoplamak/oynamak** жүрөгү кабынан чыгып кете жаздоо. ~**ine inmek** 1) *(кайгы/дарты)* жүрөгүнө түшүп кетүү, катуу жаралоо. 2) кайгыга чыдабай өлүп калуу. ~**ine işlemek** жүрөгүнө доо кетирүү. ~**i kabarmak** 1) жүрөгү айлануу. 2) деми кысылуу. ~**i kalkmak** толкунданууу. ~**i kan ağlamak/kanamak** жүрөгү каноо. ~**i kararmak** ниети карарууу, пейили бузулуу. ~**ine kar yağmak** көңүлүнө чок түшүү, кызгануу. ~**i katı** жүрөгү/боору таш. ~**i katılmak** деми чыкпай калуу. ~**i kopmak** жүрөгү

түшүп калуу *(коркқондон)*. **~ine od düşmek/~i yanmak** жүрөгүнө чок түшүү, ичи өрттөнүү. **~ine oturmak/ saplanmak** жүрөгүнө батуу. **~i parçalanmak** жүрөгү бырчалануу. **~i pek** 1) *к.* **~i katı.** 2) эр жүрөк, баатыр. **~i rahatlamak** көңүлү жайлануу. **~i Selânik** *шылд.* коркок, суу жүрөк. **~i serinlemek** көңүлү сергүү, жеңилдөө. **~i sıkılmak** жүрөгү кысылуу. **~i sızlamak** жүрөгү сыздоо/ ноюу. **~ine soğuk su serpilmek** дартына даба болуу, кайгысы азаюу. **~i şişmek** көңүлү калуу/чөгүү. **~i titremek** жүрөгү калтааруу, сестенүү. **~i tükenmek/~ tüketmek** *(бирөөнүн)* айласын кетирүү, шайын оодаруу *(дөдөйлугү менен)*. **~i ürpermek** үрпөйүү, коркуу. **~ vermek** кайрат берүү, шыктандыруу. **~i yağ bağlamak** көңүлү көтөрүлүү, ыраазы болуу. 2) катуу коркуу. **~i yanık** муңдуу, дарттуу. **~i yaralı** жүрөгү жаралуу. **~ yarası** жүрөк жарасы, кайгы, муң. **~i yufka** боорукер.

yüreklendirmek кайраттандыруу, дем/ шык берүү.

yüreklenmek кайраттануу, шыктануу.

yürekli жүрөктүү, кайраттуу, эр жүрөк.

yüreklilik,-ği жүрөктүүлүк, кайраттуулук, эр жүрөктүк.

yüreksiz жүрөгү жок, коркок, суу жүрөк.

yüreksizlik,-ği жүрөгү жоктук, коркоктук, суу жүрөктүк.

Yürük, -ğü *к.* **Yörük.**

yürük, -ğü 1. күлүк. **~ at** күлүк ат. 2. *тар.* жаңы черүүлөр, пиядалар. 3. көчмөн.

yürümek 1. басуу, жөө жүрүү. **~!** жүрү! бас! жөнө! **durağa kadar yürüyelim** аялдамага чейин басып баралы. **Onca yolu yürüyerek geçmişler** ошончо жолду жөө басып өтүшүптүр. 2. алдыга жылуу, жөнөө, илгерилөө. **gemi yürüyor** кеме жылып баратат. **teknoloji aldı başını yürüdü** технология тынбай илгери өнүктү. 3.*(жаш бала)* баса баштоо. 4. ишке/күчүнө кирүү *(документ, мыйзам ж. б.)*. 5. *аск.* кысып/сүрүп баруу, чабуул коюу. **asker kaleye yürüdü** аскер чепке чабуул койду. 6. жүрүштү ылдамдатуу/тездетүү. **biraz yürüyelim, geç kalıyoruz** бир аз ылдамдайлы, кеч калып атабыз. 7. сейилдеп/ аба жутуп басуу. 8. жөнгө салынуу, жолуна коюлуу. **galiba işi yürümüyor** калыбы, иши жүрбөй жатат окшойт. 9. эсептелүү, жүрүү, кетүү. **bu paranın faizi hâlâ yüzde beşten mi yürüyor?** бул акчанын пайызы дагы эле 5%тен жүрүп атабы? 10. *арго* көзү өтүп кетүү. **babası yürümüş** атасы өтүп кетиптир. 11. *өтм.* жеткирүү, бир жерге/абалга чейин алып баруу. **onun iflâsına kadar yürüdüler** аны банкрот кылып/бүлгүнгө учуратып тынышты. 12. жүгүрүү, чыгуу. **dallara su ~ yürümeye başladı** талбутактарга суу жүгүрө баштады. 13. *тех.* иштеген абалда болуу, жүрүү. 14. *арго* уурдалуу, жоголуу. **(Allah) yürü ya kulum demiş** Кудай бу кулунан аянбаптыр *(иши оңолгондор үчүн айтылат)*.

yürürlük,-ğü ишке/күчүнө кирги-зилиш, жарактуулук *(мыйзам/көрсөтмө/ жобо ж. б.)*. **~e girmek/konmak/~te bulunmak/olmak** ишке/күчүнө киргизилиш, жарактуу/күчүндө болуш. **~ten kaldırılmak/kalkmak** күчүн/ жарактуулугун жоготуш.

yürüteç,-ci 1. чыгырык *(жаш баланын басышына жардам берүүчү)*. 2. майып арабасы.

yürütme 1. жүргүзмө. 2. ишке/күчүнө киргизме, аткарма *(мыйзам/чечим/жобо ж. б.)*.

yürütmek 1. жүргүзүү. 2. ишке/жүзгө ашыруу, аткаруу. 3. ишке киргизүү, күчүндө кармоо *(мыйзамды,*

жобону ж. б.). 4. билдирүү, ачыктоо *(оюн, көз карашын ж. б.)*. **ihtimaller** ~ божомол/жорум билдирүү. **muhakeme** ~ ой жүгүртүү. 5. *арго* ишинен чыгарып салуу. 6. *арго* уурдоо, билгизбей алып кетүү.

yürütüm ишке ашырылыш, аткарылыш *(буйрук/өкүм/чечим ж. б.)*. **hükmün ~ü** өкүмдүн ишке ашырылышы.

yürüyen 1. басып жүргөн *(киши, айбан)*. 2. жүрүп/жылып турган. ~ **merdiven** жылган тепкич, эскалатор.

yürüyüş 1. жүрүш, басыш. **akşam ~ü yapardık** кечки жүрүшкө чыкчубуз. 2. *спорт* жүрүш. 3. *саяс.* жүрүш. **gösteri ~ü** каршылык көрсөтүү жүрүшү. 4. жүрүш, басыш *(бычымы, манерасы)*. **~ü kuğu gibi** жүрүшү ак куу сымал. 5. *аск.* жортуул, сапар. **~e çıkmak** жүрүшкө чыгуу. ~ **düzenlemek** *саяс.* жүрүш уюштуруу. ~ **hâlinde** жүрүш абалында. ~ **nizamı** жүрүш тартиби. ~ **yapmak** 1) басып келүү. 2) протест жүрүшүнө чыгуу.

yüsrü 1. кара жыгач. 2. кара жыгачтан жасалган. ~ **tespih** кара жыгачтан теспи.

yüz I 1. жүз *(сан)*. 2. көп. ~ **kere/kez** көп жолу, канча жолу. ~ **kere söyledim, dinlemiyor ki** канча/жүз жолу айттым, укпаса кантейин. **~de** ~ 1) жүз процент. 2) толугу менен, сөзсүз, бүтүндөй, баары-жогу. **~de ~ gelecek** сөзсүз келет. **~de ~ haklısın** туптуура айтасың, сениki туптуура. **~lerce** жүздөгөн.

yüz II 1. жүз, бет, өң, чырай, ырай. **~ü tanıdık geliyor** өңү тааныш учурайт. **çocuksu bir ~ü var** бала сымал жүзү бар. **utancından ~ü kıpkırmızı oldu** уялганынан бети кыпкызыл болуп чыкты. 2. үстүнкү бети. **suyun ~ünde** суунун үстүндө. 3. өң тарап/жак/бет. **binanın ~ü** имараттын өң жагы/бети. 4. өң *(кездемеде)*. 5. кап, тыш, жабуу. **yastığın ~ü** жаздык кап. **yorganın ~ü** журкандын тышы. 6. *өтм.* уят, абийир. **hangi ~le geldin?** кайсы бетиң менен келдиң? **adamda ~ yok ki!** (ал) кишинин уяты жок эмеспи! 7. миз *(кесүүчү куралдарда)*. 8. жээк, бой, өйүз. **ırmağın öte ~ünde** дарыянын аркы өйүзүндө. 9. *өтм.* тарап, жөн, аспект. **meselenin bu ~ü** маселенин бул жагы. 10. ырайым, жакшы мамиле, кадыр-барк, сый. **~den düşmek** кадыр-баркынан/сыйынан ажыроо. **~ü açılmak** 1) жүзү ачылуу, кооздугу ачыкка чыгуу. 2) бети ачылуу. **~ünü ağartmak** жүзүн агартуу, сыймыкка бөлөө. **~ü ak** жүзү жарык. **~ünün akıyla çıkmak** 1) жүзү ак/абийири менен чыгуу. 2) *(бир иште)* ойдогудай бүтүрүү. **~ünden akmak** өңүнөн көрүнүп туруу *(бирөөнүн мүнөзү/жагдайы ж. б.)*. **~ü ak olsun!** абийирлүү болсун! **~ü asılmak** кабагы бүркөлүү, түнөрүү, томсоруу. **~ü astarı belirsiz** оң-тетириси белгисиз. **~e atılmak** бетине атырылуу. **~üne atmak** бетине ыргытып жиберүү. **~üne bağırmak** бетине айтуу/бакыруу. **~üne bakılacak gibi/~üne bakılır** өңү-түсү жаман эмес. **~üne bakılmaz** киши карагыс, түрү суук. **~üne bakmamak** 1) бетин карабоо *(таарынычтан, ачуудан)*. 2) маани бербөө, көңүл бурбоо. **~üne bakmaya kıyamamak** өтө сулуу (*сөзм. с.* караганга кыйбоо). ~ **bulmak** жылуу мамиле/ырайым көрүү. **~ünü buruşturmak/ekşitmek** кабагын түйүү, ырайы/кебетеси бузулуу. ~ **çevirmek** аркасын салуу, мамилесин үзүү. **~e çıkmak** 1) үстүнө чыгуу. 2) *өтм.* ачыкка чыгуу, бети ачылуу. **~ünün derisi kalın** бетинин териси калың, уятсыз. **~ünden**

düşen bin parça olur кабагына кар жааш. ~ **geri dönüş** кайра кайтыш, артка кетиш. **~ünü gören cennetlik** башыңа чөп сындырыш керек *(көпкө көрбөгөн киши тууралуу)*. **~ü görmek** жүзүн/бетин көрүү. **rahat ~ü görmek** тынчылык жүзүн көрүү. **~ünü görmemek** жүзүн/бетин көрбөө. **uyku ~ü görmemek** уйку бетин көрбөө. ~ **göstermek** пайда болуу, жүзүн көрсөтүү. ~ **göz** кермур айтышуу, беттери ачылуу. **~ü gözü açılmak** 1) көзү ачылуу *(жыныстык мамилелер тууралуу билип алуу)*. 2) ак-караны ажырата баштоо. **~üne gözüne bulaştırmak** чалмакейди чалуу, ишти ойрондотуу. ~ **göz olmak** бети ачылып/теңтайлашып калуу. **~ünü güldürmek** жүзүн күлдүрүү, ыраазы кылуу. **~ü gülmek** жүзү күлүңдөө, бактылуу болуу. **~üne gülmek** жүзүңө күлүү *(жасакерлик менен)*. **~ü kalmamak** жүзү калбоо, ишеничин кетирип бүтүү. **~ünden kan damlamak** бетинен кан тамуу. **~üne kan gelmek** жүзүнө кан жүгүрүү. **~üne kapamak** бетине жаап салыш *(мис. телефонду, эшикти)*. **~ü kara** жүзү кара. **~ünü kara çıkarmak/kızartmak** жүзүн карартуу, уят/шерменде кылуу. **~üne karşı** бетине/жүзүнө. **~üne karşı söylemek** бетине айтуу. **~ü kasap süngeriyle silinmiş** уятсыйытын жыйыштырып койгон. ~ **kızartıcı** бет кызарта/уят кыла турган. **~ünü kızartmak** бетин кызартуу, уят кылуу. ~ **kızdırmak/kızartmak** жүзүн/бетин кызартып алып, уятты жыйыштырып коюп. **~ü mahkeme duvarı** бети калың, тоотпос. **~üne nur gelmek** жүзүнө нур кирүү. **~ünden okunmak** 1) жүзүнөн окулуу, көз карашынан байкалуу. 2) кагаздан окуу *(жатка айтпастан)*. **~ü pek** 1) тайбас, тартынбас. 2) уятсыз. **~ü sıcak** 1) ыйманы ысык. 2) сыйкыры, тартуучу/арбоочу жагы бар. **paranın ~ü sıcaktır** акчанын ыйманы ысык *(андан баш тарта албайсың)*. **~ü soğuk** түрү/кебетеси суук. ~ **surat davul derisi/~ surat hak getire** *к.* **~ü mahkeme duvarı. ~ü suyuna/suyu hürmetine** *(бирөөнүн)* кадыры/урматы үчүн. ~ **sürmek** таазим кылуу, жүгүнүү. ~ **tutmak** 1) *(бир жакка)* жөнөө. 2. *(бир абалга)* келе баштоо. **yıpranmaya ~ tutmuş duvarlar** урай баштаган дубалдар. **ağaçlar yeşermeye ~ tutmuştu** даректар жашылдана баштаган. **~ü tutmak** *(бир нерсе дешке/кылышка)* даай алуу, бети чыдоо. **ona bunu söylemeye ~üm tutmaz** ага муну айтууга бетим чыдабайт/даай албайм. ~ **vermek** жылуу мамиле жасоо, ылым саноо. **~üne vurmak/çarpmak** *өтм.* бетке чабуу. **bir kez yapılan yanlışlığımı her zaman ~üme vuruyorlar** бир жолку кетирген жаңылыштыгымды ар качан бетиме чабышат. ~ **yazısı** жаш келиндин макияжы. ~ **yazmak** макияж жасоо *(жаш келинге)*. **~ü yazılı kalmak** кол тийбестен калуу, колдонулбоо. **~ü yerde** жер карама/көз, жоош , момун. **~ü yere gelmek** жер кароо, уялуу. **~ünü yere getirmek** жер каратуу. **~ü yok** 1) жүзү жок. 2) жүрөгү даабайт. **~ü yumuşak** кең пейил, мээримдүү. ~ **~den utanır** *мак.* өңдү көрдү, жүз тайды. ~ **~e** бетме-бет, көзмө-көз. ~ **~e gelmek** бетме-бет келүү.

yüzakı, -nı абийир, ар-намыс. **~ıyla iş yapmak** *(бир ишти)* абийир менен жасоо.

yüzaklığı,-nı абийирдүүлүк, ар-намыстуулук.

yüzbaşı,-yı *аск.* капитан, жүз башы. **kurmay ~sı** Башкы Штаб капитаны.

yüzbeyüz бетме-бет, көзмө-көз.

yüzde 1. процент. ~ **elli (%50)** элүү процент (50%). 2. арачылык акы, комиссион. ~ **yüz** 1) жүз процент. 2) толугу менен, бүтүндөй. 3) сөзсүз, шексиз.

yüzdelik,-ği арачылык/далдалчылык акысы, комиссион.

yüzdürmek 1. суу үстүнө алып чыгуу *(чөккөн нерсени)*. 2. сүздүрүү *(сууда)*. **çocuklar kâğıt kayıklarını yüzdürüyorlar** балдар кагаз кайыктарын сүздүрүп жүрүшөт. 3. терисин сыйыртуу *(айбандын)*. 4. *арго* иштен чыгарып/кууп жиберүү.

yüzer I жүздөн. ~ ~ жүз-жүздөн.

yüzer II сүзүп жүргөн. ~ **havuz** *дең.* сүзүп жүргөн док.

yüzergezer жерде-сууда жүрө алган (унаа), амфибия.

yüzerlik,-ği ичинде жүз даана сыйдырган *(идиш, куту ж. б.)*. ~ **kitap kutusu** жүз китептик куту.

yüzey 1. үстүнкү бет. 2. *мат.* бет. 3. *геогр*. рельеф. **deniz ~i** деңиз деңгээли.

yüzeysel 1. үстүртөн, үстү жагынан. 2. *өтм.* үстүртөн, чала, тереңдетилбеген. ~ **araştırma** үстүртөн жасалган изилдөө.

yüzgeç,-ci 1. сүзгүч канат *(балыктарда)*. 2. суучул. ~ **kuşlar** суучул куштар.

yüzlemece 1. *ук.* көзмө-көз, көз алдында, көздөй. ~ **hüküm** *ук.* көздөй өкүм. 2. бетке, жүзүнө. **arkadan söyleme, ~ söyle** аркадан айтпа, бетке айт.

yüzlemek 1. бетке айтуу *(айыбын, кемчилигин)*. 2. көздөштүрүү, теришитирүү.

yüzleşmek 1. бетме-бет келүү, жолугушуу. 2. жүздөшүү, көздөшүү.

yüzleştirmek 1. беттөө. 2. *өтм.* жүздөштүрүү, беттештирүү, көздөштүрүү *(эки же андан көп кишини)*.

yüzlü 1. жүздүү. **güler ~** жайдары, ачык-айрым. **güzel ~** сулуу, татынакай, жакшынакай. 2. миздүү. **iki ~** 1) эки миздүү. 2) *өтм.* эки жүздүү, куу. ~ ~ уялбай, тартынбай, тастаңдап. **hiçbir şey olmamış gibi ~ ~ gelmiş** эч нерсе болбогонсуп уялбай келип калыптыр.

yüzlük,-ğü 1. ичине жүз даана сыйдыра турган *(идиш, куту ж. б.)*. 2. жүзгө чыккан/жүздөн ашкан *(киши)*. 3. жүз лира баасында. 4. жүз грамм/килограмм салмактагы. 5. жүз лира *(акча)*. 6. *мат.* жүздүк *(сан)*.

yüzme сүзмө. ~ **havuzu** сүзмө көлмөсү. ~ **müsabakası** сүзмө боюнча мелдеш.

yüzmek I, -er 1. сүзүү, калкуу. **tahta su üstünde yüzer** тактай суу үстүндө калкыйт. 2. *спорт* сүзүү, кулач/чабак уруу. 3. *өтм.* басылып/капталып/көмүлүп калуу. **ev toz içinde yüzüyor** үй чаңга көмүлүп калды. 4.*өтм.* чөмүлүү, калкуу, сүзүү. **o, servet içinde yüzüyor** ал байлыкка марып турган кези. 5. *өтм.* көмүлүп/басып калуу *(чоң келген кийим ичинде)*. **ağabeyimin takım elbisesi içinde yüzüyordum** агамын костюму ичинде көмүлүп калгам.

yüzmek II, -er 1. терисин сыйруу *(бир айбандын)*. 2. *өтм.* терисин сыйруу, ашкере талап кылуу *(мис. акчаны)*. **yüzüp yüzüp kuyruğuna gelmek** көпкө жасалган иштин соңуна келүү.

yüznumara *арго* ажаткана, абдескана, туалет.

yüzsüz 1. жүзү/өңү жок. 2. *өтм.* жүзү/бети/уяты жок, арсыз. ~ ~ ырсактап, ылжакта.

yüzsüzleşmek уят-сыйыттан кетүү, арнамыстан ажыроо.

yüzsüzlük,-ğü уятсыздык, бетсиздик, бетпактык.

yüzücü 1. суучул. 2. сүзүп жүрүүчү.

yüzük,-ğü шакек. **nişan ~ü** нишанда (*баш байлашканда*) салынган шакек. **nikah ~ü** ника шакеги. ~ **oyunu** шакек

салмай *(оюн)*. ~ **parmağı** аты жок.

yüzükoyun көмкөрөсүнөн, үстөмөндөн. ~ **yatmak/kapanmak** көмкөрөсүнөн жатуу.

yüzüncü жүзүнчү.

yüzüstü 1. үстөмөндөп, көмкөрөсүнөн. 2. бүтүрбөй, чала. ~ **bırakmak** 1) чала/бүткөрбөй таштоо *(бир иште)*. 2) чарасыз/кыйын абалда калтыруу *(бирөөнү)*. **seni ~ bırakamazdım** сени кыйын абалда калтыра алмак эмесмин. ~ **kalmak** *(бир иш)* чала/бүтпөй калуу.

yüzyıl кылым, жүз жылдык мөөнөт. *сал.* **asır. yüzyıllardır devam eden dava** кылымдардан бери келе жаткан доо.

yüzyıllık,-ğı жүз жылдык, бир кылымдык.

Z

Z,z *түрк алфавитинин жыйырма тогузунчу тамгасы.*

zaaf 1.чабалдык, кемчилик, эркн боштук/жоктук. **~a kapılmak** чабалдык/эркн боштук кылуу. 2. кумар, алдырма, берилме. **içkiye ~ı var** ичкиликке берилип калган/алдырып койгон.

zabıt,-ptı 1. токтом/протокол. *сал.* **tutanak.** 2. *к.* **zapt.** 3. полиция рапорту. **~ tutmak** токтом/рапорт түзүү.

zabıta муниципалдык полиция *(ички тартипти/коопсуздукту жөнгө салуучу)*.

zabit,-ti 1. *аск.* офицер. *сал.* **subay.** 2.*өтм.* өкүм, кандан бектен кайра тартпаган, шылуун.

zaç,-çı *хим.* купорос, темир сульфаты. **~ yağı** күкүрт кычкылы.

zade 1. *эск.* заада, уул. 2. туулган. **helâlzade** ак никеден туулган. **haramzade** никесиз туулган.

zafer жеңиш, утуш. *сал.* **utku. ~ işareti** жеңиш ышаараты/белгиси. **~ kazanmak/elde etmek** жеңишке жетишүү/ээ болуу. **Z~ Bayramı** Жеңиш майрамы *(30-август)*. **~ takı** *архит.* триумфалдык арка.

zafiyet,-ti 1. алсыздык, чабалдык, дармансыздык. 2. арыктык.

zağ кабырчык, өгөндү, кырынды *(металл иштеткенде чыккан)*.

zağar аңчы ити, тайган.

zâhir 1. тышкы көрүнүш, кебете. 2. ачык, айкын, белгилүү. 3. сөзсүз, албетте. 4. көрсө. **ben yanılmışım ~** көрсө, мен жаңылыптырмын. **~ olmak** ачык/так/даана болуу.

zahire дан, азык зат *(жыйып коюлган)*. **~ ambarı** 1) дан ороосу. 2) азык-түлүк склады.

zahirî 1. көрүнгөн, көз алдыдагы, көзгө урунган. 2. жасалма, көрсөтмө.

zahmet,-ti кыйынчылык, убара, убара-керчилик, машакат, түйшүк. **~ çekmek** убара болуу/тартуу. **~e değmek** тарткан убарасына татуу. **~e değmez** убарасына татыбайт. **~ etmek** 1) убара болуу. 2) бир иш жасоодон эринбөө/аянбоо. **~ etmeyin!** убара болбоңуз! **~e girmek/katlanmak** машакатын тартуу. **~ olmak** убара/машакат болуу. **~ olmazsa** кыйын болбосо. **~ olmazsa kitabı bana uzatır mısınız!** кыйын болбосо, китепти мага берип коёсузбу! **~e sokmak/vermek** убара кылуу, машакат тарттыруу.

zahmetli убарасы көп, машакаттуу, түйшүктүү.

zahmetsiz убарасы жок, машакатсыз, түйшүксүз, оңой, жеңил.

zahmetsizce оңой-олтоң, кыйналбай, убара болбой.

Zaire Заир.

Zaireli заирлик.

zait *эск.* 1. ашык, арткан. 2. керексиз. 3. *мат.* кошуу (+). **~ bulmak** ашыкча көрүү.

zakkum (~ ağacı) 1. *бот.* олеандр *(Nerium oleander)*. 2. *дин* тозокто өскөн дарак.

zakkumlu 1. уулуу. 2. *өтм.* кайгы-муң алып келген, аянычтуу, өкүттүү.

zalim заалим, зуулум.

zalimane заалимче, таш боордук/өкүмзордук менен.

zalimlik,-ği заалимдик, таш боордук.

zam,-mmı 1. арттырма, артыш, көбөйтмө. **maaşımıza ~ yapıldı** айлыгыбыз көбөйтүлдү. 2. кымбаттама, көтөрүлмө. **benzine yine ~ gelmiş** бензин дагы кымбаттаптыр.

zaman 1. убакыт. **~ su gibi akıp gidiyor** убакыт суудай агып өтүп жатат. **~ın**

varsa konuşalım убактың бар болсо, сүйлөшөлүү. 2. мезгил, маал. **kirazın ~ı geçiyor** киластын маалы өтүп баратат. 3. чак, кез. **çocukluk ~ı** балалык чагы. **gençlik ~ı** жаштык кези. 4. доор, заман. **~ının aydınları** өз заманынын айдыңдары/агартуучулары. 5. *(бирөөнүн)* бийлеген/жашаган убактысы/учуру. **bizim ~ımızda elektrik bile yoktu** биздин учурубузда электр да жок эле. **İmparatorluk ~ı** Императорлук заманы. 6. ыңгайлуу учур/ маал. **harekete geçmenin ~ı geldi** аракетке киришүүнүн маалы келди. 7. *геол.* эра, доор. 8. *грам.* чак. **geçmiş ~** өткөн чак. **gelecek ~** келер чак. **şimdiki ~** учур чак. 9. *муз.* такт, ритм. 10. *тех.* баскыч, этап, учур. 11. учурдагы заман, заманбап. **~ın adamı** өз заманынын кишиси. **~ında** 1) заманында, доорунда. 2) өз маалында, кечикпей. **~la** бара-бара. **~ını almak** убактысын алуу. **~ aşımı** *ук.* убактысы өтүп кетүү *(кылмыштын)*. **~ı avlamak/kollamak** ыңгайын күтүү, учурун келтирүү. **~ belirteci** *грам.* мезгил тактооч. **~ bırakmak** убакыт айыруу. **~ birimi** *астр.* убакыт бирдиги. **~ dizini** хронология. **~ eki** *грам.* чак мүчө. **~ı dolmak** мөөнөтү/убактысы бүтүү. **~ geçirmek** 1) убакыт өткөрүү. 2) убакытты текке кетирүү. **~ geçirmeden işe başlayalım** убакытты текке кетирбей ишти баштайлы. **~ı geçmek** 1) заманы/модасы өтүп кетүү. 2) убактысы өтүп кетүү, жараксыз болуп калуу. 3) мезгили/сезону бүтүү. 4) маалын өткөрүп жиберүү *(бир иштин)*. **~ kazanmak** убакыттан утуу. **~ öldürmek** убакыт өлтүрүү. **~a uymak** заманга ылайыкташуу, заман менен тең жарышуу. **~ vermek** убакыт/мөөнөт берүү. **~ ~** кез-кезде, маал-маал, кээде. **~ zarfı** *грам.* мезгил тактооч. **aynı ~da** ошол эле учурда, аны/ошону менен бирге. **bir ~lar** бир кездерде. **çoğu ~** көбүнчө, көпчүлүк учурда. **gel ~ git ~** антип-минткиче, арыдан-бери. **her ~** ар качан. **her ~dan ziyade** башка учурдан да/башка учурларга караганда да. **hiçbir ~** эч качан. **ilk ~lar** башта, адегенде. **kimi ~** кээде, айрым учурларда. **ne ~?** качан? **ne ~dan beri?** качантан бери? **o ~** анда, андай болсо.

zamandaş замандаш.

zamane бүгүнкү күн, азыркы заман *(жатыркоо/жактырбоо менен айтылат)*. **~ çocukları** бүгүнкү күндүн балдары.

zamanlamak 1. туштоо, убактысын/ыңгайын келтирүү. 2. заманын белгилөө.

zamanlı 1. заманы/убактысы белгиленген. **eş ~ bomba** бир учурда жарылчу бомбалар. 2. өз убагында, орду менен. **~ zamansız** туш/ой келди, чаржайыт. **~ zamansız uğrar** туш келди маалда келе берет.

zamansız 1. убактысы/заманынан мурун, мезгилсиз. **~ ölüm** мезгилсиз өлүм. 2. ыңгайсыз учурда жасалган. **~ geliş** ыңгайсыз учурда келиш.

zambak,-ğı *бот.* лилия *(Lilium candidum)*.

Zambiya Замбия.

Zambiyalı замбиялык.

zamir 1. *грам.* ат атооч. 2. мазмун, ички маани.

zamk, -kı 1. *бот.* чайыр. 2. клей. **~ ağacı** *бот.* чайырлуу даректар.

zamkinos *арго* 1. болор-болбос нерсе, кыпын, бирдеме. **saatin bir ~u kırılmış** сааттын бирдемеси сынып кетиптир. 2. көңүлдөш, ойнош. 3. качма. **~ etmek/~u çekmek** качып жылып жоголуу.

zamklama 1. чайыр сүрүү, чайырлоо. 2. клейлөө, клейлеп жабыштыруу.

zamklı клейленген, жабыштырылган. ~ **etiketler** жабыштырылган этикеттер.

zampara катынпоз, жүрөөнөк *(эркек)*.

zamparalık,-ğı 1. ахлагы бузуктук, аягы суюктук. 2. катынпоздук, жүрөөнөктүк. ~ **etmek** жүрүп/ойноп кетүү *(аялдар менен)*.

zan, -nnı 1. ой, пикир, саноо. *сал.* **sanı. ~ındayım** санайм, ойлойм. **~ıma göre** менин оюмча/көз карашым боюнча. 2. шек, күмөн, күдүк. ~ **altında olmak** шектенүү, күмөнсүү, күдүктөнүү.

zanaat,-tı кол өнөрү, усталык, чеберлик.

zanaatçı кол өнөрчү, уста, чебер.

zanaatkâr *к.* **zanaatçı.**

zangır : *туур. с.* ~ ~ 1) калтыраптитирөө, тиши-тишине тийбөө *(коркондон)*. 2) шаңгыр-шаңгыр, шаңгыр-шуңгур *(кагышкан идиштер чыгарган үн)*.

zangırdamak 1. шаңгыроо. 2. калтыраптитирөө, тиши-тишине тийбей шакылдоо.

zangırtı 1. шаңгырак. 2. шакылдак *(тиштердин)*.

zangoç,-cu *дин* коңгуроо чалгыч *(чиркөөдө)*. ~ **gibi başına dikilmek** көз айырбай карап туруп алуу, катуу көзөмөлгө алуу.

zanlı шектүү, күмөндүү, шек/күмөн саналган.

zannetmek саноо, ойлоо, эсептөө, болжоо. *сал.* **sanmak. zannediyorum, bir iki güne kalmaz işi başlatırız** бир-эки күнгө калтырбай ишти баштатабыз деп ойлойм. **zannediyorsun ki ben zenginim** мени бай деп ойлосоң керек. **kendini ne zannediyorsun?** өзүңдү ким деп ойлойсуң/санайсың?

zapt,-ptı 1. тартып/ээлеп алма *(зордук менен)*. 2. карманыш, тутунуш. **kendini zorla zaptetti** өзүн араң кармады. 3. *ук.* мал-мүлкү тартылып алыныш, конфискация. ~ **etmek** 1) бастырыш, тыйыш, жөнгө салыш, карманыш. **polis taşkınlık yapan sarhoşu zor ~ etti** полиция жулунуп-жулкунган масты араң тыйды. 2) жазып алыш. 3) тартып алыш *(мал-мүлкүн)*. 4) жаттап/эстеп калыш. 5) түшүнүп/билип алыш.

zaptiye *тар.* полиция, жандармерия. 2. полиция кызматкери, жандарма.

zapturapt,-tı 1. катуу тартип. 2. ирээт, ыраат. ~ **altına almak** катуу тартип алдына алыш.

zar I 1. *анат. , бот. , зоол.* чел (кабык). **akciğer ~ı** *анат.* өпкөнүн чели. 2. жука парда. 3. аялдар бетин жапкан жука тор. 4. мембрана, диафрагма. ~ **gibi** чел кабыктай *(ичке)*.

zarII зар ташы *(алты капталында 1ден 6 га чейинки чекиттер тартылган куб түрүндөгү таш)*. ~ **atmak** зар ташын өкчөө. ~ **tutmak** зар ташын өкчөөдөн мурун ыңгайын келтирүү.

zar III *ад.* 1. зар, муң, ый. 2. зарлаган, ыйлаган. ~ **zor** эптеп-септеп, ыйлап-сыктап.

zarafet,-ti 1. сымбат, сын, шыңгалык, жарашык, элеганттуулук. 2. акылдын күчтүгү, сыпайылык, сылыктык, тетиктик *(сүйлөгөндө/жазганда)*.

zarar 1. зыян, залал, зарар. 2. *соода* зыян, чыгым, ысырап. **~ı dokunmak** зарары/залалы/зыяны тийүү. ~ **etmek** 1) зыян тартуу. 2) чыгаша/чыгым болуу. ~ **gelmek** залал келүү. **bizden kimseye ~ gelmez** бизден эч кимге залал келбейт. ~ **görmek** 1) зыян тартуу. 2) чыгым болуу. 3) азап тартуу, жапа чегүү. **~ın neresinden dönülse kârdır** *мак.* зыянды кай жерде токтотсоң, ошончо пайда. **~a sokmak/uğratmak** зыянга учуратуу. ~ **vermek** залал келтирүү. **~ı yok** зыяны жок, эч нерсе эмес. **~dan**

korkan kâr etmez *мак.* таранчыдан корккон таруу экпейт.

zararcı зыянкеч, бүлдүргүч.

zararlı 1. зыяндуу. **sağlığa ~ içecekler** ден соолукка зыяндуу ичимдиктер. 2. чыгымдуу, чыгашалуу. ~ **çıkmak** чыгаша болуп калуу.

zararlılık, -ğı зыяндуулук.

zararsız 1. зыянсыз. **sıhhate ~** саламаттыкка зыяны жок. 2. *өтм.* жакшы эле, жаман эмес. ~ **bir parti idi** жакшы эле кече болду.

zarf 1. конверт *(кат үчүн)*, кап, кын, ороoч. 2. металл түпкүч *(кофе/чай стакандарын тутуу үчүн)*. 3.*грам.* тактооч. ~ **tümleci** бышыктооч. **yer ~ı** орун тактооч. **zaman ~ı** мезгил тактооч.

zarffiil *грам.* чакчыл. ~ **grubu** чакчыл түрмөк.

zarfında ичинде, аралыгында, маалында, бою. **bu zaman** ~ бул убакыт ичинде. **iki sene** ~ эки жыл бою.

zarflamak 1. конверттөө, конвертке салып чаптоо. 2. *мат.* кашаанын ичине алуу.

zarflı конверттелген, чапталган *(кат)*.

zargana *зоол.* сарган *(Bel one bel one)*.

zarif 1. сымбаттуу, сындуу, жарашыктуу *(көрүнүш, мүчө)*. **ilerlemiş yaşına rağmen hâlâ çekici, hâlâ** ~ жашы улгайып калганына карабастан дагы эле татынакай, дагы эле сымбаттуу. 2. акылы тунук, тетик, сыпайы, аяр *(киши)*. 3. жагымдуу, уккулуктуу, назик *(сөз)*.

zariflik, -ği *к.* **zarafet.**

zarp,-bı зарп, кыйынчылык, азап. **yaranın ~ından kolunu kıpırdatamıyor** жаранын зарпынан/айынан колун кыймылдата албайт.

zarsı чел сыяктуу/сымал.

zart : *туур. с., арго* ~ **zurt etmek** дардаңдоо, өз баасын көтөрүп/мактанып сүйлөө.

zarta *мед.* жел *(ичеги-карындагы)*. **~yı çekmek** 1) *арго* өлүү. 2) жел чыгаруу.

zaruret,-ti 1. зарылдык, керектик, милдеттүүлүк, мажбурдук. **çalışma ~i var** иштөөгө милдеттүү. **sana hizmet etmek ~inde değilim** сага кызмат кылууга мажбур эмесмин. ~ **hâlinde** зарыл боло турган болсо. 2. кыйынчылык, жакырлык, жокчулук. ~ **çekmek** кыйынчылык/жакырчылык тартуу.

zarurî керектүү, зарыл, милдеттүү, мажбур. ~ **ihtiyaçlar** зарыл ыктыяждар/керектөөлөр. ~ **masraflar** керектүү чыгымдар. ~ **olarak** мажбур түрдө. ~ **kılmak** мажбур кылуу.

zat, -tı 1. киши, инсан. 2. жеке өзү. **~ınızla görüşmek istiyorlar** өзүңүз менен көрүшкүлөрү келет. **~ına mahsus** кишинин жеке өзүнө тиешелүү *(катка/жазууга жазылган кыстарма)*. 3. мазмун, маңыз, өзөк. **haddi ~ında** маңызы боюнча. **~ı mesele** маселенин мазмуну.

zaten 1. мазмуну/маңызы боюнча, тактап айтканда, чын-чынына келгенде. ~ **o çocuklar sizin de evlâtlarınız sayılmaz mı?** чындап келсе, алар сиздин да балдарыңыз болуп эсептелбейби? 2. ансыз деле, деги, дегеле. **annesiyle tanışmadık, babası ~ yokmuş** апасы менен тааныша элекпиз, бабасы деги жок экен. **iyi ki aradın, ~ ben de seni arayacaktım** чалганың жакшы болду, ансыз деле мен сага чалганы жаткам.

zatıâlileri улуу мартабасы *(өтө расмий кайрылуу; кээде кекээрлөө үчүн да колдонулат)*.

zati *к.* **zaten.**

zatî 1. өзүмдүк, менчик, жекече. *сал.* **özel. ~ eşya** өзүмдүк буюмдар. 2. *к.* **zaten.** 3. табигый, нукура.

zatülcenp,-bi *мед.* өпкө челинин сезгениши, плеврит.

zatürree *мед.* өпкөнүн сезгениши, пнев-

мония.

zavallı 1. байкуш, бечара. **~, bizim ona yardım etmek istediğimizi bile anlamadı** бечара биздин ага жардам кылгыбыз келгенин деле түшүнө албады. 2. алсыз, күчсүз, карып.

zavallılık,-ğı байкуштук, бечаралык.

zaviye 1. бурч *(үйдөгү)*. 2. *мат.* бурч. 3. *дин* кечил үжүрөсү. 4. *өтм.* көз караш.

zayıf 1. арык. 2. чабал, начар, алсыз, мажирөө, чабыр *(мал үчүн)*. **~ ordu** чабал армия. **gözleri ~** көздөрү начар. **~ nabız** тамыр кагышы алсыз. 3. морт, бышык/бекем эмес, бош. **~ yapı** морт түзүлүш. 4. арсар, күмөндүү. **~ ihtimal** өтө аз ыктымал. **meselenin ~ tarafı** маселенин күмөндүү жагы. 5. билгиси/маалыматы жеткилең эмес. **onun İngilizcesi çok ~** анын англисчеси абдан начар. 6. *физ.* алсыз, начар, төмөн. **~ frekans** төмөнкү жыштык. **~ ışık** бүлбүлдөгөн жарык. **~ voltaj** төмөнкү чыңалуу. **~ almak** начар баа алуу *(окуучу)*. **~ düşmek** 1) арыктоо, чабал тартуу. 2) начарлоо, төмөндөө, алсыз болуу. **~ nokta** талуу жер. **~ yerinden yakalamak** чабал/талуу жеринен кармоо.

zayıflamak 1. арыктоо. 2. начарлоо, чабал/алсыз, күчсүз болуу. 3. төмөндөө, ылдыйлоо *(билим, акыл-эс, өсүш, сапат ж. б.)*. 4. бошоңдоо, ыдыроо *(биримдик, мамиле ж. б.)*.

zayıflık,-ğı 1. арыктык. 2. начардык, чабалдык, алсыздык, күчсүздүк *(акыл-эс, билим, жөндөм, өсүш, сапат ж. б.)*. 3. бошоңдук, морттук.

zayi,-i 1. жоголгон, житип/кайып болуп кеткен. *сал.* **yitik.** 2. жоготуу, житим. *сал.* **yitim. ~ etmek** жоготуу, житирүү, айрылуу. **~ olmak** жоголуп/житип кетүү. **~ olan koyunun kuyruğu büyük olur** *мак.* жоголгон бычактын сабы алтын.

zayiat,-tı (zayi'*нин көпт. т.)* жоготуулар, өлүм-житимдер, чыгашалар, зыяндар. **insan ~ı** адам өлүм-житими. **kan ~ı** кан кайыбы. **~a uğramak** 1) жоготууга учуроо. 2) чыгым/чыгаша/зыян болуу.

zeamet, -ti *тар.* ээлик жер.

zebanî 1.*дин* тозоктун оозун тоскон сакчы. 2.*к.* **zebellâ.**

zebellâ *ооз.* күрсүйгөн, лөкүйгөн, эңгезердей *(киши)*.

zebercet, -di *мин.* хризолит, берилл.

zebra *зоол.* зебра *(Equus zebra)*.

zebun 1. забын/зобун, кордук, зордук. **~ etmek** алсыз, дармансыз кылуу, бечара/байкуш кылуу, кордоо, эзүү. 2. алсыз, күчсүз, карып, кор. **~ kalmak** карып болуп калуу, кор болуу. **(birinin) ~u olmak** *(бирөөгө)* катуу берилүү.

zebunluk,-ğu забындык, зобундук, карыптык, кордук.

Zebur *дин* псалмалар китеби *(Теңир тарабынан Давут (Дөөтү) Пайгамбарга жиберилгенине ишенилет)*.

zecir,-cri 1. зордук, мажбурлама, кыйноо. 2. тыюу, жасак.

zecrî зордогон, күч менен/кыйнап/мажбурлап жасатылган. **~ tedbirler** мажбур чаралар.

-zede жапа чеккен, зыян тарткан *(соң мүчө катары колдонулат)*. **depremzede** жер титирөөдөн жапа чеккен. **kazazede** кырсыктан жапа чеккен.

zedeleme 1. урунтуп-беринтме, ооруксунтма, жаралама. 2. зыян/залал келтирме *(кетилтип/ чийип/ бузуп/ жарака түшүрүп)*.

zedelemek 1. урунтуп-беринтүү, ооруксунтуу, жаралоо. 2. зыян/залал келтирүү *(кетилтиш/бузуш/чийиш/ жарака кетириш аркылуу)*. 3. *өтм.* намысына/наамына/абийирине шек келтириш. **gururunu ~** намысына шек келтириш.

zehap,-bı күмөн, шек, күдүк, кушку. *сал.* **vesvese.**
zehir,-hri 1. уу, заар. *сал.* **ağı. ~ içirmek** уу жуткуруу. 2. *өтм.* ачуу, күйүт, муң, кайгы, арман. **~ dolu bir hayat** арманга толгон өмүр. **~ini akıtmak** *өтм.* уусун/каарын/заарын чачуу. **~ gibi** 1) уудай *(ачуу)*. 2) *өтм.* уудай жаралаган заар *(сөз)*. 3) катуу суук. 4. *өтм.* жин/шайтан сыяктуу, өтө акылдуу, амалдуу, куу. **~ gibi bir çocuk** шайтандай/ желмогуздай бала. **(içi) ~ kesilmek** уу жуткандай болуу. **(yediği) ~ zıkkım/zakkum/ zemberek olsun!** *каргыш* жеген-ичкени аш болбосун!
zehirlemek 1. ууландыруу, уу берүү. 2. *өтм. (бирөөнү)* көкүтүү, тукуруу, башын айлантуу. 3.*өтм.* капа кылуу, заарын чачуу.
zehirli 1. уулуу. **~ bitki** уулуу чөп. **~ mantar** уулуу козу карын. 2. *өтм.* уулуу, заардуу *(сөз)*, каардуу, заар чачкан *(көз караш)*.
zehirsiz уусуз. **~ mantar** уусуз козу карын.
zehretmek 1. ууландыруу. 2. *өтм.* адам чыдагыс кылуу, тирүүлөй тозокко айландыруу, ажарын/кунарын качыруу. **hayatı birbirimize zehrettik** бири-бирибиздин жашообуздун кунарын качырдык.
zehrolmak уу жуткандай болуу, заарын тартуу.
zekâ 1. акыл, зээн. **~ geriliği** кем акылдык, зээнсиздик. **~ testi** акыл тести. **~ yeteneği** акыл жөндөмү/жетиктиги. 2. билгичтик, дааныш-мандык, көсөмдүк, кыраакылык.
zekât, -tı *мус.* зекет. **~ vermek** *мус.* зекет берүү.
zekâvet, -ti *к.* **zekâ.**
zeker *анат.* эркектик органы.
zeki акылдуу, зээндүү, көсөм, кыраакы, сергек.
zekice акылдуулук/көсөмдүк/кыраакылык менен.
zelzele зилзала, жер титирөө.
zem, -mmi жеме, жекирүү, тилдөө.
zemberek,-ği 1. *тех.* пружина, рессор. 2. *тар.* замбирек *(айбандын жонуна жүктөлгөндөй кичине)*. 3. болот/ жезден жасалган ок. **~i boşalmak/ boşanmak** 1) замбиреги ажырап кетүү. 2) *өтм.* каткырыгын тыя албоо. **~ gibi** капысынан, күтүүсүздөн. **~ kurulmak** 1) абал курчуу. 2) талаш-тартыш кызуу.
zemberekçi *тар.* замбирекчи *(жаңы черүүлөрдө)*.
zembil замбил *(камыштан согулган себет)*. **~ otu** *бот.* камыш түрү *(Briza)*.
zemheri кыш чилдеси. **~ zürafası** сылаңкороз, тышы жалтырак, ичи калтырак *(суукта жука кийинип алган киши)*.
zemin 1. жер, топурак. 2. таман, пол. 3. *архит.* пайдубал. **~ atma** пайдубал түптөө. **~ atma töreni** пайдубал түптөө ырымы. 4. кириш кабат *(көп кабаттуу үйлөрдө)*. 5. негиз, фон *(кездемеде)*. **mavi ~ üzerine beyaz çizgili kumaş** негизи көгүш, ак жолжолу бар кездеме. 6. *өтм.* негиз, таяныч. 7. шарт, ортом, чөйрө. **anlaşma ~i bulunamadı** өз ара түшүнүшүү ортому курула албады. **buna ~ henüz müsait değil** буга азырынча шарттар туура келбейт. 8. тема. **bu ~de** бул темада. **~ hazırlamak** 1) шарт түзүү. 2) негиз түзүү/даярдоо. **~ ve zamana uygun** ыңгайын жана убактысын келтирип.
zeminli 1. негиздүү, пайдубалдуу. **toprak ~ bir ev** топурак пайдубалдуу үй. 2. негиздүү, фондуу. **al ~** кызыл фондуу.
zeminlik,-ği 1. жер төлө/кепе. 2. баш калкалоочу жай *(жер алдындагы)*.
zemmetmek жемелөө, жекирүү, тилдөө.
Zemzem 1. Замзам *(Кааба жакында-*

рындагы бир кудук). 2. *мус.* Замзам суусу *(Замзам кудугунан алынып, мусулмандар тарабынан ыйык катары ичилет)*. ~ **kuyusuna işemek** атым чыксын деп жер өрттөө. ~**le yıkanmış olmak** *(бирөөгө салыштырганда)* (тим эле) периште болуу.

zencefil 1. *бот.* имбирь *(Zingiber officinale)*. 2. имбирь тамырынан жасалган татым.

zenci 1. негр. 2. кара ырктан чыккан киши.

zencirek,-ği мукабадагы сызык-сызык кооздуктар.

Zangibar Зангибар.

Zengibarlı зангибарлык.

zengin 1. бай, бардар. ~ **aile** бай үй-бүлө. ~ **adam** бай киши. 2. *өтм.* бай, өнүккөн, мүмкүнчүлүгү кеңири. ~ **anlatım** көркөм баяндоо. ~ **dil** бай тил. ~ **kütüphane** бай китепкана. 3. семиз, берекелүү. ~ **doğa** берекелүү табият. ~**in horozu da yumurtlar** *мак.* иши илгери кеткендин ити чөп жейт. ~**in malı züğürdün çenesini yorar** *мак.* байдын малы байкуштун жаагын талытат.

zenginerki *саяс.* плутократия.

zenginleşmek баюу.

zenginlik,-ği 1. байлык, бардарлык. **doğa ~leri** табият байлыктары. **ülkenin ~i** өлкөнүн байлыгы. 2. берекелүүлүк, семиздик. **toprağın ~i** топурактын семиздиги. 3. *өтм.* байлык. **ruh ~i** көңүлдүн байлыгы.

zenit, -ti *астр.* зенит.

zenne 1. аял. ~ **eşyası** аял буюму. 2. аялдын ролун ойногон актёр *(орта оюнунда)*. ~**ye çıkmak** аял ролуна чыгуу.

zeplin цеппелин *(суутек жана гелий менен үйлөтүлгөн шар)*.

zer зар, алтын.

zerdali 1. *бот.* абрикос түрү *(Armeniaca vulgaris)*. 2. бул даректын мөмөсү.

zerde зерде *(сафран кошулган күрүчтөн жасалган таттуу)*.

zerdeva *зоол.* суусар *(Mart es)*.

Zerdüşt, -tü *дин* Зороастр.

Zerdüştî *дин* зороастризм ынанчын туткандар.

Zerdüştlük, -ğü *дин* зороастризм.

zerefşan алтындалган, алтын жалатылган.

zerk, -ki ийне саюу, инъекция. ~ **etmek** *мед.* ийне саюу. *сал.* **içitim.**

zerre 1. кыпын. 2. *хим.* молекула. ~ **kadar** кыпындай, кенедей. ~ **kadar şerefi olsaydı** кыпындай намысы болсо.

zerrece кыпындай, кенедей, тырмактай. **onda ~ namus yok** анда кыпындай уят жок.

zerrin 1. *бот.* жонкиль *(Narcissus jonguilla)*. 2. алтындан жасалган. 3. алтын түстүү.

zerzevat, -tı жашылча, көк-сөк.

zerzevatçı жашылча сатар.

zevahir тышкы көрүнүш. ~**i kurtarmak** 1) ишти үстүртөн жасоо. 2) *(бир нерсенин)* тышкы гана эффектин жаратууну көздөө.

zeval,-li 1. жок болуш, кыйраш, талкаланыш. 2. күнөө, кылмыш, жазык, айып. **elçiye ~ olmaz** элчиге өлүм жок. 3. жоголуу. 4. **(~ vakti)** түш маалы. ~ **bulmak/~e ermek** 1) кыйроо, талкалануу. 2) жоголуп кетүү. ~**i olmak** зыяны тийүү. ~ **vermek** зыян келтирүү. ~**e yüz tutmak** бузула/эскире баштоо.

zevat,-tı (zat'*тын көпт. т.)* кишилер, инсандар.

zevce аял, жубай, зайып.

zevcelik, -ği аялдык, жубайлык.

zevç, -ci эр, күйөө.

zevk, -ki 1. табит. *сал.* **beğeni.** 2. ырахат, жыргал, көңүл ачуу, жарп. ~ **almak/ duymak** ырахат алуу, жыргоо. ~**ine bakmak** өз жыргалын ойлоо. ~**ini bozmak** ырахатын бузуу. ~**ini çıkar-**

mak жыргалын толук татуу, ырахатын көрүү. **~ten dört köşe olmak** телегейи тегиз болуу, чечекейи чеч болуу, жарпы жазылуу. **~ine düş-kün/~ ehli** ойноп-күлгөндү/көңүл ачканды сүйгөн. **~ etmek** көңүл ачуу, таң-тамаша сүүдүрүү. **(birinin) ~ini okşamak** *(бирөөнүн)* жарпын жазуу, көңүлүн ачуу. **~ine varmak** ырахатын көрүү, жыргалын татуу. **~ vermek** ырахат берүү, жыргатуу.

zevkiselim мыкты табит. **~ sahibi** табити мыкты киши.

zevklenmek 1. ырахат алуу, жыргоо. 2. *өтм. (бирөөнү)* тамаша кылуу, шылдыңдоо.

zevkli 1. табити жакшы, жарашыкты билген, жараштырып кийинген. 2. көңүлдөгүдөй, жагымдуу, кызыктуу.

zevksiz 1. көңүлсүз, кызыксыз, тажатма. 2.табитсиз, сезимсиз *(киши)*. 3.көрксүз, кунарсыз *(жасалган нерсе)*.

zevksizlik,-ği 1. табитсиздик. 2. көңүлсүздүк, кызыксыздык.

zevzek,-ği тапан, сүйлөөк, кара жаак.

zevzeklenmek тапандануу, ойду-тоону сүйлөө, келжирөө.

zevzeklik,-ği тапандык, сүйлөөктүк, кара жаактык. **~ etmek** тапандык кылуу.

zeybek,-ği 1. зейбек *(Батыш Анадолу кыштактарында каарман эфе (к.) жигиттерге берилген ат)***.** 2. зейбектер бийи жана музыкасы.

zeyil,-yli 1. кошумча, толуктама *(мис. бир макалага/жазууга)*. 2. *ук.* кошумча берене *(мыйзамга)*. 3. посткриптум.

zeyrek зейрек/зирек, сергек, байкагыч, кыраакы, көрөгөч, көсөм.

zeyreklik, -ği зейректик/зиректик, байкагычтык,сергектик, кыраакылык, көрөгөчтүк.

zeytin 1. *бот.* зайтун *(Ol ea europea)*. 2. зайтун мөмөсү. **~ dalı** *өтм.* зайтун талы *(жарашуу/тынчтык символу катары)*. **~ dalı uzatmak** *(бирөөгө)* элдешүү/жарашуу ниетин билдирүү. **~ ezmesi** зайтун эзмеси. **~ rengi** кара сур *(түс)*.

zeytinlik, -ği зайтун бакчасы.

zeytinyağı, -nı зайтун майы. **~ gibi üste çıkmak** тууралыгын далилдөөгө аракет кылуу.

zeytinyağlı зайтун майында жасалган, зайтун майы кошулган/себилген тамак.

zeytunî күрөң-жашыл түс.

zıbarmak *арго* 1. тырайып/өлүп калыш. 2. тырайып бутун тарта албай жатып калыш *(мас киши)*. 3. бутун тартпай уктоо.

zıbın 1. жаш баланын ич көйнөгү. 2. чыптама.

zıddiyet,-ti 1. карама-каршылык. *сал.* **karşıtlık.** 2. *өтм.* келишпестик, көрө албастык, кастык, душмандык, жоолашма.

zıh 1. кыюу, жээк, эшме жип *(этек/жең/шымдын капталдарына тигилген)*. 2. бурчтанган ичке жээк *(жыгач усталыкта)*.

zıhlamak кыюулоо, жээктөө.

zıkkım 1. уу. **~ olsun!** уу болуп калсын! уугуп кал! 2. *бот.* кадимки олеандр *(Nerium oleander)*. **~ın kökü** 1) ишке ашпас нерсе. 2) өмүргө зыян нерсе *(арак, чылым, нашаа сыяктуу)*.

zıkkımlanmak ичип-жеп, курсагын кампайтып алыш *(жактырбоо иретинде айтылат)*.

zılgıt,-tı жеме, опуза, сөгүү. **~ vermek** опузалоо, жемелөө. **~ yemek** жеме/сөгүү угуу, опуза көрүү.

zımba зымдагыч *(кагаздардын четин)*.

zımbalamak 1. бургулоо, бургулап тешүү. 2. бастыруу *(билетти компостерге)*. 3. малып алуу, сайып жиберүү *(бычак/шиш менен)*. 4. зым чаптыруу *(мис. баракларга)*. 5. *арго* жыныстык катнаш жасоо.

zımbalı 1. зымдап бекитилген. 2. зым

өткөрүлгөн, зым алкактуу. ~ **defter** зым алкактуу дептер.

zımbırdatmak 1. кыңгыратуу *(кыл аспаптарды)*. 2. чыйкылдатуу, кыйчылдатуу.

zımbırtı 1. дыңгырак, кыңгырак *(кыл аспапты чала албаган киши чыгарган үн)*. 2. кыңгыр-дыңгыр үн чыгарган нерсе. 3. неме, жанагы *(маанисиз, аты да эстен чыгып кетчү нерсе)*.

zımnen үстүртөн, жалпы жонунан, кыйытып. **meseleyi bana ~ anlattı** маселени мага кыйытып айтты.

zımnî 1. жашыруун, көмүскө, кыйытылган. **sözün bir ~ anlamı olduğunu farketmedim** сөздүн көмүскө мааниси бар экенин байкабадым.

zımpara кыргыч катары колдонулган минерал бүртүктөрү. ~ **taşı** кыргыч таш. ~ **taşına tutmak** кыргыч таш менен жышуу.

zımparalamak зымпара *(к.)* менен жылмалоо/жышуу.

zındık,-ğı 1. ыймансыз, ынанчсыз *(Теңирге, акыретке)*, атеист. 2.еретик.

zındıklık,-ğı 1. ыймансыздык, ынанчсыздык *(Теңирге, акыретке)*. 2. ереси.

zıngadak *туур. с.* 1. шалак *(этип отуруп/жыгылып калыш)*. 2. шарак *(этип кулап кетиш)*.

zıngır : *туур. с.* ~ ~ шыңгыр-шыңгыр.

zıngırtı 1. шыңгырак. 2. калтырак. 3. бакылдак, бакылдашкан үндөр.

zınk *туур. с.* тык. ~ **diye durmak** тык деп/этип токтой калыш *(капысынан)*.

zıp *туур. с.* зып *(деп/этип)*. ~ **diye karşısına çıkmak** зып этип алдынан чыга калуу. ~ **diye birden kayboldu** зып этип көздөн кайым болду. ~ ~ зып-зып. ~ ~ **sıçramak** зып-зып этип секирүү.

zıpçıktı зып(шып)чыкты *(бир даражага татыксыз келген киши)*.

zıpır дөдөй, маңыроо, келесоо.

zıpırlık,-ğı дөдөйлүк, маңыроолук, келесоолук.

zıpka шалбар *(Карадеңиз аймагына мүнөздүү)*.

zıpkın *балык кармалган чеңгелдүү шиш.*

zıpkınlamak зыпкын *(к.)* менен балык кармоо.

zıplamak 1. ыргуу, секирүү. **zıplaya zıplaya** ыргып-секирип, тийип-качып. **çember zıplaya zıplaya gidiyor** дөңгөлөк/чамбар аңкилдек атып жөнөдү. 2. ордунда секирүү *(мис. сүйүнгөндөн)*.

zıplatmak 1. секиртүү. 2. көкөлөтүп ыргытып тосуп алуу *(мис. баланы)*. 3. элөө *(топту)*.

zıppadak капысынан, күтүүсүздөн, шып этип. ~ **karşımızdan çıkıverdi** шып этип алдыбыздан чыга калды.

zıpzıp,-pı 1. таарынды толтурулган шар *(оюнчук)*. 2. **(~ taşı)** топ шекилиндеги таш/айнек *(балдар ойногон)*.

zır : *туур. с.* ~ ~ зыр-зыр, дыр-дыр. ~ ~ **vızlamak** дыр-дыр этүү *(мис. аары)*. ~ ~ **ağlamak** зырылдап/ыңылдап ыйлоо. ~ ~ **zırlamak** зырылдоо, сыздоо.

zırdeli суу жинди.

zırh 1. соот, броня. **~la kaplamak** соот-толгон, брондолгон. 2. соот, чарайна *(металлдардан согулган ок өткөрбөс кийимдер)*. ~ **gömlek** соот.

zırhlamak 1. соот каптоо, брондоо. 2. соот/чарайна кийгизүү.

zırhlı 1. соот менен чапталган, брондолгон. ~ **tren** бронепоезд. 2. *аск.* брондолгон техника менен жабдылган бөлүк. 3. *аск.* бронекеме. 4. соот кийген *(киши)*.

zırıl *туур. с.* ~ ~ 1) зырылдоо. 2) шырыл-шырыл, малма-чөлмө. ~ ~ **ağlamak** зырылдап-зыркырап ыйлоо. ~ ~ **akmak** шырылдап агуу. ~ ~ **terlemek** малма-чөлмө (түшүп) тердөө.

zırıldama зырылдама, зыр-зыр этме.
zırıldamak 1. зырылдоо, даттануу, жаагын жануу, какшануу. **annem duyarsa yine zırıldanır** апам укса дагы зырылдайт экен. 2. зыркырап ыйлоо.
zırıltı 1. зырылдак, дырылдак. 2. чыр, чатак, келишпестик. 3. күңкүлдөмө, сүйлөнмө. 4. чыйылдак, чайылдак *(кулак-мээни жеген үн/музыка)*. **elindeki o ~yı bırak** алдагы колуңдагы чыйылдакты ташта. 5. неме, эме, жаңкы *(аты унутулган же айтылгысы келбеген нерсе)*. **kaynana ~sı** какшанган/ кара жаак кайнене.
zırlak,-ğı 1. арыз-муңу бүтпөгөн, жалакай. 2. ыйлаак, бырылдак.
zırlamak *к.* **zırıldamak.**
zırnık,-ğı 1. *хим.* мышьяк. 2. *өтм.* кыпын. ~ **bile koklatmamak** кыпынын да жыттатпоо, карааның көргөзбөө. **~ı da kalmamak** жугу/кагынчыгы да калбоо.
zırt : *туур.* *с.* ~ **~, ~ pırt** апыр-тапыр, туруп-туруп эле. ~ **pırt gelirler** апыр-тапыр эле келе беришет.
zırva ооз көптүрмө, келжирек/бош сөз. ~ **tevil götürmez** *мак.* бош сөздөн пайда жок.
zırvalamak ооз көптүрүү, келжирөө, калжыроо, оозуна алы жетпөө, оозуна келгенди оттоо.
zırzop, -pu *к.* **zirzop.**
zıt,-ddı 1. карама-каршы, тескери. 2. каршы, терс. ~ **anlamlı** терс маанидеги. ~ **anlamlı sözler** *линг.* антонимдер. **~ına basmak/gitmek** каршы чыгуу, жинине тийүү. ~ **düşmek** каршы болуу, касташуу. **tabiat kurallarına ~ düşmek** жаратылыш эрежелерине каршы келүү. ~ **gitmek** каяша айтуу, терсаяктык кылуу. ~ **kutup** таптакыр карама-каршы *(мүнөздө/пикирде болуу)*. **~ı olmak** *(бир нерсе бирөөнүн)* жинине тийүү, кыжаалат кылуу.
zıtlaşmak 1. *(бири-бирине)* карама-каршы болуу. 2. араздашуу, касташуу.
zıtlık,-ğı 1. карама-каршылык, тескерилик. 2. пикир келишпестик, кастык, келишпестик.
zıvana 1. түтүк. 2. кулпунун тешиги. 3. тамеки мүштөгү. **~dan çıkarmak** жанын кашайтуу, жинин келтирүү. **~dan çıkmak** 1) жаны кашаюу. 2) делирүү, акылынан айнуу.
zıvanalı мүштөктүү *(тамеки)*.
zibidi 1. оосар, кайсар. 2. чыйтайып *(тар, кыска)* кийинген. 3. түркүн түстүү, жарашыксыз кийинген. 4. акчасыз, чөнтөгү жука. 5. жалкоо, жатып ичер, селсаяк.
zifaf *мус.* *үйлөнгөндөр биринчи түнүн өткөргөн жер.* **~a girmek** *никеден кийинки биринчи күндү өткөрүү.* **~ gecesi** *үйлөнгөндөрдүн биринчи түнү.*
zifir 1. тамекинин ышы. 2. караңгылык. ~ **gibi** көөдөй караңгы.
zifirî : ~ **karanlık** көзгө сайса көрүнгүс караңгылык.
zifos 1. чачыраган баткак. ~ **yemek** баткак чачыратып алуу. 2. *өтм.* пайдасыз, бекер. **(birine) ~ atmak** 1) *(бирөөнү)* каралоо, жалаа жабуу. 2) *(бирөө менен)* чырдашуу.
zift, -ti кара сагыз, смола. ~ **gibi** абдан ачуу. **~in pekini yesin!/~ yesin!** атасынын башын жесин!
ziftlemek кара сагыз/смола менен каптоо.
ziftlenmek 1. кара сагыз менен капталуу. 2. *орой* жеп/жутуп алуу. 3. *өтм.* арам жол менен табуу *(акчаны/пайданы)*.
zigot, -tu *биол.* зигота.
zihin, -hni 1. зээн, түшүнүк, аң. 2. акыл. 3. эс, жат. **~i açık** акылы тунук. ~ **açıklığı** акылдын тунуктугу. **~i açılmak** көзү ачылуу, акылы өсүү. **~i alt üst etmek** башын/мээсин айлантуу. **~ini bozmak** 1) *(бир нерсе)* эсинен

кетпөө, кыжаалат кылуу. 2) *(бир нерсеге)* катуу берилип алуу. **~ini bulandırmak/karıştırmak** шек туудуруу. **~ bulanıklığı** *психол.* кем акылдык. **~i bulanmak** мээси айлануу. **~ini çelmek** 1) *(бирөөнүн)* катуу таасири алдында калуу. 2) башын айландыруу. 3) жолдон чыгаруу, азгыруу. **~den çıkmak** эстен чыгуу. **~ini dağıtmak** *(бирөөнүн)* оюн онго, санаасын санга бөлүү. **~i durmak** таң калуу, эстен тануу. **~ine girmek** акылын алуу, оюн/пикирин өзгөртүү. **~ gücü** акыл-эсинин жеткен жери. **~de kalmak** эсте калуу. **~i karışmak/bulanmak** мээси айлануу. **~ini kurcalamak/tırmalamak** 1) *(бир нерсе)* оюнан кетпей туруп алуу. 2) мээсин оорутуу, эстөөгө/түшүнүүгө аракеттенүү. **~ini oynatmak** акылдан айнуу. **~i saplanmak** жаңылуу. **~i takılmak** акылы жетпөө. **~inde tutmak** эсте сактоо. **~i yatmak** түшүнүү, мээсине жетүү. **~ini yormak** ойлонуу, акыл-эси бир нерседе болуу.

zihnen оюнда, жатка, ичинен. **~ hesap etmek** ичинен эсептөө.

zihnî акыл-ой менен байланыштуу.

zihniyet,-ti ой жорум, түшүнүк, менталитет.

zikir, -kri 1. кеп кылуу, сөз кылуу, эскерүү. **~i geçmek** аты аталуу, кеп кылынуу. **~i geçen olay** аты аталган окуя. 2. зикир *(дервиштердин Теңирдин атын токсон тогуз жолу кайталап айтуусу менен жасалган ыбадаты)*.

zikretmek 1. атын атоо, кеп кылуу, эскерүү. 2. *дин* зикир чалуу *(дервиштер)*.

zikzak,-ğı зикзак, ийри-буйру. **~ dikiş** зикзак тигиш. **~ şekilde** зикзак түрүндө. **~ yapmak** 1) зикзак жол менен кетүү. 2) айнykейи кармап калуу, пикирин улам өзгөртө берүү. **~ yol** зикзак/ийри-буйру жол.

zikzaklı зикзактуу, ийри-буйру.

zil 1. коңгуроо, шыңгырак. **kapı ~i** эшиктин коңгуроосу. **saat ~i** саатын коңгуроосу. 2. *муз.* шалдырак, кастаньета. **~e basmak** коңгуроого басуу. **(karnı) ~ çalmak** ашказаны курулдоо *(ачкалыктан)*. **~ gibi** 1) жаны тынбаган, кыймылдуу. 2. арык. **(nerede ise) ~ takıp oynayacak** кубангандан бийлеп жибере жаздоо. **~ zurna/~ gibi sarhoş** дайнын таппаган мас.

zilhicce *Ай календарынын он экинчи айы, курман айт.*

zilkade *Ай календарынын он биринчи айы.*

zilli 1. коңгуроолуу, шылдыраktуу. 2. *арго* адепсиз, тажаал *(аял)*. **~yi kırmak** *арго* курсакты тойгузуу. **~yi şişirmek** *арго* курсакты кампайтуу. **~ maşa** 1) учуна коңгуроо тагылган музыкалык аспап. 2) ажаан, тажаал.

zilsiz коңгуроосуз. **~ oynamak** сүйүнгөндөн бийлеп жиберүү.

zilyet,-di *ук.* ээлик кылып/ колдонуп жаткан киши *(мүлктү)*.

Zimbabve Зимбаббе.

Zimbabveli зимбаббелик.

zimmet,-ti 1. эсебиндеги/ тиешелүү нерсе. **~ine geçirmek** эсебине/менчигине өткөрүп алуу *(жашыруун)*. 2. карыз. **~te kalmak** карыздар болуп калуу. 3. милдет, парз, жоопкерчилик. **~inde olmak** 1) милдеткер болуу. 2) карыздар болуу *(бирөөгө)*.

zimmî *тар.* мусулман өлкөсүндө жашаган христиан.

zina *никеде турбагандардын жыныстык байланышы.*

zincir 1. чынжыр. **dümen ~i** якорь чынжыры. **saat ~i** саат чынжыры. **tekerlek ~i** дөңгөлөк чынжыры. 2. моюнга тагылган чынжыр *(алтын, күмүш ж. б.)*. 3. *өтм.* тизмек, чынжыр, серия. **olaylar ~i** окуялардын

чынжыры. 4. чынжыр, кишен, зоолу *(туткундарга тагылган)*. **~e çekmek/vurmak** кишен салуу.

zincirleme 1. чынжырлама, кишен салма. 2. тизмектешме. 3. чынжырланма, бири-биринин артынан/удаама удаа келме. **~ isim tamlaması** *грам.* өтмө катар аныктооч. **~ kaza** чынжырлама кырсык *(машинелердин бир канчасынын сүзүшмөсү)*. **~ tepkime** *хим.* чынжырлама реакция.

zincirlemek 1. чынжырлоо. 2. тизмектешүү, чиркелишүү, удаама удаа болуу.

zincirli 1. чынжырланган, чынжыр менен байланыш. 2. чынжырлуу, чынжыр тагылган *(мис. дөңгөлөк)*. 3. *тар.* алтын тыйын.

zindan 1. зындан. **~a atmak** зынданга салуу. 2. *өтм.* караңгы жабык жер. **~ etmek** *өтм. (бирөөнүн)* жашоосун зынданга айландыруу, көрбөгөнүн көр кылуу. **~ gibi** зындандан бетер. **~ kesilmek** 1) караңгы болуу. 2) *өтм.* адам чыдагыс абалга келүү *(бир жер)*. **~ olmak** зындандан бетер болуу.

zinde 1. чымыр, күчтүү. 2. шайдоот, шылуун, шамдагай.

zindelik,-ği 1. чымырлык, күчтүүлүк. 2. шайдооттук, шамдагайлык.

zinhar *сырд. с.* эч качан, таптакыр, дегеле. **adımı ~ söylemeyeceksin!** атымы таптакыр айтпайсың!

zira анткени, ошондуктан, ошондон улам.

ziraat,-ti айыл чарбасы, дыйканчылык. *сал.* **tarım.**

ziraatçı дыйкан. *сал.* **tarımcı.**

ziraatçılık,-ğı дыйканчылык. *сал.* **tarımcılık.**

ziraî дыйканчылыкка байланыштуу. *сал.* **tarımsal.**

zirkonyum *хим.* цирконий.

zirve 1. чоку, төбө, пик. **dağın ~si** тоонун чокусу. 2. *өтм.* чоку, төбө. **kariyerinin ~sinde** карьерасынын чокусунда. 3. *саяс.* саммит *(мамлекет/өкмөт башчылары деңгээлиндеги чогулуш)*.

zirzop оосар, олжоке, эркеталтаң, бейбаш.

zirzopluk,-ğu оосарлык, олжокелик, бейбаштык.

ziya *эск.* жарык, айдыңдык.

ziyadar жарык, жаркыраган, айдың.

ziyade 1. ашык, көп, көбүрөөк. 2. ашуу, артуу, көбөйүү. 3. көрө, караганда, да. **bundan ~** буга караганда, мындан көрө/да. **~siyle** ашыкча, өтө катуу. **~ etmek** 1) көбөйтүү, арттыруу. 2) *өтм.* чектен ашып кетүү. **~ olmak** көбөйүү, артуу. **~ olsun!** береке берсин! *(тамакка чакырганга же кошо жеп аткандарга карата айтылган сыпайыгерчилик сөзү)*.

ziyafet, -ti сыйпат, той, сый. *сал.* **şölen, toy. ~ çekmek/vermek** той берүү.

ziyan 1. зыян, чыгым, чыгаша, коромжу. **~ çekmek/~a uğramak** 1) зыян тартуу/зыянга учуроо. 2) чыгым тартуу, чыгаша болуу. 2. зыян, капшап, залал. **~ı değmek** зыяны тийүү. **~ görmek** зыян/залал көрүү. **~ı yok** зыяны жок, эч нерсе эмес *(жоготуу үчүн айтылат)*. **~ zebil olmak** бекерге/текке кетүү.

ziyankâr зыянкеч *(киши, жаныбар)*.

ziyankârlık, -ğı зыянкечтик.

ziyanlı 1. зыяндуу. 2. чыгымы көп.

ziyansız 1. зыянсыз, чыгымсыз, чыгашасыз. 2. жаман эмес, дурус, түзүк, жакшы эле.

ziyaret,-ti 1. *(бирөөгө)* учурашыш, көргөнү барыш. **ahbap ~i** жолдошун көргөнү барыш. **annemi haftada iki defa ~ ediyorum** апамы аптада эки жолу барып көрүп турам. 2. *саяс.* зыярат, визит *(мамлекет ишмерлеринин башка өлкөлөргө барышы)*. 3. *дин* зыярат *(ыйык жерлерге барыш)*, ажылык. **~ etmek/~e**

gitmek 1) *(бир жерге/бирөөгө)* атайлап көргөнү баруу. 2) ыйык жерди зыярат кылуу.

ziyaretçi 1. көргөнү/учурашканы келген киши, мейман. **~niz var** сизди көргөнү келген (бирөө) бар. 2. зыяратчы, ажыга барган киши.

ziyaretgâh зыярат этилген/ыйык жер, ажы.

ziynet,-ti зыйнат, жасалга, кооздук, оюучийүү, орнамент. ~ **altını** алтын жасалгалар. ~ **eşya** кымбат баалуу буюмдар.

ziynetlemek кооздоо, жасалгалоо.

zloti злоти *(Польшанын акча бирдиги)*.

Zodyak *астр.* Зодиак.

zoka 1. кайырмак *(балык кармалган)*. 2. *арго* тузак, айла, амал. **~ya gelmek/ ~yı yutmak** кайырмакка илинүү, тузакка түшүү. **~yı yutturmak** кайырмакка/тузакка түшүрүү, алдап кетүү.

zom *арго* 1. чоң, эстүү-баштуу *(киши)*. 2. ылжыган мас. ~ **olmak** ылжып мас болуу.

zonk : *туур. с.* ~ ~ лук-лук. ~ ~ **zonklamak** лук-лук этүү, лукулдап ооруу *(мис. баш)*.

zonklamak лукулдоо.

zoolog зоолог.

zooloji зоология.

zoolojik зоологиялык.

zootekni зоотехника.

zooteknisyen зоотехник.

zor 1. кыйын, татаал, оор. ~ **görev** кыйын милдет. **bütün ~ işleri bize bırakır** бүтүн оор иштерди бизге калтырат. **üstesinden gelinmesi** ~ аткарылышы кыйын. 2. күч, зордук. ~ **kullanmak** күч колдонуу. ~ **kapıdan girince kanun bacadan çıkar** *мак.* зордук эшиктен кирсе, мыйзам тешиктен чыгат. 3. кыйынчылык, зордук, оорчулук. **~u nedir?** эмне кыйынчылыгы бар? **benim için hiçbir ~u yok** мен үчүн эч кыйынчылыгы/ оорчулугу жок. 4. оору, мандем. **aklından ~u olmak** башында мандеми бар болуу. **midesinde ~u var** ашказаны ооруйт. 5. *өтм.* милдет, мажбурлук, зарылдык. **tezimi bitirmek ~undayım** дипломдук ишимди бүтүрүүм керек. **gelmek ~unda değilsin** сөзсүз келишиң керек эмес. 6. араң, араңдан зорго, кыйналып-кысталып. **akşama ~ bitiririm** кечке чейин араң бүтүрөм. **~la** 1) күч/ зордук-зомбулук колдонуп, күчкө салып, мажбурлап. ~ **güzellik olmaz** *мак.* күч менен жакшы көргөзө албайсың. 2) кыйынчылык/убаракерчилик менен. ~ **alım** тартып алма, конфискация. ~ **belâ** кыйналып-кысталып. **~unda bırakmak** мажбур калтыруу, аргасыз кылуу. **~a gelememek** кыйынчылыкка чыдай албоо. ~ **gelmek** кыйын/оор келүү. **~unda kalmak** аргасыз болуу. **~a koşmak** кыйынчылык жаратуу. **~un ne?** ниетиң эмне? ~ **yaparsın!** *опуза* жасап көрчү! жасап эле көр! ~ **zar/zar** ~ араң-араң, эптеп-септеп, кыйналып-кысталып. **~u ~una** кыйналып-кысталып, жанын үрөп.

zoraki зордуктап, мажбурлап, күчкө салып.

zorba 1. зуулум, зөөкүр, зордукчу, тиран, катаал, каардуу. 2. өкүм, орой, баш ийбес, мойну жоон, терсаяк.

zorbalık,-ğı 1. зуулумдук, мажбурлама, күчкө салма. 2. *(бир нерсени)* күч менен ачканга аракет жасаш. 3. *өтм.* өзүн кыйнаш эстегенге/түшүнгөнгө аракет кылыш. 4. *аск.* ыкчамдатма, тездетме. ~ **yürüyüş** ыкчамдатылган жүрүш.

zorlamak 1. зордоо, зордуктоо, мажбурлоо, күчкө салуу. 2. кысымга алуу, баскы жасоо. 3. *(бир нерсени)* күч менен ачууга аракеттенүү. 4. өзүн кыйноо, эстегенге/түшүнгөнгө аракет кылуу. 5. *аск.* ыкчамдатуу,

тездетүү *(бир согуштук аракетти)*, форсировка.
zorlaşmak кыйындоо, оордоо, татаалдашуу.
zorlaştırmak 1. кыйындатуу, оордотуу, татаалдаштыруу. 2. бөгөттөр коюу, тоскоолдук чыгаруу.
zorlayıcı зордуктаган, күчкө салган, мажбурлаган, мажбурлоочу, түрткү берген. ~ **nedenler** *ук.* мажбурлаган себептер.
zorlu 1. катуу, күчтүү, кубаттуу. ~ **bir yağmur** катуу жамгыр. 2. кайраттуу, өткүр, өжөр, жалтанбас. ~ **adam** өткүр киши. 3. күчтүү, кадыр-барктуу, сөзү өтүмдүү *(киши)*.
zorluk,-ğu 1. кыйынчылык, оордук, татаалдык. 2. тоскоолдук, бөгөт, жолтоо. ~ **çıkarmak** кыйынчылык чыгаруу, тоскоолдук коюу.
zorunlu зарыл, милдеттүү, мажбур. *сал.* **mecburî.** ~ **kılmak** 1) мажбур кылуу, зордуктоо. 2) милдеттүү/зарыл кылуу. ~ **öğrenim** милдеттүү билим алуу. ~ **sigorta** милдеттүү камсыздандырма. ~ **tasarruf** милдеттүү үнөмдөө.
zorunluk, -ğu *к.* **zorunluluk.**
zorunluluk,-ğu зарылдык, зарылчылык, милдеттүүлүк, мажбурлук, керектүүлүк. ~ **arz etmek** милдеттүү болуп эсептелүү. ~**u olmak** милдеттүүлүгү болуу.
zuhur пайда болмо, ортого чыкма, көзгө көрүнмө, белгилүү болмо. ~ **etmek** пайда болуу, ортого чыгуу, көрүнүү *(мис. оору, бороон, өрт ж. б.)*.
zuhurat,-tı (zuhur'*дун көпт. т.)* күтүлбөгөн кырсыктар/кубулуштар/окуялар.
zula *арго* жашыруун жай *(түрмөдөгүлөр каткан буюмдарын койгон)*.
zulmetmek зуулумдук/заалимдик кылуу, эзүү, кыйноо.
zulüm,-lmü зуулумдук, каар, жапа, эзүү, адилетсиздик, кысым, баскы. ~ **görmek** зуулумдук көрүү, каар тартуу, эзилүү, адилетсиздик/кысым/баскы алдында калуу.
zulümkâr зуулум.
zulümkârlık, -ğı зуулумдук.
zum *фото* мерчем узактыгын өзгөртүү.
zurna 1. сурнай *(үйлөмө музыкалык аспап; көбүнчө добул менен бирге колдонулат)*. 2. *арго* чоң мурун. 3. *арго* пенис. 4. *өтм.* сүйлөөк, жаагын жаныган. **~yı biz çaldık parayı el topladı** *мак.* жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска (*сөзм. с.* сурнайды биз чалдык, акчаны башкалар топтоду). ~ **gibi** тар шым. **~da peşrev olmaz, ne çıkarsa bahtına** ой келди жасалган иште жол-жобо жоктур. **~nın zırt dediği yer** *(бир нерсенин)* талуу жери.
zurnacı сурнайчы. **~nın yanında limon yemek** *(бирөөнү)* азгыруу, көңүлүн башкага буруу.
zurt : zart ~ **etmek** *арго* көкүрөгүн койгулоо/көтөрүү, мактануу.
züccaciye 1. айнек/фарфордон жасал-ган буюм. 2. айнек/фарфор иштетмеси.
züğürt,-dü акчасыз, колунда жок, жакыр. ~ **olmak** колунда жок болуу. ~ **tesellisi** жоктон көрө жогору.
züğürtlemek акчасыз, пулсуз калыш, жакырданыш.
züğürtleşmek *к.* **züğürtlemek.**
züğürtlük,-ğü акчасыздык, колунда жоктук, кедейлик, жакырдык.
Zühal, -li *астр.* Сатурн.
Zühre *астр.* Чолпон жылдыз.
zührevî венера/жыныстык. ~ **hastalık-lar** венера/жыныстык оорулар.
züht, -hdü такыбаалык, аскетизм.
zühul,-lü унутчаактык, мээ кайыктык.
zülâl, -li мөлтүр/тунук суу.
Zülfikar *мус.* зулпукор, кош миздүү *(Азирети Алинин кош миздүү кылычы)*.
Zülkarneyn Зулкарнайн "кош мүйүздүү" *(Александр Македонскийдин лакап*

аты).

zülüf,-lfü 1. саамай чач. 2. *ад.* сүйгөн жардын чачы. **~ü yâre dokunmak** кадырлуу/мартабалуу бирөөнүн жинине тийип алуу. **~ü yâre dokunmamak** эч кимге зыяны тийбөө.

zümre 1. топ, тап, жыйын, катмар, жамаат. 2. түр, жыныс, тек. 3. дүйнө *(мис. жаныбарлардын, өсүмдүктөр дүн ж. б.)*. **~ hakimiyeti** *саяс.* олигархия.

zümrüdî зүмүрүт түстүү, жапжашыл.

Zümrüdüanka *миф.* Зымыр куш. **~ gibi** кыялдан жаратылган кол жеткис нерсе.

zümrüt,-dü 1. *геол.* зүмүрүт *(асыл таш)*. 2. бул таштан жасалган. **~ yüzük** зүмүрүт шакек. 3. зүмүрүт түстүү *(жапжашыл)*. **~ yeşili** коюу жашыл.

züppe сылаңкороз, көтөнкооз, көйрөң, ойсоке.

züppelik,-ği көйрөңдүк, сылаңкороздук, көтөнкооздук, ойсокелик.

zürafa 1. *зоол.* жираф *(Giraffa camelopardalis)*. 2. мончоктуу тордомо түрү. 3. *арго* гомосексуал аял.

zürriyet, -ti тукум, муун, тек. *сал.* **döl. ~i kesildi/tükendi** тукуму соолду/курут болду.

23- май. 2005- ж. саат 01'45". Газиосманпаша-Анкара.Түркия.

ТҮРКЧӨ – КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮК

Түзгөн: Гүлзура Жумакунова

Тергендер:
Нурлан Исламов
Алим Таштанкулов
Асан Таштанкулов
Бурчак Йалчын

Көркөмдөгөн: К. Өмүркулов
Сүрөтчү: Майрамкул Асаналиев
Техникалык редактор: Ш. Даулятов

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин башкармалыгынын жана басма комиссиясынын чечими боюнча чыгарылды
Басууга 24.07.2005 кол коюлду
Китептин өлчөмү 16,5х24,5. 65 граммдык офсет кагазы
Нускасы 1000

КТМУ басмаканасында басылды
Бишкек шаары, «Жал» кичирайону